КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

СЕЙТЕК

Баатырдык эпос

САЯКБАЙ КАРАЛАЕВдин варианты боюнча

Толукталып, 2-басылышы

Китепти жалпы редакциялаган
филология илимдеринин доктору, академик
АБДЫЛДАЖАН АКМАТАЛИЕВ

Түзгөндөр: ***АЙНЕК ЖАЙНАКОВА,***
АРКАРБЕК МАМЫТОВ

Теодор Герцендин сүрөттөрү пайдаланылды.

«Турар»
Бишкек – 2012

www.bizdin.kg

УДК 398
ББК 82.3 (2 Ки)
С 28

Басмага Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Кеңештин мүчөлөрү:

Акматалиев А. А. – башкы редактор
Жайнакова А. Ж.
Кыдырбаева Р. З.
Мукасов М. М.
Мураталиев Т.Т.
Романов Б. А.

С 28 **СЕЙТЕК:** Баатырдык эпос / С. Каралаевдин варианты б-ча; Түз.: *А. Жайнакова, А.Мамытов;* Сөздүктү даярдаган *А. Мамытов;* Сүрөттөрү *Т. Герцендики.* Толукт. 2-бас. – Б.: Турар, 2013. – 1172 б.

ISBN 978–9967–15–164–2

Кыргыз элинин улуу мурасы, улуттук сыймыгы болгон «Манас» эпосунун үчүнчү бөлүмү – «Сейтектин» туруктуу, салттык окуялары толугу менен камтылды.
Китеп окумуштууларга, студенттерге жана жалпы окурмандарга арналат.

УДК 398
ББК 82. 3 (2 Ки)

С 4702300500–13

ISBN 978–9967–15–164–2

© Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2013.
© «Турар» басмасы, 2013.

www.bizdin.kg

БАШ СӨЗ

«Сейтек» эпосу баарыбыз сыймыктанып жүргөн даңазалуу «Манастын» көрүнүктүү бөлүмү, «Семетейдин» түздөн-түз уландысы. Илгертен эле «Манас» эпосу аталган жерде «Семетей», «Сейтек» да айтылып, үч бөлүм эриш-аркак өсүп-өнүгүү жолунда келген. Текстердин өтө узак, көлөмдүү курамы дайыма эле баарын тегиз айттырып угуу мүмкүнчүлүгүн чектеп турган. Бир сөз менен айтканда акыркы бөлүм эсептелген «Сейтек» сейрегирээк аткарылып, эл арасына таралышы азыраак болгон. Бирок «Манасты» бүгүнкү биз колдонуп, үчилтик деп атап жүргөн форматта жеткире турган бөлүм катары калыптанып үлгүргөн. Азыр академиянын Кол жазмалар фондусунда он чакты информатордон жазылып алынган түрдүү көлөмдөгү «Сейтек» сакталып турат. Өткөн 19-кылымда эле академик В.В.Радлов жазып алган «Манастын» үзүндүсүндө Семетей менен бирге Сейтектин да тагдыры баяндалган экен.

«Сейтек» эпосунун текстин кагаз бетине түшүрүү жумушунун Кыргызстанда интенсивдүү жүрүшү Кеңеш өкмөтүнүн келишине байланыштуу, тактап айтканда, өткөн кылымда, 20-жылдардын аягынан башталат. Биринчи болуп 1927–28-жылдары Жакшылык Сарыков (Кара ырчы) деген профессионал семетейчиден 27 миң сап ыр көлөмүндө «Сейтектин» материалы жазылып алынган.

Ал эми Шапак Ырысмендеевден 1936-жылы жазылган вариант (11 600 сап, анда белгилүү традициялуу окуялардан тышкары Коңурбайдын баласы Куялынын Таласка жасаган жүрүшү кошулуп баяндалат. Эл акыны Тоголок Молдонун 1936–38-жылдары өзү жазып берген «Сейтегинин» көлөмү 2230 саптан, М.Мусулманкуловдон Курман Кыдырбаева 1945-жылы жазып алган материал 4800 сап ырдан турат. Куялынын ордуна Карадөөнүн Таласка чабуулун жана бир топ турмуштук окуяларды кеңири сүрөттөгөн дагы бир вариант – Ыбырай Абдракмановдуку. Ал өзү 1948-жылы жазып тапшырган материал 7840 сап ырды түзөт. Булардан башка Багыш Сазановдон 1938–41-жылдарда 5 580 сап ыр, М.Чокмороводон 1972-жылы 23 340 сап ыр, С.Каралаевден 84 697 сап ыр 1940–1947-

www.bizdin.kg

жылдарда жазылып алынган. Кийинки аталган эки вариант «Сейтек» эпосунун жеткилең варианттары эсебинде өзгөчө маанилүү болуп эсептелет. Булардан башка А.Тыныбеков, А.Тойчубеков, М.Ашымбаев, Ш.Азизовдордон жазылып алынган чакан вариациялар бар.

Кандай көлөмдө, канчалык көркөмдүк оош-кыйышта берилбесин, бардык вариантта «Манас» үчилтигинин бир бөлүмү «Сейтек» эпосу экендиги ачык айтылып, чыгарма салттуу түрдө башкы карман Манас баатырдын небереси Сейтектин ысымын алып жүрөт. Чындыгында «Манас» эпосунун мазмуну муну менен эле чектелбейт.

Түздөн-түз Саякбайдын устаты эсептелген чоң манасчы Чоюке Өмүр уулу «Манас», «Семетей», «Сейтек» эле эмес, Сейтектин уулу Кенен, Кенендин балдары Алымсарык, Кулансарыктар тууралуу да жомоктоп айтып келгендиги тууралуу маалымат бар. Улуу манасчы С.Каралаевдин вариантында да «Манас» эпосундагы генеалогиялык циклизациянын акыркы этаптары катарында эсептелген Манастын небереси Сейтек, андан Кенен жана анын балдары Алымсарык, Кулансарыктар жөнүндөгү жомоктор орун алган. Чоюкенин бир туугану Азиздин баласы Шаабай Сейтектен Эр Сарык, андан Алымсарык, Кулансарык, андан Кенен, Кененден Акаяр, андан Акжол деп айтат экен. Мындан да узартып айткандар болгондугу тууралуу кошумча факт катарында айта кетели, 1961-жылы Кытайдагы Кызыл-Суу аймагындагы кыргыздар арасынан жазылып алынган «Манас» жомогунун 120 миң жолдон турган бир нускасында Манастан баштап кийинки бешинчи урпагына (тукумуна) чейин бөлүк-бөлүк болуп айтылат. Манас анын баласы Семетей, небереси – Сейтек. Алардан кийинки урпактар Кенен жана Сейит, Асылбача, Бекбача, Самбилек, Чигитей. Бирок бул композициялык бирдик көпчүлүк варианттарда салттуулукка ээ эмес. Эпоско атайын кайрылган илимий эмгектерде «Сейтек» эпосунун сюжети, идеялык багыты, образдар системасы, көркөм каражаттары ж.б. маселелер каралуу менен бирге чыгарманы «Манас» трилогиясынын генеалогиялык бир бөлүгү, болгондо да аны бардык тараптан жыйынтыктаган корутунду экендиги ар дайым баса белгиленет[1].

«Манасты» айткандар манасчылар, «Семетейди» айткандар семетейчилер деп аталган сыяктуу «Сейтекти» аткаргандарды өзүнчө термин менен бөлүп атоо эл арасында сакталган эмес. Анткени «Семетей» айт-

---

[1] *Керимжанова Б.* «Семетей» и «Сейтек». – Фрунзе: Изд. АН Кирг.ССР. 1961., *Мамыров М.* «Сейтек» – Китеп: Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. – Фрунзе: «Илим», 1973. *Жирмунский В.М.* Тюркский героический эпос. – Л.: Наука, 1974.

www.bizdin.kg

кан адамдар анын түздөн-түз уландысы катары эсептеп, «Сейтекти» ажыратпай бирге айтышкан. Семетейчи Жакшылык Сарыков айткандай: «Семетей» менен «Сейтекти» катар айтып жакындап келе беришкен. Алардын катарына Тыныбек, Чоюке, Назар, Дыйкамбай, Тойчубек, Жаңыбай, Жакшылык, Шапак ж.б. семетейчилерди атасак жетиштүү болот.

Жалпы айтуучуларга мүнөздүү салттуу сюжеттик канва Сейтек эпосунда төмөнкүдөй структурадан турат: Семетейдин үй-бүлөсүнүн чабылып, чачылып кордук көрүшү; Сейтектин төрөлүшү, Кыястын колунда өсүшү; ички душмандар (Кыяс, Канчоро) менен болгон күрөшү; үйлөнүшү; сырткы душмандарын жеңиши.

Ал эми өтө көлөмдүү С.Каралаевдин вариантында төмөнкү окуялар камтылат: Сейтектин Кыястын сарайында туулуп, өсүшү; Кара дөө Сейтекти издеп келип, ага ата-тегин айтышы; Күлчорону калыбына келтирүү, Кызылсартты чакыртуу; Тооторуну дубалап, Кыясты өлтүрүү, Таласка көчүү; Тайбуурулдун Сейтекти тосуп алышы; Сейтектин Каныкейге учураганы; Айчүрөк, Күлчоронун Акбала менен Каныкейге көрүшкөнү; Карадөөнүн Семетейди көрүшү; Семетейдин калыбына келиши; Желмогуз уулу Сарыбайдын согушу; Айчүрөктүн Куялыны алып келиши, Куялынын Сарыбайды жеңиши; Сейтектин кан көтөрүлүшү; Тулпар, курал-жарактарды алып келип Олуя чалдын тапшырышы; Сейтектин үйлөнүшү; Акберметтин түшү; Ките (Коңурбайдын небереси), Кожожаштын баласы Чоңбилгич менен Сейтектин Таласта болгон согушу; Сейтектин ооруп өлүшү.

Көрүнүп тургандай, «Сейтек» эпосу да башкы каармандын өмүр баяны тууралуу тизмектелген эпикалык сюжеттердин жыйындысынан куралган. Бардык вариант салттуу түрдө Семетей баатыр согушта дайынсыз жоголуп, кош бойлуу Айчүрөк менен Күлчоронун Кыяска олжого кетишинин оор картинасын сүрөттөө менен башталат. «Сейтек» эпосунда уул баланын жарыкка келиши жеке адамдар үчүн эле эмес, бүтүндөй бир уруу, урук үчүн өтө эле зор маниге ээ болсо, тескерисинче, ичи бузук Канчоронун Кыяс башында турган жедигерге Сейтектин төрөлүшүнүн чоң коркунуч бар. Анткени Семетейдин баласы аман-эсен чоңойсо сөзсүз өч алаарын билишет.

Адатта элдик баатыр балалык кезин бөтөн эл, бөтөн жерде өткөрүп, куулуп-сүрүлүп жүргөн чөйрөдө, Мекени, урук-тууганы, ата-теги ким экендиги тууралуу көпкө чейин түйбай эр жетиши салттуу айтылат. Бул «Манас» үчилтигинин композициясы аркылуу даана сезилип турат. Башында Манас баатыр он экиге чыккычакты жери Талас, эли кыргыз экенинен кабарсыз Алтайда жүрсө, анын уулу Семетей да же-

www.bizdin.kg

тилген куракка жеткичекти таякелеринин колунда, Букарда тарбиялангандыгы буга мисал болот. Сейтек болсо атасын жайлаган чыныгы касынын суук боор сарайында туулуп, энеси Айчүрөктүн камкордугу менен бейкапар өсүп, эрезеге жетет.

Кичинесинен эле тентек, өтө өткүр чыгып, жедигер элинин кыйындарын кыйратып, кара кылды как жарган калыс, бузуктардан алыс болуп, Кыястын мал-мүлкүн билгендей карыптарга таратып, кырып жоё баштайт. Болочок баатырдын эр жетип калганын туура түшүнгөн Кыяс ичинен сызып, коркконунан кордуктап жүргөн кулу Күлчорого мурдагы терс мамилелерин жумшартып, жаңы кийим-кече бердирип, сыйлоого өтөт. Буга таң калган Сейтек Күлчородон сурамжылап, анын чоо-жайын, ким экендигин, өзү тууралуу толук түшүнөт да Күлчорону жылкычылар адатынча сабаган эпизоддо айкырыгы таш, кыйкырыгы баш жарып, жылкычылардын башчысы Карагулду катуу жазалайт. Бул Сейтектин Манастын ысымын оозанып ураан көтөрүп көрсөткөн биринчи эрдиги эле.

Мындан кийинки традициялуу окуя – Күлчорону кантип дарылап, кандайча калыбына келтиргендиги тууралуу улантылып, Кыястын касиеттүү тулпары Тооторуну алдап алуу, Кыясты жок кылуу Саякбай Каралаевдин вариантында башкачараак трактовкаланат. Бул жерде Айчүрөктүн сыйкыры күч берет.

Кыяс Айчүрөккө алдатканын сезип, жети сан кара кол алып, жылкычыларга келгенде Сейтек Карагер тулпарга камчы уруп, өгөй атага каршы катуу салгылашка өтөт. Күлчоро да кадимки баатырдык абалына келген каарман катарында нечендер менен жекеме-жекеге чыгат. Сейтек, Күлчоролор жеңишке жетишип, Кыястын кулак-мурду кесилип, оң көзү чукулуп, Карагулга кошулуп орго салынат. Ошентип, сөөк өчтү душман, атасынын тагдырына түздөн-түз салакасы тийген жоо биротоло жеңилет. Минтип жаш баатырдын өгөй атадан өз атасынын өчүн алышы традиция боюнча эпикалык баатырга таандык башкы эрдикке жатат. Экинчиден, кыргыз урууларынын ынтымагына, эл бирдигине жетишүүнүн татаал процессин көрсөтүү, бул эпостогу патриоттук идеянын ишке ашырылышынын негизги принциби экени маалымдалат. Ошол себептүү Сейтек эпикалык болжолдуу куракка (12ге) жеткенден баштап эле душмандарынын чыныгы бети ачылып, аларга каршы жүргүзүлгөн күрөштөр баскынчылык максатка багытталбастан, ата-бабасына таандык туугган жерге, Мекенге жетүүгө, аны бузуку туугандардан бошотуу миссиясына, түбөлүк коргоого арналып отурат. Ошондон улам Сейтектин Кыясты жок кылышы бардык вариантта салтка айланган, эл сүйгөн

www.bizdin.kg

сюжеттей болуп калыптанган. «Семетей» эпосу «Манастын» идеялык-көркөмдүк системасын кайталабастан, аны улантып тереңдеткен сыяктуу эле «Сейтек» эпосу да жалпы трилогиянын айрым окуяларын аягына чыгарып, жеке өзүнө ылайык окуядан окуя курап, турдуу себептердин аркасында чиеленишип ачылган татаал сюжеттерге орун берет. Бул бир эле мезгилде жалпы үчилтикке мазмун эле эмес көлөмүнүн көбөйүшүнө да өз салымын кошот.

Сейтектин идеялык мазмуну жеке бир адамдын кордугу үчүн жүргүзүлгөн күрөш эмес, жалпы элдин оор тагдырын баса сүрөттөөсү менен өзгөчөлөнөт. Буга мисал катары Сейтектин чоңоюп эр жетишин чыдамсыздык менен күтүү жана анын эң алгач эли-жерине келишиндеги көпчүлүккө таандык психологиялык маанай, табияттын сүрөттөлүшү ачык сездирет. Калк кадырлаган Каныкейдин ошондогу оор абалы, аны тааныгандан кийинки Сейтектин иш-аракети өтө күчтүү пафосто көркөм сүрөттөлөт. Бизге белгилүү С.Каралаев айрыкча муңдуу окуяларды угармандын кулагына кумдай куюп, жерине жеткиргенге усталыгы менен каармандарынын психологиялык маанайына жараша өзү да кубулуп, бирде катуу кайгыга батса, бирде жазгы күндөй жадырап, жарпы жазылат. Мындай учурда ал аз айттым, көп айттым деп эсептебейт, болгону окуянын мазмуну оюндагысындай элге жетсе болгону.

Албетте, кайталоолор да болбой койбойт, айрыкча баатырдын иш-аракетин, согуштук эпизоддор кеңири сүрөттөлгөндө көп байкалат. Бул кантсе да эпостогу өтө маанилүү эсептелген окуяны, эпизодду көпчүлүккө жеткирүүнүн өзүнчө бир методу десек болот. Мунун да бир жакшы жагы – үч бөлүмдүн окуяларын дайыма көз алдыда, бир сызыкта, бир темпте кармап түшүнүүгө, толук мүмкүндүк берет. Улуу каармандар башынан өткөн тарыхый окуяны зарылдыгына жараша жомоктотуп, кийинки муундун кулагына салып кайталап эскерип айтып туруусуна жол берилет. Буга Каныкейдин жомогу өңдүүлөр мисал боло алат.

Башынан бери келатсак күрөш, болгондо да өткөн ата-бабанын жаныканы үчүн өч ала турган күрөштөр дагы алдыда экендигин «Сейтек» эпосунун мотивдери бекемдеп турат. Дүрт этип тутанган түрдүү конфликттер кээде бир эле бөлүмдө өчүп жок болсо, кээде ал экинчи бөлүмгө чок таштап, Манас бүтпөй калган ишти Семетей улап, кээсин аягына чыгарып, айрымдарын жаңы милдеттер кошуп, Сейтекке узаткандыгы менен эпос өсүп-өнүгүп отурат. Натыйжада, окуялардын жалпы корутундусуна жоопкер – уулдун уулу – Сейтек баатыр аталып, жер үстүндөгү жашоонун татаалдыгы жана түбөлүктүүлүгү жөнүндөгү философиялык түшүнүктүн терең интерпретациясы жүзөгө ашат.

www.bizdin.kg

Манас сыяктуу эле Семетей, Сейтектерди да адилет, боорукер, султан, кан, төрө катары көрсөтүү менен орто кылымдагы феодализмдин түрдүү этабында улуттар аралык өзүн өзү башкаруу, башкалар менен укукташ жашоо, материалдык-моралдык эркиндикке жетүү жана сактап калуу сыяктуу прогрессивдүү ойлор символдоштурулган. Маселен, кыргыз журту канча жолу чабылып-чачылып, Талас канча жолу жоо колунан талкаланса да улам жаңы муундун өкүлү эр жетип аренага келгенден баштап, кайрадан «гүлдөп-бүрдөп» жаңыланып өсүп турган. Эпостордогу биригүү идеясы кыргыз тукумунун тынымсыз күрөшүнө байланыштырылып, феодалдык бытырандылык күчөп турган доордун реалдуу алакаларына үндөш маанай түшүрүлгөн.

Бирок белгилей кете турган нерсе – «Семетей» сыяктуу эле «Сейтектин» негизги окуялары чагылдырылган доор жакынкы эле патриархалдык-феодалдык уруу түзүлүшүнүн бытыранды учуру болгону менен ар бир варианттын мотивдери, композициясы, образдардын берилиши ж.б. байыртан келаткан даяр эпикалык салтка таянат. Зарыл учурда эпикалык каармандар касиеттүү курал-жаракчан болуп жомоктук мүнөзгө өтөт. Тулпарларга тил бүтөт, дөөлөр катышат.

Анткени менен андагы эпикалык оң каармандар качан болбосун бири-бирине канат-бутак болушуп, келечек бакыт үчүн реалдуу түрдө байсалдуу күрөшүшөт. Айрыкча ак ниет адамдардын, улуу-кичүүлөрдүн ортосундагы асыл сезимдер, жылуу мамилелер эпостун ар бир бөлүгүндө Ата Мекен, эл-журт деген нукура элдик түшүнүктөргө кызмат көрсөтөт. Ошондуктан эпостун ар бир бөлүмүндө болочок баатырдын өмүрү үчүн жакындарынын тынымсыз күрөшү баштан-аяк орун алат да жалпы элдик мамилени чагылдырат. Качан гана жаш баатыр жетилип, негизги душмандарын кыйратып, өткөндүн өчүн алганда бейкут турмушка жараша салтанаттуу аш-тойлор өткөрүлөт. «Сейтек» бөлүмүндө да эл турмушунун бейкут картинасы, үрп-адат, салттын улуттук үлгүлөрү, ырым-жырым аралашкан эпизоддор орундуу айтылган. Аларга башкы баатырдын эпикалык биографиясына таандык жөрөлгөлөр, мисалы, Сейтекти кан көтөрүү, куда-сөөк күтүү ж.б. салттардын сүрөттөлүшү кирет. Бирок бул өңдүү турмуштук эпизоддордун башкы каармандардын тегерегине кеңири топтолгонунан эпостун баатырдык духунан эч зыян тартпайт. «Манас», «Семетей» сыяктуу эле «Сейтек» эпосу да баатырдык эпос болуп эсептелет.

Семетей уулу Сейтекти
Алтын таажы кийгизип,

www.bizdin.kg

Алтын такка мингизип,
Аргын-кыргыз бул журтту
Эр Сейтекке билгизип[1] –

деген саптар Сейтек эр жетип, атасынын ордун баскандан кийин кан көтөрүлгөндөгү шаан-шөкөттү, адат-салтты баяндап, элдин кайрадан биригип, бир ынтымакка келгенин кабарлайт.

Адатта, элдин жашоо тиричилиги ойдогудай ордуна келмейинче башкы баатырлардын өлүүгө да акысы жок. Калайык-калктын үзүлбөгөн үмүтүн улантып, алар өлгөн күндө да өзүнөн ашкан уулу калууга милдеттүү, эл ошону күтөт. Атадан калган туяк эр жетсе, сөзсүз, душмандан өч алынат деген ишеним ар качан ойдо турат. Эпостордун ушул нукура элдик табияты анын көлөмүн эле эмес, маанисин жогорулатат. Эпостун өзүнүн поэтикалык тили менен айтканда, өлгөн жанды тиргизип, өчкөн отту тамызаар – уулдун уулунун иш-аракети, баскан жолу өзүнчө кеңири жомоктолууга арзыйт. Кеткендин кегин алуу, өткөндүн өчүн алуу – жаш каармандын өмүр бою аркалаган жашоо принциби.

С. Каралаев жалпы традициянын нугунда окуяларды качан болбосун кеңейтүүгө, тереңдетүүгө чебер экендиги белгиленип жүргөнү кадиксиз чындык. Маселен, кийинки бөлүмдөрдө жай турмушка караганда азыраак орун берилген согуштук эпизоддор да өтө узарып баяндалган учурлар жок эмес. Бул да болсо жогоруда айтканыбыздай манасчынын өзүнө таандык учкул фантазиясынын тереңдиги жана сейрек таланттын күчү. Ал сүрөттөгөндө төрт тарабынан, көп кырдуу баяндап отуруп кандай да болбосун окуянын маани-мазмунун тереңдетет. Ушунун эсебинен окуялар, айрыкча казаттар, баатырлардын жекеме-жеке беттешүүлөрү берилгенде өтө эл узартылып, кайталанып калгандай туюлат. Кандай согуш сүрөттөлбөсүн, туруктуу схема-структура сакталып, согуштун тартиби, тактикасы, максаты корутундусуз калбайт. Ушул типте өзгөчө кызыктуу оригиналдуу сюжеттердин бири Желмогуз тукумунан чыккан Сарыбай дөө менен Сейтектин урушу эсептелет. Сейтек «Манас» трилогиясындагы баатырлардын кенжеси болсо да өткөн бөлүмдөрдөгү эпикалык традициянын таасиринде анын да жомоктук персонаж дөө менен кармашкан каардуу согушун көрөбүз. Бирок белгилеп коюшубуз керек, Манас беттешкен жин-пери, дөөлөргө караганда «Сейтектеги» фантастикалык персонаж көбүнесе жердик жөнөкөй адамдай эле логикалуу иш-аракети менен айырмаланат. Бир караганда башка

[1] *Каралаев С.* Сейтек. Инв. 958, 1085-бет.

www.bizdin.kg

айтуучуларда кезикпеген мындай окуя «Сейтектин» идеялык-композициялык курамына зарылдыгы жоктой. «Сейтек» эпосу корутунду бөлүм болгондон кийин ал «Семетейдеги» бүтпөгөн сюжеттерди гана улантуу менен үчилтиктеги башкы идеяны жыйынтыкташы керек эле. Бирок Сейтек да өз алдынча эл күткөн, сүймөнчүлүгүнө ээ болгон чыныгы эпикалык баатыр экендигин унутпасак, анын да жаңыча милдети, максаты болуп эпоско ылайык масштабдуу көрсөтүлүүгө муктаж. Чыгарма корутунду бөлүм эле болбостон, өз алдынча да калыптанган толук кандуулугу менен элдин эстетикалык табитин канагаттандырууга багытталгандыгы мына ушуга байланыштуу чечилген. Ушул көз караштан алып караганда башка варианттарда жолукпаса да Сарыбай дөө менен Сейтектин согушу, өтмө жана жаңы баатырлардын иш-аракетинин ар кандай ситуацияда шартталган түрдө берилиши өтө орундуу. Эске салып коёлу, анын үстүнө С.Каралаев жаңы окуяны сүрөттөөдө күчтөп-кыстап жоктон бар кылып абстракттуу түрдө киргизбестен, мурдагыдан келаткан традициялуу эпикалык баатырлардын ич ара мамилеси, ошого ылайык жүргүзгөн иш-аракети менен аркалаган идеялык жүгүнө карай акыл оодарат. Желмогуз уулу Сарыбай дөөнүн кыргыздарга кол салышынын да мерчемдүү себеби бар. Башкача айтканда, бул окуя да ата-бабалардын куну үчүн өөрчүгөн көп согуштардын бири. Сарыбай өтө каардуу душман болгондуктан, аны жеңе турган бирден бир баатыр катары Куялы аттуу баатыр кыздын жаңы образы киргизилет. Ал эми Ш.Рысмендеев менен Багыш Сазановдун варианттарында Куялы Коңурбайдын уулу делип, Таласка чабуулдап келип, Сейтектен жеңилет. Куялы деген ысым Кызыл-Суу аймагында жашап турган кыргыздардын арасындагы варианттарда да кезигип, баатыр кыз катары Сейтек ага үйлөнөт. Кыскасы, Куялы деген ысымдын өзү кезегинде кандайдыр бир манасчылардын тобуна тааныш, традициялуу келип, бирок анын эпостогу аткарган ролу бирдей калыптанып бүтпөй калган көрүнөт. С.Каралаевдин вариантындагы өзгөчөлүк – адатынча ошол Куялынын образын эпикалык монументалдуулукка чейин жеткире сүрөттөп, Семетей, Сейтек, Күлчоролорду майыштырган коркунучтуу душмандын каршысына алп кыз катарында алып чыккандыгында.

Сейтектин Сарыбай дөө менен болгон согушу буга чейинки казаттардан өзгөчө сүрөттөлөт. Сейтек али жаш, Сарыбайдай өтө каардуу душманга жалтанбай беттешсе да улуу каармандар аны жалгыз калтырбайт, жардамдашууга дайыма даяр турушат. Алар Семетей, Күлчоро, Куялы өңдүү бир идеядагы, мекенчил баатыр уул-кыздар болгондуктан, бир максатты көздөп, биримдикте иш алпарышат.

www.bizdin.kg

Сарыбай менен Куялынын жекеме-жеке урушунун кааттыгын, теңтайлашкан бул эки баатырдын биринен бири ашып түшкөн эрдигин даңазалоо максатында С. Каралаев окуяны узартып, өтө арымдуу сүрөттөө менен Желмогуз уулу Сарыбайдын кыргыздар үчүн кандай коркунучтуу душман экендигин баса белгилеп, аны жеңген алп кыз гана Семетейдин шертине татыктуу экендигине көңүлдү бурат. Ушундан-улам баштан аяк катышпаганы менен эпостун идеялык негизги мазмунуна мерчемдүү таасири бар оң каармандардын бири баатыр кыз Куялы экендиги талашсыз болуп чыгат. Далай кармаштарда сындалган эр жүрөк, шамдагай жоокер бардык жагынан идеализацияланып, эпикалык полотнодо традицияга айланышы турмуштун реалдуу картинасынын көчүрмөсү сыяктуу туюлат. Ошондон улам айрымдар эпосту тарыхый летопись катары кабыл алышат. Кыргыздар дүйнөдөгү эң байыркы элдерден, башкалар сыяктуу эле өзүнүн оозеки көркөм маданиятын жана улуттук жөрөлгөлөрүн реалдуу материалисттик көз карашта орошон калыптандырган эл болгондуктан, манасчылар эмнени гана сүрөттөбөсүн, элдин турмушуна, жашоо-шартына туралап, байыркы жомоктук элементтер болбосун, эл турмушун кеңири көрсөтүүгө багыт алдырат. Ошондуктан манасчынын эстетикасы карапайым адамга да түшүнүктүү жана жакын. Айтуучунун таланты, фантазиясы өзүнүн аудиториясынан канчалык бийик даражада тургандыгы менен ар качан көпчүлүктү магниттей тартып, угуучулар чын эле өткүр кылычтар асмандан түшүп келип, аны менен өтө коркунучтуу жоону жеңип жаткан элдик баатырларды өз көздөрү менен көрүп отургандай канагаттанышкан.

Жалпы эле эпосто баатырдык духту, айрыкча баатыр кыздарды даңазалоо мотиви күчтүү. «Манастын» биринчи бөлүгүндө бизге тааныш Каныкей, Сайкалдар сыяктуу эле «Сейтекте» Айчүрөк, Куялылар баатырдык беделди төмөндөтпөй кармап турган белдүү каарманга ушул аялдардын иш-аракетин жандандырат. Бирок муну менен Семетей, Сейтек, Күлчоролордун баатырдык наркы төмөндөбөстөн, ар биринин жашоо-шартына утурумдук мүмкүнчүлүгүнө карата чечмелеп отурат.

Кандай гана эпикалык карман болбосун анын өмүр баянындагы урунттуу учур – анын үйлөнүшү. Ошон үчүн үйлөнүү темасы дүйнөлүк эпостордо түрдүүчө аспектиде ишке ашат. Классикалык эпостордогу баатырдык үйлөнүүдөгү кээ бир элементтер (колуктуну алыстан издөө, күйөө баланы ар кандай сындан өткөрүү) жомоктук мотивдер менен шөкөттөлөт. «Сейтектеги» баатырдык-романтикалык мүнөз биринчи кезекте башкы каармандарды өз эл-жери үчүн күрөшчүл адамдар катары көрсөтүп, ага кошумча компонент түрүндө ысык-суукка бирдей ту-

www.bizdin.kg

руштук берүүчү өзүнө ылайык, сүйүктүү жар тандап үйлөнүүсү менен ишке ашат. Маселен, Айчүрөк сыяктуу эле Сейтектин колуктусу Акбермет да өз эли-жеринин тагдыры менен атасынын тагын бүлүндүрбөй сактоону эр азаматтай эле башкы милдет көрөт. Манастын үйлөнүшүнөн айырмаланып Семетей, Сейтектин колуктулары дээрлик перизат тегинен делип, никенин байыркы кеңири тараган түрү кудалашуу (бел куда) салты менен жүрөт. Бирок жогорку аталган душман өкүлдөрү сыяктуу эле Сейтектин колуктусунун ысымы да туруктуу эмес. Айтсак, Сарыков Жакшылыкта Күлнар, М.Чокморовдо Каракөз, Ш.Рысмендеевде Сейилкан, С.Каралаевде Акбермет ж.б. Албетте, бул эпизоддун берилүү деңгээли, сапаты да ар кимде ар башкача. С.Каралаев Сейтектин үйлөнүшүнө көбүрөөк мифтик-жомоктук элементтерди кийирет. Сейтектин кабарын Акберметтин мурдараак билиши, Сейтек, Акжолтойлордун Акберметтин айылына кыз көрүүгө келиши өңдүү салттык картиналар кандайдыр бир деңгээлде экинчи бөлүмдөгү Семетей менен Айчүрөктүн окуясын эске салып турганы менен толук кандуу эпос эсебинде турган «Сейтек» артыкбаш кайталанып киргизилген окуя деп четтетүүгө болбойт. Теги перизат болгону менен Акбермет да 13 жашынан баштап, жаа тарткан жоокер кыз. «Кадимки канкор эр Сейтек каалап тиер күйөөң» – деп угуп, сыртынан ашык болуп, Сейтекти табууга атайылап кол жыйнап сыйкырчылардын жериндеги ажыдаарга кезигип, жолдоштору кыргын болушканда Акбермет өзү арең качып кутулат. Болгон ишти Олуя чалга айтып түшүндүрүп, каухар шакегин Сейтекке белекке берип жиберет. Мына ошондон кийин гана Сейтек колуктусун эстеп, издөөгө чыгат. Анын келатканын Акбермет түшүндө сезип, Айчүрөк Семетейди тосуп чыккандай жасалга менен Сейтекти күтөт. Эпикалык касиеттүү аял катары Акбермет да боло турган жакшылык-жамандыкты алдын ала туят. Сейтекке: «Кыргыз журту бир торго түшүп калган сыяктанат» – деп бээжиндик Чоң Билгичтин кол салууга келатканын кабарлап, баатырга ат-тон, курал-жарак камдап, жоого каршы узатат.

«Сейтек» эпосундагы андан кийинки көрүнүктүү окуя – Сейтек баатырдын кара кытайлар менен болгон урушу. Бул эпизод башкы баатыр үйлөнгөндөн кийинчерээк айтылып, «Манас» трилогиясындагы генеалогиялык циклди чыңдап турган маанилүү сюжеттердин биринен. Анткени бул окуядагы башкы терс каарман Ките «Манастагы» башкы душман Коңурбайдын небереси. Ал да Сейтек сыяктуу жетим өсүп, баралына келгенде чоң атасынан ашкан баатыр болгондугу белгиленет. Сейтек менен Акжолтой келген жоону кайра жерине кууп-сүрүп чыкканда кы-

www.bizdin.kg

тай баатырлары өздөрүнүн алсыздыгын моюндарына алышат. Бир сөз менен айтканда, кыргыздардын сырткы душманы биротоло жеңилет.

Китенин Таласка жасаган чабуулу, негизинен, Сейтектин баатырдыгын идеализациялоочу көп көрүштөрдүн башкысы катары эсептелсе да кээ бир варианттарда кыскача баяндалса, кээсинде такыр айтылбаган, эпикалык терс каармандын ысымы да туруктуу эмес. Бирде Ките баатыр деп берилсе, бирде Куялы же Карадөө деп аталат. (Шапак Рысмендеев менен Ыбырай Абдырахмановдо). Бирок каармандардын ысымдары түрдүүчө аталганы менен негизги максаттары бирдей – кыргыздардан кытай баатыры Коңурбайдын кунун алыш. Бирок манасчылар анын бул жүрүшүн эпикалык өч алуу мотивинин катарында эмес, сырткы душманга мүнөздүү келген жаңы баскынчылык согуш эсебинде трактовкалашат. Ушундай эле мазмунду С.Каралаевден да жолуктурабыз. «Кытай келип жылкыга тийди» – деген кабар тараганда Сейтектин жолдошу Акжолтой аттуу каарман:

Ар качандан Чоң Бээжин
Чатак баштап чыр кылган,
Атадан калган адаты[1] – деп түшүндүрөт.

Ошондой болсо да бул окуянын аздыр-көптүр орун алышынын экинчи бир маанилүү жагы да бар. Жогоруда белгилегендей, Коңурбайдан Байконур, андан Ките (С.Каралаевдики боюнча), же болбосо Коңурбайдын уулу Куялынын (Ы.Абдырахманов) жүрүшү сюжеттик жактан толук иштелген варианттардан гана орун алган. Демек, «Сейтек» эпосун трилогиянын корутундулоочу бөлүмү катары көрсөтүүдө белгилүү бир айтуучулардын тобу генеалогиялык принципти бекем тутуп иш алпарышкан, муну менен «Сейтектин» башкы милдети аткарылган дешке болот.

Адатта, эпикалык чыгармалардын идеялык мазмунун кыймылдатып турган негизги күч эпикалык персонаждардын оң-солуна таандык. Алар аркылуу генеалогиялык принцип бөлүмдөрүн ички жана сырткы байланышын чыңдайт. Ар бир бөлүм өз алдынча бүткөн бир поэтикалык чыгарма эсебинде эле эмес, башка бөлүм менен органикалык бекем бирдикте турат. Ага бир бөлүмдөн экинчисине оошкон өтмө каармандар менен бирге атайы чыгарылган жаңы каармандар кызмат өтөйт. Кыргыз баатырлары адатта адамдан ашкан айбат-сүрү бар, ташты талкан эткен жомоктук каарман болушса да кадимки эле жөнөкөй адамдардай алданышат, душманынан жеңилип кайгы тартышат, өлүмгө дуушарланы-

[1] *Каралаев С.* Сейтек. инв. 965, 97-бет.

www.bizdin.kg

шат. Күнүмдүк жашоо ушундай жосуну менен коомду алдыга жылдыра берет. Мына ошол сюжетти баян эткен кыргыз эпостору эң башкысы турмуштук прогрессивдүү идеяны жетектеген алдыңкы көз карашты алып жүргөн эпикалык каармандарды көтөрөт, даңазалайт. Алар: Манас, Семетей, Сейтек ж.б.

«Манас» эпосунун бөлүмдөрүнүн эл арасындагы популярдуулугу бирден бир анын оң каармандарынын динамикалуу традициялуулугуна байланышкан.

Семетей бизге өзүнүн адилдиги, тууралыгы менен атасынын ишин улантып, өз эли-жеринин көз карандысыздыгы, биримдиги үчүн аянбаган баатыр катары белгилүү болсо, «Сейтек» эпосундагы анын орду, милдети башкачараак. Семетей калыбына келгенден тартып, кайрадан эле элинин намысы, кызыкчылыгы үчүн деп күрөштөргө тынымсыз катышып, Желмогуз уулу Сарыбай дөө менен жекеме-жеке сайышка түшкөнүн көрөбүз. Кантсе да бул бөлүмдүн («Сейтек») сюжеттик негизин анын өзүнчө башкы каарманы ээлөөгө тийиш болгондуктан, Семетей баары бир эле мурунку эпикалык деңгээлине жете бербейт. Анын зарылчылыгы деле жок.

Илимде белгиленип жүргөндөй, жаңыдан төрөлгөн бала өлгөн атасынын жанынан кайрадан жаралып жарыкчылыкка жаңыча келиши болуп таанылат. Буга айрыкча генеалогиялык циклизация принциби атайын көңүл бурат. Натыйжада, Семетей атасы Манаска кандай окшош болуп төрөлсө, Сейтек Семетейге ошондой окшош, демек, Сейтек да Манастын бир көчүрмөсү. Ошон үчүн Сейтек эр жетип, эл башына келгенде Семетейдин кандай да болбосун экинчи планга бөлүнүп кеткени оң. Эпикалык каармандардагы бир жакшы касиет – ал кандайдыр бир себеп менен каруу-күчтөн ажырап калса, белгилүү бир убакыттан кийин кайра калыбына, ал турсун мурдагыдан да кубаттуураак абалга келет. Бул байыркы мотивдин алгачкы семантикасы эпикалык баатырдын күч-кубатынын мезгил-мезгили менен жаңырып, жашарып туруучулук касиетине таянат. Семетей Канчородон жаралып, эс-учу жок калганда Көкмончок алып кетип, угуу, көрүү сезимин мокотуп, өлүү эмес же тирүү эмес абалда көп жыл кармап жүргөндүгү айтылат. Ал ошондо жоготкон күч-кубаты үчүн Сарыбай менен кармашып жеңе албай койгондугу аркылуу эми анын улуу муундагы каармандардын катарына кошулуусу, анын ордун басып, ишин уланта турган Сейтекке биротоло жол бошотуусу деп түшүнсө болот.

Көк жалдын кара көзүндөй,
Семетейдин өзүндөй.

www.bizdin.kg

Көкүрөгү колоттой
Кашкайыңкы кайран тиш
Таптап койгон болоттой.
Оозундагы илеби –
Орто белдин желиндей[1] *–*

деген саптар С.Каралаевдин Сейтекке берген бир мүнөздөмөсү.

Көркөм каражаттардын маанилүү троптору эпикалык каармандардын портретин, ички психологиялык термелүүлөрүн ачык берүү максатында («ач арстандай», «жолборстой», «камандай», «кабылан өңдүү») жыш колдонулат.

Өрттөй көзү жайнады,
Кан ичмеси кармады.
Каалгадай кашка тиш,
Качырата чайнады[1] *–*

ж.б. деген традициялуу саптар бизге Манастын портретинен бери тааныш болсо, эми жаңы бөлүмдө, жаш каарманга таандык айтылат. Бөлүмдөрдөгү каармандардын мындай окшош берилиши, бирдей көркөм каражат менен шөкөттөлүшү, албетте, кокустук эмес дедик жогоруда. Манасчылар мындай ыкмага Сейтекти Манастын карачечекей небереси катары өзгөчө белгилөөдө, бөлүмдөрдүн сюжеттик схемасынын биримдигин, стилин бузбай сактоодо атайылап кайрылышат. Мындай салыштыруулар көбүнчө Семетейдин, ошондой эле Сейтектин тышкы келбетин, баатырдык сапатын Манаска өтө окшош экендигин көрсөтүүгө кызмат өтөйт.

Жогору жакта белгилегендей, «Семетейди» Сейтекти толук кандуу эпос абалына жеткирүүдө, бөлүмдөрдүн органикалык тыгыздыгын чыңдоодо ак кызмат эткендер өтмө каармандар. Адатта кандай гана эл болбосун, ата-бабасынын өткөндөгү турмуштук тажрыйбасына таянат. Улам кийинки муунга баш тоголоткон карыялар болот. Андай өкүлдөргө «Семетей» эпосундагы Бакай, Каныкейлер кирет. Эпосто Бакай өз кезегинде Манасты ээрчитип жүрүп эр кылган кол башчы, акылман агасы катары көрсөтсө, «Семетейде» жаш баатырга колунан келишинче колдоо көрсөткөн каарман эсебинде таанытат. Ал көбүнчө «Олуя», «Көк жал», «Кабылан», Байдын уулу Бакай кан деп сүрөттөлөт. Эпосту айрыкча ыйык туткан манасчылардын түшүнө аян бергендердин ичинде Бакай да кошулуп айтылышы бекеринен эмес. Ал эми Каныкей болсо, чыгар-

[1] *Каралаев С.* Семетей. инв. 551, 106-бет.

www.bizdin.kg

манын башынан аягына чейин негизги жүктү тең бөлүшкөн иштерман каарман. Бизге белгилүү, Манас өлгөндөн кийинки бардык милдет Каныкейдин мойнуна жүктөлөт. Келечекте атасынын өчүн алып, эли-жерине баш-көз боло турган баланын өмүрүнүн коопсуздугу үчүн бардык мүмкүнчүлүгүн жумшайт. Семетейге эли-жерин эртелеп билдирип койсом бөөдө мерт болобу деген пикирде он эки жыл баласынан сыр жашырат.

Эпос мифтерден жана жөө жомоктордон өзгөчөлөнүп, ар бир доордогу элдин турмуш салтына, тарыхый идеалдарына ылайыкташкан бир нече доордун духун алып жүрүүчү образдарды жаратат. «Семетей» эпосу жогоруда биз көргөндөй, байыркы түшүнүк, диний көз караштардын элементтери менен катар ага мүнөздүү касиет берип турган жомоктук-мифологиялык мотивдери бар образдарды да камтыйт. Алсак, Айчүрөктүн образы кадыресе турмуштук көрүнүштөрдүн жомоктук-мифологиялык мотивдер менен укмуштай ширелишинен бүткөн.

Айчүрөктүн образына байыркылык белги берип турган элементтердин бири – анын ысымына байланыштуу. Бизге белгилүү «ай» жана «чүрөк» деген сөздөрдүн түтүмүнан турган бул ат кыргыздардын көп Кудайга (Көк Теңирине жана анын курамдык бөлүгү болгон Айга, Күнгө) сыйынган доорлорун элестетет. Ч.Валиханов бир кезде байыркы казак элинин шаманисттик көз караштары тууралуу жазып, алар отту, ай-жылдызды өтө урматтай тургандыгын белгилеген эле. Бул пикир кыргыздардын байыркы түшүнүгүнө да туура келе тургандыгына айрым фактыларды келтирүүгө болот (кийинки эле кездерге чейин кыргыздарда ай жаңырганда ага таазим кылып, жакшы тилектерин айтуу салты ж.б.) Демек, алтай, түрк, якут, казак элдеринде эле байыркы кездердеги кыргыздардын түшүнүгүндө ай да артыкча касиеттүү культ. Ал эми чүрөк жөнүндө болсо, айрым элдерде ак куу менен бирдей эле деңгээлде өрдөк (чүрөк) да тотем катары касиеттүүлүккө ээ болуп келгендигин айтсак жетишет. Ошондуктан кыргыз фольклорунда сулуулуктун синоними «чүрөк» деген эпитет качандыр бир кезде кыргыздарда да мунун тотемдик түшүнүк менен байланышы болгондугун түкшөмөлдөтөт. «Айчүрөк» бүгүнкү кыргыздар арасындагы кеңири жайылган сулуулуктун символун билдирүүчү эле сөз болбостон, алгачкы тегинде байыркы адамдардын анимиздик, магиялык, тотемдик түшүнүктөрүнүн негизинде келип чогулган ысым дешке толук негиз бар.

Айрым архаикалык эпостордо эпикалык баатырлардын аялдары Айчүрөккө окшоп мифологиялык-жомоктук мүнөздөгү сыйкырдуу күчтөрдүн кыздары болот. Кийинки доорлордо алар даңазалуу хандардын, падышалардын кыздарына орун бошотот. Ал эми Айчүрөктө бул эки катмар бирдей орун алган. Биринчиден, ал ак куу болуп кубулууга, учууга жөндөм-

www.bizdin.kg

дүү, ажал оозунда турган баатырдын өмүрүнө аралжы боло турган касиетке ээ, аба ырайын өзгөрткөн жайчылык өнөрү бар. Экинчиден, Оогандын каны Акундун асыранды кызы.

Жомоктордо айтылгандай, кууга айланган кыздар кээде адамдарга жамандык да иштешет. Андай куулар адатта кара түстө болушат. Түрдүү нерселерден пайдаланышат. Ал эми Айчүрөктүн сыйкырдуу жоолук же сыйкырдуу шакек өңдүү жардамчы буюмдардан пайдалангандыгын эч көрбөйбүз. Бардык касиети керт башына гана байланышкан. Айчүрөк ак куу болуп кубулууга, ак була болуп үлпүлдөөгө табигый жөндөмү бар катары айтылышында байыркы адамдардын фетишизмдик түшүнүктөрү менен тыгыз байланышкан «ак» деген эпитеттин да белгилүү мааниси бар. Бул жерде кийинки түшүнүктөргө ылайык жаныбар менен заттын табигый өңүн билдирип турган «ак» деген сөздүн түпкү теги өзүнүн бүгүнкү түздөн-түз маанисинен башка да ак түскө, суткө сыйынуу сыяктуу байыркы диний ишенимдер менен байланыштуу экендигин байкоо кыйын эмес.

Эпосто кезиккен этнографиялык маалыматтарга караганда ак түс жакшылыктын жышааны катары адамдын өмүрүнүн өтө мерчемдүү этаптарында коштойт. Маселен, бала төрөлгөндөгү ырым-жырым (ак кийизге оротуп, ак чүчтөргө бөлөтүп кан көтөргөндө ж.б.) «ак» деген түшүнүк байыртан бери эле таза, аруу дегенди билдирип, элдин ак тилеги, жакшы каалоосу чагылдырылат.

Айчүрөктүн образына байыркылык киргизип турган мифологиялык мотив анын ак куу болуп кубулушу жөндөмдүүлүгү дедик жогоруда. Ал ак куу эле эмес, ак була, торгой болуп кубулат (С. Каралаев). Тоголок Молдонун вариантында торгойдун ордуна балык болуп түрүн өзгөртүүчү касиетке ээ. Мында кубулуу, айрыкча аялзатына таандык катары дүйнө элдеринин (Орто Азия, Индия, Кытай, Европа, Түштүк Сибирь) көпчүлүк жомокторунда учурайт.

Карело-фин эпосторун изилдеген окумуштуу А.Я.Борисов бул элдерде ак куу, өрдөк касиеттүү канаттуулар деп эсептелип, өрдөк дүнүйөнүн жаратуучусу катары кабылдана тургандыгын айтат. Буряттар болсо ак куу кебиндеги кызды өздөрүнө түпкү тек деп эсептеп, ак кууга сыйынышып, курмандыктар чалышкан. Мүмкүн ушундай эле түшүнүк байыркы кыргыздарга да таандыктыр. Анткени кыргыздар менен коңшулаш казак элинин Едигей уруусунун түпкү теги да ак куу кыздан тараган деген легенда бар. Кыргыздар байыркы доорлордо жолборс, илбирс, бөрү, бугу, алгыр куш өңдүү түрдүү жандыктарды тотем катары сыйлашкандыгы белгилүү. Мунун бир далили болуп Манас, Семетей, Сейтек өңдүү эпикалык каармандарды колдоп жүргөн жандыктардын элеси эсептелмекчи.

www.bizdin.kg

Кыскасы, Айчүрөктөй сыйкырдуу аялдардын башка элдердеги образдары уруунун түпкү тотемдик тегинин байыркы издерин сактагандык катары бугу, таш бака, ак куу, коён жана башка жандыктарга айлануу жөндөмдүүлүгү аркылуу берилет. Көбүнчө алар күйөөлөрүнө белгилүү шарттарды (ким кебин уурдап алса) коюп, турмуш курушат. Маселен, айрым мезгилдерде күйөөсү аялын карабашы керек, же кеп тонун жок кылбоосу ж.б.у.с. талаптар коюлат. Ал Акундун кайыптан таап, багып алган асыранды кызы. Ал эми Букара кандыгы тарыхта XVII–XVIII кылымдарда түзүлүп, даңкы далайы тарап тургандыгы белгилүү. Бул да болсо, эпикалык каарманды идеализациялоо үчүн анын башынан өткөн окуяларды, мамилелешкен адамдарды тарыхтын ар кайсы баракта-рынан үзүп алып конкреттештирүү мүмкүнчүлүгүнүн кеңирилигинин бир далили. Кыскасы, элдин кыялында, үзүлбөгөн үмүтүндө Айчүрөктүн башкы милдети – элге баш болуучу баатырды тарбиялоо кайда, кандай моралдык-материалдык абалда болбосун, өзүнүн Семетейге болгон аруулугун, элге деген ак ниетин өзгөртпөй таза сактоо. Ошентип, Айчүрөктүн образына эл кубаттап, пейилинде аздектеген реалдуу ар кыл асыл идеялар топтоштурулгандыгы аныктык эле көрүнүп, каармандын өтө айлакер, акылмандыгы келишимдүү келбетине келтире иштелген. Ал бардык турпаты менен кыргыз урууларынын жалпы кызыкчылыгын, эркиндигин, биримдигин сактоого багытталгандыктан Айчүрөк катышкан кызыктуу окуялар дээрлик бардык варианта салттуу түрдө терең орун алып, муундан муунга кеңири тараган. Кыскасы, Айчүрөк да Каныкей сыяктуу эле көп түйшүккө ылайыкталып жаратылган толук кандуу эпикалык каарман.

Өтмө каармандардан эпосто негизги ролдордун бири Күлчорого таандык. Күлчоро «Семетейде» атасы Алмамбет Чоң казаттан каза болгондо Семетей сыяктуу эле жетим калып жетилген. Семетейдин өтө жакын адамы катарында Канчоро менен Кыястан оор запкы көрүп, Сейтектин эр жетишин чыдамсыздык менен күткөн адам.

Күлчоронун «Сейтек» эпосунун башындагы оор тагдыры ичтен чыккан душманчылыктын кедергисин айгинелеп турган чыныгы фактынын бири.

Күлчоро тирүү турганда Кытайдын иши оңолбойт, – деп, Коңурбай чочулаган Күлчоро Канчоронун тушунда далысы кесилип, өтө аянычтуу (дене кул) абалга дуушарланганын көрөбүз. Ал Айчүрөк, Сейтек, Кызылсарттын жардамы менен өлүмдөн калып, кайрадан баатырдык сынына толушу эпос үчүн өзгөчө маанилүү. Күлчоро Сейтекти алдыга үндөп, дем-күч берген насаатчы катары да, анын колуна кол болгон баатыры катары да зарыл. Ошондуктан оор жараты менен канча жыл куурап жүргөн Күлчорону дарылоо, ал үчүн Сейтек, Айчүрөктөрдүн көргөн кам-

www.bizdin.kg

кордуктары, атайын кат аркылуу чакыртылып алынган дарыгер Кызылсарттын (С.Каралаев, Ж.Сарыков, Ы.Абдырахманов) чеберчилиги көпчүлүк варианттарда калтырбай берилет.

«Сейтек» эпосунун идеялык-тематикалык мазмунундагы маанилүү бир көрүнүш – элдик баатырлардын образын толуктап турган достук темасы. Чыгарма ар кандай душманга каршы беттешүүдө ак ниет адамдардын ортосундагы бири-бирине карата камкордуктун зарылдыгын, бир туугандык идеясынын баа жеткис маанилүүлүгүн даңазалайт. Ал Алмамбеттин баласы катары айтылышы менен кыргыз жерине бөлөк-бөтөн эмес. Ошондуктан анын ой-тилеги, бүткүл аракети кыргыз элинин жалпы кызыкчылыгына арналган. Ал Алмамбеттин ишин улантуучу тукум катары чыгарылып, ата-бабанын кегин алуу үчүн жаратылган образдардын алдыңкыларынын бири.

Баатырды идеализациялоо традициясы күчтүү өнүккөн түрк-монгол элдеринде жарак өткөрбөгөн өзгөчө бир касиет бар. Мына ошол касиет баатырдын образына ыйыктык бүткөрүп, анын өлбөстүгүнө карай терең ишенимди жаратат. Айталык, Күлчоро да ошондой касиеттүү каармандардан, бирок анын аракети, кызматы, көргөн азап-тозогу реалдуулугу менен турмуштук логикадан эч бир алыстабайт. Күлчоро да ата-бабанын ишин улантып, алардын арбагын көтөрүп, намысын коргогон баатыр. Өзүнө чейинки элдик баатырлардын жөн гана бир вариациясы же конспектилик көчүрмөсү эмес, өзүнө тагылган ачык, так милдети бар. «Семетей» эпосунда кеңири жана көркөм иштелген баатырлардын достугу да ушул Күлчоронун образы аркылуу ишке ашкан. Баатырлардын эмчектеш туугандык салтын бекем сактаган Күлчоро кандай да болбосун элге кошулуп, салтты одоно бузган Канчоро жоопко тартылмакчы эле.

Кыргыз эпосторундагы эмчектештик аркылуу бир туугандашуу салты эненин ак сүтү ар кандай анттан бекем жана касиеттүү деген түшүнүктөн келип чыккан. Эмчектештик бир энеден туулгандан артык ыйык мамилени түзөт. Ал эми «Семетейдеги» эмчектеш делинген бир туугандар Күлчоро менен Канчоронун эки башка көз карашта болуп бөлүнүп калышы – ошол байыркы эмчектештик салтынын күчтөн тайгандыгынын бир белгиси дешке болот. Мындай адат монгол, тува элдеринин жомокторунда да учурайт. Феодалдык мамилелерди басымдуу көрсөткөн «Алдай-Буучу» аттуу тувалардын эпосунда хан Буудай өзүн өлтүргөн каармандарга түбү эмчектеш бир туган болгондугу айтылат. Ички мамиленин бузулушу, башкача айтканда, эмчектеш туугандардын акыры касташуусу Алтай эпосунда («Алып-Манаштын» алтайлык версиясында) Алып-Манашты өлтүргөн Ак-Кобендин образы аркылуу берилет. Ак-Кобен Алып-Манашты өлтүрүп келип, жалган кабар

www.bizdin.kg

менен анын аялы Кумужек-Арууга үйлөнмөкчү болот. Ошондой эле Канчоронун чыккынчылыгы уруу мүчөлөрүнүн тууганчылык, бири-бирине жардамдашуусунун эң жогорку байыркы чегин одоно бузуусу менен аяктайт. Адамдар арасындагы мамилелерде биринчи планга социалдык кызыкчылык коюлуп, уруу феодалдарынын бийлик үчүн жүргүзгөн күрөштөрүн эмчектештик белги токтотуп коё албай калат. Канчоро сыяктуу ичи арамдар элдик жакшы салтты өзүнүн арам оюн аткарууда курал катары тескери ишке ашырууга пайдаланат.

Канчоро – Манастын атактуу чоролорунун бири – Чубактын баласы катары берилиши, акыры Семетейге кас болушу көпчүлүк семетейчилерге таандык традициялык көрүнүш. Канчорону айтуучулар ар дайым Күлчоро менен бирдикте Семетейдин жакын тууганы катары көрсөтүп жүрүп отурат. Душманга каршы согуштарда Канчоро да Күлчоро сыяктуу эле активдүү ролдордун бирин аткарып жүрөт. Семетей экөөнү тең бирдей санап:

Канчоро менен Күлчоро –
Өөдө тартса өбөгүм,
Ылдый тартса жөлөгүм.
Астыга салса ак жолум,
Айдап жүрсө сан колум[1]*,*

деп сыймыктангандыгы бекеринен эмес. Бирок андагы айрым адамдарга таандык өзүмчүлдүк сапат бара-бара өөрчүп отуруп, биротоло ачык душман тарапка өтүп, баш-оту менен терс каармандардын катарына кошулат.

Канчоронун ач көз, ичи тардыгы эпосто өтө ырааттуу, ишенчиликтүү далилдер менен мотивировкаланып отурат. Манасчылар Семетей менен традициялуу эмчектештик салтын жүргүзүүдө Канчоро эмген эмчектен бекеринен кан чыкты дешпейт. Мына ушул өңдүү символикалуу белгилер Канчоронун кийин терс мамилеге өтүшүнөн шек туугузбайт. Семетейди курал-жараксыз алдап алып чыгып, жоо колуна сала берип, ордун, аялын Чачыкейди ээлеген Канчоронун жорук-жосуну ар кандай душманчылыктын чегинен аша чаап турат. Ал өзүнүн буткүл аракети менен жакын туугандардын ынтымагы ыдыраган коомдук түзүлүштүн чыныгы өкүлү экендигин далилдеп, көпчүлүк учурда кыргыз баатырларына сырткы жоодон калышпаган терс мүнөзүн көрсөтөт. Байлыкка, мансапка болгон көз карашы барган сайын татаалдашып, өз алдынча эл башкарып, аттын мыктысын минип, аялдын чырайлуусун алып, моралдык-материалдык жактан Семетейге тең ата болгусу келет. Семетейдин үй-бүлөсүн талап-

[1] *Каралаев С.* Семетей. Инв. 557, 278-бет.

www.bizdin.kg

тоноонун башында турат. Айчүрөктү олжого кетирип, Каныкей, Бакай өңдүү касиеттүү карыларды кордогондон кайра тартпайт.

Семетейдин бийлигин, байлыгын тартып алууга бардык дитин койгон Канчоро бийликке жеткенден баштап, элдин турмушунун кескин жаман жакка өзгөргөнүн көрөбүз. Семетей дайынсыз жоголгондон кийин эл мүңкүрөп, үй-бүлөсү баш көтөргүс кордукта калат. Демек, эпостун өз түшүнүгүндө башкы баатыр бардык жашоонун кыймылдаткыч күчү, жүрүп турган каны. Эгер ал бир кырсыкка кабылса, бүткүл турмуштун кунары качат.

«Сейтек» эпосун корутундулоочу бөлүм катарында традициялуулукка жеткирип турган терс мүнөздөгү каармандар катары Кыяс, Канчоро, Желмогуз уулу Сарыбайдын, Китенин образдары бизге белгилүү. «Манас» трилогиясынын курамында алгачкы баатырлык эпостордо кездеше турган архаикалык белгилер терс каармандардын образдарында да көбүрөөк сакталып калган. Айрыкча С.Каралаевдин вариантындагы коркунучтуу душман Сарыбай дөөнүн образындагы айрым рудименттик белгилер буга негиздүү күбө. Ал:

Эр Манастын тукумун
Тукум курут кылам –

деген баскынчылык максатты көздөйт.

Сарыбайдын денеси жарак өткөрбөйт. Аны чапканда «жылдыздай учуп от чыгат». Бир уктаса жети күндөн кем уктабайт. Мына ушул саналып өткөндөрдүн бардыгы Сарыбайдын образындагы байыркы белгилер. Ошондой эле Желмогуздун уулу деп берилишинде да мифтик-жомоктук мүнөз бар. Анткени адатта жез кемпир, жети баштуу желмогуз, ажыдаар жана башка сымалданган мифологиялык образдар байыркы гана адамдардын түшүнүгүндө, кыялында жашаган, алгачкы баатырлык эпостордун терс каармандары экендиктери белгилүү. Мындай образдар кыргыз эл жомокторунда, архаикалык типтеги «Төштүк» сыяктуу кенже эпостордо учурап, бардыгы баатырдын кас душмандары катары берилип, бара-бара кийинки турмуштук шартка жараша өзгөрүүгө дуушарланган. Ушул себептен традициялуу эпикалык сюжеттердин курамында көп катмарлар орун алган. Алар эң байыркы архаикалык элементтерден баштап, кийин кирген, бирок өзгөрүп, трансформацияланган элементтер. Эгерде «Сейтек» эпосунун каармандарынын иш-аракеттерине, жүрүм-турумуна көз кырыбызды салсак, бир эле каарман үч башка тарыхый мезгилде жашагандай элес берет. Жогорку Желмогуз уулу Сарыбай жомоктук-мифтик элементтерин эске албаган учурда кадимки эле баскынчы кандардан эч айырмасы жок терс каарман. Бирок анын образы

www.bizdin.kg

чыныгы турмуш менен мифтик тушцнуктөрдцн айкалышында ушундай абалга чейин өсцп-өнцгцп жеткен персонаж.

Сейтекте терс каармандар Кыяс, Ките, Чоң Билгич (Кожожаштын баласы) – кыргыз баатырларынын душмандары. С.Каралаевдин вариантында Ките Алоокенин тукумунан Коңурбай, андан Байкоңур келип, Китенин тубцнөн бери кыргыздардын сөөк өчтц душманы экендиги эскерилет. Ките тцздөн-тцз согушка катышпаганы менен ал каардуу кан катары тегерегиндегилердин баарын кың дедирбей башкарып турат. Сейтек кадимки чоң атасы Манастай эр жцрөк баатыр чыгыптыр деп угуп, санаа тартып тынчсызданат. Китенин негизги максаты кыргыздарды баш көтөртпөө, эгер колунан келсе бцт кырып жок кылууда турат. Анын баскынчылык мцнөзцндөгц:

Талкалап Сейтек дөөсцн,
Жолго жарып бээсин,
Чыгараарбыз кээсин –

деген сөзц буга ачык далил.

Кыргыз эпосторундагы байкалган бир нерсе айтуучулар басымдуу учурда тцрдцц эпостордогу окуяларды бири-бири менен байланыштырууга аракеттенишет. Натыйжада, «Манас» трилогиясына Кожожаш, Төштцк өңдцц элдик баатырлар эпизоддук каармандар тцрцндө болсо да катыштырылган. «Көкөтөйдцн ашында» Төштцк катышса, Сейтекке каршы аттанып кол салган Китенин оң колу (Чубак, Алмамбетти жайлаган көзгө атар мерген) Кожожаштын баласы Чоң Билгич ж.б. ал атасынан ашкан баатыр, жайчылык өнөрц да бар, мингени – керик, б.а., коркунучтуу жоо.

Ошентип, «Сейтек» чыныгы корутунду бөлцм экендигинде көпчцлцк варианттарда бирдей орун алган идеялык-тематикалык жалпылык жана каармандын керт башына биографиялык циклде жыйнакталган эпикалык окуялардын уланышы кцбө болот. Башкача айтканда, Манастын уулу Семетейден курсакта калган Сейтектин төрөлцшц, бөтөн жерден жетилип башын бошотушу, эли-жерине көчцп келиши, цйлөнцшц, атасынын өчцн алып ички-тышкы душмандарды жеңиши «Сейтек» эпосун генеалогиялык принципте ишке ашкан оригиналдуу чыгарма деңгээлинде көрсөтцп турат. Ал трилогиянын башынан бери келаткан көрцнцктцц окуяларды, мотивдерди сцрөттөө менен бирге, айрым өтмө каармандардын тагдырларын да аягына жеткире көркөм чечет. Ошондуктан, бөлцмдөрдцн арасында бирдей сюжет, ситуациялар, ал тургай бирдей персонаждар катышат.

Эпос башкы каарманды башкаларга цлгц болгондой, патриоттуулук, гумандуулук, баатырдык өңдцц тцбөлцктцц идеалдар менен толук жаб-

www.bizdin.kg

дыйт. Ошондой болсо да трилогиянын бүткүл турпатын түзгөн ушулар гана деп айтыш жетишсиз болоор. Анткени бири-бири менен байланышкан көптөгөн оң-терс персонаждардын турмушу, тагдыры ар тараптан кеңири сүрөттөлүп, жалпы трилогияга компакттуулук берип тургандыгы талашсыз. «Манас» трилогиясындагы биринчи (Каныкей, Бакай), экинчи (Семетей, Айчүрөк, Күлчоро) муундагы каармандар «Сейтек» эпосуна атайын өз милдеттери менен өтө чеберчиликте өткөрүлгөн каармандар. Алар алдына коюлган максаттары аткарылганда гана күрөш жолун кийинки жаңы муундун өкүлдөрү, өзүлөрүнүн укум-тукуму болгон Сейтек, Акжолтойлорго тапшырышат. Ал эми «Сейтек» эпосун өзүнчө чыгарма деңгээлине жеткирип турган мына ошол жаш муундун өкүлдөрү. Аларды жеңишке шыктанта турган мурдагы ата-бабасынын деми, иши.

«Манас» бөлүмү «сөз башы» менен башталып, «Сейтекте» «сөз аягы» берилет. Анткени Манастын башынан бери келаткан душмандын тиби биротоло жеңилип, эл тагдырын колуна алган Сейтекке чоң ишенич артылып, Каныкей, Бакай, Семетей, Айчүрөк, Күлчоро өңдүү башкы каармандар кайып болуп, өлбөй-житпей түбөлүк жер кезип кеткени менен жыйынтыкталат. Угуучу ушул бүтүмдү жүрөгү менен кабыл алат, ал ушул мифтик түшүнүктүн чындыкка туура келишинен шек санабайт. Колдо болгон он чакты варианттан өзгөчөлөнтүп турган С.Каралаевдин варианты башкаларда жок жомоктук окуяларды кошуп айткан көлөмү жана сюжеттик курулушу боюнча кызыктуулугу, толуктугу менен айырмаланат. Буга Сейтек катышкан Сарыбай менен болгон согуш, Семетейдин эне сүтүнүн жардамы менен калыбына келиши сыяктуу эпизоддорду атаса болот. Ага катышкан балбан кыз Куялынын образы да үчилтиктин негизги сюжеттик линиясында маанилүү орду бар, элдин өзүнүн генийинен жаралган оң образга чейин көтөрүлгөн. Кыскасы, «Сейтек» эпосу да «Манас» менен «Семетей» сыяктуу байыркы кыргыздардын нечен кылымдар бою башынан кечирген тарыхый социалдык турмушун, бактылуу келечек үчүн тынымсыз умтулган жакшы ой-санаа, тилек менен жүргүзүлгөн патриоттук күрөштөрүн жогорку пафосто көркөм иштеп, биздин күнгө оозеки турүндө жеткирген эпикалык бөлүм. «Манас» эпосунун масштабын көбөйтүп, арымын арттырып турган «Сейтек» жалпы трилогияны трилогия абалына жеткирип турган башкы милдетин аягына чыгарган.

Эпостогу кээ бир сөздөр, мисалы, бейли, менде, бери заада, көк жал, бенде, окус, зыйкырчы, айза, ике, дажаал, дагдыр, кан, бил, бусулман ж.б. түп нускада кандай айтылса ошондой берилди.

Айнек ЖАЙНАКОВА,
филология илимдеринин кандидаты

www.bizdin.kg

«УЛУУ БАЯНДЫ» АЙТЫП ӨТКӨН ЗАЛКАР МАНАСЧЫ САЯКБАЙ АТА

Дүйнө жүзүнө жеке эле өзүн эмес, бүтүндөй кыргыз элин, кыргыздын колдоочусу, пири – Манас атабыздын эрдиктерин даңазалап, жар салып өткөн залкар манасчы Саякбай Карала уулундай улуу инсан бул тирүүчүлүктө кайра жаралбаса керек.

Ооба, окурман, Саякбай атабыздын арбагы арабызда тирүү жүрөт десем жаңылышпасмын. Канчалаган жаш манасчылардын түшүнө кирип, аян берип, түбөлүк жашоодо дагы Манас атабызга, кыргызга кызмат кылып жатканы айнылгыс факт.

Азыркы коомчулук залкар манасчы Саякбай Карала уулун унуткарбай, улам жаңы замандын өсүп келе жаткан муундарына ал кишинин касиети, өнөрү жөнүндө айта жүргөнү, менин оюмча, ашыкча болбос. Өз доорунун алпы атанган Саякбай ата, кандай гана кырдаал болбосун, «Манасын» таштабай айтып өткөн. Ал багындырган бийиктикти, келечекте кимдер багындыра аларын айтыш кыйын. «Залкарлар улуу элде гана чыгат» деген кашкайган чындыкты эске алуу менен бирге, манасчы Саякбай атаны мен залкарлардын залкары деп айтар элем. Улуу инсандын көзү өтүп кетсе да замандаштарынын, кыргыз элинин жана дүйнө элдеринин эсинде айткан «Манасы» кыттай уюп, өзү болсо элдин, келечек муундун жүрөгүндө өлбөс-өчпөс бойдон кала берди.

Алдыңыздардагы «Манас» үчилтигинин «Сейтек» бөлүмү Саякбай атабыздын варианты боюнча басылып чыгып олтурат. «Улуу Баян» коомдук фонду бул китепти чыгарууну каржылоо менен бирге Саякбай атабыздын касиетинин, өнөрүнүн бийиктигин кыргыз элибизге дагы бир жолу жеткирели деген максатты койдук.

Китепти басып чыгарууда, өздөрүнүн кесипкөйлүгүн көрсөткөн «Турар» басмасынын эмгек жамаатына, жетекчилигине жана Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун жетекчилигине жана окумуштуулар Кеңешине фонддун атынан терең ыраазычылык билдирип кетмекчимин.

Урматтуу окурман, нечендеген кылымдарды артка калтырып, кыргызды кыргыз бойдон сактап келе жаткан Манас атабыздын, дүйнөнү дүңгүрөткөн залкар манасчы Саякбай атабыздын арбагы ыраазы болуп, элибизде тынчтык, ынтымак, молчулук болсун!

Бакыт РОМАНОВ,
«Улуу Баян» коомдук фондунун негиздөөчүсү,
Республикалык «Манас» жаштар ордосунун директору

www.bizdin.kg

СЕЙТЕКТИН ТӨРӨЛҮШҮ

Аны мындай таштайлы,
Быягынан баштайлы:
Ай бөксөрүп, күн өтүп,
Арадан мынча жыл өтүп,
Кечээ Чүрөктү Кыяз алганда,
Таласка талоон салганда,
Акундун кызы бейтаалай
Өлөйүн деген оюнда,
Өлбөй тирүү калганы –
Калган экен баатырдан
Төрт айлык бала боюнда.
Кейиген кетер оюнда
Кетпей тирүү калганы,
Семетейден калыптыр
Үч айлык талгак боюнда.
Өлөйүн дептир арынан
Өлбөй жеңең калганы,
Курсакта калган куу жолтой,
Курдаштан белги барынан.
Беренинен ажырап,
Бейбак долу Айчүрөк
Безилдеп боздоп күйүптүр.
Беренден белги калды – деп,
Бу беризаада өрттөнгүр
Курсакта үч ай балага
Медер кылып жүрүптүр.
Өксөп ыйлап чыңырып
Өлөйүн дептир арынан
Өлбөй тирүү калыптыр,
Курсакта медер барынан.
«Канкор төрөм өлдү» – деп,
Кайра тартпас чын жайды
Кадырлаш мурда көрдү – деп,
Чыңырып ыйлап чыркырап
Кошулуп өлсөм буркурап
Өзөн бойлоп конор – деп,
Беренден калган медер жок.
Кайрандан калган туяк жок,
Көкжалдан калган белги жок,
Ушундай караан дүйнө бок.
Өзөндүү жайга конор – деп,
Көлөкө жок, караан жок,
Арт жактан белги бараан жок.
Өрт өчкөндөй болор – деп,
Олжо кылып бул башты
Күчөгөн Кыяз алсын – деп,
Күмүш көздүү, күн жүздүү,
Эр туткасы эренден,
Эл баштыгы беренден,
Артынан тукум калсын – деп,
Казды кушка жегизип,
Бир ботонун айынан
Олжо катын дедиртип,
Бул үчүн олжо келиптир,
Калдай* башын тоо кылып,
Катын башын эр кылып,
Кыязга көөнүн бериптир.
Кайран катын Айчүрөк
Күүгүм кире, күн бата,
Калык уктап дым жата
Арка чачын керчү экен,
Эр Кыяздын койнуна

www.bizdin.kg

Ал жанында жөкөрү*
Алтымыш келин, сексен кыз,
Өзү кылып кубултуп,
Кыяз кандын койнуна
Күнүгө бирден берчү экен.
Адал башын ак сактап,
Ар немеден так сактап,
Кайран жанды Айчүрөк
Моминтип сактай берчү экен.
Касиеттүү бейтаалай
Керемети бир далай,
Кең көйнөктүү зайыптан
Артыла чыккан жан экен,
Беризаада бейбактын
Тилинде мөөрү бар экен.
Ат бороюн сыдырган
Ай-ааламдын баарысын
Учуп жүрүп кыдырган,
Дувакейи бар экен.
Учканын жума күн билген
Жүргөнүн кадыр түн билген
Бир кубулуп учканда
Мунун бир учканын ким билген.
Ыраңдуу түздү жайлаган,
Көз боочулар дубалап,
Адамдын көзүн байлаган.
Адамга бүткөн акылдан,
Кылдай неме калбаган,
Каргышы жаман заары күч
Каргаганды кылат түз.
Беделин көргөн чочуган
Көз байлаган сыйкырды,
Көбүрөөк даана окуган.
Ак куу болуп кубулса,
Учканын күүгүм түн билген,
Мунун кеткенин бөлөк ким билген.
Артык жайлап жиберсе,
Жайдын күнүн кыш кылат,
Жайлоонун баарын муз кылат.
Копшонгондо долуга
Коктудан туман табылат,
Чын кутурса бейбакка,
Чын амал миңи табылат.
Арабча окуп көз байлайт,
Ак куу болуп күн жайлайт.
Тегин деп айтпа Чүрөктү
Деги балаа дүмөктү,
Бекер дебе Чүрөктү
Бейли мындай дүмөктүн.
Сулуулугу сымбаты
Мендеде жок бейбактын,
Бейилсиген кымбаты.
Күндүзүндө Кыязды
Жан кубантып жалдаптыр,
Түн киргенде Кыязды
Көз боочу салып алдаптыр,
Муну менен Кыязда
Кенедей арам калбаптыр.
Чуулгандуу Айчүрөк
Багыштын уулу Кыязды
Күндүзүндө кылтылдап,
Жандап калган кези экен.
Түн ичинде Кыязды
Көзүн байлап беренди,
Алдап салган кези экен.
Аркалыгын көрчү экен,
Ар бир күнү Кыязга
Өзү кылып кубултуп,
Жанындагы жөкөрү
Келиндерден берчү экен.
Өзөндүү булак тик кыя
Өлсө боорун береби,
Ал өңдөнгөн шуркуя
Күн бөксөрүп, ай өтүп,
Эр Кыяз Чүрөктү алганга
Тогуз айга толуптур,
Он айга чама болуптур.
Ич жетилип күн бүтүп,
Убакыт жетип, күн өтүп,
Айдай катын Чүрөккө

www.bizdin.kg

Толгоо жеткен минетип.
Жуманын кадыр түнүндө,
Бейшембинин күнүндө,
Айдай катын Чүрөккө
Акылга дыйкан дүмөккө,
Толук толгоо жетиптир.
Көөн бузулуп эт ооруп,
Чүрөккө толгоо жетиптир,
Бала белги кан кетип
Белгини көрүп безилдеп,
Айчүрөктөн ал кетип,
Бели сыздап, бек ооруп
Алтымыш мүчө кырк бир сөөк
Бирин койбой жеп ооруп.
Отура калса Чүрөктүн
Эки кара саны ооруп,
Кыймылдатпай кургурдун
Табарсыгы дагы ооруп.
Жалпы дене баары ооруп,
Жан жеринин өзү ооруп,
Жаман дарт болду толгоосу
Чыңырып ыйлап чыркырайт,
Чыдай албай буркурайт.
Кабырга сөөгү бөлүнүп,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Кызыталак шум өлүм
Көзүнө жакын көрүнүп,
Буркурап катын Айчүрөк
Чымындай жанды үрөдү
Чыңырып ыйлап чыркырап,
Каныман калган чунакты,
Канкордон калган туякты,
Айзага таккан желекти,
Аташкан берген белекти,
Тулпардан калган туякты,
Туйгундан калган чунакты
Туптуура Кудай көргөз – деп,
Күйүттүү дартты басылт – деп,
Күзгүдөй жүздү ачылт – деп,
Көңүл – капа, жүрөк – дарт,
Күйүккөндү басылт – деп,
Алдадан сурап чараны,
Кудайдан сурап бейтаалай
Курсактагы баланы.
«Бере көр» – деп безилдеп,
Көй душмандын ичинде
Көргөнүң кандай болор – деп,
Ажал жетип, күн бүтсө
Өлгөнүм кандай болор – деп.
Маңдайдагы баранды
Белгилүү көкжал өзүнөн,
Канымын кара көзүнөн,
Каалап калган чунакты
Кантип көрөр экемин,
Чиркин бөлүнттү эчен санаамды,
Бөйрөктөн чыккан баламды.
Душманга шегин билгизбей
Аманат кылып аламбы?
Зордук кылсаң окустан
Зомбулук кылсаң кокустан,
Тиктеген көздөн оёбу?
Арстандан калган чунакка
Душмандык кылып коёбу?
Кемелине келтирбей
Кечиктирбей соёбу?
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Көзүнөн жаш миң талаа,
Көбүрөөк ыйлайт бечара.
Ыйлай турган себеби
Башы олжо болду эле,
Жабыгып ыйлап бейтаалай
Жаман атка конду эле,
Ыйлай турган себеби –
Бел байлоочу бели жок,
Бекип аткан жери жок
Качып кирчү токой жок,
Каралды кылчу Ногой жок,
Байкуштугу сында жок.
Медери тоодой даңкайган,
Белгилүү кыргыз эли жок.

www.bizdin.kg

Санаасы сандап сөгүлүп,
Акылы айран бөлүнүп,
Асты бүтөө кара жер
Аман калса бул башты
Алуучудай көрүнүп,
Бөдөнөдөй көзүнөн
Бөлөкчө долу байкуштун,
Бөлөк-бөлөк жаш кетет,
Карагаттай көзүнөн,
Калтырап курган долунун
Камчы бою жаш кетет.
Көңүлдү тактап арта албай
Муңканып ыйлап муң үчүн
Мурундун суусун тарта албайт.
Муңканганда долуга
Мууну бошоп бөлүнүп,
Жедигердин эр Кыяз
Артыгынча көзүнө
Жалаңкыч сындуу көрүнүп,
Алтын эшик дарбаза
Каалгасы сом калай.
Кан Кыязга барганы
Каңгыраган караандын,
Сөлөкөтү момундай.
Ак сарайдын өзүнө
Кара булак көзүнө
Как чынардын өзүндө,
Айланасы шер коргон
Адамда мындай ким болгон.
Мелтиреген Чүрөгүң
Бейли кыйын дүмөгүң,
Айдай сулуу катының
Акылга дыйкан капырың
Калк эскиртип, журт күтүп,
Таанылып калган капырың.
Умай эне* Зуурага
Уялбай ичин оңдотуп,
Шек билгизбей эч кимге
Жети күн долу толготуп,
Чымындай жанды үрөптүр.
Чын Кудайдан бу катын
Чындап бала тилептир.
Жети күн удаа толгон соң,
Чын толгоосу Чүрөктүн
Жети күнчө болгон соң,
Кан түгөнүп ал кетип,
Чама чарчап дем өтүп,
Бала үчүн боздоп куурагыр
Айласы кетти минетип,
Мына ошондо Айчүрөк,
Чыңырып үндү салганда
Жансыз чыккан тал ыйлап,
Жараткандын баары ыйлап,
Макулуктун баары ыйлап,
Чүрөктүн иши жөнөптүр.
Алтымыш жылдыз, жети аркар,
Төбөдө турган самсаалап,
Ай менен жылдыз ортокчул,
Төбөгө кошо төрөптүр.
Айланасын чогултуп,
Ар уруунун бакшысы –
Самсаалап кошо төрөптүр,
Мына ошондо Айчүрөк
Сегиз күн тынбай толготуп,
Каны калды бир кашык,
«Э-э» – дей албай эс кетип,
Эти калды көк жашык.
«Үү» дээрине үн калбай,
Жедигердин Кыяздан
Жашынарга түр калбай,
Чын толгоо болуп күйүнүп,
Чыдай албай бечара
Чымындай жандан түңүлүп,
Тогуз күнгө толгондо,
Токтоноорго айла жок,
Толгон журту мында жок,
Таң кашкайып сүргөндө,
Таң супасы бүлбүлдөп,
Жерге жарык тийгенде
Асмандан жылдыз куюлуп,

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

Жерге шоокум урунуп,
Төбөдөн жылдыз бириндеп,
Жерге жарык зирилдеп,
Көктөн жылдыз жаркырап,
Кыбыла көздөп чыркырап,
Таң заардын жели зыркырап,
Камыштын башы дыркырап,
Балапан торгой чуркурап,
Жерге жетик жарык тийди эле,
Таң кашкайып сүрдү эле.
Жан-жаныбар макулук
Жерден чуулап үн сала
Тоо-тоонун башына
Нур төгүлүп күн чала,
Мунардагы сарайдан
Алтын таяк колго алып,
Ак жоолугун булгалап,
Эндегей ичик жамынып,
Жайнай басып бейтаалай
Жаратканга жалынып,
Босоголуу мунардан
Болжолу жок бейтаалай
Чын толготуп турду эле
Толготконун жеңеңдин
Тоодой Кыяз көрдү эми,
Көрүп алып эр Кыяз
Карчыгадай камынды,
Эр Кыяздын өзүнө
Кайыптан акыл табылды.
Күңгүрөтүп күүлөнүп,
Калың кара жедигер
«Кан жыйнал» – деп сүйлөнүп,
Кан Кыяз каарын баштады.
Кан Кыяз каарын көргөндө
Жоо келгендей жедигер:
«Жолу болсун журтум» – деп,
Үркүп кете таштады.
Кан белгиси мунара –
Мунараны сураба,
Толгон кымбат бийиги
Ал мунара үстүнөн
Толгон журтка бакырды.
«Толкуп жаткан жедигер
Кел, баарың» – деп чакырды.
«Калың кара жедигер,
Кан эшиги кыямат
Басып кирчү эп керек.
Хан көңүлү зом темир
Эритүүгө эп керек
Белгилүү журт жедигер
Эки-экиден кеңешсин
Жана кандай дедиңер
Шумдуктуу сөздү көрүңөр,
Беризаада бейбакка
Бек толгоо кирип калыптыр,
Азабын сындап көрүңөр.
Калк эскирген карың кел,
Узун кулак, көп көргөн,
Укма сөздүү баарың кел.
Айды эсепке салчуң кел,
Ай эсебин алчуң кел,
Эсепке даңгыл эриң кел,
Сындоо сөз айтам көрүңөр.
Акундун кызы Айчүрөк
Кокустан тууса баласы
Кимдики болот карачы?» –
Айдай катын Чүрөктүн
Бүгүн тапса баласы
Кимдики болот карачы?
Муну укканда жедигер
Күндү катка салды эле,
Күн эсебин алды эле.
Айды катка салды эми,
Айды эсептеп алды эми.
Кыйын даңгыл карысы,
Кыргын тийген немедей
Кыстоо көргөн жедигер
Кыжылдаган баарысы.
Үйрүлмө дөбө сазына
Үч күн жыйын кылды эле,

www.bizdin.kg

Чогулманын сазына
Чогулушуп турду эле.
Күндү катка салышып
Күн эсеби мындай – деп,
Тапкычташып калышып
Айды катка салышып,
Ай эсебин мындай – деп
Куугашташып калышып.
Күн эсебин эсептеп,
Күндү катка салды эле.
Ай эсебин эсептеп,
Аныктап билип алды эле.
Акырын сүйлөп, бек таштап
Сакалдуусу эр Куту
Эр Кыязга кеп баштап:
«Айды эсептеп келгенде
Он эки айга толуптур,
Катындын туучу баласы
Өзүңдүн балаң болуптур.
Катын бала төрөсө
Тоюна токсон союңуз,
Аныктап атын коюңуз.
Бөлүнбөсүн санааңыз,
Көөдөндөн чыккан аныктап
Өзүңүздүн балаңыз.
Эгерде эркек уул болсо
Табылган аттан коёлу,
Балалуу Кыяз болду – деп,
Көңүлдөгү капанын
Бирин койбой жоёлу.
Каардуу душман эл келсе
Элге каршы көргөзүп,
Чокмор кылып алалык
Эл ичине ээ кылып,
Жедигер журтка дөө кылып,
Кочкор кылып алалык.
Күндөлүк иши оңолсо,
Күндөн күнгө чоңойсо,
Ал аскар тоодой барбайтып,
Бараан кылып алалык.
Көрүп койсо көңүл ток,
Хандан тууган уул – деп,
Карап турсак каным ток,
Каралды кылдык арман жок.
Эрешен тартып эр болсо,
Эр уулу менен тең болсо
Ордо ээлетип хан кылып,
Орунтуктуу эр кылып,
Паана кылып көрөбүз
Ушу бала чоңойсо.
Жетип бузаар Ооганды,
Жет-Кайт кайдан соо калсын.
Ок өтпөс тонду кийишет,
Адам угуп эл көргүс
Элге барып тийишет.
Кулак угуп журт көрбөс
Жерге барып жүрүшөр.
Аман болсо балаңыз
Карагай найза боолашаар,
Тийген жерден жоолашаар,
Аман жүрсө сиздин уул
Жети-Өзөндө жедигер,
Жетип олжо жегизер.
Жер үстүнө атагын
Кыяздын уулу дегизер,
Оңолгон экен биздин түш
Олжо катын эркек тууп
Жаман болбос биздин иш.
Бу катын тууган балаңыз
Телегейи тең болор,
Теминген душман кем болор,
Карашы толкун сел болор,
Кармашкан адам кем болор.
Беттеген жагы чок болор,
Беттешпей душман токтолор,
Белеске күйгөн чок болор,
Муну менен беттешпей душман
токтолор!
Аман болсо балаңыз
Эрдигин мындай караңыз,

www.bizdin.kg

Чалышканды чарчатар,
Алышканды сойлотор!
Кезиккенди мент кылар
Катылганды түз кылар.
Беттеп адам келе албас
Аман болсо бул уулуң
Сомбуктун суусун бойлойт ко,
Солушкан бенде сойлойт ко,
Көздөшкөн бирди көрөт ко,
Эрешен болсо уулуңуз
Кагышкан адам сойлойт ко.
Бурулса чатак башташат,
Муну көргөн кыйладан
Бузулуп кете ташташат.
Ойноо кезде баланын
Мойнуна кылыч тагалы,
Канаттууга кактырбай
Тумшуктууга чектирбей
Кирдүү аяктан ичирбей
Кирдүү кийим кийгизбей,
Берен Кыяз уулу – деп,
Ашкере эрдин өзү – деп,
Паана кыла багалык.
Окус эркек төрөсө
Андай-мындай дегендин,
Ушактап бокту жегендин
Кылычтап башын алалы,
Кылча койбой дүйнөсүн
Бүлүндүрүп салалы!
Былжыраса окустан,
Журт дөөрүсө кокустан
Эл бузардын өзү – деп,
Бул атакка коёлу.
Келжиреген жан болсо,
Кармап көзүн оёлу.
Кыйласын булап алалы
Кыйла айып салалы,
Эселек бирөө тантыса
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жаралы.
Эрез ушул болду – деп,
Сөзгө кулак коёлу,
Эркек тууса жедигер
Тоюна сан саат* соёлу,
Былжыраган, тантыган
Андай сөздү коёлу.
Кай кыйшыкты сабайлы,
Былжырап ушак айтпаска
Журтум, кылычтын мизин
жалайлы!» –
Ок өбүшүп ант кылып,
Муну укканда жедигер:
«Болду, Куту, баатыр» – деп,
Айтканың туура акыл – деп,
Сиздин тилди албастын
Жети атасы капыр деп,
Былжыраба жедигер,
Эл атасы Кутумун
Бул айтканы акыл – деп.
Эл ичинде нелер жок
Былжыраса окустан,
Дөөрүп ийсе кокустан,
Талкалап сабап кирели
Жазасын жаман берели.
Жалынса укпай сөздөрүн
Жазалап чукуп көздөрүн,
Жайыттан тийип бээсин,
Жайма сөз айткан андайдын
Чыгарса болот кээсин» –
Жедигер чуулап, журт дүрбөп,
Убаданы бек кылды.
Кутуң айтып мындай сөз
Жедигер таркап кетти эле.
Калк биринде журт кетип,
Жедигер таркап минетип,
Жедигер минтип турганда
Жедигердин эр Кыяз,
Артык эрен жан экен,
Ал Кыяздын арамы
Ала-Тоодой бар экен.

www.bizdin.kg

Зыйкырчы жети кемпирин
Кемпирдин жайы ушундай,
Токсонго чыгып өлбөгөн
Жер азабын көрбөгөн,
Желмогуздай зыйкырчы
Бузукка журту жорогон.
Жети кемпир саатынан
Эчен өсчү жаш балдар,
Ымыркай бала дедирген,
Көбүрөөк өлүп корогон.
Арага жүрөр араккор,
Дүйнөгө чапчу баракор,
Зыйкырчы жети кемпирдин
Өлсө көзү тойбогон,
Башы жерге кирсе да
Журт бузгучун койбогон.
Басса-турса ойлонуп,
Чоң бузугун койбогон.
Атагын көргөн чочуган,
Чоң кызырчы дубакөй
Чылгый балаа бу жетөө,
Ажайыптан окуган,
Жети бузгучтун көзү эле,
Чылгый балаа өзү эле.
Чын балакет бир эле,
Ар толготкон катындын
Көзүн байлап салчу эле,
Баласын бенде алчу эле.
Жаш экен деп ойлобой,
Кудайдан коркор күн болбой,
Тындым кыла салчу эле.
Эл кеткен соң эр Кыяз
Бир кишиге көргөзбөй,
Бир адамга билгизбей,
Тегереги чынар бак
Ортосунда сурасаң
Эр Кыяздын алтын так.
Алтын тактуу ордого,
Эр Кыяздын коргонго,
Зыйкырчы жети кемпирди,
Келтирген экен башына,
Жакын алып кашына
Акырын айтып бек таштап,
Эрен Кыяз кеп баштап:
«Жети там экен казына» –
Жедигердин эр Кыяз,
Казына оозун ачты эле
Аркагы жибек булуң оор
Ар бир пулду кемпирге,
Зарып кылып чачты эле,
Дегенине көндү эле.
Агар алтын, ак күмүш,
А дедирбей эр Кыяз
Кемпирлерге кутургур,
Дорбого салып берди эле.
Курган Кыяз канетет,
Душмандык кылбай калбады,
Миздерине уу чачып
Жети устара камдады.
Устаранын мизинде
Тийсе болот уусу бар:
«Кыз төрөсө Айчүрөк
Аппак ороп алгыла,
Тилегиң берди каным – деп,
Сүйүнчүлөп салгыла!
Тилегеним кыз эле
Тилегиме жеткирсең,
Атаңдын көрү жети эне
Дегениңе көнөрмүн.
Чын ынансаң сөзүмө,
Чын кызмат кылсаң өзүмө,
Эгерде эркек уул болсо,
Колу буйга түбүнө
Акыры душман зилинде.
Жакшылык кылбас түбүндө,
Эсепсиз душман зилинде.
Эгерде эркек уул болсо
Киндигин кесип алам, – деп,
«Уу төгүлгөн устара»
Тутангырдын тукуму,

www.bizdin.kg

Түбүндө бирди кылар – деп,
Устарадан алдырдым,
Бул устара мизине,
Ажыдаардын уусунан,
Чык этпес уунун буусунан
Мизине мыктап салдырдым.
Аземдетип ороттум,
Баласын өлүм кылууга
Ылайыктап жороттум,
Кара малдын жарымын
Устара үчүн короттум.
Адамдан артык жети энем,
Айчүрөк тапса эркек уул
Киндигин кесип кала көр,
Билгизбей кырып баласын
Тындым кылып сала көр!
Эптүүлүгүң билгизсең
Эбин таап устара –
Киндигине тийгизип,
Талкалап боорун күйгүзүп,
Тындым кылып салыңыз.
Баланын көзүн жоготуп,
Кыяздын ишин оңолтсоң,
Дегениңе көнөрмүн,
Буттап алган кызыл зээр*
Жети энем саа берермин!
Маңдайымдан кетирбей
Мөмө кылып аламын,
Энеке, сенин өзүңдү
Эне кылып алармын!
Өгөөмдү таштап бүлөөмдү ал,
Экөөмдү коюп бирөөмдү ал,
Бер ашка-тойго минүүгө
Кылтылдатып жүрүүгө,
Кылыгы жакшы мал эле,
Тоотору тулпар малымды ал.
Толгон дүйнө баарын ал.
Кыймылдаган мүлкүмдү ал,
Кымбатым мындай билип ал.
Кылча дүйнө аябайм
Айлакер энем тилимди ал.
Эркек болсо баласы
Баласы мындай карачы,
Өлөңдүү жерге өрт койгон
Тулаңдуу жерге туу сайган,
Жер үстүнө чуу салган
Аркы атасы эр Манас,
Алтайга барып туулган,
Ааламга салган чуулган,
Калк баштаган шер болгон,
Он эки дөө ок атып,
Кара кытай манжунун
Жүрөгүнө чер болгон.
Какандан алтын пул алган,
Ордолуу кытай опсуз журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт,
Ошонун журту ыйлаган.
Айтканым ушул билип ал,
Кыйла тартуу мал берем.
Айланайын жети энем,
Кызматыма жарасаң
Кызыл куйрук нар берем,
Кыл аябай зар берем,
Топозуң токсон сан кылам,
Толтуруп дүйнөң жай кылам,
Энелер, көөнүң жай кылам.
Кызылдан кете* кийгизем,
Кетеченин этегин
Кең кылып жерге тийгизем.
Жети-Өзөндө жедигер,
Жергелүү журтум баарысын
Шу жети энем, саа билгизем!
Өлүп калсаң окустан,
Мурун өлсөң кокустан
Алтындан күмбөз салдырам,
А күмбөздүн башына
Жакут таштан жаздырам.
Көргөн элге дуу кылам,
Калайыкка чуу кылам.
Эңкейичтүү булактан

www.bizdin.kg

Эрикпей атың сугарып,
Элге атагың чыгарып,
Калкка көөнүң жай кылып,
Катын бадыша – кан кылам –
Айланайын жети эне,
Деген сөзгө көнөгөр,
Тилегеним бере гөр» –
Деп, ошентип эр Кыяз
Дүйнөнү төкпөй калбады,
Ал Айчүрөк катындын
Баласын союп келүүгө,
Жети кемпир шайлады.
Жети кемпир бузгучтар
Дегенине көнүүгө,
Жаш баланы дүйнөдөн
Тындым кылып берүүгө,
Бооруна уу салууга,
Кыяздан алтын алууга:
«Ботом, Кыяз, макул – деп,
Жоруп турган түшүңөн,
Жарайлык андай ишиңе.
Кызмат кылып жүрөбүз,
Балам сендей зарыл кишиге.
Айтканыңа көнөлү,
Балам, тилегениң берели.
Ооруган дартың басалы,
Умачтай көзүң ачалы.
Кеткениңди келтирип
Кейигениң жоголтуп,
Ишиңди кылып бербесек
Кылычтап башты алыңыз.
Кылча жанды таштабай
Кыргын кылып салыңыз.
Ал баланы жоготсок,
Кыяздын ишин оңолтсок,
Карыган жети энеңдин
Дегенине көнүңүз,
Тилегенди бериңиз.
Тилек ушул хан Кыяз
Тиктеп жакшы көрүңүз,
Жети карган энеңе
Адам көзүн салыңыз.
Жети-Өзөндө жедигер
Жетип жыйып туруңуз,
Балам Кыяз алдында
Жети энең көөнү жай эле
Жараткан жалгыз Кудайдан,
Жети энеңдей карыптын
Тилегени бала эле:
Өксөгөн сөздү кылыңыз,
Отуздагы жигитке
Макул кылып элиңе
Буйрук кылып жериңе
Бизди нике кыйыңыз.
Алтын да таш, таш да таш,
Артык болор эрибиз.
Арага калбай чын болсун,
Айтылган ушул кебибиз.
Тутанып өлгөн бейбактын
Эркек болсо баласын
Эптеп уурдап аларбыз.
Барса-келбес чын жайга,
Ал баланы саларбыз.
Оолуксак анын баласын
Ойносок да, чындасак
Көктөйүндө сорорбуз,
Көптөн чыкчу чунактын
Канына орток болорбуз» –
Жети кемпир муну айтып,
Желмогуздай шумду айтып,
Эр Кыязга эпти айтып,
Айчүрөктүн башында
Артыкча мүшкүл кепти айтып.
Кеп ушундай болду – деп,
Көп ордуна конду – деп,
Убада кылып салгыча
Толгоо тарткан Чүрөккө,
Тозоку жетөө баргыча,
Кан Кыяздын үйүндө
Отун алып, суу куйган

www.bizdin.kg

Карачач катын бар экен.
«Денекүн» болуп күн көрүп,
Кордукта жүргөн жан экен,
Ал Айчүрөк келгени –
Арыган жаны оңолуп,
Ар капасы жоголуп,
Сүйрүсүнө сүт толуп,
Ийрисине эт толуп,
Үзүлгөнү уланып,
Чачылганы жыйналып,
Корлук-зарлык жоголуп,
Айчүрөк менен бечара
Кудай деген кеп кылып,
Өлө турган шерт кылып,
Отурушса каш бирге,
Жасаганда аш бирге,
Отурса-турса кеп кылган
Кең Таласка кетүүгө,
Бир мураска жетүүгө
Убаданы бек кылган,
Үйүндө катын-карчага
Адам өлөөр шерт кылган.
Айта берчү Айчүрөк,
Карачачтын өзүнө
Элин мактай берчү эле,
Жылгынды Кең-Кол, кең Талас
Жерин мактай берчү эле.
«Биздин Талас мындай – деп,
Биздин кыргыз кайран журт,
Келеңкер чачпак, кең соору
Келини сулуу биздин журт.
Кызыл көйнөк, айча бел
Кызы сулуу биздин эл,
Кара чепкен, ак калпак
Жигити сонун биздин эл.
Биздин элди сурасаң
Эриксе элик атышат,
Эрикпесе Таласта
Элкин ойноп жатышат.
Кымыз ичип, кыз ойноп,
Кызыкка минтип батышат.
Биздин элди сурасаң –
Баатырлар менен жүрөктөш,
Балбандар менен билектеш,
Эрендер менен маңдайлаш,
Чечендер менен таңдайлаш!
Бөрү жолдуу кабылан
Бөтөнчө эл-журт олуя,
Беттеп адам барбаган,
Ар душман жеңип албаган
Эрдин эри биздерде
Эли сонун кайран журт!
Кара эгинден күрүч көп,
Биздин эл жайы ушундай,
Калайынан күмүш көп,
Кара малдан төөсү көп,
Чабалынан дөөсү көп,
Эли сонун биздин журт!
Курбудан кулан топтогон,
Адырын аркар оттогон,
Аскасын теке боктогон,
Бөксөдө бөрү жойлогон,
Чыбырдан түлкү ойногон.
Талында булбул сайраган,
Биздин Талас кең өзөн
Тамаша бир тал калбаган,
Бадалдан марал бакырган,
Чынардан күкүк чакырган,
Ташында бүркүт талпынган,
Туурдан шумкар алкынган
Жандары бар, жаныбар
Жана Талас биздин жер –
Жан бүткөндүн баары бар.
Көк ала майдан кең өзөн
Жерге жетер күн кайда?!
Көңүлгө даана Карачач,
Элге жетер күн кайда?!»
Мураага бирге жетүүгө,
Кайрылып жакшы күн келсе
Таласка кайра кетүүгө,

www.bizdin.kg

Акылман Чүрөк жан экен,
Карачач менен экөөнүн
Убадасы бар экен.
Кыяз мүшкүл кылганын,
Жети кемпир Кыязга
Убада кылып турганын
Уккан экен Карачач.
Тизеси жерге бүгүлүп,
Толгоо тарткан Чүрөккө
Келди жетип жүгүрүп,
Көңүлү кеткен бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Айта-буйта дегиче
Антаңдап шашып Карачач
Айчүрөккө барды эле:
«Айланайын эжеке,
Көрүп койсом көөнүм ток,
Өзүңөн башка караан жок.
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен билгенди билдиңби?
Мен билгенди билбесең,
Багыштын уулу эр Кыяз
Жети-Өзөн сизге жер эмес,
Жедигер сизге эл эмес,
Эр Кыяз саа эр эмес.
Эркек туусаң өзүңдүн
Дубалап көзүң оюуга,
Баланды алып союуга
Кемпирдин баары кеп кылды,
Убаданы бек кылды.
Ургаачы арстан шер элең.
Кыдыр Алла Кудайдан
Каалаганым сен элең.
Жети зулум кемпирдин
Эбин тапкын сен эже,
Каарлуу Кыяз капырдын
Кебин тапкын сен эже» –
Деп, ошентип, Карачач
Айтып оозун жыйгыча,
Жети кемпир дубакер
Айчүрөктүн үстүнө
Көз будалап баласын
Алганы кирип барды эле,
Бир шумдукка Чүрөктү
Салганы кирип барды эле.
Душмандыгын билген соң
Айдай катын Айчүрөк
Ат бороюн сыдырган,
Учуп жүрүп шуркуя
Учканды билген шуркуя
Душманды билбей коёбу,
Билбесе Чүрөк болобу!
Акылга даана кашка күң,
Беризаада башка күң
Киргенде зулум кемпирге
Суук дуба* салды эле,
Жадыгөйү* болжолсуз
Жети бирдей кемпирдин
Көзүн байлап калды эле.
Жети устара жабдыгын
Карачач уурдап алды эле,
Түбү жок кара кудукка
Алып барып салды эле:
Кудугуна устара
Салган замат жетти эле,
Уусуна чыдабай,
Суу түбүндө кара таш
Как жарылып кетти эле.
Дел болуп кемпир каңгыды,
Жинди да эмес, соо да эмес,
Эрени берген устара,
Устарадан айрылды.
Кечээ кордукту койдой салганда
Ордону талап алганда,
Берен энем Каныкей
Бейлебей койсоң жаманат,
Кас санашкан душманга
Кысталыш жерге кулунум
«Бергин» деген аманат –
Кечээ Күнжүткө тозок салганда,

www.bizdin.kg

Күркүрөп Манас кабылан
Кечээ Күнжүттү чаап алганда,
Аябаган дүмөктү сала келген бул эле,
Адам сойчу шум эле,
«Чык этпес» деген уу эле.
Искеген адам өлчү эле,
Барса-келбес чын жайды,
Таткан адам көрчү эле.
Адамга жыты жетүүчү
Адам жыттап алганда,
Чыдай албай өт жарылып кетүүчү.
Жытына барган өлүүчү,
Кара санап келген жан
Өз жазасын көрүүчү.
Чын толготкон Айчүрөк
Белен кылган уусу бар
Жети мастан кемпирге
Бейбактын салчу чуусу бар,
Буйрук кылды келинге:
«Тур, Карачач, турчу – деп,
Суусап келген энелер,
Сары саамал кымыздан
Энеңерге куйчу – деп.
Суусуну басылсын
Умачтай көзү ачылсын,
Ачкадан оору кабылар,
Ток болсоң акыл табылар
Азапка себеп энелер,
Чоң жакшылык салчулар
Ажал менен азапты,
Койбой сууруп алчулар.
Билек кармап иш билген
Ачык эки көздүүлөр,
Айтканга туура сөздүүлөр,
Жанды Кудай жаратат
Амалын жетөөң таба гөр,
Жаным чыгып баратат.
Көзүм жетти жалдырап
Сөөгүм турат шалдырап,
Чымындай жаным чыркырайт.
Сай-сөөктүн баарысы
Кетмек болду быркырап,
Көргөнү сонун колу май
Бүбүдөн келдиң жетөөңөр.
Ооруган жерди баскыла
Себеп ээси энелер,
Умачтай көздү ачкыла» –
Деп, ошентип, Айчүрөк
Айтып оозун жыйды эле,
Уу кошулган кымыздан
Жети каркыт* кымызды,
Жеткилең эптүү Карачач
Кемпирлерге куйду эле.
Шамдагайы болжолсуз
Шыпылдаган бейтаалай,
Карчыгадай камынып,
Калп кемпирге жалынып,
Калакка ченеп уу берип,
Кашык менен суу берип,
Жетөөнө бирдей шарт берип,
Шек билгизбей бат берип,
Күүгүм кире күн бата,
Калайык уктап дым жата
Саадактын баарын ок кылып,
Сааттуу жети кемпирди
Дүнүйөдөн жок кылып,
Коломтонун чекесин
Ороо кылып ойду эми
Жеткилең катын Айчүрөк
Бу жетөөн эптеп сойду эле,
Бүктөй салып белинен
Коломтонун жээгине
Тундурма сала койду эле.
Бир кишиге билинбей,
Бир адамга көрүнбөй
Жети мастан өлдү эми,
Кайра тартпас чын жайды
Бузуку жетөө көрдү эми,
Жетөөнүн жаны тынды эле
Жетөөнөн катар айрылып,

www.bizdin.kg

Жедигердин эр Кыяз
Жаткан экен кайгырып,
Көрдүңбү бул ишти?!
Тараза жылдыз батканда,
Таң сөгүлүп атканда
Долунун иши жөнөптүр,
Төбөдөн Чолпон кошулуп
Белги болуп төрөптүр.
Төрөлгөндө баласы
Ырымы мындай карачы:
Оң чекеден Күн чыгып,
Сол чекеден Ай чыгып,
Тогоол болуп бул экөө
Белги болуп алыптыр,
Айдай катын Айчүрөк
Эркек төрөп салыптыр.
Атасынан баласын
Артыктыгын карачы,
Аман жүрсө бу бала
Кудайдын сүйгөн кулу – деп,
Курган көкжал уулу – деп,
Белгилүү өндүр булактын
Беренден калган чунак – деп,
Кайрандан калган медер – деп,
Беренден калган тумар – деп,
Ойрон көкжал баатырдын
Ордунан чыккан чынар – деп,
Чынарга жандар корголоп,
Аман болсо турар – деп,
Байкап адам көргөнгө
Маңдайга сайган желек – деп,
Баатырдан калган белек – деп,
Тулпардан калган туяк – деп,
Туу казына чунак – деп,
Өндүрдө алтын ордом – деп,
Бээжайым өткөн төрөдөн
Белекке калган коргон – деп,
Талыкпай чөлгө чуркачу
Алтын туяк тулпар – деп,
Талкалап көлдөн куу алчу
Болот текөөр шумкар» – деп,
Кубангандан Айчүрөк
Ыраазы болуп болкулдап,
Сүйүнгөндөн солкулдап,
Чылгый жибек оронуп,
Чылка канга боёнуп,
Төрөлгөндө бу бала
Баладан башка көрүнүп,
Аркасында кара жал
Эки айрылып төгүлүп,
Ойрону көкжал шеринин
Дал өзүндөй көрүнүп:
«Кирпиги жалын, көзү чок,
Жаралган андай бала жок,
Жазы маңдай, кең далы,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жан жанынан байкап бак!
Мурунуна муруну
Булгап койгон эмедей,
Кулагына кулагы
Курган көкжал сыягы,
Караган кара көзүндөй
Кадимки канзааданын өзүндөй,
Өзү турмак баатырдын
Өлчөлүү кара көзүндөй,
Кабыландын өзүндөй.
Сыягы бирөө алгандай,
Жан жаралган ар кандай,
Тиктесе жүрөк жангандай,
Көрсө суусун кангандай,
Кабылан көкжал баатырдын
Оозунан түшө калгандай.
Күндөлүк күйүт жоголсо,
Аман болуп чоңойсо,
Эрешен* тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Жетим жүрүп жетилип,
Жергеге эптеп кошулуп,
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Жерин табар бекен – деп,

www.bizdin.kg

Жыргалдуу аргын, көп кыргыз
Элин табар бекен – деп,
Ар кыядан таянган
Көчүн алар бекен – деп,
Канчоро менен Кыяздан
Аман жүрсө бу балам
Өчүн алар бекен – деп,
Кең-Колдон бузду ордомду.
Кесиреттүү какшалдар
Кермеден минди жоргомду,
Таластан бузду артымды
Талкаланып кайран баш,
Алалбай келдим дартымды.
Таластан өрттөп пулумду
Катындыгы курусун,
Улуп-уңшуп кайран жан
Алалбай келдим мунумду.
Бүгүн көргөздү Кудай көзүмө
Өч алуучу уулумду,
Ушул курсакта уулум болбосо
Ким кубалайт кунумду.
Чыңырып боздоп ыйласам,
Кимдер угат муңумду.
Талоонго алып малымды,
Агызды суудай канымды.
Сары адырмак белимди
Сандалтты кыргыз элимди.
Талкан кылып барымды,
Күйүп өлгөн бул экөө
Күйгүздү белем жанымды.
Беш көкүл өрүп чачымды,
Олжолоп келди башымды.
Кор кылды кайран энемди,
Кыйратты чынар мөмөмду,
Белинен бүктөп айзамды
Талаан кылып талкалап,
Кетирди минтип айламды.
Береке берсе артымды
Катындыгы курусун,
Арамдардан алалбай келдим
дартымды.

Тилейин жакшы угумду,
Чабышаар кайним жогунан
Кууй албай келдим кунумду.
Кудурет жан деп жаратса,
Куп уга гөр, мунумду!
Курдаштан калган белегим,
Кайрандан калган керегим,
Аман-эсен чоңойсо,
Кантип кууйм кунумду.
Жергелүү канат жетилсе
Жетип тозом көчүмдү,
Жетеси жок арамдан
Алдырчы Кудай өчүмдү!
Олжого келген кунумду,
Аман койсо мунумду,
Эсен койсо кудурет
Жылкыда кайним, уулумду,
Аман-эсен бул экөө
Ак буудайдын унундай
Жуурулушар күн болсо,
Ак бөкөндүн кылындай
Суурулушар күн болсо,
Ободо Чолпон жылдыздай
Жошулушар күн болсо
Ак жылкыдай боз улан,
Оо дүйнөлүк дос болуп,
Бирликти коюп бир жерге
Кошулушар кез болсо,
Канчоро менен Кыязга
Маңдайлашып турушса
Бакырып найза сунушса,
Келте атып, жаа тартып
Мыктанышып урушса!
Мунун атасынан бабасы
Шумдугу мындай карачы.
Жаман катын бириндей,
Боздой берсем чыркырап,
Ыйлай берсем буркурап,
От билгизип Кыязга
Оройлук кылып нетейин,

www.bizdin.kg

Кеп билгизип Кыязга
Кежирлик кылып нетейин,
Өзүңөн тууган бала – деп,
Андан көрө Кыязга
Шек билгизбей жетейин.
Алтымыш танап*, миң акыл
Жакшы ойлонуп алайын,
Эркек тууп бердим – деп,
Агыштын уулу Кыязга
Аябай милдет салайын.
Арам сактап окустан,
Айбандык кылса кокустан,
Ак куу кебим киейин
Аалам жакты кыдырып,
Баламы катып койнума,
Жан багар жерге жүрөйүн.
Эрдик-шердик көргөзбөй,
Жаман катын биринде
Жабыгып кайдан турайын,
Жадаалдык кылса эр Кыяз
Бел байлаган бел эле
Белгилүү эрдин өзү эле
Белимди таап издейин,
Атам Акундун колун жыйнайын.
Элден мурда Кыяздын
Э дегенин угайын,
Душмандык кылса Кыязды
Акун хан элин жыяйын.
Белгилүү жерден бел издеп,
Бел байлачу жер издеп,
Бейпайды бекем салайын,
Бек бекитип жанымды
Бу жаңгызым багайын».
Катын башын эр кылып
Каралуу башын туу кылып,
Айдай катын Айчүрөк
Кирин өзү жууду эле,
Киндигин кесип дагы өзү,
Ак көйнөккө салды эми,
Аныктап ороп алды эле,
Багыштын уулу Кыязга
Алып жетип барды эле.
Ошо кезде эр Кыяз
Ордо күтүп кан болгон,
Олуязаада жан болгон.
Жүргөнүнөн чаң чыккан,
Добушунан жан чыккан
Мингени алтын так болуп,
Канып турган кезеги
Кармашканды караңга
Салып турган кезеги,
Кезиккенди бөрүдөй
Жарып турган кезеги,
Дүнүйөгө ал Кыяз
Канып турган кезеги.
Кезиккен жерди буй кылып
Алып турган кезеги.
Белгисинен Кыяздын
Бек жанынан түңүлөт.
Караанын көрүп Кыязга
Калайык чуулап бүгүлөт.
Көрсөң Кыяз ушундай,
Эки бети салаңдап,
Эки даңгыт тойгондой,
Байкап жини кармаса
Барча жанды сойгудай.
Бала түгүл кылымды
Чындап жини кармаса
Кыргын кылып койгудай.
Кылычы жалын, өңү чок,
Кызылдай балаа эр Кыяз
Кылымда мындай капыр жок.
Кабагы бийик, көөнү тар,
Көрсөңүз мындай кеби заар.
Так үстүндө Кыязга
Баласын салып этекке
Байкуш жеңең Айчүрөк
Аркардай көзү жоодурап,
Чылгый жибек шоодурап,
Эң мустайып сөгүлүп,

www.bizdin.kg

Тийген Айдай көрүнүп,
Баданадай балкылдап,
Баса түшүп жаркылдап,
Жаш баласын көтөрүп,
Ак эмчегин булайтып,
Акырын сүйлөп муну айтып,
Тили чечен, сөзү бал,
Адамда болбойт андай жан,
Эркечтей мойнун бурду эле,
Ай тийгендей Айчүрөк
Акундун кызы Чүрөгүң
Чүрөк эмес дүмөгүң
Багыштын уулу Кыязга
Эпсиз катын Айчүрөк
Сүйүнчүлөп турду эле:
«Ыраазы бол сөзүмө,
Сүйүнчү Кыяз, өзүңө!
Ырыскың көлдөй толуптур,
Куйругуң кулач болуптур.
Ырысың ырас жөнөптүр,
Айдай катын Чүрөгүң
Эркек уул төрөптүр!
Ободон жылдыз болжошуң
Айчүрөк сенин жолдошуң,
Жетилген мыктуу санааңды
Көргөзгөнү турамын
Баатыр кан Кыяз «баландын».
Мойнуна тумар тагыңыз,
Белгилүү катын тууду – деп
Береним Кыяз багыңыз.
Мурага келген баланды
Мураапы кылып алыңыз.
Жети-Өзөн экен жериңиз,
Жети-Өзөндү жердеген
Жедигер экен элиңиз.
Жергелүү журтуң чогултуп,
Жакшылык тоюн бербепсиз,
Эчен катын-зайып алыпсыз
Баштатан бала көрбөпсүз.
Алдыңкы жолду чубалтып,
Ат жарышып бала ойноп,
Айткан элди кубантып,
Адамга той кылбапсыз.
Сүйүнчү Кыяз, сөзүмө,
Аманатың атайы
Арстан Кыяз эр чиркин
Баатыр, алып келдим өзүңө!
Кеңиптир кең жолуңуз,
Аман бала чоңойсо
Ааламга жетер колуңуз.
Дурустап жакшы санааңды,
Баатыр, багып ал Кыяз, баланды» –
Айчүрөк мындай деген соң
Тутанып өлгөн эр Кыяз
Көп сүйлөбөй, тил какпайт.
Туура шумдук экенин
Баланыкын билди эле.
Биле коюп эр Кыяз
Туура азап эми болду – деп,
Атайы душман келди – деп,
Кадыр Алда Жараткан
Кайгыны азыр берди – деп,
Табылган бүгүн баладыр,
Бала түгүл бу мүшкүл
Кара тажаал балаадыр!
Сыйкырчы жети кемпирим,
Ат көөнүнө карабай,
Атымды бердим аябай,
Тон көөнүнө карабай,
Тонумду бердим аябай,
Пара берген кемпирлер
Калган экен жарабай,
Баласын уурдап ала албай,
Тындым кылып сала албай!
Кулжуңдаган кутургур
Куптап жыйып албасам,
Кутургур сенин баарыңа
Кыргынды кызык салбасам,
Кылычтап башың албасам,
Жол үстүнө сүйрөтүп,

www.bizdin.kg

Даңгыттарга жарбасам!
Акыл кылбай, кеп айтпай,
Оюнда муну ойлонуп,
Ак жолборстой толгонуп,
Көк күбөсүн жамынып,
Көрсөң мындай эр Кыяз
Көк аюудай чамынып,
Аң-таң калды эр Кыяз.
Санын мыкчып күүлөнүп
Кесири мынча Кыяздын
Төбө чачы сексейип,
Төрөңүз Кыяз үксөйүп,
Жадаалданып чамынып,
Кайран Кыяз өзүнө
Каймана акыл табылып,
Күр-күр этип күүлөнүп,
Калың кара жедигер
Калбай кел – деп сүйлөнүп,
Чыдай албай санаадан
Арам ойлоп а Кыяз
Карындан чыккан баладан,
Капчалдан аккан булактан
Арам санайт кутургур
Чарайнада чунактан.
Оттой көзү бек жайнап,
Кан ичмеси чын кармап,
Денесинен күч чыгып,
Кара саат жыластын
Калк бүлдүргөн Кыяздын
Бетинен кара түк чыгып
Эки көз соолуп чын жайнап
Кадоосунда кашка тиш
Карсылдата бек чайнап.
Өңгөчүн тартып мыкчыйып,
Демин алып күрүлдөп,
Калың кара жедигер
Кайран жандан түңүлүп,
Качып шашып дүрүлдөп.
Көп сүйлөбөй тил айтпай,
Тилден калды эр Кыяз
Түсүн үйрүп олоңдоп,
Түрдөн кетти эр Кыяз.
Ал күн Кыяз күркүрөп,
Каарды катуу баштады.
Калтырбай элдин жангызын
Каарын чачып бу Кыяз,
Жутуп ие таштады.
Катыны тууса эр Кыяз
Каар салып бакырып,
Айла билгич ыктуусун,
Акылга чечен мыктуусун,
Койбой журтун чакырып,
Жети-Өзөндүн карысын,
Калтырбай жыйнап баарысын.
Калайык дүрбөп келиптир,
Карарганын Кыяздын
Кайран Куту көрүптүр.
Куту журттун кутманы,
Жаагы ачылган чечени,
Өпкө чапчу бакшысы,
Өйдө кылчу жакшысы,
Кепке чечен даңгылы,
Келишкен мыкты камбылы.
Келип Куту ал турду.
Баягы балбан Кара дөө
Ойлонгон экен ал күнү
Атам Куту эр менен
Жаакташа калышса,
Бозала болуп чабышса
Кылычты кындан алганы
Кыйындап дүмөк салганы.
Талкан сындуу талкалап,
Өйдө-төмөн чалганы,
Өлтүрбөстөн баланы
Кыяздан тартып алганы.
Эрте сөзү кеч болду,
Бакма атасы эр Куту
Арага салып Кара дөө
Эки көзү төрт болду.
Куту жатат изденип

www.bizdin.kg

Кара дөө жүрөт тиштенип,
Кутман калыс эр Куту
Бала каздай баркылдап,
Абаң Куту кургурдун
Ак сакалы жаркылдап,
Кеби нускалуу, сөзү бал,
Кейисе чыкпайт андай жан.
Жатык сүйлөп, бек таштап,
Кайран Куту сөз баштап,
Эр Куту айтат мындай кеп,
Эр Кыязга мындай деп:
«Балам Кыяз, баркың бар,
Кутман айтсын бир сөздү
Угуп көкжал билип ал,
Уулум Кыяз, тилимди ал!
Канды Кудай урганда
Катыны менен кабышат,
Калкы менен чабышат.
Айза кармап боолашат,
Жакыны менен жат болуп,
Өз эли менен жоолашат.
Канды балаа басарда
Жумшаган кулун кезектейт,
Үйүндө ашын эсептейт.
Кан башынан бак кетет,
Астынан алтын так кетет,
Ал аскардай бел кетет,
Алакандай чуркурап
Андан кийин эл кетет!
Жакшынын башы соо болот.
Канды Кудай урарда,
Калкы турмак койнунда
Катыны менен жоо болот.
Баатыр Кыяз, сен элең,
Журт чечени мен элем.
Бөлүптүрсүң санааңды,
Бөлөктүн уулу депсиң го,
Бөйрөктөн чыккан баланды.
Жат көрүпсүң эр Кыяз,
Кадыр түн аккан булакты,
Бирөөнүн уулу депсиң го,
Өз ичиңден чыккан чунакты.
Алганың он бир ай болуп,
Бакты-дөөлөт конуптур,
Зайыбың эркек төрөгөн
Өлчөөсүн көрчү эр Кыяз,
Өз баланды жайласаң
Айчүрөктүн көөнүнө
Чечилбей түйүн кеп кетсе,
Көңүлгө арам шек кетсе
Ак куу кебин кийбесин,
Акун кан көздөп жүрбөсүн,
Акундан жыйнап кол алып,
Колду жыйнап мол алып,
Жайдын күнү болгондо
Жалдуу байтал минилбей,
Күздүн күнү болгондо
Куйруктуу козу желдирбей,
Маңдай-тескей турушуп,
Барсылдашып урушуп,
Башкача жаңжал болбойлу!?
Нарга жүктү артпайлы,
Баласына катылып,
Баатырым, башкача азап тартпайлы!
Баласына катылсак,
Балаага бөөдө чатылсак,
Бу бейтаалай Чүрөктүн
Кереметтүү дүмөктүн,
Бел байлаган бели бар,
Бекип жаткан жери бар,
Бу канчаны билген каркыбар,
Бу калайыкка баркы бар.
Бүткүл жерди сураган,
Ээнин баарын жыйбайбы,
Балбансыган, дөөсүнгөн
Эрдин баарын жыйбайбы,
Жаңжалды жаман кылбайбы,
Жан аябай бу катын
Жаңжалдашкан турбайбы!?
Ааламга жеткен атагы

www.bizdin.kg

Баласына катылсак,
Эзелинде басылбас
Бу капырдын чатагы.
Өлчөсөң Кыяз жаман түш
Өз баласын өлтүргөн,
Кылымда болбой мындай иш.
Шек билгизбей Чүрөккө
Баатыр Кыяз сен болсоң,
Башыңды салба дүмөккө.
Катылдың көкжал канкорго
Буйгатты курба айылыңа.
Баатыр бузукту салба айылыңа
Беризаада бейбактын
Бек агараар оюн кыл,
Бул баланын тоюн кыл!
Тоюна токсон кара сой,
Менин уулум болду – деп,
Баланын атын өзүң кой!» –
Деп, ошентип, эр Куту
Кара тилин кайрады,
Кайран Куту сайрады.
Сөз сүйлөдү ар кандай,
Анык айткан туура сөз
Айза менен сайгандай.
Жүгүрмө чечен жан экен,
Жазы жаак, жалпак тил,
Жатык кыял, туура сөз
Чечендиги бар экен.
Келер менен кетерди
Кеңири билген жан экен.
Канкорго тийген Кыязга
Карасаң мындай Кутунун,
Чоң кастыгы бар экен,
Элге эптүү кеп салып
Эл тил алып чуркурап,
Кургурдуку акыл – деп,
Айтканына макул – деп,
Калайыкка эп болуп,
Калайык макул көргөндө
Кандай кылат эр Кыяз.

КЫЯЗДЫН СЕЙТЕККЕ ТОЙ БЕРИШИ

Калың малды союуга
Камынды Кыяз кургуруң.
Баланын атын коюуга
Тоюна токсон сойду эле,
Тополоңдоп эл дүрбөп,
Той кылар кези болду эле.
Элин жыйнап бакырып,
Эл-журтун Кыяз чакырып,
Зыйкырчысын, билгичин
Көптү көргөн карысын,
Көп билгичтин баарысын
Узун кулак эренин
Кыйланы билген эрендин
Кыйырдуу элин жыйды эле.
Кыйын дүйнө көп мүлкүн
Чыгымга мыктап кыйды эле.
Калык ичинде мунара
Мунара жайын сураба!
Кыйла кулач бийиги,
Кыйын экен ол кезде
Береңиң Кыяз билими.
Мунарадан эр Кыяз
Кыйкырык салды арылдап,
Кыйла журттун баарына
Жар чакырды зарылдап,
Чүрөк бала тууганын
Жедигер журтка дайындап:
«Калың кара калкым ук,
Беризаада Чүрөктү
Ике байлап алганым,
Күн эсебин эсептеп
Күндү катка салганым,

www.bizdin.kg

Күн болжолу ушундай
Алгандыгым бейбакка
Он бир айга толуптур,
Бүгүнкү тууган баласы
Журтум, ойлоп карачы,
Өзүмдүн уулум болуптур!
Кубанган көңүл санаага,
Дүнүйөм чачып той кылам
Жаңыдан туулган балама.
Куп деп ойло, жедигер,
Кубаныч түштү санаама.
Көңүл толкуп, көз жайнап,
Көрүнгөн бүгүн балама.
Журтум, Кыяз-Кыяз болгону,
Кыяз атка конгону,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп
Ак күбө тонду кийгени,
Алчайып атка мингени
Тооторуну мингенде,
Тоорулга чыгып жүргөндө,
Кечээ кармашты катуу салганда,
Кайыпкан кызы Акбермет
Калк чогулуп, журт дүрбөп,
Кагыштан эчен эр өлүп,
Кармап алган катыным.
Мойнуна тумар таккамын,
Бетине эндик жапканым,
Көңүл оору сөз айтпай
Эркелете бакканым,
Мындан бала көрбөдүм,
Маа эткен үнүн укпадым.
Күнжүттүн каны Каракан,
Күндөй сулуу бураң бел
Ошо журттан тараган
Күндөй болгон сулуудан,
Болумдуу шекер сөздүүдөн,
Моймойгон кара көздүүдөн
Ошондой сулуу алууга,
Бир кумарга кануугa,
Тамашага батууга,
Талыкпай ойноп жатууга
Күндүз жатып, түн жүрүп,
Жети-Өзөндө жедигер
Жапаны жаман тарттырып,
Кызыл куйрук кырк нарга
Кызыл алтын арттырып,
Ай көңүлүн бөлүнтүп,
Алачыктай ак була
Айбан сурдай күлүктүн
Көкүлүндө көрүнтүп,
Куда болуп мал айдап,
«Кулдукташып» май чайнап,
Каракан кызы Карачач
Дүйнө төгүп, мал чачып,
Каалап алган катыным,
Мындан туяк көрбөдүм.
Кара тоо бойлой кар өткөн,
Бала сүйүп жаркылдап
Албан түрлүү жан өткөн,
Эркек түгүл кызым жок
Маа баланын зары өткөн!
Той кылганга токсон сой,
Кагышып алган катыным,
Кылпылдаган капырың
Беризаада Айчүрөк
Береним эркек төрөптүр,
Баламдын атын коюп бер!
Тоюна токсон сойдурсун
Баланын аты коюлсун» –
Деп, ошентип, эр Кыяз
Токсон семиз бээ союп,
Толуп аткан кой союп,
Толуктап кыйла тай союп,
Кеп кылбай кызык салышып,
Эл чуу туруп калышып:
«Баатыр уулдуу болду» – деп,
Байкасаң калың жедигер
Чуу турушуп калышып.
Калк чогулуп, эл дүрбөп,

www.bizdin.kg

Калың болгон тамаша.
Короздой болгон эр Кыяз
Колун алып артына,
Койбогон турат баланы,
Коркуп турат азыраак
Айчүрөктүн дартынан.
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай,
Ойлоп турат эр Кыяз,
Баланын душман экенин,
Кетирбей кегин аларын,
Керишти кенен саларын,
Жетим жүрүп жетилсе
Өч алып түпкө жетерин,
Белсенишип салышып,
Былчылдаша кетерин
Билип турат эр Кыяз.
Баласы түпкө жетерин.
Күйүп-жанып чок болуп,
Азганакей Чүрөктөн
Чочугандан токтолуп,
Ошо күнү эр Кыяз
Тим эле ойлоп күйүнүп,
Айчүрөктүн алдына
Кирди Кыяз жүгүрүп.
Айдай катын Чүрөккө,
Азабы калың дүмөккө,
Беризаада бейбакка
Кириптир Кыяз сабылып,
Калп сөз менен каткырып,
Ооз учу менен оңбогур
Калп балага жалынып,
Баланы колго алууга,
Ат койдура салууга,
Ымыркай кезде баланын
Эки көзүн оюуга,
Эбин тапса союуга,
Дүнүйөдөн баланы
Тындым кылып коюуга,
Бөтөнү бар сөзүндө,
Багыштын уулу эр Кыяз
Жоо көрүнөт абыдан
Айчүрөктүн көзүнө.
Улуктарын, кандарын
Жыйнап турду эр Кыяз,
Баланы маа бергин – деп
Сурап турду эр Кыяз:
«Айдай катын Чүрөгүм,
Көөдөндө ысык жүрөгүм,
Алла Таала Кудайдан
Ушундай эле тилегим,
Беризаада бейтаалай
Таптың артык санаамды,
Таап бердиң кургурум
Кабагым ачаар баламды.
Адырга аккан булакты,
Артымда белек чунакты,
Алып кел уулду көрөйүн,
Ачып оозум өбөйүн!
Маңдайын жарык ачамын
Боорума басамын
Карааным ушул балам – деп,
Капанын баарын жойдурам,
Ак сакалдуу карыга,
Көп узак жашап барганга
Аңгеме оюн саламын,
Ат койдуруп аламын!» –
Деп, ошентип, эр Кыяз
Каарын салып кутуруп,
Кыязды Кудай урду эле,
Баланы сурап турду эле.
Калк мыктысы Кыязга
Ымыркай жаштуу баланы
Бербей турган чара жок
Ушундай болот дүйнө бок.
Перизаада бейбактын
Баланы капыр кантет – деп,
Канетсе түпкө жетет – деп,
Ыктап койсо бооруна
Капырды Кудай урат – деп,
Жаш күлгүндү соёт – деп,

www.bizdin.kg

Каралдымдан айырып
Кашайта көзүм оёт – деп,
Өлгүрдү, Кудай урар – деп,
Жалгызымдан айырып,
Өрт өчкөндөй кылат – деп,
Асмандан Алданын күнү бүркөлүп,
Байкуш Чүрөк башына
Алтымыш санаа бир келип,
Көңүлү сайлап бөлүнүп,
«Бала бер» деген Кыяздын
Ажыдаар түрү көрүнүп.
Аны көргөн Чүрөктүн
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Эр Кыяз турду кутургур
Бала алууга камынып,
Көрсөң Кыяз эр мындай
Көк арстандай чамынып.
Айчүрөк турат чыркырап,
Санаа тартып сабылып,
Шек алдырбай Кыязга.
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Алапайын таба албай
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Көздүн жашын арталбай,
Мурундун суусун тарта албай
Казгалдак деген кайран куш
Кайрылбай учар талаа – деп,
Канчаны көрдү Айчүрөк
Канынан калган бала – деп,
Безбелдек деген кайран куш
Бездигип учат тал үчүн,
Мээнет шор тартты шуркуяң,
Бегимен калган бала – деп,
Боз ала шумкар болпоңго
Боздоп турат куурагыр,
Боорунан чыккан Чолпонго.
Кападар болуп буларга,
Какшап турат Айчүрөк
Канынан калган куурагыр,
Кара кашка тынарга.

Элге тутка эренге
Таласта кыргыз көп журтка,
Караан болчу беренге.
Берен Кыяз сураса,
Безилдеп күйүп Айчүрөк:
«Бербеймин» – деп айталбай,
Белгилүү баатыр Кыяздын,
Беделинен жан чыгар
Мына ошондо Чүрөктүн
Чымындай жаны чыркырап,
Дене сөөгү быркырап,
Эрте сөзү кеч болуп,
Жылгындуу Кең-Кол, Таласты
Кайрылып жетип көрсөм – деп,
Канынан калган чунакты
Каралды кылып алсам – деп,
Карыганда Бакайга
Картайганда энеме
Беренден калган белги – деп,
Беттеп чунак келди – деп,
Бир көргөзө салсам – деп.
Кара ниет чородон
Качанкы кегим алсам – деп,
Каралды кылып баланы
Канча ойлойт шумдук санааны.
Кыяз түмөн, биздер аз
Орго салар бекен – деп,
Ымыркай жаштуу баланы –
Дүйнөдөн көзүн жоголтуп,
Жолго салар бекен – деп,
Кайраттуу катын Айчүрөк
Жаркылдай басып бейтаалай,
Эзилип ыйлап тургуча,
Эр кайратты салайын.
Эрлик түрүн көргөзүп,
Баана кылган жалгызды,
Аман алып калайын.
Отко жакса күл болбой,
Шорго малса, күң болбой
Күчөтөйүн кебимди,

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

Алдырбайын белимди.
Эзелтен шордуу курган жан,
Эрдикти эпсиз салайын.
Эзилден калган жалгызым,
Эптеп алып калайын.
Жайына койбой Кыязга
Жаңжалды жаман салайын,
Каралды кылган жалгызды
Эптеп алып калайын.
Кыяз сурап турганда
Тажаалдык кылып эр Кыяз,
Артык кылып турганда
Дегенине көндү эми.
Чылк жибекке оронуп,
Жаш баланы колго алып,
Баданадай балкылдап,
Тийген Айдай жарыгың
Ак Чолпондой жаркылдап,
Көп ойлоп мүшкүл санааны,
Атаңдын көрү, мүшкүл – деп,
Этегине салды эми,
Багыштын уулу Кыязга
Амалсыз берди баланы.
Баланы Кыяз алганы,
Аксакалдуу карыга
Ат койдура салганы,
Этегине салганы
Түп атасы Түгөл кан
Түз болгурдун тукуму,
Башкы атасы баары кан –
Бадыректин тукуму.
Этекке алып баланы,
Кыяздын калбай арманы
Болжолу жок баланын
Моло таштай салмагы.
Салмагы таштай жүрүптүр,
Багыштын уулу Кыяздын
Такасы жерге кириптир,
Туткагы кармап эр Кыяз
Жоо болорун билиптир,
Биле коюп эр Кыяз
Мыйынан күлүптүр.
Кандарына муну айтат,
Карасаң мындай шумду айтат:
«Айланайын кандарым,
Акылга дыйкан жандарым,
Керишсе жоо чабарым,
Кеп кылсам акыл табарым,
Өйдө чыкса өбөгүм,
Ылдыйласам жөлөгүм,
Коюм бирге короолош,
Ашым бирге жоролош,
Баатырлык бирге жүрөктөш,
Каруу бирге билектеш,
Табылган оокат жыйгандаш,
Санаа бирге курбалдаш,
Этекте жаштоо баланы,
Бала эмес кызыл балааны,
Өзү бөлөк түрүндө,
Бизге душман зилинде.
Күндөлүк ар бир атагы,
Бу кызыталак жолтойдун
Кылымга тиер чатагы.
Салмагы тоонун теңиндей,
Эрешен тартып эр болсо
Жалпы өзөндө жедигер
Жаныңды койбой жегидей.
Кабагы карыш быткылдай,
Карасаат кутургур
Качырганды жуткудай.
Салмагы оор балбандай,
Адам, туулат экен ар кандай!
Салмагынан жан чыгып
Бел зыркырап бөлүнөт,
Аман жүрүп чоңойсо
Кылымга татыр көрүнөт.
Өзү ымыркай баладыр
Бала эмес, кызыл балаадыр,
Бадыректи карачы,
Жүрөктө ууру жарадыр.

www.bizdin.kg

Өрттөнгүрдүн өзүдүр,
Кара сааттын көзүдүр,
Өлөңдүү жерге өрт койгон,
Туландуу жерди тутанткан.
Кара сууга кан кылган
Бөрк ал десе, баш алган,
Кан төк десе, жин төккөн,
Суу ич десе, уу ичкен,
Ак марал айдап, уй кылган,
Ай-ааламды буй кылган,
Көк марал кууп, уй кылган,
Көрүнгөн жерди буй кылган.
Алыска кеткен атагы,
Жердин үстүн буй кылып,
Кылымга тийген чатагы.
Чабылгырдын тукуму
Чабыш кылбай жатабы?
Көңүл сайлап бөлүнөт,
Туулганда баланын
Душмандык түрү көрүнөт.
Көкжал Манас тукуму,
Көрүнөө көкжал өз уулу.
Каары мындай санаасы
Ошо чабылгырдын баласы
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Өзү турмак бачагар
Караган кара көзү экен.
Мунун аркы атасы зор Манас –
Он эки жашка келгенде
Ордо бузуп олжо алып,
Орчун журтка кол салып,
Чородон кыркты жыйнаган,
Беттешкени кыйраган.
Чын кабарын укканда
Нур төгүлгөн Бээжинден
Какандын каны ыйлаган,
Кабылган душман кыйраган
Арстандыгы көрүнгөн
Кабылышкан душмандын
Кабыргасы сөгүлгөн.
Кандары суудай төгүлгөн
Эрендин башы кесилген,
Эселек наадан кезиккен.
Түпөктүү найза ыргаган
Түртүшкөн бенде кулаган.
Кагыш кылган калк өлүп,
Кабылып далай алп өлгөн,
Кежирден далай кан өлүп,
Тутангырдын тукуму
Туш келгендин баары өлгөн.
Жайдын күн таштап күз кылган
Беттеп келген душмандын
Бек калаасын түз кылган,
Бейлиме кетти ушу сөз:
Бейпайды бекем кылалы,
Убалы болсо, көөнү ары
Баланын жанын кыялы!
Эсебин эптеп табайын,
Кара тажаал карандын
Мээсин жара чабайын,
Балтыркандын тамырын
Сууругандай кылайын,
Тукумдук кара таруунуу
Кууругандай кылайын!
Башы-көзүн талкалап,
Оймок болду баланы,
Колунда чеңгел ташы бар
Соймок болду баланы.
Эптеп жатып эсебин
Тапмак болду баланы,
Керилип чеңгел таш менен
Чапмак болду баланы.
Керээттүү катын Айчүрөк
Кеп кылбагын долуну,
Эр мүчөлүү Чүрөктүн
Ыктуулугу дагы бар.
Ургаачы арыстан канчыктын
Мыктуулугу дагы бар,
Кеби ширин, сөзү бал
Адамдан чыкпайт андай жан.

www.bizdin.kg

Каарланып Айчүрөк
Жай-жарагын шайланып,
Алты миң нар, миң тайга
Артыктап алган ак тинте,
Толтосу каухар, сабы алтын
Сабын чийип кат койгон.
Жасалганда каранга
«Ак тинте» – деп ат койгон.
Таштан кайра тартпаган,
Темирди чапса бу каран
Майтарылып тартпаган.
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мерт кеткен,
Мизи миздүү жалжайган
Муштаган жерден кан жайган.
Шилтегенде уч жеткен,
Учу тийсе жан кеткен.
Кыяз кан олжо кылганда
Ордону талап турганда,
Жедигердин жетээрин
Жайлай келген эмеспи.
Тирүү жанга пайда – деп,
Ич этине шуркуя
Жангыз жанга билинтпей,
Жадаалдууга көргөзбөй,
Аябаган чоң дүмөк
Сала келген эмеспи.
Берениңдин ак тинте,
Белек кылып бу долу
Ала келген эмеспи.
Ээлигип Айчүрөк
Эки жакты карабай,
«Эрте өлдүм» – деп бу Чүрөк
Эсил жанды аябай,
Кыдырата карабай
Кылчалык жанды аябай,
Эр мүчөлүү эпсиз күң
Беренден калган ак тинте,
Кармай калып сабынан,
Сууруп алып кабынан.
Ак жибектен карандын
Жылан боор чалган боосу бар.
Билекке орой чалыптыр,
Эр Кыязга жетүүгө,
Балага тийсе Кыязды
Өлүм кылып өтүүгө,
Жаңгызга тийсе Кыязды
Ак тинте менен салганы
Канынан жутуп алганы,
Карарган экен бу Чүрөк.
Дүмөктү түптүз баштаптыр,
Чымындай болгон кайран жан,
Бала үчүн кыйып таштаптыр.
Көкжал катын Айчүрөк
Көкжалдыкты баштаптыр,
Арстандай көзү жайнаптыр,
Тиштегенде шуркуя
Эринди кесе чайнаптыр.
Каалгадай кашка тиш
Катындардан башка тиш,
Тиштенгенде жөн эле
Таруудайдан быркырап,
Бейбак түрүн көргөндө.
Хан Кыяздын көй төрө
Как жарылды чуркурап
Жолой албай жедигер,
Жолуна кирди дыркырап
Кош олоңдуу катындын,
Дүмөгү мындай капырдын,
Бет алдынан ооз ачып,
Колдогону сур жолборс.
Кең көйнөктүү катындан,
Келбеттүү мындай жан болбос.
Ургаачыдан шер экен,
Сулуулугу, эрдиги
Бирдей келген күң экен,
Мына ошондо Айчүрөк:
«Казгалдак деген кайран куш
Кайрылбай учат жем үчүн.
Канымды төгүп иейин,

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

Кардыман чыккан сен үчүн.
Телигин деген кыраан куш
Телпилдеп учат жем үчүн,
Курман болуп кетейин
Курсактан чыккан сен үчүн!»
Дажаал экен Кыязга,
Эң эсебин таптырбай
Күл ботосун чаптырбай,
Таш менен бир да койдурбай,
Күл ботосун сойдурбай,
Күүлөнүп жетти Айчүрөк.
Эр Кыязга жетти эми,
Таш кармаган оң колун
Жетип кармап турду эми,
Мына ошондо Кыязга
Айчүрөк кепти кылды эми:
«Жети-Өзөн кайкы жериңди
Жер экен – деп келгемин!
Жети-Өзөндө жедигер
Эл экен – деп келгемин!
Жедигердин эр Кыяз
Баатыр Кыяз мен десем,
Катын Кыяз экенсиң!
Арам бейил, чоң жукуй
Капыр Кыяз экенсиң!
Жети сан кара жедигер
Жемиштен журтуң ток бекен,
Олжого келип төрөгөн
Элиңизде эр Кыяз,
Мен өңдүү күңүң жок бекен?!
Кулаалы деген асыл куш
Кубулуп учат талаага,
Жанымды курман кыламын
Жатындан чыккан балага!
Эзелки жаным аябайм,
Эсер Кыяз, ук муну,
Сени кылам садага!
Ажылдасаң эр Кыяз,
Ак тинтени* маламын,
Олжого келген мен канчык
О, Кыяз сени жарамын!
Тыйпыл кылып элиңди,
Өчүрөм бүгүн отуңду,
Чукуймун эки көзүңдү!
Чымындай жаным өлүүлү,
Чын өлтүрөм өзүңдү!
Чарайнада баланын
Чатагын кантип сен билдиң?
Карындан чыккан баланын
Кай болорун билесиң?!
Каарланып какайып,
Жеңиңде чеңгел кара таш
Эмине катып жүрөсүң?
Кууракан Кыяз, оңбой кал,
Эр эместир, жердирсиң,
Эгерде эки болбой кал!
Курсактан чыккан бу бала
Кулаңды кууй качтыбы?
Сенин куржунда мүлкүң чачтыбы?
Алаңды ала качтыбы?
Ак алтын жыйган казынаң,
Казынаңды чачтыбы?
Жедигер элин оп тартып,
Ажыдаарча сордубу?
Буйгат жолуң чалдыбы?
Муну өлтүрүп сойгудай,
Тындым кылып койгудай,
Кандарыңды сойдубу?
Калкыңы бийлеп чуу салып,
Жаның чыккан капыр кул,
Жаш бала душман болдубу?
Кудай бардыр, куу Кыяз,
Арабча сүйлөп, дуба окуп,
Ак куу кебим кийбесем,
Атакем Акун шаарына
Талыкпай учуп жүрбөсөм!
Кең Үргөнчтөн кол алып,
Жер жайната мол алып,
Айзасы учтуу ыктуу алып,
Ар уста жыйып кол курап,

www.bizdin.kg

Албан түрлүү калк жыйып,
Зулпукорду тапташып,
Жети-Өзөн толгон жедигер
Жергеңди бузуп каптатып,
Буланды булап алдырып,
Бузукту жаман салдырып,
Жети-Өзөн сенин жериңе
Тополоңду салбасам,
Тобуңа топот кылбасам,
Токтоосуз үч жыл салышып,
Тобунду бузуп кырбасам!
Тамынды түртүп уратып,
Талкан кылып тагынды,
Талап алып баарынды,
Капкандай чаап белинди,
Кыжылдаган жедигер,
Кыргын кылып элинди,
Кыйын дүмөк салбасам!
Жанаалы, Карач ботосу,
Канга тойбос чоң балбан
Калдай кан колун жыйбасам,
Карап тургун эр Кыяз
Калтырбай калкың кырбасам!
Атам Акун шаарынан
Чоң Үргөнчтүн айылынан,
Бел байлаган белимен
Бекип аткан жеримден,
Жаңы уруктуу алкымдан,
Жайнаган Ооган калкымдан.
Жөн тур десе күйүнгөн
Жоо дегенде сүйүнгөн,
Казандай кара бөрк кийген,
Ат куйругун шарт түйгөн,
Кажыбай жоого бир тийген.
Баатырлыгы башкача,
Жадаалдыгы бир канча.
Орой кыял сөзү бар
Оңдурбай турган кыйын жан,
Ооган деген элим бар.
Кең Үргөнч жолун чалбасам,
Келжирейсиң сен Кыяз,
Атам Акундун колун жыйбасам.
Бир чыгарып дайныңды,
Бүлүндүрүп айлыңды,
Отунча бүктөп белинди,
Ойрон кылып элинди,
Калтырбай калкың кырбасам.
Мандайлашып турушуп,
Жекелешип урушуп,
Желеден айгыр минишип,
Жерден бакан алышып,
Жети жыл тынбай салышып,
Мандайлашып турушуп,
Барсылдашып урушуп,
Агызып каныңкойбосом,
Айлынды чаап тойбосом.
Тобуңа тозок салбасам,
Адал Кыяз эр десем,
Арам Кыяз экенсиң!
Акыл билбес, эл билбес
Жаман Кыяз экенсиң!
Бөлөккө бурдуң санааңды,
Кылыч камдап, таш алып,
Бөлүптүрсүң санааңды
Өлтүрмөк болгон экенсиң,
Өзүңдөн чыккан баланды.
Өз балаңа катылсаң,
Жаңжалга өзүң чатылсаң,
Ак тинте менен кеспесем,
Эр Кыяз сенден безбесем!
Кара мүртөз Кыяз саа
Казына жыйып нетейин,
Эртелеп учуп эр камдап,
Эселек Кыяз түбүнө
Так ушинтип жетейин!
Ат бороюн сыдырып,
Алты-Шаар бойлоп кыдырып,
Кең Об дайра жээгинен
Уйгур журттун элинен,
Алты-Шаар каны Алабек

www.bizdin.kg

Калкына кабар салбасам.
Курун селде чалынган,
Кудуретке жалынган
Тегерек бышкан даны бар,
Төрт булуң салган тамы бар.
Ысыктуу чөлдү жайлаган
Күзүндө күрүч айдаган
Карыш басса адаты
Белине кетмендей токоч байлаган.
Оозун ачып араандай,
Өз ыры кылып кайлаган.
Балтасын малдай таптаган,
Бутуна шири каптаган.
Учмактуу калаа улуу журт
Көптүгү кыйла кара курт,
Уйгурдан колду көп алып,
Алабек эрди жыйбасам.
Жети-Өзөндө жедигер
Жергеңди бузуп кырбасам.
Аймагыңды чаппасам,
Ажалың эптеп таппасам.
Тентиретип элиңди,
Теги, Кыяз, тура тур,
Бүктөбөсөм белиңди.
Өз баланды өлтүрсөң,
«Эр» – деп, сени нетейин,
Эселек Кыяз тура тур,
Түбүнө минтип жетейин.
Журт бүлүнүп, эр өлмөк,
Эселек кандын кылыгы.
Калк бузулуп, журт качмак,
Сен өңдөнгөн эси жок кандын бузугу.
Жети-Өзөн ээлеп жер кылып,
Этейин деген экенсиң.
Жаңжалдашып журт кырып,
Жедигердин түбүнө
Жерге кирген эр Кыяз,
Жетейин деген экенсиң.
Бузуктуу чырым кылбасам,
Эр Кыяз сенин айыңдан
Жедигер журтун кырбасам.
Жооласаң Кыяз чыныңды айт,
Уу ачытам күбүнө,
Арамдык кылсаң сен Кыяз
Акыры жетем түбүнө.
Катыласың чырыма,
Кезигесиң сырыма,
Чалынасың торума,
Багыштын уулу эр Кыяз
Түшөсүң азыр колума
Көп өпкөлөп чын күйсөм,
Көөдөндөн чыккан санаама.
Көбүрөөк душман болупсуң,
Денеңен чыккан балага
Бузулуптур көргөн түш,
Өз баласын жоо көрүп,
Кызыталак оңбогур,
Кылымда болбойт ушул иш.
Сай-сайлатып санаамды,
Душман көрдүң баланды.
Балам душман, мен ачуу
Бузултуп ийдиң санаамды.
Бүгүн тоо-тоонун башына,
Тумандуу булут кабылтып,
Коктудан болот табылтып,
Кыймылдатып тилимди
Бүркөбөсөм эр Кыяз,
Көрүүчү сенин күнүндү.
Ак куу кебин кийбесем,
Бел байлаган бел издеп,
Бейпай салып шер издеп
Жаратылган Жер үстүн
Талыкпай учуп кыдырып,
Жоолашарым таппасаң
Эселек Кыяз тура тур,
Эзелки жиниң какпасам.
Кага турган себебим,
Күйгүздүң Кыяз, чок кылдың,
Талпакка сабап жүн кылдың,
Талап алып күң кылдың.

www.bizdin.kg

Күлүп-ойноп жатууга,
Жергеси бүтүн жедигер
Жедигер көөнү ток бекен?
Элиңизде эр Кыяз
Таланып келген менчелик,
Колуңда күңүң жок бекен?
Сүйлөсөм оозум шок бекен,
Калкынан келип кордолгон,
Элиңизде эр Кыяз
Мен өңдөнгөн олжо катын жок бекен.
Өкүм эчен сөздү айтып,
Баатыр Кыяз көкжалга
Балакеттүү кезди айтып,
Каарланып какайып,
Катылмак болду бирине.
Как жарылды жедигер
Каарлуу Чүрөк түрүнө.
Кан төгүүдөн тартынбайт,
Толгон Айдай балкылдап,
Ашып-шашып жаркылдап,
Багыштын уулу Кыязга
Кайраттанып жүйө айтып,
Ар бир кеби Кыяздын
Сөөгүнө тие айтып,
Ач билектен алды эми,
Этекте эркек баланы
Тоодой болгон Кыяздан
Толгоно басып Айчүрөк
Колунан сууруп алды эми.
Ич этине салды эле,
Беренден калган белгини
Безилдеп күйүп Айчүрөк
Бооруна кысып алды эле.
Чүрөктүн дүмөк экенин,
Баланы сактап каларын,
Балага тийсе кол жыйнап
Бир шайтанды кыларын,
Кутурган бейбак жүлүгүн,
Билген экен ал Кыяз
Бу катындын бүлүгүн.
Уурданса учуп кетерин,
Учуп кетсе кол жыйнап,
Урушуп түпкө жетерин,
Берен Кыяз билди эле.
Биле коюп ал жуукуй,
Карса-карса күлдү эле.
«Сырттан катын Айчүрөк,
Сынаганды билбейсиң,
Сырткы жоого көргөзүп,
Балаңан бетер тилдейсиң!?
Ойногонду билбейсиң,
Орой жаман катынча
Одураңдап тилдейсиң!
Оңбогон Чүрөк оңбойсуң,
Ар убактан бир убак,
Ар дайымдан бир дайым
Кайратыңды койбойсуң,
Минетсең Чүрөк оңбойсуң.
Сынасам кебим билбейсиң,
Сырты кара немедей
Болотуң кармап имердиң,
Сөөгүмдү өрттөп жибердиң.
Ботом, туура тапкан балама
Душмандык кылсам оңомбу,
Жаңыдан тууган уулума
Жадаалдык кылсам болобу?!
Беризаада баркың бар,
Мелтиреген кургурдун
Эрдиги канча болду – деп,
Сынадым эле каркыбар.
Айдай катын Чүрөгүм,
Кыйланы кылган дүмөгүм,
Көөдөндө ысык жүрөгүм,
Жаныма жатар өбөгүм,
Жан жыргатар эрмегим,
Катын алып, үй күтүп,
Каадасын сендей көрбөдүм.
Сулуулукка суктанып,
Чырайыңа ким жетер,
Кайраттансаң какайып,
Каарыңан ким өтөр.

www.bizdin.kg

Койдум Чүрөк, көндүм – деп.
Эки тизгин, бир чылбыр
Ай, сулуум, сага бердим – деп,
Арсаңдап күлүп эр Кыяз:
«Өлгөндө көргөн баландын
Тоюна токсон сойдур – деп,
Байбиче катын Айчүрөк
Баландын атын койдур – деп,
Арбын дүйнө, каран мал
Токтотпой баарын чачкын – деп,
Түгөл өрттө дүйнөнү.
Бүлүндүргүн бу малды
Тийбе десем оңомбу,
Күндөй катын Чүрөктөн
Күркүрөгөн мен Кыяз,
Көп дүйнөмдү аясам
Эгерде эки боломбу?
Жети-Өзөн толгон жедигер
Акылсыз болсоң четтеп ий,
Каарың келсе калкымды
Каны Кыяз мунусун
Калтырбай чогуу өрттөп ий.
Өрттөдү десе оңбосун,
Эл буйласы мен элем,
Эгерде эки болбоюн.
Эки тизгин, бир чылбыр,
Бердим Чүрөк алыңыз.
Элди жолго салыңыз,
Деген сөзгө көнүңүз,
Жайкы ысыкта кан калчу
Мөмө болуп бериңиз,
Жедигерге сен Чүрөк,
Эне болуп бериңиз.
Катын каны болуңуз,
Каршылык келсе Кыязды
Колуңуз менен союңуз.
Уят болот учам – деп,
Ургаачы шери Айчүрөк
Мына ошо сөздү коюңуз» –
Деп, ошентип эр Кыяз,
Айчүрөккө кан Кыяз
Эп болор кептен салды эле.

СЕЙТЕККЕ АТ КОЮЛУШУ

«Баланын атын койгун» – деп,
Калкын жыйып эр Кыяз
Катуулап жаалын салды эле.
Журт жыйылып, эл дүрбөп,
Кара сакал шашышып,
Ак сакалдар энтеңдеп,
Кыязга жакын басышып.
Адам кайнап топурап,
Асманга учуп топурак.
Кыязга жакын болгону,
Баланын атын койгону,
Эркек-аял ургаачы
Э деген аттуу болор – деп,
Эмине деп коёр – деп,
Журт таңданып алды эле.
Кыяз турду бакырып:
«Ат койгун» – деп кутургур
Жедигер калкын чакырып,
Жедигердин баарысын,
Жашы менен карысын,
Чабылган чөптөй жапырып,
«Баланын атын ата» – деп,
Калың журттун баарысын
Бакырып Кыяз жапырып.
Өкүрүп Кыяз жар салып,
Катуу буйрук баштаптыр.
Каарына чыдабай
Кайран Кыяз баатырдын
Беделин карап тура албай,
Качып бере таштаптыр.

www.bizdin.kg

Мунарадан эр Кыяз
Кабара чыкты бакырып,
«Калба» – деп калкын чакырып:
«Бар акылман болсоңор,
Баланын атын койсоңор,
Туура сөздү көрөмүн,
Бээ баштаган беш тогуз
Бегиликке беремин!
Жакшы атасаң баланы,
Кыйшыгы жок түз болсо,
Атын айткан бендеге
Кыңыр өркөч нар берем.
Кыңыр куйрук бээ берем,
Албан түрлүү мал берем.
Алмач* өркөч төө берем,
Желеси менен бээ берем.
Азыр койгун жедигер
Кыйла кызык мал берем!» –
Деп, ошентип, эр Кыяз
Көк гүлдүү тон жамынып,
Көпкөк болот салынып,
Көк жолборстой чамынып,
Эпсиз да экен, дөө да экен,
Калың кара жедигер
Калк бийлеген ээ экен.
Кабылан Кыяз дөө экен,
Карчыгадай камынып,
Кан Кыязга жөн эле
Кайыптан акыл табылып,
Кыяз минтип турганда
Тилден калды жедигер.
Былкылдаган бир жан жок
Жерге башын салды эле,
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай,
Кейип кайран жедигер
Жер чукушуп калды эле.
Эр Кыяздын башында
Казандай кара бөркү бар
Баланын атын койбосо,
Калайыктын баарысын
Сороюн деген эрки бар.
Кыяз турду кыйкырып,
Кыш чилдедей ышкырып,
Көк жолборстой бышкырып.
Түрү кайнап, жан чыгып,
Түгөнгөн Кыяз турду эле.
Баатыр тууган Кыяздын
Ысыгына бата албай
Кайратына жеталбай
Заарына чыдап тура албай,
Ак сакалы акшыңдап,
Кара сакалы жарады.
Кара сакал биригип
Ботом, алтын ташта дечү эле
Акыл жашта дечү эле.
Боз балалар болгула,
Баланын атын койгула,
Атагын атап салгыла,
Арбын дүнүйө, кыйла мал
Өөсүлдүккө алгыла.
Кандан алган белги – деп,
Арманын артык жойгула,
Улук экен Кыяздын
Уулунун атын койгула,
Арбын дүйнө кыйла мал
Мөөсүлдүккө алгыла.
Баланын атын койдук – деп
Берилген малга тойдук – деп,
Бир мактанып калгыла.
Кара сакал мындай – деп,
Боз баланы карады.
Кан каарына чыдабай
Боз балдардын баарысы
Астасынан антаңдап,
Качып-качып тарады.
Качканды балдар баштады,
Мал алмак турмак, жанынан
Жедигер кечип таштады.
Калың кара жедигер
Кашынан Кыяз кыйкырып,

8*

www.bizdin.kg

Улук болуп турду эле.
Жедигердин баарысы
Ким? – деп атын коё албай,
Ат коюуга боло албай,
Дудук болуп турду эле.
Журт таң калып чуу туруп.
Калк чуркурап күйүнүп,
Кадыр Алда кудурет
Кан каары кандай болду – деп,
Журт капасы билинип,
Камоо көрүп тил айтпай,
Журт калтылдап турду эле,
Башын жерге салышып.
Өйдө болбой ушул журт,
Жер боортоктоп калышып.
Бол бачым – деп, бир бирин
Муштум менен укушуп.
Кыйрап жатты жедигер
Былкылдап жер чукушуп.
Каш кайтарган бир жан жок
Кандайсың деген адам жок
Текши баары жыйылып
Улуктары жаштары,
Кыйла журтка баштаары.
Кыйырды түзөр ыктуусу
Кыйланы билчү мыктуусу
Улугун көрүп чачылып,
Убара болду кайран журт,
Уу ичкендей басылып.
Ат коюуга кеп таппай,
Дудук болду кайран журт.
Айласын асты табалбай
Атын коюп сала албай,
Тилсиз болду кайран журт.
Кыйшык койсок окустан,
Тескери айтсак кокустан,
Кыргынды кызык салар – деп,
Кыйындап жини кармаса
Кызыталак өрттөнгүр,
Кылычтап башты алар – деп,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Улуксуган бу чиркин
Даңгыттарга жарар – деп.
Жана жини кармаса,
Жаман мүшкүл салар – деп.
Ким теңелип кеп сурап,
Коюңуз баатыр – деп сурап.
Каары катуу эрендин
Калык бүлдүргөн берендин,
Чын зордукчу ыктуудан,
Журт бүлдүргөн мыктуудан,
Каары башка капырдан,
Калк бузуучу баатырдан,
Кылымдан озгон анткордон,
Кыялы тентек канкордон,
Ат койчу бала бул эмес,
Бул Кыяздын уулу эмес.
Чалгайлуу болсо окустан
Жедигер дөөсү эр Кыяз,
Жээлигип кетет кокустан.
Чүрөктөн коркуп бу жаман,
Жедигер жөөлөп көк каман.
Жарагын алып камынса
Жаман мүшкүл иш болор.
Атын койгон адамдын
Кыйылып жаны түз болор.
Каарланса карыга
Кара жолтой жуткучтун
Чатагы тиер баарыга.
Кулжуңдаса кутургур
Куу жан аман калбас – деп,
Айбатына кой-койлоп
Жангыз даап барбас – деп,
Жээлигип кетсе бу Кыяз
Жедигер тирүү калбас – деп,
Кара сакал, ак сакал
Ээдерине эс таппай,
Жерге кирип барады.
Ойноо сымак боз бала
Кырылып кары өлсүн – деп,

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

Кыйынынан кордукту
Ат коём деп көрсүн –деп,
Тырмап адам чече албас
Түйүн болуп кетсин – деп,
Кетмендеп адам теше албас
Ийин болуп кетсин – деп.
Жазалуусу өлсүн – деп,
Ат коём деп чиркиндер
Тетиги ак ала сакал өлсүн – деп.
Эл баштыгы эсерден
Кыялы чоркок балбандан,
Орой кыял кандардан
Ошол оңбогурлар өлсүн – деп,
Баштыгы мыктуу Кыяздын
Бар чатагын көрсүн – деп.
Боз балалар муну айтып,
Болсо ушундай шумду айтып,
Карыга кайдан карады,
Качып-үркүп боз балдар
Ат койбостон тарады.
Кыргын тийчү немедей
Кыйын журт качып барады.
Журттун түрүн көргөндө
Чамынып Кыяз күркүрөп,
Кашындагы адамдар
Кымбат бою дүркүрөп,
Эл-журт кетип чачылып,
Абышка оозу басылып,
Боз бала кетти кутулуп,
Кара сакал, ак сакал
Калыптыр булар тутулуп.
Көк бөрүдөй көз жайнап,
Калган элге чын сайрап,
Эр Кыяз турду кутуруп.
Эс билгендер чачылып,
Карыя оозу басылып.
Эл чуу туруп жыйылып,
Эстүүнүн оозу тыйылып,
Багыштын уулу эр Кыяз
«Ат кой» – деп журтка урунуп,
Айласы барбы калың эл
Тышка батпай жыйылып,
Камоо көрдү Кыяздан
Калың эл оозу тыйылды.
Жаман-жакшы улуу журт
Кан Кыязга жыйылды.
Ат коюуга жан чыкпай
Кары тили кыйылды.
Кайра айтсак кайра кеп,
Кантип бир жан унчуксун
Жедигердин Кыяздын
Толкуну бөлөк, заары күч
Өз журтуна кылат күч.
Айткан тилин албаса,
Айдаган жолго барбаса,
Жер майлаган бу Кыяз
Жедигер журтту кылат түз.
Түптүз кылган себеби:
Жети-Өзөндө жедигер
Жер жайнаган кыргыздын
Өйдө кылчу жакшысы,
Өпкө чапчу бакшысы.
Атка минээр ыктуусу,
Айза алып жоого кол салчу
Аябаган мыктуусу.
Жекеге чыкчу даңкылы,
Эки тизгин, бир чылбыр,
Эбин таап кармап турчусу,
Жекеге жоого чыкчусу.
Айзакерден даңгылы,
Айлына мыктуу камбылы.
Каруусу бар капыры,
Калк баатыры акыры
Кобуртунан жан чыккан,
Жети-Өзөндү ээлеген
Жеткилең башын дөө көргөн,
Берени Кыяз баш болуп
Улуктары карысы,
Ушунча журттун баарысы,
Уйпаланып журт дүрбөп,

www.bizdin.kg

Журт жыйыны чачылып,
Эл-журт оозу басылып.
Баркылдап атты коё албай,
Ат коюуга боло албай,
Журт сандалып камалып.
Ат коюуга калың эл
Асили оозго кирбейт – деп,
Акылы айран таң калып,
Дөөлөр дүрбөп жыйылып,
Жедигер оозу тыйылып.
Баланын атын коёрдо,
Дүмөктүү мүшкүл иш көрүп,
Жедигер каны Кыяздан
Жеткилең жаман күч көрүп.
Тойдун этин тоң көрүп,
Тою топот чыр болсун,
Тозокту жаман чоң көрүп.
Атын коюп баркылдап,
Мураска бул журт жете албай,
Өзүң атын койгун – деп,
Өрөпкүгөн өлгөн журт,
Өз эркинче басып кете албай
Бүт жедигер баарысы
Таңылып келген пулга окшоп,
А күнү тилден калыптыр,
Сатылып келген кулга окшоп.
Так үстүндө чамынып,
Кан Кыяз турду күркүрөп.
Ат коюуга жан таппай,
Калың кара жедигер
Азат бою дүркүрөп.
Ат коюп малымды алгын – деп,
Эр Кыяз турат чамынып,
Калың эл турат жер чукуп,
Капа болуп сабылып.
Журт айланы табалбай,
Жедигердин эр Кыяз
Улук болуп жаралып,
Уулуна атын табалбай.
Мокоп, чарчап жедигер
Турган экен камалып.
А деп атын табалбай,
Антип турган жедигер
Муну мындай таштайлы,
Быягынан баштайлы.
Ойлосо мүшкүл иш болуп,
Күн чекеде түш болуп,
Толукшуп Күн толгондо,
Жан-жаныбар акактап,
Көлөкөдө болгондо,
Күндүн жарык түшүндө,
Күрдөөлүү Кыяз, жедигер,
Жедигердин ичинде
Селдеси бар казандай,
Кыйкырса үнү азандай,
Бир караса бул ишти,
Өңгөчүн тартып ал түштү.
Жылаңайлак, жылаңбаш
Алынбай өскөн кара чач.
Ороюн көрсөң оолак кач,
Сыягы бөлөк түрүндө,
Жуманын Кадыр түнүндө,
Асалуу таяк* колунда,
Өзү адамзат жолунда,
Карчыгадай камынып,
Кайыптан бир жан табылып,
Бир сыягын караса –
Тамак ичпей, аш ичпей,
Арык болгон түрү бар.
Бир кыялын караса –
Эрди ашка жетпеген,
Эптеп кылган куур тону
Тизесинен өтпөгөн.
Өзү бакыр, курсагы ач,
Андай жан көрсөң оолак кач.
Зикир чалып, ак урган
Жаратканга жалынган
Орою суук ал келди.
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,

www.bizdin.kg

Жедигердин багына,
Кан Кыяздын тагына,
Болот коргон сарайга,
Толкуп аткан далайга,
Жедигердин элине,
Жер жайнаган көбүнө,
Каардуу Кыяз баатырга,
Калк бүлдүргөн капырга,
Кандан касап көп көрүп,
Камалып турган бакырга
Шапа-шупа жүгүрүп,
Көргөн жандан түңүлүп,
Асасын алып акырын,
Адамдын баарын жапырып,
«Алда куулап» бакырып.
Калк ичинде календер –
Жоксузунан куураган
Калктан токоч сураган
Календердин өзү – деп,
Өзү түгүл ошонун
Карарган кара көзү – деп,
Калыс ойлоп мындай – деп:
«Калк ичинде ошол жан
Казыр жетти жүгүрүп,
Кыбыланы бет алып
Алла – деп колду көтөрүп,
Дубана колду жайды эле
Жедигердин карысы
Камалып турган кайран журт,
Кошо колду көтөрдү.
Акырын айтып бек таштап,
Дубана кирди көп баштап
Келип турган ошо жан
Ата Кызыр өзү экен,
Өзү турмак Кызырдын
Карарган кара көзү экен,
Калк ичинде болууга,
Баланын атын коюуга
Келип калган кези экен.
Беренден калган чунакты
Оңдогону келген бейм,
Ою жетсе кош колдоп
Колдогону келген бейм.
Үзгүлтүгүн баланын
Улаарга келген кези экен,
Ал-абалын бейбактын
Сурааарга келген кези экен.
Көрүнтө мүшкүл капаны
Жойгону келип турган бейм,
Арстандын баласын
Атын айтып дааналап,
Койгону келген кези экен,
Журт кабагын күзгүдөй
Ачканы келген кези экен,
Күүлөнгөн Кыяз баатырды
Басканы келген кези экен.
Өйдө болсо жетимге
Өбөк болуп берүүгө,
Ылдыйласа жетимге
Жөлөк болуп берүүгө,
Мөндүрдөй жааган ок болсо,
Күркүрөп күйгөн чок болсо,
Казылган чуңкур ор болсо,
Кайнатып койгон шор болсо,
Каптап кеткен кол болсо,
Чалынчы мүшкүл тор болсо,
Өзү коштоп алганы,
Колдомолуу чунакты
Коштоп жолго салганы,
Атасынын бабасы
Колдогону ушундай
Берендин жайын карачы!
Жолго чыкса баатырды
Жол Баабедин жолдогон,
Аты Кызыр думана
Ооздуктан алып коштогон.
Кыйлада мындай жан болбос,
Оң жагында жүрчү экен –
Жер кайкыган сур жолборс,
Каршы алдында турчу экен –

www.bizdin.kg

Кара чаар кабылан
Как алдында чамынып,
Колдогону ушу экен.
Атасынан бабасы
Жөлөөрүнүн өзү экен,
Ат коюуга баланы
Аты Кызыр дубана
Азыр келген кези экен.
Айдай катын Чүрөктөн
Аста басып ал адам
Акырын сурап алды эле,
Эзилип жакшы көрчүдөй.
Ымыркай жаштоо балага,
Энчи бөлүп берчүдөй.
Кошомат кылып дардактап,
Колуна алып салмактап,
«Карааны» деңиз, булак – деп,
Калк атасы кайрандан
Караанга калган чунак – деп,
Бек айтсак бул журт не дээр – деп,
Калк коргогон кайрандан
Каранга калган медер» – деп,
Кожурап мындай сөздү айтып,
Маңдайынан үч сылап,
Колуна алган жетимдин
Бүткөн боюн күч чылап,
Устукан сөөгүн бүт сылап,
Касиетин билгизип,
Чекесине чекесин
Ырым кылып тийгизип:
«Аман жүрсө баланын
Алышкан жоосу кетпесин!
Кармаш кылган душманы
Артык узап өтпөсүн!
Аман жүрүп зор болсо,
Капчалды бузуп, жол салар,
Кас душманга кол салар!
Тогуздап тулпар ойнотор,
Беттешкенди сойлотор,
Жүрүмүнөн чаң чыгар,
Кожурунан жан чыгар!
Окчонтой огун солоткон,
Беттешкенди колоткон
Белгилүүнүн өзүдүр,
Берендин кара көзүдүр,
Той кубанычы бололу,
Топтоп журтум колуң жай,
Баланын атын коёлу.
Мунун түп атасы Түгөл кан,
Түз болгон журтум, омийин!
Түбүнөн Кыдыр даарыган,
Башкы атасы Баары кан,
Башынан Кыдыр даарыган,
Акжолтойдун өзүнөн,
Берегечтин көзүнөн,
Жер менен суунун ээсинен,
Ала-Тоонун дөөсүнөн!
Сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон
Караңгыда жоо десе
Кабылан сындуу жойлогон
Жесе майга тойбогон,
Кымыз ичип майда өскөн,
Бөлөкчө бейиш жайда өскөн.
Теңдешип бенде барбаган,
Теминген тирүү калбаган,
Аркы атасы Акжолтой,
Андан кийин Санколдой,
Санколдойдон жан чыккан.
Жан чыккан кандын баласы,
Сан кол жыйган Түмөн кан.
Түмөн кандан Бөйөн кан,
Чаяндай чагып жоо кырган,
Опсолоң баатыр Ногой кан.
Мунун аркы атасы Ногойдур
Ногой кан кайдан оңойдур,
Сомбуктун суусун бойлогон,
Согушкан душман сойлогон.
Ногой кандан Каракан
Каракандан Балакан,

www.bizdin.kg

Балакандан тараган
Кара ниет Жакыптан,
Кара көкжал баатырдан,
Как баатырдын өзүнөн,
Кара сууга кан куйган
Канкордун кара көзүнөн
Так ошондон туулган,
Ааламга салып чуулган.
Аты Сейтек болсун – деп,
Алышкан жанды сойсун – деп,
Кабылган жанды кайсаган,
Кезиккенди мерт кылган,
Кобурт салып келгенде
Короодой кызыл тал бүткөн
Бет алып жоого киргенде
Жоо көңүлү бөлүнсүн,
Ал аскар тоодой көрүнсүн,
Алышкан каны төгүлсүн,
Кабылганды кайсаган,
Кайран Сейтек болсун – деп,
Омийин! – деп, батага
Календер колду жайганда –
Калайык колун жайды эле,
Жакшы-жаман макулук
Каны колун жайды эле,
Кан, калайык-калың эл
Баары колун жайды эле.
Капанын баарын жойду эми,
Атын Сейтек койду эми.
Ушинтип Сейтек туулган
Калың кара жедигер
Туулганда тутангыр
Элге салган чуу кылган
Кайгы капа жоюлуп
Аты Сейтек коюлуп
Календер дөөрүп сандалып,
Калың эл боо таң калып.
Укумунан тукуму
Ушундай мыктуу эр деген,
Бул азаптын тукумун
Алышып адам жеңбеген.
Арслан шердин өзү – деп,
Өзү тургай дүмөктүн
Караган кара көзү – деп,
Белгилүү шердин баласы.
Кыдыр чалып момунтип
Артынан эркек уул болуп,
Акыры иши баланын
Жөнөгөнүн карачы
Журт чуркурап таңданып,
Кыяз чыкты камынып.
Атты койгон календер,
Календерди карата
Калың кара жедигер,
Калмак болду жабылып.
Эр Кыяз чыкты күүлөнүп,
Эл-журтуна сүйлөнүп:
«Курун селде чалынып,
Бу кутурган дөөрүктүн
Жок сөзү келип табылып,
Жобурап калат турбайбы!
Жок немени көп айтып,
Кожурап калат турбайбы!
Атты койгон кожого
Койдой кордук салгыла,
Коондой ичин жаргыла,
Сүйлөгөн тилин кескиле,
Эки көзүн тешкиле,
Кордук менен өлтүрүп,
Кожураган кожонун
Койбой башын алгыла.
Эбиреген акмактын
Эрдин тешип илгиле,
Жонунан кайыш тилгиле!
Эсебин эпсиз тапкыла
Жайната мээсин чапкыла
Эсебин минтип тапкыла
Башына балта чапкыла
Бу тыпылдаган кожонун
Тындым кыла салгыла,

www.bizdin.kg

«Кожо» десе жөнү жок
Кожурап калат экен го.
Кеп айт десе кесириң
Кырга кирет турбайбы.
Жок немени жобурап,
Чыга берет турбайбы.
Алакан жайса ашкере,
Дууга кирет турбайбы.
Адам тапкыс бир үлкөн
Чууга кирет турбайбы,
Тим койбо мындай кожону
Тирсегинен илгиле.
Жонунан кайыш тилгиле,
Мыжыгып боорун эзгиле!
Мындан кийин кылжырап,
Сүйлөбөсүн былжырап,
Алсыз кылып чаманы,
Ар кайда буруп баланы,
Көп кетирип чаманы,
Көп бурмалап баланы,
Жоргологон «кожону»,
Жобуратып ошону,
Эми журт кармап алыңар.
Кырк аркан бою зынданга
Эми тирүү салыңар.
Эзелки жинин кагыңар,
Эл бүлдүргөн митаамдын
Эсебин минтип табыңар!» –
Деп, ошентип, эр Кыяз
Ач буурадай күркүрөп,
Каарына чыдабай,
Калың кара жедигер
Калтаң уруп дүркүрөп,
Курчап кирип чуу туруп,
Балбаны кармап аларда,
Кан буйругун кыларда,
Календер жанын кыярда,
Тыйпыл каптап балбаны,
Тегеректеп калганы.
Курчоо салып жедигер
Курттай кайнап толду эле,
«Балаңын аты – Сейтек» – деп,
Бакырып турган ал киши
Кыяз кармап аларда,
Чоң чатакты саларда,
Тирүүчүлүк чагына
Кордук кылар болгондо,
Чымырканып балбанын
Жыя турган болгондо,
Чымындай жанын адамдын
Кыя турган болгондо.
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Калк камынып толду эле,
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Көздөн кайым болду эле.
Кайып болду ал адам
Аты Кызыр «дубана»,
Эл айткандын өзү экен
Өзү тургай ошонун,
Караган кара көзү экен.
Колдогонун баатырды,
Ат койчунун өзү экен.
Баланын атын коюуга,
Келип жүргөн кези экен,
Колдоочунун өзү экен.
Мына ошондо Календер,
Бир мурага жеткен соң,
Бир адамга билинбей,
Кайып болуп кеткен соң,
Журттун баары дуу кылып:
«Арстандын тукуму,
Аты Сейтек болду – деп,
Кызыр чалып баланы,
Атын өзү койду» – деп,
Калың кара жедигер
Баланын тоюн жеп кетти.
Аман болсо бу бала
Ааламга татыр деп кетти.

www.bizdin.kg

Кыйла журт тоюн жеп кетти.
Аман болсо бу чунак,
Кылымга татыр деп кетти.
Туландуу жерди тутантар,
Өлөңдүү жерге өрт коёр,
Кара сууга кан куяр,
Басыгынан чаң чыгар,
Алышкан жерден кан чыгар.
Ак маралды кубалап,
Уй кылгандын тукуму
Ай-ааламдын баарысын,
Буй кылгандын тукуму
Журт ушактап, эл дүрбөп,
Күңкүлдөшүп калды эми
Калайык чуулап минетип,
Бүлкүлдөшүп калды эле.
Ачык айтпай бүлкүлдөп,
Айың кылып күңкүлдөп,
Эрешен тартып эр болсо,
Эр уулу менен тең болсо,
Жети-Өзөндө жедигер
Жерге кирсин Кыяздын,
Эзелки жинин кагат ко.
Түгүн койбой бу журтту
Түн көтөрө чабат ко.
Канга карып салат ко,
Калган жанды кыйратып
Капкайда өчүн алат ко.
Колдогону бөтөнчө,
Эл ичинде колдоду,
Мындай кызык чоң дүрбөң
Жараткан калдыкта болбоду.
Ээ... Кадыр Алда, кудурет
Бу кадим эле баланы
Атасынча колдоду.
Колдогон мынча болбоду.
Себилдүү тону сексен төрт
Атасы артык көкжалдын,
Серп алганы кызыл өрт.
Белгилүү шердин тукуму,
Белгиси мындай болду – деп
Кызыр чалып баланын
Атын Сейтек койду – деп,
Ашкере чыны чунактын
Атасы көкжал Семетей –
Анык уулу болду – деп,
Калк биринде, журт таркап,
Калган экен жайында.

АЙЧҮРӨКТҮН СЕЙТЕКТИ ТАРБИЯЛАШЫ

Бая айдай катын Айчүрөк,
Аты Сейтек баланы
Бир адамга билгизбей,
Бир кишиге көргөзбөй,
Болот эшик сарайга,
Болжолу жок далайга,
Мойнуна тумар тактырып,
Алдейлетип бактырып,
Кир аяктан ичирбей,
Кирдүү кийим кийгизбей,
Канаттууга кактырбай,
Камчылууга чаптырбай,
Жетимдигин билгизбей,
Жедигер тилин тийгизбей,
Бейшаркыт* үйгө киргизбей,
Боз ала туйгун болпоң – деп,
Көкжалдан калган Чолпон – деп,
Тулпардан калган туяк – деп,
Туу казына чунак – деп.
Кечигип чачым өрдүм – деп,
Келин кезде көрдүм – деп,
Белестен аккан булак – деп,
Бегимден калган чунак – деп,
Минтип бакты баланы.

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Бу Акундун кызы бейтаалай
Ойноп жүргөн чунактын
Түбүнө бирөө жетет – деп,
Кокусунан кашайтып
Бирөө өлтүрүп кетет – деп,
Эрдикке салып Айчүрөк
Күндүзүндө уйку албай,
Түнүчүндө тынч албай,
Эптеп бакты баланы.
Катындан мыктуу бейтаалай
Эптеп багып эр кылып,
Эр уулу менен тең кылып,
Өткөн иштин жайынан,
Айчүрөктүн айынан
Күдүң сөз кылып жүрө албай,
Чүрөктөн коркуп эр Кыяз
Ал балага тие албай,
Казыдан кесип жедирип,
Кыяздын уулу дедирип,
Баккан экен баланы.
Казды кушка жегизбей,
Калк жайлаган көп элге
Семетей уулу дедирбей.
Кечээ каралуу калып Айчүрөк,
Олжо болуп омолуп,
Жедигер кирип күн көрүп,
Тербип жүрүп оңолуп,
Таланып барып чоң болуп,
Ай бөксөрүп Күн өтүп,
Арадан эчен жыл өтүп,
Кордук көрүп минетип,
Капкалуу алтын сарайга
Эр Сейтекти түнөтүп,
Сынчы көрүп жактырып,
Сакчы коюп бактырып,
Ырчыларга ырдатып,
Сынчыларга сынатып,
Эрдикке салып Айчүрөк
Эптеп багып баланы,
Эрешен тарткан эр кылып,
Эр уулу менен тең кылып,
Тилегин Кудай бериптир,
Он үчкө бала келиптир.
Бала он үчкө келгенде
Канга тоюп катыгып,
Калкка Сейтек атыгып,
Күйүп турган чок чыгып,
Мындай тентек жок чыгып,
Калк бүлдүргөн шок чыгып,
Канча эренин сабады,
Каарына чыдабай
Жедигер журту жадады.
Сыягын көрсөң баланын,
Кирпиги жалын, көзү чок,
Кишиден мындай балаа жок.
Жалаяк ооз, жар кабак
Жана эрдигин сынап бак,
Көзү жалын, кеби тик,
Муруну борчук сеңирдей,
Бу кара саат кутургур
Булкушканды жегидей.
Чамынганы жолборстой,
Чатылган тирүү болбостой.
Эки көзү кыпкызыл
Табылгынын чогундай,
Шартылдашы баланын
Чагылгандын огундай.
Өткүрлүгү баланын
Сөксөлүнүн чогундай.
Алайса көзү чолпондой,
Калдайган кулак калкандай,
Кара саат баланын
Даарыганы чалкандай,
Эр кайраты баланын
Болумдуу болот кабындай,
Өткүрлүгүн карасаң
Букарлыктын шабындай.
Бузукташа кеткендин
Түбүнө чогуу жеткидей.
Көркөмдүгү баланын

www.bizdin.kg

Көгөргөн жалын ордундай,
Чын кайраты баланын
Өзөндүү капчал оозундай,
Оолукканын бу бала
Орду менен соргудай.
Оң далысы кең чыкты,
Он эки мүчө тең чыкты,
О дүйнө кеткен канкордон
Артыгыраак эр чыкты.
Басса-турса баланын
Көк аскар тоодой карааны.
Толкуну көлдүн селиндей,
Токтотпой жанды жегидей,
Баладан чыкты артык шок,
Чылгый балаа мындай жок,
Колдогону сур жолборс,
Бадырек мындай жан болбос.
Кара башыл ак буура
Калжаң урат астынан,
Чайнаса түпкө жетчүдөй,
Алп кара куш дөөкөр чоң
Арбайтып бутун сунуптур,
Азыр илип кетчүдөй.
Колдогону бир тогуз
Козголбой жолдош болуптур,
Жөлөгөнү бир тогуз –
Сыягын көргөн шашкыдай,
Кайратын каалап көргөн жан
Кара саат баладан
Калтаң уруп качкыдай.
Түбү журттун шериндей,
Түртүшсө жанды жегидей.
Карааны тоонун белиндей,
Кармаса жанды жегидей.
Эрге ылайык көзү тик,
Көрсөң бала чиркиндин
Көп адамдан сөзү тик.
Ичсе канга тойгусуз,
Чалышса жанды койгусуз.
Жедигер эмес ааламды
Желиксе жеке күткүдөй,
Асты калың түктүү жер
Калыңынан түткүдөй!
Кезиккен адам оңгудай,
Кабылышкан эрендер
Казыр кыргын болгудай.

КАРА ДӨӨ СЕЙТЕККЕ ТАЛААДАН ИЗДЕП КЕЛИП КЕЗИГИП, АГА АТА ТЕГИН АЙТЫШЫ

Куткулдуу тоонун сеңирге
Мылтык атып, жаа тартып,
Аң уулаган жеринде –
Кызыл жээрде ат минип,
Кыл куйругун чарт түйүп,
Кыны жок кылыч байланып,
Каары бетине айланып,
Жай-жарагын шайланып,
Эрки менен болтуруп,
Оролмо тоонун ак ийин,
Ак ийиндей бүркүттү
Балдагы жок кондуруп,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Кирерине чаң таппай,
Тийишерге жан таппай
Аюу карап, арстан кууп
Аң издөөгө чыкты эле,
Эрдигинен оолукту,
Ээн жерге жолукту.
Жети-Өзөн талаа жер экен:
Чырпыгы бар чынардай,

www.bizdin.kg

Чымчыктары улардай,
Кулундары кунандай,
Жыландары аркандай,
Жан жаралган ар кандай!
Элкин жаткан жер экен,
Куркулдап учкан кузгун жок,
Какылдап учкан карга жок.
Эл жүрбөстүн ээн талаа,
Элсиз талаа дээр экен.
Басып бала барганда,
Адыр-күдүр дөбөнү
Ашып бала барганда
Кара кула ат минген,
Карагайдай айза алган,
Кыны жок кылыч байланган,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланган,
Билеги жоон, таш жүрөк,
Өзү пил мүчөлүү бадырек*,
Комокойлуу сыр найза.
Колойтуп өйдө аштаган,
Койгулашкан душманга
Коркунуп колтук ачпаган,
Кыжырына тийгенди
Коёндой жерге жанчтаган,
Азар түмөн жоо келсе
Аң-таң уруп шашпаган,
Эки көздөн от чыккан,
Ийни салак, өзү зор,
Жазы маңдай, жайык төш,
Кырча мурун, кызыл көз,
Кызыл күрөң даңкайган
Кыйын баатыр жан чыкты.
Жанды көрүп эр Сейтек
Жаны калбай кубанып:
«Бегирээк дөөнүн бири экен,
Бет алып айза саяйын
Кыйынсынган берендин
Кылычтап башын алайын,
Астында минген Айдайбоз
Олжо кылып калайын,
Тырмак алдым ушу – деп,
Жети-Өзөн толгон элиме
Сүйүнчүлөп барайын!
Жети-Өзөндүн кандыгын,
Калкыман сурап алайын –
Деп, ошентип, эр Сейтек,
Жабуулаган үркүттөй,
Жана эрдиги чиркиндин
Жаңгыз тууган бүркүттөй,
Шамдагайы болжолсуз,
Ылаачындай баланын
Ыктуулугу дагы бар.
Бет алган жоодон кайтпаган,
Ажал менен азаптан
Акыры кайра тартпаган,
Күйгөн өрттөн кайтпаган,
Күлүстөн шердин тукуму
Астынан чыккан адамды
Жоо экен деп билди эле,
Биле коюп бу чиркин
Мыкыйында күлдү эле.
Кызыл-тазыл кийинип,
Жоо дегенде өрттөнгүр
Кыз кайнын көргөн эмедей
Жаркылдап күлүп сүйүнүп,
Баатырдыгы, шердиги
Атасы айкөл берендин
Дал өзүндөй көрүнүп,
Жазайыл* камдап, жаа алып,
Айбалтасын барбайтып,
Айзаларын уңкуйтуп,
Сары жаргак шым кийип,
Айчык* алтын туу алып,
Азыркы келген адамдын
Астынан чыкты эр Сейтек.
Айырмачтай акыздан
Ат өткөөлдүн жапыздан,
Астынкы эрди көздөтө
Айбатты артык салды эле.

www.bizdin.kg

Жан койбостой желигип,
Жалаңкычтай ээлигип,
Жакын кирип барганда
Айзасын таштап арбайып,
Атынан түштү дардайып,
Кара дөөнүн өзү экен,
Караган кара көзү экен,
Аман көрүп баланы,
Учурашып тартууга,
Кыйла сырын айтууга,
Кезиккен жүргөн кези экен,
Кара дөө абаң өзү экен,
Өзү турмак абаңдын
Караган кара көзү экен.
Ырдап айтып ырларын,
Ымандай айтып сырларын
Айтканы жүргөн кези экен,
Айта салып Таласка
Кайтканы жүргөн кези экен.
Кара дөө байкуш канетет
Ичи менен бир капа
Жыйнап жүргөн кези экен,
Бир чымындый куу жанды
О, ботом, кыйнап жүргөн кези экен!
Билбегенди билгизип,
Туйбаганды туйгузуп
Айтканы жүргөн чагы экен,
Айта салып Кара дөө
Кайтканы жүргөн кези экен.
Он үчтөгү Сейтекти
Көргөнү жүргөн кези экен,
Көлөкө болсо бу бала
Көп жедигер колунан
Өлгөнү келген кези экен!
Белеске чыга келгенде
Берендин жайын айталы,
Берендин уулу эр Сейтек
Эрендин жайын айталы:
Короздой болгон кайран шер,
Козголбой турган кайран эр
Кара кыяк сонунга,
Кайрылган экен эр Сейтек
Кара дөөгө барууга.
Короздой болгон Кара дөө
Кол куушуруп балага
Ак тулпар оозун буруптур,
Аңгеме салып туруптур.
Бала жакын барарда,
Айкырып айза саларда,
Мыктап балта чабышып
Былчылдашып каларда,
Жолду ичкелеп төтөлөп,
Ал аскар тоодой Кара дөө
Ак тулпарды жетелеп,
Кол куушуруп сабылып,
Окоро түйгөн чоң чылбыр
Моюнуна салынып,
Атын тартып, баш калап
Сейтекке турду жалынып:
«Кадуудан аккан булагым,
Кайрандан калган чунагым!
Айзага белги желегим,
Айкөлдөн калган белегим!
Уу кылып чалсаң жер мына,
Баатыр, ушалап ийсең мен мына!
Баатыр, кыркалап ашсаң бел мына,
Кызыркансаң жалгызым,
Кыйратып ийсең мен мына!
Кандасаң желек-туу мына,
Кагышсаң жаңжал чуу мына!
Кайгуулга чыктың жер сындап,
Олжолонуп кул болгон,
Кутманга бакма уул болгон,
Калкынан озуп кайгырган,
Канкор шерден айрылган,
Элинен азып каңгыган,
Эл-журтунан айрылган,
Аңдасаң сонун жер мына,
Казыр төксөң канымды
Кара дөө абаң мен мына

www.bizdin.kg

Кече тилек кылдым жалгызым,
Олуят берген батаңдын
Ороюн сыйлап турамын.
О дүйнө кеткен атаңдын
Кыдыр чалган батаңдын
Кызматында жүрөмүн, балам,
Кыямат кеткен атаңдын.
Белгилүү атаң шер эле,
Атаңдан калган Кара дөө
Балам, артыкча мураа мен элем.
Бурулуп уккун сөзүмдү,
Көрүп кет, балам, көзүмдү,
Ырдайын уккун ырымды,
Ырастап айтам сырымды:
Бүгүн кашатчага токтоймун,
Баатырдан калган бадырек
Качанкы дартым жоктоймун.
Сыздатайын тилимди
Сынап тур, балам, түрүмдү,
Сырттаным саа кезиктим.
Сындап отур мунумду,
Чыгарайын муңумду.
Кайрандан калган керээзим,
Асылдан калган сом балтам,
Айкөлдөн калган чоң аркам,
Баткалда чалкак барааным
Баатырдан калган карааным.
Карааның көрүп эр Сейтек
Күйгөндөн бышып барамын.
Бейлеп турган эреним,
Эреним саа айтамын,
Айта салып жалгызым,
Кайра тартып кайтамын.
Кызыталак Кыязга
Ар качандан бир качан,
Денекул болуп нетемин,
Айта салып аманат
Айлыма кирип кетемин.
Бекзааданын жангызы
Безип жүрөр күн барбы?
Береним жетим эл кайда?
Канзааданын жалгызы
Качып жүрөр жөн барбы,
Катыгүн Сейтек эл кайда?
Сандап адам жайлаган,
Сары өзөн Талас жериңди.
Сагынган Кыргыз элиңди,
Көргөзө турган күн барбы?
Каарланып какайсаң
Казып ийсең ор мына,
Калкынан азып тентиген
Кара дөө абаң мен мына.
Кечээ Канчоро кан, Кыяз кан
Капырлар экөө биригип,
Белин бекем бууганда,
Берен Кыяз эр Толтой
Мунун кунун кууганда
Эки арам чогуу биригип,
Агызды суудай канымды,
Олжого алды малымды,
Өрттөдү күлдөй жанымды.
Талатып союп бээмди,
Кул кылып кетти Күлчоро
Ач арстан шеримди!
Жал-куйруктан айыртып,
Сопол кылды бул экөө,
Мүйүз сынып, баш калып,
Токол кылды бул экөө.
Далыны кесип, жүк артып,
Көлүк кылды бул экөө.
Көйкашканы олжолоп,
Өлүк кылды бул экөө!
Агызды суудай канымды,
Кейипсиз жаман кул кылды –
Карыган Бакай, Каныкей
Картайып кеткен чалымды.
Арамдап кетти ашымды,
Кырып кетти башымды!
Кабылан сенден айрылып,
Жедигер журтка кул болуп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Баласыз чалга уул болуп,
Өрттөнүп-жанып күйгөмүн,
Мурунку кандан буйла – деп,
Бу Сейтек сенин өзүңдү
Мураа кылып жүргөмүн!
Капчал-кыя бек жайдан,
Күч алар деп жүргөмүн,
Амызга туулган шер болсо
Өч алар дем жүргөмүн!
Угуп бер, балам, кебимди,
Атакең Семетей сойгон Кыяздан
Алып бер, балам, кегимди!
Балам, кан Бакай жүрөт талоодо,
Каныкей жүрөт, кулунум,
Канчоро кандын камоодо.
Акбала жүрөт зордукта,
Балам, Кара дөө абаң кордукта.
Өлөйүн дедим арыман,
Өлбөй тирүү жүргөнүм –
Өзүң чунак барыңдан!
Кетейин деген арыман,
Кетпей жүрөм эр Сейтек
Каралды сенин барыңдан!
Жатсам-койсом күйөмүн,
Белиме таңуу кылсам – деп,
Беттешкен жоону кырсам – деп,
Өлчөгөнүм Кудайдан
Ошону сурап жүрөмүн!
Таланып кеткен жыйганым,
Медер кылган Күлчором,
Белек кылган эр Сейтек,
Экөөңдү күйүп жүрөмүн!
Жүрөгүм кайнап ич сыздайт,
Чыгарам качан муңумду?!
Ойлоп ал Сейтек мунумду.
Белиңди качан бувасың,
Берен атакеңди жайлаган
Жедигер уулу Кыяздан
Качан кунун кувасың?
Эркек болсоң, шер болсоң,
Көкжалдын уулу сен болсоң,
Уга гөр бейлеп кебимди,
Каражолтой Канчоро –
Калк бүлдүргөн митаамдан
Алсаң боло кегиңди!
Бөлөкчө болот дайныңыз,
Желигип кетсең жетимим
Жедигер журтун чабыңыз.
Желиккен Кыяз көкмөөнүн
Эсебин эптеп табыңыз!
Калк бүлдүргөн митаамды
Каптап журтун чабыңыз.
Атышты арбын салагөр
Колуң жетсе Кыязды
Жол үстүнө жарагөр.
Кырк жылкычы кулудур
Атакең эрдин сырдашы
Асыл көкжал курдашы
Өйдө чыкса өбөгү,
Кан атаңдын жөлөгү.
Астына жүрсө ак жолу,
Айдап жүрсө сан колу.
Эркелетсе сыягы
Ааламды тепчү кырааны.
Болот туяк тулпары
Болумдуу кыраан шумкары
Канзааданын бириси
Кан атаң Семетейдин иниси
Уламадан уладым,
Билгичтерден сурадым.
Кербендерден кеп уктум,
Кырк жылкычы ичинде
Кылайып жанып чок болуп,
Колу жоктон токтолуп,
Бүгүн тирүү деп уктум.
Жылаңайлак, жылаң баш
Кызмат кылат деп уктум.
Жумасында абаңа
Кордук кылат деп уктум,
Жылкычы башы Карагул

www.bizdin.kg

Кордук кылат деп уктум.
Кырк кулач бою көтөрмө –
Аркан алат деп уктум.
Ал арканга толтура
Отун таңат деп угам.
Отун таңып келгенде
Ал отунду көргөндө,
Каарланып Карагул
Касаптайт экен мына бул.
Бул оңбогон чоро оңбойт – деп,
Эр кайратын койбойт – деп,
Жылкычыга талатып,
Балбандарга сабатып,
Эсерлерге тыттырып,
Тогуз көнөк муздак суу
Күлчорого жуткузуп,
Кордук кылып кердирип,
Суу артынан кутургур
Тогуз томук бердирип,
Чын кордук салып жадатып,
Кылчылдатып кырааңды
Тикенек менен сабатып,
Куйкаланган куу кулдун
Кордугу мындай деп уктум.
Жылкычы башы Карагул
Жылма калган куу кулдун
Зордугу мындай деп уктум.
Күүгүм кире, күн бата,
Элдин асты дым жата
Зордук кылып баатырга
Токсон тери ийлетип,
Эртең менен Чорону
Тамаша кылып кутургур
Калмактардай бийлетип
Азапты артык салды – дейт,
Капкайда кегин алды – дейт.
Курган Күлчоро абаңдын
Каны калып бир кашык,
Эти калып көк жашык,
Кайра тартпас чын жайды
Көрмөк болду деп уктум.
Кордук мүшкүл балаадан,
Далысында жарадан
Ардыккандан көп ыйлап,
Айкөлүм абам – деп ыйлап,
Өлмөк болду деп уктум.
Кайра тартпас чын жайды
Кайран абаң ушинтип,
Көрмөк болду деп угам.
Чымындай жанды ушинтип,
Үрөп жүрөт деп угам.
Абаман калган туяк – деп,
Арка кылган чунак – деп,
Артыкчасы өзүңдү
Тилеп жүрөт деп угам.
Өзөндүү дайра булагым
Ээ өлгөндө көргөн чунагым.
Кечээ ободон жылдыз козголгон,
Түп атаң Манастан бери дос болгон,
Кыйла кербен баштыгы
Ооругандын кылдаты,
Аяш атам Момунжан
Эбеп, себеп дары бар,
Момунжандын колунда
Адамга себеп баары бар.
Аман болсо Момунга,
Адамга себеп сонунга,
Алты күлүк ат менен
Алакандай кат менен,
Жетик кабар салайын,
Мураа болчу Күлчоро
Бул байкушту азаптан
Айыктырып алайын.
Күндөп-түндөп токтобой,
Момунжан эрге барайын.
Уламадан уласам,
Узун кулак карыдан
Ушунча жайдан сурасам,
Кырк күнчүлүк жерде – дейт,
Урум деген элде – дейт.

www.bizdin.kg

Ашуусу бийик тоо ашам,
Агыны катуу суу кечем,
Мээ кайнаган чөл басып,
Белгисиз жерге түн катам.
Күнү болор жети күн,
Түнү болор жети күн,
Он беш күндө келермин.
Он беш күндөн мен калсам,
Ойрон болуп өлөрмүн.
Момунжан алып келбесем,
Гүл абам көзүн көрбөсөм,
Туулбай туна чөгөрмүн,
Кедери кетип өлөрмүн.
Өлүмдөн бу ден сак болсо,
Айланайын жетимим,
Кечикпей басып келермин.
Айдай болгон Айчүрөк
Жеңекеме салам де!
Сексен дуба, кырк амал,
Береним жеңем салсын де,
Олжого келген зулпукор*,
Ок өтпөгөн суп чепкен,
Ок жетпеген Тоотору,
Орой Кыяз куу кулдан
Ол үчөөн алдап алсын де!
Табылбас эки буюмду
Көк куржунга табыштап,
Көкжал жеңем салсын де!
Көмүлгөн Кыяздын Тоотору
Көкжал жеңем шуркуя,
Эби менен Кыяздан
Эптеп алдап минсин де!
Жаңжалдын жайы ушундай,
Камданып жеңем турсун де!
Чыркырап күйсүн жаныбыз,
Багыштын уулу Кыяздан
Аянбасын каныбыз,
Кагышты катуу сала албай,
Канкор баатыр абамдын
Кунун кууп алалбай,
Кордукту кантип көрөбүз.
Койгулашып урушуп,
Мыктап айза сунушуп,
Кылыч шилтеп жаа атып,
Кыйракан түшүп көрөлү,
Кыл аябай бул жанды
Кырылыша берели.
Төбөңөн тийген Кыяздын
Төрө экенин билели,
Төбөсүнөн кирели.
Кыйшыгын кыйын табалы,
Кылча көрбөй куу жанды
Кыжырлуу жинин кагалы.
Билеги жоон Кыяздын
Бир эсебин табалы,
Менин атым Кара дөө,
Атаң көкжал эр менен,
Эл коргону шер менен,
Эр Семетей эр менен
Коюбуз болгон короолош,
Ашыбыз болгон жоролош,
Тапканыбыз жыйгандаш,
Өлүм орток ыймандаш.
Бармактайда баш кошуп,
Кенедей кезде кезигип,
Чалгынды бирге чалышып,
Чампандан жылкы алышып,
Тулаң өрттөп, туу сайып,
Кезиккенге чуу салып,
Биригип айза сунушуп,
Дууну бирге дуулашып,
Чууга кирип, эр сайдык,
Алпты сайсак тең сайдык.
Алымды бирге салыштык,
Кабак кагып көз бузуп,
Капаланып сөз бузуп,
Кайсерде көңүл калыштык!
Менин жайым ушундай –
Кара дөө деп мен атым,
Кубат кылсаң сөзүмө,

www.bizdin.kg

Мураа болом өзүңө,
Кубаттан, балам, сөзүмө.
Курган атаң шер эле,
Телегейи тең эле
Кечээ караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Тайбуурулдан айрылып,
Бөлөк ат жүрбөй кайгырып,
Курчап душман толду эле.
Курган атаң эр султан,
Талаадан кайып болду эле.
Жеткилең атаң жоголуп,
Душмандын иши оңолуп,
Өлгөнүн бу көз көрбөдү,
Калк чуркурап, чуу туруп,
Кетмендеп жерди көмбөдү.
Берен атаң жоголуп
Багыштын уулу эр Кыяз
Таласка төктү канымды,
Талап алды малымды.
Кордоп Бакай дөөмдү,
Кең-Колдон тийди бээмди,
Олжо кылып дөөмдү,
Чыгарды белем эр Кыяз
Капкайдагы кээмди.
Татытты чыктай тузумду,
Талап кеткен кызымды.
Оолукса жарып башымды,
Сурады белем жашымды.
Сары канды жайлады
Кашык кан бизде калбады.
Жылкычы кылып боюмду,
Кылды белем тоюмду.
Бекитти белем оюмду,
Байлады базар багымды,
Өзөлөнтүп чуулатып,
Өрттөдү алтын тагымды.
Чындаганда эр Кыяз
Чынарым кыркты кордолоп,
Тийген Айдай Чүрөктү
Тим эле алды олжолоп.
Баскан жер чуңкур коо болуп,
Чубактын уулу Канчоро
Колтук ачкан жоо болуп,
Кезеңге чыга конушуп
Кеби бузук ант ургур,
Эр Кыязга болушуп,
Көөкөрлөп төктү канымды,
Көп кетирди арымды.
Көрүнө кордоп карымды,
Көп күйгүздү жанымды.
Жалынсам укпай кебимди,
Сындырды акмак демимди,
Казыгын сууруп желемди,
Артык күң кылып алды – дейт,
Каныкей сындуу энеңди.
Муңайса укпай кебиңди,
Куйкаланган кутургур
Суутту минтип демиңди.
Кыйла мүшкүл дүмөк бар,
Угуп тур, жетим, кебимди.
Муңкансам ичте муңум бар,
Айтса кызык мунум бар.
Бейлеп жетим угуп ал.
Атакеңдин сырдашы,
Өлүм орток курдашы.
Астына салса ак жолу
Артындагы сан колу,
Өйдө чыкса өбөгү,
Кайран атаң жөлөгү
Эр Күлчоро бөбөгү.
Көкжал атаң эрени,
Аласы толук берени.
Канкор атаң кеткенде,
Торго түштү деп уктум,
Канчоро менен Кыязга
Колго түштү деп уктум.
Зор Канчоро, эр Кыяз –
Аныгын билген адам жок,
Кээ бир адам кеп айтат:

www.bizdin.kg

– Эр Күлчоро баатырдын
Кылычтап башын алды – деп,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарды – деп.
Канына карга конду – деп,
Жылма болуп союлуп,
Этине жырткыч тойду – деп.
Уламадан уласак,
Билгичтерден сурасак,
Куйкаланган кутургур
Өлтүрбөстөн житирбей,
Тирүү кармап алды – дейт,
Кордукту койбой салды – дейт.
Оолуккандан Канчоро,
Ал Күлчоро байкуштун
Оң далысын ойду – дейт,
Кем кылып айдап жерине
Кемитип айдап барды – дейт,
Эр Кыяздын элине.
Сол далысын оюптур,
Кырк жылкычы балбанга
Кымбаттуу Чоро баатырды
Жылкычы кылып коюптур.
Картайганда Бакайды
Кузгундай көзүн кызартып,
Куу сакалын чубалтып,
Көкжал Бакай карынын
Көзүнүн баары ириңдеп,
Муңайып мууну зирилдеп,
Өлөйүн деп өлө албай,
Өз жанын өзү кыя албай.
Дүнүйөдөн кете албай,
Тилегине жете албай,
Карыган Бакай бабаңыз
Чородон кордук көрдү – дейт,
Балбандан талоо жеди – дейт.
Алачыкта камалып,
Балбандарга таланып,
Олжо болду деп уктум.
Сан колдон коркпос кан Бакай
Бир адам көрсө жорголоп,
Алачыкта корголоп,
Таза эренден таяк жеп,
Таз катындан тил угуп,
Түтүк менен суу ичип,
Түйшүк менен күн көрүп,
Кайгыланып буркурап,
Күндө боздоп зыркырап,
Устукан сөөгү быркырап,
Баатырларга сабалып,
Балбандарга таланып,
Мүшкүл тозок артылып,
Балбандарга көкбөрү болуп тартылып,
Башындагы суусар бөрк –
Казамбактай чөп болуп,
Коңгурап Бакай абаңдын
Кордугу баштан күч болуп,
Кең дүнүйө тар болуп,
Баатыр Бакай кар болуп
Болбой калды деп уктум.
Ошо Бакай өлгөндүр
Кыйлагандан ал байкуш,
Чымындай жанды кыйгандыр.
А болбосо, ой Сейтек,
Жедигердин Кыязга
Атышты качан салабыз.
Карыганда Каныкей,
Картайганда Бакайды
Ач айкырык чуу кылып,
Асман жарган дуу кылып
Кара кийип душманга
Качан кыргын салабыз?
Эбин тапсак шордууну
Ажыратып алабыз!
Ажалдуу адам өлбөйбү,
Өлбөгөн күнүн көрбөйбү.
Балам, Жылгынды, Кең-Кол жериңди –
Кара чепкен, ак калпак,
Качан таап аласың

www.bizdin.kg

Жыргалдуу Кыргыз элиңди?
Бул Кара дөө агаңдын
Айза кармап, топ бузган
Ыктуулугу бар эле,
Ай-ааламды буй кылган
Мыктуулугу бар эле.
Алты айга чейин ой, Сейтек,
Ат бороюн сыдырам,
Ай-ааламды кыдырам!
Томурайган тоо койбойм,
Толтура чуңкур коо койбойм,
Кыймылдаган эл койбойм,
Кыясы, мүшкүл жер койбойм!
Кырдын баарын кыдырып,
Жердин үстүн сыдырып,
Ат арытып, жер чалып,
Нар куйругун өрбөсөм,
Ооруга себеп, эң кылдат
Кызылсартты таппасам
Туура Кудай мени урсун!
Кызылсарт жайын айтайын,
Көктөн жылдыз козголгон,
Аркы атаң Манас шер менен
А дүйнөлүк дос болгон.
Ооруга себеп Кызылсарт,
Кызылсарт алып келермин.
Кара дөө абаң өлбөсө,
Ал Кызылсарт беренди
Көргөзөмүн көзүңө,
Алып келем өзүңө!»
Колунан кармап кеп айтып,
Кошкун, жетим – деп, айтып,
Ал Кара дөө баатырдын
Агарып өңү суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп,
Колун кармап алыстап,
Ал Күлчоро кырааңды
Эр Сейтекке табыштап:
«Жаралуу абаң Күлчоро –
Жедигердин Кыязга
Өлтүртүп салсаң жаман ат,
Күлчоро саган аманат!
Атаң көкжал шер эле,
Атадан калган мураапы
Арыстаным Сейтек сен элең.
Арка көрүп бел тутуп,
Күтүп жүргөн мен элем.
Күтүп жүргөн себебим –
Тулпардагы туяксың,
Туу казына чунаксың.
Айзада болот желексиң,
Булакка чыккан терексиң,
Бууданым аман жүрсүн – деп,
Бул өзүмө керексиң.
Ичсе суусун кандырган
Керүүдөн аккан булагым,
А дүйнө кеткен асылдан
Алып калган чунагым.
Эр Кыяз салган чуулган,
Эртеңки кеткен баатырдан
Курсакка келип туулган,
Эрешен тартып эр болдуң,
Баатыр, эр уулу менен тең болдуң,
Жетим туулуп жетилдиң,
Жергеге эптеп кошулдуң.
Айтсам кызык мунум бар,
Кара дөө абам айтты – деп,
Карангүн, жетим, угуп ал.
Бекзааданын тукуму
Безип жүрөр жөн барбы?
Бейтаалай Сейтек эл кайда,
Канзааданын жалгызы
Качып жүрөр жөн барбы,
Карангүн Сейтек эл кайда,
Элге жетер күн кайда?
Мен кайрылып келгенде,
Кара болот зулпукор
Кармаганда көөлөшүп,
Эр Кыяз менен жөөлөшүп,

www.bizdin.kg

Тобуна тозок салалы,
Токтотпой чаап алалы,
Төрөсүнгөн жедигер
Төрөсүн төмөн түшүрүп,
Кармашып чатак салалы.
Кылча көрбөй бул жанды
Кыргын болуп калалы,
Кыйырлуусун кыйратып
Кыргынды кызык салалы.
Мына кыямат кеткен атаңдын
Ушинтип өчүн алалы!
Баштыктарын байлайлы
Балам, Сейтек, кебимди ук!
Баатырларын жайлайлы.
Бере асмандаган Кыязга
Айкырып айза суналы,
Айылына азап салалы,
Мына айдай катын энеңди
Ашкере тартып алалы.
Жаңжал салып көрөлү
Жазабыз жетсе өлөлү.
Кечээ Кара-Буура, Чаткалда,
Кайкалап кыргыз жатканда.
Жыргалдын аман табында
Кабылан Семетейдин барында,
Казыны кертип жеп жүрдүк,
Кунан минип куш салып,
Бизге балакет кайда деп жүрдүк.
Эриксек элик атыштык,
Эрикпесек элкин ойноп жатыштык.
Кымыз ичип кызышып,
Чекеден терди сызышып,
Аракка тоюп алкынып,
Ач кыраандай талпынып,
Ырыс өсүп дүркүрөп,
Ач арыстандай күркүрөп,
Ала-Тоону жердедик,
Алышып адам жеңбеди.
Көк жолборстой толгонуп,
Көк жалдыгын билгенде
Тетиги Какандын каны ойгонуп,
Жоо десе моюн бурбаган,
Тиги чоң атаң Манас барында,
Беттеше кетер бекен – деп,
Бейкапа түшүп ичине
Те Бээжиндин каны ыйлаган.
Түп атаң түптүү кан болгон,
Аны менен түртүшкөн менде
жай болгон.
Башкы атаң башка кан болгон,
Басташкан менде жай болгон.
Аркы атаңдан түп атаң –
Сомбуктун суусун бойлогон,
Согушкан душман сойлогон.
Кирпиги жалын чок болгон,
Айкырык болот ок болгон.
Арсылан атаң барында
Айкырган дашман жок болгон.
Кабылганды кармаган,
Кармашканды чайнаган,
Кагышам деп атаңдан
Коңурбай аман калбаган.
Атаң артык шер эле,
Атаң өңдүү бир Кудай
Жан жаратып атаңдай
Бендеге бербейт дегеле.
Атаң канкор Семетей,
Орто Кең-Кол жайлаган,
Он төрт тулпар байлаган,
Атыша чыга жоо келсе
Астыга салып айдаган.
Ачуусуна тийгенди,
Азууга салып чайнаган.
Эрдиги жанга дуу болгон,
Белсенип атаң киргенде
Тээ... Бээжиндин журту чуу болгон.
Туйгун атаң турганда,
Душман мойнун бурбаган.
Ачуусуна тийгенде
Айгандын журту ыйлаган.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Окчонтой огун колоткон,
Кылычы өткүр болоттон,
Кыйкырганда сен атаң
Тетиги кытайдын журтун колоткон.
Эңчегей бойлуу атаңдын
Оң далысы кең эле,
Оолугуп атаң кеткенде
Ойроттун журтун жээр эле.
Атаң арыстандын жайы ушундай,
Эл кармаган зарлардай,
Ааламды бузчу балбандай,
Ай жараткан бендесин
Жаратат экен аргандай.
Кирпиги туман, көзү чок,
Кишиде андай шумдук жок.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Ач арыслан төштөнгөн,
Алгыр кыраан көздөнгөн,
Эки көздүн кычыгы
Соолгон көлдүн буткулдай,
Кыймылдаса кылымды
Кыл ордуна жуткудай.
Мурутунун бир кылы
Майлуу балта сабындай,
Бурулуп чыккан муруту
Бухарлыктын шабындай.
Оозунан чыккан илеби,
Орто белдин желиндей.
Оолукса адамдын
Түгүн койбой жегидей.
Өтүп кеткен шер атаң –
Өзөндүү тайпаң керүүнүн
Чаткалындай эр эле.
Адыр-будур кайкаңдын
Баткалындай эр эле.
Айза сунган эрендин,
Баатыр эле эр атаң.
Айбалта чапкан берендин,
Тоо түгөнгөн белестин,
Урчугундай эр атаң.

Ойда, Сейтек кулунум,
Сенин ошондой атаң өлгөндө –
Курсактасың сен жетим,
Курчап түшүп жедигер,
Атаңан калган сан дүйнө –
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Жамгыр сындуу жаа тартып,
Мөндүрдөй бөлүп ок атып,
Эл чуркурап кол толуп,
Мүшкүл арбып шор толуп,
Чалынып душман торуна
Кабылдык Кыяз колуна.
Таластан бузду жылкымды,
Талкалап кеткен журтумду
Эсепсиз кырды элимди,
Сындырып салган белимди.
Олжо кылган элимди,
Өлтүрдү мыктуу ханымды.
Таластан бузду шаарымды,
Кызыталак жедигер
Кылычтап кыркты желемди,
Кыйратып кырды элимди,
Белгилүү кыргыз биздин эл
Олжого түшүп азайды.
Кыйын атаң өткөн соң,
Кызыталак жедигер
Ушунтип берген жазаңды.
А кезекте Кара дөө –
Ара күрмөй жан элем,
Баатырлык жок, шерлик жок,
Өзүм бостоң бала элем.
Белеске чыгып урушуп,
Берениң атаң өлүптүр
Олжо болуп Кутуга
Ойрон абаң келиптир.
Балалыктан оңолуп,
Кор болуп жүрүп чоңоюп,
Кулдук жактан кутулдум.
Багыштын уулу Кыязга
Алышсам деп жутундум.

www.bizdin.kg

Бейли мүдөө Кара дөө
Баатырдын уулу Сейтекти
Белиме таңуу кылсам – деп,
Белсенип чыкса жедигер
Бир бейпайлуу чырды кылсам – деп,
Туура тартып турушуп,
Туугандашып урушуп,
Атышты арбын салсам – деп,
Асыл көкжал Семетей
Ушунун кегин алсам – деп,
Чама жетсе чалышып,
Өлбөгөн жерде калышып,
Атышты арбын салсак – деп,
Өткөрө шер Күлчоро
Өчкөн отун тамызып,
Өлгөн жанын тиргизип,
Белге таңуу кылсак – деп,
Беттешкениң жедигер
Беттешип бейпай салсак – деп,
Капкайда кекти алсак – деп,
Камданып чыккан жер ушул.
Кара дөө абаң кеп ушул
Издегеним Кызылсарт
Себепкор алып келермин,
Себепкорду таппасам
Ажалдан мурун өлөрмүн.
Кайра тартпас чын жайды
Кайран жаным көрөрмүн» –
Деп, ошентип, Кара дөө
Алты тулпар ат менен,
Алакандай кат менен,
Ат бороюн сыдырып,
Издегени – Кызылсарт,
Ай-ааламды кыдырып,
Жолго түштү Кара дөө.
Жер жоголуп сай болуп,
Ат арыктап тай болуп,
Түнүндө тыным уйку албай,
Күндүз тынып тынч албай,
Малдан ачып баарды,
Кыстоо көрүп Кара дөө
Кыдырып кыйла шаарды,
Келфун, Хоттен келген шаар
Келиптир экөөн кыдырып,
Андан өтүп кетиптир.
Какыр-сайын жакалап,
Кайра баштан бууданды
Болот менен такалап,
Күн кетпестин Күнжүткө
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Жеткен экен Кара дөө.
А Күнжүттүн боюнда
Жердеп турган Кызылсарт.
Атасынан баласы
Көктөн жылдыз боз экен,
Манас кан менен дос экен,
Кыян арка белде экен,
Кызылсарты курусун,
Кырк күнчүлүк жерде экен.
Алты тулпар ат камдап,
Күлазык камдап, мал алып,
Жакасы алтын тон алып,
Барган экен Кара дөө.
Кырк кербен башы Кызылсарт
Жаткан экен даңкайып,
Ак кулжадай маңкайып,
Башында селде казандай,
Сүйлөсө сөзү азандай
Кызылсартка кат берди,
Катты аябай бат берди.
Берген катын караса,
Калк аманын кааласа
Айчүрөктүн каты экен,
Кордук-жалаа көп көргөн
Күлчоро шордуу аты экен,
Берени канкор өлүптүр,
Кайра келбес чын жайды
Кайран достум көрүптүр,
Туйгунду Кудай алыптыр,

www.bizdin.kg

Туурунда Сейтек калыптыр,
Баатырды Кудай алыптыр.
Баласы Сейтек калыптыр».
Кызылсарт ойлоп барууга,
Өлсөң азап тартууга,
Өлбөй тирүү бар болсо,
Айдай катын Чүрөккө
Амандашып кайтууга,
Тирүү болсо Чорого
Тирилчү дары берүүгө,
Семетейдин Сейтегин
Тирүү болсо көрүүгө,
Алтымыш кызыл нар айдап,
Асасына берүүгө,
Жетимиш кызыл нар айдап,
Кызыкка төө, мал айдап,
Арттырганы ак чатыр
Артканы казан кол бакыр,
Арбак сыйлап Кызылсарт
Кыргызга жүрүп баратыр.
Асалап чыкты Кызылсарт
Аны мындай таштайлы,
Армандуу болгон Күлчоро
Ошондон кабар баштайлы.

Эки далысын кестирип салып, кырк жылкычынын башчысы Карагул дегенге Күлчорону отун көтөрө турган кул кылып берген экен. Эртең менен болгондо чылгый тери ийлеткен. Кеч киргенде иттей кордук кылып, калмактардай бийлеткен. Тону тозуп бит болуп, кементай канжыгада тилинип, кордук көрүп, Айчүрөккө бир барып келейин деп, Карагулдай төрөгө жалынып турган жери экен. Ошондо Карагулдун кордугу: – Каарына чыдай албай, кырк күндүк отунун бир күндө көтөрүп келип, жолум үйдүн алдына таштап жиберсе, жер башы менен солк дей түшкөн экен. Ачууланып таштаганда алды каткан Күлчоро жаралуу далысына чегедек киргизип алып, ошондо:

Чымындай жаны чыркырап,
Сай-сөөгү зыркырап,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Ителгидей кайран көз
Ирмегенде жаш кетип,
Капкаташка токтоду.
Кайгыланып Күлчоро,
Качанкы дартты козгоду.
Күлчоро кайдан аянды,
Кара жаак айбалта
Сол бөйрөккө таянды.
«Он эки бирге кол берген
Ойронум абам өлбөй кал.
Оң далысын ойдуруп,
Сол далысын сойдуруп,
Олжого Чоро келбей кал!
Бул өңдөнгөн күйүттү
Бендесине бербей кал,
Жоготконум Ак шумкар,
Жоолашканым Чынкожо.
Кабылан абам барында
Учурганым Ак шумкар,
Урушканым эр Толтой.
Толтойду кармап кырганда –
Калың кара жедигер
Өлүп албай не болдум,
Камчыга ченеп калааны,
Бөлүп албай не болдум.
Тирүү калбай ошондо
Өлүп албай не болдум!
Береним абам өлбөй кал,

www.bizdin.kg

Бейпайды Чороң көрбөй кал,
Таалайлуу абам өлбөй кал,
Талоонду Чоро көрбөй кал.
Отогот кийген манжуну
Сабап турган кезимде,
Ошондон өлбөй не болдум,
Ок өтпөгөн ак олпок
Кийип турган кезимде,
Кайкалаган Каканчын
Камап турган кезимде,
Карсылдатып кытайды
Сабап турган кезимде,
Ошондон өлбөй не болдум.
Кара-Кыя капчалга
Жол салганда бир өлбөй,
Кайнап аткан душманга
Кол салганда бир өлбөй,
Аргын, кыргыз ой тартып,
Конуп аткан кезинде,
Күндүзү кымыз, түнү кыз
Болуп аткан кезинде,
Ошондо өлбөй не болдум.
Айза кармап, топ бузуп,
Атышкан адам окко учуп,
Жетиктеп белди курчанып,
Жети түмөн кол санга
Тийип турган кезимде,
Мында өлбөй не болдум?
Түпөктүү айза колго алып,
Түмөн жоого кол салып,
Кобуртуман жан чыгып,
Дүбүртүмөн жан чыгып,
Ач билекке зулпукор
Илип турган кезимде,
Ай-ааламды буй кылып,
Тийип турган кезимде.
Камбыл айза зулпукор
Көөлөп турган кезимде,
Кез болгонду багынтып,
Ээлеп турган кезимде.

Дүнүйө кенен барында,
Кабылан көкжал чагында,
Кайра тартпас чын жайды
Көрүп албай не болдум.
Кас ажал жетип жан тынып,
Өлүп албай не болдум!
Кандуу болот зулпукор
Көөлөп турган кезимде,
Көрүнгөндү буй кылып
Жөөлөп турган кезимде,
Эл туткасы дөө болуп,
Ээлеп турган кезимде,
Баатырлык аман чагында
Мында өлбөй не болдум!
Мүйүз сынып, баш калып
Токол болгон экенбиз,
Каруу кетип, кол сынып,
Оңбой калган экемин.
Канкоруман айрылып,
Болбой калган экемин.
Абакем аман барында
Жая кесип жечү элек,
Жалпы душман качырса,
Жан тарткыч жалпы асылса
Жаналгыч кайда дечү элек.
Таянган белим кулаптыр,
Таалайым көкжал сулаптыр.
Өзөндүн баарын өрт алып,
Кыяга жетип конупмун,
Кымбаттуу шерден айрылып,
Өрт өчкөндөй болупмун.
Кең дүнүйөм тар болуп,
Ата, келберсиген шордуу жан,
Кемирчекке зар болуп,
Эр жөөлөгөн асыл баш
Карагул канга кар болуп,
Тулпар минбес шорлуу баш,
Бир байталга зар болуп.
Оолугуп айтар сөз кетип,
Башымдан чырак көз кетип,

www.bizdin.kg

Зарланып жолго кете албай.
Күлкүсү күндү батырган,
Тамаша таңды атырган,
Таласта журтка жете албай.
Карып болуп калжактап,
Аркалап отун балжактап,
Күйүп-жанып жан сактап,
Чөлдөн өлмөк экемин.
Каруусу кымбат, заары күч,
Канчоро, Кыяз эки дөө
Көрдөн өлмөк экемин.
Кырсык байлап, дем кетип,
Жерден өлмөк экемин.
Жылкычы башы Карагул
Орой тентек ит кыял,
Иттен өлмөк экемин.
Өлбөй-житпей чок болуп,
Күйүп өлмөк экемин.
Аркалап отун көтөрүп,
Жүрүп өлмөк экемин.
Күйүп-жанып чок болуп,
Жүрүп өлмөк экемин.
Капчыгай элем жол болдум,
Канзаадамдан айрылып,
Карангүн куу баш кор болдум.
Аласкар элем жол болдум,
Айкөл шерден айрылып,
Артыкча жаман кор болдум.
Болот элем сүзүлдүм,
Болбогур элем үзүлдүм,
Баатыр элем дууладым,
Башкача черден ажырап
Бакача жаман куурадым.
Кайрат кылчу колум жок,
Менин кабылан абам чоңум жок.
Бел байлачу белим жок,
Бекип жаткан жерим жок,
Каз айланбас тоом жок,
Каргылуу көкжал чоңум жок,
Чапчышарга ал кетип,
Кубаттуу эки колум жок.
Бу күндү көрсөң эртең жок,
Ушундай белең дүйнө бок.
Ич өрттөнөт чама жок,
Жылкычы башы Карагул
Жылма кылып кырууга
Күлчородо айла жок!
Жылкычы чокмор сунганда,
«Кулсуң» – деп сүйлөп Карагул,
Кутуруп чочко турганда,
Чалыша кетер чама жок,
Чаркым кетти айла жок,
Чаркылдаган ит менен
Чалыша турган чамам жок.
Каным калды бир кашык,
Эт көбүктөп көк жашык,
Көздөр кетти алактап,
Муун бошоду шалактап.
Кайрат качып күч кетти,
Дарман чарчап бүт кетти,
Кең дүнүйө тар болду.
Келберсиген кайран жан
Жылкычыга кор болду.
Амал чарчап жөтөлүп,
Азаптуу мүшкүл иш болду.
Аркалап отун көтөрүп,
Арыстан элем камалдым,
Жылкычыга сабалдым,
Күрдөөлдүү мүшкүл иш болду.
Жылкычы башы Карагул,
Чекеме мүшкүл күч болду.
Канкор абам барында
Кайраты толук чагында,
Арак ичпес кайран жан
Ачкыл сууга зар болдум.
Кымыз ичпес кайран баш,
Кыйгыл суу таппай кар болдум.
Абакем көкжал барында,
Түпөктүү айза колго алган
Ыргап турган шер элем.

www.bizdin.kg

Белсенип жоого кол салган,
Бендеден артык эр элем.
Жедигер турмак ааламды,
Жеткилең абам барында
Желикчи болсом жээр элем.
Казылып жаткан калың ор,
Үйрүдөн түштү эки кол.
Үзүлбөй чырмап бизди тор» –
Деп, ошентип, Күлчоро,
Арманын айтып чыркырап,
Болкулдап ыйлап кайран эр
Боздоп жүрөт буркурап.
Өкүрүп ыйлайт Күлчоро,
Өлөйүн деп өлө албай,
Өлгүчө жаман ардыгып,
Өз жанын өзү кыя албай.
Өксөп ыйлап зарланып,
Абасын жоктоп аңгырап,
Артыкча күйөт каңгырап.
Көңүлү чөгөт бөлүнүп,
Көп шумдук түшөт ичине
Көзүнүн жашы төгүлүп:
«Ата-а, белгилүү абам Семетей,
Ээрчитип жүрүп эр кылды,
Эр уулу менен тең кылды,
Салып жүрүп там кылды,
Сайып жүрүп бак кылды.
Үзүлгөндү улады,
Чачылганды жыйнады,
Өчкөн отту тамызып,
Өлгөн жанды тиргизип,
Менин абам Семетей –
Казы менен картаны
Тең бөлдүрүп жедирди.
Калың аргын, кыргызга
Кайжерде балаң дедирди.
Энекем Каныкейдин эмчегин,
Эки кулга эмизди.
Абакем төрөм бакканы,
Аркар аяк, жез билек
Аттан тулпар мингизип,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Ок өтпөс тонду кийгизди.
Аргын менен кыргыздын,
Ички сырын билгизди.
Кымбат абам барында
Кыны жок кылыч байланып,
Жар-жаракты жайланып,
Туюкту тепсеп жол салып,
Чоң-Бээжинге кол салып,
Сары-Суу, Дыңша жерди алып,
Эр Коңурбай шерди алып,
Эси-кардын эшкенде,
Кара жагал Борончу
Кармап башын кескенде,
Кечилге кейиш салганда,
Келберсиген Калчанын,
Башын кесип алганда.
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарганда,
Мында өлбөй не болдум!?
Бээжинди бузуп, күндө алып,
Керикке жүктөп дилде алып,
Алтын менен күмүштөн
Айда олжолоп, күндө алып
Жүктөй албай турганда.
Агача келин, сулуу кыз
Үптөй албай турганда,
Мында өлбөй не болдум?!
Ооганды чаап күндө алып
Пилге жүктөп дилде алып,
Кара көздөн миңди алып,
Коштоп кийип суусар бөрк
Ыргап турган кезимде,
Кошоктолуп биригип,
Жыргап турган кезимде,
Мында өлбөй не болдум?!
Түпөктүү айза колго алып,
Туш-туш жоого кол салып,
Туштап турган кезимде,

www.bizdin.kg

Тушуккан жоону буй кылып,
Муштап турган кезимде,
Себил тон кийип сексен төрт,
Серпишкен жоого кызыл өрт,
Биз кызыл өрт элек кетилдик.
Кымбатымдан ажырап,
Кана, кыйкырсак кайдан жетиштик?
Чама чарчап кайгырдык,
Чалкар көлдөн айрылдык,
Ак болот элек кетилдик,
Айкөл шерден ажырап,
Азаптан кантип өтүндүк» –
Деп, ошентип, Күлчоро,
Агарып өңү суюлуп,
Эки беттен аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп,
Арык койдой жөтөлүп,
Амалсыз отун көтөрүп,
Ошо кезде Чоронун
Кордолгон мындай болобу,
Үп эткендей үнү жок,
Үксөйгөн чеңгел жүнү жок,
Тирүү болчу түрү жок,
Буулум кийбес Күлчоро
Буурул байтал тай таппай
Ушундай экен дүйнө бок!
Жылкычы кулу чоронун
Эчки тону этинде,
Жаргак шымы көтүндө,
Көтөрмө аркан жонунда,
Алмамбет уулу Күлчоро
Жылкычынын колунда.
Семетей эрдин барында,
Шамдагайы болжолсуз
Шакылдаган эр Чоро,
Шай колдогон шер болгон,
Кечээ канкордун көзү өткөндө,
Аркалап отун көтөрүп,
Адамдан жаман кем болгон,
Олжолонуп кул болгон,
Өксүп ыйлайт Күлчоро,
Өлөйүн деп арынан,
Өлбөй аман жүргөнү –
Бая, өлчөлүү Сейтек барынан.
Кетейин дейт арынан,
Кетпей, өлбөй жүргөнү –
Жанагы Сейтек барынан.
Өксөп ыйлайт Күлчоро,
Күйүп-бышып чок болот,
«Эптеп өчүм алсам» – деп,
Ошону ойлоп токтонот.
Семетей уулу Сейтекти
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болсо,
Белиме таңуу кылсам – деп,
Кагыша кетип Кыязга
Калайманды салсам – деп,
Төрөбейил Канчоро
Төбөсүнөн бассам – деп,
Төбөңдөн тийген чочконун
Төрт түлүгүн чачсам – деп,
Кыжылдаган жедигер
Кыжырыма капталса,
Кыргынды кызык салсам – деп,
Кыргын кылып чоңдорун
Тирүү байлап алсам – деп,
Ойлоп жүрөт ошону.
Каалап жүрөт барышты,
Тиктеген эри чоңойсо
Тилеп жүрөт салышты.
Кармашты катуу салсак – деп,
Каңгырап жүргөн кайран баш
Таласка кайра барсак – деп,
Бузукту мурда салсак – деп,
Бурулуп жетип Таласты
Эптеп таап алсак – деп,
Кыямат кеткен кымбат эр
Шерди санап бир ыйлайт,
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Жерди санап бир ыйлайт,

www.bizdin.kg

Өкчөлүү* өтүк, жаргак шым,
Элди самап бир ыйлайт.
Ээликсе элик атуучу,
Эрикпесе элкин ойноп жатуучу
Жерди санап бир ыйлайт.
Багалак* ойноп даң салган,
Оромпой тээп чаң салган,
Узун санап бир ыйлайт,
Кырмызы көйнөк, айча бел
Кылтылдаган эң сулуу
Кызын санап бир ыйлайт.
Ошо кезде Күлчоро
Эчки тон сандап бөлүнгөн,
Эңкейгенде Чоронун
Жаман жери көрүнгөн.
Отун алып келгенде
Жылкычылар талаган.
Күүгүм кирип, күн батса,
Чындап сабап абаңды
Чылгый тери ийлетет,
Кеч киргенде шылдыңдап,
Кешиги жок абаңды
Калмактардай бийлетет.
Каарланса жер сабап,
Карагул чыгат шокшоктоп,
Буйрук кылса улугу –
Өзүң көргөн абаңды
Жылкычы сабайт токмоктоп,
Таяк жеген абаңдын
Эти кетет быркырап,
Чыкпай жаны чыркырап,
Сай-сөөктүн баарысы
Кетет экен зыркырап.
Үп эткендей үнү жок,
Кешиги жок абаңдын
Тирүү калчу түрү жок.
Жылкычы токмок урганда
Кабырга кетет быркырап,
Чымындай жаны чыркырап.
Чоронун түрүн көргөндө
Кайың ыйлайт, тал ыйлайт,
Караган жандын баары ыйлайт.
Ыйлагандын баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлайт.
«Эрге мүшкүл иш түшсө
Ушундай болор» – деп ыйлайт.
Каарланса Карагул,
Кара тажаал мына бул.
Куйкаланган кутургур,
Катуу жини кармаса
Көкбөрү кылып абаңды,
Шылдың кылып талатып,
Жылкычыга кердирет.
Күндө жылкы томугун,
Аш ордуна бердирет.
Бендеден бөлөк кыстырат,
Тогуз күнү кара суу
Суусунуң деп жуткузат,
Ошо сууну жутканда
Куруп калган Чоронун
Эти көбүк көк жашык,
Каны калат бир кашык,
Көзү кетер алактап,
Мууну бошоп шалактап,
Акылдан тантып Күлчоро
Кээде кетет караптап.
Мойну кылдай шылкылдап,
Тоголонсо Күлчоро
Чымындай жаны чыркырап,
Караскар тоодой Күлчоро
Камчы саптай көрүнөт.
Имерме тоодай Күлчоро,
Ийнелик өңдүү көрүнөт.
Жылкычы башы Карагул,
Жылас болгур мына бул.
Каарланат Карагул,
Кара шайтан мына бул.
Чылгый ичи өрт жалын,
Күлчорону көргөндө
Чыдай албайт мына бул.

www.bizdin.kg

Күрсүлдөгөн Карагул
Багыштын салбар уулу экен,
Балакет баскыр бул экен.
Энеси салбар батасыз
Бу чоңойгон экен атасыз.
Мунун желбоосу жерге жетпептир,
Жерге кирген акмактын
Бешиги төргө өтпөптүр.
Эненин ак эмчеги ийбептир,
Атасынын ашкере бети тийбептир.
Ал тең кылбай ашына,
Ачууланса абаңды
Камчы салат башына,
Кол токмогу колунда,
Кутуруп келсе Карагул,
Куруп калган абаңдын
Куу союл тиет жонуна.
Ачууланып бакырса,
Кайра болгон шамалдай
Күлчоро байкуш канетет.
Алапайын таба албай,
Жана туруп кыйкырса,
Түгөнгөн кулду көрдүңбү,
Токойдогу камандай,
Толкуп өтсө кутургур,
Толуп жаткан жылкычы
Алапайын таба албай,
Көк кементай жамынып,
Көрчү болсоң кутургур
Көк камандай чамынып,
Эки бети саланДап,
Эби кеткен чочконун
Эки даңгыт тойгудай.
Бу жылмайган Карагул,
Жылмайган доңуз мына бул.
Кутургурдун каарына,
Көргөн адам шашкыдай,
Айбатынан арамдын
Ар ким көрсө шашкыдай.
Муруну буткул сеңирдей,
Бузулуп өлгөн Карагул,
Булкушса жанды жегидей.
Кабагы сеңир муштумдай,
Карасаң жанды кыскыдай,
Мына Карагул түрү ушундай.
Өзү Багыш уулу экен,
Кутуруп аткан кул экен.
Эчкинин тоңгон майын жеп,
Жылкынын кысыр тайын жеп,
Көрсөң түрү мына бул
Өрттөнүп өлгөн Карагул.
Каарынан капырдын
Тили жок айбан качкыдай.
Тиктеп турган калайык,
Акылын таппай шашкыдай,
Жамынышы жолборстой,
Чалышкан аман болбостой,
Каарланса Карагул
Кара шайтан мына бул.
Бул Карагул капырды
Мындай таштап салыңар,
Муңдуу байкуш Күлчоро
Ошондон кабар алыңар.
Кара жака кементай,
Кат-катынан бөлүнгөн,
Катуу тозок чоң мүшкүл
Күлчорого көрүнгөн,
«Өлөмүн» – деп арынан
Өлбөй турат эр чиркин,
Өткөрө намыс барынан.
Шай колдогон Күлчоро
Карып болгон абыдан.
Жылкычыдан Бозбала,
Күлчорого дос бала.
Бозбаладан кеп угуп,
Айдай катын Айчүрөк
«Эркек тууду» – деп угуп,
Тоюна токсон сойду – дейт,
Атын Сейтек койду – дейт.
Кайгынын баары чачылып,

www.bizdin.kg

Капалуу жүрөк басылып,
Көңүлү жаркып ачылып,
Сактап сары талааны,
Сагынган экен Күлчоро,
Көкжал Сейтек баланы.
Бурулган тоодон булак – деп,
Абаман калган чунак – деп,
Айзадагы желек – деп,
Абаман калган белек – деп,
Көрүп койсо көөнү ток,
Көкжалдан калган мураапы,
Мына ошондон башка караан жок,
Пейли түштү Күлчоро.
Күлчоро кордук көргөнгө,
Кабылан төрөң өлгөнгө
Он эки жылга толуптур.
Ай бөксөрүп күн өтүп,
Арадан эчен жыл өтүп,
Эрден калган эр Сейтек
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Олжого кетип оңолуп,
Кордукта жүрүп чоңоюп,
Он эки мүчө тең чыгып,
Атасын тартаар шер чыгып,
Уңгусу болот, учу курч
Комокойлуу* сыр найза
Колойтуп өйдө аштаптыр,
Койгулашкан душманга
Коркуп колтук ачпаптыр.
Кобутуна* келгенди
Коёндой жерге жанчтаптыр.
Катылган балбан өлүптүр,
Каарына тийген эченин
Жазасын колго бериптир.
Байкуш асыл Күлчоро
Бозбаладан кеп угуп:
«Он экиде эр Сейтек
Ойрон чыкты деп угуп,
Жетим-жесир, мискинге*,
Кор болгон Чоро баатырга
Коргон чыкты» – деп угуп,
Мына ошондо Күлчоро
Баладан кабар кеп угуп,
Баатыр чыкты – деп угуп,
Бозбаладан кеп угуп,
Тилегени эр Сейтек
Кусадар болуп жүрөгү,
Кубанган экен бир өзү.
Ай-талаада Күлчоро
Бир кишиге билинбей,
Баабединин бат айтып,
Барсаң аман Таласка
Ай туякка ат айтып,
Айры өркөчтүү төө айтып,
Чыны менен чыркырап,
Чын кубанып буркурап,
Көкжал эрдин белеги
Эр Сейтекти көрсөм – деп,
Андан кийин курган жан
Каза жетсе өлсөм – деп,
Чыркырап ыйлап сабылып,
Чын Кудайга жалынып,
Көңүлү кеткен бөлүнүп,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Жылкычыга барууга,
Мөөнөт сурап алууга,
Айчүрөккө барууга,
Айдай катын жеңеден
Эбин таап кабар алууга,
Шай колдогон Күлчоро
Каруусу толук капырдын,
Кан ичээр Кыяз баатырдан
Талканды таза салсам – деп,
Талкалашып урушуп,
Абамдын кегин алсам – деп,
Эрте сөзү кеч болуп,
Эки көзү төрт болуп,
Кереттүү катын Айчүрөк

12*

www.bizdin.kg

Айчүрөккө барууга,
Чүрөктөн кабар алууга,
Кулдукта жүргөн Чоронун самаганы
Айдай жеңең Айчүрөк,
Чолпондой көзү жайнаган,
Эне ордуна кармаган,
Эш туткан долу жеңеме,
Түптүү чынар мөмөмө,
Дүйнөгө жарык келгенге,
Эмчек сүтүн бербесе,
Элик сүт берген жеңеме,
Туу түбүндө бейбакка,
Олжолоп кеткен жеңеме,
Канкордон калган энеме,
Дакныр жетсе өлөйүн,
Быйыл жүзүн көрөйүн,
Айла тапчу Чүрөктүн
Акылга дыйкан дүмөктүн,
Үзүлгөндү улардын,
Чачылганды жыйнардын.
Беризаада Чүрөктүн,
Бепбелгилүү дүмөктүн,
Кыялы алтын катындын,
Кылпылдаган капырдын,
Ат бороюн сыдырган
Он сегиз миң ааламды
Учса бир күн кыдырган.
Жүргөнүн жума күн билген,
Учканын кадыр түн билген,
Дүнүйөсү сыдырган,
Ааламдын баарысын
Учуп жүрүп кыдырган.
Береним абам өлгөн бейм,
Жана бейтаалай катын Айчүрөк
Кыязга көөнүн бөлгөн бейм.
Урганы сыйдын өзүбү,
Көңүлү бөлөк бөлүнүп,
Унутуп койгон кезиби,
Эр таттуу деп турганбы,
Кереттүү жеңем долунун
Кейпин Кудай урганбы,
Ургаачы долу өзүбү,
Уул кандай деп жоктобой,
Ургансай жеңем Айчүрөк
Унутуп койгон кезиби?
Көкжалдан артык экен – деп,
Эр Кыязды тапкан бейм,
Жеңемди Кудай урган бейм,
Эр Кыязга барганда
Казыны кертип жеген бейм,
Кайним эле Күлчоро
Өлсө мейли деген бейм,
Көңүлүн берип Кыязга
Жеңемди Кудай урган бейм,
Чарктуу болсо баласын,
«Чалгын чал» – деп жүргүзбөй,
Кулдукта жүргөн абасын
Балага айтып билгизбей,
Укпаган экен сөзүмдү.
Беризаада бейтаалай,
Унуткан экен өзүмдү.
Казган окшойт орумду,
Кайнаткан окшойт шорумду,
Кылган окшойт сонунду,
Эстесе боло бейтаалай
Жыртылып кеткен тонумду.
Бошотсо боло Кыяздан
Байлануу жүргөн колумду.
Кол бошонуп сергисем,
Каарлуу душман алдына,
Канатым жайып эргисем,
Чиер элем сызыкты,
Жедигердин Кыязга
Кылбайт белем кызыкты.
Жеткилең далым жетилсе,
Жетимим келип кезиксе,
Көрбөйт белем чараны.
Багыштын уулу Кыязга,
Сактатсам сары талааны,
Маңдай-тескей турушсам,

www.bizdin.kg

Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушсам.
Айкырып айза сунушуп,
Кан төгүшүп урушуп,
Кең-Колдон тийген көчүмдү,
Келберсиген Кыяздан
Качан алам өчүмдү?
Таластан бузду артымды,
Дардаңдаган арамдан
Алалбай келдим дартымды.
Бузултуп ийдим муңумду,
Бурулуп чамам келе албай,
Алалбай жүрөм кунумду.
Өксөп боздоп сабылып,
Өпкөлөп ыйлайт Күлчоро,
Айчүрөккө таарынып.
Күйүп-жанып чок болуп,
Ушундай күйгөн шордуу жан
Кантип турсун токтолуп.
Кайгыланып сабылып,
Күйүп-жанып камыгып,
Күн кылкылдап батканда,
Элдин асты жатканда,
Түн түнөрүп жайланып,
Жан-жаныбар макулук
Көрбөй көзү байланып.
Кулдукта Чоро байкушуң,
Түрлөнүп көңүл бүркөлүп,
Күлчоронун башына
Алтымыш санаа бир келип,
Каарланып чыркырап,
Кападар болуп ой ойлоп,
Кабырга катуу сөгүлүп,
Көңүлү чиркин бөлүнүп,
Камчы саптай талаалап,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Мурундун суусу булактап,
Бурулуп ыйлай баштады,
Кызыталак куу жанды
Кызыр чалган Күлчоро
Кылга байлай таштады.
«Өлүп калган кезимде,
Кой териси кул элем.
Өлбөй тирүү жүргөндө
Ит териси шум элем.
Дагдырым жетсе өлөйүн,
Барса-келбес чын жайды,
Бачымыраак көрөйүн.
Жылкычы башы Карагул
Карагулдун колунан,
Бир мөөнөт сурап көрөйүн.
Чындап ийсе чочкого
Чымындай жанды берейин.
Чымырканып мен өзүм,
Чочкодон, жети күн мөөнөт
сурап көрөйүн» –
Деп, ошентип, Күлчоро,
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Таң сөгүлүп турганда,
Таң атардын салкын жел
Шыкылдатып урганда.
Камыштын башы зыркырап,
Жан-жаныбар макулук
Ордунан туруп козголуп,
Жана балапан торгой чыркырап,
Таң дүмпөйүп ачылып,
Жерге жарык чачылып,
Күлүстөн тууган Күлчоро,
Жажаандан чыккан шок эле,
Жайнаган кызыл чок эле.
Жумуру баштуу бендеден,
Чородой көкжал жок эле.
Заманында Күлчоро,
Оң далысы кең эле.
Урукту бузган шер эле,
Бараны тоонун белиндей,
Оозунан чыккан илеби
Орто белдин желиндей.
Айбаты артык шер эле

www.bizdin.kg

Адамзат бендеден,
Артыла тууган неме эле.
Арсылан сындуу шер Чоро
Артыгы көкжал өлгөн кез,
Эти качып, сөөгү бар,
Билгенге мынча баркы бар,
Көбү кетип, азы бар,
Тууганы өлүп, касы бар.
Атаа, чамасы кетип каркыбар,
Күлүстөн тууган Күлчороң
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Чымырканып окунуп,
Чымындай жандан чочунуп,
Карчыгадай камынып,
Кайран Чоро көкжалга
Кайыптан акыл табылып,
Ач арыстан түрлөнүп,
Алуучу кыраан сүрдөнүп,
Өлөр жакты камданып,
Жылкычы башы жыластан
Мөөнөт сурап буркурап,
Жылкычы башы Карагул
Жылмайган азап мына бул.
Тутанып өлгөн Карагул
Чын балакет мына бул.
Чылгый ичи өрт-жалын
Балакет жайын карап тур.
Салам айтып бүгүлүп,
Карагулдун алдына
Турган экен Күлчоро
Катындардай жүгүнүп:
«Салоодон салоомалеким,
Сандыргалуу кан абам,
Кулуң айтат бир сөздү
Кулагың салып көр, аба!
Эчки тонум этимде,
Жаргак шымым көтүмдө.
Кементай кетти бөлүнүп,
Эңкейсем этим көрүнүп,
Мойнуна курун салынып,
Кулуңуз келди жалынып.
Таман акы, маңдай тер
Адам болсоң көнүңүз,
Кан үйүнө барууга
Кийим кийип, аш ичип,
Жан кубантып калууга
Жети күн мийзат* бериңиз!
Жети күндөн кечиксем
Кыйноону кызык салыңыз.
Кылычтап башты алыңыз,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарыңыз.
Койдой башты кесиңиз,
Эки көздү оюңуз,
Каарланып какайсаң,
Кармап алып союңуз.
Өткөрө шумдук ушу – деп,
Баатыр өткөрө союп коюңуз.
Эр экениң чын болсо,
Эми айткан сөзгө көнүңүз,
Маа бир алты күн мөөнөт бериңиз?
Мен бир чымындай жанды
кыйнайын,
Кан зайыбы Чүрөктөн
Мен бир кийим-кечек сурайын!»
Каарланып иш бүтүп,
Кордук көрүп Күлчоро
Каңырыгы бек түтөп,
Баштагысын сурасаң
Баатыр Чоро атанып,
Ителгидей кайран көз
Ирмебей көзгө жаш алып,
Кейип Чоро турган соң
Каарланды Карагул,
Катуу душман мына бул.
Каар салып бакырып,
Жылмаң чабыл, чабылгыр,
Жылкычысын чакырып:
«Кутурган экен сасык кул,

www.bizdin.kg

Кан үйүнө барам – деп,
Мунун ит экенин карап тур!
Жылкычылар, балбандар
Эсирип калган бу кулдун
Камчылап боорун эзгиле,
Түбүнө түптүү жеткиле!
Колуң жетет бу кулду,
Көкбөрү тартып өткүлө!
Бир эсебин тапкыла,
Эзелки жинин каккыла,
Эсебин чындап тапкыла!
Буйрук алган жылкычы
«Туйт» – дегенде, «айт» коюп,
Турбай чырды салды эле,
Алмамбет уулу Чорону
Талап жатып калды эле.
Жылкычынын кенжеси,
Жараткандын бендеси,
Отун жакчу Бозбала –
Күлчоро менен дос бала,
Айбалта колго алганы,
Арачалап ал байкуш
Күйүнүп аткан Чоронун
Үстүнө түшө калганы:
«Арача, эрлер арача,
Арачага көнбөсөң,
Акыры салар сага тамаша.
Эренди эрен кордосо,
Эрендин жолу болобу?
Арстанга катылып,
Акыры жигит оңобу?
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай болор дүйнө бок.
Башындагы суусар бөрк
Кимдер ыргап кийбеген?!
Дөөлөтү башта бар турса,
Ким күркүрөп жүрбөгөн?!
Белсенип чыккан кыргында
Мунун берендигин көргөндө
Бээжиндин каны дүрбөгөн.
Ала-Тоону жердеген,
Муну алышып адам жеңбеген.
Бул Ала-Тоо эле, жол болду,
Бу баатыр арстан эле, кор болду.
Сан жыйылган топ беле,
Бу саргарып кулга кул болгон,
Ичиңерде жылкычы
Ушундай кемиген адам жок беле?
Минте бербе Карагул,
Минте берсең окустан
Салыш кылсаң кокустан,
Бел байлаган белиңди айт,
Бу кайратың койбосоң
Бул жылкыңды чачамын.
Жети-Өзөндө жедигер
Жедигер сенден качамын.
Адыр-күдүр бел ашып,
Ара жол менен желбесем,
Кең Таласта кыргызга
Жетип кабар бербесем,
Кыргыздан жыйып кол алып,
Колду жыйнап мол алып,
Төбөндөн кирип баспасам,
Төрөсүнгөн Карагул
Төрт түлүгүң чаппасам,
Камчы сүйрөй кирбесем,
Как куйканды тилбесем!
Өрүштөн тийип бээңди,
Байлап Кыяз дөөңдү,
Чымырканып урушсаң
Чыгара муштап мээңди,
Жалынса укпай сөзүңдү,
Жалдыратып көзүңдү,
Жабыша бербе жөнү жок
Кырк жылкычы, Карагул,
Жалдыратам көзүңдү!
Толкуган кара жедигер,
Тобуңа тозок саларбыз,
Токтотпой кекти аларбыз,
Тобуңа тозок саларбыз!

www.bizdin.kg

Бел байлаган белиңди,
Бек сындырар күн болор,
Сенин бекип аткан жериңди.
Жамандык күнү жоголор,
Эптеп Чоро оңолор» –
Деп, ошентип, Бозбала
Арачалап турду эле.
Ал аңгыча Күлчоро
Кейип-жашып, сабылып,
Карагулга жалынып:
«Жылкычы башы Карагул
Кан экениң дагы чын,
Кыдыр дөөлөт башында
Бар экени дагы чын,
Ал аскадай заңкайган
Бел экенсиң Карагул,
Жылкычыга сен өзүң
Эр экенсиң Карагул.
Баатырлык кылсаң бекерсиң,
Кайраттанып качырсаң,
Кайран башты кесерсиң.
Жылкычы башы сен элең
Деген сөзгө көнөрсүң,
Ачууланбай жинденбей,
Албан түрлүү түрлөнбөй,
Сураганды берерсиң.
Кабылан башым кор болдум,
Ак болот элем мокодум,
Эрлик-шерлик чак кетти,
Өлө турган тап жетти.
Сөөгүм калды шалдырап,
Көзүм калды жалдырап,
Эстен талып күн өтүп,
Өлгөнү турам минетип.
Кыйын болсоң Карагул
Айткан тилди аласың,
Кыстоо салбай бул башка
Кыйнабай союп саласың.
Эрен болсоң, шер болсоң,
Муңкантпай тилди аласың,
Кан алдына барууга,
Кийим кийип алууга,
Айчүрөк жүзүн көрүүгө,
Каарлуу Кыяз каныма
Амандашып келүүгө,
Бир ууна күчүн бересиң?
Улук элек, шер да элек,
Бир замана барында
Балакет кайда дээр элек,
Биз тайлак басып жээр элек.
Талкан салчу бөрү элек,
Кара болот зулпукор
Көөлөгөн эрдин өзү элек,
Ай-ааламды буй кылып,
Жөөлөгөн эрдин өзү элек.
Туюкту бузуп жол салып,
Канга тоюп катыгып,
Кабылан болуп атыгып,
Тоо жоголгон кезеңдин
Урчугундай эр элек,
Ай-ааламды буй кылган,
Алышса элге шум кылган,
Жоо качырса четтеген,
Жолосо жоону өрттөгөн,
Таш жүрөктүн өзү элек,
Арстандын кара көзү элек,
Көйкашканын өзү элек.
Коштон силкип суусар бөрк
Кийип турган кезимде.
Кармашканды буй кылып,
Тийип турган кезимде,
Кан агызып чаң кылып,
Кармашканды даң кылып,
Бээжин менен бет болуп,
Беттешкен адам мерт болуп,
Жөөлөгөндүн өзү элем,
Баатырдын кара көзү элем,
Кубат чарчап, ал кеткен
Канчоро, Кыяз эки кан,
Кордоп мени жүдөткөн.

www.bizdin.kg

Курган чама барында,
Жайнаган кызыл чок элек,
Жаралган болот ок элек.
Кыргызга кызыл туу элек,
Душманга ызы-чуу элек.
Илеп тартса өт жарчу
Чык этпес кызыл уу элек.
Уу түгөнүп, ал кетти,
Чама чарчап, кан кетти,
Мен Күлчородон ал кетти,
Жакасы алтын, жеңи жез
Үстүмдөн чопкут тон кетти.
Кыйкырса кыргын салуучу
Күлчородон кол кетти.
Этим болгон көк жашык,
Каным болгон бир кашык,
Үдээриме үнүм жок,
Үрпөйсөм чеңгел жүнүм жок,
Айтарыма тилим жок.
Аңдыган кырсык дүйнө бок!
Бел байлаган белим жок,
Бекип аткан жерим жок,
Каргылуу кара тоом жок,
Айланган кара зоом жок,
Таянып кетер тоом жок,
Чапчып салчу чама жок,
Чалыша кетер дарман жок,
Ай-ааламды буй кылган,
Кездешкенди шум кылган,
Байыркы кезде баатырбыз.
Тирүүлүктөн союлган,
Оң, сол далы оюлган,
Отун алып кул болгон,
Өлбөй тирүү тул болгон,
Каңгырлаган бакырбыз,
Бек ыракым кылсын – деп,
Унаа сурап жатырбыз.
Баатырдыгың чын болсо,
Деген сөзгө көнөсүң,
Бир жылкы күчүн бересиң.
Кан алдына барайын,
Сурап кийим алайын,
Ойлонгондо эр баатыр,
От-жалынга күйөмүн.
Жылкычылар өзүнө,
Отун алып жүрөмүн,
Олжого келген тулуңмун,
Отун алчу кулуңмун.
Кууратпай сөзгө көнгүнүң,
Сурадым бир ат бергиниң,
Муңдуу сөз айттым алгының,
Бузук десең мунумду
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жаргының.
Кыйшык десең мунумду
Тындым кыла салгының.
Кулга бооруң ачыса
Деген сөзгө көнгүнүң,
Адамдыкка санасаң
Бир аттын күчүн бергиниң.
Байлоодогу тулуңмун,
Колуңда турган кулуңмун.
Кыларыңа ишиңмин,
Өз колуңда кишиңмин.
Олжо кулдун өзүмүн,
Каракан кара көзүмүн» –
Бу кабарын укканда
Жылкычы башы Карагул
Жылма калгыр мына бул,
Кайраты бар Карагул,
Каны Кыяз баатырдан
Өрнөк алган мына бул.
Өткөрө каарлуу Карагул,
Каарланып камынып,
Каргыш тийген кутургур
Каршы чыгып чамынып,
Бу кутургур куу кулдун
Кутурганын карачы.
Себил тону сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт.

www.bizdin.kg

Кирпиги жалын, көзү чок,
Кишиден мындай капыр жок,
Кечээ Шыгайдын уулу Чынкожо,
Анын кылган иши тың кожо.
Кыйратып союп таштаган
Эр Чынкожо шеримди,
Өрт өчкөндөй кыйратты
Баатыр Толтой эримди,
Сындырган эчен белимди.
Кайсаган калың шеримди,
Жаңжалды жаман баштаган
Алтымыш катын тул жеңе,
Айылды каран таштаган,
Катын ыйлап тул болуп,
Олжодо балдар кул болуп,
Сындырып ийген белимди,
Сыздаткан эчен шеримди.
Жаккан отту өчүрүп,
Жети-Өзөн толгон жедигер,
Жалпы олжолоп көчүргөн.
Катылганын кайсаган,
Кезиккенин кемирген,
Алышканын буй кылып,
Каттаганын жемирген.
Ооганды бузуп четтеген,
Жедигерди өрттөгөн,
Жетим чуулап, уул калган,
Кызыл көйнөк, айча бел,
Кылпылдап келин тул калган.
Бели кыйрап, дөө калып,
Берендин баары жөө калып,
Кыйла кырган карыны
Кыйратып кеткен барымды,
Дарыя суудай агызып,
Жедигер сенин каныңды.
Жергеңи бузуп тул кылып,
Жеткилең эркек баланы
Олжого денекул кылып.
Тулпардан сынап атты алып,
Тууган элек зилинде,
Аргын кыргыз аттанып,
Эренди союп ой кылып.
Эчен келин, эчен кыз
Эчен жылга бой кылып,
Кабылган адам түз болуп,
Кайран башка күч болуп,
Доор-кыямат бендеге
Унутулгус иш болуп.
Кыйырды бузуп күч кылдың,
Кыргыз эле зилинде
Кызыл жагал кийинген.
Баатыр Кытайдан жаман иш кылдың.
Аркы атаң душман зилинде,
Алмамбеттен туулдуң.
Арбын салып чуу кылган,
Артыкча жаман иш кылдың.
Качырганың кайсадың,
Көкөйдөн калгыс иш кылдың,
Кезиккенди ураттың,
Кабылганды сулаттың.
Тушукканды майладың,
Кез болгонду жайладың,
Көп сындырдың белимди,
Көбүрөөк кырдың элимди.
Калың кара жедигер
Каптап барса кайырдың,
Калк баштыгын жоготуп,
Кайрандардан айырдың.
Сындырдың бүктөп белимди,
Сыйпап салдың эримди.
Жайнаттың далай мээмди,
Белгилүүмдү кул кылдың,
Алкымым бузуп жол кылдың,
Калкымды кырып кор кылдың,
Түптүүмдү кырып жок кылдың.
Жай кылбадың, күз кылдың,
Жайдарымды түз кылдың
Жана тийдиң колума,
Чалындың темир торума,
Муңкансаң укпайм кебиңди,

www.bizdin.kg

Алмак болдум Күлчором –
Өлтүрбөй ата кегимди.
Таластан буздум көчүңдү,
Так ушинтип алам өчүмдү.
Туланду жерди тутанттың,
Өлөңдүү жерге өрт койдуң.
Кара сууга кан куйдуң,
Кыраңды өлчөп жыл кылдың,
Кыйла жаман кор кылдың.
Өрттөп ийдиң өзүмдү,
Өрөпкүгөн жинди кул,
Ушинтип чукуйм көзүңдү.
Кан алдына барам – деп,
Кандын зайыбы Чүрөктөн
Барып кийим алам – деп,
Кулжуңдаган куу кулдун
Адам кутурганын бу кулдун,
Барсаң кулуң барсын – деп,
Дагдыры жетсе өлсүнчү,
Багыштын уулу Кыяздан
Кордукту койдой көрсүнчү!
«Барсаң, кулум, барып кел,
Белги деп белек албай кел,
Үмүт кылсаң жаныңдан,
Бээ саанынан калбай кел!
Бээ саанынан кечиксең,
Култуңдаган кутургур,
Өлтүрөмүн өзүңдү,
Тирүүлөй чукуйм көзүңдү!
Кечигип калсаң окустан,
Келбей калсаң кокустан,
Түбүңө чогуу жетемин,
Каарланып качырсам
Акыры башың кесемин!
Бачым барып, бачым кел,
Баатырдыгым азыр көр,
Кечигип калсаң кутургур,
Чапчып ием окустан,
Өлтүрөмүн кокустан.
Кементайды кийип бар,
Каран калган жылкынын
Карматканын минип бар.
Убададан танбай кел,
Каңырсыган сасык кул,
Мен айткан сөздөн калбай кел!» –
Деп, ошентип, Карагул
Каарын төктү мына бул.
Шай колдогон Күлчоро
Артыкча жаман кар болуп,
Тулпар минбес кайран эр
Байтал таппай зар болуп,
Кайра тартып турганы,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый кулады.
Мууну бошоп кеч болуп,
Буркурап ыйлап өлүүгө
Эки көзү төрт болуп,
«Асыл шер абам өлбө» – деп,
Бул өңдөнгөн күйүттү
Бендесине бербе – деп,
Кабырга сөөк бөлүнүп,
Мына ошондо Күлчоро
Кара октону көтөрүп,
Жылкыны көздөй бет алып,
Чындап ыйлап чыркырап,
Жылкыга басты буркурап.
Жылкыга жакын калганда
Түп көтөрө көп жылкы
Түгөл үркту чуркурап.
Өлбөй-житпей сандалтып,
Албай тирүү койдуңбу?
Айланайын кудурет,
Адам эмес айбанга
Кошо шылдың болдумбу?
Ардыккандан өлө албай,
Өз жанын өзү кыя албай,
Кызыталак өлүмгө
Өзү басып бара албай,
Түгөл үркүп дүркүрөп,
Түз болгурдун жылкысы

www.bizdin.kg

Түп көтөрө күркүрөп,
Такалуудан тай калбай,
Такыр үркүп алды эле,
Ошо кезде Күлчоро
Көңүлү чөктү бөлүнүп,
Көп мүшкүл көзгө көрүнүп,
Капка ташка токтоду,
Качанкы дартты жоктоду.
Арданды Чоро өлүүгө,
Кайра тартпас чын жайды
Кайран башы көрүүгө.
Кең дүнүйө тар болуп,
Бир байталга зар болуп,
Ааламдын ханы Күл абам
Көп мүшкүл тартып кар болуп,
«Өлөйүн» – деп өлө албай,
Өз жанын өзү кыя албай,
Балтыр эти зыркырап,
Таман эттин баарысы
Ташка тийип быркырап,
Болкулдап басып аянып,
Бозток торду таянып,
Болкулдай басып Күлчоро
Чамасы чарчап, ал кетти.
Ээр белдей кош кашат
Эңкейе барып турду эле.
Калың жылкы ичинен
Канкоруңдун боз байтал,
Олжого келген ал байтал,
Күлчорону көргөндө
Көкүлүн көккө зыргытып,
Туягын жерге мылгытып,
Абасы канкордон калган мал экен,
Окуранып куу байтал,
Тегеренип турганда:
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Караган жандын баары ыйлап,
Айтайын десе тили жок,
Байтал минтип турганда
Эрен Чороң кошо ыйлап,
Аза күтүп жаныбар
Куу байталы кошо ыйлап,
Кабар уккан кан ыйлап,
Калайыктын баары ыйлап,
Окто катып байталга,
Чоро экени билинди.
Шамдагайы болжолсуз,
Койчо туйлап жүгүрдү.
Мына ошондо Күлчоро
Аянбастан жол жүрүп,
Адыр-күдүр белди ашып,
Адырмак ашуу жерди ашып,
Жети-Өзөндүн боюна
Дарбазалуу коргонго,
Кан Кыяздын ордого
Барып жетип калды эле,
Эр Кыяздын мамыга
Куу байталды чалды эле.
Шай колдогон шер Чоро,
Ажалдан качпас эр Чоро,
Тегерегин каранып,
Көрсөң Чоро ушундай –
Көк арыстандай жаланып,
Көөдөнүн каккылап,
Тал жибектей куйругун
Чаткаякка чапкылап,
Окуранып окшоктоп,
Кара жерди токмоктоп,
Ичин тартып булкулдап,
Жерди чапчып солкулдап,
Аза күтүп аңгырап,
Кулунун көргөн немедей
Мойнун тосуп заңгырап,
Куу байталды көргөндө
Эл кайтарган төрөдөй,
Байкуш Чоро канетет,
Энесин көргөн эмедей.
Тулпар экен башында,
Озо келди куу байтал,
Күлчорого моюнун

www.bizdin.kg

Тосо берди куу байтал.
Ыйыгына баш артып,
Ыктап турду куу байтал.
Айтайын десе тили жок,
Ар жышана иш кылып,
Жыттап турду куу байтал.
Куйругу бар, жалы бар,
Мына ошондой жаныбар.
Ар кимдин сүйгөн малы бар,
Ай куу байтал жаныбар,
Өчкөн отум тамызчы,
Өлгөн жаным тиргизчи.
Ашкере тулпар ал экен,
Ошо күнү эр Кыяз
Дөбөчөдөн көрүнүп,
Каарланса оозунан
Капкара жалын төгүлүп,
Кайсачудай көрүнүп,
Кабактары буткулдай,
Караса жанды жуткудай,
Көзү көлдүн буткулдай,
Көрсө жанды жуткудай,
Муруну урчук сеңирдей,
Кайраты катуу темирдей,
Канга тойбос жандардай,
Калк башкарган балбандай.
Билеги жоон, таш жүрөк,
Көрсөң Кыяз кыраанын
Бил мүчөлүү бадырек.
Бурулуп чыккан муруту
Букардыктын шабындай*,
Астыңкы ээрди алжайып,
Аштыкчынын кабындай,
Эки көзү өрт болуп,
Ыштыктан чыккан жалындай,
Көр жемечи Кыяздын
Көрсөң түрү ушундай.
Кан Кыязды көргөндө
Кабылан тууган Чоронун
Билегинен сап кетип,
Жүрөгүнөн кап кетип,
Каарланып күйүнүп,
Кайран жандан түңүлүп,
Өзөлөндү күйүнүп,
Өлдүк деп, жандан түңүлүп,
Күлчорону көргөндө
Жедигердин эр Кыяз,
Каарды катуу баштады,
Чымын жандан Күлчоро
Чын эле кечип таштады.
Карчыгадай камынып,
Кайран Чоро канетет
Кайыптан акыл табылып,
Эр Кыязды көргөндө,
Элтеңдеди Күлчоро.
Билегинен сап кетип,
Жүрөгүнөн кап кетип,
Буту кетип салактап,
Көзү кетип алактап,
Кол куушуруп сабылып,
Багыштын уулу Кыязга
Салам берди сабылып:
«Салоодон салоомалеким,
Санжыргалуу Кыяз эр!
Кулуң келди камынып,
Байым, сага жалынып!»
Күлчорону көргөндө
Душмандыгын билди эми,
Өлтүргөнү ал Кыяз
Мыкыйында күлдү эми.
Күркүрөдү күүлөнүп,
Карагулга сүйлөнүп:
«Ата-а, сени Карагул,
Бу кутурган куу кулга
Калайманды баштабай,
Эмгиче союп бу кулду
Тындым кылып таштабай!
Айтпадым беле мен бая,
Укпады беле ал бая!
Кашайта көзүн ойбостон,

www.bizdin.kg

Эмгиче кармап сойбостон.
Ажалың жеткен бу кулдун
Азыр башын алайын,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарайын!
Кашайта көзүн оёюн,
Кутурган кулду соёюн!» –
Деп, ошентип, эр Кыяз
Кара жаак айбалта
Кармай калып имерди,
Шай колдогон Чорону
Жыга чаап жиберди.
Артык Кыяз чапканда
Алдан тайып алсырап,
Баатыр Чоро жыгылды.
Кыяз кандын алдына
Алсыз Чоро кулады,
Кабырганын баарысы
Муштум тийип кыйрады,
Күшүлдөтүп тепкилеп,
Чорону Кыяз кыйнады.
Багыштын уулу эр Кыяз
Эми айбатын саларда,
Эстен кеткен Чоронун
Башын кесип аларда,
Ордодо катын Айчүрөк
Келгендерден кеп угуп,
Алмамбеттин Чоросун
Өзүң көргөн Кыяз кан
Өлтүргөн атат деп угуп,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Жеңеңдин көзүнүн жашы төгүлүп,
Бөдөнөдөй көзүнөн
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Карагаттай көзүнөн
Камчы бою жаш кетип,
Мурдунун суусун тарта албай,
Көзүнүн жашын арта албай,
Ыйлап ийип чыркырап,
Боздоп ийип буркурап,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Күйүп жанып чок болуп,
Айчүрөк жетти жүгүрүп:
«Күйбөстөн мурун күйгүздүң,
Күйүп өлгүн, эр Кыяз!
Бышпастан мурун бышырдың
Бышып өлгүн, эр Кыяз!
Кул-кутанга кол салган
Эрен сендей болобу?!
Кутургандай жулкундуң,
Сени эр адам деген оңобу!?
Ата, оңбогон Кыяз, оңбой кал,
Эгерде эки болбой кал!
Ар качандан бир качан
Күң-кулуңду кордодуң,
Оңбогон Кыяз оңбодуң.
Сан жыйылган топ беле,
Сандап аткан элиңде
Олжого келген бизчелик
Күңү-кулуң жок беле?
Бышпастан мурун бышырдың,
Бышып өлгүн ой Кыяз!» –
Кайраттанып Айчүрөк
Тоодой болгон Кыязды
Тоголото түрттү эле,
Томуктай болгон Чорону
Астынан сууруп алды эле.
Тоодой Кыяз мен десем,
Томуктай Кыяз экенсиң!
Кайра тартпас чын жайды
Көрчү Кыяз экенсиң!
Ай-талаада дардайып
Сен, өлчү Кыяз экенсиң!
Токтой тургун, эр Кыяз
Эр Кыяз, сенин айыңдан
Ак куу кебим кийбесем,
Асмандап учуп жүрбөсөм,
Түгөтө чырым кылбасам,
Атам Акундун колун жыйбасам.
Жамгыр кылып жаа тартып,

www.bizdin.kg

Мөндүр кылып ок атып,
Сенин тобуңду бекем кырбасам!
Тобуңа тозок салбасам,
Токтотпой өчүм албасам,
Сенин кыйрыңа кыргын салбасам,
Сенин кылычтап башың албасам!
Аштыгың көпкөк орбосом,
Айылың менен сорбосом!
Атам кан Акун колун жыйбасам,
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Өлсөң бар го эр Кыяз
Ашкере чырды кылбасам,
Айылдуу журтуң кырбасам!
Балааны башка салбасам,
Арманың болсо эр Кыяз
Сенден капкайда кегим албасам!
Акундун элин чакырып
Байлатпасам дөөңду,
Чыгарайын эр Кыяз
Капкайда өткөн кээнди!»
Акундун кызы Чүрөктүн
Айдай катын дүмөктүн,
Ургаачыдан эрендин
Ургаачы жолборс берендин,
Кайран жеңең долуну,
Катын деген оңобу,
Ушундай жеңең долуну,
Ургаачы деген оңобу.
Муну укканда эр Кыяз
Боконо сөөгү болк этти,
Кылса катын кылат – деп,
Эчен түрдүү кылар – деп,
Ошондо Кыяз муну айтат:
«Оңбогон Чүрөк оңбойсуң,
Ар качандан бир качан
Кайратыңды койбойсуң.
Тындырат элем мунуңду,
Айдай Чүрөк болбосо,
Өлтүрөт элем кулуңду!»

Ырсаңдап күлүп эр Кыяз,
Эми ачуусун койду эле,
Мына ошондо Айчүрөк:
«Наадан Кыяз кебимди ук!
Туягы бүтүн тулпар жок,
Канаты бүтүн шумкар жок,
Минте берсең ой Кыяз,
Суу жайбасам үйүңө
Карангүн Кыяз тура тур,
Өлбөсөм бир жетермин түбүңө!
Кызыл-тазыл кымбаттын
Кыргагын тытсам бөлүнбөйт,
Кыргыздан тийсе колуңа
Кылчаяр түрүң көрүнбөйт.
Акундан айла жок болсо
Куулуп кебим кийбесем,
Куркулдап учуп эр карап,
Жер үстүндө жүрбөсөм.
Ашуусу бийик аскардай,
Белден жыйнап келбесем,
Ай-аалам журтту буй кылган,
Шерден жыйнап келбесем.
Олжо болуп, кор болуп,
Кул жыйсаң көөнүң ток беле,
Биздей бир күңүң, кулуң жок беле?
Ар качандан бир качан,
Алдыңды темир тор кылдың,
Каарланып журт кырып,
Мынча сен неге кор кылдың?
Кулжуңдайсың эр Кыяз,
Кулга тийген оңорбу.
Баатыр баарыдан жаман иш кылдың,
Баатыр сендей болобу» –
Бели тутам, бети айдай,
Белгилүү Чүрөк жеңең ай,
Берендигин билгизди,
Ажыратып Кыяздан,
Айласы кеткен Чорону
Жеңең ак ордого киргизди.
Ак ордого киргенде

www.bizdin.kg

Көңүлү кетти бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Олжого кетип кар болуп,
Кыйын мүшкүл Чорону
Бир көрүүгө зар болуп.
Күндүк менен минетип,
Кулдук менен күн өтүп,
Кол бекинип байланып,
Кордук көрүп зарланып,
Акыл кетип түн болуп,
Аябай мүшкүл күн болуп.
Күркүрөп Кыяз зор болуп,
Күлчоро шордуу кор болуп,
Түшкөнү темир тор болуп,
Кечкени калың шор болуп.
Жедигердин эр Кыяз
Терең казган ор болуп,
Амалын таппай кайгырып,
Калган экен Күлчоро
Алты сандан айрылып.
Башында Чоро зор болуп,
Балаалуу шумдук ушундай
Зордуктан Чоро кор болуп,
«Өлөйүн» – деп өлө албай,
Өз жанын өзү кыя албай,
Кулдук менен күн көрүп,
Азап менен суу ичип,
Күчтөн тайып алдырап,
Күркүрөгөн чат кетип,
Калган экен жалдырап.
Анча Чоро келбесе
Кайра тартпас чын жайды,
Көрө турган кези экен,
Кас ажал жетип Күлчоро
Өлө турган кези экен,
Көркөмү кетип Чоронун
Көзү калган алаңдап,
Буту калган салаңдап,
Өлбөй жаны чыркырап,
Толтура сөйкө таш кайрат
Такыр кеткен быркырап,
Чамаа чарчап күчү жок.
Багыштын уулу Кыязга
Желигип кылар иши жок,
Тирүү десе жанда жок.
Ааламга балбан Чоронун,
Кыязга кылчу алы жок.
Бир кезекте Күлчоро –
Шай колдогон шер эле,
Билеги жоон таш жүрөк,
Бил мүчөлү бадырек,
Билсеңиз мындай эр эле.
Сары оору болуп саргарып,
Көрө турган кези экен.
Көп мүшкүл көрүп Күлчоро,
Өлө турган кези экен.
Кара жака кементай,
Кат-катынан бөлүнгөн.
Жакадан бити төгүлгөн.
Жазайыл кордук чоң мүшкүл
Ошояктан көрүнгөн,
Айдай катын Чүрөктүн,
Миң амалдуу дүмөктүн,
Кыялы тентек катындын,
Кай амалын билебиз,
Кылпылдаган капырдын.
Белгилүү жерде ак сарай,
Анын бекемдиги бир далай.
Даңгыраган чоң сарай,
Анын канчалыгы бир далай.
Айланасы сепилден,
Дарбазасы темирден,
Мамылары кырдалуу,
Аңгыраган карандын
Айланасы сырдалуу.
Бекемин адам билгидей,
Үстү менен катарлап
Үч араба жүргүдөй,

www.bizdin.kg

Заңгыраган сарайга
Каалап кийирди Чорону.
А сарайга кирген соң
Оозун опсуз бекитип,
Чорону жанга алды эле.
Күндөй катын Айчүрөк
Эченди билген эски күң,
Беризаада беренің,
Айдай бети жылтылдап,
Алтымыш топчу, кырк ачкыч
Көнчөгүндө* шаркылдап,
Көрсөң жеңең Айчүрөк
Күндөй бети жылтылдап,
Күдөрүдөй* былкылдап,
Чорону көрүп чыркырап,
Болукшуган бейтаалай
Болкулдап ыйлап буркурап,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Чыркырап ыйлап сабылып,
Күйүп-бышып Айчүрөк
Күлчорого жалынып:
«Каралды элең, шер элең,
Олжого бу баш кеткенде
Каралдыбыз сен элең.
«Өлөйүн» – деп, арыман,
Өлбөй тирүү жүргөнүм,
Уулуке сенин барыңан.
«Кетейин» – деп арыман,
Кетпей аман жүргөнүм,
Олжого Кыяз алганда –
Башыма мүшкүл салганда,
Эсебим жаман тапканда,
Капталым жара чапканда,
Күндөй жеңең Айчүрөк –
Күнөөкөр болуп байланып,
Айланы таппай зарланып,
Капчалдай башым жол болуп,
Кайран башым кор болуп,
Каңгырап бери чыкканда
Жин оорудай дел болуп,
Жараткан жалгыз Жапардан –
Тилегеним сен болуп,
Калдым чачпай канымды,
Кыйбай калдым жанымды.
Өлтүрбөдүм өзүмдү,
Өзөлөнгөн эр уулум,
Бүгүн көрдүм көзүңдү,
Кечиктиң келбей жаманат,
Керектен калган жалгызың
Бүгүн берем аманат.
Тулпардан калган туякты,
Багып жүрүп чоңойттум,
Туйгундан калган чунакты.
Жоболоңдуу ининди
Жолдош кылып алыңыз,
Жоого дүмөк салыңыз!
Капанын баарын жоюңуз,
Уулуке, кадимкидей болуңуз!
Келеңкор* чачпак, кең соору,
Керилген жеңең мен элем,
Ак марал айдап, уй кылган,
Ай-ааламды буй кылган.
Кездешкенди мент кылган,
Тар жерди бузуп жол салган,
Далай жерге кол салган,
Табылбас кыраан сен элең.
Абакеңди санасак,
Жеткилең боздоп күйөбүз,
Туурунда Чоро калды – деп,
Тилегин тилеп жүрөбүз.
Эл Чолпону сен элең,
Эл энеси мен элем!
Уулуке, сенин барында
Өрттөнүп, жанып күйчүбүз.
Уулукем качан келет – деп,
Мен кара бет Айчүрөк
Сени каалап жүрчү элем.

www.bizdin.kg

Белести бузуп жол салдың,
Бээжинди бузуп кол салдың.
Ташты бузуп жол салдың,
Ай-ааламга кол салдың.
Арбагың бийик шер элең,
Уулукем Чором барында
Балакет кайда дечү элем.
Качырган аман кетпеген
Кабылан көкжал сен элең.
Кан казына кетпес мүлк
Какшаган жеңең мен элем.
Түгөнүп калсын куу дүйнө –
Түбүнөн буздуң Ооганды,
Түптүү журт кайдан соо калды.
Күнжүт, Котон жерди алдың,
Индустанга кол салдың.
Бурулуп тулпар баспаган,
Жерде бүтүн калбаган,
Күлчоро айза сайбаган
Элде бүтүн калбаган.
Баатыр да элең, шер да элең,
Суза берсе түгөнбөс,
Дарыя чалкар көл элең,
Оттосо чөбү түгөнбөс,
Дардайган өрөөн төр элең.
Боз жерге тоодак токтотпос,
Боз ала тынар куш элең
Эр султанга кез болгон,
Болжолсуз болот курч элең.
Добул келсе жел тийбес
Булуңча токой чеп элең
Душманга моюн бербеген,
Ач арстан шер элең,
«Арыстан уул качан келет» – деп,
Тилеген жеңең мен элем.
Олжо болуп Кыязда
Омуроо көрүп көп жүрдүм.
Оюман кетпей сен уулум,
Качан келер – деп жүрдүм.

Бактымды Кудай ачкан бейм,
Жоголгон эрен табылып,
Жок кишим кайра кабылып,
Кеткеним кайра табылып,
Кейигеним жабылып,
Көрүнө Кудай берген бейм!
Көрүнбөй кеткен жоголуп,
Көкжалым уулум келген бейм,
Тилеп жүрдүм чыркырап,
Кеткениң билип калгамын,
Абакеңдин ок өтпөс
Чогуусу менен кайран жан
Чоң куржунга салгамын.
Чогуусу менен түйгөмүн
Келсең уулум кийсин – деп,
Кажыбай жоого тийсин – деп,
Кыргынды кызык салсын – деп,
Жедигердин Кыязын
Узунунан салса – деп,
Кетпеген кегин алса – деп,
Жети-Өзөндө жедигер
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарса – деп,
Кымбаттуу кызык мунум бар,
Кызыталак, уулум, угуп ал:
Каалап койдум бир чепкен –
Аркагы темир, жеңи жез,
Калыңдыгы жарым кез,
Туштап октон солодум,
Туура урушка жорогон,
Казына абдан корогон,
Жарабаса сөктүргөн,
Болот эгеп, желимдеп
Туш-тушуна төктүргөн.
Болоттон кылган шибеге
Болжолу жок балбандар
Күпүлдөтүп кайыган,
Айза менен муштаса
Бузулуп учу тайыган.

www.bizdin.kg

Душман менен салышса,
Маңдайлашып алышса,
Ок жаңылар бекен – деп,
Муну билбей койсоң бекер – деп.
Алдырып ийип жаманат,
Кымбат баа ок өтпөс,
Кыйрымды Кыяз алганда,
Буздуруп ийдим жаманат.
Муң чечер уулум кийсин – деп,
Ала келдим аманат,
Белекке бердим кийип бак!
Белсенип жоого тийип бак!
Каалап берген ок өтпөс
Кадырлаш уулум кие көр,
Качырып жоого тие көр!
Жети-Өзөндө жедигер
Өндүрдөн тийгин бээсин,
Чыгара көргүн кулдардын
Капкайдагы кээсин.
Канын каран сала көр!
Капкайда кекти ала көр!» –
Деп, ошентип, Айчүрөк
Араң жан келген куу кулдун
Өрттөп жанын күйгүзүп,
Ок өтпөс тонду кийгизип,
Түрлөнтүп түрүн баштантып,
Бая кулдукка кийген кементай
Анын баарын таштатып,
Баатырсынган эр Кыяз
Бакырык салып жетер – деп,
Оолуга кетсе окустан
Берен Чоро башына
Айбалта тийип кетер – деп,
Алсыраган Чоронун
Ажалы бөйдө жетер – деп,
Билбей койсом бекер – деп,
Жеңе катын Айчүрөк
Жетиктигин билгизди,
Күлчоронун башына
Көк темирден туулга*
Көмкөрүп башка кийгизди.
Кийген тондо бөлүм жок,
Ата куруп калган Чородо
Кудайдан ажал болбосо,
Киши жактан өлүм жок.
Жеңесинен Күлчоро,
Ок өтпөгөн суп кийип,
Ойлонсо киймин куп кийип,
Мына ошондо Айчүрөк
Ок өтпөстү кийгизип,
Кайран жеңең Айчүрөк
Суусаганда бал берип,
Аш-тамагын жай берип,
Кызыктуу кептен баштатып,
Багылан* козу, ширин баш
Бор кайнатып таштатып,
Кантын кардай опуруп,
Сары майдан томуруп,
Кардын чайга толтуруп.
Кайгы кетип сүйүнүп,
Ок өтпөс кийим кийинип,
Ооруган дарттар басылып,
Умачтай көздөр ачылып,
Чер кумарлар жазылып,
Үзүлгөндөр уланып,
Чачылгандар жыйналып,
Жеңесин көрүп Күлчоро
Жетилген шер болуп,
Желигип кубат кан толуп,
Кулдуктан башы оңолуп,
Суусун канып кан толуп,
Күлчоро жайы ушундай

www.bizdin.kg

АЙЧҮРӨК СЕЙТЕКТИ КҮЛЧОРОГО КӨРГӨЗҮП ТУРГАН ЖЕРИ

Мына ошондо Күлчоро,
Канатынан кайрылып,
Канкорунан айрылып,
Кулдук менен күн өтүп,
Куурап калган минетип.
Жеңеси кийим кийгизип,
Жан кубантып турганда,
Убактуу сөзү кеч болуп,
Көкжалдан калган Сейтекти
Бир көрүүгө Чоронун
Эки көзү төрт болуп.
Күйүп-жанып жүрөгү,
Куурайдай болуп билеги,
Баатырдан калган жетимди
Байкап туруп көрсөм – деп,
Ошондо турат тилеги!
Күйүп-жанып кар болуп,
Эр Сейтекти көрүүгө
Эрте айткан сөзү кеч болуп,
Акылдан тантып алдырап,
Устукан сөөгү шалдырап,
Эки көзү төрт болуп
Күлчоро турат жалдырап.
Жалдыраган себеби:
Өйдө тартса өбөгү,
Ылдый тартса жөлөгү,
Адырдан аккан булагы,
Армандуу жандын ынагы,
Айкөлдөн калган чунагы.
Өлчөгөндө өбөгү,
Канкордон калган бөбөгү,
Баатырың бөбөгүн көрбөй өлөрбү.
Айланып учар канаты,
Бир көрүүгө чоң кумар
Күлчоронун адаты.
Ичи өрттөнүп чок болуп,
Кулдук тартып кар болуп,
Бая кургандан калган балага
Бир көрөргө зар болуп,
Көңүлү сайлап бөлүнүп,
Көп мүшкүл көзгө көрүнүп,
Ашып-шашып сабылып,
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Айчүрөккө жалынып:
«Ойрон жеңем Айчүрөк,
Өзөндөн аккан булакты,
Көргөзсөң боло көзүмө
Беренден калган чыракты!
Бозала туйгун болпоңду,
Боз карчыга чолпонду,
Алып кел, жеңе, өзүмө,
Көзүмдү ачып көрөйүн,
Оозумду ачып өбөйүн,
Боорума басайын,
Капанын баарын чачайын!
Кайра туулуп кайран жан
Жөн өлгөндөй кылайын,
Алакең кандан Күлчоро
Төрөлгөндөй болоюн,
Ой-тоодон эрен жүгүрсүн,
Бүгүн ойронум абам тирилсин!
Эки беттен аккан жаш,
Этекке агып сел болсун,
Көңүл толкуп көл болсун,
Бүгүн көмүлүп жүргөн Күлчоро
Ала-Тоодой заңкайып,
Арман качып, эр болсун!
Беренден туулган Сейтекти
Белиме таңуу кылайын,
Беттешерим эр Кыяз,
Береним абамдын кунун кубайын!

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кыжылдаган жедигер
Кыйындап туусун жыгайын,
Багыштын уулу Кыяздын
Чама келип, күч жетсе,
Аңгекке башын тыгайын.
Чатакташса минтейин
Чалкалаган чочконун
Бир бокчосун тинтейин,
Аштыгын көпкөк ороюн,
Айлам келсе Кыязды
Айдап жүрүп сороюн.
Талаадан тийип бээсин,
Талкалайын мээсин,
Олжо кылып төөсүн,
Оңшойтуп союп дөөсүн,
Эшектей кардын эшүүдө
Эсим турак акмакка,
Эптеп башын кесүүдө,
Урушканым эр Кыяз,
Учурканым Семетей,
Жоолашарым Канчоро,
Жоготконум Семетей.
Оюм кетет жеңеке,
Ардыктан азап көрүүдө,
Арманым калың, дартым күч
Алышып жүрүп өлүүдө,
Кашыкча көрбөйм канымды,
Кан абам көкжал шер үчүн
Кашыкча төгөм канымды,
Түк аябайм жанымды.
Багыштын уулу Кыяздын
Эптеп жинин каксам – деп,
Жети-Өзөн толгон жедигер
Жеткилең айдап чапсам – деп,
Эрендерин сойсом – деп,
Ыйлап айтар кебим бар,
Ичимен кеткис кегим бар.
Чабышып чатак салышсам,
Чалкалаган ит менен
Көрбөгөн жерден калышсам.
Таластан чаап көчүмдү,
Тарчылык мүшкүл каран иш,
Алалбай турам өчүмдү.
Далымда жарам жоголсо,
Дардайган Чороң оңолсо,
Чиер белем сызыкты,
Баштар элем бузукту.
Кыязды Чоро алды – деп,
Баштаар элем чатакты,
Билинтер элем атакты.
Курсак кайнап ич күйүп,
Көрүп турган кезегим.
Чама чарчап ал кетип,
Өлүп турган кезегим.
Кыраан элем жер болуп,
Арслан элем кайран баш,
Казылган кара көр болуп,
Көрүп калган кезегим
Тирүү десең санда жок,
Өлүп калган кезегим.
Ошол өлгөн жанды тиргизчи,
Жеңелигиң билгизчи.
Жеткилең абам барында,
Жетик элем кубаары
Омуроом чырмап ок тийип,
Ороло албай турамын.
Колум сынып, бут калып,
Тороло албай турамын.
Кечирим жоого кестирип,
Чоңоё албай турамын.
Аркалап отун көтөрүп,
Каарлуу элге кабылып,
Бет алалбай турамын.
Карагул болду байыбыз,
Кыйкырса кетет жайыбыз.
Айдай жеңем Айчүрөк,
Адамга салдың чоң дүмөк.
Бөлүнтүп ийбе санааңды,
Бөлөктүн уулу дегизбе,
Бөйрөктөн чыккан баланды.

www.bizdin.kg

Арман кылып ыр кылдым,
Ук, Айчүрөк, муңумду!
Көзүмдү ачып көрөйүн,
Оозумду ачып өбөйүн,
Алып кел жаңгыз уулуңду!
Эрен болсо жалгызың
Белиме таңуу кылайын,
Берендин кунун кубайын!
Кереге-талын кыйратып,
Чуу кылганы чунактын
Келин-кызын ыйлатып,
Тобуна тозок салайын,
Толгонтуп Кудай көргөзсө,
Толукшуп аткан Канчоро
Өпкөсүн сууруп, өт алып,
Качанкы жинин кагайын.
Менин кайран энем Каныкей,
Картайганда энеме,
Баатыр Бакай төрөгө
Бир садага чабайын!
Кашайта көзүн оёюн,
Таластан басып соёюн!
Ичиндеги кара кан
Шимирип жутуп тоёюн!» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Каарланып калганы,
Калбаган кылча дарманы,
Куруп калган байкуштун
Ичинде далай арманы.
Айтып оозун жыйгыча
Ачып көзүн-жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Эликтей чуркап түйүлүп,
Эсеби жок бейбактын
Эптүүлүгү билинип,
Бөлүнтүп мүшкүл санааны,
Ак сарайга жүгүрүп,
Алып келсе баланы,
Өзөндөн аккан булакты,
Өлгөндө көргөн чунакты,
Кейисе чачын өргөнү,
Кечигип жүрүп көргөнү,
Маңдайында барааны
Көргөнүндө көөнү ток,
Баатыр өткөн көкжалдан
Каалап алган белеги.
Адырдан аккан булагы,
Айкөлдөн калган чунагы,
Колундагы желеги,
Туу казанат баатырдан
Алып калган кереги.
Олжого келип туулган,
Ааламга салат чуулган.
Тилегин Кудай берген кез,
Ай бөксөрүп күн өтүп,
Арадан канча жыл өтүп,
Күйүт менен күн көрүп,
Түтүк менен суу ичип,
Күйүгүп көргөн эр Сейтек,
Тилегин Кудай берген кез.
Ушу быйыл чунагың
Он эки жашка келген кез.
Жети-Өзөн жер деп кайрылып,
Кең Таластан айрылып,
Жылгынды Талас жер калып,
Жыргалдуу кыргыз эл калып,
Таланга түшүп кайгырып,
Курсакта калып куу чунак,
Атасынан айрылып
Жети-Өзөн качып жер кылып,
Атасынан ажырап,
Энеси Айчүрөктү дем кылып,
Жети-Өзөндөй кайран жер
Эби менен жер кылып,
Жети-Өзөндө жедигер
Эби менен эл кылып,
Кордолуп жүрүп оңолуп,
Атасыз калып чоңоюп,
Кетилип жүрүп жетилип,
Тоюна токсон союлуп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Аты Сейтек коюлуп,
Энесинен кеп угуп,
Эли кыргыз деп угуп,
Атактуу Талас жери – деп,
А Таласты жердеген
Талашып душман жеңбеген,
Өнөгүн жанга бербеген,
Өңгөчө кыргыз эли – деп.
Үч-Кошой, Талас, кең Чаткал
Жери болот деп угуп,
Жердеп турган кайран журт
Эли болот деп угуп,
Ээликсе элик атышкан,
Эрикпесе жөн эле
Элкин ойноп жатышкан.
Эл казыгы кайран журт
Эли болот деп угуп,
Оймолуу килем, он жагдан
Желеси болот деп угуп,
Жер соорусу Ала-Тоо
Тоосу болот деп угуп,
Бул Ала-Тоо мөмөсү –
Олжо катын Айчүрөк,
Энеси болот деп угуп,
Кара дөөдөн кеп угуп,
Калкы кыргыз деп угуп,
Орой дөөдөн кеп угуп,
Ороюң бөлөк деп угуп,
Манас баатыр чоң ата,
А Семетей өз ата.
Адырдуу Талас, Кең-Колдо
Айылы болот деп угуп,
Сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон.
Караңгыда айдаса,
Кабыландай жойлогон,
Атышка салса акжолтой
Аламан салса сан колдой,
Чамынганды жазбастай,
Чапканы аман болбостой,
Чамынганы жолборстой,
Кайсаганы камандай,
Кабылышы шамалдай.
Оңжоңдогон шердиги
Атасынан бабасы,
Шер экенин карачы,
Секиден аккан булакты,
Атасы көкжал баатырдан
Артыла туулган чунакты,
Алып жеңең жетелеп
Муңканып турган Чорого,
Бурулуп алып кирди эле.
Эл бийлеген төрөдөй.
Кулагына кулагын,
Куюп койгон немедей.
Мурунуна муруну,
Булгагандай көрүнүп,
Баш териге баш тери
Каптагандай немедей,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Алдыңкы ээрди балбайып,
Калдайчынын кабындай.
Кирпиги жалын, көзү чок,
Кишиде мындай шумдук жок.
Көркөмү бөлөк көзү тик,
Көп адамдан сөзү тик,
Кабагы калың буткулдай,
Карасаат куу бала
Кармашса жанды жуткудай.
Эл бийлеген балбандай,
Кудай Таала бендесин
Жаратат экен ар кандай.
Чымырканып чамынса,
Чындап жоону алгандай.
Кабагы бийик, заары күч,
Катылганды кылар түз.
Эрдигин көрсөң баланын,
Эсилдүү жайдан күдөр үз.
Бой-келбети бөлөкчө
Болжосо тоодой көрүнөт.

www.bizdin.kg

Карап турган адамдын,
Акылы айран бөлүнөт.
Абасы көкжал Семетей
Дал өзүндөй көрүнөт.
Чымындай жанга керектин
Чын эле Манас көкжалдын
Өзүнөн калган белекти,
Арышы жетип экөөлөп,
Асылдан калган чунакты,
Күйүттүү Чороң үстүнө
Алып кирди жетелеп.
Жетелеп кирип караса,
Көкжалдын кара көзүндөй,
Семетейдин өзүндөй!
Көкүрөгү колоттой,
Кашкайыңкы кайран тиш
Таптап койгон болоттой.
Оозундагы илеби
Орто белдин желиндей,
Оолукса бул бала
Ай-ааламды жегидей,
Балбандыгы башкача
Баатырдыгы бир канча,
Баланын жайы ушундай.
Кирпиги жалын, көзү чок,
Кишиде мындай шумдук жок,
Оолукса жөн эле
Олушканды жегидей,
Карасаат баланы
Семетей уулу дегидей,
Күйүп турган чок чыгып,
Жалындаган от чыгып,
Жаралган адам уулунан
Мындай тентек жок чыгып,
Баатырдыгы шердиги,
Карасаат баланын
Атасын тартат эрдиги.
Журт коркуткан балбандай,
Эл бийлеген зарлардай,
Эңишкен аман калабы,
Күлчоронун кашына
Ичке жолун төтөлөп,
Бозала туйгун болпоң – деп,
Болумдуу туулган Чолпон – деп,
Кара кашка тынар – деп,
Өлгөндө көргөн чунакты
Алып үйгө киргенде,
Эр Семетей көкжалдын
Баласы Сейтек өзүндөй,
Өзү түгүл баатырдын
Караган кара көзүндөй.
Эл башкарган төрөдөй,
Баш-териге баш-тери
Каптап койгон немедей.
Эң жаңыртып көкжалды,
Каптап койгон немедей.
Маңдай тиши кашкайып,
Сомдоп чапкан күрөктөй,
Качырганы баланын
Жоо баатыры дүмөктөй,
Чамынышы жолборстой,
Чалышкан аман болбостой.
Эки ийнине эрендин
Эки адам азыр конгондой,
Эки бети эң шумдук,
Эки даңгыт тойгондой.
Оолукса Кыяз, Канчоро
Каттап жутуп койгондой.
Чалгынынан баланын
Чатырап сан кол качкандай,
Каарланса жүз жанды
Куткарбай чогуу баскандай,
Абайлаган душмандар
Көзү көлдүн ордундай,
Көрсө жанды соргудай,
Айбатын көргөн адамзат
Акылдан танып качкыдай,
Ар адамдын баарысы
Амалын таппай шашкыдай,
Бой-келбетим караса

www.bizdin.kg

Орто кыраң белиндей,
Оолукса жөн эле
Беттешкенди жегидей,
Эр мүчөлүү шер экен.
Ай-ааламды буй кылган,
Адамдан ашык эр экен.
Чактап чама келгисиз,
Чабышса жанды жегидей,
Катуусу болот темирдей,
Качырса жанды жегидей,
Бою орноткон чынардай,
Болбогурдун тукуму
Кыргын салбай туралбай,
Толкуну көлдүн шарындай,
Көп сүйлөсө жалындай.
Өрт оозунан бөлүнгөн,
Кара болот кайсардай,
Өткүрлүгү көрүнгөн.
Бет алышса сан колго,
Барчу сыны көрүнөт.
Кармашканга калайман,
Салчу сыны көрүнөт.
Катылганды буй кылып,
Кармашканды шум кылып,
Көз болгонду чуу кылып,
Салчу сыны көрүнөт.
Кыяз турмак кылымды,
Кытай кылым Урумду
Алчу сыны көрүнөт.
Касташканга дүрбөлөң
Салчу сыны көрүнөт.
Комдонгону арстандай,
Койгулаша кеткенди
Беттесе кырып жаткыдай,
Ай кулагы калкандай
Алагай көзү чолпондой
Беттеп бенде барабы?
Берениңдин уулуна
Беттешкен тирүү калабы?
Бою тегиз чынардай,
Болжолу жок эрендин
Жан жаратып жараткан,
Жасаган экен беренди.
Кара чаар кабылан
Казыр жара тартчудай.
Чолок көкжал арыстан
Жандаганы сур жолборс,
Жакында мындай жан болбос,
Берендигин караңар
Бет алдынан чамынып,
Алтымыштай кара нар
Кайраты катуу, заары күч,
Калдайга кыргын салгыдай,
Кабылгандын баарысын,
Түк чыгарбай алгыдай,
Адамзат бендеден
Жаралат экен ар кандай.
Туура боюн караса
Туу кармаган балбандай,
Журт бийлеген зардалдай.
Бою тоонун сеңирдей,
Ар кайраты баланын
Көөрүктүн ооз желиндей.
Көркөмдүгү баланын,
Орто ашуунун белиндей.
Эки көздүн чуңкуру
Саздак суунун быткылдай,
Качырганын жөн эле
Кайсап бүктөп жуткудай.
Кең-кесири маңдайы
Керилүү тоонун чалкактай,
Болжолу тоонун теңиндей,
Болумдуусун көрдү эми.
Өксөп турган Күлчоро
Баланы көрүп алганда,
Дене бою чок болуп,
Көзү күйгөн от болуп,
Эрте сөзү кеч болуп,
Төрөнүн уулу чунакка
Эки көзү төрт болуп,

www.bizdin.kg

Эбедейи эзилип,
Эт тырмагы созулуп,
Ичи өрттөнүп чок болуп,
Өчкөн оту тамгандай,
Өлчү жаны тирилип,
Тилегин Кудай бергендей,
Жоголгону Семетей
Тирилип бүгүн келгендей.
Бакыр болгон Чоронун
Агарып өңү суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Омуроо ылдый куюлуп,
Армандуулар кезигип,
Ичи өрттөнүп эзилип,
Жоголгондор табылып,
Жолу каткан Чоронун
Абийири бүгүн жабылып,
А баланы көргөндө
Күлчоро күйбөй турабы,
Эки беттен аккан жаш
Омуроо ылдый кулады.
Кыйкыргандан өкүрүп,
Кудайга үнү угулду,
Өзөлөнгөн Күлчоро
Баланы баса жыгылды.
Кучактап алып Күлчоро,
Ыйлап турат чыркырап.
Боорго басып жетимди,
Ыйлап турат буркурап.
Күлчоро кармап турганда –
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Караган жандын баары ыйлап,
Ал ыйлаган көп адам
Өз кайгысын жеп ыйлап,
Эренге мүшкүл күн тууса
Ушундай болор деп ыйлап,
Ага-инилүү кезигип,
Жуурулушуп турду эле,
Ак бөкөндүн кылындай
Суурулушуп турду эле.
Коктудан аккан булактай,
Кезигишип турду эле.
Ашык болуп бышышып,
Эзилишип турду эле.
Көргөн бенде кубанып
Коргошундай көйкөлүп,
Арыстандай үндү чыгарып,
Боорго кысып болкулдап,
Башы, мууну Күлчоро
Боздоп атат солкулдап,
Тилеп жүргөн мунарбы?
Абаман калган чынарбы?
Баатырдан калган бар кегим
Төрөмдөн калган айнегим,
Куурап абаң минетип,
Кулдук менен күн өтүп,
Түтүк менен суу ичип,
Өлөйүн деп өлө албай,
Өз жаным өзүм кыялбай,
Өзүм ажал алалбай,
Өткөрө кордук чын мүшкүл
Кайран башым көргөндө,
Бышып-жанып көп жүрдүм,
Төрөмдөн калган каралдым,
Качан көрөм деп жүрдүм?
Жакалуу кара кементай,
Отун алсам бөлүнүп,
Азаптуу жак кезигип,
Кечирим жоого кесилип,
Казганым калың ор болуп,
Кайгырып абаң кор болуп,
Өксөсөм Кудай алалбай,
Өкүрүк салдым курган жан
Өзүм басып бара албай,
Кирейин десем жер катуу,
Өлөйүн десем жан таттуу,
Өлбөй-житпей күн көрүп,
Нетейин деп жүргөнүм.
Бир караанын баланын
Көрөйүн деп жүргөмүн,

www.bizdin.kg

Андан кийин дүйнөдөн
Өлөйүн деп жүргөмүн,
Көрдүм жетим көзүндү
Беренден калган чунагым,
Каалап көрдүм өзүндү.
Көрүүгө шаштым энтеңдеп,
Көтөрдүм отун темтеңдеп,
Жылкычыдан келтек жеп,
Талоон көрүп сабылып,
Жонума келтек жабылып,
Таксыр айла кылгын – деп,
Карга кулга жалынып.
Абакең жүрдү союлуп,
Чапчышканга чама жок,
Далымда кечир оюлуп.
Буудансынган абакең
Булгаарыдай ий болуп,
Көргөнүм ызы-чуу болуп.
Аш ордуна ичкеним
Тогуздан чака суу болуп,
Талпак сындуу керилип,
Жылкынын бодур томугу
Аш ордуна берилип,
Абаң көрдү талоонду,
Кайран жан жеди сабоону.
Кол токмок тийип жонума,
Чегедек кирип соорума,
Отун алып жөнөдүм,
Ар күнүнө үч убак
Тикенекке бөлөндүм.
Балбандарга таландым,
Жылкычыга сабалдым,
Отун алып көп жүрдүм,
Белекке калган жетимди,
Өлбөсөм көрсөм деп жүрдүм,
Менин көргөн кордугум,
Бендесине бербесин,
Балам, төбөмө түшкөн зордугун.
Мүйүзүм сынып мултуюп,
Токол болуп келгемин.
Кулагымдан ажырап,
Копол болуп келгемин.
Жал куйруктан ажырап,
Сопол болуп келгемин.
Эки көзүм оюлуп,
Эки далым союлуп,
Колго түшүп кайгырып,
Каралдымдан айрылып,
Кайдагы жиним кагылып,
Молдо болуп келгемин.
Колго түшүп кор болуп,
Кордук менен күн өтүп,
Жорго болуп келгемин.
Кол байланып көз жайнап,
Тордо болуп келгемин
Кайрылып адам чыга алгыс
Ордо болуп келгемин
Каруусу толук капырга,
Кайран Кыяз баатырга,
Мен олжо болуп келгемин.
Мен сындырып келдим мөмөмдү,
Мен берип келдим олжого.
Карыганда Каныкей,
Картайганда Чыйырды
Күндө өлтүрүп төрөмдү,
Тартып калды Таластан
Эки түгөй энемди,
Олжолоп калды элимди,
Сындырып калды белимди,
Кең-Колдон чапты айлымды.
Алып калды Канчоро,
Жамгырчы кызы Акбала
Акбала өңдүү зайыбымды,
Өлтүрүп салды чочколор
Эр Сарыкан дөөмдү,
Талкалады мээмди,
Чыгарды далай кээмди,
Байыркымды санасам
Ушу турган кабыргам,
Кат-катынан бөлүнөт.

www.bizdin.kg

Кашайган мүшкүл кымбат иш,
Кан абаңда көрүнөт.
Желигип кирди жедигер,
Улугу Кыяз эр чыкты,
Арадан душман Канчоро
Канчоро аттуу жер чыкты,
Сындырып ийди багымды,
Кыйратты алтын тагымды.
Эңгиретти элимди,
Сындырды менин белимди.
Талымды кесип сулатып,
Тамымдын баарын уратып,
Тулумдууну тул кылды,
Солкулдаган мырзаны
Таманга таптап жүн кылды.
Капкамын оозун кан кылып,
Кара жолум чаң кылды.
Кыйла балбан шерлерди,
Такыр кайсап кем кылды,
Таласта союп таштады,
Семетей аттуу дөөмдү.
Жайната муштап мээмди,
Чыгарды далай кээмди,
Маанисиз журтум таланды,
Өлүүбү-тирүү билбеймин
Баатыр Бакай абамды.
Саргартты Талас жеримди,
Сапырды кыргыз элимди,
Жалынсам укпай кебимди,
Кылычтап кырды кемимди,
Заманында Күлчороң
Бээжинди бузуп зор болуп,
Беренинен ажырап
Бейтаалай абаң кор болуп,
Атаң канкор Семетей
Шай колдогон шер эле,
Атаң өңдүү бир Кудай
Жан жаратып бендесин,
Жакында бербес дегеле.
Белдүү кыйын бел эле,
Бендеден чыйпайт дегеле.
Телегейи тең эле,
Ичиң карап отурсаң
Жер жүзүнөн кең эле.
Атаңдай кылып адамды
Жаратып бербейт дегеле,
Атаң көкжал кабылан,
Он төрт атын байлаган,
Орто Кең-Кол жайлаган,
Атыша чыга жоо келсе
Астыга салып айдаган.
Ачуусуна тийгенди,
Азууга салып чайнаган,
Балам, менин жайым ушундай.
Атакеңин сырдашы,
Асыл Чоро курдашы,
Алтайга минсе бууданы,
Атакеңдин тууганы,
Тай-кунандай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен,
Казы менен картаны
Тең бөлдүрүп жегизип,
Калың ногой, көп кыргыз
Кайсерде балан дегизген.
Энебиз Каныкейдин эмчегин
Ашкере тууган болсун – деп,
Экөөбүзгө эмизген.
Канчоро эмген сол эмчек,
Кара кочкул кан чыккан,
Күлчоро эмген оң эмчек,
Булактап аппак сүт чыккан.
Балдардан белги көрдүм – деп,
Шордуу энең ыйлаган,
Булак сүт чыккан Күлчоро
Энем Каныкей айткан кеби эле –
Аман болсо Күлчоро,
Мурун уксаң сөзүмдү,
Мураа болот өзүңө.
Ушу турган Канчоро
Туура айтканда сөзүмө,

www.bizdin.kg

Душман болор өзүңө,
Энекем айткан кеби эле
Душман болчу Чорону,
Көздөн жогот деди эле.
Кымбат энем Каныкей
Кылычтап башын ал деген,
Кыйлага тиер чатагы
Тындым кыла сал деген.
Кейитип ишин оңолт – деп,
Кеп кылган муң жоголт – деп,
Оңбогон абам оңбогон,
Оңурандап болбогон,
Тууган болсо бул жалгыз
Не жакшылык жыяр – деп,
Душман болсо бу бала
Не жамандык кылар – деп,
Каарлансам өлөр – деп,
Кастарын тиксе бу бала
Аяш атам Чубагын,
Чубактан калган чунагын,
Оңурандап оңбогон,
Оңбогон абам болбогон.
Уу ачытып күбүмө,
Канчоро жетти түбүмө,
Тел кулун союп жеп койду,
Тегеректеп жоо келсе
Тең тууган болом деп койду.
Акырында Канчоро
Арагын ичти кутуруп,
Абамды сойду жутунуп,
Кымызын ичип кутуруп,
Кыйрымды урду кутуруп,
Жалынган менен болгон жок,
Жалынсам жаным койгон жок,
Жалбарган менен болгон жок.
Айдап алды малымды,
Агызды суудай канымды,
Түгөттү менин арымды,
Олжого кыйып желемди,
Балталап кесип мөмөмдү,
Күң кылып калды Таласка,
Каныкей өңдүү энемди.
Олжолоп калды оңбосун,
Чачыкей өңдүү жеңемди.
Айдап тийди малымды,
Арыктап төктү канымды.
Татытып койду тузумду,
Талатып салды кызымды.
Эселек иттер ээлигип,
Ээсин капты жээлигип,
Керилген арам чогулуп,
Кең-Колдон чапты көчүмдү.
Кейип жаман кор болуп,
Алалбай келдим өчүмдү.
Талан кылды картымды,
Дарданданган иттерден
Өзүм жалгыз болгон соң,
Алалбай келдим дартымды.
Белимди бекем бууганга,
Береним абамдын кунун кууганга,
Тилим сүйлөйт дарман жок,
Тиктеген менен айлам жок,
Чапчышып чатак салууга,
Билегим жоон таш жүрөк
Мурункудай күнүм жок.
Кыймылдап эки колум жок,
Менин алты саным чогуу жок,
Менин териге батпас каным жок,
Теңир урган ит менен
Менин теминишер алым жок.
Жылкыдан тулпар кергитип,
Абандан баштагы эрдик шер кетип,
Өлөмүн деп өлө албай,
Жүдөп турам минетип.
Жайлоодон ыраң гүл кетип,
Жаханам шери абакең
Жүдөп турат минетип.
Теңелишип урушсам,
Кайкалаган боюм жок.
Бет алышып урушсам,

www.bizdin.kg

Элпилдеп эки колум жок.
Чама чарчайт алым жок,
Кыймылдады дебесең
Бир кашыктай каным жок,
Ичим жалын боорум чок.
Чартылдаган эр Кыяз,
Чабыша турган чамам жок.
Өзүңдү көрдүм дүйнөдөн
Жаратканга көөнүм ток».
Күлчоро мындай дегенде
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көрүп турган Сейтектин
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Акыл арай иш болуп,
Ушундай мүшкүл күн болуп,
Мына ошондо эр Сейтек
Өрттөнүп көзү жайнады,
Каарланып баланын,
Кан ичмеси кармады.
Каалгадай кашка тиш,
Кадиктүүдөн* башка тиш,
Өткүрдүгү кылычтай,
Жалпактыгы билектей,
Бөлө-бөлө чайнады.
Бөтөнчө бала кургурдун
Кан ичмеси кармады.
«Жети-Өзөн маа жер эмес,
Жедигер маа эл эмес,
Каңгырап жүргөн экемин,
Канкор атам көкжалдан
Айрылып жүргөн экемин!
Ата ордуна Кыязды
Көрүп жүргөн экемин,
Тирүү турбай кайран жан
Өлүп жүргөн экемин!
Тууну жыккан Канчоро,
Туу өрттөгөн Кыязга
Турбай кыргын салайын,
А дүйнө кеткен атамдын
Азыр кегин алайын!
Бирөөнү сойсом канынан,
Шимирип жутуп калайын.
Кек албасам өлөйүн,
Өлүшүп өчүм албасам,
Туулбай туна чөгөйүн,
Күчөгөн экен бул экөө
Күпүлдөшүп көрөйүн.
Алышып каран салайын,
Капкайда кекти алайын.
Каза жетсе өлөлү,
Кармаш кылып көрөлү.
Быйыл кыргынды кызык салбасам,
Кыябыма илинди,
Кыжылдаган жедигер
Душмандыгы билинди.
Талкан сындуу чалбасам,
Багыштын уулу Кыязга
Каранды мүшкүл салбасам.
Тирүү болбой өлөйүн,
Тиктегеним эр Кыяз
Бир салышып көрөйүн.
Маңдай-тескей турушуп,
Айбалта шилтеп, айза уруп
Былчылдашып урушуп,
Конжоңдогон айзаны
Козгоп кармап мыкташып,
Комуттуу жерге ыкташып,
Айзаны канга чыкташып,
Аябай башын жарбасам,
Айза сайып мыкташып
Уңгусу болот учу курч,
Уңурайган сыр найза,
Ушинтип канга чыкташып,
Эл чуркурап бүлүнүп,
Эрендер уруш кылды – деп,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Жүгүргөндөй кылбасам.
Көргөн адам жанынан,
Түңүлгөндөй кылбасам.
Баатыр адам айза алып,

www.bizdin.kg

Четтегендей кылбасам.
Ай-ааламды бир адам
Өрттөгөндөй кылбасам,
Чамам келсе чабышып,
Чаркым жетсе чалышып,
Дагдыр жетсе өлбөсөм.
Айлам кетсе жедигер,
Сан дүнүйө мүлкүңдү
Камчыга ченеп бөлбөсөм.
Эрендериң, жаныңды
Токтотпой байлап албасам,
Баатырыңан шериңе
Тополоңду салбасам.
Кайратыңды көрбөсөм,
Жети-Өзөндө жедигер
Жеткилең тийсе колума,
Камчыга ченеп бөлбөсөм.
Кыргынды кызык салбасам,
Кылтылдаган кыздарын
Кыргызга айдап барбасам.
Кан кайратын көрбөсөм,
Орой экен жедигер
Олжо кылып келбесем.
Бегине бейпай салбасам,
Бек арыстан төрө атамдын
Ушинтип өчүн албасам.
Бейтаалай энем мекемсиң,
Олжо болуп жедигер
Ойрон болгон бу башты,
Алып келген экенсиң.
Бекзааданын тукуму
Безип жүрөр жөн барбы?
Бейтаалай энем эл кайда?
Элге кетер күн барбы?
Канзааданын өз уулу
Качып жүрөр жөн барбы?
Карабет энем эл кайда?
Мурун айтпай жашырып,
Канкор Манас бабамды,
Не жашырдың, энеке!?

Кор болгон Чоро агамды,
Миңгизбей каттың бууданды,
Не айтпадың, энеке
Өлүүчү курган тууганды!?
Кырааны жанга сынаакым,
Кымбат абам мураапым,
Талас кайда, жер кайда,
Таласта кыргыз эл кайда?
Бек арыстандын тукуму
Безип жүрөр жөн барбы?
Береним абам о кайда
Элге барар жол кайда?
Эңише кетчү зор кайда,
Каралды кылар жер кайда?
Кармаша кетчү жоо кайда?
Каралдың аба көкжалым,
Кайнамак болду чын каным!
Туура өзөнгө жайган мал,
Тутам болду биздин жан.
Аргытып артык басууга
Ала-Тоо өзөн жер кайда?
Айылдаш конгон эл кайда?
Айнышта не пайда,
Аянган адам өлбөйбү.
Алда башка салганын
Чиркин бу баш көрбөйбү.
Батырбайбы казган көр,
Ай-ааламдын баарысын.
Соруп турган кара жер,
Чындап буйрук келгенде,
Бериште беш кол сунганда.
Жан алгычы жан алгыч,
Жакындап кирип турганда.
Жазы айылды көргөндө,
Бенде чиркин өлбөйбү.
Жараткан чийген буйрукка,
Тирүү бенде көнбөйбү.
Тектүү жердин тукуму,
Тентип жүрүп оңобу?
Канзааданын чырагы

www.bizdin.kg

Качып жүргөн болобу?
Эркек туулуп кой союп,
Эл эрендеп той союп,
Калк чуркурап ат коюп,
Канзааданын жалгызы
Кармалып жүрүп күн өтпөйт.
Бекзааданын тукуму
Безип качып минетпейт,
Каарланып какайсам,
Кас душманды кырармын.
Кайран абам Күлчором,
Берен атаман калган мурааны,
Белиме таңуу кылбасам.
Канкордун уулу дедирип,
Кас душмандын калың мал.
Таласта журтка жедирип,
Керүүнү чалып көч алып,
Керишип жүрүп өч алып,
Учмакты чалып көч алып,
Урушуп жүрүп өч алып,
Каарланып какайдым,
Быйыл касташып кыргын салбасам.
Кыжырыма тийсе жоо
Кылычтап башын албасам.
Тууну сайып бакырып,
Тулпар оозун бурбасам,
Тушугуп душман жоо чыкса
Тургузбай чогуу кырбасам.
Кыны жок кылыч албасам,
Кылымга кыргын салбасам,
Касташканды талкалап,
Быйыл башын албасам,
Сейтек болбой өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн.
Канкор атам сырдашы,
Канзааданын курдашы,
Кою бирге короолош,
Ашы бирге жоролош,
Тапкандары жыйгандаш,
Семетей менен курбалдаш,
Алыска жүрсө жол бирге,
Атышка кирсе кол бирге,
Асыл абам Күлчоро
Түрлөшкөн жоонун кырааны.
Асыл атам берени,
Артыгымдын көзөлү,
Кырааным көкжал абамды
Белиме таңуу кылбасам,
Быягын Кең-Кол чет кылып,
Бет алган жагын өрт кылып,
Жапаа салып топ бузуп,
Чын дагдыр жетсе окко учуп,
Жулкушуп кыргын салбасам,
Бабаман калган Бакайды,
Байкуш энем Каныкей
Ажыратып жыйбасам.
Артык жеңем Акбала
Абама ике кыйбасам!
Азган ногой, көп кыргыз
Таамайлап такыр жыйбасам!
Кеткеними келтирип,
Кемигими толтуруп,
Алды каткан абама
Алтын таажым кийгизип,
Ай-ааламды буй кылып,
Калкка кабар салбасам
Канча иттин баарына
Кан көтөрүп албасам!
Кара жерге чеп кылып,
Калк башкарган бек кылып,
Касиеттүү жан кылып,
Көз көргөн элге кан кылып,
Берен абам Күлчором
Чегээ* кылып албасам!
Чегин бузуп душманга
Ченебей кыргын салбасам!
Кастык кылган Канчоро
Кармашып көзүн ойбосом,
Касташкандын баарысын
Айдап жүрүп сорбосом

www.bizdin.kg

Баатырдан туулбай өлөйүн,
Кызыккан душман жоо менен
Кызыгышып көрөйүн.
Кутурган экен куу Кыяз,
Оң таптырбай кыйланы
Олжо кылган бул Кыяз.
Хан атама казат баштаптыр,
Жаман катын, жаш бала
Жапаны жаман баштаптыр.
Малды тийип пул кылып,
Байкуштарды тул кылып,
Абакем шерди кул кылып,
Тоодойдун баарын түз кылып,
Токтобос мүшкүл иш кылып,
Толгон журтка күч кылып,
Белгилүүнү кул кылып,
Эрен башым барында
Эселек Кыяз чочкого
Энемди кантип берейин.
Кутурган экен ал чочко
Кулжуңдашып көрөйүн!
Берендик башым барында
Белсенишип көрөйүн,
Жапааны жаман салайын,
Жардай абам шер менен
Жарыбаган Кыяз чочконун
Жылкысына барайын.
Семиз бээсин жарайын.
Арбын дүйнө, калың мал
Мурунтан ээлеп алайын.
Карап койсом кардым ток,
Ичим – жалын, боорум – чок,
Менин абамдан башка караан жок!
Кордук көрүп зарланып,
Кор болуп жүргөн абамды
Майга бөлөп чыктаймын,
Колума тийсе душманды
Коёндой жерге ыктаймын!
Тиктеше чыгаар жоо болсо,
Чамам келип чапчышсам,
Жон терисин тилейин.
Чамам келбей баратса,
Тирүү калбай кайран баш
Тигимен жерге кирейин.
Алтын төксүн, кайрылбайм,
Кайрылгысыз күн туусун,
Кан абаман айрылбайм!
Карып болгон абамдын
Таамайлап уктум сөздөрүн,
Көргөздү Кудай көздөрүн,
Ааламды бузчу кырааным,
Тилек кылган сыягым,
Абакем менин кырааным.
Болоттон соккон айбалтам,
Болжогондо чоң аркам,
Добул тийбес кыраңым
Табылбай турган кырааным.
Мал жайлаган колотум,
Байкап жоого шилтечү
Эки миздүү болотум.
Жетиге чыгып келгенде,
Көйнөгүм чечип топого,
Сойлоп жаткан кезимде,
Жылаңайлак, жылаң баш,
Өз такымга камчы уруп,
Ойноп жаткан кезимде,
Чыбык минип, кунан чаап,
Ойноо бала чагымда
Айдай долу Айчүрөк
Энекемен кеп угуп,
Кыйын душман жедигер
Кыйрың бөлөк деп угуп,
Он эки бирге кол жайган,
Батаң бөлөк деп угуп,
Түп атаң Кыдыр даарыган
Атаң бөлөк деп угуп,
Берен атаң Семетей
Өлгөн экен деп угуп,
Атаңан калган сан малды
Каардуу Кыяз, Канчоро,

www.bizdin.kg

Бөлгөн экен деп угуп,
Азаптуу мүшкүл бир караан
Салган экен деп угуп,
Кече өлүп кетер оюнда,
Атаман алты ай боюнда,
Олжо кылып энесин
Алган экен деп угуп,
Олжолоп келип туулган,
Туулганда эр Кыяз
Каарды катуу баштаптыр,
Кастарын тигип өрттөнгүр
Кайсап сала таштаптыр.
Бала үчүн болуп чыркырап,
Байкуш энем убара
Мени тууп турганда,
Атымды коюп кетиптир,
Ак сакалчан дубана.
Кыйырлуу журт толуптур,
Күн эсебин эсептеп,
Кутман киши Кутакем
Кыяздын уулу болду – деп,
Атымды Сейтек коюптур.
Атым Сейтек аталган,
Арстан чалдан бата алып,
Ымыркай бала кезимде.
Кашайта көзүм бир күнү,
Оё турган болуптур.
Канча күн аңдып өзүмдү,
Каардуу Кыяз бу чочко
Тоё турган болуптур,
Мойнума тумар тагыптыр,
Көзүн байлап Кыяздын,
Берен энем бейтаалай
Бек жолотпой багыптыр.
Кээ бир күндө энекем
Чын кордукка батчу экен,
Кээ бир күндө шордуу энем
Түндүккө алып жатчу экен.
Чымындай жаны чыркырап,
Кээде ыйлап зыркырап,
Кээде угуп шордуу энем
Катынсың деген кемдикти.
Кээде энем баштаптыр,
Аябаган эрдикти,
Эсил энем бейтаалай
Эбин таап, багып эр кылды,
Эр уулу менен тең кылды.
Уктум шекер сөзүңдү,
Шер Күлчоро абакем,
Бүгүн көрдүм көзүңдү.
Арманым жок Кудайга,
Ата кылам өзүңдү.
Мурунтан угуп сөзүңдү,
Көргөзүп жакшы көзүңдү,
Мурап кылам өзүңдү.
Билбегенди билгизгин,
Минтип жоого киргизгин,
Туйбаганды туйгузгун.
Абыдан көрдүм көзүңдү,
Асылым абам көйкашка
Азыр көрдүм көзүңдү.
Кырааным абам табылып,
Абийирим кенен жабылып,
Каз айланбас кара кыр
Тоодой абам табылып,
Абийирим гүлдөй жабылып,
Өзөлөнүп көп жүрдүм,
Кабылан канкор абам шер
Кас алдыман табылып.
Жердегеним Жети-Өзөн,
Жети-Өзөнгө кайрылбайм,
Жетим калып жетилип,
Жетигимен айрылбайм!» –
Деп, ошентип, эр Сейтек
Ыйлап турду чыркырап,
Боздоп турду буркурап
Мына ошондо Күлчоро:
«Жылкычыга кул болуп,
Жылмайып калар мен белем,
Жедигерге уул болуп,

www.bizdin.kg

Жетимим эл унутар сен белең.
Оң далым сасып оюлуп,
Тирүү бойдон союлуп,
Жалдырап калчу мен белем.
Жалпы душман көп элге,
Олжого келчү сен белең.
Өзөндөн аккан булагым,
Өкүрөмүн аргандай,
Өлгөндө көргөн чунагым,
Башында чолпон бар кегим
Менин баатырдан калган айнегим.
Атаң шер эске түшкөндө
Өрттөнүп жанып күйөмүн,
Сейтегим аман болсун – деп,
Мураа кылып жүрөмүн.
Атакең канкор барында
Жетип алдык Ооганды
Биздин кол чогуу тийбеген
Жет-Кайт кайдан соо калды?
Туйгунуң атаң барында
Кара сууга кан куйдук,
Өзөндүү жерге өрт койдук,
Алкымдуу жерди майладык.
Ачууга кыйын тийгенде,
Атаны кошо жайладык.
Көк болотту майладык,
Көп ачууга тийгенде,
Көбөш канды жайладык.
Ак болотту майладык,
Ачуубузга тийгенде
Абыкени жайладык.
Көбөштү көргө киргизип,
Көкжалдыкты билгизип,
Жакып канды жалмадык.
Кыжырга кыйын тийгенде,
Кырк чорону кырганбыз,
Аларың кылган үчүн кырганбыз.
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Кыргын жолдон тозгондо
Кыядан кармап алганбыз,
Кыргын кылып салганбыз.
Сенин атаң Семетей
Омбуну бузуп олжо алган,
Ортосун бузуп жол салган,
Берен атаң Семетей
Бээжинди бузуп олжо алган,
Он экиге келгенде
Орчун журтка кол салган.
Кыраңды бузуп көч алган,
Кылымды бузуп өч алган,
Ордону бузуп көч алган,
Оорчун журттан өч алган.
Атаңыз мындай шер эле
Жан жаратып атаңдай
Жакында бербейт дегеле.
Атакең көкжал өлгөндө,
Мен Күлчоро абаңан
Эрлик-шерлик тең кетти.
Алты сандан айырып,
Тебелеп душман жүдөттү» –
Деп, ошентип Күлчоро –
«Сүйрөлөмүн арман көп,
Сүлдөрүм бар, дарман жок.
Кашык сындуу кан калды,
Кыстоо көрүп ал калды.
Кайраным абам барында,
Калың журтка бек болдум.
Хан абам көзүң өткөндө,
Катуулап жел болгондо,
Калдактап жерге урулчу
Бир камгак куурай чөп болдум.
Арстанымдын барында,
Аркыраган шер болдум.
Арстаным көзү жумулуп,
Мен бир азапты тарткан көр болдум.
Алмамбет атам кууганда,
Арууке энем тууганда,
Асман жарган эр болдум
Атаң асылдын көзү өткөн соң,

www.bizdin.kg

Айламы таппай кем болдум.
Кордукка кармап алганда,
Кокуйга жанды салганда,
Ажырап Талас жеримен,
Айрылып кыргыз элимен,
Адырмак Кеҥ-Кол бел калды.
Сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон,
Султан кыргыз эл калды.
Кыйрады чынар мөмөбүз,
Күҥ болду карыган энебиз,
Айланы таппай жатабыз,
Анда кор болду атабыз.
Аябай жаман кайгырып,
Алты сандан айрылып,
Душманга берер жообум жок,
Турамын эл бийлеген колум жок» –
Күлчоро мындай деген соҥ,
Күүлөнүп туруп Айчүрөк
Тимеле сүйлөп бакылдап,
Тийген Айдай жаркылдап.
Акырын басып муҥайып,
Аркардай таҥы кылайып,
Сүлөөсүндөй керилип,
Сүйлөргө сөздөн эринип,
Кыял күтпөй кыйгачтап,
Капырай, кыялдуу жеҥеҥ муҥ таштап,
Иштүү жеҥеҥ кабылып,
Кайыптан акыл табылып,
Кайниси менен баласы,
Как алдынан кабылып,
Мына ошондо Айчүрөк:
Өзөндүү зоҥкол булактар,
Өлгөндө көргөн чунактар.
Жетим байкуш биригип,
Баш кошоруҥ билгемин,
Баш кошушса караандар
Душманга кыргын салар – деп,
Эрешен болсо эки шер,
Капкайда кегин алар – деп,
Угуттуу калыҥ шер болсо
Уялбай кантип калар – деп,
Кармашса жоого кийсин – деп,
Кажыбастан тийсин – деп,
Маҥдайлашып урушса
Чочунушпай турсун – деп,
Кыйкырышып кыраандар
Кыйындап айза сунсун – деп,
Кыйла бүлүк, чоҥ жаҥжал,
Жедигерге салсын – деп,
Койгулашып урушуп,
Эзелки кегин алсын – деп,
Кылып жүргөн мунум бар,
Кымбатым, уулум, угуп ал.
Абасынын керээзин,
Айкөлүнүн беренин
Келсеҥ, уулум, алсын – деп,
Жолдош кыла салсын – деп,
Ок өтпөстөн кийсин – деп,
Кайра тартпай салышып
Карсылдаша тийсин – деп,
Турбай көпкө урушуп,
Туусун сайып жыксын – деп,
Багыштын уулу Кыязды
Сайышса жерге тыксын – деп,
Күндүзүндө тынч албай,
Түнүчүндө уйку албай,
Жакасын алтын кайыттым.
Кармаша кеткен душмандын
Кагышына сыйынтып,
Акундун шаарын чалдырдым,
Атам Акундун шаарынан
Аккула менен жибертип
Аралаша алдырдым,
Ок жаҥылып кетпеске
Болоттон эгеп салдырдым.
Көй макмал менен иштетип,
Көрүп калса жымылдап,
Адамдын көзүн тайыттым.
Болжолу жок устага

www.bizdin.kg

Күпүлдөтө кайыттым.
Кыйшыгын өзүм оңдодум,
Аркагы болот, жеңи алтын
Атышка болжоп жородум.
Кайраным кыраан келер – деп,
Кажыбай жоого тиер – деп,
Ушуякка жорудум.
Көк темирден туулга,
Көрсөң кызык мунум бар,
Көрүнөө балдар кийсин – деп,
Кажыбай жоого тийсин – деп,
Кылынуу кызык мунум бар,
Кымбатым балдар, угуп ал.
Мунун бүчүлүгү бир тогуз,
Бүчүлүгүн бурсаңар,
Беттешкениң эр Кыяз
Кыйкырып айза сунсаңар», –
Деп ошентип Айчүрөк
Ыраңы жашыл көк куржун,
Атандык эмес лөк куржун,
Муну көтөргөн көп балбан
Душманга салсаң чоң жаңжал,
Көргөндө болбойт эч арман,
Тондун мынча баркы бар.
Он эки жылы бүткүчө
Жасаптыр жеңең каркыбар
Мунун бүчүлүгү чоктолуу,
Бир чепкендин керт башы
Алты миң нарга токтолуу.
Кайран жеңең Айчүрөк,
Жеңелигин билгизип,
Алып келип Чорого
Ок өтпөс чепкен кийгизип,
Ал аңгыча болгон жок,
Жана чыкты сары шым.
Жеткилең катын Айчүрөк,
Жердин баарын чалдырган,
Буттап алтын зер берип,
Даңдын-Башы зоо теке
Териси калың төрт эли
Так ошондон алдырган.
Ашаткыга салдырган,
Күн аптабын өткөрбөй,
Ийин мыктап кандырган.
Артык бышык болсун – деп,
Алма кабык салдырган.
Чын күдөрү болсун – деп,
Балбандарга талаткан.
Тогуз ай тынбай каранды
Токсон кыйын балбанга
Токмок менен сабаткан.
Болот эгеп жиберип,
Түлөгөн бетке чачтырган.
Келишимдүү балбанга
Кесе жатып бастырган,
Келин бычып, кыз тиккен,
Кемпир сынап уз тиккен,
Жылан боор бүктүргөн.
Жылас болгон каранды
Жымылдата тиктирген.
Тиктегенде тим эле
Кишинин көзүн тайыткан.
Берен жеңең Айчүрөк
Белсенип салып кайыган,
Кайышына тим эле
Кишинин көзү тайыган,
Багалегин башкалап,
Келиштире бүктүргөн,
Көрүп койгон кишиге
Адам көзүн талдырган.
Бүтүн кундуз терисин
Жара тартып жиберип
Багалекке салдырган.
Кашаты кымбат кыймалуу,
Карасаат жолтойдун
Багалеги саймалуу,
Ок жаңылып кетпеске,
Эчен кылдап орогон.
Көрсөң түрү ушундай
Балдарына куп берип,

www.bizdin.kg

Жетик катын Айчүрөк
Жетиктигин билгизип,
Жоо кийимин кийгизип,
Бурала басты сабылып.
Муратына жетүүгө,
Агасы менен кетүүгө,
Баатыр Сейтек камынды.
Жылкыдан чыккан Телкызыл –
Телкызылды минүүгө,
Агасы менен жүрүүгө,
Эрте сөзү кеч болуп,
Эки көзү төрт болуп,
Он экиде ал балаң
Жай-жарагын шайланып,
Кыны жок кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып,
Уңгусу болот, учу курч,
Учуна салган кара курч.
Комокойлуу сыр найза
Коройтуп колго алды эле,
Алтын жаак айбалта
Ач билекке чалды эле.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк арстандай көрүнүп,
Ала-Тоодой арбайып,
Аласкар тоодой дардайып,
Арбак конуп алыптыр,
Кырк чилтен, кызыр Илияс
Кыйын колдоп салыптыр.
Чилтендин бирөө – сур жолборс,
Адамда мындай жан болбос.
Алаң уруп камынган,
Капырай, кара чаар кабылан,
Как жанынан чамынган.
Колдогонун каранар.
Октос берип ышкырып,
Бет алдында берендин
Ажыдаар – кара мар*,
Алты таш жерден оп тарткан,
Бул азапты караңар.
Бет алса бенде дүркүрөйт,
Алп кара куш Зумурук*,
Азыр эңип кетчүдөй,
Асмандан бутун салып күркүрөп.
Аны көргөн бенденин
Азат бою дүркүрөп.
Каарланса койгудай,
Качырганды сойгудай,
Чолок көкжал арстан
Жандай салып күркүрөп,
Жаруучудай чамынып,
Көсөө куйрук көк арстан
Арт жагынан чамынып,
Колдоп алган кези экен,
Манастан баштап жети атаң
Оңдоп алган кези экен.
Кыймылдаса балага
Кылым чакты келе алгыс,
Кыргыз турмак чунакты
Кыйрашса кытай жеңе алгыс,
Бөрү жолдуу баланы
Бөлүп киши алалгыс.
Эки көзү жалтылдап,
Жазайылдын огундай,
Кирпигин көрсөң баланын
Сөксөөлүнүн чогундай.
Оозундагы жалыны
Көөрүктөн чыккан жалындай.
Колу-буту сеңирдей,
Койгулашса жегидей.
Беттеп адам баралбай,
Арты менен баскандай,
Ал баланы көргөн жан
Акылынан шашкандай.
Кол салышкан душмандар
Уу ичкендей тырайып,
Каршы-терши жаткандай.

www.bizdin.kg

Кармашканын эңгендей,
Карасаат өрттөнгүр,
Алышканды жегендей.
Коңуту сеңир керүүдөй,
Козголгону баланын
Койго тийген бөрүдөй.
Кыяз турмак куу чунак,
Кылым кара жедигер
Каптап кетсе жегидей.
Жети-Суудан аттанып,
Ач арстандай таптанып,
Беделинен күч чыгып,
Бетти көрсөң баладан
Бир байпактык түк чыгып,
Каарланып тиш кайрап,
Калжаң уруп көз жайнап,
Басарга керүү тоо таппай,
Басташарга жоо таппай,
Жутарына уу таппай,
Кырылыша кетүүгө
Кыйын мүшкүл чуу таппай.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Сөлөкөтү-сөлбөтү
Атасынча көрүнүп,
Бала ордодон чыгарда
Аты Кызыр дубана
Ооздуктан коштоп экөөлөп,
Акчыланып Кыязга,
Ал ордого Айчүрөк
Алып кирди жетелеп.
Кыязга барган себеби:
Ич козголуп Айчүрөк
Ыйлап атат чыркырап,
Боздоп жүрөт буркурап,
Кадуудан аккан булагы,
Канынан калган эр Сейтек
Караан кылган чунагы.
Он экиден өтө элек,
Он бешке жашы жете элек,
Балтыр эти толо элек,
Балбандык чагы боло элек,
Чарайна тон кие элек,
Чалкалап жоого тие элек.
Кандуу кылыч, курч болот
Кармап колго бура элек.
Душман менен беттешип,
Качырып айза суна элек.
Ээрчигени – Күлчоро,
Арам сактап эр Кыяз
Кокусунан коёр – деп,
Козголуп кетсе соёр – деп,
Бу билеги жоон, таш жүрөк
Бул бил мүчөлүү бадырек,
Арам санап баламды
Кокус мент кылып коёр – деп,
Тегереги чынар бак,
Эр Кыяздын алтын так,
Эшиги бийик, шер коргон
Балакет мындай күн болгон.
Каары мүшкүл эшикке,
Калк баспачу тешикке
Ичке жолун төтөлөп,
Ээлендирип баланы
Эр Кыязга Айчүрөк
Алып келди жетелеп.
Баш эшиги кыямат,
Бат кирүүгө эп керек.
Кан эшиги зом темир,
Эритүүгө кеп керек.
Береним Кыяз, кебимди ук,
Жан чыдабайт курчуңа,
Өлгөндө көргөн Сейтегиң
Барайын дейт жылкыңа.
Эч адам келбейт жаныңа,
Алдейлеген чунагың
Барайын дейт малыңа.
Барганы кандай баландын,
Койгону кандай баландын?

www.bizdin.kg

Сан түмөндүү саан бээни
Санатып түздөн көрөм – дейт,
Сай тулпардын баарысын
Бөлөк-бөлөк бөлөм – дейт.
Ээсиздей кылбай куу малды
Көзүм менен көрөм – дейт.
Жедигердин эр Кыяз
Желиккен жакшы жан экен.
Аңгир кыял, ак көңүл
Көөдөктүгү бар экен:
«Ай, байбичем Айчүрөк,
Кыйлага Кыяз болгону,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Ордо күтүп кан болуп,
Орунтуктуу жан болуп,
Өзүм Кыяз болгону,
Кыяз атка конгону,
Айкырып жоого тийгени,
Алчайып атка мингени,
Жапааны жакшы салгамын,
Жанаалы кызы Жайнаке,
Күнжү кызы Каракөз,
Бул экөөнү алгамын.
Сарп кылдым азыкка,
Азар түмөн малымды
Кырдырдым кыйла барымды.
Айза кармап топ бузуп,
Эренден канча окко учуп,
Каалап алган катыным
Солбуп чачын тарабай,
Мурут буурул болгуча
Согончогу канабай.
Аркайып тоодон кар кетип,
Ай бөксөрүп күн өтүп,
Бир баланын зары өтүп,
Турбай көңүл бөлгөмүн,
Бала үчүн какшап өлгөмүн.
Карсылдашып журт өлүп,
Каалап алдым Айчүрөк,
Айчүрөк сени алганда
Кубанып көңүл бөлгөмүн,
Куурап жүрүп Сейтекти
Курдашым сенден көргөмүн!
Эр Сейтекти көргөндө
Тоюна токсон сойгомун,
Атын Сейтек койгомун.
Арбын дүйнө, калың мал
Зарып кылып чачканым,
Жүрөктүн өртүн басканым.
Өлгөндө көргөн арстаным,
Оозумду ачып өпкөнүм,
Көзүмдү ачып көргөнүм,
Жылгалуу ак сай барааным
Жыргалдуу Сейтек карааным.
Караанымды көрбөсөм,
Өрттөнүп бышып каламын,
Көргөнүмдө көөнүм ток
Жаралган жалгыз уулум бул,
Чүрөк мындан башка балам жок.
Сейтек күндө көрбөсөм,
Ич өрттөнүп, боорум чок.
Кадуудан аккан булагым,
Каралды кылган чунагым.
Саламат барып сак келсин,
Сагындырбай бат келсин,
Эсен барып, соо келсин,
Эриктирбей бат келсин.
Малдын ээси балага
Барба – деп айтып нетейин,
Баланы тозуп отуруп,
Не мураска жетейин.
Адыр-күдүр жылгача,
Жылгачаны чалбасын,
Кулдун тилин албасын,
Жеткилең балам эр Сейтек
Жети күнгө калбасын!
Жылкыдан чыгып бөлүнүп,

www.bizdin.kg

Баатырдык сыны көрүнүп,
Алтымыш алыш чалбасын,
Алты ай, жети ай жоголуп,
Салбуурун* кетип калбасын,
Андай шумдук кылбасын,
Алты күндөн кечикпей
Келсин уулум өзүмө,
Көрүнсүн менин көзүмө.
Көңүлдө далай бушман бар,
Көралбаган душман бар.
Кыр жагымда кытай бар,
Маңдайымда Бараң бар,
Басташар душман далай бар.
Кадуусу бийик тоо да көп,
Касташа кетчү жоо да көп.
Тилиңди алсын, кечигип
Көп мүшкүлгө салбасын,
Көрүүгө жалгыз уулуңдун
Колу-буту үшүп калбасын.
А кылыкка турбасын,
Андай тентек кылбасын», –
Деп, ошентип, эр Кыяз
Өлгөндө көргөн балага,
Аянбагын малыңды,
Аябай бергин барыңды,
Желбегей торко кийгизип,
Үшүбөгөн тон берип,
Күлазыкты мол берип,
Анан жибер баланы.
Жылкыга балаң барбасын,
Дүүлөп койсо жылкычы
Жылас кылып жылкысын,
Жылма кырып салбасын,
Семиздерин сойбосун,
Кактоочторун койбосун,
Андай тентек кылбасын.
Өзөнгө чыгат байтерек,
Өлгөнгө да мал керек,
Тиккенден өнөт байтерек,
Тирүүгө да мал керек,
Кан Кыяз айтып канча кеп,
Жибербеске чара жок
Баланы тозуп чыгууга,
Эр Кыязда айла жок.
Күлүмүш болот күпүлдөп,
Чүрөктөн коркуп эр Кыяз,
Сүйлөмүш болот күпүлдөп.
Чындай албай чыр салып
Чындаганга айла жок,
Кагышарга пайда жок.
Бери карап зүрпүлдөп
Айла таппай эр Кыяз
Ары карап күңкүлдөйт.
Ичи өрттөнүп чок болуп,
Уу таштаар дейт күбүмө
Өрттөнгүрдүн тукуму
Жетет ко дейт түбүмө.
Күңкү кеби басылып,
Күйүт тартат эр Кыяз.
Чүрөктү көрсө бүлкүлдөп,
Чүрөк жок болсо күңкүлдөп,
Каарланып чамынып,
Чылгый ичи өрт болуп,
Чыдай албай эр Кыяз
Калды Кыяз оңшоюп.
Айдаган малдын артынан,
Артык коркот эр Кыяз
Айчүрөктүн дартынан
Калып калган эр Кыяз.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕКТИН КАРАГУЛДУ ӨЛТҮРГӨНҮ

Жылкыга тартты Күлчоро,
Бел байлаган белди алып,
Беренден тууган эрди алып,
Күйүттүү баары чамынып,
Абийирдин баары жабылып,
Ээрчиткени эр Сейтек
Айтылган арман арылып,
Ачылган уят жабылып,
Армандын баары жоголуп,
Арстан Чоро оңолуп,
Тулпар минип жарышып,
Окоро* түйгөн ак тизгин,
Тулпар атка чак тизгин
Эки колдо карышып,
Эзелтен тулпар куу байтал
Сейтек менен жарышып,
Жылкыга жетип келди эле,
Баатыр экен эр Сейтек
Атынын оозун бурду эле.
Ээр белдей белестен,
Аң-таң калып абасын
Бала карап турду эле.
Жылкычы башы Карагул
Жылас болгур мына бул,
Өрттөнгүрдүн өзү эле,
Каардын кара көзү эле,
Тозоку кулдун бири эле,
Күлчорону көргөндө
Ач бөрүдөй жутунуп,
Кырк жылкычы балбандар
Кыйкырык салды кутуруп.
Адамдан айбан туулган
А Күлчоро байкушту
Артыкча салды чуулган.
Кытайдан жоо келгенсип,
Жылма болгон жылкысын
Душман тие бергенсип,
Аласын ала качкансып,
Ак теңге пулун чачкансып,
Куласын кууй качкансып,
Кутургур жайы ушундай,
Куржунда булун чачкансып.
Түп көтөрө баарысы
Кол салган экен чорого.
Карагул келет күүлөнүп,
Күлчорого сүйлөнүп:
«Айтпадык беле биз бая,
Укпадың беле сен бая!
Отун алып, от жакпай,
Кутурган чочко мал бакпай,
Оңбогон сасык оңбойсуң,
Кесириңди койбойсуң.
Дардаңдаган сасык кул,
Атаң Кытай Алмамбет –
Уулу экениң билбейсиң,
Жедигердин эр Кыяз
Кулу экениң билбейсиң.
Өлбөй тирүү жүргөндө
Ит териси кул элең,
Өлүп калган чагында
Кой териси кул элең,
Белиңди тең буушкан,
Канкор Семетей менен туушкан,
Кайран энең долунун
Жатынын жара тээп чыгышкан,
Туйгун айкөл Манастын
Нак белинен сызышкан,
Качан Манас уулу элең?
Кытайдан келген бир кул – деп,
Бу кулдун куну бир пул – деп,
Бекем ыйлап жалдырап,
Бээ саам мөөнөт аласың,
Бейлебей* койсом кутургур
Беш күнү жатып каласың.
Кара күчкө арызданып,
Бек алдына барасың.
Минтип жүрсөң кутургур,
Бегиме бейпай саласың!

www.bizdin.kg

Кара күчкө далдактап,
Кан алдына барасың.
Минтип жүрсөң канымды
Бир тозокко саларсың!
Кесиреттүү кутургур,
Кең-Колго сайган багың жок,
Сенин керилип жатар чагың жок!
Таласка курган багың жок,
Талтайып жатар чагың жок!
Байтал кармап күч берсе,
Барбаганын карачы,
Бачым кел десе, жети күн
Бул чочконун алдаганын карачы!
Катар кирип жылкычы,
Капкайда жинин каккыла!
Укурук салып токмоктоп,
Бир эсебин тапкыла!
Жеңесинен кийиптир
Тонуна тоноо салгыла,
Муну токтотпой талап алгыла.
Эки колун тең байлап,
Эки көзүн тең чукуп,
Ит өлүмү кылгыла,
Кыйнап жанын кыйгыла.
Кармап алып бооруна
Тирүүлөй казык каккыла,
Кутурган окшойт бу кулдун
Эсебин эпсиз тапкыла,
Эсирген окшойт бу кулдун
Эзелки жинин каккыла!
Чын көк бөрү тарткыла,
Кылычтап башын кескиле,
Желкеден көзүн тешкиле,
Жетсеңер башын кескиле!
Буулумун булап алгыла,
Бузукту чогуу салгыла!» –
Деп, ошентип, Карагул
Кайраттанды мына бул,
Катынын кара баскандай,
Айкырык салды Карагул.
Куугуну азыр качкандай,
Кулжулуңдап кутуруп,
Кара боолуу укурук
Кармап колго түкүрүп,
Айгыр минип калдактап,
Жылкычынын баарысы
Жылма кирди дардактап,
Эр Карагул анысы.
Кайраттуусу Карагул,
Кара тажаал мына бул
Тозоку кулдун өзү эле.
Кыйкырыгы баш жарып,
Өкүрүгү таш жарып,
Дардалаңдап бакырып,
Көрүп турсаң бу чочко
«Кыяздап» ураан чакырып,
Касаба кайнап, туу толуп,
Айгайлаган чуу болуп,
Жылкычылар камынып,
Түп көтөрө Чорого
Түгөл жетти жабылып.
Жылкычы кол саларда,
Жылма кылып таптакыр
Чоронун башын аларда,
Семетей уулу эр Сейтек
Өрттөй көзү жайнады,
Кан ичмеси кармады.
Айкырыгы таш жарып,
Кыйкырыгы баш жарып,
Чамынгандан бакырып,
«Манастап» ураан чакырып,
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерде эр Сейтек
Туюгун бузуп жол салып,
Жылкычыга кол салып,
Опсуз шердин тукуму
Ойноп-ойноп алганда,
Ону өлдү бир жерге.
Белсенишип кол салса
Беш-алтоосу белде өлдү
Бир бешөөсү чогулуп,
Бая бет алышкан жерде өлдү.

www.bizdin.kg

Карагул баштап кайраттуу,
Жылкычынын теңи өлдү,
Кайраттуусу көп өлдү,
Алтоо-жетөө биригип,
Аңырайган сайда өлдү.
Жылкычынын баарысын,
Кырган экен эр Сейтек.
Карагул баштык карысын,
Калтырбай кырып баарысын,
Айза сайчу ыктуусун,
Айбалта чапчу мыктуусун,
Берендерин шерлерин,
Бел байлаган белдерин,
Бекип жаткан жерлерин,
Баатырсынган карысын,
Каарын катуу баштаптыр,
Кылча койбой бирөөнү
Кызыр чалган эр Сейтек,
Кыргын кылып таштаптыр.
Айбат кылган эр өлүп,
Жылкычылар теңи өлүп,
Сураса бербес күлүккө
Суук укурук салыптыр,
Суктанса бербес кара мал
Таптакыр тартып алыптыр.
Алдууларын союптур,
Алсыз начар байкушун
Өлтүрбөй аман коюптур.
Камандарын кармаптыр,
Кара көңүл чочкосун
Калтырбай такыр жайлаптыр.
Оройлорун орду эле,
Опсуз душман Карагул,
Кылча койбой жалгызын
Кыргын кылып сойду эле.
Тыйпыл кырып баарысын,
Жылкычыдан Карагул
Жылма кылып баарысын
Такырайтып сойду эми,
Көкжал шердин тукуму
Тыйпыл кырып койду эми.
Белгилүүсүн жайлады,
Белсенген бирөө калбады.
Күлчоро ишин оңолтуп,
Күнүлөшүн жоголтуп,
Кайрандын ишин оңолтуп,
Касташканды жоголтуп,
Жылкычынын кенжеси –
Күлчоро досу Бозбала
Күптүүсү кетип чачылып,
Кумар дарты басылып,
Умачтай көзү ачылып,
Ооруган жери басылып,
Баабединин бат айтып,
Ай туякка* ат айтып,
Аянбастан Бозбала
Төрт түлүгүн бат айтып,

Күлчоро, Сейтек барып, жылкычыларды талкалап, жылкычынын кенжеси Бозбаланын тушоосун чечип, Кызылсарт, Кара дөө келип Күлчорону дарылап турган жери:

Жылкычыга бакырып, –
«Өлгөнүңөн калганың
Өөдө бол» – деп чакырып,
«Карагыла жылкычы –
Каары толук Карагул,
Карагул чочко өлүптүр,
Өлбөй аман турганга,
Кыдырлуу шердин чунагы,
Кымбаттуу жандын ынагы,
Олжого келип оңолгон,
Кордукта жүрүп чоңойгон,
Эрешен тартып эр болгон,
Эр уулу менен тең болгон,
Кан ичип жүрүп катыккан,

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

Атасынан бабасы
Арстан көкжал атыккан.
Кыргызга кыйын туу болгон
Кызыр чалган көкжалың,
Бет алган душман чуу болгон,
Ак болоттун тукулу,
Алтылуу Манас тукуму.
Күлчоро абаң санаасы,
Семетей шердин баласы,
Береңиң Сейтек келиптир.
Каарына чыдабай,
Кас душмандар өлүптүр,
Кайра келбес чын жайын
Карагул чочко көрүптүр,
Ал Карагул өлгөнгө
Баабединиң бачым сой,
Агарып таңың атыптыр,
Кызарып күнүң тийиптир.
Күйүттүн баары чачылып,
Күзгүдөй жүздөр ачылып,
Өчкөнү тама бериптир,
Самаганың келиптир,
Абийириң артык жабылып,
Ашкере керек табылып,
Ачылган жериң жабылып,
Үзүлгөндөр уланып,
Чачылгандар жыйналып,
Бажикти Кудай бериптир,
Жылкычылар, сүйүнчү!
Баатырдын уулу келиптир,
Айкырса жанды куткарбас,
Шериң келип калыптыр!
Ай-ааламга кол салган,
Эрим келим калыптыр!
Жакшы абийир болжолуң,
Астыңа салсаң ак жолуң,
Айдап жүрсө сан колдой,
Сары адырмак кайкаңча
Белим келип калыптыр!
Сандыргалуу сан колдой
Шерим келип калыптыр!
Добул келсе жел тийбес,
Айза алганга жан бербес,
Эрим келип калыптыр!
Каран калган ээсиз мал,
Айбан, адам тең куурап,
Азапты жаман көрдү эле,
Опот болуп Семетей
Олжолонуп келди эле,
Каран калган бош малдын
Ээси келип калыптыр!
Кайтарып күтүп алуучу,
Кагышса каран салуучу,
Калк ашпаган капчыгай
Белиң келип калыптыр.
Ай-ааламды буй кылган
Арстан эрдин жалгызы
Эриң келип калыптыр!
Жылкыдан кармап тай союп,
Аш-тамакты жай коюп,
Казыдан кесип топуруп,
Жаядан кесип опуруп,
Адам таппас ой кылып,
Жылкычыдан Бозбала
Артык каалап той кылып,
Калк-калайык дуу кылып,
Асман жарган чуу кылып,
Баатырдын уулу Сейтек – деп,
Ыракматын айтышып,
Тополоң түшүп той кылып,
Тойдон тоюп кайтышып,
Эриксе элик атышып,
Эрикпесе кайран журт
Элкин ойноп жатышып,
Кымыз ичип кызышып,
Чекеден терди сызышып,
Арак ичип алкынып,
Ач бүркүттөй талпынып,
Өлгөн жандан калганы
Коштоп кийип суусар бөрк,

www.bizdin.kg

Ыргап жатып калды эле.
Кошоктошуп кайран журт,
Жыргап жатып калды эле.
Жети-Өзөн сууга жылкычы
Толуп жатып калды эле,
Күнүнө кымыз, түнү кыз
Болуп жатып калды эле,
Шабиет ойноп, чаң салып,
Оромпой тээп даң салып,
Кырк бир таман ордону
Өлчөө кылып чийишип,
Ордо салып калышып,
Ордо ойнуна кырк байтал
Мөрөй кылып сайышып,
Утканы союп алышып,
Дууга кирип калды эле,
Калк чуркурап, эл сүйгөн
Чууга кирип калды эле.
Эрендин баары жанаша,
Эпсиз салды тамаша,
Уктаса көргүс түш болуп,
Ушундай жакшы иш болуп,
Семетей уулу эр Сейтек
Шер экенин билгизип,
Алмамбет уулу Чорону
Ак сарайга киргизип,
Кантын кардай кемиртип,
Азып кеткен Чорону
Алмак болду семиртип.
Күлчородой абасын
Карта союп жөлөдү,
Ак боз бээден көп союп,
Казысына бөлөдү.
Кымыз менен жуудуруп,
Кымча* менен буудуруп,
Кыйындап бакты Чорону.
Көңүлүн гүлдөп жай кылып,
Жатканын казы май кылып,
Жылкыдан кысыр тай союп,
Ар дүйнөсүн жай коюп,
Астына жээр май коюп,
Алы кеткен Чорону
Арак менен сугарып,
Түбүндө кыраан көкжалдын
Баатырлыгын чыгарып,
Белгилүү мыкты иш кылып,
Касташканы Карагул,
Түгөл кырып, түз кылып,
Кыяматтык бендеге
Унутулгус иш кылып.
Күлчорону туу кылып,
Касташканга чуу кылып,
Эр Сейтек жайы ушундай,
Түрү суукту түз кылып,
Унутулгус иш кылып
Аркагы кымбат сарала,
Аземдетип Чоронун
Алдырып белин буудуруп,
Абасы баатыр Чорону
Жалаң май менен жуудуруп,
Бала минтип турганда
Муну мындай таштайлы,
Кутман болгон Кара дөө,
Ошондон кабар баштайлы.
Кара дөө жайын сурасаң –
Чын атасы Кутубий,
Кутубий жүрүп кат билген.
Курдаш туулуп Манаска
Кудайдын атын жат билген,
Мурунтан айткан сөзүнө,
Буудан Манас шерине,
Укумунан тукуму
Мураа болгон өзүнө.
Күлчоро алсыз болгонун
Түбүнөн бери билүүчү.
Он эки күйүт бир тартып,
Артык балбан Кара дөө
Айласын таппай жүрүүчү
Белге таңуу Чоронун
Берендигин билүүчү.

www.bizdin.kg

Күйүп-бышып өрт болуп,
Күлчоро жолдош кылууга,
Багыштын уулу Кыязга
Артыкча кыргын кылууга,
Айласын таппай жүрүүчү.
Коштошкону эр Сейтек
Өткөн экен Кара дөө
Чорого себеп табууга
Алты ай, жети ай жоголуп,
Кеткен экен Кара дөө.
Жердин жүзүн сыдырып,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана кыдырып,
Медийнанын беш бурчун
Беш айлана басыптыр,
Меке менен Медийна
Беш кыдыра басыптыр,
Кербенчиден кеп угуп,
Кербенчи башы Кызылсарт,
Мисир басып Багдадга
Кеткен экен деп угуп,
Чын кызыкты баштаптыр,
Кербенчи таап алууга,
Чымындай жанды таштаптыр,
Азыкка аттан союптур,
Арбын дүйнө кара мал
Такыр кечип коюптур,
Алты күлүк ат алып,
Ашкере сулуу Чүрөктөн
Алакандай кат алып,
Керектүүдөн кеп угуп,
Кербен башы Кызылсарт –
Атасынын бабасы
А дүйнөлүк көкжалга
Дос болушкан деп угуп,
Чалгын чалса чаң бирге,
Өлүм орток жан бирге
Өткөрө кыйын деп угуп,
Жыгылганга Кызылсарт
Жөлөк болор деп угуп,
Өлүүчү жанга Кызылсарт,
Өбөк болор деп угуп,
Айласызга Кызылсарт
Айла болор деп угуп,
Кечири жок Чорого
Келип калса бир себеп,
Пайда болор деп угуп», –
Деп, ошентип, Кара дөө
Ат бороюн сыдырып,
Атактуу калаа Көмбайды
Түбүнө чейин кыдырып,
Малдан ачып баарды,
Кыдырып кыйла шаарды,
Эл ашпаган Желпиниш,
Белге чейин кыдырып,
Белгилүү Багдад, кең Мисир
Жерге чейин кыдырып,
Кулак угуп, көз көрбөс
Элге чейин кыдырып,
Чөл кыдырып жакалап,
Сай тулпары сандалса
Болоттоп кайра такалап,
Аттын баарын арытып,
Чама чарчап, ал кетип,
Арадан мынча күн өтүп,
Азап тартып минетип,
Айласыз жанды жүдөтүп,
Күйүп-бышып чок болуп,
Туралбай жанып от болуп,
Амалсыздын айынан,
Каарлуу Кыяз жайынан,
Алты ай тынбай жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Чоң дайраны жакалап,
Чымындай жанды капалап,
Тулпарларын түлөтүп,
Кайран жанды жүдөтүп,
Артык жүдөп минетип,
Үй дээрине үн калбай,
Үрпөйгөн чеңгел жүн калбай.

www.bizdin.kg

Атынын баары ыргайдай,
Бити биттеп торгойдой,
Жан кашайып ич күйүп.
Көрсөң жүрөк бүт күйүп,
Кордук тартып зар болуп,
Кыйла азап көрүп Кара дөө
Кызыл кожо, Чоң эшен,
Бир көрүүгө зар болуп,
Көзүнүн баары алактап,
Чама чарчап ал кетип,
Буту кетип салактап,
Чөлдөн суусап күйүнүп,
Чымындай жандан түңүлүп,
Чөлдөп мейкин талаадан,
Кырк кербен башы Кызылсарт
Табылган экен сыйпалыгы
Багдад деген калаадан.
Ордолуу шайык, көк жөкөр
Орчундуу түмөн калаадан,
Селде оронгон кожодон,
Табылган экен Кызылсарт
Баягы капкасы темир ордодон.
Ордо оозунда сакчысы,
А сакчынын ар жагы
Дарбазаны бакчусу,
Бакчуларын караса
Балбаны бар башкача,
Баатырлары бир канча.
Көмүтүн* көргөн багынган,
Кишинин мурду, кулагын
Тумар* кылып тагынган,
Буйрук алса канынан
Жан алчудай жабылган.
Жазайыл, чокмор, чоюн баш,
Жоо келгендей камынган.
Кызык экен желдети,
Темирден кынжы салынган.
Кызыгын көрүп ойлонсоң,
Кынжыда турган балбаны –
Балбандын бирөө бошонсо,
Адамдын чыгаар далдалы,
Дарбазанын эшикке
Кара дөө барып калганы,
Айтса тили билинбес
Аябаган балбаны.
Жалмап салчу немедей,
Кара дөөгө карата
Жабылып жатып калганы,
Балбандары жабылып,
Баатыр экен Кара дөө
Балакетке кабылып,
Балбан кармап аларда,
Казылган орго жазалап,
Кармап алып саларда,
Ээлигип келген Кара дөө
Эми эсебин табарда,
Алты күлүк аты бар,
Кызылсартка жаздырган
Айчүрөк сулуу каты бар,
Сакчы кармап аларда
Берген экен каркыбар.
Катын алып желдеттер
Тизелери бүгүлүп,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Андай-мындай дегиче
Кызылсартка кат берди,
Катты чуркап бат берди.
Катын окуп караса,
Калк аманын кааласа,
Айчүрөктүн каты экен.
Кат артына караса,
Калың журттун түркүгү
Эр Семетей аты экен.
Атын окуп караса
Берен көкжал өлүптүр,
Кайра келбес чын жайды
Кайран неме көрүптүр.
Ойрон досу Семетей
Эчак опат болуптур.

www.bizdin.kg

Беренди Кудай алыптыр,
Беренден туулуп эр Сейтек
Курсакта жолтой калыптыр.
Олжого барып төрөлүп,
Он экиге толуптур.
Эсен жүрсө ал жетим
Эр болор чагы болуптур.
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Шер болор чагы болуптур.
Семетейди укканда
Кызылсарт байкуш турабы,
Эки көздөн аккан жаш
Омуроо ылдый кулады.
Семетейге күйгөндөн
Кызылсарт байкуш турабы,
Ата кайран жан досум
Оводон жылдыз козголгон
О дүйнөлүк дос болгон,
Ак буудай унун чайнашкан,
Келеме шарып кармашкан.
А дүйнө кеткен Манастан
Арстан туулган керигим,
Ажайып талак күнөөнү
Артышып тартар шеригим.
Ободо жылдыз болжошум,
Ой, Семетей жолдошум!
Берен достум өлгөн соң
Ааламга кабар салайын,
А достума барайын,
Бел байлаган белим жок,
Белгилүү баатыр шерим жок,
Ушундай окшойт дүйнө бок.
Ичи өрттөнүп, боору чок,
Мындан башка сөзү жок,
Күндөн калды Кызылсарт.
Кеп сүйлөбөй, сөз айтпай
Тилден калды Кызылсарт,
Мурутун булкуп ыргытып,
Буркурады Кызылсарт,
Буудан досум өлдү – деп,
Чыркырады Кызылсарт,
Достугун жаңы укканда,
Кантип туруп аянды.
Алтын жаак айбалта
Оң бөйрөккө таянды,
Болкулдап ыйлап кеп баштап,
Ойрон достум деп баштап,
Сол бөйрөгүн таянып,
Солкулдады кеп баштап,
Солтонум достум деп баштап,
Алтын жаак айбалта
Душман көздөй бурбадым,
Кайран достум канкорго
Каралды болуп турбадым.
Өөдөлөп айза сунганда
Өбөк болуп өлбөдүм,
Эч болбосо достума
Жөлөк болуп өлбөдүм.
Каар салып бакырып
Кайгыланып кысылсак
Кара дөөнү чакырып,
Жаадай учуп желдеттер
Кара дөөгө келди эле.
Кызылсарттын алдына
Кара дөөнү берди эле.
Кайран тилди кайрады,
Кайра тартпай Кара дөө
Калк алдына сайрады.
Аты жүрбөй кор болуп,
Капа тартып кайгырып,
Тайбуурулдан айрылып,
Калганын айтты Кара дөө
Тегеректеп жедигер,
Алганын айтты Кара дөө,
Кайра тартпас чын жайын
Көргөнүн айтты Кара дөө,
Өзү баштап олжого
Келгенин айтты Кара дөө,
Кай кеткени дайны жок,

www.bizdin.kg

Кеткенин айтты Кара дөө.
Айтып оозун жыйгыча,
Алдан тайып солкулдап,
Эки көздөн аккан жаш
Омуроо ылдый кулады.
Күйүп-бышып токтобой,
Күлчорону сынады.
Баатырлардан айрылган,
Башка келген заманбы?
Баарысынын баасы
Багдагүлдүн Чолпону,
Кыраандардын кыйыны
Айлалуунун ыктуусу,
Айзакердин мыктуусу,
Көкмарал кууса уй кылган,
Көрүнгөндү буй кылган,
Кас санашкан душмандын
Катындарын тул кылган,
Ак болоттун тукулу,
Алакем кандын тукуму,
Сан адамдын эрени,
Өкчөлөтүп жаргак шым
Алмамбеттин баласы,
Арстан Чором аманбы?
Аман болсо Күлчоро
Жайнап турган чок эле,
Жаанамда жок эле.
Душман көздөй бет алса,
Эр алуучу кул эле,
Айза кармап, топ бузуп,
Жер алуучу уул эле.
Өлбөй жүрсө душмандан
Кек алуучу кул эле,
Бөрктөлүү болот чок эле,
Ааламдан ашкан шок эле,
Душманга болот ок эле,
Эркек карап, катын тууп,
Жаралган адам уулунан
Жаралган андай жок эле.
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Айзага камбыл шер эле,
Өзү жоонун айласын
Ашкере билген эме эле.
Кыргын кылып кыйраткан,
Канчоро чочко жаманбы?
Баарысын айтып нетейин
Баягы Күлчоро байкуш аманбы?» –
Деп ошентип Кызылсарт,
Кабарга барган Кара дөө
Ал Кара дөө баатырга
Кумганга куюп чай коюп,
Аш-тамагын жай коюп,
Кантын кардай топуруп,
Сары майдан опуруп,
Бөлөкчө жорук баштатып,
Багылан козу, ширин баш
Бор кайнатып таштатып,
Кабарга барган Кара дөө
Карыны ашка толду эле,
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Айтар кези болду эле.
Улуу тозок, чоң мүшкүл
Көргөнүн айтты Кара дөө,
Канчородон каза таап
Өлгөнүн айтты Кара дөө.
Жети-Өзөн сууга кул болуп,
Келгенин айтты Кара дөө.
Алмамбет уулу Чоронун
Арманын айтты Кара дөө,
Кечирин жоого кестирип,
Калганын айтты Кара дөө.
Жылкычыга кул болгон
Арманын айтты Кара дөө.
Ыйыктап отун көтөрүп
Өлгөнү жүрөт Күлчоро.
Быйыл ажал мүшкүлдү,
Көргөнү жүрөт Күлчоро.
Ушу бүгүн Чоронун,

www.bizdin.kg

Каны калган бир кашык,
Эти калган көк жашык,
Дарман кетип алы жок,
Кутуртчу кубат каны жок.
Күл абамдын алы жок,
Жылкычы кулу баркы жок,
Күрдөлдүү кыргыз калкы жок,
Аяш ата Кызылсарт,
Өзүңдөн айла болбосо,
Багыштын уулу Кыязга
Чапчыша кетер чаркы жок,
Ушу бүгүн Күлчоро
Эмгек тартып минетип,
Быйыл өлөр кезеги.
Кулдук тартып кайгырып,
Куруп жүрөт Күл абам.
Аяш ата Кызылсарт,
Айлалуу өзүң барбасаң,
Күл абамды өлүмдөн
Ажыратып албасаң,
Төрөнүн уулу Сейтекти
Билбегенди билгизип,
Билип жолго киргизип,
Арка болуп абыдан,
Ата болуп жаңыдан
Өзүң жолго салбасаң,
Карыган Бакай абаңдын,
Калк атасы бабамын
Үкүлдөргө үнү жок,
Кордук көрдү мууну жок.
Арман катуу алы жок,
Айлалуу Бакай бабаман
Ажырарга чама жок.
Эртең менен болгондо
Өлүүчү жандын ою – дейт,
Улак болуп тартылып,
Балбандардын тою – дейт,
Карыган энем Каныкей
Чыңырып ыйлап күйөөр – дейт,
Канчоро канга күң болуп,
Музоо багып жүрөт – дейт.
Айдай жеңем Айчүрөк,
Айчүрөк айткан кеби эле:
«Аяш ата Кызылсарт,
Азап менен мүшкүлдөн,
Тозок менен кордуктан,
Азап менен чоңдуктан
Ажыратсын» – деди эле.
Ажыратып албаса,
Курга түйгөн кантына,
Кудайлашкан антына,
Жеңекем айткан кеби эле:
«Аяш атам беренди
Антка койгун деди эле».
Деп, ошондой деген соң,
Айчүрөк айтса мындай кеп,
Арбагы артык Манастын
Атын сыйлап барайын,
Айдай катын Чүрөктүн,
Аяшым эле башынан,
Катын сыйлап барайын.
Жети миң кызыл нар айдап,
Нар куйругун өрөйүн,
Ай тийгендей чоң канга
Куран окуп келейин.
Өлгөндө көргөн берени
Барып бала Сейтектин
Быйыл жүзүн көрөйүн.
Шердин шери Күлчоро
Азарым анык салайын,
Айлам жетсе кургурду
Айыктырып алайын.
Алмамбет уулу Чорого
Үзүрлүү кебим айтайын,
Өчкөн отун тамызып,
Өлгөн жанын тиргизип,
Андан кийин кайтайын.
Буттан алтын зээр менен,
Миңдеп кызыл нар менен,
Азар түмөн мал менен,

www.bizdin.kg

Өткөн көкжал баатырга
Азасын окуп кайтайын,
Артында калган жетимге
Үзүр-назыр айтайын.
Алакан жайып бата окуп,
Азгана дүйнө түмөн мал
Чүрөккө берип тартайын.
Асыл жандан кем болгон
Ааламдын шери Күлчоро,
Жүз көрүшүп, өң көрүп,
Бир сүйлөшүп кайтайын.
Алалуу жылкы боз эле,
Атасы айкөл Алмамбет
Үч антташкан дос эле.
Өң көрүп сөзүм айтайын,
А дүйнө кеткен абаңдын
Алты сан колдук балбандын,
Каруусу толук эрендин,
«Какайлатып» кытайдын
Канын төккөн берендин,
Айзага камбыл ыктуунун
Шай колдогон мыктуунун,
Арбайын сыйлап кайтайын», –
Деп, ошентип, Кызылсарт
Кастуу түмөн капкачы,
Капкачыда бакмачы,
Айзакердин эренин
Баарын жыйып алды эле,
Акылга дыйкан беренин.
Керилип балта чапчуусун,
Кеп айласын тапчуусун,
Эң күжүрмөн даңгылын,
Кайраты толук камбылын,
Аламан койчу ыктуусун,
Акылга чечен мыктуусун,
Кең көкүрөк дардаңын,
Кериштен качпас балбанын,
Чогуу жыйнап алды эле,
Чубатууга салды эле.
Ар чубатып мал алып,
Алтымыш балбан жан алып,
Кара дөөдөн кеп угуп,
Каралуу калып Айчүрөк,
Жетим калып эр Сейтек,
Жедигер келди деп угуп,
Калк чогулган чуу болуп,
Асман жарган дуу болуп,
Пилге арткан кол бакыр,
Кыязда жүрдү көп баатыр.
Кызылсарт тандап кол алып,
Алтымыш балбан көп баатыр
Атпаган алты мураапы,
Эл чалган элүү кыраакы,
Эчен түркүн эр айдап,
Эңкейип жолго кирди эле.
Балбанынын баарына
Жекейбоз тонун кийгизип,
Тегиз күлүк сүт бото
Желмаян төөдөн мингизип,
Беш адамга бир адам,
Бакшы коюп салыптыр.
Он адамга бир жанды
Жакшы коюп салыптыр,
Алтымыштын эсебин
Элүү башы алыптыр.
Он башысы ороктоп,
Элүү башы короктоп,
Баатырлары бөлүнүп,
Айзалары короюп,
Кол-колунда көрүнүп,
Касаба желек туу толуп,
Айгайлаган чуу болуп.
Курун селде чалынып,
Куп жөнөптүр Кызылсарт
Кудуретке жалынып,
Аргымагын шайлашып,
Алтымыш балбан белине
Кетмендей токоч байлашып,
Оозун ачып асманга
Дарттарын жоктоп кайлашып»,

www.bizdin.kg

Билге ок-дары арттырып,
Баякы арты кучак чоң комуз
Дутарларын тарттырып,
Алтымыштай балбанга
Тегиз акуш* айттырып,
Аргымагын жайлатып,
Демдеме күрүч, ширүүн аш
Конгон жерге кайнатып,
Ат-аттарын чекейтип,
Көк кепичин тепейтип,
Эпсиз эндүү тон алып,
Алтымыш балбан чогуу алып,
Азыр чыгып жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Кыясы кыйын бел ашып,
Кыйын дайра, көл басып,
Кыйла күнү чөл басып,
Кызылсарт келип калыптыр.
Аскер жайнап, кол толуп,
Аңгыча кыйла кол болуп,
Келген колу мол болуп,
Баарысы баатыр жан болуп,
Баштаганы Кара дөө,
Себепкер кургур ал болуп,
Айдап алып артынан,
Каарлуу Кыяз дартынан
Асман жарган ызы-чуу
Салып келген кези экен,
Касташары Канчоро,
Кабар берип балбанды
Алып келген кези экен.
Жеткилең күлүк ыктууну
Аяш атаң Кызылсарт
Алып келген кези экен.
Асман жарган ызы-чуу
Салып келген кези экен,
Кыйын мүшкүл чоң жаңжал
Кылып келген кези экен.
Жедигердин эр Кыяз
Ысыгына бата албай,
Суугуна жата албай,
Жылкы беттеп Чорого
Алып келген кези экен.
Карап көзгө иле албай,
Алмамбет уулу арстандын
Кайда экенин биле албай,
Кабарчыдан кеп угуп,
Жылкыга кетти деп угуп,
Чук-Теректин оюна,
Жети-Өзөндүн боюна,
Тоо жоголгон урчукка,
Томурайган тумшукка
Эрендер жетип конду эле.
Чыканактап уйку алып,
Чырым уктап тынч алып,
Жатып жамбаш талдырып,
Жамбаштап уйку кандырып,
Жол баскан тулпар буудан ат,
Бул элдин дөөсү Кызылсарт,
Чатыраш* ойноп даң салып,
Чук-Терек конок болду эле.
Таң сөгүлүп сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Төбөдөн жылдыз сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Таң сөгүлүп турганда,
Желпилдетип жекенди
Жети уруу шамал урганда,
Чөп кыймылдап шыбырап,
Асмандан жылдыз кыбырап,
Так ошентип турганда
Кадырман көкжал Кара дөө
Коңуругу басылып,
Умачтай көзү ачылып,
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Ач арстандай толгонуп,
Колу сууга малынып,
Кол дааратын алды эле.
Шашып намаз окунуп,
Кер күрөңдү токунуп,

www.bizdin.kg

Күнү эмне болду – деп,
Күлчородон чочунуп,
Мына ошондо Кара дөө
Ашып-шашып тез болуп,
Күлүстөндү көрүүгө
Эки көзү төрт болуп.
Кападан дөө чыдабай,
Карааным эле Күлчоро,
Каяша берсе окустан
Карагул кармап сойдубу?
Кабылан тууган арстаным,
Карганын богу болдубу!
Эр Күлчоро медерим
Телегейи тең эле,
Ажалдан кайра тартпаган
Кабылан тууган эр эле.
Кутурган кулдар сойдубу,
Кууракан шерим Күл абам
Кузгундун богу болдубу?!
Айласын таппай урунуп,
Эки көздөн аккан жаш
Омуроо ылдый куюлуп,
Көзү өрттөнүп, өрт болуп,
Асылкечти көрүүгө
Эки көзү төрт болуп,
Ээр белдей боз мойнок,
Акыл сынап, иш ойлоп,
Айласын таппай бой-бойлоп,
Акылы айран бөлүнүп,
Ар бир санаа, миң мүшкүл
Төбөсүндө көрүнүп,
Дөбөгө чыгып караса,
Калк аманын кааласа
Көктөн түтүн бөлүнүп,
Бир жаңы ордо көрүнүп,
Ал ордого барууга,
Ою кетти Кара дөө
Ордого кабар салууга,
От жакчу байкуш Күлчоро
Жолдош кылып алууга,
Жылкычы башы Карагул
Кылча жанын аябай
Кыргынды кыйын салууга.
Барып жетип караса
Калк аманын кааласа,
Көктө түтүн бөлүнөт,
Ордосу чукул көрүнөт.
Ордо алдында ак мамы,
Сайкашкага чак мамы.
Көктө түтүн бөлүнөт,
Аюу көпчүк, ак быштан
Азамат аты көрүнөт.
Тууган болсо туура өзү
Туугандыгын билүүгө,
Душман болсо момуну
Жер-жерине тийүүгө,
Желке жагын карабай,
Өлүмдөн жанын аябай,
Салып жетип ордого
Сандыргалуу Кара дөө
Салып жетип караса,
Калайык аман, калк аман,
Калың элдин баары аман.
Тегиз курчоо жер аман,
Эр Күлчоро шер аман.
Тилегин Кудай бериптир,
Абасына аркалап,
Берен Сейтек келиптир.
Ыдыры кеткен жылкычы
Ошо Сейтек келгенде,
Кырылган экен баарысы,
Эр Сейтек келип Чорону
Жетип султан коюптур,
Жылкычыга Күлчоро
Жетик султан болуптур.
Күлчоронун ордодон
Казы кайнап май аккан,
Калың дүйнө баары аккан.
Казыларга көмүлгөн,
Казыларга бөлөнгөн,

www.bizdin.kg

Тумшугу жок Чоронун
Ооруганы басылбай,
Умачтай көзү ачылбай,
Ойлонсо көңүл жазылбай,
Ооруп жаткан кези экен.
Чоро ооруп жатканда
Кабарга барган Кара дөө:
«Салоодон салоомалеким
Сандыргалуу шерим – деп
Адамзат пендеге
Табылбай турган эрим – деп,
Дартыңа шыпаа кылууга
Себепкор алып келдим – деп,
Кан атанын сырдашы,
Абакеңдин курдашы,
Туу түбүнө туруучу,
Илдетке шыпаа кылуучу,
Аяш атаң Кызылсарт
Азыр алып келдим – деп,
Тилеген дартың көкжалым,
Колуңузга бердим – деп,
Кара дөө келип турду эле,
Алтымыш балбан, Кызылсарт,
Аттан түштү албайып,
Арстандай балбайып,
Алты миңдей кызыл нар,
Кызыл нарга арттырган.
Кызыл алтын зери бар,
Кыямат кеткен көкжалды
Азалап келген чени бар.
Алтымыштай жаны бар,
Баарысы балбан абыдан.
Аттан түшүп албайып,
Каран калган ордого
Баарысы кирди балпайып.
Күлчорону көргөндө
Мууну бошоп буркурап,
Буудан экен Кызылсарт,
Өкүрүп кирди чуркурап.
Кызылсарт ыйлап турганда
Тили жок кайың-тал ыйлап,
Тиктеп турган жан ыйлап,
Белгилүүдөн бел ыйлап,
Атадан жетим эр Сейтек
Алды каткан шер ыйлап,
Арман кылып Күлчоро
Ал байкушуң тең ыйлап,
Дүмөктүү сөздөн баштады,
Малы түгүл жанынан
Балбандар кечип таштады.
Мына ошондо Күлчоро
Кожураган коногун,
Козгой берди жомогун,
Кан өлүп кара кийгенин,
Айтып берди билгенин:
«Аяш ата Кызылсарт,
Чама чарчап ал кетти,
Абакем султан минетти,
Олжо болду шум карып,
Ойрон болду тулпарым.
Бел байлаган бел кетип,
Берен абам шер кетип,
Өзөнгө бойлой конгомун,
Өткөрө кордуу болгомун,
Карааным жок кайгырып,
Канкоруман айрылып,
Ойрон болгон ашыбыз,
Олжого кеткен башыбыз.
Көтөргөн отун мунубуз,
Бир көнөк суу кунубуз,
Карагул болгон каныбыз,
Кашык калган каныбыз,
Капилет өлүп төрөбүз,
Күйүттө калды энебиз.
Ээн калган Талас жерибиз,
Эчак сынган белибиз.
Көл-дайрадан айрылып,
Балчык болуп турабыз,
Улукман шерден айрылып,
Тантык болуп турабыз,

www.bizdin.kg

Айкөл шерден айрылып,
Алсыз болуп турабыз,
Кабылан абам барында
Арстан элек жетилдик.
Абакем Семетей көзү өткөн соң,
Ак болот элек кетилдик,
Берен элек кайгырдык,
Белгилүү шерден айрылдык.
Аяш ата Кызылсарт
Жондор жооруп Кыязга,
Жорго болуп келгенбиз,
Ырыстан чогуу ажырап,
Жети-Өзөндө жедигер
Багыштын уулу Кыязга,
Олжо болуп келгенбиз.
Талаанга түштү малыбыз,
Такыр өлдү каныбыз,
Алты сандан ажырап,
Эчак кеткен алыбыз
Казылган калың орум бар,
Кайнаган калың шорум бар,
Өлөйүн деп өлө албай,
Өз жанды өзүм кыя албай,
Талоонго түшүп малыбыз,
Кашыкча калды каныбыз,
Жоголуп бара жатамын,
Аяш ата Кызылсарт
Бизди жолдош кылып алыңыз.
Асмандан жылдыз боз болгон,
Атакем Алакем менен дос болгон.
Суукка тоңдум тонуң бер,
Тилендим эки колум бер.
Дарман кетти дарың бер,
Кожозаада кан ата,
Дарыңыздын баарын бер.
Тилендим, ата, сонун бер
Бөлүнүп кетпес колуң бер» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Байкуш мындай деген соң,
Аяш ата Кызылсарт
Себепкердин өзү эле,
Караган кара көзү эле,
Кызылсарттын өзүндө
Кошмо кызыл дары бар,
Дарысынын баары бар.
Чоң-Багдадды чалдырган,
Эпсиз деген дарыдан
Ээн жерден алдырган.
Чоң-Мисирди чалдырган,
Эбеп-себеп дарыны
Так ошондон алдырган.
Бир бергенде дарысы
Ооруган жери басылат.
Бир бергенде дарыга
Умачтай көзү ачылат.
Ары эбеп дарыдан,
Дарысынын баарынан,
Ажалга себеп өзүнөн,
Дарынын кара көзүнөн,
Кыл аябай Кызылсарт
Кыйындап дары салды эле,
Мында дары болгон жок,
Айыгып Чоро оңгон жок.
Чыны менен күйүнүп,
Чымындай жандан түңүлүп,
Арданып Чоро күйүнүп,
Аманат жандан түңүлүп,
Чоро минтип турганда
Аяш атаң Кызылсарт,
Себепкердин өзү экен,
Кылдаттын кара көзү экен,
Акыл ойлоп, кеп ийлеп
Аңгылдыгы* дагы бар,
Ар ооруга себепкор,
Камбылдыгы дагы бар.
Күн кылкылдап батканда.
Элдин алды жатканда,
Көнөчөк баштуу көк даңгыт,
Көкжалдан калган ит экен,
Улуп-уңшуп күйчү экен,

www.bizdin.kg

Баана кылып Чорону
Байкушуң ээрчип жүрчү экен.
Баатырдан калган көк даңгыт,
Баса калып Кызылсарт
Көк даңгытты сойду эле,
Кесип алып кечирин
Күлчорого салды эле.
Кылдат экен Кызылсарт
Кызык экен кеп кыйып,
Күлчоронун далыга
Ит кечирин эп кыйып,
Кырма кызыл дарыны
Кырк жолу сыйпап салганда,
Кайнатма кара дарыны
Канча жолу сыйпап алганда,
Ата байкуш Чоронун
Ооруган жери басылып,
Умачтай көзү ачылып,
Денеге чуркап кан толуп,
Кайрат ашар күн болуп,
Ай бөксөрүп, түн өтүп,
Арадан эчен күн өтүп,
Кубат кайнап күч толуп,
Чама кайнап ич болуп,
Казыга жатып күн болуп,
Көргөнү Кадыр түн болуп,
Бошогон мууну оңолуп,
Капанын баары жоголуп,
Ою кадыр түн болуп
Идерлүү жигит, күлүк ат
Байдасы толор күн болуп,
Мына ошондо Күлчоро
Ордуна келип оңолуп,
Себепкери Кызылсарт,
Дартынын баары жоголуп,
Кайрат күчөп, күч толуп,
Ойлонсоң Чоро ушундай
Урунарга тоо таппай,
Урушаарга жоо таппай.
Чайнарына таш таппай,
Жулуп салар баш таппай,
Кайраты кашат белиндей,
Карасаат Күлчоро
Кармашса адам жегидей.
Айбатынан Чоронун
Ал жедигер качкыдай
Жети сан илек жоо келсе,
Жеке өзү жанчкыдай,
Оозунан чыккан илеби
Өзөндү өрттөп кетчүдөй,
Кыймылдаса жөн эле
Кылымды кырып өткүдөй.
Кең бейилдүү колоттой,
Келишимдүү кашка тиш
Таптап койгон болоттой,
Кыр мурунун карасаң,
Селебе кылыч кабындай.
Бурулуп чыккан муруту,
Букарлыктын шабындай.
Эки көздүн ысыгы
Өзөнгө чыккан жалындай,
Көз кычыгын карасаң,
Соолгон кудук ордундай.
Кыймылдаса карасаат
Кылымды ууртап соргудай,
Кетилгенден жетилип,
Канкор Чоро болуптур,
Кайра баштан кубаты
Көк кенедей толуптур,
Көкжалдыгы, шердиги
Баштагыдай болуптур.
Сүрүмдүү кыраан байкуштун
Сүйрүсүнө сүт толуп,
Ийрисине эт толуп,
Эттешер кези болуптур.
Багыштын уулу Кыязга
Беттешер кези болуптур.
Келбети тоонун теңиндей,
Кез болсо жанды жегидей,
Шай колдогон Күлчоро

www.bizdin.kg

Жаңжал салбай турабы,
Жаңжалдашып өч албай,
Чорону Кудай урабы?
Алтын жаак чоюн баш,
Заарын көрсөң оолак кач.
Кармап колго имерип,
Жолум үйдөй кара таш
Кош колдоп тартып жиберди.
Чокморунан чок чыкты,
Быркыранып от күйүп,
Кара таштан от чыкты.
Чапканынан чаң чыкты,
Көргөн элден жан чыкты.
Күчтү Чоро баштады,
Кастарын тиккен көп душман,
Малы түгүл жанынан
Такыр кечип таштады.
Мына ошондо эр Сейтек,
Абасынан кеп сурап,
Кырга кирип алыптыр,
Айыкпаган бир үлкөн
Чууга кирип алыптыр.
Басылбай турган балакет,
Дууга кирип алыптыр.
«Каралдуу абам, канкор шер,
Ырдап айткын ырыңды,
Ымандай айткын чыныңды,
Сүйлөп бер, аба, сырыңды,
Дөөлөтүң аман чагында,
Көкжал абаң барында,
Жетип чаптың Ооганды.
Сенин колуң урунбай,
«Жейт-Кайт» кайдан соо калды.
Барып буздуң Ооганды,
Басып талкан салбаган,
Багындырып албаган,
Бакүнчө кайдан соо калды?
Коржойгон көкжал барында
Курчтан болот көөлөдүң,
Кез келген жерди ээледиң,
Белгилеп белди курчандың,
Беттешкенге чыр салдың,
Каканды камап, жерди алдың,
Байгамбар басып кире албас,
Башалуу кытай элди алдың.
Жетип бузуп жерди алдың
Баатыр, Жеркенди бузуп кол салдың.
Жетик түрүң барында,
Жет-Кайтты чаап олжо алдың,
Түмөндү бузуп түз кылдың,
Кара-Шаар, Камбылды,
Камап түшүп жол кылдың,
Солоон шиве манжуну,
Жүндөй сабап кор кылдың.
Сыр найза сунуп көөлөдүң,
Сырттаныңдын барында
Сыздатып элди ээледиң,
Мыктуу экениң билинди.
Бир атыңыз Бээжиндин
Бичигине чийилди.
Асылың төрөң барында,
Ак марал айдап уй кылдың,
Ай-ааламга чыр кылдың,
Окчонтой октон солоттуң,
Берениңдин барында
Бет алган жоону колоттуң.
Асмандан түшкөн алты курч,
Атадан калган мураа деп,
Кынай белге байладың,
Кылымды жеке жайладың.
Кабылан элең каңгыдың,
Кайраныңдан айрылдың.
Күйдүң-жандың бул болдуң,
Күлүстөндөн ажырап,
Жылкычыга кул болдуң.
Белес элең жол болуп,
Белгилүү шерден ажырап,
Бет алып жаман кор болдуң.
Бүгүн кыйшаңдабай кыныңды айт,
Кыдыр чалган кабылан,

www.bizdin.kg

Бүгүн кыйын мүшкүл чыныңды айт!
Токунуп чыккан тердикти айт,
Баягы топту бузган эрдикти айт!»
Сейтек кыстап турганда,
Айтпаса Чоро болобу,
Айтпай койсо Күлчоро
Эгерде эки болобу?
«Ата, жетим эр Сейтек,
Ырдатмак болдуң ырымды,
Сурамак болдуң чырымды.
Баштатмак болдуң каланы,
Баатыр, күчөтмөк болдуң балааны.
Укмак болдуң кебимди,
Баатыр, чыгармак болдуң желимди!
Кайгы болгон бу башты
Капка-Ташка токтоттуң,
Сен качанкы жинди жоктоттуң!
Байыркымды мен айтсам,
Балам, Сейтек, тура тур,
Мактангандай болормун.
Эртеңкимди мен айтсам,
Ээликкендей болормун.
Эчен мүшкүл ой ойлоп,
Желиккендей болормун,
Береним көкжал барында
Капчалды бузуп жол салдык,
Эл жыйнабай, кол жыйбай
Каканчынга кол салдык
Бээжинди чаап жылкы алдык.
Кызыл алтын, жакут таш,
Кымбат көхар таш алдык,
Тейтей буттан уз алдык,
Опсуз сулуу кыз алдык.
Айзалап бузуп малды алдык,
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны чоң улук
Эскара кандай канды алдык,
Кыясын бузуп, көч алдык,
Кыйкырып алты ай урушуп,
Кыжылдаган кытайды
Кыйратып бузуп, өч алдык.
Алтайын бузуп, сай алдык,
Кербенчи бузуп чай алдык,
Кабылан абам барында
Канга тоюп катыктык,
Ааламга «канкор» атыктык,
Бөрк ал десе, баш кестик,
Суу ич десе, уу ичтик,
Кан төк десе, жин төктүк,
Өзөндүн суусун майладык,
Өчөшкө чогуу тийгенде
Өз атаны жайладык.
Аябай жинге тийгенде,
Кан Манастын кырк чоро
Кырк чоро эмес, кырк жоро,
Кыркынын жөнү кырк башка
Кыркы – кылымды бузган көй кашка.
Ат семирип ык болгон,
Аралаш конуп Манаска
Атагы чыгып кырк болгон.
Бек найза сунса ок кылган,
Бет алса жанды жок кылган,
Кырк чорону кырганбыз,
Өзүнүн кылганы үчүн кылганбыз.
Жалынса жанды түк койбой,
Жабыла кеткен кырк чоро,
Жадаасы келсе союуга.
Камына кеткен кырк чоро,
Кыйындап жинге тийгенде
Кырк жайсаңды кыйраттык,
Кыз-келинин ыйлаттык.
Кырк чоронун кырк ордо,
Шамалдап чыгып жонду алдык,
Кыргынды кыйла мол салдык.
Ачууга чындап тийгенде,
Абыкени аңтардык,
Көбөштү көргө киргизип,
Көй душмандын баарына
Көкжалдыкты билгиздик.
Ак болотту майладык,

www.bizdin.kg

Ачууга чындап тийгенде,
Адыбай, Көлбай жайладык.
Көк болотту майладык,
Чын ачууга тийгенде
Чыйбыл, Кочкор эки арам,
Эки арамды жайладык.
Кыяптуу жинге тийгенде,
Алардан чогуу безгенбиз,
Алты арам эмес, кырк чоро
Кылычтап башын кескенбиз.
Котонду камап ордо алдык,
Орчун журтка кол салдык
Сыздатып камап жерди алып,
Күнжүтүн чаап, элди алдык.
Абакем султан барында,
Ак марал кууп уй кылдык,
Ай-ааламды буй кылдык,
Көк марал кууп уй кылып,
Көрүнө жерди буй кылып,
Душман десе желиктик,
Жейт-Кайтты бузуп ээликтик.
Кыяны бузуп, сайды алдык,
Кыйратып эчен канды алдык.
Кече көөдөктүктөн кайгырып,
Айланып учар канаты
Тайбуурулдан айрылып,
Өзөктөн күйгөн өрт чыгып,
Өз туугандан жат чыгып,
Тай-кунандай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен.
Канчоро чочко кас чыгып,
Сындырып эки колумду,
Чыгара тепти боорумду.
Душмандан бетер кутургур,
Туугандан көрдүк сонунду.
Тууган болуп душманым,
Ичимен кетпей тоо болду.
Эрибейт менин бушманым,
Кызыталак Канчоро
Тиктеген менен душманым.
Талаадан сойду канымды,
Талкалады жанымды,
Тирүүлөй кылды сонунду,
Карыдан кесип колумду,
Агызган суудай канымды,
Кетирген менин алымды,
Суудай төккөн канымды.
Кургурум абам барында
Бет алган жагым кызыл өрт,
Бендеден ашкан шер болдум
Берендин көзү өткөн соң,
Шер эмес кара жер болдум,
Төрө-шерден айрылып,
Төбөсү түшкөн көр болдум.
Кааргa жаман капталдым,
Кара жерге тапталдым,
Кыязга олжо бул болдум,
Жылкычыга кул болдум.
Он эки жылы болгуча
Чылгый тери ийледим.
Калмактардай бийледим,
Каары катуу түн көрдүм,
Өлбөй-житпей күн көрдүм.
Менин түп атам кытай Чылаба,
Бу кордукту сураба.
Эрендин көзү жоголуп,
Эки далым оюлду.
Ааламдын шери Күл абаң,
Ар мүшкүл тартып союлдум.
Басарым чуңкул ор болгон,
Башаабыз Кыяз чоң болгон.
Күнөөкөр болуп кор болуп,
Күлүстөн тууган Күлчоро,
Абаңыз мындай кор болгон.
Эртеңкини биз санап
Эстен танып күйөбүз,
Эсилден жетим калды – деп,
Кубат кылып жүрөбүз.
Атасын тарткан шер болсо,
Атышты арбын салар – деп,

www.bizdin.kg

Амызга келсе урушуп,
Жесир, жетим, мискилди
Ажыратып алар – деп,
Ошону сурап жүрөбүз.
Олжого келдик каңгырып,
Ойрон шерден айрылып,
Кармоого түштүк камалдык,
Каары катуу душманга
Аркансыз, жипсиз байландык,
Айланы таппай сандалдык.
Кыязган жарлык кылар – деп,
Айла таппай турабыз.
Баатырдан баанай калды – деп,
Өзүңдү баана кылабыз.
Өксөп-өчүп кул келип,
Олжого түшүп күң келип,
Өлөйүн деп арыман,
Өлбөй турам кулунум,
Өлчөмдүү Сейтек барынан.
Кетейин деп арыман,
Кетпей аман турганым.
Керегим Сейтек барынан.
Төрө атаң көкжал Семетей,
Кабылан атаң өзүнөн,
Каракан кара көзүнөн,
Жылгынды Кең-Кол жер калды,
Жыргалдуу кыргыз эл калды.
Кунан минип, куш салып,
Кутуруп жыргап жатуучу,
Курган кыргыз эл калды,
Курулган Талас жер калды.
Куруган аргын эл калды.
Кызыл алтын, кыйла мүлк,
Сан казына тең калды.
Зарланган эчен эр калды,
Сакалы куудай агында,
Сапары чукул барында,
Эми аттанып өлөрдө,
Кайра тартпас чын жайды
Кадыр Алда берерде,
Калк чогулуп көмөрдө,
Асылынын сырдашы,
Аркы атаң Манас курдашы,
Армандуу Бакай эр калды.
Төрө атаң султан барында
Карыя Бакай өлбөдү.
Калк чуркурап, журт чуулап,
Кан абамды көмбөдүк.
Асманга учуп топурак,
Бадыша Бакай өлдү – деп,
Аскер кайнап топурап,
Бээ баштаган беш сан мал,
Бек ашына кырбадык,
Берен Бакай дүбүртүн
Көкөтөй канча кылбадык.
Аксакалын чүштөйтүп,
Асылдуу сөөгүн мистейтип,
Замзам менен жуудуруп,
Зарбар менен буудуруп,
Кымыз менен жуудуруп,
Кымкап менен буудуруп,
Келинге кете кийгизип,
Кетече тондун этегин
Кең кылып жерге тийгизип,
Кызга кызыл кийгизип,
Кымча тондун этегин
Кыйгачтап жолго тийгизип,
Кабылан Бакай өлбөдү,
Өлгөнүн калк көрбөдү.
Нар баштаган алты сан,
Байгесине сайдырып,
Кызыл-тазыл кырмызы,
Зыйнатына жайдырып,
Сан карача, илек мал
Санатына салдырып.
Бабабыз Бакай өлбөдү,
Баатыр атаң Семетей,
Бакай канды көмбөдү.
Төрөнү коюп калбадык,
Баатыр Бакай абама

www.bizdin.kg

Уучтап топо салбадык,
Бир кызыгын көрбөдүк,
Канкор Бакай абамды
Терең казып тепкилеп,
Журт атасы өлдү – деп,
Колубуз менен көмбөдүк.
Кол-аяк жыйып калбадык,
Канкор Бакай абама
Уч топурак салбадык.
Сырттан Бакай абамдын
Сыпаалап ашын бербедик.
Алты тулпар ат менен,
Алакандай кат менен,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана желбедик.
Төрөлүү журтту чуулатып,
Бакай кан ашын бербедик.
Туусунун байрак желегин
Кызыл-тазыл кыйбадык,
Кан атам Бакай өлдү – деп,
Капыр менен бусулман
Бирөөн койбой жыйбадык.
Болкоюп Бакай ашына,
Капыр менен бусулман
Калк жыйналган кашына,
Хан атам Бакай ашына,
Жай-жаракты жайланып,
Жалаң кылыч байланып,
Жазайыл белге чалынып,
Ач арстандай чамынып,
Журт чуркурап басылып,
Кыраңы тоодой Семетей
Ак келтесин асынып,
Ак келтенин милтеси,
Ар кандай түргө бөлүнүп,
Абайлаган душманга
Аласкар тоодой көрүнүп,
Араандай оозун ачканда,
Көкжалыңдын оозунан
Көк жалын чыгып төгүлүп,
Көрсө түрү бир бөлөк,
Соруучудай түрү көрүнүп,
Ардай болгон Буурулдун,
Тартып оозун бурган жок,
«Кан атам Бакай ашы» – деп,
Аш башкарып турган жок,
Сан казына, түмөн мүлк,
Балталап оозун ачпадык.
Кан Бакайдын ашына
Зарып кылып чачпадык.
Астыңкы жолду чубатып,
Капыр менен бусулман
Кан Бакай деп чуулатып,
Кастарлап ашын бербедик,
Капыр менен бусулман
Такыр жыйып көрбөдүк,
Бадыша Бакай абамдын
Барыктап ашын бербедик.
Душмандын болот огунда
Жапанын жаман торунда,
Каарды тартып карыям
Канчоронун колунда.
Балбандан талоо көп көрүп,
Арып Бакай калгандыр,
Акыл качып, эс кетип,
Карып Бакай калгандыр.
Өлө турган өлчөөгө
Барып Бакай калгандыр,
Жал-куйруктан айрылып,
Кайран Бакай карыя
Сопол болуп калгандыр,
Мүйүзү сынып кор болуп,
Токол болуп калгандыр.
Калк чуулдап, эл дүрбөп,
Кайран Бакай абамдын
Кастарлап ашын бербеди.
Журт күркүрөп, эл чуулап,
Бабам Бакай карыя
Андай кызык көрбөдү.
Өчүп-жанып күйгөндүр

www.bizdin.kg

Балбандарга Бакай эр
Көкбөрү болуп жүргөндүр.
Берен энем Каныкей
Каардуу кандын огунда
Олжого түшүп күң болуп,
Өрттөнүп жанып, күл болуп,
Тытылган даакы жүн болуп,
Канчорого күң болуп,
Бели ычкынып бекчейип,
Музоо багып чекчейип,
Бышбастан мурун бышкандыр,
Кордуктан басып чыга албай,
Аман-соо деп ал байкуш,
Бизден кабар уга албай.
Өксөп ыйлап тура албай,
Өлүп жанды кыя албай,
Акылы айран бөлүнүп,
Карарган көздү кал басып,
Айбан мал менен урушуп,
Кайран бети бырышып,
Күйүп жүргөн чагыдыр.
Жалындап күйүп чок болуп,
Жан кашайып топ болуп,
Өчүп-жанып от болуп,
Өзү мындай болгондур.
«Балам Сейтек угуп ал,
Абакең байкуш сүйлөсө,
Албан түрлүү шуму бар.
Айтканга кызык муңу бар,
Туугандан көрдүк кордукту,
Жакындан көрүп кор болдук,
Жапалуу мүшкүл зордукту.
Кечээ Кара-Буура, Чаткалда
Канкор атаң баш болуп,
Кайкалап кыргыз жатканда
Түп атаң түптүү жак болгон,
Түгөл атаң кан болгон,
Кагышкан адам жай болгон.
Аркы атаң аты Ногойдур,
Ногой кайдан оңойдур.
Сомбуктун суусун бойлогон,
Согушкан адам сойлогон,
Бет алган тирүү болбогон.
Аркы атаңдан түп атаң
Кабылганды кайсаган
Кез болгонду кент кылган,
Бет алганды мент кылган,
Атышкан адам калбаган,
Атаң мындай кан болгон,
Ал атаңдын иниси –
Айтылуу Шыгай бар болгон.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Эсиркеп жүрүп эл бузган,
Калайык чайкап, журт бузуп,
Карагай найза боолашып,
Кан атаң менен жоолашып,
Качып кирип Толтойго
Туюкту кечип кыр баштап,
Тутанып өлгөн кутургур
Калк чогултуп кол баштап,
Атакеңе чыр баштап,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Калайманды салууга
Кан Акун кызы энеңди,
Атаңан тартып алууга,
Кылым жайлап кол толуп,
Кырылып бузук чоң болуп,
Кырк күн тынбай урушуп,
Жедигер кыргыз беттешип,
Шай колдогон шер өлүп,
Кычыраган эр өлүп,
Айзакер даңгыл ыктуу өлүп,
Алымы Толтой мыктуу өлүп,
Аламан коюп турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып уруштук.
Шыгайдын уулу Кожону
Жаңжал салды, биз сойдук.
Кечээ кыргынды кызык баштадык,

www.bizdin.kg

Кыйыны Толтой, Чынкожо
Кыргын кылып таштадык.
Беттешип уруш кылганда,
Эрендерин кырганда,
Айзага камбыл ыктуу өлгөн,
Ааламдан чыккан мыктуу өлгөн.
Келген эчен кан өлүп,
Кез болгондун баары өлүп,
Айры белес, кайкаңды
Чала жүргөн жол эле,
Чабышканды абакең
Ала жүргөн кол эле.
Канкорунун барында
Күлүстөн абаң шер эле,
Ай-ааламды буй кылган
Арслан көкжал шер эле.
Катылганды кайсаган
Кайран Чоро мен эле,
Багым тайып бел кетип,
Кабылан көкжал шер кетип,
Кулдук менен күн өтүп,
Эми балам, эр Сейтек,
Куруп турам минетип.
Кабыландын барында,
Казыны кертип жеп жүрдүм.
Баарыдан тозок, чоң мүшкүл,
Балакет кайда деп жүрдүм.
Айкөлүмдүн барында,
Ааламды билдим дууладым,
Айкөлүмдөн айрылып,
Азап тарттым куурадым.
Кагышка чыксам камсыкпай,
Казыны кесип жечү элем,
Кыйыным абам барында
Кыргыз турмак кылымга,
Кыргын салам дечү элем.
Бел байлаган белим жок,
Береним айкөл шерим жок,
Бүгүн көргөн эртең жок.
Уйпаланат бир күнү
Ушундай болот дүйнө бок», –
Деп, ошентип, Күлчоро
Капаланып иш бүтөп,
Каңырыгы бек түтөп,
Баатыр көкжал аттанып,
Ителгидей кайран көз
Ирмебестен жаш алып,
Кайгыланып кол курап,
Жашып кетти коңгурап.
Күлчоро жашып турганда
Кызылсарт баштап кары ыйлап,
Кыйла журттун баары ыйлап,
Ээлигип Сейтек эр ыйлап,
Эс билгендин баары ыйлап,
Эрде мүшкүл каран иш
Ушундай болор деп ыйлап,
Мына ошондо эр Сейтек
Арсландай көз жайнап,
Ачууланып тиш чайнап,
Каарланып камынып,
Ачууланган Сейтекке
Кайыптан акыл табылды.
Жетик көкжал желигип,
Жетилген Сейтек күүлөнүп:
«Тартынбастан кайран баш
Тайкүрөң каалап минбесем,
Быйыл тартынбай жоого кирбесем!
Кас санашкан душмандын
Кашайта жинин какпасам,
Кыргынды кызык салбасам,
Кыямат кеткен атамдын
Быйыл кегин албасам,
Туулбастан өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн!
Канзааданын баласы
Кыяны бузуп көчалбай,
Кылымды бузуп өч албай,
Калдайды бузуп кан албай,
Кагыш кылып жан албай,
Айза сунуп топ бузбай,

www.bizdin.kg

Дагдыр жетип окко учпай,
Кантип тирүү туралы!
Бейли кара Кыязга
Бет алышып урушпай,
Кармашып жатып кан албай,
Кармашып жүрүп жан албай,
Тирүү болбой өлөйүн
Туура жаңжал салбасам,
Туулбай туна чөгөйүн.
Кызыккан экен эр Кыяз
Кырылышып көрөйүн!
Кутурган окшойт куу Кыяз
Мен бир куп урушту кылайын,
Белсенип алып кол салып,
Бээжинге чейин кубайын.
Калтырбай ханын соёюн,
Кабыргасын сөгөйүн,
Көөкөрлөп канын төгөйүн!
Алышты арбын салбасам,
А дүйнө кеткен атамдын
Быйыл кегин албасам,
Жети-Өзөндө жедигер
Жети-Өзөн күтүп жер кылып,
Жедигерди эл кылып,
Кашатын өрттөп чок кылып,
Хан Кыязын жок кылып,
Өзөндүн суусун бурбасам,
Өңгөчө кара жедигер
Өрт өчкөндөй кылбасам,
Баатырларын баспасам,
Басташканын өлтүрүп,
Кектеп кегим ачпасам,
Туулбай туна чөгөрмүн,
Касташарым кан Кыяз,
Бир урушуп көрөрмүн,
Чымчышарым Канчоро,
Чын душманым мына ушул!
Каралды кылган кан абам,
Ата ордуна атасың,
Асылыңдан айрылып,
Арманың айтып жатасың.
Каяша берген душманды
Мээлеп турган кезиңде,
Ай-ааламды буй кылып,
Ээлеп турган кезиңде,
Туюкту бузуп жол салып,
Тушукканга кол салып,
Ээлеп турган кезиңде,
Ич этиңден ок өтпөс
Кийип турган кезиңде,
Кара-Шаар, Камбыл, Бээжинге
Тийип турган кезиңде,
Көк кундуздан суусар бөрк,
Кийип турган кезиңде,
Ай-ааламды буй кылып,
Тийип турган кезиңде,
Ай-ааламды камырдай,
Жууруп турган кезиңде,
Чын дүйнөнү чымындай,
Кууруп турган кезиңде,
Сан колду жарып айза алып,
Ийрип турган кезиңде,
Чөл түшүрүп ааламды
Билип турган кезиңде,
Тулпар минип айза алып,
Кынсыз кылыч байланып,
Канат учуп жете алгыс
Какандын шаарын айланып,
Камап турган кезиңде,
Калдай менен шивени,
Сабап турган кезиңде,
Кубатыңыз күчүңүз,
Чапчышка кирген чамаңыз,
Кандай эле айлаңыз?
Кубат-дарман бүттүңүз,
Курдашың абаң барында,
Кандай эле күчүңүз?
Алыңызды сынаңыз,
Күчүңүздү билиңиз,
Байыркыдай күч болсо,

www.bizdin.kg

Анан жоого кириңиз.
Ал-абалың бүт болсо,
Анан жоого тийиңиз,
Анан чамаң билиңиз.
Чама менен алыңыз,
Эрлик күчтү салыңыз.
Кубат менен алыңды
Эми сынап калыңыз.
Эрдик кылып күч сына,
Абалкы алың бүт сына,
Мына ошондо Күлчоро
Баатырдын аман барында,
Бардык күчүм чагында,
Кум куйкалап таш өрттөп,
Кутуруп турган кезимде,
Жан кыйратып кан төгүп,
Жутунуп турган кезимде,
Кылыч кармап айза алып,
Жайлап турган кезимде.
Бет алганды буй кылып,
Айдап жүргөн кезимде,
Кызыл кылыч зулпукор
Кайрап турган чагында,
Кас душманды талкалап,
Чайнап турган кезимде.
Жеткен жерге дуу кылып,
Керишкен жанды чуу кылып,
Ич этимден от өтпөс,
Кийип турган кезимде,
Атышкан жоону буй кылып,
Ийрип турган кезимде.
Абаң арыстан күчтүү эле,
Абакеңе шордуу Чоронун
Чалышкан чама бүт эле.
Күлүстөн абам барында
Айбалта кармап бурчу элек,
Күч сынашып турчу элек,
Алышка качан тийчү элек!
Жазайыл жааны колго алып,
Катарынан күч сынап,
Токсон кетмен койчу элек,
Күч сынашып күрпүлдөп,
Чууга кирип алчу элек,
Айыкпай турган эң кызык
Дууга кирип алчу элек.
Ойронуңдун барында
Оюнга канып тунчубуз,
Түзөңгө чыккан кайыңды,
Түбү менен жулчубуз.
Төө көкбөрү тартчу элек,
Төрө көкжал барында,
Күүлөнсөк жоого барчубуз,
Күчтү сынап алчубуз.
Даңдуу-Баштын тоо теке,
Териси калың зоо теке,
Ашаткыга салчубуз.
Таалайлуу энем алдында,
Тамандашып тартышып,
Үзүп-үзүп салчубуз,
Булчуң эттер муштумдай,
Мурдакы күч ушундай.
Таң-тамаша салчубуз,
Кымыз ичип кыз ойноп,
Оромпой тээп олжо алып,
Опсуз оюн салчу элек.
Жыргалдын аман чагында,
Жыргалдуу көкжал барында,
Калың журт жыргап, ой тартып
Конуп аткан кезинде,
Күндүзү жыргал, түнү оюн,
Болуп аткан кезинде.
Кымыз ичип тунганда
Кызыл көйнөк, тасма бел,
Кылтылдаган эң сулуу
Кечээ кыз-келин карап турганда,
Эриксек элик атчу элек,
Токсон катар кетменди
Жаа огу менен атчу элек,
Кызыкка мындай батчу элек.
Кубаттын аман чагында,

www.bizdin.kg

Куруган абам барында,
Күлкү салбай турбаган
Күйүнүп жоого кирүүгө,
Күч-кубатты сынаган.
Арслан абам шер эле,
Абам өндүү бендени
Жан жаратып жасаткан,
Жакында бербейт дегеле.
Опсолоң абам улук шер,
Атаганат куу дүйнө,
Адамдан чыкпайт андай эр.
Телегейи тең болчу,
Ичин көрсөң баатырдын
Жер жүзүнөн кең болчу.
Колдогону сур жолборс,
Козголгон андай жан болбос.
Ээрчигени ажыдаар,
Коштогону кабылан,
Бет алса бенде жеңбеген,
Беттешип душман келбеген.
Серпишип адам барбаган,
Чындаган тирүү калбаган,
Беттесе жерди четтеген,
Беттешкен аман кетпеген.
Каарланып качырса,
Кармашса жанды өрттөгөн,
Асты айбаттуу төрөнүн
Астын сала бергенде,
Ажыдаардын түрү эле.
Аркасын салса баатырда
Алты миң эрдин сүрү эле.
Кокуй көкжал барында
Жаа тартчу элек күч сынап,
Ал-абалды бүт сынап.
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жаанамды кыйратып,
Чын күркүрөп турчу элек,
Чындашканды кырчу элек.
Койбоско кордук салчубуз,
Койгулашкан жоо болсо,
Койбой жеке алчубуз.
Кабылан абам барында,
Калк кайтарган биз элек,
Канзааданын түрү элек,
Кайнардын кара көзү элек
Кабылан эрдин өзү элек.
Кымбат көкжал барында
Кызылдуу болот бөрк элек,
Кыйкырган жерге чыр салган
Кызарып күйгөн өрт элек.
Кабыландын барында
Кара курч болот бөркү элек,
Качырса жоонун көркү элек,
Капыстан басып өчүргүс
Карара күйгөн өрт элек.
Канкорумдун барында
Капчалдуу шамал бел элек.
Кагышканга бой бербес,
Ач арстан шер элек,
Көкжалдын анык көзү элек,
Көйкашканын өзү элек.
Туюкту бузуп жол салган,
Тушукса жоого кол салган,
Ала-Тоо бойлоп жердеген,
Какандан келип Коңурбай,
Канкорум аман чагында
Кармашып жатып жеңбеген.
Кан, бек манжу кыйраган,
Беттеген түрүм көргөндө
Бендеден бөлөк экен – деп,
Бээжинден сынчы ыйлаган.
Согушка чыгып чоң калдай
Коңурбай кошо кыйраган,
Канкорума жан түтпөй,
Какандын журту ыйлаган.
Бурган сууну бурганда
Бусурман журтун суусатып,
Кара манжу, көп шибе
Калдайы кыстап турганда,
Туурасын ашып жол кылдым,

www.bizdin.kg

Туурасын кырып кор кылдым,
Манжуларын чуулаттым,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрүн кыйраттым.
Такка минген кан өлгөн,
Тазасынын баары өлгөн,
Белгилүү күлүк буурулду
Беренден сурап мингемин,
Бет алганым буй кылып,
Бээжинге айдап киргемин.
Эрен өткөн атаңды,
Балам, Сейтек, угуп ал,
Ээрчип жүрүп эр болдум,
Эр уулу менен тең болдум.
Жетим калып жетилдим,
Жергеге эптеп кошулдум,
Кенедей калып зор болдум,
Кылымдан Чоро чоң болдум.
Уксаң жайым ушундай,
Канатымдан кайрылдым,
Караны тоодой кабылан
Канкоруман айрылдым.
Өпкөм түшүп оозуман,
Жөтөлө албай турамын.
Омуроом чырмап ок тийип,
Он эки дүрмөт, сексен ок
Көтөрө албай турамын.
Бел байларга белим жок,
Бекип жаткан жерим жок,
Каралды чалкак тоом жок,
Каралды кылып отурган
Канкор абам зорум жок.
Кызмат кылып таш жарчу
Жан бирге эки колум жок.
Кулдуктан абаң кайгырган,
Каралды кылып отурган,
Канкорунан айрылган.
Айрылганда күйгөмүн,
Балам, Сейтек, бадырек
Эсилден тукум калды – деп,
Сени күтүп жүргөмүн.
Абайлап уктум сөзүмдү,
Асылдан калган мураа – деп,
Баана кылдым өзүңдү.
Каалап уктум сөзүңдү,
Канкордон калган мураа – деп,
Каралды кылдым өзүңдү.
Бейлеп көрдүм өзүңдү,
Бек арстандан калган жалгызды
Белиме таңуу кылсам – деп,
Берен абам көкжалдын
Бет алып кунун куусам – деп,
Багыштын уулу Кыяздын
Төбөсүнөн бассам – деп,
Төрт түлүгүн чачсам – деп,
Төрүнө кудук кассам – деп,
Атышты арбын салууга,
Аңтара серпсем, канынан
Кочуштап жутуп алсам – деп,
Эстеген жоом Канчоро
Эки көзүн ойсом – деп,
Түбүбүз тууган бирге элек,
Этине эптеп тойсом – деп.
Кашыктай канын шимирип,
Өксөгөн дартты жойсом – деп,
Жаңжалды жаман салууда,
Жатса-турса тилегим –
Көкжал абамдын өчүн алууда.
Туурага толгон калың мал,
Туйгун абам Семетей
Туура эсиме түшкөндө,
Тутанып жанып өрт болуп,
Тутамга келбейт биздин жан.
Жардай көкжал барында
Жайнаган кызыл чок элем,
Жаханамда жок элем,
Атышса болот ок элем,
Ай-ааламды буй кылган,
Бендеден ашкан шок элем.
Береним жок кар болдум,

www.bizdin.kg

Кымыз ичпес кайран баш
Кыйгыл сууга зар болдум,
Айкөлдүн көзү кеткенде,
Ал түгөнүп кар болдум,
Асыл көкжал барында,
Арак ичпес ушул баш
Ачкыл сууга зар болдум.
Көкжалым абам барында,
Көкжал абам бак берди.
Таруу батпас оозума
Тананын башы чак келди.
Буудан абам кабылан,
Бухарды бузуп бак берди.
Буудан абам өткөн соң,
Буудай батпас оозума
Буканын башы чак келди.
Көргөнүм таяк уу болуп,
Жегеним томук бул болуп,
Дарман чарчап ал кеткен,
Күлүстөн күлгөн абаңдан,
Чама чарчап кан кеткен,
Түшкөнү темир тор болгон,
Тартканы мээнет шор болгон,
Түшкөнү чуңкур ор болгон,
Береним жетим келген соң,
Эзелки дартым козголгон.
Өчкөн отум тамган соң,
Өлчөөмдү Кудай берген соң,
Тилегеним келген соң,
Капаны жарык ачайын,
Жээликкен жүрөк басайын,
Умачтай көзүм ачайын.
Кырсык кескен эреним,
Кымбаттан калган береним,
Асылдан калган айбатым,
Алдыма түшчү кайратым,
Чаңкасам суусун кандырчу,
Туурадан аккан булагым,
Туу орногон чунагым,
Боз ала тарткан болпоңум,
Белгилүү айкөл көкжалдан
Белекке калган Чолпонум,
Өлчөп жүргөн өбөгүм,
Белиме таңуу жөлөгүм.
А дүйнө кеткен асылдан,
Ашкере калган бөбөгүм.
Кара-Кыя баткалда,
Калың душман ок атып,
Айкөлдү камап жатканда,
Абамдын айткан кеби эле,
Өлбөй-житпей жетимди,
Арка кылгын – деди эле.
Жылгынды Кең-Кол, кең Талас,
Караан кылгын – деди эле,
Калган Сейтек баланы
Бала кылгын – деди эле.
Айтып абам кеткенде
Өрттөнүп жанып күйгөмүн,
Мурунку кеткен абамдан
Мураага калган эр Сейтек,
Өзүңдү күйүп жүргөмүн.
Кечээ кабылан жоксон болгондо,
Какшап-боздоп күйгөмүн,
Каралдым Сейтек келер – деп,
Өзөндүү дайра булагым,
Өлгөндө көргөн чунагым,
Өзүңдү каалап жүргөмүн,
Өңкөй кордук мүшкүлгө
Он эки жыл күйгөмүн.
Ойлонуп жалгыз келер – деп,
Келип калса жетимим,
Бет алганын басар – деп,
Бек мүшкүл тарткан бакырдын
Бир тушоосун ачар – деп.
Каардуудан безер – деп,
Душман башын кесер – деп,
Кыргынды кызык салар – деп,
Кыйын душман залимден
Кыйратып кегин алар – деп,
Өзүңдү күтүп жүргөмүн.

www.bizdin.kg

Он эки жылы болгуча
Отун алып аркалап,
Таза адамдан таяк жеп,
Динсиз иттен тил угуп,
Өрттөнүп бышып күйгөмүн.
Өлбөсө караан болор – деп,
Көй душманды соёр – деп,
Кыргынды кызык салар – деп,
Душмандан кек алар – деп,
Өзүңдү күйүп жүргөмүн.
Сынган канат жетилип,
Жыргалым жалгыз кезигип,
Кайгырган санаа кетилип,
Куйругум кучак жетилип,
Кунум келип калган соң
Кырсыктын баары кесилип,
Кайгым качып оңолуп,
Кайра баштан зор болуп,
Кызылсарттан кат алып,
Кызырдан чогуу бата алып,
Кымбаттуу жеңем Чүрөктөн
Ок жетпеген ат алып,
Сасыгым жууп тим жүрүп,
Ойрон жеңем долудан
Ок өтпөгөн тон кийип,
Арыган алым семирип,
Ач курсагым тоюнуп,
Жээриме кысырак
Жетимим келип союлуп.
Аяш ата Кызылсарт
Кырк кербен менен табылып,
Муңканган мундуу Чоронун
Абийири азыр жабылып,
Астыга салса ак жолу,
Артка түшсө сан колу,
Керээзи жетим табылып,
Кейишке тууган Чоронун
Абийири минтип жабылып.
Уңгусу болот, учу курч
Уңурайган сыр найза,
Карадан түпөк тактырып,
Жаш балача Чорону
Казыга бөлөп бактырып.
Эбеп-себеп дарыдан,
Кайра-кайра жаптырып,
Дененин баары кыймылдап,
Алга кирип алыптыр.
Баштагыдан жүз эсе
Алга келип калыптыр,
Баштагыдан бешбетер,
Шай колдогон Күлчоро
Жанга кирип калыптыр.
Кайрадан күчү токтолуп,
Кагышар душман жок болуп,
Айрып-сайрып ээлигип,
Арстаның Чоро желигип,
Күчкө келип калыптыр.
Береленип белсенип,
Бери ургандай теңселип,
Семизи билдин арындай,
Толкуну селдин шарындай,
Кайратына көз салсаң
Өзөндүү тоонун жалындай,
Ок өтпөс топчу муштумдай,
Шай колдогон Күлчоро
Көрсөң түрү ушундай.
Башка кийген суусар бөрк,
Кимдер ыргап кийбеген,
Дөөлөт коштоп турганда
Ким күркүрөп жүрбөгөн,
Кабылан шерди көргөндө
Качып душман дүрбөгөн.
Көк темирден тон кийген,
Көкжалың жоого бир тийген,
Кылычын кынга кынаган,
Бу Кыдыр чалган кургурга
Кезиккен душман кулаган.
Жүрүп кетсе чаң чыккан,
Кагышка кирсе кан чыккан,
Бу карасаат Чоронун

www.bizdin.kg

Каңыртынан жан чыккан,
Сырттандыгы ушундай –
Сыр найза алып ойногон,
Кез болгон душман сойлогон,
Келбети артык шер болгон,
Кабылан көкжал эр болгон,
Күлчоро жайы ушундай.
Күчкө толуп барбактап,
Шай коштогон шер Чороң,
Ааламдан ашкан эр Чороң,
Алты айга минээр бууданы
Айкөл кандын тууганы,
Ашкандын бирөө бу дагы.
Арстан көкжал турабы,
Кызылсарт, Сейтек, Кара дөө
Кызыктан үчөөн чакырып,
Ойрон салбай турабы,
Оболку күчүн чыңады.
Билегиме зулпукор
Илип турган кезимде,
Ок өтпөгөн кандагай
Кийип турган кезимде,
Ай-ааламды ушалап,
Билип турган кезимде,
Билегиме ач албарс,
Чалып турган кезимде,
Ай-ааламды ушалап,
Алып турган кезимде,
Жолукса жоого жоболоң,
Салып турган кезимде,
Жолукканды жоготуп,
Алып турган кезимде,
Он эки мүчөм бүт эле,
Билегим жоон, таш жүрөк
Бил мүчөлүү бадырек,
Талаалап аккан далай кан,
Таш кайрат эле биздин ал.
Бадышам аман чагында,
Менин байыркы күчүм барында,
Адамзат бендеден,
Ар жоругум артчу элем,
Катар коюп кетменди
Жаа менен атчу элем.
Аткан огум жоюлуп,
Кетмендин бети оюлуп,
Кызыл болот кынаган,
Кылымга алы жетээр – деп,
Кымбат кан Бакай сынаган.
Бирөөнүн тили болор – деп,
Кайран энем Каныкей,
Ырымдатып бактырган,
Балбандыгы башка – деп,
Калк баштаган олуя,
Кымбаттуу тондун жакасы,
Кылым журттун атасы,
Шай колдогон карыя,
Көп жерди көргөн олуя,
Абам Кошой жактырган.
«Эрдиги чоң, күчү артык,
Эпсиз экен Чоро» – деп,
Эр Кошой көрүп жактырган.
Баатырдыгым билинген,
«Эпсиз баатыр экен» – деп,
Эрлигимди көргөндө
Эчен эр жандан түңүлгөн.
Чоңураак баатыр бекен – деп,
Чоң атабыз Чылаба
Сыйкырчыдан сураган,
Эр экеним укканда
Айраң калып таң калган,
Бээжиндин каны Ло ма
Баатырдыгым башкача,
Балбандыгым бир канча,
Алмамбет кандын уулу – деп,
Атагым журтка билинген.
Жазайылды октогон,
Былкылдабай кара жер
Мыктуусунан токтогон.
Тиккен жерим чеп болгон,
Кез болгон душман мент болгон.

www.bizdin.kg

Кечээ Жылгындынын оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Ойрон төрөм барында
Буулуксам бугу атчу элем.
Бурулуп ойноп жатчу элем.
Күрдөөлүү шер барында
Күчүмдү сынап мен шордуу,
Катар коюп жаа менен
Сексенден катар атчу элем.
Байыркы түрүм ушундай», –
Деп, ошентип, Күлчоро
Байыркы өнөр чоң жаңжал,
Ырын айтып турду эле,
Айыкпай турган чоң дүмөк,
Чырын айтып турду эле.
Сырын угуп эр Сейтек,
Карчыгадай камынып,
Кабылан шердин оозуна
Капкайдан акыл табылып,
Кынсыз кылыч байланып,
Кыдыр чалган кургуруң
Айтууга чыкты шайланып:
«Менин абам Күлчоро
Башымдагы баанайым.
Баатырдык кылган таалайым.
Уламадан уласам,
Билгичтерден сурасам,
Сан жыйылган чогуу экен,
Мунара күйгөн чок экен,
Ай-ааламдын баарында
Абакем өңдүү жок экен.
Берен экен, бел экен,
Мендеден ашкан шер экен.
Атышканга азапты
Салган эрдин бири экен,
Ай-ааламга чоң жаңжал
Салган жандын бири экен.
Кирпиги жалын, көзү чок,
Кишиден мындай шумдук жок!
Абакең жоого киргенде
Ак келтени октоптур.
Каарынан баатырдын
Төшү түктүү кара жер
Калыңынан токтоптур.
Каарланып чамынса,
Ай-ааламды күтүптүр,
Асты калың кара жер
Кан абамдын каарынан,
Калыңынан түтүптүр.
Кызырлуу шердин барында,
Кызыл болот бөрк алган,
Кыжырына тийгенге,
Кылымды бузуп өрт салган.
Туландуу жерди тутантып,
Өлөңдүүгө өрт койгон.
Өткүрө султан абамдын
Эр экени дагы чын,
Адамзат бендеге
Анык алгыр кыраандын
Шер экени дагы чын.
Туюкту бузуп жол салган,
Туйгун абам кырааным
Туш-тушту бузуп жол салган,
Тушукканга кол салган.
Кезиккенди четтеген,
Жолукканды өрттөгөн,
Топ жетпеген чоң жолго,
Тобурчагын ойноткон,
Кезиккенин буй кылып
Жоолаганды сойлоткон,
Чепти бузуп, кан алган,
Ченебеген душманга
Киши көрбөс чаң салган,
Каарынан баатырдын
Кармашкан душман таң калган.
Буурукмасы кармаса,
Бузукту кыйын баштаган.
Катылышкан душмандын
Башын кесип буй кылган,
Чындаган зор бел экен,

www.bizdin.kg

Чындап кирген душманды.
Кармашса салган жолуна,
Жазасын берген колуна,
Беттеп бенде келбеген,
Бет алып душман жеңбеген,
Айза сунса чок болгон,
Катылса душман жок болгон.
Үргөнчтү чалып жол кылган.
Баатыр Кожо, эр Толтой,
Экөөнү союп кор кылган.
Каарды катуу баштаган,
Баатырсынган эрлердин
Баарын союп таштаган.
Капчал бузуп, жол салган,
Ай-ааламга кол салган,
Жолборс сындуу кабылан,
Айзакерден абамдын
Ыктуулугу дагы чын.
Ай-ааламга бек маалым
Мыктуулугу дагы чын.
Көрүнөө даңгыл көй кашка,
Көкжалдыгы бир башка.
Жолборс абам Күлчоро
Көп адам жолборс дээр экен,
Кез болгонду жээр экен.
Жарса канга тойбогон,
Абакем соргок бөрү экен,
Менин Шай колдогон абамды
Журт коргону дээр экен.
Кыр далынын барында.
Сур коёнун ойноткон,
Сандаган түмөн жоо келсе,
Кылычтап сабап буй кылган,
Кылычын канга чыктаган,
Кыябына тийгенди
Өлтүрүп жерге ыктаган.
Билеги жоон, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадырек,
Жеткенге салган чоң дүмөк.
Тоону бузуп, жер кылган,
Токойду өрттөп чөл кылган,
Бет алса душман күйүнгөн,
Берендиги шердиги,
Ай-ааламга билинген.
Кезигишкен душманы
Боо түшүп аттан ураган,
Каарланса абамдан
Какандын журту кулаган.
Беттешкенге чуу салган,
Кез болгонго чыр салган,
Аркайганда Ала-Тоо
Эби менен жер кылган,
Ала-Тоонун кыргызын
Азаптан тозуп эл кылган.
Салып жүрүп там кылып,
Сайып жүрүп бак кылып,
Таласты күтүп жер кылган.
Аалам журтка кайран баш
Атактуу чоро шер кылган.
Менин абам Семетей
Телегейи тең эле,
Ичин карап отурсаң
Жер жүзүнөн кең эле
Абамын жайы ушундай –
Жердегени кең Талас.
Атасы айкөл зор Манас.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Жыйнап турган кезимде,
Ай-ааламды буй кылып
Сурап турган кезимде,
Кара болот зулпукор
Көөлөп турган кезимде,
Ай-ааламдын баарысын
Жөөлөп турган кезимде.
Музду бузуп жол кылып,
Бузукуну кор кылып,
Ташты бузуп жол кылып,
Талашканды кор кылып,
Качырганды калтырбай
Алып турган кезекте,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Ай-ааламга чоң дүрбөң
Салып турган кезекте.
Кызыл кылыч зулпукор
Сабынан кармап имерип,
Капчалды тепсе буратып,
Касташканды сулатып,
Музду тепсе уратып,
Бузулганды сулатып,
Жөөлөп турган кезекте,
Ай-ааламдын баарысын
Ээлеп турган кезекте,
Толкуп санаа тогунда,
Тозоктон бир кыл жогунда,
Жая кесип жечү элек,
Жаза кайда дечү элек,
Ач билекке зулпукор
Илип турган кезекте,
Ай-ааламды буй кылып,
Сүрүп турган кезекте,
Кутулганды бөктөрүп,
Мээлеп турган кезекте,
Ай-ааламдын баарысын
Ээлеп турган кезекте,
Калдайган кана Кара-Шаар –
Ээлеп турган кезекте,
Кармашканды буй кылып,
Мээлеп турган кезекте.
Туураны бузуп тул кылып,
Тушуккан жоону буй кылып,
Капталды бузуп тул кылып,
Качырганды буй кылып,
Ээлеп турган кезекте.
Жылгындуунун оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Дарбазалуу ордодо
Үч-Кошойлуу коргондо,
Кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө.
Каптал жагы Көтөрмө,
Көтөрмөнүн оюнда,
Үч-Кошойдун боюнда,
Таластын куйган бетинде,
Каптал жагы Кан-Жайлоо –
Кан-Жайлоонун четинде.
Кара капчал Ача-Сай,
Балам, Сейтек, угуп ал,
Арманым бар бир далай!
Аргын, кыргыз ой тартып,
Чубап аткан кезекте,
Балбандык, эрдик, шердикти,
Сынап аткан кезинде,
Менин абам Семетей,
Кысырдан кармап сойчу эле,
Кең багалек, жайык төш
Кең көкүрөк эчендин,
Келишимдүү берендин
Күчүн сынап койчу эле.
Алтымыш кысыр, кырк байтал
Мөрөй кылып сайчу эле.
Буканы союп алчу эле,
Болотко деген эчендин,
Жоого кирчү берендин,
Айзага камбыл ыктуунун,
Жоонун айласын билчү мыктуунун,
Акыл айла тапчуунун,
Аманат жаным курман – деп,
Жанын коюп курманга
Жоо үчүн каршы чапчуунун,
Жоо жолотпой журтун бакчуунун,
Абакем сынап алчу эле.
Кара көңүл эченден,
Калайык сынаар беренден,
Туура көкжал булардан,
Туу түбүнө турардан,
Туйгун кара журт үчүн
Жанды курман кылчудан,
Асыл абам Семетей
Эченден тандап алчу эле.
Айзага даңгыл ыктууну,
Адамдан артык туулган

www.bizdin.kg

Чап көйкашка мыктууну,
Бендеден артык тынарды,
Калайман түшүп, кас келсе,
Топурак учуп тербелсе,
Эр башына бир мүшкүл
Тозоктуу мүшкүл иш келсе,
Өлбөгөндөн калышчу,
Зарып кылып бул жанды
Душман менен салышчу.
Кармашты катуу салчудан,
Айзага даңгыл ыктуудан,
Айла тапкыч акжолтой,
Айбаты түрү сан колдой,
Көзү адырмак буткулдай,
Көрүнсө жоону жуткудай,
Балбандыгы бир башка,
Баатырдыгы бир канча,
Келберсиген эренден,
Кең көкүрөк беренден,
Керишсе жанды жегенден,
Буура көкүл, тайкы жал,
Буудан оозун бурчу эле,
Мындай жанды көп жыйнап,
Каарланып шер абам
Күрдөөлүү балбан, күчтүү журт,
Баатыр абам Семетей –
Күчүн сынап турчу эле.
Кең Таластын баткалда
Каралдым абам, шер абам,
Калың кыргыз эл аман,
Кең Таласта жатчу элек.
Маңдайга тынып бир күнү
Жатпай турган кезинде,
Багалегим бутума
Батпай турган кезимде,
Учуп өлөр зоо таппай,
Урушуп өлөр жоо таппай,
Ашууларга тоо таппай,
Атышарга ок таппай,
Бастырарга жол таппай,
Басташарга кол таппай,
Түпөктүү айза, сыр кылыч
Ыргап турган кезимде,
Ай-ааламды буй кылып
Жыргап турган кезимде,
Жан биргем абам барында
Жазайыл жаа алчу элем,
Күлжүңдөгөн курган жан
Күчтү сынап калчу элем.
Айкөл абам барында
Кызыкка кымбат батчубуз,
Чамаа сынап, ал көрүп,
Сексенден коюп кетменди,
Жаа менен атчу элек.
Күрдөөлүү абам барында,
Күпүлдөшкөн кайран жан
Күчтү сынап жатчу элек.
Илгерки күчүм ушу эле,
Кабылан көкжал, канкор шер,
Кайран абам тушу эле.
Каарлуу Бээжин каканды
Четтеп турган кезимде,
Ай-ааламды буй кылып,
Өрттөп турган кезимде.
Багалегим бутума
Батпай турган кезекте,
Бардык күчүм денеме
Жатпай турган кезинде,
Кетмен атып, күч сынап,
Чарпышып чама бүт сынап,
Чалкалаган абаңдын
Сыры мындай болуучу.
Бөлүнбөстөн-жарылбай,
Бүтүн мындай болуучу.
Илгерки кеткен абаңдын
Күчү мындай болуучу,
Байгесине кырк кысыр
Жылкыдан кармап сойчу элек,
Күчтү сынап койчу элек.
Токсон бээ кысыр сойдуруп,

www.bizdin.kg

Сексен кетмен койдуруп,
Чамасын сынап алчу элек,
Андан кийин курган жан
Чабышкан жоого барчу элек» –
Деп, ошондой дегенде,
Берендин уулу эр Сейтек
Чамасын сынап алууга,
Баатырдын уулу Кыязга
Өлчөп жоого салууга,
Качанкы кегин алууга,
Кырк кысырак телтайды
Жылкыдан кармап сойду эле,
Күлчоро күчүн сыноого,
Токсон мыктуу кетменди
Катар чогуу койду эле.
Шай колдогон Күлчоро
Мөрөйдөн качып турабы,
Байыркы күчтү сынады.
Айзага камбыл чоронун
Ыктуулугу дагы бар,
Ааламга аты билинген
Бир аты бар Бээжиндин,
Даңзасына чийилген.
Балбандыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча,
Билеги жоон, таш жүрөк
Бил мүчөлүү бадырек,
Чамынганы жолборстой,
Чабышкан аман болбостой,
Качырганы камандай,
Илгичтиги илбирстей.
Жолумдуусу жолборстой,
Жолуккан аман болбостой.
Серпишчү тону сексен төрт,
Серп алганы кызыл өрт,
Сыягын көрсөң момундай,
Көрүнөө мүшкүл-балакет
Айбаты калың, заары күч,
Нар мүчөлүү балакет,
Алышканды кылган түз.
Качырса жанды кайсаган,
Оргоктугу дагы бар
Он сап жанга тойбогон,
Оңолбогон Чоронун,
Чоркоктугу дагы бар.
Айдың дарыя чатыры,
Адамзаттын баатыры,
Чыңыроон тарткан кең жайдан,
Чымчык учпас кең сайдан, –
Деп, ошентип эр Сейтек,
Токсон катар кетменди
Катар коё салды эле.
«Улук да элең, шер да элең,
Ушундай көкжал эр да элең!
Базарыңан, чагыңан
Өттү бекен кан абам,
Күйүттү мүшкүл күн көрүп,
Каардуудан күч көрүп,
Канча мүшкүл иш көрүп,
Дене бошоп, күч кетип,
Чама чарчап бүт кетип,
Кеттиң бекен кан абам.
Чамалуу болсоң, эр болсоң,
Байыркы күчкө салыңыз,
Кармашар жооң Канчоро
Кара аскар тоо сеңирдей,
Чындашарың эр Кыяз –
Чыңоолуу кызыл темирдей.
Чамасы кетип, Күлчоро
Алардан өлдү дедирбей,
Күрдөөлүү мүшкүл салыңыз,
Күлүстөн абам көйкашка,
Күчүңдү сынап калыңыз.
Чама кайнап күч толсо,
Баштакыдай иш болсо,
Анан согуш салыңыз» –
Деп, ошентип, эр Сейтек,
«Кежирлик кылып Канчоро,
Кең-Колдон чапса көчүңдү,
Келберсиген арамдан

www.bizdin.kg

Ушинтип алгын өчүңдү» –
Деп, ошентип, эр Сейтек,
Буудан шердин тукуму
Буудан оозун бурду эле,
Күрдөөлүү абаң чоронун
Күчүн сынап турду эле.
Алмамбет уулу Күлчоро
Жайнап кызыл чок эле,
Жаралганда жок эле.
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Адамдан чыкпайт мындай эр.
Кең көкүрөк, жайык төш,
Келбеттүү сулуу, кара көз,
Берен туулган Күлчоро
Кызылсарт бар Кара дөө,
Кымбаттуу чоро эченин
Токсон катар кетменди
Катар коюп салды эле.
Баатырдын бармагынан май чыгып,
Тамагынан кан чыгып,
Билек сөөк майышып,
Кабырга бөлөк кайышып,
Устукан сөөгү быркырап,
Каалгадай кашка тиш
Калайыктан башка тиш,
Тиштеген сайын быркырап,
Шай колдогон кургурдун
Токсон кыйын кетменден,
Катар коюп беришип,
Шай колдогон кургурдун
Баатырдыгын көрүшүп,
Калайык көрдү жарланып,
Берениме таң калып.
Журт чуркурап, чуу болуп,
Асман жарган дуу болуп,
Көп калайык жарланып,
Атактуу көкжал беренге
Калайыктар таңданып.
Жай чамасы бүт эле
Жалаң бою күч эле,
Белгилүү эле, бел эле,
Берен да эле, шер да эле.
Каргылуу кара тоо эле,
Карааны бийик зоо эле,
Душманга болот ок эле,
Жаралган бенде уулунан
Өчпөгөн кызыл чок эле.
Туулган адам уулунан
Беренден мындай жок эле,
Кудайдын чындап кулу эле,
Канкор Манас кырааны
Арстан албаң уулу эле.
Кынсыз кылыч байланып,
Ай-ааламды айланып,
Туюкту бузуп жол салган,
Туш-туш жакка кол салган.
Канга тоюп катыккан
Калайыктын баарына
Кабылан чоро атыккан.
Өчпөгөн мунар чок эле,
Адамзат бендеде –
Ойрону мынча жок эле,
Төрөсү көкжал өлгөнү,
Азапты артык көргөнү.
Эки колу оюлуп,
Кордукка түшүп союлуп,
Күнү тутам тар болуп,
Көрөрү мүшкүл кан болуп,
Шумдукту бала салды эле,
Мууну кетип былкылдап,
Сары суу басып алды эле.
Чамасы канча болду – деп,
Эңгир-деңгир журт ойлоп,
Калайык минтип турду эле,
Алмамбет уулу шер Чоро
Шай колдогон эр Чоро –
Ат арытып жер көргөн,
Эл арытып эл көргөн,
Баатырдыгы бир канча

www.bizdin.kg

Балбандыгы бир мынча.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Көкжалдыгын ойлоп бак.
Ашууну бузуп жол салган,
Түгөнөрүн ойлобой,
Алты сан колго кол салган.
Эл казыгы эр Чоро
Казы кертип, май берип,
Аш-тамагын жай берип,
Жетим өскөн эр Сейтек
Бөтөн кызык салдырып,
Багылан козу, шемин баш
Бор кайнатып алдырып,
Кантын кардай кемиртип,
Каркыттан арак шимиртип,
Жакшылап баккан абам – деп,
Шер экенин билем – деп,
Аман жүрсө абамдын
Бир пайдасы тиер – деп,
Калайык айткан кеп эле,
Кайран абам көкжалды.
Ааламда жок деди эле
Көзү көргөн алыстан
Асман жарган чатактан,
Жеке чыккан жарыштан.
Бел экени чын болсо,
Атаман калган мураапы –
Шер экени чын болсо,
Кайраты курчуп толгондур,
Багыштын уулу Кыязга
Чалышар кези болгондур.
Чамасын сынап калууга,
Жети-Өзөн толгон жедигер –
Жетилип калса абасы,
Кыяздан кегин алууга,
Кыргынды кызык салууга
Кара сууга кан куюп,
Өзөндүү жерге өрт коюп,
Түзөң жерге кыр баштап,
Түгөтүп жоого чыр баштап,
Кылчайбай кыргын салууга.
Муунуна кирсе абасы
Көкжалдын кунун алууга,
Токсон катар кетменди
«Аткыныҥ» деп чорого,
Эрдигин сынап койду эле.
А кетменди атууга,
Шай колдогон Күлчоро
Чаманы чактап көрүүгө.
Чамасыз болсо арданып,
Ажалдан мурун өлүүгө
Чамасы болсо атайын
Бир балааны кылууга,
Чамасыз болсо бу кургур
Чымындай жанды кыюуга.
Колуна болот жаа алып,
Ичи өрттөнүп, көз жайнап,
Эрин тиштеп, тиш чайнап,
Эл коргону кургурдун
Эки көзү тең жайнап.
Карчыгача камынып,
Кайраттан акыл табылып,
Дүмөктүү кургур баатырдын
Денеден курчу табылып,
Жазайылды салынып.
Күчүн жыйнап оюна,
Кайратын камдап боюна,
Жаа тартууга камынып,
Жаратканга жалынып,
Көргөн жан көөнү бөлүнүп,
Шерлик түрү көрүнүп,
Сыягы корум буткулдай,
Сырты калыҥ кыраныҥ
Сыйрышканды жуткудай.
Ай-ааламды көкжал кул
Абайласа алгыдай,
Жедигер эмес кылымга,
Кыйкырса кыргын салгыдай.
Кыябына келгенин
Чөл түшүрүп жаргыдай.

www.bizdin.kg

Узун бойлуу, кең далы
Ары балбан, ары шер,
Буурукканда ааламды
Буй кылуучу курган эр
Бой келбети чынардай,
Качырышы тынардай,
Кайраты дүйнө желиндей
Качырса жанды жегидей.
Толкуганда Чорого
Тоо туруштук бергисиз,
Тобун чечпей качырып,
Дүнүйө каптап жеңгисиз.
Эренден калган билгич кул,
Ааламдан ашкан илгич кул.
Жаа тартууга камданып,
Бадана кийип балкылдап,
Айдай бети жаркылдап,
Боз кисени курчанып,
Күңгүрөнүп үн салып,
Болот жааны колго алып,
Кетменди тиктеп турду эле.
Бели ийилип бекчейип,
Көз тумандап чекчейип,
Бармагынан май чыгып,
Билегинен Чоронун
Чыпылдап кара кан чыгып.
Кайраттанып иштенип,
Күчтү жыйнап тиштенип,
Омуртка сөөк быркырап,
Ардангандан кутургур
Арам өлөр бекен – деп,
Калайык чуулап чуркурап,
Карап турду жарданып.
Кантип кетмен атат – деп,
Калайык турду жарданып,
Күлчорого таң калып.
Шай колдогон кургурдун
Шер экени билинип,
Чүлүктөй бели ийилип,
Мурутунун бир кылы –
Майлуу балта сабы окшоп,
Мурунунун чоңдугу –
Селебе кылыч кабы окшоп.
Карасаат Чоронун
Камынышы жолборстой,
Катылган аман болбостой,
Жаасын кармап камынып,
Алмамбет Манас көкжалдын
Арбагына жалынып,
Талыбай жааны тартты эле.
Шакылдаган кургурдун
Шамдагайы болжолсуз,
Кетменди Чоро атты эле...
Токсон катар кетменден
Токтолбостон өтүптүр,
Кетменден өтүп жаа огу
Катар жерге жетиптир.
Муну көрүп Күлчоро –
Баабедин деп бат айтып,
Атасы кандын жолуна
Ай туякты бат айтып,
Үшүнтүп чоро сүйүнүп:
«Байыркы бала жаш кезде,
Аракка тойгон мас кезде,
Жылгындуу баткалда,
Жыргап кыргыз жатканда,
Эриксек элик атчу элек.
Эрикпесек Таласта
Элкин ойноп жатканда,
Ашуу төр жайлап, тоо бойлоп,
Конуп аткан кезекте,
Күндүзү оюн, түнү кыз
Болуп аткан кезекте,
Жоону бузуп, олжо алып,
Сандаган түмөн колду алып,
Самаган шерден олжо алып,
Болуп аткан кезекте,
Дөөлөт аман чагында,
Көкжал абам барында,
Идерлүү күлүк болгон эр

www.bizdin.kg

Күчүн сынап турганда.
Аргын, кыргыз аралаш,
Күчүн сынап турганда,
Маңдайдагы бугуну
Атпай турган кезинде,
Багалегим бутума
Батпай турган кезинде,
Кагыш жаңжал кайда – деп,
Жатпай турган кезинде.
Өрттөй күйүп, чок болуп,
Жайнап турган кезинде,
Кең багалек кандагай
Кийип турган кезинде,
Беттешкенди буй кылып,
Сүрүп турган кезинде,
Буура көкүл, тайкы жал
Булуттай учкан Буурулду,
Минип турган кезинде,
Кыргын салып душманды
Тийип турган кезинде,
Дөөлөт толгон мас кезде,
Кең багалек жаш кезде,
Кетмен коюп атчу элек,
Күч кененин билчү элек,
Илгерки аткан кетмендин
Сексенине кирчү эле.
Күчөп атсам кетмендин
Кабырга сөөгүм кайышып,
Сексенинен өтчүмүн.
Андагыдан бу кезде,
Эки далым ойдуруп,
Бөйдө болгон экемин,
Мурункудан элүү эсе
Өйдө болгон экенмин.
Боконо сөөгүм болкоюп,
Болуп калган экемин.
Жетимим келип жетилип,
Толуп калган экемин
Басып чыгаар таңдайым,
Баана кылган таалайым.
Кезеңдүү кайрык булагын,
Кейип көргөн чунагым,
Чунагым келип жетилип,
Көк кенедей толупмун,
Аңдышканым эр Кыяз –
Кыяз турмак кылымга,
Кылым турмак Урумга,
Тийишээр кезим болуптур,
Тилегим Кудай бериптир.
Баштакыдан жүз эсе
Болжосом күчүм толуптур,
Канчоро, Кыяз эки арам
Өч алар чагым болуптур.
Эми Кең-Колдон тием көчүңдү,
Келберсиген кулдардан
Кейитип алам өчүмдү.
Эми Таластан алам көчүмдү,
Дарданданган кулдардан
Талашып алам өчүмдү.
Алты ай калып курсактан
Туулбай жетим болгонум,
Каралды кылган ойронум,
Астыма салсам ак жолум,
Айдап жүрсөм сан колум.
Тондон кымбат булбулум,
Асыл абаман калган кулунум.
Кулунум сенин айыңдан,
Эминени көрбөдүм,
Не мүшкүлгө түшпөдүм,
Не шумдукту ичпедим.
Кечкеним жалын от болуп,
Жегеним томук топ болуп,
Чунагым сенин айыңдан,
Жылкычыдан куулдум.
Эрмегим тийип колума,
Ээ, балам, энеден бүгүн туулдум.
Дөөлөт толкуп бүт келди,
Кайран абаң башына
Кабылып канча күч келди,
Түн жоо болуп, күн келди,

www.bizdin.kg

Талаага курган бак келди
Жедигердин Кыязга
Талкалашаар чак келди» –
Деп, ошентип, Күлчоро,
Баабединин бат коюп,
Ай туякка ат союп,
Комутту жерге кой союп,
Жетпеген мискин бакырга
Кызык кылып тай союп.
Кызыктан сууну башташып,
Малы түгүл, жанынан
Такыр кечип ташташып,
Үзүлгөнү уланып,
Чачылганы жыйналып,
Жаңырып жан оңолуп,
Жапалуу заман, каран күн
Калбай баары жоголуп.
Чоң Кызылсарт кары бар,
Чоң Кара дөө дагы бар,
Кымыз ичип кызышып,
Сөөктөн терди сызышып,
Арак ичип алкынып,
Ач кырандай талпынып,
Ай бөксөрүп, күн өтүп,
Алмамбет уулу Күлчоро
Күчүнө келип минетип.
Башынан кордук жоголуп,
Баатырдын иши оңолуп,
Капанын баары жоголуп,
Кайрандын иши оңолуп.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Жерин санап желигип,
Жыргалдуу кыргыз, көп аргын
Элин санап ээлигип,
Чатыраш ойноп, даң салып,
Оромпой баштап чаң салып.
Ок өтпөгөн бадана
Куржундан алып кийишип,
Ок жетпеген туу чунак
Жылкыдан кармап минишип.
Эшен чалдан бата алып,
Жылкыдан каалап ат алып,
Кээ бир күлүк таап алса,
Кара байыр казанат
Керишке минер тай го – деп,
Беренде тийчү жан го – деп,
Кээ бир күлүк таап алды,
Буура көкүл, капкан бел,
Кермеге аса байлады.
Идерлүү жигит, тулпар ат
Жоокер атын камдады.
Жана күлүк таап алса,
Кара байыр казанат –
Жана камдап турганда,
Калбыр өпкө, жез билек,
Тулпардан каалап ат алып,
Жай-жарагын шайланып,
Айбалта, кылыч, ач албарс,
Ушунун баарын камданып,
Жети-Өзөндө жедигер
Жээликсе кыргын салууга,
А дүйнө кеткен көкжалдын
Кармашып өчүн алууга.
Жоболоңдуу Чоронун
Жоготкону Семетей
Жоолашары – эч Кыяз,
Учурганы – Семетей,
Урушары – Канчоро.
Канча жалган сонунай,
Кагыштын жайы момундай,
Серпилип калган эр Сейтек.
Семиргени Күлчоро,
Майга бөлөп дарылап,
Баштакыдай болуптур,
Көкжалыңыз Күлчоро
Көк кенедей толуптур.
Бу Күлчоро көкжалың
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Тиштерине таш таппай,

www.bizdin.kg

Кесерине баш таппай,
Боёнууга чаң таппай,
Тийишерге жан таппай,
Ичерине кан таппай,
Эр кайраты сонундай,
Күлчоро жайы момундай.
Урушаары Жедигер,
Өчүмдү ала кетсем – деп,
Өрөпкүгөн Кыяздын
Түбүнө чогуу жетсем – деп,
Акыр-такыр кан агып,
Эр Кыяз башын кессем – деп,
Каруусу толук капырдын,
Канкор Кыяз баатырдын,
Баатырдыгын шердигин,
Маңдайлашып көрсөм – деп,
Басташып элин бөлсөм – деп,
Буулумун булап алсам – деп,
Бузуку тууган акмакка
Буй кылып кыргын салсам – деп,
Кыйла дөөсүн кырсам – деп,
Кыйласын олжо кылсам – деп,
Эр Күлчоро муну ойлоп.
Жаткан экен жайкалып,
Жаа аскар тоодой кампайып.
Муруну керүү сеңирдей,
Бука моюн, эр кайрат
Булкушса жанды жегидей,
Күлчоро жайы ушундай.
Оозунан чыккан илеби,
Кышкы чилде каарындай,
Айбаты катуу Чоронун
Айбатынан жан чыгар.
Ажыдаардын заарындай,
Көз тиктеши Чоронун
Шакардан чыккан жалындай.
Кабагы тоонун керүүдөй,
Карасаат куу Чоро
Кагышса жанды жегидей,
Билсең Чоро ушундай.
Балбан да ошол, шер да ошол.
Баласы келип, күн көрүп,
Баатырдык келген жер ошол.
Күлчоро жайы ушундай.
Жатып жамбаш талдырып,
Жамбаштап уйку кандырып,
Чиймек болду сызыкты,
Жети-Өзөн толгон жедигер –
Эң баатыры Кыязга
Акыл ийлеп, ой-ойлоп
Кылмак болду кызыкты,
Баштамак болду бузукту.
Чаңдатып өзөн, талааны,
Баштамак болду балааны.
Топурак кылып жерлерди,
Толкутмак болду элдерди.
Эр Күлчоро баатырдын
Абийири мындан табылып,
Ачылган арты жабылып,
Өңүмбү же түшпү – деп,
Баштакыдан миң эсе
Келди го эми күчүм – деп,
Жылкынын тандап майын жеп,
Кысырдын семиз тайын жеп,
Зың-зың этип кенебей,
Мурдакы мүшкүл балааны
Бучкагына теңебей
Эрдик менен шердикти
Эсепсиз Чоро беренге
Берген экен ченебей
Саймалуу саадак, жаргак шым,
Эр мүчөсү сонун ай,
Өзүң көргөн Чоронун
Эрдигин көрсөң момундай.
Күлчорону сурасаң,
Семетей көкжал кыраандын
Колунда кыраан кушундай,
Күлчоро жайы ушундай,
Баатырдыгы башкача ай,

www.bizdin.kg

Балбандыгы бир канча
Кейигени төрөсү,
Кеңешээри жеңеси.
Боолаганы сыр найза,
Жоолагыны эр Кыяз,
Жапа салбай элине
Жаңгыз Кыяз келсе – деп,
Багалектен алышып,
Балбандардай чалышып,
Балбандыгын көрсөм – деп,
Жана Кыяз баатырдын
Баатырдыгын көрсөм – деп,
Канкор кандын дүмөгү
Кармашып жүрүп өлсөм – деп,
Күчкө толуп, жан багып,
Күлчоронун коногун.
Эми баштап айталы,
Дүмөктүү жеңең жомогун.

Айчүрөк Кыяздан: «Балаң Сейтекке барып келейин» – деп, Кыяздын тулпары Тоотору атын Кыяздан Айчүрөк алдап сурап алганда: «Катынга атыңды алдаттыңбы» – деп, Тооторунун сүйлөп салганы, Тооторуга ачуулануп эр Кыязга Айчүрөктүн эрдик салып турганы:

Ошо кезде Айчүрөк
Күдөрүдөй былкылдап,
Күлүп сүйлөп шыңкылдап,
Алтымыш топчу кырк ачкыч,
Артык сулуу бейбактын
Көнчөгүндө шаркылдап,
Көхардан кылган түймөчө
Омуроодо жаркылдап
Аркардай таңы кылайып,
Акырын сүйлөп муңайып,
Артык сулуу чиркиндин
Ак эмчеги булайып.
Күлүмсүрөп сүйлөсө,
Күндөй бети жаркылдап,
Эзилгенден Кыяздын
Эт жүрөгү калтылдап.
Күлүмсүрөп былкылдап,
Күлүп сүйлөп шыңкылдап,
«Чын эле жарым ушу» – деп,
Багыштын уулу Кыяздын
Чымындай жаны зырпылдап.
Кара жолтой Чүрөктүн,
Амалы артык дүмөктүн,
Айдай катын Чүрөктүн,
Кереметтүү кескинин
Кыйланы көргөн эскинин,
Кылтылдаган Чүрөктүн,
Кыйын балаа дүмөктүн,
Сааты оор капырдын
Эси-дарты элинде,
Саат баскан капырдын.
Олжого түшүп кайгырып,
Ойрон шерден айрылып,
Күн боздогон чыркырап,
Күйүт тартып буркурап,
Олжо болуп тардыгып,
Оюнда мүшкүл каран иш
Ойронунан айрылып,
Таласка чынар бак толгон,
Тартып Кыяз келгени –
Көңүлүнө так болгон.
Өксөп, ыйлап чыркырап,
Боздоп жүрөт буркурап.
Көңүлү жүрчү бөлүнүп
Көзүнүн жашы төгүлүп
Каралды кылган Күлчоро
Көзүнө мурун көрүнгөн,
Медер кылган чоромо
Белги кылган баланы
Айдай катын Чүрөгүң,

www.bizdin.kg

Акылга дыйкан дүмөгүң,
Беризаада катының,
Мелтиреген капырың,
Асмандан Алданын күнү бүркөлүп,
Айчүрөк катын башына
Алтымыш мүшкүл бир келип.
Көңүлү сайлап бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Агарган өңү кубулуп,
Алды каткан шордуунун
Кудайга үнү угулуп.
Көңүлү көп-көп бөлүнүп,
Чолпон сындуу кайран көз
Чогуу жаш агып төгүлүп.
Мурункуну санаса,
Буудан жеңең байкуштун
Карагаттай көзүнөн
Камчы бою жаш кетип,
Бөдөнөдөй көзүнөн
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Кайгырса санаа бөлүнүп,
Алтымыш санаа миң мүшкүл
Төбөдө жакын көрүнүп.
Ошо күнү Айчүрөк
Кайгырган экен чыркырап,
Боздогон экен буркурап,
Казылган калың орум ай
Кайнатты шорум ай,
Канкордун көзү өткөндө
Талоон көрүп Кыяздан,
Көрдүм мен мындай сонунду.
Канкорум көзүң өткөндө,
Жедигердин эр Кыяз
Аркама өрдү чачымды,
Олжо кылды башымды,
Бейпайлады белимди,
Олжо кылды элимди.
Куу кылып өрдү чачымды,
Күнөөлөдү башымды.
Олжолоп сойду тоюмду,
Кетирди минтип санаамды,
Кыяздын уулу дедиртти
Керденге бүткөн баламды.
Эселек иттер биригип,
Таластан сойду тоюмду,
Талаадан байлап колумду,
Олоңдой өргөн чачымды,
Олжолоп алды башымды.
Кутурган иттер биригип,
Аркама таңды колумду,
Аябай кылды сонунду,
Өкүм кылды өзүмдү,
Эң кордоду сөзүмдү.
Ордомо салды талоонду,
Кыяздын уулу дедирдиң –
Кыйындан калган баламды.
Жатсам, турсам чыркырап,
Кыйынга бурдум белимди,
Көргөзөр күнү болобу,
Ак каппак кыргыз элимди?
Ордо тигер күн барбы,
Кадимки Талас жериме?
Бээ байлатар күн барбы,
Ат чабым узун желеме?
Кайрылып барар күн барбы,
Картайганда Каныкей
Каныкей шордуу энеме?
Көтөрбөскө чара жок,
Жараткан башка салганга.
Кудай Таала кылганды,
Кайрылып көрөр күн барбы?
Кайнардын кара көзүнөн,
Как чынардын өзүнөн,
Үч-Кошойдун башынан,
Ордо тигип жан жыргап,
Бакайдын кызыл ташынан.
Кайгыга бурдум көөнүмдү,
Көргөзөр күн бар бекен
Кадимки Талас жеримди.
Биздин Талас кайран жер,

www.bizdin.kg

Төбөсүндө кары бар,
Токоюнда чары бар,
Чырпыктары чынардай,
Чынарлары мунардай,
Чымчыктары улардай,
Булагы кайнап ташыган,
Булбулдары таңшыган,
Буйгаттан булбул сайраса,
Муңканып бенде жашыган.
Алма чирип көң болгон,
Адамзат бендеге
Ылайыктуу жер болгон,
Жийде бышып, сай болгон,
Жердеген кыргыз бай болгон,
Кундузу сууда ойногон,
Тоосунан карсак жойлогон.
Төгөрөктөн жел болгон,
Жаныбарым кең Талас,
Адамга ата – жер болгон.
Жыргалдуу пейили кең Талас,
Жылгынды Кең-Кол, кең Талас,
Жерин самап бир ыйлап,
Жыргалдуу кыргыз көп аргын
Элин санап бир ыйлап,
Кайгыланып Айчүрөк
Капага чыдап тура албай,
Айбандан тулпар Тоотору
Кыяздан сурап ала албай,
Кылайган айла табалбай,
Акылы айран-таң калып,
Астына чыдап бара албай,
Беризаада Чүрөгүң
Мелтиреген дүмөгүң,
Зайыптан артык катыныңы,
Кыйын сулуу капырыңы,
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Баданадай балкылдап,
Мелтиреп өңү жаркылдап,
Олуядай нурданып,
Ойлоп жеңең сурданып,
Кайрат-күчү чынданып,
Жеңеңдин жайы ушундай.
Үйрүлгөн чачтын ыктуусу,
Кесиреттүү бейтаалай,
Кең көйнөктүн мыктуусу,
Белгилүүнүн тазасы,
Ургаачынын башасы.
Шекерден таттуу кеби бар,
Ургаачынын шери ал,
Ал айчылык келерди,
Керээттүү катын Айчүрөк
Билип турчу жери бар,
Оолак качкан жамандан,
Олуя чалыш адамдан,
Болжолу жок катындын
Боруму бөлөк капырдын.
Кайран катын Чүрөктүн,
Касиеттүү дүмөктүн.
Шекерди көр, сөзүн көр,
Чолпонду көр, көзүн көр,
Алкымын көр, айды көр,
Аңгемелүү бейбактын,
Ай тамагы көрүнүп,
Адамдын көөнү бөлүнүп,
Бери кызындай буралып,
Бенде жүзү уялып,
Борумдап айткан таттуу сөз,
Болжолу жок жал-жал көз,
Жедигердин эр Кыяз
Көөдөндө көңүл бөлүүчү,
Акундун кызы Чүрөктү,
Азаптуу жаңжал дүмөктү,
Дүйнөсүндөй көрүүчү.
Айдай катын Чүрөктү
Көрбөсө дүмөк баштачу,
Малы түгүл жанынан
Такыр кечип таштачу.
Капыр катын Айчүрөк
Акыл менен иш кылып,
Ал Кыязга күч кылып.

www.bizdin.kg

Ал аңгыча болгон жок
Күүгүм кирип, күн батып,
Калайык алды жуп жатып,
Эл уйкуга киргенде
Аянып долу калбаптыр,
Берен чороң кийсин – деп,
Беттешип жоого тийсин – деп,
Кармашканга жоо болсо,
Азаптуу шорун кайнатып,
Беттегенде сүрсүн – деп,
Билбей койсом бекер – деп,
Чамасы кеткен көкжалга
Ок жаңылар бекен – деп,
Аркагын керип машаган,
Тынуу көрбөй бейтаалай
Он эки жылга жасаган.
Эришин жибек талдырып,
Болот эгеп жиберип,
Төкмөлөтүп салдырып,
Ичин буулум иштеген.
Күрөктөй тиштүү шуркуя
Өзү тынбай тиштеген.
Жылан боор бүктүрүп,
Жылма калган караңды
Жымылдата тиктирип,
Болоттотуп кайыткан.
Кайыгына карандын
Адамдын көзү тайыган.
Курап эптеп кынаткан,
Амал менен болотту
Аркы-терки сулаткан.
Топчулукка курч тарткан,
Токсон болот учтаткан,
Тогуз кыйын балбанга
Сыноо кылып муштаткан.
Муштаса айза өтпөгөн,
Жебенин огу жетпеген,
Табылгы чогу өтпөгөн.
Жакасын алтын орноткон,
Маанисин кымбат болжогон,
Кайран Чүрөк долу күң
Бу кызматым билсин – деп,
Булкуш кылган душманга
Бура тартпай тийсин – деп,
Белгилүү кайним кийсин – деп,
Билбей койсом бекер – деп,
Ороңдошуп окустан,
Ок жаңылса кокустан,
Билбестигим билеби,
Таңдын маншар күнүндө
Айтылган мыш-мыш чын болсо,
Кара эшек кылып жүрбөсүн,
Билбей койсом жаманат,
Бир кишиге билгизбей,
Бир адамга көргөзбөй,
Күндүз тынып, тынч албай,
Түнүчүндө уйку албай,
Кыйшык жерин оңдогон,
Тондон мындай болбогон,
Белгилүү жеңең бейтаалай,
Тон жасаган ушундай,
Бүчүсүн тогуз тактырып,
Жан көрбөс жерге бактырып,
Бүчүлүгү бир тогуз –
Бүчүсүн кайра түйсүн – деп,
Кармашкан жоого кийсин – деп.
Кийген жерде чамынып,
Жоого кыргын салсын – деп,
Беттешкенди буй кылып,
Жоголуп кеткен Айкөлдүн
Ушинтип кунун алсын – деп.
Кайран катын Айчүрөк
Беризаада бейтаалай,
Берендиги ушундай.
Кара башыл кедик кой
Таза жерге жыктырып,
Кымбаттатып кырктырып,
Келинге кесе бастырган,
Болот эгеп болжолдоп,
Болжоп туруп чачтырган.

www.bizdin.kg

Кемпир басып, уз тигип,
Келишимдүү кыз тигип,
Маңдайлашып турушса,
Айбалта шилтеп, айза уруп,
Былчылдашып урушса,
Кокустан балта өтөр – деп,
Ажалга бөйдө жетер – деп.
Айбалта салса өтпөскө,
Төбөсү буроо чоктолуу
Баалары карандын
Бир калпактын жеке өзү,
Токсон арга токтолуу.
Ичи темир чарайна,
Калпактын жонун карасаң,
Тышы кымбат, эң сырты
Калпактын жайы мына ушул,
Өч алууга жан кайним
Шер Күлчоро кийсин – деп,
Кажыбастан качырып,
Кабылган жоого тийсин – деп
Айбатын чачып ааламга,
Алышы жетип далайга,
Басканынан чаң чыгып,
Кобуртунан жан чыгып,
Берен уул кийсин – деп,
Жаактыгын түшүрүп,
Айкаштырып бүчүсүн
Алкымына түйсүн – деп,
Кабылган душман эр чыкса,
Балта уруп жерге кийирсин – деп,
Баатырдыгын, шердигин
Басташкан душман билсин – деп,
Кызыл өрттөй чамынып,
Зулпукор сууруп камынып,
Айбаттанып жетсин – деп,
Көргөн душман кырылып,
Жүрөгү түшүп кетсин – деп.
Сары оору болуп душмандар
Алапайын таба албай,
Айбатынан күчүнөн
Кыргын болуп кетсин – деп,
Кезиккен душман токтолбой,
Чын жайына кетсин – деп,
Тиктеше келген душмандар
Тигинен жерге кирсин – деп
Берендин берен экенин
Беттешкенде билсин – деп,
Белгилүү катын Айчүрөк
Жел жетпести мингизип,
Жей бостонду кийгизип,
Узун кулак сарыдан,
Улукман жаштуу карыдан,
Көптү көрүп жүргөндөн,
Көп жашаган билгенден,
Кеби шекер сөздүүдөн,
Даанышман эки көздүүдөн,
Бир жаралып келгенден,
Көзгө атуучу мергенден,
Индустанды чалдырып,
Мындан кабар алдырып,
Уламадан улаптыр,
Билгендерден сураптыр
Келишимдүү кеп угуп,
Кеп аягын бек угуп,
Көргөндөрдөн кеп угуп,
Көй-Кап тоонун тоо теке,
Өзү кара зоо теке,
Териси калың эки эли
Мыктуу экен деп угуп,
Жети-Өзөндө жедигер
Жетигин жыйнап алдырып,
Машаа тартчу мергенди
Көзгө атуучу эренди,
Аты жок жөө күлүктү,
Аркайган тоонун кайыпка
Чөл түшүргөн бүлүктүн,
Кароолго даңгыл көздүүнү,
Калп сүйлөбөй чын айткан
Эң күжүрмөн сөздүүнү,
Чубатууга салдырып,

www.bizdin.kg

Алтымыш балбан артыкты
Зордук менен алдырып,
Акысына ат берип,
Ар дүйнөнү бат берип,
Буттап алтын зер берип,
Күлазыгын жай берип,
Күлазык кошуп май берип,
Каркыттап арак бүктөшүп,
Каранар төөгө жүктөтүп,
Кыялы тентек мергендер
Кызышып ичип алсын – деп,
Кылча көрбөй куу жанды
Талаага таштай салсын – деп,
Тамашага батсын – деп,
Таш-талканын түшүрүп,
Тоонун кайып текесин
Токтолбостон атсын – деп,
Көй-Кап тоону чалдырган.
Көй-Кап тоодон жүз теке
Терисин союп алдырган,
Ашаткыга салдырган,
Жетик ийин кандырган,
Талкуулатып бурдурган,
Толуп жаткан балбанга
Тогуз ай тынбай каранды
Токмок менен урдурган.
Күн аптабын өткөрбөй,
Кабыкка өлөп баткызган,
Эчен бир жылы каранды
Ак сандыкка жаткызган,
Кеңеш менен уз бычкан,
Жарабас жерин сөктүргөн,
Болот эгеп жиберип,
Болжолдуу жерге төктүргөн.
Кашаты бүктөө каймалуу,
Каран калган кызыктын
Багалеги саймалуу,
Көрсө көңүл кандырган,
Бүтүн кундуз терисин
Багалекке салдырган.

Бүтүн тигип кыйыткан,
Маанисин тиктеп өлчөгөн,
Шай колдогон Күлчоро
Күлчорого өлчөгөн.
Бет алган жоого кирсин деп,
Беттешкенди кыйратып,
Көрсө жоону сүрсүн – деп,
Белгилеп кылган кандагай
«Берен уул кийсин» – деп,
Берен жеңең жасаган.
Жез кемпир көрүп сындаган,
Жети жыл кирсе урушка
Жемирилбей чыдаган,
Кайран жеңең Айчүрөк
Толукшуган чорого
Тонун жасап алыптыр.
Эр Кыязга көргөзбөй
Жай-жарактын баарысын,
Сонун жасап алыптыр.
Чогуусу менен ал тонду
Ак куржунга салыптыр.
Айчүрөктүн ак куржун,
Ар немеге чак куржун,
Атандык эмес лөк куржун,
Дүнүйөсү көп куржун,
Эптеп оозун бекиткен.
Былжырап бирөөң айтпа – деп,
Жедигердин келин-кыз –
Келин-кызды зекиткен.
Калкка чийки иш койбой,
Катындар оозун бекиткен.
Оозу килит октону –
Айчүрөктүн ак куржун
Кылымга баасы токтолуу.
Жай-жарагын шайлаптыр,
Күлчорого барууга
Бүт дүйнөсүн камдаптыр.
Кайран катын Айчүрөк –
Катын башын эр кылып,
Калдай башын туу кылып,

www.bizdin.kg

Жети-Өзөндө жедигер –
Жеткилеңи Кыязга
Билгизбестен чуу кылып.
Жай-жарагын шайланып,
Кылычтан кыркын камданып,
Кырк кылыч камдап койгону –
Кыялы тентек шуркуя
Эр Кыязды сойгону,
Өткүрө жинден салууга,
Өчмөлтөй өчүн алууга,
Беленденип шайланып,
Белдемчини бүгүүгө.
Кынсыз кылыч байланып,
Кылмак болду кызыкты,
Баатыр Кыяз көөдөккө
Салмак болду бузукту.
Темирден курчоо тор түйүп,
Кыяздын чаркын болжоптур.
Кырылып жаңжал болсун – деп,
Кыязды Күлчоро басып сойсун – деп,
Кайран жеңең ойлоптур.
Оюн билбей эр Кыяз –
Эчкинин тоңгон майын жеп,
Эчендин кысыр тайын жеп,
Жаткан экен жайкалып,
Тагына минип дардайып,
Кудайсынган Кыяз кул
Жаткан экен барбайып.
Сейилге курган багында,
Бак ичинде тагында,
Айланасы шер коргон –
Айласы мынча жан болгон.
Жети-Өзөндө жедигер
Жээлигип жеке жан болгон.
Жедигердин эр Кыяз
Арыптап октон сологон,
Такты жасап турганда,
Жедигердин көп дүйнө
Арбыныраак корогон.
Мамысы темир шер коргон,
Жедигердин Кыязы
Байкасаң мындай эр болгон.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Көбүнчө заар, көзү тик,
Көп адамдан сөзү тик,
Кирпиги туман, көзү чок,
Кишиден мындай сүрдүү жок.
Муруну сабаа бородой,
Көзү ачылган ороодой,
Жаткан иттей кашы бар,
Жан чыккан бейжайдын
Жан казандай башы бар.
Ээленсе жанды сойгудай,
Эки бети саландап,
Эки даңгыт тойгудай.
Бурула чыккан муруту
Букарлыктын шабындай,
Оозунан чыккан орто жел
Көөрүктүү оттун жалындай.
Бир кулактын жеке өзү –
Калдайчынын кабындай,
Эң кайраты Кыяздын
Түктүү каман жалындай.
Козголушу Кыяздын –
Кобууга бүткөн серүүдөй,
Октолушу Кыяздын –
Орто тоонун желиндей,
Оодарылса кутургур
Тушукканды жегидей.
Айдай катын Айчүрөк,
Акундун кызы шуркуя
Оймок ооз, бото көз,
Бели тутам, бети айдай,
Сөлөкөтү ушундай.
Эки кашы сулуунун
Кол менен оңдоп чийгендей,
Менин зайыбым болсо – деп,
Карасаат катынга
Калайык көрүп күйгөндөй.
Сулуулугу, сымбаты –

www.bizdin.kg

Адамзат бендеден
Азыр да чыкпайт кылдаты.
Ичи өрттөнүп, чок болуп,
Кайраты ашык октолуп,
Чыдай албай сабылып,
Чын Алдага жалынып,
Жетим Сейтек, Күлчоро
Барайын деп камынып,
Кыяз канга бара албай
Кыйла мүшкүл, чоң кордук
Тоотору сурап алалбай,
Санаасына жеталбай,
Каарлуудан кутулуп,
Кайран катын Айчүрөк
Муратына жеталбай,
Эр Кыязга кирүүгө
Ысыгына баталбай,
Суугуна жаталбай,
Каарына жан жетпей,
Эр Кыязга тиши өтпөй,
Тозоку кулга баралбай,
Тоотору сурап алалбай,
Ай бөксөрүп күн өтүп,
Жедигердин эр Кыяз
Желиккен катын Айчүрөк
Кыязга чыдап баралбай.
Арам ойлоп окустан,
Ачууланса кокустан,
Кашайта көзүм оёбу?
Күчөп кетсе ал капыр
Өлүм кылып коёбу?
Кара мурун бузулуп,
Жол болгону курусун.
Канзааданын тукуму
Олжого түшүп күң болуп,
Кор болгону курусун.
Асыл төрөм өлгөндө
Аргын менен кыргызды
Бөлүп албай не болдум,
Алардан мурун мен шордуу
Өлүп албай не болдум?
Олоңдой болгон кайран чач
Омуроомо тараттың,
Ээ, атаңдын көрү, куу дүйнө
Кыйноого салып жанымды
Кыяздын көзүн караттың.
Өксөп-ыйлап ушинтип,
Чүрөктүн көөнү бөлүнүп,
Эки көздөн аккан жаш
Омуроо ылдый төгүлүп,
Капа тартып кайгырып,
Кандуу бети боз болуп,
Кайран катын долунун
Качанкы жини козголуп,
Кабырга сөөк быркырап,
Кем таалайлык ушу – деп,
Ыйлап турду чуркурап.
Болумдуу катын бейбакка
Боздоо түшүп буркурап,
Ал аңгыча болгон жок
Таң кылайып килтейип,
Таңдын арты дүмпөйүп,
Таң сөгүлүп турганда,
Таң атаардын муздак жели урганда –
Жээктүү таң сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Асмандан жылдыз быркырап,
Кыбыла көздөп чуркурап,
Төбөдөн жылдыз бөлүнүп,
Күн батарга төгүлүп,
Асынадан мунар коолдоп
Таң атардын муздак жели шоолдоп,
Камыштын башы зыркырап,
Балапан торгой чуркурап,
Дүйнөдө жарык бөлүнүп,
Жер заңкайып көрүнүп.
Акундун кызы Чүрөгүң
Жедигердин багына,
Кыяздын алтын тагына,
Мына ошондо Айчүрөк

www.bizdin.kg

Кымбаты кымкап гүлүндөй,
Кыялданган бейбагың
Кырмызы жибек түрүндөй,
Бели кымбат жылдыздай,
Кылыгы суусар кундуздай.
Басканы башка үр кыздай,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көп дүйнөдөй көрүнүп,
Баатыр Кыяз алдына
Басып чыкты балкылдап,
Айдай бети жаркылдап.
Кер маралдай керилип,
Сүйлөргө сөздөн эринип,
Кызыктуу Чүрөк катындын
Кайкылыгын айталы,
Кылтылдаган капырдын,
Кыйгачтаган кызыктын,
Кыялы тентек бузуктун,
Беризаада Чүрөктүн,
Бейили бөлөк дүмөктүн,
Арка чачы самсаалап,
Тоту куштун жүнүндөй.
Кобулдуу колу жымылдап,
Беризаттын бириндей.
Албырган жүзү кыпкызыл
Жазгынын кызыл гүлүндөй,
Кыялданса кызык күң –
Кызгалдактын гүлүндөй,
Кыялдуу жигит тиктесе,
Турабы ичи бүлүнбөй.
Ар кыялын карасаң
Аппак куунун түрүндөй,
Каадалуу катын Чүрөктүн
Каргыш тийген дүмөктүн,
Чөгөрүлгөн кумар көз,
Камчыдай бели ийилип,
Жумшак кыял таттуу сөз.
Күдөрүдөй кыйгачтап,
Күлүп сүйлөп төрөм – деп,
Эр Кыязга сөз баштап,
Капшыттагы кара арак,
Калмактарча каркыт менен бир арак,
Белен турган тагында.
Уй баш кара жанаяк
Толтура арак куйду эле,
Сымбаты башка билинип,
Сулууга суктанбай адам калабы.
Суурулуп ыргып түйүлүп,
Азамат каны арактан
Жайталама куйду эле,
Жадыгөй катын Айчүрөк
Жалооруй басып телмирип,
Эр Кыязга сунду эле.
Кызыккандан эр Кыяз,
Чүрөк сунган арактан
Үч жанаяк урду эле.
Айчүрөк арак сунганда
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Каткырыгы таш жарып,
Кайран Кыяз сөз баштап,
Арманы ичтен чачылып,
Айчүрөктү көргөндө
Умачтай көзү ачылып,
Амал куруп, эп таппай,
Айчүрөктү көргөндө
Жедигердин эр Кыяз
Айтарына кеп таппай:
«Беринин кызы кыраакы
Берен Чүрөк мураапым!
Өзүм Кыяз болгону,
Ботом, Кыяз атка конгону,
Оң тизеңди бүгүлтүп,
Аш бергениң жок эле.
Ар качандан бир качан,
Баш бергениң жок эле.
Бүгүн Чүрөк убарлаш
Тарчылык кандын колунан
Тартып алган курбалдаш» –
Деп, ошентип, эр Кыяз,
Чечекейи чеч болуп,

www.bizdin.kg

Чечкап менен бир болуп.
Ыраазы болуп кубанып,
Белгилүү Чүрөк капырдын
Сулуусуна суктанып,
Баатыр Кыяз турду эле.
Уй баш кара жанаяк
Бирди түгүл эр Кыяз
Төрттү катар урду эле.
Арак ичип алкынып,
Ач арстандай талпынып,
Кымыз ичип кызышып,
Сөөк терин сызышып,
Курган Кыяз эр чиркин
Ууга кирип алыптыр,
Артык жаңжал, чоң кызык
Чууга кирип алыптыр,
Киши көрбөй эң үлкөн
Дууга кирип алыптыр.
Байыркы кептен баштаптыр,
Арбын дүйнө, калың мал
Такыр кечип таштаптыр.
Жети-Өзөн күтүп жер кылган,
Жерин мактап алыптыр,
Жети-Өзөндө жедигер
Элин мактап алыптыр,
Карарган кара эр Кыяз
Өзүн мактап алыптыр.
Манастын уулу баатырды
Баланча кылып сайдым – деп,
Эрдик кылып салдым» – деп,
Мактанчы кылып салыптыр.
Ошо кезде Айчүрөк:
«Баатырымсың, шеримсиң,
Боз дөбөдөй даңкайган
Бел экениң дагы чын!
Болжолу жок көйкашка
Эр экениң дагы чын!
Беттеп жоого баралбас,
Бет алып айза сая албас,
Бейли боштун өзүсүң,
Чоркоктун кара көзүсүң.
Эрдигиң калың, эсиң жок,
Эпсиздин бири сен элең.
Акылың кор, алың жок,
Азыркы сөзгө көнүңүз,
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Берен Кыяз сен болсоң,
Айтканым мындай билип ал,
Көкжал Кыяз тилимди ал!
Кан эшиги зым темир,
Эритүүгө эп керек.
Жаралган эки бендеге
Басып кирер жол керек.
Эр экениң чын болсо,
Колго түшүп бергенбиз,
Календер элек кармалып,
Олжо болуп келгенбиз.
Деген сөзгө көнүңүз,
Биз өңдөнгөн мискинге
Каным, сураганын бериңиз.
Өзөндөн аккан булагың,
Жанагы турган эр Сейтек
Сенин өзүңдөн туулган чунагың.
Ажыга таккан желегиң,
Алдейлеп турган белегиң,
Боз ала туйгун болпоңуң,
Боз карчыга чолпонуң.
Кечигип жүрүп көргөнүң,
Тоюна токсон сойгонуң,
Атын Сейтек койгонуң.
Быйыл кезде Сейтегиң
Он экиге келиптир,
Тилегиң Кудай бериптир.
Эрешен тартып, эр болуп,
Чоңойгондон дөө болуп,
Мал-башыңа ээ болуп.
Эркин жаткан сан кара
Эсеби түмөн жылкыга,
Барып көрүп келүүгө,
Өзөндөн чыккан оёнуң

www.bizdin.kg

Балаң малга кетиптир,
Уулуң малга кеткени
Бир далай күндөр өтүптүр.
Ай бөксөрүп, күн өтүп,
Жалгызың малга кетиптир.
Өзөндөн аккан булакты,
Эптеп алып келейин
Өлгөндө көргөн чунакты,
Кечигип чачып өргөндү,
Келин кезде көргөндү,
Бөлүнүп турган санаамды,
Азыр алып келейин,
Өлгөндө көргөн балаңды.
Маңдайдан аккан булакты,
Баана кылган чунакты,
Артынан издеп барбасак,
Баланы алдап албасак,
Ысыкка бала күйбөйбү,
Суукка бала тоңбойбу,
Көзгө басар баласын
Көрүп бакпай койду – деп,
Кудай бизди урбайбы!
Мен балаңа барайын,
Сандап алган жылкыдан
Канча деп санын алайын.
Түмөндөгөн каран мал
Түрмөгүн жыйып алайын,
Түп көтөрө ал малды
Чубатууга салайын.
Казатка минер ат издеп,
Тулпардан жетик көрөйүн,
Балаңды алып келейин
Деген сөзгө көнүңүз,
Үртүктөп баккан Тоотору,
Тоотору атты бериңиз.
Толуктап тондон киейин,
Катын да болсом кайран баш
Тоотору берчи, минейин!
Жылкыга кеткен баланы
Аман алып келейин!
Ободогу жылдыздай,
Болжош болуп берейин.
Чалгынды бирде чалышып,
Куугунду бирге куушуп,
Айза кармап боолашып,
Ай-ааламды жоолашып,
Жолдош болуп берейин!
Калдай башым туу кылып,
Канча жерди чуу кылып,
Үзүлгөнүң көп улап,
Чачылганды көп жыйнап,
Казынаң болуп берүүгө
Каралдуу болуп көрүүгө,
Бууданың бергин минейин,
Буулумуң бергин киейин.
Кайгуулга кеткен балаңдын
Кайда экенин билейин.
Жер кашатын чалбайын,
Тоотору берсең кайран жан
Жети күнгө калбайын.
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Бадыша Кыяз сен болсоң,
Кан эле болсоң бекерсиң,
Кан экениң чын болсо
Тулпарың берер бекенсиң?
Кан экениң калп болсо
Кайран башты кесерсиң,
Бек экениң чын болсо
Мен деген сөзгө көнөрсүң,
Тооторуну берерсиң!
Түпөктүү айза зулпукор
Колума алсам ыргайын,
Тоотору берсең бадышам –
Катын да болсо жыргайын!» –
Деп, ошентип, Айчүрөк
Тоотору ат сурап турганда,
Кыязды Кудай урганы:
«Тү-тү, Чүрөк, кантесиң?
Эркелээр эбиң табалбай,
Антесиң да, минтесиң!

www.bizdin.kg

Аты катын ургаачы
Атка минсе болобу!?
Катын тулпар мингенде
Башын жебей оңорбу!?
Кандын зайыбы талпылдап
Тулпарга минген болорбу!?
Катын деген адамдын
Казан менен иши бар.
Кан тулпарын минем – деп,
Кай жактан алган күчүң бар?
Ургаачы деген казына,
Үйү менен иши бар.
Ок өтпөс тонуң бергин – деп,
Кай жактан алган күчүң бар?
Бекзааданын зайыбы
Тулпар минген болобу!?
Канзааданын катыны
Башы жок жүргөн оңорбу!?
Койгун, Чүрөк, кебинди,
Ким уксун мындай сөзүндү,
Ким көрсүн мындай көзүндү!
Бөтөнүң турат сөзүндө,
Бөлөгүң турат көзүндө,
Чалгыртың турат сөзүндө,
Чатагың турат көзүндө.
Дегениңе көнгөндө,
Тоотору атты бергенде
Кериге бутуң артпагын,
Керинейиң тартпагын!?
Адыр-күдүр ак кайкаң,
Ак кайканды ашпагын,
Жериңди көздөй качпагын!?
Жылгындуу, Кең-Кол, кең Талас
Жериңе кабар бербегин,
Чабылган кыргыз, көп аргын
Элиңе кабар бербегин!
Оюм турат ушунда,
Оңбогон катын Чүрөксүң,
Ойротту бузган дүмөксүң,
Зыңкыйган сулуу катынсың,
Сыртың бөлөк капырсың!
Ок өтпөс тонду кийгизсем,
Ок жетпеген Тоотору ат,
Тоотору атты мингизсем,
Жети-Өзөн жыйган дүнүйө,
Дүнүйөнү чачпагын,
Жериңди көздөй качпагын!
Калың казып орумду,
Кайнатып жүрбө шорумду?
Тозуп жүрбө жолумду,
Көргөзүп жүрбө сонунду!?
Минтип турган себебим:
Олжолоп сени алганда –
Тегиз кара жедигер
Тегеректеп барганда –
Ак селдечен кожо өлдү,
Дарс окуган молдо өлдү,
Балбансыган шер өлдү,
Дүйнө түшүп чуу болду,
Асман жарган дуу болду,
Айчыгы алтын туу болду.
Унуткусуз чыр болду,
Койгулаштан эр өлдү,
Козголбос эрен тең өлдү.
Укпайм Чүрөк кебинди,
Беризаада сен болсоң,
Берен Кыяз мен болсом,
Катын туруп ат сурап,
Кадырлуу Чүрөк турасың.
Каадалуунун өзүсүң,
Дүмөктүн кара көзүсүң,
Башынан чыккан балакет
Балакет күчөп ала кет,
Эки түрлүү журт бузгуч
Тоо арасын суу бузуп,
Эл арасын чуу бузуп,
Оболкусун карадык.
Огой, Шыгай бир тууган –
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Аша тууган чыр кожо.

www.bizdin.kg

Үйүң күйгөн кутургур
Өз элинен айрылып,
Тентип келип каңгырап,
Өзөн бойлой конуптур,
Жеткилең бузук болуптур.
Эки сүйлөп журт чайкап,
Эсеби жок чыр кылып,
Манастын уулу көөдөккө
Басып кыргын салгын – деп,
Катынын тартып алгын – деп,
Канча жерге чыр салдым –
Эрен да өлдү, хан өлдү,
Эчен эрдин баары өлдү,
Катыңда калк бузган
Каражолтой Чүрөксүң,
Ошенткен катын Чүрөксүң,
Ай-ааламды буй кылган.
Тулпарым бар, атым бар,
Баатыр Кыяз баркым бар,
Катын башың чыр кылып,
Тоотору сурап турасың.
Тоотору ат, тонуң бергин – деп,
Чүрөк кимди шылдың кыласың?!
Дегениңе көнгөндө,
Тоотору атты бергенде,
Жети-Өзөн бою чаң болуп,
Ат берген Кыяз кар болуп,
Журт кырылып, эр өлүп,
Бузук мурда болбосун.
Очогор мылтык атылып,
Оңбогон чууга катылып,
Ажалдуубуз өлбөйлү?
Барса-келбес чын жайды,
Кайран бу баш көрбөсүн.
Касаба кайнап чуу толуп,
Казат мүшкүл чыр болуп,
Дууга кирип жүрбөйлү?
Тооторудан айрылып,
Журт бузулуп каңгырып,
Эсепсиз жаңжал болбосун.
Эрендин баары каңгырап,
Көрбөгөндү көрбөйлү,
Ажалдан мурун өлбөйлү?»
Кыйкырып Кыяз муну айтып,
Кызык баштап турду эле.
Ат сураган Чүрөккө
Ардемени көп сүйлөп,
Жедигердин эр Кыяз
Бузук баштап турду эле.
Ошо кезде Айчүрөк
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Мурундун суусун тарта албай,
Көздүн жашын арта албай,
Санаасы жаман бөлүнүп,
Алтымыш санаа, миң кыял
Төбөсүнө көрүнүп.
Мына ошондо Айчүрөк,
Эр мүчөлүү дүмөк күң
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Мына ошондо Айчүрөк,
Өлөйүн деп өлө албай,
Өлчөлүү жанды кыялбай:
«Мыктуусунган эр Кыяз
Шер экениң билинди.
Чыңап койгон темирдей,
Көк экениң билинди.
Ай-ааламды арбайып,
Алгандыгың билинди.
Бендеден жеке жаралып,
Калгандыгың билинди.
Ай-ааламды буй кылган,
Балбандыгың билинди.
Айкырыгың таш жарган,
Бек экениң билинди.
Азыр баатыр болупсуң,
Баатыр, шер экениң билинди.
Балбандыгың башкача,
Балбандыгың бир канча,

www.bizdin.kg

Чоңдугуң тоонун теңиндей.
Кез болгонду жегидей,
Көңүл чөгөт, убай бар.
Күрсүлдөгөн ит Кыяз
Чоңдугуңа Кудай бар!
Оңбогон Кыяз оңбой кал,
Оюңду бердим оңбойсуң.
Ойлоочу Кыяз бу сөздү
Бузугуңду койбойсуң.
Көңүлүм бердим оңбойсуң,
Качан да болсо сен Кыяз,
Арамыңды койбойсуң.
Койбосоң, Кыяз, койбогун,
Кулаңды кууй качпасам.
Кулжуңдаган Кыяз кул,
Куржунда пулуң чачпасам.
Аланды ала качпасам,
Аландаган Кыяз кул,
Ак куржун пулуң чачпасам,
Ата-а, Кыяз тура тур
Өзөндүү жайга конбосом,
Өлбөсөм сендик болбосом,
Токтой тур Кыяз хан төрөм
Боюмду салсам болбойсуң,
Ар убактан, бир убак
Арамыңды койбойсуң,
Кыялдуу тентек эр Кыяз
Кылымы малың ток беле,
Кыйрасынан айрылган
Кыйырынан тентип кайгырган,
Менчелик күнүң жок беле?
Оңбогон Кыяз оңбодуң,
Ар дайым сүйлөп арам кеп,
Мынакей мени кордодуң.
Күйгүзүп мени жок кылдың,
Күрсүлдөгөн Кыяз кул,
Күң деп жүрүп жок кылдың,
Эрен Кыяз деп жүрсөм,
Эселек Кыяз эксиңиз!
Баатыр Кыяз мен десем,
Арам Кыяз эксиңиз!
Дарыя Кыяз деп жүрсөм,
Такыр Кыяз эксиңиз.
Жети атаң төргө өтпөгөн
Жакыр Кыяз эксиңиз.
Туу түбүнө былк этпей
Туруучу Кыяз эксиңиз.
Өз журтун душман дей берген,
Куруучу Кыяз эксиңиз.
Таз төбөндөн таамайлап,
Уруучу Кыяз эксиңиз.
Көзү ачык Кыяз деп жүрсөм,
Кокуй Кыяз эксиңиз.
Көөдөнү жок көмүлгүр,
Сокур Кыяз эксиңиз!
Баатыр элең ой Кыяз,
Арамдыгың кой Кыяз!
Арамдыгың койбосоң,
Айткан тилди албасаң,
Айдаган жолго баспасаң,
Буланды бузуп албасам,
Бузукту чогуу салбасам.
Төбөндөн кармап баспасам,
Төрт түлүгүң чачпасам.
Мыктуу эксиңиз минтпесең,
Аңылдаган кул Кыяз,
Бир бокчоңду тинтпесем,
Миңден алтын тагыңа
Каарлуу жинден салбасам,
Качанкы кегим албасам!
Арыптай ачык тил окуп,
Ак куу кебим кийбесем.
Он сегиз миң ааламга
Кыдырып учуп жүрбөсөм!
Бука моюн, буура сан
Булкушса жанды куураткан,
Артык кыраан алмандан,
Ааламдан ашкан балбандан
Тандап жүрүп тийбесем!
Талаадан басып көчүндү,

www.bizdin.kg

Өлбөсөм алып өчүмдү,
Тандап эрге тийбесем.
Жети-Өзөн бойлой жол алып,
Жер майышкан кол алып,
Жети-Өзөн сууну баспасам
Жер майышкан жедигер
Жергеңдин баарын чачпасам!
Желкеңден көзүң ойдуруп,
Жети-Өзөндө жедигер
Тулумуңду тул кылып,
Туура кыйын мыктууңду
Олжо кылып, кул кылып,
Кыйырыңа кыргын салбасам,
Кыйла эсебин таппасам,
Капкайда жиниң какпасам!
Жакшы болсоң о Кыяз,
Дүнүйөңдү жыйбасам,
Жаман болсоң эр Кыяз,
Бир мүшкүлгө кыйбасам!
Азабың артык албасам,
Бир мүшкүлгө салбасам.
Кең-Ополдун оюнан,
Чоң Үргөнчтүн боюнан
Кебез-Тоону жердеген,
Керишип бенде жеңбеген,
Басташкан аман калбаган,
Урушуп душман албаган,
Ааламга кабар салбасам.
Атакем Акун сураган
Ооган журтун албасам!
Түзөңдөн тийип бээңди,
Олжолоп байлап дөөңдү,
Жалпылдаган эр Кыяз,
Жайната муштап мээңди,
Чыгарармын өлбөсөм
Бу сөзүңдүн кээсин.
Балбан дөөнү жыйбасам,
Тобуна топот кылбасам.
Кереге-уугуң кыйратып,
Келин-кызың ыйлатып,
Бактарыңа суу буруп,
Бакча тамың уратып,
Бардигерин кыйратып,
Тобуңа тозок салбасам.
Токтотпой чаап урбасам,
Кызырлууңду кырбасам!
Кыйла жаңжал салбасам,
Кол чыкырып, чет салып,
Комутуңа өрт салып,
Туландуу жерге туу ачтап,
Тууганыңа чыр баштап,
Өзөн суусун бурбасам,
Өрт өчкөндөй кырбасам.
Атаңдын көрү, эр Кыяз,
Жаңжал баштап минтпесем,
Жаның чыккан кутургур,
Бир бокчоңду тинтпесем,
Карарган жолуң кан кылып,
Капкалууңду чаң кылып,
Катындарың тул кылып,
Белгилүүңдү кул кылып,
Кериштi кенен салбасам.
Кесирлендиң сен Кыяз,
Качанкы кегим албасам.
Чалкагыңды баспасам,
Умачтай көзүң ачпасам.
Дүйнөңдү түптүз кылбасам,
Үйүрүңдү кырбасам,
Уругуңду чачпасам,
Умачтай көзүң ачпасам.
Эришиңди сүрбөсөм,
Эл-журтуңду тийбесем,
Эселек Кыяз бузугум,
Издегениң чатакпы?
Бир түшүнө кирбесем,
Асылың айдап албасам,
Азаптуу мүшкүл ызы-чуу
Үй үстүнөн көрөрсүң
Боз ала желек – кызыл туу
Болжобой арам санадың,

www.bizdin.kg

Айылыңа салам ызы-чуу!
Каарланып какайдым,
Катылбай жүрбөйм бириңе.
Ат сурасам эр Кыяз
Катуу тийдиң жиниме.
Каарландым карсылдап,
Бүгүн катылбай калбайм бириңе.
Катыла турган себебим:
Жети-Өзөн сууңду бөлбөдүң,
Ардактуу атым тулпар – деп,
Бир тайыңча көрбөдүң.
Түш жарым күчүн бербедиң,
Душмандан бетер көргөнүң,
Чамаң канча билейин
Чаркыңыз канча кирейин?
Комутта калбай кол жыйна,
Кол жыйнасаң мол жыйна.
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа чоюп,
Былчылдашып урушуп,
Мыктап уруш кылбасам.
Куудан кебим кийбесем,
Чынманын журтун чалбасам,
Кайнап жаткан Каканчын
Мунун кадырман шаары Бакбурчун.
Бакбурчундун балбаны,
Сызаңшандын балдары –
Атасы кытай долудан,
Ар түркүндөн албасам.
Атаңдын көрү, эр Кыяз,
Айылыңа тозок салбасам.
Кор болуп ыйлап буркурап,
Боздоп жүрүп нетейин,
Сенин бир түбүңө жетейин!
Арданып жанып, күйөйүн,
Олжого келген катын – деп,
Санаасы арам капыр – деп,
Кантип тирүү жүрөйүн.
Бербесе бербе атыңды,
Бу бейжайлуу шайтан катынды.
Деп, ушинтип кордодуң,
Бала туудум, үй күттүм,
Арамдыгың койбодуң.
Кор болуп кантип жүрөйүн,
Так ушуну кылбасам –
Кан атам Акун канга тиейин!
Буулумуң булап албасам» –
Деп, ошентип, Айчүрөк
Караргандан түнөрүп,
Катуу ачуусу келди эле.
Багыштын уулу эр Кыяз
Чүрөктөн кайрат көргөндө –
Билегинен сап кетти,
Жүрөгүнөн кап кетти,
Кабырга сөөгү сөгүлдү,
Акундун кызы Айчүрөк
Көзүнө шумдук көрүнүп,
Акыл ойлоп, кеп санап,
Акундун кызы Чүрөктөн
Ачык айтпай кыңкылдап,
Айласы кетип ал Кыяз
Жерди чукуп былкылдап,
Бул өзөндүү колот тик кыя,
Акундун кызы Айчүрөк –
Катындан чыккан шуркуя.
Учканын жума күн билет,
Жүргөнүн Кадыр түн билет.
Ат бороюн сыдырат,
Ай-ааламдын баарысын
Учуп жүрүп кыдырат.
Белес ашып, бел көргөн,
Белгилүү эчен эр көргөн.
Бекип аткан бели көп,
Тиерине эри көп.
Бел байлаган бели бар,
Айчүрөк бейжай катындын,
Кылтылдаган капырдын
Тийүүчү эчен эри бар.
Каптоо-Белин бакалап,
Учкандыгы дагы чын.

www.bizdin.kg

Каспаңдын Кара-Тоосун жакалап,
Учмагы бар улуу журт,
Көптүгү түмөн кара курт,
Кынжылуу Даң-ша Бээжинден,
Кайнаган Кытай элинен,
Каруусу толук капырдан,
Кайраты кенен баатырдан,
Кытайдан жыйып кол алып,
Кыйырлуу журтум кырабы?
Кыйланы кыргын кылабы?
Учмакка уруш салбасын,
Уйпалган катын бу Чүрөк
Ушинтип кегин албасын!
А болбосо бу катын,
Ааламдан чыккан куу катын,
Кайра тартып сыдырса,
Алтай, Кангай-аалам жер,
Толкуп аткан ошо эл.
Токтобой тозок салбасын,
Топ тартып ылдый кыдырып,
Суугу бар кыраң белди ашып,
Чоң Сары-Арка жер басып,
Таруусун таштай актаган,
Катынын кыздай мактаган,
Шылдыр айран көк курут,
Сырттап көчкөн көп журт.
Азыкка таруу алышкан,
Алыска өлчөп жарышкан.
Үч жүздүн уулу казактан,
Кайнап жаткан азаптан,
Тием деп жыйнап кол алып,
Колду айдап мол алып,
Төбөмдөн окус басабы,
Төрт түлүгүм чачабы?
Бел байлаган бели бар,
Бекип жаткан жери бар,
Казып койгон ору бар,
Кайнатылуу шору бар,
Камдалган эчен колу бар.
Өкчөлүү өтүк, жаргак шым,
Жоруктуу кылыч, кызыл кын,
Казамбактай бөркү бар.
Кармашып адам барбаган,
Кармашкан тирүү калбаган,
Кең-Ополду жердеген,
Керишип бенде жеңбеген.
Оогандан айдап кол алып,
Кол чыкырып, мол айдап,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Олжолоп алган Чүрөк – деп,
Оогандан көргөн дүмөк – деп,
Чала-була тил билген.
Жалган сөздү билбеген,
Чүрөктү олжо кылды – деп.
Жет-Кайтты бузуп, олжо алып,
Жети-Өзөнгө кол салып,
Маңдайлашып турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп.
Жаанын огу дыркырап,
Тийген жери быркырап,
Катын чуулап, журт куурап,
Катуу дүмөк болбосун!
Журт кырылып, эл чуулап,
Дүмөк салып жүрбөсүн.
Кылтылдаган катындын,
Кыялы тентек капырдын,
Акундун кызы Чүрөктүн,
Айтканына жөн эле
Тооторуну берүүгө
Кайран Кыяз канетсин,
Оболу мурун чыр баштап,
Айчүрөккө сыр баштап:
«Сынап-сынап кеп салсаң,
Сурданып Чүрөк болбойсуң,
Минтсең Чүрөк оңбойсуң.
Ар качандан бир качан
Кайратыңды койбойсуң,
Кайратыңды тыйбайсың,

www.bizdin.kg

Каарланып кеткенде
Кан Акун журтун жыйнайсың.
Оңбогурум оңбойсуң,
Ойдо жокту ойлойсуң,
Башы болду арам сөз –
Жаңгызын койбой ойлойсуң.
Кол чакырып эл камдап,
Кайратыңды койбойсуң.
Кантип тулпар аяйын,
Артык тулпар Тоотору ат –
Кумга туулуп, ташка өскөн,
Жылкыдан жылас башка өскөн,
Кулан менен куушкан,
Тулпар менен туушкан.
Аңгектен ыргып чураган,
Артык тулпар экен – деп,
Жезтумшук кемпир сынаган.
Жеткилең күлүк Тоотору –
Айгай салса шашпаган,
Ай караңгы түндөрдө
Бир изин эки баспаган.
Чуу укканда сөгүлгөн,
Чуркаганда кара жер
Кат-катынан бөлүнгөн,
Карасаат жолтойдун,
Тулпардык сыны көрүнгөн.
Тайгаланбайт бийиктен,
Ташты басса кем эмес,
Тоодо жүргөн кийиктен.
Тотудай куйрук чубаган,
Болбогон жерге чыдаган.
Аркарча арыш узарткан,
Кулжадай көзүн кызарткан,
Туу куйругун чубаган.
Кырк күнчүлүк чөл болсо,
Кымбаттуу мүшкүл бел болсо,
Кум өрттөнүп жайнаган,
Кезиккен шору кайнаган,
Мына ошондой эр болсо,
Чып этип ирмеп суу жутпай,
Чым дегизип чөп жебей,
Чыдап берчү мал эле,
Туура кыйын чочконун
Тулпардыгы бар эле.
Кең көкүрөк, тайган төш,
Келки туяк, кең соору
Келишимдүү Тоотору ат –
Ботом, кейигенден берейин,
Кежирлик кылбай минип бак!
Ээликмеси бар эле,
Эсепсиз тулпар мал эле,
Катын минбес мал эле,
Карасаат чочконун
Кайыптыгы бар эле,
Касиеттүү мал эле.
Айгыр жүрүп ат болгон,
Эчен жакын сөөк-тамыр
Тоотору үчүн жат болгон.
Бугудай мойнун бураган,
Бута бою татаалдан
Бура тартпай чураган.
Бууандыгын билгенде
Жанаалы, Карач эки дөө –
Тагабыз экен сураган.
Сураганга бербеген,
Бермек турмак каранды,
Бейли жаман минбеген.
Беделин көргөн чочуган,
Беш убак оңдоп токуган.
Тулпарлыгы билинген,
Байлап койсо мамынын
Башынан алыс түйүлгөн.
Жетик тулпар экен – деп,
Көзү ачыктар жактырган,
Алты убак арпа илдирип,
Асемдетип бактыргам.
Ар көргөндөр жактырган,
Бугудан чылбыр сүйрөтүп,
Куюн көтөн Кайып чал –
Куруган киши үйрөткөн.

www.bizdin.kg

Асый болуп, арс эмдеп,
Кара сөөгү кесилген,
Тулпар болуп жетилген.
Көкүлгө үкү тактырган,
Көмүскөй жерге каранды
Бирөөнүн көзү тиер – деп,
Жан көрбөс жерге бактырган.
Маанисин көрүп кубанып,
Баабедин ата жактырган.
Кабыргалуу казанат –
Кадырман күлүк Тоотору ат,
Буудайды жара чайнаткан,
Бир түндө алты караткан.
Айгыр ашып, бээ тууган,
Телегейин тең тууган
Теги тулпар Тоотору.
Айдай катын Айчүрөк,
Саламат бар, сак келгин,
Сагындырбай бат келгин.
Эсен барып, соо келгин,
Эриктирбей бат келгин.
Этине келген мал эле,
Эсеби жок Тоотору
Тулпарлыгы бар эле.
Өзөнгө жалгыз жүрбөгөн,
Бейдаарат жан минбеген,
Чылбырдан зайып албаган,
Кыяздан бөлөк жаңгыз жан
Жанына чыдап барбаган.
Көргөндө сонун мал эле,
Тулпарлыгы бар эле,
Айтайын десе тили жок,
Акылы артык мал эле.
Жеткилең күлүк чочкону
Үстүмө катын минди – деп,
Зайыбы сапар жүрдү – деп,
Ооздук тиштеп, баш чайкап,
Бугудай мойнун бурбасын.
Булта коюп аңгекке,
Ала качып урбасын,
Аягына сак болгун,
Мындай мүшкүл кылбасын.
Артык күлүк Тоотору ат –
Адырга салса чураган,
Токтоо бербей союлгур
Тозоңу тоодой бураган,
Ачууланса кара жер
Каңтарылып ураган.
Ала качып окустан,
Аңгекке уруп кокустан,
Казбасын калың орумду,
Ажыратып Чүрөктөн
Кайнатпасын шорумду.
Кылбасын кызык сонунду,
Угуп тур Чүрөк жообумду.
Далай мыктуу сапатын,
Далай жан уккан канатын.
Тоотору менин жан атым
Таштуу жерде тарта көр,
Жылкычы башы Карагул
Бегиме кабар айта бар.
Түмөндөп жаткан каран мал
Түк койбой жыйып алсын де.
Сай кашканы күлүктү
Түгөл жыйып калсын де,
Деген сөзгө көнсүн де,
Туура тулпар күлүктөн
Туулган уулум Сейтекке
Ат энчилеп берсин де!
Уруулу жылкым Кулача,
Маңдайы кашка тумарча,
Баары тулпар көйкашка.
Жети-Өзөн жерлүү жылкыны
Жеткилең жыйып көрсүн де,
Өлгөндө көргөн балама
Ат энчилеп берсин де.
Жылкыга кеткен ал Сейтек –
Маңдайымда бар кегим,
Жангыз туума айнегим,
Оозумду ачып өпкөнүм,

www.bizdin.kg

Көзүмдү ачып көргөнүм.
Өлгөндө көргөн Сейтекти
Талаага бала конбойбу,
Балама муздак суу өтүп,
Бала оорулуу болбойбу?
Баргын, Чүрөк, барып кел,
Талаага уулуң жүрбөсүн,
Алдейлеген чунакка
Ай салкыны тийбесин.
Күнгө балам күйбөсүн,
Каалап көргөн чунакка,
Күн аптабы жетпесин.
Аны менен жангызым,
Оорулуу болуп кетпесин» –
Деп, ошентип, эр Кыяз,
Ок өтпөгөн көк күпү,
Этеги жайык бек күпү,
Бүчүлүгү бир тогуз,
Бурулса айза жетпеген.
Жазайыл атып, жаа тартса,
Кылт этип бир тал өтпөгөн.
Кымбат баа көк күпү
Чүрөккө чечип берди эле.
Багыштын уулу эр Кыяз
Ары карап былкылдап,
Бер жакка күлүп кылтылдап,
Чыдай албай, ал Кыяз
Чылгый ичи өрт болуп,
Атасы Багыш өлгөнсүп,
Калк чогулуп журт чуулап,
Кан атасын көмгөнсүп.
Түнөргөндөн карарып,
Түгөнгөн көздөн кан агып,
Көңүл чөгөт бөлүнүп,
Кагышка минчү Тоотору ат
Кайрылбастай көрүнүп.
Жүрөк кайнап, ич бышып,
Бек оору болуп эр Кыяз.
Бербеймин деп айта албай,
Белгилүү катын Чүрөктүн
Өлсө көөнүн кайтарбай,
Кайнары деп айта албай,
Кош олоң чач Чүрөктүн
Кой деп көөнүн кайтарбай,
Абайлап чочуп артынан,
Айчүрөк катын дартынан.
Шашты, коркту Чүрөктөн,
Чамасы кетип дүмөктөн.
Акыл ийлеп, кеп ойлоп,
Ардай болгон тайкы жал,
«Айланайын Тоотору ат,
Айрылдым сенден» – деп ойлоп,
Айласын таппай ал Кыяз
Ары карай бергенде,
Көңүлү сайлап бөлүнүп,
Көп мүшкүл башка көрүнүп,
Беренсиген Эр Кыяз
Каарланып иш бүтөп,
Каңырыгы бек түтөп,
Өрттөй көзү бек жайнап,
Капаланып Кыяздын
Кан ичмеси бек кармап,
Каяшаяк берүүгө
Чүрөктөн коркуп шор кайнап.
Баатырың – баатыр Кыяз атанып,
Ителгидей тунук көз,
Ирмебестен жаш алып:
«Булкушка кийген көк күпө
Кийбей калар бекемин?
Өткөн иштин жайынан,
Шуркуя Чүрөк айынан,
Кагышка минчү Тоотору ат
Минбей калар бекемин?
Айдоо түшүп артыман,
Айчүрөк катын дартынан,
Канатым кетип каңгырап,
Айбандан артык мураапат
Тооторудан айрылып,
Арам өлөр бекемин.
Катынга атым алдатып,

www.bizdin.kg

Жаман өлөр бекемин?
Чакчайып суусун табалбай,
Белде калар бекемин,
Чып эткен суу таба албай,
Чөлдө калар бекемин,
Капаланып кайгырып,
Тооторудан айрылып,
Жерде калар бекемин» –
Деп, ошентип, эр Кыяз,
Кан атасы өлгөнсүп,
Кан атасын калк чуулап,
Калайык эл көмгөнсүп,
Кан акең Кыяз муну ойлоп,
Капа болуп тура албай,
Бурулуп үшүп кетпе – деп,
Ок өтпөгөн болумдуу
Көк күпөнү кийгизди,
Ок жетпеген Тоотору ат
Булгаары тердик, көк токум,
Көк токумдун үстүнө
Алдыңкы кашы ак алтын,
Арткы кашы чылк күмүш,
Эки каптал эн темир,
Алакең кылган ак каңкы,
Сайышкан эрге чак каңкы,
Тооторуга токуду.
Ичке басып төтөлөп,
Колу менен эр Кыяз
Тоотору атын жетелеп,
Айдай катын Чүрөккө
Ай-күнүм Чүрөк мингин – деп,
Жедигердин эр Кыяз
Туура тартып барды эле,
Кымбат баа ак куржун
Кыйын балбан Айчүрөк,
Шамдагайы болжолсуз,
Шакылдаган шуркуя
Шапа-шупа салды эле.
Эптүү катын Айчүрөк,
Эселек Кыяз Тоотору ат
Эби менен сурады,
Алтын таман үзөңгү
Теппей ыргып чурады.
Эр мүчөлүү шуркуя,
Эби бар бейбак турабы.
Каадасы жетик, акыл күч,
Катындан мындай болобу.
Улукман жеңең Айчүрөк
Ургаачы деген оңобу?
Кара өрүм чачтын ыктуусу,
Катындардын мыктуусу,
Казынанын тазасы,
Зайыпзаттын башаасы.
Кең чачпактын урлуусу,
Керилген катын Айчүрөк
Келбеттүүнүн сулуусу,
Багыштын уулу Кыязды
Айла менен үркүтүп,
Амал менен коркутуп,
Сөз салып, башын маң кылып,
Бир жак четин аң кылып,
Бир жагын бузуп чаң кылып,
Тоодой Кыяз алдынан
Тооторусун сурады
Токтолуп Чүрөк турабы –
Нардай болгон Тору атка,
Эр мүчөлүү бейтаалай,
Эми жеңең минди эми,
Окоро түйгөн ак тизгин –
Тоотору атка чак тизгин,
Ороп колго алды эле.
Эр мүчөлүү бейтаалай,
Кара жаак булдурсун
Чапса кулак тундурсун,
Асты асый өгүздүн терисин,
Өзөккө өлчөп кердирген,
Алты эркечтин терисин
Шыкап жатып өрдүргөн.
Алаканга чок койгон,
Түшкүнөн карандын

www.bizdin.kg

Элиге ченеп ок койгон.
Адейи кылган камчыны
Ала коюп имерип,
Каң дегизип каранды
Касыга тартып жиберип,
Дөңкөң-дөңкөң желдирип,
Марал сындуу бастырып,
Кулжадай көзүн кызартып.
Эр Кыяздын алдынан
Эби менен узатып,
Бура тартып алганда
Күн бөксөрүп, түн өтүп
Тоотору атка тил бүтүп,
Дууга кирди Тоотору.
Билгенге жаңжал чоң мүшкүл
Чууга кирди Тоотору,
Бура тартса учуучу
Кырга кирди Тоотору.
Акылсыз көөдөк Кыязга
Сырга кирди Тоотору.
Куландай кулак жапырып,
Куюндай жерди сапырып,
Баскан жери быркырап,
Ичин тартып Кыязга
Оңуранда оңкоңдоп,
Онжоңдогон чоң Тору ат
Учуучудай жулкунуп,
Оңуранда булкунуп,
Кыязга айтат айбан кеп –
Жедигердин Кыязга
Сүйлөп турат мындай деп:
«Баатыр Кыяз, сен, эрен,
Тоотору тулпар мен элем.
Биттейинде бириктик,
Бармактайда баш коштук,
Кенедей күндө кезиктик.
Ойноо бала сен болуп,
Ооз жарма тай мен болуп,
Мен казанат ат болуп,
Сураган киши жат болуп,
Канаттуу тулпар мен болдум.
Жети-Өзөн сууда жедигер
Жердеген баатыр сен болуп,
Ушу бүгүн сен Кыяз,
Кара жер менен тең болуп,
Эрдигиң бар, эсиң жок,
Эселек Кыяз сен болуп,
Кыяз болбой өлүп ал,
Туулбай туна чөгүп ал!
Катынга атын алдаткан
Кара бет Кыяз өлүп ал!
Жакасы алтын бадана
Кагып-силкип кийбейсиң,
Белгилүү күлүк Тоотору ат
Оңбогон Кыяз минбейсиң.
Кара Кыя кесен бол,
Катынга атын алдаткан
Кайран Кыяз, эсен бол!
Баатыр Кыяз деп жүрсөм,
Катын Кыяз экенсиң!
Багыштын уулу деп жүрсөм,
Катындын кулу экенсиң!
Эселек Кыяз өлгөнүң,
Барса-келбес чын жайды,
Көрчү Кыяз экенсиң,
Катын десе кыныңа
Батчу Кыяз экенсиң,
Как төбөндөн бир Кудай
Атчу Кыяз экенсиң!
Ат алдатып катынга
Жүрчү Кыяз экенсиң,
Как төбөндөн бир жерге
Кирчү Кыяз экенсиң,
Катын деп жүрүп, бир мүшкүл
Көрчү Кыяз экенсиң.
Эл кыдырып, журт бийлеп,
Балбан Кыяз экенсиң,
Бир катынга кул болуп,
Калган Кыяз экенсиң!
Эрдигиң бар, эсиң жок

www.bizdin.kg

Эчтеме менен ишиң жок,
Дардаң Кыяз экенсиң.
Катынга атың алдатып,
Калган Кыяз экенсиң.
Кан мүшкүл тартып кайгырдың,
Эселек Кыяз оңбой кал,
Тоотору аттан айрылдың!
Канатың сынып капталдан,
Окус болдуң, эр Кыяз!
Тулпарыңдан айрылып,
Кокус болдуң, сен Кыяз!
Кагыштуу кыя, кескен жол,
Кайран Кыяз эсен бол!
Мүшкүл тартып, жаман бол,
Кайран Кыяз аман бол!
Олжолоп алар өзүңдү,
Бу катын чукуур көзүңдү,
Түгөтөр көздөн кашыңды,
Эркелеткен бу катын
Түбүндө кесер башыңды!
Калыңдап казар оруңду,
Көргөзөр көзгө сонунду.
Жалынсаң укпай кебиңди,
Суу куйгандай суутар
Эр Кыяз сенин демиңди!
Жалынсаң укпай кебиңди,
Тирүүлөй бүктөп белиңди,
Кулжуңдаган Кыяз кул
Бу катын кесер демиңди
Айткан тилди албаган,
Айдаган жолго барбаган,
Кежел Кыяз экенсиң.
Баатыр Кыяз, эр көкжал,
Канатыңдан кайрылдың,
Каралды кылган тулпарың
Тооторудан айрылдың!
Белгилүү тулпар куйругун
Беш-бештен кармап өрчү эле,
Беренсиген шер киши
Катынга атын берчиби?
Жети-Өзөн сууга кан болуп,
Жээлигесиң жүрбөйсүң.
Жерге кир Кыяз, аман бол,
Эми желкелеп мени минбейсиң!
Жээлигип жоого тийбейсиң,
Эми Жети-Өзөндө жүрбөйсүң! –
Тоотору айтат мындай кеп,
Адамча сүйлөп Тоотору ат
Айтып турат мындай – деп
Беринин кызы Айчүрөк
Кыяз укса окус – деп,
Чатак салар кокус – деп.
Чүрөктүн жайы ушундай –
Атагын көргөн чочуган,
Ажайыптан окуган.
Сексен дуба, миң окуу –
Жатка алып баарын окуган.
Жадыгөйү жанда жок,
Жаркылдаган капырдын,
Амалы артык эң билгич,
Жадыгөйлүү капырдын
Артындагы чачмончок,
Чачмончоктун өзүндө,
Сапсалгалуу сары ачкыч,
Жалаң баары бар ачкыч.
Көркөмдүүсү көп далай,
Көрсөң Чүрөк бечара ай.
Ат сүйлөсө окус – деп,
Артык берен эр Кыяз –
Жаңжал кылар кокус – деп,
Билип койсо чыр кылып,
Каруусу кабат эр Кыяз
Жаңжал салып кыйкырса,
Жаканам бузар бекен – деп,
Билбей койсом бекер – деп,
Шамдагайы болжолсуз,
Шуру буулуу чачмончок
Кармай калып имерип,
Каң дегизе Тоотору ат
Маңдайга салып жиберип.

www.bizdin.kg

Маңдайга ачкыч тийгенде,
Тулпар экен Тоотору ат
Тегеренип темтеңдеп,
Темтең болгон немедей,
Тамтаңдай түшүп жыгылбай,
Үргүп барып оңолуп,
Сүйлөп турган Тору аттын,
Айтууга тили жоголуп.
Көкүлү көзгө жабылып,
Маңдайынан кере сөөм
Чачмончок тийип жарылып,
Таяк көрүп жайланып,
Каран калган Тору аттын
Айтууга тили байланып,
Кайран катын Айчүрөк,
Калдай башын туу кылып,
Катын башын эр кылып,
Сүйлөп турган тулпарды
Кара жер менен тең кылып,
Кулагын уккус көр кылып,
Тилин байлап салды эле.
Жедигердин эр Кыяз
Жети-Өзөндө чынар бак,
Сейилде коргон багында
Отурган экен ал күнү,
Калк башкарган тагында.
Көрсөң Кыяз момундай,
Көгала түймө муштумдай,
Көрсөң түрү ушундай.
Көк арстандай чамынып,
Кайыптан акыл табылып,
Ачууланып бакырып,
Айчүрөк деп чакырып,
Өкүрүгү баш жарып,
Кыйкырыгы таш жарып:
«Азап Чүрөк, тура тур –
Дарс окуса сабатым,
Тоотору менин канатым.
Кадырман башка иш келсе,
Каран күн жанга күч келсе,
Тил сүйлөгөн адаты.
Белгилүү тулпар мал эле,
Алты айчылык мүшкүлдү
Адамча сүйлөп Тоотору ат
Айтып турчу жан эле.
Түшсө чыкпас тор болсо,
Тирүү жан кечкис шор болсо,
Канаттуу качып кутулбас,
Эл курчаган кол болсо,
Кагышка минсе канатым,
Качан болсо Тоотору ат,
Айта жүргөн адаты.
Айтып калган себеби –
Ушу турган Тоотору ат,
Кайыбынан кабылган,
Медияндын чөлүнөн,
Ит-Кыяндын белинен,
Какылдаган карга жок,
Куркулдап учкан кузгун жок,
Айбан чайнаар чөбү жок,
Адам жутаар суусу жок,
Ит баспастын чөлүнөн,
Жан жүрбөстүн жээгинен,
Кунанында кабылган,
Быштысында табылган.
Караңгы жайга бактырган,
Башына тумар тактырган,
Кан ичме кемпир жез тумшук
Ошо сынап жактырган,
Бөлөк жан минсе болбогон,
Тил сүйлөбөй койбогон.
Атымдын оозун бура тур,
Эми эмне дейт Тоотору ат
Алаткүн, Чүрөк, тура тур!
Адам айтпайт мындай кеп,
Айбан Торум эмне дейт» –
Мына ошентип эр Кыяз,
Каарланып жайланып,
Кыны жок кылыч байланып,
Каарланып кан Кыяз –

www.bizdin.kg

Кан ичмеси карманып,
Каарына Кыяздын
Кара жер чакты келе албай,
Ачууланып барбактап,
«Ата эмне деди» – деп,
Жедигердин эр Кыяз
Чуркап келет дардактап.
Акундун кызы Айчүрөк
Айтып турат мындай кеп:
«Атың айтса тилин ук,
Атаңдын көрү, эр Кыяз!
Аттын күчүн бербеген,
Ак никелүү жарына
Акмак Кыяз эксиң!
Оролмо жагдан кырк килем,
Бул аттын жайын мен билем.
Астынан басып чыгалы,
Атым тилди сүйлөйт – деп,
Олуя болгон эксиң.
Сүйлөтчү атың эр Кыяз,
Катын да болсок угалы.
Мал өткөрүп, үй күткөн
Баатыр сендей болобу?
Сен өңдөнгөн арамды
Баатыр деген оңобу?
Баатыр, кара кылыч, зулпукор,
Кармашып душман келгенсип,
Капталыңа таядың.
Алган арбак жарыңдан,
Атыңдын күчүн аядың,
Кан эле болсоң бекерсиң,
Ачууланып айкырсаң,
Кайран башты кесерсиң.
Жети-Өзөн толгон журтуңда
Сан жыйылган топ беле,
Элиңизде ээ баатыр,
Эрмек шылдың кылууга
Биздей күңүң жок беле?
Кан төгүүчү ар кескен
Билегиңе илинттиң.
Олжодон келген биз күңгө
Эрдигиңди билгиздиң.
Шамал барбас кыяндай
Бел экениң билинди.
Аалам журтту буй кылган
Шер экениң билинди.
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Айбатың чокмор муштумдай.
Ала чаптың бакырдың,
Айчүрөк деп чакырдың.
Балбан болсоң, шер болсоң,
Баатыр Кыяз сен болсоң,
Кылат белең ушундай?
Кыйкырасың мындай – деп,
Айылга барсам атайлап.
Төрөм, кылымда барбы мындай – деп.
Союп салсаң баш мына,
Кылмыш кылса катындын
Сүйлөтүп ал атыңды» –
Деп ошентип Айчүрөк
Онжоңдогон Тоотору ат
Оозун тартып бурду эле,
Ушундай деп Чүрөгүң
Кыязга сүйлөп турду эле.
Ар качандан бир качан
Берен сен Кыяз, оңбодуң,
Ар убактан бир убак
Күң деп бизди кордодуң.
Башыңдагы суусар бөрк –
Кимдер ыргап кийбеген,
Башында дөөлөт барында
Ким күркүрөп жүрбөгөн,
Сырттандыкты көргөндө
Эчен душман дүрбөгөн.
Ошо Чүрөк мен элем,
Олжого башым кор болду,
Бизде олуя Кыяз зор болду.
Баатыр, колуңдагы коёнбуз,
Ат байлаган такырбыз,
Колго түшкөн бакырбыз.

www.bizdin.kg

Бастырбасаң жол мына,
Түртүп ийсең ор мына,
Байлап алсаң кол мына.
Көңүлдө далай убай бар,
Сенин чоңдугуңа Кудай бар.
Кыяз, каарландың оңбодуң,
Ар убактан бир убак
Кайратыңды койбодуң.
Айбаным кеп салды – деп,
Ачууланып кетесиң.
Астыңдан басып чыгалы,
Айбаныңан кеп сурап,
Баатыр, биз катын да болсок
угалы» –
Тоотору оозун бурду эле,
Эр Кыязга Тору аттын
Кайран жеңең Айчүрөк
Оозун тартып турду эле.
Көк гүлдүү тон жамынып,
Көрчү болсоң эр Кыяз
Көк арстандай чамынып,
Оңураңдап жүгүрүп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Жай-жарагын жайланып,
Жалаң кылыч байланып,
Талыкпас тулпар Тору аттын,
Тартып оозун бурду эле.
Көрсөң Кыяз эр мындай,
Онжоңдотуп Тору аттын
Көкүлүн сылап турду эле.
Окуранган чоң Тору ат
Көкүлү бөлөк бөлүнбөйт,
Кеп айтчу түрү көрүнбөйт.
Ары имерип сылады,
Айтканы жок чоң Тору ат.
Тору аттын айткан кеби жок,
Каарланып эр Кыяз,
Айдай катын Чүрөккө
Уят болду эби жок.
«Тоотору сүйлөп ийди – деп,
Окуй болгон экемин,
Абайлабай барбактап,
Кокуй болгон экемин.
Айдай залим Айчүрөк,
Кымбатымсың, белимсиң,
Айдай сулуу келинсиң.
Кечиксең мүшкүл жаманат –
Тоотору сизге аманат.
Жылкыдан каалап мал бердим,
Тоотору тулпар малымды ал.
Аз уят болдум Айчүрөк,
Менин көөкөргө куюп канымды ал!
Жылкычыга барып кел,
Өлгөндө көргөн чунакты
Менин өзүмө бачым алып кел.
Көргөзө көр көзүмө,
Алып кел бачым өзүмө» –
Деп, ошентип, эр Кыяз
Чатак баштап, сыр кылып,
Көбүрөөк мүшкүл чыр кылып:
«Көл элең, Чүрөк, кечип кой!
Саламат барып, сак келгин,
Сагындырбай бат келгин» –
Деп, ошентип, Чүрөккө
Арам ойлоп арыштап,
Айдай катын бейбакка
Тоотору атты табыштап,
Кайра тартты эр Кыяз
Мурутту бузук Кыяз эр,
Мурутуна карасаң –
Букарлыктын кабындай.
Эки ийини бир бөтөн –
Эки киши конгондой,
Эки бетин караса,
Эки даңгыт тойгондой.
Элесин көрсөң момундай,
Канга тойбос кандардай,
Калк башкарган балбандай.
Кайрылып Кыяз калганы,
Аманат кылып Тору атын

www.bizdin.kg

Тагына Кыяз барганы.
Ошо кезде Айчүрөк
Булуттай учкан Тору атка
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Жолго кирип баратат.
Баскан изи быркырап,
Барган сайын дыркырап,
Таманы жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карсылдап.
Айбан да болсо чоң Тору ат
Учкан куш менен жарышып,
Окоро түйгөн, ак тизгин
Эси чыккан катындын
Кош колдоп колдо карышып,
Онжоңдогон Тору аттын
Ооздугу менен алышып,
Айбандан эстүү ал Тору ат:
«Бугудай мойнум бурбасам,
Ала качып окустан,
Аңгекке алып урбасам,
Акыры быт-чыт кылбасам!
Көөкөрлөп төгүп каныңды,
Чын кетирип алыңды,
Акундун кызы шуркуя,
Чыгарбасам жаныңды!
Жыгып салып төкпөсөм,
Көөкөрлөп кара каныңды!
Эрен сындуу тон кийген,
Эрен деп мыктуу ат минген.
Өзөнүң чуңкур, тик кыя,
Өрттөнүп кеткен шуркуя,
Тасип калган катынды,
Эр Кыязды алдаган
Артыкча митаам капырды,
Бугудай мойнум бурайын.
Бута бою зоо келсе,
Бура тартпай чурайын.
Талпак-ташын чыгарып,
Талкалап жерге урайын!
Адыр-күдүр керүүдөн,
Ат баспастын сеңирден,
Аркардай арыш керейин.
Алдамчы катын митаамдын
Жазасын колго берейин!
Жарлуу колот коо келсе,
Жан чыгарчу тоо келсе,
Бурулуп мойнум бурайын.
Андай сулуу катынды,
Акылга дыйкан капырды,
Шыңкылдаган катынды,
Чыйраксынган капырды,
Ойт берип мойнум бурбасам,
Асты калың кара жер,
Алып келип урбасам!
Коржойтуп кол сындырып,
Койшоңдогон бейбактын
Ушинтип жанын тындырып,
Чалкаңан жерге салбасам,
Жана чаап ийген кегиң албасам.
Койдой этим бөлүнүп,
Коёндой жолум түзөлүп,
Араандай оозум ачпасам,
Кан аралаш ак көбүк
Омуроомо чачпасам,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт кыркалай баспасам.
Кайкайбай белим басылып,
Бүрүшүп калган туягым,
Чоң казандай жазылып.
Тарттырбай оозум кербесем,
Жазаңды колго бербесем,
Баш-аягым бүгүлтүп,
Ат сураган катынды
Чымындай жандан түңүлтүп,
Ачпасам анык көзүңдү,
Ала качып буй кылып,
Өлтүрбөсөм өзүңдү,
Жүгүрүп жүрүп чукуюн

www.bizdin.kg

Бадырайган көзүңдү,
Өлтүрөйүн өзүңдү!
Эсебиңди таппасам,
Ээленген катын шуркуя,
Кайдагы жиниң какпасам,
Талпагың ташка чаппасам!
Бу катынды буй кылып,
Ала качып алайын.
Чыйраксынган катындын
Арка-мойнун бүктөйүн,
Ажалын бөйдө жеткизип,
Амалын такыр кеткизип,
Калайманга салайын,
Капкайда кекти алайын! –
Деп, ошентип, бу тулпар
Башын жерге салды эле,
Башкача арыш алды эле.
Таманы жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карсылдап,
Жал-куйругу жайылып,
Колу жерге сайылып,
Маңдайдан көкүл бөлүнүп,
Аркыраган карандын
Тулпардык сыны көрүнүп.
Кабыргасы маталып,
Туягы жерде кадалып,
Омурткасы оржоюп,
Устукан сөөгү коржоюп,
Ушинтип чуркап алды эле.
Бугудай мойнун бурууга,
Бута бою аңгекке
Бура тартып урууга,
Айдай катын Чүрөктү
Ашкере өлүм кылууга.
Бир эсебин табууга,
Капкайда жинин кагууга,
Айбандан эстүү Тоотору
Төрт туяк жерге кагылып,
Кучак болгон куйругу
Чаткаякта чабылып.
Учуп Тору ат жүгүрүп,
Үстүндөгү Айчүрөк
Чымындай жандан түңүлүп.
Окоро түйгөн ак тизгин
Тартса колдо карышып,
Ээң өлгөн карандын
Душмандыгы билинип,
Булуттай учуп дыркырап,
Туяк тийсе кара жер
Туш-тушунан быркырап,
Чыны менен Чүрөктүн
Чымындай жаны чыркырап.
Ала качып ажылдап,
Ашкере чуркап буй кылып,
Туура балаа чоң Тору ат
Булуттай учуп жүгүрүп.
Бура тартсаң өлдүм – деп,
Кайра тарткыс чын жайды
Тооторудан көрдүм – деп,
Жаны чыкты Чүрөктүн.
Ала качып Тоотору
Жапа салган дүмөктүн,
Бура тартпай жүгүрүп,
Айбан экен Тоотору ат
Үстүндөгү Айчүрөк,
Кайран жандан түңүлүп.
Эр Кыяздын Тоотору ат
Душмандыгы билинип,
Оюна койсо бу Тору ат
Кечип кетсе, бут күйгөн
Корго алпарып урар – деп,
Кечип адам кутулгус,
Шорго алпарып урар – деп,
Чалынса адам чыга алгыс
Торго алпарып урар – деп,
Асман ачык жер бүркөө
Колго алпарып урар – деп,
Беризаада бейтаалай,
Бек акыл ойлоп бир далай,

www.bizdin.kg

Чиймек болду сызыкты,
Тоотору айбан тулпарга
Кылмак болду кызыкты,
Берен катын Айчүрөк
Касиеттүү жан эле,
Тилинде мөөрү бар эле,
Каргышы ката кетпеген,
Дубасы бекер өтпөгөн,
Кыз кезинде бу Чүрөк
Ажайып дуба окуган,
Атагын көргөн чочуган –
Жүргөнүн көргөн таң калган,
Билгенин бир жан билбеген,
Дуба окубай жүрбөгөн.
Чоң сыйкырчы жадаачы,
Акундун кызы бейбактын
Бул өнөрүн карачы.
Кыйын тулпар Тору атка
Кыймылдаган туякка,
Суук дуба урду эле,
Ала качкан айбанга
Бул өңдүү кызык кылды эле.
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Кошолоңдуу Тору атты
Койго жеткис кылды эле.
Ушундай тулпар Тору атты
Уйга жеткис кылды эле.
Басып туура желе албай,
Баякы күчкө келе албай,
Койго жеткис болду эле.
Ала качып чоң Тору ат
Айчүрөктү буй кылып,
Кереттүү катын Айчүрөк
Ченебеген тулпарды
Күлүгүн байлап уй кылды.
Баштакыдай желе албай,
Баякы күчкө келе албай,
Ала качып саат болуп,
Согончогу бир тутам
Чочкодон төмөн ат болуп,
Колу-бутун бек байлап,
Кордук кылды Тору атка.
Койго жетпес бир домпуш
Чобур кылды Тору атты,
Колун байлап, кор кылып,
Бутун байлап, уй кылып,
Мына ошондо Айчүрөк
Арамдык кылган Тору атка
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Опсуз Чүрөк жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Тилегин Кудай берди эле,
Баласы менен кайнисин
Ал күнү аман көрдү эле.
Күүгүм кирип күн бата,
Элдин асты жуп жата,
Тоо түгөнгөн урчукка,
Томурайган тумшукка,
Токтобой жетип Айчүрөк
Элкин жаткан чынарга,
Онжоңдогон Тору аттын
Ээрин алып жайдактап,
Чидер уруп баймактап,
Ак каңкыны жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Булгаары тердик, көк токум,
Жамбашына жазданып,
А күнү катын Айчүрөк
Алп уйкуну салды эле.
Чыканактап уйку алып,
Чырым этип тынч алып,
Жамбаштап жанды тындырып,
Жатып уйку кандырып,
Таң мезгили болгондо
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Эр Кыяздан чочунуп,
Тоотору атты токунуп,

www.bizdin.kg

Кайниси чоро, Сейтектен
Кайгы жеп катын чочунуп.
Ээр белдей белести
Эми эңкейип ашты эле,
Күрөшө чардоо токойдун
Кең өзөнүн басты эле,
Айры-белес тайпаңда,
Алакандай кайкаңда,
Кызарып туман көрүнүп,
Кырдан түтүн бөлүнөт.
Кызыл-тазыл таңылчак
Кызылсарт жаткан көрүнөт.
Асмандан түтүн бөлүнүп,
Агарып чатыр көрүнүп,
Аюу талпак, ак куштан.
Кара дөө аты көрүнүп.
Муну көргөн Чүрөктүн,
Сүйүнгөнү бейбактын
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Чоң даарыкер Кызылсарт
Көктөн жылдыз козголгон,
Атасынан бабасы
Айкөл менен дос болгон.
Ак буудай данын чайнашкан,
Каралаша жүрүүгө
Келмем шарып кармашкан,
Кылычтын мизин жалашып,
Кыйын кылган убада.
Чоң дарыкердин өзү экен,
Караган кара көзү экен,
Арбак сыйлап бу байкуш
Келип калган кези экен.
Тилегин Кудай берген го,
Эрдин эри Күлчоро
Себепкору келген го.
Мурунку мураа Кутубий
Кан төрө атам көзүнө,
Мурунку өткөн бабамын
Мураа болгон өзүнө,
Уялуунун укуму,
Эр Кутубий тукуму,
Берендин өз көз даанасы,
Мураапы эрдин баласы,
Олжого келген Кара дөө
Себеп издеп калыптыр,
Кызылсарт таап алыптыр.
Мураа болгон бул кургур
Үзүлгөндү улаптыр,
Чачылганды жыйнаптыр.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана желген го,
Артык дарыкер Кызылсарт
Кара дөө таап келген го.
Тилекти Кудай берген го!
Чатырга келип караса,
Беринин кызы Чүрөктүн
Көңүлү кетип бөлүнөт,
Көкжалдын досу Кызылсарт
Ал чатырда көрүнөт.
Айчүрөктү көргөндө,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Аяшын көрүп Кызылсарт
Көзүнүн жашы төгүлүп:
«Аяш катын Айчүрөк
Айкөлүңдөн айрылып,
Азып-тентип каңгырып,
Тон буучудай кумтунуп,
Өлбөчүдөй жутунуп,
Олжого түшкөн жан болуп,
Кыязга туткун кар болуп,
Алты сан арбын кыргызды
Бир көрүүгө зар болуп.
Теңиз көкжал барында
Темирден курчоо тор болуп,
Теңиздин көзү өткөн соң –
Кыязга олжо кор болуп,
Ак өлөң күлдөй оңупсуң,
Айкөлүңдөн айрылып,
Кыязга олжо болупсуң.
Күбүлүптүр жүзүңдөн,

www.bizdin.kg

Бейиштей урлуу түрүңүз.
Күндүк менен күн өтүп,
Бир тутам болгон күнүңүз.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ичиң кайгы, бооруң чок,
Арыш кылып бендесин
Алдап жүрүп дүйнө бок,
Алышарга алың жок,
Күрөшөргө күчүң жок,
Копол болгон экенсиң.
Күндүк менен күн өтүп,
Токол болгон экенсиң.
Мен келгени аяшым,
Сынган колуң таңылды,
Чын абийириң жабылды.
Тилек кылган Күлчороң
Эрешен тартып, эр болду,
Ар илдети жоголду,
Баштакыдай оңолду.
Кара дөө балбан баатырдан
Алты күлүк ат барып,
Алакандай кат барып,
Кесирден кейип кер угуп,
Акыреттик жан достум
Семетей өлдү деп угуп,
Кабыргам чогуу кыйрады.
Какайган белим сынганы,
Таптакыр Кудай урганы,
Каралды кылган белимден,
Айрылып көкжал шеримден,
Каргулуу тоом ураптыр,
Кайран досум сулаптыр.
Уруучу Кудай уруптур,
Он эки куйрук, кырк чалгын
Бел-белинен сыныптыр.
Каралды кылган белимден,
Айрылып чын дос шеримден,
Кең Мисирден кеп угуп,
Бу дүйнөдөн Семетей
Кеткен экен деп угуп,
Акыл айран бөлүндү.
Айдай сулуу аяшым,
Атайы келдим көрүүгө,
Жардай болгон кабылан,
Жанакы көкжал өлүүдө
Жетим бала, тул катын,
Атайы келдим көрүүгө.
Шай колдогон Күлчоро
Себебин таап берүүгө.
Жетим-жесир, мискинди
Көрүп көөнүм камынды,
Көп абийирим табылды,
Көрүнгөн жерим жабылды.
Үзүлгөнүм уланып,
Чымындай жаным кубанып,
Капталдан аккан булакты
Көрдү көзүм арман жок,
Канкордон калган Сейтекти,
Бүгүн көрдүм, көңүл ток.
Жетим бала, тул катын –
Баарысын көрдүм арман жок» –
Деп, ошентип, Кызылсарт
Калдайды бузуп кол курап,
Алтын жаак айбалта
Оң бөйрөккө таянып,
«Жан достулап» өкүрүп,
Ыйлап турду коңгурап.
Аяш атаң асылкеч
Кызылсарт сүйлөп мындай деп,
Баары оңуркурап, чын кейип,
Айтып турду мындай деп –
Достусу экен Кызылсарт
Түбүнөн баатыр аталып,
Ителгидей кайран көз
Ирмебей көзгө жаш алып.
Аксакалы суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп.
Кызылсарт минтип турганда,
Айдай катын Айчүрөк

www.bizdin.kg

Көңүлү көп-көп бөлүнүп,
Көп мүшкүл башка көрүнүп,
Тарак тийбес кара чач
Талыгып ыйлап Айчүрөк,
Тал-талынан жайды эле,
Олоңдой болгон кайран чач
Омуроого жайды эле.
Аяш акең Кызылсарт –
Кызылсартты көргөндө
Кайраны султан өлгөнсүп,
Калк чуркурап, эл дүрбөп,
Канкорун бүгүн көмгөнсүп,
Чыңырып үндү салды эле,
Чынардай болгон ак бетти
Алда, катындыгы курусун
Жулуп-жулуп алды эле.
Жулганда кара кан кетип,
Айчүрөктөн ал кетип,
Агарып өңү суюлуп,
Эки беттен аккан кан
Омуроо ылдый куюлуп.
Арыктай сийип кан кетип,
Айчүрөктөн ал кетип,
Буркурап үндү салганын,
Бууданын кошуп алганын:
«Алты ай минсе арыбас,
Тулпар эле кан төрөм.
Тапсыз салса бөрү алган,
Шумкар эле кан төрөм.
Он миң дайра кошулса,
Куюлушу кан төрөм.
Он миң зоолор кошулса,
Урунуштай кан төрөм.
Асман менен көгүңүн
Тирөөсү элең кан төрөм.
Ач арстан шерлердин
Бир өзү эле кан төрөм.
Тиктегенди буй кылып,
Үсчү белең кан төрөм.
Тиктешкенди багынтып,
Күтчү белең кан төрөм!
Алты ашуу, чалкак бел эле,
Ала-Тоону жердеген,
Алышып адам жеңбеген,
Кыргызда бүткөн шер эле.
Эркек карап, катын тууп,
Эмки бенде уулунан
Жаратылбайт деди эле.
Дайрага салган көпүрөң,
Көпүрөм сынып кулады.
Мен ошол ишке өкүнөм» –
Деп, ошентип, чыркырап
Кайран жеңең долу күң,
Канкорду кошуп буркурап,
Айчүрөк антип турганда,
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Караган жандын баары ыйлап,
Кычыраган шер ыйлап,
Күңгүрөп кара жер ыйлап,
Ыйлагандын баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлап.
Эренден катын тул калса,
Ээн калган куу дүйнө,
Атаны көрбөй уул калса,
Дайра соолуп, сай калса,
Адамдын көзү байланса,
Мүшкүл ушул деп ыйлап,
Калайык чуулап буркурап,
Кара дөө менен Кызылсарт
Кабылан бүгүн өлгөнсүп.
Кетмендеп жерди ойгондой,
Жаназасын жакшы окуп,
Жамагат бүгүн койгондой.
Табытына салгансып,
Журт күңгүрөп, эл чуулап,
Көрүнө алып баргансып.
Кара дөө менен Кызылсарт
Кайгырып эки кан ыйлап,
Кан-калайык баары ыйлап,
Ал Айчүрөк катынга

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Калк чуркурап, эл ыйлап,
Калайык минтип турганда –
Берендин уулу эр Сейтек
Элден ушак кеп угуп,
Энеси келди деп угуп,
Мына ошондо эр Сейтек
Күлчородон кеп угуп,
А дүйнө кеткен Семетей
Атасы экен деп угуп,
Ачууланып түнөрүп,
Айбаттанып карарып,
Кара көзү кан болуп,
Кандуу бети кал болуп,
Ичи өрттөнүп, чок болуп,
Оодарылса кутургур
Жалындап күйгөн от болуп,
Жай-жарагын шайланып,
Кызырканып кыраан уул
Кыны жок кылыч байланып,
Дүмөктүү катын Чүрөктүн
Үнүн угуп, бек кейип,
Көрүнбөй кетип жоголгон
Арстан атам деп кейип.
Элтең уруп ал Сейтек –
Эки бети боз болуп,
Эсепсиз көкжал эр чиркин,
Эзелки дарты козголуп.
Кашкайган тиш кабышып,
Ачууланса берендин
Адырга салган коргондой,
Кыймылдаса жөн эле,
Кылым элди соргондой.
Ач албарсты таянып,
Арбайган тизе бүгүлүп,
Энесине эр Сейтек
Келген экен жүгүрүп:
«Кагылайын энекем,
Алдейлеген урмекем.
Беш аркар жылдыз баткыча
Беш кайра жол эмизип,
Ободон жылдыз козголгон,
Бир түндө миңдей ойгонгон,
Аппак сүтүн эмизген,
Ак буудай данын жегизген.
Мойнума тумар тактырган,
Душмандын каары тиер – деп,
Эркелетип бактырган.
Эрешен тартып, эр кылган,
Эр уулу мен тең кылган,
Туулганда чуу кылган.
Ак байбиче энекем,
Канзааданын жалгызы
Каңырып жүрөр жөн барбы,
Каран күн энем, эл кайда?
Элге жетер күн кайда?
Бекзааданын жалгызы
Безип жүрөр жөн барбы,
Бейтаалай энем, эл кайда?
Сары адырмак зоңкокто
Белге барар күн кайда,
Жылгынды Кең-Кол, кең Талас
Жерге барчу күн кайда?
Качан ашам, ой эне,
Кара-Буура, кең Чаткал,
Калк жайлаган белиңди
Качан көрөм энеке,
Атадан калган мураапым,
Аргын, кыргыз элимди
Ордо күтүп, тоо жайлап,
Белге качан кетебиз?
Оромпой тээп, ордо аткан,
Ата жатак мураапы,
Элге качан кетебиз?
Күйүк, Чакмак эки ашуу –
Белин качан басабыз?
Күрдөөлүү кыргыз, көп аргын
Айыл конуп, айкалып,
Күлкүнү качан ачабыз?
Жети-Өзөндү талкалап,
Мураага качан жетебиз?

www.bizdin.kg

Кокуй, эне, эл кайда,
Элге качан жетебиз?
Агарган карлуу Ала-Тоо
Атадан калган мураабыз,
Этегин качан жайлайбыз?
Эчен тулпар кысыр бээ,
Кайсы күнү байлайбыз?
Кош сүлөөсүн суусар бөрк,
Качан кийип ыргайбыз?
Кунан минип, куш салып,
Кай убакта жыргайбыз?
Калайык чуулап, кол курап,
Белди качан буубабыз?
Берен атам шер өткөн
Качан кунун кубабыз?» –
Деп, ошентип, эр Сейтек,
Энесине кошулуп,
Элди сурап турду эле.
Сурап оозун жыйгыча,
Айтып кебин кылгыча,
Жосунсуз сөзгө көнгүчө,
Жоголуп кеткен канкордун
Жоругун айтып бергиче,
Мына ошондо Айчүрөк
Жер маанисин көп айтып:
«Жеткилең бабаң зор Манас,
Жердегени кең Талас.
Бабаңан калган жериңиз,
Жоголгон мураа атаңдан
Мураага калган элиңиз.
Чунагым сенин айыңдан,
Кармаганым чок болуп,
Кечкеним кызыл от болуп,
Жегеним болот ок болуп,
Артыма колум байланып,
Амал кетип, кордуктан
Чын өлгөнү зарланып.
Кармап минер буудан жок,
Караан кылар тууган жок.
Кабыргамды кашаты
Камчы тийип сөгүлүп,
Карарып каным төгүлүп.
Эсебимди таптырып,
Эмчегим жара чаптырып.
Дүнүйөмдү уттуруп,
Кереттүү көйнөк, кең чалбар –
Энекең шордуу да болот көп арман.
Кыйлаларым тыттырып,
Ордодон ок жеп камалып,
Ойлосом жүндөй сабалып,
Көп мүшкүл тартып сатылып,
Азапка бу баш чатылып,
Кетип көңүл бөлүнүп,
Көбүрөөк бышып кайран жан,
Көкбөрү болуп тартылып,
Жылаңайлак, жылаң баш,
Өлбөй-житпей камалып,
Көкбөрү болуп таланып,
Көп олжо болуп сабалып.
Күндүзү күнүм түн болуп,
Айдай сулуу энекең
Сабалгандан жүн болуп,
Көрөрүм каран күн болуп,
Өлүм мүшкүл оюмда
Ойрондон калган сен Сейтек,
Төрөлө элек курган жан,
Алты айлык мезгил боюмда.
Кербен атаң өлгөндө
Кетейин дедим арыман.
Кетпей калдым кулунум,
Курдаштан калган мураа – деп,
Курсакта калган алты айлык,
Курган бала барынан.
Жети-Өзөндө жедигер
Желкемен тартып жүн кылып,
Ченебей талап, күң кылып,
Корлук-зарлык билинип,
Касиеттүү капталым
Камчы тийип сөгүлүп,
Карарып каным төгүлүп.

www.bizdin.kg

Көйнөгүм быт-чыт тилинип,
Көп кордук башка билинип.
Олжого башым катылып,
Талоонго башым чатылып,
Далай мүшкүл иш көрүп,
Ордо өрттөнүп, тул болуп,
Эрен башым күң болуп,
Күйүп-жанып чок болуп.
Өлөйүн деп арыман,
Өлбөй калдым Сейтегим,
Алты ай бойдо барыман,
Чунак, сенин айыңдан
Далай мүлкүм бүлүнүп,
Айдай болгон кайран эт
Канжыгадай тилинип,
Боздосок болбой алыбыз,
Олжого кетип карыбыз.
Көрүнбөстөн көзүбүз,
Көп мүшкүл көрүп элибиз.
Бирөөбүз качып казакка,
Жолуктук мүшкүл азапка.
Безилдедик кайгырып,
Айыл аймак убар журт,
Атакеңден айрылып.
Болотумду мокотуп,
Кабылан тууган канкор шер
Кан атаңды жоготуп.
Караса көзгө илинбей,
Ошо күндөн ушу күн
Амал жок экен, жан бөлөк,
А барган жерге бара албай.
Өлдүбү, барбы билбейбиз,
Кайда экенин табалбай.
Өлүүбү, барбы ким билет,
Өлчөөсүн алган бир жан жок.
Кара-Буура, Чаткалда,
Калың душман чуу туруп,
Добулбасын карс уруп,
Жазайыл шилтеп, жаа тартып,
Жаман жаңжал күч болуп.
Жаман жаңжал болгондо,
Жети-Өзөндө жедигер
Жетиги Кыяз каны бар,
Желигип каптап өткөндө
Төрө атаңа жеткенде,
Ай касаба туу толуп,
Асман жарган чуу болуп,
Жаңжал болуп турганда,
Күн карарып, түн түшүп,
Күйүттүү мүшкүл күн түшүп,
Караса көздө илинбей,
Кабылан атаң канкор шер
Кайда экени билинбей,
Байкаса көзгө илинбей,
Өлүүбү, барбы баатырдын
Кайда экени билинбей.
Аты баспай, жөө калып,
Алды кийимин эл алып,
Калайык курчап, айза уруп,
Журт чуркурап келгенде,
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Айып болуп кетиптир.
Өлүп жаткан өзү жок,
Канкор атаң көзү жок,
Кайып болуп кетиптир.
Уламадан уласак,
Билгичтерден сурасак,
Эңгир-деңгир кеп айтат,
Эл бузугун көп айтат,
Көрдүм деген бирөө жок,
Көп боздодук кайгырдык,
Көкжалдан минтип айрылдык.
Өлүгүн көрүп асылдын,
Зарбар менен буубадык,
Замзам менен жуубадык.
Кызыл кандуу кан жутуп,
Кара кийип бет тытып,
Кайран атаң көкжалдын
Зыйнатына турбадык.

www.bizdin.kg

Бир жоругун карасам,
Кайып болуп өткөндөй.
Бир жоругу атаңдын
Жолоочулап кеткендей.
Кең дүнүйө тар болуп,
Келберсиген атаңа
Калдык минтип зар болуп.
Калк атасы кан Бакай,
Күйөрүнөн айрылып,
Күнөөлүү болду кайгырып.
Күйүт тартып чоң энең,
Ботосунан айрылып.
Бели сынып бекчейип,
Берен энем долунун
Эки көзү чекчейип.
Көкүрөгү ириңдеп,
Дене бою зирилдеп,
Көргүлүктү көргөндүр,
«Кулунум» – деп көп боздоп,
Шору калың байбиче
Өлбөстүн күнүн көргөндүр.
Өчпөстүн отун жаккандыр,
Канчоронун музоосун
Жан айладан баккандыр.
Кең дүнүйө тар болуп,
Кейип-боздоп кар болуп,
Өйдө болор шайман жок,
Кеткендир шордо кар болуп.
Көргүлүктү көргөндүр,
Кулагы кер, көзү көр,
Ойлосоң мындай болгондур.
Берен атаң жок болуп,
Көргүлүктү көргөнбүз,
Жабылган душман колунан
Жаза тартып өлгөнбүз.
Ай-аалам калкы жыйылып,
Асылдын баары кырылып,
Сары кан баштап кан өлүп,
Сандырга журттун койчусу
Берендердин баары өлүп,
Кыркылды кызык чачыбыз,
Олжо болуп башыбыз.
Кымбат элек оңгонбуз,
Кыйынсынган кайран баш,
Кызыталак атка конгонбуз.
Тоодой атаң көзү өтүп,
Жаман аттуу болгонбуз.
Чыркырап ыйлап кайгырып,
Чын кыраандан айрылып,
Ордону бузуп талкалап,
Кызыл көйнөк, айча бел
Кылтылдаган кыздарды
Олжо кылды чалкалап.
Каламын оозун кан кылып,
Кадырлуумду дан кылып.
Жибегимди жүн кылып,
Канкорумду кул кылып,
Агача келин аксайкал
Кармап алып энеңди,
Туткундады күң кылып.
Күндүккө келип оңолуп,
Тентип туулуп чоңойдуң,
Тоюңа токсон союлуп,
Атың Сейтек коюлуп.
Баатыр болдуң, шер болдуң,
Паана кылган сен болдуң,
Кең-Колдон бузган көчүңдү
Келберсинген жедигер
Ала көргүн өчүңдү.
Таластан бузду сартымды,
Чыгара көр, Кыяздан
Качанкы дүмөк дартымды.
Берен абаң Күлчоро
Белиңе таңуу кыла көр,
Бет алганды буй кылып,
Берендин өчүн куба көр,
Бейпайды бекем сала көр.
Шай колдогон Күлчоро,
Караан кылып ала көр.
Күлчоро жайын сурасаң –

www.bizdin.kg

Атаң көкжал баатырдын
Астына салса ак жолу,
Айдап жүрсө сан колу.
Карааны бийик тоодою
Каканды бузган тынары.
Өлгөн сайын тарабайт,
Күлчоро абаң кумары.
Бел байлаган белиңиз,
Бекип жаткан жериңиз,
Туюк бузуп, жол болчу
Чегирлүү кара курч ушул,
Баана кылып, калк жаткан
Калкактуу аскар бел ушул,
Журт коргону шер ушул.
Атаңдан калган мураапы –
Артыгы журтка сынаакы.
Ай-аалам журттун баарынан
Артык тууган сынаакы.
Алакең кандан туулган,
Душманга салган чуулган.
Таласка курган там болгон,
Тартышкан душман жай болгон.
Какан журтун четтеген.
Таласты тартып алам – деп,
Таш сайынган кытайдын,
Тазалары өрттөнгөн.
Кабылганды кайсаган,
Кезиккенди кемирген,
Туураныкы туураткан,
Туш болгонду куураткан,
Күлчоро жайы ушундай.
Кара курттай капырга,
Кагышты катуу баштаган,
Кан абасы Коңурбай
Өзү союп таштаган.
Кан атаң канкор барында,
Кыраандыгы шерлиги,
Кыйладан ашкан эрдиги,
Айтышкан жоону беттесе
Арстандай толгонгон.
Берендигин укканда,
Бээжиндин каны козголгон.
Кагышса карап турбаган,
Чын балакет экен – деп,
Тиги Чынмачын журту ыйлаган.
Бөрк ал десе, баш кескен,
Кан төк десе, жин төккөн,
Суу ич десе, уу ичкен.
Чын балакет Күлчоро,
Арстанымдын сырдашы,
Айкөл атаң курдашы,
Кою бирге короолош,
Ашы бирге жоролош,
Табылган орток жыйгандаш.
Берен атаң шер менен
Өлүм орток ыймандаш.
Кечээ Кара-Буура, Чаткалда
Калың кыргыз ой тартып,
Кайкалашып жатканда,
Агарып тоодон таң сүрүп,
Таңы болуп турганда,
Айтылуу Талас кыргыздын –
Каны болуп турганда,
Айтылбайт сөздүн бекери,
Арыстан атаң жөкөрү
Темирдүү капкак короосу,
Кабылан атаң жоросу,
Сандыргалуу сай кашка,
Салымдуу кыраан көйкашка,
Катылганы түз болгон,
Сайгандары миң болгон.
Кымбаттууну күзөгөн,
Кыйшыкты кармап түзөгөн,
Белгилүү ошол, бел ошол,
Бендеден артык шер ошол,
Күрдөңдү тапчу бел ошол.
Күлкүсү таңды атырган,
Күрдөңдү тапчу шер ошол.
Үңкүр болот сом балка
Ушул турган Күлчоро,

www.bizdin.kg

Баарыга тоодой чоң арка.
Түп атаңыз Түгөл кан –
Олуя чалган батаңыз,
Ушу турган Күлчоро –
Ойлосоң уулум атаңыз.
Теңиздүү кыраң бел ошол,
Душманга кирсең оюңа,
Өрткө кирсең чогуңа,
Акылга кирсең айлаңа,
Атышка кирсең айзага,
Чыдап берчү шер ошол.
Билбегенди билгизчү,
Билимдүү чочмор пил ошол.
Жоого кирсең каскагың,
Душманга беттеп шилтесең,
Уңгусу болот, учу курч
Эңкейип жоого шилтесең,
Эмилден чокмор аспабың.
Таптап салсаң табылгыс,
Кыраан барчын куштайың,
Күтүп алсаң бел ошол,
Күтүп алгын сен ошол.
Энеси Чүрөк Сейтекке –
Дууну баштап турду эле,
Айыкпаган бир шумдук
Чууну баштап турду эле.
Айчүрөк айтып тургуча,
Айтып оозун жыйгыча,
Шай колдогон Күлчоро
Качуучудай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Күдөрүдөй тастайып,
Күрөктөй тиши кашкайып,
Жайнаган кызы чок экен,
Жаралганда жок экен,
Пендеден чыккан шок экен,
Жигиттен мындай жок экен.
Күлүк аттай кыйгачтап,
Күлкү менен сөз баштап,
Бадана кийип балкылдап,
Башкача жүзү жаркылдап,
Күмүш кемер курчанып,
Күркүрөгөн кыраандын
Күндөй бети нур чалып,
Алтындан кемер курчанып,
Арыштуу кыраан кургурдун
Айдай бети нур чалып.
Көрсөң чоро кыраандын,
Көктөмөдөй толуптур,
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Ар жоруктуу келбети,
Мурункудай болуптур.
Күлчоро жайы мына ушул –
Адамдан бөлөк баркы бар,
Жедигер турмак, кылымды
Кыйрата турган каркыбар.
Жеңесин көрүп Күлчоро,
Медер кылып сүйүнүп,
Ок өтпөс тонду кийинип,
Жай-жарагын шайланып,
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай,
Каары бетине айланып.
Билеги жоон, таш жүрөк,
Пил мүчөлүү бадырек,
Жети-Өзөндө жедигер
Жетилген экен кыраанын,
Салмак болду чоң дүмөк.
Кара кырдан көчалбай,
Кан төгүлтүп баш кесип,
Кантип турсун өч албай.
Ичсе канга тойбогон,
Балбан сыны көрүнүп,
Кең көкүрөк, жайык төш,
Зарлар сыны көрүнүп.
Кабылганын камандай,
Чалчу сыны көрүнүп.
Кез болгонду буй кылып,
Алчу сыны көрүнүп.
Катылганды каранга

www.bizdin.kg

Салчу сыны көрүнүп.
Чамынганы жолборстой,
Чалышкан аман болбостой.
Кыймылдашы керүүдөй,
Ажары ак кар сеңирдей,
Айбаты чуңкул буткулдай,
Жедигер турмак ааламды,
Желигип кетсе жуткудай.
Чамынышы жолборстой,
Чабышкан аман болбостой.
Араандай оозду ачканда
Оозунан чыккан зыркаары
Орто белдин желиндей,
Эки беттин жайыгы
Жайылган көк бет керүүдөй.
Карасаат Күлчороң,
Кабылганды жегидей,
Бурула чыккан муруту –
Букарлыктын шабындай.
Эки көздүн ызгаары –
Өндүрдөн күйгөн жалындай.
Мурунунун кысыгы –
Селебенин кабындай,
Көз чуңкурун карасаң,
Соолгон дайра ордундай.
Карасаат кутургур
Кабылганды соргудай,
Келбети эр чоронун
Кең дайраны бургудай.
Кежирлик жини кармаса,
Кейиштүү дүмөк кылгыдай,
Карпы келсе Кыязды
Кармап жерге ургудай.
Жеке Кыяз эр түгүл,
Жедигер сандап каптана,
Кыл таштабай кыргыдай.
Кыймылдаса кыраанга
Кылым беттеп келеби,
Кыжылдап кылым кол салса,
Чорону киши жеңеби?

Адамдан сулуу Күлчоро,
Алтын түркүк чатырдан
Айдай катын жеңеңе
Акырын басып келди эле.
Айчүрөк анын жеңеси,
Ары чети энеси,
Кенедей кезде келгени,
Эне ордуна эш тутуп,
Элик сүтүн бергени.
Энедей көргөн жеңеге,
Басып Чоро муну айтат:
«Жеңе, менин чындаганым жедигер,
Чырдашканым эр Кыяз,
Чыңоолуу кызыл темирдей,
Чын кыргын болуп Күлчороң,
Өлүп калды дедирбей.
Белгилүү кайниң мен элем,
Берен жеңем сен элең.
Мен кийүүгө тон барбы?
Белсенип тонуң киейин,
Беттешерим эр Кыяз
Бир беттешип көрөмүн,
Дагдыр жетсе өлөмүн.
Кайра тартпас чын жайды,
Жараткан чийсе көрөмүн.
Ажал жетип, күн бүтсө,
Кейибе мендей кулуңа.
Өлүп калсам эгерде
Ит териси уул элем,
Өлбөй калсам эгерде
Кой териси кул элем.
Белин бекем буушкан,
Кыраан менен бир туушкан,
Айдай болгон Манастын
Ак белинен сызышкан.
Кайран энем Каныкей
Жатынын жара тээп чыгышкан,
Качан Манас уулу элем?
Чама чарчап ал кетсе,
Эр Кыяздан өлөрмүн,

www.bizdin.kg

Чымындай жанды берермин.
Ажал дагдыр жетпесе –
Багыштын уулу Кыязды,
Кызык кылып берермин,
Кабылганын кармармын
Катылганын жайлармын.
Кезиккенин соёмун,
Керишчү Кыяз тамырдын,
Кез келтирсе кудурет,
Канынан жутуп коёрмун.
Чачылганым жыйганым,
Каалаганым ыйманым.
Кармашарым эр Кыяз,
Кастарым тигип турганым.
Кара бел ашып келе албай,
Эр адамдын белгиси –
Кармашып жатып өч албай,
Баш кесишип, кан төгүп,
Айза урушуп, жин төгүп,
Маңдайлашып жетишпей,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып кетишпей.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү жыйылбай,
Кыл мурутун шыйпайтып,
Кыйла азамат кырылбай.
Кызык иш анан болобу.
Кыргындан корккон эр жигит
Эгерде эки болобу!
Каршылашып калышып,
Катылуу курч зулпукор
Как жүрөккө малышпай,
Эренде эрдик болобу,
Шу эки күндүк дүйнөдө
Эрен корккон оңобу.
Чапчышарым эр Кыяз –
Айдай сулуу жеңеке,
Чабышка киер тон барбы?
Берен энем Каныкей –
Белекке канча тон берген,
Берен төрөм жоголуп,
Эки тизем бүктөлүп,
Эмгектүү жанга күч келип,
Чымындай жаным чыркырап,
Денемдин баары быркырап
Секирсе үзүп чыгалгыс,
Торго түшүп турганда.
Эки колум байлоодо,
Эки көзүм жайноодо,
Колго түшүп турганда.
Кыжылдаган жедигер
Каптап барып жеткенде,
Жедигер, миң сан, мен жалгыз,
Колго түшүп кеткенде.
Олжолоп чечип тонумду,
Он айра чаап мойнумду.
Кууратып талап кунумду,
Олжолоп чечип кандагай
Ок өтпөй турган шымымды.
Көп көргөзүп сонунду,
Шал кылып эки колумду,
Олжого чечип тонумду,
Көргөздү менин көзүмө,
Киши көрбөс сонунду» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Оозун жыйып алгыча,
Айчүрөктүн көк куржун
Ыраңы жашыл, лөк куржун.
Дүнүйөсү көп куржун,
Атандык эмес лөк куржун –
А куржунда бедел жок,
Бу куржундун ичинде
Немине бар да, нелер жок.
Калыйпа кирип кат алып,
Карабет долу аталып:
«Баякы айткан кандагай,
Уулум кайним кийсин – деп,
Кажыбай жоого тийсин – деп,
Качырса жоога тийсин – деп,
Билбей койсом бекер – деп,

www.bizdin.kg

Маңдайлашса балдарга
Ок жаңылар бекен» – деп.
Ичин жибек иштеген,
Иштүү бейбак тиштеген,
Кабаттап мыктап кайыган,
Караганда карандан
Адамдын көзү тайыган.
Арыптап курчтан сологон,
Атышка болжоп турганда
Арбын дүйнө корогон.
Болумсуз жерин сөктүрүп,
Болоттон эгеп төктүргөн,
Алтындап милте талдырган,
Бүтүн кундуз терисин
Багалекке салдырган.
Кашаты бүктөө каймалуу,
Багалегин каргылап,
Алтын менен саймалуу.
Келтенин огу кеспеген,
Барандын огу батпаган,
Ар курч менен кайыган,
Кармашканда карандан
Адамдын колу тайыган.
Жеңелигин билгизип,
Кандагай менен ок өтпөс
Күлчорого кийгизип.
Күлчоро кийген жоо кийим
Кылайган жерде тешик жок,
Топчулугу бир тогуз,
Топчуланып шайланып,
Кылычын кынга байланып,
Жай-жарагын шайланып,
Чын ажал жетсе өлүүгө,
Жедигердин эр Кыяз
Жаңжалдашып берүүгө,
Кармалашып калышып,
Карсылдашып салышып,
Дагдыр жетсе өлүүгө,
Бузуку Кыяз чочконун
Азабын колго берүүгө,
Баатыр чороң чыдабай,
Тоодой Кыяз токтобой,
Айчүрөккө келер – деп,
«Кулсуң» деп кордой берер – деп,
Кулду Кудай берер – деп,
Кыяздын келчү жолуна,
Баатырдыгы шердиги,
Озо чыккан кези экен.
Багыштын уулу Кыязды
Ата кыраан күлүстөн,
Тосо чыккан кези экен.
Күүлөнүп күрөш салууга,
Төрөнүн кегин алууга,
Жай-жарагын шайланып,
Жалаң кылыч байланып,
Алтын жаак айбалта
Ач билекке чалынып,
А дүйнө кеткен Манастын
Арбагына жалынып.
Багыштын уулу Кыязга
Катуулап кармаш салганы.
Чама кайнап ал жетсе,
Канынан жутуп калганы.
Дагдыры жетип күн бүтсө,
Эр Кыяздан өлсөм – деп,
Чалыша кетип окустан,
Чамам жетсе кокустан,
Ичиндеги кара кан
Кымызча жутуп сорсом – деп,
Баабединин бат айтып,
Атасы Манас жолуна
Айтуяк деп ат айтып,
Арстан тууган эр чиркин
Ар тилегин бат айтып,
Кыяздын келчү жолуна –
Каранды капчал оозуна,
Туу жоголгон урчукка,
Томурайган тумшукка,
Бузулган Аксай керүүгө,
Оңурайган сеңирде,

www.bizdin.kg

Кашатчынын оюна,
Кан Кыяздын жолуна,
Жаңы арыктын жанына,
Жаңырыктын жар кыя,
Жангыз аттын чубоого,
Тогуз жолдун тоомуна,
Бөрү койдун тарпына,
Тоо түгөнгөн сеңирге,
Кыяздын келчү жерине,
Шай колдогон Күлчоро
Ак каңкыны жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Ок өтпөстү жамынып,
Жай-жарагын камынып,
Сунган буту тартылбай,
Жумган көзү ачылбай,
Коңуругу басылбай,
Зың-зың этип кенебей,
Баатыр Кыяз келерин
Бучкагына теңебей.
Эрлик менен шердикти,
Шай колдогон Чорого
Берген экен ченебей.
Баатыр тууган эр Кыяз,
Бастырып түшүп келерин,
Бучкагына теңебей.
Эрдик менен кесирди,
Эгем Таала кудурет –
Арстан көкжал чорого,
Аябай берген ченебей.
Жедигердин Кыязын
Шер экен деп ойлобой,
Өлүмдөн капар болжобой,
Чын мүшкүлдү санабай,
Чымындай жанын аябай:
«Акыр-такыр күйүттү
Эр Кыязга салсам – деп,
Таланып талкан болгондо
Талыкпай алты ай салышып,
Эптеп кегим алсам – деп,
Чама келбей, ал жетпей,
Чарпыштан тайып баратсам,
Элде жок мүшкүл көрсөм – деп,
Жедигердин Кыяздан
Тирүү калбай өлсөм – деп.
Кайра тарткыс чын жайды
Капырдан эрте көрсөм – деп,
Чама келип, ал жетсе,
Чамалуу Кыяз баатырды
Чалкасынан салсам – деп,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарсам – деп,
Ички жүрөк кара кан
Кочуштап жутуп тойсом – деп,
Кор болгон зарлык мүшкүлдү
Андан кийин койсом – деп,
Чапчышканда Кыязды
Чалкасынан салсам – деп.
Чартылдап олжо кылды эле,
Чамалуумду кырды эле,
Эрендин баарын сойду эле,
Эң солкулдак кырчын жаш
Эченин кырып койду эле.
Көкжалдарын басты эле,
Көп адам канын чачты эле,
Туйгунум туура кырды эле,
Туштук катын, кары-жаш
Тургузбай олжо кылды эле.
Талап алган көчүмдү
Аркандашып салышып,
Таамайлап айза сунушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Быркырашып урушуп,
Айдыңдан бузган көчүмдү,
Ажыдаардай Кыяздан
Ата Кудай кудурет –
Алсам деп турам өчүмдү.
Ата, Кыяз кутургур,
Текшерип алсам тегиңди,
Каарлуу иттин өзүнөн

www.bizdin.kg

Кантип алам кегимди?
Буйгатын буруп чалбасам,
Бузукту мурда салбасам,
Алтымыш келин, тул катын,
Алып кеткен олжого
Бир калайман салбасам.
Арбын ажал, көп кордук,
Кайрадан кегим албасам.
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Тиктешкеним Кыяздын
Кабыргасын сөгөйүн.
Кордукту койдой салайын,
Койгулашып урушуп,
Кордук көрүп турушуп,
Кулактан кармап жулкушуп,
Кулжуңдашып булкушуп,
Койдой башты кесишип,
Коондой ичти жарышып,
Койгулашып салышып,
Жадаалдашып турушуп,
Жанды таштап урушуп,
Жадаалды жаман салайын.
Баатырсынган Кыяздан
Баштакы кегим алайын.
Күрдөөлүү башым барында,
Олжо кылып элимди,
Омкоруп туура белимди,
Өрт өчкөндөй өчүрүп,
Ойлоп жүргөн демимди,
Кордуктан ыйлап кайгырып,
Ордолуу журттан айрылып,
Жумуру башым барында
Журтуму кантип берейин.
Кутурган Кыяз эр менен
Куп урушуп салышып,
Кулжуңдашып көрөйүн.
Тиктеп айза саяйын,
Каарлуу Кыяз баатырдан,
Калк бүлдүргөн капырдан,
Качанкы өчүм алайын.
Эр Кыяздын кордугу,
Эсимен кетпейт зордугу.
Ойронумду сойгону,
Оң далымдын кечирин
Оё кесип койгону,
Кечирим жок, чамам жок,
Кул болдум эчен дүйнө бок.
Ичим күйүп, боорум чок,
Жетимим келди жетилдим.
Айтууга арман ачылып,
Ачылган артым жабылып,
Абийирим мындан табылып.
Кең тигишим оңолуп,
Береним Сейтек чоңоюп,
Ооруган дартым басылып,
Умачтай көзүм ачылып,
Айдыңга тиккен заңкайган
Чатыр болгон кезегим.
Жулкушкандан өч алып,
Баатыр болчу кезегим.
Айдың капчал тар жерден
Көч алуучу убагым.
Ажыдаардай тар жерден
Өч алуучу убагым.
Боконо сөөгүм болуптур,
Баштагыдан бир катар,
Борбуй этим толуптур.
Жедигердин Кыязга
Кабырга сөөктү сөгүшүп,
Мөндүрдөй канды төгүшүп,
Каруусу толук капырга,
Канкор Кыяз баатырга,
Кармаш кылып көрүшүп,
Кармалашып өлүшүп,
Өлгөнү кетип баратам.
Барса-келбес тар жолду
Көргөнү кетип баратам».
Минтип айтып эр Чоро.
Он эки мүчө тең Чоро,

www.bizdin.kg

Арбагы кеткен Алайга,
Аты угулган далайга,
Чоң даанышман кыраанын,
Чуу кылганды чумагың
Баатырдыгы, шердиги
Бендеден бөлөк озууга,
Берен Кыяздын жолун тосууга
Кайрат кылып көрүүгө,
Ажал жетсе өлүүгө,
Амалы болсо Кыязды
Кызык кылып берүүгө,
Кылча жаны күл болуп,
Кыялы толкуп жин болуп,
Өлөмүн деп санабай,
Өлүмдөн жанды аябай,
Шай колдогон шер Чоро
Кыйын кайрат баштады.
Кызыталак таттуу жан –
Кылга байлап таштады.
Алтын жаак айбалта,
Айбалта жайы ушундай,
Карыш мизи калжайган,
Тийген жерден кан жайган,
Төбөсү чокмор муштумдай,
Жабдыктын жайы ушундай.
Айбалта жайын сурасаң –
Таштан кайра тартпаган,
Темирди чапса букаран
Тегеренип кайтпаган.
Беттеп жоого шилтесе,
Мизи өрттөнүп кызарган.
Туткагын кармап шилтесе,
Кырк кулач сабы узарган.
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен,
Ташты чапса чок чыккан,
Талкаланып ок чыккан,
Ашагандан машаган.
Төкөр уста Бөлөкбай –
Чоң Дөөтү уста жасаган.
Жер айланып козголгон,
Жетик уста Бөлөкбай,
Дөөтү менен дос болгон,
Өгөө алып темир эгешкен.
Акыл жетпес кымбатты,
Дөөтү экөө кеңешкен.
Айбалтаны жасаган,
Ар борумун арттырып,
Уңгусу болот, учу курч,
Жоодон кайра тартпаска
Мизине болот тарттырып,
Дөөтү имерип жактырып,
Ээси Чоро болсун – деп,
Олуя чалга бактырып,
Муну жасап турганда
Көөрүгүнө чыдабай,
Алман түшүп кыргызга,
Көп букачар союлган.
Көөрүгүнө чыдабай,
Көк булуң токой оюлган.
Балкалап мизин чыгарып,
Тийген жери тим калбай,
Кабуулдап өлүп кетсин – деп,
Казасы калбай жетсин – деп,
Дары таппай саргарып,
Дүйнөдөн бачым кетсин – деп,
Адамдын көз жашы менен сугарган.
Ар жабдыгын шай кылып,
Айбалтасын байланып,
Чиймек болду сызыкты
Жолугары эр Кыяз
Жолу болгон эр Чоро,
Сеңирлүү тоонун урчукка,
Секичектин тумшукка,
Балбандыгы эрдиги,
Озуп калган кези экен.
Жедигердин эр Кыяз,
Эрендин жолу ушу – деп,
Тосуп калган кези экен.
Чабышып чама көрүүгө,

www.bizdin.kg

Чабышып жатып өлүүгө,
Кастарлаган кан Кыяз
Кагышкан жоосу ушу экен.
Кармаш кылып көрүүгө
Береңиң жатты жол тосуп,
Берен минтип турганда,
Безеленип Айчүрөк
Алды каткан кайнимдин,
Ай караңгы бүркөлсө,
Түнү эмне болот – деп,
Кайран көкжал Чоронун
Каарлуу Кыяз качырса,
Күнү эмне болор – деп.
Колго түшүп эр кайним,
Каны калган бир кашык,
Эти калган көк жашык.
Чамасы жок, алы жок,
Чаркы кандай болор – деп,
Шумдукту Кудай баштаса,
Окус кылып Чорону
Кан Кыяз союп таштаса,
Кыязга кыйбат жин толор,
Кыйын мүшкүл күн болор.
Жедигердин эр Кыяз
Корголорго жан койбой,
Жалынса кашык кан койбой,
Түпкө чогуу жетер – деп,
Түгөл кырып өтөр – деп,
Тирүүлөй көздү оёр – деп,
Бир жанды тирүү таштабай
Барча жанды соёр – деп,
Кылча көрбөй бу жанды,
Кыргын кылып коёр – деп.
Айчүрөк ыйлап чыркырап,
Санаасы сайлап бөлүнүп,
Тилегин тилеп Чоронун,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Көңүлү көп-көп бөлүнүп,
Кокустан Чоро жайланып,
Кайрадан Кудай урабы,
Калтырбай жанды кырабы?
Баламы кармап соёр – деп,
Кылча койбой бир жанды
Кызыталак бул Кыяз
Кыргын кылып коёр – деп.
Каза бербе орумду
Кайната көрбө шорумду.
Муңканта көрбө кебимди,
Өксүтө көрбө өзүмдү,
Сындыра көрбө белимди» –
Деп, ошентип, Айчүрөк,
Токтобой көөнү бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Карагаттай кайран көз –
Камчы бою жаш кетип,
Бөтүрөйгөн кара көз –
Бөлөк-бөлөк жаш кетип
Оюна түшүп шумдук иш,
Ойлосо мүшкүл каран иш,
Олоңдой болгон кара чач
Омуроодон төгүлүп,
Он эки мүшкүл миң санаа
Башында чукул көрүнүп.
Акылы айран таң болуп,
Ар шумдук башта бар болуп,
«Олуя өзүң оңдо» – деп,
«Оңдосоң ушу жолдо» – деп,
О дүйнө кеткен шер атам,
Арбагында колдо!» – деп,
Ак жоолугун салынып,
Чыдай албай а кургур
Чын Кудайга жалынып,
Чыркырап ыйлап сабылып.
Берен эле, шер эле,
Атасынан бабасы
Артылган көкжал неме эле.
Баланы Кудай сактай көр,
Өзү кабылан көкжал шер эле.
Күлүстөнүм Күлчоро,
Күчөп согуш сала көр,

www.bizdin.kg

Күйүттүү кыргыз көп журтту
Каарлуунун колунан
Ажыратып ала көр,
Кыязды Кудай астын кыл,
Чорону Кудай үстүн кыл.
Сапар тарткан сай кашка,
Сапарга жүрүп калыптыр.
Алдырып салса жаманат,
Кыязга кетти Күлчоро
Жараткан бир өзүнө аманат.
Өч алсак баатыр Кыяздан,
Таласты эсен көрөрбүз,
Алдырып койсо Кыязга
Ажалдан мурун өлөрбүз.
Артык кордук, мүшкүл каар
Ал Кыяздан көрөрбүз.
Бармак тиштеп, баш чайкап,
Башкача кордук көрөрбүз.
Эңкейтсе Кыяз доңузду,
Эгем Таала кудурет
Бир жакшылык көрөрбүз.
Кокустан эңкейип кетсе Кыяздан,
Эң мүшкүл тартып өлөрбүз».
Акундун кызы жеңендин
Башына балаа күч келип,
Алты миң мүшкүл үч келип,
Абыдан жанга күч келип.
Саруулап Чүрөк сабылып,
Чоронун боосун бек кыл – деп,
Курган Чүрөк канетсин,
Кудуретке жалынып.
Чымындай жанга күч келип,
Чыдай албай чыркырап,
Чын Кудайга жалынып,
Чындап ыйлайт буркурап.
Чүрөгүң тартып турат көп убай,
Чоро эмне болор – деп,
Жалынганы бир Кудай.
Артыкча жакшы талабы,
Оюнан кетпейт көп санаа
Ойлонгону азабы,
Тилейт кыраан эренди,
Тилегин тилеп берендин.
«Ай кыядан таянган
Көчүн алар бекен» – деп,
«Каары күчтүү какмардан
Өчүн алар бекен» – деп.
Жети-Өзөндө жедигер,
Алтын менен күмүшүн
Артып алар бекен деп,
Агача сулуу жеңесин,
Арамзаада Кыяздан
Тартып алар бекен – деп,
Кыраңча каптал татаал жол,
Көчүн алар бекен – деп,
Кыргын болгон кыргыздын,
Өчүн алар бекен – деп.
Алтын менен күмүшүн
Артып алар бекен – деп.
Калаалуу аргын калың журт,
Кайрадан элин чогултуп,
Тартып алар бекен – деп.
Эңгил-деңгил иш көрүп,
Эсептүү башка күч көрүп,
Баатырдыгы, шердиги
Озо чыккан кези экен.
Баатыр Чоро Кыязды
Тосо чыккан кези экен.
Жапа көрсө өлүүгө,
Өлбөгөн күндө Кыязга
Жаңжалдашып көрүүгө,
Шай колдогон эр Чоро,
Телегейи тең Чоро,
Эң далысы кең Чоро,
Оболкусун санасаң
Аалам бузган эр Чоро,
Эрлик-шердик озду эле
Жаңырыктын Жар-Кыя,

www.bizdin.kg

Жалгыз малдын чубама
Эр Кыяз жолун тосту эми,
Ээн жерден кезиксе,
Түзүн буруп өтүүгө,
Түгөнүшө кетүүгө.
Эрте айткан сөзү кеч болуп,
Кенендиги ушундай.
Эки көзү төрт болуп,
Чамаа көрүп өтүүгө,
Чалкылдаша кетүүгө,
Көкжал тууган эр Чоро,
Көптү көргөн шер Чоро,
Өөдө-ылдыйга карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Каарды катуу баштады.
Кайран жанды эр чиркин
Кылга байлап таштады.
Дагдыр жетсе өлүүгө,
Багыштын уулу Кыязга,
Бир беттеше берүүгө.
Күлчоронун тилеги
Күйүтү журттун дүмөгү.
Ок өтпөгөн тон кийип,
Опсуз болот айза алып,
Жанына жарак байланып,
Бүркөк жаачу булуттай,
Каары бетине айланып,
Жай-жарагын шайланып,
Жалаңкыч сындуу эр чиркин
Жана дүмөк салууга
Каруусу толук капырдан,
Кайран Кыяз баатырдан,
Кечикпей кегин алууга.
Артык дүмөк чоң жаңжал,
Камынды Чоро салууга.
Жоголгон көкжал баатырдын
Моминтип кегин алууда.
Жатып калды жол тосуп,
Эр Чоронун коногун
Эми салып берели.
Эми баштап берели,
Баатыр Кыяз жомогун,
Каарлуу Кыяз баатырың,
Калк бүлдүргөн капырың.
Эл курутуп, журт бузган,
Дүмбөкүнүн өзү эле,
Жаңжалдын кара көзү эле.
Чылгый балаа мына бул,
Чын балакет өзү эле,
Жаңжалдын кара көзү эле.
Кабылганды кайсаган,
Кара тажаал өзү эле,
Ичсе канга тойбогон,
Эзелден бузук ойлогон,
Жаргычтыгы бөрүдөй,
Кабылганды соо койбой,
Кайсап-куйсап жегидей.
Кайраты бийик, заары күч,
Катылганды кылар түз.
Чылгый балаа Кыяздын,
Жойлогону жолборстой,
Жолуккан аман болбостой,
Качырганы камандай,
Айбаты милте чогундай,
Качырышын карасаң
Тартылган жаанын огундай.
Кабагы кашат сеңирдей,
Кайраты көпкөк темирдей.
Каарлуунун жолуна
Барып жатты Күлчоро
Балаалуу мүшкүл, чоң жаңжал
Салып жатты Күлчоро.

www.bizdin.kg

КЫЯЗ АЙЧҮРӨКТҮ ЖАНА ТООТОРУНУ ИЗДЕП, ЖЫЛКЫГА КЕЛГЕНДИГИ. КҮЛЧОРОГО КАБЫЛЫП, КЫЯЗДЫН ӨЛГӨНДҮГҮ

Муну мындай таштайлы,
Багыштын уулу Кыяздын
Аңгемесин баштайлы.
Ошо күнү эр Кыяз
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Турган экен бойбойлоп.
Таң кашкайып сүргөндө,
Асмандан жылдыз жоголуп,
Жерге жарык тийгенде,
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Кылкүрөңүн токунуп,
Кызыталак жандан чочунуп.
Түрүн бузду бакырып,
Калың кара жедигер
Түк койбой баарын чакырып.
Эл чогултуп, журт жыйнап,
Элди Кыяз жыйнаптыр.
Түз кайратка салыптыр,
Калың кара жедигер
Түк койбой жыйнап алыптыр.
Калың кара жедигер
Канга кандай болду – деп,
Асманга учуп топурак,
Адам кайнап топурап,
Ак ала сакал чалдары,
Антаңдашып шашышып,
Кан Кыязга жетүүгө
Келген экен балдары.
Айзага даңгыл ыктуусу,
Ал күнү жыйын кураптыр,
Жедигердин ыктуусу.
Жер жарылып, чуу болуп,
Эл чуркурап дуу болуп,
Калайык кайнап жин толуп,
Калк чогулуп турду эле.
Мына ошондо эр Кыяз,
Калк чогулуп келгенде,
Акырын айтып, бек таштап,
Айбаттанып эр Кыяз
Жедигерге кеп баштап
Каарланган Кыяздын
Казандай кара бөркү бар,
Калайыктын баарысын
Соруп иер эрки бар,
Калкка каарлуу баркы бар,
Болгон адам уулунан
Жаратылган каркыбар.
Түзүң кеткен Кыяздын
Түгөнбөгөн кеги бар,
Кутургур жайын карасаң
Түнүндө уктап, түш көрүп,
Түйшүктүү башка иш көрүп,
Түгөнгөн жандан күч көрүп,
Түн уйкудан күйүнүп,
Түгөнгөн жандан түңүлүп,
Адам уккус кеби бар,
Жанынан корккон чени бар.
Түсү суук Кыяздын
Түгөнбөгөн кеби бар.
Каарланып кан Кыяз,
Калың элин жыйнады:
«Атаңдын көрү, жедигер
Калкым дүрбөп, каныңкел,
Калың элим баарың кел.
Сураса бербес тулпарга
Суук укурук салганбыз.
Сумсайган сулуу Чүрөктү

www.bizdin.kg

Көрүнөө тартып алганбыз.
Акундун кызы Чүрөктүр,
Ашкере балаа дүмөктүр,
Айдай сулуу катындыр,
Ай-ааламды буй кылган
Башынан дүмөк капырдын,
Ат бороюн сыдырган,
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Ак куу болуп кубулуп,
Учуп жүрүп кыдырган.
Белеси бийик бел көргөн,
Журт эскиртип эл көргөн,
Сыдырбаган бели жок,
Түк көрбөгөн эли жок,
Чын белгилүү капырдын,
Калк бүлдүргөн катындын,
Кайраты толук, заары күч
Кара мүшкүл капырдын.
Эрен атпай жарды аттым.
Эл баштыгы эр Кыяз
Катынга атым алдаттым,
Чын бузулду көргөн түш,
Катынга атын алдаткан,
Урууда болбос ушул иш.
Калың кара, көп журтум,
Өйдө кылчу жакшылар,
Өпкө чапчу бакшылар,
Акылга дыйкан эрендер,
Акылы толук берендер,
Айзага чечен даңгылдар,
Айла тапкыч камбылдар,
Эл эскиртип, журт көргөн
Эченди көргөн камбылдар.
Узун кулак сарылар,
Көптү көргөн карылар,
Бирлиги жок сан түмөн,
Журт бузулуп тараган,
Эгерде киши соо болбос
Элине кара санаган.
Бузукуга ишенип,
Аябаган мүшкүлдү
Көрмөк болгон экенмин.
Ажалдан мурун кайран баш,
Өлмөк болгон экенмин.
Кечээ кабарыңдан бар бекен,
Калайманды салганда,
Манастын уулу көкжалдын
Катынын тартып алганда,
Кайран журт айтар кебим бар –
Баласы менен катыны
Ушуларда шегим бар.
Олжо катын Чүрөктүн,
Ойдологон дүмөктүн,
Айтсам далай кеби бар,
Ар мүшкүл салчу чени бар.
Ар тескери жери бар.
Алтымыш жыл баксак да,
Агар алтын, ак күмүш,
Башына кынап жапсак да,
Кетпей турган кеги бар.
Капчалдан муздак сөзү бар,
Балакеттин өзү бар.
Кериги бар, пили бар,
Кеңири тийсе колуна
Кескилеп салчу түрү бар,
Айыкпас жаңжал жини бар.
Бу катын душман экенин,
Каалап калкым билип ал.
Айдай жарык катындын
Ажыдаар жылан түрү бар.
Абайласам балаанын,
Айыкпай турган жини бар.
Айдай сулуу катындын,
Арты душман капырдын,
Чалгайы бар сөзүндө,
Чатагы турат өзүндө,
Чалымы бар көзүндө,
Чамасы келсе кутургур
Чалганы турат өзүмдү.
Бузугу турат сөзүндө,

www.bizdin.kg

Бурулуш турат көзүндө.
Жаңжалы турат өзүндө,
Көрбөдүм мындай капырды,
Көп сөздү айтып нетейин,
Алдап кетти атымды.
Сурап кийди тонумду,
Салып кетти башыма
Калайык көргүс сонунду.
Төрүмө чийди сызыкты,
Тооторуну бербесең
Акундун калкын жыям – деп,
Айтылуу журтуң кырам – деп,
Ал катын кылды сонунду.
Кызыл-тазыл кырмызы
Кыргагын тартсак бөлүнбөйт.
Жана кызыталак Сейтектин,
Жедигер тийсе колуна
Кылчаяр түрү көрүнбөйт.
Он бешке чыкса оң кылбайт,
Он алты жашка илинсе,
Жедигер, сени соо кылбайт!
Буурусунду бурдурбайт,
Жети-Өзөнгө тургузбайт.
Олжого алат малыңды,
Ушинтип төгөт каныңды.
Чыркыратып жаныңды,
Агызат суудай каныңды.
Ымыркай бала кезинде
Өлтүрөм десем болбойсуң.
Калың кара жедигер,
Көрүнөө жолум торгойсуң,
Сүйлөй берсем болбойсуң.
Түшүрдүң жоонун тобуна,
Калың кара жедигер,
Ушинтип чычтың шорума.
Эчен уруу кымбаттын
Этегин чойсом бөлүнбөйт.
Жанакы турган Сейтектин
Эл болчу түрү көрүнбөйт.
Казылган чуңкур орум бар,
Кайнатылуу шорум бар,
Бүгүн душмандан көрөр сонун бар.
Түндө жатып түш көрдүм,
Түйшүгү мүшкүл иш көрдүм,
Кайып күлүк Тоотору ат
Күлүгү толук ашсын – деп,
Күрүчтөн күрмөк жем берген.
Кулан менен куушкан,
Өзүм менен туушкан,
Кулунунда бириккен,
Тай чагында бириккен.
Кенедейде кезигип,
Бармактайда баш кошкон,
Башкача тулпар Тоотору ат
Куйрук-жалы кесилип,
Куп мүшкүлгө кезигип,
Колго түшүп кетиптир.
Жал-куйругу такыр жок,
Түргө келип калыптыр.
Тулпарлыктан айрылган,
Күнгө келип калыптыр.
Аргын, кыргыз аралаш,
Отун жүктөп алыптыр.
Беш жолу бели жооруптур,
Бейлесем мүшкүл тооруптур.
Кырчаңгы жонун чалыптыр,
Кызыктуу тулпар Тоотору ат
Ботом, кырсык чалып алыптыр.
Койго жетпес бир домпуш
Кобур болуп калыптыр,
Койго жетпес бир эшек
Чобур болуп калыптыр.
Тоотору ат азап тартыптыр,
Тооторуга кербенчи,
Толуктап жүгүн артыптыр.
Бу эмне болчу?
Касиеттүү калк элең,
Калың кара жедигер,
Бу түшүмдү жоручу!
Жана айтам иш кыйын,

www.bizdin.kg

Алтын жагоо ак шумкар,
Боосун жибек тытыптыр.
«По» десем конбой колума,
Айды көздөй сызыптыр.
Ал эмне болучу,
А түшүмдү жоручу?
Колумда болот калканым,
Мээнет дат чырмап жетиптир,
Талкаланып мынчасы
Такыр кыйрап кетиптир.
Бул эмне болучу?
Муну ойлонуп жедигер,
Бу түшүм кандай жоручу?
Үстүмдө кымбат көк күпө,
Ок өтпөй турган бек күпө,
Табылгы жакса чок өтпөс,
Очогор атса ок өтпөс,
Кармаганда кол өтпөс,
Кагышка киер кол жетпес,
Жакасы чирип күйүптүр.
Кой душмандар тонумду
Олжо кылып кийиптир.
О өрттөнгүрдүн тукуму
Эр Сейтек кийип жүрүптүр.
Бул эмне болучу?
Ушу түшүм бек шумдук,
Бу түшүмү жоручу!
Болоттон кылган сыр найзам,
Таш муштасам тайыбаган,
Жоо сайганда кайыбаган,
Бир муштасам жазбаган,
Сумсайганда чаң чыккан,
Сунган жерден кан чыккан.
Муштаганда карандын
Болоттугу билинген.
Туура сайып муштаса,
Түпкүч болуп ийилген,
Колумдагы сыр найза
Сексен кыйрап сыныптыр,
Ушунтип Кудай уруптур.
Касабам кыйрап чок болуп,
Карашар бирөө жок болуп,
Калжайып жалгыз калыпмын.
Кыйын кымбат башымды,
Ушундай чууга салыпмын.
Бул эмне болучу?
Калык кара жедигер
Бу түшүм кандай жоручу!» –
Ак сакалдуу жедигер
Айткан түшүн жорубай,
Жорууга чаркы боло албай,
Баш көтөрбөй кылкылдап,
Жерди чукуп шылкылдап.
Ак сакалдуу карысы
Боз балдарын карады.
Түш жоруйбу боз балдар
Биринде качып тарады.
Жедигердин эр Кыяз
Журту минтип турганда,
Кайран Кыяз канетсин.
Казандай кара бөркү бар,
Калайыктын баарысын
Соро турган эрки бар:
«Баштагы болгон жедигер –
Баатырга чалыш экенсиң.
Эмикиңер жедигер –
Катынга чалыш экенсиң.
Аскер жыйнап кол албай,
Жедигер сени чогуу албай,
Жеке өзүм барбасам,
Жер ааламдын үстүнө
Бир жаңжалды салбасам.
Айтылуу Кыяз атым бар,
Кылым душман козголсо,
Жеке кырчу алым бар.
Ата, жерге кирген жедигер –
Карааның жок, белиң жок,
Качан да болсо жедигер –
Кайратыңдын өзү жок,
Кача бердиң жедигер.

www.bizdin.kg

Айдай катын Чүрөктү
Курмандыкка чалбасам,
Кутурган бала Сейтекти
Кылычтап башын албасам.
Жылкыдагы Күлчоро
Жылмайтып көзүн жоголтуп,
Даңгыттарга жарбасам.
Өйдөлөрүн кырбасам,
Так өрт өчкөндөй кылбасам!
Эр Кыяз болбой өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн!
Акундун кызы Чүрөктүн,
Айдай сулуу жан экен.
Алдап кетип тулпарды,
Душмандыгы бар экен.
Кармап калкын кырбасам,
Калтырбастан кырбасам,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Чын кайратым барында,
Тулпарым кантип берейин.
Кутурган белем деп турам,
Кеткени жети күн болду.
Үстүндөгү ок өтпөс,
Астындагы ок жетпес –
Экөөнү сурап тең алып,
Жандап кеткен түрү бар.
Жана ушинтип бул Чүрөк,
Алдап кеткен чени бар.
Кармап жинин какпасам,
Эсебиңди таппасам,
Эзелки жиниң какпасам!» –
Деп, ошентип, эр Кыяз,
Каарланды камынып,
Кара арстандай чамынып.
Он эки дүрмөт бүт алып,
Ок жыландай күч алып.
Араандай оозу ачылып,
Өрт аралаш шилекей
Омуроого чачылып,
Каар төгүлүп камынып.
Кайыптан жаңжал табылып,
Караргандан түнөрүп,
Күркүрөдү күүлөнүп,
Күпүлдөдү эр Кыяз,
Айчүрөккө сүйлөнүп:
«Кыйырлууңду кырбасам,
Кыйла жаңжал кылбасам,
Бактарына суу буруп,
Бакчалатып салбасам.
Карыганда Акунду
Отунга айдап салбасам.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Эки агасын сойбосом.
Калган журтун сандалтып,
Отунчу кылып койбосом!
Калганын кармап сындырып,
Калтырбай жанын тындырып,
Ай касаба жүн кылып,
Айткан Акун атасын
Көргөнүн мүшкүл күн кылып,
Көп-көп жаңжал салбасам,
Өчөркүгөн катынга,
Санаасы бузук капырга,
Өзүм жеке барбасам,
Акыр-такыр мүшкүлдү
А катынга салбасам!
Өткөн иштин айынан,
Тооторунун жайынан,
Чыдай албай Кыязың
Чылгый ичи өрт болуп,
Чымындай жаны чыркырап,
Катынга атын алдаткан,
Карангүн мендей болобу?
Эрдигим калып, эсим жок,
Эчтеме менен ишим жок,
Эр деп айткан оңобу?
Катын күндүү кайран жан,
Көрмөк болгон экемин.
Катын деп жүрүп кайран жан,
Өлмөк болгон экемин» –

www.bizdin.kg

Деп, ошентип, эр Кыяз
Очогорун октоптур,
Калың кара жедигер –
Калтырбай журтун боктоптур.
Эр Кыяздын каарынан,
Калкка чачкан заарынан,
Калтылдаган кара жер
Калыңынан токтоптур.
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Күркүрөп Кыяз сүйлөнүп,
Кашатка салган коргондой,
Каарланса кутургур
Калайыкты соргондой.
Эр эмеспи зор Кыяз,
Жедигерди чочутуп,
Жел жетпеген жоргону
Жетик Кыяз токутуп.
Бадана кийип балкылдап,
Касабадай калкылдап.
Жана Кыяз камданып,
Жай-жарагын шайланып,
Оозунан илеп ачылып.
Көзүнүн заары чачылып,
Жер жайнаган жедигер
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай,
Жедигер чогуу басылып,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көрсөң баатыр Кыязды
Көк аскар тоодой көрүнүп.
Жай-жарагын шайланып,
Жалаңкыч түрлүү эр баатыр,
Кыны жок кылыч байланып,
Көргөндө көңүл бөлүнүп,
Көрсөң түрлүү эр Кыяз
Көкжалдыгы көрүнүп.
Октолгондо эр Кыяз
Ок жылан айбан түрүндөй,
Катылганды буй кылып
Алуучунун биринде.
Чамасы толук заары күч,
Чалышар Кыяз ушундай
Өлдүм деп жандан күдөр үз.
Ак маралдай заңкайып,
Ала-Тоодой даңкайып,
Көрсөң Кыяз баатырың
Чамасы арбын чаркы күч,
Чалышканды кылар түз.
Өлчөөсү мындай Кыяздын,
Өлдүм деп жандан күдөр үз.
Берен да экен, эр да экен,
Белгилүү Кыяз шер да экен,
Кармашып адам барбаган,
Катылган тирүү калбаган,
Айласы кенен акыл көп,
Айзага камбыл ыктуу экен.
Жоонун айласын билген көйкашка,
Аябаган мыктуу экен.
Кыяздын жайы ушундай,
Аттанып чыгып артынан
Айчүрөктүн дартынан,
Бөлүнө чыгып шаарынан,
Сур жоргосун жылжытып,
Бөлүнүп чыкты айлынан,
Жаңжал чыгып артынан,
Толукшуган Кыяз кул
Тоотору аттын дартынан.
Кезигери Айчүрөк,
Кейитери Күлчоро,
Камынганы Айчүрөк,
Кайсап салчу эр Сейтек.
Жети-Өзөндө жедигер,
Желигип Кыяз аттанып,
Арыстандай таптанып,
Чыдай албай эр Кыяз
Чылгый ичин өрт чалып,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Чырдашууга доо таппай,
Чылгый балаа эр Кыяз
Чын аябай желигип,

www.bizdin.kg

Кулжуңдаса жөн эле,
Кутургандай ээлигип.
Арак ичип алкынып.
Дууга кирип алыптыр,
Аябаган бир үлкөн,
Чууга кирип алыптыр.
Баатырсынып эрсинип,
Көөдөнүндө бел Кыяз,
Кара кулак шерсинип,
Эти кызуу эр Кыяз,
Кай адамды теңсинсин.
Белсөөлөнүп белсинип,
Берен Кыяз көкжал эр,
Бери ургандай теңселип.
Одурандап барбандап,
Жумуру баштын баарысын,
Жутуучудай дарданда п.
Оңолбогон эр Кыяз,
Ойношконду оргудай,
Кагышканды жөн эле
Кармап союп койгудай.
Артыктыгы арстандай,
Алышканды бул Кыяз
Албарстыдай баскыдай,
Көзү көлдүн ордундай,
Көрсөң Кыяз көкжалдын
Кармашкан жанын сойгудай.
Алтын керден айбалта
Ал билекте чалылуу.
Жай-жарактын баарысы,
Орду-ордунда салынуу.
Олоңдосоң октонуп,
Эстесең мындай эр Кыяз
Эки көзү чок болуп,
Абайлап көрсөң чатагы
Ай-ааламда жок болуп.
Жалындуу көзү жаркылдап,
Касаба туусу калкылдап.
Канга тойбос көк кылыч,
Оң жагында жаркылдап.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Сөлөкөттүү сөлпөттүү,
Атка минген келбети
Көк аскардай көрүнүп.
Көрк-келбетин караса,
Адамдын көөнү бөлүнүп,
Сыягы бөтөн, заары күч,
Кез болгонду кылар түз,
Кезиксең жандан күдөр үз!
Көргөн жан арстан дегидей,
Кабылганды ал Кыяз
Каманча кайсап жегидей,
Коркконунан кыйла жан
Жылас болгон Кыязды
Аалам шери дегидей.
Эки тизгин, бир чылбыр,
Айласын таппай көргөн жан,
Колуна ал деп бергидей.
Ар сөзүнө жөн эле
Адамдын уулу көнгүдөй,
Журт коргону жандардай,
Эл бийлеген зарлардай,
Ааламды бузчу балбандай.
Окчонтой баштык ичине
Арыптар ок сологон.
Айбатына чыдабай,
Эчен жан айран болгудай,
Кезиккенди бул Кыяз
Кейитип жанчып соргудай,
Келбетин көрсөң ушундай,
Көк ала майдан таш кашат,
Көрүнөө чыга калгандай.
Ар майданы жеке өзү –
Бир оодарып салгандай.
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Каарланса ал Кыяз
Дарыяны бургудай,
Кабылган жоонун канчасын,
Караптуу өлүм кылгыдай.

www.bizdin.kg

Кирпиги бөлөк, көзү чок,
Артынганы батман ок,
Адамдан мындай шумдук жок.
Жети-Өзөндөн аттанып,
Жеке жолго киргенде
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Эчен түркүн сүйлөнүп,
Жалпы түрү кыраандын,
Жан алгычтай көрүнүп.
Адам ашып чыгалбас,
Бийик чалкар белге окшоп,
Ар боруму Кыяздын
Ааламга бузук салуучу
Ак бороон шамал желге окшоп.
Каары келип сумсайып,
Ааламды алып салчудай,
Буттай темир курчанып,
Көркөмдүү көкжал Кыяздын
Басканынан жан чыгып,
Күлдүрөгөн кыраандын
Дүбүртүнөн жан чыгып,
Оозунан көкжалын,
Октос берип шыркырап,
Каалгадай кашка тиш
Чайнаган сайын быркырап.
Сулуу катын Чүрөккө
Бирөө жетип азгырып,
Суук колун салгансып,
Көркөмдүү катын Чүрөгүн,
Көрүнөө тартып алгансып.
Жедигердин элинен
Жеке аттанды бөлүнүп.
Жекейбоздой көрүнүп,
Оозунан каары төгүлүп.
Алдындагы Кылкүрөң
Ары күлүк, ары тынч
Ажылдаган карааның,
Канаты бардай көрүнүп,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп.
Оозун жайса Кылкүрөң
Баскан жери быркырап,
Жолум үйдөй даңканы
Ачуланган Кыяздын,
Төбөсүндө чыркырап.
Сүрдүгүп туяк тийген жер
Колу арыктай союлуп,
Туяктын туура тийген жер
Кемегедей оюлуп,
Ушундай тулпар Кылкүрөң,
Ала качып дыркырап,
Кетмен сындуу туякка
Кезиге түшкөн кара таш
Талкан болуп быркырап.
Азили тулпар союлгур,
Обу жок тулпар мал экен,
Аргын, кыргыз элинен,
Айтылуу Талас жеринен
Кунанында куу жолтой
Олжого келген мал экен.
Оңолбогон карандын
Тулпардыгы бар экен.
Карабайыр казанат,
Кетмен туяк, кең соору
Керишке минчү жылкы экен.
Кылкүрөң менен аргытып,
Жолго кирди эр Кыяз.
Жолго түшүп чаңдатып,
Тоотору менен ок өтпөс,
Айчүрөккө алдатып,
Чыдай албай Кыяздын
Чылгый ичи өрт болуп,
Айчүрөк жетип көрүүгө
Эки көзү төрт болуп.
Күркүрөгөн көөдөктүн,
Эчтеме менен иши жок,
Олойсоң түрү ушундай,
Өзүнөн бөлөк киши жок.
Баатырсынып, шерсинет,
Балбансынып кутургур,
Баары жоктон эрсинет.

www.bizdin.kg

Төрөсүнөт кансынат,
Төрөсүнгөн кутургур,
Кылымды бузган кансынат.
Кыялында эр Кыяз –
Калайыктын төрөсү,
Калк бийлеген кансынат.
Ойлосоң мыктуу шерсинип,
Кыраандыктан эр Кыяз
Кылымдын журтун чалчудай,
Ай-ааламды буй кылып,
Азыр жеңип алчудай.
Каяшаяк бергенди
Такыр кырып талкалап,
Баштыгына салчудай.
Байкасаң түрү ушундай,
Баатыр Кыяз чоң көөдөк
Күңгүрөнүп, күүлөнүп,
Өзүнчө бөлөк түрлөнүп,
Өзү келет сүйлөнүп:
«Каарланып качырса,
Кабылышкан жоо келсе,
Кас ажалын жеткизем.
Чымырканып кол салсам,
Чын дүйнөдөн өткөрөм!
Ай касаба туу кылам,
Ачууланып айкырсам,
Асман-көктү чуу кылам!
Токтолбостон кол салсам,
Тоо кезиксе талкалап,
Тополоңун тоз кылам!
Токойду бузуп жол салып.
Жологонго кол салып,
Каптал бузуп күч алам,
Катылгандан өч алам!
Кармаша чыга жоо келсе,
Кайран башка доо келсе,
Дегенине көнбөсмүн.
Башым барда мен Кыяз,
Эч зордукка көнбөсмүн!
Каарым келип какайсам,
Качырганды жайлармын.
Кезиккенди кент кылып,
Келгендерди мент кылам.
Кылыч алып бакырсам,
Кылымдын журтун сапырып,
Кыйындарын билермин,
Кыйыгыма тийгенди
Кылымга чейин сүрөрмүн!
Баатыр десе, баатырмын,
Баатыр шердин өзүмүн,
Бар дүйнөлүк баатырдын
Караган кара көзүмүн.
Кабылганды кайсаган,
Как кыраандын өзүмүн.
Берендирмин, кандырмын,
Белсене чыксам кармашка,
Бир баатырдай бардырмын.
Ачууланып айкырсам,
Акмарал тосуп, уй кылам.
Асыл Кыяз бул башым,
Ай-ааламды буй кылам.
Көк марал тосуп, уй кылам,
Көрүнгөн жерди буй кылам!
Баатыр Кыяз мендирмин,
Басташканды соо кылбай,
Басып жечү шердирмин.
Ай-ааламды буй кылчу,
Артык көкжал шердирмин» –
Деп, ошентип, эр Кыяз
Жолго түшүп күркүрөп.
Көрүп турган адамдын,
Азат бою дүркүрөп.
Кыяздын жайын сураба,
Ачылбас күндөй бүркөлүп,
Ар жарагын байланып,
Аты күлүк эр чиркин
Көк жорудай айланып,
Кабагы керүү буткулдай,
Качырганды жуткудай,
Каркыбар көкжал Кыяздын

www.bizdin.kg

Каарын көрсөң ушундай.
Бек чамынып жайланып,
Кыны жок кылыч байланып,
Жолум үйдөй чоюн баш,
Жолу каткан Кыяздын
Жоругун көрсөң оолак кач!
Кыялы кырча белиндей,
Кайраты капчал желиндей,
Муруну кылыч каңкадай,
Бурулуп чыккан муруту –
Өтөккө чыккан чалкандай.
Алдыңкы ээрди салаңдап,
Кембагалдын кабындай,
Дидарынын ысыгы –
Көөрүктөн чыккан жалындай.
Көрүп турган бендеси,
Көп жанынан түңүлүп,
Акылынан шашкандай,
Каарланса кутургур
Ай-ааламды баскандай.
Алдындагы Кылкүрөң,
Семиргени сүмбөдөй,
Секиргени бүргөдөй.
Кутургурдун мингени,
Булуттай учуп буркурап,
Башындагы даңканы,
Чакмак таштай зыркырап,
Буудан экен куу чиркин.
Букадай мойну бултулдап,
Жаадай учуп закымдап,
Келчү жерге жакындап,
Эрениң кирип келгенде.
Алдындагы Кылкүрөң
Куландай кулак жапырып,
Куюндай жерди сапырып.
Туяк жерге кадалып,
Тотудай куйрук таралып.
Жабыктай жону көрүнүп,
Казандай соору бөлүнүп,
Көкүлүн көккө зыргытып,
Көркөмдү буудан союлгур,
Туягын жерге мылгытып.
Адыр-күдүр аска таш
Белге минчү мал экен.
Кырк күнчүлүк мунарык,
Чөлгө минчү мал экен.
Буруп айза сундурган
Топко минчү мал экен.
Бузулбаган мунарык,
Чокко минчү мал экен.
Маңдай-тескей айза алып,
Салышка минчү мал экен.
Өпкө жарып, баш кесип,
Жарышка минчү мал экен.
Кылкүрөң менен кыйгачтап,
Кыялы кызып эр Кыяз,
Кылым журтка чыр баштап.
Өпкөсү көөп жээлигип,
Өлбөчүдөй ээлигип.
Касабасы көрүнүп,
Калкынан жаңгыз бөлүнүп,
Көрсөң Кыяз көкжалың,
Арак ичип алкынып,
Өлөр жакка талпынып.
Өлчөлүү мойнок карагыр
Белде келет эр Кыяз,
Как этип карга учпаган,
Жерде келет эр Кыяз.
Күңгүрөнөт күүлөнөт,
Күп-күп этип сүйлөнөт.
Алты илек жоо келсе,
Айзалап жалгыз сүрөм – деп,
Айбаттанып айкырсам,
Ай-ааламга кирем – деп,
Көрсөң Кыяз көкжал шер,
Көп эрсинип кайран эр,
Жаңырыктуу кыяга,
Жардуу кашат баткалга,
Жайнап жылкы жатканга,
Кароол чоку Таш-Мойнок

www.bizdin.kg

Караса Кыяз муну ойлоп,
Караганы Тоотору,
Каалаганы Айчүрөк.
Мээлегени Тоотору ат,
Бек капасы Айчүрөк.
Кара кашат тоосуна,
Кароол таштын боюна,
Чыгып Кыяз кааласа,
Калк аманын караса,
Кырдан түтүн бөлүнөт.
Кызыл жууркан, кучмач ээр,
Чүрөк ээри көрүнөт,
Айчүрөктүн дүмөгү,
Асман тиреп бөлүнөт.
Чиркеп койгон кызыл нар,
Жүк арткан сексен төөсү бар.
Кантсе Чүрөк катын да,
Калк бүлдүргөн капыр да,
Алганы жаткан күйөө бар,
Аңдып жүргөн бирөө бар» –
Деп, ошентип, ой-ойлоп,
Башын чайкап бой-бойлоп.
Балаалуу мүшкүл кепти ойлоп:
«Маа калганда Чүрөктүн
Оргу-баргы бороондой
Орою суук кеби бар.
Көөнү келсе, катындын
Ар качандан бир качан,
Алам деп жүргөн эри бар.
Кайрат кылып ат сурап,
Камдап койгон эри бар.
Катуу кайрат, чоң бузук,
Каражолтой шуркуя
Сала турган чени бар,
Каарланып оңбогон.
Ар качандан бир качан,
Оройлук жинин койбогон,
Ушинтип Чүрөк оңбогон.
Бел байлаган бели бар,
Бекип жаткан жери бар.
Көөнү келсе камданып,
Эрин каткан чени бар.
Эски жиндүү Чүрөктүн
Айыкпай турган жини бар.
Ачуусу чукул капырдын,
Алкылдаган катындын
Алты күлүк ат менен,
Алакандай кат менен
Эрин алган чени бар.
Эзелден бери Чүрөктүн
Эски ушундай кеги бар.
Ат алдаган капырдын,
Ашкан анткор катындын
Бел байлаган бели бар,
Бекип жаткан жери бар.
Казылган кудук жолу бар,
Камдаган мыкты чоңу бар.
Кабылган эрдин шору бар» –
Деп, ошентип, эр Кыяз
Арам ойлоп турду эле.
Ар бир мүшкүл, чоң шумдук,
Жаман ойлоп турду эле.
Асмандан түтүн бөлүнөт,
А түтүндүн алдынан
Агарып чатыр көрүнөт.
Аюу талпак, ак быштан
Эрендин аты көрүнөт.
Айза кыргыч сымпочтуу,
Азамат аты көрүнөт.
Кыяздын көөнү бөлүнөт.
Көктөн түтүн бөлүнүп,
Көгөрүп чатыр көрүнүп,
Ордолуу шайык көк жөөкөр
Сарттын журту көрүнөт.
Көк кыян кыр закым жок,
Аттарынын баары айгыр,
Куюшканы такыр жок,
Жолдогусу көрүнөт.
Кыйласында ээри жок,
Чомдогусу көрүнөт.

www.bizdin.kg

Көк кепичин тепейтип,
Аргымагын кекейтип,
Короолоп атын байлатып,
Кызыл бакыр жан казан
Күрүчүн тегиз кайнатып,
Арты кучак чоң комуз,
Дуутар комуз тарттырып,
Алтымыштай жигитке
Тегиз акуш айттырып,
Куп оюнун болжотуп,
Алты мыктуу балбанга
Дагыра чалып ойнотуп,
Дүңкүлдөк кулак тундуруп,
Жети мыктуу балбанга
Добулбасын урдуруп.
Барабан үнү бакылдап,
Жезнай үнү такылдап,
Керней-сурнай тарттырып,
Келип оюн салган бейм.
Айдай катын Чүрөктү
Ике кыйып алган бейм.
Адыр-бүдүр мунардын
Ою болуп аткан бейм,
Айдай катын бейбактын
Тою болуп жаткан бейм!
Муну ойлоп, эр Кыяз
Чыдай албай октолду,
Кайнап ичи чок болду,
Кайраныҥ кайдан токтолду.
Тутамдай болду кайран жан,
Кайнап кетти көргөн кан,
Катуулап жаны өрттөнүп,
Катуу күйдү Кыяз кан
Чылгый ичи өрт болуп,
Чын кайратын баштады,
Чымынча көрбөй куу жанын,
Кылга байлап таштады.
Кагыштан кайра тартпайм – деп,
Айдай катын Айчүрөк
Ажалга салса кайтпайм – деп,
Жети-Өзөндө жедигер
Жедигер каны эр Кыяз,
Зорлугу тоонун теҥиндей,
Чапчышып чама келбестен,
Олжолоп алган катынын
Алыстан келген душманга
Алдырып ийди дедирбей,
Бул күйүттү уккуча,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн!
Күтүп аткан эрине,
Камдап келген жерине,
Күрөштү мыктап кылайын.
Күмүрөйтүп кул кылып,
Күрөшүп талкан кылайын!
Арым үчүн бул жанды
Акыры бүгүн кыяйын,
Катын алчу зорунун
Төбөсүнөн басайын.
Берген тоюн аш кылып,
Айчүрөгүн баш кылып,
Кыйырлуусун кырайын,
Кызык чырды кылайын.
Ардагым ашкан корума,
Өлбөй кантип турайын.
Жедигер каны – кан Кыяз
Зорлугу тоонун теҥиндей,
Артык зайыбы Чүрөктү,
Аҥдып турган душманга
Алдырып ийди дедирбей
Дагдыр жетсе өлөйүн,
Дардайган башым барында
Катыным кантип берейин!
Кутурган окшойт ким болсо,
Куптап айза сунушуп,
Күн болжобой урушуп,
Кулжуҥдашып көрөйүн!
Каралуу жинин кагайын,
Ускалуу башын өлтүрүп,
Акундун кызы Чүрөктүн,

www.bizdin.kg

Журт бүлдүргөн дүмөктүн,
Кереметтүү катындын,
Кежири артык капырдын
Улактай башын чабайын,
Ушинтип жинин кагайын!
Карарган көзүн оёюн,
Кармаша чыккан душманды
Калтырбай баарын соёюн,
Кыл таштабай жаңгызын,
Кылычтап башын чабайын!
Кыйын анткор Чүрөктүн
Кыйла жинин кагайын.
Чатырын бийлеп чалайын,
Душманын мээлеп барайын» –
Деп, ошентип, эр Кыяз
Кабагына кар жаады.
Бурулбастан Кыяздын,
Мурутуна муз тоңду.
Чымындай жанга күч келди,
Алтымыш бала, миң мүшкүл,
Эр Кыязга бүт келди.
Жадаал жинден баштады,
Ааламдан кымбат кайран жан
Кылга байлап таштады.
Чыңыроон качпас кең майдан,
Чымчык учпас кең сайдан,
Жортуулман кетпес эренден,
Жоо кутулбас беренден,
Куш эрикпес асмандан,
Жер арбыбас баскандан,
Жер менен көккө бир тийип,
Желикти Кыяз барчудай.
Жер жайнаган көп колду,
Жеке байлап алчудай.
Жер дүйнөнү буй кылып,
Баштыкка бүктөп салчудай.
Катуу кайрат муштумдай,
Баатыр Кыяз көкжалдын
Эр кайраты ушундай.
Эрди эшиктүү сеңирдей,
Эңишсе жанды жегидей.
Кайраты болот курчундай,
Карасаң Кыяз ушундай.
Буура төөдөй күркүрөп,
Муну көргөн бенденин
Азат бою дүркүрөп.
Караанын көрүп Кыяздын
Кайгырды Чүрөк күйүнүп,
Кайран жандан түңүлүп.
Чыңырып ыйлап чыркырап,
Чын Кудайлап буркурап:
«Олоңдой кара чачымды,
Олжо кылдың Кыязга.
Ааламдан алтын башымды,
Кайраты катуу, заары күч,
Кан Кыяз элди кайсаса,
Кайран жандан күдөр үз!
Казгалдак деген кайран куш,
Кайрылбай учкан талаадан.
Айрылып калар бекемин,
Кардымдан чыккан баламдан.
Алдейлеген Сейтегим,
Он экиден өтө элек,
Энеси шордуу эмчеги,
Таңдайынан кете элек,
Башына бакты коно элек.
Балбандык чаркы толо элек,
Балам кандай болор – деп,
Байкуш Чүрөк аны ойлоп,
Боздоп турат бойбойлоп.
Санаасы сандап бөлүнүп,
Сары оору болуп катындын
Көзүнөн жашы төгүлүп.
Казгалдак деген кайран куш,
Карчыга кушка жегизбе.
Ээликкенден Айчүрөк,
Кыяздан өлдү дедирбе!
Алды, жан деп жаратсаң
Куп сыйласаң сөзүмдү,
Колуна кордоп түшүрүп,

www.bizdin.kg

Кууратпасаң өзүмдү!
Тутам кылба тилимди,
Күрмөбө Кудай күнүмдү!
Аты-тонун тең алдап,
Буруп келдим жүзүмдү.
Алда Таалам кош көрсө,
Көргөзөр кыргыз четинди.
Күчтүү болсо кутургур,
Карарта көрбө бетинди.
Беребер Кудай өзүндү,
Кудай жан деп жаратсаң,
Ыйлата көрбө көзүмдү.
Ишенген кайним Күлчоро –
Телегейи тең эле,
Шай колдогон шер эле,
Он эки мүчө кем эле,
Он эки жылы зар кылып,
Карагул чокмор берди эле.
Катуу мүшкүл, чоң кордук
Жедигерден көрдү эле.
Алы кетип, муун бошоп,
Арык болуп калды эле.
Он эки жылга ал кайним,
Карып болуп калды эле.
Каарлуу Кыяз капырды,
Калк бүлдүргөн баатырды,
Кайниме Кудай бererби,
Каарлуу Кыяз өлөрбү!
Карыпка Кудай бererби
Кайрадан кол-бут чечилип,
Жана Кудай бererби,
Агарып анык таң сүрүп,
Кыйналган башка күн тийип,
Тушоо буттан чечилип,
Чырмаган кырсык кесилип,
Эр Кыяз уулдан өлөбү?
Эгем Таала кудурет
Эсерди Кудай бereби» –
Деп, ошентип, Айчүрөк,
Эңгил-деңгил ой ойлоп,
Боздоп турат бойбойлоп,
Мурундун суусун тарта албай,
Көзүнүн жашын арта албай,
Кыязды көрүп күйүнүп,
Кызыталак жандан түңүлүп.
Кабырга сөөгү көрүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Жана Кыяз берениң
Жалаңкычтай көрүнүп.
Айчүрөк байкуш буркурап,
Ыйлап турат чыркырап,
Каарлуу Кыяз катуу шер
Кайрат кылган ушу жер!
Жаткан дөбөт каштанып,
Түлөгөн жору баштанып,
Оңдоп кармап айза алып,
Куйка чачы үксөйүп,
Алгыр кара бүркүттөй,
Кайран Кыяз түксөйүп,
Кыргактан айза колго алып,
Кылкүрөңдү бир салып,
Тозоңун тоодой уратып,
Кылкүрөң менен чуратып.
Кайкы кашат таш майдан,
Эр Кыяз чыга келди эле,
Кысык жолдун урчукта,
Чылбырдан алчу тумшукта,
Карасам көңүл бөлүнөт,
Күлчоро кул көрүнөт.
Боконосу болкоюп,
Болуп калган көрүнөт.
Багалчак болуп балтайып,
Толуп калган көрүнөт,
Эрлик бакты башына
Конуп калган көрүнөт.
Күлчорону көргөндө,
Азыр кайсап салуучу
Түрү келди Кыяздын.
Азыр союп кетүүчү
Жини келди Кыяздын.

www.bizdin.kg

Кутурган кул, сени – деп,
Тирүү турбай өлдүң – деп,
Кайра тартпас чын жайды
Кутургурум, көрдүң – деп.
Оң далың он жол ойбосом,
Кыңырак берип колуна
Кыйыктап кемпир койбосом.
Кырк бир күнү кескилеп,
Кутургур сени сойбосом!
Көзүңдү чукуп албасам,
Көп кайраттуу колуңду
Каруундан кесип салбасам!
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Чымындай жаның кыйбасам!
Кууракан кул кап сени,
Кузгун тою кылбасам.
Кестик менен өлтүрбөй,
Кордук менен өлтүрүп,
Өлтүрбөсөм өзүңдү,
Жоготпосом көзүңдү!
Эсил башың чаппасам,
Эсебиңди таппасам.
Кул алдында кутуруп,
Куу бөрүдөй жутунуп,
Каарланып дардактап,
Семирип-сергип барбактап,
Кутурган кулду карасаң,
Баатырсынып, шерсинип
Жоболоңдуу кызыталак,
Жолдо жатат эрсинип.
Көрүнөө чыгып көзүмө,
Жолумдуунун биринде,
Жолугат менин өзүмө.
Кызыталак Канчоро –
Кутурган достум оңбоду.
Жайлайын десем мен муну,
Жанын кыйбай койгону.
Капылет тилин мен алып,
Казыптырмын орумду.
Катылбай коюп душманга,
Көрдүм мындай сонунду,
Олжолотуп тонумду.
Билбептирмин мунумду,
Укурук берип душманга,
Ким кубар менин кунумду.
Астынан чыккан Күлчоро –
Айбаш мыктуу даңкайып,
Баатырсынып калыптыр.
Кул да болсо, бу кулду
Бирдеме даарып чалыптыр.
Ок өтпөсүн жамынып,
Жоолашарга камынып,
Жок жерден жаңжал табылып,
Семирип, сергип алган бейм.
Олутума келгендин
Кашайта көзүн оёюн.
Не да болсо бу кулду
Качырып кирип соёюн!
Кандуу кылыч сунайын,
Баатырсынган бу кулдун
Ушинтип жанын кыяйын!
Түпөктүү айза, сыр жебе,
Түздөп сунуп эр Кыяз.
Агам, атам тең өлүп,
Кулун калган Тоотору,
Эптешип жүрүп эр болдук,
Эр уулу менен тең болдук.
Кан ичип жүрүп катыгып,
Кайран Кыяз атыгып.
Белгилүү болуп бел болуп,
Бендеден чыккан шер болуп,
Дүнүйөнү теңселткен,
Баатыр Кыяз мен болуп.
Кайгыга башым жандатып,
Катынга ат-тон алдатып,
Каарым келип турганда
Кагышарга жоо таппай,
Заарым келип турганда.
Бүгүн кызыл болот сыр найза,
Кылтайтып жерге таябайм.

www.bizdin.kg

Өз атам Багыш жоолашса,
Кылайган жанын аябайм.
Өзөндүү булак кууган төр,
Өрдөтө салар мал да жок.
Өз уялаш кас болсо,
Өлүмдөн аяр жан да жок» –
Деп, ошентип, эр Кыяз,
Кара жаак булдурсун
Кармай калып имерип.
Кайып сындуу Кылкүрөң,
Такымга салып жиберип.
Кыйкырып айза сунду эле,
Айза менен ураарда,
Адис болгон Күлчоро –
Канча жоо менен кагышып,
Душман ыгын бек билген,
Дааныш болгон Күлчоро.
Көзү көргөн алыстан,
Көп душманга кол салса,
Жеке чыккан жарыштан
Жеткилеңи болжолсуз.
Баатыр да ошо, шер да ошол,
Ай-ааламды буй кылган,
Айтылуу көкжал эр да ошол,
Эчен көргөн эңиштен,
Аалам журтту буй кылып,
Жеке чыккан жеңиштен.
Амызга тууган шер чоро,
Ай-ааламды буй кылган,
Ашкере көкжал эр Чоро,
Жекени белге курчанган,
Жеткендерге кол салган.
Капчал бузуп жол салган,
Ай-ааламга кол салган.
Шумдук эле, шер да эле,
Кыяз турмак кылымды
Кыймылдаткан эр эле.
Жайнаган кызыл чок эле,
Жасалган болот ок эле,
Жананам кезчү шок эле.
Жумуру баштуу бендеден,
Жасалган мындай жок эле.
Баатырдыгы, шердиги, –
Байкасаң мындай эрдиги.
Кыяз айза саларда,
Айласын Чоро тартты эле.
Алтын керден айбалта,
Ашкере сунган айзасын
Ортосун бөлө чапты эле.
Ок өтпөгөн ак була –
Шапа-шупа Күлчоро –
Шамдагайы болжолсуз,
Ак була тонду какты эле.
Олжодо жүргөн Кылкүрөң,
Күлчоро жытын көргөндө
Айтайын десе тили жок.
Айбандан эстүү жарыктык
Бура тартып, булт коюп,
Булуттай учуп жаныбар
Кайрылып кайра кылт койду.
Бурулганда карандын,
Булуттай учуп зыргыды.
Зыргыганда Кылкүрөң,
Үстүндөгү эр Кыяз
Үзөңгүдөн бут тайып,
Ээрден арты кылтайып
Ыйык жалдан алалбай,
Кайран бутту салалбай,
Жорудай учуп барбайып,
Аттан кулап дардайып,
Канатынан кайрылды.
Кагышка минчү Кылкүрөң,
Күрөңдөн Кыяз айрылды.
Бура тартып бул Күрөң,
Бугудай мойнун бурады.
Опол-тоодой эр Кыяз,
Кылкүрөңдөн кулады.
Кулагандан турбады,
Арбайып аттан жыгылып,
Аңгекке башы тыгылып,

www.bizdin.kg

Чакчелекей чаң болуп,
Башы-көзү кан болуп,
Өмгөктүү журт жедигер –
Бир көрүүгө зар болуп.
Аттан түшүп албайып,
Оролмо-Тоодой дардайып,
Отурду Кыяз оңшоюп,
Ач бөрүдөй шоңшоюп.
Көргөнү каран күн болуп,
Ичи өрттөнүп, түн болуп.
Жыгылган жери аң болуп,
Эр Кыяз башы маң болуп.
Жадаал салып турушуп,
Кыйын тажаал эр Кыяз
Кылкүрөң менен урушуп:
«Арам өлгөн Кылкүрөң –
Зилинде душман мал эле,
Айбаны душман канкордун
Кай элдиги бар эле.
Арам өлгөн Кылкүрөң –
Кылкүрөң эмес чыр күрөң.
Бир көргөздү көзүмө,
Киши кылгыс сыр күрөң.
Айбан да болсо чочконун
Жоругун бейлеп билгемин.
Жолу катуу Айчүрөк
Жоолаша кетер бекен – деп,
Ошондон чочуп жүргөмүн.
Асыйында Кылкүрөң
Аздап кармап алдырбай,
Абам Толтой ашына
Арынатып чалдырбай.
Арбактан аяп куу доңуз,
Арбайган Кыяз баатырды
Армандуу кылды бу доңуз.
Кудай бардыр, Кылкүрөң,
Кузгун куран окугур,
Жору көзүң чокугур.
Карышкыр жесин кардыңды,
Көк жору тарткыр тарпыңды!
Бир балаага кутургур,
Алганы келген экен го.
Бир шумдукка бул башты,
Салганы келген экен го.
Бенде көрбөс шум кордук,
Көргөнү келген экемин.
Кылкүрөң минип жол тартып,
Өлгөнү келген экемин.
Кыйын мүшкүл, чоң жаңжал,
Көргөнү келген экемин.
Күлүгүнөн тизгинин,
Жыйганы келген экемин.
Күйүттүү жанды өлүмгө
Кыйганы келген экемин.
Чылгый ичи өрт болуп,
Чыдай албай бакырып,
Жоо мына деп кутургур,
Жедигер журтун чакырып.
Айласы кетип эр Кыяз,
Эби кетип аянып,
Кордук келди башына.
Коржоңдогон Кыяз кул
Айбалтаны таянып,
Айласы кетип бакырып,
Атасы Багыш, эр Толтой
Экөөнү катар чакырып,
Айзанын баары үбөлүп,
Айланын баары түгөнүп.
Жок немесин чакырып,
Эр Кыязга жин келип,
Кылкүрөңдөн айрылып,
Эр Кыяздын башына,
Акыр заман күн келип.
Ай бөксөрүп, күн өтүп,
Айласын таппай ал Кыяз,
Турган экен минетип.
Кыяз, Кыяз болгону,
Кыяз атка конгону,
Кыйлага улук кан болуп,
Баатырың Кыяз болгону,

www.bizdin.kg

Кылайтып кылыч суна элек,
Кылтайтып Кудай ура элек.
Ар балаага барбаган,
Арбайып жөө калбаган.
Берен Кыяз болгону,
Бенде карбөйт бул ишти,
Башына Кудай салбаган.
Аттан түшүп арбайып,
Котур нардай дардайып,
Күлчоронун жанында
Турду Кыяз барбайып.
Капаланып, кайгырып,
Тулпарынан айрылып,
Турбай Кыяз турганда,
Мына ошондо Күлчоро
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Өрттөй көзү бек жайнап,
Кан ичмеси бек кармап.
Тегерегин карабай,
Теңиз тууган кургуруң
Тегеле жанын аябай.
Бөрү сындуу кабылан
Кырчынды тепсеп жол салып,
Кыйкырыгы таш жарып,
Эр Кыязга кол салып,
Ботом, оң далым оюп кул кылган,
Ордолуумду пул кылган.
Шерим Кыяз сенсиңби?
Абамды кууп жоготкон,
Эрим Кыяз сенсиңби?
Кыйлага кыргын баштаган,
Таласты элсиз таштаган,
Калдайып кармап четтеген,
Карыямды өрттөгөн.
Кереге-уугум кыйраткан,
Кары-картаң, жесирди
Калтырбай тегиз ыйлаткан,
Адамдыгы басылган,
Ааламга өртү чачылган,
Айбан Кыяз сенсиңби?
Ай-ааламды талкандай,
Чалган Кыяз сенсиңби?
Ашыра жаңжал чоң мүшкүл,
Салган Кыяз сенсиңби?
Жибегимди жуп кылып,
Жигитим кырып тул кылып,
Катыным тийип күң кылып,
Ордомду өрттөп күл кылып,
Күнүмдү кара түн кылып,
Койгон Кыяз сенсиңби?
Эсепсиз эбим кетирип,
Тапкан Кыяз сенсиңби?
Эл бүлдүрүп кыргындап,
Чапкан Кыяз сенсиңби?
Эзелки жинди калтырбай,
Каккан Кыяз сенсиңби?
Жылгындынын оюнан,
Кең Таластын боюнан
Каптамалуу кол жыйып,
Айза сайып имердиң,
Айлымды өрттөп жибердиң.
Капчалым тепсеп жол кылдың,
Канымды союп, кор кылдың,
Кыйын Талас жериме,
Кызырлуу кыргыз элиме,
Кырк миң колуң жайнаттың.
Кыйрымды союп жок кылып,
Кыйла шорум кайнаттың.
Болотумду мокоттуң,
Болумдуумду жоготтуң.
Кара керүү жайлоого,
Кас бууданың токудуң.
Капкалуумду кан кылып,
Кара көзүм чукудуң,
Сураса бербес Кылкүрөң,
Суук укурук салбасам,
Кутуруп өлгөн Кыяз кул,
Керишип кегим албасам!
Дагдыр жетсе өлбөсөм,

www.bizdin.kg

Жазаңды жарык бербесем,
Кармашып канга батпасам,
Чама-чаркың келбесе,
Алакел Албам шер менен,
Ааламды бузган эр менен
Аякташа жатпасам,
Тирүү турбай өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн.
Кулжуңдаган кутургур,
Сени менен куп алышып көрөйүн.
Арбактуу Манас атам шер,
Арбагы жыга чаптыбы?
Айланды Кудай таптыбы?
Көчмө кезек келдиби?
Тилекти Кудай бердиби?»
Ошентип, чоро бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Арстандай чамынып,
Тилегени табылып.
Каман сындуу тиш кайрап,
Кара арстандай көз жайнап,
Узун бойлуу, кең далы
Артык балбан, ары шер,
Алгыр тынар, өткөрө эр,
Күлчоро карап турабы?
Карап туруп чорону
Ушинтип Кудай урабы?
Эр Кыяз менен Күлчоро
Берендер жөө турушту,
Бет алышып урушту,
Ким көргөн мындай жумушту?
Маңдайлашып турушуп,
Кылыч шилтеп, балта чаап,
Былчылдашып урушту.
Кылыч менен салышып,
Кылыч кыйрап быт болуп,
Кабы колдо калышты,
Айбалта менен салышып,
Сабы колдо калышты.
Жаканын баары утулуп,
Тондор тозуп тытылып,
Атаңдын көрү, эки арстан
Шер экени билинип.
Кымбат баа кырмызы,
Ок өтпөгөн чопкуттар
Күл болуп бүттай тытылып,
Көргөн эрен кайгырып,
Кармашка кийчү ок өтпөс
Канжыгадан айрылып,
Тондор тозуп бөлүнүп.
Эл коргону эки дөө
Эр экени билинип.
Табылгы жакса чок өтпөс,
Очогор атса ок өтпөс,
Мыктуу кылган кымбат тон
Канжыгадай тилинип,
Катуу жаңжал кылышып,
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Мындан айла болбосо
Маңдайлашып барышты,
Багалектен алышты,
Балбандардай чалышты,
Жөө кармашты салышты.
Кайран жанды куурушту,
Кабырганы жулушуп,
Көрүнгөн жерин үзүшүп,
Көрсөң кызык тамаша –
Көк букадай сүзүшүп,
Кабылган жерин чоюшуп,
Кабылган жерин оюшуп,
Алты күн тынбай кармашып,
Ач буурадай чайнашып,
Артык алыш кылды эле.
Булчуңдарын булушуп,
Булкушуп уруш кылышып,
Кулжуңдашып чалышып,
Кулактан кармай калышып,
Каарланып кармашып,

www.bizdin.kg

Кабылган жерин чайнашып,
Катуулап кармаш болду эле.
Тизе тийсе кара жер
Типтик болуп оюлуп,
Эки буттар тийген жер
Кемеге болуп союлуп.
Каршылашып эки арстан,
Бири-бирин боктоптур,
Бузулуп кетпей кара жер
Калыңынан токтоптур.
Дөбө кулап, түз болуп,
Кашат кулап, сай толуп,
Калың жаңжал күч болуп,
Катуу күрөш кылыптыр,
Өнгөн чынар чырпык тал,
Тебелеп такыр кырыптыр.
Семетей уулу эр Сейтек
Эр кармашын көргөндө.
Чымындай жаны чыркырап,
Чыдай албай, жетим кул
Тиштенгенде кайран тиш
Таруудайдан быркырап.
Эрикпей сөзү кеч болуп,
Кыязга жаңжал салууга,
Кылычтап башын алууга
Эки көзү төрт болуп,
Карчыгадай камынып,
Кара мүртөз чоң кыял
Кабыланга табылып,
Атасынан бабасы –
Арстандыгын карачы!
Кара сууга кан куйган,
Кайран эрдин тукуму,
Өзөндүүгө өрт койгон,
Өткөрө шердин баласы.
Ак болотун майлаган,
Ачуусуна тийгенде
Алты агасын жайлаган.
Көк болотун майлаган,
Көп жинине тийгенде,
Көп агасын жайлаган.
Көкжал шердин өз уулу,
Көрсөң кыраан эр Сейтек,
Арстандай көзү жайнаптыр,
Чоң туткагы кармаптыр.
Карабай жаңжал бир кылып,
Кыры кармап алыптыр,
Каарланса кан иччү
Чыры кармап калыптыр.
Туткагы кармап көз жайнап,
Зулпукор кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай,
Каары бетине айланып,
Ашып-шашып энтеңдеп,
Баатыр Сейтек келди эле.
Каарланса кан иччү
Капилет Сейтек келди эле.
Кыяз турду сабылып,
Кулжуңдаган кутургур
Ал Сейтекке жалынып.
Анда Кыяз муну айтат,
Айтканга жаңжал шумду айтат:
«Ээ, айланайын эр Сейтек,
Кул кутуруп, күч кетти,
Атаңан кубат бүт кетти.
Чама чарчап, ал кетти,
Болушпасаң кулунум,
Эр атаңан ал кетти!
Кул кутуруп күч кылды,
Кайрылгыс мүшкүл иш кылды.
Оозумду каптап чаң жетти,
Денемди каптап кан кетти,
Чымындай жаным чыркырап,
Дарман-кубат баарысы,
Атаңдын кетти каруусу,
Айланайын Сейтегим,
Көзүмдү ачып көргөнүм,
Оозумду ачып өпкөнүм.
Чийгезеңди чалдырдым,
Алты күлүк ат берип,

www.bizdin.kg

Алакандай кат берип,
Жекейбоз тон кийгизип,
Желмаянды миңгизип,
Кожо, эшенди чалдырып,
Алыскы кандын шаарынан
Ак эшенди алдырдым.
Тоюңа токсон сойгомун,
Атыңды Сейтек койгомун.
Кыштын толук чилдеде,
Батмалдатып үстүңө,
Күндүн суугу тиет – деп,
Тогуздан торко жаптырдым.
Жайдын ысык чилдеде,
Күн аптабы тийбеске,
Көлөкө жайга бактырдым.
Уккун айткан сөзүмдү,
Каарлуу душман колунан
Кагылайын Сейтегим,
Куткарып алгын өзүмдү.
Күрсүлдөгөн куу кулдун
Эсебин эптеп таба көр,
Эзелки жинин кага көр.
Бузукту мурун сала көр,
Бурулуп башын ала көр.
Кул кутурса ушундай
Малымды кырып жол салып,
Майга тоюп кутургур,
Баш атаңа кол салып,
Бир жаңжалды салбасаң,
Ажыратып албасаң.
Кайгы тартып дүйнөдөн,
Өлмөк болдум Сейтегим,
Кайра-келбес чын жайды
Көрмөк болдум Сейтегим.
Өзүң айла кылбасаң,
Атакеңен ал кетет,
Көөдөндөн чымын жан кетет.
Айланайын Сейтегим,
Аталыкка санасаң,
Балам деп сени карасам,
Тоотору атка бара көр,
Эр экениң билгизгин,
Эмгек тарткан атаңа
Чылбырын колго тийгизгин.
Ат чылбырын алайын,
Кулжуңдаган кул менен
Анан кармаш салайын,
Эсебин эптеп табайын.
Балалыгың билгизсең,
Тооторуну тийгизсең» –
Деп, ошентип, турганда
Атчандуу Кыяз акмактын,
Ал амалын билиптир.
Көргөндө катын Айчүрөк,
Көкүлү менен кулагын
Кошо кармап алыптыр.
Кан Кыяздын Тору атын
Кайнатам Манас жолу – деп,
Коборуп туруп чалыптыр.
Жыкпай туруп жыластын
Башын кесип алыптыр.
Мына ошондо эр Сейтек
Тору аттын көзү жоголду,
Абамын иши оңолду.
Мына ошондо эр Сейтек,
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай,
Керең-дудук бирөөндөй,
Келип жетти күүлөнүп,
«Эмгиче жексен кылбайт» – деп,
Күлчорого сүйлөнүп.
Атасынан бабасы
Мураага калган алты курч,
Курч экенин карачы.
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен,
Тартса мизи кызарган,
Кыжырлуу жоого шилтесе
Кырк кулачтай узарган.
Кыйкырып кындан суурса,
Кан ичпей куру жүрбөгөн,

www.bizdin.kg

Бөлөнүп канга тойбосо,
Катса кынга кирбеген.
Таштыкка чапса тайыбас,
Адамдан кайра кайыбас,
Аябаган курч болот.
Кармай калып сабынан,
Сууруп алып кабынан,
Тактап кармап имерип,
Кыя тартып Кыязды
Моюнга тартып жиберип,
Кызуу кылыч тийгенде,
Арстан Кыяз баатырдын,
Журт бүлдүргөн капырдын
Башы кетти быркырап,
Жаны кетти чыркырап,
Жан кеткенде кан кетип,
Кулады Кыяз барбайып,
Жыгылган экен дардайып,
Мына ошондо Күлчоро:
«Кокуй, иним эр Сейтек,
Таңды макшар күнүндө,
Карөпкө Кыяз капырды
Көрүнөө Кудай урбасын,
Канын доолап турбасын.
Агасы менен иниси
Экөөлөп кетти дебесин,
Аябай жанды буй кылып,
Жекелеп кетти дебесин.
Карөзгөй сүйлөп капырды,
Калк бүлдүргөн баатырды,
Урганды Кудай урбасын.
Артык экөө биригип,
Жекелеп канды төктү – деп,
Кордук кылып турбасын.
Коё бергин маа жеке,
Кутургурду соёюн,
Курсагында кара кан
Кымызча ичип тоёюн,
Аңтарып жерге басайын,
Айбатын төмөн жанчайын.
Балаалуу кордук салайын,
Үйүң күйгөн доңузга
Тирүүлөй жапа салайын.
Кеткен кектин баарысын,
Бул чочкодон алайын» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Эсебин жакшы тапты эле,
Кыязды жерге чапты эле.
Алты миң нар миң тайга
Арнап кылган ак тинте
Бөрүтил деп сомдогон,
Душманын мыктап жарсын – деп,
Качанкы кегин алсын – деп,
Бөлөкбай байкуш оңдогон.
Жоого ылайык ак тинте,
Кындан сууруп алды эми,
Кыйын баатыр Күлчоро
Кый сүбөөгө малды эле,
Кырылыш жайы ушундай
Жара тартып салды эле.
Ичтен чыккан кара кан,
Кан ичме канкор Күлчоро
Суусунга жутуп калды эле.
Кыяздын канын ичкенде
Ооруган чери жазылып,
Умачтай көзү ачылып,
Ичинен дарты жазылып,
Сыздаган жүрөк басылып,
Жутуп алып отурса,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Оозунан түтүн буркурап.
Көңүлүм тоюп, көөнүм ток,
Азыр өлсөм арман жок,
Кенедей арман калган жок.
Ташты буздум көч алдым,
Кас душмандан өч алдым,
Киричим калбай жазылды,
Умачтай көзүм ачылды.
Желиккен көөдөн басылды,
Күйүтү мүшкүл күптү оорум,

www.bizdin.kg

Күйүт баары жазылды,
Дегдеген жүрөк басылды.
Ишимди Кудай оңдоду,
Арстан Манас, айкөл шер –
Арбагында колдоду.
Беренди Кудай берди – деп,
Бет алган душман өлдү – деп,
Кайра тарткыс чын жайын
Каарлуу чочко көрдү – деп,
Күндөлүк күйүт басылды,
Күзгүдөй жүзүм ачылды.
Азыр өлсөм арман жок,
Күйүттүү дартым басылды» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Эр Кыязды сойгондо,
Канына мыктап тойгондо,
Канжарлап ичин жарды эле,
Кайгырган кегин алды эле.
Тиктеген жоосу өлгөн соң,
Тилегин Кудай берген соң,
Эр Кыяздын сан кара
Адырда жылкы алабаш,
Аргымак, буудан аралаш.
Эр Кыяздын сур жылкы,
Текши семиз, кур жылкы,
Айгыр жалдуу, бээ курсак,
А жылкыны сындап бак.
Олжого тийип келди эле,
Аяш ата Кызылсарт –
Кызылсартка жылкыны
Үйүрүн бөлбөй берди эле,
Сандап аткан түмөн мал
Кырк кербен башы Кызылсарт
Камчыга ченеп бөлдү эле.
Кээ жылкысы Кыяздын
Өңдөш окшош кулача,
Маңдайы кашка тумарча,
Баары тулпар көйкашка,
Багылган малдан бир башка.
Ушунчалык мал берди,
Кырк кербен башы Кызылсарт
Абдан көөнү жай болуп,
Кербенге башчы, кан болуп,
Олжого кербен бай болуп,
Абыдан тулпар күлүк ат
Байлай албай жөнөдү.
Олжого тийген сан жылкы
Айдай албай жөнөдү.
Абыдан мыкты кербенчи,
Алты миңден ат алып,
Абыдан жаман аягы,
Алты жүздөн жылкы алып,
Алтын, күмүш зер алып,
Бокчо аңтарып була алып,
Эр Кыяздан кун алып.
Көңүл мүлдө жай болуп,
Көп кербенчи бай болуп,
Көп кызыкка көндү эле.
Кыязды союп жок кылып,
Кыйындар минтип турду эле.
Ал аңгыча болгон жок,
Баатыр Сейтек желигип,
Жети-Өзөндө жедигер
Желигип элин чабууга,
Капкайда жинин кагууга,
Кастарын тигип чунайып,
Катуулап Сейтек турду эле.
Кара дөө менен Күлчоро
Эки агасын чакырып.
Кара дөө менен Күлчором,
Экөө тең менин абамсың,
Абам эмес, бабамсың.
Кайнардын кара көзүсүң,
Каралдынын өзүсүң.
Бел байлаган белимсиң,
Бекип жаткан шеримсиң.
Астыга салсам акжолтой,
Артымда жүрсө сан колдой.
Бааналуу шердин өзүсүң,
Кармашканың Каканчын,

www.bizdin.kg

Бекилүү шаар Дыңшага
Берениңден айрылып,
Мээнет шор тарттың мынчага.
Агалар тозбо жолумду,
Кармап койбо колумду,
Жети-Өзөн толгон жедигер
Жер жайнаган түмөн эл,
Жетип жыйып алайын.
Жангызын тирүү таштабай,
Кылычтап кыргын салайын,
Кыйратып баарын алайын,
Айзакерден ыктуусун.
Дөбөгө бута коёюн,
Кылычка кыйын ыктуусун.
Кыл таштабай кыйратып,
Кызып капчал соёюн.
Кайраттуусун кыйратып,
Катын-кызын чуулатып,
Беренин кырып коёюн.
Ак селдечен молдосун,
Даанышман билгич молдосун,
Агала сакал карысын
Айдап жатып кырайын,
Жедигердин баарысын.
Канга колу тийди – деп,
Кыйырына талоон салайын.
Кыргын сонун мына – деп,
Кыздарын талап алалы,
Кыргынды кызык салалы.
Кызыл тору кыз алып,
Кызыкка чогуу каналы.
Кыз-катынын олжолоп,
Аргын менен кыргызга,
Олжо кылып берели.
Кайрандарын камайлы,
Жети-Өзөн толгон жедигер
Жедигерди талайлы!
Тулумдуусун тул кылып,
Туура ачуулуу беренин
Туткунга салып кул кылып,
Көп таландуу салалы
Көйкашкасын кыйратып,
Таманга салып жүн кылып,
Төбөндөн тийген бул элдин,
Бу жедигер шум элдин
Төбөсүнөн басалы,
Төрт түлүгүн чачалы.
Жаңжалдашып минтели,
Кыжылдаган куу журттун,
Бир бокчосун тинтели!
«Жаке, кулдук!.. – дедиртип,
Туш-тушка айдап сүрөлү,
Тушукса бээсин тиели.
Айлынан тийип бээсин,
Аралаш байлап дөөсүн,
Абыдан кыйнап жөөсүн,
Чындап туткак кармады,
Чыгара муштап мээсин.
Чыгаралы бу журттун,
Капкайдагы кээсин,
Төрүнө кудук казалы,
Төрт түлүгүн чачалы,
Төрөнү сойгон бул журттун
Талкалап көзүн ачалы.
Жети-Өзөндө жедигер
Желиксе кырса себебим,
Уламадан уладым,
Билгендерден сурадым.
Кан Кыязы эр болуп,
Жеке Кыяз эр эмес,
Жер жайнаган эл болуп.
Кылым өзү козголуп,
Кырк эки миң кол болуп,
Аз гана түгүл мол болуп,
Албан түрлүү кол болуп.
Балбандан түмөн миңди алып.
Жети-Өзөндө жедигер
Желигип колго барыптыр.
Жер майышкан түмөн кол,
Атам көкжал канкорго

www.bizdin.kg

Артык колду салыптыр.
Кыжылдап Кытай келгенсип,
Кыйын душман көргөнсүп,
Кыжылдап кыргыз жедигер –
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Бөлүнтүп мөндүр ок атып,
Адырдан чубап жол салып,
Кызыр чалган атама
Кытайдан бетер кол салып,
Кыргынды кызык баштаптыр.
Кыйшаңдуу келин, тул катын,
Кыйласын жесир таштаптыр.
Баатырларын кырыптыр,
Балдарды жетим кылыптыр.
Жетим-жесир, балдарга
Жетик мүшкүл күч кылып,
Желеми кыркып, тул кылып,
Желкесин кыркып эченди,
Жети саткан кул кылып.
Ордо талап канды алып,
Олжо кылып малды алып,
Кагышты катуу кылыптыр,
Калтырбай элди кырыптыр.
Кытайдан бетер душмандык,
Бу жедигер кылыптыр.
Ук, агалар, кебимди,
Алармын азыр кегимди.
Кордук кылган жедигер
Коюп кетип нетейин,
Козголоң жиним кармады,
Кордук кылган бул журтту
Кошуп кетип нетейин,
Каарым келди какайдым,
Түбүнө чогуу жетейин.
Түп коргонун түгөтүп,
Түгөл кырып кетейин.
Буурукан экен жедигер,
Буласын булап алайын,
Бузукту чогуу салайын.
Мурунтан арман, калган кек
Жедигер журттан алайын!
Ажыдаар түрлүү өч албай,
Туулбай туна чөгөйүн.
Семетей уулу дедирбей,
Тирүү жүрбөй өлөйүн!
Атасын союп жедигер,
Каман болду дебейби.
Атанын өчүн ала албай,
Баатырдун уулу эр Сейтек
Жаман болду дебейби!
Ордуна туулуп бир тукум,
Тирүү жүрдү дебейби,
Көкжал эле Семетей
Ташка сийди дебейби!
Өзөк сөз укпай өлөйүн,
Өзөн толгон жедигер
Аргын менен кыргызга
Камчыга ченеп бөлөйүн!
Айдамалуу мал айдап,
Агача кийген жубанын,
Баарын жесир тул айдап,
Жагылган отун өчүрүп,
Жалпы кара жедигер
Олжолоп айдап көчүрүп,
Өкүмдөрүн кырайын.
Өз кылганым ушу – деп,
Жедигер журтту кырайын» –
Деп, ошентип, желигип,
Күркүрөп Сейтек ээлигип,
Каманча кайрат кармады,
Ташты кесе чайнады.
Каарды катуу баштады,
Жедигер турмак ааламды
Соруп ийе таштады.
Кандуу жүзүн ур чалып,
Кара көзүн кан чалып
Катуу кайрат кылууга,
Калтырбай элин кырууга,
Арстандай чамынып,
Арстан шердин тукуму,

www.bizdin.kg

Ак болоттун тукулу,
Канкорлугун карачы,
Кайран шердин баласы,
Албан түрү бузулуп,
Кайран эрдин санаасы.
Тиктесе көздөн кан чыгып,
Кайратынан жан чыгып,
Каарланып үксөйүп,
Караганга чоң мүшкүл,
Төбө чачы сүксөйүп.
Арстандай көзү жайнаптыр,
Кан ичмеси кармаптыр,
Чарайна көркүн чүркөнүп,
Ачылбас күндөй бүркөлүп,
Жай-жарагын шайланып,
Жанына жарак байланып.
Кайра жаачу булуттай,
Каар жүзүнө айланып,
Билеги жоон, таш жүрөк,
Атасынан бабасы
Пил мүчөлүү бадырек.
Кийгени жекей кара бөрк,
Эрдиги эпсиз кара көк.
Түпкү атасы кан болгон,
Түгөнүп душман жай болгон,
Башкы атасы кан болгон,
Басташкан душман жай болгон.
Арстан шердин тукуму,
Айбаты катуу, заары күч,
Алышканды кылат түз.
Алышып душман жеңбеген,
Өнөгүн жоого бербеген.
Шамдагайы болжолсуз,
Шакылдаган эр Сейтек
Кылычын кыя байланып.
Уңгусу болот, учу курч,
Учуна салган кара курч,
Сыр найзасын шайланып.
Сыртын салып түнөрүп,
Сырт салып көкжал турду эле.

Күлчоро менен Кара дөө
Эки агасы кеп баштап,
Акырын сүйлөп бек таштап:
«Куржунга салып кум артса,
Арыбас да жоорубас,
Кара лөктүн танасы
Өйдө-төмөн кеп салса,
Ордуна келер акыры,
Арстан шердин баласы.
Алты айлык калып курсакта,
Армандуу жетим сен элең,
Азыр тентип кулдукта,
Армандуу байкуш мен элем.
Айткан сөз ушу билип ал,
Бозала тулпар болпоңум
Болумдуу кыраан чолпонум.
Нөкөрлөп сайган желегим,
Кайрандан калган белегим,
Жетим өскөн кырааным,
Жетиктен калган мураапым.
Акыл сөз айтам билип ал,
Асылым уулум, тилимди ал.
Өтүп кеткен заманда,
Көкжал абам аманда,
Атышка сан кол барчы эле,
Катарлаш өскөн биргелеш,
Сен эмес, балам эр Сейтек
Кан атаң тилим алчу эле.
Топон суу жетпес Бээжинге
Толтура казат кылганда,
Билекке кылыч илчүбүз.
А дүйнө кеткен атаңды
Кошубуз менен билчүбүз.
Бир кеңешкен ооз ушул,
Бир көрүшкөн көз ушул,
Бирге айтышкан сөз ушул.
Чалгынды бирге чалышып,
Чабуулдан олжо алышып,
Биз урунуп тийбеген,
Тоо да бүтүн бар бекен?

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кыйкырып айза тийбеген,
Жоо да бүтүн бар бекен?
Ай-ааламды буй кылып,
Ээлегенде өлбөдүм.
Ач албарс кармап душманды,
Жөөлөгөндө өлбөдүм.
Атаң өткөн Семетей,
Алчу эле тилим абам – деп,
Абам түгүл тим эле,
Арка кылган бабам – деп.
Акыл айтып Күлчоро
Агаман калган балам – деп.
Айткан акыл билип ал,
Кулунум, Сейтек, тилимди ал.
Куп жайлап калк көчкөндө
Курбуда калар куу казык,
Баштыгы акмак эмеспи,
Кууракан журтта не жазык.
Жети-Өзөндө жедигер
Желиккен бойдон кырганда,
Жетесиз бул эл чабылар
Жетим калдың атадан,
Бизге жерге журт кайдан табылар.
Каарланып какайсаң,
Кылымдын журту чабылар,
Бизге калың эл кайдан табылар.
Элди кырып кор кылсак,
Эңкейиштейт азыгың,
Балам, эстебе журттун жазыгын.
Жаман журтка өчөшүп,
Калыкты кырып жиберсең,
Кыйрайт таёо казыгың,
Кырдан Кытай кол салса,
Балам Сейтек, тилимди ал,
Баатырың сөзүн билип ал,
Ким болот сенин азыгың?
Каны бузук эмеспи,
Калың элде не жазык,
Аман болсо калың эл
Кайнаган чөлдө бир керек,
Тирек болор ошо журт.
Касташып мүшкүл жоо келсе,
Керек болор ушу журт.
Уксаң сонун кебим бар,
Айтканымды билип ал,
Ата, балам, тилимди ал.
Кыр жагында кытай бар.
Маңдай толгон бараң бар,
Басташкан душман далай бар.
Туюкту бузуп жол салса,
Турбай душман кол салса,
Баатыры керек сыртыңдын,
Маанайы болот журтуңдун,
Кайраты болот сыртыңдын,
Карааны болот журтуңдун.
Өкүлдөп айза сунушсак,
Өйүз-бүйүз турушсак,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушсак,
Асманга учса топурак,
Аскер жайнап топурап.
Аскер жайнап кол толуп,
Аябаган шор болуп,
Абалкы дарттар козголуп,
Урук кууп басташып,
Упурак болгон шордуу жан
Кылга байлап ташташып,
Кыйын жаңжал иш болсо.
Кызыталак башка күч болсо,
Караан болот, бел болот,
Карааны бар жедигер
Бирге, акыры кол болот.
Байдасы башка мол болот,
Балам Сейтек, тилимди ал,
Айтканым кымбат билип ал.
Жети-Өзөндө жедигер –
Жергелүү журтум кырам – деп,
Бу кебиңди ким уксун,
Көз көрбөгөн түн уксун,
Төбөсү бүтөө көк уксун,

www.bizdin.kg

Төшү түктүү жер уксун.
Каны чочко эмеспи,
Калың элде не жазык.
Баштыгы акмак эмеспи,
Баары журтта не жазык.
Чатак кылса кокустан,
Жаңжалдашсак кокустан,
Ак асаба туу болсо,
Асман жарган чуу болсо,
Бузукка мурун барышсак,
Жалаңкычтай жоо чыгып,
Жаман мүшкүл доо чыгып,
Кыраңды түзөп жол салба,
Кыр жактан кытай кол салса,
Караан ушул, бел ушул,
Карааны тийчү эл ушул,
Жок чатакка чатылба,
Жедигер журтка катылба,
Жети-Өзөндө жедигер –
Караан да ошол, бел да ошол,
Караан болчу эл ошол.
Караандуу журтка катылып,
Кападар кылба сен ошол.
Журт толкуган көл болор,
Толкуган журттан айрылып,
Эренге кандай күн болор.
Береним Сейтек, тилимди ал» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Кара арстандай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Жүгүрмө чечен тилге уста,
Даңгылдыгы дагы бар.
Айзакерден эң мыктуу
Камбылдыгы дагы бар.
Мына ошондо эр Сейтек,
Айткан тилин алды эле,
Айдаган жолго басты эле,
Берен тууган ойронуң,
Белгилүү аба коргонум,
Астыга салса акжолтой,
Айбаты бир топ сан колдой.
Сыйынып чыгар белимсиң,
Мурдагы кеткен атамдан
Мураага калган шеримсиң,
Атамды Алдам алганда,
Шордуу энемдин ичинде
Алты айлык жетим калганда,
Толукшуп көп жан жердебес,
Элинен калып эрксизден,
Мендей шордуу бар бекен?
Атадан дидар көрбөгөн,
Мендей шордуу бар бекен?
Теңсиз калдым батадан,
Жерге көрбөй, калк көрбөй,
Жетим калдым атадан.
Берен атам бар болуп,
Жол үйрөтүп, эл көрбөй,
Кадимки Талас жер көрбөй,
Ойрон атам бар болуп,
Чарайна топу кийбедим,
Чалкалап жоого тийбедим.
Уңгусу болот, учу курч
Учмактуу түпөк айза алып,
Касаба кайнап, туу толуп,
Калың дүмөк чуу болуп,
Айза кармап бөлүшүп,
Кас ажал жетсе өлүшүп,
Кагылган канды төгүшүп,
Ок өтпөгөн тон кийип,
Ок жетпеген ат минип.
Оролмо тоону айланып,
Кыны жок кылыч байланып,
Билекке балта илбедик,
Белсенип жоого кирбедик.
Жол үйрөнүп, эл көрүп,
Жоого кеткен эл көрүп,
Эрге айкырып жоо бөлүп,
Арман ай минтип өтпөдүк,
Айкөл атам бар болуп,
Бу тилекке жетпедик» –

www.bizdin.kg

Деп, ошентип, эр Сейтек
Алтын жаак айбалта,
Алды кармап имерип,
Бөйрөккө таяп жиберип,
Каарланып коңгурап,
Кайран эр ыйлап коңгурап,
Убайым, кап-жеп ыйлап,
Ушунча журттун буйласы
Көкжалым атам деп ыйлап.
Балаң ыйлап турганда,
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Караган жандын баары ыйлап,
Аппак сакал кары ыйлап,
Көргөн элдин баары ыйлап.
Ыйлагандын баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлап.
Ата көрбөй уул калса,
Ушундай болор деп ыйлап.
Касаба желек туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Ааламдын баары козголуп,
Аз гана эмес мол болуп,
Эл чогулуп журт дүрбөп,
Эми кандай болор – деп,
Журт чуркурап турганда,
Ушундай кызык болгондо.
Жедигердин баарысын,
Жашы менен карысын,
Жетим-жесир ачарын,
Төкөр менен мунжусун,
Бакыр менен мискинин
Тегиз жыйнап алды эле.
Кош-Дөбөдө мунарык,
Мунарыктын оюнда
Айланасы нык чарбак,
Эр Кыяздын алтын так,
Алтын такта казына –
Казына оозун ачты эле.
Калың кара көп журтка
Зарып кылып чачты эле,
Буттап алтын кызыл зээр,
Толуп аткан сан дүйнө,
Алган адам карк болуп,
Аркагы кымбат сарала,
Калың журт, мисир, көп пулга,
Муштумдай алтын кезикти,
Жетпеген начар күң-кулга.
Бөкчөндөгөн чал да алып,
Ойногон бала ал да алып.
Оюн салып жатышып,
Олжолоп алган алтынын,
Балалык кыял жаш өмүр
Жаңгак көрсө сатышып,
Ондон-бештен топтошуп,
Тамаша салып атышып.
Көкжал тууган Сейтектин
Эр экени билинип,
Түптүү кандын уулу – деп,
Абышка алкап сүйүнүп:
«Ак болоттун тукулу,
Арстан эрдин тукуму,
Журтка мамы санаасы.
Өмүрлүү болсун ылайым,
Айкөл шердин баласы.
Аркы атасы артык кан,
Ак пейил экен санаасы,
Кабылан шердин баласы.
Телегейи тең болор,
Бу көкжалдын кулуну,
Өлбөй-житпей чоңойсо,
Атасын тарткан эр болор.
Бо басташкан душман кем болор,
Аман жүрүп зор болсо,
Кылган иши оң болор,
Катылган душман кор болор» –
Деп, ошентип, журт чуулап,
Эр экенин көрдү эле.
Эр Кыязга караштуу,
Адырда жылкы алты сан,
Алты сан жылкы ала баш,

www.bizdin.kg

Аргымак, буудан аралаш,
Олжого кууп келди эле.
Жетим-жесир байкушка
Үлөштүрүп берди эле.
Көңүлдөрү жай болуп,
Жети-Өзөндө жедигер
Каарлуу Кыяз жай болуп,
Кара аламан калың журт
Кадимкидей бай болуп.
Адам билбес ой кылып,
Жети-Өзөндө жедигер –
Жеткилең жыйын той кылып.
Калыктын көөнү жай болуп,
Алтын талап, мал алып,
Жедигер журту бай болуп,
Калык минтип турганда,
Калайык чуулап тунганда,
Алтын алып зер алып,
Калайык минтип турганда.
Туурдугу май болуп,
Тушугуп журтуң бай болуп,
Жети-Өзөндө жедигер
Керегеси май болуп,
Канкордун уулу эр Сейтек
Кез болгондо бай болуп,
Адам тапкыс ой болуп,
Эр Кыяз өлүп той болуп,
Жалаң кайнап журт толуп,
Жетеги сандан ар болуп,
Мунаранын үстүнөн,
Берен тууган Күлчоро –
Жар чакырган ал болуп,
Так түбүндө мунара
Мунара жайын сураба.
Мунарада Күлчоро –
Журт чыкырган добулбас,
Үнүн уксаң оокум бас,
Тайкы жүрөк коркок жан,
Такыр турбай оолак кач.
Жоондугу үч кулач,
Өзү пилдин териси,
Добулбасты бир салса,
Бүткүл көчө даңгырап,
Жети-Өзөн суунун керүүсү.
Чабарда кагат балбаны,
Кулак тунуп, жан да укпай,
Уккандын чыгат далдалы.
Добулбасты урду эле,
Жети-Өзөндө жедигер
Жер майышкан көп элди,
Жетип Чоро жыйды эле.
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Шай колдогон Күлчоро –
Жедигерге кеп баштап,
Жар чакырып турду эле.
Түпкү атасы Чылаба –
Түгөнгүр жайын сураба,
Сары алтын салык жыйнаган,
Атасы көкжал Алмамбет
Толкуп жаткан каканды
Толгон жылы сураган.
Эл башкарып, журт күткөн,
Көкжалыңдын тукуму,
Барабанды урду эле.
Түп көтөрө ал журтту
Дүңгүрөтө жыйды эле.
Мына ошондо Күлчоро –
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Көкжал чоро кеп баштап:
«Калың кара жедигер,
Калк чогулуп келиңер!
Айтканымды билип ал,
Ай, жедигер, тилимди ал,
Кара көкжал шериң кел,
Калбастан журтум келиңер,
Аксакалдуу карың кел,
Азыр чуулап баарың кел,
Кара сакал, көк сакал,
Кызык сөз салам көрүңөр.
Айзага камбыл ыктууң кел,

www.bizdin.kg

Ээлүү үйгө жакшы мыктууң кел.
Сүйлөгөндө сөзү ачык,
Артык көргүч көзү ачык,
Айлага толук шарың кел,
Калың кара жедигер –
Калбастан журтум баарың кел,
Журтка кашаа жакшың кел,
Күрсүлдөгөн бакшың кел,
Ала көөдөн эриң кел,
Бирөөңдү таштап, көбүң кел.
Калкым кабар саламын!
Кара дөөдөй көкжалды
Кан көтөрүп каламын.
Ушу турган Кара дөө
Жедигер сенин каның – деп,
Ар айткан тилин алыңар
Кайра тартпай бул эрди
Кан көтөрүп салыңар.
Жедигер каптап жоо келсе,
Жер майышкан дөө келсе,
Душманга беттеп уруучу,
Эл кайтарып туруучу,
Чокмор болор Кара дөө
Каршылаша жоо чыкса
Канаттууга кактырбай,
Камчылууга чаптырбай,
Тумшукчанга чектирбей,
Чоң буттууга тептирбей,
Чоң чеңгелге эңдирбей,
Чоң айтканга жеңдирбей,
Күтүп алчу эр ушул,
Күрдөөңдү тапчу шер ушул.
Жел өлпөс короо там болор,
Аман болсо Кара дөө
Жедигер саа кан болор,
Уландуу дайра көл болор,
Жедигер саа бел болор,
Жети-Өзөндө жедигер
Кара дөө саа кан болор,
Бурулуп уксаң сөзүмө
Аман болсо Кара дөө,
Мурунтан уксаң сөзүңө,
Мураа болор өзүңө,
Кара дөө эмес, мүлк ушул,
Журт кабагын ачуучу,
Түгөнбөс шайыр күлкү ушул,
Күрдүүсүн тапсаң Кара дөө
Табылбай турган мүлк ушул,
Кара дөө жайын сураба,
Астыга салса акжолтой,
Аркада жүрсө сан колдой,
Атышып душман жоо чыкса
Кабылганды кайсаган.
Кара тынар курч ушул,
Усталарга кезиккис
Кара аргескен курч ушул,
Боздон тоодак куткарбас,
Бозала шумкар куш ушул.
Борой-борой күн жааса,
Боз керишке Кара дөө
Болжолу жок шер ушул,
Тулпарыңды жоорутпас,
Түк көңүлүң оорутпас,
Күрдөөңдү тапчу эр ушул.
Күтүп алсаң Кара дөө
Күрдөөлүү арстан бел ушул,
Кан көтөрдүң Кара дөө
Бул Кара дөө улуккан,
Добул келсе жел тийбейт,
Күчөсө душман жан бербейт.
Алгырлыгы бир башка,
Ачуусуна тийгенде
Ай-ааламды буй кылган,
Кара дөө мындай көйкашка.
Кара дөө жайын сурасаң,
Калыйпадан кат алган,
Канзаадан бата алып,
Он эки бирге кол берип,
Бу да калкка балбан аталган,
Сунгандан кайра тартпаган,

www.bizdin.kg

Сумсайганын жазбаган.
Жекеге каалап барыштан,
Жер айрылган чатактан,
Жеке чыккан жарыштан,
Ар немени байкаган,
Май менен оозун чайкаган.
Көк адеми тон кийген,
Көкала калкан ойногон,
Көбүрөөк чыккан жарыштан,
Кылчалык жанын аябайт,
Журт үчүн өлүп калыштан.
Бу дагы боз кыраандын талаасы,
Манас хандын Кутубий –
Кутубийдин баласы.
Мунун энеси эптүү той-тойлоп,
Мунун аркы атасы ой ойлоп,
Көзү көргөн алыстан,
Бу көкжалдын уулу Кара дөө,
Көптү көргөн даанышман.
Атасы Манас жоросу,
Өзү арстан шердин Чоросу,
Жүк көтөргүч камбылы,
Ай-хайлап кытай келгенде,
Айза уруучу даңгылы.
Балбан да ушул, шер да ушул,
Күтүп алсаң Кара дөө –
Жети-Өзөн толгон жедигер,
Ата болчу шер да ушул!
Айтыштырып доого сал,
Мүдүрүлсө тилин кес,
Айза берип жоого сал,
Жалтанып кетсе көзүн теш.
Мурунтан айткан сөзүнө,
Аман болсо Кара дөө
Мураа болор өзүңө.
Салмакташкан жериңе,
Сары адырмак бел ушул,
Салышкан жоого сан колдой,
Эмил чокмор эр ушул.
Салмактуу капчал шер ушул,
Каарланып качырса,
Каары кымбат эр ушул» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Жедигерге муну айтса,
Калың кара жедигер
Макул көрүп чорону,
Айчыгы алтын туу болуп,
Аскер жайнап дуу болуп,
Жети-Өзөндө жедигер –
Жедигер журттун баарысы,
Журт чуркурап чуу болуп,
Жер жарылган дуу болуп,
Баабединин бат айтып,
Корошонго кой айтып,
А Кара дөө баатырды
Калың журт чуулап муну айтып:
«Бул Кара дөө баатырды,
Калк баштап жүргөндө,
Кочкор кылып алалы.
Качырып жоого чалууга
Чокмор кылып алалы.
Аттанып жоого кол салса,
Айчыгы алтын керене
Желек кылып алалы.
Дегенине көнөлү,
Эки тизгин, бир чылбыр
Кара дөө канга берели.
Таш ыргытчу кудук – деп,
Таалай кылган улук – деп,
Бенде кечкич кообуз – деп,
Журт таянчу тообуз – деп,
Караан кылган белим – деп,
Журт койчусу шерим – деп.
Жедигер журту чуу туруп,
Добулбасты карс уруп,
Адам билбес ой кылып,
Калың кара жедигер –
Каныбыз жаңы болду – деп,
Кайгынын баары жоголуп,
Кардыбыз азыр тойду – деп,

www.bizdin.kg

Бээ баштаган беш тогуз,
Бекүүрүнө союшуп,
Малы түгүл жанынан
Жөн эле кечип коюшуп.
Бакандары майышып,
Балбаны атчан сайышып,
Жети-Өзөн суунун ою – деп,
Кара дөө так минерде,
Жедигердин тою – деп,
Өрөпкүгөн кайран эр,
Өпкө алып таздар салышып,
Салышкан таздын башына,
Томпойдой өпкө жабышып,
Журт чуркурап, чуу болуп,
Каткырып күлүп калышып.
Ал Кара дөө баатырды
Алтын түрдүү килемге
Отургузуп калды эми,
Ар бурчунан балбандар
Көтөрүшүп алышып,
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Калкка кабар салды эле.
Калк атасы ушу – деп,
Ал Кара дөө көкжалды
Кан көтөрүп салды эле.
Капалуу көөдөн жай болуп,
Кара дөө калды кан болуп,
Аны мындай таштайлы,
Быяктан кабар баштайлы.
Кечээ Семетей уулу эр Сейтек,
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Курсакта чакта куулуп,
Жедигер барып туулуп,
Карында тентип каңгырап,
Курсакта чакта куу жолтой,
Атасынан айрылып,
Туулбастан чабылып,
Курсакта күйүп камыгып,
Бейли бейпай буулуп,
Куугундуу чырда туулуп,
Чаркы кеткен Кыязга,
Чарайнада куулуп.
Энеси багып жадалып.
Кайгы мүшкүл таралып,
Кайгыда жүрүп чоңоюп,
Качып жүрүп зор болгон.
Берендин уулу эр Сейтек,
Каарланып сабылып,
Айчүрөк менен Күлчоро
Экөө жаман таарынып,
Бугулуу Талас, кең Кең-Кол
Бурулуп ашар бел кайда?
Күндүзү күлкү, түнү оюн,
Жыргалдуу кыргыз эл кайда?
Энекем менен абакем
Элге жетер күн кайда?
Кыялап ашып жол тартсак,
Кырка адырмак бел кайда?
Кырааным абам, эл кайда?
Карааны шердин баласы,
Маңдайдан басып өталбай,
Өз журтуна жете албай,
Кайрылып элге жете албай,
Каңгырап жүрүш жөн барбы?
Каран күн абам, эл кайда?
Теңиз шердин баласы,
Тентип өтөр жөн барбы?
Күндүзү кымыз түнү кыз,
Күрдөөлдүү күлкү эл кайда?
Күңгөйүндө күмүш бар,
Адырында алтын бар,
Тоосунда кары бар,
Токоюнда чары бар,
Жан бүткөндүн баары бар.
Күкүгү тоодо таңшыган,
Күлгүнү булбул каңшыган,
Атаман калган жер кайда?
Артык кандын баласы,

www.bizdin.kg

Азып жүрөр жөн барбы,
Алат күн, энем, эл кайда,
Элге жетер күн кайда?
Жергеңизден айрылып,
Жети-Өзөн коңшу конупсуз,
Ар кимге жетим дедиртип,
Жаман аттуу болуппуз.
Каалаганда бу башка
Кадыр түн, жарык күн барбы?
Эриш кайда, бел кайда?
Менин энекем кайда эл кайда?
Айчүрөксүң энемсиң,
Маңдайымда мекемсиң.
Артык жаңжал чоң мүшкүл,
Баштап келген экенсиң.
Менин картайган энем Каныкей –
Каарлуу душман колуна,
Таштап келген экенсиң.
Беш аркар жылдыз баткыча,
Беш кайра жол эмизген,
Тар курсагын кеңитип,
Таш эмчегин бошоткон.
Үзүлгөндү улаган,
Чачылганды жыйнаган,
Өчкөн отту тамызган,
Өлгөн жанды тиргизип,
Кемтик ишти болтурган,
Кемисек кайра толтурган.
Берен энем долуну,
Бейпай кылып энемди,
Саамай чачы агында,
Сапары чукул барында,
Кайыр тартчу чын жайды
Көрө турган кезинде,
Каза болуп дүйнөдөн,
Өлө турган кезинде.
Артык жаңжал, чоң дүмөк,
Баштап келген экенсиң,
Береним энем бейишти
Бейжай түшкөн колуна
Таштап келген экенсиң.
Эптүүлүктөн жаныңды,
Алып келген экенсиң.
Энемди мүшкүл кордукка,
Салып келген экенсиң.
Чумуган адам чыга алгыс,
Орго салган экенсиң.
Кечип адам чыккысыз,
Шорго салган экенсиң.
Мөңкүсөң үзүп чыгалгыс,
Картайган энем байкушту
Торго салган экенсиң.
Өлбөй-житпей кордукту,
Көрүп келген экенсиң.
Берен энем долуну,
Бек азаптуу кордукка,
Берип келген экенсиң.
Асыл энем долунун,
Азап менен күн көрүп,
Өрттөнүп жанып күйгөндүр,
Күңдүк менен күн көрүп,
Күйүт тартып жүргөндүр,
Кереттүү энем Каныкей –
Керээти кетип тайгандыр,
Өлчөмү кетип шордуу энем
Өлүүчү жакка баргандыр.
Кайгыны санап койгондур,
Аша кечип жанынан,
Чымындай жандан шордуу энем,
Чын түңүлүп койгондур.
Капаланып, кайгырып
Кайран акыл, көп ойдон
Калгандыр энем айрылып,
Өксөп-боздоп өлө албай,
Чыркыраган шордууңуз
Чымындай жанды кыялбай.
Күйүп-бышып жок болуп,
Боздоп шордуу чок болуп,
Кара кылган Күлчоро
Каралды уулу жок болуп,

www.bizdin.kg

Мууну бошоп зирилдеп,
Көкүрөгү кирилдеп,
Көңүлү сайлап бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Ай-аалам туткан кара жер
Аяктай жери көрүнүп.
Ойрон энең долунун
Эки колдон күч кетип.
Бадырайган көз кетип,
Бал-жекердей сөз кетип,
Ойдологон күч кетип,
Оозунан отуз тиш кетип,
Боздогондур кайгырып.
Балам ай, – деп чыркырап,
Кубаты кетип быркырап,
Кайра тартпас чын жайды
Көрө турган болгондур.
Ушу быйыл барбасак,
Кайран энем долуну,
Каарлуу балаа, мүшкүлдөн,
Ажыратып албасак.
Белсенген душман кордугун,
Бет алышып көрбөсөк,
Дагдыр жетип, күн бүтсө
Алышып жүрүп өлбөсөк,
Кабыргасын сөкпөсөк,
Канын суудай төкпөсөк,
Бекем бейпай салбасак,
Бек кор болгон энемди
Ажыратып албасак,
Туулбай туна чөгөлү,
Тукум болуп нетели,
Азыр өлүп кетели.
Кармашарым Канчоро –
Кан төгүшчү ошого,
Атышты арбын салалы,
Армандуу кордук баарысын
Ажыратып алалы.
Каалаганым Канчоро,
Кайран энем Каныкей
Сол эмчегин эмизип,
Казы-карта жегизип.
Чыр этип чыбык тийгизбей,
Отуруп жерге сийгизбей,
Үрпүктөтүп жүргүзүп,
Баккан экен бадырек,
Моюнуна миңгизип.
Акырында Канчоро
Түтүнсүз өрттөп күйгүзүп,
Сабап, кордоп жүн кылып,
Эмчек берген энесин
Жыңайлак айдап күң кылып,
Каптал этин жоорутуп,
Согончогун оорутуп,
Ит катарлуу кордуктап,
Мал катардуу зордуктап,
Тебелеп-тепсеп жүн кылып,
Теңирсинген ал чочко
Шордуу энемди күң кылып,
Кутурган чочко оңбоптур.
Атам Манас сырдашын,
А дүйнөлүк курдашын,
Арстан Бакай эренди
Кыймылсыз жанын тындырып,
Бүктөп белин сындырып,
Каары катуу Карынбай,
Карынбайга урдуруп,
Каргандарга сабатып,
Көпкөн уул, боз бала
Бир күндө үч жол талатып,
Тозогум тоодой арттырып,
Балбандарга ал чочко
Көк бөрү кылып тарттырып.
Кыстап белин сындырып,
Шору калың Бакайдын
Кыймылсыз жанын тындырып.
Куу кементай кийгизип,
Куу байталга мингизип,
Отун алып, от жакпай,
Олуя Бакай абамды

www.bizdin.kg

Түтүнсүз өрттөп күйгүзүп.
Эстен талып зор Бакай,
Эченди көргөн олуя ай
Жыйылган журттун атасы,
Жыргалдуу Бакай карыя ай,
Кең дүнүйө тар болуп,
Ордого кирбес олуям
Алачыкка зар болуп.
Кападар болуп кайгырып,
Каралды кылып отурган
Канкор атам Күлчоро –
Экөөнөн катар айрылып.
Эбинен тайып, тул болуп,
Эстен талып, кул болуп,
Агар алтын, көп дүйнө
Арамга олжо кылдырып.
Чүчтөдөй аппак сакалы,
Канчорого жулдуруп.
Аркагы кымбат сарала,
Ар кымбат баа дүйнөсүн
Эселекке талатып,
Кубарысын кан Бакай
Курган кары сойгонсуп,
Мадерисин Бакай кан
Баарын кырып койгонсуп,
Жергесинен көчү жок,
Жеткилең Бакай карыда
Кара көңүл Канчоро –
Калжыраган ал итте
Жети атанын өчү жок,
Кубарынын куну жок.
Кудай бардыр, Канчоро
Бакайды байлап алыптыр,
Бабам го дебей, Бакайды
Терең шорго салыптыр.
Байгамбардай Бакайды
Басымчалап кул кылып,
Каарын төгүп кордуктап,
Каарлап, сабап, зордуктап
Шумдук кылды деп уктум.
Айында сабап тургун – деп,
Жумада талоон кылгын – деп,
Буйрук кылды деп уктум.
Көкбөрү болсо Бакай кан,
Көкжал бабам олуя,
Көптү көргөн карыя,
Сабамак турмак маңдайга
Тумар болгон олуя.
Айла кетип, күн өтүп,
Бабам Бакай минетип,
Каттоочудан кеп угуп,
Тирүүлүк кетип, санда жок,
Өлүп бүтпөй, көрдө жок.
Заманы кетип куурулуп,
Жумасында Бакайдын
Кабырга сөөгү суурулуп,
Чымындай жаны куурулуп,
Баладай болгон чакмак эт
Балбандар тартса көкбөрү
Колуна кетип бөлүнүп.
Карып Бакай кургурдун
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Өлбөй-житпей Бакай эр
Колдо жүрөт деп угам,
Козголсо болуп көкбөрү
Зордо жүрөт деп угам,
Келгендерден кеп уктум,
Карыя Бакай, Каныкей
Кейпи ушундай деп уктум.
Атадан калган мураа – деп,
А Таласка барбасак,
Азаптык күндүк, кулдуктан
Каныкей, Бакай бабаңды
Ажыратып албасак.
Балам деп боздоп өлүшсө,
Кайра тартпас жер алдын
Ал кайрандар көрүшсө,
От болуп жанып өтөт ко,
«Бадыректер» – деп боктоп,
Балалыктан кечет ко.

www.bizdin.kg

Кубарып көзү жумулуп,
Кулдукта жүргөн бул экөө
Дүнүйөдөн кетет ко.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Упасы жок алдамчы.
Ушундай болор дүйнө бок.
Жүзгө чыккан аалам жок,
Ажал издеп тапкандай,
Ар мактанган бендени
Кубалап жетсе куп өлүм,
Айып кетет экен го,
Капкан менен чапкандай.
Упаасы тар куу дүйнө –
Өлчөөсү бекер бу дүйнө,
Арстан Бакай, Каныкей
Жасалган бенде тынары,
Өлгүчөктү тарабайт
Ушу дүйнө кумары.
Келгендерден кеп угам,
Каныкей, Бакай карынын
Кейпи ушундай деп угам.
Чын көрөгөч алыстан
Чын кор болгон даанышман.
Тирүүсүндө барбасак,
Каары кыйын Канчоро
Кагышты мыктап салбасак.
Карааны тоодой энемди
Каарлуу душман колунан
Ажыратып албасак,
Балдарым алсыз экен – деп,
Жамандыкты билет ко,
Бир пайдасын тийгизбей
Караансыз качып кетти – деп,
Балдарга наалат кылат ко.
Алардан мындай кеп чыкса
Чогуу эле Кудай урат ко.
Аркын тартып атанын,
Жолун жолдоп баралбай,
Жоонсунган душмандан
Жолугуп өчүн алалбай,
Балдары акмак болду – деп,
Көргөн журт өсөк кылат ко,
Көрүнөө Кудай урат ко,
Туулбай туна чөгөт ко,
Ушактан ар ким өлөт ко.
Мейлиң жакшы, мейлиң шер,
Мейлиң жаман, мейлиң жер,
Жаралган адам баласы
Түбүндө көкжал болсоң да,
Көк кенедей толсоң да,
Тагдыр жетип күн бүтсө,
Жер кучактап жатарбыз.
Боору муздак кара жер,
Кара жерге батарбыз.
Калкың душман кырганда,
Катуу заарын кылганда,
Кечээ Таласка талоон койгондо,
Далайыңды сойгондо,
Бел байлаган бел кетип,
Белгилүү тутка шер кетип,
Далайың талкан таланып,
Кайратың өлүп, сабалып,
Журт чуркурап бүлүнүп,
Эрендин каны төгүлүп,
Кыйындын баары байланып,
Кыз олжого айдалып,
Жолумдуу балбан эрендин
Кулдукка колу байланып.
Куруп турган кезекте,
Жанды кыйып өлүмгө
Барбай келген экенсиң.
Каныкей энем, Бакайды
Тирүү таштап душманга
Албай келген экенсиң.
Чийилген буйрук, дагдырды,
Көрбөй келген экенсиң.
Колуң менен экөөнү,
Көмбөй келген экенсиң.
Баатырлыкты, шердикти,
Көрбөй келген экенсиң.

www.bizdin.kg

Бакай кан, кары энемди
Колуң менен бир жерге
Көмбөй келген экенсиң.
Оңбогон энем Айчүрөк,
Оңбогурум оңбоссуң,
Калк мактап, журт чуулайт,
Ургаачынын узу – деп,
Белгилүү пери кызы – деп
Ак куу кебин киет – деп,
Жаралган жердин баарысын
Кыдырып учуп жүрөт – деп,
Учсаң да энем оңбоссуң,
Бадыша энем Каныкей
Бучкагынча болбопсуң,
Чын казанат туу болуп,
Туу түбүнө турбапсың,
Берен энем Каныкей
Миң кылганын бир өзүң
Бир кылышын кылбапсың.
Арыстан атам өлгөндө,
Калк чогулуп көмгөндө.
Каралуу калып шордуу энем,
Түбүнө түптүз жетерде,
Асыл атам Семетей
Бир өлтүрүп кетерде,
Өлчөсөң өлүм өзүндө,
Балтыр бешик кезинде,
Атаман калган сан дилде,
Күл ордуна санабай,
Күйүттүү энем чачыптыр.
Балтыр бешик баланы
Бооруна басыптыр.
Эрдигин эпсиз билгизип,
Токсон беште Чыйырды
Олуя чалыш карыны
Айдалыга мингизип,
Талак кылып Таласты,
Дүнүйөсүн чачыптыр.
Кайненесин таштабай,
Мээнет энем качыптыр.
Оңбогон энем оңбопсуң,
Канат жасап учсаң да,
Чоң энем Каныкейче болбопсуң.
Айланып ойлоп укумду,
Аман сактап энекем
Алып калган тукумду.
Аралап Букар калааны,
Аман сактап чоңойткон
Айкөлдөн калган баланы.
Ал айтканым дагы чын,
Айкөл атам өлгөндө
Дүнүйөңдү чачпапсың.
Ак куу кебин кийбепсиң,
Керээтиңди билгизип,
Бакай кан менен Каныкей
Айдалыңа мингизип,
Адыр-күдүр талаа-түз
Талаа-түз басып шашпапсың.
Атаң Акун шаарына
Арстанды ала качпапсың.
Эрендик ишти кылбапсың,
Таятам Акун шаарына
Жесир Чүрөк дедиртип,
Жаныңды багып турбапсың.
Эби жок эрдик чын кылып,
Ушундай ишти кылбапсың.
Каарланган душмандын
Торуна түшүп келипсиң.
Каардуу Кыяз капырдын
Колуна түшүп берипсиң.
Кылыгың ойлоп карасаң,
Калык аманын кааласам,
Туткунга башың чатылып,
Капырлык кылган экенсиң.
Туура эрдикти кыла албай,
Катындык кылган экенсиң.
Олуязаада сен болсоң,
Олжого түшкөн оңорбу,
Кордуктуу душман колуна
Кор болгон адам болобу.

www.bizdin.kg

Ээ, кокуй күн, энем оңбой кал,
Теңизим энем, кебимди ук,
Кетем Талас жериме,
Баргым келет бадырек
Калың кыргыз элиме» –
Деп, ошентип, эр Сейтек
Ачууланып артынан
Арстан Бакай, Каныкей
Бул экөөнүн дартынан.
Эрмек чалдан кеп угуп,
Эрен Бакай, Каныкей
Олжого калды деп угуп,
Кан ичмеси кармады,
Каалгадай кашка тиш,
Бөлө-бөлө чайнады.
Бала минтип турганда,
Шай колдогон Күл абаң
Жети жүз кызыл нар айдап,
Ар комуна бүктөдү.
Агар алтын, көп дүйнө,
Жети жүз нарга жүктөдү,
Кызыл кымбат пул бүктөп,
Кызыл алтын, зер жүктөп,
Жаккан отун өчүрүп,
Олжолонгон калың эл
Таласты көздөй көчүрүп.
Таласты көздөй көчкөндө,
Олжого кеткен кайран журт
Тилеги туура жетилип,
Чын кырсыгы кесилип,
Кабактын баары ачылып,
Кайгынын баары чачылып,
Туура кырсык кесилип,
Тушоонун баары чечилип.
Мингени тулпар ат болуп,
Берендин көөнү шат болуп,
Болжолу жок жигиттер
Казына бөлүп алышып,
Бүтүн кундуз терисин
Кесир болот дебестен,
Жарып тилип жиберип,
Багалекке салышып,
Баатырсынып барбактап,
Баатырыбыз Сейтек – деп,
Бай өлгөн кулдай дардактап.
Боз торко кийип кулпунтуп,
Боз жоргосун жылжытып,
Боз кыраан кушун ыргытып.
Кунан минип, куш ойноп,
Кайгынын баары чачылып
Идерлүү жигит, күлүк ат
Кабагы жарык ачылып,
Кайра көчтү Таласка.
Киндик кескен жерине,
Кеңирек өтүк кең чалбар,
Киштелүү кийим, жаргак шым,
Толкуган кыргыз элине.
Кубанычын козгошуп,
Кубалашмай ойношуп,
Эриксе элик атышып,
Эрикпесе бир жерге
Элкин ойноп жатышып.
Эрдемени ташташып,
Ата-жата оюндан
Асыл журтуң башташып.
Кырк тамандан ордону
Кыяптуу жерге салышып,
Кырктан кысырак сайышып.
Кызык ушул кайрандар
Утканын союп алышып,
Кыйын кызык, улуу дуу
Дуулап оюн салышып.
Калк чуркурап, эл күлүп,
Чуулап оюн салышып.
Коштоп төрттөн суусар бөрк,
Ырдап оюн салышып.
Кошоктошуп төрт-төрттөн,
Ырдап оюн салышып.
Коңутунда кыраандар
Жыргап оюн салышып,

www.bizdin.kg

Көчө жүрдү Таласка.
Суптан тонду кийгизип,
Сурдан жорго мингизип,
Торко тондун этегин
Толуктап жерге тийгизип,
Кызыл кырчын жаштарга
Кымчама тон кийгизип,
Кымчаманын этегин,
Кыйгачтап жерге тийгизип,
Кызыр чалган көкжалдын
Уулу экенин билгизип,
Кыйындап көчтү Таласка.
Жүк жүктөгөн нарларга,
Аземдетип малдарга,
Кылдыроочтон тактырып,
Кымбат баа килемден
Кыйгачтата жаптырып.
Кылдырлаган күлдүрөөч,
Ар башына тактырып.
Аземдетип килемди,
Ардактарды жаптырып.
Агар алтын, ак дилде,
Ар башына арттырып,
Айчыгы алтын кызыл туу,
Азаматтар көтөрүп,
Ата конгон Таласка,
Арстан Сейтек бет алып,
Айтып көчтү Таласка.
Кечээ курсакта туулуп жетилип,
Мына куушкан душман кетилип,
Эрешен тартып эр болуп,
Балаң эр уулу менен тең болуп.
Ак болот эле кетилип,
Азып жүрүп жетилип,
Жети-Өзөндүн өзүнө
Кара дөөнү кан кылып,
Кызырлуу шердин тукуму
Көрдүңбү, касташканды жай кылып.
Ээлигип Бакай төрө издеп,
Төрөңүз, Талас жер издеп,
Олуя чалыш Каныкей –
Картайып кеткен эне издеп,
Семетей уулу эр Сейтек
Көчө чыкты Таласка.
Мунун түп атасы түмөн кан,
Түбүнөн Кыдыр даарыган.
Мунун бабасынын баары кан,
Муну башынан Кыдыр даарыган.
Каарлана келгенде
Өлөңдүү жерге өрт коюп,
Кара сууга кан куйган.
Өзөндү өрттөп майлаган,
Өкүм шердин тукуму.
Өчөшүнө тийгенде,
Өз атасын жайлаган.
Канга тоюп катыккан,
Атасы Бөйөн шер чыгып,
Кан ичер деп атыккан.
Бабасы кандын жолдогон,
Ач арстан артык шер
Укумунан тукумун,
Жолдон чыгып колдогон.
Жолуккан эки болбогон,
Кирпиги жалын, чаң чыккан,
Берен кандын тукуму,
Беттешкенде жан чыккан.
Берендик жайы ушундай,
Жолун жол Баабедин жолдогон,
Жортконун Кызыр оңдогон,
Жолуккан эки болбогон.
Таласты көздөй көчкөндө,
Асманга учуп топурак,
Аскер жүрдү топурап,
Көгала майдан кызыл туу,
Асмандатып ашташып,
Эл чабылган тозокту
Кыял калбай ташташып,
Кызыктын жайы ушундай
Бир кызыктуу жыргал башташып.
Өлөң баштап, ыр ырдап,

www.bizdin.kg

Эрикпей көчүп кыр-кырлап,
Тамаша таңга салышып,
Бугу марал торпогун
Уландар кууп алышып,
Ар азамат айза алып,
Алты алтыдан жанаша
Артык кылык чоң дүрбөөн,
Бу көчүштү караса.
Эл толкундап, журт дүрбөп,
Ардактуу күлүк тулпар ат,
Оозу менен алышып,
Окоро түйгөн ак тизгин,
Буудандарга чак тизгин,
Кош колдоп колдо карышып.
Боз бала жигит аралаш,
Кыз-келин менен жарышып.
Кызык өзөн бойлошуп,
Кызыгышып кыраандар
Кыз куушмай ойношуп.
Талыкпай кечип бээ байлап,
Тараза бойлой конушуп,
Күндүзү кымыз, түнү кыз,
Тамаша мындан болушуп.
Жети-Өзөндөн көчкөндө,
Таласты көздөй бет алып,
Эл чуркурап, чуу болуп,
Эр кубанып дуу болуп,
Киндик кесип кир жууган,
Жерине көчүп келатат.
Бармактайда баш кошкон,
Элине көчүп келатат
Жети атасы көз жумаар
Өткөн жерге келатат.
Калк атасы Манас кан,
Канкордун көзү жумулуп,
Кеткен жерге келатат.
Калайык жоктоп чуу туруп,
Өткөн жерге келатат.
Муну мындай таштайлы,
Быягынан баштайлы.
Көбү жалган көбү чын,
Көрүп келген бир жан жок,
Жарымы төгүн, жарымы чын,
Жанынан келген адам жок.
Жоголуп кеткен эрлерди,
Жомок кылдым эрмекке
Жоругун айтып бермекке,
Илгерки кеткен эрлерди
Оолугуп туруп сыр кылдым,
Уккан жан мураа кылсын – деп,
Ушуларды ыр кылдык.
Жети-Өзөн көчүп жол тартып,
Желдүүнү басты эле,
Мойнокчону ашты эле.
Ошондон чыксаң иш кыйын,
Эл алдында эр Сейтек,
Ат арытып, жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Чайнарына таш таппай,
Чабарына баш таппай,
Кирерине жер таппай,
Катылган душман жан таппай,
Белендини басты эле.
Беш куюм суу, төрт мойнок,
Төрт мойнокту басты эле.
Ар кандай зордоо иш кыйын
Атанын уулу кыраанга,
Кабылмак болду бир буюм.
Ошо буюм кез келсе,
Тоодай мураа жүгүрөр,
Атасы айкөл Семетей,
Астынан бүгүн тирилер.
Көңүл көп-көп бөлүнөр,
Чоң кызык көзгө көрүнөр.
Үзүлгөнү уланып,
Чамынган жандар кубанып,
Ойлор эрип, тоо кулап,
Ошондой бир иш көрүнөр.
Ошол ишти көргөндө,

www.bizdin.kg

Көңүл көп-көп бөлүнөр.
Келип калса ал буюм,
Атасы көкжал, айкөл шер,
Семетей канча көрүнөр.
Күлүгү жанга сынаакы,
Күлүктөн минсең жылкы ошол –
Көкжал атадан калган мураапы.
Жүрөк дегдеп, ич кайнап,
Бой дүркүрөп, тиш кайнап,
Дене балкып көз жайнап,
Делоору тийген эмедей,
Дегдеп Сейтек жол тартып,
Адыр-күдүр бел басып.
Мунарык түшүп бурчтанган,
Мунарыктап учтанган,
Булут туман кетпеген
Мунарыктуу жер басып.
Бура тартпай булкунтуп,
Алдындагы Кылкүрөң
Элеңдеген каранды
Эр өлгөнсүп жулкунтуп,
Алдында тулпар Кылкүрөң
Көкүлдү көккө зыргытып,
Туягын жерге мылгытып.
Жорголоп басып кылтылдап,
Алтын така, күмүш мык,
Төрт аякта жылтылдап.
Балтыры бала белиндей,
Айбандан артык карандын,
Басыгы сырттын желиндей.
Жүгүргөнү куландай,
Сойлогону жыландай,
Жүрүмү сырттын желиндей,
Семиргени сүмбөдөй,
Секиргени бүргөдөй.
Айгай салса шашпаган,
Чуңкурду жаза баспаган,
Тайкы көкүл, кулан жал,
Тартынбас тулпар ат минип,
Таласка Сейтек барды эле.

Сейтек буурул атка кезигип, буурул атты көргөндө Семетей тирилип келген немедей, Күлчоро, Айчүрөк чуру-чуу түшүп, ыйлашып турган жери:

Ээр белдей белестен,
Эңкейип ашып келгенде
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Атасы арстан чиркин эр
Эки жагын каранып,
Эрди-мурдун жаланып,
Алыскы жайды каранып,
Бабасы баатыр курган эр
Ач бөрүдөй жаланып.
Белес бойлоп, белди ашып,
Бегирээк ээн жер басып,
Ээн талаа, элкин чөл –
Эстесең шумдук ошо жер.
Какылдап учкан карга жок,
Кукулдап учкан кузгун жок,
Ээн талаа чөл экен,
Каракчы, ууру кесептер,
Мекен кылган жер экен,
Бүлүнүп далай таланып,
Мүшкүлдүн чөлү дээр экен.
Ууру мүшкүл жан кыйгыч,
Мекен кылган жер экен.
Ээн чөлдү басканда,
Дүмөктүү башка иш кыйын.
Карасаат куу жолтой
Кабылмак болду бир буюм,
Тоо жоксондуу урчуктан,
Томурайган тумшуктан.
Ойлосоң балаа чыр чыккан,
Чыр чыгыштын себеби –
Кармаш кылып кайгырган.

www.bizdin.kg

Көкчөнун уулу Үмөтөй,
Карын бөлө кул экен,
Ак найза копшоп боолаптыр,
Бээжинде Кытай өлтүрсө,
Атамын кунун бергин – деп,
Өзөндөн чаңы буркурап,
Өзүң көргөн көп казак
Өлөңүн айтып чуркурап.
Айткан сөзгө көнгүн – деп,
Атабыз Көкчө чоң кунун
Былкылдабай бергин – деп,
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Мөндүрдөй бөлөк ок атып,
Касаба желек туу толуп,
Ач айкырык куу сүрөөн
Кулак тунган чуу болуп.
Катуу жаңжал болгондо,
Үмөтөй менин бөлөмдүр,
Бөлөм сайыш болду – деп,
Берен чыгып барыптыр,
Бет алып айза салыптыр,
Үмөтөй берен өлүптүр,
Кайра тартпас чын жайды
Кайран киши көрүптүр.
Өз жакынын өлтүргөн
Өкүмдөн сендей барбы – деп,
Каныкей ыйлап чыркырап,
Токтобой ыйлай бериптир.
Өз бөлөсүн өлтүрүп,
Чоң уялып келиптир.
Каныкей көөнүн кыйбастан,
Ардай болгон буурулду,
Үмөтөй аттуу бөлөнүн
Сөөгүн жүктөп бериптир.
Таруусун таштай актаган,
Катынын кыздай мактаган,
Сарарканы жердеген,
Салышып адам жеңбеген,
Опуранда казак журт,
Ардай болгон буурулду
Айбанга кордук кылыптыр.
Кулагына коргошун,
Кутурган казак куюптур.
Болумдан октоо катыптыр,
Соодагер кербен жүкчүгө,
Кербенчиге сатыптыр.
Аркаларын жоорутуп,
Жүк-жүктөп көөнүн оорутуп,
Кордуктан Буурул кайгырып,
Жайы-кышы жүк кетпей,
Жал-куйруктан айрылып,
Кучак болгон саны жок,
Жал-куйруктун баары жок,
Жоор жорток болуптур,
Жал-куйруктан айрылып,
Жаман аттуу болуптур,
Ардай болгон ал Буурул
Чолок атка конуптур.
Жардай болгон жарыктык,
Жаман аттуу болуптур.
Жүк жүктөлүп тынч албай,
Арка эти качып бууданды
Арканын баары жооруптур,
Алтымыш кырсык, миң балаа,
Жаныбарды тооруптур.
Кырк кербенчи жүкчүдөн,
Берендин уулу Сейтектин,
Жытын жыттап алыптыр.
Байлап салса токтобой,
Коё берсе оттобой,
Аза күтүп калыптыр.
Жүк жүктөлүп кар болуп,
Семетей уулу Сейтекти
Бир көрүүгө зар болуп,
Араң жүргөн ал буудан
Кайраныңдын тукуму,
Сейтекти көрүп алыптыр.
Кырк кербенге кызык чыр,

www.bizdin.kg

Ардай болгон ал буудан
Аябай жаңжал салыптыр,
Кербенчилер кармаса
Кээ бирөөсүн ар буудан,
Тиштеп-кажап ыргытып,
Так-так деп таамай кармаса,
Көмө тээп зыргытып.
Кербендин баары жарышып,
Айбан жинди болду – деп,
Ар бууданга алышып,
Далдаңдатып кербенди
Тоголотуп сүйрөтүп,
Кээ бир мыктуу кербенди,
Кербенчи келет үйрөтүп.
Элүү, кыркы баш болуп,
Бир чылбырга сүйрөлүп.
Сүйрөлүп кербен тырышып,
Ар качандан бир качан
Азоолугун койбойт – деп,
Буурул ат менен урушуп.
Кең Сары-Арка өзөндөн
Айтылуу казак көп элден,
Казактардын канынан
Буттап алтын, зер берип,
Сатып алган мал эле,
Ардын жүгүн көтөргөн
Аябай күчтүү мал эле,
Так-так чочко, так-так, деп,
Кербен боктоп сүйлөнүп,
Алтымыш кербен соодагер
Келе жатат чогуу эле
Бир чылбырга сүйрөлүп.
Кербендер кейип тырышып,
Буурул ат менен урушуп,
Кербен башы Карасарт
Келе жатат күүлөнүп.
Буурул атка сүйлөнүп,
Сүйлөнсөң ат токтойбу,
Адамдан бетер айбандын
Эне-атасын боктойбу?

«Жер чымырап көпкөндө,
Кандуу жайлоо болгондо,
Ыкшалып ыраң толгондо,
Колоттон сандап суу жүрүп,
Жайкы мезгил болгондо,
Жайлоого эркин койбосом,
Күзгө маал боз кыроо,
Арам, сени сойбосом!
Этиңе мыктап тойбосом,
Эки көзүң ойбосом».
Карасарт келет күүлөнүп.
Ардай болгон Буурулга,
Адамдан бетер күрсүлдөп,
Алган экен сүйлөнүп,
Бакырышы ушундай
Бачагарлап күүлөнүп,
Алты-жети кербенчи
Талаада калды сүйлөнүп,
Кээ бирөөсүн аңгекке
Уруп кетти ар буудан
Кербенчинин кол-бутун
Жулуп кетти ар буудан,
Баш айрылып, кол сынып,
Боздогону мындан көп.
Чылбырды колдон чыгарып,
Кайгырганы мындан көп,
Кол-бутунан таптакыр
Айрылганы мындан көп.
Ат токтотпой, жөөлө жеп
Кербенчи көзү чачырап,
Ардай болгон ар буудан
Чыккан экен ажырап.
Азапка кербен тутулуп,
Айтайын десе тили жок,
Ардай болгон ар буудан
Кербенчинин колунан,
Мойлоп Буурул кутулуп,
Окто, чылбыр, чому бар,
Кыр арканын үстүндө
Он эки жерде жоору бар.

www.bizdin.kg

Айбандан асыл баркы бар,
Карып болуп ар буудан,
Калган экен каркыбар.
Кабыргасы калжайган,
Калактай саны тартайган,
Омуртка сөөк оркойгон,
Карчыт эти бөлүнгөн.
Ар кабырга үстүнөн,
СаланДап ириң төгүлгөн.
Куяк тукул кайрылган,
Жардай болгон жарыктык,
Жал-куйруктан айрылган.
Кербенчи кордоп жүк артып,
Карып болуп кетиптир.
Баштакыдай сөөгү жок
Арык болуп кетиптир,
Кум сирке басып алыптыр,
Кырсыктын кыркы чалыптыр.
Өлө турган кезинде
Жарыктык буудан барыптыр.
Жүк көтөрүп элтеңдеп,
Ээсинен келтек жеп,
Жүк жүктөсө окшоктоп,
Кербенчи сабап токмоктоп,
Арык болгон ар буудан
Айтылгандан айрылып,
Айкөлүнөн ажырап,
Карып болгон ар буудан,
Кезен тоонун урчуктан,
Келип жетти Сейтекке,
Оңурайган тумшуктан
Туура тартып жолуна,
Тулпар буудан турду эле,
Туяк менен кара жер
Жемире басып урду эле.
Баскан жери быркырап,
Жолум үйдөй чоң даңкан
Жолугуп турган буудандын
Төбөсүндө чыркырап,
Улутунуп ич тартып,
Туйлап турду Буурул ат.
Айтып сүйлөөр тили жок
Ыйлап турат Буурул ат.
Айбанда болсо Сейтекти
Кыйнап турат Буурул ат,
Ыйыгына ээк артып
Уктап турат Буурул ат.
Тегеренип онжоңдоп,
Жыттап турат Буурул ат.
Айтайын десе тили жок,
Кабылган жерден шур жыттап,
Көрүп турат ар буудан,
Мөндүрдөй бөлөк көз жашын
Төгүп турат ар буудан,
Баласы Сейтек экенин
Көрүп турат ар буудан.
Окуранып окшоктоп,
Ичин жыйып жаныбар
Кара жерди токмоктоп,
Бөдөнөдөй бөкчөйүп,
Бөгүп турат ар буудан,
Бөлөк-бөлөк көз жашын,
Төгүп турат ар буудан.
Окуранып кишинеп,
Туйлап турат ар буудан.
Чымындай жанын Сейтектин,
Кыйнап турат ар буудан.
Куйрук жалы бөлүнүп,
Астынан чыккан ар буудан.
Атасы көкжал айкөл шер,
Как өзүндөй көрүнүп,
Октосун үзүп зыргытып,
Туягын жерге мылгытып,
Куйрук-жалы суюлуп,
Көздүн жаш куюлуп,
Омуртка менен кабырга,
Ажырайып былкылдап,
Ардай болгон ар буудан,
Баланы жыттап солкулдап,

www.bizdin.kg

Тегеренип буркурап,
Көрүп турат буурул ат,
Бөлөк-бөлөк көз жашын,
Төгүп турат ар буудан.
Буурул минтип турганда,
Баатырдын уулу Сейтектин
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Кайкайыңкы кабырга
Кат-катынан бөлүнүп,
Айбандан тулпар Буурул ат
Атасы Семетей кандай көрүнүп,
Чымындай жаны чыркырап,
Сай-сөөгү быркырап,
Коржоңдогон Буурул ат,
Атасы кандай көрүнүп,
Койнуна жашы төгүлүп,
Ардай болгон Буурулду,
Атадан калган малым – деп,
Малым эмес бу буурул
Көөдөндө ысык жаным – деп.
Буурул келип жолугуп,
Бузулду бүгүн каным – деп,
Өрттөнүп күйдү жаным – деп,
Өзүм жетим, мал тентип,
Болуптурмун жаманат.
Он эки бирге кол берген,
Ойрон атам ала жат,
Жердегени кең Талас
Алтындан түркүк таялуу,
Аты минтип турганда
Атакемен айрылып,
Бу жаным кайдан аялуу,
Айкөлүнөн ажырап.
Кербенчиге сатылган,
Кейишке чогуу катылган.
Айбандан чыккан тумшуксуз,
Сендей шордуу кайда бар,
Ата жытын көрбөгөн,
Аркада жангыз караанын
Азамат кылып көрбөгөн,
Атакелеп эркелеп,
Ашынып ойноп жүрбөгөн.
Атасы көкжал берендин,
Кандай түрүн билбеген,
Энем тентип куулуп,
Курсакта калып туулган.
Карасы алтын сайда бар,
Мендей шордуу кайда бар,
Берен атам өлбөй кал,
Мээнетти катын көрбөй кал.
Буурул да жетим, мен жетим,
Буга окшогон азапты
Бендесине бербей кал,
Калайык элдин түркүгү
Кабылан атам, өлбөй кал!
Канатың Буурул кар болуп,
Канкор атам көкжалды,
Уулуң Сейтек кар болуп,
Улуу катын көкжалды
Бир көрүүгө зар болуп,
Мендей шордуу кайда бар?
Аза күтүп айбаны
Артында минтип калганы.
Упасы тар бу дүйнө –
Кызыталак боктун жалганы,
Теңиз атам көйкашкам,
Тентип кеттик жаман ат,
Он эки бирге кол берген
Ойрон атам өлбөй кал.
Буурулду көрүп эр Сейтек,
Атасын жоктоп буркурап,
Ыйлап турду чыркырап,
Көңүл кетти бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Атаман калган ар Буурул,
Айбан минтип турганда
Тукуму элем уулдун,
Кайра тарткыс чын жайды
Көзүм менен көрсөм бейм,

www.bizdin.kg

Атам шердин алдына
Курман болуп өлсөм бейм.
Айбан минтип турганда
Адам элем уул элем,
Кантип чыдап турамын
Айбан келсе аңгырап,
Астыман жоктоп заңгырап,
Айбан кылды бир сөздү
Айкөлүм атам өлбөй кал.
Көөдөнгө салды бир сөздү
Тирүү болуп шер атам
Жол көргөзүп жоо жоолап,
Канкор атам бар болуп,
Чарайна топу кийбедим,
Чалкалап жоого тийбедим.
Айкөл атам шер менен,
Жолдош болуп өлбөдүм
Жологон жоону буй кылып,
Быт-быт кылып бөлбөдүм.
Атам асыл баатырдын
Белекке кийчү тону – деп,
Ок өтпөс тонду кийбедим.
Атакем тирүү бар болуп,
Ок жетпеген Буурулум
Атын сурап минбедим,
Айкырып жоого тийбедим.
Атам арстан шер менен,
Жолдоштошуп жүрбөдүм.
Калдым жетим жаман ат,
Кабылан атам ала жат.
Айбаның турат аңылдап.
Жетимиң турат даңылдап.
Жоголду атам жаман ат,
Он эки бирге кол берген
Менин ойронум атам ала жат!
Аламан калган малым – деп,
Айбан да болсо жаным – деп,
Көкүрөгүн кур жыттап
Көкүлүн кармап шур жыттап,
Кучактап алып бууданды
Куркурата бек жыттап,
Мурунку өткөн атамдан,
Мураага калдың деп жыттап,
Сейтек ыйлап турганда
Айчүрөк келди зыркырап.
Ар Буурулду көргөндө
Берен жеңең бейтаалай
Бетин тытты чыркырап:
«Аты калып, өзү жок,
Айкөлүмдүн көзү жок,
Ушундай белең дүйнө бок» –
Деп, ошентип, Айчүрөк,
«Асылымдын ар буудан
Чалгын минсе чарчабас,
Алты айга минсе арыбас,
Алтымыш асый болгуча
Азуу сайып карыбас,
Кармашка минсе камсыкпас.
Оорукка минсе оорубас
Өзүң мында берен жок,
Ойлосом мүшкүл жаман ат,
Ойрон төрөм, ала жат» –
Деп, ошентип, Айчүрөк
Чыңырып үндү салды эле,
Чынардай болгон ак бетти
Жулкуп-жулкуп алды эле,
Жулганда кара кан кетип,
Жеңекеңен ал кетип,
Боз жоргосу жорголоп,
Эки беттен аккан кан
Боз жоргонун жалынан,
Камчы бою шорголоп.
Жазайылдуу мүшкүлдү,
Көрүп ала таштады.
Буурулду көрүп чыркырап,
Кайран катын Айчүрөк
Өлүп ала таштады.
Жар конушка конуптур,
Айкөлүнөн айрылып,
Жаман аттуу болуптур.

www.bizdin.kg

Көгала көлдөй көйнөгүм,
Бөлүп ала таштаптыр,
Ар буурулду көргөндө
Асыл энең Айчүрөк –
Өлүп ала таштаптыр.
Айчүрөк турду чыркырап,
Сейтек ыйлап буркурап,
Тили жок Буурул ат ыйлап,
Тиктеген жандын баары ыйлап,
Көрүп турган эл ыйлап,
Төшү түктүү жер ыйлап,
Агарып өңү суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Омуроо ылдый куюлуп,
Жар конуш бойлой конушуп,
Опол-тоодой, ойрон шер
Жаңы өлгөндөй болушуп,
Курсак кайнап, жан күйүп,
Дене бошоп, кан күйүп,
Заман тарып бүтөшүп,
Каңырыгы түтөшүп,
Канкор көк жал өлгөнсүп,
Каранды бүгүн көргөнсүп,
Өксөп-ыйлап өлө албай,
Өз жанды өзү кыя албай,
Мурдунан булак суу кетип,
Өпкөлөп ыйлап минетип,
Турган экен ал кетип,
Көңүлдүн көбү бөлүнүп,
Көкжал шердин Буурулу
Атасы арстан Семетей
Өз көзүндөй көрүнүп.
Муундун баары быркырап,
Муңканып жетим чыркырап,
Атанын уулу арстан эр
Атасынын бурагы,
Ардай Буурул көрүнүп,
Аны көрүп жетимдин
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Өлөйүн деп өлө албай,
Чымындай жанды кыялбай,
Капалыкты кордукту
Канкордун уулу эр Сейтек,
Кайрат кылып тыя албай,
Капалыкты тыйгыла.
Сүйлөнгөн кепти жыйгыча,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Алтымыш балбан кербенчи
Ат качырган тозоку,
Айкырыгы таш жарып,
Кыйкырыгы баш жарып,
«Жоо кайдалап» бакырып,
«Жекеге чык» – деп чакырып,
Айбалта кармап белсенип,
Ар кайсысын карасаң –
Алышчудай теңселип.
Кынсыз кылыч кармашып,
Күрөктөй тишти жөн эле
Бөлө-бөлө чайнашып,
Чамынышы жолборстой,
Чабышкан аман болбостой,
Алтымыш балбан кербенчи
Айзаларын арбайтып,
Ай-балтасын барбайтып.
Чоюн башын чокчойтуп,
Борсоңдошуп күүлөнүп.
Кайгыда турган Сейтекке,
Каракчы деп сүйлөнүп,
Келе жатат балбандар
Керип сабап кетчүдөй,
Кеби бузук, түрү суук,
Түк койбой түпкө жетчүдөй,
Олоңдогон оройлор
Опсуз тентек чоголдор,
Оюна койсо жөн эле
Оруп-жыйып алчудай,
Томпоңдогон кербендер
Тозогу чыкты бетинен,
Чыр кылмак болду ар кандай,

www.bizdin.kg

Кайраты катуу белиндей.
Айкырыгын аңдаса –
Суук капчал желиндей.
Тим койсо түпкө жеткидей,
Карып болгон Буурулду
Кайтадан тартып кеткидей,
Тытма сакал Карасарт
Тим алдында белсенип,
Жору куйрук жоон кербен,
Жолу катуу бачагар
Алган экен белсенип.
Алтымыш балбан кербенчи
Түзү суук бөлүнүп,
Душмандык түрү көрүнүп,
Дөбөлөп чаап күүлөнүп,
Эң эле жаман сүйлөнүп,
Жолум үйдөй чоюнбаш
Имере кармап өттү эле,
Эр Сейтекке жетти эле.
Комуттуу чокмор айбалта
Кош колдоп кармап имерип,
Олуязаада Сейтекти
Жеткенде салып жиберди,
Бир чапкандан өлгөн жок,
Атасы көкжал артык эр
Чымын катар көргөн жок,
Ачуусу келди албайып.
Атасын жоктоп, бек күйүп,
Бузарына чаң таппай,
Жутарына кан таппай,
Түзөтөргө тоо таппай,
Түгөнүшкө жоо таппай,
Түрү суук эр Сейтек,
Кылкүрөң санга бир салып,
Кыл болотту колго алып,
Туюкту бузуп жол салды.
Турбай кыраан күркүрөп,
Кербендерге кол салды.
«Атаңдын көрү, кербенчи,
Аштыгың чийки ордумбу,
Аланды алып койдумбу?
Кулаңды кууй качтымбы,
Кулжуңдаган кербенчи
Куржунда пулуң чачтымбы.
Өзүң салдың бузукту,
Өрөпкүгөн кербендер,
Менден көргүн кызыкты!
Таңылчак пулуң бергин – деп,
Айтканга азыр көнгүн – деп,
Зордук кылдым кимиңе,
Азыр кылган айыбым жок,
Алтымыш балбан кербенчи
Эмине тийдиң жиниме?
Пулуңдун теңин бергин – деп,
Качан тийдим жиниңе.
Каарым келди какайдым,
Катылбай койбойм бириңе.
Кыжырыма не тийдиң
Кыялыма бек тийдиң,
Байкабай койдум кербендер.
Жаңжалды жаман кыласың,
Жайыңа койсом жөн эле
Чоюнбаш менен урасың.
Алтымышың биригип,
Ар кайсы жерге токтойсуң,
Эне, кызды боктойсуң.
Кутурдуң кербен жээлигип,
Кулжуңдайсың челигип.
Тим жүргөн жанды тим койбой,
Эмине тийдиң жиниме?
Каарым келди какайдым,
Мына эми, катылбай койбойм
бириңе!
Талатайын малыңды,
Такыр кыйып жаныңды,
Кыйын кыргын тийгендей
Кыйратайын баарыңды!
Өрөпкүгөн кербендер
Өз убалың өзүңө,
Эмгегиң кара төбөңө» –

www.bizdin.kg

Муну айткан соң эр Сейтек,
Арстандай көзү жайнады.
Кан ичмеси кармады,
Денеден кубат, күч чыкты,
Эки беттин отунан
Бир байпактык түк чыкты.
Жолукканды коёбу,
Жолборс шердин тукуму
Жолукса канга тоёбу,
Кармашканды коёбу,
Кабыландын тукуму
Катылса канга тоёбу.
Алтын жаак айбалта
Ала коюп имерип,
Кербен башчы Карасарт,
Төбөгө салып жиберди.
Кербен башы Карасарт
Баладан балта жетти эле.
Башы кетти быркырап,
Жаны кетти чыркырап,
Алтымыш балбан кербенчи
А жаңжалды көргөндө,
Жүрөгүнөн кап кетип,
Билегинен сап кетип,
Көз чекчейип алаптап,
Алтымыш балбан кербендер
Чымындай жаны чыркырап,
Туш-тушка качты дыркырап.
Качкан жооңу коёбу,
Катылган жоого кол салбай,
Кабылан Сейтек оңобу,
Жойболотту колго алып,
Кылкүрөң санга бир салып,
Эр Манастап үн салып,
Кербендерге кол салып,
Ойноп-ойноп кетти эле.
Ойногон жерде ону өлдү,
Бет алышып белде өлдү,
Беш-алтысын карасаң –
Бая бек уруш кылган жерде өлдү.

Сейтек колду салганда,
Балбандар калды сырайып,
Өрөпкүп келген балбандар
Өлүп жатты тырайып.
Балбан качпай токтолуп,
Алтымыш кербен балбандар
Муну менен жок болуп.
Арстан шерге катышып,
Алды катты балбандар
Ажалга өзү чатылып.
Белгилүү шерге катылып,
Бейпайга өзү чатылып.
Таңылчак пулу топ болуп,
Муну менен ээ чиркин,
Алтымыш балбан жок болуп,
Кыргынды кыйын салды эле.
Кылча койбой жалгызын,
Кылычтап башын алды эле,
Кызыр чалган кыраанын
Кылдай түгүн таштабай,
Кыргын кылып салды эле.
Сарпайы пулу жыйылып,
Балбандын баары кырылып.
Телегейи тең чыгып,
Шай колдогон эр чыгып,
Кирпиги жалын чок болду,
Кабылан шердин уулуна
Кайра айтары жок болду.
Атасынын мураасы
Ардай буурул табылып,
Атанын уулу чиркиндин,
Абийири мындан жабылып.
Баталашкан балбаны
Баарыдан күчтүү иш болуп,
Баатырындын жаңжалы,
Баарысынан күч болуп,
Кайыбынан кабылып,
Атасы кандын ар буудан,
Жортсо жолдон табылып.
Буудан оозун бургуча,

www.bizdin.kg

Агасы берен Күлчоро
Сүйүнчүлөп тургуча,
Шай колдогон Күлчоро
Көзүнө буурул көрүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Ардай болгон Буурулдун
Көкүлүнөн кур жыттап,
Кучактап алып бек жыттап,
Атадан калдың деп жыттап,
Айбан да болсо жаныбар,
Күлүгүң жанга сынаакы,
Көкжал атам кан Манас,
Таштап кеткен мураапы.
Биттей кезде биригип,
Бармактай кезде баш кошкон,
Аңгек көрө аттаган,
Ата болуп сактаган,
Артыгы журтка сынаакы,
Атамдан артык мураапым.
Кең көкүрөк, тайкы жал,
Керишке минсе кебелбес,
Чалгынга барса чарчабас,
Тотудай куйрук чубаган,
Токсон күндүк чөл келсе,
Адамга мүшкүл жер келсе,
Ар түйшүккө чыдаган.
Айланайын Буурулум,
Караңгы жайга бактырган,
Мойнуна тумар тактырган,
Болжолсузун көргөндө
Жез тумшук сынап жактырган.
Нардай болгон Тайбуурул –
Ашуусу бийик аска таш,
Белге минген Буурул ат,
Бекем мүшкүл чоң жаңжал,
Жерге минген Буурул ат,
Кызыл кыргын будуң-чаң
Четке минген буурул ат.
Өпкө жарып, баш кескен
Жерге минген буурул ат.
Кызылдай кыргын жаңжалга
Кынап берген ар буудан.
Кыйын мүшкүл жаңжалга
Чыдап берген ар буудан.
Арпа берсе чайнаган,
Аркардай көзү жайнаган,
Буудайды жара чайнаган,
Бугудай көзү жайнаган.
Керишке минсе кебелбес,
Кең казанат жарыктык
Мээ өрттөнгөн ысыкка,
Бок жыттанган сасыкка,
Кырк бир артуу белдерге,
Кырк күнчүлүк чөлдөргө,
Чыдап берген мал элең
Тулпардыгы бар эле.
Атадан артык жан элең» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Көкүлдөн кармап бек жыттап,
Мураапым Буурул деп жыттап,
Акыл качып ич күйүп,
Жүрөк күйүп камыгып,
Нардай буурул табылып
Артык ыйлап буркурап,
Кудай бетин көргөзбө,
Күлчорону көргөндө
Нардай болгон ар буудан,
Окуранып окшоктоп,
Кара жер казып токмоктоп,
Көкүлдү көккө зыргытып,
Туякты жерге мылгытып,
Ооздугун каккылап,
Олуп жерди тарткылап,
Ыктап турду ар буурул,
Күлчоронун мойнунан
Жыттап турду Тайбуурул,
Жал-куйругу бөлүнүп,
Улутунуп жаныбар
Көздүн жашы төгүлүп,
Буурул ыйлап турганда,

www.bizdin.kg

Айтайын десе тили жок,
Айбан минтип турганда:
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Караган жандын баары ыйлап,
Шай колдогон шер ыйлап,
Кара көңүл эр ыйлап,
Ыйлагандын баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлап.
Ээсинен каран мал калса,
Ушундай болор деп ыйлап
Ал Күлчоро байкуштун
Тайбуурулду көргөндө –
Абасы көкжал тирилип,
Атына жетип келгенсип.
Өлгөн көкжал тирилип,
Бүгүн көзү көргөнсүп.
Агарып өңү суюлуп
Эки беттен аккан жаш
Омуроо ылдый куюлуп,
Көздүн жашын тыя албай,
Чымындай жанды кыя албай,
Өрттөнүп, бышып күл болуп,
Чогунан өчүп жок болуп,
Тайбуурулду көргөндө
Шай колдогон Күлчоро
Кантип турсун токтолуп.
Токтолбогон себеби
Абасы айкөл барында
Адыр-күдүр аска таш,
Кырга минген мал эле.
Кытай, кыргыз жаңжалы,
Чырга минген мал эле.
Ааламга чыгып атагы,
Арбыган кыйла чатагы,
Чырга минген мал эле.
Өчкөн отту тамызып,
Өлчү жанды тиргизип,
Үзүлгөндү көп улап,
Чачылганды көп жыйнап,
Аңгектен алыс аттаган,
Ата-эне болуп сактаган,
Атасындай мал эле.
Жортуулга минсе жоорубас,
Жолдоштугу бар эле.
Жайылган жоону кемедей,
Семетей көргөн эмедей,
Бозоруп өңү суюлуп,
Эки көздөн аккан кан,
Омуроо ылдый куюлуп.
Мууну бошоп быркырап,
Кайрат качып зыркырап,
Он эки мүчө кырк сүйөк
Быт-чыт болду быркырап.
Аты калып ээси жок,
Алакчы мүшкүл оңбой кал,
Ушундай белең дүйнө бок,
Жан кашайды ичим чок.
Буурулду минип булкунтуп,
Бууданым абам мында жок.
Аты калып өзү жок,
Ичиме түштү жалын чок.
Жайдары абам шерим жок,
Ушундай бекен дүйнө бок.
Кейип-кепчип сабылып,
Өлөйүн деп өлө албай,
Өз жанын өзү кыя албай,
Санаа тартып ич күйүп,
Сары оору болду быркырап.
Абасы бүгүн келгенсип,
Тилегин Кудай бергенсип,
Ыйлап чоро турду эле.
Күлчоро ыйлап турганда,
Эрип кара таш ыйлап,
Төшү түктүү жер ыйлап,
Төбөсү бүтөө көк ыйлап.
Караган калың эл ыйлап,
Кара көңүл шер ыйлап,
Ыйлагандын баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлап.
Өлгөндөн өксүп жан калса,

www.bizdin.kg

Өкүмү кетип колунан,
Айбан адам сандалса.
Адамды каар мүшкүлгө,
Ар бир жандар кармалса –
Күн ушундай болор – деп,
Сары адырмак кайкы таш,
Бел ушундай болор – деп.
Саргарып башка күн түшсө –
Эл ушундай болор – деп,
Чылбырдан кармап чыркырап,
Чындап ыйлап буркурап.
Жекени белге курчанган
Жетимиш илек жоо келсе,
Жеке аралап кол салган
Мен ушундай болдумбу.
Арка этинди оорутуп,
Капталынды жоорутуп,
Кагышка минсе камсыкпас,
Сен ушундай болдуңбу?» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Өксөп ыйлап тургуча,
Сүйлөп оозун жыйгыча,
Көңүлү сайлап бөлүнүп,
Мына ошондо Тайбуурул,
Ичин жыйып окшоктоп,
Кара жерди токмоктоп,
Көктөн жылдыз тутулду,
Көрсөң шумдук мүшкүл иш
Көрүнөө качып кутулду.
Аркардай арыш керилтип,
Айып болду ар буудан,
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Кайып болду ар буудан.
Аркардай арыш узарса,
Жеткен экен жаныбар,
Кайып болуп ажырап,
Кеткен экен жаныбар.
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей.

Күлчоро турат бакырып,
Тайбуурулдап чакырып.
Акыл бошоп, ич күйүп,
Өрттөнүп жүрөк бүт күйүп,
Капа болуп кайгырды.
Каралды кылып отурган,
Буурул аттан айрылды.
Адыр-күдүр белести,
Ашып кетти ар буудан.
Кайып болуп кутулуп,
Качып кетти ар буудан.
Байкаса көзгө илинбейт,
Ал бачагар кызыталак
Кайда экени билинбейт.
Мүшкүл тартып кайгырып,
Тайбуурулдан айрылып,
Азап тартып Күлчоро
Капка ташка токтоду,
Качанкы дартты жоктоду.
Аңырайган капчыгай,
Арманын айтып бир далай,
Буурулду минип булкунтуп,
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Чарайнаны кийгенде
Чалкалап жоого тийгенде,
Мында өлбөй не болдум?
Көп дүйнө аман чагында,
Көкжал абам барында,
Чымчышканды буй кылып,
Четтеп турган кезимде.
Каканчыны буй кылып,
Өрттөп турган кезимде.
Кайра тартпас чын жайым
Көрүп албай не болдум.
Кападар болуп кайгырдым,
Каралдымдан айрылдым.
Арстан абам өзү жок,
Күлчоронун багы жок,
Өзүндөй көрүп отурган
Ар буурулу кошо жок,

www.bizdin.kg

Ар буюму дагы жок.
Аба ордуна кармаган
Буурул аты дагы жок.
Буурул аттан айрылып,
Күлчоронун багы жок.
Ээ, береним, абам өлбөй кал,
Бейпайды Чоро көрбөй кал.
Бул өңдөнгөн мүшкүлдү
Жан деп Кудай жаратса,
Бендесине бербей кал,
Башындагы суусар бөрк
Кимдер ыргап кийбесин.
Дөөлөтү башта барында
Ким күркүрөп жүрбөгөн.
Беренин бейлеп көргөндө,
Бет алган душман дүрбөгөн.
Туткунга түштүм кайгырып,
Каралды кылып отурган
Кан абамдан айрылып.
Берен абам барында
Белестен бийик зор болуп,
Беренимен айрылып,
Бендеден бөлөк кор болуп,
Тегеренип курган баш
Темтеңдедим кайгырдым.
Абакем кандын керээзи,
Ар буудандан айрылдым.
Дөөлөтүм аман барында
О бурагым оор жан болдум.
Абакемен айрылып,
Ар буурулду жоготуп,
Өзөнгө бойлой конупмун.
Өксөгөндөн чок болуп,
Өрт өчкөндөй болупмун.
Көкжал төрөм өлбөсүн.
Күйүттү Чоро көрбөсүн,
Буркурадык кайгырдык,
Буурулдан бүгүн айрылдык.
Кападар болуп кайгырып,
Ар буурулдан айрылып,
Кырк ашууну ашырып,
Кыйын мүшкүл, чоң жаңжал
Буурул атты качырып» –
Деп ошентип, Чоронун
Көңүлү чөгөт бөлүнүп,
Көңүлү сай-сай бөлүнүп,
Тилеген санаа быркырап,
Айчүрөк менен Күлчоро
Тегиз ыйлап чуркурап.
Көгөргөн булут тутулуп,
Көрсөң шумдук ушул иш
Канкор эрдин ар буурул,
Көрүнөө качып кутулуп.
Буурул дүмөк баштады,
Көрүнүп коюп жоголуп,
Көкжал тууган Күлчороң,
Көп капага чыдабай
Өлүп кала таштады.
Баатыр Сейтек жээлигип,
Кылкүрөң менен жол жүрүп,
Канзааданын чунагы
Эрендин бирөө бу дагы.
Мына ошондо эр Сейтек:
«Энекем менен абакем,
Дагдыр жетсе өлөйүн
Берен энем Каныкей,
Кайда экенин көрөйүн.
Энекеме катылса,
Каардуу душман Канчоро
Кармашып канын төгөмүн.
Кай маанисин көрөмүн.
Жылгынды, Кең-Кол жериме
Калаалуу кыргыз элиме,
Конушун ээлеп конбосом,
Атадан калган мураа жер
Мекен кылып турбасам,
Барып мазар кылбасам,
Калкыма кабар салбасам,
Кадимки Талас, Кең-Кошой
Бабаман калган жер экен,

www.bizdin.kg

Аргын, кыргыз аты уйкаш
Атамдан калган эл экен.
Каралдуу кандын баласы,
Качып жүрүш болобу.
Берен кандын жалгызы,
Безип жүргөн болорбу.
Таластан алам көчүмдү,
Дардактаган душмандан
Өлбөсөм алып өчүмдү.
Көргөзөйүн душманга,
Каары катуу кырымды
Күчөтөйүн мен барып,
Душманга каар чырымды.
Эчкинин тоңгон майын жеп,
Жылкынын кысыр тайын жеп,
Эсирип аткан куу кулга
Барып кабар салайын.
Алышка кийчү Аколпок,
Атышка салчу Аккелте
Азыр бизге бергин – деп,
Буюмдун баарын сурайын.
Чачылганды жыйнайын.
Кеткеним жыйып алайын,
Кеткенимди бербесе,
Мен айткан сөзгө көнбөсө,
Атаман калган аманат
Буюмумду бербесе,
Бокчосун чечип чачайып
Жаңжалды жаман ачайын.
Адырдан тийип бээсин,
Айылдан байлап дөөсүн,
Чыгарайын кээсин.
Жадоол жинин кармаса,
Жайната муштап мээсин,
Жаңжал салып минтейин,
Караса толук капырды,
Тузу арам чоро баатырды,
Төбөсүнөн басайын,
Төп таалайын чачайын.
Кандын уулу менмин – деп,
Камчы сүйрөй кирейин,
Кайраты канча билейин,
Кыйын-кыйын сөз салып,
Кычыгына тиейин.
Каарланып какайып,
Төбөсүнөн баспасам,
Төрөлүгүн чачпасам.
Бегине бейпай саламын,
Сала албасам мен Сейтек
Туулбай туна чөгөрмүн,
Тирүү жүрбөй өлөрмүн.
Тиктегеним Канчоро –
Касташарым дагы ошо,
Арстан болсо, шер болсо,
Атышты арбын салбасам,
Беш аркар жылдыз баткыча,
Беш кайрадан эмизген.
Берен энем Каныкей
Кордук-азап туткундан,
Кор болуп жүргөн күндүктөн
Ажыратып албасам!
Жеткилең айза сунушуп,
Жер жарылган чуу кылып,
Канчоро менен урушуп,
Баатырдыкты, эрдикти
Көргөзбөсөм душманга,
Балбандыкты шердикти.
Арбын дүйнө көп малын
Кан Бакайга билгизип,
Артык ордо үйүнө
Каныкей энем киргизип,
Семетей уулу дедиртип,
Эрдигим журтка билгизип,
Кармашты катуу салбасам.
Бир атам эмес, жети атам,
Мадерим өчүм албасам.
Жаратылбай өлөйүн,
Жадалдуу каардуу Күлчоро
Канча экен күчүн көрөйүн.
Жетик абийир күн берсе,

www.bizdin.kg

Желпинген каардуу душмандын
Желкесинен оёюн,
Алтымыш жаны бар болсун,
Тирүү койбой соёюн!
Баатырдыгын, эрдигин
Баса кирип көрөйүн,
Бар дүйнөсүн бөлөйүн,
Каары катуу чочкого
Кармалаша берейин,
Кармашканын Канчоро
Баатыр болсо, эр болсо
Ааламды бузган шер болсо,
Дагдыр жетсе өлөйүн,
Кайра тартпас чын жайды
Күлгүн башым көрөйүн.
Келберсип жаным тууганга
Амысым кантип берейин.
Баатырсынган Канчоро
Ажалың жетип окустан,
Каса болсо кокустан,
Жеткилең энем Айчүрөк
Кармаштан уулум өлдү – деп,
Капалыктан өтүп кой.
Ак эмчектин сүтүнөн
Арстан энем кечип кой.
Жадаал салган кордугум,
Тирүүдө кантип көрөйүн.
Кордукка кордук салбасам,
Койбостон өчүм албасам,
Туулбай туна чөгөйүн.
Баатырсынган, шерсинген,
Артык бузук көт ачар
Адалсынып эрсинген.
Акылга дыйкан Канчоро
Эрикпей чыга жол жүрүп,
Эсебин эптеп таппасам.
Ак шайтандуу чочконун
Айланта жинин какпасам.
Адамдык кылбай өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн.

Чардактын жолун чалайын,
Чамасы канча алайын,
Күрдөөсү канча билейин,
Көп мүлкүнө кирейин.
Атышты арбын саламын.
Армандуу Бакай абамы,
Атамдан калган бабамды,
Аркасы тоодой канымды,
Байгамбар сындуу чалымы,
Көк сүлөөсүн бөрктүүнү,
Көп адамдан көрктүүнү,
Касиеттүү карымды,
Кан абам Бакай аныңды,
Адырын кыйгай чалбасам,
Ажыратып албасам.
Мураапы Бакай карыңды,
Бузбай, төкпөй албасам.
Канчоро ханга барбасам,
Сурап бербес дүйнөгө
Суук бүлүк салбасам.
Кеңешсе бербес буюмду,
Кеп кылбай тартып албасам» –
Деп, ошентип, эр Сейтек
Каарын төгүп камынып,
Арстандай чамынып,
Көңүлү түрлүү бөлүнүп,
Көк аскардай көрүнүп,
Көргөндө минтип турду эле.
Шай колдогон Күлчоро,
Акырын айтып бек таштап,
Эр Сейтекке кеп баштап:
«Ээ-й, каранымсың, белимсиң,
Канкордон калган шеримсиң.
Айзага таккан желексиң,
Аманат жанга демөөрүң
Алдейлеген белексиң.
Маңдайымда маанайым,
Баладан Сейтек таалайым.
Караганда кардым ток,
Каралдым сенсиз күнүм жок.

www.bizdin.kg

Аркы атаң көкжал шер эле,
Оорук менен чалгынды
Атыш менен шердикти,
Ар түрлүү кылган эрдикти,
Күлүстөн абам барында
Күлчором билсин дечү эле,
Күлүстөндөн айрылып,
Шыйпанарга куйрук жок,
Куланга чалыш болгомун.
Басарыма бутум жок,
Жыланга чалыш болгомун.
Өксөп боздоп кайгырып,
Канкор шерден айрылып,
Токол болуп калгамын.
Жан курбудан айрылып,
Капыл болуп калгамын.
Өзөндүү булак кең Талас,
Өрдөшүн каалап чалалы.
Өкүмсүнбө Сейтегим,
Экөөбүз бирге баралы.
Барып Талас жерди ээлеп,
Ак калпак кыргыз элди ээлеп,
Көргөн жанга дуу кылып.
Көк асманды чуу кылып.
Экөөбүз бирге баралы.
Өзүң жеке жол чалсаң,
Он үчтөн жашың өтө элек,
Энекең долу эмчеги
Таңдайыңдан кете элек.
Курчуп кубат толо элек,
Бастырып жеке жол чалып,
Баруучу кезиң боло элек.
Таң мезгилин болжош кыл,
Күл абаңды жолдош кыл,
Жолдош кылсаң абаңы
Көргөзөр Бакай бабаңы.
Көрүшүп өнөр ызатыңды
Көп эрдик кылсаң кулунум,
Көмүшкөн жерге кез болсоң,
Кул абаң кармар атыңды.

Күлчоро абаң ушундай,
Өйдөлөсөң өбөгүң,
Ылдыйга салса жөлөгүң.
Адырга чапкан ак жолуң,
Айдап жүрсө сан колуң.
Боздон тоодак куткарбас,
Бозум түлөк куштайың.
Усталарга табылбас,
Козу боор кара курчтайың.
Баатырың эрге сынаакың,
Баштакыны мен салсам,
Баягы чоро кыраакың.
Кыраакы түгүл Күлчоро,
Кыйла журтка сынаакың.
Болбогон жоого сундурсаң,
Болоттуу айза курчтаймын,
Болжолуңдуу туштаймын.
Болжон жоого агытсаң,
Ойкуч кара курчтаймын.
Мен Күлчоро мендирмин,
Бет алса жоону буй кылган,
Белгилүү арстан шердирмин.
Таңга болжоп болжош ал,
Күл абаңды жолдош ал.
Билбегенди билгизем,
Билип жоого киргизем.
Тууганыңа туу болом,
Душманыңа агытсаң,
Өпкө жарып, өт төккөн,
Өңгөчө кара уу болом.
Жолборс атаң барында
Кырда жаткан кытайга
Кыргынды мыктап салчу эле.
Кыяпат жерде жөө калсам,
Кымбат атаң көкжал шер
Учкаштырып алчу эле.
Учкаштырсам батпайт – деп,
Аман-эсен бу кедей
Ат кайтарып жатпайт – деп,
Атышка алым бар эле.

www.bizdin.kg

Кайда да болсо шер атаң,
Жолдош кылып алчу эле.
Мен да кошо барайын,
Атактуу Кең-Кол, чоң Талас –
Бабабыз өткөн эр Манас.
Таап берген жер экен,
Арагын суудай шимирген,
Ырысман кыргыз эл экен.
Толукшуп атам кууган жер,
Толготуп энем тууган жер.
Көйнөгүм канын жууган жер,
Киндигим канын бууган жер.
Тыбырчылап топого
Сойлогонум кең Талас.
Чыбык минип жылаңач,
Ойногонум кең Талас.
Таңкы Чолпон жылдыздай
Болжош болуп барайын,
Таалайым Сейтек өзүңө
Жолдош болуп барайын.
Ак буудайдын унундай,
Жуурулуша берейин.
Ак бөкөндүн кылындай,
Суурулуша берейин.
Дагдырга болбойт чама – деп,
Акыр айтып турамын.
Кулунум Сейтек сага – деп,
Сага керек ага – деп.
Балам, аманың керек мага – деп,
Балам, табалап көзүн кыскан бар,
Далай каары душман бар.
Кыр жагымда кытай бар.
Маңдай жакта бараң бар,
Басташкан душман далай бар.
А душманга не керек?
Бел байларга бел керек.
Бекип аткан жер керек?
Кайраты арбын, заары күч,
Катылганды кылган түз,
Келер-кетер ойлогон,
Сан колго жеке тойбогон,
Бет алса жанды койбогон,
Кара көкжал шер керек.
Кармашып душман кезиксе,
Мен өңдөнгөн шер керек.
Таң жылдыздай болжош кыл,
Күл абаңды жолдош кыл.
Кеп салсам тилим ала жүр,
Эмил чокмор болот – деп
Белиңе мени чала жүр».
Күлчоро минтип турганда,
Берендин уулу жетимдин
Берендиги билинип,
Безге сайган эмедей
Кеткен экен түйүлүп.
Семетейден бадырек
Чын туулган эр Сейтек,
Болбой калды дебейби.
Атасын тартпай куу жетим,
Оңбой калды дебейби.
Ушак-айың дуу кылып,
Айыкпас улуу чуу кылып,
Капка тыкса кашайган,
Саман болду дебейби.
Атаны тартпай кем кайрат,
Жаман болду дебейби.
Асманда мунар жылдыздай,
Болжош алды дебейби.
Кытайга кол салчудай,
Карааны тоодой абасы
Жолдош алды дебейби,
Журт ушагы жебейби.
Атасын тартпай ал кетип,
Төбөдөн тийип жан кетип,
Туюктап жолду чала албай,
Төтөлөп жүрөт дебейби.
Күлүстөнү Күлчоро
Жетелеп жүрөт дебейби,
Сабаса эрен ашкысыз
Сары адырмак тоо барбы,

www.bizdin.kg

Экөөбүз катар баргыдай,
Кыжылдап кытай жоо барбы.
Маңдай тердеп, тил жооруп,
Айтыша турган доо барбы.
Карангүн, аба, не дейсиң,
Бул кебиңди ким уксун,
Бир караңгы түн уксун.
Казып койгон көр уксун,
Катылган кара жер уксун,
Андан бөлөк ким уксун.
Жаңгыз барам жериме,
Өзүм барам элиме» –
Деп, ошентип, эр Сейтек,
Күлүстөн тууган Күлчоро –
Күлчоро калды токтолуп.
Оодарылып ал каран,
Кызарып көзү чок болуп,
Ок жыландай октолуп,
Камбылдардай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Каарланып камданып,
Кыны жок кылыч байланып.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк аскар тоодой көрүнүп,
Толкундуу кара бел болуп,
Айбаты ашкан шер болуп,
Айбаты толук эр болуп,
Азап салып күркүрөп,
Көрүп турган пенденин
Азат бою дүркүрөп,
Сейтектин жайы момундай,
Шашып-бушуп ойгонуп,
Сурайылдай эр чиркин
Сур жолборстой комдонуп.
Шашып амаз окунуп,
Кылкүрөңдү токунуп,
Жай-жаракты шайланып,
Жалаң кылыч байланып.
Атасынын бабасы,
Арстандыгын карачы,
Бедели бөлөк бейли ток,
Бендеден бөлөк күйгөн от.
Кирпиги жалын көзү чок,
Кишиден мындай баатыр жок.
Айтып турган чоронун,
Акылы айран бөлүнүп,
Адамдан артык кыраандын,
Таласты көздөй бет алса,
Кайран энең долунун,
Учуп жүргөн кашканын,
Ургаачыдан башканын,
Беризаада Чүрөктүн,
Мелтиреген дүмөктүн,
Ак дидардуу жалжал көз,
Ар чолпондой кара көз,
Кара көздөн жаш кетип,
Чын күйүгүп сабылып,
Чын жаралган Сейтекке
Айчүрөк келди жалынып.
Чылбырдан кармап чыркырап,
Жоболоңдуу шуркуяң,
Жобоп ыйлап буркурап.
Кайгыланып сабылып,
Чылбырдан кармап баланы
Чыркырап ыйлап жалынып:
«Өзөндүү дайра булагым,
Өлгөндө көргөн чунагым,
Айзага белек желегим,
Алтайлык калып боюмда
Асылдан калган белегим!
Түптүү чынар мазарым,
Караса кабак жазарым,
Орнолуу терек чынарым,
О дүйнө кеткен көкжалдан,
Алып калган тынарым.
Тынарым саа кеп айтам,
Жылгынды Кең-Кол, кең Талас,
Жериңе кетип барасың.
Жыргалдуу кыргыз, аз аргын,
Элиңе кетип барасың.

www.bizdin.kg

Оймолуу жагдан, он килем,
Огойдун жайын мен билем.
Кыймалуу жагдан кырк килем,
Балам, кыргыздын жайын мен билем.
Биздин Талас кайран жер,
Будурда бугу бакырат,
Күңгөйдөн күкүк чакырат,
Кызарып гүлү күлдөгөн,
Кызыгым мени билбеген.
Булагы оргуп ташыган,
Булбулу сайрап таңшыган,
Ошо Талас жерибиз.
Күрүчүн күздүк айдаган,
Күкүгү талда сайраган,
Куланы түздө топтогон,
Адырдан аркар оттогон,
Айтылган Талас жерибиз.
Өлгөндө көргөн чунагым,
Элиңе барсаң көөнүңүз,
Эсен барып, соо келгин,
Эриктирбей бат келгин.
Кезиксең бабаң Бакайга
Кейиштен сууруп ала көр!
Сенин чын душманың Канчоро,
Канчоро канга бара кел.
Атаңдан калган түмөн мүлк,
Белекке сурап ала көр!
Бетешип сөзгө көнбөсө,
Белегиңи бербесе,
Жамандашпай кайта кел,
Энеке, бербей койду – деп,
Мен бейбакка айта кел!
Буламды булап алганда,
Кечээ бузукту жаман салганда,
Азапка башты чатканда,
Эренди кырып жатканда,
Кызырлуумду кырганда,
Кыйламды кыргын кылганда,
Буйгатым бузуп алганда.
Бузуку тууган какылаалдар
Бузукту жаман салганда,
Атаң кандын Аколпок,
Арстаныңа чак олпок,
Кечээ бу кара өскөн алты арам,
Булай кийип салганда,
Булгап кийип алганда,
Жердин үстүн чалдырган.
Жекейбоз тон кийгизип,
Желмаянды мингизип,
Малдан төгүп баарды,
Кыдыртып кыйла шаарды,
Ар комдотуп тиздеген,
Шаардан була издеген.
Бомбей шаарды чалдырып,
Бакбурчундун буласын
Алтын берип алдырып,
Бузулганын септеткен,
Кетилгенин эптеткен.
Жарабаса сөктүрүп,
Болот эгеп жиберип,
Ортосуна септирген.
Болоттон кылган шибеге,
Кайыгандан кыйраган,
Кадыр Алла кудурет,
Катуу бүлүк болду – деп,
Карымбай көрүп ыйлаган.
Жеңе аркагын бураган,
Барча жандын балбаны
Баатырлар көрүп сынаган.
Аркактарын септеген,
Кайран энем Каныкей,
Түнүчүндө уйку албай,
Күнүн тынып тынч албай,
Энекең шордуу эптеген.
Аркагын алтын мадаган,
Алтымыш катын, тул жеңе
Айласы кетип жадаган.
Тоок көзү шыбырап,
Торгой көзү кыбырап,
Машаанын мурду батпаган,

www.bizdin.kg

Келтенин огу кеспеген,
Айзанын учу тешпеген,
Табылгы жакса чок өтпөс.
Очогор атса ок өтпөс,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Чын бадана, торгой көз,
Калыңдыгы жарым кез,
Ордону камап алганда,
Ойрондуу балаа, чоң жаңжал,
Оюлган иттер салганда.
Дүнүйөнү буй кылып,
Ордону талап атканда,
Алды каткан мен энең,
Карарган чачым жайылуу,
Канап бетим тытылуу.
Эстен талып, көңүл чок,
Эрмекке эркек балам жок.
Эсебим эпсиз тапканда,
Эселек капыр Канчоро
Энекең жыга чапканда,
Дарман бошоп, ал кетип,
Капталдан кара кан кетип,
Мен энекең бейтаалай
Капталымдын баарысы,
Камчы тийип чаң болуп,
Айдай энең ак жүзү
Беш тырмак тийип кан болуп,
Белектүү куржун жонумда
Олжо болуп куржунум,
Калып калды Аколпок
Канчоро кулдун колунда.
Кийчү болсоң ок өтпөс,
Атышка кирчү тон ошол,
Талаанды көрүп кор болгон,
Энекең жайын биле кел,
Алдап-соолап абалап,
Мээнеттүү кулдун колунан
Аколпок тонду кие кел.
Бербей койсо окустан
Жаасы катуу чочкого,
Жамандашпа кокустан.
Алдап-салдап абалап,
Бал тилиңе сала көр.
Кутурган иттин колунан
Аколпок тонду ала көр.
Бейжайлык кылса окустан,
Бербей койсо кокустан,
Энеке, бербей койду – деп,
Мен шордууга айта кел,
Бейли кара ит менен
Жамандашай кайта кел.
Бабаңан калган бадырек,
Баштап атса чоң дүмөк,
Жазайыл түшүп мойнума,
Кан төгүлүп койнума.
Көп азап болуп башыбыз,
Көкбөрү болуп жулунуп,
Көмүрдөй кара чачыбыз,
Бүлкүлдөп басып көрүнүп,
Бүлдүркөн ала көйнөктөр,
Бүктөөсүнөн сөгүлүп,
Бүлкүлдөп канкор төгүлүп,
Чач тытылып чыркырап,
Чымындай куу жан быркырап.
Алар түмөн, биз жалгыз,
Күчкө салып келгенде,
Чыңырдык ыйлап кайгырып,
Атакеңдин Аккелте,
Аккелтеден айрылдык.
Аккелте жайын сурасаң,
Алышкан жоого сунганда
Өзүнөн өзү атылган,
Бет алышкан көй душман
Азапка өзү чатылган,
Ажалдуу душман катылган.
Кыюусуна келгенде
Сунганда ооздон ок кеткен.
Ок кабылган душмандар
Түтүндөн мурун топ эткен,
Ок жеткенде ал кеткен.

www.bizdin.kg

Кабылып жетсе кан кеткен,
Канга аралаш жан кеткен.
Окчонтой огун сологон,
Беттеше кирген душмандар,
Мээнетин тартып кологон.
Жоону көздөй сундурса,
Жер бузулуп, кан кеткен.
Сундурганда барс эткен,
Ыштыктан түтүн бураган,
Беттешкен душман ураган.
Айбаттуу мылтык Аккелте,
От болот огу муштумдай,
Аккелте жайы ушундай.
Бет алышып сундурган,
Сундурса жанды тындырган.
Көздөсө огу кабылган
Кабыла тийген душманы
Каран түн көрүп чабылган.
Туурасынан тийсе ок,
Душман айла таба албай,
Чымындай сөөгү кабылбай,
Кезиге калса огуна.
Кейип сөөгүн таба албай,
Алыска тийген Аккелте
Аккелте үнүн укканда,
Кабылса огу быркырап.
Кайрат кылбай оң душман,
Качууга кирген дыркырап,
Айтса болбой баш бербей,
Тамтыгы чыккан быркырап,
Милтеси жибек кызыл чок,
Кылында мындай мылтык жок,
Ичи болот, тышы алтын,
Он эки сайлап бураган.
Сундурган жоосу кулаган,
Беттешип душман турбаган,
Борумдап сайын болжогон,
Аз кыйшыгын Дөөтү уста
Бөлөкбай байкуш оңдогон,
Курчтан мындай болбогон.

Асылып чыкса жарыктык,
Айдалуунун айнеги,
Алыска атса Аккелте,
Аманат жандын эрмеги.
Аккелте жайы ушундай.
Артык болот Алмабаш,
Ыраак-жуук ылгабас.
Чактасаң алыс жүрүүчүң.
Чарпып өтсө көй душман
Айласы кетип дүрбөгөн.
Кароолун алтын орноткон,
Кабарын уккан кологон.
Кабыла келген сойлогон,
Келтеден мындай болбогон,
Керише кеткен оңбогон.
Кокондогу кожону,
Кокуйлатып ошону,
Кордоп турган кезинде,
Бузук жаңжал кыйшыкты,
Аалам шери чоң атаң,
Оңдоп турган кезинде,
Кара болот зулпукор,
Кадырлап таптап буй кылып,
Багып турган кезинде,
Ай-ааламга чоң дүрбөөн,
Салып турган кезинде –
Чоң атаң көкжал барыптыр,
Алмактуу үзөн конуштан,
Араба тарткан орустан,
Ашык деп тартып алыптыр.
Бабаңан калган мураапы,
Барлык элге сынаакы,
Эрмеги ашык, чын жолдош.
Эгерде мындай мүлк болбос.
Алыска атса болжошу,
Аманат жандын жолдошу,
Атып кирсе мүлк ошол,
Бабаңан калган курч ошол,
Көп дүйнө тепсеп чачканда,
Казынамды ачканда,

www.bizdin.kg

Төбөмдөн керип басканда,
Төрт түлүгүм чапканда,
Алтыным алып күйгөндө,
Ордону талап киргенде,
Көк көйнөк калды жонумда.
Аркада эркек балам жок,
Чапчышарга чамам жок,
Ушундай болуп дүйнө бок,
Калып калды Аккелтем,
Канчоро иттин колунда.
Уйпалады күнүмдү,
Уккун, уулум, муңумду.
Кутурган кулга бара кел,
Бек көкжал атаң буюмун,
Белекке сурап ала кел.
Белекке беттеп бербесе,
Жадаалдашпай кайта кел,
Канчороң бербей койду – деп,
Мен чиркинге айта кел.
Кеп кылсам кызык мунум бар,
Кейибей уулум угуп ал,
Бир буюмдун керт башы,
Ай-аалам малдын куну бар,
Ардактуу буюм мына ушул,
Карааным жетим угуп ал.
Түпкү бабаң чоң атаң
Алтайда өнүп туулган,
Ааламга салган чуулган
Кызыл-жашыл өрт күйүп,
Кымбаты журтка билинген.
Кыйындыгы көкжалдын
Кылым журтка чийилген.
Он экиде ордо чаап,
Ордолуу журтка аттанган,
Кабары жетип ааламга,
Какан шаардын канынын,
Даңзасына катталган.
Ак тулпар күтүп ат жыйып,
Азаматтан бат жыйып,
Тоюна токсон сойдуруп,
Жыйып алган жигитин
Кырк жоро деп койдуруп,
Басып жортор жер таппай,
Какандын бери жээгинде,
Каспан-Тоо талаа сеңирде,
Алтын-Тоонун белинде,
Жан жүрбөс бетпак чөлүндө.
Кайыбынан кабылган,
Асмандан түшүп зулпукор,
Бабаң көкжал баатырга
Кез келип ошол табылган.
Кыргындуу болот экен – деп,
Кооздоп алтын кат койгон,
Олуя чалдын эр Бакай
Зулпукор деп ат койгон,
Зулпукор өткүр өрт кылыч,
Беттешип жоого кол салса,
Берен жоого кол салса,
Өзү өрттөнүп кызарган,
Жолуккан жоого шилтесе
Кырк кулач болуп узарган.
Мизи тийсе ал кеткен,
Шилтеп көрсө жан кеткен,
Чапканда мизи илинбей,
Тийгендиги билинбей,
Кашкая түшүп кан кеткен.
Ташты чапса чаң чыккан,
Кумду чапса от чыккан.
Беттешип душман келбеген,
Беренсиген көй душман,
Беттеп кокус кол салса
Уругун аман көрбөгөн.
Кыйкырып кындан чыгарса,
Кан ичсем деп дегдеген,
Кабылыша кеткен жан,
Эсен үйрүн көрбөгөн.
Чабуучу болсоң курч ошол,
Бабаңдан бери кыдырып
Мураага калган мүлк ошол.
Мурунку калган курч ошол.

www.bizdin.kg

Эренге андай кабылбас,
Эч адамга табылбас,
Болоттугу көрүнгөн,
Беттешкен эки бөлүнгөн.
Маңдайлаша келгенде,
Душман каны төгүлгөн,
Байкасаң мындай зулпукор,
Калайманды салганда
Кайып болуп керт башы,
Тон-тонобу көй душман,
Олжо кылып алганда.
Кең Таластын жонунда,
Калган экен курч болот
Канчоро какшаал колунда.
Мураапың жыйнар ала кел,
Атаман калган мүлкүм – деп,
Бузулган иттен сурай кел.
Деген сөзгө көнбөсө,
Аларыңды бербесе,
Энеке, бербей койду – деп,
Мен байкушка айта кел,
Жамандашпай кайта кел.
Бабаң Бакай карыга,
Келсе чамаң бара кел,
Белекке калган мураа – деп,
Байкуш бабаң карганды
Бери карай ала кел.
Өлүп калса окустан,
Дүйнөнү таштап кокустан,
Өлүп калса бабаңды
Баатыр Бакай абаңды,
Белинен кармап бүктөй кел.
Боз айбанга жүктөп кел.
Колуң тийсе окустан,
Ээнчилик болсо кокустан,
Жетик көрүп, оюп кел,
Боз айбан атап союп кел.
Колуң менен бабаңды
Белгилеп жайга коюп кел.
Бабаң Бакай карыя –
Адамдан башка олуя.
Боз айбанын союп кел,
Кара ашына жетимим,
Кампая тартып тоюп кел,
Бир каадалуу жерге коюп кел.
Белги сөз ушул билип ал,
Береним, уулум, тилимди ал.
Чоң энекең Каныкей,
Чоң олуя киши эле,
Олуядан айрылган
Кудайдын салган иши эле.
Кор болуп ыйлап кайгырып,
Каралдым энем мекенден
Калып калдык айрылып,
Капкалуу кара шаарыман
Кашатка тиккен айлымдан,
Медер кылган мекенден,
Бериштедей актыгы –
Береним энекемден
Чыркырап ыйлап кайгырып,
Чымын жан таттуу өлгүчө
Чын энемден айрылып.
Чыңырып ыйлап жайлоо жеп,
Кордук көрүп байлоо жеп.
Эсепти жаман таптырып
Эмчекти жара чаптырып.
Эки көзүм алактап,
Колу-бутум шалактап,
Энекең долу байланып,
Эки көзүм жайлоо жеп.
Каным качып жутулуп,
Карыпчы тонум тытылып,
Чыңыргандан кайгырып,
Калдайган карам айрылып,
Талоон көрүп турганда
Кылычтап кыйды желемди.
Балталап кыйып мөмөмдү,
Тебелеп тепсеп тирүүмдү,
Карабай кагып жинимди,
Тутам кылып күнүмдү.

www.bizdin.kg

Чыңырсам укпай үнүмдү,
Чын кыйыным кырганда,
Кызырлуум кыргын кылганда,
Түгөтүп көкжал төрөмдү,
Тартып алган берени
Мен энең шордуу колунан
Мекедей мураа энемди.
Жалынсам укпай тилиңди,
Бир тутам кылган күнүмдү
Кучактап сүйүп мөмөмдү,
Эмчегинен бир жыттап,
Ак байбиче энеңди,
Жулунуп чачым суюлган.
Эки көздөн аккан кан,
Омуроом ылдый куюлган,
Чыркырадым кайгырып.
Чын энемден айрылып.
Арамдар сабап турганда,
Бу кордукту кылганда,
Кирейин десем жер катуу,
Өлөйүн дейм жан таттуу.
Көп күйгүздү мөмөмдү,
Талканым таза чыгарып,
Тартып кетти энемди,
Кең байбиче энекем,
Кең бейилдүү урмекем.
Тирүү кантип турам – деп,
Ушундан ары ээ эне,
Кимди меке кылам – деп,
Өлүмгө мойнум бургамын,
Талкалап чачым жулгамын.
Өткөн иштин жайынан,
Энекемдин айынан,
Чыркырап үндү салгамын,
Чымындай жаным аябай.
Чын дүйнө кетсем мейлим – деп,
Ак байбиче энемди
Талашып өлсөм көөнүм – деп,
Алты миң нар, миң тайга,
Буюртуп алган ач албарс
Кынынан сууруп алгамын.
Кыстоо салып башыма,
Кызыталак жедигер
Кыжылдап жетип келгенде,
Таалайлуумду талкалап,
Далайым өрттөй бергенде,
Ач албарс колго алгамын.
Өткөн иштин жайынан.
Шордуу энеңдин айынан,
Жедигердин жүз балбан
Жара тартып салгамын.
Кара ниет Канчоро
Кара шайтан бузукту
Катындыгы курусун,
Жаза муштап калгамын,
Мөлтүрөп көзүм кайрылып,
Каралды кылган энемден,
Калып калдым тирүүлөй
Кордук менен айрылып.
Оң капталым сол эти
Очогор тийип бөлүнүп,
Он эки мүшкүл, миң зордук,
Төбөмдө чукул көрүнүп,
Өксөп-ыйлап кайгырып,
Өңгөчө кордук, дүмөк иш
Энекемден айрылып.
Төкпөй калдым канымды,
Курсакта алтай күмөн бар,
Кыйбай калдым ушинтип,
Кызыталак жаныңды.
Безилдеп ыйлап кайгырып,
Каралды кылып отурган,
Энекеңден айрылып.
Ич өрттөнүп кан кетип,
Мен шордуудан ал кетип,
Катындыгы курусун
Белеси бийик белим жок,
Бек мүшкүл көрүп дүйнө бок.
Катындыгы курусун,
Кармаша кетер чаркым жок.

www.bizdin.kg

Байкуштугум сында жок,
Атышты арбын салуучу
Айгай артык балаадан
Ажыратып алуучу
Асыл уулум мында жок,
Бел байлаган белимден,
Медер кылып отурган
Береним уулум анда жок.
Ич өрттөнүп боорум жок.
Канатым жоого жулдуруп,
Ич өрттөнүп калың көк
Ошондо уулум сен болсоң,
Бузбайт белем канымды,
Чачпайт белем малымды.
Кыжылдаган жедигер,
Кыйбайт белем жанымды,
Таластын төмөн оюна
Чийбейт белем сызыкты.
Беттешип кирип урушуп,
Салбайт белем бузукту.
Кечээ камап душман келгенде,
Карып болуп биздин эл
Катуу мүшкүл көргөндө
Кылбадам иштин дурусун,
Катындыгы курусун,
Алдырып ийдим малымды,
Олжолоттум жанымды.
Кыйдырдым жибек желемди,
Тарттырып ийдим мен ошол
Таалайга бүткөн энемди.
Энекеме кезиксең,
Амандаша бара кел,
Медер кылып алууга,
Берен энең таалайды
Бери карай ала кел.
Көргөзө көргүн көзүмө,
Адамдан артык мекенди
Балам, ала келгин өзүмө.
Таштап салсаң жаманат,
Эрен уулум, угуп ал,
Энекем саа аманат!
Ала келсең өзүмө,
Ак байбиче энемди
Көргөзө көр көзүмө.
Көрүнө тиктеп көрөйүн,
Эмчегинен бир жыттап,
Андан кийин өлөйүн!
Каз айланбас кара зоом,
Кайрандан калган улуу тоом,
Көргөн көздүн карасы,
Жүрөгүмдүн барасы,
Жангызым, балам, аман жүр,
Энеңдин болбойт чамасы.
Саламат барып, сак келгин,
Шордуу энең байкушту
Сагындырбай бат келгин,
Эсен барып, соо келгин.
Жетим уулум өзүңдү
Жети күндүн биринде
Аман көрсөм көзүңдү
Каралдым жетим келет – деп,
Алты күнгө күйөрмүн
Алты күндө келбесең,
Ак дидарың көрбөсөм,
Ажалдан мурун өлөрмүн».
Айдай катын Айчүрөк
Өлгөндө көргөн баласын,
Көп бөлүнтүп санаасын,
Жалпы мүшкүл кыйын иш,
Жаңгыздын жөнүн карачы.
Көңүлү көп-көп бөлүнүп,
Көздүн жашы төгүлүп,
Кайрылбай бала калчудай,
Кайгыланат Айчүрөк,
Жөн эле бир казатка жортуп
барчудай.
Көп капасы куурагыр,
Көрүшүшпөй калчудай,
Чыңырды катын чыркырап,
Чындай албай буркурап.

www.bizdin.kg

Кайраттанып сабылып,
Кайнатасы канкордун
Арбагына жалынып.
Көңүл чөгүп бөлүнүп,
Көрсөң шумдук ушул иш,
Көзүнөн жашы төгүлүп.
Бөдөнөдөй көзүнөн
Бөлөк-бөлөк жаш агып,
Карагаттай көзүнөн
Камчы бою жаш кетип.
Мурундун суусун тарта албай,
Көздүн жашын арта албай,
Ыйлап турат чыркырап,
Болбой ойлоп санааны
Болжобой санап баланы,
Бышып-жанып күйүнүп,
Жол көрө элек жалгыз уул
Жоругу кандай болор – деп,
Жеңекең турат күйүнүп.
Энеси минтип турганда,
Каарланып эр Сейтек
Каарланып камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Эрен тууган бу кургур
Энесине сүйлөнүп,
«Кокуй, энем» не дейсиң
Ажалдуу киши өлбөйбү,
Алда жасса буйрукту,
Бенде чиркин көрбөйбү,
Ажалы жеткен өлбөйбү.
Бериште беш кол сунганда
Бенде бизге керек – деп,
Буйрук кылып турганда
Сүйлөөдөн куу тил тутулар,
Жебирейил жалаңкыч
Беттеп каршы желгенде,
Беш колун суна бергенде,
Жан кетип адам өлгөндө,
Киргизбейби казган көр,
Опат болсо ааламды
Батырбайбы кара жер.
Кайгырбагын, эне сен,
Эрен кандын тукуму
Элин таппай тынабы?
Эл таппай коюп жигитти
Ушинтип Кудай урабы?
Кулалы учат жерине,
Курган эр кетет элине
Телик куш учат жерине,
Тентиген кетет элине.
Каралды кылып отурган
Кайран элге кетемин.
Канзааданын жалгызы,
Качып жүрүп нетемин.
Медер кылып отурган,
Белгилүү элге кетемин.
Бекзааданын баласы,
Журттан безип нетемин.
Күңгөйүндө күмүш бар,
Сары адыр чалкак белине,
Сагындым кетем элиме.
Адырында алтын бар,
Аска тоо күдүр белиме,
Санадым кетем элиме» –
Деп, ошентип, эр Сейтек
Энесин коштоп муну айтып,
Эчен бөлөк шумду айтып,
Айчыгы алтын туу кылып,
Ок өтпөстөн тон кийип,
Ок жетпес күлүк ат минип,
Кылкүрөңдүн куйругун
Кыйгачынан бир түйүп,
Элкин Кең-Кол, кең Талас,
Жерине кетти эр Сейтек.
Аргын, кыргыз кайран журт
Элине кетти эр Сейтек.
Адырмак ала белди ашып,
Ашуусу кымбат тоо басып,
Бет алгандан жол жүрүп,

www.bizdin.kg

Ат аябай мол жүрүп,
Тынып тулпар чалдырбай,
Жамбаштап уйку кандырбай,
Чыканактап тынч албай,
Чырым этип уйку албай,
Ашып-шашып желигип,
Арстандай ээлигип,
Токтоо кылбай жол жүрүп,
Ал аябай мол жүрүп,
Береңиң кайдан аянды,
Ээр белдей мунарык,
Мунарыкты таянды.
Мунарыктын бер жагы,
Аскасы артык керүү экен.
Кара-Буура, чоң Чаткал
Таласка тушташ черүү экен,
Кыясы кыйбат тар экен,
Кырка жагы жар экен,
Тоосу кемер керүү экен.
Кең Чаткал тоосу дээр экен
А Чаткалды ашты эле,
Алды жагы кең Талас –
Кең Таласты басты эле.
Жаныбарым кең Талас –
Жаткан экен чалкайып,
Мунун тоосу бийик даңкайып.
Булагы ашып-ташыптыр
Булбул сайрап таңшыптыр,
Муңу бар киши жашыптыр.
Жалбырагы жаргактай,
Кара курту бармактай,
Балтыркан чөбү билектей,
Маралы качып чу десе,
Мала кашка инектей,
Чырпыктары чынардай.
Чымчыктары улардай,
Кескелдириги жыландай.
Куландары кунандай,
Жыландары жыластын,
Бүктөп түргөн аркандай.
Алда Таала жандарды
Жаратат экен ар кандай.
Өзөн тайпак чалкайып,
Өндүрлүү тоосу даңкайып,
Жаныбарым Таластын
Тоо курчаган кары бар,
Толгон жандын баары бар.
Жан жараткан макулук,
Толгон экен абыдан
Адырдан күкүк күүлөнүп,
Токойдогу булбулу
Муңканып эчен сүйлөнүп,
Муңдуу булбул сүйлөнсө
Муңу бар киши уккусуз,
Муңайып адам кыйла жан
Кызыгына чыккысыз.
Талдары бар ийилип,
Адырдан аркар түйүлүп.
Будурдан бугу буюгуп,
Мына тектиринде текеси,
Каршы-терши куюлуп.
Кулактарын чунайтып,
Бөксөсүн бөрү жойлоптур.
Куйруктарын чубалтып,
Түзүндө түлкү ойноптур.
Жорго тоодак, чоң тоодак,
Адырын оттоп бөлүнүп,
Ар ырыскы чын жыргал,
Өндүрдөн агы төгүлүп.
Жаныбарым кең Талас,
Алмасы аттын башындай,
Жаңгагы сайдын ташындай,
Бетеге белден буралып,
Кызгалдак чөп, кымыздык
Белден бурап чубалып,
Тарашалуу керүүдөн
Тарап булак бөлүнүп,
Таң калды белем Таласка
Баланын көөнү бөлүнүп,
Бейлеп көрсө кең Талас

www.bizdin.kg

Бейишке катар көрүнүп.
Ашуусун тозгон кары бар,
Адамга кызык дүйнөнүн
Абайлап көрсөң баары бар.
Түлкү мурут, жонкучка
Көкөмерен, ак сокто,
Түрлүү чөптүн баары бар.
Көргөн бенде тойгудай,
Көрсөң мындай Таласты.
Урлуу бактуу килемди,
Таласка жайып койгондой,
Көргөн жандын көөнү ток,
Көрсөң Талас бек кызык.
Кермеге күлүк керилтип,
Байлап жатчу жер экен,
Күн тамаша, түн оюн
Жайлап жатчу жер экен,
Коштон кийип суусар бөрк,
Ыргап жатчу жер экен,
Кунан минип, куш салып,
Жыргап жатчу жер экен.
Эриксе элик атышып,
Эчен кызык тамаша
Эрикпей ойноп жатышып,
Каргылап тайган ит алып,
Кара барчын куш алып,
Салбай турган жер бекен.
Өңгөчө оюн кызыкка
Батпай турган жер бекен,
Көп тамаша оюнга
Канбай турган жер бекен,
Кадуу жердин из издеп,
Чалбай турган жер бекен?
Өңгөчө оюн кызыкка
Батпай турган жер бекен.
Бөлүнүп орто чын мөрөй,
Атпай турган жер бекен.
Элкин ойноп кызыкка,
Батпай турган жер бекен.
Элкин ойноп, эл күлүп,
Жер кадырын эл билип,
Жатпай турган жер бекен.
Аламан оюн көкбөрү
Тартпай турган жер бекен,
Ар кызыкка жигиттер
Батпай турган жер бекен,
Адыр чалып, алтын таап,
Туу куйрук түйүп атын чаап,
Абийир берген эр озуп,
Ак болот алып, жол тосуп,
Ат арытып жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Оңжоңдонтуп тулпарды
Минбей турган жер бекен?
Кынай белди буунуп,
Кыргызга коргон туулуп,
Кынай белди курчанып,
Кырышкан жоого кол салып,
Тийбей турган жер бекен
Кымызга тоюп, кыз ойноп,
Кызыкка батып эр жыргап
Жыргабай турган жер бекен,
Казанбактай кара бөрк
Калык коргону туу кылып,
Ыргабай турган жер бекен.
Кошоктошуп тең күлүп,
Жыргабай турган жер бекен?
Жаныбарым Таластын
Адыры бар, бели бар.
Албан түрлүү чөбү бар,
Адамга керек көбү бар.
Бетеге өсүп, чөп өсүп,
Ар бир мыктуу чалкактан
Алтындай булак куюлган.
Кумар болуп, эр күлүп,
Жигит жатар жер экен.
Кулундап, төлдөп мал өсүп,
Жыргап жатар жер экен,
Жаныбарым кең Талас –
Токою бар, чери бар,

www.bizdin.kg

Толкуган эчен чеби бар.
Толуп жаткан тамаша
Бүткүл жыргал көбү бар.
Жылгын, кайың-талы бар,
Карагай, кайың көк тиреп,
Ар сонундун баары бар.
Ал черинин ичинде
Ай арстан дагы бар,
Чагарак куйрук чаар жон,
Жолборстору дагы бар,
Жан жараткан макулук,
Кулак угуп, көз көргөн
Адам айткан, баары бар.
Дүнүйө кайнап, нык толуп,
Жаныбарым Таласка
Бүткөн экен абыдан.
Жер соорусу турбайбы,
Жердеген кыргыз тунбайбы!
Ата конуш кең Талас –
Аркы атам тапкан турбайбы!
Атаганат дүнүйө ай,
Буга жаткан адам тунбайбы.
Тектир адыр жерине
Теке-кулжа токтоптур,
Тегиз токой ичине
Торопой каман оттоптур.
Жандары бар жаныбар,
Жаныбарым Таласта
Жан бүткөндүн баары бар,
Тоо жагын карасаң,
Ылайым кетпес кары бар,
Токой ичин карасаң,
Коко тамак, чары бар.
Жаратылган макулук –
Макулуктун баары бар.
Карчыга, чеке куштары
Камчыланат учканы.
Кулалы, чекир куштары,
Куп камынган куштары.
Үйдөй-үйдөй чынары,
Жер соорусу Таласта
Толуп атат булары.
А чынарды караса,
Жаныбарды кааласа,
Бир бутагын байкаса,
Самсаңдаган сартууган
Бир бутагын караса,
Ала карга а тууган,
Бир бутагын караса –
Ала моюн таан тууган.
Бир бутагын караса,
Үксөйүп үкү ал турган,
Бир бутагын караса,
Кымпый кыргый бу тууган.
Бир чынардын өзүнө,
Албан түрлүү жан тууган.
Жаныбары Кең Талас,
Жердин күрү турбайбы,
Жердеген кыргыз, аз аргын,
Элдин гүлү турбайбы.
Калың кыргыз ай тартып,
Конбой турган жер бекен,
Күндүз шапар, түнү оюн
Болбой турган жер бекен,
Көк сүлөөсүн кымбат бөрк
Ыргабай турган жер бекен,
Кошоктошуп көп ойноп,
Жыргабай турган жер бекен,
Тирүүлүк камы ушу – деп,
Ойлобой турган жер бекен,
Оймок ооз, бото көз,
Ойкучтаган кумар көз,
Кырмызы көйнөк, айча бел,
Кылтылдаган сулууга
Жатпай турган жер бекен?
Кыйын оюн, күлкүгө
Батпай турган жер бекен?
Түзөң тоо кең чалкак
Конбой турган жер бекен?
Күндүзү келин, түнү кыз,

www.bizdin.kg

Болбой турган жер бекен?
Мөрөй тигип, байге атып,
Батпай турган жер бекен,
Бай эртеңден ордону
Атпай турган жер бекен?
Чатыраш ойноп даң салып,
Жатпай турган жер бекен.
Ээ, жаныбар кең Талас,
Айбанында порум бар,
Албан түрлүү сонун бар.
Бу жаныбар Таласта
Кара эгинден күрүч көп,
Калайынан күмүш көп,
Боз коёндон түлкү көп,
Босого жыйган мүлкү көп,
Жаңжалынан күлкү көп,
Жан жыргатар мүлкү көп.
Жылгындуу Кең-Кол жер экен,
Чын жаралып таалайга
Жаралып калган жер экен.
Миңдей бөлөк чөбү бар,
Жаныбарым Таласта
Ар сонундун баары бар,
Адырында арпа баш,
Ар түрдүү чөптүн баары бар.
Адамга керек жаралып,
Бүткөн экен абыдан
Будуру бар, чаты бар,
Алтындан кымбат ташы бар,
Жаныбарым Таласта
Ар кызыктын башы бар.
Жылгыны бар, талы бар,
Абайласаң Таластын
Адамга кызык баары бар.
Көхардан кымбат баркы бар,
Көрүп каалап жердеген,
Көкжалым атам каркыбар.
Чалкайган адыр түзөңгө
Жакалап калкы жайлаган.
Эң карысы элинин
Миңден кысыр байлаган,
Кемпири куйрук чайнаган.
Керүүсүн адам жайлаган,
Адыры токсон бөлүнгөн,
Абайлап көрсөң бу Талас
Кыргызга таалай көрүнгөн.
Киндигин кесип, кирин жууп,
Өндүрлүү сууга төгүшкөн,
Эл көбөйүп, журт өсүп,
Ушерден көктөп өнүшкөн.
Ботом, шордуудан биздей бар бекен,
Тентип жүрүп көрүшкөн,
Өзөнү даңкак чалкайган,
Жердей сонун бар бекен,
Биттейинде биригип,
Кенедейде кезиккен,
Бармактайда баш кошуп,
Киндиктеш болуп туулган,
Элдей сонун бар бекен,
Элден тентип каңгырап,
Атасынан айрылган,
Мендей шордуу бар бекен?
Сары адырмак кырка тал,
Жерди көрүп бир ыйлап,
Аргын, кыргыз аты уйкаш
Элди көрүп бир ыйлап.
Атасы Манас кароолу
Тууну көрүп бир ыйлап,
Алтындай таза туптунук
Сууну көрүп бир ыйлап,
Каптал жагы Капка-Таш
Чепти көрүп бир ыйлап,
Атасы чыккан Кан-Жайлак
Бекти көрүп бир ыйлап,
Туура жагын караса
Бакай кандын казына –
Үңкүрдү көрүп бир ыйлап,
Ар кызыгы шайма-шай
Жерди көрүп бир ыйлап,
Айтылуу кыргыз, аз аргын

www.bizdin.kg

Элди көрүп бир ыйлап,
Ат аябай жол жүрүп,
Аянбастан мол жүрүп,
Чоң Кең-Колду жакалап,
Баткендин боюн бакалап,
Жылгындыны сыдырып,
Үч Кошойдун бөксөсүн
Бою менен кыдырып,
Адыр-адыр бел ашып,
Арымак кызык жер басып,
Көтөрмөлүү урчукка
Салынып кирген тумшукка,
Мунарыктап бурчтанган,
Мунарык болуп учтанган,
Жөө туман түшүп учтанган,
Көз жетпеген сеңирге
Үч-Кошойдун жээгине.
Төрт-Күлдүн төмөн жагына
Төрө Султан кайран шер,
Манастын сайган багына
Бала жетип келди эле,
Сары керүү кайкаңга
Өзөнү жылгын тайпаңга,
Бала жетип келди эле.

Сейтек энесин издеп жерине келгени Каныкейге кезигишип, элдин, жердин маанисин сурап турган жери. Канчоро эки музоонун ортосуна Каныкейди кордук кылып байлап койгон жери. Каныкей Сейтекке сөзүн айтып бүтө электе, эки музоонун башын Сейтектин кесип алганы жана Каныкей Сейтекти, Канчоро кандан өлгөнчө сенден өлөйүн деп, Сейтекти тааныбастан этектен алып, оодара тартып алган жери. Эмнеси болсо дагы энеме кордук кылып жаткан койчу-колоңдун бирөө экен деп, канымды ичкизип, же канын төгөйүн деп, ар качандан бир качан ушулардын кордугу өтүп кетти деп, Акбаланын: «Карма, эне, карма» – деп Акбалтаны колуна кармап келген жери.

Чын Кырчындын оюнда,
Чоң чынардын боюнда
Жакын жетип келгенде,
Көрсөң сонун иш кыйын
Бет алдынан буркурап,
Боздоп чыкты бир буюм,
Ал буюмду караса –
Ойсул ата боз инген,
Баатырдан калган төө экен,
Жүктөп айдар жүгү жок,
Айтайын десе тили жок,
Ойсул ата мал экен.
Адамдын сүйгөн малы бар,
Ай боз инген жаныбар.
Маң-маң басып, маң басып,
Төрт аягын тең басып,
Чуудаларын чаң басып,
Эки көзүн кал басып,
Төө энеси боз каймал
Жыл он алты болгуча
Бөгүп калган кези экен,
Өйдө турбай ордунан
Чөгүп калган кези экен.
Көздүн жашын иргилтип,
Төгүп турган кези экен.
Кыбыланы бет алып,
Эки өркөчүн койкойтуп,
Өрдөктөй мойнун оркойтуп,
Чөгүп калган кези экен.
Түзөндөн басып чөп чалбай,
Чык эткизип суу ичпей,
Моюн жерге салыптыр.

www.bizdin.kg

Он алты жылга боз каймал
Боздоп жатып алыптыр.
Ээгин ташка артыптыр,
Боз каймалдын азабын
Акбала шордуу тартыптыр.
Көдөөдөн жулуп чөп берип,
Көнөк менен суу берип,
Чыңырып ыйлап чыркырап,
Айбан минтип турганда
Адымдын жаны кандай – деп,
Опсуз ыйлап буркурап,
Сейтек кейип турду эле,
Кейишти мыктап кылды эле.
Өлөмүн деп өлө албай,
Керектүү жанды кыялбай,
Кейигенден ал бала
Көздүн жашын тыя албай.
Кымбат башка күч болуп,
Айбандан белги иш болуп,
Атаман калган малым – деп,
Талаада калган барым – деп,
Талаанга түшкөн жаным – деп,
Талыкпай кейип турду эле.
Адамды Кудай албайбы,
Артында мал-баш калбайбы» –
Деп, ошентип, эр Сейтек,
Кубарып өңү бөлүнүп,
Кан иччү түрү көрүнүп,
Айдаса баспай боз каймал,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Кыбыланы бет алып,
Чөгүп алды боз каймал,
Көздүн жашын куюлтуп,
Төгүп алды боз каймал.
Чууда жүнү бөлүнүп,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Аза күтүп жаныбар
Армандуу малдын өзү экен,
Уулу Сейтек келсе – деп,
Тосуп жүргөн кези экен,
Тосуп жүргөн боз каймал,
Аттан түшүп жүгүрүп,
Ак канжар колго алды эле.
Желмаянды чалды эле,
Жыкпай туруп жыластын
Башын кесип алды эле.
Өрттөнүп ичи чок болуп,
Болугуп Сейтек баланын
Ок жыландай октолуп,
Урунуп учу тоо таппай,
Уруша кетчү жоо таппай.
Кыйла мыктуу балбандай,
Кылымга кыргын салгандай,
Жасалып адам уулунан
Жаралат бенде ар кандай,
Алагай көзү Чолпондой,
Айбаты аскар калкандай.
Кайраты мыктуу, заары күч,
Катылганды кылар түз,
Оройлонгон жоо келсе
Оёнуң бала оргудай.
Оңутуна келгенин,
Оңдолбой тийип сойгудай.
Кыйласына өрттөнгүр,
Кыйратып кыргын салгандай,
Кыйлаларын талкалап,
Душманын жеңип алгандай.
Жаралып адам уулунан
Болот экен ар кандай,
Кайнардын кара көзүнө,
Как чынардын өзүнө,
Бала жетип барды эле,
Көргөндө көңүл бөлүндү.
Күндүк менен күн көргөн,
Бир кара кемпир көрүндү.
Устукан сөөгү жайланган,
Артына колу байланган,
Артыкча шору кайнаган,
Кысыр эмди торпоктун
Ортосуна байланган.

www.bizdin.kg

Торпоктор кетет сайгактап,
Сүйрөлүп кемпир чыркырап,
Таманы ташка быркырап.
Этинин баары бөлүнүп,
Канынын баары төгүлүп,
Көйнөктүн баары тытылып,
Кордуктан качан кутултуп.
Торпок токтой калганда,
Арманын айтып чыркырап,
Боздоп атат буркурап:
«Маңдай сөөгүм кайкы экен,
Балдарымдан айрылып,
Күн көрөрүм тайкы экен.
Кежиге чачым чөп экен,
Жыргалымдан жыласым
Айза салым көп экен.
Алда Таала кудурет,
Не үчүн адам деди экен.
Адам бенде азабын
Артыкча тарттым, куу дүйнө ий,
Эмчегин берип эмизген,
Канчоронун азабын
Ордо кармап, үй күтүп,
Олуяны тең күтүп,
Май жайнатып, кант алып,
Байбиче болуп аталып,
Үзүлгөндү көп улап,
Чачылганды көп жыйнап,
Ордо кармап, үй күтүп,
Каалаган Кадыр түн болуп,
Кан байбиче мен болуп,
Кымбат жагдан, кишичик,
Ыргап турган кезимде.
Кызыр чалып бир кыйын,
Жыргап турган кезимде,
Мында өлбөй не болдум?
Кымыз ичпес шордуу баш,
Кыйгыл суу таппай зар болдум,
Арак ичпес шордуу мен,
Ачкыл сууга зар болдум.
Буудай батпас оозума,
Буканын башы чак келди,
Таруу батпас оозума,
Тананын башы чак келди.
Кайрат качып, күн өтүп,
Карып болдум минетип.
Кулундар бото барында,
Курулган шаар зор болдум.
Кулундун көзү өткөн соң,
Музоо багып, уй жайып,
Ушундай жайда оңбодум.
Көп мүшкүлгө чатылдым,
Кысыр эмди торпокко,
Көкбөрү болуп тартылдым.
Таманым ташка чор болду,
Өлбөй-житпей кайран баш,
Канчоро канга кор болду.
Эки колум шал болду,
Эки көзүм кал болду.
Күлчоро менен Айчүрөк,
Бир көрүүгө зар болдум.
Саамай чачым агында,
Сапарым жакын барында,
Кордук көрүп артылдым.
Адам эмес, шордуу баш
Айбанга көкбөрү тартылдым.
Азапка мындай чатылдым».
Өпкөлөп ыйлап зыркырап,
Боздоп турду буркурап,
Көздүн жашын карасаң –
Көл-дайрадай куюлуп,
Мурундун суусун карасаң,
Булакта суудай чуркурап,
Боздоп турат чыркырап,
Ыйлап турат буркурап.
Өлөйүн деп өлө албай,
Өлчөөсү кеткен өлүмгө,
Өзү басып баралбай.
Күл ботом деп чыркырап,
Күлчоро менен Семетей

www.bizdin.kg

Жаш ботолоп буркурап.
Кемпир минтип турганда –
Каарланып камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Карчыгадай чамынып,
Керүү тоодой залкайып,
Адырмак тоодой заңкайып,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Ал кемпирге сөз баштап:
«Карып болгон энеке –
Сандаган малың көп бекен?
Музоо-торпок кайтарчу
Айлыңда жашың жок бекен?
Ырдап бергин ырыңды,
Ушу бүгүн энеке,
Сүйлөп бергин чыныңды.
Айтылуу Талас жериңди,
Айтып бергин кебиңди.
Береки мунарык болуп бурчтанган,
Булуңгур болуп учтанган,
Кайсы кандын керүүсү?
Ак ала борчук, зоңкок таш,
Эмненин бели эле?
Тетиги будур-будур буюлган,
Будурдан бугу куюлган,
Будурдан бугу куюлса,
Тиги будурдун чөбү суюлган.
Боз адырмак сары кыр,
Кандай кандын керүүсү?
Тиги карарыңкы Капка-Таш,
Кандай кандын бели эле?
Бу Калдайыңкы көрүнгөн,
Кайсы кандын эли эле?
Боз мунарык, күйгөн чап,
Кайсы кандын ордосу?
Тегереги чынар бак,
Кайсы кандын багы эле?
Ортосунда алтын так,
Кандай кандын тагы эле?
Жергелеше калың эл,
Кандай кандын эли эле?
Тетиги түгөнгөн тоонун учукча,
Дүмүрөйгөн тумшукча,
Кайсы кандын эли эле?
Кырка тиккен сары бак,
Кыялдуу коргон салган так,
Кайсы кандын өзөнү?
Жергеси короо жети бак,
Кандай кандын ордосу?
Белеси коргон белиңдин,
Бел короого ээ болуп,
Баарыңызга дөө болуп,
Муну ээлеп турган эриң ким?
Эл бийлеген шериң ким?
Каары толук каның ким?
Эл бүлдүрүп, журт соргон,
Бу каары калың зоруң ким?
Ай-ааламды буй кылып,
Журтка дүмөк, шум кылып,
Жетимди колдоп жүргүзүп,
Жеткилең журттун баарына
Каарын калың билгизип,
Калың элди түтүнсүз,
Туура өрттөп күйгүзүп,
Кордоп турган чоңуң ким?
Эл кордогон зоруң ким?
Кары-жашты кор кылган,
Элге каардуу чоңуң ким?
Айткан тилди алыңыз,
Айтып турган бу кепти,
Кабарын айта салыңыз!
Бул кабарды айтпасаң,
Азыр жинге тиесиң» –
Кабар айтпай, жай айтпай,
Атасы канкор эр неме,
Ай-ааламды буй кылган
Шай колдогон шер неме.
Кылкүрөң оозун бурду эле,
Жерди сурап турду эле.
Калың кыргыз, көп аргын,

www.bizdin.kg

Элди сурап турду эле.
Мына ошондо Каныкей:
«Балам, сөлөкөтүң сөлбөтүң,
Адамдан артык көрүнөт,
Сенин атка минген келбетиң.
Балам, бир мүчөңдү карасам,
Эл бийлеген зарлардай,
Балам, бир мүчөңдү карасам,
Калык бийлеген адамдай.
Баатыр, бир мүчөңдү карасам,
Майдан багып, айза алып,
Кынсыз кылыч байланып,
Калайык баккан балбандай,
Бу Кудай Таала бендесин
Балам, жаратат экен ар кандай.
Балам, торпок баккан кемпирге,
Тозокту тарткан энеңе,
Азап көргөн жеңеңе,
Балам, мойнуң буруп турасың,
Ураанын ким, дайнын ким?
Улугуң ким, айлың ким?
Чекең тийген жериң ким?
Киндигиң кесип, кириң жууп,
Сени чоңураак кылган жериң ким?
Балам, менин жайым сурасаң –
Калайык элдин дайыны –
Кабылан Манас зайыбы.
Семетейдин энеси –
Дарыя көлдүн кемеси.
Кең көйнөктүн тазасы,
Ургаачынын баашасы.
Капкалуу шаардын кулпусу,
Калың журттун мамысы,
Ургаачынын төрөсү,
Кылым журттун энеси,
Кудайдын сүйгөн бендеси,
Олуянын эркеси.
Заманында зор болгон,
Ботосунан айрылып,
Канчоро канга кор болгон,
Өлүмдөн өксүп кайгырган.
Күйөр менен бышардан
Тыптыйпыл чогуу айрылган.
Музоо жайы каңгыган.
Каныкей энем экен – деп,
Көргөн бенде кайгырган.
Кордолуп кара жер болгон,
Эки көзү көр болгон,
Кулагы укпай кер болгон.
Каптал этин жооруткан,
Багалчак сөөгүн ооруткан,
Чачы түйдөк жүн болгон,
Канчорого күң болгон.
Кордуктан кыял бөлүнгөн,
Көзүнүн жашы төгүлгөн,
Айлантып балаа калың шор
Картайганда чөмүлткөн.
Балаа торгоп чырмаган,
Күйүткө бышпай турбаган.
Маңдай сөөгү кайкыраак,
Көрүүчү күнү тайкыраак,
Кежиге чачы ор болгон,
Кечкени калың шор болгон,
Түшкөнү темир тор болгон.
Тирүүлөй тозок кер болгон.
Тиштегени ок болгон.
Кечкени калың чок болгон,
Кейип-бышып жок болгон.
Өлүмдөн тирүү жүрбөгөн,
Тирүүлөй көргө кирбеген.
Балтыр этин жооруткан,
Согончогун ооруткан.
Касиет сөздөн укпаган,
Күңдүктөн башы чыкпаган,
Отун алып, от жаккан,
Кысыр музоо мал баккан.
Саамайы төрттөн өрүлгөн,
Жазайы колго берилген.
Бу дүйнөнүн кордугу
Өлбөй-житпей типтирүү,

www.bizdin.kg

Эки колго берилген.
Күндүк менен күн көрүп,
Мүшкүл тартып, суу ичип,
Карыптыкка үйрөнгөн.
Кысыр эмдүү музоого,
Кылганым барбы Кудайга,
Көк мээ болуп сүйрөлгөн,
Каныкей шордуу мен болом,
Кардай болду кайран чач,
Кадеми каткан шордуу баш,
Боздоп ыйлап, кайгырып
Ботолордон айрылып,
Жаралган бенде балдары,
Жаш кишиси өлбөсүн,
Карган калып кор болгон,
Бул өңдөнгөн мүшкүлдү,
Бендесине бербесин!
Жалпыны кырса кээ болот,
Кор көргөзчү бендесин,
Жаратканы чын болсо,
Жасабай койсо не болот?
Болоттун арты тон болот,
Балам, болбогон башым кор болуп,
Баштыкта чеңгел жүн болуп.
Кайран балдар барында,
Казы жебес кайран баш,
Канчоро канга күң болуп.
Өрт болуп жанып күйөбүз,
Жылаңайлак, жылаң баш,
Ал Канчоро баатырдын
Музоосун жайып жүрөбүз.
Күндүк кордук кылабыз,
Өлбөй, житпей турабыз.
Айчүрөк менен Күлчором
Адамдан ашкан жан эле,
Айчүрөктүн боюнда
Алты айлык перзент бар эле.
Эгерде эркек уул болсо,
Энесин издеп долуга
Көрүнүп калар чагы эле.
Келип калар табы эле
Өлөйүн дейм арыман,
Өлбөй тирүү жүргөнүм,
Ошондой кабар барынан.
Чачалбай турам канымды,
Кыялбай турам жанымды.
Күң кылып тутуп өзүмдү.
Ушундан кабар болор – деп,
Кыялбай турам өзүмдү.
Өлгөнү кетем арыман,
Өлө албай турам кулунум,
Ошондой кабар барынан.
Балам, сен арак ичпес массың го,
Акылдан боштоо жашсың го,
Баштакымды кеп салсам,
Мастык көөнүң бөлөрсүң.
Кордугуму мен айтсам,
Өрт болуп жанып өлөрсүң,
Балам, көзүңдүн жашын төгөрсүң.
Баштакымды кеп салсам,
Балам, мактангандай көрөрсүң.
Токой элем жан өтпөс,
Өрт каптап, кара жол болдум,
Чалкайган кара тоо элем,
Кулап кетип, кор болдум.
Балам, жал-куйруктан айрылып,
Сопол болуп турамын.
Мүйүзүм сынып башымдан,
Токол болуп турамын.
Артык элем ашындым,
Ак тулпар элем басындым.
Кара лөк элем жоорудум,
Байбиче элем оорудум.
Кан Манастын зайыбы –
Кан Семетей энеси,
Каныкей байкуш мен элем,
Кыраандардын энеси,
Кылым журттун төрөсү.
Кырк чоро эмес, кырк жоро,
Кыркынын жөнү кырк башка,

www.bizdin.kg

Кырк жерден келген көй кашка,
Кылым журттун төрөсү,
Кырк кыраандын энеси –
Ортолоп Кең-Кол жайлаган,
Ок өтпөс тонун камдаган.
Кара киши урлуусу,
Ургаачынын сулуусу,
Алтын сөөмөй, ак кыял
Адими жандын бири элем,
Мактансам кадыр түн элем,
Келер менен кетерди
Абайлап мурда билүүчү,
Каныкей бейбак мен элем.
Капалыктан кайгырып,
Канкор уулум Семетей,
Кадырман уулум Күлчоро,
Айдай балам Айчүрөк,
Алардан катар айрылып,
Ай бөксөрүп, күн өтүп,
Күңдүктө турам минетип.
Канчоро биздин каныбыз,
Артыкча кеткен алыбыз.
Аңгемени курасыз,
Балам, абалды сурап турасыз.
Сураса көңүл бөлүнөт,
Күң болуп жүргөн кемпирге
Тегеренип өрт жайнап,
Куу заман башка көрүнөт.
Өлтүрбөстөн, житирбей
Тамтаңдатып алакчы
Кор болгон биздей мискинди,
Шылдың кылат көрүнөт.
Жан өрттөнүп, ичим чок,
Ичимден жанат калың чок,
Төбөмдө турат мөндүр ок,
Ичим жалын, боорум чок,
Ошо балдарым аман келер – деп,
Кордукта башым көрөр – деп,
Жаратканга көөнүм ток.
Жылгынды, Кең-Кол, кең Талас,
Жерди сурап турасың.
Жыргалдуу аргын, көп кыргыз,
Элди сурап турасың.
Балам, аңырайган капчыгай,
Атаганат куу дүйнө,
Арманым айтам бир далай,
Тетиги төрткүлчө болуп көрүнгөн,
Белгиси кырк там чийген,
Алтымыш жигит, сексен уул,
Ордо салып жатышкан.
Кызыкка кымбат батышып,
Кадырман калыс кан шайлап,
Мөрөйгө токсон бээ байлап,
Бөлүнүшүп атышып,
Уттурган жагы утканын
Шылдыңдап күлүп калышып,
Сексен кысыр токсон бээ,
Алымдап салган мөрөйдү
Утканы союп алышкан.
Байыркысын сурасаң,
Балбаны бар, эри бар,
Бар кызыктар теңи бар,
Семетей кандын ордосу.
Эмдигисин сурасаң –
Кайраты бузук, заары күч,
Калайыкты кылган түз,
Балам, Канчоро кандын ордосу.
Тетиги тегиз тиккен чынар бак –
Ортосу омпол алтын так,
Кечээ ич этинен ок өтпөс,
Кийип турган кезиңде.
Ок жетпеген ар буурул
Минип турган кезиңде,
Ай-ааламды буй кылып,
Тушуккан жоону туш-тушка,
Тийип турган кезинде,
Көз көргөндү көкжал шер,
Сүрүп турган кезинде.
Ай-ааламды бир жерге
Ийрип турган кезинде.

www.bizdin.kg

Кечээ огойдон чыккан он төрт ат,
Байлап турган кезинде,
Кол салганды буй кылып,
Жайлап турган кезинде,
Туюктуу кара өзөндөн
Жол чыгарып турганда,
Асмандан жылдыз козголуп,
Алышкан журттар дос болуп,
Бир өзөндөн кол чыгып,
Бир жакадан баш чыгып,
Зулпукор колго илишип,
Душманга тегиз киришип.
Барып чаппас эл калбай,
Базарын чалбай жер калбай,
Ардай күлүк Буурулду
Минип турган кезинде,
Ай-ааламдын баарысын
Сурап турган кезинде,
Көйкашканы эрлерди,
Көз жетпеген жерлерди,
Сурап турган кезинде,
Атанып төрө, кан болуп,
Аскери алты сан болуп,
Атагы журтка даң болуп,
Катылган бенде кан болуп,
Кармашкан душман дан болуп,
Бет алышкан чаң болуп,
Берен уулум Семетей
Ийрип турган кезинде,
Эл башкарып, журт сурап,
Калайык көрүп калк чубап,
Илгеркисин сурасаң
Семетей кандын тагы ошол.
Балам эмикисин сурасаң:
Акты бузуп жол кылган,
Ай-ааламды кор кылган,
Канчоро деген кан чыккан,
Ал Канчоро капырдын,
Калк бүлдүргөн такырдын,
Каары күч заман акырдын
Минип турган тагы ошол.
Э, балам, тетиги кайнардын кара
көзүндө,
Как чынардын өзүндө,
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Айтам сөздүн эмкисин,
Артымда балам ээлер – деп,
Сайып койгон чынар, тал,
Белгиге койгон кан Манас
Чети кырка бак эле.
Журт башкарып, эл күткөн,
Атадан калган мураасы
Асыл чыккан жыласы
Семетейдин тагы эле.
Эл чуркурап, журт чуулап,
Курчап турчу ал эле,
Кудайдын берген чагы эле
Ал ордодо ак сарай
Каныкейдин ордо деп,
Журт атаган чагы эле.
Жылма калган бу жандан,
Эртеңкимди сурасаң,
Эпир кызык бар эле.
Эр уулум султан барында,
Ушу турган Таласты
Бет алып бенде келбеген,
Беттеп кирип, көп кытай
Бет алып кирип жеңбеген.
Артык койгон Ала-Тоо
Ала-Тоодо бээ байлап,
Ашуусун ээлеп журт жайлап,
Бо, кайран кыргыз жердеген,
Кагышып душман келбеген,
Аскери алты сан болгон,
Аңдып келип, көй душман
Көрүп, башы маң болгон.
Ок өтпөс кийген ойронуң,
Ой, Күлчоро кулунум –
Ушул элдин коргону,
Боздоп ыйлап каңгырап,

www.bizdin.kg

Карааны тоодой мураапы,
Кырааны журтка сынаакы.
Курчу булгун, сөзү көп,
Куп мураапы өзүмө.
Кызыл болот желегим,
Кызырлуу албан көкжалдан
Канкор кара көзүнөн,
Кабылан Албам өзүнөн,
Алып калган мураапым.
Бу балдардан айрылдым,
Буйрук ушул кулунум,
Музоо багып кайгырдым.
Айрылдым эки ботомон,
Өлбөсө сүйлөйт тилибиз,
Күндүк менен күн көрүп,
Ушундай болду күнүбүз.
Муңдуу болду сөзүбүз,
Караргандан түнөрүп,
Кал болду эки көзүбүз.
Күбүлүп кеткен тишибиз,
Күндүк-кордук ишибиз,
Бузулган минтип ишибиз.
Бекчейди биздин белибиз
Буудан балдар барында,
Каныкей эне дедирген
Калк казына зор болдук,
Кайран балдар көзү жок,
Көкбөрү болуп торпокко
Көз кашайып кор болдук.
Оңдуу кийген тонубуз,
Казык болду колубуз.
Эч кимге өтпөй сөзүбүз,
Көкбөрү болдук өзүбүз.
Ыкчынат күндө белибиз,
Элге өтпөйт кебибиз.
Күндүк менен күн көрүп,
Ээ, атаңдын көрү, алакчы ай,
Эми сынды демибиз.
Тирүүлүк жайын угуңуз,
Күнүмдүк тирүү күн көргөн,
Олжо болду мунубуз.
Калың элдин коргону,
Канчоро биздин каныбыз,
Калбай күйөт жаныбыз.
Балам, баш-теріҥ башка көрүнөт,
Кордуктан көргөн байкушту
Ажыратып алыңыз!
Мойну жоон боз балдар,
Эселеги токмоктоп.
Өлбөй жүргөн капыр – деп,
Эчени сырды кылчу эле,
Канча бирөө урчу эле,
Оюнга шылдың кылчу эле.
Канчоро кандан бек мүшкүл,
Каар салып турчу эле.
Балам, сөлөкөтүҥ-сөлбөтүҥ,
Атка минген келбетиҥ,
Адамдан бөлөк көрүнөт
Уругуҥ ким, жайыҥ ким?
Ураанын ким, дайнын ким?
Киндигиҥ бууган жериҥ ким?
Туулуп өскөн элиҥ ким?
Астыңдагы мингениҥ
Кара күрөҥ, тайкы жал,
Карасак чыкпайт сендей жан.
Айбандан асыл минипсиҥ,
Журт кыдырып, жер чардап,
Көгөрө жортуп жүрүпсүҥ.
Бала, кундагыҥ арты бир кучак –
Жыгачтын мүлкүн илипсиҥ.
Урунарга тоо издеп,
Урушарга жоо издеп,
Кынсыз кылыч байланып,
Жай-жарагыҥ жайланып.
Жабдыгыңдын баарысын
Жай-жайыңа байланып.
Тоодон болгон шамалдай,
Толкуганыҥ дайрадай,
Комдонгонуҥ жолборстой,
Койгулашкан душманыҥ,

www.bizdin.kg

Беттешсе аман болбостой.
Кенендигиң керүүдөй,
Кең кайратың темирдей.
Баатырдыгың сеңирдей,
Ускатың бөлөк көрүнөт.
Устуканың көргөндө,
Мен Каныкей байкуштун
Көңүлү кетип бөлүнөт,
Көзүнүн жашы төгүлөт
Чымындай жаны чыркырайт.
Сай-сөөгүмдүн баарысы,
Быт-быт болуп быркырайт».
Кордук тарткан карыя
Ыйлап турду чыркырап,
Боздоп турду буркурап.
Кеп баштады армандан,
Ар бир кеби ар башка,
Муңдуу кеби ар кандай.
Бурулуп туруп сөз айтса,
Болот менен сайгандай.
Мына ошондо эр Сейтек
Угуп турду таңданып,
Сүт кымыран таң калып.
Акырын айтып, бек таштап,
Кордуктагы чоң энең
Каныкей шордуу кеп баштап,
Ойрон энең Каныкей
Олуязаада бу дагы
Жанындагы баланын
Ата-тегин сурады.
Эл башкарып, журт күткөн
Энекең кургур колунан
Эчен кылым иш өткөн.
Энең жайы ушундай.
Ар бир кеби эң кымбат,
Акылман адам тапкандай,
Кыйшыктуу кеби ушундай,
Кылыч менен чапкандай.
Баатырдыгы башкача –
Дүнүйөгө жаралып
Билгичтиги бир канча.
Касиеттүү жан экен,
Оң ийнинде бейбактын,
Айтуучусу бар экен.
Анда Сейтек муну айтып,
Ааламдан башка шумду айтып:
«Ата, кокуй, энеке,
Элсиз адам дейсиңби!
Жаратылып жан болгон
Жерсиз адам дейсиңби!
Төөгө минип айза алган,
Төрөлүү журт таң калган
Төп Күнжүт биздин жерибиз,
Индустан болот элибиз.
Ат арытып, жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Жер кезип өнөр кылабыз.
Торпок баккан карыя,
Өзүңө келип турабыз.
Ара жерде баш кошуп,
Аңгемени курадык.
Индиянын султаны
Атактуу кандын уулу элек,
Калктын кара көзү элек,
Канзааданын өзү элек,
Эрен да элек, шер да элек,
Эбегейдин бири элек.
Кандын кара көзүбүз,
Канзааданын өзүбүз,
Дене бошоп, кан кайнап,
Жүрөк толкуп көз жайнап,
Капа болдук ич кайнап.
Чачың куудай агыңда,
Сапарың чукул чагыңда,
Өрт болуп, жанып күйүпсүз,
Өткөндөн өксүп жарыктык,
Музоо жайып жүрүпсүз.
Ырдап айткын ырыңды
Баатыр көкжал энеси,
Ургаачынын төрөсү,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Бачым айткын байбиче,
Ичиндеги сырынды!
Жылгындуу, Кең-Кол жериңди айт,
Жердеп турган элиңди айт,
Аркайтып салган тамыңды айт!
Эл башкарып, журт күткөн,
Эрен болсоң аныңды айт!» –
Деп, ошентип, эр Сейтек
Жерин сурап турганда
Акырын айтып, бек таштап
Каныкей шордуу кеп баштап:
«Байыркымды мен айтсам
Мактангандай болормун.
Ары жок кемпир балпылдап,
Ашык айтып коёрмун.
Эки тизем чор болуп.
Эсепсиз мүшкүл кор болуп
Жүргөнүмө күйөмүн.
Күң болуп кетти Айчүрөк,
Кул болуп кетти Күлчоро
Экөөнөн кабар болор – деп,
Бу кезде күйүп жүрөмүн.
Өлгөнү турам арыман,
Айчүрөктүн боюнда
Үч айлык бала бар эле,
Кайгыланып күйүп чок,
Ошол аман болсо – деп,
Жаратканга көөнүм ток.
Кабар болуп алардан,
Жетилип балдар келсе – деп,
Көзүн көрүп Каныкей,
Ал балдарды көрсөм – деп,
Кайра-келбес чын жайга,
Балдарды көрүп өлсөм – деп.
Куурай болуп билегим,
Куп ошондо тилегим.
Күндүк менен күн көрүп,
Мүшкүл тартып, суу ичип
Ушинетип жүрөмүн.
Балам, ырдайын азыр ырымды,
Ымандай айтып чынымды,
Тегереги чынар бак –
Ортосу белги алтын так.
Аңгеме кызык бар эле,
Байыркысын сурасаң,
Аскери алты сан болгон,
Арбактуу журтка кан болгон,
Жүргөнүнөн чаң чыккан,
Кобуртунан жан чыккан,
Аскер күтүп кол толгон,
Аалам журтка зор болгон,
Семетей минген так ошол.
Жамгыр кылып, жаа тартып
Мөндүрдөй бөлөк ок атып,
Кең-Колду бузуп жол салып,
Калың кара жедигер
Каптап кирип кол салып,
Каарман эчен кан өлүп,
Кайраттуу эрдин баары өлүп.
Аткан ок күйүп, от болуп,
Кайда кеткен дайны жок –
Семетей уулум жок болуп.
Кайып болуп кеткенде,
Картайганда кан Бакай
Зорго түшүп кеткенде
Айчүрөк менен Күлчором
Колго түшүп кеткенде,
Көргөн адам дөө деген
Канчоро калыкты ээлеген,
Өнөгүн жанга бербеген
Канчоро кандын тагы ушул
Кыймалуу жагдан, кырк килем,
Кылымдын жайын чын билем.
Кермеге тулпар байлаган,
Керүүгө көчүп жайлаган,
Кемпири куйрук чайнаган.
Илгеркисин сурасаң –
Балам, Семетей кандын эли эле,
Эмикисин сурасаң,
Канчоро кандын элидир.

www.bizdin.kg

Алкым жагы ажайып,
Түбү түшүп түрү жок.
Байыркысын сурасаң,
Жолборс он беш төлдөгөн,
Жолу катуу а жайга
Жолоп адам келбеген.
Аскери алты сан болгон,
Адам барбас жай болгон,
Ажайып курган жер эле
Семетей канга ордо – деп,
Көргөн жан мындай дээр эле.
Илгеркини сурасаң –
Семетейдин ажайып
Калыгы чубап жөө болгон,
Эмдигисин сурасаң,
Канчоро какмар ээ болгон.
Тетиги алкымдагы ак сарай,
Илгеркисин сурасаң –
Калык чубап чуу болгон.
Калайыкка дуу болгон.
Аскери алты сан болуп,
Аалам журтка кан болуп,
Катылбай душман дал болуп,
Байыркысын сурасаң,
Семетейдин ак сарай
Кермеден тулпар мөңкүгөн.
Келишимдүү жайлаткан,
Огойдон чыккан он төрт ат,
Он төрт аттын ичинде
Орчуну буудан Буурул ат,
Кара кашка аргымак,
Бакай кандын Көк тулпар,
Ак сарайда бобулар
Бугудай мойнун бураган,
Булкунушуп чураган.
Буудандыгын билгенде,
Буй кылып ар ким сураган.
Сураганга бербеген,
Каран калган сарайга
Каттап адам келбеген.
А сарайдын оозуна
Желдеттери жетимиш,
Жаңжал десе жабылган,
Дарбазада сакчысы,
Кишинин мурду, кулагын,
Тумар кылып тагынган.
Балбандарын көргөндө
Байкаган душман багынган.
Бул кезекте ак сарай
Түркүгү сынып кулады.
Тулпар турмак, эшек жок,
Сарай бир эмес жылма там,
Мына жылма там болуп куурады.
Тулпар буудан жоголуп,
Канчоро кан ээ болду.
Качанда болсо канкордун аты
калбайт – деп,
Талын кесип сулатып,
Тамын жыгып кулатып,
Үстүн короо топ кылып,
Ак сарайды талкалап,
Канчоро кан жок кылып.
Туш-тушу урап кетилген,
Дүмүрөйүп көрүнгөн,
Көргөндүн көөнү бөлүнгөн,
Чатактуу короо далайы.
Эмдигисин сурасаң –
Ураган коргон Төрт-Күл жер
Анын жанынан качкан кыргыз эл.
Ал тиги Канчоро кандын сарайы,
Тетиги бозала зоңкок кара кыр,
Тоодон бийик барааны.
Илгеркисин сурасаң –
Тиги Семетей кандын кароолу.
А кароолдогу желдеттер –
Мааниси жандан бир башка,
Анын баарысы баатыр көйкашка.
Алар түз кармап айза сунчулар,
Душманга тийсе кырчулар.
Анын кирпиги кызыл чок болгон,

www.bizdin.kg

Алардын атканы болот ок болгон.
Суу ич десе, уу ичкен,
Бөрк алгын десе, баш кескен,
Май кескин десе, таш кескен.
Татаалды тепсеп жол кылган,
Талашкан эрин кор кылган.
Кыргызга темир тор болгон,
Кыйындыгын көргөндө,
Кытайдын каны ойгонгон.
Тиги шердиги жанга билинген,
Эл дүбүртүн укканда
Кара кытай манжу журт,
Тиги кандары жандан түңүлгөн,
Чындашса душман кыйраган,
Ал эмес, Чынмачын каны ыйлаган.
Атасы арстан көкжалдан
Артыла чыккан шер болгон,
Айбатын көргөн жөн болгон,
Ала-Тоону жердеген,
Алышып адам жеңбеген,
Бу өнөгүн элге бербеген.
Кылычын жоого кынаган.
Бу жинине тийген көп душман,
Кызыл өрт көрүп кулаган.
Аркайган дөбө, ача кыр,
Аскери жайнап, кол күткөн,
Берендер жатып, бел баккан,
Берен уулум Семетей минтип
эл баккан.
Семетейдин кароолу,
Эми кароолдун бели жол болду,
Четинен калың кол качып,
Көргөнгө кызык дем болду.
Кароолдор каңгып жоголуп,
Эмдигисин сурасаң,
Канчоро канга жем болду.
Тетиги бозоргон мойнок бозордо,
Ал алтын эшик бек ордо,
А карагайдан ноо кылган,
А таштан жыйып тоо кылган,
Айза сайса мадаган.
Аны ал албай душман жадаган.
Темирлеп курчап оо кылып,
Таштан токуп тоо кылган.
Муну Алда Таала кудурет,
Арстандын башын соо кылган.
Ар борумдап машаган,
Бу Байчоро уста жасаган.
Бул алтын менен сырдаган,
Аны күмүш менен кырдаган.
Эки киши унчукса,
Бу карасаат сыйпалгыр,
Бу өзүнөн өзү ырдаган.
Мунун түркүгү жакут таш болгон.
Ал ордонун ээси Семетей,
Ак ордо журтка баш болгон.
Мунун маңдайы кетик ураган,
Бу ааламдын ээси сулаган,
Бу ээси жок калган боз ордо.
Эмдигисин сурасаң,
Канчоро кан сураган.
Мунун болжолу кара таш болгон,
Кан Семетей жоголуп,
Канчоро журтка баш болгон,
Мурункусун сурасаң,
Семетейдин ордосу.
Эмдигисин сурасаң,
Канчоро кандын ордосу,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай алдамчы болот дүйнө бок,
Менин ичим жалын, боорум чок!
Музоо баккан бир күңмүн,
Менин сырымды билер бир жан жок!
Балам байыркы күндү санасам.
Кабыргам кат-кат бөлүнөт,
Көзүмдүн жашы төгүлөт.
Санаам кетип сай-сайлап,
Сары оору болом бай-пайлап,
Байлануу кызыл торпогум,
Бу каран калган айбандан

www.bizdin.kg

Катуу сүйрөп кетет – деп.
Баш бербей, сүйрөп каран мал –
Балам, өлчөсөң мындай биздин ал.
Бу куу дүйнөгө кар болдум,
Бу кайкалаган чунак жан
Кайра ийректей жан болдум.
Бул балдардан кабар уга албай,
Бу күндүктү көрүп кар болдум.
Торпок сүйрөп дыркырап,
Денем ташка быркырап,
Устукан сөөгүм бөлүнүп,
Бу Канчоро кандын музоосу
Жан тартчудай көрүнүп,
Бу көңүлүм сай-сай бөлүнүп,
Көзүмүн жашы төгүлүп.
Муун зырпылдап, ал кетип
Аркан кесип бачагар,
Белимден кара кан кетип.
Устукан сөөгүм күл болуп,
Тирүүлүк тозок күн болуп,
Тирүүлөй күйөм күл болуп.
Таманым ташка быркырап,
Өксөймүн боздоп чыркырап.
Тилинип агат каныбыз,
Бу тим койбой сүйрөйт малыбыз.
Биз байбиче Кадыр түн элек,
Баатыр уул кетти жоголуп,
Биз качан Канчоро канга күң элек.
Калыкка мөмө жем элек,
Биз кара бет Каныкей –
Ушу Канчоро канга эне элек.
Кайрылып колдон Күлчором,
Келе турган күн барбы?
Кал сокур болгон кайран көз,
Шай колдогон уулумду
Көрө турган күн барбы?
Көңүлүм чөгөт каран күн,
Бизге бир качан сүрөт Кадыр түн?
Мына, кайрууга келбейт биздин тил,
Бир музоочу кемпир барааным,
Мурдагыны көп эстеп,
Балам, бузулуп кетип барамын.
Бир бурулуп келер күн барбы,
Муңумду чечер карааным.
Менин көөдөнүм кетти кирилдеп,
Эки көз кетти ириңдеп,
Менин сөөгүм кетти шалдырап,
Көөдөндө ысык каным бар,
Сүйлөп турам балдырап.
Тиги бозоруп турган боз ордо,
Илгеркисин сурасаң – Семетейдин ордосу.
Балам, эмдигисин сурасаң,
Канчоро кандын ордосу.
Калың кыргыз жердеген
Үч-Кошой менен Таласты,
Аалам айтып, кеп кылат
Атактуу султан Манасты.
Капкалуу короо капчал таш,
Мында аргын, кыргыз аралаш,
Болдум журттун мөмөсү.
Бу какшанып турган карыя
Балам, кабарыңда бар бекен,
Семетей кандын энеси.
Бу какшаган менен ал жетпейт,
Канчоро болду төрөсү.
Тетиги керилген булак кең чоку,
Тиги Кең-Колдун куйган чаты ошол,
Ошо Чаткалды жердеп отурган
Бу кабылан Бакай канзаада,
Ал байкуш калың бир элге баш ошол.
Тиги боору үңкүр, короо тал
Тиги Бакайдын үңкүр ташы ошол.
Тиги үңкүрдөн алтын сап алды,
Бели бир сынык эр Бакай,
Тиги балбандарга таланды,
Жа, бадырек душман Канчоро,
Ушундай болуп жаралды.
Тиги агала кумай, короо там,
Тиги Бакай кандын кум арык.

www.bizdin.kg

Тиги короодой болгон чынар тал,
Эмдигисин сурасаң,
Канчоро кандын чынары.
Тетиги кашатча короо чынар бак,
Кайнардын кара көзү эле,
Тиги как чынардын өзү эле.
Бу сарала тайпак өндүр түз,
Мунун туурасы кыраң терүү эле.
Бу тамаша кылып Семетей,
Байыркысын сурасаң,
Бу ордо атуучу жер эле.
Буга кырк таман ордо чийишип,
Тиги кыйла дөө оюн салышып,
Мөрөйүнө туу бөйрөк,
Кырк кысырак сайышып,
Муну утканы союп алышып,
Чууга кирип турчу эле,
Бу айыкпаган бир үлкөн,
Дууга кирип турчу эле.
Эрдигин айтып чуу туруп,
Бу барабан белги карс уруп.
Багалек ойноп, чаң салып,
Оромпой ойноп, даң салып,
Семетей кандын барында
Оюн мындай болучу,
Бу ордолуу кыргыз калың журт,
Мунун тою мындай болучу.
Андагыдай заман жок,
А заман келбейт дүйнө бок.
Анын ордосу уйдай таш болуп,
Канчоро журтка баш болуп.
Байыркысын сурасаң,
Семетей ойноп аш толгон,
Эми чүкөсү камыр таш болуп,
Канчоро журтка баш болуп,
Тиги бозала мойнок кара кыр,
Тиги Канчоро кандын жери ошол.
Тетиги бозала мойнок зоңко таш,
Кароолго чыкчу бел ошол,
Тигинде каптаган кыргыз эл ошол.
Калың кол калды кайгырып,
Каралды кылып отурган,
Семетейден айрылып.
Канчоро кан дөө болуп,
Калың эл чуулап жөө болуп,
Өксөгөн көп кол кайгырып,
Көкжалынан айрылып,
Ыркы кеткен эл ошол.
Уул толготуп, шер тууган,
Чынарлуу терек мөмөсү,
Канкор эрдин энеси.
Капталынан жол болгон,
Карыганда кор болгон,
Каныкей бейбак мен болом.
Келин кезде курган жан,
Ордо күтүп, журт билген,
Аброюм артык жан элем,
Чын Каныштын өзү элем.
Кежиге чачым чөп болуп,
Каныштыктан кырааным,
Айза салым көп болуп,
Мүшкүл башка артылып,
Кысыр эмдүү музоого
Көк бөрү болуп тартылып,
Картайып келген кезимде,
Мүшкүлгө минтип чатылып.
Түшкөнүм калың ор болуп,
Калк башкарып журт күткөн,
Канчоро кан зор болуп,
Ал Канчоро баатырга,
Каруусу толук капырга,
Бузуку митаам өзүнө,
Каршы сөз айтсак оңбойбуз.
Музоонун бирөөн жоготсок,
Эгерде тирүү болбойбуз.
Сокур болду көзүбүз,
Өлмөк болдук өзүбүз.
Кечкуранда барганда,
Кешиги жок шор жанды
Балбандарга сабатат.

www.bizdin.kg

Уйканага каматат,
Даңгыттарга талатат.
Суусунга суу бердирет,
Термечик отун тердирет.
Күүгүм кире, күн бата,
Чылгый тери ийлетет,
Эл жата мезгил болгондо,
Тамашага бийлетет.
Эмчек эмген Канчоро
Чын жеткизди казаны,
Берип жүрөт жазаны.
Көргөздү эчен чоңдукту,
Эчен кылды кордукту.
Канчоро кан дөө болду,
Бу Таласка ээ болду.
Үйрү менен чаң чыкты,
Кобуртунан жан чыкты.
Бозала мойнок үлкөн зоо,
Те мелмилдеген Кара-Тоо.
Илгеркисин сурасаң,
Оозун тарлап ойдурган,
Алтын, көөхар, жакут таш,
Казына кылып койдурган.
Аалам жерге чыр салып,
Аттанган жерден мүлк алып,
Үңкүр тоого тапшырган.
Ал казына мүлктөрүн,
Төкөр уста кырк Калча,
Бөлөкбайга бактырган.
Болотун болжоп имерди,
Төкөр уста Бөлөкбай –
Каардуу чыгып Канчоро,
Такыр кырып жиберди.
Арстан тууган Семетей,
Кайран уулум не болду.
Берен уулум жоголуп,
Канчоро кан зор болду.
Казына талап алыптыр,
Бузукту мыктап салды эле,
Бүтүн кундуз терисин,
Жара тилип жиберип,
Багалекке салды эле.
Байы өлгөн кулдай барбактап,
Аргын менен кыргызга
Мүшкүл салып дардактап.
Дөбөгө чыгып бакырып,
Канчоро элге пашаа – деп,
Атагын айтып чакырып,
Канчоро кандын каарынан
Олуя өлдү, чал өлдү,
Ойлосоң эчен жан өлдү.
Кыргынды кызык баштады,
Айза сунчу ыктууну,
Айылга жакшы мыктууну,
Туу түбүнө турарды,
Тургузбай кырып жиберди.
Кызыл моюн тынарды.
Канчоро кан дөө болуп,
Калайыкка ээ болуп.
Ааламдан ашты дайыны,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Канчоро кандын зайыбы.
Таң-тамаша чоң оюн,
Ушу кезде баткан кез,
Алтын тактын үстүнөн
Асты түшпөйт күнү-түн.
Канчоро экөө жаткан кез.
Чынар күйүп, өрт болуп,
Бозала зоңкок тал болуп,
Канчоро журтка кан болуп,
Балдар келер бекен – деп,
Бышып-жанып жүрөмүн,
Өлөйүн деп арыман,
Өлбөй тирүү жүргөнүм,
Айдай катын Чүрөктүн,
Үч ай талгак боюнда
Ошондой медер барынан
Төкпөй аяп канымды,
Эсен болсо келер – деп,
Куураса кыйбай жанымды,

www.bizdin.kg

Өлтүрбөстөн өзүмдү.
Уулум, уккун сөзүмдү.
Алтын, күмүш, көхар таш,
Таштан чыгат дечү эле,
Эргиген өнөр, келчү акыл,
Сен өңдүү жаштан чыгат дечү эле!
Маңдай жагың Индистан,
Балам, уругуң кайсы кыргыздан.
Жети-Өзөндөн чыктыңбы,
Зордукта кеткен Айчүрөк,
Байлоодо кеткен Күлчоро,
Олжого кеткен ойрондор,
Ойлонсок чынар коргондор.
Кымбат баа сынаакы,
Кордукка кеткен кыраакы,
Балам, баш-ериң башка көрүнөт.
Балбандыгың башкача,
Баатырдыгың бир канча,
Балбандык сының көрүнөт.
Журт сураган кандардай,
Эл бийлеген зарлардай.
Муңайганың жолборстой,
Булкушкан аман болбостой.
Кабагың бийик, далың кең,
Айбатың оор, өзүң шер,
Билегиң жоон, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадырек.
Көркөмдүгүң кыйындай,
Көкжал кандын уулундай,
Эрге ылайык баласың.
Кай сака сапар барасың?
Жети-Өзөндөн чыктыңбы,
Сен балдардан кабар уктуңбу?
Тутулуп алар кеткенге,
Он үч жылга толду эле.
Боюна кеткен баласын,
Төрөп алса Айчүрөк,
Он эки жашка толду эле.
Идиректүү шер болсо,
Атасын тарткан эр болсо,
Он экиге толду эле.
Жетим-жесир, мискинди,
Ата конуш жерлерди,
Бабасы Манастан калган элдерди,
Табар кези болду эле.
Кара ниет Канчоро,
Журт бүлдүргөн чочкону
Чабар кези болду эле.
Бир эсебин зулумдун,
Табар кези болду эле.
Кырдалуу болот сыр найза,
Сунар кези болду эле.
Каарланса ааламды,
Бурар кези болду эле.
Курсак кайнап жүрөк чок,
Баласы эркек болсо – деп,
Жаратканга көөнүм ток.
Эңкейип кетсе көмүүчү,
Ыйба кылган элим жок,
Кайрыла турган калкым жок.
Картайганда күң болуп,
Жыңайлак чуркап күйөмүн,
Баламдан тукум калса – деп,
Ошондо жүрөт тилегим.
Кочуш арпа азыгым,
Музоо багар жазыгым».
Анда Сейтек муну айтат,
Билгенге мүшкүл шумду айтат:
«Ай, энеке, сүйүнчү,
Душманга болор күйүнчү!
Олжо катын Айчүрөк
Эркек төрөп, эл чуулап,
Тоюна токсон сойду – дейт,
Атын Сейтек койду – дейт.
Көңүлдөгү капанын
Бирин койбой жойду – дейт.
Күн эсебин алганда,
Семетей уулу болду – дейт.
Сейтекти төрөп турганда,
Орус тоюн жеп кетти,

www.bizdin.kg

Аман жүрсө бу бала,
Ойротту бузат деп кетти.
Кыйындар тоюн жеп кетти,
Аман бала чоңойсо,
Кыйланы кылар деп кетти.
Адыр-күдүр туткуйдан,
Жер чалышар деп кетти.
Багыштын уулу Кыязга
Чаң салышар деп кетти.
Аргын, кыргыз аты уйкаш,
Элин издер деп кетти.
Жылгынды Кең-Кол, кең Талас,
Жерин издер деп кетти.
Кулдуктагы Күлчоро,
Шерин издер деп кетти.
Убар күрөң тулпары,
Учурганы шумкары,
Урушаары Канчоро,
Жоготкону тулпары,
Жоктоо салчу шумкары.
Жоолаганы Канчоро,
Ай кыядан таянган,
Көчүн алар деп кетти.
Аман болсо душмандан
Өчүн алар деп кетти.
Чоң сынчы келип сынаптыр,
Калайык көп эл чуулаптыр.
Белгисин берен айтыптыр,
Балдарың жайы ушундай.
Энеке, тетиги Кароол дөбө, кара таш,
Канкоруң султан барында,
Кайсы кандын кароолу?
Ээ, кулунум, балам угуп ал,
Куп ыраазы сөзүңө,
Айланайын өзүңөн,
Аларды көргөн көзүңөн!
Таш үйүлгөн биздин жол,
Таң атпай кайнап биздин шор,
Балам, казык болгон эки кол.
Байыркыны айттырсаң,
Балам, кабырга сөөк бөлүнөт,
Муңдуу көз жаш төгүлөт.
Ушу дүйнө алдамчы,
Алдап кетет көрүнөт.
А тиги Кароолдун жайын сурасаң,
Канкор шердин сырдашы,
Кан Манастын курдашы,
Кайран Бакай сырдашы.
Өзү өмүрлүү карыя,
Далайды көргөн олуя.
Мурун уккан сөзүнө,
Мурунку кеткен шерлерге,
Мураа болгон өзүнө,
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көгала калкан ойногон.
Аягын алтын тиреген,
Ар олуя менен түнөгөн.
Көзү көргөн алыстан,
Көрүнө чыккан жарыштан.
Сүйлөгөнү чеки эмес,
Ойлогон ою эки эмес.
Баатыр Бакай карыя,
Тиги Бакай кандын Кароол таш,
Анда алтын, дилде аралаш.
Будуру-будур керүү эле,
Аны Бакай кан кароол дээр эле.
Азыр ошол Бакай карыя,
Картайгандан кайгырып,
А дагы азапты көргөн олуя.
Бакай шерди көргөндө,
Кызыр чалган шер эле,
Кымбат Бакай эр эле.
Кылым катын Бакайды,
Кылайтып туубайт дегеле.
Ошо Бакай карыя,
Капа болуп кайгырып,
Каралды кылган Семетей,
Кармангаиы Күлчоро,
Уулу жангыз Байтайлак,
Ушулардан айрылып,

www.bizdin.kg

Өлөйүн деп өлө албай,
Өлүп алчу чын жайга,
Өзү басып бара албай,
Артык боздоп кайгырып,
Караанынан айрылып,
Сөөгү калып тырышып,
Эмгиче албай койду – деп,
Жараткан менен урушуп.
Илгеркиси эр Бакай –
Аалам баштап бел болуп,
Айтылуу журтка шер болуп,
Казыр кезде Бакай кан
Кара жер менен тең болуп,
Кордук тартып конгон кез,
Чын тирүү арбак болгон кез.
Байырта Бакай шер эле,
Барча кыргыз көп аргын,
Бакай Кароол дээр эле.
Азыркы кезде бу Кароол,
Канчоро кандын кароолу,
Кайран Бакай көкжалдын,
Калган жок тирүү барааны,
Көгала гүлдүү ок өтпөс,
Ким кубанып кийбеген,
Бакай шерди көргөндө,
Ааламдын баары дүрбөгөн.
Азыркы кезде Бакай кан,
Мүшкүлү башта көп болгон.
Жатакана чөп болгон,
Алачыкка камалган,
Балбандарга таланган.
Кордук баштан артылган,
Азапка башы чатылган,
Жумасында үч сапар
Көкбөрү болуп тартылган,
Абам Бакай шер карып.
Каадам элге билинген,
Каныкей шордуу мен карып.
Калбай чуулап, чуу турат.
Калың кара эл карып,
Өчүп жанып кайгырып,
Шер Семетей, Күлчоро
Экөөнөн катар айрылып,
Боздоп ыйлап кайгырып.
Өлбөй бир жан быркырап,
Өксөп ыйлап чуркурап.
Тирүүбүз минтип турабыз,
Жазылып калган буйрукка
Кантип айла кылабыз,
Баана кылып отурган,
Бариктүү чынар кулады.
Карыя кемпир, мискин чал,
Ак калпак кыргыз чуулады.
Канчоро биздин каныбыз,
Кашая күйдү жаныбыз.
Кашыкча калды каныбыз,
Кеткен экен эпалак
Кайрат кылчу алыбыз,
Боздоп турдук кайгырып,
Болумдуудан айрылып,
Таштай катып биздин кол,
Мүрүдөн сынып эки кол.
Канды көрсөк калтактап.
Музоо багып, уй тозуп,
Жүрөбүз эптеп жансактап.
Арканга түшүп бел жооруп,
Жыңайлак басып бут ооруп,
Музоо сүйрөп кеткенде,
Денем ташка быркырап.
Жаралган Кудай күнүндө,
Миң жолу ыйлайм буркурап.
Муңумду Кудай уккан жок.
Муңканып калган бул башка,
Астымдан балдар чыккан жок.
Боздоп-ыйлап күйөмүн,
Өрттөнүп жанып жүрөмүн,
Кош элечек, кең чачпак,
Ыргап турган кезимде.
Журт тойгузуп, эл күтүп,
Мөмө болуп турганда.

www.bizdin.kg

Калың элге Каныкей,
Эне болуп турганда.
Кымбат жакут кишичик,
Кийип турган кезимде.
Ак байбиче мен болуп,
Аалам сурап журт бийлеп,
Билип турган кезимде,
Дөөлөтүм аман чагында,
Кайран жыргал барында,
Өлүп албай не болдум?
Бар дөөлөтүм барында,
Түнөгөн ашты ичпедим,
Түндүктү арттан тартпадым.
Кесир мүшкүл карабай,
Колдо турган кырк чоро.
Жыртыктарын жамабай,
Касиреттүү бейбактын,
Бейли жеткен башына,
Таш түшкөн ичкен ашына,
Түптүү тозок орногон,
Мен шорлуунун башына.
Жаш кезекте бак берген,
Буудай батпас оозуна,
Буканын башы чак келген.
Тууру батпас оозуна,
Тананын башы чак келди.
Өксөп ыйлап өлө албай,
Өз балдарды көрө албай,
Кол байланып, шор кайнап,
Тил байланып, көз жайнап,
Чымындай жан чыркырап,
Дене өрт болуп буркурап,
Караан кылган балдар жок.
Карыя – мискил эле – деп,
Боору ооруган бир жан жок.
Тарткан тозок – каар болуп,
Улугубуз Канчоро
Уйпалган чочко ал болуп,
Эки тизе чор болуп,
Турабыз боздоп, кор болуп,
Тирүүлөй кара жер болуп,
Кулак укпай, кер болуп,
Эки көз көрбөй көр болуп,
Бышып, жанып кайгырып,
Күйөөр менен бышардан
Таптаза болдук айрылып,
Жал-куйруктан айрылып,
Сопол болгон байкушпуз.
Баш мүйүздөн айрылып,
Токол болгон байкушпуз.
Кан каарлап айкырса,
Жолго түшкөн байкушпуз,
Эргисек аттап чыга албас,
Корго түшкөн байкушпуз.
Карандардан айрылып,
Кайгырып ыйлап таба албай
Колго түшкөн байкушпуз.
Өксөп ыйлап чыркырап,
Айла таппай турабыз.
Каарлуу душман колунан,
Ажыратар балдар жок,
Кандай айла кылабыз?
Күл ойрон элек күл болдук,
Жибек элек жүн болдук,
Каныш элек күң болдук,
Боздоп ыйлап кайгырдык,
Кайрандардан айрылдык.
Күндүз элек түн болдук,
Канчоро каарын салганда,
Алсырап ыйлап тим болдук.
Кызыл гүл элек жел согуп,
Түрдөн кетип турабыз.
Кадыр түн элек айла жок,
Байланган кош музоо
Сайгак тийсе дыркырайт.
Ташка сөөгүм быркырайт,
Көңүлдүү дартым бөлүнөт,
Сөөгүм ташка быркырап,
Кордук көрөм чыркырап.
Торпок сүйрөп жүгүрүп,

www.bizdin.kg

Жараткан жандан түңүлүп,
Миң жолу боздоп күйүнүп,
Аябай мүшкүл иш көрүп,
Айламы таппай турамын.
Ажыратар уулум жок,
Мүшкүлдү кандай кыламын.
Чындаса чымын жан кызык,
Көздү ачкыча тирүүлүк,
Жаралганга ал кызык.
Чыңырып ыйлайм туралбайм,
Чымындай жаным кыялбайм.
Эртеңкимди эстесем,
Чыркырап ыйлап болом чок.
Уулуман калган медерим,
Колума тиер бекен – деп,
Жаратканга көөнүм ток.
Карагаттай кайран көз,
Кайгылуу болду балдай сөз.
Кайрат качып иш бошоп,
Өлөлүк дедик ушу кез,
Ар качандан бир качан,
Ар дайымдан бир дайым,
Бурулбай койгон биздин туш,
Бузулуп кеткен сиздин иш.
Таштай каткан жолубу,
Байыркы сөздөн баштатсаң,
Балам, талыкпайт биздин сөзүбүз.
Ураанын ким, жайың ким,
Э балам айта койсоң өзүңүз?
Карыя деп кордосоң,
Акыры уулум оңбоссуң,
Жортолман болсоң жол мына,
Жердесең Талас жер мына,
Чабышсаң Канчоро аттуу эр мына!
Уксаң шекер кеп мына,
Күтсөң кыргыз эл мына,
Ажыратсаң азаптан
Көксөө кемпир мен мына!
Муңум буруш ак сарай,
Муңканганым ушундай.
Көбүрөөк сынды билебиз,
Балам, көп кападар элибиз,
Балам, ардеме десе көнүңүз!» –
Деп, ошентип Каныкей,
Арманын айтып тургуча,
Айтып оозун жыйгыча,
Кошоктолуу кош музоо
Сайгак тийип мөңкүдү,
Какшап турган кемпирди
Сүйрөп алып жөнөдү.
Музоо барат дыркырап,
Кемпир барат чыркырап,
Денеси ташка быркырап,
Каны кайнап, ич күйүп,
Карап турган Сейтектин
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Чымындай жаны чыркырап,
Чындап күйдү буркурап,
Капалуу көңүл бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Мына ошондо Сейтектен,
Бабасы баатыр атанып,
Ителгидей кайран көз
Ирмебестен жаш алып,
Тегерегин карабай,
Теги жанын аябай,
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай,
Эрдин кесе чайнады,
Буурадай тишин кайрады,
Өрттөй көзү жайнады.
Кирпиги жалын чок болуп,
Ичи кайнап от болуп,
Энесин торпок сүйрөсө,
Бала кантип турсун токтолуп,
Жанындагы ач албарс,
Кармай калып сабынан,
Тартып чыгып кабынан,
Кыргынды кызык баштады,

www.bizdin.kg

Сүйрөгөн эки музоонун
Башын чаап таштады.
Мына ошондо Каныкей
Көзү өрттөнүп жайнады.
Чыңырып ыйлап чыркырап,
Эр Сейтекти каргады.
Жылгынды, Кең-Кол, кең Талас
Талаа экенин биле элек?
Жер кезип келген Сейтектин
Алда шордуу Каныкей
Бала экенин биле элек.
Тилегенин Жараткан
Бергендигин биле элек.
Ат арытып жер чалып,
Ит агытып куш салып,
Таластын боюн айланып,
Кыны жок кылыч байланып
Кайра бургак жаачудай,
Каар бетине айланып,
Келгендигин биле элек.
Ал мундуунун тилегин
Бергендигин биле элек.
Тозогун түн бир бөлөк,
Чачкандыгын биле элек.
Умачтай көзүн ал чиркин,
Ачкандыгын биле элек.
Кайып жыргал кабылып,
Кайгырган уулу табылып,
Көп күйүккөн өксүктү
Баскандыгын биле элек,
Кез болушуп эр Сейтек
Жаткандыгын биле элек.
Тилеген оюн жараткан
Бергендигин биле элек.
Семетей уулу Сейтектин
Келгендигин биле элек.
Кейип боздоп буркурап,
Көргөндүгүн биле элек,
Мына ошондо Каныкей
Карчыгадай камынып,
Кайран долу бейбакка,
Карыганда кургурга
Эр кайраты табылып,
Туура бузду санааны.
Душман көрдү көрдүңбү,
Башын алган баланын
Ачууланып бакырып,
Туура бөлүп санааны
Эл көргөн жок баланы,
Карчыгадай камынып
Ителги куштай чамынып,
Ичи күйүп байбиче
Кайыптан акыл табылып,
Таяк алып күүлөнүп,
Жакшылык кылган балага
Чамынып кемпир сүйлөнүп:
«Бука көөдөн, чорт кыял
Бузукка тууган сен бала,
Кабаттап казып орумду,
Чын кайнаттың шорумду!
Өрөпкүтүп өзүмдү,
Чукуп кет эки көзүмдү,
Өлтүрдүң уулум өзүмдү!
Күүгүм кире күн бата,
Элдин асты дым жата,
Күн уяга кирерде,
Музоо чубап, уй мөөрөп,
Кан ордого киргенде
Ажалдан мурун өлөмүн.
Каарлуу кан келгенде,
Какчаңдаган желмогуз,
Кайда музоом дегенде,
Дөбөдөн төрөм бакырса,
Какчаңдаган желмогуз,
Бергелчи деп чакырса,
Каарын катуу жыйнаса,
Музоосун менден сураса
Дагдыр жетпей өлөмүн,
Ажыдаардай какшаалга
Эмине жообум беремин?!

www.bizdin.kg

Кескилетип колумду,
Музоосу жок барганда
Канчоро салат сонунду.
Кыйнап сурап жашыңды
Кылычтап алып башыңды,
Жалынсаң укпайт сөзүңдү,
Чукуйт эки көзүмдү.
Кандын каарын тарткыча
Сенин каарың тартайын,
Канчородон өлгүчө,
Балам, сенден өлөйүн.
Музоосу жок барганда
Кыргынды кызык салбайбы,
Кылычтап башым албайбы,
Жулуп чачым өрбөйбү,
Мастен музоо кайда – деп,
Тирүүлөй жерге көмбөйбү,
Кылычтап башым албайбы!
Каарданса Канчоро
Жол боюна сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарбайбы!
Кайра келбес чын жайды
Казырынча көрөйүн,
Канчородон өлгүчө
Бадырек сенден өлөйүн» –
Айкырык салып чаңырып,
Арстандай бели ийилип,
Шамдагайы болжолсуз,
Шапа-шупа жүгүрүп,
Картайса да байбиче
Жебеден мурун жетти эле.
Андай-мындай дегиче,
Бала оңдоно бергиче,
Ат үстүнөн кулатып,
Ал баланы арбайтып,
Астыга басып калды эле.
Жамгырчы кызы Акбала –
Өткөрө сулуу дайыма,
А да олжодо куурагыр,
Күлчоронун зайыбы.
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Көбүрөөк ыйлап бечара,
Койчуну Кудай урду – деп,
Көпкөндөн бирөө кабылып,
Көйкашка энем шордууну
Зордук кылып турду – деп,
Тизе жерге бүгүлүп,
Акбала келет жүгүрүп,
Олоңдой кара узун чач,
Орточо бойлуу кара каш
Босого маңдай бото көз,
Моймолжуган кара көз.
Болжогондо жаш кетип,
Бөлөкчө сурма көзүнөн
Бөлөк-бөлөк кан кетип,
Акбала келет бакырып,
Энекелеп чакырып:
«Кагылайын энекем,
Караан кылган урмекем!
Көрүп койсо көөнүм ток,
Караан кылган карыям
Кагылайын олуям,
Сенден бөлөк эшим жок.
Жараткандын кордугун,
Канчоро кандын зордугун.
Кул-күң болсо катылган,
Ушул өңдүү энеке,
Көрдүк беле ушундай,
Кутургандын зордугун?
Бек карма, эне, бек карма,
Ичине бычак салайын,
Кетирбей кегим алайын!
Кармай тур, эне, тийгенди,
Төбөсүнөн басалы,
Албарстай канын чачалы!
Кеп кылбай көзүн оёлу,
Өзү тийген какшаалды
Ажалдан мурун соёлу!
Бек карма, эне, бек карма,
Төбөсүнөн басалы,

www.bizdin.kg

Көпкөндөрүн чачалы» –
Акбала келет жүгүрүп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Келе жатат жүгүрүп,
Акбаланы көргөндө,
Алак-балак катындын,
Каруусу толук катынды,
Кыялы тентек капырды.
Сыр айтпасам өкүнүп,
Каргадай көзүмдү оёр – деп,
Катылдың деп соёр – деп,
Торпогум – деп, Каныкей
Баланы басып күйүнүп,
Айбаттанып Акбала
Келе жатат түйүлүп,
Булардын түрүн көргөндө,
Ойлоп туруп эр Сейтек
Чымындай жандан түңүлүп,
Сейтек турду сабылып,
Картайганда Каныкей
Энесине жалынып:
«Ээ, кагылайын энеке,
Эрешен тартып, эр болгом,
Эгизиң Сейтек мен болом!
Менин оюм сен болгон,
Жетим калып жетилген,
Жергеге эптеп кошулган,
Олжого кетип туулган,
Ааламга салган чуулган.
Көк кыраңдын талмызы
Кулжа Семетейдин жалгызы!
Курсакта калып атадан,
Куруп, тентип катардан,
Алакан жайып, кол бербей,
Айрылган көкжал атадан.
Кууну кушка жедирип,
Он экиге келгиче
Кыяз уулу дедирип,
Курсакта калып кул болгон,
Жедигерге уул болгон,
Кыргыздардын ортосу,
Семетейдин ботосу,
Мунарыктын талаасы,
Айчүрөк катын баласы,
Түп атам түптүү шер болот,
Түгөнгөн сайын шер болот.
Кабыландын жалгызы
Кайран Сейтек мен болом!
Энемден угуп сөзүмдү,
Издеп келдим өзүңдү,
Кордуктан көрдүм көзүңдү.
Өлбөй-житпей тирүүлөй
Жолдон көрдүм көзүңдү.
Кара сурдун сулуусу,
Ургаачынын нурлуусу,
Кең көйнөктүн тазасы,
Узун чачтын башаасы,
Алыстан угуп сөзүңдү,
Берен эне бейтаалай,
Аман көрдүм көзүңдү» –
Деп, ошентип, эр Сейтек:
«Жети-Өзөндө жедигер
Жеткилең жаңжал баштадым,
Багыштын уулу Кыязды
Жер алдына жанчтадым.
Берен абам Күлчоро,
Белиме таңуу кылгамын.
Жеткилең Кыяз жедигер
Атамдын кунун куугамын.
Канча түмөн карысын,
Канын төктүм баарысын.
Кыясын салып көч алып,
Кыжылдаган жедигер
Кыйласын кырып өч алдым.
Касаптадым карысын,
Кашайта кырдым баарысын,
Жай-жарагым шайланып,
Жалаң кылыч байланып,
Жыргалдуу кыргыз элди издеп,
Жылгындуу Талас жерди издеп,

www.bizdin.kg

Каныкей, Бакай эрди издеп,
Жоготуп жолун баштадым,
Атадан калган чиркин жан
Кылга байлап таштадым.
Сары адырмак белди издеп,
Салышчу каардуу эрди издеп,
Жылгындуу, Кең-Кол жерди издеп,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Берен энем долунун
Айдай жүзүн көрсөк – деп,
Арамы канча журтумдун
Кими душман, кимиси эл
Акыл менен бөлсөк – деп.
Бабабыздын сырдашы,
Ок өтпөс тондун жакасы,
Көрбөгөндү көргөзгөн
Көбүрөөк журттун агасы –
Издеп чыктым баарысын,
Кабылан Бакай карысын.
Калтырбай издеп баарысын,
Өлтүрсөң өлтүр, энеке!
Өлбөй көрдүм көзүңдү,
Тирүүлөй көрдүм өзүңдү.
Уламадан уласам,
Билгичтерден сурасам,
Көкжал атам берендин
Өзөнүнөн өрт чыгып,
Өзөгүнөн дарт чыгып,
Жүргөнү чуңкур коо болуп,
Өз жакыны жоо болуп,
Түзөңдү бузуп кыр баштап,
Тутанган бузук чыр баштап,
Каарын калың чачыптыр.
Тутанып өлгөн кутургур
Душманга этек ачыптыр.
Бир тууганы Канчоро
Жүргөнү мунар чок кылып,
Берен атам көкжалды
Эптеп жүрүп жок кылып,
Калгандарын бөлүптүр
Кулдук менен күн көрүп,
Тирүүсү күнүн көрүптүр.
Таластан кыргыз безиптир,
Күлчородой абамдын
Далыларын кесиптир.
Олжого опсуз тоюптур,
Байкуш атам көкжалдын
Мал-башы талоон болуптур,
Атам көзү жоголуп,
Душман иши оңолуп,
Бузукту мурда салыптыр.
Канчоро Кыяз эки кан
Түз кылып талап алыптыр.
Кайраттуулар өлүптүр,
Каарын чачып бул экөө –
Калганынын баарысын,
Жашы менен карысын,
Камчыга ченеп бөлүптүр.
Жаш келинин тул кылып,
Эрендин баарын кул кылып,
Көрөрүн каран түн кылып,
Көп карганын күң кылып,
Кыяны бузуп, көч алып,
Кыйын мүшкүл бу дүмөк
Кыйласын кырып өч алып,
Табылбай турган уз алып,
Талап чаап кыз алып,
Жапаны жаман салыптыр,
Жабылуу аял, жаш бала
Олжо кылып алыптыр.
Алтайлык калып бу Сейтек
Энеси шордуу ичинде,
Атасы кандан береги
Алты айлык жетим калыптыр.
Колго түшүп Айчүрөк,
Шорлонгон энем барыптыр,
Никесин кыйып ырымдап,
Энемди Кыяз алыптыр.
Перизаадай шордуу энем

www.bizdin.kg

Кармаганы ток болуп,
Кечкени калың чок болуп,
Көрбөгөндү көрүптүр.
Аңгеме тууга салыптыр,
Артык жаңжал кылыптыр,
Багыштын уулу Кыязды
Башкача Кудай уруптур.
Каарлуу жини кармаптыр,
Толготуп энем турганда
Көп байбиче карган чал,
Мен шордуунун айынан
Кырылган экен кыйла жан.
Толготуп энем турганда,
Билген чырын кылыптыр,
Энеме келген эченди
Көралбай Кыяз кырыптыр.
Кыз болсо тирүү коюуга,
Эркек болсо кокустан
Тирүү койбой союуга,
Төрт түлүк малын айдаптыр,
Устара менен мүлк берип,
Токсон кемпир шайлаптыр.
Элчиге келген кемпирин,
Эсил энем Айчүрөк
Дубалап көзүн байлаптыр.
«Чык этпес» деген уу берип,
Далайларын жайлаптыр.
Белестүү жолго укум – деп,
Беренден калган тукум – деп,
Кыргызга баана орто – деп,
Кыйындан калган Чолпон – деп,
Тулпардагы туяк – деп,
Белгилүү күткөн көкжалдан
Белекке калган чунак – деп.
Берен энем Айчүрөк,
Бир кишиге билгизбей,
Бир адамга көргөзбөй,
Киндигин кесип бууптур,
Кирин өзү жууптур.
Ой кылган экен өтүүгө,
Айла чындап кеткенде,
Атасы Акун шаарына
Ала качып кеткенге.
Дүнүйөсүн чачалбай,
Шорлуу энем Айчүрөк
Шорлонуп ала качалбай,
Кетмек болуп арынан
Кан ичер Кыяз заарынан.
Качпай энем калганы
Каралды кылган мураапы,
Күлүстөн авам эр чиркин,
Күлчоро шордуу барынан.
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Айласы кетип бой-бойлоп,
Көңүлү көпкө бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Сай-сөөгү зыркырап,
Өлалбай боздоп чыркырап,
Атама качсам окустан,
Асылдан калган беренди
Ала качсам кокустан,
Атама качып мен барсам,
Кулдукта кайним ал калса,
Түбүмө чогуу жетет – деп,
Каралдуу кайним мураапы
Кан Кыяз союп кетет – деп.
Энекем шордуу дем кылып,
Катын башын эр кылып,
Азака калып байланып,
Былчылдаса Кыязга
Бир шумдукту салууга,
Кыны жок кылыч байланып.
Айдай энем Айчүрөк,
Тажаалдыкты салыптыр.
Чымындай жанды кыюуга,
Чын алтын канын чачууга,
Кылычты колго алууга,
Былжыраса Кыязга
Кыргынды кызык салууга.
Кайрат ойлоп, дем кылып,

www.bizdin.kg

Жедигер журтун эл кылып,
Айга асаба тоо кылып,
Аябай журту чогулуп,
Энекем кайрат кылыптыр.
Калк чогулуп, журт дүрбөп,
Энем байкуш шордуунун
Кайратына чыдабай,
Кыязды Кудай уруптур.
Айдай энем а шордуу
Кыязга кайрат кылыптыр,
Бузулчу болсом, о Кыяз,
Бурулбай учуп кетем – деп,
Бура тартып кайрылбай,
Атам Акун канга жетем – деп,
Тентегин күүлөп топ алып,
Атам Акун шаарынан
Алты сан жыйып кол алып,
Түбүнө түптүз жетем – деп,
Түгүндөн бир тал калтырбай,
Жети-Өзөн толгон жедигер,
Түк койбой кырып кетем – деп.
Оролу шумдук кеп баштап,
Көөдөк Кыяз эсерди
Мына ошону менен жеп таштап,
Энекем эрдик салыптыр.
Менин чымындай жаным кыйдырбай,
Айтканына түк көнбөй,
Каарлуу душман кебине
Менин энем Айчүрөк,
Эр Кыязга бой бербей,
Өлтүрө турган ой бербей,
Атымды коёр кезекте,
Мээнет энем береним
Алты айга чейин той бербей.
Кечээ Жети-Өзөндүн оюнда,
Эл чогулуп, журт дүрбөп,
Кулунуң Сейтек тоюнда,
Жарыбаган Кыяз эр чиркин
Жадаалын салып бакырып,
Жалпы кара жедигер
Калтырбай жыйып кутургур,
Жадыкөйүн чакырып,
Өөдө кылчу жакшысын,
Калтырбай жыйып кутургур,
Өпкө чапчу бакшысын,
Жүгүрмө чечен ыктуусун,
Жүрөк өрттүү мыктуусун,
Билеги күчтүү балбанын.
Тукурганга кирүүчү,
Алакөөдөн дардаңын.
Сакалдуусун, карысын,
Бозбаланын анысын,
Калтырбай жыйнап эр Кыяз
Жети-Өзөндө жедигер
Жыйнаган экен баарысын.
Балтаны башка чапчусун,
Кытмыр ойлоп, иш иштеп,
Кыйладан акыл тапчусун,
Сынап көзүн көрчүсүн,
Ыраактан көзүн көрчүсүн,
Журтун жыйнап алыптыр.
Аныктап атын койгун – деп,
Той кылып токсон союптур,
Жети-Өзөндө жедигер
Ала-Тоодой эт тартып,
Ала-Көлдөй чык ичип,
Көп аңгеме салышып.
Толук балбан, кайраттуу эр,
Тоюмдан байге табышып.
Атымды балаң коё албай,
Ат коюуга болалбай,
Эл кыйналып журт дүрбөп,
Эчен жан болуп убара,
Күн түш убак болгондо,
Жылаңайлак, жылаң баш
Келген экен өзүмө.
Ак сакалчан дубана
Калк ичинде кол жайып,
Дубана моюн буруптур,
Калайык чуулап таң калып,

www.bizdin.kg

Кандай шумдук сонун – деп,
Кээ адам карап туруптур,
Дубана анда болуптур.
Түп атамды түрө айтып,
Башкы атамды бат айтып,
Башкача шумдук кеп айтып,
Бу курсакта калган куу жолтой
Семетей уулу деп айтып.
Чалса Кыдыр консун – деп,
Арстаныңдын тукуму
Акболоттун тукулу,
Кымбаттуунун кыягы
Кызырлуу эрдин чунагы,
Арбактуу эрдин санаасы.
Башынан Кыдыр даарыган,
Арстан эрдин баласы
Аты Сейтек болсун – деп,
Кеселдүү жини кармаса
Керсейгенди чапсын – деп,
Өлбөй-житпей чоңоюп,
Атасын тарткан зор болуп,
Жетим калып жетилип,
Жергеге эптеп кошулуп,
Душманга мунар уу болуп,
Тууганына туу болуп,
Душманга жаңжал чуу болуп,
Жергелери толсун – деп,
Семетей уулу эр Сейтек
Кыраан кандын тукуму
Аты Сейтек болсун – деп,
Алакан жайып, кол уруп,
Капырай, кандай шумдук – деп,
Калктан калып чогулуп,
Калайык чуулап толуптур,
Бата берип дубана
Бир адам көргөн киши жок,
Көздөн кайым болуптур.
Казыдан кесип жедирди,
Жашым он экиге келгиче,
Сейтек уулу дедирди.
Каарлуунун кордугу,
Кан Кыяздын зордугу,
Он экиге келгенде
Жылкыдагы Күл абам,
Күлчородон кеп угуп,
Элиң кыргыз деп угуп,
Жылгындуу Кең-Кол, чоң Талас
Мөмөң калды деп угуп,
Куурап ыйлап Каныкей
Энең калды деп угуп,
Келгендигим дагы чын!
Энекебайым, жан соога
Өзүңүздөн чоң жаңжал –
Көргөндөгүм дагы чын!
Караңгы аман, түн аман,
Каалаганың Айчүрөк
Келиниң бейбак күң аман!
Арстан-жолборс шер аман!
Беш аркар жылдыз баткыча,
Беш кайрылып эмизген
Берен уулуң Күлчоро,
Бейли сүттөй эр аман!
Курсакта калып туулган,
Ааламга салган чуулган.
Балаңан калган жетимиң
Энеке, балаң Сейтек мен аман!» –
Муну укканда Каныкей
Чымындай жаны чыркырап,
Сөөгү бошоп быркырап,
Ыйлап турду буркурап:
«Алыска кеткен жарыгым,
Көңүлгө төтө карааным,
Ич зыркырап, көңүл чок –
Көп мүшкүл салган дүйнө бок.
Каралды балам мураапым,
Өзүңдөн башка белгим жок.
Музоо багып көп жүрдүм
Күлчоро уулум, Айчүрөк,
Сейтегим келсе деп жүрдүм.
Өңүмбү, же түшүмбү,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Өлчөгөн Сейтек кишимби!
Бозала чынар болпоңбу
Боорума басайын,
Алыскы Сейтек чолпонбу!
Тилегим Кудай берген бейм,
Тиктеген уулум келген бейм,
Мен кара бет долунун
Куураганын билген бейм,
Кыраакым колго тийген бейм!
Үзүлгөнүм уланып,
Чачылганым жыйналып,
Кеткеним бүгүн кабылып,
Чын абийирим жабылып,
Тилегимди берген бейм!
Көзү кургур көп тарткан,
Болуп жаткан жышанам,
Баламды көрөм деген бейм!
Күйүккөн жүрөк басылып,
Күптү оору жазылып,
Кабагым жарык ачылып,
Кайгырган черим жазылып,
Туурук бутум ак болуп,
Кем таалай башка бак конуп,
О, ботом, күндүк атым жоголуп,
Күнөөлүү ишим оңолуп,
Тилегеним берген бейм!
Катуу сайдын талмызы,
Канкор уулдун жалгызы
Жаныбыз Сейтек келген бейм,
Тилекти Кудай берген бейм!
Курсактан күйүк чачылып,
Өрттөнгөн өрт басылып,
Умачтай көз ачылып,
Менин улугум уулум келген бейм,
Ушинтип Кудай берген бейм!
Көлөкөлөп жатуучу
Жайым уулум келген бейм,
Ачканда курсак тойгузган,
Өксөгөндү койгузган.
Чачылганды жыйнаган,
Үзүлгөндү улаган,
Санын, сабын болтурган,
Сан казына толтурган,
Кемиген иштин кырааны
Кайгыргандын мунары,
Көп бакырдын чырагы,
Көкжал уулум келген бейм» –
Ал Каныкей байкушуң
Баласы Сейтек көргөндө,
Көңүлү көпкө бөлүндү,
Көзүнүн жашы төгүлдү.
Кара көздөн кан агып,
Дене сөөгү быркырап,
Сүйүнгөндөн карыя
Ыйлап турат чыркырап.
Карыя ыйлап турганда,
Аңгек да ыйлап, коо да ыйлап,
Адам тургай тоо да ыйлап,
Боздоп турат чыркырап,
Энеси шордуу Каныкей.
Баатыр Сейтек көкжалды,
Бооруна басканда,
Кете жаздап быркырап,
Кабырга кыйрап жок болуп,
Өлгөндө көргөн жалгызым,
Өлөм деп жүргөн Каныкей,
Кучактабай кургуруң
Кантип турсун токтолуп,
Сейтек боздоп сабылып,
Бала жатат алдында,
Энекелеп жалынып.
Акбала келет ар жактан:
«Бек карма» – деп камынып,
Келини экен Акбала
Белгилүү экен дайыны –
Ургаачы жандын узу экен,
Жамгырчынын кызы экен.
Бендеден бөлөк дайыны,
Мелтиреген бейтаалай
Күлчоронун зайыбы.

www.bizdin.kg

Бек кармалып түйүлүп,
Келе жатат жүгүрүп.
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Көөдөнгө батпай көп санаа
Көбүрөөк ыйлайт бечара,
Ыйлабаска не чара.
Агарып өңү суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Омуроо ылдый куюлуп,
Дене бою быркырап,
Жадалды жаман баштаптыр,
Кыйын жанды бейтаалай
Кылга байлап таштаптыр.
Өксөп, ыйлап бурулуп,
Чыңырганда байкуштун
Кудайга үнү угулуп,
Кармалашкан ал жигит
Көпкөлөң көөнү ток бекен,
Эркек карап, зайып тууп.
Жаралганда баланын,
Сизге окшогон карыя
Эне-атасы жок бекен?
Көпкөлөң чыгып жолуңдан,
Торгоп жаткан экен – деп,
Келеке кылып энеңди
Кордоп жаткан неме экен.
Шылдың кылып бакырды,
Койчу-колоң, жылкычы
Этек башын эрмектеп,
Ажыраткан экен – деп,
Басымча кылып энемди,
Басып жаткан экен – деп,
Чындап каар баштаптыр.
Чымындай жанды жөн эле
Кылга байлап таштаптыр!
Арыш уруп жүгүрүп,
Ардыгын ыйлап күйүгүп:
«Жеткилең кезде шордуу энем
Жеткилең тоодой зор болду.
Жеткиргенде кудурет
Жетик энем бейтаалай
Жеткизгендей бир Кудай
Койчуга шылдың кор болду.
Кокуй күн, эне, бек карма
Көпкөлөң койчу жан болсо,
Каарды катуу салайын,
Катылды башын алайын!
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарайын!
Көпкөндүн көзүн оёюн,
Ичинен чыккан кара кан
Кымызча жутуп тоёюн!
Кабырга сөөгүн сөгөйүн,
Кармашып канын төгөйүн,
Кайраты канча көрөйүн!
Боору бүтүн, башы эсен
Кутуруп Кудай урганын!
Күң кемпирди зордуктап,
Муну Кудай урганын!
Көңүлү гүлдөй ток бекен
Элинде биздей жок бекен,
Сандаган малы көп бекен,
Кайгы тартып кайгырган,
Караанынан айрылган
Жибегинен жүн болгон,
Талоонго түшүп күң болгон,
Музоо жайып мал баккан,
Күндүгүнөн жан баккан,
Өксөп-боздоп катыккан,
Ушу шаардын өзүнө
Күң болуп аты атыккан,
Кара көзү кал болгон,
Эмгектен колу шал болгон,
Бизчелик бакыр жок бекен!
Заманында бул болгон,
А заман кетип тул болгон,
Бизчелик каргыш жок бекен!
Бек карма эне, бек карма,
Жазасын жакын берели,

www.bizdin.kg

Чамалуу болсо өлөлү!
Кордук көрүп койчудан
Тирүү жүрүп нетели,
Жөн эле өлүп кетели.
Таяктап сабап керели,
Жазасын жакшы берели,
Бек карма, эне, бек карма,
Бейжайлыкты чыгарып,
Кара канга сугарып,
Тонун тытып коёлу,
Канына мыктап тоёлу!» –
Жаадай учуп бүгүлүп,
Жаны калбай Акбала
Келе жатат жүгүрүп,
Албан түрлүү тиш кайрап,
Арстандай көз жайнап,
Тоту жүндөй кара чач
Аркасында бөлүнүп,
Канчык жолборс байкуштун
Арстандык түрү көрүнүп,
Алма сындуу кош эмчек
Омуроодо былкылдап,
Уңгусу болот айбалта
Ач билекте жаркылдап.
Эр мүчөлүү катындын
Ээ кандайын билели...
Каарланган капырдын
Канчалык көзүн кызартып,
Канча эрдигин көрсөтүп,
Кайраттанып тутулуп,
Кайра жаачу булуттай
Кайраттанып кутулуп,
Кериле чуркап сабылып,
«Бек кармалап» Каныкей
Энесине жалынып,
Зордукка кантип көнөйүн,
Чамалуу болсо өлөйүн,
Бек карма эне, бек карма,
Чабышып канын төгөйүн!
Көңүл чөгөт буй болсо,
Кайтарганым уй болсо.
Көргөнүбүз түн болсо,
Арбайып зордук кылгандай,
Аңгемелеп тургандай,
Аласын ала качпасак,
Абийири жок чиркиндин
Ак теңге пулун чачпасак,
Куласын кууй качпасак.
Кутуруп жүргөн акмактын
Куржунда пулун чачпасак,
Күрүчүн чийки ордукпу,
Мунун күйөрүн жутуп койдукпу,
Арпасын кам ордукпу,
Арбаңдаган какшаалдын
Атасын жутуп койдукпу?
Бек карма, эне, бек карма
Айбалталап чабалы,
Безилдеген какшаалдын
Бир эсебин табалы!
Чыңырып ыйлап күйүнүп,
Капыр Акбала келет күйүнүп.
Тегерегин карабай,
Алган экен бейтаалай
Тегеле жанын аябай,
Кыдырата карабай,
Кыйкырып келет аябай,
Кылчалык жанын аябай.
Баатырлардын көзү жок,
Балалардан өлдүк – деп,
Башка салды кудурет
Койчудан кордук көрдүк – деп
Кайгыланып чыңырып,
Көңүлү кеткен бөлүнүп.
Бото сындуу кара көз
Буркурап жашы төгүлүп,
Мурундун суусун тарталбай,
Көзүнүн жашын арталбай,
Санаасы сайлап кар болуп,
Зыркырап ыйлап төрөсүн
Бир көрүүгө зар болуп,

www.bizdin.kg

Кашкайып каны бөлүнүп,
Алтымыш мүшкүл бир санаа
Төбөсүнө көрүнүп,
Элбеңдеген эки бут
Эки шилтеп, бир токтоп,
Өпкөлөп ыйлап куурагыр
Эртеңкисин көп жоктоп,
Жер мунарып закылдап,
Калган экен Каныкей
Энесине жакындап.
Чыңырып ыйлап карабай,
Чымындай жанды аябай,
Калган экен ал бейбак,
Карыганда Каныкей
Энең чыкты сабылып,
Сүйүнчүлөп бакырып,
Акбалага жалынып:
«Эй, айланайын Акбала,
Тилегиңди бериптир,
Тиктегениң келиптир!
Армандуу дартың чачылып,
Өрттөнгөн ичиң басылып,
Умачтай көзүң ачылып,
Акбалам мурда куурап жүргөндө,
Ийри-Марал, Күрөң-Бел,
Эл күздөгөн бел калган.
Жыргалдуу кыргыз, көп аргын
Кайгырып чуулап эл калган.
Ачылыптыр көп арман,
Өксөгөнүң басуучу
Жайың келип калыптыр,
Чалкактуу тоодон кылайган,
Айың келип калыптыр.
Чыңырса элди чуулаткан,
Үнүң келип калыптыр.
Чекеси жаңы кылайып,
Жарыгы жерди кубанткан,
Күнүң келип калыптыр
Жаңы түлөп жүн чыгып,
Кулунум балам Акбала
Түгүң келип калыптыр.
Кеткениң тийип колуңа
Иниң келип калыптыр.
Душманга туура ок аткан,
Белиң келип калыптыр.
Азаптан алып таштачу,
Айкөл абаң жалгызы
Балам, эриң келип калыптыр.
Балам, айтылган арман арылып,
Артыкча Кудай берген бейм.
Артыкча артын жабылып.
Олжого кеткен жан элең,
Бүгүн балам бет алдымдан табылып,
Сүйүнчү, балам, сүйүнчү!
Кеткениң колго конуптур,
Кейибей келген кулунуң,
Керектүүң колго конуптур,
Сүйүнүп жүрөк чалкыптыр,
Сүйүнө турган кезегиң
Балам, Ай маңдайың жаркыптыр,
Тиктегениң бериптир,
Өлөбүз деп өлалбай,
Өз жанды өзү кыя албай,
Балам, өксөп ыйлап жүрчү элек,
Өксүгүн Кудай бериптир.
Өзөлөнүп жүрчү элең,
Өзүңдүн кайниң келиптир.
Акбала балам, сүйүнчү!
Бүгүн душманга салар күйүнчү,
Бел байлаган кара кыр,
Белиң жетим келиптир,
Катылганды кайсаган
Шериң жетим келиптир!
Баатыры журтка сынаакы,
Айкөл абаңан калган мураапы,
Күнүң бүгүн келиптир.
Кайгынын баары кыйылды,
Өксө өлөрман дарт жүрөк
Балам, бүгүн тыйылды.
Тилегиң туура чак келип,

www.bizdin.kg

Балам, кыраандын баары жыйылды.
Бу кыраандар келбесе,
Кетирет элем алымды,
Кыйналып тозок тартпастан,
Кыят элем жанымды.
Бууданыңдын көзү жок,
Күлчоронун өзү жок,
Торго түшүп калганбыз.
Секирип адам чыга алгыс,
Орго түшүп калганбыз.
Мөңкүсө адам кутулгус,
Колго түшүп калганбыз.
Олжолоп алып Канчоро
Калайманды баштады.
Алтымыш келин, тул катын,
Калтырбай кырып таштады.
Токтунун майын тон кылды,
Тозокту жаман чоң кылды.
Каары катуу чачылды,
Тирүүлөй көрлөр казылды.
Канчоронун көргөнү,
Карыганда энеңди
Кылды ушундай көкбөрү.
Күндүзүндө энеңди,
Сайгактап торпок сүйрөдү.
Түнүчүндө шордуу энең
Чылгый тери ийледи.
Эл чогулган жеринде,
Шылдыңга туруп кайран баш,
Калмак болуп бийледи.
Кары казык, кол токмок,
Энекең минтип күн көрдү.
Канчоро каным кордуктап,
Канча дүйнө, түмөн мүлк
Олжого түштү зордуктап.
Кайран энең Акбала
Капкараңгы түн көрдү,
Өлүү эмес, тирүү эмес
Эки ортодо күн көрдү.
Таманы ташка жооруду,
Эмчегим сүтүн ак кылдым,
Өз балам душман жат кылдым,
Таңдай кургап, ич күйүп,
Суу ичтим зарлуу булактан.
Кыйын тозок иш көрдүм,
Эмчегим эмген Канчоро
Кара ниет чунактан.
Ордомду бузуп түз кылды,
Казынам талап күч кылды,
Каары катуу душмандан
Артыкча бала иш кылды.
Ал талоондон куткарчу
Санаам келип калыптыр.
Туйгундан келген мураапы
Балам келип калыптыр.
Кеткенимдин керээзи,
Кайранымдын калдыгы.
Адырлуу жылга укуму,
Арстандын тукуму,
Балам келип калыптыр» –
Деп, ошондо Каныкей
Чыңырып ыйлап чыркырап,
Чыдай албай буркурап,
Армандуу көңүл бөлүнүп,
Көөдөндүн чери сөгүлүп,
Көзүнөн жаштар төгүлүп,
Муңдуу жетим-жесирлер
Ай-талаадан кезигип,
Муңдашы боору эзилип.
Буркурашып ыйлашып
Мууну бошоп буркурап,
Ыйлап турду чыркырап.
Муңдуулар ыйлап турганда
Карагай ыйлап, тал ыйлап,
Белес ыйлап, бел ыйлап,
Берен ыйлап, шер ыйлап,
Буркурашып көрүшүп,
Эзилишип турду эле
Эне, бала талаадан
Кезигишип турду эле.

www.bizdin.kg

Акбала келди чыркырап,
Ээ пир дүмөк кыйын иш,
Эсинен танып буркурап,
Аркардай таңы көрүнүп,
Алмадай кымбат ак эмчек
Камчы тийип бөлүнүп,
Чоң кордугу ак болуп,
Канчоронун камчысы
Олжого калган шордуунун
Куйругунда так болуп,
Кең көйнөгү бөлүнүп,
Ар дененин учунан,
Кара кан агып төгүлүп,
Күңдүктөгү куурагыр
Адамдан бөлөк көрүнүп.
Муну көрүп Сейтектин
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Кыйын шердин тукуму
Кылыч сууруп буй кылып,
Өлсөмбү деп ой кылып,
Аңырайган капчалдан
Дайра соолуп, таш калса,
Дене кетип, баш калса,
Түн ушундай экен – деп,
Кордук-зардык чоң демек
Күн ушундай экен – деп.
Күңдүктө калган жеңемдин,
Күнү ушундай экен – деп,
Энем, шордуу жеңемдин
Каны калган бир кашык,
Эти калган көк жашык.
Коңурсу болгон жыттары,
Кара туурук буттары.
Өлүгү болгон болжолу,
Туурулган экен колдору,
Кайнаган экен шорлору.
Каарын чачып касаптап,
Кайрандар көзү өткөндө,
Жаман катын тул жеңе
Колго түшүп кеткенде,
Кордогон экен зорлору.
Адамдык тирүү болжолдон
Кеткен экен болжолу.
Кулдукта калган кургурдун
Кайнаган экен шорлору.
Кабылан атам өлбөсүн,
Калганы кордук көрбөсүн.
Мындай кордук тажаалды
Бендесине бербесин.
Бекзааданын жалгызы,
Безип-тентип талаага
Кордуктагы шордууну.
Ушинтип көзү көрбөсүн,
Бул өңдөнгөн азапты
Жаралган адам баласы,
Жанчуу таяк, токмок жеп,
Көрдүңбү мынча жарасы.
Мурда өлтүрүп тирүүсүн,
Кордук кылып күч кылган,
Эмчек эмген энесин.
Капкара ниет Канчоро,
Кан атамды жайлаган.
Арбагы оор, өзү эрен
Атактуу мыкты кан экен,
Энеме тажаал көп кылган
Айбандан төмөн жан экен.
Эркелеткен энеге
Эселек тууган чочконун
Мунун эмне кеги бар экен?
Кап эле сени, Канчоро,
Буланды булуп албасам,
Бузукту мыктап салбасам,
Береним энем көзүнчө
Даңгыттарга жарбасам!
Эшектей кардын эшпесем,
Эки көзүн кашайтып,
Көз алдында тешпесем!
Капчалдан камап көч алып,
Канын төгүп өч алып,
Алмадай башын атпасам,

www.bizdin.kg

Ичинен чыккан кара кан
Кымыздай ичип жутпасам,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн!
Менин тим душманым Канчоро
Кутурган окшойт ал чочко,
Бир күрпүлдөшүп көрөйүн!» –
Деп, ошентип, эр Сейтек
Көзү өрттөнүп жайнады,
Артылган шердин тукуму
Кан ичмеси кармады,
Кыялды кызык баштады,
Кызыталак куу жанды
Кылга байлап таштады.
Арстандай көзү жайнады.
Булкунгандан силкинип,
Буурадай тишти кайрады.
Чамына чыкты жолборстой,
Карасаат баланын
Чалышканы аман болбостой.
Бузулган күндөй күркүрөп,
Муну көргөн көп душман
Азат бою дүркүрөп,
Көзү өрттөнүп чок болуп,
Эки көзү өрт болуп,
Ачууланып чүмкөнүп,
Жадасы кармап чиркиндин
Ачылбас күндөй бүркөлүп,
Эки мурду дерденде,
Келтекче тоонун кабындай,
Оозунан чыккан илеби
Көөрүктөн чыккан жалындай.
Кабак-кашы буткулдай,
Толкуганда бу чиркин
Толкуганды жуткудай.
Кыймылдаса балага
Кыраң чакты келгидей,
Ачууланса чиркиниң
Ай-ааламды жегидей,
Чын кайраты бөрүдөй.
Тилден калып эр Сейтек
Агарып өңү суюлуп,
Эки беттин чогунан
Арбайып заар куюлуп,
Атасынан бабасы
Артыкча түрүн карачы!
Беделинен баланын
Кара чаар арстандай,
Кыймылдаса кырк миң кол
Катылчу болсо жанчкандай.
Өңү күүгүм түнгө окшоп,
Эң кайраты жинге окшоп,
Маңдайдагы чолпон көз
Сөксөөлдүн күйгөн чогундай.
Оозунан чыккан илеби
Чагылгандын огундай,
Ач албарс колдо жаркылдап,
Кыйкырганда кызыталак
Чагылгандай чартылдап,
Чамынганда балаңыз
Ай-аалам соруп күткүдөй,
Төрөнүн уулу чунакка
Төшү түктүү кара жер
Жердигинен түткүдөй.
Желдегени шамалдай,
Караган көрүп шашкыдай,
Канчоро түгүл баладан
Какандын каны качкыдай.
Буйга туура келген жан
Бура тартпай шүк эле
Кыйрап-кыйрап жаткыдай,
Кирпиги жалын, чок болуп
Айбатынан калайык
Чыдасын кантип токтолуп,
Арстандай аркырап,
Аттанмак болду көкжалың.
Ошондо шордуу энеси Каныкей,
Шордо жүргөн Акбала
Чылбырдан кармап чыркырап,
Ыйлап турду буркурап:

www.bizdin.kg

«Кагылайын, Сейтегим,
Айтканым шумдук билип ал,
Арстан жетим тилимди ал,
Уккун, уулум, кебимди,
Кууратпагын өзүмдү,
Угуп тур, уулум, сөзүмдү,
Белгилүү ошол, бел да ошол
Атаң арстан көкжалдан
Аябаган шер да ошол.
Арстан абаң Чорону –
Күлчорону жолдош кыл!
Күрдөөсү ашык бел да ошол,
Күрдөөңдү ачар шер да ошол,
Жолдош кылчу эр ошол,
Күрдөөнү тапчу шер ошол!
Жайнаган кызыл чок эле,
Жаралган адам уулунан
Андай көкжал жок эле.
Узун бойлуу, кең далы
Эңчегей бойлуу, саз өңдүү,
Эрен эле, шер эле.
Тиктеген жоодон тартпаган,
Жандан кайра качпаган,
Алты сан кара кол келип,
Тегеректеп турганда
Жамгыр кылып жаа тартып,
Тегиз найза сунганда
Казасы жетип өлбөгөн,
Ай-ааламга ал чоро
Сыны моюн бербеген.
Оолукканда эр авам
Ойротко ойрон салуучу,
Кыжырлуу жини кармаса
Кытай журт кыйрап калуучу.
Чоң Кең-Колдо турганда,
Кулак угуп, көз көргөн
Жерге салган чуулган.
Ускалуу болот, сыр найза,
Кыйкырып колго кармаса,
Душмандын жолу буулган.
Берендиги билинген,
Бет алган душман бөлүнгөн.
Канкор атаң Семетей,
Семетейге туу болгон.
Эңдирип душман чуу болгон,
Чын жинине тийгенге,
Чык этпес ажал уу болгон.
Ачууланып алганда
Ажыдаардай толгонгон,
Алышкан аман болбогон.
Аты Кызыр дубана
Колдогону ал болгон.
Жадала кызыл чок болгон,
Жадалын салып качырып,
Эчен душман жок болгон.
Канга тоюп катыккан,
Он экиге келгенде
Ордо бузуп олжо алган,
Орчун журтка кол салып,
Көз жетпеген мунарык
Каңтара каршы белди алган.
Кармашына жан түшпөй,
Канкор атаң экөөлөп,
Кан Коңурбай шерди алган.
Жүрөгү майлуу болсун – деп,
Казыдан соруп жегизген.
Ойрон энең Каныкей
Оң эмчегин эмизген.
Арзыбаган бөлөгү,
Атакеңдин жөлөгү,
Капчалга чапкан кыясы,
Кан атаңдын уясы,
Беренимдин мурасы,
Берен да ошол, бел да ошол,
Жолдош кылар шер да ошол.
Карангүн, жетим өзүңө,
Каз айланбас зоо ошол.
Кан атаңа бир тууган
Каргылуу кара тоо ошол.
Берен да ошол, кан да ошол,

www.bizdin.kg

Белгилүү тууган жан ошол.
Жетип чаап Ооганды
Жекендүүгө кыр салган,
Жер жүзүнө чыр салган.
Канга тоюп катыгып,
Семетейдин иниси –
Күлчоро көкжал атыгып,
Болот айза аштаган,
Болбогон дүмөк душманга
Чочунуп куту качпаган.
Ал пендеден чыккан арстан
Жоктон тапкан ошондо,
Жоголчу Бакай бабаңды,
Жолдош кылгын кулунум,
Эр Күлчоро абаңды.
Курчоону ашчу бел ошол,
Кумарың жазчу шер ошол,
Жолдош кылчу эр ошол,
Эрдиги үлкөн дарыя,
Жетимим, сага карыя
Кериле басса чаң кылат,
Кез болгонду дан кылат,
Катылганды кан кылат.
Жадаалуу келген душманды,
Тиктегенде жок кылат.
Беренди күтүп болжош ал.
Күйүткө салбай энеңди,
Күлчорону жолдош ал.
Каарлуу какшаал Канчоро
Таластын куйган жонунда,
Атаңдан калган сансыз мүлк,
Ал чочконун колунда.
Чарайна тон бечең бар,
Атаңдан калган сан мүлктүн
Андай кызык нечен бар.
Алтыны бар, мүлкү бар,
Арстан жабдык-жароо бар,
Ардеменин баары бар.
Ордосунун түбүндө,
Баатырларга сабалып,
Балбандарга таланып,
Чөөгүндүнүн түзүндө,
Чөп алачык ичинде,
Бели сынып бекчейип,
Берен Бакай бабаң бар,
Ажыратып алуучу
Эл Күлчоро абаң бар.
Аркайган Талас, Кең-Мойнок
Кебелбей ашчу бел эмес,
Ал Канчоро какшаалга
Сен баруучу эр эмес,
Эрлиги сизден жөн эмес.
Арак ичкен мас кезиң,
Акылдан боштук жаш кезиң,
Балтыр этиң толо элек,
Каары катуу капырга
Басташар кезиң боло элек.
Он үчкө жашың жете элек,
Энең Чүрөк эмчеги
Таңдайыңдан кете элек,
Боконо сөөгүң боло элек,
Балам, сенин борбуй этиң толо элек,
Сенин өч алчу чагың боло элек.
Каруусу толук капырга,
Ал Канчоро баатырга,
Казынада бедер жок.
Ал капырдын колунда
Немнелер бар да, нелер жок.
Сакчысы бар, били бар,
Бар шумдуктун баары бар.
Эшигинде сакчысы,
Ал капырды бакчусу
Койбос, тайбас бүчү бар,
Бир койбостун өзүндө
Токсон жолборс күчү бар.
Кыргыздан жыйган кулу бар,
Короолой салган тамы бар.
Коркунучтуу какшаалга
Кароолчунун баары бар.
Кароолчусу капырдын

www.bizdin.kg

Кабар укса жабылган,
Буттай чокмор колго алып,
Кезиксе жоого камынган.
Кабар берсе бирөөгө,
Кепке келбей жабылган.
Керишке мыктап кабынган.
Кеткен атаң көкжалдан
Олжо кылып дүйнө алып,
Ойрон болгон чочконун
Жоого мыктап камынган.
Кароолчусу сакчысы,
Куйкаланган доңуздун
Толуп жатат бакчуусу.
Ураандары белдери,
Толуп жатат капырдын
Бел байлаган жерлери.
Баргыны бузуп жол алды,
Казактардан колду алды,
Ийрек бузуп жолду алып,
Индистанга кол салып,
Олжосуна пилди алып,
Билге жүктөп дилде алып,
Каяшасы жок журт – деп,
Кара көздөн миңди алып.
Казына күтүп барбактап,
Байы өлгөн кулдай дардактап,
Дөбөгө чыгып бакырып,
Канчоро кандын айлы – деп,
Ураан тартып чакырып.
Каяшаяк бергенге,
Кылтасын кыйып жапырып,
Душман багып аркалап,
Аргын менен кыргыздын,
Каяшаяк бергенин
Такыр кырып талкалап.
Алым салып, чыр салып,
Журт кууратып пул алып,
Канчоро эми кан болуп,
Аргын, кыргыз аты уйкаш
Кайран журт качып жай болуп.
Сакалдуусун, карысын,
Калтырбай кырып баарысын,
Кетирди журттун каруусун.
Көп казына, сансыз мүлк,
Чачып кетти деп уктум.
Билеги жоон, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү көп балбан
Канчоро кандын каарынан,
Капырдын какаар заарынан,
Качып кетти деп уктум.
Өлбөй-житпей дүйнөсүн,
Чачып кетти деп уктум.
Кылчайып айла табалбай,
Кыйыным көкжал өлбө – деп,
Кызырлуу кыргыз кайран журт
Орго түштү деп уктум.
Кыйласы тентип жөө качып,
Жолго түштү деп уктум.
Кыйындарын карысын,
Кыйратып кетти деп уктум,
Кызырлуу элдин баарысын,
Кара ниет Канчоро –
Сен баруучу эр эмес,
Камандай чалган арамга
Катыла турган уул эмес.
Өрөпкүгөн жалгызым,
Сен баруучу шум эмес.
Бел байлаган белиңди ал,
Белгилүү абаң шериңди ал.
Бу Таласка дөө болгон
Кан атаң өлүп кулунум,
Аргын менен кыргызга
Канчоро чочко ээ болгон.
Ар шайман бар колунда,
Атакеңдин Аколпок
Канчоро какшаал колунда.
Белекке кийчү тон ошол,
Боздой берсе энеңдин
Болжосоң сөзү зар эле,
Берен атаң колунда

www.bizdin.kg

Аккелте мылтык бар эле.
Алты сай мылтык Алмабаш,
Ыраакы-жуук, ылгабас,
Ал Канчоро колунда
Калган буюм мунуң бар,
Энеңдин айтар муңу бар,
Эстеп жетим угуп ал.
Энекең айтса жөө жомок,
Эчен кызык шуму бар.
Чыңырып ыйлап чыркырап,
Чылбырдан кармап жетимди,
Турган экен буркурап.
Олоңуна оролуп,
Обу жок ыйлап энеси
Белге таңуу бел ошол,
Бендеден артык шер ошол,
Арстандыгы айгине,
Арстан-жолборс шер ошол,
Жолдош кыл, уулум, сен ошол.
Көкжалдыгы көрүнөө,
Баатырлыгы жарыя,
Мурунтан атаң көкжалга
Мурапы ол олуя.
Берен абаң жолдош кыл,
Билбегенди билгизет,
Минтип жоого киргизет,
Кеткениңди келтирет,
Касташканды өлтүрөт.
Санааң менен болтурат,
Сандыгыңдын баарысын,
Сары алтын мүлккө толтурат.
Караан да ошол, бел да ошол,
Сенин кабагың ачар шер ошол».
Каныкей энең муну айтып,
Сырын айтып турду эле,
Айыкпай турган бир азап,
Чырын айтып турду эле.
Өрөпкүп ыйлап чыркырап,
Күлчоро зайыбы Акбала
Боздоп турду заркырап.
Олоңуна оролуп,
Чылбырына чырмалып,
Чындап ыйлап чыркырап:
«Абаң көкжал өлгөндө
Каары катуу көп душман,
Көп дүйнөнү бөлгөндө,
Кыркылган кара чачыбыз,
Олжого кеткен башыбыз.
Казылган чуңкур орубуз,
Чегеге түшкөн колубуз.
Уй кайтарып көп жүрдүк,
Берендер келсе деп жүрдүк.
Күнүгө күйгөн жүрөктөр,
Күндүктөн күйгөн билектер,
Улугум уул угуп ал –
Каарланган Канчоро,
Өз күйөрүн жайлаган.
Далысын кесип инисин,
Жедигер Кыяз байлаган.
Катындарды тул кылып,
Канчаларды кор кылып,
Балбандарын шор кылган,
Күнөкөрлөп кутуруп,
Бар дүйнөнү жок кылган.
Кыйла заар баштаган,
Кыязына жакпасын,
Кыргын кылып таштаган.
Жаңгыз барба жетимим,
Чочко абаңдын үйүндө
Ордосунун эшиги –
Казылган чуңкур ор болгон,
Катылган адам кор болгон.
Жүргөнүнөн чаң чыгып,
Айбатынан жан чыгып,
Алам деп келген көп душман.
Билегинен сап кеткен,
Жүрөгүнөн кап кеткен.
Кыйла агайын карысын,
Кыл да бирөөн таштабай,
Кырып ийген баарысын.

www.bizdin.kg

Кара арстан салган кордукту,
Туткунда жүргөн энеме
Көргөзгөн экен зордукту».
Коё бербей Акбала
Белгилүү көөнү бөлүнүп,
Каржалган көздөн кан агып.
Көзүнөн жашы төгүлүп:
«Ордосунда капырдын
Калк бүлдүргөн баатырдын,
Кырк аркан бойлуу ору бар,
Кыйла мүшкүл шору бар,
Чалынса чыккыс шору бар.
Күйүткө койгон ошо бар,
Айт дегенде кол салчу,
Балбаны бар, каны бар,
Балаалуу мүшкүл баары бар,
Балакет шумдук абыдан
Балбаны бар, эри бар,
Каргадай болгон каралдым –
Барбагын сенде кеги бар.
Достугу Кыяз өзүнө
Кабар салып сойгун – деп,
Тыйпыл кырып аларды
Жылма кылып койгун – деп,
Алты күлүк ат менен,
Алакандай кат менен,
Куйкаланган кутургур
Кабар берген жери бар,
Ал Канчоро какшаалдын
Каралдым, сенде кеги бар!» –
Безеленип чыркырап,
Жалгыз Сейтек баланы
Жамгырчы кызы Акбала
Коё бербей буркурап,
Арманды ачып кеп баштап,
Акырын сүйлөп, бек таштап
Кылтылдаган бейтаалай
Адамдын артык дайны экен
Кан баласы оңбогур
Күлчоронун зайыбы экен,
Коё бербей баланы
Токтоп кармап турду эле,
Өткөн менен кеткенди
Жоктоп кармап турду эле.
Чыдай албай чыркырап,
Чыңырып ыйлап буркурап,
Карагаттай көзүнөн
Канча кызык жаш агып,
Бөлөкчө кара көзүнөн
Бөлөк, бөлөк жаш агып,
Мурундан булак суу кетип,
Буркураса ал кетип,
Каарлууга барар – деп,
Кармалашса окустан
Алыш кылса кокустан,
Бала жалгыз душман көп
Бадырек өлөр бекен – деп,
Урчу Кудай урар – деп,
Касташ душман тынар – деп,
Карыптар бели сынар – деп.
Каралдыдан айрылсак,
Кашайта Кудай урар – деп.
Акбала айтып мындай кеп,
Кармап турду мындай деп.
Каргап, түрдүү кеп салып,
Кармап турган себеби –
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн,
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Өкүм шердин тукуму
Суу ич десе, уу ичкен,
Кан төк десе, жин төккөн,
Ажалдан кайра кайтпаган,
Өлүмдөн кайра тартпаган.
Серпишсе ону сексен төрт,
Серп алганы кызыл өрт.
Адамдан чыккан балакет,
Атасынан бабасы
Арстандыгын карачы!
Жүрөман туман чаң кылган,

www.bizdin.kg

Көздөгөнүн жай кылган,
Алымы алты сан болгон,
Атагы журтка даң болгон.
Атасынан бабасы,
Эл башкарып кан болгон.
Берен кандын тукумун,
Коё берсек оңбос – деп,
Бала жалгыз тиги миң
Кабылса аман болбос – деп,
Кармап турду экөөлөп,
Ээлигип Сейтек булкунуп,
Эри өлгөндөй жулкунуп:
«Энеке менен жеңеке,
Коё бергин көрөйүн,
Дагдыр жетсе өлөйүн,
Кутуруп турган душманга
Кулжуңдашып көрөйүн!»
Деп, ошентип, эр Сейтек
Алек кылып турганы.
Акбала, муңдуу Каныкей
Жомогу менен жоботуп,
Жорго сүйлөп кубантып,
Балааны башка курганы.
Муну мындай таштайлы,
Күлчоро көкжал, Айчүрөк,
Мына ошондон кабар баштайлы.

АЙЧҮРӨК МЕНЕН КҮЛЧОРОНУН АКБАЛА МЕНЕН КАНЫКЕЙГЕ ЖОЛУККАНЫ

Багыштын уулу Кыяздын
Тирүүлөй көрү казылып,
Сары адырмак Жети-Өзөн,
Чалкактуу кымбат жерди алып,
Олжо кылып элди алып,
Кызыл куйрук нар алып,
Кызыкса түмөн мал алып,
Мына ошондо Күлчоро
Кармашкан жоону жай кылып,
Кайран башты кан кылып,
Айбандан бөлүп билди алып,
Билге артуучу дилде алып,
Олжого жылкы малды алып,
Кулдукка кеткен жанды алып,
Жадалуу душман зордугу
Жаккан отун өчүрүп,
Жан жабылта көчүрүп,
Айчык алтын туу кармап,
Эрендер кармап кыйгачтап,
Таласты көздөй жол баштап,
Көчүп калган кези экен.
Мына ошондо Күлчоро –
Шай колдогон шер чоро
Карысын чыктап кан кылып,
Калың журтка даң кылып,
Кысталып жайдан көч алып,
Кан Кыяздан өч алып,
Жети-Өзөн толгон жедигер
Жергесин бузуп өч алып,
Өчкөн отун тамызып,
Өлүчү жанды тиргизип,
Керектүү кыйла жанды алып,
Кызыл куйрук нарды алып,
Касташканды жай кылып,
Калың тарткан жедигер –
Жедигердин элине
Кара дөөнү кан кылып,
Кыяны тосуп, көч алып,
Кызыгы кымбат ушундай,
Жедигер журттан өч алып.
Кабагы толкуп ачылып,
Кыраандан кабак жазылып.

www.bizdin.kg

Чын тилегин жараткан,
Берип калган кези экен.
Чындап көчүп Таласка
Келип калган кези экен.
Айдай катын Айчүрөк
Ардеме мүшкүл чоң дүмөк,
Сары кайкы адырмак,
Жерди көрүп бир ыйлап,
Сандаган кыргыз, көп аргын
Элин көрүп бир ыйлап,
Булактуу белес адыр төр,
Батканын көрүп бир ыйлап,
Кара буура чоң Чаткал,
Канжайлактын этегин
Жерди көрүп бир ыйлап,
Ийри-Марал, Күмүш-Так
Эл күздөөчү бел экен,
Ошол жерди жердеген
Бу деле кыргыз эл экен,
Муну көрүп бир ыйлап,
Көчмөндүү Талас чуу болуп,
Көчү ызы-чуу болуп,
Бая көркөм катын Чүрөктүн
Көңүлү сөгөт бөлүнүп,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Мал жайылган ээн талаа
Көлчүк суулар токтоптур,
Жалпы жаткан деңизден
Доңуз түртүп оттоптур.
Булак соолуп таш болгон,
Канчоро какшаал баш болгон,
Колоттун баары сай болгон,
Канчоро капыр кан болгон.
Караан кылган мураапы
Канкор ээлеп жай болгон.
Муну көрүп бир ыйлап,
Чыңырып ыйлап чыркырап,
Чын дүйнө кеткен экен – деп,
Бейбак ыйлап буркурап,
Жаныбарым чоң Талас
Атадан калган жер экен.
Жерден кууп жоготкон,
Кар ниет какшаалды
Алда Таала кудурет
Не үчүн бендем деди экен.
Өксөп ыйлап буулугуп,
Эки көздөн аккан жаш
Омуроо ылдый куюлуп,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көрдүмөк башка көрүнүп,
Кайкалаган кыраңча
Баатырдын сайган багы эле.
Маңдайда жаткан зоңкокчо,
Сейилге чыккан так эле.
Биз кеткенде кайран жер
Өзөнгө эли конуптур,
Кандан калган көп белге
Өчөшкөндөй болуптур.
Белгилер сайган чынар бак,
Канчоро кыйган сулатып,
Белгиге койгон алтын так
Жыккан экен кулатып,
Өйүздүн суусу өрттөнгөн,
Өзөндүн баарын буруптур,
Кайыпчыда казына
Кырк калча менен Бөлөкбай
Канчоро чочко кырыптыр.
Казына бузуп алыптыр,
Багалекке салыптыр.
Баатырсынып барбактап,
Чын кутуруп дардактап,
Кудайсынып кутуруп,
Кууратып элге жутунуп,
Аргын менен кыргызга
Алым салып күч кылган.
Алымдарын бербесе –
Каарын төгүп күч кылган.
Каарлуу мындай болбогон,
Баатырдан калган сансыз мүлк
Кылча бирөөн койбогон.

www.bizdin.kg

Аргын менен кыргызды
Айбатын төгүп күч кылган,
Айкөлдөн калган белгини
Түгөл бою түз кылган.
Жыргалдын аман чагында,
Көкжал аман барында
Сейилдикке чыгуучу,
Тегереги чынар бак –
Ортосу короо алтын так,
Сейилге жүргөн ошол чак.
Сексен келин, сексен кыз
Дагы эле ойноп чаң салып,
Дүмпүлдөк ойноп даң салып
Оромпой оюн шабыет,
Селкинчек салып чаң салып,
Көп кызыкка баткан жер
Бери, кара дөбө кайкаңча,
Берендер ордо аткан жер» –
Деп, ошентип, Чүрөктүн
Көңүлү сайлап бөлүндү,
Көзүнүн жашы төгүлдү,
Мурду булак буу болуп,
Эки омуроо суу болуп,
Боздоп ооруп эзилип,
Ойноп-күлгөн кайран жер
Бет алдында кезигип,
Ботом, тоо жоголгон тумшуктан,
Томурайган тумшуктан,
Оргуп-оргуп чаң чыгып,
Оргуган чаңды көргөндө
Караган жандан жан чыгып,
Адам, оргуган чаңды караса –
Төө атасы боз буура,
Баары боздоп буркурап,
Чуудалары бөлүнүп,
Чуркап келди Чүрөккө,
Көздөн жашы төгүлүп,
Ээн калган каран мал
Эстесе кызык муңу бар.
Айтайын десе тили жок,
Чуудалары бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Шорго үйүлгөн немедей,
Тегеректеп чуркурап,
Курчап жатты буркурап.
Өрдөкчө мойнун койкойтуп,
Алмач өркөч бөлүнүп,
Каран калган ээсиз мал –
Калыптыр чогуу минтип – деп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Капкак кырга токтоду,
Капа болуп, бет тытып,
Канга оролуп, ич күйүп.
Кайгырып ыйлап Айчүрөк
Кан төрөсүн жоктоду.
Арман кылып эс талып,
Көз карарып ич күйүп,
Көрдү мындай сонунду.
Баш көтөрүп караса –
Азуулуудан ак тайган,
Айып болгон кези экен.
Он эки жылга толгуча,
Бир адамга көрүнбөй,
Бир кишиге билинбей
Кайып болгон кези экен.
Мойнундагы каргыны
Таштап кеткен кези экен,
Болсоң дүмөк, чоң жаңжал,
Канчорого калайман
Баштап кеткен кези экен.
Кыңшылап улуп чыркырап,
Берен катын Чүрөккө
Куруп келген кези экен.
Берен катын Чүрөккө
Улуп келген кези экен!
Акылдан танып алсырап,
Ада болгон Кумайык
Азыр кирип келгенге,

www.bizdin.kg

Кумайыкты көргөндө
Кан кабылан төрөнүн
Өзүн көргөн немедей,
Өзү турмак көкжалдын
Көзүн көргөн немедей.
Тилегин Кудай бергендей,
Көрдөн чыгып тирилип,
Көкжал шери келгендей,
Чыңырып үндү салды эле,
Чынар сындуу кайран бет,
Жулуп-жулуп алды эле.
Беш тырмак тийген бетинен,
Безеленип кан кетип,
Айчүрөктөн ал кетип,
Тарак тийбес кара чач
Тал-талынан жулунуп,
Ай тийгендей кайран бет
Беш тырмак тийип булунуп,
Оролмо-Тоонун көк зоңкок
Урчугундай төрөм – деп,
Жети Ала-Тоо зоңкоктун
Тумшугундай төрөм – деп,
Алты дайра куюлган
Шар жериндей төрөм – деп,
Айбаны минтип турганда
Азелден жанын аябай,
Чыңырып ыйлап чыркырап,
Караргандан түнөрүп,
Кан төрөлөп буркурап,
Асмандан Алданын күнү бүркөлүп,
Кайран жеңең башына
Алтымыш санаа бир келип,
Айтып ыйлап турду эле,
Кутпага мойнун бурду эле –
Баягы кара сурдун сулуусу,
Ургаачынын нурлуусу
Кең көйнөктүн тазасы,
Узун чачтын башаасы,
Кайран энем Каныкей
Эки колу шал болуп,
Эки көзү кал болуп,
Эти кезип сөөгү бар,
Жаратканга кылган зар.
Көрсө көңүл бөлүнгөн,
Эңкейгенде карынын
Абийири көрүнгөн,
Чын дүйнөгө баралбай,
Уяттуу жерге жеталбай,
Көөдөнүнө зар алып,
Көмүрдөй эти карарып,
Бошоп сөөгү бөлүнүп,
Көрдөн туруп көрүнгөн
Тирүү арбактай көрүнүп.
«Чүрөгүм» – деп чыркырап,
Келе жатат буркурап,
Каныкейди көргөндө
Айчүрөк чыкты сабылып,
Энекелеп жалынып:
«Көрүп койсо көөнү ток,
Энемден башка Меке жок.
Колдо болот жарагым,
Айланайын шордуу энем
Аласкар тоодой карааның» –
Деп, ошентип, Айчүрөк
Улуп-боздоп чыркырап,
Келген байкуш энесин
Эмчектен жыттап буркурап.
Шай колдогон Күлчоро
Алтын жаак айбалта,
Бөйрөккө такап болкулдап,
«Энекай» – деп солкулдап.
Күлчоро ыйлап күңгүрөп,
Сөөгү бошоп болкулдап,
Күлчоро ыйлап солкулдап,
Жүрөктөн жүлгүп кан чыгып,
Дене сөөктөн кан чыгып,
«Беш аркар» жылдыз баткыча,
Беш кайра алып эмизген.

www.bizdin.kg

«Балам ачка калат» – деп,
Казы чайнап жегизген.
Жая кесип, жал берген,
Каз айланбас зоодайым,
Каргылуу кара тоодайым,
Чын байбиче энекем,
Көрүп турган урмекем».
Күлчоро ыйлап буркурап.
Эне-бала кезигип,
Кошулуп ыйлап турганда,
Караган калың эл ыйлап,
Катуу кара жер ыйлап,
Жыгач боздоп, тал ыйлап,
Көргөн жандын баары ыйлап,
Өчкөн оттор тамылып,
Өлгөн жандар тирилип,
Чыркырап чымчык кошо ыйлап,
Кара көңүл куу ыйлап,
Ыйлагандын баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлап,
Өлүп адам чачылса,
Кайра гүлдөп ачылса,
Как ушундай болор – деп,
Ыйлагандын баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлап.
Өкүмсүгөн эренге
Өткөрө дүмөк иш тууса
Мына ушундай болор деп ыйлап,
Кучакташып курушуп,
Кезигишип турушуп,
Өлгөн жаны тирилип,
Өксөгөнү басылып,
Кайгы, чер мунДар жазылып,
Келип калган кезеги.
Эне-бала кошулуп,
Кайгынын баары басылып,
Капанын баары чачылып,
Үзүлгөнү уланып,
Жоголгону табылып,
Ай кабагы ачылып,
Армандын баары чачылып,
Өрттөнүшүп эзилип,
Муңдуу эрендер кезигип,
Кырсыктын баары кезигип,
Түйүндүн баары чечилип,
Армандын баары арылып,
Адашкандар табылып,
Абийир гүлдөй жабылып,
Шай колдогон Күлчоро
Жылгындуу, Кең-Кол жерди алып,
Жыргалдуу кыргыз элди алып,
Тегиз тиккен бакты алып,
Бак ичинде такты алып.
Белге чоро келди – деп,
Эки тизгин бир чылбыр
Алчу көкжал келди – деп,
Эл кыңырын түз жолго
Салчу чоро келди – деп,
Күйүккөн жүрөк, артык өч
Алчу чоро келди – деп,
Кыргын салып кытайга
Жатчу чоро келди – деп,
Калың элди буй кылбай,
Бакчу чоро келди – деп,
Кызырканып келгенде,
Кызырлуу шердин тукуму
Кыргызга мүшкүл жоо келсе,
Өпкө тешип, баш кесип,
Аябай мүшкүл доо келсе,
Арстан шердин тукуму,
Ак марал айдап уй кылган.
Каарлуу душман көрүнсө,
Какаңга чейин кыйратып,
Касташканды буй кылган.
Көк кулан кууп буй кылган,
Көп жаңжал салган доо келсе,
Көп элге мүшкүл жоо келсе,
Көмө сайып буй кылган.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК МЕНЕН КҮЛЧОРОНУ ЭЛДИН КАБЫЛ АЛЫШЫ

Жетим Сейтек дөө болуп,
Кыргызга булар ээ болуп,
Айтылуу Талас кайран жер
Эби менен жер кылып,
Азган-тозгон кыргызды
Кайран эр жыйып, эл кылып,
Армандын баары жабылып,
Жоголгон эрлер табылып,
Калың аргын, көп кыргыз
«Баабедин» – деп бата айтып,
Ай туякка ат айтып,
Айры өркөчтүү төө союп,
Ар дүйнөнү тең коюп,
Журт чуркурап, эл чубап,
Берен чоро келди – деп,
Ай-ааламды буй кылып,
Чапкан чоро келди – деп,
Аргын менен кыргызды
Атадай сактап бир аман,
Баккан чоро келди – деп,
Малга жайлуу кең чалкак
Белдей чоро келди – деп,
Добул келсе жел тийбес,
Доочу келсе мал бербес,
Одого огун сологон,
Кас душмандын баарысы
Айласын таппай кологон,
Кыргыздын жанын тындырган.
Өрөпкүп келген душманга
Өлчөлүү найза сундурган.
Кыжырга тийген кыйраган,
Топон суу тийбес Чоң-Бээжин,
Тополоң түшүп ыйлаган.
Башкы атасы Чылаба –
Чылабадан чын болгон,
Чынмачындын өзүнөн
Чын караган кара көзүнөн,
Канзааданын өзүнөн,
Кайран кыраан туулган.
Кайраттыгы шердиги,
Ашып кетип башынан
Каканга салган чуулган.
Шер аталып билинген,
Бир дүбүртү көкжалдын
Чоң-Бакбурчун калаанын,
Даңзасына чийилген.
Атасынан бабасы
Кармаша чыгып аттанган.
Атагы чыгып көкжалдын
Чынмачынды кытайдын
Бичигине катталган.
Мунун баатырдыгы башкача,
Эрен чоро келди – деп,
Эл коргону чын кыраан.
Берен чоро келди – деп,
Калк чуркурап, журт дүрбөп,
Баабединин бат айтып,
Баарыдан кызык ушул иш,
Ай туякка ат айтып,
Кеткенибиз келди – деп,
Кымбаттуу терең ой кылып,
Каныкей жаңы туугандай
Калк чуркурап, той кылып,
Кыйлалары карысы,
Кызык кылып баарысы,
Кыж-куж этип, эл дүрбөп,
Азыр кыргын болчудай
Кызык болду баарысы.
Жакындары эрлери,
Эки-экиден бөлүнүп,
Эр кайраты сөгүлүп,
Кыжылдашып карысы
Кыстоолуу дүмөк көргөнсүп,
Кыжылдашып баарысы.

www.bizdin.kg

Кыргыз кайнап топурап,
Асманга учуп топурак
Айгайлаган чуу болуп,
Бүлкүлдөшүп калышып,
Куйкуму көп, кыжыр сөз,
Кыйлалары салышып:
«Кара-Буура, Чаткалга,
Там көтөрүп алсак – деп,
Каарлуу кулду жоготуп,
Шай колдогон Күлчоро
Кан көтөрүп алсак – деп,
Баскан жерин тамандап,
Наалат кылып журт тилдеп,
Канчорону жамандап,
Ботом, эки тизгин, бир чылбыр
Эптеп колго алганы.
Ийри-Марал, Күмүш-Так
Күдүрү күрөң белди алып,
Күрдөөлүү кыргыз, көп аргын
Күнөөкөр кылып элди алып,
Кан-Жайлак кара кайран жер
Кароол карар кыр кылып,
Душмандан алган немедей,
Бу чочко жаман чыр кылып,
Ургаачыдан узду алып,
Улуксунуп күч кылып,
Уялбай тартып кызды алып,
Чабылып өлгөн өрттөнгүр
Жалынсам укпай кебимди,
Капканча чапты белимди.
Шибээлеп торгоп жолумду,
Журтум, жипсиз байлап колумду.
Көрсөң бузук Канчоро,
Көп көргөздү сонунду.
Эренди жайлап төөнү алып,
Эр өлтүрүп бээ тийип,
Жапа салып чыр кылып,
Кыяны тосуп көч алып,
Каяшаяк бергенди
Кыргын кылып өч алып,
Тартып алып кызыңды
Татытты нечен тузуңду.
Зордуктап алып пулуңду,
Кыргызга салды кыйынды.
Бу Канчоро капырдан,
Кара ниет журт бузгуч,
Каарланган капырдан
Албан түрлүү жан ыйлайт,
Эс билбеген бала ыйлайт,
Ниетин Кудай урганын,
Сураган журту курганын,
Алты миң жамбы, миң кундуз,
Ачууланса кутургур
Алым алып турганын
Айтканын азыр бербесек,
Алымын айдап бербесек,
Каарын катуу баштады.
Оозу чоктой кожону,
Ойрон кылды ошону,
Акыл тапчу карыны,
Азапка салды баарыны.
Эндиретти балдарды,
Эң кууратты жандарды,
Каяшаяк айтты – деп,
Найза салчу ыктууну,
Кырды кыйла мыктыны,
Баатырдын баарын байлады.
Бөлөгүн айтып нетебиз,
Арстан кандын жалгызы
Семетей канды жайлады.
Желкелеп кырды карыңды
Жетим кылды баарыңды,
Айлакер Бакай карыны,
Атасындай жан эле,
Балбандарга сабатты.
Бар дүнүйө сансыз мүлк,
Жедигерге талатты.
Карткүрөндөй жоргого,
Карткүрөң минди жоргого,
Көп чабуул койду ордого.

www.bizdin.kg

Өлтүрдү көкжал төрөсүн,
Өзгөчө жаман кордоду
Эмчегин эмген энесин.
Музоочу кара күң кылып,
Каздады калың мүнөзүн
Кан болуп турса Канчоро,
Кыйланы жана көрөсүң.
Аламдык дилде сансыз мүлк,
Айы сайын чочконун
Алымына бересиң.
Ачуусуна кабылсаң,
Кыйшык болуп табылсаң,
Ажалдан мурун өлөсүң.
Каарданып какайса,
Калың кыргыз, көп аргын
Дүмөгүн жана көрөрсүң.
Куржунда пулунештирип,
Жана башын кестирип,
Канчоро аман барында
Кайра тартпас чын жайга
Куруган бойдон жүрөрсүң.
Кары-картаң, жаштарың
Канчоро аман кезинде,
Кордукту койдой көрөрсүң.
Кыраңга качып жөн өлүп,
Кызыл канга бөлөнүп
Зордук кылып бээңди,
Байлап канча дөөңдү,
Жадаалына тийгенде
Жайната муштап мээңди,
Чыгарып иер ушинтип,
Капкайда жүргөн кээңди.
Бу Канчоро чочко жоголбойт.
Канчоро чочко жоголбой
Калктын иши оңолбойт.
Бу кыжырлуу чочко жоголбойт,
Бу кыжырлуу чочко жоголбой
Бу кыргыздын иши оңолбойт.
Уламалуу кары айтат,
Узун кулак, көп көргөн
Ушунча журттун баары айтат,
Кепке чечен ыкты айтат,
Кең акылман мыкты айтат:
Канчорону тууганда
Чочубай адам калыптыр,
Чеңгелине кош колдоп
Кабаттап заар кармаптыр.
Манастын уулу эр көкжал
Канат-куйрук болор – деп,
Кечээ мойнуна тумар тактырып,
Алдейлетип бактырып,
Ак эшен сынап жактырып,
Энеси Каныкейге бактырып,
Тойго токсон сойдуруп,
Атын Канчоро көкжал койдуруп,
Дегенине көнгөндө
Сол эмчегин эмсин – деп,
Беризаада Каныкей
Сол эмчегин бергенде,
Соргон сайын зыркырап:
«Түбүндө душман болор деп», –
Касиеттүү кара бет
Ыйлаган экен кара бет.
Түбү көөдөк Семетей
Түгөнгөн кандын өз уулу эй:
«Акылман десе, энеке эй,
Ашып кетет экенсиз.
Жок немени көп сүйлөп,
Жолу каткан немече
Шашып кетет экенсиз.
Ар ашепке кеп айтып,
Ар немеден энекем,
Басып кетет экенсиз.
Жаңгыз бала жоо чыгып,
Бул аны бузуп алалбайт,
Бузукту бизге салалбайт.
Манастын уулу эр чиркин
Баладан корккон оңобу?
Оң колуңду сол колго
Душмандап айткан оңорбу?

www.bizdin.kg

Бул кебинди ким уксун?
Бир караңгы түн уксун,
Ашуусу катуу тоо уксун,
Агыны катуу суу уксун,
Асты кабат жер уксун!» –
Ошентип көкжал болбоптур.
Ошенткен эрге ок атып,
Өрттөнгөн чочко оңбоптур.
Бу каарлуу чочко турганда,
Бу Талас бизге жер болбойт,
Бу кыргыз бизге эл болбойт.
Аргын менен кыргыздын
Жактырбай отун өчүрдү.
Жабылта журтту чуулатып,
Кыштын күнү көчүрдү.
Найза кармап аттанды,
Семетей кандай мен кандай,
Деп ушинтип кеп айтып
Бир күндө үч жолу мактанды.
Каарын төгүп какайып,
Калың элге аттанды,
Эсерден жыйып кол алды,
Олжолоп нечен тон алып,
Кыйшайбаган сан жылкы,
Жедигерге тийгизди.
Жетик көкжал ордосун,
Эр Кыязга билгизди.
Агача келин Сайкал кыз
Олжого тартып тул кылды,
Шай колдогон Күлчоро
Жылкычыга кул кылды.
Бул Канчоро турганда
Бузулуп кетет биздин түш,
Кытайдан келбей мындай күч
Кыйлабызды кылды түз.
Кулак угуп, көз көргөн
Кылымда болбойт ушул иш.
Караса каары төгүлөт,
Күрдөөсүн төгүп Канчоро,
Күтүп албайт көрүнөт.
Узкасыз чоро турганда
Журт кайманы төгүлөт,
Журт туурдугу бөлүнөт.
Каары келип какайса,
Калың элди калтырбай
Кырып иет көрүнөт.
Бөтөнү болду сөзүндө,
Бөлөгү болду көзүндө.
Калың кыргыз, көп аргын
Бөлөктөп жини кармаса,
Бөлгөнү турат өзүңдү.
Кылжыры турат сөзүндө
Кыйшыгы турат көзүндө.
Кыжырланса Канчоро,
Кылча көрбөй кыргыз журт
Кырганы турат өзүңдү.
Кара-Буура, кең Чаткал
Кеңири жатчу жер эмес.
Каары катуу, заары күч,
Тутанып өлгөн Канчоро
Күрдөөлүү кыргыз кайран журт,
Күтүп алчу эр эмес.
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Сай тулпардын баарысын
Кулагын жоого тилдирди,
Курган журтту бүлдүрдү.
Кабылан канкор барында
Ботом, эриксек элик атчу элек,
Эрикпесе кайран журт
Элкин ойноп жатчу элек.
Кымыз ичип кызышып,
Сөөктүн терин сызышып,
Аракка тоюп алкынып,
Ач бүркүттөй талпынып,
Чатыраш ойноп даң салып,
Көкбөрү тартып чаң салып,
Көп кызыкка батчу элек.
Күндүзү бөлөк түн жыргал,
Күлүп-ойноп жатчу элек.
Бул Канчоро болгону,

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

Эңкейтип ийди элимди,
Кайырды бүктөп белимди.
Жалынса укпай кебимди,
Суутту белем демимди.
Журт чуркурап, эл дуулап,
Дууга кирип турду эле,
Айыкпаган бир азап
Чууга кирип турду эле.
Кылайтып кандар баспаган,
Айбанат кайып ашпаган,
Кырга кирип турду эле.
Кылайтып адам ойлогус,
Сырга кирип турду эле.
Кыйшайып бүлк этпеген,
Чырга кирип турду эле.
Кыйындар тиктеп байкачу,
Сырга кирип турду эле.
Тепчип менден кек алгыс,
Сууга кирип турду эле.
Акылман тешип чыга алгыс,
Дууга кирип турду эле.
Корккондо жок жалтанбай,
Эр Күлчоро келди – деп,
Каары катуу чочкого
Бир адам чыгып тик сүйлөп,
Сүйүнчүлөп айталбай,
Ырсаңдап күлүп, чуу кылып,
Кеп аягын дуу кылып,
Сынга кирип алыптыр.
Түгөнбөй турган улуу дуу,
Сырга кирип калыптыр.
Тирилип Манас келгенсип,
Тилегин Кудай бергенсип,
Өлбөй-житпей көкжалды
Кайрадан көзү көргөнсүп,
Эр сүйүнүп, журт чуулап,
Шатырап күлүп эл жыргап,
Кара ниет бузуктар
Кынга кирип калыптыр.

Калган журттар кутуруп,
Сырга кирип калыптыр.
Кан Семетей барында,
Эңкейтип жоону сайдык – деп,
Биз да ошондой эң кыйын,
Эрдик кылып калдык – деп,
Көтөрүлтүп көңүлүн,
Көбүрөөк айдап өмүрүн,
Дууга кирип алыптыр.
Ырастап сүйлөп калышып,
Кээ бирөөсүн кээ бирөө
Шылдың кылып салышып,
Түндө эшикке чыкпаган
Ботом, коркоктун бирөө сен элең,
Найзаны тактап сайбаган,
Чоркоктун бирөө сен элең,
Деп, ошентип, бирөө айтып,
Ар түрлүү сөзү ар башка
Ар бирөө айылга мыкты көй кашка
Ырсаңдай күлүп калышып,
Улуу дууга салышып,
Дууга кирип алыптыр.
Мыктуу болсоң, шер болсоң,
Кайратың күчтүү, заарың күч,
Камбыл даңгыл эр болсоң,
Уңгусу болот учу курч,
Ускалуу болот, колго алып.
О ботом урушту неге салбадың.
Уйпалган кыргыз, көп аргын,
Бу Канчоро кандын колунан,
Неге жетип, сен чиркин
Ажыратып калбадың?
Каарын төгүп Канчоро
Кашатка чыга калганда,
Мал-малыңа бурулдуң,
Ат-атыңан жыгылдың,
Өлгөн жандай жан болдуң.
Өлчөп көрдүм каныңды,
Канчоро төктү каныңды,

www.bizdin.kg

Жедигер алды малыңды,
Кыргын кылдың жаныңды.
Он жыл чоро кан болду,
Ойлосок нече жай болду.
Кыйындарды тынарды
Кырып ийди буларды.
Тилекти Кудай бериптир,
Күлчоро байкуш келиптир.
Дагдыр жетсе өлөлү,
Кармашсаң кайран көкжалга,
Караан болуп берели,
Кармашты катуу салалы.
Калган эрдин мурасы
Аргын, кыргыз мындайга
Кочкор кылып алалы,
Белге таңуу беренди
Чокмор кылып алалы!
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Кең-Чууга көчүп конушса,
Көп укпай кээ бир эселек,
Канчорого болушса,
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Мөндүрдөй топтоп ок атып,
Ал өңдөнгөн бузукту,
Арадан кууп жоготуп,
Маңдайлашып турушуп,
Былчылдашып урушуп,
Балалуу ишти жоголтуп,
Башкадан орун оңолтуп,
Кагышты кагуу салалы,
Шай колдогон Күлчоро
Ушул Талас өзүнө
Кан көтөрүп алалы!
Кеп ушундай бала – деп,
Кежирлеген адамдын
Жети атасы капыр – деп,
Ак буудай унун чайнатып,
Келеме шарып карматып,
Өлүп кетер ант кылып,
Өлчөлүүсүн жалатып,
Убада кылып тарашып,
Ач болот мизин жалашып.
Кол кармашып көрүшүп,
Көк бараң оозун өбүшүп,
Былчылдаган жамандын,
Ичи жаман арамдын,
Калжаңдаса окустан,
Былжыраса кокустан,
Тим эле кармап алалы,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жаралы.
Эшиктей карын эшели,
Түбүндө кежирдин башын кесели.
Жакын дебей жамандан,
Душмандай көрүп безели,
Так ушундай кылбасак
Ак келте мылтык ок урсун!
Ак милтенин чогу урсун!
Төбөсү бүтөө көк уруп,
Төшү түктүү жер уруп,
Каары бөлөк канды урсун,
Кара ниет жанды урсун!
Эселек болсо элди урсун,
Убададан тайысак –
Эми Кудай бизди урсун!
Каза жетсе өлүүгө,
Кабылан Күлчорого
Караан болуп берүүгө,
Өлө турган шерт кылып,
Убаданы бек кылып,
Улуу жыргал дуу кылып,
Аябаган чуу кылып
Убада кылып тургуча,
Улукман журт муну айтып,
Журттар чуулап турганда,
Ак болоттун тукулу
Алакен кандын тукуму –
Шай колдогон Күлчоро
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып,

www.bizdin.kg

Узун бойлуу, кең далы
Ары балбан, ары шер
Каймана акыл табылып:
«Арак элек күбүндө,
Ал Канчоро эр менен
Бир тууган элек түбүндө.
Эрен канга баралы,
Белекке калган беш бүлөм
Беренден сурап алалы,
Бая күмүш көздүү, күн жүздүү
Күркүрөгөн төрөнүн,
Кайда экен сөөгүн табалы.
Сөөгүн тапсам абамдын
Адырдагы булактай
Жошулушуп калайын.
Эгиздеп эмчек эмишкен,
Эгиз элек түбүндө,
О, журтум, тууганды минтип табайын.
Жарылган баштар жабылар,
Бизге агайын кайдан табылар.
Эки мүйүз бир башта,
Бирөө сынса күч калбайт.
Эмчек экөө азыктыр,
Бирөө кетсе, сүт калбайт.
Сураса бербес Аколпок
Берсе тууган бололу,
Тууганындай ал бизди
Көрсө тууган бололу,
Айткандарды бербесе,
Айткан сөзгө көнбөсө,
Сураса бербес буюмга
Суук укурук саламын,
Жалынса бербес алтын так
Абакем кандын тагы эле,
Кайрадан тартып аламын!
Ал Канчоро капырдын
Ага десе, ага эле
Тай-кунандай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен,
Андай-мындай дешпегены
Тууганды бар эле.
Тууганым деп барайын,
Кыйшыктык кылса окустан,
Кыжырга тийсе кокустан,
Кыргынды кызык салайын,
Кылычтап башын алайын.
Кол булгаба бөлөгүн,
Эсебин өзүм табайын» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Канчорону карата,
Кабыл алып, жар салып,
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра шумдук кылчудай,
Каар бетине айланып.
Өң бузулуп, көз жайнап,
Карсылдата тиш чайнап,
Кажагайлап көз байлап,
Күлчоро жайы ушундай –
Ажалдан кайра тартпаган,
Ар шумдуктан кайтпаган,
Берендиги, шердиги
Бендеден башка эрдиги.
Эки далы үстүнө
Элүүдөн балбан конгондой,
Каарланып какайса,
Качырганды соргудай.
Эки көздүн кычыгы –
Жылгалуу зоонун быткылдай.
Жылма калган бадырек
Кез болгонду жуткудай.
Чын ажыдаар түрлөнгөн,
Чын жалаңкыч түрлөнгөн.
Жетикчини курчанган,
Жети сан кара жоо чыкса,
Жеке кармап кол салган.
Шай колдогон шер чоро,
Ай-ааламды буй кылган,
Арстан мүчө шер чоро.
Дарбазалуу коргонго,
Чачыкейдин ордого,

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

Текши чынар багынан,
Көкжалдын алтын тагынан.
Алтын жаак айбалта,
Айбалтаны таянып,
Капаланып кол курап,
Каңырыгы бек түтөп,
Жашып кетип коңгурап,
Балбандарын, шерлерин
Эсине алат кайран эр,
Абасы Семетей турган жерлерин.
Дөөлөт бүтүн чагында,
Кан абасы барында,
Сакчы сандан көп эле,
Суук боорго жабылган.
Ар сакчылуу балбандар,
Албан түрлүү адамдар,
Жоо дегенде жабылчу,
Адамдын мурду, кулагын
Тумар кылып тагынчу,
Жолборс жүдөп шашыптыр,
Сакчылардын баары да
Туш-туш жакка качыптыр.
Ажалы жеткен өлүптүр,
Тирүүлөр күнүн көрүптүр,
Чынар терек, байтерек
Суу жайылбай солуптур.
Кыйын абам көзү жок,
Кымбаттуунун өзү жок,
Кызыталак куу дүйнө
Өрт өчкөндөй болуптур.
Талдын баары сулаптыр,
Тамдын баары кулаптыр.
Өзөн-өзөн толуптур,
Кызыталак куу дүйнө –
Өрт өчкөндөй болуптур.
Канкор абам барында,
Касиеттин чагында,
Алма бышып көң болгон,
Жаңгак бышып дөң болгон,
Алар түгүл, чок калбай,
Дүнүйө кара жер болгон.
Кан абамдын барында,
Сейилге чыгар бак болгон.
Сейилдикке отурган,
Ортосу алтын так болгон,
Так жоголуп таш болгон,
Канчоро чочко баш болгон.
Тутанып өлгөн кутургур,
Түпкө чогуу жетиптир,
Түгөтүлүп дүнүйө
Түптүз болуп кетиптир.
Калайманды баштаптыр,
Канчаны кырып таштаптыр.
Көрсөң кызык ушундай,
Дүйнө тозуп, ал кеткен,
Дүнүйө тозуп, мал кеткен.
Канчоро каарлуу кан болгон,
Катылган адам жай болгон.
Жүргөнүнөн чаң чыгып,
Добушунан жан чыгып,
Канчоронун каарынан
Кыргыз качып журт кеткен,
Кыйраны кырып минеткен.
Калганы боздоп күйүнгөн,
Каары ушунча болду – деп,
Калайык жандан түңүлгөн.
Эң жаңжалы эл-журтка,
Барып турган кези экен.
Каяшаяк бергенди
Калтырбай союп кордукка,
Чалып отурган кези экен.
Адам тилин албаптыр,
Астына бир жан барбаптыр,
Кутуруп өлгөн чочкого
Каяша берип тозгондой,
Жалгыз адам калбаптыр.
Арбайы артык кан болгон,
Керишкен бенде жай болгон.
Азарын жанга салбаптыр,
Укурук кайрар калбаптыр,

www.bizdin.kg

Кыстоосу кыйын болуптур.
Кыжырына кабылса,
Кыйла канды соруптур.
Кайратын калктан ашырган,
Айландырып ордосун,
Түмөн колго бастырган.
Түзү орой, заары күч,
Канчаларды кылган түз.
Каарлууга катылсаң,
Өлдүк деп жандан күдөр үз.
Алайса көзү чолпондой,
Ар кулагы калкандай,
Уюлгуй чыккан муруту
Өтөккө чыккан чалкандай.
Канкор абам кеткенде,
Кордук-зарлык чоңдугу
Мен чорого жеткенде,
Эки далы кесилип,
Багыштын уулу Кыязга
Олжого түшүп кеткенде,
Өзөнгө кыргыз конгондо,
Байы өлгөн кулдай барбактап,
Суук чеңгелин салганда,
Сурак сурап кан болуп,
Султан болуп калганда,
Керилген экен кенебей,
Эрдик жаңжал, кесирди,
Эсеби жок бу чочко
Урунган экен ченебей.
Берен деп коюп албаптыр,
Бет жагына жан чыкпай,
Укурук кайрар калбаптыр.
Каарланып барбактап,
Каны өлгөн кулдай дардактап,
Дөбөгө чыгып бакырып,
Калган аргын кыргызды
Айбанча айдап сапырып,
Аленгир жаа, сыр жебе,
Аябай салган аңгеме.
Эшигинин алдына,
Жолоп адам барбаптыр.
Жосуну суук капырга,
Жолуккан аман калбаптыр.
Кытайча кыстап, күч кылып,
Кыйланы кырып түз кылып,
Таластан чалып чаң кылып,
Күч менен башын кан кылып,
Аргын кыргыз кайран журт
Жапаны жаман салыптыр.
Абам Семетей, зайыбы Чачыкей –
Чоң катынды алыптыр.
Баатыр кандын алтын так,
Күнү-түнү а чочко
Турбай жатып алыптыр.
Кесирди кенен жыйыптыр,
Кутуруп өлгөн акмагың,
Ушундай кызык кылыптыр.
Сунулган буту тартылбай,
Коңуругу басылбай,
Жумулган көзү ачылбай,
Кесирди кенен куруптур,
Кан болуп такка миниптир.
Калың элди буй кылып,
Канчоро доорду сүрүптүр.
Кайран абам жай болуп,
Канчоро кан кан болуп,
Дөбөгө чыгып бакырып,
Канчоролоп чакырып,
Ураанын чоро коюптур,
Ушинтип малга тоюптур.
Бүтүн кундуз терисин
Жара тартып калыптыр.
Кесир болот дебестен,
Багалекке салыптыр.
Айында туруп айкырып,
Аргынга азап салыптыр.
Семиз курдан бээ бер – деп,
Нардан жүздөп төө бер – деп,
Алты миң кысыр тай бер – деп,
Төөгө жүктөп чай бер – деп,

www.bizdin.kg

Аргынга алым салыптыр.
Алымына чыдабай,
Аргын ыйлап чуу туруп,
Көңүлү көпкө бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Алапайын табалбай,
Айтканына көналбай,
Алымын таап бералбай,
Аргын көчкөн бир жайга.
Он эки төөгө чай бер деп,
Кырк миңче кысыр тай бер деп,
Кыргызга алым салыптыр.
Элкин өскөн кайран журт,
Дегенине көналбай,
Алымын таап бералбай,
Муңун айтып какшанып,
Чамасы кетип тамшанып,
Чоң капка кирип токтошуп,
Эртеңкисин жоктошуп:
«Желе узарып жетигип,
Конуп жаткан журт ээлеп,
Адыр жылга-коктуга
Болуп жаткан журт элек.
Талаадан баскыс чөл элек,
Көкжал шердин барында
Чалкыган дайра-көл элек.
Алышып адам жеңбеген,
Бет алып душман келбеген,
Каарлуу качып кайтпаган,
Кармашкан адам тартпаган,
Кысталып кыйноо көрбөгөн,
Каканга сурак бербеген,
Калалуу кыргыз биз элек.
Кабылан канкор өлбө – деп,
Бендеден бузук бейили тар,
Бул өңдөнгөн тозокту
Бендесине бербе – деп,
Кыстоо түшүп кайгырып,
Кыйын зордук шум көрүп,
Калбай үркүп журт качып,
Кыргыз качкан бир жайга.
Кача турган себеби
Каары катуу Канчоро,
Өз абасын өлтүргөн.
Өз энесин күң кылган,
Тууганын кордоп кул кылган,
Кутурма тийген бу доңуз.
Кимге упасы тиер – деп,
Кайкалаган көп журтка
Катылбай кантип жүрөр – деп
Кыйла журт кеткен жерине.
Теликуш учкан жерине,
Тентиген кеткен тегине,
Кулаалы учкан жерине,
Курама кеткен элине.
Балбаны башка, заары күч,
Баатыр эмес, шер эмес,
Журт башкарып эл күтүп,
Байдасы тийчү неме эмес,
Баатыр канкор Семетей
Окшошучу неме эмес» –
Деп, ошентип, ушактап,
Кыргыздын көөнү бөлүнгөн,
Эл көзүнө Канчоро
Жалаңкыч түрү көрүнгөн.
Жадасына чыдабай,
Калайык көөнү козголгон.
Калбай үркүп чуу туруп,
Калайык качып бөлүнгөн.
Канчоро каарлуу кан ошол,
Канчоронун ордого
Саламдашып көрүүгө,
Казасы жетсе өлүүгө,
Кыраңдан тийип чалууга,
Кыжырына кезиксе,
Капкайда кегин алууга,
Улуу чатак, үлкөн дуу
Шай колдогон Күлчоро
Бир калайман салууга,
Кыялын тапса ага – деп,

www.bizdin.kg

Тууган кылып алууга,
Ак бөкөндүн кылындай
Суурулушуп калганы,
Ак буудайдын унундай
Жуурулушуп калганы.
Кектин баарын коюуга,
Кесирлүү жаңжал чоң дүмөк
Калтырбай тегиз жоюуга,
Белди бекем бууга,
Бет алган душман чыр чыкса,
Калтырбай кырып кууга,
Акыл ийлеп, кеп ойлоп,
Ар санааны бек ойлоп,
Мына ошондо Күлчоро
Акыл ойлоп жайланып,
Кылычын кын байланып,
Жай-жарагын шайланып,
Кайра шамал болчудай,
Катылса жанды сойчудай,
Кыялы чукул буткулдай,
Кыялына кезиксе
Кылымды айдап жуткудай,
Күлчоро түрү момундай.
Типтик чыккан муруту
Букарлыктын шабындай,
Оозунан чыккан илеби
Көөрүктөн чыккан жалындай,
Баатырлыгы момундай.
Көз үстүндө кара каш
Эр бөктөргөн чепкендей,
Эки көздүн кычыгы
Урунду тоонун өткөөлдөй.
Сырты бийик, сыны түз
Шай колдогон кургурдун
Сыягын карап отуруп,
Чымындай жандан күдөр үз!
Көрсөң чоро ушундай –
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Адамдан чыкпас мындай эр.
Чын акылман, эң билгич
Ою терең, өзү көл
Ойлосоң мындай Күлчоро,
Баатырдан мындай болбогон.
Басташкан адам оңбогон,
Көк арстандай чамынган,
Кызыгып душман кол салса
Жоготчу жагын камынган.
Эрликтиги шердиги
Эбегейсиз жаралып,
Эң эле мыктуу эрдиги.
Он эки мүчө тең эле,
Дайрадай ичи кең эле,
Адамдан чыкпайт дегеле.
Агасы экен Канчоро
Салам айтып барууга,
Кайрадан тууган болушуп,
Ага-ини болуп калууга,
Корлук-зарлык мүшкүлдү
Койбой такыр өтүүгө,
Абасын союп кул кылган
Ал өңдүү түрдүү кордукту
Тыйпыл чогуу кечүүгө,
Жылгындуу Кең-Кол, Капка-Таш
Кайрылып өрдөп конууга,
Кайрадан тууган болууга,
Эсилден калган эл-журтту
Эңкейтпей жыйып алууга.
Айтканга көнсө абасы
Кайра баштан бу журтка
Кан көтөрүп алууга
Чоң Таласты жер кылып,
Кан аба – деп, Күлчоро –
Канчорону эл кылып,
Белге таңуу кылууга.
Бейпайлуу караан жоо келсе,
Чөл түшүрүп кууга
Кек санабай, кеп ойлоп,
Кең дүйнөнү бек ойлоп
Өлө элек Бакай бабасын

www.bizdin.kg

Бабадай көрөт Күлчоро –
Байкуш Канчоро агасын.
Түндүгү алтын, эшик жез –
Канчоро кандын ордосу,
Күлчоро барган ошо кез.
Тизе жерге бүгүлүп,
Кароолчусу, сакчысы
Ордо эшигин бакчусу,
Бакмачыга ээ кылбай,
Шай колдогон шер эме –
Суу ич десе, уу ичкен,
Кан төк десе, жин төккөн,
Бөрк ал десе баш алган,
Кежирленип келгенде
Кез болгон душман ураган.
Каарына тийгенде,
Кан Коңурбай тууганы
Каркырага сулаган.
Ичсе канга тойбогон,
Беттешсе жанды койбогон,
Жаралган адам уулунан
Жалаңкыч мындай болбогон.
Каалгадай кашка тиш
Тиштегенде быркырап,
Капкачысы, сакчысы,
Кыйла улукман карысы
Күл абаңды көргөндө
Кыргын тийген эмедей
Кыйрап качты баарысы.
Балбандары, шерлери
Чыны менен күйүнүп,
Чымындай жандан түңүлүп,
Кача-кача баштады,
Кан капкасы ордону
Карабай каран таштады.
Адам, күлүстөнү Күлчоро –
Журт таң калып, эл чуулап:
«Кабылан көкжал өлгөндө,
Калың дүйнө, арбын мал
Камчыга салып бөлгөндө,
О, ботом, опсуз кордоп байкушту,
Опсолоң кордоп койду эле.
Эки колун тең оюп,
Кунанча сабап кирди эле.
Кургурумду Кыязга
«Кул кылгын» – деп берди эле.
Кубат кирип, бек күчөп,
Кебине келген турбайбы!
Аргын, кыргыз аты уйкаш
Элине келген турбайбы!
Айтылган Талас, чоң Кең-Кол
Жерине келген турбайбы!
Картайганда Каныкей
Энеге келген экен го,
Картайганда зор Бакай
Мөмөгө келген экен го,
Жамгырчы кызы Акбала
Жеңеме келген экен го,
Тегиз чынар кара шор
Багына келген экен го,
Бак ичинде чоң ордо
Тагына келген экен го,
Канчоро канын төгүүгө
Кабырга сөөгүн сөгүүгө,
Кыраан эле эр чиркин
Табына келген экен го,
Ак болоттун тукулу,
Ажыдаар түрү көрүнгөн
Алакең кандын тукуму
Эл башкарып, журт күткөн.
Эсил шердин өзү экен,
Кайратына чыдабай
Каркыбар абаң Күлчоро
Быйыл келген кези экен.
Баатырлык башы оңолуп,
Кайгынын баары жоголуп,
Кайрат кылып ээлигип,
Кыраандын келген чагы экен,
Кадырлуу түнгө кезигип,
Күркүрөп кыргыз жайлоосу

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

Сары адырмак, кең чалкак
Белибиз келген экен – деп,
Сандаган жоодон айырчу
Шерибиз келген экен – деп,
Күндүзү күлкү, түнү оюн
Жайыбыз келген экен – деп,
Маңдайга баана кылуучу,
Айыбыз келген экен – деп,
Каарлуу кан Чорого
Жинибиз келген экен – деп,
Чекебизди тердетчү
Бизге күнүбүз келген экен – деп.
Калк чуулап бакырып,
Эр Күлчоро келди – деп,
Дүң кылып ураан чакырып,
Калк чуулап эл дүрбөп,
Баабединин бат айтып,
Ай туякка ат айтып,
Чамалуулар бээ союп,
Дүнүйөнү тең коюп,
Калк башкарып эл күткөн,
Каныбыз бүгүн келди – деп,
Каардуу душман колунан
Ажыратып алуучу
Жаныбыз бүгүн келди – деп.
Калайык чуулап, эл дүрбөп,
Калың оюн салды эле.
Калк сүйүнүп турганда,
Канчоро кандын ордого
Эр Күлчоро барды эле,
Босого аттап жүрдү эле,
Зор ордого киргенде
Эл аманын кааласа,
Канчоро канды караса
Жумулган көзү ачылбайт,
Сунулган буту тартылбайт,
Чоң жыргалга батыптыр.
Алтын тактын үстүнөн,
Бокчо оромол боюнан
Дардес катын Чачыкей
Чачыкейдин койнунан,
Бөлүнтүп көөнүн бурбаптыр,
Чачыкейдин койнунан
Канчоро чочко турбаптыр.
Кымыз ичип кызышып,
Сөөк тери ысышып,
Арак ичип алкынып,
Ачка куштай талпынып,
Зың-зың этип кенебей,
Аргын, кыргыз калың эл,
Асты бирөөн Канчоро
Бучкагына теңебей,
Жумшаганы күң болуп
Жатышы кадыр түн болуп,
Арыш алтын пул болуп,
Аргын, кыргыз кул болуп,
Төрөнүн төрө экенин билгизип,
Ал Чачыкей сулууну
Алтымыш келин, сексен кыз,
Асем кылып кийгизип,
Көргөн жандын баарысын
Көрүнөө минтип күйгүзүп,
Каарланса Канчоро
Каары катуу баштатчу,
Кылтылдаса кыйланы
Кыргын кылып таштачу,
Кыйратып башын алдырып,
Жол үстүнө сүйрөтүп
Жору куш тою болсун – деп,
Даңгыттарга жардырып,
Кабаттуу каары ачылган,
Канчоро келет дегенде
Ыйлабай бала басылган.
Канчоро жайы ушундай,
Каттап адам барбаган.
Кабылган тирүү калбаган,
Сакчыдан бир күн балбаны
Саат баскан доңуздун
Кыйлага тийген жаңжалы.
Семетейге жоо чыгып,

www.bizdin.kg

Билинген журтка атагы.
Көрсөң мындай чочконун,
Көп жерге барган чатагы.
Шай колдогон Күлчоро
Каарлуу экен дебестен,
Өлүмдөн кайгы жебестен,
Өлүп калам дебестен,
Жүрөк чочуп кенебей,
Каардуу кан Чорону
Бучкагына теңебей.
Эрлик менен шерликти
Эбактан бери Чорого,
Берген экен ченебей
Толкуганда көкжалга
Тоо туруштук бергисиз,
Кыймылдаса Чорого
Кылыч чакты келгисиз.
Таалай артык заары күч,
Талашканды кылган түз.
Бука булчуң, буура сан
Булкушса жанды кууракан.
Курч болоттон айзасын,
Акылдан мыктуу айласын,
Колойтуп өөдө аштаган,
Койгулашкан душманга
Коркунуп колтук ачпаган.
Кыйыгына тийгенди
Кыйратып жерге жанчтаган.
Каарланып какайса,
Калбай таштан чаң чыккан.
Каарланып келгенде,
Кагышкан жоодон жан чыккан.
Сепили сексен төрт болгон,
Серп алган жагы өрт болгон.
Мындан мурун Чорого
Каардуу душман кабылган.
Кабылгандын эсеби
Аш кайнамда табылган.
Шай колдогон чоронун,
Шерлиги эчак билинген,
Серпишкен душман бүлүнгөн.
Беттесе кызыл өрт болгон,
Бет алышкан мерт болгон.
Касташып канча кан өлгөн,
Кармашкан душман баары өлгөн.
Болотун кынга кынаган,
Бет алган душман сулаган,
Жайнаган кызыл чок эле,
Душманга болот ок эле,
Жумуру баштуу бендеден
Жаралган мындай жок эле.
Эңчегер бойлуу кең далы,
Эрге ылайык кара көк,
Кабагы салык, заары күч,
Кагышкан элди кылган түз.
Кабак кагып алгыча,
Кан ичмеси кармачу.
Таамай жини кармаса
Таш дөбөлөр жайначу,
Бет алса кыргын салуучу,
Бөрү экени дагы чын.
Сугаты келген болоттой,
Көк экени дагы чын.
Айза сунуп, жоо бөлгөн,
Ыктуулугу дагы чын.
Айласы катуу, заары күч,
Мыктуулугу дагы чын.
Өрт күйгөндөн кайтпаган,
Өлүмдөн кайра тартпаган.
Ала-Тоого туу болгон,
Айдарын тиккен душманга
Азаптуу мүшкүл, чуу болгон.
Телегейи теңдүү ошол,
Жел тийбес кыраан бел ошол,
Ай-ааламды буй кылчу
Таалайы артык шер ошол,
Ич өрттөнүп, көз жайнап,
Каалгадай кашка тиш
Качырата бек чайнап,
Комдонгону жолборстой,

www.bizdin.kg

Алышкан аман болбостой,
Чамынышы арстандай
Карасаат Күлчоро
Чалышкан жоону баскандай.
Шердигин өөдө ашырып,
Илбирстей тырмак жашырып,
Арстандай көзү чок болуп,
Абасы Канчорого
Амандашпай кезикпей,
Кантип турсун токтолуп.

КҮЛЧОРО КАНЧОРОГО КИРИП, НАСЫЙКАТ АЙТЫП ТУРГАН ЖЕРИ

Ок жалындай октолуп,
Адам көөнү бөлүнүп,
Ай-ааламды уулап тартуучу
Ажыдаар түрү көрүнүп.
Кылымды койбой жыйчудай,
Кыйын жиндүү балбандай,
Кыймылдаса жөн эле
Кылымга кыргын салгандай,
Каарланып камынып,
Арстандай чамынып,
Кайыптан акыл табылып,
Босого басып жүргөндө,
Зор ордодон киргенде,
Калк аманын кааласа
Канчорону караса –
Өтүк чечип, бут сунуп,
Өңгөчө султан болуптур.
Көрпөңдөгөн кутургур,
Көк кенедей толуптур.
Учу түбүн чалбаптыр,
Укурук кайрар калбаптыр.
Басыгынан чаң чыгып,
Добушунан жан чыгып,
Жолоп адам барбаптыр,
Жолуккан адам калбаптыр.
Кезигип бир жан барбаптыр,
Кез болгон тирүү калбаптыр.
Кутурган экен барбайып,
Бай өлгөн кулдай дардайып,
Бул элди буулап алыптыр,
Бузукту мыктап салыптыр.
Казына бузуп алыптыр,
Көп дүйнөгө каныптыр.
Бүтүн булгун терисин
Жара тартып жиберип
Багалекке салыптыр.
Баатырсынып, барбаңдап,
Чаначтай мурду дардаңдап,
Чабуулду чаксыз салыптыр.
Көкжалдын зайыбы Чачыкей,
Чачыкейди алыптыр.
Артык жыргал, кең кызык,
Абийири кеткен чочконун
Аңгемеси эң кызык.
Беризаада алгансып,
Бек кызыкка батыптыр,
Күнү-түнү уйкуда
Чабуулга кеткен кутургур,
Жоо келет деп кенебей,
Жолуккан жандын баарысын
Бучкагына теңебей,
Кабылан көкжал өлгөндө,
Калган дүйнө, калың мал,
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Таласта кыргыз, аргындын
Жаккан отун өчүрүп,
Кайран журтту туш-тушка
Жададан салып кетирип,

www.bizdin.kg

Жаңгыз өзү калыптыр.
Курган журтту кууратып,
Көп жаңжалды салыптыр.
Көзү көргөн көп дүйнө
Көрүнөө талап алыптыр.
Алтымыш келин, сексен кыз,
Ал Чачыкей сулууга
Кызматкер болуп калыптыр,
Чачыкей менен Канчоро
Күн жыргалга батыптыр,
Шатырман оюн чыр салып,
Күндүр-түндүр жатыптыр.
Эрди-катын капырдын
Сунган буту тартылбай,
Жумган көзү ачылбай,
Коңуругу басылбай,
Жаткан экен кенебей,
Аргын, кыргыз кайран эл
Өрттөнгүрдү карасаң,
Аргын, кыргыз кара элди
Бучкагына теңебей.
Тамашага батышып,
Кең төшөккө жатышып,
Кымыз ичип кызышып,
Чекеден терди сызышып,
Аракка тоюп алышып,
Аңгемеси акмактар
Кудайсынып калышып,
Башка дүмөк ойлошуп,
Маа недир деп болжошуп,
Алышканын соргонсуп,
Көөмөйүндө кутургур
Ай-аалам каны болгонсуп.
Уйкудан башын бурбаптыр,
Кесири кабат, заары күч,
Төшөктөн өөдө турбаптыр,
Бир буюрган ишти кылбаптыр.
Шай колдогон чоң кыраан
Балбансынып күркүрөп,
Баатырсынып калыптыр.

Каяша айткан бир жан жок,
Эки тизгин, бир чылбыр
Эми колго алыптыр.
Ордо күтүп кан болуп,
Опсуз мыктуу жан болуп,
Каарды журтка салыптыр.
Эрке катын Чачыкей
Катын кылып алыптыр.
Жаңжалдашар эр таппай,
Көлөкөлүү жер таппай,
Урунарга тоо таппай
Урушарга жоо таппай,
Каарланып какайса,
Адам эмес, чорого
Кара таш тоскоол бергисиз,
Кабагына кайрандын
Кылчайып бирөө келгисиз.
Желдеттери жетимиш,
Жеткен экен журт билип,
Муңун айтып арызданып,
Кансың деп эчен барыптыр.
Кылмышы жок момундун
Кызырканып ал чочко
Кыйратып башын алыптыр.
Кыйла мүшкүл, чоң жалжал
Кыйла журтка салыптыр.
Беттеп адам түк барбай,
Беттешип тирүү түк калбай,
Кыйлаларды союптур.
Кан касаптуу болду – деп,
Далай катын, жаш балдар
Жесир-жетим болуптур.
Түпкө түптүз жетиптир,
Момун менен кайран журт
Чын түгөнүп кетиптир.
Каттап адам барбаптыр,
Канчоро каарын салат – деп,
Кабылганды бек байлап,
Кылычтап башын алат – деп,
Акылдан көп журт шашыптыр.

www.bizdin.kg

Айласын таппай кыйла журт
Канчорону көргөндө
Катуу коркуп шашыптыр.
Кутургандай ал чочко
Куп жаңжалын салчу экен,
Карматып башын алчу экен.
Кабыргасын сөктүрүп,
Канын суудай төктүрүп,
Бекитип колун байлатып,
Кезиксе кыргыз, аргындын
Минтип шорун кайнатып.
Кыргынды кызык баштатып,
Журт чуркурап, эл дүрбөп,
Малы түгүл жанынан
Такыр кечип таштатып.
Жаткан экен күркүлдөп,
Көз камандай зиркилдеп,
Желдетинен чаң чыгып,
Канчоро кандан жан чыгып.
Ордого кирди Күлчоро
Желдетинен кенебей,
Азыр өлөр мүшкүлдү
Бучкагына теңебей,
Түпкү атасы Чылаба
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түгөнгүр жайын сураба.
Өлүмдөн кайра тартабы,
Каары толук канкор – деп,
Кагыш кылып чыдашпай,
Кыяны чалып көчө албай,
Өпкө жарып, өтө албай,
Канчоро кандан өч албай,
Ал Күлчоро тартабы?
Кыраан да ошол, шер да ошол,
Кыйын баатыр таш кайрат,
Кылымга татыр эр ошол,
Чубактын уулу Чорого
Амандашкан жери ошол.
Ак болоттун тукулу,
Өчөшүнө тийгенде,
Өз атасын өлтүргөн.
Алакең кандын тукуму –
Алмамбет уулу кыраанын,
Билеги жоон, таш жүрөк,
Арстан мүчө чунагы.
Жетеленген батадан,
Жетим калган атадан,
Кыргыздардын кыраны.
Арсыландын уясы,
Эр Семетей мурасы,
Жай-жарагын шайланып,
Уңгусу болот, учу курч,
Урушка чыкчу айбалта
Айбалтаны таянып,
Жетүүчүдөй жээлигип,
Жеп салчудай желигип,
Уйкудагы Канчоро
Күлчоро барган кезинде,
Тамашага батыптыр,
Чачыкейдин койнунда
Уйкудан турбай жатыптыр.
Бир эмчектеш куу чиркин,
Канчоро менен Күлчоро
Аты уйкаш курган бул чиркин,
Басарына жол барбай,
Каардуу мүшкүл чочкого
Күлчородон кол барбай,
Айбалта кармап бурду эле,
Канчорону абам – деп,
Баатырлыгы башкача
Балбандыгы бир канча,
Шай колдогон шер чоро,
Ичин көрсөң Чоронун
Жер жүзүнөн кең эле,
Жаралган адам уулунан
Кай жеринен кем эле.
Кең көкүрөк, ичи адал,
Адамдан мынча жок эле.
Ал кезекте Канчоро
Эл бүлдүргүч өзү экен,

www.bizdin.kg

Канчорого Күлчоро
Такка минген чоң канга
Салам берген кези экен.
Астына ыйлап барууга,
Тилге келсе Канчоро
Абаке кылып алууга,
Зор канга мойнун бурду эле,
Тууган ай деп жалооруп,
Күлчоро кепти кылды эле:
«Салодон салом алейким
Сандыргалуу Канчоро!» –
Күлчоро келди жалынып,
Мойнуна буурчак салынып:
«Адырмак заңгел кыялаш,
Жаныбыз бирге уялаш,
Акылга көнсөң абаке,
Кекти сууга салыңыз.
Келгениңди, боорунду,
Тууган кылып алыңыз.
Айрылган баш жабылар,
Кол кыйраса таңылар,
Бизге арман кайдан табылар.
Биттей кезде бириктик,
Балалык күндө баш кошуп,
Кенедей күндө кезигип,
Бир дайрадан чалкыдык,
Бир уядан талпындык.
Бир төшөккө жатыштык,
Бир чоңоюп бирге өсүп,
Бирге чүкө атыштык.
Тай-кунандай тебиштик,
Талашып эмчек эмиштик,
Бирге жүрүп оңолдук,
Бир тууган болуп чоңойдук.
Шорлуу энем Каныкей
Жүрөгү майлуу болсун – деп,
Жая кесип жал берди,
Каймакка мыкчып бал берди,
Оңдоп-солдоп эмчегин
Экөөбүзгө эмдирди.

Кай душманга шордуу абам
Качан бөлөк дедирди?
Жетим калдык дедирбей,
Жергеге эптеп кошулдук.
Эрешен тартып, эр болдук,
Эр уулу менен тең болдук.
Болжолсуздан оңолдук,
Моюнча ойноп чоңойдук.
Кымбат абам барында,
Дөөлөтү аман чагында,
Кымыз ичип, кыз ойноп,
Кылыч алып, жоо жоолоп,
Кыргынга кыйла барыштык.
Бүтүн кундуз терисин
Жара тартып жиберип,
Багалекке салыштык.
Айза алып бирге бооладык,
Ай, абаке, бери тур,
Жоону бирге жооладык.
Чалгынды бирдей чалыштык,
Түбүбүз бирге уялаш,
Чампандан жылкы алыштык.
Каргадай жолдош болгону,
Кан абам, кай жерде көңүл
калыштык?
Тойго токсон союптур,
Канчоро менен Күлчоро
Атын уйкаш коюптур.
Чалгынды чалып чектедик,
Чалышкан жоону өрттөдүк.
Аты уйкаш чоро болгону
Кең Таласты жер кылдык,
Кабылан абам канкор шер,
Канат куйрук биз болуп,
Ааламды бузган шер кылдык.
Бузуку чыгып ишине,
Кош тилдүү чыгып кишиге,
Табылбас адам канкорду,
Арбагы оор бабамы –
Кабылан канкор абамы,

www.bizdin.kg

Кара жер менен тең кылдык.
Бузукка туулуп жан болуп,
Буудан шер көзүн жоготуп,
Бу кыргызга кан болдуң.
Келдик сенин кашыңа,
Ойгон, аба, жообун бер,
Дөөлөт келди башыңа.
Айтканым ушул билип ал,
Агайин кайдан табылат,
Канчоро аба, тилимди ал!
Асмандагы жылдыздай,
Шериктеше кетели.
Агарган таңдын бозундай
Бириктеше кетели.
Алтай минсе арыгыс,
Буудан болуп калалы.
Мурунку кекти талкалап,
Түбү жок сууга салалы.
Бармак тиштеп, баш чайкап,
Баатыр аба, тилимди ал,
Тууган болуп алалы!
Арманым айттым билип ал.
Эрендирсиң кандырсың,
Эстеп абам тилимди ал!
Тууган түшүп бейлиме,
Карааны тиер бекен – деп,
Качып келдим кан абам
Кулдукта жүргөн жеримден.
Тууган элең уялаш,
Өчкөн отту тамызчы,
Өлгөн жанды тиргизчи!
Үзүлүп кеттим улачы,
Ал-абалым сурачы!
Суукка тоңдум тонуң бер,
Кайрылдым тууган болдум – деп,
Кайран абам Канчоро,
Кайра күлүп жообуң бер.
Өлбөй-житпей жутундум,
Каарлуу Кыяз колунан
Качып-шашып кутулдум.
Калайманды тозокту,
Баштай качып кутулдум.
Айдай катын Айчүрөк
Абамдан калган курамды,
Аты Сейтек коюлган
Таштадым Сейтек мурамды.
Ак албарстын мукумун,
Аманат таштап мен качтым,
Абакем кандын тукумун.
Каран кылдым күнүмдү,
Таштап келдим Кыязга
Абамдан калган инимди.
Кемитип Кыяз ит кылды,
Жети күндүк күнүмдү.
Бир сайратып калайын,
Абам кан сенин жаныңа
Таңдайда кызыл тилимди,
Күтүп алсаң кан абам,
Күлчоро шордуу иниңди.
Айлык жерден лоп тарткан,
Мүйүзү бар карамар.
Илеби жанды өрттөгөн,
Ажыдаардай эр Кыяз
Четинен качып кутулдум.
Ченебеген чочконун
Өртүнөн качып кутулдум.
Карып жан качып кутулбас,
Темир аркан чоң кынжы
Торунан качып кутулдум.
Калса жанды кайсаган,
Каарлуу Кыяз кан ичер,
Колунан качып кутулдум.
Канаттуу учуп кутулбас,
Кырк аркан бойлуу чоң зындан
Орунан качып кутулдум.
Кайра тартпас чын жайды
Көрөрдө качып кутулдум.
Кайрылбастан дүйнөдөн,
Өлөрдө качып кутулдум.
Каным чымчым бир кашык,

www.bizdin.kg

Мууну үзүлчү эт жашык,
Канкор болсоң шер болсоң,
Тууганга көздү салыңыз.
Аты уйкаш элек абамай,
Тууган кылып алыңыз.
Канкорум – деп, шерим – деп,
Көргөнү келдим, ой аба,
Казыр сенин колуңа
Өлгөнү келдим, ой аба!
Айтса арман арылбас
Чын бир бооруң Күлчоро,
Колуңа мендей табылбас!
Ойлоп, аба, сөзүмдү,
Караан кыл, аба, өзүмдү!
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Үйрүлүү-Марал, Күмүш-Так –
Журт күздөөгө сен консоң,
Кара-Буура, Кан-Жайлак –
Чаткал тозо мен консом,
Бармактуу адам батабы,
Тырмактуу душман тиеби,
Бизге кызыгып жоо келеби!
Айтканым артык билип ал,
Асыл абам, тилим ал!
Ырыс алды – ынтымак,
Бирликти койсок бир жерге,
Катылып бирөө келеби
Кармашып душман жеңеби?
Жулунуп бирөө келеби
Жулкушуп душман жеңеби?
Баатырсынган батабы,
Сен экөөбүз бириксек,
Этегиң бирөө тартабы?
Жыламыштап киреби,
Экөөбүз болсок бир тууган
Аба, жылкыңды бирөө тиеби?
Эстеп, абам, тилимди ал!
Ирендин бүткөн санаасын,
Эч ким бузуп алалбайт,
Бирликтүү элдин калаасын.
Ар ким жумшап кул кылат,
Бирликсиз элдин баласын.
Бу сөзүмдү карачы –

Кыр жагында кытай бар,
Мандайында баран бар,
Башында мүшкүл талаан бар,
Басташкан душман далай бар.
Айтканым акыл билип ал,
Канчоро абам, тилимди ал!
Сен калыпсың кан абам,
Ордо күтүп уул болуп,
Мен жүрөмүн кан аба,
Жедигерге кул болуп.
Адырда жылкы алты сан,
Алты сан жылкы кайырчы,
Түбүбүз бирге бир тууган
Кулдуктан башты айырчы!
Кунаның багып буудан кыл,
Мойнуна курун салынып,
Кулуң келди жалынып,
Курбалдаш абам, тууган кыл!
Аскабыз бирге кыялаш,
Аба биз элек уялаш!
Сенин бир тууганың Күлчоро,
Түтөп турган милтенин
Чогунан качып кутулдум,
Араандай ооз баранды
Огунан качып кутулдум.
Ажыдаар заардуу Кыяздын
Колунан качып кутулдум.
Кача-кача желемин,
Кайран башым кордукта.
Эр кайратын салар – деп,
Түбүбүз бирге уялаш
Ажыратып алар – деп,
Караан кылдым, бел кылдым,
Кан абам сени шер кылдым.
Кыймалуу жагдан, кырк килем,
Жигити балбан, кызы алтын

www.bizdin.kg

Кызыктуу кыргыз кайран журт,
Элиң эсен жатабы?
Жылгындуу Кеҥ-Кол, кеҥ Талас –
Адырында алтын бар,
Күҥгөйүндө күмүш бар,
Тоосунда кары бар,
Бөксөсү токой-чары бар,
Жаралган сонун баары бар.
Өзөндүү Кеҥ-Кол, кеҥ Талас
Жериҥ эсен жатабы?
Кырмызы көйнөк, айча бел,
Узуҥ эсен жатабы?
Оймок ооз, бото көз
Кызыҥ эсен жатабы?
Мурунку кезде кан аба,
Муздак шамал жел болдуҥ.
Кек ойлобой кан аба
Тууган болчу мен болдум.
Күрдөөсүн уккун сөзүмдүн,
Күтүп ал аба өзүмдү,
Таптап салсаҥ кан аба,
Тартынып жоодон кайтпаган,
Ашуу зоҥкок белдирмин.
Колуҥа алса козголбос,
Эмил чокмор мендирмин.
Агызса кубаҥ кандырган,
Айкырса ачуу өзү шер
Артык тууган мендирмин.
Угуп ал, абам, сөзүмдү,
Күтүп ал, абам, өзүмдү.
Айзакерге табылгыс,
Кара болот курчтаймын,
Кабылып душман кол салса,
Кардын жара муштаймын,
Добул какса жел тийбес,
Булуҥдуу токой чердирмин.
Ай-ааламды буй кылган
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Айбаты катуу эрдирмин.
Күтүп ал, аба, өзүмдү,
Элчиге келген ырысмын.
Күтпөй койсоҥ кокустан,
Жаҥжалдашсаҥ окустан,
Жадалдуу мүшкүл урушмун.
Тулпар минсе ашалгыс,
Кыраҥдуу чалкак бел келди.
Ай-ааламды буй кылчу,
Кабылан иниҥ шер келди» –
Ушинтип айтып Күлчоро
Канчорого турду эле,
Каарлуу чочко Канчоро
Капырды Кудай урделе,
Ок өтпөс тонду жамынып,
Көрсөҥ түрү ушундай,
Көк жолборстой чамынып,
Камандай кашка көз жайнап,
Карсылдата тиш чайнап,
Куласын кууй качкансып,
Кутургурду көрдүҥбү
Куржунда пулун чачкансып?
Туткагы кармап бузулуп,
Туталанды бузулуп,
Каарланып күүлөнүп,
Канчоро турду дүпүлдөп,
Күлчорого сүйлөнүп:
«Жети-Өзөндү жердеген,
Алышып душман жеҥбеген,
Төбөдөн жылдыз боз болгон,
Он эки тамыр козголгон,
О дүйнөлүк дос болгон.
Ак буудай данын чайнашып,
Келеме алып кармашкан.
Ал-акыбалга карашып,
Ак болот мизин жалашып,
Билгизбей кат беришкен,
Дос болуп сөзгө келишкен.
Багыштын уулу эр Кыяз
Ата, Кыяз кул, саа кылбасам,
Кыйрыҥы жанчып кырбасам,
Тобуҥа тозок салбасам,

www.bizdin.kg

Токтотпой чаап албасам,
Канчоро болбой өлөйүн,
Карап тур, саа кылбасам,
Калтырбай калкың кырбасам!
Баатыр Кыяз мен десем,
Ботом, катын Кыяз турбайбы?
Турган Кыяз деп жүрсөм,
Учасынан бир Кудай,
Урган Кыяз турбайбы?
Өткөн жылдын күзүндө,
Болгон жайдын теңинде,
Кан-Жайлоонун кезинде,
Алты күлүк ат бердим,
Алакандай кат бердим.
Тили жатык өзүндө,
Бизге душман зилинде,
Күлчорону карма – деп,
Жан тындырып жайла – деп,
Кылычтап башын алгын – деп,
Дүнүйөдөн жоготуп,
Тындым кылып салгын – деп.
Канчоро арстан болбоптур,
Оңбогон Кыяз оңбоптур.
Чык этпес салып күбүмө,
Багыштын уулу эр Кыяз,
Өлтүр десем тил албай,
Жеткен экен түбүмө.
Калың казган орумду,
Кайнаткан калың шорумду,
Торогон экен жолумду,
Көргөзгөн экен сонунду.
Жедигердин эр Кыяз,
Арбыткан экен душманды,
Жиберген экен өзүмө
Кул Күлчоро душманды.
Жедигердин Кыязды,
Эр экен десем жер экен,
Кайраты бас, заары жок,
Катындан төмөн неме экен.
Калк ишенбес чочкого,
Кара жер менен тең экен.
Кайраты жок, суу жүрөк,
Кайгуулга чыкпас кем экен.
Калың кара жедигер –
Аны кай жерде баатыр деди экен.
Буралуу болот зулпукор,
Имергенин карачы.
Ботом, жылкыда жүргөн өрттөнгүр,
Жылмайган душман, бир кулун
О, ботом, жибергенин карачы!
Эл өйдөгө тартарда,
Ат кара тил мезгилде,
Жайкалып ыраң жатканда,
Мал желеге суу чуркап,
Ала майын чачканда,
Жибербесем колумду.
Ата, сени Кыяз, кул,
Көргөзбөсөм сонунду!
Жериңе чийип сызыкты,
Элиңе салып кызыкты,
Камбарыңды каныңды,
Калтырбай кырып жибердиң,
Касиеттүү каныңды.
Баатыр Кыяз мен десем,
Катын Кыяз турбайбы,
Оолукмам кармап окустан,
Ой жиним келди кокустан,
Багыштын уулу эр Кыяз,
Эр Кыяз эмес жер Кыяз,
Айткан тилди албаган,
Айдаган жолго баспаган.
Өзү өлчөлөп биле албас,
Билгенден айтса тилди албас,
Керең кыял кежир кул,
Керишип бирди кылбасам.
Кеп кылбай жанын кыйбасам,
Какшаса укпай кебимди,
Каражолтой Кыяз кул
Кетирди менин эбимди.
Эр Семетей өлгөндө

www.bizdin.kg

Эчен дүйнө, сан мүлкүн
Камчыга ченеп бөлгөндө.
Айчүрөк менен Күлчоро
Олжого экөөн бергенде
Оң далысын ойгун – деп,
Алты жыл отун көтөртүп,
Кордоп жүрүп сойгун – деп,
Тырпы-түрүн кетирип,
Ажалын кордоп жеткизип.
Желкесин жетик ойгун – деп,
Жетилтпей жүрүп сойгун – деп,
Кылычтап башын чап дедим,
Жилигин жерге как дедим.
Желкесин кесип ой десем,
Жетилтпей жүрүп сой десем,
Ал айткан тилим албастан,
Айдаган жолго басбастан,
Мүшкүл иш байкап көрбөстөн,
Айтканым кылып бербестен,
А деген сөзгө көнбөстөн,
Жети-Өзөндү жер кылып,
Азелде душман чорону,
Ат көтөргүс зор кылып,
Ак күбө тонду кийгизип,
Айбандан зорун мингизип,
Арачы кылып душманды,
Кашайтып жанды күйгүзүп,
Кызыталак Кыяздын
Кылган ишин көрдүңбү?
Бу кызыталакты жиберип,
Кылган ишин көрдүңбү?
Кыстап жанды күйгүзүп,
Тургандыгын көрдүңбү?
Өпкө жарып өт алчу,
Өткөрө душман каардууну,
Ата өрөпкүгөн жедигер
Өлчөсүн Кудай урганын,
Өткөрө душман зилинде,
Тутунуп өлгөн кутургур
Өзүмө жумшап турганын...

Ата Багыштын уулу эр Кыяз,
Эр Кыяз эмес жер Кыяз,
Кызыталак бул кулду
Ошо күндөн ушу күн,
Жан-жагын жара теппептир,
Кабыргасын сөкпөптүр.
Балбандар менен баспаптыр,
Жер төмпөйгөн чочкону
Ушу күнгө жанчпаптыр.
Томсортуп тозок салбаптыр,
Жер томпойтуп калбаптыр.
Өткөн айдын күзүндө,
Алты күлүк ат берип,
Алакандай кат берип,
Айчүрөктү карма – деп,
Кыңшылаган канчыкты
Кысыракка байла – деп,
Курсакта калган куу моло
Кемелине келтирбей,
Кесирлүүнүн тукумун
Кечиктирбей жайла – деп,
Желкелеп боорун эз дедим,
Жадалдуу душман жан койбойт,
Ушу турган Канчоро,
Калтырбай башын кес дедим.
Канчалык айтсам тил албай,
Уу ачытат күбүмө,
Көп ишенсем жедигер
Жетмек болду түбүмө,
Казмак болду орумду,
Билбестик менен дос болуп,
Кайнатмак болду шорумду.
Чыгармак болду ырымды,
Бүгүн айттырмак болду сырымды.
Жалдыратып көзүмдү,
Өлтүрмөк болду өзүмдү.
Өзүмө жумшайт кутургур
Жара тартчу бөрүмдү.
Кыялы кыйшык түбүндө,
Кызыталак душман зилинде,

www.bizdin.kg

Бу Күлчоро чочко жоголбойт.
Күлчоро тирүү турганда,
Канчоро иши оңолбойт.
Жин алган темир курч эмес,
Жылас калгыр, журт эмес.
Башка темир курч болбойт,
Бул өрттөнгөн чочко журт болбойт.
Бул ар качандан бир качан
Көзү чагыр, чаары бар,
Кебинде кермек каары бар,
Буттап алтын зер берсем,
Ичинде кетпес заары бар,
Бу көөдөнүндө чаары бар.
Адамдан бөлөк баркы бар,
Алты жыл майга бөлөсөм,
Адал болбос каркыбар
Ата, Кыяз, эселек,
Арам кулду жиберди.
Бүгүн кул кутуруп оң кылбай,
Бүгүн куруган жанды соо кылбай,
Бүгүн аңтара серпип мени алат,
Айтылган кыргыз элди алат.
Адырлуу Талас жерди алып,
Жети-Өзөндө жедигер
Жер майышкыр сени алат.
Талкалап тартып узду алат,
Тартууга бер деп кызды алат,
Эл баштаган канды алат,
Олжого тийип малды алып,
Эл күздөгөн белди алып,
Эченди ойлоп кыр кылып,
Тутанып өлгөн бул чочко
Ай-ааламга чыр кылып,
Каарланып какайса,
Каргыш тийген бул иттен,
Кагышкан тирүү калабы?
Теңелип адам оңобу,
Тең келишкен болобу?
Ата, Кыяз ай, сени...
Кайраты кыска, заары аз,
Олда, катын чалыш ай, сени,
Олжолоп колго түшүрүп,
Өзүм кармап турганда,
Эки көзүн кашайтып,
Өзүм ойбой не болдум!
Тындым кылып чочкону,
Өзүм сойбой не болдум!
Кыргынды кызык баштабай,
Кокуй болгон экенмин.
Карысы толук, заары күч,
Каран калган чочкону,
Өзүм союп таштабай,
Кокуй болгон экенмин.
Бул аяган каралуу,
Жоо аяган жаралуу.
Кыял бошоп көп ооруп,
Көрүп калган экенмин.
Кыязга урган ишенип,
Өлүп калгап экенмин.
Төшөктөн туруп жайланбай,
Же кыны жок кылыч байланбай.
Ат арытып жер чалып,
Кырандай жерди айланбай,
Жаман өлөт экенмин.
Жан биргем Кыяз деп жүрүп,
Арам өлөр экенмин.
Этек-жеңди жулдуруп,
Октон өлөр экенмин,
Эмгектүү жерим өрттөнүп,
Чоктон өлөр экенмин.
Каардуу душман Күлчоро,
Кулдан өлөр экенмин.
Акыреттик деп жүрүп,
Абийири тайкы, көөнү пас
Оңолбогон эр Кыяз,
Мындан өлөр экенмин».
Салам айтып Күлчоро
Самырдай какшап чын айтып,
Тууганбыз деп турганы,
Туталанып кыйкырып,

www.bizdin.kg

Ал Канчоро баатырды
Туура Кудай урганы!
Чылгый ичи өрт жалын
Чымырканып күүлөнүп,
Чыдай албай күүлөнөт.
Жети-Өзөндө эр Кыяз –
Эр Кыязга сүйлөнүп,
Күңгүрөнөт күүлөнүп,
Күркүрөп бөлөк сүйлөнүп,
Күп-күп этип Канчоро
Жутуучудай түрлөнүп,
Айбат жагы жолборстой,
Алышкан аман болбостой,
Эң кайраты шамалдай,
Эселек тууган кутургур
Алапайын, айласын
А Канчоро табалбай,
Көк камандай күркүрөп,
Көрүп турган пенденин,
Азат бою дүркүрөп,
Чагылгандай чартылдап,
Көк аскардай балкылдап,
Көөдөнүндө күүлөнүп,
Күлчорого катылбай
Эр Кыяз кайда кеткен – деп,
Жедигерге сүйлөнүп,
Желигип турду Канчоро
Кутургандан күүлөнүп,
Кулжуңдап эчен сүйлөнүп,
Күркүрөдү камынып,
Абайлап көрсө Кыязы –
Кышкы кирген буурадай,
Турган экен чамынып,
Өрттөнүп ичи камыгып,
Турган каран күн болуп,
Көөдөнгө шайтан жин толуп,
Жаны тутам жүн болуп,
Кайраттанып камыгып,
Каймана жаңжал табылып,
Канчоро турду чамынып,
Шай колдогон Күлчоро
Жайнаган кызыл чок эле,
Жаралганда жок эле,
Жаман айтып чыр кылбай
Бир кызыкка батышкан.
Эгиз болуп жүрүшүп,
Бирге чүкө атышкан.
Кенедей кезде кезигип,
Кызылет бала кезинд
Бир төшөктө жатышкан.
Бир өскөн жакын агасы,
Акылга дыйкан Күлчоро,
Каары катуу Канчоро,
Капилет баскан чочкону,
Каарлуу жерин карачы –
Туталанып күркүрөп,
Абайлап көргөн кишинин
Азат бою дүркүрөп,
Канчоро турду күүлөнүп,
Күлчоро турду жалынып,
Канчоро кандан күч көрүп,
Каарын төгүп күүлөнүп,
Күлчорого сүйлөнүп,
Айкырык салып, бек таштап,
Балалык дүмөк кеп баштап:
«Атаңдын көрү, Күлчоро,
Кутурган куйту жинди кул,
Көрүнбөй жогол көзүмө
Жолобой бат кет өзүмө!
Каарым келип какайсам,
Кабылба мындай жиниме!
Чымырканып чыңдансам,
Тирүүдөн кайтып өлөсүң.
Кайра тартпас чын жайда
Каарлансам көрөсүң,
Чын мүшкүл салам түрүңө
Чырылдаган Күлчоро,
Чындасам жетем түбүңө!
Менин желдеттерим жети миң,
Жетик буйрук бир кылсам,

www.bizdin.kg

Жетемин саа чыр кылсам,
Жеке өзүң туруп нетесиң,
Жетигиң экөөң болсоң да
Жерге кирип кетесиң!
Кулжулуңдап сүйлөбө,
Каалаганың аларсың,
Катуу жиним кармаса
Каралдуу абаң жанына
Аякташа каларсың!
Кайра тарткыс чын жайга
Кургурум, катуу жин келсе,
барарсың!
Өзөндүү Кең-Кол, кең Талас,
Өлчөсүн алган жол эле,
Сен гана тургур кутургур,
Сенин каралды кылган аркаңды,
Бараны тоодой бабаңды,
Баякы көөдөк абаңды,
Аңтара сайган кол ушул.
Арты сасык өрттөнгүр,
Азыр саа айткан жооп ушул:
– Жолобой кет өзүмө,
Жоботуп башың албайын,
Көрүнбөй жогол көзүмө!
Кесириң тиер каныма,
Касиреттүү кутургур
Көп калбай жогол жаныман.
Өзөндүү булак кең кайкаң
Өрдөтө салар малым жок.
Өз тууганым касташты,
Өлүмдөн качар жаным жок.
Алты өзөн кыштак кысыкка
Айдап салчу малым жок.
Алты миң тууган болушчу,
Аяна турган жаным жок.
Андан көрө Күлчоро,
Көрүнбөй жогол көзүмө.
Көрүнөө тууган болом – деп,
Кожурай бербей өзүмө.
Уйгу-туйгу бейлиме,
Уруш кылба жериме,
Каарланып какайсам
Көп жаңжал түшөт бейлиме.
Түү-түү, капыр Күлчоро,
Өлдү го десем тирүүсүң,
Өкүлдөгөн кутургур
Өлбөгөн жандын бирисиң,
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Оюң бар го сасык кул,
Кайра айланып конууга!
Ойлогон оюң ушу го,
Кайрылып тууган болууга!
Бул кебиңди ким уксун,
Бир караңгы түн уксун,
Асты калың жер уксун
Төбөсү бүтөө көк урсун,
Сени тууган кылбаган
Каарланган мени урсун!
Кыргыздан тандап колуң ал,
Түбүбүз бирге кул элек,
Ордодон тандап тонуңду ал,
Аргынды каалап башыңды ал,
Ордодон тандап ашыңды ал,
Жылкыдан тандап атың мин,
Оромол чечип тонуң кий,
Көрүнбөй жогол көзүмө,
Какшабай жогол өзүмө,
Тууган ай деп былжырап,
Экинчи келсең өлөрсүң,
Көп жаңжал менден көрөрсүң!
Сен баштакы балаа дейсиңби,
Андан арбын чатакты,
Анан менден көрөрсүң!
Беделиң жанга салбай кет,
Кулжуңдаган кутургур,
Бээ саамыңдан калбай кет!
Айылга мындай дебей кет,
Уй кайтарган күңүм бар
Каныкей, Бакай экөөнү
Назар салып көрбөй кет,

www.bizdin.kg

Сакчыга кабар салбай кет,
Жамгырчы кызы Акбала –
Каалаган кичи катыным,
Сен капыр кул ага барбай кет!
Кереленсең кебим бар,
Кесир кул сенин кегиң бар.
Каарланып качырсаң,
Калайман салчу жериң бар.
Бүлдүргүчтүн көзүсүң,
Дүмөктүн чылгый өзүсүң,
Тирүүлөй жандан тирүүсүң.
Тиктегенди жок кылган
Өрттөнгүрдүн бирисиң.
Кармасаң жанды кыскансың,
Каарың толук душмансың.
Куп жаңжалдын түрүсүң,
Кутурган жоонун бирисиң.
Аталган чатак өзүсүң,
Өпкө жарып өрт алчу
Душмандын кара көзүсүң,
Сен Күлчоро болгону,
Күлчоро атка конгону,
Өзөндү өрттөп чаң кылдың,
Өзөлөнүп келгенди,
Өрттөп, жанчып жай кылдың.
Кабылганды кайсадың,
Тушукканды буй кылдың,
Кез болгонду кемирдиң,
Кан төгүлтүп катыктың.
Каканчы Бээжин, Чынмага
Улуңтуңга, Дыңшага
Чатагың жетти мынчага.
Каарың катуу, заарың күч.
Катылганды кылдың түз,
Оюма түштү бирдеме,
О дүйнөлүк жан курбу
Достум Кыяз өлгөн го.
Кайрылып келбес чын жайды,
Кайран киши көргөн го.
Жети-Өзөн толгон жедигер
Жеткилеңин кыйратып,
Бу желиккен куу кул келген го,
Кочкорун биттеп кой кылып,
Букасын биттеп түрк кылып,
Кыязга мүшкүл жүк кылып,
Жети-Өзөн тууган жедигер
Өндүрүн чалып май кылып,
Өлтүрүп журтун жай кылып,
Ай касаба тоо кылып,
Асман жарган чуу кылып,
Канынын баарын кыйратып,
Калкынын баарын ыйлатып,
Дүмөктү түптүз салган го,
Кез болгонун талкалап,
Кыйратып кырып салган го,
Уламадан уласам,
Билгичтерден сурасам.
Кутубий уулу Кара дөө
Өзү шумдук түрүндө,
Баатырга мура түбүндө,
Ошо кутургур душман зилинде.
Ушакчы чыгып ишиме,
Иш бузгуч чыгып кишиге,
Жети-Өзөндө жедигер
Айткан сөзүң анык – деп,
Тилин ала бериптир.
Куржуңдаган кутургур,
Бу кулду тууган көрүптүр
Жети-Өзөндө жедигер
Желпинтип журтун бөлүптүр,
Кыйырына кыргын салыптыр.
Себепкер болуп ошо кул,
Күлчоро, Сейтек бул экөө
Аны үчүн Кудай алыптыр.
Кайратсыз Кыяз кашайгыр,
Кайраты жетпей калыптыр,
Жана катынга калкын билгизген,
Кыязды Кудай алыптыр.
Чырга салып, сөз айтып,
Чатагы арбын кезди айтып,

www.bizdin.kg

Жанашпаган кырды айтып,
Ааламга жетер чырды айтып,
Кул ордого келерби!
Өчөшкөн душман бетпакты,
Кандын көзү көрөрбү!» –
Деп, ошентип күүлөнүп,
Азаптуу мүшкүл кеп салып,
Канчоро турду сүйлөнүп,
Каарланып күрүлдөп,
Катынын кара баскансып,
Кара баскан Канчоро
Жадалын салды дүпүлдөп,
Жалынды чоро болгон жок,
Кулжуңдаган Канчоро
Кутурган чочко оңгон жок.
Чыдай албай шум дагы
Чылгый ичи өрт-жалын,
Чын кыйкырды бу дагы.
Алмамбет уулу Күлчоро
Ак пейилдүү курган шер,
Атасы көкжал курган эр
Акырын сүйлөп бек таштап,
Албан түрдүү кеп баштап,
Канчоро турду башка окшоп,
Ар бир кебин карасаң
Күлүстөн тууган чоронун
Табылбас көөхар ташка окшоп,
Каарланды камынып,
Кайран шердин оозуна
Кайыптан акыл табылып:
«Алтайга минер кыл жээрде
Бууданым деп келгемин!
Ай, Канчоро, өзүңдү
Тууганым деп келгемин!
Уялаш элек жан биргем,
Айтканыңды кылбасам,
Туу түбүнө турбасам,
Ак жылкынын чаңы урсун,
Ак буудайдын даны урсун!
Ук, Канчоро, сөзүмдү
Башымды тартсам баркылдап,
Душман көрдүң өзүмдү!
Арам болсо көөнүмдө
Келбейт элем жаныңа,
Келишет элем алдыңа,
Маңдайың бузуп жол салып,
Калкыңды кырып кол салып,
Кашатың мунар туу кылып,
Калкыңды мунар чуу кылып,
Жадаал салып жаа тартып,
Айза сунуп, ок атып,
Айбатыңды кулатып,
Асман-көктү чаң кылып,
Жетигиңди кан кылып,
Чиет элем сызыкты,
Туугандыгың болбосо
Кылат элем кызыкты.
Алкымың болот сыр жебе,
Агалыгың болбосо
Баатыр салат элем аңгеме!
Менин абам Семетей
Ээрчитип багып эр кылды,
Эр уулу менен тең кылды.
Алдейлеп багып чоңойтуп,
Жаядан кесип жедирди,
Артыкча бир боор болууга
Каныкейдин эмчегин,
Тең бөлдүрүп эмизди.
Калың кыргыз, аргынга
Кайсерде балан дегизди.
Кыранды чалсак биз чалдык,
Кыргынды салсак биз салдык.
Канга тоюп катыктык,
Канчоро менен Күлчоро
Эгиз көкжал атыктык.
Жетип чапты кууганды,
Жер күлчөң кайдан соо калды.
Күнжүттүн журтун күбүдүк,
Кең жай чаап кен алдык,
Чоң-Бээжинге чыр салдык.

www.bizdin.kg

Жылоого кармап жан алдык,
Жылас кылып канды алдык.
Асылым абам барында
Чылк алтынды бөлөдүк,
Уңгусу болот сыр найза
Сундуруп жоого жөнөдүк.
Келтирип чаптык, кырды алдык,
Келишип жүрүп чыр салдык.
Олжого тартып пилди алдык,
Пилди олжолоп дилде алдык.
Ойногон кыздан миңди алдык,
Зулпукор айза бооладык,
Тийишкен эрди жооладык.
Кымбат абам барында
Кылычты суурсак буулады,
Кытайдын журту чуулады.
Иниң чоро мен элем,
Абабыз султан сен элең
Тулпарың жыйып буудан кыл,
Түбүбүз бирге тууган кыл.
Чатак иш болсо өтүңүз
Жадаалдык кылсам кечиңиз.
Ар кымбат сөздү билиңиз,
Айтылган сөзгө кириңиз.
Оройлук болор мунуңуз,
Какандан чыккан манжуча
Душман көрүп турдуңуз.
Бөлүнсө бу баш жабылар,
Боорубуз бирге уялаш,
Бир тууган кайдан табылар?
Алтай минсе арыбас,
Темир туяк, жез билек
Чөлгө жарар тулпармын.
Боздон тоодак куткарбас,
Бозала тынар шумкармын.
Табымды таап шилтесең,
Сайдан калтар куткарбас
Сарала бүркүт тынармын.
Сизди тууган кылууга
Канчоро абам турамын.
Күтүп алсаң чоң каным,
Туу түбүнө турармын.
Дегениңе көнөрмүн,
Кармаш кылар душман бар
Бирликти коюп бир жерге,
Караан болуп берермин.
Өлүп калган чагымда,
Кой териси кул элем.
Белин бекем буушкан,
Берен Семетей менен туушкан,
Аркыраган зор кандын,
Айтылган Манас көкжалдын,
Ак белинен сызышкан,
Бу кайран энем долунун
Жатынын жара тээп чыгышкан,
Мен бир качан Манас уулу элем,
Мен да бир өзүндөй болгон уул элем.
Эпке кирип тилимди ал,
Э, көкжал абам, билип ал.
Кокуй, абам эр чиркин,
Каралды кылып күтүп ал,
Күтсөң мынча баркым бар.
Баатыр болом каркыбар,
Иниңдин мынча баркы бар.
Адырды бузсаң ак жолмун,
Аңдышкан жоого сан колмун.
Эбин таап аба күтсөңүз,
Болоттуу курчтай шериңмин,
Боз аскар тоодой белиңмин.
Болжолун билсең кебимдин,
Азган кулду күтсөңүз
Ачууну тыйып түтсөңүз,
Курч тарткан жаанын огумун.
Күтүп алсаң кан абам,
Кабылса жанды кайсаган,
Табылгынын чогумун.
Талашка жакын боорубуз,
Куландай бирге үйрүбүз,
Кулуң турат жалынып,
Кадырлуу баркым билиңиз.

www.bizdin.kg

Кекти сууга салыңыз,
Каралды иним келди – деп,
Кургуруң күтүп алыңыз.
Күтүп алчу себебиң
Журтубуз бирге иргелеш,
Каныбыз кандуу биргелеш,
Ашыбыз бирге жоролош,
Коюбуз бирге короолош,
Тапканыбыз жыйгандаш,
Өлүм орток ыймандаш,
Күчүбүз эгиз билектеш,
Күрдөөбүз жакын тилектеш.
Аттанганда шарты уйкаш,
Экөөбүз эгиз аты уйкаш,
Жылкы тийсек чаң бирге,
Бир төшөктөш жан бирге
Кулун-тайдай тебишкен,
Кургурбуз тууган экөөбүз,
Талашып эмчек эмишкен.
Чалгынды бирге чалышкан,
Чатакка бирге барышкан.
Тууган элек, эл элек
Экөөбүз эгиз дээр элек.
Жети-Өзөндө жедигер,
Жер майышкан колду алдың,
Абакем кандын Аколпок,
Олжо кылып тонду алдың.
Орой кыял кан абам,
Өз журтуңа кол салдың.
Айзаңды бузуп аштадың,
Сен бир кытайдан чыккан
кыйшактай,
Кыргынды жаман баштадың.
Этек тартып, эт ачып,
Эң душман болдуң бет ачып,
Жаңжалды жаман тиледиң,
Баатыр, Жети-Өзөн толгон жедигер,
Душмандан жаман сүрөдүң,
Ак күмбөз чалып кырды алдың,
Душмандан бетер чыр салдың.
Аланды ала качпасам,
Ак теңге пулуң чачпасам,
Жалынсам укпай сөзүмдү,
Жаман кылдың мөмөңдү,
Жоготтуң канкор төрөңдү,
Уй кайтартып, күң кылдың,
Эмчек берген энеңди.
Кыргынды кызык баштадың,
Алтымыш катын, тул жеңе,
Айылды каран таштадың.
Кең-Колду өрттөп буй кылдың,
Ордолууңду тул кылдың,
Эки далым тең оюп,
Кылымды бузчу жанымды,
Жедигер журтка кул кылдың.
Он эки жылы кул болуп,
Кароолдуу мүшкүл тул болуп,
Каным калды бир кашык,
Этим калды көк жашык.
Үй дегенден үн калып,
Үрпөйгөн жалгыз жүн калып,
Каралды кылар экен – деп,
Кан абам, сага күн калып.
Алдыңа келип турамын,
Түбүбүз бирге жыйгандаш,
Жаңжалды кантип кыламын,
Жаалын таштап кан абам,
Тууган кылып алар – деп,
Кулуна көзүн салар – деп,
Капа кылбай байкушум,
Каралды кылып алар – деп.
Каарың келип какайып,
Кас болуп жалгыз тууганга,
Каарыңды калың тараттың.
Канча бир боор тууганды
Душман көзүн караттың.
Кылымга чийдиң сызыкты,
Абаң, иниң тууганга
Кытайча кылдың бузукту.
Жалпы журтуң кыйратып,

www.bizdin.kg

Жадаал жиниң караттың
Бабабыз Бакай карыны
Белин бүктөп кор кылып,
Балбандарга талаттың.
Абаман калган чоң ордо
Чачыкей алып тул кылдың,
Каралды жалгыз иниңди
Жедигерге кул кылдың.
Айзаңды бөлөк аштадың,
Астыңа келсем жалынып,
Чалыша кетчү душманча
Чатакты мынча баштадың!
Мен деген сөзгө көнүңүз,
Кутурма тийген чоронун
Айтканын азыр бериңиз!
Жакасы алтын, жеңи жез
Аркагы болот торгой кез,
Очогор атса ок өтпөс,
Табылгы жакса чок өтпөс,
Артыгы кымбат козголуу,
Алышса жоодон айза өтпөс,
Абакем кандын Аколпок
Аманат жандын тозгону.
Оройлуу сөзгө көнүңүз,
Чатакташпай, чырдашпай
Аколпок кайда, бериңиз!
Каарланып какайсам,
Жалынсаң укпайм сөзүңдү,
Жаалданып качырсам,
Жана чукуйм көзүңдү!
Башымды тарттым болбойсуң,
Баш көтөрүп ордуңдан
Тууганым деп койбойсуң!
Баткалың алтын жер кайда?
Бабам Бакай шер кайда,
Абаман калган мал кайда?
Беш аркар жылдыз баткыча,
Беш кайра жолу эмизген,
Берен энем Каныкей
Меке кылган бул кайда?
Кечээ Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Бет ачып катын бергенде,
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Мөндүрдөй бөлүп ок атып,
Жабылып казак келгенде,
Үмөтөйдү кармадың.
Чатагың кетип ааламга,
Кылычтап муну жайладың.
Зарбарга салып бүктөдүк,
Өз бөлөсүн өлтүргөн.
Өлгүн деп элден кеп угуп,
Картайганда Бакайдан.
Капырай жаман жеме угуп,
Иш бүлдүрүп кердирдиң,
Абакем кандын ар буудан
Сөөгүн жүктөп бер дедиң,
Булкунган буурул мал кайда?
Аласкар тоодой даңкайган,
Ак дайрадай чалкайган,
Жүргөнүнөн чаң чыккан,
Добушунан жан чыккан,
Астыга салсаң акжолтой,
Айбаты калың сан колдой
Айтылган абам шер кайда?
Кайгыртпай ишти жоюңуз,
Канчалык сурап тургандын
Чатак салып чыр кылбай
Кабарын айта коюңуз!
Бели көөхар, түсү алтын
Белеси белдүү бел кайда?
Бек жаңжал салбай айта кой,
Бейли кара бадырек,
Белгилүү абам шер кайда?
Кече эриксек элик атышкан,
Күндүзү бейиш, түнү чуу
Берекелүү эл кайда?
Какайыштан не пайда?
Бу каралды кылган шер кайда?
Кабылан айкөл көл кайда?
Каарым келем какаям

www.bizdin.kg

Жинимди тозо салыңыз,
Каралды канкор абамдын
Кабарын айта салыңыз!
Аюуга салып илдирген,
Тиш салса жанды күлдүргөн,
Жолборско салып айт десе
Жолукканда бүлдүргөн,
Буурул түндүн түзүндө,
Кыш менен күз ортосу
Эки арадан табылган,
Жабуусун жибек киш кылган.
Жасаган буйруп арнап,
Кан абама туш кылган.
Азуулуунун алгыры,
Ар тайгандын чалгыры
Бөрүнү кууса бөлүнткөн,
Камак көрүп качырып,
Кабырга сөөгүн сөгүлткөн.
Учканы качып жутунбас,
Үйүрлүү кулан кутулбас,
Ак киштенин бермеги
Айтылса кумар кызык сөз,
Агытканда шүк эле –
Аманат жандын эрмеги,
Ойронду опсуз салгансыз,
Ордо бузуп, үй өрттөп,
Абакем кандын Кумайык
Олжолоп алып калгансыз,
Жакшы айткан сөзгө көнүңүз,
Абам кандын Кумайык
Белекке бизге бериңиз!
Туйтулуңдап чырдашпай,
Сураганды бериңиз,
Кайгынын баарын жоюңуз,
Аколпок, Буурул, Кумайык
Буулугуп турган чорого,
Буулукпасын кокустан,
Кабарын айта коюңуз.
Текөөрү темир, тээги жез,
Тегереги бир топ кез,
Көзү кара, көк шал бут
Көргөзгөнүн койбогон,
Көнөктөй этке тойбогон,
Талпынганын койбогон,
Табактай этке тойбогон,
Канатын кымтып шукшурбас,
Казды көлдөн учурбас,
Куйругун бөлүп шукшурбас.
Кууну көлдөн учурбас,
Куу кумпай чайкап куш кылган,
Кудай Таала чын буйруп,
Кан абама туш кылган,
Сан куру жибек, боосу алтын,
Абакем кандын Ак шумкар
Кечээ кордук көрүп тургандан,
Ак күмбөз тайып тургандан,
Жети-Өзөн толгон жедигер
Жер жарылган түмөн кол,
Дүмөк салды ошо жол.
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Жадаалданып ок атып,
Кыргыздын кыйрын чачканда,
Душманга колтук ачканда,
Суркоён жүрбөй согушка
Абакем канды басканда,
Асманга учуп топурак,
Аскер кайнап топурап,
Жергелүү туман бөлүнбөй,
Жерге киргир өзү элең,
Же тууган көзгө көрүнбөй,
Жетик абам канкорду
Жети сан кол басканда,
Жергесин тепсеп чачканда,
Кече тутанып өлгөн кутургур,
Душманга колтук ачканда
Ойното миндиң тулпарды,
Олжолоп кеттиң шумкарды,
Олжологон куш кайда?
Сенин орондошуң не пайда?
Эрди сайган Шайымбет

www.bizdin.kg

Энеси талак бул кайда?
Албан түрлүү жан кайда?
Менин абаман калган мал кайда?
Кымын кымбат машаган,
Кымбат баа жасаган
Сагагын алтын толгогон,
Баасы баалуу оңдолгон,
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтеген жоосу мүрт кеткен,
Чыктап канга тойбосо
Кан ичпей куру жүрбөгөн,
Кайра кынга кирбеген,
Бет алып жоого суурганда
Мизи өрттөнүп кызарган.
Кызыгып жоого шилтесе,
Өрттөнүп мизи кызарган,
Кыя тартып шилтесе,
Кычуусу кызык кандырган,
Салмагы колду талдырган.
Кызыгы жандын болжошу,
Кымбаты абам жолдошу
Толтосу көхар, сабы алтын
Абам кандын Зулпукор
Белекке берчү ал кайда?
Абаман калган жан кайда,
Айкөлдөн калган мал кайда?
Белекке берсең алайын
Асынганда түз эле
Айдалынын айнеги,
Айкашкан жоого сундурса
Аманат жандын эрмеги,
Ичин он үч толгогон,
Бөлөкбай уста оңдогон,
Дүп дегенде жан кеткен,
Түтүндөн мурун кан кеткен,
Артыкча буюм Алмабаш
Ыраак-жакын ылгабас,
Ирмесе түтүн бураган,
Бир кыйшайып ысыбай.
Сексен күн атса чыдаган,
Кароолу алтын уюлуу
Өзү кайран орус буюму.
Кан ичер мылтык Аккелте
Абаман калган ал кайда?
Бөлөккө бергин алайын,
Түбүбүз бирге уялаш,
Бейпайды кайдан салайын.
Кечээ кыйкырып белге чалганда,
Жоголгон акыл табылган,
Кабылан жандап ар кимди
Азуулуудан сур жолборс,
Ал өңдүү сонун жан болбос,
Кайыптан акыл табылган
Качырып жоого беттесе
Кара чаар кабылан,
Капталынан чамынган.
Касиеттүү боз кисе,
Кан абам менен дос кисе
Кааладым баатыр, бул кайда?
Берен абам буларын
Белекке берсең аламын.
Бек арстан абам берди – деп,
Медер кылып белиме,
Белек кылып чаламын,
Сурадым ушул буюмдан
Бир албай кантип каламын,
Деген сөзгө көнүңүз,
Чатакташпай, чырдашпай,
Белекке калган чунагы,
Карында калган кайраны,
Кан абамдын ойрону,
Жаралган жылдыз чолпону,
Канкор абам солтону.
Тоюна токсон союлган,
Аты Сейтек коюлган,
Иниңиз келди көрүңүз,
Айтылган буюм кеп мурас,
Белекке муну бериңиз!
Тууган болсоң мөл болсоң,
Туруктуу чалкар көл болсоң,

www.bizdin.kg

Асыл кандын жалгызы
Банайың келди көрүңүз,
Баатырдан калган сан дүйнө
Баш ылдый санай бериңиз.
Опсуз эрдин жалгызы,
Карында барып туулган,
Жети-Өзөндө жедигер
Жетилип салган чуулган.
Атасынан бабасын
Артыктыгын табарсың,
Деп койгон сөзгө көнөрсүз
Айкөлдөн калган сан дүйнө
Кыймылдабай кыңк этпей,
Кыйшалактап былк этпей,
Деп койгон сөзгө көнөрсүз,
Берендин жалгыз уулуна
Белекти каалап берерсиз.
Улуу чатак, чоң дүрбөң
Тил албасаң аларсыз,
Акылман абам сен болсоң,
Керсеңдебей чырдашпай,
Кекти сууга саларсың.
Айланган жалгыз күнүңдү,
Асылдан калган ииниди.
Тууган кылып аларсың.
Бооруң келсе түрлөндүң,
Калтырбай баарын кырбайт – деп,
Кан Кыязга жиндендиң.
Кайра жаачу булуттай
Кан ичмең кармап түрлөндүң.
Семетей уулу эр Сейтек
Жедигер барып туулган,
Тууганда салган чуулган,
Төрөлгөндө мөмөдөн,
Башкача болду энеден,
Күндүр-түндүр түн түшүп,
Жер айрылып тоо курап,
Журт чуркурап эл чуулап,
Туштай түшкөн кеби бар:
Кара кан уучтап бакырып,
Жарай түштү деп уктум,
Сол колуна кара кан
Уучтай түштү деп уктум,
Энеси кесип киндигин,
Ак көйнөккө ороптур.
Көй душманды кеп кылып,
Көргө башын тыгар – деп,
Беттешкенди мент кылып,
Кез болгонду жыгар – деп,
Бу жаңжалга жороптур,
Сейтекти төрөп турганда,
Жан бирге Кыяз достуңдун
Төрт түлүк малы короптур.
Береним берен болор – деп,
Башкача балбан Кара дөө
Белге таңуу медер – деп,
Берениң мобу жороптур.
Сүйлөнгөн сөзгө көнүңүз.
Атасы кандын сан дүйнө
Келиптир ээси бериңиз!
Уюлгуса шумуңуз,
Тоюңузга камданып,
Ашкере тууган шер болсо,
Баланы күтүп алыңыз.
Үйүлгөн чатак болгон кек,
Көтөрүп сууга салыңыз.
Баатырдан келген белек – деп,
Балаңыз Сейтек ииниди
Мураа кылып алыңыз.
Картайган Бакай, Каныкей,
Кан болсоң мөмө кылыңыз.
Салмактын түбү сары алтын,
Сабырлуу кылып туруңуз.
Түбүбүз бирге уялаш,
Кантип сени кор кылам,
Ала-Тоодой бел кылам.
Тилимди алсаң Канчоро,
Ал аскар тоодой бел кылып,
Адамдан артык шер кылам,
Туу түбүнө туу кылып,

www.bizdin.kg

Тушуккан жоого чуу кылып,
Караан кылып албасам,
Жараткан Кудай мени урсун.
Жан арамың чоң болсо,
Жанаттан акмак, сени урсун!
Акылга көнүп, тил алсаң,
Айткан тилиң алармын,
Айдасаң жолго басамын,
Дегениңе көнөмүн,
Каралдың Сейтек, мен болуп,
Канкор абам сен болуп,
Баана кылып алабыз.
Жадаалдансаң кокустан,
Айткан тилди түк албай,
Айдаган жолго түк баспай,
Өзүң өлчөп билалбай,
Өкүрө берсең тил албай
Кылычыңды шайласаң,
Кыялың бузук, заарың күч
Баштакы жиниң карматсаң,
Сураса бербес дүнүйө
Суурушуп найза саламын,
Жалынса бербес көп дүйнө
Зордуктап тартып аламын!
Бул кебиме кирерсиң,
Бул кебиме кирбесең
Жакшы айтканды билбесең,
Үндөсөм колго конбосоң,
Үтүрөндөп болбосоң,
Туугандан кечем өзүңдү,
Туурадан чукуйм көзүңдү.
Каалаган кадыр түнүңдү,
Капкайдан кагам жиниңди,
Төбөңдөн төптөп басууга,
Төрт түлүгүң чачууга
Эрте айткан сөзүм кеч болду
Кабырга жарып кан төгүп,
Кармашты катуу салууга
Эки көзүм төрт болду,
Менин атым Күлчоро
Кабарыңда даана бар,
Кагышсаң канча балаа бар.
Ачуум келип апсайсам,
Арбайта серпем өзүңдү.
Каңдаармын кара көзүңдү,
Мен Күлчоро иниңди,
Тууганың келсе чырдашып...
Кагайымбы капыр кул,
Капкайда кеткен жиниңди.
Эселек душман айына,
Абамды союп айырдың
Эки далым оюлуп,
Жедигер отун кайырдым.
Кетилген далым жетилип,
Каарым келип какайсам,
Аңтарармын өзүңдү,
Ашкере каңдайм көзүңдү.
Оолукмам кармап келгенде,
Мен Күлчоро эр атым
Ойротко ойрон салчумун,
Оолукма жиним кармаса,
Кылымга кыргын салчумун.
Кыжырыма тийгенде,
Капкалуу коргон Кара-Шаар,
Канчасын чаап алчумун.
Кытайды буздуң чар кылдың,
Кылымга сени кан кылдым.
Өлчөлүү тирүүм ушундай,
Болотум сынып кетилдим,
Болжосом кайра жетилдим.
Менин атым Күлчоро
Билегим жоон, таш жүрөк,
Билимдүү чөлү бадырек.
Каарланып келгенде,
Кылымга салчу чоң дүмөк.
Бир кезекте Канчоро
Эңкейтип бүктөп белимди,
Эң сууттуң демимди,
Чыгардың жаман желимди.
Душман жалдап жоготтуң,

www.bizdin.kg

Кабылан көкжал шериңди,
Жалынсам укпай кебимди,
Сындырдың бүктөп белимди.
Кул кылып талап жоготтуң,
Курган кыргыз элимди.
Агыздың суудай канымды,
Алдың дүйнө баарымды.
Жалынсам укпай сөзүмдү,
Эки далым тең кесип,
Кылгансың кызык сонунду.
Олжолоп чечип калгансың,
Кош бадана кырмызы,
Жаңжалга кийчү тонумду.
Көкжал абам жоголсо
Көлпөктөп көөп койгонсуң,
Казына бузуп, журт талап,
Канча эркиң менен болгонсуң.
Бүтүн булгун терисин,
Жара бөлүп калгансың,
Багалакка салгансың,
Ааламдан ашкан балбансың.
Айтылган сөзгө көнүңүз,
Олжологон мал-жанды
Ойлонуп кайра бериңиз.
Тууганым – деп, шерим – деп,
Туу кармоочу белим – деп,
Үзүлгөнүм улар – деп,
Чачылсам чукул жыйнар – деп,
Өчкөн отту тамызып,
Өлүмдөн жанды тиргизип,
Кеткенимди келтирип,
Кемигимди толтуруп,
Кейисем көзүн салар – деп,
Кемип келген кургурун
Бир тууган кылып алар – деп.
Эрен болсо, кан болсо,
Эс билген кыраан жан болсо,
Байкушка көзүн салар – деп.
Туура окко кеткен инисин
Тууган кылып алар – деп.
Кыраан болсо, шер болсо,
Кылымды билген эр болсо,
Сыздап ичи оорур – деп,
Кайратын сууга салар – деп.
Кулдуктагы кургурдун,
Азып-тентип келгенин,
Алдаса колго бергенин,
Көлөкөсүн бараанын,
Көрүшкөн тууган караанын.
Жылкыдан тулпар ат берип,
Үшүтпөй тонун бат берип,
Бир тууган кылып алар – деп.
Көп жалындым болбодуң,
Көбүнчө жиндеп буркактап,
Көп жаңжалга тойбодуң.
Көбүрөөк турдуң жалынып,
Башымды тартсам болбойсуң,
Барсылдап куу кул оңбойсуң.
Атакең Балта, Чубакты,
Сен өңдөнүп чыр кылып,
Душман жалдап сойдубу,
Тузга сийип ант бузуп,
Сен өңдүү капыр болдумбу?
Каарым келди какайдым,
Кара жин төгөм үйүңө,
Куу найза сунам жиниңе.
Куп каарым чачам түрүңө.
Алеңгир атам кожоңо,
Чын мүшкүл салам молдоңо.
Чабуул коём айылыңа,
Чатакты мыктап баштаймын,
Көчүгү кучак чоң катын
Бу эркелеткен зайыбыңа.
Өкүлдөп жиним кармады,
Өрт күйгүзөм бейлиңе.
Өкүртүп айза сунамын,
Чын кесир кылчу жигиңе.
Атаңдын көрү Канчоро,
Капырдын кара көзүсүң.
Кара тажаал өзүсүң,

www.bizdin.kg

Кылыч чаптың желеңе.
Өрт күйгүздүң мөмөңө.
Уй кайтартып коюпсуң,
Эмчегин берген энеңе.
Үч бүктөймүн белиңди,
Башыңды тартып жалынсаң
Укпайм айткан кебиңди.
Маанисиз кылдың бабаңды,
Балбанга улак кылыпсың,
Байкуш Бакай карыңды,
Бүгүн кашыкча койдуң канымды.
Жеткилең катын Чүрөктү
Жедигерге тул кылдың.
Желкемден оюп өзүмдү,
Жалынсам укпай сөзүмдү,
Атактуу мендей чорону.
Жети жол сатып кул кылдың,
Канчасын жалдап душмандын
Капканын оозун кан кылдың,
Канчамы союп жай кылдың.
Тулумдун тул кылдың,
Ажыдаардай эренди
Атакты көкжал беренди,
Таманга таптап кул кылдың.
Кан болбос тууңду кан кылдың,
Өзөнүң конуш май кылып,
Караандын баарын жай кылып,
Өзөнгө тайпак кең конуш
Эл жайлоочу белди алдың.
Камчыга ченеп чуулатып,
Бабадан калган жерди алдың.
Өзөндүн суусун бургансың,
Өз жанга кылбас жакшылык
Арамың тоодой ургансың.
Кылымга сыйып батпачу,
Кылыгың жерге жатпачу,
Кытайча кордук кылгансың.
Баатыр кайда, эр кайда,
Караан кайда бел кайда,
Кайгырышта не пайда.
Каалаганым бересиң,
Каарлуу сөзгө көнөсүң,
Каныкей, Сейтек, Айчүрөк
Каарланып кол салса,
Кашыктай каның төгүлүп,
Өз кылганың өзүңө.
Каш каккыча көрүнүп,
Кабыргаң бөлөк бөлүнүп,
Каарлуу чором өлөрсүң.
Казыр тийсең жиниме
Кайра тарткыс чын жайды
Кайран немем көрөрсүң.
Жалынсам тилим албайсың,
Айдасам жолго барбайсың.
Түбү жок кудук түбүсүң,
Караңгы капчал түнүсүң,
Жетелесе баспаган,
Жетесиз иттин бирисиң.
Ит экенсиң Канчором,
Ит да сенден көп өөдө,
Ит да келер ме-меге.
Куш экенсиң Канчоро,
Куш да сенден көп өөдө,
Куш да келер пө-пөгө.
Үндөдүм тилим албадың,
Оң айткан жакка барбадың.
Бирликти коюп бир жерге,
Же бир тууган болуп калбадың.
Адырмак элек кыялаш,
Түбүбүз элек уялаш,
Манжабыз бирге билектеш,
Бир тууган элек тилектеш.
Эми көк тектир бойлой конуштук,
Эми көрүнөө душман болуштук,
Эми бел байлаган белиңди айт,
Бекип жаткан жериңди айт!
Ырдап айткын ырыңды,
Кайнаттың калың чырыңды,
Калтырбай айткын сырыңды!
Мен кайрылып келгиче,

www.bizdin.kg

Кең Талас бойлой конгуча,
Айкалып тууган болгуча,
Буркактай каптың бетимди,
Тиштедиң ыйман этимден,
Чын жаңжал айттың бетиме.
Кыйшайган экен кыйын сөз,
Кыйын мүшкүл, чоң жаңжал
Тууптур таамай бетиме» –
Деп, ошентип, Канчорого
Күлчоро айтып турганы.
Акмактык артык кылса да,
Эт жүрөк бошоп, боору ооруп,
Күйдү канча тууганы.
Тууган экен Күлчоро
Күлчоро айтса болгон жок,
Туталанып өрттөнгүр,
Каарлуу тууган Канчоро –
Каарлуу чочко болгон жок,
Күркүрөдү күүлөндү,
Күпүлдөдү Канчоро,
Күлчорого Канчоро
Каарланып тиш чайнап,
Өкүрүгү таш жарып,
Кыйкырыгы баш жарып,
Ач камандай күүлөнүп,
Азаптуу кылып сүйлөнүп,
Күпүлдөдү күркүрөп,
Күлчорого сүйлөнүп:
«Атаңдын көрү, сасык кул,
Жыла салба белиме,
Өлбөй кеткин кутургур
Жылкы баккан жериңе.
Какшык салба жаныма
Өрөпкүгөн чочко кул,
Өлбөй кет Кыяз каныңа
Жолобо иним жаныма,
Кулжуңдап жиним кармаса,
Кутура тартып нетесиң.
Кулжуңдаган кутургур.
Кудайыңа кетесиң.
Жадаал салсам жалмаймын,
Жакындаба жинди кул,
Чын жиним тийсе кармаймын.
Кыжырым келип кыйкырсам,
Кыйлаңды кызык утамын.
Кыжырым келсе кокустан,
Кыязын кошо жутамын.
Менин атым Канчоро
Алты талаа кезең бел,
Айттырбай чалган жол ушул.
Сенин абаң Семетей,
Жоготуп ийген кол ушул!
Оңбогон сасык, оңбойсуң,
Ар качандан бир качан,
Ар дайымдан бир дайым
Кайратыңды койбойсуң!
Булкунасың желесиң,
Кийчү тонуң кийбесең,
Ажалдан мурун өлөсүң!
Маани-чаркың жогунда
Бакылдайсың нетесиң,
Акыр-такыр заманын
Баарын сүйлөп кетесиң,
Өкүлдөй берсең куурагыр,
Дүйнөден бир пас кетесиң!
Кара сөз тиер жолуңа,
Кылыч тиер койнуңа,
Кыяздын кулу куу сасык,
Кан шорголор мойнуңа!
Бөлөкчө иттин баласы
Бөрү кирген оңобу,
Жобону көрбөс кутургур
О ботом, жолборско тийген болобу.
Агыштын уулу Кыяздын
Эселегин билгенмин,
Эсин жыйса кутургур
Келер го деп жүргөмүн.
Айтканым туура чын чыкты,
Калмышында ушинтип
Кутурган кулдан чыр чыкты.

www.bizdin.kg

Кара тажаал чоро – деп,
Калайык ушак кылчу эле
Ошонусу чын чыкты,
Ар качандан бир качан
Ант кылып кеткен өзүмө,
Ар каршы чыгар сөзүмө,
Аккелте тиер көзүмө,
Алышарым Күлчоро
Көзүнөн чыгар чаары,
Өзү Кудайдын жетик каары.
Бу каражолтой карандын,
Каргыш тийген арамдын
Кыялын көрсөң ары бет,
Кылымдан чыккан балакет.
Кан төк десе, жин төгөт,
Карышма жини момундай
Бөрк ал десе, баш кескен,
Кой жар десе, эр жарган,
Оюн сал десе, чыр салган.
Суу ич десе, уу ичкен,
Тулаңдуу жерди тутанткан.
Өзөндүн баарын өрттөгөн,
Өчөшкөнүн жайлаган,
Кагышкан тирүү калбаган.
Жыландай ачуу заары,
Кызыталак чочконун
Кылымга жеткен каары.
Балбандыгы башкача
Баатырлыгы бир канча.
Бул Күлчоро жолголбойт,
Күлчоро жоксон болбосо,
Канчоро иши оңолбойт.
Кыйраган чочко жоголбойт,
Күлчоро жоксон болмоюн
Канчоро иши оңолбойт.
Адамдан бөлөк ак бейил,
Албандыгы бар эле.
Алышканга чоң кыргын
Салгандыгы бар эле.
Кыргыз менен аргынга
Коргондугу бар эле.
Кылт койгонду жөн койбой,
Сойгондугу бар эле.
Каным белек берди – деп,
Каалаганын алсынчы.
Жедигердин Кыязга
Бир мактанып калсынчы.
Жолу каткан бул кулдун.
Айтканына көнөйүн,
Каалаганын берейин.
Айтканына көнбөсөк,
Каалаганын бербесек,
Таласты чалып, кырды ашар,
Кыргыз эмес кутурмам
Кылым журт менен чырдашар.
Шай колдогон шер эле.
Телегейи тең эле,
Эркек ашып, катын тууп,
Бул өңдүү чоро көкжалды
Жаратып бербес дегеле.
Айзакерден бу чоро
Ыктуулугу дагы чын,
Ааламды тийип буй кылган
Мыктуулугу дагы чын.
Көйкашка деп даңкы бар,
Ай-ааламдын баарысын
Титиретер каркыбар,
Чамынганы жолборстой,
Чалышкан аман болбостой,
Кабылганды кайсаган,
Жологонду жоготкон,
Кезиккенди кемирген,
Кылайган жери кем эмес,
Кара зоңкок сеңирден.
Өткүрлүгү бар эле,
Кара болот темирден» –
Деп, ошентип, Канчоро
Тумандап көзү байланып,
Күлчорону көргөндө
Алтымыш санаа, миң мүшкүл

www.bizdin.kg

Төбөсүнө айланып,
Кабырга сөөк сөгүлүп,
Алапай дартын табалбай,
Антаңдаган чиркиндин
Көңүлү сандап бөлүнүп,
Балаалуу мүшкүл, шум өлүм,
Башына жакын көрүнүп,
Ачылбай кабак бүркөлүп,
Эр Канчоро башына
Алтымыш мүшкүл бир келип,
Күңгүрөнүп толгонуп,
Ачык айтпай күңкүлдөп,
Ал ичинде ойлонуп,
Кечээ эл өөдөгө тартарда,
Ат кара тил мезгилде,
Канжайлоого конгондо,
Жан-жаныбар макулук
Көк кене канга толгондо,
Элден ушак кеп уктум.
Белдүү Кыяз жан достум,
Иттик кылган деп уктум.
Айчүрөк төрөп турганда,
Акылсыз Кыяз арсыз ит
Тоюна токсон союптур,
Анын тууган баласын
Атын Сейтек коюптур.
Журт чуркурап, эл чуулап,
Семетей уулу болуптур.
Аны да билип кул Кыяз
Сүйлөрүнө кеби бош,
Кайраты тайкы бели бош,
Катындан төмөн кутургур
Кара дөө менен Айчүрөк
Кашайган экөө күүлөнсө
Душманын аман коюптур.
Ошо тууган Сейтеги
Ай бөксөрүп күн өтүп,
Арадан нечен жыл өтүп,
Он алты жашка толуптур.
Каарланып какаңдап,
Жоо жоолар кези болуптур.
Жоо жоолачу себеби.
Өлгөн сайын өөчүгөн,
Өрттөнгүрдүн тукуму
Түгөнгөн сайын түтөгөн.
Түбүнөн арбып күчөгөн,
Түз болгурдун тукуму
Кокон бузуп, элди алган,
Кашкарды камап, жерди алган,
Кан ичменин тукуму.
Каар кылбай Кыяз койгонго
Эптүү энеси Айчүрөк
Шуркуя жардам болгонго,
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Желигип жүрүп жошулуп,
Жерге эптеп кошулуп.
Эр Кыяздын сан жылкы,
Сан жылкыга келген го,
Сандан кеткен кутургур
Күлчоросун көргөн го.
Жылкычы башы Карагул
Кыйратып кыргын кылган го,
Тозокту тоодой салган го,
Тобун бузуп карысын
Токтотпой кырып баарысын,
Кармашты катуу салган го.
Ушу каргыш тийген чоросун
Ажыратып алган го.
Амалдуу бетпак Айчүрөк
Ат бороюн сыдырып,
Кулак угуп, көз көргөн
Жердин баарын кыдырып,
Куу терисин кийген го,
Кукулдап учуп жүргөн го,
Аңжы-даңжы чоң какан
Күн чыгышты чалган го,
Эбеп-себеп дарыны
Андан жетип алган го.
Багдад, Мисир, Чоң-Меке

www.bizdin.kg

Күн батыштан чалган го,
Мындан дары алган го,
Ажалга пайда дарысын,
Дарысынын баарысын,
Кутурган жүрөк салган го.
Бу куйкаланган кулуңду,
Айыктырып алган го.
Мен Канчоро болгону,
Каран калган ордого
Каттап адам калбаган?
Бейкапар келип ар жандар
Элине кайра барбаган.
Желп этип жел тийбеген,
Суук кол душман кирбеген,
Каарын душман чачпаган,
Эшигин душман ачпаган,
Каран калган ордого
Бул Күлчоро келгени –
Амалдын чогуу кеткени,
Ажалдын бүгүн жеткени.
Бузулган экен биздин түш,
Ордомо душман оолуккан,
Кылымда барбы ушул иш?!
Акыл ийлеп, ой ойлоп.
Чородон чочуп, бой-бойлоп,
Айласы кетип Канчоро
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Жатык тил менен сөз баштап:
«Келиптирсиң Күлчоро,
Кан эшиги кыямат,
Эр өтүүгө эп керек.
Баш эшиги зом темир
Боо кирүүгө кеп керек.
Бул ордого жүрбөй кет,
Кыйыгыма тийбей кет!
Көрүнбөй жогол көзүмө,
Жолобой бат кет өзүмө,
Кечиксең кокус өлөсүң,
Кайра келбес чын жайды
Кайран кулум көрөсүң.
Уялбастан жутунуп,
Каарлуу кандын алдына
Не жолодуң кутуруп.
Мунарамдын түбүндө,
Кырк аркан бою орум бар.
Кезиксең тындым болорсуң
Көрсөң ушул сонун бар,
Так капканын оозунда
Алты миң мыктуу колум бар,
Айт десе дал-дал кылуучу,
Каш каксаң өлүм кылуучу,
Темирден каккан торум бар.
Каарым келип какайсам,
Кас кылсаң эчен сонун бар.
Керигим бар, билим бар,
Керишпей тууган тилимди ал,
Көп жаңжал салбай тилимди ал.
Чатактын жайы кан чыгат,
Кагыштын жайы жан чыгат,
Каалап тууган тилимди ал.
Жолборстон баккан үчүм бар,
Керт башымдын өзүндө
Токсон тайбас күчүм бар,
Тууганга айтар сырым бар.
Туйлаша кетсең Күлчором
Саа көргөзөр чырым бар.
Тууганым деп коройттум
Мынчалык айтар сырым бар.
Мен Канчоро кандырмын,
Көк өзөнгө чаңдырмын,
Балаанын кара көзүмүн,
Кабылганды кайсачу
Балакеттин өзүмүн.
Каарлансам калыгы,
Калбай такыр кырылат.
Таласта кыргыз көп аргын,
Ушунча журттун баарысы.
Үтүрөйүп үксөйсөм,
Чатактап жаңжал салабы,
Чартылдап каарым төгүлсө,

www.bizdin.kg

Чапчышкан аман калабы.
Ордого келип түшүп кет,
Эмчектеш элек башынан
Не кылайын байкушум,
Ордодон даам ичип кет.
Орто жолдон кайтып бар,
Канчоро каары мындай – деп,
Кабылган жоого айтып бар.
Ороңдосом орормун,
Катуу жиним кармаса,
Ай-ааламды сорормун.
Жадаалы жаман баатырмын,
Алтын так минип жатырмын.
Жана жиним кармаса,
Жакындан жуткан капырмын.
Тагыма көзүң салбай кет,
Безилдеген Күлчоро,
Бээ саамыңдан калбай кет.
Көрүнбөй жогол көзүмө,
Көп жолобо өзүмө.
Канчоронун кандыгын,
Каалап тиктеп билип кет,
Керектүү тонуң кийип кет.
Көп кечикпей шарт кеткин,
Каарым келет кокустан
Жадаалым кармайт окустан.
Бышылдабай бат кеткин.
Жакасы алтын, жеңи жез
Кош бадана торгой көз,
Табылгы жакса чок өтпөс,
Очогор атса ок өтпөс,
Жоо жолукса кол өтпөс,
Каалаганың Аколпок
Белекке бердим кие кет,
Түбүбүз бирге экен деп,
Бу кадырын биле кет!
Тайгылсаң жолдон тарта бар,
Дардайган Кыяз доңузга
Менин каарым айта бар.
Каалаганың Аккелте
Канымдан калган буюм – деп,
Кажагайлап турасың,
Белекке бердим мен аны.
Моюнуңа иле кет,
Канчоронун кандыгын
Мындан кийин биле кет!
Деп, ошентип, Канчоро
Каарланып калдаңдап,
Көп мактанып дардаңдап,
Көмүлгүр айтып турганы,
Жаңы эрке катын Чачыкей
Чорого каарды кылганы.
Чачыкей чыкты чамынып,
Күлчоро тилдеп камынып,
Каарланып булкунуп,
Каарын төгүп силкинип,
Эрке катын күүлөнүп.
Канчоро менен Күлчоро
Экөөнө катар сүйлөнүп,
Көчүгү кучак катыныҥ,
Ар качандан бир качан
Көп жаңжал салган капырың.
Кыргынды чоро салыптыр.
Эрке катын долуну
Канчоро чочко алыптыр.
Куп жетилип калгансып,
Кудайсынып алыптыр,
Каарлуу тилди капырың,
Капчыгайдын желиндей,
Какшата согот капырың,
Күндө кетет акылың.
Артык тилдүү кара жаак,
Азынап чыккан капырың.
Күркүрөдү күүлөндү,
Күлчорого сүйлөндү:
«Арам аргын какшаалдын
Арсыздыгын карачы!
Атадан жетим бир болгон
Тентиген кытай баласы.
Теги бузук, түбү арам,

www.bizdin.kg

Кыялы тентек бутбарач*
Бул арамды карачы!
Жел боосу жерге жетпеген,
Бешиги төргө өтпөгөн,
Эненин ак эмчеги ийбеген,
Атанын айдай бети тийбеген,
Көз ача элек чагында
Олжо болуп жайланган,
Канжыгага байланган,
Семетейге кул болгон,
Денекул болгон жамансың,
Түп атаң кытай Чылаба
Бакма кул болгон арамсың!
Өлбөй-житпей жүрбөгөн,
Өз, арка кайсы билбеген.
Өлбөй тирүү жүргөндө,
Кой териси кул элең,
Өлүп калган кезиңде,
Ит териси уул элең.
Белсенип белиң буушкан,
Сен канкоруң менен туушкан,
Качан Манас уулу элең!
Ат элең жүгөн катынган,
Кул элең үйдө чарпылган.
Кутургурдун кебин көр,
Шумдук жаңжал кепти айтып,
Кыжырлуу кептен кыласың,
Кыжырга тийип турасың,
Каалаганың Аккелте
Кечээ өткөн күзүндө,
Алайдын аркы түзүнөн,
Анжияндын ар жагы,
Намангендин бер жагы,
Кокон кандын колтугу,
Айдай сары талаадан
Алтымыш орус жер ченчи,
Алыстан чыга келгенде,
Каарлуу каңкор Канчоро
Кагышты салып шарактап,
Орустан алган карактап» –
Күлчоронун кыйыны:
«Кутурган какшаал бу не дейт,
Кай жерде канкор буюму?
Дегениңе көнбөймүн,
Аккелтени бербеймин.
Береги кийгин деген Аколпок,
Тууган чоро кеп уксун,
Бир караңгы түн уксун,
Казылган кара көр угуп,
Асты катуу жер угуп,
Аркайган Ала-Тоо уксун,
Агындуу толкун суу уксун,
Андан бөлөк ким уксун!
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Жер экен деп олтурам,
Жерге кирген Канчоро,
Мен сени эр экен деп отургам!
Эселек сендей айбанды
Эр деп айткан оңобу,
Эрен сендей болобу?
Ургаачынын узу элем,
Букардын каны Шаатемир
Шаатемир эрке кызы элем.
Кечээ Букарга бузук салганда,
Тартуу кылып эл берип,
Мен шордууну алганда,
Күндүзүмдө тынч албай,
Түндө тынып уйку албай,
Бурчуна болот мататкан.
Булкушканды жадаткан,
Арттап болот солоткон,
Алышса жанды жоготкон,
Кемпир бычып ус тиккен,
Келишимдүү уз тиккен.
Жылма кайып бүктүргөн,
Иштиктүү кызга тиктирген.
Шибегелүү кайыткан,
Тиктегенди жөн эле
Адамдын көзү тайыган.
Ичин жибек иштеген,

www.bizdin.kg

Чачыкей долу тиштеген.
Жакасы болот, жеңи алтын,
Жакшы буюм Аколпок.
Өзүм кындап жасаган,
Кул сөзүнө көнбөймүн.
Кудурет токсон урса да
Аколпогум бербеймин!
Көңүлүмдө дит элең,
Көз ачалек чагында,
Өзүң баккан ит элең,
Кул десе кулдун кулу элең,
Алмамбет кытай уулу элең.
Өрттөнгүрдүн өзү элең,
Адыр-күдүр аска таш
Аска таш асты кер болбойт,
Атасыз душман эл болбойт,
Көңүлү бөлөк көктөлбөйт,
Көй душман какшаал эптебейт.
Тели куш үндөп куш болбойт,
Тентиген какшаал журт болбойт,
Кулаалы үндөп куш болбойт,
Бу кутурган куу кул журт болбойт.
Тели куш учат жерине,
Бу тентиген кетет тейине,
Кулаалы учат жерине,
Бу кутургур кетет тейине,
Эшек бактым тогуз жыл
Буудан болбойт турбайбы.
Жердиги бөлөк, ичи арам
Тууган болбойт турбайбы!
Уу ачытар күбүнө,
Аман болсо Күлчоро
Кез келсе жетер түбүнө
Арам ашкан пейли бар,
Ачылбай турган кеги бар,
Бел байлаган бели бар,
Бекип аткан жери бар,
Көзүндө чагыр чаары бар,
Тилинде бөлөк заары бар,
Мунун ичинде арам чаары бар.

Тууганым десең Күлчоро
Кабаттап казар оруңду,
Как башыңа көргөзөр
Олжолоп чечип тонуңду.
Жалынсаң укпай кебиңди,
Жадалдуу бүктөр белиңди,
Суутар минтип деминди.
Эр Канчоро кантейин,
Эрдигиң бар, эсиң жок,
Эчтеме менен ишиң жок!
Болжолу жок Күлчоро
Бодурлуу түмөк чаңы бар,
Болбогон чатак жаны бар.
Мойнуңузда болбогур
Көкжалынын каны бар.
Касташсаң тууган кыларбы,
Кан төкпөй карап турарбы,
Өпкө жарып, өт алар,
Кыяны бузуп, көч алар,
Кыйлаңды кырып өч алар!
Телегей жини кармаса,
Тел кулунуң сойбойбу,
Теңизин кырып койбойбу,
Айылын айдап буу салып,
Ашкере саа чуу салып,
Кымбатың союп жебейби,
Кылыгын буруп эртең күн
Кырылышам дебейби.
Телегейиң жебейби,
Семирип сергип алганда
Каадаңды бузам дебейби!
Чоң жаңжал салчу жери бар,
Кутурган кулдун кеги бар,
Бөтөнчө айткан кеби бар.
Айлаңды эптеп табууга,
Ашкере журтуң чогууга,
Кабарга келген чени бар,
Капыр кулдун кеги бар,
Бурулуп турган сөзү бар,
Мунун бузулуп кетчү көзү бар

www.bizdin.kg

Чалгындаган кеби бар,
Чалышып кетчү жери бар,
Өзү жазы жаак, жалпак тил
Жадасы мындай ойлоп жүр.
Сага тууган болом – деп,
Келип айыл конбойбу,
Керилген мырзаң сойбойбу,
Булага талаан салбайбы,
Мурунку кегин албайбы,
Жаңжалдашсак кокустан,
Бет алышса окустан,
Тууганым деген шум чороң,
Жоботуп кармап албайбы,
Жоболуу чатак, артык чыр
Улуу дууга салбайбы.
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга салбайбы!
Кыйындап сурап жашыңды,
Кылычтап кесер башыңды.
Бычактап тилер сооруңду,
Кош колдоп эзип бооруңду,
Жалынсаң укпай сөзүңдү,
Жадыгөй митаам кутургур.
Тирүүлөй чукуур көзүңдү,
Каарланып катылса
Жалынсаң укпас сөзүңдү!
Айлын таап сын кылдың,
Деги акылың жок экен,
Жедигер журтка чыр кылдың.
Көк темирдей куралып,
Каңгыган жанды кан кылдың.
Канкор көкжал төрөнү
Өз колуң менен жай кылдың,
Мыктууңду журтка көндүрдүң.
Арбын дүйнө, сансыз мүлк
Жедигерге бөлдүрдүң,
Кара бет эне долуну
Музоолорго кердирдиң.
Аташкан зайыбың Акбала
Оймоктуунун узу эле,
Жамгырчы кандын кызы эле,
Белгилүү жерден дайын эле,
Кутурган кулдун зайыбы эле.
Кул кутанга талаттың.
Баба Бакай карыны
Бар тозогун арттырып,
Балбандарга тарттырып,
Белин бүктөп кар кылып,
Көк тулпар минбес кургурду
Көк торпокко зар кылып,
Кузгундай көзүн кызартып,
Куу сакалын чубалттың.
Менде көрбөс кар кылып,
Ак ордо күтпөс Бакайды
Алачыкка зар кылдың,
Өлбөстөн мурун кордодуң.
Каарды катуу билгизип,
Тирилей өрттөп күйгүзүп,
Типтирүү көргө киргиздиң,
Айзаңды камдап аштадың,
Атышты мыктап баштадың.
Эр Күлчоро төрөсүн,
Эбин тапкын кыраанын,
Эңтере серпип таштадың.
Жетиктерин кул кылдың,
Кесирлерин тул кылдың,
Жергесин кыйдың талдардын,
Жетим кылдың балдарын,
Ордолуусун көчүрдүң,
Ойрондорун кандарын,
Бу жалгандан кетирдиң,
Капчалын бузуп жол салдың,
Калыгын кырып, олжо алдың,
Кан агызып катыктың,
Байбиче кылып мени алып,
Эр Канчоро атыктың,
Кыяны чаап жол кылдың,
Кызырлуу башың чоң кылдың,
Туландуу жерге туу коюп,
Өлөңдүү жерге өрт койдуң,

www.bizdin.kg

Олуязаада жан болдуң.
Таластан аргын кыргызга,
Алтын так минген кан болдуң,
Ордо күтүп, жерди алдың,
Олжо кылып мени алдың,
Эрдигиң калып, эсиң жок,
Аңкоо экенсиң Канчоро
Атактуу жаңжал бузукту,
Айтканына не көндүң,
Аколпок менен Аккелте,
Кутургурга не бердиң,
Мал аяган каралуу,
Жоо аяган жаралуу.
Алыш тартып баштабай,
Адам сендей болобу,
Адам деп айткан оңобу,
Тыйпыл союп какшаалды,
Тындым кылып таштабай
Капырыңдын кеги бар,
Каралды кылган жери бар.
Жан достуң Кыяз биргеңди,
Тындырып келген чени бар,
Кайраты бар, курчу бар,
Кагыша турган сырты бар,
Көрсөң чоро шумдуктун
Көк кенедей толуптур,
Барлык жери кыйшайбайт,
Баштакыдай болуптур.
Чамынышы жолборстой,
Чалышкан аман болбостой,
Ар сүйлөп сөзүн которсо
Арстандай чамынат.
Каарланып какайса,
Кабыландай камынат.
Кастажал келди Канчоро,
Кантип айлаң табылат.
Сыягы бөлөк заары күч,
Адамдыгы бар эле,
Кабылса жанды кайсаган,
Камандыгы бар эле.
Өзү душман зилинде
Тасырыңды талкалап,
Ташыңды казар зилинде.
Кыжырланса бу кулуң
Кылычын канга сугарар.
Кыйшыгын кымбат чыгарып,
Каардуу сүрөр чачыңды,
Калтырбай кесер башыңды,
Түзүнөн сурар жашыңды,
Туугандык көрбөй кебиңди,
Тушукса бүктөйт белиңди,
Чыгарар көпкөн желиңди,
Өчүрөр эчен демиңди,
Жадаалдуу жини кармаса,
Жактырбай отуң өчүрөр,
Бу дүйнөдөн кетирер.
Кыяңды мунар чаң кылып,
Кыйырыңды тепсеп дан кылып,
Алпыңды союп аңтарып,
Аз дүйнөңдөн каңтарып,
Милтесин кызыл чок кылар,
Кыйлаңды минтип жок кылар!
Желдетиңе, сакчыңа,
Эшигиңди бакчуңа,
Кылыч алган белиңе,
Эшик тозгон шериңе,
Аскер башчы жаныңа,
Өзүңө жан дос каныңа,
Кабар берип кат учур
Каралды жакын каныңа,
Калайыкка калкыңа,
Албан түрлүү алпыңа,
Көктөн жылкы бозуңа,
Үмөтөй уулу Билерик
Кабар бер ошол достуңа,
Улугуңа, алпыңа,
Кат учургун калкыңа,
Кулжуңдаган куу кулду,
Жибербе тирүү бу шумду.
Баатыр болсоң, шер болсоң,

www.bizdin.kg

Канчоро көкжал сен болсоң,
Эл башкарып, журт күткөн,
Эң чоң төрө сен болсоң,
Үстүнө торко жаптырган,
Көлөкө жерге бактырган,
Кан канышы Чачыкей
Эрке долу мен болсом,
Кабарым ушул, кеп ушул –
Катын какшап муну айтып,
Как ушундай деди ошол.
Жаңжал артык кеп баштап,
Күлчоро кордоп жеп таштап,
Балбандарын бастың – деп,
Басып жерге жанчкын – деп,
Кабыргасын сөк – деди,
Калтырбай канын төк – деди,
Жадалын салып көр – деди,
Ата, жаның чыккан чоң катын,
Жазасын колго бер – деди,
Бир эсебин тапкыла,
Капкайдан жинин каккыла,
Качырып кайра салгыла,
Канга бөлөп калгыла,
Жылма эсебин тапкыла,
Карысын жерге каккыла,
Чыкты катын күүлөнүп,
Канчорого сүйлөнүп,
Кашатка түшүп Таласка
Желбегендей кылгыла,
Кайрылып Кеңи-Кол, Чаткалга
Келбегендей кылгыла!
Алтын мамык, күмүш так
Кудурет берген үлкөн бак.
Канчоро эрим, тилим так,
Жыргап жаткан ушул чак.
Кашатка салып чорону
Азоо тайдай үйрөткүн,
Жазасын берип колуна
Көк азоодой сүйрөткүн!
Этин ташка бүлдүрүп,
Капталын жарып сындырып,
Кашайтып жанын тындырып,
Мүшкүлдү арбын салгыла,
Жошолоп башын жаргыла,
Далысын кесип алгыла,
Кырк аркан бою зындан-ор,
Алып барып салгыла,
Желкеден жерге баскыла,
Жер алдына каткыла,
Оңбос ишти оңолтуп,
Ордодон көзүн жоготуп,
Каарын төгүп койгула,
Кан төгөр жайы ушундай
Калтырбай кулду сойгула,
Эсебин эптеп тапкыла,
Жер тегирмен топ алды,
Жоголтуп кулду жапкыла,
Бу Күлчоро барында
Бу Талас сизге жер болбойт,
Бу кыргыз сизге эл болбойт,
Тигилүү чынар бак болбойт,
Бу ордо сизге так болбойт,
Өрттөнгүрдүн өзү эле.
Өлгүрдүн кара көзү эле,
Адамга алтын туу болгон,
Алышкан кери чуу болгон,
Желигип жини кармаса,
Жер жүзгө чатак салуучу,
Кабарып жини кармаса,
Кандарга кыргын салуучу,
Чын бейил чоро чочкодон
О ботом, чымын жан кайдан калуучу.
Семирип сергип бу чоро,
Таласка айыл конбойбу?
Ажыдаарча лоп тартып,
Ай-ааламды сорбойбу?
Каныңды кармап утпайбы,
Карангын, каным, оңбой кал,
Калтырбай сени жутпайбы?
Тобуңа топо бастырар

www.bizdin.kg

Толкушун жандан ашырар,
Күүсүнө келсе бу какшаал
Күдөрүнө катылар.
Ойлонуп көрөр түрүндү,
Оолугуп кагар жиниңди,
Беттеп көрөр түрүндү,
Мээнетиң кагар жиниңди.
Тартып алар кишиңди,
Талаанга салар ишиңди.
Талкалап кагар оозуңду,
Тазалап кагар тишиңди.
Эрмек кылар элиңди,
Эчен жол бүктөөр белиңди.
Кылт этип укпай сөзүңдү,
Чыгара чабаар көзүңдү,
Басташса байлайт дөөңдү,
Олжолоп соёт бээңди.
Жан тууган ээ болду – деп,
Жантактап кебиң баштасаң,
Чыгара муштайт мээңди.
Чын кууратат ушинтип,
Капкайдагы кээңди.
Толкуганда кутургур,
Тобуңа тозок салбайбы,
Токтолбой кегин албайбы,
Тоодоюмду томкоруп,
Тополоң чууну салбайбы.
Атышын арбын чачпайбы,
Ак ордо ээлеп баспайбы,
Бел байлаган белиңди,
Бек талкан кылат элиңди.
Арстан болсоң, шер болсоң,
Аташкан байым сен болсоң,
Угуп тур, каным, сөзүмдү,
Түбүндө Күлчоро чукуйт көзүңдү!
Эр Сейтек кууйт артыңды,
Каныкей, Чүрөк бар болсо,
Чыгарат сенин дартыңды.
Алтын так минсе көбөңдү,
Бакай каңдайт төбөңдү.
Күлчоро кыят жаныңды,
Эр Сейтек чачат каныңды,
Айбанга чалыш Канчоро,
Эрдигиң бар, эсиң жок,
Эчтеме менен ишиң жок,
Ааламдан акмак жаралган,
Сен өңдөнгөн киши жок.
Таш ыргытар оруңа,
Айза салар бооруңа,
Укурук салар бууданың
Ушинтип туруп ок атар
Бу Күлчоро тууганың,
Тууганың эмес, душманың,
Өзүңдө калар бушманың,
Акмак сөздөн иштерсиң,
Артың жаңжал болгон соң,
Ай, катын тилин албай – деп,
Баатырсынган Канчоро
Бармагыңды тиштээрсиң!
Азапты сурап аларсың,
Артың жаңжал дүмөккө,
Көп талоон болуп Чүрөккө
Көп жолугуп дүмөккө.
Башыңды чайкап каларсың,
Улуу дүмөк, чоң жаңжал
Өзүң каалап аларсың.
Өзүм деп көрсөң бу кулду,
Окшош каным эселек,
Кудайыңа барарсың,
Тууган кылсаң сен муну,
Турбастан ишке жүгүрөр,
Тутанып ишиң бүлүнөр,
Семиргиче булжугуй,
Кутурар да, жорголор,
Серпише кетип бир күнү,
Мойнуңан каныңшорголор.
Жакшылыгың күч болор,
Башыңа бала иш болор!
Кыялын бузуп кырданар,
Каарланып өң буруп,

www.bizdin.kg

Кан ичем деп сурданар,
Жаңжал башка жабылар,
Жан бирге курдаш кантээр – деп,
Жан чыгарда Канчоро
Курдаш ай, деп жалынар!
Асыл каның күл болуп,
Жакшылыгың түн болуп,
Тагыңа жапаа жин толуп,
Күйүтү дүмөк күн болуп,
Жазайыл атып, жаа тартып,
Тартып алар огуңду,
Кетирет кайра тобуңду,
Тартып минер тагыңды.
Талкалап кесер багыңды,
Айылыңа салар кызыкты,
Ашкере баштайт бузукту.
Кыйкырганда өкүрүп,
Кылычты колго алыңыз.
Кыйшаңы бөлөк арамды
Тындым кылып салыңыз!
Бар айткан сөздү билиңиз,
Башын кесип бу кулдун,
Бир мамынын башына
Салбыратып илиңиз!
Тууралап колуң жабылсын,
Күлчоро башы чабылсын,
Жетим Сейтек басылсын,
Катын-бала, калган мал
Кайра баштан чачылсын!
Тууган көрүп асылып,
Душман каны чачылып,
Кыйшыктын иши куласын
Бу кызыталак ордоңо
Бейли бузук, ичи арам,
Беттеп душман турбасын.
Кароолчуга айт, сакчыга айт!
Бу кулду кармап союуга.
Өөдө кылчу жакшыга айт,
Өпкө чапчу бакшыга айт,
Балбаныңа айт, шериңе айт,
Баатырларга айт, эриңе айт!
Кан айтканда жабылган,
Адамдын мурду-кулагын
Тумар кылып тагынган,
Ичсе канга тойбогон,
Кармашса жанды койбогон,
Суу ич десе, уу ичкен,
Жан суз десе, кан сузган
Бука моюн, буура сан
Булкушса жанды куураткан,
Орой балбан желдетке айт,
Туу түбүнө турчуга айт!
Кандан кабар келгенде
Токтолбой айза сунчуга айт,
Жазбай аткан мергенге айт,
Катылганды жок кылып,
Жазасын колго бергенге айт,
Каарланып буйрук кыл,
Кутурган кулдун башына
Акыр-такыр шумдук кыл!
Басып балбан каптаса,
Башы кетсин быркырап,
Бул бадырек бузуктун
Жаны кетсин чыркырап,
Айзаларын аштасын,
Алышты кенен баштасын,
Кыйратып мындай шумдукту
Жер алдына жанчтасын!
Бакылдайсың жөнү жок,
Бука көөдөн, тарс кыял
Эрен сендей болобу?
Эр эмессиң, жердирсиң
Эрдигиң калың, эсиң жок,
Эң акылдан кемдирсиң.
Кечээ айчык алтын туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Кадырман качып кан өлүп,
Кагышкан жандын баары өлүп,
Жер дүркүрөп, эл чуулап,
Катуу жаңжал болгондо,

www.bizdin.kg

Канкорду Кыяз сойгондо
Жабыкчуусу сен элең.
Кыяз менен дос болгон,
Сенин кыжырың кайнап козголгон,
Кыйланы билген эр элең.
Жадалдуу бүлүк, көп жаңжал,
Жан үчүн каалап баштадың,
Бу кутуруп өлгөн чорону
Эмне үчүн тирүү таштадың?
Чыр баштады көбүңө,
Өлтүрбөсөң өч алып,
Акыры жетер түбүңө!
Балбаныңды, шериңди,
Бек кармагын жайла – деп,
Кутурган кулду байла – деп,
Эрке катын Чачыкей
Ордодон турду күүлөнүп,
Канчорого сүйлөнүп,
Балбандарды бакырып,
Канчоросун чакырып,
Эрке долу шуркуя
Эсепсиз жаңжал иш кылып,
Канчорого күч кылып,
Ашыккан экен жаңжалы,
Каптаса сакчы балбаны,
Балбан каптап келгиче,
Канышы буйрук бергиче,
Калк жыйылып келгиче,
Себилдүү тону сексен төрт,
Серп алганы кызыл өрт,
Кайраты катуу, заары күч,
Пендеден чыккан балакет,
Шай колдогон Күлчоро
Кабыландай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Кан ичмеси бек кармап,
Карсылдата тиш чайнап,
Эрдик уштап жин кайнап,
Кан ичмеси кармады.
Туталанса бу көкжал
Кылымга кыргын салуучу,
Катын түгүл, кайран эр
Каканга дүрбөң салуучу,
Баатырлыгы башкача –
Баатырлык жайын айталы,
Типтик турган муруту
Букарлыктын шабындай,
Оозунан чыккан илеби,
Көөрүктүү оттун жалындай.
Чагылгандай чартылдап,
Алгыр кара барчындай
Ачуусу келип жаркылдап,
Көңүл муздап ич күйүп,
Жаңжал жаман баштады.
Чыкса киргис кайран жан
Кыраанды көрсөң ушундай,
Кылга байлап таштады.
Кул десең кулдун өзүмүн,
Курган абам көкжалдын
Караган кара көзүмүн!
Жет-Кайтты буздум, жол салдым.
Жер жүзүнө чыр салып,
Кан шимирип катыгып,
Кабылан чоро атыгып,
Өлөрүмдү билипмин,
Эрке катын, шермендем,
Сени күйүп жүрүпмүн.
Куп ордодо сен элең,
Кумдактай жетим мен элем.
Жетим кезде көргөнсүң,
Эмчек сүтүң бербесең,
Элик сүтүн бергенсиң.
Кеп кызыгын салгансың,
Эсилим абам барында
Энемдей болуп калгансың.
Сураса бербес сан жылкың
Суук укурук саламын,
Жалынса бербес алтын так,
Жалынбай тартып аламын,
Караңгы эмес, түн болгун,

www.bizdin.kg

Эриң экөөң бир болгун,
Канча жин салдың түрүмө,
Кайгы кылдың жиниме,
Азган кытай уулу – деп,
Кир көргөздүң түбүмө.
Каарым келип какаям,
Бүгүн катылбай койбойм бириңе!
Тууган элек болбодуң,
Душман көрүп өзүмдү
Кол жабылтып койгонуң,
Каарың төгүп күркүрөп,
Катын бузук оңбодуң.
Жиним келди өлөрсүң,
Кетсе келбес чын жайды,
Бүгүн кесирлүү катын көрөсүң!
Каарланып чамынсам,
Калбай бүгүн өлөрсүң.
Бет алып көрдүм түрүндү,
Бейжай долу шуркуя,
Не келтирдиң жинимди?
Так бер дедим кимиңди?
Кагайымбы калтырбай,
Капкайдагы жиниңди?
Тууган дедим болбойсуң,
Туталанып оңбойсуң,
Эчен сөз салып жүрөсүң,
Энемдей көрүп мен турсам,
Кыйыкка неге тиесиң,
Ар качандан бир качан
Аңылдап сүйлөп аласың.
Душман кылып атуумун
Азапка мени саласың,
Күркүрөйсүң күүлөндүң,
Ажылдап артык сүйлөндүң.
Ашкере душман өзүсүң,
Жаңжалдын кара көзүсүң.
Жадаал салып чыңырган
Жаагы жок бээжай өзүсүң.
Эркелетип эр абам
Кардың ачса май берип,
Суусунуңа чай берип,
Элкиндеп угуп сөзүндү,
Эркелетип өзүндү,
Мойнуңа шуру тактырып,
Жонуңа кымкап жаптырып,
Күн аптабы тиер – деп,
Көлөкө жайга бактырып,
Бакмакчыга сактатып,
Байбичеге мактатып.
Таэже көрүп өзүндү,
Береке угуп сөзүндү?
Келишкен келин сөзүндү,
Энедей көргөн өзүндү,
Тилиңди ача шок кылдың
Канчороңду тукуруп,
Каңкоруңду жок кылдың.
Уу чыладың күбүнө,
Ушинтип жеттиң түбүнө!
Алтымыш зергер казына
Канчорого карматтың,
Алтымыш калча Бөлөкбай,
Казына ээси Дөөтүнү
Канчорого жайлаттың.
Жобо салып башыма
Жонуман кайыш тилдирдиң,
Суук боор кирбес ордого
Канчорону киргиздиң,
Кыргызды чайкап эл кылдың,
Билгениңди эр кылдың.
Артыкча бузук чоң жаңжал,
Билсең катын, сен кылдың.
Кыжырланган капырсың,
Кыялың мастан капырсың!
Түгөттүң түптүз күлкүмдү,
Түз кылдың эчен мүлкүмдү,
Өлөң чөп кылдың кебимди,
Ойрондодуң элимди.
Оңбогон долу оңбойсуң,
Тентип келсең күпүлдөп,
Кайратыңды койбойсуң.

www.bizdin.kg

Барчага ээ болчудай,
Бар дүйнөнү сорчудай,
Каарлансаң какаңдап,
Канчанын баарын кырчудай.
Караргандан түнөрүп,
Какылдап сүйлөп күүлөнүп,
Калыптырсың сүйлөнүп,
Ардактуу атаң Шаатемир
Сенин Шаатемир атаң өлүппү?
Калк чуркурап журт чуулап,
Сенин атаңды бирөө көөмппү?!
Тууганым деп кек кылбай,
Кулуң келсе жалынып,
Кутурасың чамынып,
Бачаң келсе түрлөнүп,
Мадериң кыргын болгондой
Калыптырсың күүлөнүп,
Буздуң мурда түрүмдү,
Келтеден келбес жинимди,
Кеп кылбай буздуң түрүмдү,
Кашайттың кашык канымды,
Кайнаттың мынча жанымды!
Кыйкыргандан чамынып,
Кыйырлуу сөзгө не жүрдүң,
Кыйлаң кыргын болуппу?
Кыжырыма не тийдиң,
Катынсың го күүлөндүң,
Жайыңа койсом сен катын,
Жеп салчудай күүлөндүң,
Каарың салып бакырдың,
Эриңден мурун сен катын,
Желдеттериң чакырдың,
Тилиңди булгап кын кылдың,
Кыйкырык салып чыр кылдың,
Какандын качкын уулу – деп,
Канкордун дене кулу – деп,
Канымды бөлүп кетесиң,
Какшагандан чаңырып,
Түбүмө минтип жетесиң,
Какандан келген качкындын
Уулу экеним дагы чын.
Калк оодарып журт болгон
Шум экеним дагы чын.
Белестүү Талас, чоң Чаткал
Бел экенмин дагы чын.
Кабылса жанды кайсачу
Шер экеним дагы чын.
Өзөндү тепсеп чаң кылган?
Өчөшүнө тийгенде
Өз атасын жай кылган,
Туурага найза боолашкан,
Сен өңдүү тутантып жанды күйгүзсө,
Тууган менен жоолашкан,
Как жаңжалдын өзүмүн,
Бузуктун кара көзүмүн!
Тууганга алтын туудурмун,
Душманга жаңжал чуудурмун!
Каарым келсе какайган
Каарлуунун өзүмүн,
Мен да жаңжалдын кара көзүмүн!
Өрүшүн бузуп май кылдым,
Каалаганың эр Кыяз
Башын кесип жай кылдым.
Каарым келип какайып,
Жети-Өзөндө жедигер
Жердеген алдым көчүмдү,
Жетип алдым өчүмдү,
Жаккан отун өчүрүп,
Жалпы баарын көчүрдүм,
Туусун жыгып чуу салдым,
Туура Кыяз канды алдым,
Канын союп калтырбай,
Бегине бейпай салгамын,
Бек тороп өчүм алгамын.
Тууган деп келсе өзүңө
Душманча мойнуң бурасың,
Келген сайын ажылдап,
Балтырым каап бурасың.
Эсирипсиң барасың,
Эриң экөөң бир болгун» –

www.bizdin.kg

Деп, ошентип Күлчоро
Артык жини кармады,
Такта жаткан долуну
Качырып жетип барды эле,
Артык заардуу капырды
Шамдагайы болжолсуз,
Арстандын шер чоро
Кара чачтан алды эле,
Коломтодо таш тулга
Таш тулгага катынды
Көтөрүп келип салды эле,
Шай колдогон чоронун
Шер экени көрүндү,
Таамайлап чапса ал катын
Ортодон эки бөлүндү.
Уңгусу – болот, учу – курч
Учуна тарткан кара курч
Мизи карыш каржайган,
Чапкан жерде кан жайган.
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтеген жандар мүрт кеткен,
Төбөсү чокмор муштумдай,
Уңгусу болот ушундай,
Шилтесе мизи кызарган
Тийген жери тим калбай,
Кабылдап чирип кетсин – деп,
Кабылгандын ажалы
Калбай чогуу жетсин – деп,
Төкөр уста Бөлөкбай
Ажыдаардын уусуна
Алтымыш кайра сугарган,
Мизин эгеп чыгарган.
Бадыраң мизи болот – деп,
Ашагандан машаган,
Асыл уста Бөлөкбай
Дөөтү экөөлөп жасаган.
Айкөлдөн калган Айбалта
Ала коюп имерип,
Аңылдаган катындын
Башын кесип жиберип,
Ичине колун салды эле,
Ич жүрөктүн кара кан
Кош колдоп жутуп алды эле:
«Өчүм азыр канды – деп,
Өлгөнүм азыр тирилип,
Өчкөн отум тамды – деп», –
Күлчоро минтип тургуча
Күлчорого камынып,
Канчоро кайрат кылгыча,
Каарын катуу салгыча,
Желдетинен жел дүрбөп,
Жетип курчап калгыча
Журт чуркурап эл дүрбөп,
Курмандыкка чалгыча,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Акун кызы Айчүрөк
Ажал жетсе өлүүгө,
Каралдуу тоодой Күлчоро
Каралды болуп берүүгө,
Беризада бейбактын
Көңүлү көпкө бөлүнүп,
Көздүн жашы төгүлүп,
Кайнап ичи чок болуп,
Караны кийсе жаңжалга
Кантип турсун токтолуп,
Билектей чачы суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Эки эмчек ылдый куюлуп,
Чатак болсо окустан,
Тагдыр жетсе өлүүгө,
Каралды кылган кайнисин
Кантип турсун чыдап ай,
Касабы калың, заары күч,
Кандуу моюн журт бузгуч,
Камбыл тууган Канчоро,
Карааны мындай эр эле.
Кыраан байкуш катылса,
Кыйыктуу жаңжал дүмөккө
Кокустан кайним чатылса,

www.bizdin.kg

Желдетин жети бөлүүгө
Каарлуу канын төгүүгө,
Ажыдаар түрлүү Канчоро
Калган буюм сан дүйнө,
Калганым сурап көрүүгө,
Айдай катын Чүрөктүн,
Адамдан бөлөк дүмөктүн,
Мелтиреген сымбаттын,
Беризаадай кымбаттын,
Каргышы ката кетпеген,
Каары куру кетпеген,
Ойрон катын Айчүрөк
Олоңдой болгон кайран чач,
Төбөгө кынап түйүптүр,
Ээликмелүү бейтаалай
Эркек кийимин кийиптир.
Чорого кароол болом – деп,
Эң кайраты билинип,
Эликтей чурап түйүлүп,
Сурайылдай керилип,
Сумсаңдай басып желигип,
Ак маралдай керилип,
Жан аябай желигип,
Каарлуу жинден баштаптыр,
Чын аманат курган жан
Кылга байлап таштаптыр.
Каарланып бөлүнүп,
Эр кайраты көрүнүп,
Көз тунарып, ич күйүп,
Көп чыркырап тим жүрүп,
Кайраттанса баш кетип,
Карагаттай көзүнөн
Кан аралаш жаш кетип,
Чын жаңжалды баштаптыр,
Чымырканып бу бейбак
Чымындай жанды таштаптыр,
Катуу кайрат баштаптыр,
Кайран жанды бу долу
Жөн эле кара жерге таштаптыр.
Каны качып тиш кайрап,
Жүрөк сыздап ич кайнап
Эби кетип күйүнүп,
Эр минген аттай түйүлүп
Көз тунарып кызарып,
Камчыдай бели буралып,
Канчорону көрмөккө
Кайниси көкжал чорого
Каралды болуп берүүгө,
Эбин тапса Канчоро
Кутургурду басууга,
Курутуп канын чачууга,
Билгени менен болууга,
Кашыктап канын соруугa,
Эр мүчөлүү Айчүрөк
Эң алдында бөлүнгөн,
Алардын арт жагынан
Узун чачтын мыктуусу,
Ургаачынын ыктуусу,
Кең көйнөктүн тазасы,
Жаралган зайып башаасы,
Карыган энең Каныкей
Бул ордого кирүүгө,
Канды төккөн Канчоро
Качанкы кегин алууга,
Эмчек сүтүн ак кылып,
Курмандыкка чалууга,
Асыл башты ноотууга
Канчоро канды жутууга,
Кечикпей башты чалууга.
Кеткен жаңжал көп мүшкүл,
Кеңитип кегин алууга.
Кегин алган себеби
Койбой кордук салыптыр,
Талпактай сабап кериптир.
Кысыр эмдүү музоого
Белинен байлап сүйрөтүп,
Жазасын минтип бериптир.
Картайган эт быркырап,
Кашыкчалык кан калбай,
Энекеңден ал калбай,

www.bizdin.kg

Карарган көзү кал болуп,
Тирүүлүк кылчу эки кул
Казыктай каткан шал болуп,
Көөдөндөрү киркиреп,
Дене бойдун баарысы
Токтоно албай зиркиреп,
Он эки сөөк устукан
Ойсуз куурап ырсылдап,
Он омуртка, сексен муун
Сары суу басып кырсылдап,
Бел ылдыйлап бекчейип,
Кабылган дене кажырап.
Калган экен байбиче
Дене бошоп кем болуп,
Кара жер менен тең болуп,
Калган экен бөкчөйүп,
Туткагы кармап жүгүрүп,
Канчоронун каарына
Өрттөнүп жанып күйүнүп,
Шай колдогон Күлчоро
Кымбат уулу барында
Кордук кылган Канчоро.
Кыңарактап кескилеп,
Кыйнап мүшкүл салууга,
Кылча койбой баланын
Кыйнап жанын алууга,
Дагдыр жетсе көрүүгө,
Баласы кыраан чорого
Караан болуп берүүгө,
Каныкей энең жүгүрүп,
Жаадай учуп сүйүнүп,
Канчоро кандын ордого
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Акыл ийлеп, ой ойлоп:
«Канчоро кармап сойсом – деп,
Канчык катын Чачыкей
Куурдак кылып тойсом – деп,
Өксөгөн мүшкүл көп кордук
Андан кийин койсом» – деп,
Өрттөй кайнап жүрөгү
Карган жан өлбөй жүрөбү,
Канчага жеткен эмеспи
Чачыкей бейбак дүмөгү,
Чымындай жандан түңүлүп,
Айчүрөктүн артынан
Каныкей келген жүгүрүп.
«Канчоро каардуу эл эле.
Кайран уулум Күлчоро
Көк жашык болгон неме эле.
Маңдайлашып турушса,
Айза сунуп балта уруп,
Былчылдашып урушса,
Зулпукор айза алышып,
Эт жүрөккө малышып,
Эсеби жок урушса,
Жаңжалды жаман башташса,
Чымынга катар керек жан
Кылга байлапташташса.
Кырышкан жаңжал башташса,
Кыя тартып суурганда,
Кызуусу болор кылычтын
Кызыл чие мушташса,
Залалы дүмөк уруштун.
Сааты тийсе кокустан,
Бул өңдөнгөн жумуштун.
Ордо күтүп, журт бийлеп,
Алтын так минип токтогон,
Азап-кордук түк көрбөй,
Жайытын кенен оттогон.
Беш колунан май кетпес,
Жилигине жаа өтпөс,
Кара ниет Канчоро
Кагышты катуу салар – деп,
Каралды кылган жалгызды
Кайсы түр менен алар – деп,
Кулдуктан жаңы оңолгон,
Куурап жүрүп зор болгон,
Далысы жаңы жетилген,
Ак болот эле арстаным

www.bizdin.kg

Алтымыш жерден кетилген.
Көк белес эле саз болгон,
Чын эрдиги аз болгон,
Түгөнгөн эле үрөндөн.
Азы калган үрөндөн,
Көбү кеткен балама,
Күрсүлдөгөн кутургур
Кокустан кордук салбасын,
Чачым куудай агында,
Сапарын тутар маалында,
Кайра тартпас чагында,
Чукулураак калганда,
Ажал жетпей өлөйүн,
Каргадай болгон балама,
Кармашып канын төгөйүн».
Азапты артык салууга,
Шай колдогон Күлчоро
Каарлуу чочко жанынан,
Ажыратып алууга,
Эрте айтканы кеч болуп,
Эки көзү төрт болуп,
Карсылдап тизе бүгүлүп,
Кайрат кылып жүгүрүп,
Кантип турат аянып,
Аташкан берген ач албарс
Ач албарсты таянып,
Армандуу болгон бул кемпир
Кантип турсун аянып,
Ажыдаардын дартынан,
Айчүрөктүн артынан
Ак байбиче Каныкей
Энеси келип калыптыр.
Каралды кылса карды ток,
Энеден башка Меке жок.
Энеси келип калыптыр,
Каралды кылган жанында
Мөмөсү келип калыптыр.
Энеси менен жеңесин,
Күлчоро көрдү мөмөсүн,
Байбичелер барганда
Жол тозгон сакчы карысы,
Кыйрап кете таштаптыр,
Кыйынынын баарысы.
Кыйындап сакчы качыптыр,
Кылычын кырга чачыптыр,
Өкүрөндөп дөмпөндөп,
Далай жан кайра качыптыр.
Эр кайратын укканда,
Кароолу качып кетиптир.
Элтең уруп көп сакчы
Жай-жайына жетиптир,
Өз дүйнөсүн чачыптыр,
Өрөпкүгөн балбандар
Жай-жайына качыптыр.
Баатырдын уулу келди – деп,
Күлчоронун көзү – деп,
Канкордун өз чунагы
Тоюна токсон союлуп,
Аты Сейтек коюлуп,
Асылдын өзү келди – деп,
Баабединге бат айтып,
Бүткүл балбан деп угуп,
Шай колдогон Күлчоро,
Эр Сейтек келди деп угуп,
Мурунтан уккан балбандар
Кудайга айтып кой союп,
Куптап чуулап тай союп,
Кызыкты кыйын баштаптыр.
Канчоронун капкасын
Кайтарбай ээн таштаптыр.
Кесир кылып өтүптүр,
Карс алдында капкачы,
Кан эшикке бакмачы,
Кароолдо турган эрени,
Кароолчусу берени,
Калбай качып кетиптир.
Калкы чуулап чыр кылып,
Канчоронун түбүнө
Эчен эбак жетиптир.
Каралды кылган балбаны,

www.bizdin.kg

Балбандардан айрылып,
Кызыталак доңуздун
Ааламга дүмөк баатырдын,
Азгырган дүмөк капырдын,
Жанынан жөкөр эл кетип,
Отурган болчу минетип.
Сакчысы качып, бел кетип,
Жанында кароол эл кетип,
Балбаны жок, каны жок,
Айт дегенде каптачу
Алгырлардын баары жок,
Бек айкырып, кыйкырса,
Белеси жок, бели жок,
Бекип аткан жери жок,
Каралды кылган каны жок,
Кайраттуу эрдин баары жок,
Катуу күйдү кайгырып,
Каралды кылып отурган
Катынынан айрылып,
Ордодо жалгыз калыптыр.
Эки зайып, Күлчоро
Эл бүлдүргөн бузукту,
Кыялы чатак башы азоо
Кылымды билген улукту,
Каары катуу ойронду,
Канча эрди сойгонду,
Темтеңдетип улуктун
Бермек болду жазасын,
Эр Канчоро улуктун.
Каныкей, Чүрөк күйүнүп,
Курган экен Канчоро
Кайран жандан түңүлүп,
Жүрөгүнөн кап кетип,
Билегинен сап кетип,
Кирпигинен жаш кетип,
Кылыгы тентек Канчоро
Канчородон ал кетип.
Жүрөк күйүп, ич кайнап,
Колго түшкөн бөрүдөй
Аландап эки көз жайнап.
Дене муздап зыркырап,
Бир аманат шордуу жан
Төбөдөн үркүп чыркырап.
Кармаш кылар жай таппай,
Чымындай жандан түңүлүп,
Чымындай жаны калган жок.
Үдеринен үн кетип,
Үкүдөй бир тал жүн кетип,
Үксөйгөн экен күйүнүп,
Ушинтип жандан түңүлүп.
Азат бою зыркырап,
Күлчоро менен Каныкей,
Айчүрөктү көргөндө,
Айласын таппай кургурдун,
Чымындай жаны чыркырап.
Тактан учуп кетти эле,
Кулап жерге жетти эле.
Башы жерге сайылып,
Кере сөөм, эки эли
Кетиптир башы жарылып.
Ант ургурду, ант уруп,
Жин ургурду, жин уруп,
Ак жылкынын чаңы уруп,
Атасы Манас даңкы уруп,
Семетейдин күчү уруп,
Каныкейдин сүтү уруп.
Калды чоро ант уруп.
Жин ургурду жин урду,
Ак мөмөнүн бүрү уруп,
Күндүзү кымыз түнү кыз
Күрдөөлдүү кыргыз күнү уруп,
Канчоро минтип турганда –
Каныкей менен Айчүрөк
Катар бирдей күүлөнүп,
Канчорого сүйлөнүп.
Акырын айтып, бек таштап,
Каныкей кирди кеп баштап:
«Кечээ менин уулум Семетей
Атадан жетим калганда,
Аркалап качып энеси,

www.bizdin.kg

Каракан качып барганда,
Жетим жүрүп жетилип,
Жергеге эптеп кошулуп,
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Көп жаңжалды салганда,
Арт жагын айтсам улуу дуу,
Алмамбеттен Күлчоро,
Эр Чубактан Канчоро,
Олжо кылып кырк чоро
Кечээ кырк чорону кырганда.
Кылганы үчүн кырганда,
Кыргын салып кыйлага,
Кылычка таккан желек – деп,
Кызыталак экөөңдү
Алып келди белек – деп.
Казы менен картаны,
Жара бөлүп жегизди,
Бир калың кыргыз, көп аргын,
Кайжерде балан дегизди.
Сайып тигип, бак кылды,
Салып жүрүп там кылды,
Кас душманын жай кылды.
Учу кырдуу чоң ордо –
Эгиз деп экөөң киргизди.
Укурук тийбес тулпарды
Эркелетип мингизди.
Жебегенди жегизип,
Бөлүнбөй тууган болом – деп,
Оңдур-солдур эки эмчек,
Сен экөөнө эмиздим.
Ээрчитип жүрүп эр кылып,
Эр уулу менен тең кылып,
Каалап багып экөөңдү,
Кара кулак шер кылды,
Телегейиң тең кылды.
Уялаш эки тууган – деп,
Алтайга минсе арыбас,
Туягы болот буудан – деп,
Ак тулпардай сылады,
Аягың өөдө улады,
Коюң бирге короолош,
Ашың бирге жоролош,
Тапкан мүлкүң жыйгандаш,
Кан абам менен курбалдаш,
Үйүрлүү марал Сары Өзөн
Энчиңе мынча жер алдың,
Жыргалдуу кыргыз элди алдың,
Барып тийдиң Ооганы.
Балдарым, колуң тийбеген,
Маргалаң кайдан соо калды,
Жетип алдың Ооганды
Жет-Кайт кайдан соо калды.
Чалгынды бирге чалыштың,
Өлүмгө бирге барышып,
Кан болуп журтка баргансың.
Калмышыңда сен өзүң
Казанга сийип салгансың.
Кара тажаал өзүсүң,
Журт бүлдүрүп, эл бузган,
Бузукунун көзүсүң.
Куйкаланып өрттөнгөн,
Бузуктун мындай көзүсүң.
Кечээ бала кез көзүм көргөндө,
Мен саа сол эмчегим бергенде,
Мен бейбактан жан чыккан,
Эмчегим соруп турганда,
Сол эмчектен кан чыккан.
Дене боюм муздаган,
Он эки мүчөм сыздаган,
Кабырга сөөгүм кыйраган.
Эмгениңде эмчегим
Алты бөлөк тилинген.
Акыры салар кордугуң
Айбанга чалыш, куу какшаал –
Ошо кезде билинген.
Өзү башка түрүндө,
Бу бала душман зилинде,
Айтсам уулум тил албай.
Көзү туюк көөдөк уул

www.bizdin.kg

Канчалык айтсам биле албай.
Ар шумдуктар тиленип,
Мен кара бет билгичтин
Акылдын баары түгөнүп,
Акыл чарчап, ич күйүп,
Айла таппай турганда,
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Асмандан Алданын күнү бүркөлүп,
Алтымыш санаа, миң мүшкүл,
Шорлуу башка бир келип.
Кабыргам ачып бөлүнүп,
Көзүмүн жашы төгүлүп,
Сол эмчек эмген Канчоро –
Канетсе душман болор – деп,
Калганды кайсап соёр – деп,
Өзөндүн суусун бурар – деп,
Өң калганды кырар – деп,
Өз билгенин кылар – деп,
Денемден жалын күч чыккан.
Күлчоро эмген оң эмчек –
Оргуп аппак сүт чыккан,
Туурлуу такка конор – деп,
Өзү тургай баланын
Укумунан тукуму
Кетпеген мураа болор – деп,
Ким болорун билгемин,
Кара кулак ач арстан
Шер болорун билгемин,
Атасынан бабасы
Адамдан артык кара көк,
Шар болорун билгемин.
Канчорону ойлонуп,
Санаам сайлап бөлүнгөн.
Же сааттуу душман болор – деп,
Көзүмө бул иш көрүнгөн.
Аргынды ийрип бой кылып,
Билгичке жетип той кылып,
Калк атасы карыя –
Кадырман журттан олуя,
Билгич Бакай берен кан
Кошой, Бакай атам бар,
Козголуп кетти канча жан.
Белдемчим кайра байланып,
Куу чиркинди колго алып
Учугуна кын кылар
Өлбөй жүрсө бу бала
Уясына чыр кылар,
Туура душман өзүмө
Ат арытып журт көргөн
Абам Кошой, Бакай кан,
Бузулду катын санаасы
Жоо көрүндү көзүмө,
Эмчек берген баласы.
Эмчегимди соргондо,
Көңүлүм кетти бөлүндү,
Алакчы жалган дүйнө бок,
Бир тутамча көрүндү.
Балдыркан жоонун өзү экен,
Эл бүлдүрүп журт бузган
Душмандын кара көзү экен.
Сыягы бөлөк заары күч,
Далайымды кылат түз.
Күндөлүк иши оңолсо,
Бу күчтөнүп бала чоңойсо,
Ала-Тоо бойлой конот бейм,
Акыркымды соёт бейм,
Кыйырыма кыргын салат бейм,
Эсебим кылдап табат бейм.
Айланы жаман кетирип,
Ажалды азыр жеткизип,
Кылгылыкты кылат бейм,
Кыл койбой жанды кырат бейм.
Каары баштан өтөт бейм,
Түбүмө чогуу жетет бейм.
Жаяга тоюп кемирип,
Жаанам бузуп семирип,
Кыйырымды бузуп теминип,
Бу кыргынды кызык салат бейм,
Кыйындарды сүйрөтүп,
Жол үстүнө жарат бейм.

www.bizdin.kg

Бу кыйыны кымбат чаланы
Чоңойбос бала чагында,
Өлүм кылып салалы.
Басып боорун эзели,
Бу бадырек баланын
Туугандыктан безели.
Оозуна кумдан куялы,
Кол барбаса баланы
Тыйпыл кылып тим кылып,
Көрөрүн каран күн кылып,
Бир айласын табалы.
Кылымдын иши оңолсун,
Бул өңдүү кыйшык жоголсун» –
Деп ошондо муну айтып,
Кара тилди кайрадым.
Кан алдында сайрадым.
Өзү катын зайып – деп,
Ар качандан бир качан,
Зайып иши майып – деп,
Кыска тушап санааны,
Душман болуп калды – деп,
Кара бет энем бейбактын,
Жоо көрүшү эмине
Каканакта баланын
Менде буурулдан башка буудан жок,
Күлчоро менен Канчоро –
Экөөнөн башка тууган жок,
Эңкейгенде ээрим жок,
Эш караан кылып жүргөнгө
Менин эжемен тууган жээним жок.
Аркаларга агам жок,
Таянарга тагам жок,
Эш кылууга иним жок,
Күлчоро менен Канчоро
Аты уйкаш экөө турганда,
Экөөнөн башка иним жок,
Экөө жок болсо күнүм жок.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ичи өрттөнүп боорум чок.
Ат уйкаш эки балага.
Уялаш кетсин садага,
Экөөнөн башка караан жок.
Бир күнү бетин көргөзсө,
Бир күнү этин көргөзгөн,
Мына ушундай болчу дүйнө бок.
Жакшы энем деп жүрсөм,
Бакшы энем экен го.
Сүйлөгөндө сөзү ачык,
Бу дүйнөдөн көзү ачык,
Менин бакшы энем экен го.
Жакшы экенсиң энеке...
Жадаалдыгың баштапсың,
Жер Ала-Тоо көп кыргыз
Элиңди каран таштапсың.
Билип, көрүп ырымдан,
Мураңа эчак жетипсиң.
Каракан кандын шаарына,
Качып тентип кор болуп,
Бул үчүн тентип кетипсиң.
Жар кыяга конупсуң.
Жадыгөй катын атыгып,
Жаман аттуу болупсуң.
Көкжал энем Каныкей,
Көп билгенден оңупсуң.
Кеткен экен биздин эп –
Кылымда болбойт мындай кеп.
Эмчегим бала сорду – деп,
Катуураак соруп койду – деп,
Белги кылып турасың,
Бейтаалай эне, кара бет,
Бейпайды мындай кыласың.
О ботом, бешиктеги баланын,
Бек болорун ким билсин?
Карындагы баланын
Кан болорун ким билсин?
Ушу канзааданын баласы
Кагыштан корккон болобу?
Ботом, бекзааданын баласы,
Баладан корккон болобу?
Түү-түү, эне, түү уксун,

www.bizdin.kg

Бул кебиңди ким уксун?
Түнөргөн кара түн уксун,
Ушундан бөлөк ким уксун?
Туура келбейт кебиңиз,
Энеке душманча келди кебиңиз.
Кабагың суудай ачыңыз,
Каралды кылган шордуу эне
Оозу-мурдуң басыңыз.
О, уят болот мунуңуз,
Ошо жерде туруңуз,
Ойлосо шумдук мунуңуз.
Уят болот ушул иш,
Тетиги оолак журтка калыңыз.
Каалап алган Күлчором,
Айзамдын алган желеги.
Кан атакем жолдошу,
Алмамбет кандын белеги.
Кайранымдын калдыгы,
Курганымдын кулпусу.
Базар шаар ортосу.
Бу балдар Багдагүлдүн Чолпону
Эт жүрөктүн колкосу,
Калдыгымдын түгөйү,
Кайрандардын чунагы.
Атакемдин арстаны,
Кыргыздардын кырааны,
Кан Балтайдын Чубагы.
Айры-белес кайкакта
Атам Манас шер менен,
А дүйнөлүк достошкон
Бул аманат жандын ынагы.
Көңүлдүн гүлдүү санаасы,
Аяш атам Чубактын
Канчоро ушу баласы.
Бу каражолтой энемдин
Муну билбестигин карачы!
Карындагы ырымкай
Какшатып эмчек сорду – деп,
Кас душман ушул болду – деп,
Кара баскан энемдин
Калп айтканын көрчү – деп,
Канчоронун айынан
Уят кылды оңшойтуп.
Калк ичинде энесин,
Толкуган дайра кулуну,
Улуган иттей шоңшойтуп.
Бетиме заарым чачылып,
Ачылбай оозум басылып,
Абийирим күлдөй чачылып.
Ич өрттөнүп, чок болуп,
Сүйлөрдөн оозум токтолуп,
Кым этпей оозум ачылып,
Оозуман чыккан көкжалын
Жер өрттөгөн чачылып.
Ошондо Кошой, Бакай бар,
Ат арытып, журт көргөн,
Албан түрдүү алпы бар,
Кыргыздын эли жалпы бар.
Бозала туйгун болпоңум,
Менин бооруман чыккан Чолпонум.
Уйпалаган сөзүмдү,
Уят кылган өзүмдү,
Серүүндөтүп сөзүмдү,
Шерменде кылган өзүмдү.
Менин арданганым жер алган,
Айтылган оозум басылып,
Мен карабет бейтаалай –
Артым менен дем алдым,
Эмгегим менен эл алдым.
Отуз келин, отуз кыз,
Кызматка жумшап айдадым.
Ак тинте кылыч камдадым.
Аргын багып бой кылдым.
Бала кезде Канчоро,
Соёюн деп ой кылдым.
Күн кылкылдап батарда,
Эл-журт малы жайланып,
Тынч алып калык жатарда
Оюм кетти мен шордуу.
Коломто ачып оёрго,

www.bizdin.kg

Бу дүйнөдөн жоготуп
Бадыректи соёрго.
Кылымга жаңжал салдырбай,
Тындым кылып коёрго.
Олуя чалдын эрени
Кабылан Бакай жолдошум,
Баланын көзүн жоголтуп,
Кара жер кылып коёрго.
Эштектерден Жамгырчы,
Эң карыдан Кутуну,
Чөйчөктөй көздүү Сарканган,
Кашкайып жылдыз толгондо,
Эл жатар убак болгондо
Элчиликке муну алып,
Калкты арага салды эле.
Каралдым ушул бала – деп,
Колуман тартып алды эле.
Бейжай энем долунун,
Бейилин Кудай урарда,
Бейили ооду чиркиндин,
Балага бирди кылар – деп,
Кордук койдой салганы,
Колуман тартып алганы.
Туура уккан жок сөзүмдү,
Душман көрүп өзүмдү,
Колуман тартып алдырды.
Как этип карга учкусуз,
Кайыптар аттап чыккысыз,
Айланасы шер коргон
Сарайдан мыктап салдырды.
Индистандын шаарынан
Жетимиш уулдун энеси,
Ургаачынын төрөсү,
Ак байбиче Адалсур
Адалсурду алдырды.
Мойнуна тумар тактырып,
Кайып чалдын Адалсур
Адалсурга бактырды.
Эпсиз ишин оң кылды,
Эркелетип чоң кылды.
Ымыркай бала кезинде,
Кайып зорго бактырып,
Кымбат баа кырмызы
Аземдетип жаптырып,
Алтымыш балбан кан төгөр
Кан төгөргө бактырып,
Кабылганды кайсатып,
Жоготконду жок кылып,
Келинден сакчы койдуруп,
Кысыр эмдүү тай-тайлак
Багарына сойдуруп,
Маргалаң, Кокон чалдырып,
Кызыл мейиз, ширин аш,
Ар калаадан алдырып,
Багылан козу, таттуу баш
Бор кайнатып салдырып.
Жетиге жашың келгиче,
Келинге даамын көрдүрүп,
Тамагың таптап бердирип,
Ар мүчөңдү тең кылган,
Ээрчитип жүрүп эр кылган.
Барса-келбес түмөн жол,
Ошонун жолун чалдырып,
Мындан жылкы алдырып,
Душманга айза сайдырып,
Кыргалап айза сүйрөтүп,
Жоонун ыгын үйрөтүп,
Арбагың оор жан кылып,
Аргынга султан – кан кылып,
Ойрон абаң барында,
Аброюң оор жан болдуң,
Ордо күтүп, кан болдуң.
Орунтуктуу эр болуп,
Он эки мүчөң тең болуп,
Ошенткен абаң барында,
Качан иштен кем болдуң?
Калк башкарып, журт күткөн,
Кара кулак шер болдуң.
Калмышында Канчоро
Кандуу болот майлаштың,

www.bizdin.kg

Канкор абаң шериңди
Эр Кыяз менен жайлаштың,
Кең-Колду өрттөп чет салдың,
Жакынга жапа өрт салдың.
Олжо кылып Чачыкей,
Каралуу катын тулду алдың,
Казына бузуп пулду алдың,
Кыргызды бөлүп кулду алдың.
Эндиретип белди алдың,
Ойрон кылып элди алдың.
Балам, айзаңды канга чыктадың,
Өз абаңды жок кылып,
Бул ишти жакшы мыктадың.
Чынарым өрттөп, чуу кылдың,
Чырпыгым кара боо кылдың.
Казынамды, мүлкүмдү,
Түгөттүң күлгөн күлкүмдү.
Куп сыйладың төрөңдү,
Кууратып ийдиң бачагар
Эмчегин берген энеңди.
Кордук көрдүм сабылдым,
Баана кылдым бадырек,
Аппак чачым бөлүнтүп,
Ак эмчек сүтүн төгүлтүп,
Кордукту баштан көрүнтүп,
Көзүмөн жашын төгүлтүп,
Маңдайым күйгөн ор кылып,
Көйнөгүм сан-сан жол кылып,
Кадырлуу башты кор кылып,
Улугум уулум турчу – деп,
Бир ыраакым кылчы – деп,
Көңүлүм чөгөт өргөзүп,
Азыгың мына уулум – деп,
Эмчегимди көргөзүп.
Чыңырып ыйлап сабылып,
Карыпка көзүң салчы – деп,
Кор болгон энең шордууну
Көлөкө кылып алчы – деп.
Кайыр сурап, ал кетип,
Балтырдан кара кан кетип,
Дене боюм кан болуп,
Эки колум шал болуп.
Кымыз ичпес шуркуя
Кыйгыл сууга зар болуп,
Муңдуу күн тууп бак болуп,
Буудай батпас оозума
Буканын башы чак болуп,
Таруу батпас оозума
Тананын башы чак келип,
Иш бөксөрүп күн өтүп,
Ит кордук тартып минетип,
Өлөйүн деп өлө албай.
Өксөп жаным кыялбай,
Эмгекке эмгек кошулуп,
Кечээ эки көздөн аккан жаш
Омуроо ылдый жошулуп,
Кең дүнүйө тар болуп,
Келберсиген чунак жан
Кыйгыл сууга зар болуп,
Кыйыным, уулум, жоголуп,
Күлчором кеткен зарланып,
Эки колу байланып,
Желкеден көзү тешилип,
Далысы жоодон кесилип.
Менин Чүрөгүм ыйлап сабылып,
Алмадай болгон ак эмчек
Камчы тийип жарылып,
Көр байтал минип шалпылдап,
Кементай кийип салпылдап,
Олжого булар кеткенде
Айлыбыз бирге ирегелеш,
Киндик кесип кир жуушкан
Түбүбүз түтпөс биргелеш.
Жоого аттанса чуу бирге,
Атышка чыкса туу бирге,
Жазалашсак чаң бирге,
Жаныбыз жакын жан бирге.
Уккун дедим сөзүмдү,
Сал деп айттым көзүңдү,
Белекке калган казына

www.bizdin.kg

Уулум, аргынды жыйып талаттың.
Аппак чачтуу энеңди,
Аргындарга сабаттың.
Туура агыздың канымды,
Тутанттың минтип жанымды.
Картайганда энеңди
Көп кордукка үйрөттүң,
Көзүңөн чыккан жинди уулум,
Көп ата өчү мендеби,
Көк торпокко сүйрөттүң.
Эзелки жиним кактырдың,
Бабаңдай Бакай карыны
Өлтүрбөстөн, житирбей,
Көкбөрү кылып тарттырдың.
Көп боздосо энеңдин,
Эмчегин жара чаптырдың.
Туура кылдың кордукту,
Душман сенден көп жакшы.
Артылтып кылдың кордукту,
Көңүлүм кайгы бак кылдың,
Көк музоого сүйрөтүп,
Көөдөнгө тамга так кылдың,
Бир кылбадың миң кылдың,
Жаралган адам уулунан
Арттыргызып чыр кылдың.
Кандап кайран башымды,
Байталча кыркып чачымды,
Бердиң жаза жашымда,
Жугунду кылдың ашымды.
Кашыкча койдуң канымды,
Куйкаладың жанымды.
Курутуп чачтың малымды,
Беш жолу бүктөп белимди,
Бейпай салып бу башка
Көп ооруттуң көөнүмдү.
Жалынсам укпай тилимди,
Караңгы кылып күнүмдү,
Калтырбай кактың кулунум,
Капкайдагы жинимди!
Эң эле кыйын чыр кылып,
Энеңдин багын тындырдың,
Кордук тозок көп кылып,
Балам кол-аягым сындырдың.
Энеңди каран күң кылдың,
Көргөнүм туман түн кылдың.
Картыкча сордуң канымды,
Чачтың уулум талкалап,
Сан казына түмөн мүлк,
Жоого алдырдың малымды.
Түз кыялды түз кылдың,
Коңур салкын күз кылдың.
Дөбөмдү бузуп, ой кылдың,
Мал-башты чачып, той кылдың.
Душман болуп четтедиң,
Каныңды баштап канчаны
Калтырбадың өрттөдүң.
Кыйламды кызык жагыздың,
Кылчайбастан бир канга
Кызыл кан суудай агыздың.
Тозокту тоодой ураттың,
Тобумду кырып сулаттың.
Жетесиз уулум жерге кир,
Кыйраттың көпкөк мөмөмдү,
Кырктың узун желемди,
Душмандан сенче көрөмбү?
Сындырдың кырка багымды,
Ойрондодуң шагымды,
Салдың чоңдук дүмөктү,
Душмандан артык көргөздүң
Тууганыңа билекти.
Чынарды кыйып сулаттың,
Калдайган тоону ураттың,
Алтымыш келин, тул катын
Калтырбай муну чуулаттың.
Эрдигиң эпсиз билдирдиң,
Эл-журтка кара кийгиздиң.
Адам сиздей болобу,
Дини кара кутургур
Адам деген оңобу?
Төө кыядан өткүчө,

www.bizdin.kg

Калайык аман көчкүчө
О дегениң курусун!
Төө кыядан кулады,
Түгөндү уулум, жумушуң!
Бышпастан мурун бышырдың,
Бышып күйчү Канчоро
Күйбөстөн мурун күйгүздүң.
Күйүп жанып чок болгон.
Баш кесилип кан агып,
Дүйнөдөн уулум жок болгон.
Колго тийген тозокту,
Кордукту койдой салгыла,
Козголгуча балдарым,
Коондой ичин жаргыла.
Койдой башын кескиле,
Кордук кылган душмандан
Көз жумгуча безгиле.
Эки колун тең байлап,
Эки көзүн тең чукуп,
Талпакча сабап кергиле.
Өз шайтанын өзүнө
Төкпөй-чачпай бергиле!
Желкесин тирүү тешкиле,
Кийизге өтпөс кыңырак
Кыңырак менен кескиле.
Терисин тирүү сойгула,
Кордук менен өлтүрүп,
Жети күнгө какшаалды
Өлтүрбөстөн житирбей,
Өткөрө муну бүтүрбөй,
Керишти кенен салыңар,
Кейитип жанын бек кыйнап,
Кеңири кекти алыңар.
Бүлүндүрүп какшаалды
Так үстүнөн кергиле.
Өз кылганын өзүнө
Төкпөй-чачпай бергиле.
Өлбөй жаны күч болсо,
Каарлуу чочко түз болсун.
Кыяматтык бендеге
Унутулбас иш болсун.
Дүйнөсү кулап түз болсун,
Өрттөнүп иши түз болсун,
Артта калчу көп жанга
Журт бүлдүргүч жоголсун,
Калык иши оңолсун!»
Кайран энең Каныкей,
Каары толук Канчоро
Душманга жөө кеп салып,
Ар бир кеби ар кандай.
Ар бир кебин байкасаң
Билгич энең долунун
Ар бир кебин карасаң.
Айза менен сайгандай
Күлүстөн уулу Күлчоро
Күлчоронун өзүнө
Карааны катуу, заары күч,
Катылганды кылчу түз,
Каныкей сүрөп турду эле.
Арман дарты ачылып,
Ичинде дүмөк чачылып,
Умачтай көзү ачылып,
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай,
Кайран энең басылып,
Каныкей кепти таштады,
Беризада Айчүрөк
Бейбак кепти баштадым.
Олжо кылып душманга
Жүрөгү күйгөн душмандан
Күйүттүү болгон бейтаалай
Капаны калың таштады.
Каарлуу кандын алдында
Айчүрөк сөздү баштады:
«Кыяматты, тозокту
Көрбөй келдиң жан кайним,
Көп жылы күндүк өткөрүп,
Көп өмүрдү кеткизип,
Көп тозокту өткөзүп,
Барган жан келгис чын дүйнө
Барбай келдим жан кайним.

www.bizdin.kg

Баатырдан калган сан дүйнө,
Жедигерде олжого
Албай келдим жан кайним.
Айкөлүң кайда, шер кайда,
Бел байлаган бел кайда,
Бендеден артык туулган,
Душманга салган чуулган,
Астыга салсаң акжолтой,
Аркасы дүңдүү сан колдой.
Береке кайда бел кайда,
Медер кылган эл кайда?
Каңкоруңду жоготуп,
Ордо күтүп, кан болуп,
Эки тизгин, бир чылбыр,
Эми колго алыпсыз.
Баштакыдай түрүң жок,
Султан болуп калыпсыз!
Кечээ көкжал өлгөндө,
Дүйнөнүн баарын буй кылып,
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Тул жүктөттүң жоргого,
Талоон койдуң ордого.
Кабаттап орум каздырдың,
Кандан калган чоң ордо
Жетелеп күүлөп, көп сүрөп,
Жедигерге бастырдың.
Эсебимди таптырып,
Эмчегим жара чаптырып,
Түз түгөттүң жашымды,
Оожо кылдың башымды.
Көй душманга ичирдиң,
Көкжалдан калган ашыңды.
Кор кылдың тилек санаамды,
Алда, кордугуңа Кудай бар,
Бирөөнүн уулу дедирдиң,
Канымдан калган баламды.
Күйгүздүң күндө жанымды,
Олжого берип душманга,
Көп күйгүздүң жанымды.
Душман болдуң четтедиң,
Түтүнү жок өрттөдүң.
Каарды катуу баштадың,
Мүшкүлгө башты таштадың.
Бышпастан мурун бышырдың,
Бышып өлчү Канчоро
Күйбөстөн муруп күйгүздүң,
Күйүп өлгөн сен чоро!
Капкамдын оозун кан кылдың,
Таласты тепсеп чаң кылдың,
Ала-Тоо ээлеп жер кылдың,
Кыргызды кыстап эл кылдың.
Жаман катын, жаш балдар.
Эңкейген карган, өсчү жаш,
Мынча неге кор кылдың?
Баатырымдан айырып,
Баатырдык эрдик сиздеби?
Душманга олжо бергидей.
Мадериң кеги биздеби?
Кечээ тамды жыгып уратып,
Чынарды жыгып кулатып,
Атадан калган мураапы
Алыстан көргөн кыраакы.
Жер айрылып коздошкон,
А дүйнөгө кеткен шер атам,
Шер атам менен достошкон,
Болот учтап дилдешкен,
Дөөтү менен сүйлөшкөн.
Казынанын ээси эле,
Каралды канкор дөөсү эле.
Адамга андай кабылгыс,
Жаралган адам уулуна
Баабедин айтса табылгыс.
Төкөр уста Бөлөкбай
Кыясы тардын кырааңга,
Атадан калган мурааны
Казына талап койдурдуң,
Арык койдой чуулатып,
Кырк калча менен Бөлөкбай
Эсебин эптеп таптырдың.
Кылыч берип кыйкырып,

www.bizdin.kg

Кыйын жаңжал чыр салып,
Жедигерге чаптырдың.
Абам Бөлөкбай чаап турганда
Жан соогалап жүгүрдүм.
Жазайылды салындым,
«Жан кайнилеп» жалындым.
Жалынса койбой жанымды,
Жалпы кырдың баарымды.
Тозокту тоодой баштадың,
Казынанын оозуна
Кайыпчынын тоосуна,
Кан-Жайлактын бетине
Бөлөкбай кырып таштадың.
Алтын жаак айбалта,
Алдым кармап имерип,
Багыштын уулу Кыязга
Олжо кылып бергениң.
Төбөмдү тилип туз салдың,
Таманым тилип курт салып,
Кементайды кийгизип,
Кер байталды мингизип,
Керимсел тийбес курган жан,
Кементайга зар болуп,
Кармаганым чок болуп,
Жебегеним бок болуп,
Колго түшүп буркурап,
Кордук тартып чыркырап,
Жыргал күнүм аз болуп,
Каарлуу Кыяз кас болуп,
Ай караңгы түн болуп,
Он төрт жылы күң болуп,
Отун алып мал багып.
Омолуп кетип оңолдук,
Ошентип барып жоголдук.
Какшап ыйлап кор болдук,
Жетим калып чоңойдук.
Адырдан алам көчүмдү,
Айттырбай алам өчүмдү.
Олжого чечтиң тонумду,
Казыр кылам сонунду,
Менин бошоткон Кудай колумду!
Казганы келдим оруңду,
Сенин чапканы келдим жолуңду!
Байлайм азыр багыңды,
Тартып алам тагыңды!
Түндүгүң бузуп, түз кылам,
Жазында кылбай күз кылам.
Жадаалым келди түз кылам,
Кыйлантып кыям жаныңды,
Кымыздай жутам каныңды.
Кетирем кандык доороңду,
Мыжыгып чайнайм бооруңду.
Күйбөстөн мурун күйгүздүң,
Мендей күйүп чок болгур,
Туталанып өрттөнүп,
Мен өңдөнүп жок болгур.
Күндүз көрбөй түн болгур,
Көмүр болгур, күл болгур,
Бир кылбадың миң кылдың,
Кереленип кержейип,
Мынча неге чыр кылдың?
Обол мурда сен чоро,
Тоюңа токсон союлуп,
Абалтан тың Канчоро,
Канчоро болуп коюлдуң.
Уялаш тууган сен болдуң,
Зилинде душман сен болдуң.
Өлкө бузуп эл жойдуң,
Кан агызып кан сойдуң.
Жапага салдың карыны,
Жаман кылдың баарыны,
Болбосо кыргыз, аргындын,
Жабылта баарын көчүрдүң,
Жактырбай отун өчүрдүң.
Алымыңды арттырдың,
Азабың неге тарттырдың,
Короону канга батырдың,
Кордугуң мынча ашырдың,
Жадалың чынга жашырдың,
Жаңжалың журттан ашырдың.

www.bizdin.kg

Кыялап көрдүң кырыңды,
Кыргынды дүмөк шумуңду,
Жер көтөрсө мунуңду.
Сырды айтып, сырт салдың,
Ордо өрттөп, өрт салдың.
Ойрон кылып чекти алдың.
Бузукка бурдуң кебиңди,
Өрттөнүп өл, кутургур
Эчен жаңжал чыр салдың,
Каалаганда бу журтка
Кадыр түн жыргал түн кайда,
Кечээ эриксек элик атышкан,
Эрикпесе кайран журт
Элкиндеп ойноп жатышкан,
Баштакыдай күн кайда?
Калк башкарып, эл күтүп,
Аргынга султан болупсуң.
Быт-чыт кылып бу журтту
Кара мардай сорупсуң.
Кыргын кылып чекти алдың,
Кыйратып ичке өрт салдың,
Айзаңды артык ачтадың,
Жадаалды жаман баштадың.
Эңкейген кары, жаш балдар,
Тукумсуз кыла таштадың.
Өрөпкүгөн кутургур,
Өз убалың өзүңө
Убалың кара төбөңө,
Бузукту койгон оңобу,
Кыялы тентек, ичи арам,
Кабары бөлөк, заары күч,
Канчоро тууган болобу?
Ортодон чалчу каманды,
Ажыдаарды тууган – деп,
Адамдын уулу багарбы?
Өрттөнгүрдөн өч албай,
Каралды кылган кайним,
Кудайга ишиң жагарбы?
Бизге душман зилинде,
Жаңжал арбыйт түбүндө,
Чатагы күчөйт зилинде.
Айласы кетип бул жукуй,
Айыл конуп алышат.
Атайы тууган болдук – деп,
Ант ичишип салышат.
Семирип-сергип алдыртан
Ок өтпөгөн тон жыйнап,
Орчун журттан кол жыйнап,
Уу ачытып салар күбүңө,
Ушинтип жетер түбүңө.
Бергениң болбой тыйынча,
Белсенип чыгар кыйынча.
Жакшылыгың сеңирче,
Сенин көп дүйнөң болбос темирче.
Кыңыры бөлөк кутургур,
Кыйырыңды бузар семирсе,
Ар ишиң болбойт көмүрчө,
Айылыңды бузат семирсе.
Туурадан бөлөр дайныңды,
Тутандырар айылыңды.
Душман кылар зайыбыңды,
Түбүндө бузуп баркыңды,
Түгөтөт ойлуу чаркыңды,
Түз кетирет баркыңды.
Кече жер жайнаган кол келип,
Күлчоро сен жаңжалда жок белең?
Чымындай жанга мол келип,
Айлалуу адам топ бузуп,
Алышта көп жан окко учуп,
Ат салып тулпар бурганда,
Асман жарган чуу болуп,
Эр салышып турганда,
Иш бүлдүргү ичинен
Кош тилдүү чыгып кишиңен.
Жетигиң экөөң катар бар,
Жерге кирсин бул какшаал!
Бузукунун көзү ушул,
Жалпак тилдүү, төрт кырлуу,
Жадыгейдин көзү ушул.
Айры белес кайкаңда,

www.bizdin.kg

Ат жүрбөгөн тайпаңда,
Асыл абам экөөңө
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй болуп ок атып,
Бүтүн жаңжал чыр салып,
Эндиретип элди алып,
Эл оокат кылчу жерди алып,
Белести коюп, белди алып,
Жаңжал жаман тилеген
Чынкожо, Толтой эки абаң,
Эки абаң ушул сойду – деп,
Эр Кыязды күүлөгөн.
Көк өтөк бойлой конушуп,
Кыязга кызык болушуп,
Кыргалуу темир сыр найза,
Кыска кармап имерген,
Кылча койбой бирөөңдү,
Кыргын салып жиберген.
Айзасын канга чыктаган,
Ар керектүү кымбат жан
Кыйратып жерге ыктаган.
Кызыл мүшкүл Канчоро
Болотун жерге таяган,
Аркы тууган жакындык,
Кайжерде бирөөн караган.
Милтесин кызыл чок кылып,
Шайымбет менен Байтайлак,
Өңкөй кандын балдарын,
Өрттөнгөн чочко жок кылып.
Кылыйтып тешип канды алып,
Кыйынсынган жанды алып,
Кызыл алтын, көк дилде,
Олжолоп мынча малды алып.
Дөбөгө чыгып бакырып,
Түмөн колду чакырып,
Узун чокой, жаргак шым,
Жорго байтал кызыл кын,
Кул Жойдурду сүрөдү,
Көп жаңжалды тиледи,
Кейишти кенен салганда,
Уул бул эсиңден чыктыбы?
Чөмөлө чөптөн басканда,
Кесип далы ойгондо,
Эрен жаның кул кылып,
Кырк жылкычы карылууга
Отунчу кылып койгондо,
Кордук салган Канчоро,
Кол кармаган эр Кыяз,
Буйрук кылган бул эле
Бендеден душман шум эле.
Калайманды, кордукту,
Салбайсыңбы Күлчоро!
Кутургурду курманга
Чалбайсыңбы Күлчоро!
Бул өңдүү бузук жоголсун,
Айнектей ишиң оңолсун!
Таш кыялуу Кең-Колдон,
Көч алганы келгенбиз,
Каары калың чочкодон
Өч алганы келгенбиз.
Азган-тозгон кыргыздан
Кеп алганы келгенбиз.
Ажыдаар түрлүү чочкодон
Кек алганы келгенбиз!
Кыйыныбыз каныбыз,
Кызыл кан ичип, чаң жутуп,
Кырылалы баарыбыз.
Кыл жипке катар үзүлсүн,
Аяган асыл жаныбыз.
Аксын суудай каныбыз,
Күйүт кусуп, өч албай
Кантип тынсын жаныбыз.
Кагыш кылып кан жутпай,
Канетип тынат жаныбыз.
Өткөн кордук, чоң мүшкүл,
Адам болсоң Күлчоро,
Көңүлүңө алыңыз.
Жараткан Кудай бендени
Жашык болсо ар бир жан
Жүрө берер сенделип,

www.bizdin.kg

Мурунку каарлуу бу чочко
Күтсөң тууган болобу?
Күркүрөгөн какшаалды
Тууган деген оңобу?
Кызыл көтөн кул кылып,
Кыйланы өрттөп буй кылып,
Душмандыгын билгизип,
Туура өрттөдүң күйгүзүп,
Кандап бетти тыттырып,
Кара чачты жайылтып,
Камбар ата боз айгыр
Жедигерге мингизип,
Кан казына ордону
Канчорого билгизип,
Өч албай карап тургуча,
Бу кылыкты кылгыча,
Туулбай туна чөгөлү,
Тирүүлүктөн көр жакшы,
Мындан көрө өлөлү!
Болотторду мокотуп,
Болумдуу эрди жоготуп,
Бозорбогон чочкону
Тууган кылып нетели.
Тутамдап кыркып бу жалды
Кырылып өлүп кетели» –
Деп, ошентип, Айчүрөк
Каарланды какайып,
Өрттөнүп көз жайнады,
Мистедей болгон аппак тиш
Бөлө-бөлө чайнады.
Ажыдаардай ышкырса,
Кандай жан аны кармады.
Так үстүндө Канчоро
Кыраан куштай умтулду.
Көрсөң Чүрөк катының
Кылпылдаган капырың,
Көк жолборстой жутунду.
Көргөзгөн тозок, балаадан,
Өзү тарткан чарадан,
Канчоро кантип кутулду!
Өзү кылган иш эле,
Өз тууганга ок аткан
Канчоро кайдан киши эле!
Каардуу Чүрөк баштады,
Каныкей экөө чамынып,
Көөдөндөгү чымын жан
Кыйла дүмөк, чоң жаңжал,
Желпинген долу баштады.
Баякы кабылан энең Каныкей,
Каада билип, эл бийлеп,
Таласка курган ордодо
Ааламга эне болгондо,
Бул өңдүү мыктуу киши жок.
Кымбат энең долунун
Кылбай турган иши жок.
Аяш артык Бөлөкбай
Бөлөкбай уста өзүнө,
Дөөтүнүн кара көзүнө,
Арак тартып, май берип,
Кызмат кылып багынып,
Дөөтү устага жалынып,
Кермеге тулпар кердирип,
Алты миң атан, сексен нар –
Ал Бөлөкбай устанын
Акысына бердирген.
Жаңколчо жасап бергин – деп,
Дүйнөсүн төгүп зарылган,
Аяш ай – деп, кол ооруп,
Бөлөкбайга жалынган
Ал кызматын билалган,
Асыл уста Бөлөкбай,
Каныкейге тил алган.
Ботом, ой аяш, көнөйүн,
Укумуңан тукумуң
Белекке алып жүрөргө,
Тукумуң көрсө күлөргө,
Дөөтүнүн кылган буюмун
Кадырын каалап билерге,
Капалуу кыял дарт жүрөк
Муштаса эки бөлөргө,

www.bizdin.kg

Кабарың душман көрөргө,
Кайран жанга бу чиркин
Каралды болуп берерге,
Чымырканып шилтесе
Чын сайган жоосу өлөр го...
Кайра тартпас чын жайды
Илеби тийген көрөр го
Кымбатым аяш көнөйүн,
Улуу уулуңдун уулун алууга,
Ураныңа калууга,
Карарган көзүм кал басып,
Картайып калган чагында,
Куудай сакал кубарып,
Кузгундай көзүм кызарып,
Болумду барым үрөлүп,
Болотум мокоп түгөнүп,
Болбой калган кезимде.
Ашайында машайын,
Кепиним берди аяшым,
Кете турган кезимде.
Көөдөн муздап көзүм жуумп,
Кете турган кезимде.
Чын дүйнөдөн чымын жан,
Ботом, өтө турган кезимде.
Кылчайбастан кызыктан,
Кете турган кезимде.
Айтканыңа көнөйүн,
Керээзим жасап берейин.
Аманат сөзгө көнөгөр,
Семетей көкжал уулуна
Белек кылып берегөр.
Куштап мизин чыгардым,
Тийген жери тим калбай,
Кабылдап кетип өлсүн – деп,
Жаралган бенде көз жашы
Көз жашы менен сугардым,
Ач албарстап бууладым.
Башка да мизин ууладым.
Артта калган жетимге,
Алсынчы деп турганым.

Чын дүйнөдөн кайтарда,
Чыныгымды чыгардым.
Чымчып көрүп ар жерин,
Чымынча кеби жокко – деп,
Чындап өзүм кубардым.
Барлык өнөр калган күч,
Балам ай боо чыгардым.
Көбүрөөк ыйлап ал кетип.
Абышканын көзүнөн
Мөндүрлөп кара кан кетип,
Чыңырып ыйлап чыркырап,
Колдон жыттап буркурап,
Мурунку өткөн Бөлөкбай
Мурага берген ак тинтай,
Толтосу көхар сабы алтын,
Аны сала турган кабы алтын.
Имерип сабын толгогон,
Кокус колдон чыгар – деп,
Аны ойлобой койбогон.
Сымбатын эчен кеп кылган,
Алышкан жоого суурам – деп,
Муну Каныкей өзү шерт кылган.
Күңдүктөн энең кутулуп,
Тилегин Кудай бергенде,
Беринин кызы Айчүрөк –
Белек кылып Сейтегин,
Кайыпчынын ташына,
Камдап жүргөн башында.
Каалап берген ак тинте,
Белекке балдар алсын – деп,
Бети кара душманга
Бир бейпайды салсын – деп,
Белекке берген ак тинте,
Катындан балбан Айчүрөк,
Каарлуу канга камынып,
Кан төгүүгө чамынып,
Шамдагайы болжолсуз,
Эсеби жок жүгүрүп,
Эликче чурап түйүлүп,
Белекке алган ак тинте,

www.bizdin.kg

Кармай калып сабынан,
Сууруп чыгып кабынан,
Оозунан көкжалын
Октой күйүп шыркырап,
Катындын жөнү ушундай
Оолугуп чыркырап,
Чымын жан таштап сабылып,
Аркы атасы Манастын
Арбагына жалынып,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Тууганбыз деп, боору ачып,
Күлчоро ыргып тургуча,
Аңгемени салгыча,
Арачалап калгыча,
Аппак бетти ур чалып,
Эренче белди курчанып,
Ыргып чуркап закымдап,
Канчоро канга жакындап,
Өлчөө жерди туштады,
Өлүүчү жерге муштады.
Айбалканын кашы – деп,
Жүрөктүн толто башы – деп,
Ак тинтени салды эле.
Тээп, сууруп алды эле,
Ак тинте сойбой турабы,
Камбарсыган Канчоро
Алтын тактан урады,
Жер кучактап сулады.
Боштук кылды ит Кыяз,
Иттигинди билдим – деп,
Айтылган ушак чын болсо,
Кара эшек кыла жүрөм – деп,
Ушу сөздү кылганы
Шамдагайы болжолсуз
Шакылдаган Айчүрөк
Көп сүйлөтүп турабы,
Кежигенин чуңкуру,
Эки шили ортосу,
Өлчөлүү жердин тушу – деп,
Өлөр жери ушу – деп,
Ак тинте менен салделе,
Мыкаачы туулган канчык күң
Тээп сууруп калганы,
Душманы Канчоронун
Койдой ичин жарды эле.
Коондой башын кести эми.
Мына ошондо Айчүрөк
Ак тинте кармап имерип,
Жара тартып жиберип,
Ичинен чыккан кара кан
Каныкей, Чүрөк бул экөө,
Кочуштап ууртап сорду эле,
Суусуну канып болду эле,
Көз чуңкуру толду эми,
Өчкөн оту күйдү эми,
Өлөр жаны тирилип,
Үзүлгөнү уланып,
Чачылганы жыйналып,
Күйүккөн дарты басылып,
Көкүрөктөн чер кетип,
Дене бойдон тер кетип,
Оору дарты басылып,
Умачтай көзү ачылып,
Кабагы жарык ачылып,
Күйүттүү кайгы басылып,
Тилекти Кудай берди – деп,
Тиктеген душман өлдү – деп,
Каалаганым келди – деп,
Кардым азыр тойду – деп,
Жоголгон канкор табылып,
Азыр жанга келди – деп,
Армандын баары ачылып,
Азаптуу мүшкүл чачылып,
Кайгынын баары чачылып,
Кабак тегиз ачылып,
Калк чуркурап, эл чуулап,
Туш-тушунан эл чубап,
Бейли тар чочко өлдү – деп,
Мурунку элдин туткасы

www.bizdin.kg

Бурулуп кайра келди – деп,
Каарлуу чочко өлдү – деп,
Калың элдин буйласы
Кайрылып көкжал келди – деп,
Калк чуулап эл дүрбөп,
Баабединин бат айтып,
Бар дүйнөсүн жат айтып,
Улак тоюн баштады.
Эл сүйүнүп чуу туруп,
Малы түгүл жанынан
Такыр кечип ташташып,
Семиз кармап кой союп,
Каалаганды берди – деп,
Канкордун уулу эр Сейтек,
Кайрылып элге келди – деп,
Ордо күтүп дөө болуп,
Орчун журтка ээ болуп,
Орунтуктуу жан болуп,
Алтын так минип кан болуп,
Мурага мурун барыңыз,
Эки тизгин, бир чылбыр
Колуңузга алыңыз.
Көп чабылган элинди,
Көп чачылган журтуңду
Кайрадан жыйып салыңыз.
Журт чуулаган ой болуп,
Калың үлкөн той болуп,
Калк чечпеген ой болуп,
Ала-Тоодой эт болуп,
Ала-Көлдөй чык болуп,
Желелүү семиз союлуп,
Жетим-жесир, кембагал
Жетпеген журт тоюнуп,
Жыргалга бакта калалык,
Жылма калган көп дүйнө
Улуу дуу түшүп таралып,
Семетей уулу эр Сейтек,
Эл багына жаралып,
Курсакта калып чоңоюп,
Ата ордун алып зор болуп,
Аалам журтка чоң болуп,
Карыга казы жегизип,
Каз чуулаган көп элге
Семетей уулу дегизип,
Арбагы чыккан жан болуп,
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Ата ордуна кан болуп,
Маңдайда марал бакырып,
Чынарынан кыраандын
Балалуу булбул чакырып.
Журт эркиндеп бээ байлап,
Кемпир куйрук май чайнап,
Көргөнү жыргал уз болуп,
Күндүзү шарап, кыз болуп,
Көңүлдөрү жай болуп,
Көкжал уулу ал Сейтек
Таласка мыктуу кан болуп,
Эл кырсыгы чечилип,
Эзелки муундар кесилип,
Мөндүргө чынар бак толуп,
Журтка таалай, бак конуп.
Кызыкка эл-журт жутунуп,
Карысы калың, заары күч
Канчородон кутулуп,
Жайлоосу көпкөк чөп болуп,
Кийгени суусар бөрк болуп,
Кунан минип куш салып,
Дүнүйөнү кең салып,
Шабиет оюн оромпой,
Ордо оюнду тең салып,
Кырктан таман чийишип,
Очокторду салышып,
Алтымыш кысыр, кырк кулун,
Ар байгеге сайышып,
Утканы союп алышып,
Эрдик кылып жеңдик – деп,
Алдырганга алганы
Тыңдуусунуп калышып,
Эриккен элик атышып,
Эрикпесе курган журт

www.bizdin.kg

Ээн-айкын ойноп жатышып –
Жыргаганы ушундай!
Алган алтын муштумдай,
Козголгондо кайран журт
Коконго кордук салышып,
Аркагы кымбат сарала
Кокондуктан алышып,
Ээликкенде кайран журт
Кашкарды камап калышып,
Кашкардын кара кашка ыпчадан
Олжо кыла салышып,
Узун чалар жол таппай,
Урунарга тоо таппай,
Уруш кылчу жоо таппай,
Белеген журттун баарына
Берендигин таратып,
Мунун бек арстаны Күлчоро
Бет алган журтун каратып,
Туурдугу май болуп,
Тушуккан кыргыз бай болуп,
Мунун керегеси май болуп,
Келин-кыз көөнү жай болуп,
Журт чуркурап эл дүрбөп,
Дууга кирип турду эле.
Артык оюн, көп кызык,
Дууга кирип турду эле.
Басылбай турган таң-тамаша
Чууга кирип турду эле,
Жатып жамбаш талдырып,
Жатып уйку кандырып,
Күрүчүн күздүк айдашып,
Кышы-жайы тең жыргап,
Кысырды бээ байлашып,
Кош кийип бөркүн ыргашып,
Кошо ойношуп жыргашып,
Козголуп журт турганда,
Кечээ кошоктошуп тунганда,
Күңгөйдөн күкүк чакырып,
Будурдан бугу бакырып,
Кермеден тулпар булкунуп,
Желеден кулун жулкунуп,
Кең кубанып жай болуп,
Көрсөң кыргыз жай болуп,
Журт кубанып турганда,
Калыкка мураа Кара дөө
Атасынан баласы,
Мураалыгын карачы,
Өлүм орток, жан бирге,
Дүйнө энчилеш, мал бирге,
Босого алтын жыйгандаш,
Чатакка бирге туу кармаш,
Аттанганда айзалаш,
Өрүш бирге пайдалаш,
Үзүлгөнү уландаш,
Көңүл бирге курбалдаш,
Ашып-шашып Кара дөө
Барга кабар салыптыр.
Бабасы Бакай карыган чал
Байгамбар чалыш кымбат жан,
Бендеден чыкпайт мындай жан.
Көкжал Бакай даанышман,
Көзү көргөн алыстан
Куу жанга мүшкүл иш келсе,
Чымындай жанга күч келсе,
Жеке чыккан жарыштан,
Жеткилең Бакай даанышман,
Көкжалдардын барында.
Көп жерлерге барышкан.
Өчүн алган капырдан,
Өзү дайра акылман,
Өңчөй кандар дүрбөгөн,
Берениң Бакай баатырдан.
Баатырлыгы шердиги,
Баякыдай эрдиги,
Колунан эчак кетиптир,
Кордукка Бакай жетиптир.
Акылынан таныптыр,
Көргө буту салактап,
Мүшкүлгө абаң калыптыр,

www.bizdin.kg

Сакалы куйкул куу болуп,
Көргөнү кордук дуу болуп,
Өлөмүн деп өлалбай,
Өлгүчө таттуу кайран жан,
Арынан Бакай кыялбай.
Кулак укпай кер болуп,
Курган Бакай абаңыз,
Кара жер менен тең болуп,
Кымбат Бакай баркы бар,
Бу дүйнөнү жарыктан
Жоголмок болгон каркыбар.
Кетерине аз калган,
Кара жерге катылып.
Жолборс Бакай бабаңыз,
Жоюлуга аз калган.
Каарды салып Канчоро,
Карыган Бакай душман – деп,
Бар акыл колдон келди – деп,
Балаа мүшкүл, чоң ишке
Байдасы тийип берчү – деп,
Алыстан көзү көрчү – деп,
Каарын төгүп касаптап,
Бу дүйнөнүн азабын
Салган экен азаптап.
Күжүрмөнгө сабатып,
Бар тозокту арттырып,
Беш жол белин сындырып,
Бейпай мүшкүл чоң жаңжал
Башкача бөлөк арттырып.
Ар жумада эки жол,
Абаңыз Бакай карыны
Көкбөрүгө тарттырып,
Көөдөн сөөгү бөлүнүп,
Көрсөң абаң кан Бакай
Кабырга сөөктүн баарысы,
Калчу экен бечарай,
Кат-катынан бөлүнүп.
Жатчу жери алачык
Калган экен кан Бакай,
Кыямат-тозок талашып,
Эс-акылдан эр Бакай
Эчак калган адашып.
Башкүнтөдөн бабаңыз,
Байкуш Бакай абаңыз
Мунун абалы мындай караңыз:
Абаң Бакай эр султан,
Жер кучактап калыптыр.
Жер томпоёр кезине
Жакындап барып алыптыр.
Ойрон Бакай абаңдын
Өөдө турар деми жок.
Кыймылдарга бели жок,
Былкылдарга дарман жок,
Табыш келсе коңгурап,
Дүбүрт келсе оңгурап,
Бараан көрсө сабылат,
Караан көрсө кан Бакай
Кара жандан түңүлүп.
Балбан келип калар – деп,
Канчоро буйрук кылганда
Катуу тозок, чоң мүшкүл
Жалынса койбой алар – деп,
Жапа-мүшкүл кордукту
Жана башка салар – деп,
Бакай дарты ушунда.
Кожозаада Бакайдын
Кор экени билинет,
Кобурт чыкса эшиктен,
Тим жанынан түңүлөт.
Караансыз тозок түшкөнсүп,
Кайран жандан түңүлөт,
Дене бой сексен бөлүнүп,
Көөдөн дарттуу чер болуп,
Көздүн жашы төгүлөт.
Бу кызыталак куу дүйнө,
Кыйын Бакай абаңды
Кызык кордоп кор кылып,
Кордук өтөт көрүнөт.
Канчоронун барында
Бу кол-бутуңду балбандар

www.bizdin.kg

Толгоп өтөт көрүнөт,
Кыйшык-кылтык жеримди,
Бу кызыталак Канчоро
Оңдоп өтөт көрүнөт.
Чөп алачык барды алып,
Абаң Бакай ал кургур
Оңгурап ыйлап таң калып:
«Ата, кош сүлөөсүн бөрк кийип,
Жайнап жүргөн кезимде.
Кырк эки сан түмөн кол,
Ачып жолун туура айтып,
Айдап жүргөн кезимде.
Айчык алтын кызыл туу,
Арышым жетип ааламга
Кечээ кармап жүргөн кезимде.
Дүнүйө кенен чагында,
Кабылан Манас барында,
Жердин жүзүн үч бөлүп,
Бөлүп албай не болдум.
Тирүүдө сакал кыркылбай,
Өлүп аябай не болдум.
Тозокко неге катылдым,
Азапка мынча чатылдым,
Эрлик баштан кеткен соң,
Көкбөрүгө тартылдым.
Айкөлүмдүн барында,
Алп бөктөрүп туурладым.
Жаратканы чын болсо,
Эминесин уурдадым.
Талкан кылчу кара жер,
Көрбөйт деген не мүшкүл.
Эчен жылга жеткиче,
Өлбөйт деген не мүшкүл.
Көкжал Манас, Семетей,
Экөөнөн катар айрылып,
Жулунуп сакал кайгырып,
Былк этпей колум шал болуп,
Бүткөн боюм дал болуп,
Эки көзүм кал болуп.
Карылыктан калжырап,
Бар күчүмдөн ажырап,
Өлбөй-житпей кайгырып,
Кайрандардан айрылып,
Калат деген не мүшкүл?
Казды кушка жедирип,
Өлбөй-житпей күн көргөн
Как баш Бакай дедирип,
Калат деген эмине!
Канча жыл өлбөй ушул баш,
Алат деген эмине!
Как баш Бакай дедиртип,
Кулак угуп, көз көргөн,
Элге как баш дедиртип,
Өзөн жарып толкуган,
Сууга как баш дедиртип,
Тоо уратып, суу бузган,
Чөп силкинтип, кум жыйган,
Муздак шамал, үлкөн жел
Дууга как баш дедирдиң.
Кулак угуп, көз көргөн
Буга как баш дедирдиң.
Жер түгөнгөн Желпиниш,
Желпиништн тууганда
Эне-атам багып чоңойтуп,
Эрешен тартып турганда,
Мойнокчого түштүмбү,
Жаралып калган Кудайдан
Жана сурап чыр кылып,
Мүрөк суусун ичтимби?
Өлбөс-житпес улуу дуу,
Азапка өзүм түштүмбү?
Карыган Бакай жолтойдун
Көргөнүн адам көрбөсүн,
Менин узак жашымды
Жаратканы чын болсо –
Бендесине бербесин!
Кер мурут жигит кезимде,
Ажыруктун тукумун
Талаадан таап чачтымбы?
Ботом, өз башыма Кудайдын

www.bizdin.kg

Тозогун толук ачтымбы?
Маанедирмин деп жүрүп,
Машаяктын, бирлердин
Олуясын жанчтымбы?
Ордого жоопсуз кирдимби,
Жакыныраак достумдун
Тузуна туура сийдимби?
Сакалымдын агында,
Сапарым жакын барында,
Алачык болду турганым.
Көрсөм мүшкүл түш көрдүм,
Өз жакыным Канчоро
Ушундан жаман иш көрдүм.
Иш көрбөдүм, күч көрдүм,
Иттей кордук иш көрдүм,
Токту майын тоң көрдүм,
Тозокту өлбөй чоң көрдүм!
Кандай кааргa катылдым,
Азапка кандай чатылдым!
Бул Канчоро баламдын,
Арпасын кам ордумбу?
Акыркысын сордумбу?
Айлына кыргын салдымбы?
Калайман салып элине,
Кагыш кылып көбүнө,
Эңишип ыргап эл бузуп,
Эки бөлүп журт чайкап,
Бар дүйнөсүн чачтымбы,
Балам Канчоро демин бастымбы?
Куласын кууй качтымбы,
Мунун куралган ишин чачтымбы!
Атаң-анаң дедимби?
Артык кордоп койгудай,
Жумада үч жол сойгудай,
Тирүү абасын кор кылып,
Көп азап салып койгудай,
Калжаңдап бузук жүрдүмбү,
Калыстан качып кайран баш
Кыйыгына тийдимби?
Чынында мүлкүн ойдумбу?
Атасы Чубак көкжалды
Коркок кылып сойдумбу?
Бабасы Балта көкжалга
Каар чачып койдумбу?
Мендей карыган элде жок,
Баскан кимсиң оолак кет,
Мадериң өчү менде жок,
О, ары кет, дабыш, ары кет,
Жакындаба балакет!
Кор болгон мендей элде жок,
Эзип кармап сойгудай,
Мадериң өчү менде жок!
Атым Бакай карыя
Эчен жыл өлбөй турганмын
Ырысты каршы жеп алып,
Жаралган бенде уулумун,
Жаза көргөн урганмын!
Эки колум шал болуп,
Бүткөн бойдун баарысы
Былкылдабай дан болуп,
Сакалым сандап жулунуп,
Мурутум мурда булунуп,
Чымын жаным чыркырап,
Ат буту тийсе кабыргам
Сексен-токсон быркырап.
Койчо онтоп сабылып,
Балбан колу тийгенде
Эчкидей маарап жалынып,
Сөөгүм упат күл болуп
О десем оозго жин толуп,
Демим куурап тим болуп,
Байырың элге жаракмын.
Арстаныман айрылып,
Өлбөй-житпей кайгырып,
Жакам тытып чойгулап,
Как башымды койгулап,
Өлбөй-өксөп кайгырып,
Курбу-курдаш жээк-жергем
Куруп мындан айрылып,
Куруп өлбөй каңгырап,

www.bizdin.kg

Айры белес, ач белде,
Ат арыган куу чөлдө,
Калган Бакай өзүмүн,
Жараткандын каарына
Калган Бакай көзүмүн.
Ырысын жашта жеп койгон,
Карыганда кул болуп,
Тозок тартсын деп койгон.
Өлбөй-житпей кайгырган,
Он эки куйрук, кырк чалгын,
Омуроо чулгай ок тийип,
Ошондон такыр айрылган.
Тозоктун кара көзүмүн,
Мүшкүлдүүнүн өзүмүн.
Көк сүлөөсүн суусар бөрк
Кимдер ыргап кийбеген.
Кан Бакайды көргөндө,
Алптын баары дүрбөгөн.
Ой-дайт Бакай дегенде,
Атагым жанга билинген.
Асыл Манас көкжалдын,
Айлакери келди – деп,
Атагымды укканда,
Алп жанынан түңүлгөн.
Алда кандай болор – деп,
Ачуусу келсе сорор – деп,
Калк жанынан түңүлгөн,
Ошондой Бакай эр болдум.
Караандардан айрылып,
Калдым жеке бакайып,
Калмышында курган жан.
Кара жер менен тең болдум.
Чачайын дейм кан кымбат,
Өлөйүн дейм курган баш
Көөдөндө чымын жан кымбат».
Улуп Бакай оңгурап,
Өксөп ыйлап коңгурап,
Күңгүрөп Бакай ыйласа,
Куурап калган баш да ыйлап,
Аркайган зоо, таш да ыйлап.
Аккан булак суу ыйлап,
Албан түрлүү чөп ыйлап,
Аргын, кыргыз көп ыйлап,
Ыйлаган жандар макулук
Өз кайгысын жеп ыйлап,
Ар жаралган жандарга,
Артык мүшкүл иш түшсө,
Аманат жанга күч келсе,
Артык мүшкүл бүт келсе,
Кырсык кыйла чырмаса,
Балакет басып турбаса,
Курган жанга күч келсе,
Жалпы тозок бүт келсе,
Жаралган жан оңбойт – деп,
Жакшылык жакын болбойт – деп,
Кадырман ыйлап, жер ыйлап,
Мында Кара дөө балбан эр ыйлап.
Кан Бакайга кошулуп,
Эки көздөн аккан жаш,
Омуроодо жошулуп,
Сай-сайлап сөөк бөлүнүп,
Канчоро душман көрүнүп,
Бакай эрди көргөндө
Кара дөө көөнү бөлүнүп.
Калык жыйбай, кол албай,
Кайраты кемип, көөн бошоп,
Баштакыдай болалбай,
Капаланып иш бүтөп,
Каңырыгы бек түтөп,
Эр Кара дөө атанып
Эсил күн ушул, мүшкүл – деп,
Ителгидей кайран көз,
Ирмебестен жаш алып,
Кыялы толкуп кол курап,
Кымбат эрди көргөндө,
Кысталыш түшүп куу башка,
Көңүлү чөгүп бөлүнүп,
Көкжал абаң Бакайды көрүп Кара дөө,
Кыраандын каңырыгы бек түтөп,
Үн чыгарбай оңгурап,

www.bizdin.kg

Баатырың жашып турду коңгурап.
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Өлүүчү Бакай кургурга
Адам, Кара дөө турду кеп баштап:
«Жеткилең тозок мүшкүлгө,
Баткан Бакай эсенби?
Мекен кылып алачык
Жаткан абам эсенби?
Бабалар менен тең өскөн,
Этеги чалкып кең өскөн,
Ар дүйнөсү тең өскөн,
Ботом, шерим абам эсенби?»
Ошондо Бакай карыя:
«Балам, баш-теріҥ башка көрүнөт,
Ээй, балам, баркылдап үнүҥ
чыкканда,
Мен Бакай кан шордуунун
Башкача көөнү бөлүнөт.
Эренимдин эгизи,
Эмгектенүүнүн бурагы,
Кутубийдин чунагы
Ак болоттун тукулу,
Мурунтан мураа болчу эле,
Ботом, мураапы Куту тукуму.
Өчкөн отту тамызчу,
Өлгөн жанды тиргизчү,
Ак болоттун кынынан
Кара тер Бакай карыгандын
Ал-ахбалын сураган
Элчиге жүргөн сенсиҥби?
Кабарга жүргөн кансыҥбы,
Каралды кыя белсиҥби?
Кайранымдын тукуму –
О, ботом, Кара дөө балам, сенсиҥби?
О, көзү кургур тартты эле,
Тилегимди берер – деп,
Кайранымдын калдыгы
Жетимден бирөө келер – деп,
Жер болгон Бакай бабасын
Кабарын бирөө билер – деп,
Келериҥди билгемин,
Ботом, келет го деп жүргөмүн.
Терең казып тепкилеп,
Тегиз балдар кол менен
Көмөр го деп жүргөмүн!
Көп кашайган кандуу көз
О, ботом, көрөр го деп жүргөмүн.
Балдар келип таҥ атып,
Бабасы Бакай кымбат эр
Өлөр го деп жүргөмүн!
Өлүгүм балдар чуу туруп,
Көмөр го деп жүргөмүн.
Жылгындуу Кеҥ-Кол, кеҥ Талас,
Душман жердээр жер беле?
Бере, бабасы Бакай курган жан
Көмүлбөй калып талаада,
Жору жечү эр беле?
О, Кара дөө кулунум,
Тирүүлөй көкжал жоголуп,
Азгырылып кеткенде
Түбүмө түпсүз жоо болуп,
Канчоро чочко жеткенде,
Ордолуунун эр Кыяз
Жедигер каптап жатканда,
Кулун кетти Кылжээрде.
О, ботом, курсакта кетти эр Сейтек,
Жесир кетти Айчүрөк,
Желкесиз кетти Күлчоро,
Кармоодо кеттиҥ Кара дөө.
Өкүргөнүм жаманбы,
Айчүрөк менен Күлчоро,
Арка кылган эр Сейтек
Балам, курсакта булар аманбы?
Аман болсо алар да,
Сен өңдөнүп келерби?
Ак кепиндеп аруу жууп,
Асылы Бакай абасын
Келип балдар көмөрбү,
Ошондой күн болорбу!

www.bizdin.kg

Баатыр Бакай бабам – деп,
Балдар келип чуу туруп,
Колу менен коёрбу?
Кайран бабам өлдү – деп,
Кайра тартпас чын жайды
Кайран киши көрдү – деп,
Кыйындатып жуудуруп,
Кымкап менен буудуруп,
Замзам менен жуудуруп,
Зарбар менен буудуруп,
Ырчыларга мактатып
Ышыктарга сактатып,
Кымбаткерге мактатып,
Кыйындарга сактатып,
Кара жер ачып, көр казып,
Айза булгап, чоң казып,
Айланасын зор казып,
Чуңкуру кырк кез ор казып,
Күйүттүү Бакай өлөрбү!
Асманга учуп топурак,
Аскер түшүп топурап,
Киши көрбөс ой болуп,
Көргөндөрдүн ашынан
Артыгыраак той болуп.
Адам таппай журт билбей,
Аябаган той болуп,
Коштошуп миңдей кой союп,
Бабам Бакай өлдү – деп,
Кыргыз дүрбөп тай союп,
Кемегени ойдуруп,
Асый тайлак, тай тайлак,
Кысыр бээ сандап союлуп,
Калың журтка даңк болуп,
Кара жерге коюлуп,
Өлө турган күн барбы?
Бабасы Бакай карыны
Балдар ыйлап коштошуп,
О, ботом, көмө турган күн барбы?
Айчүрөк, Сейтек, Күлчоро
О, ботом, көрө турган күн барбы?
Кара дөө балам, жедигерден
чыктыңбы?
Ээй, айланайын кулунум, андан
кабар уктуңбу?
Бир жакшылык кептен салсаңчы,
Ээй, балам, азган-тозгон качкындын,
Тууралган тумшук тайкыштын,
Кара дөө балам, ушу туткунга
кеткен байкуштун
Кабарын айтып көрсөңчү,
Балам, угуп Бакай өлсөмчү!
Жедигерден чыктыңбы?
Балам жетимден кабар уктуңбу?
Шай колдогон шер эле,
Ааламдан ашкан эр эле,
Кызара күйгөн чок эле,
Душманга болот ок эле,
Оң далысы кең эле,
Ааламдан чыккан шер эле,
Аман тирүү бар болсо
Бабасы Бакай карыны,
Келип көмөр кез эле.
Ак болоттун талмызы,
Алоокем кандын жалгызы
Күүлөнгөн шер Күлчоро
Кара дөө мындан кабар билдиңби?
Жаралган бою бак эле,
Каза болуп өлбөсө,
Келип калчу чак эле.
Канчоро кордук салганда,
Кайгырамын күйөмүн,
Каралды кылган күлүстөн,
Күлчоро келер бекен – деп,
Кубат кылып жүрөмүн.
Арман мүшкүл көп тартып,
Чөп алачык жер жайлайм,
Өлбөсө келер бекен – деп,
Курсактагы куу жолтой
Эр Сейтекке дем байлайм.
Ай бөксөрүп күн өтүп,

www.bizdin.kg

Арадан мынча күн өтүп,
Аңтара серпип шум жалган
Кетип барат минетип.
Каар көрүп, шор кайнап
Катын да болсо бейбактын
Бир карааны тиер бекен – деп,
Жүрөм Айчүрөккө дем байлап,
Ботом катын эле сыйпалгыр.
Жедигер күтүп эл кылып,
Эр Кыязды эр кылып,
Күзгүдөй өңүн сүзгөн – деп,
Көп түңүлөм бейбактан
Күдөрүн бизден үзгөн – деп.
Оймоктой оозун чойгон – деп,
Бизден күдөрүн үзүп койгон – деп.
Быштым жаным күйүнөм,
Айчүрөктөн түңүлөм.
Көптү көргөн мен Бакай
Кор боломун күйөмүн,
Балдарды күтүп жүрөмүн», –
Деп, ошентип оңгурап,
Бакай айтып турганда
Артыктыгын шердигин,
Билгизмек болду Кара дөө
Өлчүдөй өңү кубулуп,
Бакайды көрүп көп ыйлап,
Кудайга үнү угулуп:
«Ээй, бабам Бакай карыя
Каарлуу кулга кабылып,
Тирүүндө тозок табылып,
Азапка артык чалынып,
Арылгыс шорго малынып,
Тозокко тоодой байланган,
Толкуп шору кайнаган,
Олуя Бакай эр бабам,
Кор болгонбуз байланып,
Күң-кулдукта зарланып,
Багыштын уулу Кыязга
Айчүрөк барып күң болуп,
Каарлуу мүшкүл салганда.
Катын кылып зордуктап,
Кечээ кутурган Кыяз алганда.
Жеңемдин иши жөнөдү,
Арадан мынча ай өтүп,
Аба Бакай сүйүнчү!
Эр Сейтекти төрөдү.
Тоюна токсон союлуп,
Аты Сейтек коюлуп,
Каарлуу Кыяз баатырдын
Эр Сейтекке берүүгө,
Каалаганы уу болуп,
Каалаган уусун бердирбей,
Кайран Чүрөк туу болуп,
Мойнуна тумар тагынып,
Эл көрбөстүн чөлүнө,
Эл барбастын көлүнө,
Эчен жыл бугу багылып,
Ээрчип эптеп эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Балалыгы жоголуп,
Баатырлыгы зор болуп,
Он төрткө жашы келгенде,
Ордо ээлеген кан болуп,
Олуязаада жан болуп,
Акыл тапкыч айлакеч,
Айдай катын Айчүрөк,
Айла тапкыч ал болуп,
Кара дөө менин өзүмдү,
Кан абам уккун сөзүмдү,
Алты күлүк ат менен,
Айчүрөк жазган кат менен,
Жердин үстүн чалгамын.
Бакайга досту Кызылсарт,
Эң себепкер дарыгер,
Кылдатты таап алгамын.
Жети куржун бүктөтүп,
Желмаянга жүктөтүп,
Эр-шердикти билгизип,

www.bizdin.kg

Жел жетпеген тулпардан,
Жетигин тандап мингизип,
Жерге кабар салдырып,
Эбеп-себеп дарыдан
Ар бир шаардан алдырып,
Көп кетирип алымды,
Зарып кылып барымды,
Себепкорду алдырдым,
Шай колдогон берендин,
Далысын кайра салдырып,
Чылк казыга бөлөтүп,
Майга чыктай бердирип,
Эбеп-себеп дарыдан
Алты ай тынбай бердирип,
Ооруганын басылтып,
Умачтай көзүн ачылтып,
Он эки мүчө тең болуп,
Баштагыдан эр болуп,
Кыязды көргө киргизди,
Кымбаттыгын билгизди.
Кас болгон душман кыйрады,
Жетим бала, тул катын,
Койбой муну жыйнады.
Кармашканын кан кылды.
Кез болгонун кемирди,
Кабылганды кайсады.
Көй душман көргө киргизип,
Көк жалдыгын билгизип,
Аба Бакай сүйүнчү!» –
Деп ошентип Кара дөө
Канкор элең, шер элең,
Алп артык мүчөң тең элең,
Ата болуп асырап,
Эне ордуна сактаган,
Үзүлгөндү көп улап,
Чачылганды көп жыйнап,
Таласты күтүп жер кылып,
Ааламга айкөл шер кылып,
Мисир калаа бак кылып,
Кыргызды кара шак кылып,
Өзөндү чынар бак кылып,
Олуялуу жан кылган,
Эченди султан кан кылган.
Белге таңуу бел элең,
Бет алган мүшкүл жоо келсе,
Эмил чокмор шер элең.
Баба атам сизди көрүүгө,
Кумарланып жегемин.
Тилегениң бериптир,
Каалаганың Күлчоро
Каралды уулуң келиптир.
Курсагыма түйүлүп,
Куру тентип күйүнүп,
Куугун түшүп сүрүлүп,
Курсакта калып жетимден,
Жедигер барып жетилген,
Ак болоттун тукулу
Арстандын тукуму,
Аргын, кыргыз ортосу,
Эр каңкордун Чолпону.
Көңүлдүн түйүн санаасы,
Аргын, кыргыз калаасы,
Айкөл Семетейдин баласы.
Уулуң Сейтек келиптир,
Аба Бакай, сүйүнчү!
Ушинтип Кудай бериптир,
Баарысынын баасы,
Багдакүлдүн Чолпону,
Ордолуунун тазасы,
Саналуунун аяшы,
Айдай катын Айчүрөк
Ай келиниң келиптир,
Азаптуу күнүң батыптыр.
Аба Бакай сүйүнчү!
Агарып таңы атыптыр,
Кордогон душман жоголуп,
Комутту иши оңолуп,
Каардуу душман жоголуп,

www.bizdin.kg

Кайрадан иши оңолуп,
Тиктегениң келиптир,
Тилегиңди бериптир.
Каалаганың келиптир,
Кайгырган капаң чачылып,
Касиеттүү жан элең,
Кайрадан багың ачылып,
Ички күптүң чачылып,
Жүрөк ооруң басылып,
Сакалың куудай агында,
Сапарың жакын барында,
Жонуңан кетип кылооңуз,
Көмүүчүм азыр келди – деп,
Көп тилек кылып туруңуз.
Баш күнтөдөн кан абам,
Мингениң алтын так экен,
Көмөрүңдү көргөзгөн,
Жараткан Алда Таалага,
Жарыктык Бакай эр чиркин,
Оболдон ишиң ак экен.
Кутмаарек болуп тагыңыз,
Куп ачылды багыңыз,
Кеткениң келип болуптур,
Кемтигиң кенен толуптур.
Керегиң колго келиптир,
Торго түштүң тордолуп,
Тозокту тарттың кордолуп.
Жыргаган жаш күн казапты,
Жылма болсун Канчоро,
Жеткилең аба Бакай кан
Жеткизген экен азапты.
Чукул кылган казаңды,
Желикме тууган кутургур,
Жеткирген экен жазаңды.
Тирүүлүктүн жарыктан,
Кетерге жакын калыпсыз,
Бу дүнүйө жалгандан,
Өтөргө жакын калыпсыз,
Арка жүгүн арбайтып,
Ача бутуң салпайтып,
Артууга жакын калыпсың.
Бу дүнүйө жарыктан
Кайтууга жакын калыпсың.
Эл дүрбөсүн журт чуулап,
Келгенге салам айтыңыз.
Көп кечикпей кайраным,
Сапарга сандап кайтыңыз.
Ааламга жактыңыз,
Айдай жарык бактыңыз.
Эл башкарып журт күтүп,
Султандыкты көрдүңүз.
Жазалыгын кордугун,
Тирүүңүздө бердиңиз.
Армансыз болду алдага
Жоголгонду көрдүңүз.
Арманың ачык арылды,
Абал Бакай эр чиркин,
Ачылган артың жабылды» –
Кара дөө туруп муну айтып,
Айтып оозун жыйганча,
Күлчоро менен эр Сейтек,
Айчүрөк менен Каныкей,
Эринден тешип үйрөтүп,
Чачыкей менен Канчоро
Экөөнүн башын сүйрөтүп.
Чуңкуйтуп көзүн оюптур,
Абасына тартканда,
Ашкере жакын болуптур.
Тизе жерге бүгүлүп,
Сүйүнчүлөп жүгүрүп,
Каныкей менен Айчүрөк
Калбай булар жүгүрүп,
Бакай шердин алдына
Зыярат кылып жүгүнүп.
Боздоп ыйлап буркурап,
Кан абалап чыркырап,
Катар экөө жетелеп,
Кабырга кыйрап бөлүнүп,
Муңдуу бакыр баш кошуп,

www.bizdin.kg

Көздүн жашы төгүлүп,
Өлөрман Бакай кары ыйлап,
Каныкей боздоп зар ыйлап,
Айчүрөк какшап ал ыйлап,
Көрбөгөн байкуш шумдуулар,
Көп мүшкүл тарткан муңдуулар,
Көөдөндөн черлер жазылып,
Көп кумар дарт ачылып,
Көрүшүп булар турду эле.
Алардын арт жагынан,
Баатыр Сейтек, Күлчоро
Катар экөө келгени,
Карыганда Бакай бабаңыз,
Эр Сейтекти көргөндө,
Өлчү жаны чыркырап,
Карыганда абаң Бакай кан,
Өңүм беле түшүмбү,
Өз каалаган кишиңди,
Көзүмдү ачып байкачу,
Көрөрүм келген белем – деп,
Оозумду ачып сүйүнүп,
Өбөрүм келген белем – деп,
Терең казып тепкилеп,
Көмөрүм келген белем – деп.
Асыл абам өлдү – деп,
Көрөрүм келди белем – деп,
Карыган Бакай абаңдын
Кабырга кыйрап такыр жок,
Эң кордогон дүйнө бок,
Чартылдачу чамам жок,
Баркылдачу бабаң жок,
Сүлдөрүм бар, чамам жок,
Куру сөөгүм калды айла жок.
Чама чарчап ал кеткен,
Көөдөндөн чымын жан кеткен,
Көк жал абаң минеткен.
Тирүүдөн көзүм оюлуп,
Күлчором кеткен байланып,
Семетей кетип жоголгон,
Ак шумкар куштай айдалып.
Айла таппай мен Бакай,
Мен калгамын зарланып.
Каралды Чоро көлөкөм,
Караан кылган берекем,
Кырааным Чором келген соң,
Өндүрүм жайлуу кең өзөн,
Жайым келген турбайбы.
Кашкайып тоодон көрүнгөн,
Айым келген турбайбы.
Астыга салса ак жолум,
Акжолтой шерлер келген соң,
Келгенин көзүм көргөн соң,
Азыр өлөр болжолум.
Айланайын эки шер
Ичим кайнап жалындап,
Сүйүнгөндөн чок болду.
Картайганда кан абаң,
Силерди көрбөй чиркин жан
Канетип өлбөй токтолду.
Айланайын эки шер
Кетменден жерди ойгула,
Көп боздотпой бабаңды
Оюп көргө койгула.
Өлсөм эми арман жок,
Манастан бери түк өлбөй,
Убара кылды дүйнө бок.
Эстен танып киркиреп,
Акылдан танып кан ыйлап,
Шай колдогон Күлчоро
Абасын көрүп ал ыйлап,
Эстен кетти эр Бакай
Артыкча ыйлайт Күлчоро
Кабылан Бакай кан абам,
Жаш чагында суусар бөрк,
Кимдер ылгап кийбеген.
Кан Бакайды көргөндө,
Калың капыр дүрбөгөн.
Кара алгыр эле жем жеген,
Картайып Кудай алыптыр,
Каар-касапка учурап,

www.bizdin.kg

Кан абам болбой калыптыр.
Эрен эле, кан эле,
Бек чыккан Кадыр түн эле,
Белгилүү шердин бири эле.
Шер картайып таныптыр,
Серүүндүү жерге жолугуп,
Кайран Бакай шер абам,
Калк башкарган эр абам,
Чычканга жетпей калыптыр,
Чын дүйнөдөн таныптыр.
Чын өлчү жакын жерине,
Чын эле абам барыптыр.
Көп дүйнө кенен чагында,
Көк жал атам эр Манас
Көй кыраандар барында,
Мында Бакай өлбөптүр,
Алар чуулап көмбөптүр.
Андан калган шер абам,
Капкалуу Бээжин Кара шаар
Камагандан өлбөптүр.
Калдай тоонун шибери
Сабагандан өлбөптүр.
Алтын жүктөп, кыз үптөп,
Талаганда өлбөптүр.
Кайра келбес чын жайды,
Кайран киши көрбөдү.
Кара болот, сыр найза,
Ээлегенде бир өлбөй,
Ай-ааламды буй кылып
Жөөлөгөндө өлбөптүр.
Кайрандын кара көзү абам,
Как зааданын өзү абам.
Сандай чыккан жарыштан,
Атактуу сайган сайыштан,
Адамдан кайдан калышкан.
Сөзү шекер, кеби алтын,
Таалайлуу абам даанышман.
Баатыр болуп шер болдуң,
Бар дүйнөңдөн айрылган,
Балдар ай деп кайгырган,
Баарыдан бакыр сен болдуң
Канкорундун барында,
Сары кайкаң белди алып,
Сандаган какан элди алып,
Болоттон найза аштаган,
Илектеп түмөн кол чыкса
Бир адамдай баштаган.
Караңгы түндө көз тапкан,
Каарлуу жерде сөз тапкан.
Жарга айдаса жаңылбас,
Жаралган адам уулунан
Абакем сендей табылбас.
Басып жоого кол салган,
Бала арстан мен элем.
Байланып калса бак ачкан,
Данакер себеп сен элең.
Кайгуулга чыкса камыкпас,
Душманга кылча мал чыкпас,
Жадаал сөзгө таңылбас,
Караңгыда карсактын
Изин салса жаңылбас.
Кайгырып ыйлап боздосок,
Кан абам сендей табылбас.
Өзөндүү чынар терегим,
Жанга өлчөлүү керегим,
Өткөн ата-бабадан
Мурага калган белегим.
Жел тийбес түптүү чынарым,
Кабылганды кайсаган,
Кара кашка тынарым.
Жетик аба жаныбыз,
Көп кыргыз жүгүн жүктөгөн,
Кызыл куйрук арыбыз.
Баатыр Бакай бабабыз,
Кайра келбес дүнүйөң
Көрөрүндө кезиктиң.
Кас ажал жетип дүйнөдөн,
Өлөрүндө кезиктиң.
Куу кырсык адам торогон,
Кырсык кыркы каптаса,

www.bizdin.kg

Ким ушундай болбогон.
Чынар чирип бакта өскөн,
Кандар минген такка өткөн.
Аскар тоо кулап, бел да өткөн,
Арстан Манас, Алмамбет
Айкөл көкжал шер да өткөн.
Маанилүү эчен кеп өтүп,
Бу дүйнө бекер алдамчы
Телегей өтүп, тең да өткөн.
Тегиз Бакай канзаада
Ойлонсок мынча шер да өткөн.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Аңтарып серпип өтүүгө,
Түпкө бир күн жетүүгө,
Тирүүчүлүк жарык күн
Бу баштан бир күн кетүүгө,
Араандай оозду кара жер,
Колтугуна катууда.
Талкандан бетер тартылып,
Кара жер майда тартууда.
Калк атасы зор Бакай,
Чукул кылган бабабыз,
Жер алдында жатууга,
Жети алышка жол берген,
Жеткилең жанга кол берген,
Жетик Бакай бабабыз,
Жер болуптур караңы.
Жутуучу Кара жериңе
Тең болуптур караңыз.
Бул ушундай болгон соң,
Ким ушундай болбосун.
Бооруңузда кара жер,
Кандай жанды сорбосун.
Булут минип, муз бүрккөн,
Буудан эле, шер эле.
Бу дүйнөдө жаралган,
Буудан Бакай эр эле.
Түп оопасыз куу жалган,
Ботом түгөтөт тура дегеле.
Бакай кан көрүп Күлчоро,
Кадырын билген кан ыйлап,
Картайганда Каныкей –
Калк энеси ал ыйлап,
Дегеле калайыктын баары ыйлап...
Кабырга сөөктөр сөгүлүп,
Көңүлдөр сайлап бөлүнүп,
Кызыталак куу өлүм,
Көзгө чукул көрүнүп.
Күн бөксөрүп ай өтүп,
Жандап жүргөн экен – деп,
Жаза берип куу дүйнө,
Алдап жүргөн экен – деп.
Асман да ыйлап, көк да ыйлап,
Алтайлык бекен чөп да ыйлап.
Кайгы качып жошулуп,
Тентиген мунда кошулуп,
Келген жери ошо жер.
Кабактын баары ачылып,
Капа сайлап чачылып,
Көңүлдөр жарык ачылып,
Көп күйүт сайлап чачылып,
Тилеги тегиз кабылып,
Тиктегендер табылып,
Өчкөн күйүп, жан жыргап,
Өлгөн тирилип, журт чуулап,
Келген жери ошо жер.
Каалашканын колуна,
Берген жери ошо жер.
Өрткө өрттөнүп зар болуп,
Мүшкүлдү далай көрүшүп,
А мүшкүлдөр жоголуп,
Абыдан иши оңолуп,
Ата-бала көрүшүп,
Келген жери ошо жер.
Ырысы көлдөй жөнөдү,
Бала Сейтек эр чыгып,
Бабаң Бакай карыны
Чылк казыга бөлөдү.
Эбеп-себеп дарыдан,
Эчен катар берди эле,

www.bizdin.kg

Акыл кетип эс кетип,
Ансайын Бакай төмөндөп,
Өлө турган болду эми.
Кайрылгысыз чын жайды,
Көрө турган болду эле.

Белгилүү Бакай бабаңыз,
Жоголгон жоктор табылган,
Абийирдин баары жабылган,
Муну таштай салыңыз,
Мындан кабар алыңыз:

Баарысы аман-эсен Күлчоро, Сейтек, Каныкей, Айчүрөк, аргын кыргызга Сейтекти хан көтөрүп, жыргап калды. Ошентип, жыргап турган кезинде Семетей менен эмчектеш болуп калган Кара дөө – Куту бийдин уулу: «Жоголуп кеткен Семетейди тирүү экен» – деп айтып келгени.

«Кой-ай, жоголуп кеткен, өлүп калган киши кайдан табылсын» – деп Күлчоро ишенбейт. «О ботом, ошо сайышып турган жеринде мен да бар элем», туу кармаган бала элем. Семетейди калп эле Кыяз сайды дейсиңер, жөө туман түшүп күн да түн, түн да күн болуп Ак шумкар менен, Ак тайган менен, ак олпогу менен, жай-жарагы менен жоголуп кетти эле. Качан Семетей өлдү эле. Качан Семетейди терең казып тепкилеп качан көмдүк эле. Карада каны, кумда изи жок жоголду эле. Мен Семетейди көрдүм. Тайбуурулду минип, Ак шумкарды алып, Ак буурулун минип, Ак тайганын ээрчитип, Ак келтени асынып, Ак олпогун кийип, Кайыпчынын кара үңкүрүнө кирип, ар бир жумада көрүп жүрөмүн, – деп айта берди Кара дөө.

СЕЙТЕК МЕНЕН КҮЛЧОРОНУН ЧЫРЫ

Бир күнү келди дагы: – Сен Айчүрөктү неге албайсың? – деп Күлчорого айтып турганы.

Калайык бар калкыңар,
Албан түрлүү алпыңар,
Кара сакал, ак сакал,
Боз бала, жаш балалар.
Кара мурут, кер мурут,
Калайыктар калкыңар,
Канча бир кыйын алпыңар,
Ай төмөндөп, күн өтүп,
Бу жалган өтөр минетип,
Калайык ук, каныңук,
Калың журтум баарың ук!

Көк жал атаң жоголуп,
Кордук-зардык күн көрүп,
Конушка кирип оңолдук,
Эрмелеп жүрүп эр болдук,
Көй душманга тең болдук.
Ташты бузуп көч алдык,
Талкандашып өч алдык,
Таласты чалдык чеп алдык,
Таамай душман эр Кыяз
Канчородон кек алдык.
Конушка Талас жерди алдык,

www.bizdin.kg

Үйүрлүү марал алтын так
Эл күздөгөн белди алдык.
Атадан калган мураапы,
Аргын кыргыз элди алдык.
Көңүл чалкып жай болдук,
Көп адамдан бар болдук.
Ордо күтүп хан болдук,
Бир ой ойлоочу жан болдук.
Куруп жүрүп зор болдук,
Тентип жүрүп чоңойдук.
Эрешен тартып эр болдук,
Эр уулу менен тең болдук.
Кор болуп Талас жерди алдык,
Мураага кыргыз элди алдык.
Атам дасың агасың,
Атамдан артык бабамсың.
Уят болор муңуңуз,
Абаке кептен угуңуз,
Берен атам жоголсо,
Жеңени кайниң албайбы.
Кеңеш айткан кебиме,
Көнбөйсүңбү жан ага,
Ачуу душман, акыл дос,
Акыл сөзгө акыл кош,
Атаны Кудай албайбы,
Артынан тукум калбайбы,
Жеңесин кайни албайбы?
Кыялы тентек аныңыз,
Менин энем Айчүрөк
Айчүрөктү алыңыз.
Айкөл абаң эр чиркин
Ата болуп калыңыз.
Караганда кардым ток,
Көлөкө кылсам көөнүм ток.
Астыга салсам ак жолум,
Айдап жүрсө сан колум,
Маңдайга чыкса барааным,
Каралды кылган карааным.
Медеримсиң, белимсиң,
Берекелүү шеримсиң,
Көзүмдү ачып көргөнсүң,
Ооз ачканда өпкөнсүң.
Ар сонундап баккансың,
Адамдан артык сактадың.
Акырек өзүң салыңыз,
Айчүрөктү алыңыз.
Арманым жок Кудайга
Ата болуп калыңыз.
Баатырдырсың, шердирсиң,
Ааламдан артык эрдирсиң,
Калган жесир-жетимди
Күтүп алчу сендирсиң.
Каралды кылган канатсың,
Бел байлачу белимсиң,
Бекип жаткан жеримсиң.
Каралды кылган батамсың,
Кармап жүрөр атамсың.
Эш тутуучу тууган жок,
Өзүңдөн бөлөк тууган жок.
Каз айланбас зоо болгун,
Каралдуу медер тоо болгун.
Айткан тилди алыңыз,
Жетимге көздү салыңыз.
Кас ажал жетип күн бүтсө,
Кан абасы өлбөйбү,
Калсын жерге катылып,
Тирүү жан күнүн көрбөйбү.
Калганга көзүн салбайбы,
Жеңесин кайни албайбы?
Айтканым акыл билип ал,
Каралды болгон чоң мураа –
Кырааным абам тилимди ал.
Азарыңды салбасаң,
Айчүрөк жеңең албасаң,
Тургандан жетим Сейтекти,
Бала кылып салбасаң,
Кең Таластан көчөмүн,
Туугандыктан кетемин.

www.bizdin.kg

Менин энекем салбар мен тартуу,
Тууган болуп нетемин.
Олуядыр шердирсиң,
Адамдан артык каалаган
Күлүстөн абам сендирсиң.
Арышың арбын уулу элең,
Шердигиң артык кан элең,
Бир жесир катын жаш балдар,
Тилин алчуу жан элең.
Айтканым алтын билип ал,
Асыл абам тилимди ал.
Тойго токсон мал союп,
Бу дүйнөнү кең коюп,
Алпты, калкты бет кылып,
Ала тоодой эт кылып,
Акылман тапкыс ой кылып,
Аалам журтка той кылып,
Акылы жетик алп жыйнап,
Албан түрлүү кан жыйнап,
Ашкере той кылалы,
Алыскыны дүрбөтүп,
Жакыныны бүлдүрүп,
Кызыгына кыйратып,
Кыйла жанды күлдүрүп.
Жылкыдан миңден тай союп,
Бар дүйнөнү тең коюп,
Калыска тартып тууганды,
Калыкты койбой жыялы.
Чүрөккө ике кыялы,
Акыл сөзгө барыңыз,
Айчүрөктү алыңыз.
Акыл сөзгө барбасаң,
Айчүрөктү албасаң,
Уят болот мунуңуз,
Бул айткан кепке туруңуз.
Айтылган тилди алыңыз,
Айдаган жолго басыңыз,
Албаса деп күнүлөр,
Көрө албас тууган касыңыз.
Чындап баатыр тилимди ал,
Желигип кетсең жесириң,
Короолош консоң өз айылың,
Козголуп кирсе өз зайыбың,
Орунтуктуу акылың,
Ашкере Чүрөк катының.
Акыл болор мунуңуз,
Убадага туруңуз.
Жесирге көздү салыңыз,
Шорлуу энем долуну,
Зайып кылып алыңыз.
Кайгы салбас өзүмө,
Айчүрөк жандан уул туулса,
Канат болор өзүмө,
Бул кезекте эр аба,
Кармап минер буудан жок,
Кара кылчу тууган жок.
Кашынарга жалым жок,
Каралды кылчу дагы жок.
Шыйпанарга куйрук жок,
Куланга катар турамын.
Басарыма бут да жок
Жыланга чалыш турамын» –
Деп ошентип эр Сейтек
Шай колдогон эренге,
Түп арслан беренге
Түрдүү сөз айтып турганы.
Ичи өрттөнүп чок болуп,
Турсун кантип токтолуп.
Түү-түү Сейтек не дейсиң,
Эр Күлчоро муну айтат,
Өлүм орток кепти айтат:
«Түү-түү Сейтек не дейсиң,
Бул кебинди ким уксун,
Көз байлаган түн уксун.
Түпсүз кара суу уксун,
Айгайлаган чуу уксун,
Көк мунарык бел уксун,
Төбөсү бүтөө көк уксун,
Төшү түктүү жер уксун,
Ушундан бөлөк ким уксун.

www.bizdin.kg

Кече берен атам Алмамбет,
Аркы атабыз Чылаба,
Чылаба кандын чын уулу,
Чын Алооке Азиз кан,
Азиз кандан Алмамбет,
Өзөнду өрттөп май кылып,
Өз атасын жай кылып,
Кан талашып кагышып,
Кайраты менен чабышып,
Көңүлү калып Какандан,
Көчкөн экен Таласка.
Келип чоро болуптур,
Жакыптын уулу Манаска.
Кыйлалуу кыйын жол жыйнап,
Кырк эки түмөн кол жыйнап,
Чалыяр баспас Бээжинге,
Чалкалап айза сунуптур.
Күрмө кийген кытайдын,
Күчтүүлөрүн кырыптыр.
Сулайман тийбес Бакбурчун,
Сурагын тартып алыптыр.
Канча жан баспас Бээжиндин,
Кандыгын тартып жүрүптүр.
Он эки ай тынбай кан болуп,
Аким болуп туруптур.
Какандан бери кайтканда,
Кас тажаалы жетиптир,
Чоң жадыгөй Кожожаш
Кожожашка кезигип,
Окко учуп атам кетиптир.
Кайра тартпас чын жайга,
Кайран атам өтүптүр,
Кылчайбай турган кымбат жай,
Кызырлуу атам кетиптир.
Атамды Кудай алганда,
Арууке энем боюнда,
Үч ай талгак жерик кез,
Курсагында калыпмын.
Кыйла жыргал шумдукту,
Курсакта жүрүп тутупмун.
Үч ай калып курсакта,
Кабылан атам канкорду,
Калайык ээси чоң зорду,
Айзалуунун ыктуусун,
Арстан Манас мыктуусун,
Курсакта жүрүп жутупмун.
Куу жолтой жетим болупмун,
Курсактан түшүп бир күнү,
Аруукени сорупмун.
Эне-атаны тең жутуп,
Кезиккенин сорупмун.
Букарга абам бузулуп,
Алагүрмө саат болуп,
Ага-ини күнү кас болуп,
Букарга качып барышты.
Өгөй эне Бурулча
Жыртык кара үй менен,
Жырык кара уй менен,
Бурулчага багылдым.
Бурулча багып куш кылып,
Бууданыма туш кылып,
Букардан абам келгенде,
Жүрөгү майлуу болсун – деп,
Казы кесип жедирди.
Бөлүнбөс тууган болсун – деп,
Каныкейдин эмчегин,
Мен жетимге эмгизди,
Өзүмдүн иним дегизди.
Береки турган Айчүрөк,
Он экиге келгенде
Жеңемди көзүм көргөмүн.
Эришти аркак чалганын,
Энемдей көрүп калгамын.
Арка кылган төрөмдү,
Энемден артык жеңемди,
Көргөндө таалай чекемди,
Эне ордуна кармаган,
Эш кылган кара мекенди
Кай шумдукка бар дейсиң,
Нике кыйып ал дейсиң.

www.bizdin.kg

Минте берсең беземин,
Эр Сейтек сенден кетемин,
Эне кылган Чүрөктүн
Эзелтен шумдук дүмөктүн,
Эмчегин бассам оңомбу,
Эсимден тийсем кобомбу.
Жанакы көкжал абамдын,
Жаздыгын бассам оңомбу,
Капырай, жанымдан тийсе кобомбу.
Туйгун канкор абамдын,
Тузуна сийген болорбу,
Бел байлаган мунарык
Белиме кара санабайм.
Бек караны белгилүү
Шерге кара санабайм.
Кайраты бөлөк, заары күч,
Эриме кара санабайм.
Бул айтканың албаймын,
Бу деген сөзгө барбаймын.
Төрө көкжал баатырдын,
Төшөгүн баскан оңорбу,
Төбөдөн тийген коборбу.
Алып койсо окустан,
Ар жаңжал болот кокустан.
Кабыргадан кагынып,
Кас тажаал минтип табылып,
Как бөйрөктөн чамынып,
Как төбөдөн сезгенип,
Капталдан ажал атпайбы.
Каны туздуу канкордун
Как бооруна тартпайбы.
Күлүстөн абаң эр шордуу,
Күндөй соолуп батпайбы,
Учадан Кудай урбайбы,
Учмактуу дүмөк чоң ажал
Арылдап аңдып турбайбы.
Абам кандын акими,
Арбайтып бутун артпайбы.
Алкы бузук кара жер,
Суук бооруна тартпайбы...

Жер Ата жебеп сорбойбу,
Желпинтесиң абаңды,
Жер томпойтуп койбойбу?
Бул сөзүңдү албаймын,
Таалайга бүткөн жетим кул,
Бул сөзүңдү албаймын.
Атамдай көргөн төрөмдү,
Энемдей көргөн жеңемди,
Тозокко мынча баргын – деп,
Бул айтканың кандай кеп,
Сүйлөбө иним андай – деп,
Өлбөөчүдөй жутунуп,
Тунбоочудай кумтунуп,
Тозокко калып нетемин,
Адам көрүп эл баспас,
Белге кирип кетемин.
Кулак угуп, көз көргүс,
Жерге кирип кетемин.
Кетире бербе алымды,
Күйгүзбөгүн жанымды,
Каза бербей орумду,
Кайнатпа калың шорумду.
Кыла бербе сонунду,
Чечпе абийирдүү тонумду.
Чукуй бербей жоорумду,
Тууган дедим шыйытпа,
Азап иш жакка кыйытпа.
Минтип турсаң Сейтегим,
Күүлөнөрсүң кетерсиң,
Күркүрөйсүң бекерсиң,
Күн шылдың кылсаң көөнү жок,
Абаңдан чогуу кечерсиң.
Жүргөнүмөн жан чыгып,
Алакандан чаң чыгып,
Арбайлап жүгүн артарсың,
Азабымды тартарсың.
Көкжал абам кайда – деп,
Көп жерге суроо айтарсың,
Кайгырарсың кетерсиң,
Баатырга кандай дедим – деп,

www.bizdin.kg

Бармак тиштеп, баш чайкап,
Убара болуп өтөрсүң.
Береним кыраан кайда – деп,
Капаланып кайгырып,
Кан абаңдан айрылып,
Таласка бойлой конорсуң,
Козгоп менден айрылып,
Кор болорсуң кайгырып.
Көп капа болуп нетерсиң,
Коңгурап кошуп баш чайкап,
Көп капа болуп өтөрсүң.
Эсиме салба дүмөктү,
Ооз ачпай жетим басып кой,
Энемдей көргөн Чүрөктү.
Түгөнгөн бала которбо,
Түбү түптүү дүмөктү.
Паана кылган мөмөмдү,
Маңдайда жарык чекемди.
Караганда кардым ток,
Көргөнүмдө көңүл ток,
Жеңем Чүрөктөн башка мекен жок.
Ак шумкар уя салуучу,
Аркар жеткиз зоодоюм,
Түптүү караан тоодоюм.
Колумда манар желегим,
Абаман калган Айчүрөк
Капкалуу шаар белегим.
Карга айланбас белдейим,
Капкалуу карк Кара шаар
Карааны толук элдейим.
Чын казына ур жүздүү,
Энеме катар жеңемди,
Кай жорукка бар дейсиң?
Чунак балам эр Сейтек,
Кай мүшкүлгө кал дейсиң?
Төрөнүн зайыбы энемди,
Каралды кылган кememди,
Төш этин кантип ачамын?
Төрө абакем султандын,
Төшүн кантип басамын,
Төшөгүн кантип ачамын?
Жадалдык болор мунуңуз,
Жандап жарык кеп кылбай,
Жана балам туруңуз.
Жалкоолонбо жөнү жок,
Жаман болор мунуңуз.
Учуксуз сөзгө туруңуз,
Учмактуу дүмөк эр жетим,
Уят болор мунуңуз.
Айчүрөккө кеп салбай,
Кеп салам деп жеп салбай,
Ушу сөз менен тыныңыз.
Уябыз бирге бир тууган,
Иним уят болор мунуңуз.
Опсуз орой кеп салдың,
Бүгүн ар абаңды жеп салдың,
Опсуз орой кеп салдың,
Орой сөз айтып жеп салдың.
Кайгы кылып кеп кылып,
Капка сайга токтоттуң.
Капа кылып абаңды,
Качаңкысын жоктоттуң.
Көөрүк салдың темирге,
Көп санаа салдың сеңирге,
Көп жаңжал салдың көңүлгө.
Өзөгүм өрттөп чок кылдың,
Айта берсең ушинтип,
Асыл абаң көк жалды
Бу дүйнөдөн жок кылдың.
Өрттөдүң да бышырдың,
Өзөгүм өрттөп чок кылдың,
Минте берсең абаңды
Бу дүйнөдөн жок кылдың.
Тирүү кезде кубаарың
Көкжал абаң өлгөнү
Артында Сейтек калды – деп,
Караан кылып турамын.
Энемдей жеңем алгын – деп,
Ээ мүшкүлгө баргын – деп,
Деги эмине дедиң кубарым...

www.bizdin.kg

Копшонтпо кымбат сөзүмдү,
Ыйлата бербе көзүмдү.
Капа кылба өзүмдү,
Какшата бербе белимди.
Балам катуу оорутпа көөнүмдү,
Көкжал абам көп самап,
Менин кара көзүм кар болгон,
Кан абамдан айрылып,
Кайран колум шал болгон,
Туура сөзүм кеч болуп,
Турбай жүрөк өрттөнгөн.
Саргарса санаам жыйналган,
Канкор абам деп ыйлап,
Эки көздөн аккан жаш,
Омуроо ылдый кулаган.
Көөдөн күйүп чок болуп,
Эсимди жыйып токтолуп,
Акыл ийлеп күч кирип,
Адамча бутум басканы
Азыраак күн болду эле.
Ар капа күйүт мүшкүл иш,
Баш күндөн курчап койду эле.
Бала бу кебинди ким уксун,
Бөпүлдөгөн куш уксун,
Бөлөкчө душман ушу уксун,
Байлабагын багымды,
Сындырба балам шагымды.
Оорутпагын көөнүмдү,
Бүктөбөгүн белимди.
Күндүр-түндүр былкылдап,
Калайык жыйнап шыбырап,
Түнүчүндө жер бузуп,
Күндүзүндө эл бузуп,
Тойгун деп токсон бээ байлап,
Толгон калыс эл шайлап,
Азыркыны күлдүрүп,
Көп көргөн жанды бүлдүрүп,
Энең Чүрөктү бергин дедимби?
Мандайды чалып кыр кылып,
Калк чогултуп сын кылып,
Кантем Сейтек бадирек,
Калк дүрбөтүп эл жыйып,
Канча жол салдым чоң дүмөк.
Абийири толук аргынды,
Ай дүрбөтпө калкымды.
Айчүрөк алып берем – деп,
Кетирбе балам баркымды.
Байлабагын багымды,
Сындырбагын шагымды,
Бүктөбө балам белимди,
Оорутпа антип көөнүмдү.
Балам, ээрчитип жүрүп эр кылдым,
Эр уулу менен тең кылдым,
Салып жатып там кылдым,
Сени санжыргалуу кан кылдым.
Таласка чынар бак кылдым,
Ата конуш жериме,
Кан кылдым кыргыз элиңе.
Уңгусу болот сыр найза,
Учмактууга жүргүзбө,
Уйпалап жетим күйгүзбө.
Минте берсең сен Сейтек,
Эченге жаңжал кыласың.
Эсил өткөн абамды
Жаңы өлгөндөй кыласың,
Кайгы салба ичиме,
Тозокту салба кишиге,
Өрт каптатпа билекке,
Абаңды салба дүмөккө».
Күлчоро минтип оңбоду,
Энемдей жеңем болчу – деп,
Түйүндүү көңүл чачылып,
Эр Күлчоро болбоду.
Бул айткан сөзгө эр Сейтек,
Көп сүйлөбөй тил айтпай,
Кабылан кургур басылып,
Кеп кылынбай коюлуп,
Кеп ордунда болду – деп,
Кебин Сейтек койду – деп,
Акылы сайлап чачылып,

www.bizdin.kg

Айтылбай ал кеп басылып,
Аны таштай салыңар,
Артылган кызык чоң дүмөк,
Эми чыкты башталып,
Мурунтан булбул кезине,
Атасынан бабасы
Мурда болгон өзүнө,
Кутунун уулу Кара дөө,
Ат бороюн сыдырчу.
Көркөмдөлүү көйүстөн,
Көчүк жагы Индустан.
Алты шаар Маргалаң,
Аягы Букар, Самаркан.
Алыстан жоо келбеске,
Ат бороюн сыдырып,
Ай-ааламды кыдырып,
Учугу бийик тоо издеп,
Урушарга жоо издеп,
Кынсыз кылыч байланып,
Көз жетпеген мунарык.
Он эки күндө байланып,
Жазайыл тартып, жаа атып,
Жаанам чалып жан кесип,
Жандууларды кыдырып
Үйүрлүү кулан түш көрүп,
Куланды алган куш көрүп,
Катыны киши, эркеги ит,
Жаралган эчен журт көрүп,
Айдың түрлүү чаң көрүп,
Албан түрлүү жан көрүп.
Сай кыдырып тоо кезип,
Жаанамды чалчу экен.
Кайып жатар кара кыр,
Белден бир тал койбостон,
Кулан жатар куу какыр,
Чөлдөн бир тал койбостон.
Баары-жокту чалчу экен,
Элден алты ай жоголуп,
Эң мыктуусу Кара дөө,
Салбурун кетип калчу экен.

Белес ашып, бел кезип,
Ай-аалам чалып жер кезип,
Салбурундан жайланып,
Алтымыш аюу, жүз арстан
Атып алып байланып.
Жекей бозун бүктөтүп,
Нардан нарга жүктөтүп,
Алты ай көзгө көрүнбөй,
Аңга чыгып кетчү экен.
Албан түрлүү эң бөлөк,
Жанга чыгып кетчү экен.
Таман эти такылдап,
Кулан кууп аң уулап,
Көөдөнү кирилдеп,
Алтымыш сөөк миң тамыр
Калбай баары зирилдеп.
Моюндун баары кызарып,
Жеткилең жерди чалчу экен.
Үч ай, төрт ай токтолбой,
Салбурунга барчу экен.
Ат арытып жер чалып,
Ит агытып куш салып,
Белекке чыга барыптыр.
Тоо жоголгон тумшукту,
Жетимиш тоонун урчукту,
Эл жүрбөс тоонун арасын,
Эл жүрбөс чөлдүн талаасын,
Аркайган тоонун арасын,
Аюу аңдып, жолборс кууп,
Белге чыгып барыптыр.
Барган жер кайра тарткысыз,
Чөлгө кирип барыптыр.
Жерге барып караса,
Эң кызыгы караса,
Көңүл кетип бөлүндү.
Кара дөөнүн көзүнө
Сонун нерсе көрүндү.
Көргөнүндө Кара дөө,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Кара дөөнүн көзүнө

www.bizdin.kg

Көп аскар тоодой калдайып,
Семетей көзгө көрүндү.
О, ботом, көп адам өлгөн – деп,
Кайра тартпас чын жайды
Кайран киши көрдү – деп,
Журт чуркурап жүрчү эле,
Ар кескен болот кын экен.
Кайып болуп кетти – деп,
Ар ким ушак кылчу эле,
Ошонусу чын экен.
Ар буурулду миниптир.
Касабасы калкылдап,
Алтын жаак айбалта
Ач билекте жаркылдап,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк аскар тоодой көрүнүп.
Толкуну тоонун бели окшоп,
Айбаты кыраң белге окшоп,
Эл бийлеген дөөгө окшоп.
Көк менен жерге ээ окшоп.
Оролмону айланып,
Жай жарагын байланып,
Ата жаркылдаган эр көкжал
Жалаң кылыч байланып.

КАРА ДӨӨ ТАЙБУУРУЛ МИНГЕН СЕМЕТЕЙДИ КӨРҮШҮ

Кайра бургак болчудай,
Каары бетине айланып,
Будурдан кулан шаштырып,
Астында тулпар ар буудан
Огжондото бастырып,
Оролмо тоону жондуруп,
Текөөрү темир, тээги жез
Тегереги эки кез,
Көзү кара көк шал бут,
Ак шумкарды кондуруп.
Кеп сүйлөсө, кошкоштоп,
Азуулуудан Ак тайган,
Колжоңдотуп бош коштоп,
Жакасы алтын Ак олпок
Бул ийинде жаркылдап,
Атышка салчу Ак келте,
Ай далыда балкылдап.
Кабагы-каары буткулдай,
Качырса жанды жуткудай.
Көз чуңкуру ородой,
Басташкан аман болобу ай,
Эрдиги журттан эң башка,
Ааламды бузган көйкашка.
Балбандыгы шердиги,
Башкача кайрат эрдиги,
Көрсө көңүл бөлүнгөн,
Семетейди көргөндө
Ал Кара дөө байкуштун,
Көзүнөн жашы төгүлгөн.
Эрте сөзү кеч болду,
Көкжал тирүү экен – деп,
Эки көзү төрт болду.
Ажыбай, Бакай кан айткан,
Кырааны чоро дагы айткан.
Кармаш кылып турганда.
Айып болду деди эле,
Кайда экени билинбей,
Кайып болду деди эле.
Жаңжалды чоро салганда,
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Өлгөнүн бир жан көрө албай,
Калк чуркурап көмө албай.
Мурасына эр көк жал,
Жетип калды деди эле.
Ушинтип көкжал жоголуп,

www.bizdin.kg

Кетип калды деди эле.
Каптап согуш кылганда,
Айып болду деди эле.
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Кайып болду деди эле.
Кынтыгы жок кын экен,
Калк чуулдап эл айткан,
Кадимкидей чын экен.
Как Семетей өзү экен,
Канкордун кара көзү экен.
Сыйкырчылар көз байлап,
Алып кеткен кези экен,
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Кайып болгон кези экен.
Киши көрбөс чоң дүмөк,
Салып кеткен турбайбы,
Азгырчулар азгырып.
Коштоп жолдон жазгырып,
Кулагын уккус кер кылып,
Көргөзбөй көзүн көр кылып,
Оодарылтып замандан,
Ажыратып адамдан,
Чыны балаа иш жайлап,
Сыйкыр менен көз байлап,
Адамдан бөлүп жазгырып,
Пендесинен азгырып,
Жолун байлап саат кылып,
Жыргалдуу адам уулуңду,
Адаштырып жат кылып,
Кеткен экен азгырып.
Каалап турган кишини,
Жолуктурбай кишиге,
Кеткен экен азгырып.
А Семетей баатырың,
Адам менен иши жок,
Мындай дечү киши жок,
Адам түрүн коюптур,
Кайып түрлүү болуптур,
Абайлабай кетиптир,
Адамдыктын түрүнөн.
Арстан көкжал кетиптир.
Тал-токой, таш аралап,
Бөлүнүп бөлөк талаалап,
Ат арытып, жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Ууга кирип кетиптир.
Кайрылбай адам уулуна,
Дууга кирип кетиптир.
Айыкпай турган бир үлкөн,
Чууга кирип кетиптир.
Муну көрүп Кара дөө
Кабыргасы кыйрады,
Эки беттен аккан жаш
Омуроо ылдый кулады.
Беттен каны суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш,
Омуроо ылдый куюлду.
Каарды катуу баштады,
Кайран жанды Кара дөө
Кылга байлап таштады.
Семетейди көрүүгө,
Бир максатка жетүүгө,
Арстан шерди Таласка
Алып кармап кетүүгө,
Эт жүрөгү чамынып,
Төрөсү жолдон табылып.
Чымын жаны чыркырап,
Сай-сөөктүн баарысы
Быт-чыт болду быркырап,
Эрикпей кармап алууга,
Карматпаса канкорду,
Куп аябай куу жанды,
Курмандыкка чалууга,
Чымырканып курчанып,
Чылкый ичин өрт чалып,
Жүрөк күйүп чок болуп,
Канкор шери өлгөндө,
Кантип турсун токтолуп.

www.bizdin.kg

Өчкөн оттор тамылса,
Жоголгон көкжал табылса,
Кордук көрүп эзилсе,
О ботом, коржоңдогон султаны
Бет алдынан кезиксе,
Тулпар оозун бурабы,
Кайгырбастан Кара дөө
Кайраным карап турабы...
Чын кызыкты баштады.
Чымындай жандан Кара дөө
Чын эле кечип таштады.
Чамынышы жолборстой,
А Кара дөө байкушка
Чапчышкан аман болбостой,
Качырышы камандай,
Эр кайраты шамалдай,
Семетейди көргөндө,
Алапайын табалбай.
Артык эрдик салууга,
Көңүл буруп алганы.
Көп кайрат жыйып Кара дөө
Кан ичмеси кармады.
Көк жал кармап алганы,
Көп эрдикти салганы,
Кармап алып көк жалды
Карыганда Каныкей,
Картайганда Бакайга,
Кыялы жумшак акылга,
Акылга дыйкан капырга,
Кызыл көйнөк айча бел,
Кыялы сонун Айчүрөк
Кылтылдаган катынга,
Көөдөн чукул санаага,
Ата түрүн көрө элек,
Жетим Сейтек балага,
Күлчоронун өзүнө –
Калган кыргыз көзүнө,
Канкорду кармап барууга,
Сан казына түмөн пул
Ушул кайрандардан алууга.

Ой келтирип Кара дөө
Семетей бери келгиче,
Бейлеп көзү көргүчө,
Тердик теңдеп токунуп,
Чымындай жандан чочунуп,
Жай-жарагын байланып,
Кармайын деп камынып,
Жай-жарагын байланып.
Астындагы тулпарды,
Долоно саптуу ак камчы,
Толгой кармап имерип,
Томукка тартып жиберип,
Ачууланып чакырып,
Каарын төгүп күүлөнүп,
Кан абам токтой тургун – деп,
Семетейге сүйлөнүп:
«Абадан жылдыз козголуп,
Алты ата өттүк дос болуп,
Күркүрөшүп ак сарай,
Күйүтүн көрдүк бир далай.
Кең дүнүйөнү тар кылдың,
Жоголуп бизди кар кылдың.
Кете берип сен көкжал,
Кең дүйнөнү тар кылдың,
Калайманды баштадың.
Алтымыш катын тул жеңе,
Айылды караан таштадың.
Ак никелүү ак жуптуу.
Зайыбыңды караан таштадың.
Адыры алтын, түзү мал,
Жериңди караан таштадың.
Күрдөөлүү аргын, көп кыргыз,
Элиңди караан таштадың.
Он экиде ордо алып,
Ордолуу башты хан кылдың.
Алтымыш жеңе далай уул,
Олжо кылып кар кылдың.
Кызырлуу кыргыз элиңди,
Бир көрүүгө зар кылдың.
Башыбыз кетти балаага,

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

Аягыбыз таралды.
Кең дүнүйө тар болуп,
Келберсиген көкжалым,
Бир көрүүгө зар болуп,
Кайда экен сиздин көзүңүз,
Канкор төрөм көргөздүң,
Кайда сиздин көзүңүз.
Жоготуп ийдик өзүбүз.
Канды бекен уйкуңуз,
Талоонго түшүп кор болуп,
Кор болгон кыргыз журтуңуз.
Кыйрап сынган белибиз,
Кыйырыбыздан жоголгон,
Кыдыр чалган шерибиз.
Чабылган журтка барыңыз,
Сурак сурап кан болуп,
Баатыр султан болуп калыңыз.
Азган-озгон калкыңды,
Кайрадан жыйып алыңыз.
Сары адырмак бел калган,
Сизден сандаган кыргыз эл калган.
Көңүлгө бар көп арман,
Ушундай болгон шум жалган,
Душман ашып чыккансыз,
Сары адырмак бел элең,
Салмагыңыз сан тоодой,
Оодарылбас шер элең.
Балбандыгың башкача,
Баатырлыгың бир канча,
Улук элең, бел элең,
Ушундай мыкты шер элең.
Жоголуп элди кууракан,
Баатыр жолугуп кеткен сен белең.
Баатыр он экиге келгенде,
Ордо буздуң олжо алдың,
Алым султан жат болдуң,
Атаңыз Манас айкөлдөн
Артыгыраак кан болдуң.
Ала-Тоону жер кылдың,
Ала-Тоонун кыргызын
Эптеп жүрүп эл кылдың.
Бөксө адырмак айылыңа,
Мөмө болдуң баарыга.
Букарга кирип чоң болдуң,
Бузугу жок оң болдуң.
Сары колот жер таптың,
Зарлатып душман эл чаптың,
Телегейлүү тең болдуң,
Деги көкжал эр болдуң.
Кара сууга кан куюп,
Канга тоюп катыктың,
Кара көк жал атыктың.
Жетим калып жетилдиң,
Баатыр жерге эптеп кошулдуң.
Телегейден тең болдуң,
Деги көзүң жоголуп,
Баатыр темселеткен сен болдуң.
Казылган калың ор кылды,
Кайнатылуу шор кылды.
Жууй берсе чыкпаган,
Ачылбаган шор кылды.
Көңүл толгон арманды,
Кор болуп Бакай карыбыз,
Олжолонуп баарыбыз,
Кетти күч-карыбыз,
Кашык калды каныбыз.
Олжо болду ченибиз,
Көк жашык болду этибиз.
Ооруду көөнүбүз,
Опот болду элибиз.
Сөзгө жанып күйөбүз,
Медер кылган Сейтекти
Бет алып уулду көрүңүз.
Белекке калган эр Сейтек,
Каралды ошол, бел да ошол,
Караан кылган эр да ошол,
Өрттөнүп жанып турабыз,
Өксөп зарлап какшанып
Өлбөй житпей турабыз.
Кайран шердин калдыгын,

www.bizdin.kg

Каралды Сейтек баланы
Караан кылып турабыз.
Какшап күйдүк билиңиз,
Калың кыргыз, Сейтекке
Канкор төрө, жүрүңүз!
Зарлантпай төрө билиңиз,
Кошулуп кайра жүрүңүз.
Оройлук болор мунуңуз,
Баатыр, ордодо журтту жыйыңыз.
Айдай катын Чүрөктү,
Кайрылып кайра алыңыз,
Калкыңызга барыңыз.
Сөөдүрлүк болот муңуңуз,
О, журтуңузга барыңыз.
Оройлук болор муңуңуз,
Оң айткан кепти угуңуз!» –
Деп, ошентип, Кара дөө
Карчыгадай камынып,
Кара дөөнүн оозуна
Кайыптан акыл табылып,
Астынан тозуп айкөлдү
Анык кепти кылды эле.
Жоголуп кетип окустан,
Жок болгон соң кокустан,
Калың казды орлорду,
Байлаттың башка колдорду.
Айкөл көзүң жогуңда,
Алыстагы темир тор,
Чегелүү болду эки кол,
Кайнап калган биздин шор.
Медер да элең, бел да элең,
Берекелүү шер элең.
Бел байлаган бел кетип,
Белгилүү айкөл шер кетип,
Бек мүшкүл көрдүк минетип.
Бейили кара, көөнү тар,
Бек душман салды жаңжалды.
Тартып Талас жерди алып,
Кыргындап кыргыз элди алып,
Жалынсаң укпай кебиңди,
Душман бүктөп кебимди.
Өпкөлөтүп өзүмдү,
Олжого кийип тонумду,
Отко кактап боорумду,
Чылбырча тилип соорумду.
Чын мүшкүлдү билгизип,
Өздөн чыккан Канчоро
Өткөрө жаман күйгүзүп.
Өрттөп капка шаарымды,
Кордоп Бакай карыңды,
Койбой кырып жанымды,
Кашыкча кылды канымды.
Олжолоп аргын элиңди,
Суутуп минтип демиңди.
Балаалуу мүшкүл баштады,
Суутту туура демиңди.
Тентиретти элиңди,
Кыркып чынар мөмөңдү,
Күң кылды курган а энеңди...
Таластан бузуп айылыңды,
Олжолоп алып зайыбыңды,
Таң атпас күүгүм түнүбүз.
Эки көзүн тең ооп,
Күлчоро көкжал иниңди,
Өндүрдөн бузуп тагыңды,
Туругуң бузуп жол салды.
Жел тийбеген жериңе,
Жергеле зоңгок белиңе,
Жедигер чочко кол салды.
Тамды жыгып уратып,
Тал чынарды сулатып,
Кыргынды кызык баштады.
Алтымыш катын тул жеңе,
Айылды караан таштады.
Азап тартып баштады.
Журт жалындап чок болуп,
Кезең кайкаң ашканда,
Жети-Өзөндө жедигер
Жергелүү журтту басканда,
Олжолоду бээни,

www.bizdin.kg

Чыгарды белем кээни,
Байлады балбан дөөнү.
Басташып кирсек жедигер,
Жайната муштап мээни,
Тулумдууну тул кылды,
Туура эренди кул кылды,
Солкулдаган эрлердин,
Таманга тактап жүн кылды.
Агызды суудай кандарды.
Күйгүздү белем жандарды,
Олжого алды кутургур
Ойноо жашта балдарды.
Ордо күткөн айымды,
Кара кийип тул болду,
Айзакерлер баатырлар
Амалсыз баскан кул болду.
Канчоро, Кыяс жаныбыз.
Калбады чымын алыбыз,
Кашыкча калган каныбыз.
Бел ашпай кымбат сөзүбүз,
Бейпай тартып өзүбүз.
Калкыңызга кайгырып,
Кабылан көкжал барыңыз.
Эки капка кан жайлоо.
Журт күздөгөн бел калды,
Аргын кыргыз аты уйкаш,
Капкалуу шаар эл калды.
Жоголбой туруп караңыз,
Эрешен тартып эр болду.
Эр уулу менен тең болду.
Атасыз жетим чоңоюп,
Кылган иши оң болду.
Өзүндөн качкан мураапың,
Капалуу көңүл жоюлган,
Аты Сейтек коюлган,
Капкалуу шаар калааңды,
Кайрылып таксыр көрүңүз,
Аты Сейтек баланды.
Белеси чукул белиңди.
Кайрадан көр, канкор шер,
Каралдуу капка жериңди» –
Деп, ошентип, сабылып,
Кара дөө турду ал чиркин
Семетейге жалынып,
Айта берсе тил албай,
Айтканды көкжал биле албай,
Азар салып кенебей.
Айтылып турган ал дөөнү
Бучкагына теңебей.
Аппак жүзүн көргөн жок,
Сен ким айсың деген жок,
Кара дөө көзүн көргөн жок,
Опол тоодой ал көкжал
Зыңгырады кенебей.
Кара дөө турмак ааламды,
Бучкагына теңебей.
Кирпик үйрүп, каш какпай,
Сүйлөгөн адам уулуна
Сен кимсиң деп сөз катпай,
Адам жүзүн түк көрбөй,
Адамга жооп түк бербейт,
Семетей жөнү мына ушул.
Ардай болгон буурулун,
Оржоңдотуп жулкунтуп,
Колундагы ак шумкар,
Ороңдотуп булкунтуп,
Ак тайганын шаштырып,
Кайыпчынын кара үңкүр
Кара үңкүргө бастырып,
Канкор иши оңолуп.
Күүгүм кире, күн бата
Элдин асты тым ката,
Кара үңкүр кирип кутулуп,
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Тиктесе төрө канкору,
Ал үңкүргө жок болду.
Ал Кара дөө мураанын –
Чымындай жаны чыркырап,
Чыдабай боздоп, буркурап,

www.bizdin.kg

Капаланып кайгырып.
Кайран шерден айрылып,
Өлчөсө көңүл бөлүнүп,
Жоголгон төрө көрүнүп,
Жобоп, кейип, Кара дөө
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Агарып өңү суюлуп,
Эки беттен аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп,
Айла таппай бакырып,
Абасы азыр келчүдөй
Көкжал шерди чакырып,
Күйүп шерди көргөндө,
Кантип турсун токтолуп,
Чымчык учпай кең сайдан,
Чыңыроон тартып чоң сайдан,
Айла таппай бакырып.
Ал үңкүрдүн оозунан
«Абакелеп» чакырып.
Кайраттанып Кара дөө
Канчалык кылды бакырып,
Арманы ырас арылбай,
Абасы шер табылбай,
Күңгүрөнүп, кыйгачтап,
Абамды азыр бергин – деп,
Ал үңкүргө чыр баштап.
Болоттон кылган чоюн баш,
Кош колдоп кармап имерди.
Үңкүрдөгү кара таш
Абамды азыр бергин – деп,
Кара дөө салып жиберди.
Чокморунан чок чыкты,
Кара таштан от чыкты,
Каруусунан чаң чыкты,
Кайратынан жан чыкты.
Туталанат бакырып,
Тоону-ташты токмоктоп,
Абакелеп чакырып.
Эрдик кылып баарыдан,
Баатыр экен Кара дөө
Тажаалдык кылды абыдан,
Минтсе, канкор табылбайт,
Түк абийири жабылбайт.
Минтсе, канкор табылбайт,
Каптал жагы кара зоо,
Кайкалаган үлкөн тоо,
Бу деген сөзгө көнүңүз,
Койнуңа катпай абамды,
Кокуй үңкүр бериңиз.
Борчугуң бузуп уратам,
Бу сөзүмө көнбөсөң,
Абакем шерди бербесең,
Кара жоо сени кулата.
Жай-жайыңды жулбасам,
Кой жүргөн чуба кылбасам.
Борчугуңду чачпасам.
Эсебиңди таппасам,
Кара дөө болбой өлөйүн.
Шер жасаган абамды,
Бекитип көрчү көрөйүн,
Ташыңды талкан кылбасам,
Бетиңден мөмөң жулбасам.
Тоодой жаның тоңкойтуп,
Томуктай дөбө кылбасам» –
Деп, ошентип, Кара дөө,
Кайран кылды камынып,
Кайдан канкор табылды,
Мууну бошоп, ал кетип,
Кара дөөдөн ал кетип,
Капа болуп кайгырып,
Караанын көрүп, көз көрбөй,
Канкор шерден айрылып,
Каарданып күркүрөп,
Калган экен Кара дөө,
Дене чарчап, ал кетип,
Эки колдон кан кетип,
Кара зоону токмоктоп,
Айбалта чочмор жоюлуп,

www.bizdin.kg

Эң кайраттуу алакан
Мөлтүрөп такыр союлуп,
Кайрат качып, ал кетип
Кара дөө байкуш минетип,
Туталанып ич кайнап,
Турбай өксүп көз жайнап,
Күлүстөн абам көрдүм – деп,
Күйүп, бышып чок болуп,
Күрдөөлүү эр Кара дөө
Кантип турсун токтолуп.
Кара дөө жайын сураба –
Билеги жоон, таш жүрөк,
Керишке салат чоң дүмөк,
Келбети заары кеңири.
Бир мүчөлүү бадирек
Ачуусуна катылсаң,
Ааламга салат чоң дүмөк.
Баатырлыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Мурун көкжал сөзүнө,
Атасынан бабасы
Мурунтан мура өзүнө.
Табылганы жыйгандан,
Өлүм орток ыймандаш,
Атасынан бабасы
Кою болгон короолош,
Энчи бирге жоролош,
Тилсиз катып алгансып,
Кара үңкүр менен урушту.
Алты-жети күн өтүп,
Зоону бузуп турушту.
Борчугун булкуп уратып,
Чынарын жулкуп сулатып,
Тажаал салып турушуп,
Аянган жок Кара дөө
Түк арманы арылбай,
Абасы айкөл табылбай,
Чымырканып курчанып,
Чылгый ичин өрт чалып,
Чыдай албай кеч болду.

Көзү көрүп айрылып,
Дене какшап, ич күйүп,
Абасынан айрылып,
Белгилүү кара белинен,
Айрылып айкөл шеринен,
Туталанып чок болуп,
Көрүнүп айкөл жок болуп,
Ичи өрттөнүп чок болуп,
Эми кантип турсун токтолуп,
Бадананы чойгулап,
Астындагы күрөңчө
Башка-көзгө койгулап,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Жан жаратат ар кандай,
Алтын таап алгандай.
Баабединин бат айтып,
Ай туякка ат айтып,
Кубанычы туруп бакырып,
Күлчорону чакырып,
Таласка кирди бакырып,
Каныкей, Бакай карыя
Карыясын чакырып.
Аргын, кыргыз аты уйкаш
Элден койбой чакырып,
Капалуу журт калың эл,
Элден койбой чакырып,
Айдай катын Айчүрөк
Ай, жеңеке, сүйүнчү!
Сенин үзүлгөнүң уланды,
Чачылганың жыйналды.
Арман-дартың арылды,
Айкөл шерим табылды.
Душман көрсүн күйүнчү,
Берен жеңе сүйүнчү.
Үзүлгөнүң уланды,
Чачылганың жыйналды,
Өлгөн төрөң тирилди.
Айчүрөк менен Күлчоро
Аты уйкаш ук, каның ук

www.bizdin.kg

Калайык журт баарың ук!
Көкжал өлбөй тирүү экен,
Өлбөгөн жандын бири экен.
Жоголгон төрө табылды,
Ай, Айчүрөк жеңеке
Ачылган жериң жабылды.
Үзүлгөнүң уланды,
Чачылганың жыйналды.
Капалуу кайгың чачылды,
Көп көңүлүң ачылды,
О, жеңеке сүйүнчү!
Көөдөндө периң басылды.
Көрүп келдим канкорду,
Ак шумкар алып бакалап,
Ала-Көлдү жакалап,
Аң куштарын шаштырып,
Астындагы Буурулун
Огжоңдотуп бастырып,
Ичке жолун төтөлөп,
Ак тайганын жетелеп,
Көрсө, көңүл бөлүнүп,
Көк аскар тоодой көрүнүп,
Көрдүм көкжал бул жүрөт
Көңүл күйүп бөлүндү,
Көзүмөн жашым төгүлдү.
Тим олуя, баатыр шер
Тирүүсүндөй көрүндү.
Алтын керден айбалта,
Ач билекте балкылдап,
Ок өтпөгөн Аколпок
Тон үстүндө балкылдап.
Манастан калган Ак келте,
Ай далыда жаркылдап,
Төрт күлчөдөн кутулду.
Кайыпчынын кара үңкүр,
Бастырып кирип кутулду.
Таш уратып, тоо бузуп,
Өкүрдүм да кайгырдым,
Кайыпчынын үңкүргө
Киргизип ийип айрылдым.

Белги көрдүм, бел көрдүм,
Белгилүү шерди мен көрдүм.
Беренимдин өзү экен,
Караган кара көзү экен,
Өлбөй-житпей типтирүү
Канкор шер жүргөн кези экен.
Абам шерди көргөндө,
Айла таппай бакырдым,
Абакелеп чакырдым.
Чырды минтип баштадым,
Чымындай жанды жөн эле
Кылга байлап таштадым.
Өзүн көрдүм абамдын,
Өксөп, ыйлап бакырдым,
Кан абалын чакырдым.
Баштакыдан миң эсе
Улук болуп калыптыр.
Кыйкырса кулак түк укпай,
Дудук болуп калыптыр
Айтарына тили жок,
Дудук болуп калыптыр.
Карааны кымбат чоң улук
О, кайдан келген тоорулуп,
Өзүн көрдүм көкжалдын
Түп көтөрө баралы
Көкжалды кармап алалы.
Кабылан көкжал төрөнүн
Көкжалдыгын билели.
Кармап алып канкорду
Кадыр түнгө кирели.
Канкорду таап алалы,
Арбын жылкы, түмөн мал
Ай туякка чалалы,
Күлдөтүп күлкү ачалы.
Күрдө толук казына
Сүйүнчүгө чачалы
Болот айза аштайлы,
Малды түгүл куу жандан
Такыр кечип таштайлы.
Асманга учсун топурак

www.bizdin.kg

Кайран киши келди – деп,
Калк жыйылсын топурап.
Жетилген тилек ой болсун,
Жер селкинип журт чуулап,
Жеткилең мындай той болсун.
Ала-Тоодой эт болсун,
Ала-Көлдөй чык болсун,
Кызыкты кыйла баштайлы.
Кымбат төрө табылды,
Кызыталак куу жандан
Тим эле кечип таштайлы.
Тууралды кайран хан,
Туура үңкүргө киргенде
Туталанды биздин жан.
Белгини көрдүм, бел көрдүм,
Белгилүү берен көкжалды
Бийлеп туруп мен көрдүм.
Айтканын ушул көнүп ал,
Айкөл шерди көрүп ал,
Аргын, кыргыз эл болуп
Түп көтөрө баралы.
Арстанды, көкжалды,
Эптеп кармап алалы.
Кайгынын баарын ачалы,
Капанын баарын чачалы,
Кабакты суудай ачалы.
Мал жайылса түнөгүс,
Сай эмеспи Семетей.
Кылайып тоодон жаркырап,
Ай эмеспи Семетей.
Айтканы ушул билип ал,
Абакем, төрөм, тилимди ал» –
Айтып турду Кара дөө,
Кара дөө айтып турганда,
Бу кабарды кылганда,
Айдай катын Айчүрөк
Кабырга сөөгү сөгүлдү,
Көзүнүн жашы төгүлдү.
Бууданым деп буркурап,
Ыйлап турду чыркырап,
Боздоп турду чуркурап,
Кабырга сөөгү бөлүнүп,
Көздүн жашы төгүлүп,
Бөдөнөдөй көзүнөн
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Карагаттай көзүнөн
Камчы бою жаш кетип,
Мурундун суусун арталбай,
Көзүнүн жашын тарталбай,
Сүйүнгөндөн чыркырап,
Чындап ыйлап буркурап,
Көңүл сайлап бөлүнүп,
Көздүн жашы төгүлүп,
Бу айткан кебиң чын болсо,
Өтүрүк эмес тың болсо,
Айланайын Кара дөө
Өгөөмдү коюп, бүлөмдү ал,
Экөөмдү коюп, бирөөмдү ал,
Акылдуу болсоң билип ал.
Кызыл куйрук билимди ал,
Тулпар тандап малыңды ал,
Айтканың ырас Кара дөө
Көп эрмек кылып жанымды ал,
Уулумду таштап, булумду ал,
Менин кымбатым коюп мунумду ал.
Жоголгон көкжал табылса,
Кара дөө сендей балага,
Айдай жеңең садага.
Сарып кылып канымды,
Айткан кебиң чын болсо
Курман кылам жанымды.
Берекелүү белимди,
Кез келтирсең шеримди,
Атаңдын көрү Кара дөө
Келтирдиң таалай шагымды,
Күлдөтөсүң багымды.
Кабагым жарык ачарсың,
Кайгырган көңүлүм басарсың.
Кайгырып турган кабакты,
Ай тийгендей ачарсың.

www.bizdin.kg

Айчүрөк ыйлап чыркырап,
Токтоно албай толукшуп,
Ыйлап турат буркурап.
Көңүл сайлап бөлүнүп,
Көздүн жашы төгүлүп,
Кубанып ичи кул болуп,
Сүйүнчүгө бак толуп,
Көңүл толкуп, шат болуп,
Көрсөң мындай Айчүрөк
Ат баштаган алты сан
Сүйүнчүгө бердирип,
Кымбат баа кырмызы,
Таңгак-таңгак бүктөтүп,
Сүйүнчүгө жүктөтүп,
Бекитилүү казына
Балталап оозун ачтырып,
Арбын дүйнө, түмөн мал
Зарып кылып чачтырып,
Аппак алтын, ак дилде,
Карып мискин дубана
Жетпегенге бердирип,
Жеткилең кыйын чогулуп,
Асман жарган чуу кылып,
Артык кызык тамаша,
Улуу тойду караса,
Казы чыктап чарага,
Канча дүйнө түмөн мал
Той кылып чачып талаага.
Кермеге тулпар кердирип,
Агар алтын, дүйнө мал
Жетпегенге бердирип,
Толкуну тоодой чар кылып,
Улуу журтка даң кылып,
Зарланганы билинип,
Зарлоо кылып сүйүнүп,
Кара дөөдөн кеп угуп,
Канкор тирүү деп угуп,
Эбегейи эзилип,
Эт жүрөгү сүйүнүп.
Эрте сөзү кеч болуп,
Семетей көрүп өлүүгө,
Кайра келбес чын жайды,
Кайра тартпай көрүүгө,
Курманга жанын чалууга,
Куп тилек кылып көрүүгө,
Куса болуп Айчүрөк,
Куп сүйүнүп турду эле.
Шай колдогон Күлчоро
Телегейи тең эле,
Жаралган адам уулунан
Артыла туулган неме эле.
Жайнаган кызыл чок эле,
Ай-ааламда жок эле.
Кордук тартып кайгырып.
Каралды султан канкордон
Ал Күлчоро айрылган.
Ашуусу кулап жол болгон,
Ааламдан ашык кор болгон.
Эр Күлчоро беренің
Бадана кийип балкылдап,
Баатыр тууган эр көк жал
Айдай бети жаркылдап.
Алтын кемер курчанып,
Айдай бетин нур чалып,
Көрсө, көңүл бөлүнүп,
Көк зоңкоктой көрүнүп,
Узун бойлуу, кең далы
Ары балбан, ары шер
Ааламдан чыкпайт мындай эр.
Эр Күлчоро абаңыз,
Баатыр Сейтек балаңыз,
Баары дүрбөп келди эле.
Аргын, кыргыз баарысын,
Каныкей, Бакай карысы
Кыжылдап журттун баарысы,
Кыйла акылман карысы,
Кыргын тийген немедей
Кыжылдап журттун баарысы.
Акылга дыйкан эрени,
Калбай калкы чогулуп,

www.bizdin.kg

Карасаң, кызык ушундай.
Асман жарган дуу кылып,
Баабедин деп бакырып,
Баатыр тирүү экен – деп,
Бирөөнү бирөө чакырып,
Ай туякка ат айтып,
Калайык чуулап чуркурап,
Айтып турду Кара дөө:
Ат арытып жер чалып,
Жер бузултуп дуу кылып,
Жерди чалып барганда
Жетигиңди көрдүм – деп,
Астынан чыгып айкөлдү
Аңгемелей бердим деп.
Көзүм менен көрдүм – деп,
Күлчорого муну айтып:
«Бекер жалган сүйлөсөм,
Кылычты кындан алыңыз,
Кыйшыксыз кеп айттың – деп,
Кыргын кылып салыңыз,
Жарадай болгон канкорду
Жалган айтсам болобу,
Жанымдан тийсе кобобу.
Бекер айтсам оңомбу,
Белимден тийсе кобомбу,
Буурул атын булкунтуп,
Коштоп куу тайганын,
Эр өлгөндөй жулкунтуп,
Ак келтесин алкынтып,
Ак шумкарын талпынтып,
Өзүн көрдүм канкордун.
Чын деп тилди алыңыз,
Жалган болсо ушул кеп
Кылычтап башым алыңыз.
Калп айткан сендей болсун – деп,
Өлүм кылып салыңыз.
Бөксө менен желгемин
Бөлүнгөн канкор аман – деп,
Сүйүнчүлөп келгемин.
Көк жал шерди көргөндө,
Жаркырады жаныбыз,
Чындап күйдү каныбыз.
Султан көк жал кенебей,
Бет алдынан бакырсам,
Зың-зың этип кенебейт.
Ачууланып айкырсам.
Абакелеп чакырсам,
Болк этип баатыр кенебейт.
Кара дөөнүн айтканын
Бучкагына теңебейт.
Баштагыдан миң эсе,
Айбаты артык, заары күч,
Айбатына чыдабай,
Аманат жандан күдөр үз.
Чыркырадым күйүндүм,
Чын эле кармап алууга
Чымындай жандан түңүлдүм.
Ысыгына бата албай,
Чылбырдан алып тарталбай,
Чымын жандан чочунуп,
Көк жал шерге баталбай.
Капа болдум кайгырып,
Караан кылып отурган
Кайран шерден айрылып.
Тик басып колум сала албай,
Элчи болдум чабууга,
Шай колдогон шер абаң,
Күлчорону алууга.
Кайыпчынын Кара үңкүр,
Канкорду кармап алууга.
Аскар белдей бел жарайт,
Күлчородой эр жарайт.
Күлчородон бөлөктү
Зыңгырап төрөң кенебейт.
Өзүңүздөн бөлөктү,
Бучкагына теңебейт».
Кара дөө туруп муну айтып,
Адам билбес шумду айтып,
Ичи өрттөнүп, чок болгон,
Жедигер каптап келгенде

www.bizdin.kg

Ошондо айкөл жок болгон.
Караса көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей,
Күлчоро туруп муну айтат:
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Айза кармап жабылып,
Канды суудай агызып,
Каптап душман жетти эле,
Калың бургак жөө туман
Дүйнөнү каптап өттү эле.
Жылгындуунун баткалда,
Күнү-түнү он төрт күн,
Жөө туман каптап жатканда,
Айбандын баары челигип,
Адамдын баары желигип,
Жер көрүнбөй буу түшүп,
Дүнүйө мунар чуу түшүп,
Казаба калды жылдырып,
Айгак кулак тундуруп,
Атыш болуп турганда,
Айбан өлүп, эр кулап,
Чабыш болуп турганда.
Асман жарган бакырык,
Дууга кирип турганда,
Айгак кулак тундуруп,
Айза кармап жылдырып,
Адам кулап сай толуп,
Кайрылышпай көргөндө,
Кас ажал жетип эчен жан,
Дүнүйөдөн өткөндө,
Эңиштүү мүшкүл эң балаа,
Кыйла жан муну көргөндө,
Токтобогон жарышта,
Тогуз ай тынбай салышта,
Кыйла берен өлгөндө,
Кылчайбачу чын жайын
Кыйла менде көргөндө.
Кыйла жан кыйрап эр өлүп,
Журт бөлүнгөн турмушта,
Эл бүлүнгөн урушта,
Иштелүү мүшкүл балаада,
Чоң мунарык талаада,
Чоң мүшкүлдү көргөндө
Чогуубузду жедигер
Быт-чыт кылып бөлгөндө,
Кыйырга кыргын салганда,
Кыйлабызды душмандар,
Коондой ичин жарганда.
Койдой башын кескенде,
Өрөпкөп кыргыз көп аргын
Өз дүнүйөсүн чачканда.
Таянар кечүү кеч таппай,
Корголоого жер таппай
Эр чуркурап журт өлүп,
Эчен жол мүшкүл иш көрүп,
Айла кетип ток болуп,
Артык акыл, чоң айла,
Эстелбей журттан жок болуп,
Күйүп-жанып күл болуп,
Көргөнү мүшкүл түн болуп,
Айла таппай турганда,
Кечээ азапты душман кылганда,
Каза жеткен өлгөндө,
Өлбөгөн тирүү кыргызды
Ач бөрүдөй кол салып,
Атын өрттөп олжо алып,
Бөксө түздү чаң кылып,
Кез болгонду кан кылып,
Бузук кылып эл четтеп,
Жаңжал кылып ордо өрттөп,
Жаңжал жаман болгондо,
Эчендин багы сынганда
Эчен жан өлүп тынганда,
Кылмышсыз момун өлгөндө,
Кылчайбачу чын жайын,
Кыйла адамдар көргөндө,
Белес чуулап чаң болуп,
Беттешкенден кыйла жан,
Кыстоо көрүп жай болуп.

www.bizdin.kg

Журт силкинип турганда
Касаба желек толду эле,
Ал кагыштын ичинде,
Кабылан көк жал канкор шер,
Как ошондо болду эле.
Белеске чыгып белсенип,
Суркоён менен Тоотору,
Катар жүрбөй калганда,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Жабылып душман калганда.
Калк чуркурап толду эле,
Калың казат болгондо,
Күңгүрөп каптап жедигер,
Калкты каптап басканда,
Кара ниет Канчоро,
Иш бүлдүрүп ишиме
Баканоос чыгып кишиге,
Канчоро көттү ачканда,
Күнү-түнү тыным жок,
Эл кырылып жатканда,
Айза сынып боо түшүп,
Адам кулап тоо түшүп,
Айгайлашып жатканда,
Он бир күнү күн тийбей,
Күндү туман чалды эле,
Он эки күнү ай тийбей,
Айды булут алды эле.
Мына ошондо көк жал шер,
Күмүш көздүү, күн жүздүү
Күркүрөгөн курган эр
Алтын көздүү ай жүздүү,
Аркыраган улук шер,
Айза кармап топ бузбай,
Чын ажал жетип окко учпай,
Чын дүйнөнү көрбөстөн,
Чын ажал жетип өлбөстөн,
Айланасы жоо болуп,
Кайнап душман толду эле.
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Канкор шер кайып болду эле.
Мыкты билек, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадырек,
Ошерден кайып болду эле.
Чуңкурга калган өөнү жок,
Айбанат жеген сөөгү жок,
Тамган каны жерде жок
Кабылан канкор элде жок.
Буй кылып душман жетти эле.
Ал душманга кор болбой,
Арсылан балбан артык шер,
Кайып болуп кетти эле.
Болоттон коргон мата алган,
Артык аргын көп кыргыз,
Ошондо көзү кашайган.
Каран түн түшүп кайран эл,
Кайкайган бел кыйраган,
Каралдыдан айрылып,
Качып-шашып кайран эл,
Айласын таппай чуулаган.
Кайрат качып, бел кетип,
Каралды кылган шер кетип,
Калктын баары чуулаган.
Карааны кеткен жетим журт
Каптап кирип жедигер,
Коёндон жаман улаган.
Эл сабы кайдан оңолду,
Ошо бүлүк жаңжалда,
Кабылан төрө жоголду.
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Бел байлаган белинен,
Айрылды кыргыз ошентип,
Медер кыргыз шеринен.
Астыга салган ак жолдон,
Айрылганбыз сан колдон.
Бордой тоздук бул жолдон,
Хан кеткен соң каңгыдык,
Каралды шерден айрылдык.
Кулдук-кордук көп тартып,

www.bizdin.kg

Жергелүү журттан айрылдык.
Күрмө менен күн көрдүк,
Күңгүрөндүк суу ичтик,
Биз кордонуп кетели,
Берен тууган кабылан,
Айып болуп кетти эле.
Караса көзгө илинбей
Кайда экени билинбей,
Какшаса көңүл бөлүнбөй,
Кайда экени көрүнбөй,
Кайып болуп кетти эле.
Ишин Кудай оңдогон,
Баабедин жолдон колдогон.
Баатыр эле, шер да эле,
Адамдан ашкан эр эле.
Жергелүү душман жеткен го.
Кызыр чалган канкор шер
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Кайып болуп кеткен го.
Калып тоону айланып,
Жай-жарагын шайланып,
Жалаң кылыч байланып,
Муратына жеткен го.
Аркар улап, кулан кууп
Ууга кирип кеткен го,
Адамга кайра кайрылгыс,
Дууга кирип кеткен го.
Эл байкабай журт көргүс,
Белге кирип кеткен го.
Каттап киши барбаган,
Кабарын бенде албаган.
Жерге кирип кеткен го...
Ушу кебиң чын болсо,
Жер чарчысын чалалы,
Жеткилең шерге баралы,
Кабылышса окустан,
Кармаша кетсек кокустан,
Чындап Кудай буюрса,
Чындап жолун чалалы,
Чындап кармап алалы.
Канкор көк жал кеткени,
Он үчкө жыл толду эле,
Өлгөн го деп түңүлүп,
Кыйла эле мүшкүл болду эле.
Ок өтпөй турган кандагай,
Ойлосок дүмөк бир далай.
Аңгыраган капчыгай,
Чама чарчап баш каңгып,
Армандуу болдук бир далай.
Мүдүрүлүп сүрдүккөн,
Атаңдын көрү жалган ай.
Айтылган көк жал табылса,
Армандуу көңүл жабылса,
Ой дагы дүрбөп, тоо дагы,
Жүгүргөндөй бололу.
Аргын, Манас, Кара кан,
Алмамбет, Чубак баатырлар,
Тирилгендей бололу.
Ой чуркурап, тоо кыргыз,
Жөнөгөндөй болобуз.
Кайран энем Каныкей,
Кайра баштан айкөлдү,
Төрөгөндөй болобуз.
Кас душманга кайрадан,
Чуу болгондой көрүнөт.
Кайрылса канкор, кыргызга,
Туу болгондой көрүнөт.
Ырас аргын, кыргыздын
Ырысы кайнап толбойбу,
Ырыс күчөп, бак өсүп,
Кайрадан кыргыз оңбойбу.
Ысыктан жанды алуучу,
Бааналуу чынар келбейби,
Баатыр тийсе бул колго,
Кайрадан Кудай бербейби.
Күйүттүн баарын баспайбы,
Күн тамаша ашпайбы,
Күндүзү жыргал, түнү оюн,
Күркүрөгөн кайран журт

www.bizdin.kg

Таласты ээлеп жатпайбы.
Эриксе, элик атышып,
Эрени канкор келгенде
Эркин ойноп, журт чуулап,
Эрикпей ойноп жатпайбы.
Ай, Кара дөө баатыр ай,
Каалап турдук бул башка,
Кадыр түн өңдүү түн кайда?
Өлүүдөн эсен бар болуп,
Өлбөй тирүү ал болуп,
Каралды туйгун канкор шер
Келе турган күн кайда?
Өлүмдөн аман көк жалды
Көрө турган күн кайда?
Ай касаба туу толуп,
Асман жарган чуу болуп,
Тоо кетилип ой болуп,
Улуу журтка той болуп,
Кабылан туйгун, канкор, шер,
Келе турган күн кайда,
Дагы көк жал тирүү – деп,
Элинде аман жүрөт – деп,
Душман угуп күйүнсө,
Көй душман ичи бөлүнсө,
Көрүп кыргыз арбын журт
Чымын жан таштан сүйүнсө.
Душманды абам уласа,
Тушукканда бай болуп,
Чачылган журт жыйналса,
Таласты күтүп жер кылса,
Канкорду кыргыз эл кылса.
Кылыч алып кындатсак,
Кыйын хан тийип оң колго,
Көй душман менен чырдашсак.
Карагай айза боолашып,
Кас душман менен жоолашып,
Эң тилек тийип бул колго,
Көк жал шер тийип оң колго
Өзөндү чалып өрт койсок,
Кара сууга кан куюп,
Тушукканды тутантып,
Белести чалып көч алып,
Беттешкенден өч алып.
Жоголгонуң табылып,
Чоң абийириң жабылып,
Берениңер эриңер,
Берен келер күн кайда,
Тилекти Кудай бергенде,
Кубанычтуу көөнүм ток
Канкордон башка караан жок
Калайык беле каңгырап,
Канкор шерден айрылып,
Тилек кылып, сыр айтып,
Чууга кирди Күлчоро,
Кыраан байкап, жер чалып,
Кырга кирди Күлчоро,
Кылча бирөөн таштабай,
Сырга кирди Күлчоро
Оңгурап ыйлап токтобой,
Сырга кирди Күлчоро.
Каарланып сабылып,
Кара тоого жалынып:
«Ээй, айланайын Кара дөө,
Айланып учаар канатым
Аркы атаң Куту мурадан,
Мураага калган чунагым.
Маңдайга чыкса бараным,
Бастырса тоодой караным.
Күлкү сөз айткан кебиңе,
Күлүстөн тирүү дегенге,
Күйүп жанып барамын.
Өзүңдөн жакшы кеп угуп,
Канкор тирүү деп угуп.
Үзүлгөнү уланып,
Чымындай жаным кубанып,
Үзүлгөнү уланып.
Ак кабагым жаркылдап,
Жүрөк толкуп баркылдап,
Каарды катуу баштадым,
Эренди Кудай көргөзсө,

www.bizdin.kg

Сүйүнчүгө бул жанды
Жөн эле байлап таштадым.
Ашка-тойго мингенде,
Кубаныч көрүп көөн ачып,
Кылтылдатып жүргөндө,
Жылкыдан тандап малымды ал,
Абамды көзгө көргөзсөң,
Менин көөкөргө куюп канымды ал.
Аргын кыргыз айлыңды ал,
Сүйүнчүгө берейин,
Акбала, Алтын зайыбымды ал.
Жагданым ачып мүлкүмдү ал,
Жабырым чалып түлкүмдү ал!
Деги жан аябай мүлкүмдү ал,
Казынам бузуп малымды ал,
Айтканың анык бар болсо,
Баатыр көөдөндө ысык жанымды ал.
Үйүрлүү-Марал, Күмүш-Так,
Журт көздөгөн белимди ал.
Бери күрдөөлүү аргын, көп кыргыз,
Казына мура элимди ал» –
Деп, ошентип, Күлчоро,
Абасы тирүү дегенде,
Чыңырып ыйлап чыркырап,
Боздоп турду буркурап.
Көңүл кетип бөлүнүп,
Көрсөң баатыр чоронун
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Кабыргасы кайышып,
Омуртка сөөгү майышып,
Чылгый ичи өрт чалып,
Чыдай албай сайышып,
Көрсөң мындай көп жаңжал,
Көөдөнгө батпай көп арман,
Кече таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Асмандан жылдыз бөлүнүп,
Жерге шоокум көрүнүп,
Таң бозоруп жел аргы,
Өзөн ылдый урганда,
Дүнүйө жүзү көрүнүп
Жер көрүнүп турганда,
Токтоно албай Күлчоро,
Уйкудан туруп ойгонуп,
Ач арстандай комдонуп,
Каарланып жайланып,
Жай жарагын шайланып,
Аманат жандан түңүлүп,
Ашып-шашып Күлчоро,
Кылкүрөңдү токунуп,
Кызырлуу жандан чочунуп,
Жай жарагын шайланып,
Жанга кылыч байланып,
Кабылан шерди көрүүгө,
Калган экен камданып.
Өөдө-төмөн карабай,
Өлчөлүү жанды аябай,
Тегерете карабай,
Дегеле жанды аябай,
Кара дөөдөн кеп угуп,
Каралды тирүү деп угуп,
Кара жанды аябай,
Мойнуна курун салынып,
Чын ыйлады кургурум,
Каралдымды, шеримди,
Көрө турган күн барбы?
Кол алышып беттен өөп,
Өлө турган күн барбы?
Бир мурага кайран жан,
Жете турган күн барбы?
Кыдырдуу колдон бир кармап,
Көрө турган күн барбы?
Ээгинин астынан,
Сакалынын үстүнөн,
Кур дегизе бир жыттап,
Көнө турган күн барбы?
Көк жалымды көрсөм – деп,
Көзүн көрүп өлсөм – деп,
Күлчоро кылып тилекти,
Чыдай албай Чүрөктү,

www.bizdin.kg

Күлчоро баштап дүмөктү,
Үйрүл менен сазына,
Үйрүлө жыйын кылды эле.
Чогулманын сазына
Чогулушуп турду эле,
Көк жал тууган Күлчоро,
Баабединин бата айтып,
Козголгондо кой айтып,
Төрө шерин көрүүгө,
Көрүнбөсө төрөсү,
Ажалдан мурун өлүүгө,
Көп сагынып абасын,
Туугандыгын карачы,
Тай-кунандай тебишип,
Талашып эмчек эмишип,
Тар төшөккө жатышкан,
Тамашага батышып,
Биттей кезде биригип,
Бармактай кезде баш кошкон.
Куланды бирге куушкан,
Курбалдаш өскөн туушкан.
Ирегелешин сагынып,
Курбалдаш өскөн кургуруң,
Ок өтпөстү кийгизип,
Жан жолдошу Кара дөө,
Ок жетпес тулпар мингизип,
Күлдүү бадам тон алып,
Күлазыктан мол алып,
Манастан калган атты алып,
Кара дөө менен Күлчоро,
Асабаны байланып,
Ала аскар тоодой айланып,
Абакеси Семеңди
Издеп чыккан жолу эле.
Белеси чуңкур бел басып,
Бөксө адырмак жер басып,
Ат арытып, жер чалып,
Кулан кууп дем алып,
Оромону сыдырып,
Оркойгон тоону кыдырып,
Күн кылкылдап батарда,
Күрдөөлүү кайкаң, Беш-Мойнок,
Адыр-кудур алты кыр,
Аянбастан чалды эле,
Асты жагы чоң капка,
Кыдырып кирип барды эле.
Тоо түгөнгөн урчукта,
Томурайган тумшукта.
Ач кашаттын жээгинде,
Ала-Сөк көл сеңирге,
Алып-салып жетти эле,
Анын бер жак жанында,
Адырмактуу кайкаңга,
Ача мойнок тайпаңда,
Кайыпчынын кара үңкүр,
Калың элге даана үңкүр,
Анын касиети бар үңкүр,
Олуя атам жердеген,
Түз болгурду сурасаң,
Муну түбүнөн кайып ээлеген,
Ошо Кайыпчынын үңкүрү,
Жаңырыктын жар кыя,
Жалгыз малдын чубама,
Ал үңкүр жайын сураба.
Кыясы кыйбат тар эле,
Кырка жагы аска таш,
Айланасы жар эле.
Кайыпчы деп ат коюп,
Калкы ушак кылуучу,
Ач арсылан жырткычтар,
Айбан атты зордуктап,
Бирин бири алчуулар.
Белесте кысык ташынан,
Мекен кылган башынан,
Түбү терең, оозу суук,
Үңкүр жайы мына бу.
Ошол үңкүр тар кыя,
Күлчоро тозуп калды эле.
Мураа болгон Кара дөө,
Мурунтан кароол салды эле.

www.bizdin.kg

Кароол салып караса,
Калк аманын караса,
Канкор шерди кааласа,
Жүрчү жерди караса,
Көрсө, көңүл бөлүнүп,
Ала аскар тоодой көрүнүп,
Ардай болгон буурулун,
Алчактата бастырып,
Ак шумкарды жулкунтуп,
Кыяны чалып төтөлөп,
Кынжалалуу тайганын
Асемдикке жетелеп,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көөнү башка, заары күч,
Көк ыраңы заары күч.
Көк кыраң тоодой көрүнүп,
Чалкайышы жолборстой,
Чалышкан аман болбостой,
Качырышы жаргычтай,
Камданышы алгычтай,
Өңү көлдүн буткулдай,
Чалышса жанды жуткудай,
Көк жалды көрсөң ушундай.
Ай-талааны сыдырып,
Ак шумкар салып кыдырып,
Ат арытып жер чалып,
Ит агытып куш салып,
Имерилип бөлүнүп,
Айбаты катуу арстан,
Сурайылдай көрүнүп,
Сүйлөгөн сөздөн эринип.
Козголбогон кайран шер,
Кош олоңду бууган эр,
Узун бойлуу, кең далы
Бетинде чынар гүлү бар,
Аркасынан көргөнгө
Алты миң айбат сүрү бар.
Кирпиги күйгөн чок болуп,
Ар кылыгы бир бөтөн
Арсландай октолуп,
Жандаганы сур жолборс,
Жада мындай жан болбос.
Типтик турган муруту,
Букарлыктын шабындай.
Оозунан чыккан илеби,
Көөрүктүү оттун жалындай,
Көркөмүн көрсөң ушундай.
Жадаа салып жайланып.
Жай-жарагын байланып,
Азыр дүмөк салчудай,
Каарланып жайланып.
Бет жагына канкорду,
Бенде чыдап алгысыз.
Кайратынан баатырдын,
Каттап киши баргысыз.
Айбатын көрсөң шашкыдай,
Караанын көргөн калайык,
Кайран жандан түңүлүп,
Бет-бетинен качкыдай,
Кыжырланып оолукса,
Кыжырына тийген жан
Кулап-улап жаткыдай.
Карааны болот коргондой,
Каары келсе какайып,
Качырып аман болобу ой
Айбат айтып көк жалга,
Азуулуу жолборс жолобой,
Адамдан мындай болобу ой,
Жай-жарагын шайланып,
Жалаң кылыч байланып,
Күлүмсүрөп тастаңдап,
Каалгадай кашка тиш
Калайыктан башка тиш,
Ай тийгендей кашкайып.
Кабагы толкуп бөлүнүп,
Кайраты бөтөн бөлүнүп,
Тогуз дайра бириксе
Шаар жериндей көрүнүп.
Токсон тоонун урунуш,
Куу белиндей көрүнүп,

www.bizdin.kg

Көк жалдын түрү ушундай.
Ак куштарын шаштырып,
Астындагы бууданын
Алчаңдата бастырып,
Ак шумкарын көтөрүп,
Ак үңкүрдү бет алып,
Үңкүрдү көздөй салганы.
Муну көргөн Кара дөө
Астындагы Кертелки
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оңдоп-солдоп теминип,
Камчы урганда Кертелки
Койдой эти бөлүнүп,
Коёндой жону түзөлүп,
Араандай оозу ачылып,
Чүрүшүп калган туягы
Чоң казандай жазылып.
Кан шүүшүндүү ак көбүк
Омуроого чачылып,
Куюндай топо басылып.
Арыш керип шашты эле,
Астында Тогуз-Мойнокту
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Чын оргутуп басты эле.
Көз байланып жер көчүп,
Көрсөң далай белди өтүп,
Тозоктогу чорого
Токтобой айтып келди эле.
Күлүстөн тууган Күл абам,
Күйгөн кызыл чок болду,
Душманга болот ок болду,
Качырып жооң токтолгон.
Берен элең, шер элең,
Бендеден ашкан сен элең,
Минген аты сур болгон,
Ааламдан артык эр болгон,
Тийген айдай жалпы элең,
Кара киши алп элең,
Баатырлыгың башкача,
Батыр, балбандыгың бир канча.
Көрсө деген канкоруң,
Сенин көзүнө тирүү көрүнөт.
Денеден сөөгүң быркырап,
Чымындай жаның чыркырап,
Сай-сөөгүң зыркырап,
Кайраттуу элең, шер да элең,
Каарың кымбат таш кайрат,
Адамдан камбыл эр да элең.
Көрүп көңүл салыңыз,
Бул үңкүрдөн куткарбай,
Баатыр, көк жалды кармап алыңыз.
Тил албасаң кокустан,
Чалыша кетсең окустан,
Чамаң келбей кокустан,
Зыңгырайт да, кенебейт.
Күл абам сенин өзүңдү,
Жалынсаң укпайт сөзүңдү,
Баатыр жапага салба өзүңдү.
Телегейи артык тең элең,
Добул келсе жел тийбес,
Каарлууга мал бербес,
Качырганга жан бербес,
Боз аркар тоодой шер элең.
Болумдуу мүчөң тең элең,
Ичинде карап отурсак,
Жер ааламдан кең элең,
Жан жаратып сендейди,
Баатыр жакында бербес.
Айта турган себебиң,
Белеси бийик Кап тоодой.
Белиң төрөң келатат,
Ата болуп асырап,
Эне ордуна сактаган
Эр болот деп өзүңдү,
Бир күндө бир миң мактаган.
Кенедейден кезиккен,
Биттейинде бириккен,
Бармактайда баш кошкон,
Ээрчитип эр кылган,

www.bizdin.kg

Эр уулу менен тең кылган,
Эрениң абаң келатат.
Астыңа келсе акжолтой,
Аркаңа салса сан колдой,
Шериң абаң келатат,
Капа болуп ыйлаба,
Ата, кабарга келдим кыйналба.
Сөзгө кулак салыңыз,
Сөөдүр дебей кебимди,
Баатыр абаңды кармап алыңыз.
Кара дөө мындай дегенде,
Каарланып сабылды,
Чымындай жаны чыркырап,
Сай сөөгү быркырап,
Көңүлү көп-көп бөлүнүп,
Көздүн жашы төгүлүп,
Ээ айланайын Кара дөө
Каалаганда бу башка,
Кадыр түн өңдүү түн барбы?
Канкор көзгө көрүнүп,
Караанын көрчү күн барбы?
Караанын карап көрүшсөк,
Каалаган жерден өбүшсөк,
Жүрөк сыздап ар кандай,
Болор элең Күлчоро
Жаңы алтын таап алгандай.
Болор эле бүгүн күн,
Дарыям толуп калгандай.
Жан жаратып бир Кудай,
Жабыркатты ар кандай,
Баатыр шер абам эске түшкөндө...
Тегеренип кайран баш,
Теңиздей агар көздөн жаш,
Капалуу көңүл бөлүнүп,
Хан абам кайдан көрүнөр,
Үзгүлтүк тартып бу дүйнө,
Ушунтип алдап куу дүйнө,
Ай бөксөрүп күн өтөр,
Арадан нечен жыл өтөр.
Кызыталак куу дүйнө,
Алдамчы ушул дүйнө бок.
Жалганчы мындай дүйнө бок.
Алдап жүрүп жүдөтөр
Айдыңы кымбат сан колду
Көрсөзсөң менин көзүмө,
Кабылтсаң бүгүн көзүмө,
Кайратты катуу баштайын.
Кайран жанды бу сапар,
Кылга байлап таштайын,
Беренди бийлеп көрөйүн,
Беттешкенде жөн эле
Ажалдан мурун өлөйүн.
Чыркырап кармап алайын,
Чымындай жанды курган жан,
Курмандыкка чалайын.
Ачып көзүм көрөйүн.
Азабың тарттым ушинтип,
Колуна чогуу өлөйүн
Көзүмдү ачып көрөйүн» –
Деп, ошентип, муну айтып,
Күлчоро минтип турду эле.
Сөз кечилип кеч болду,
Эр төрөсүн көрүүгө.
Эки көзү төрт болуп,
Карчыгадай камынып,
Жаратканга жалынып,
Кынсыз кылыч салынып,
Кара көзүн кан чалып,
Кандуу бетин нур чалып,
Каарланып көз жайнап,
Карсылдата тиш кайрап,
Эки көзү чок болду,
Ооздон заар октолду.
Оюна түшүп чоң дүмөк,
Күлүстөн абаң Күлчоро
Ич кайнады чок болуп,
Султандан кабар укканда,
Кантип турсун токтолуп.
Каарланды желигип,
Канкор чоро ээлигип,

www.bizdin.kg

Мураадан мурун кеп угуп,
Азыр ушул үңкүргө
Көк жал келер деп угуп,
Баабединин бат айтып,
Ай туякка кайран эр
Астында күрөң атты айтып,
Жаадай учуп элеңдеп,
Жай-жарагын белендеп.
Көк ала мунар куш болуп,
Көрсөң дүмөк иш болуп,
Канкорду көзү көргүчө,
Көрүп алып өлгүчө.
Чорого дүмөк иш болуп,
Көңүлдүн баары кубанып,
Чымындай жан чыркырап,
Сан устукан, сексен сөөк,
Денеден толкуп быркырап,
Көңүл толкуп былкылдап.
Эр абасын тирүү – деп,
Үңкүрдө тирүү жүрү – деп,
Шай колдогон арстанды,
Өлбөгөн жандын бири – деп,
Күлчоро ойлоп турду эле.
Эрте сөзү кеч болду,
Каралдысын көрүүгө,
Көрүп алып өлүүгө,
Эки көзү төрт болду.
Хан абаң тирүү жүрөт – деп,
Кара дөө жандан Күлчоро
Тим эле кечип таштады.
Кабар угуп турабы,
Эр Күлчоро баатырдын
Эки көздөн аккан жаш,
Омуроо ылдый кулады.
Кан качып өңү суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Омуроо ылдый куюлуп,
Капалуу көңүл бөлүнбөй,
Каралуу канкор көрүнбөй,
Төгүнбү – деп, калппы – деп,
Кайраттуу тууган Күлчоро
Каалап көңүл бөлүнбөй,
Карааны зоңкол канкор шер,
Кааласа көзгө көрүнбөй.
Баарын байкап токтолуп,
Күлүстөн кыраан кургурдун
Кайнап ичи чок болуп,
Кара дөөдөн кеп угуп,
Канкор келет деп угуп,
Кара жан күйүп жок болбой,
Кантип турсун токтолуп,
Жүрөк кайнап эзилип,
Көк жал качан келди – деп,
Каралды жакын кезигип,
Бараанын карап көрсөм – деп,
Андан кийин өлсөм – деп,
Сан түмөн кыргыз чок эле,
Жараткан жалгыз Алдага,
Кылайган ката жок эле» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Токтоно албай тыбырап,
Жолдун алдына кирип кыбырап,
Үстүнө чыгып тыбырап,
Белестин баары шыбырап,
Ич сүйүнүп кымылдап,
Буудан оозун буралбай,
Муңдуу байкуш Күлчоро
Муңканып чыдап туралбай,
Чымындай жаны чыркырап,
Чыдай албай буркурап,
Кабак кагып болкулдап,
Тулку бою солкулдап,
Береним ай деп белсенип,
Берен чоро турганда
Жоголгон жок табылса,
Кеткени колго кабылса,
Мындай кызык болобу» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Эбедейи эзилди,
Эт тырмагы созулуп,

www.bizdin.kg

Көрө албай көзү кеч болуп,
Абасы эрди көрүүгө,
Эки көзү төрт болуп,
Токтобой жүрөк акылдап,
Ай маңдайы балкылдап,
Кылкүрөң оозун бурду эле,
Кыяны карап турду эле.
Кыячаны караса,
Калк аманын караса,
Ачылып кабак бөлүнөт,
Абасы канкор көрүнөт.
Мууну бошоп буркурап,
Асыл чоро байкушум
Алы кетти зыркырап,
Абаңдын жайы ушундай
Каарданып шаштырып,
Огжоңдотуп Буурулун
Алчаңдата бастырып,
Өлүүбү десе тирүү экен,
Өлбөй тирүү жүрү экен.
Ээн калган Буурулун,
Ээлендирип булкунтуп,
Колундагы Ак шумкар
Ээси өлгөндөй жулкунтуп,
Касаба колдо балкылдап,
Атышка керек келтеси,
Ай далыда жаркылдап,
Себили сексен төрт болуп,
Серп алган жагы өрт болуп,
Каргылаган Ак тайган,
Азыр жара тартчудай,
Арт жагынан кыңылдап,
Артында ээрчип алыптыр.
Колдогону сур жолборс,
Бу кокуй өңдүү жан болбос,
Берен жайы ушундай,
Асмандагы жылдыздай.
Ботом ириктешкен экен го,
Ардай болгон эр буудан,
Ал кошулуп канкорго,
Бириктешкен экен го...
Ободогу жылдыздай,
Жошулушкан экен го,
Текөөрү темир, тээги жез,
Тереги кулач кез,
Канатын жыйып шукшурбас.
Кууну көлдөн учурбас,
Куп жолдошу Ак шумкар,
Курусун кыраан көк жалга,
Кошулушкан экен го...
Ботом жолборско салып айт десе,
Жогдойлоп кайра кайтпаган,
Жолборстон кайра тартпаган,
Тиш салганын бүлдүргөн,
Тиштесе жанды күлдүргөн,
Айкөлүмдүн кумайык,
Кошулушкан экен го...
Тилегеним бир Кудай,
Берип калган кези экен.
Ак олпоктон Аккелте
Ал кошулуп төрөгө
Келип калган кези экен.
Каалаганын берген го,
Кайып болуп кабылып,
Кайран шерге табылып,
Келип калган кези экен.
Тилегенин бир Кудай,
Берип салган кези экен.
Кайыбынан кабылып,
Буюмдары табылып,
Келип калган кези экен.
Келе турган себеби
Телегейи тең эле,
Атасы Манас айкөлдөн,
Артыла турган шер эле,
Түнөп өткөн жерине,
Түптүү чынар орногон,
Түмөн Кыдыр колдогон,
Басып өткөн жерине
Башынан Кыдыр колдогон,

www.bizdin.kg

Бу басташкан душман оңбогон.
Уламадан уладык,
Билгичтерден сурадым.
Кайран абам көк жал шер,
Толкуп жанды күткөн – деп,
Тоболуу уя биригип,
Тобосунан бүткөн – деп,
Кадырман хандын ашында,
Калың жыйын кашында,
Кошой бата бериптир,
Капыр менен мусурман,
Кошо бата бериптир.
Батадан бүткөн чунак – деп,
Калк салган кеп экен,
Кан Манастан туулган,
Канкордугу эп экен.
Берендиги белгилүү,
Баатырлыгы башкача.
Каныкей тамак жегизип,
Кайып ээлеп канкорду,
Марал эмчек эмизип,
Дүнүйөгө жаралып,
Келгендиги чын экен.
Тилегенин жараткан,
Бергендиги чын экен.
Жер үстүндө шер болуп,
Аалам жеңген эр болуп,
Он эки мүчө тең болуп,
Келгендиги чын экен.
Көк жал да экен, шер да экен,
Өлдүк десе тирүү экен,
Өлбөгөндүн бири экен.
Чынардын кара көзү экен,
Чын көк жалдын өзү экен,
Бошоң эмес, тың экен,
Кара дөөнүн айтканы
Өтүрүк эмес чын экен» –
Деп, ошентип, Күлчоро,
Өпкөлөдү күйүнүп,
Өлгүчө артык сүйүнүп.

Көк жал шерди көргөндө,
Какылдаган карга жок,
Куркулдап учкан кузгун жок,
Жонуп учкан жору жок,
Билсең эрдин баары жок.
Ээн талаадан кезигип,
Өрттөнүп ичи күйүнүп,
Өлбөй абаң тирилип,
Үзүлгөнү уланып,
Чачылганы жыйналып,
Кеткени толкуп толуптур,
Кеп ушундай болуптур.
Көк жал шерди көргөндө,
Капа мүшкүл баштады,
Чымырканып чын жанды,
Чыдай албай Күлчоро,
Куп желиккен куу жанды,
Кылга байлап таштады.
Каралды шерди көргөндө,
Кабырга сөөгү бөлүнүп,
Атасын көргөн баладай,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Чыдай албай чыркырап,
Каралды канкор абам – деп,
Күлчоро ыйлап буркурап.
Күлчоро ыйлап турганда,
Калдайган кара тоо ыйлап,
Капчыгай кулап зоо ыйлап.
Кара дөө баштап эр ыйлап,
Ыйлаган жандар макулук,
Өз кайгысын жеп ыйлап.
Жоголушуп табылга,
Капалуу көңүл ачылган,
Күйүккөн мүшкүл басылган.
Күлкү күндү чыгарып,
Кайрадан кабак жазылган.
Как ушундай деп ыйлап,
Сары адырмак бел ыйлап,
Салмактуу чоро шер ыйлап,
Кылкүрөңү жорголоп,

www.bizdin.kg

Ал Кара дөө байкуштун,
Эки көздөн аккан жаш.
Ыйык жалдан шорголоп.
Кылычка салган кын чыгып,
Кыйла сөзү тың чыгып,
Канкор шерди көргөнү,
Жалган эмес чын чыгып,
Кайыпчынын кара үңкүр,
Кара үңкүр жолу жошулуп,
Ага-инилүү бир тууган
Күлчоро менен Семетей,
Ай-талаадан кошулуп.
Зарлап ыйлап Күлчоро,
Алгыр куштай камынып,
Абакелеп жалынып,
Ардай болгон Буурулду,
Суулуктан кармап бурду эле.
Көк жал шерди көргөндө,
Каңырыгы бурады,
Эки беттен аккан жаш,
Омуроо ылдый кулады.
Кызыл өңдөн кан кетти,
Күлчородон ал кетти,
Каңырыгы бурады,
Эки көздөн аккан жаш
Омуроо ылдый кулады.
Алы кетип, алсырап,
Мууну бошоп, жансырап,
Чымын жаны от болуп,
Чын абасы көрүндү.
Чын абасын көргөндө,
Чыдай албай байкуштун
Көңүлү сайлап бөлүндү.
Кымбат шер тийип колуна,
Кызыталак куу дүйнө,
Тутамдай туура көрүндү.
Күлчоро менен Кара дөө
Кармап эки алп ыйлап,
Аргын кыргыз калк ыйлап,
Жоголуп көк жал кеткенге
Он үчкө жыл толуптур.
Ойлоп турсаң куу дүйнө,
Шумдугу мынча болуптур.
Айкөл төрө кеткени,
Башы кеткен бапанга,
Аягы кеткен сапанга,
Өрт каптаган ордого,
Калкы кеткен олжого,
Айчүрөк калган каралуу,
Күлчоро калган жаралуу.
Каныкей, Бакай шумдукта,
Оң далысы оюлуп,
Күлчоро кеткен кулдукка.
Кара кийип Айчүрөк,
Кыяска барып тул болгон.
Курсакта калып эр Сейтек,
Жедигерге уул болгон.
Капа болуп кор болуп,
Айчүрөк мүшкүл көтөргөн,
Эки далы оюлуп,
Күлчоро отун көтөргөн.
Тоодакты кушка жегизди,
Тоодой атын өчүрүп,
Каралды кылган Сейтекти,
Кыяс уулу дегизген.
Талас кара жол болуп,
Энекеси Каныкей
Эч эсеби жок болуп,
Кыз-келини тул болуп,
Музоочу кара күң болуп.
Асылдар качып таралып,
Абасы Бакай карыя
Балбандарга таланып.
Шорго малса мендесин,
Ар түрлүү болуп жаралган.
Бу кордугу ким үчүн?
Караса көзгө илинбейт,
Кайда экени билинбей,
Жоголуп кеткен төрө үчүн,
Төрөнүн көзү жоголуп,

www.bizdin.kg

Түмөндөгөн эл үчүн,
Төрөнүн көзү жок үчүн,
Таласта аргын кыргыз журт
Ала-Тоо бөксө жол болуп,
Ар кимге бу журт кор болуп.
Оруп тулаң чөп берип,
Алым-салым көп берип,
Көргөнү каран түн болуп,
Тартканы мүшкүл күн болгон.
Хан кеткенде кыргыздан,
Казанынан аш кетип,
Кайран журттан баш кеткен,
Бирөөнү бирөө көрө албай,
Биринин тилин бири албай,
Айкөл айдап буркурап,
Талаган таандай чуркурап,
Калкта кайгы таралып,
Канчасы кордук сабалып.
Эл кордугу бу болуп,
Эрендин баары кул болуп,
Калк мүшкүлү пул болуп,
Кадырман баатыр мына бул,
Ар кайсыга кул болуп.
Эми журт көрнөгү бу болуп» –
Деп, ошентип, Күлчоро,
Кайнап боору эзилип,
Канкорго минтип кезигип,
Адыры марал, түзү аркар,
Жер маанисин бир айтып,
Калаалуу шаар, капка журт
Иш маанисин жана айтып,
Көк жалга минтип турду эле.
Мына ошентип Күлчоро,
Каралды кылган абасын,
Атадан артык бабасын,
Алтындуу чидер өрөөсүн,
Атаң-эне эгизден
Артык көргөн немесин,
Түптүү чынар мөмөсүн,
Карааны тоодой төрөсүн.
Астыга салсак ак жолун,
Айдап жүрсө сан колун.
Капкалуу шаар баанасын,
Түптүү чынар калаасын,
Эр Күлчоро таап алып,
Төрөсү төрдөн табылып,
Кордуктагы Чоронун
Абийири мындан жабылып.
Өңүмбү – деп, түшүм – деп,
Каалаган төрө кишим – деп,
Көк жалымдын өзү – деп,
Кабыландын көзү – деп,
Кайыбынан кабылган,
Ак талаадан табылган,
Жоголуп жолдон кабылган,
Жолборсумдун өзү – деп.
Ардай болгон Буурулдун
Жибербей оозун бурду эле.
Күйүп-жанып камынып,
Күлүстөн айтып жалынып,
Жанып-жайнап чок болуп,
Күлүстөн шерин көргөндө,
Күйүтү толук эр чиркин
Кантип турсун токтолуп.
Бышып-жанып чок болуп,
Төрөсүн көргөн куурагыр,
Кантип чыдайт токтолуп,
Күлчоро туура жалындап,
Кынсыз кылыч салынып,
Абакелеп жалынып,
Күйүп турду Күлчоро.
Зың-зың этип кенебейт,
Боздоп турган чорону,
Бучкагына теңебейт.
Оозунан талдап кеп чыкпайт,
Өкүрүк салса сөз укпайт.
Тирүү десе, өлүктөй,
Өлүү десе, тириктей,
Төрөсү менен Чоронун,
Ымаласы бирикпейт,

www.bizdin.kg

Кашатта көңүл жошулбай,
Кайнаса каны кошулбай.
Ак дидарын көргөн жок.
Артык айтса Күлчоро
Амандык сөзгө келген жок.
Былк деп жооп берген жок,
Мыктуу эрди көргөн жок,
Жабыркатып күч кылат.
Жандоо менен иш кылат,
Кулагы керең, көзү көр
Азгырылган кайран эл,
Күлчорого тутулуп,
Үңкүрдө турган ошо жер,
Кармап тургун Күлчоро
Коё бербей төрөсүн
Козголтпой кармап мөмөсүн.
Белгилеп кармап чатырын.
Белекке кармап баатырын.
Кымбаттуу кыраан табылып,
Кызыктуу чоро кымбаттын,
Абийири минтип жабылып.
Капа таркап ачылып,
Эр Күлчоро баатырдын,
Умачтай көзү ачылып,
Абаке деп балкылдап,
Абийирлүү тууган эрендин
Айдай бети жаркылдап,
Азыр да кайып кечүүгө,
Семетей турду чегинип.
Кара дөө менен Күлчоро
Канкорду кармап экөөлөп,
Күлчоро туруп муну ойлойт,
Мурунтадан кан абам,
Эл башкарып журт күткөн,
Улук болгон экен – деп,
Азыр бүгүн шер абам,
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай,
Дудук болгон экен – деп,
Күлчоро турду күйүнүп.
Айтканым туура келди – деп,
Айкөлдү Кудай берди – деп,
Кара дөө турат сүйүнүп.
Күлчоро турат сабылып,
Анда-санда коңгурап,
Баана кылган береги
Абасына жалынып.
Абасы турат кенебей,
Көп алтын сөз шекерин,
Мунун баарын Семетей
Бучкагына теңебей.
Акырын сүйлөп бек таштап,
Шер Күлчоро кургуруң
Коё берди сөз баштап.
Айзакерден чоронун,
Ыктуулугу дагы бар.
Алты сан жоого көз салчу,
Мыктуулугу дагы бар.
Белеси соңгок кара кыр,
Бел экени дагы чын.
Бепбелгилүү ырысман,
Ай-аалам жаңжал кылганда
Жалгыз чыккан уруштан.
Сүйлөсө даана сөзү ачык,
Сөзгө чечен көзү ачык,
Күлчоронун өзү ачык.
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбай турган чоң чечен.
Тозок менен мүшкүлдөн,
Кутулуп чыгар бир нечен.
Күлчоро жайы момундай,
Кара тилин кайраган,
Калк алдында сайраган,
Айлап-жылдап жарышса,
Мүдүрүлүп талбаган,
Кордук тартып жалынып,
Кол-бутун ыкып салбаган.
Кеби шекер таралган,
Адамдан бөлөк жаралган.
Калайыктан кат алган,
Машайыктан бата алган.

www.bizdin.kg

Башынан бери бу көк жал,
Бала көк жал аталган.
Баатыр болгон, шер болгон,
Басташкан кара жер болгон.
Каймана иши оңолгон,
Кагышкан адам жоголгон,
Күлчоро жайы ушундай.
Каарланып чыдабай,
Канкоруна бет болду,
Тутамга келбей шордуу жан,
Күйдү ичи өрт болду.
Ок жыландай октолуп,
Оолукпай чоро эр көк жал
Ичи өрттөнүп чок болуп,
Кантип турсун токтолуп.
Күйүп-жанып кыйгачтап,
Күлүстөн чоро кеп баштап:
«Баатыр көк жал төрө элең,
Эш туткан караан сен элең.
Кардуу басып ага албас,
Касташкан беттеп баса албас.
Кара зоңкок бел элең,
Караан кылган мен элем.
Баатыр, жетим болдуң атадан,
Жетим калып жетилдиң,
Жергеге эптеп кошулдуң,
Он экиге келгенде,
Күйүп турган чок болдуң,
Жайнаган кызыл от болдуң.
Ордо бузуп олжо алып,
Орчун журтка кол салып,
Канга тоюп катыктың,
Канкор көк жал атыктың,
Өзөндүүнү майладың,
Өчөшкөнүң тийгенде
Жакып канды жайладың.
Көбөштү көргө киргизип,
Көк жалдыгың билгиздиң.
Сары кайкаң белди алдың,
Санааңа келген жерди алдың.
Белиме таңуу болор – деп,
Балапан кезде мени алдың,
Кайрандан калган каадам – деп,
Кан абамдан калган балам – деп,
Эркелеттиң өзүмдү,
Эки кылбай сөзүмдү.
Энекемдин эмчегин,
Тең бөлдүрүп эмиздиң.
Тай кунандай тебишип,
Талашып эмчек эмишип,
Бирге кылдың сөзүмдү,
Эки тизгин, бир чылбыр
Эптеп колго аларда,
Ай-ааламды сүрөрдө,
Жан жараткан жер үстү,
Султан болуп жүрөрдө,
Калың каздың орумду,
Кайнаттың минтип шорумду.
Байланттың боштон колумду,
Эздирдиң кара боорду,
Тилдирдиң кайыш соорду,
Кокуй канкор айыңдан
Эмнеге сабылдым,
Эчен шорго малындым.
Кармаганым чок болуп,
Өпкөм болот ок болуп,
Көрбөгөнүм көр болуп,
Өрттөндүм кара жер болуп.
Мүйүз сынып, баш калып,
Токол болуп курудум.
Жал куйруктан айрылып,
Жабыркап күйүп кайгырып,
Сопол болуп курудум.
Эки колдон айрылып,
Кокуй болдум бир кезек,
Эки көздөн айрылып,
Сокур болдум бир кезек,
Кезет кетип кем болдум,
Бир кемеге менен тең болдум,
Өзүм кемирейген көр болдум.

www.bizdin.kg

Он эки куйрук кырк чалгын,
Омуроом окко алдырдым.
Опсуз мүшкүл чоң кордук,
Ойлоп башка салдырдың.
Атактуу Кең-Шор, Кан-Жайлак,
Үлгүлүү-Марал, Күмүш-Так,
Кашаты Беш-Таш, Капка-Таш,
Жерди каран таштадың.
Каралды кыргыз, көп аргын,
Элди каран таштадың.
Чынарлуу терек улукман,
Мөмөнү карап таштадың.
Беш аркар жылдыз баткыча,
Беш курсагын кеңитип,
Тар курсагын кеңитип,
Таш эмчегин бошоткон,
Энеңди каран таштадың.
Атакеңдин сырдашы,
Асыл Бакай курдашы,
Карыганда мубайрек,
Бабаңды каран таштадың.
Курсакта алты ай куу жолтой,
Баатыр, баланды каран таштадың.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Кырка тиккен көп кыргыз,
Күндүзү кымыз, түнү кыз,
Айлыңды каран таштадың.
Айдай катын Айчүрөк,
Зайыбыңды каран таштадың,
Адырың аркар, түз кулан.
Жериңди каран таштадың.
Астыңа салса акжолтой,
Атышка салса сан колдой.
Мени каран таштадың,
Жалынсам укпай сөзүмдү,
Бүктөдүң жаман белимди,
Үзүлбөс жайган торуңду,
Көп көргөздүң шоруңду.
Канчорого чечтирдиң,
Ок өтпөс гүлдүү тонуңду,
Баатыр, жалынсам укпай сөзүмдү,
Жаман кылдың өзүмдү.
Шекерден таттуу кебимди,
Сындырмак болдуң белимди.
Өрттөп өттүң өзүмдү,
Ар качандан бир качан,
Кашайтмак болдуң көзүмдү,
Кокуй төрөм оңбодуң,
Кордук салып кордодуң,
Көңүл чөгөт бөлүндүм,
Тирүү десем санда жок,
Өлдү десем көрдө жок,
Көзүмө неге көрүндүң.
Күйдүргөндөн бышырдың,
Карартып көмүр чок кылдың,
Кайран жанды жок кылдың.
Берендигиң билгиздиң,
Түтүнү жок жалын жок
Туталантып күйгүздүң.
Катуу мүшкүл баштадың,
Адырда жылкы алабаш,
Аргымак буудан аралаш.
Малыңды каран таштадың,
Сабы алтындан жаралган
Тагыңды каран таштадың.
Кебиң ширин, сөзүң бал
Кейитпей канкор угуп ал.
Күбүбө күрөк тишимди,
Күйгүзбө минтип ичимди.
Кайнатып өрттөп чок кылба,
Каралды кылган кишиңди.
Жоктоп жүрдүм бир топ жыл,
Жоголгон жогум табылса.
Жоюлбай кантип турайын,
Жолборсум абам кабылса.
Кымбат абам, кеп башта,
Улуктукту сен ташта,
Колуңа азыр өлөмүн,
Кайра тартпас чын жайды,
Кыдыр Алда кудурет

www.bizdin.kg

Төбөгө түшсө көрөмүн.
Чачам асыл канымды
Чымынчалык көрбөстөн
Чыным менен кыямын,
Чымындай алтын жанымды.
Жалынсам сүйлөп койбойсуң,
Жана айтсам абам оңбойсуң.
Кайыпча качып булкунуп,
Качуучу жагын оңдойсуң.
Сары адырмак кең жайпаң,
Эл күздөөсү мөндүргө
Айдап салар малым жок.
Өз абакем жоо болгон,
Өлүмдөн аяр жаным жок.
Ырастап ырдайм ырымды,
Күчөтөм күчтүү чырымды,
Чыгарба капыр сурумду.
Чын аябас себебим,
Өлүп калар кезимде,
Кой териси кул элем,
Өлбөй тирүү жүргөндө
Ит териси уулу элем.
Мен бир белин бекем буушкан
Билемин мен кай жерде
Өзүң менен туушкан,
Ар мүшкүлдү угушкан,
Кайран энем Каныкей,
Жатынын жара тээп чыгышкан.
Жардай болгон зор Манас,
Мунун чоң белинен сызышкан.
Бир кызыкка батышып,
Бир өсүп канга жатышкан,
Бир жатынга жатышкан,
Мен качан бир Манас уулу элем.
Кул дегенде кул элем,
Бу куюлуп келген Какандан
Бу курган абаң уулу элем.
Менин түп атакем Чылаба,
Менин түпкү шаарым Бакбурчун,
Менин уругум кытай Чынмачын.
Менин уям түптү Каканчын,
Каарым келди какайдым.
Канкор сени соёмун,
Канетип тирүү коёмун.
Мунун таянганы темирдей,
Улугунан Семетей
Дудук болду дедирбей.
Калысынан канкор шер,
Маңги болду дедирбей.
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай,
Жинди болду дедирбей,
Чын эле көзүн ойбосом,
Чын төрөм сени сойбосом.
Тозогун тарттым момундай,
Сенин күйүтүң тарттым бир канча,
Кокуй төрөм сойбосом.
А дедирбей ак урсун,
Атакем Манас арбагы
Так төбөмдөн дагы урсун.
Төбөсү бүтөө көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Ак милтенин чогу урсун,
Ак келтенин огу урсун,
Төрөм сени соёмун,
Тындым кылып коёмун.
Каарым келип какайып,
Ач болот колго алармын,
Берен абам эр көк жал
Бейпайды сизге саламын.
Азабың тарттым ушунча.
Абам сени сойбосом,
Тындым кылып койбосом.
Астыңкы элди чуулатып,
Уккан жанды кубантып,
Берен абам өлдү – деп,
Кайра тартпас чын жайын
Кайран киши көрдү – деп,
Ар аскер жыйып топурап,
Асманга учат топурак.
Берен абам өлдү – деп,

www.bizdin.kg

Бери келбес чын жайын
Берен киши көрдү – деп,
Кымыз менен жуудуруп,
Кымкап менен буудуруп,
Замзам менен жуудуруп,
Зардар менен буудуруп,
Бышыктарга сактатып,
Ырчыларга мактатып,
Ардар менен сактатып,
Акындарга мактатып.
Колум менен көмбөсөм,
Күлчоро болбой өлөйүн,
Туубай туна чөгөйүн.
Мойнуңузду буруңуз,
Өлбөй-житпей сен аба
Ички сырың кылыңыз.
Ырас айткан ырыңды,
Ымандай айт чыныңды.
Айт ичиңде сырыңды,
Айтып бергин чыныңды.
Айза кармап топ бузуп,
Ажалдуу киши окко учуп,
Артык дүмөк болгондо
Калакай кандай жамындың,
Кай мүшкүлгө чалындың,
Элиңден безип сен абам
Не мүшкүлгө кабылдың.
Бышып-жанып күйүнүп,
Калгамын эчак түңүлүп,
Ай-талаадан кабылдың,
Кайра өзүмө табылдың.
Мүшкүлдү балаа дарт болуп,
Капалык кайра жаңырдың.
Өрдөшүң конуш ак сарай,
Тозогуң тарттым бир далай.
Кулдук тарттым көп түрдүү,
Аш үчүн томук жеп жүрдүм,
Абаке төрөм деп жүрдүм.
Азыр жолдон кабылып,
Ай-талаадан табылып,
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай,
Эт жүрөккө чок салдың.
Жанга жапа көп салдың,
Көп кетирдиң алымды,
Көп күйгүздүң жанымды,
Эң бир сууттуң демимди,
Сындырдың менин белимди.
Жана кылдың сонунду,
Өзөктү өрткө чалдырып,
Кайнатмак болдуң шорумду,
Колуңа абам өлөмүн,
Өлбөй коё беремин.
Чын жайымды көрбөсөң,
Сени менен өлбөсөм,
Балта чаап башын кеспесем,
Кылычтап мойнун кеспесем,
Чын дүйнө жүзүн көрбөсөм,
Кучакташып өлбөсөм,
Күлчоро болбой өлөйүн,
Кеп сүйлөсөң көрөйүн.
Сүйлөп ийчү кокустан
Белги кылып көрөйүн.
Эгерде сүйлөп бербесең,
Айткан сөзгө көнбөсөң,
Бузам азыр түрүндү,
Камдайм калың жинимди.
Чокко түштүм сен дедим,
Куйкаландым чок болдум.
Өрттөнүп жүрүп жок болдум,
Баатырлык башты арыттым,
Балбандык жанды карыттым.
Карайладым көр болдум,
Кара жер менен тең болдум.
Канча мүшкүл чоң тозок,
Калтырбай тарткан мен болдум.
Каранкүн канкор сен үчүн,
Каным калды бир кашык,
Этим калды көк жашык,
Туурадан түштүм тул болдум.
Салмактуу көк жал жоголуп,

www.bizdin.kg

Сатылып кара кул болдум.
Отун жыйдым тентиреп,
Таман этим мелтиреп,
Каруу кетип көр болдум,
Кайгыдан башым дел болуп.
Кулдук көрүп көп жүрдүм,
Кургалуу шаар кабылан
Кайдан келсин деп жүрдүм.
Тирүүлөй көрдүм көзүңдү,
Тим кууратты өзүмдү.
Каралды кылып жүргүздүң,
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай.
Көп мынча неге күйгүздүң.
Кетирдиң менин алымды,
Күйгүздүң неге жанымды,
Кайнаттың далай канымды.
Үмүт кылып кармасам,
Не кашайттың жанымды.
Оңдурдуң гүлдүү түрүмдү,
Не келтирдиң жинимди.
Далай күнгө татыттың,
Ушу бүгүнкү көргөн күнүмдү.
Бурулсам укпай сөзүмдү,
Бурулбас тууган элек – деп,
Бир көрсөң боло көзүмдү.
Кокуй абам султан шер.
Атабыз сизге айлансын,
Атадан артык курган эр,
Кеп сүйлөбөй таңшыттың,
Мынчалык неге какшыттың.
Коюбуз бирге короолош,
Ашыбыз бирге жоролош,
Тапканыбыз жыйгандаш,
Өлүм орток ыймандаш.
Өрүүдө жатак мал бирге,
Өлүм орток жан бирге.
Чабышка кирсек чаң бирге,
Ажал орток жан бирге,
Жалынсам тиктеп жалдырап,
Дудукча тиктеп алдырап.
Суутмак болдуң демимди.
Чыгармак болдуң желимди,
Сындырмак болдуң белимди.
Койдуң укпай сөзүмдү,
Кууратты көк жал өзүмдү.
Азыр султан кебимди ук!
Чындап төгөм канымды,
Чын сарп кылам жанымды.
Чыгардың көпкөн желимди,
Чын эле сууттуң демимди.
Көп сүйлөбөй, тил айтпай,
Кежирлик кылсаң ушинтип,
Кылычтап башың бөлбөсөм,
Так алдына өлбөсөм.
Жан жаралбай өлөйүн,
Жанды күйгөн чок кылдың,
Сени менен бир жаңжалдашып
көрөйүн.
Кызыл курч айза боолашып,
Кытайдан бетер жоолашып,
Кара курч айза боолашып,
Кас душманча жоолашып,
Айза сайып бөлүшүп,
Канды суудай төгүшүп,
Кабыргалуу омуртка
Карса-курса бөлүшүп,
Жаңжалдашып көрбөсөм,
Коё бербей өлбөсөм.
Күлчоро болбой өлөйүн,
Күтүп жүргөн өлүмдү,
Берен канкор кабылан,
Бет алдыңдан көрөйүн.
Каарым келди какайдым,
Кармалашып көрөйүн,
Кас ажал бүгүн жолукса,
Астынан тосуп алайын.
Акыр-такыр чоң мүшкүл,
Айкөл сага салайын.
Айланды азыр таппасам,
Ач болот шилтеп таппасам,

www.bizdin.kg

Тирик эмес өлүкмүн,
Тим эле өлбөй чок болуп,
Сени күтүп жүрүпмүн.
Тирүү чыгып сүйгүздүң,
Тим эле өрттөп күйгүздүң.
Жоголуп көзгө көрүнбөй,
Мал-башты караан таштадың.
Кармап алсам сөз айтпай,
Каранды неге баштадың.
Катыгүн аба сүйлө – деп,
Кыядан көзүм көргөнү.
Көп жакшыраак эмеспи,
Тирүү жүрбөй өлгөнүң,
Арстандыгың ашырып,
Айтпай кебиң жашырып,
Чыгарып ийдиң желимди,
Өчүрдүң сууттуң демимди.
Айта кой абам кебиңди,
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай,
Туруп калса окустан,
Каарым келип какайсам,
Чоң жаңжал чыгат кокустан.
Кайыпчы үңкүр чаң болор,
Жер жүзү кызыл кан болор.
Ачууланып айкырсам,
Кез болгондор жай болор,
Чамалап чапчы окустан.
Чапчып ием кокустан» –
Деп, ошентип, Күлчоро,
Арстандык түрү көрүнүп,
Ачуу жиндеп төгүлүп,
Сакалы саадак кабындай,
Типтик турган муруту
Майлуу балта сабындай,
Көрсөң Чоро ушундай.
Каалаган баатыр дегендей,
Каарланып какайса
Катылса жанды жегидей,
Күлчоро жайы ушундай.
Кең көөдөндүү жайык төш,
Келбети чалкак кара көз,
Узун бойлуу кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Ааламдын баарысын
Буй кыла турган курган эр.
Эки жакты каранып,
Эрди-мурдун жаланып,
Ачууланып акырып,
Айбаттанып бакырып,
Кызылы калтар жүнүндөй,
Кыйкырыгын карасаң,
Арсландын үнүндөй.
Көзү сөксөөл чогундай,
Чартылдаса көк жалың,
Чагылгандын огундай,
Чамасын көрсөң момундай.
Алп мүчөсү арстандай,
Айбатына жан чыдап,
Айласын таппай шашкандай.
Кезиккенди бөктөрүп,
Алп кушундай баскандай,
Ай-ааламдан тайманбай,
Алла Таала бендесин
Жаратат экен ар кандай,
Күлчоро түрү момундай.
Эки далы ортосу –
Аштык салган талаадай,
Каары катуу көк жалдан
Катылган тирүү калабы ай.
Көз кычыгы буткулдай,
Көк жал эмес ааламды
Аты менен жуткудай.
Кулагына карасаң.
Чеп белгиси кургуруң,
Челишсе жанды соргондой.
Чалгырлыгы камандай,
Чартылдашы самандай,
Чалыша кеткен көй душман
Чактап чаркын табалбай.
Умтулушу быткылдай,

www.bizdin.kg

Каарына катылса,
Кабылганды жуткандай.
Көрсөң чоро ушундай,
Шай колдогон шер эле,
Эр аталып журт бийлеп,
Таласта кыргыз аргынга
Жел тийбес болот чеп эле.
Бу канкор колдон кеткени,
Кармангана чоң болгон,
Күйүшү тозок от болгон,
Жүргөнү караан түн болгон,
Өрттөнүп-өчүп күл болгон.
Берен көк жал барында,
Бендеден бөлөк дуулаган.
Берендин көзү өткөндө,
Бей мүшкүл тартып кууракан.
Бек кападар Күлчоро
Бек таң атып жолунан.
Капырай берени тийсе колуна –
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай,
Абдан көргөн көзү жок,
Аманга келген сөзү жок,
Өлдү десе көрдө жок,
Тирүү десе санда жок,
Эс болду десе малда жок.
Ичи сыздап боору чок,
Чородон башка тууган жок.
Бүгүнкүсү эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок.
Мына ошондо Күлчоро,
Айтып чыкты сайроого,
Сайрап тилин албаса
Көк жал шерди жайлоого,
Кыжырланып тутулуп,
Кыялы жаман бузулуп,
Качырата тиш кайрап,
Каарданды көз жайнап,
Жети-Өзөн бойлой кончудай,
Ай-ааламды сорчудай,
Арстан көзү жайнады,
Күлчоро жайы ушундай,
Кан ичмеси кармады.
Беделинен күч чыкты,
Эки беттин отунан
Бир байпактык түк чыкты.
Оолукканда Күлчоро,
Оң кармап айза алуучу,
Каарланып какайса,
Ааламга кыргын салуучу.
Туткагы чындап кармаса,
Жеке басар кол кармаса,
Жеке басар жол чалчу,
Жет-Кайтты бузуп олжо алчу.
Күчтүүсүнгөн жоо болсо,
Күрдөөлүүнү күбүгөн.
Балбандарды качырган,
Кара болот айзаны,
Кармалашкан жоо келсе,
Кабыргага батырган.
Семетейге калганда
Элкинди конуш бел болгон.
Ай-ааламды буй кылган,
Аянбаган шер болгон.
Алгыр куштай балкылдап,
Ак келтедей чартылдап,
Айтып турду аянбай,
Кыймылдатпай былк этпейт
Кабыланды кармады.
Каарланып күркүрөп,
Азыр өлүм кылчудай,
Канкор жанын кыйчудай.
Башын кесип алчудай,
Уулу Сейтек, Чүрөккө,
Көк жалга салчу дүмөккө,
Башын кесип барууга
Бакай хан менен Каныкей,
Бул өңдүү эки карыга,
Сүйүнчүлөп барчудай.
Билеги жоон балбандай,
Ааламга кыргын салгандай.

www.bizdin.kg

Алла Таала бендени
Жаратат тура ар кандай.
Кээ бир жанды эр кылган,
Кээ бирөөнү шер кылган,
Кээ бир жанды кем кылып,
Кээ бир жанды Жараткан
Кара көр менен тең кылган.
Мына ошондо Күлчоро,
Коё бербей кагышып,
Канкор шерге жабышып,
Айландыра кеп баштап,
Күүлүү сөздү бек таштап,
Ар бир сөздүн аягы
Билген жанды жеп таштап.
Теңизинди карабай,
Теги жанды аябай,
Кызырлуу шерди карабай,
Көп мүшкүл тарткан кайран шер
Кылча жанын аябай,
Не сүйлөбөй турат – деп,
Бу эселек султан канкорду
Не үчүн Кудай урат – деп:
«Кемип кеттим бул үчүн,
Кенебейт ко мен үчүн,
Кулдукка кеттим бул үчүн,
Куп кейибейт мен үчүн.
Өткөрдүм кымбат жашымды,
Токмок кылдым башымды.
Төгүлттүм далай алымды,
Казык кылдым каруумду,
Кашыкча куйдум канымды.
Бу кара ниет канкорго
Казыр курман кылайын,
Чымындай алтын жанымды.
Ички сырын сурайын,
Ички сырын айтпаса,
Каарым келип какайып,
Канкорго бирди кылайын.
Тирүү жүрүп кул болуп,
Жана эмине кылайын» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Белгиге чийип сызыкты,
Пендеден кыраан кургуруң
Кылмак болду кызыкты.
Баштамак болду балааны,
Күчөтмөк болду кутурмаң
Айыкпас оору жараны.
Салмак болду баатырга,
Киши көрбөс балааны.
Коё бербей баланы,
Бөлүнтмөк болду санааны.
Каарланып какайып,
Кармап турду төрөсүн,
Каралды кылган мөмөсүн.
Кантип коё берчү эле,
Карааны тоодой немесин.

Күлчоро кармап алып, сени тирүү койбой өлтүрөмүн деп Кара дөө экөөлөп Семетейди кармап турганда, Күлчоронун ачуусу келип же өлүп көргө кирбей, же тирүү болуп элде жүрбөй азабыңды мага тарттырдың. Азыр сени жайлап өзүм да өлбөсөм бу дүнүйөңүн тирүүлүгүнөн кечпесең же тил айтып бербесең, же бир жөнгө келбесең деп, Күлчоро каары кармап төрөнү коё бербей булкунтуп кармап турганы. Ошондо, Семетей Күлчоронун үнүнөн коркуп айтып ийгени:

Кармап оозун бурду эле,
Каарланып какайып,
Катуу сүйлөп турду эле.
Катуу сүйлөп турганда,
Ошо кезде Семетей
Акырын айтып бек таштап,

www.bizdin.kg

Айкөл сүйлөп мындай кеп,
Сүйлөп турду мындай деп:
«О ботом, бул айтканың дагы чын,
Кара мүртөз пейилиң бар,
Каарлуу шумдук кебиң бар,
Кабылганды кайсачу,
Кезиккенди кемирген,
Туланды жерге тутантып,
Өлөндүүнү өрттөгөн,
Эр Күлчоро күнүң бар.
Айдыңыңды карасам,
Ажыдаардын сүрү бар.
Айкырыгы угулса,
Арстандай үнү бар.
Жайласаң жайлап коёрсуң,
Жадаалдансаң соёрсуң.
Жана жиниң кармаса,
Тындым кылып коёрсуң.
Баатырдырсың шердирсиң,
Боолголойм үнүндү,
Күлчоронун өзүсүң.
Кыраандын кара көзүсүң,
Алыш кылып кол салса,
Адам алы жетпеген,
Арстан тиши өтпөгөн.
Сайлуу эрдин баатыры,
Кыраандардын мыктуусу,
Кызырлуунун ыктуусу.
Баарысынын баарысы,
Баатыр шердин Чолпону,
Зиркиреп көңүл бөлүнөт,
Айбаттанган айкырык,
Күлчоро өндүү өндөнөт.
Сен Күлчоро сен болсоң,
Хан экени дагы чын.
Кадыры башта чоң милдет,
Бар экеним дагы чын.
Өзөгүмдү өрт чалып,
Алгандыгы дагы чын.
Өзөлөнүп өкүрүп,
Каралдыңдан ажырап,
Калгандыгың ырас чын.
Айдыңың тоодой жан болдуң,
Асылыңдан ажырап,
Кор болгонуң дагы чын.
Башындагы суусар бөрк,
Кимдер ыргап кийбесин.
Дөөлөтү турса башында,
Ким күркүрөп жүрбөсүн.
Ажырады айрылдың,
Ар-кор тартып кайгырдың.
Айтканың ырас кеп эле,
Өлбөй-житпей кутулуп,
Ажырашкан мен элем.
Аз кыйкырык угулса,
Көңүл капа бөлүнөт.
Ачууланган кайратың
Күлчоро өндүү көрүнөт.
Ал Күлчоро баатырың,
Мендеден бөлөк турду эле.
Чагылгандай чартылдап,
Чамасы мындай үн эле.
Абаке деп айкырса.
Айкырыгы жетчү эле,
Балалуу марал айбанат,
Баатырдын чыккан үнүнө
Заарына чыдабай,
Бала салып кетчү эле.
Кыйрасы кыйрап өлчү эле,
Өлгөнүнөн калганы
Саруулап күнүн көрчү эле.
Көңүл толкуп бөлүнөт,
Айкырып чыккан ачуу үн
Күлчоро үндүү көрүнөт.
Кармаса кармап аларсың,
Курмандыкка чаларсың.
Тим өлтүрүп бу жанды,
Тыйпыл кылып саларсың.
Кайратың бийик, каарың күч,
Катылганды кылчу түз,

www.bizdin.kg

Көп-көп көңүл бөлүнөт,
Эң кайратың бейлесем,
Үнүң Күлчоро көрүнөт.
Айтпасам болбой сөзүмдү,
Бейлеп тургун өзүмдү.
Кырктын кыркы чалганда,
Ар буурулдан ажырап
Ай-талаада калганда.
Кечээ ак күмбөз тайып барганда,
Жаак алдынан жаак чыгып,
Канчоро чочко жат чыгып,
Тил алдынан тил чыгып,
Кылычын кынай таптанып,
Кылча калбай жалгыз
Жедигер журту аттанып,
Жана кара жылкы дулдулу,
Кайып сурдун кулуну,
Олжого келген оюлгур,
Толтойдон түшкөн союлгур,
Сур коён жүрбөй калганда.
Калың кара жедигер
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй бөлөк ок атып,
Жоо чуркурап сел каптап,
Жортомон басып эл каптап,
Жоо чуркурап келгенде,
Бир жеримде тагым жок,
Тайбуурулдан айрылган
Төрө абаңдын багы жок.
Жүрбөй калган Суркоён
Көкүлү менен кулагын,
Кошо кармап алгамын.
Атакем Манас жолуна
Арнап туруп чалгамын.
Ачып көздү-жумганча,
Айта-буйта дегиче,
Колоттон булут табылып,
Тоо-тоонун башынан,
Кара булут жабылып,
Чөп силкинип кыбырлап,
Асмандан алты сан мөндүр
шыбыргак.
Арыктын баарын тыгындап,
Алеңгир жаан түн түшүп,
Так ошентип турганда,
Ургаачыдан уз көрдүм,
Оймок ооз, бото көз
Ойдологон бото көз,
Кырмызы көйнөк уча бел,
Кыйгачтаган жал-жал көз,
Кыйын сулуу кыз көрдүм.
Желдеттери жети миң,
Себилчени сексен төрт,
Жадаасын окуп жайлаган,
Адамдан мындай уз көрдүм.
Бузуп ийди канымды,
Жаралган адам уулунан
Ажыратты алымды.
Көргүс кылды көзүмдү,
Ушинтип бурду өзүмдү.
Кулагымды кер кылды,
Сыйкырчыдан сексен кыз
Күнүгө үч жол жандады.
Чыгарып жолдон алдады,
Адамдык түрүм калбады.
Көрсөң дүмөк ушундай,
Артык мени азгырды.
Бар бекен Бакай тирүүсү,
Акыл табар эл эле,
Айчүрөк катын сиңдиси,
Беринин кызы Көкмончок
Бек азгырып өзүмдү,
Түн түшүрүп көзүмдү,
Азгырып койбой жанымды,
Кетирди далай канымды.
Тосуп жүрөт жолумду,
Дубалап байлап колумду,
Сыртыман чечип тонумду,
Азгырып алып өзүмдү,
Ботом, сыйкырдан алдым катынды.

www.bizdin.kg

Кайып кылып азгырып,
Тийгизди Буурул атымды.
Такалады айзамды,
Сыйкырлуудан кутулуп,
Кыйырлуу журтка жеткиче
Таба албадым айламды.
Байлады Буурул тулпарды,
Жазгыртып элге жолотпой,
Колума берди шумкарды.
Ал көргөздү Айганды,
Алып колго тийгизди,
Кумайык ак тайганды.
Капага көңүл бурамын,
Кантээр айлам таба албай,
Кармалууда турамын.
Кишени жок, тору жок,
Байлануда турамын.
Кишиликте саным жок,
Азгырууда турамын.
Ар жуманын күнүндө,
Сейилдикке чыгамын.
Көргөн шумдук ишим бар,
Жаралган адам уулуна
Кошулууга болдум зар.
Көкмончок баштап сексен кыз,
Кайыптан мынча зайыбым бар.
Өлдүм десе көрдө жок,
Тирүү болуп элде жок,
Ушундай болду дүйнө бок,
Ичи өрттөнүп, боорум чок,
Сыр билүүгө бир жан жок.
Күлчоро аман болсо – деп,
Жараткандан көөнүм ток,
Ич жалындап боорум чок.
Эки колум байлоодо,
Эки көзүм жайноодо,
Ушундай болдум дүйнө бок.
Ханзаадалар каңгырап,
Качып жүрөр жан барбы?
Каран күн балдар эл кайда,
Бекзаадалар бездигип,
Безип жүрчү жөн барбы?
Ээй бейтаалай балдар эл кайда?
Элге жетер күн барбы?
Ырдап айтам ырымды,
Ымандай айтам сырымды.
Атакемдин сырдашы.
Арстан Бакай курдашы,
Бабам эсен бар бекен?
Канчоро кармап алгыла,
Көзү көргөн даанышман,
Көбүрөөк чыккан жарышкан.
Эл эскирткен жарыя,
Эзелден берки олуя,
Баатырдыгы башкача,
Баатыр Бакай абамдын
Калк карысы бабамдын,
Кисесинде дары бар,
Кишиден бөлөк баары бар,
Дарысынын дагы бар.
Эбеп деген бир дагы,
Эсил Бакай колунда
Ооруган жерди басчу эле,
Себеп деген бир дары,
Умачтай көздү аччу эле.
Жердин үстүн чалдырган,
Желмаянды мингизип,
Жекей бозду кийгизип,
Каканчындан алдырган.
Дарыяларын алып кел,
Бул азгырык капырдан
Кутулушар ал бекен?
Беш аркар жылдыз батканча,
Беш кайра жолу эмизген.
Баатырлыгы башкача,
Эненин көзү кеткенде,
Кайып болот дедирген.
Кечээ атамдан жетим калганда,
Ай далыга мингизип,
Каракан качып жүргүзүп,

www.bizdin.kg

Талаалап качып тентиреп,
Таман эти мөлтүрөп,
Кайран энем Каныкей
Карыя энем бар бекен?
Ошол энем бар болуп,
Эмчегин эмер чак болуп,
Эмчек ээмп уктасам,
Энекем шордуу жытынан,
Күнү-түнү жыттасам,
Көз-кулагым ачылат.
Ооруган жерим басылат,
Жанымдан азгырчу качып чачылат.
Айылдаш конуп өзүңдү,
Айбаты баатыр Күлчором
Анан угам сөзүңдү,
Анан көрөм көзүңдү.
Эсен болуп бар болсо
Энекеме кат учур
Кат учурсаң бат учур,
Ак байбиче энемди,
Маңдайда таалай Мекенди,
Бар болсо таалай мекемди,
Көзүмдү ачып көрөйүн,
Эмчегинен эмейин.
Талаадан кармап абийир тап,
Жан Күлчором азыр чап.
Алты күлүк ат менен,
Алакандай кат менен,
Жердин үстүн чала көр,
Жезек салып, жер карап,
Жети күн тынбай эл карап,
Энекемди таба гөр.
Энекем келип көз көрсө,
Чын эмчегин маа берсе,
Сорсом жайнап сүт чыкса,
Көрүнөмүн көзүнө,
Айылдаш коном өзүңө.
Таңуу болом белиңе,
Кулак сал Чоро кебиме.
Туу кармаган туу болом,
Душманыңа чуу болом,
Аныктап айтам сөзүңө,
Энекем Каныкей аман бар болсо,
Арка болом өзүңө.
А Каныкей жок болсо,
Белести чалып сүзүп кой,
Белгилүү абаң төрөдөн,
Күдөрүңдү үзүп кой.
Конуш күтүп жер болбойм,
Энекем өтсө дүйнөдөн,
Күлчоро сага эл болбойм» –
Деп, ошентип, зор канкор,
Бу кабарды кылганда.
Кадимки мураа Кара дөө:
«Бөксө менен желейин,
Айрылбастан бек карма,
Энекем Каныкей алып келейин.
Бээлеп жерди чалайын,
Бээ саамына калбайын» –
Деп, ошентип, Кара дөө
Күлчорого муну айтып,
Көрсөң кызык шумду айтып,
Мына ошентип, Кара дөө
Кара жаак булдурсун,
Кармай калып имерип,
Ардай артык бууданды,
Такымга салып жиберип,
Жер чаңдатып уратып,
Күрөңсай менен чуркатып,
Таласка салып келди эле.
Кымбат баа кийгизип,
Жылкы ичинде жел жетпес,
Жел жетпестин алдына
Жээлигип чуркап мал жетпес,
Жел жетпести мингизип,
Каныкей, Бакай мингизип,
Калтырбай алып жүрдү эле.
Шамдагайы болжолсуз,
Шакылдаган Кара дөө
Баатырда ошол, шер да ошол,

www.bizdin.kg

Баарыдан мыкты эр да ошол.
Сай тулпарга мингизип,
Жайлап алган кези экен.
Көй каранды көйкөлтүп,
Айдап алган кези экен.
«Ак байбиче энекем,
Айланайын энекем,
Каралды жалгыз табылды,
Абийириң азыр жабылды.
Кетилгениң толкуду,
Кемигениң табылды.
Катуу сөөгүң жашыды,
Арыганың семирип,
Ачка курсак тоюнду,
Касташкан душман союлду.
Калбай жүргүн энем – деп,
Каралды кылган мөмөм» – деп,
А кабарды укканда,
Кайран энең долунун,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Чыңырып ыйлап чыркырап
Чыдай албай буркурап,
Көп жакшылык билинип,
Көп өрттөнүп күйүнүп,
Жүрөк булкуп көз тартып,
Өлүүчү энең сүйүнүп.
Аппак чачы суюлуп,
Жоголгон уулу табылса,
Өлүп жанбай ал шордуу
Кантип турсун тирилип.
Семетейин көрүүгө,
Көрүп алып өлүүгө,
Кутпага мойнун бурууга,
Кууракан жанды кыюуга,
Каарды катуу баштаптыр.
Кайран жанды Каныкей
Кылга байлап таштаптыр.
Таңдай эти такылдап,
Тамшанып суусап какылдап,
Муңкангандан буркурап,
Муңканып ыйлап чыркырап,
Эрте айтканы кеч болуп,
Эсил уулун көрүүгө
Эки көзү төрт болуп.
Акыл эргип жаш кетип,
Көңүл толкуп баш кетип,
Көк жал шерди көрүүгө,
Көзү көрүп өлүүгө,
Акка мойнун бурууга,
Аманат жанды кыюуга,
Жан бөксөрүп баш кетип,
Көздөн жаштуу кан кетип.
Кандуу көзүн кар чалып,
Кан өпкөнү дарт чалып,
Жаадай учуп чыркырап,
Кеткен экен Каныкей.
Картайганда Каныкей,
Астындагы Көкчолок,
Олбуй-олбуй камчы уруп,
Ошол Бакай зыргытып,
Мурут менен сакалын,
Булуп-жулуп чыргытып,
Көк жал шерге жетүүгө,
Жетсе, Бакай курган чал
Курман болуп кетүүгө,
Аманат жанды бөлүүгө,
Арстан Бакай шериңиз,
Ажалдан мурун өлүүгө,
Берен Бакай бабаңыз,
Көбү кеткен каргандын,
Чапкандыгын караңыз.
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумганча,
Алтын түркүк чатырга,
Калды барып кезигип,
Жоголгон канкор баатырга.
Жоголгону табылып,
Жол болуп абийир жабылып,
Чыңырып ыйлап Каныкей

www.bizdin.kg

Чыркырады жете албай,
Чыркыраган себеби
Көз байлаган сыйкырчы
Жадыгөйдөн өтө албай,
Какшап ыйлап сабылып,
Каныкей турат куурагыр,
Каралды жалгыз Семетей
Семетейге жалынып.
Мына ошондо Каныкей:
«Бозала туйгун болгонум,
Бозомук тынар чолпонум,
Кулчу чачым өргөнүм,
Кечигип жүрүп көргөнүм.
Тулпар өлсө туягым,
Текөөрү болот тынарым,
Туягы болот тулпарым.
Чагылган болот шумкарым...»
Энеси ыйлап турду эле,
Каңырыгы бурады.
Эки беттен аккан кан,
Омуроо ылдый кулады.
Каныкей ыйлап турганда,
Кайың менен тал ыйлап,
Каралды көзгө көрүнүп,
Караган жандын баары ыйлап,
Буркурады эл ыйлап,
Жаң каралды жээк ыйлап,
Кымбат ыйлап, шер ыйлап,
Кысталып канча эл ыйлап,
Кара көңүл шер ыйлап,
Ыйлагандын баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлап,
Өткөн өксүз мундуу баш,
Түгөнбөгөн көздөн жаш,
Ар кайгыны жеп ыйлаар,
Ар бир кайгы иш түшсө,
Эне-бала эзилсе,
Аталуу бала кезиксе,
Өлгөн кайра тирилип,
Өчкөн кайра тамган соң,
Түгөнгөн карып мундуу баш,
Кезигишип калган соң,
Чыңырышып өлбөймбү,
Чымындай жанды кыйбаймбы.
Ар мундуулар баш кошсо,
Мына ушундай болот турбайбы, –
Деп, ошентип калк чуулап,
Коргошундай эзилип,
Эне-бала кезигип,
Бет алышып келген жер,
Бек жараткан кудурет
Чыны менен берген жер.
Калдай жыйып кол курап,
Ак сакалын жуугулап,
Ай жангыз деп буркурап,
Айкөл Бакай карыңыз,
Боздоп турат аныңыз.
Көйкөлүшүп чок болуп,
Көп өрттөнүп от болуп,
Баатыр Бакай бабаңыз,
Кутпага мойнун бурганы,
Курган жанды кыйганы,
Көп кордук көргөн карыя
Көздүн жашын тыйбады:
«Кокуй көк жал кабылан,
Карааның аман көрүндү.
Кайгырганда нетейин,
Каралды кылган жетимим
Как алдыга мен сенин
Курман болуп кетейин.
Кечээ канкор төрөм барында,
Калдайган шаар Каканчы
Камап турган кезимде,
Калдай менен шиээни,
Сабап турган кезимде,
Кайып кырга түштүмбү.
Түндө суусап, бек аңкап
Өлбөгөнүм мынчалык,
Мүрөк суусун ичтимби?
Уялуу канкор барында

www.bizdin.kg

Улуу куш этин жедимби?
Уйпаланып чок болуп,
Ошо убактан ушу убак,
Улуктардан айрылып,
Убара болуп каңгырап,
Ушинтип өлсүн дедиңби.
Күйдүм-быштым чок болдум,
Ушаландым жок болдум.
Көйкашка элем арыдым,
Көк жал элем талыдым.
Көбүрөөк өрттөп жоготтум,
Көк жал жаштын жарымын,
Болот жашып жез болдум,
Бороонго далай кез болдум,
Асылдар аймап жеп болдум.
Куу сакал Бакай дедирип,
Куу душманга кеп болдум.
Канатым карыш куйругум,
Отоп-бутап жеп болдум.
Суу тийбесте мээ кайнап,
Чөп чыкпас какыр чөл болдум.
Куйрук-жалдан айрылган,
Ошо чөлдөгү кулан мен болдум.
Өлбөй-житпей кайгырдым,
Каралды кылган канкор шер,
Кабылан сенден айрылдым.
Көзүм кандуу кал болдум,
Керегим кеткен жан болдум,
Керилген мыкты жан элем,
Кемирейген чал болдум.
Түлкүдөй белим бүктөттүм,
Түзүм кетип курган жан
Түн айбанга жүктөттүм.
Баш күнтөдөн мен Бакай,
Баатыр болуп жаралып,
Баатырдын көзү жогунда,
Балаага мынча катылдым.
Балбандарга курган жан,
Көкбөрү болуп тартылдым.
Узарып шылдың жашыбыз,
Улуктун көзү жогунда,
Улактан төмөн башыбыз.
Алдейлеп баккан Канчоро,
Көргөздү шаар Алайды,
Кылды белем далайды» –
Улукман Бакай муну айтып,
Боздоп турду оңгурап,
Какшап турду коңгурап.
Айтып оозун жыйганча,
Айдай катын Айчүрөк
Күлүмсүрөп тастайып,
Күзгүдөй өңү кашкайып,
Аташкан деп чыркырап,
Аябай ыйлап буркурап.
Муңканып муңдуу кезигип,
Буркурап ыйлап эзилип,
Тарак тийбес кара чач
Тал-талынан бөлүнүп,
Олоңдой болгон кайран чач,
Омуроодо көрүнүп.
Бөдөнөдөй көзүнөн,
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Карагаттай көзүнөн,
Камчы тамчы жаш кетип,
Көк жал ай деп чыркырап,
Баш кошкон деп буркурап:
«Кабылан төрөм артык шер,
Асылдыгын арттырдың,
Азаптуу мүшкүл балааны
Кайран башка тарттырдың.
Артык болот зулпукор,
Бөлөкбайга таптаттың,
Он алты жылы жоголуп,
Тоонун түбүн сактаттың.
Санжыргалуу көк жалым,
Менин санаадан кетпейт арманым.
Сары оорудай саргайып,
Сан мүшкүл дарт кармадым,
Сактап келдим аманат,
Сан душмандын ичинен,

www.bizdin.kg

Курсакта жолтой баланды,
Ар ишти салып бул кылдың,
Аташкан айдай катынды,
Ар кадырлаш акылды,
Ушунча жылы тул кылдың.
Алганың болот карагер,
Артында какшайт кара бет.
Ушундан ары долуну,
Канжыгаңа чала кет.
Жобону бирге тартканга,
Жолугуп бирге жатканга,
Жолу болсун куу дүйнө
Эзилип сырды билгенге,
Кошулуп бирге жүргөнгө.
Бейбагыңды ала жат,
Көңүлгө бийлеп ала жүр,
Көп сапар чексе алыска.
Көк жал төрө кабылан,
Канжыгаңа сала кет.
Ар бир түрлүү көйнөгүм,
Артсам жетпес мойнума
Тарчылык салбай куу башка,
Тарта кеткин койнуңа» –
Деп, ошентип, чыркырап,
Айчүрөк ыйлап буркурап,
Куу жандын баары эзилип,
Мундуулар бүгүн кезигип
Кайрандын баары буркурап,
Калгандын баары чыркырап,
Кары үңкүр кайкы эзилип,
Ата-эне, бала кезигип.
Кара дөө менен Күлчоро,
Калбай эрлер оолугуп,
Ар мундуунун баарысы,
Баатыр ай-талаада кезигип,
Алек болуп турушту.
Айтып оозун жыйгыча,
Бөлүнүп элдин санаасы,
Бөлүнүш мындай карачы,
Барган экен кезигип,
Баатырдын Сейтек баласы.
Ата жүзүн көрүүгө,
Эптүү сөзү кеч болуп,
Эки көзү төрт болуп,
Күйүп-бышып чамынып,
Атасы канкор төрөгө,
Жеткилең Сейтек жалынып,
Калк аманын кааласа,
Артка калган Сейтеги
Семетейге караса,
Сакалы саадак кабындай,
Мурутуна караса,
Кызыккан кындын шабындай,
Оозунан чыккан илеби,
Өзөндү бузган жалындай.
Кирпиги жалын көзү чок,
Кишиде андай шумдук жок.
Канкордугу шердиги,
Ашкан экен ааламдан,
Атакем кандын эрдиги
Өңү күүгүм, кеби шок,
Кайраты бөлөк, заары чок,
Кабылан атам шер өндүү,
Ааламда мындай пенде жок.
Ай кулагы калкандай,
Алагай көзү Чолпондой,
Кыр муруну сеңирдей,
Оозунан чыккан илеби,
Ордо капчал желиндей.
Кыжырына тийгенди
Кылымды айдап жегидей.
Орто бойлуу кең далы
Опсуз эрлик сурланып,
Кара чаар кабылан
Капталынан чамынган.
Чолок көк жал арстан
Жара тартчу немедей,
Жан-жанына камынган.
Сыягы бөлөк каранар
Аркасынан октолуп,

www.bizdin.kg

Алты сай жерден оп тарткан,
Алтымыш түгөй кара нар.
Колдогону сур жолборс,
Өндүрү кең, өзү шер,
Өлчөсөң мындай жан болбос,
Беттен пенде келгисиз,
Бет алып душман жеңгисиз,
Камынышы жолборстой,
Качырган аман болбостой.
Эң кайраты сеңирдей,
Эсеби жок шер атам
Эңишсе жанды жегидей.
Карааны болот коргондой,
Катылганды соргондой.
Сакалы чынар багындай,
Жабылган кыйрап калгандай,
Жаралган экен абыдан» –
Деп ойлонду эр Сейтек,
Атасы көзгө көрүнүп,
Акылы айран бөлүнүп,
Ыраазы болуп турду эми.
Мунун түп атасы Түгөл хан,
Түрлүүдөн чыкпайт Кара хан.
Ач албарс болот кын экен,
Калк чуркурап обоздоп,
Эл чуу түшүп жүргөнү,
Өтүрүк эмес чын экен.
Атаны Кудай албасын,
Атаны тирүү тааныбай,
Артка бала калбасын.
Ушул өңдүү кордукту,
Жаратканы чын болсо,
Мендесине салбасын.
Көңүл капа убайга,
Көк жал атам шеримди
Көзүм көрдү бул сапар,
Арман кылбайм Кудайга.
Канкор да экен, шер да экен,
Кайран атам көк жалдын,
Он эки мүчө тең экен.
Ак маралды кубалап,
Уй кылганы чын экен.
Ай-ааламды атам шер,
Буй кылганы чын экен.
Көк жал атам чыр кылган,
Көк марал кууп уй кылган,
Көрүнгөн жерде буй кылган.
Кытайды бузуп жол салып,
Кыйбаны чаап олжо алып,
Орчун журтка кол салып,
Белести чалып, белди алып,
Безенип нечен белди алып.
Тууганына туу болуп,
Душман көздөп беттесе,
Күйгөнү өрттөндү болуп
Ала-Тоонун чеби экен,
Атам көк жал кургурду,
Кас санаган көй душман,
Кайдан чыккан дээр экен.
Эстеген адам таң калган,
Эл-журттуку эп экен,
Окчонтой огун сологон,
Артык атам шер менен,
Атыша чыккан кологон.
Басташкан аман болбогон,
Себили сексен төрт болгон,
Серпиши кызыл өрт болгон,
Беттешкен аман турбаган,
Беттешкен адам зуулады,
Атыша чыккан бүлүнгөн,
Айдыңын көргөн душмандар,
Аманат жандан түңүлгөн.
Кериши кенен чаң болсо,
Кежилдешкен жай болгон.
Ойрон атам бу көк жал,
Ортолоп Талас жайлаган,
Он төрт атын байлаган.
Атыша чыккан душманды
Астыга салып айдаган.
Ачуусуна тийгенде,

www.bizdin.kg

Азууга салып чайнаган.
Сайганы сандап күл болгон,
Салышы түмөн миң болгон.
Болот калаа чоң коргон,
Болжосом атам зор болгон.
Жедигерге жеңдирип,
Жеткилең атам кайран шер,
Не үчүн мынча кор болгон.
Сары өзөн толуп бүктөгөн,
Өлгөн сайын өрчүгөн,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн.
Өлгөн сайын өрчүгөн,
Өкүм да экен, шер да экен,
Теңиз атам көк жал шер,
Телегейи тең экен,
Деги атам мынча эр экен.
Семетей уулу кылганга,
Арманым жок Кудайга,
Элден угуп кеп бейлеп,
Сөзүн көрдүм атамдын
Жетим калып жетилип,
Жергеге эптеп кошулуп,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Өзүн көрдүм атамдын.
Өзү турмак жайнаган,
Көзүн көрдүм атамдын.
Жан өрттөнүп боорум чок,
Жаратканга көөнүм ток.
Каалап көрдүм атамды,
Кенедей жерде арман жок.
Жасаганга көөнүм ток,
Медерим байкап бел көрдүм,
Береним атам мен көрдүм.
Ала-Тоодой карааным,
Жүрөк толкуп ич кайнап,
Чын кубанып барамын,
Атанын көрдүм караанын» –
Деп, ошентип, баласы,
Чыркырап күйөт карачы.
Ата-бала кезигип,
Оолукканын карачы.
Бир кучактап алууга,
Асман жерди какшатып,
Бир көрүшүп калууга,
Күйүп барат карачы.
Эр Семетей баатырда,
Сүйлөрүнө сөзү жок.
Карап тиктээр көзү жок,
Кабылдуу келер дары жок,
Ушундай экен дүйнө бок.
Азгырылган айкөл шер
Аталуу бала кезигип,
Таанышпай турган ошо жер.
Семетей туруп муну айтат,
Көргөнчө жалган шумду айтат:
«Энеден туулуп шер болдум
Ай-ааламды буй кылган
Арсылан көк жал эр болдум,
Азгырылып душманга,
Калктан безген мен болдум.
Үңкүр ээлеп үй кылдым,
Калайык бузуп кайрылдым,
Каралды кылып отурган,
Күлчоромдон айрылдым.
Чалгын чалып кайгырдым,
Эне, бала, зайыбымдан,
Калалуу кыргыз калкымдан,
Калмышымдан айрылдым.
Адамдын болор мингиси,
Мени азгырып байлаган.
Беринин кызы Көкмончок,
Айчүрөктүн сиңдиси,
Торолуп тосуп жолумду,
Дубалап байлап колумду,
Көп көргөздү сонунду.
Өлүк эмес тирүүмүн,
Өлбөгөндүн биримин,
Көргөзбөй байлап көзүмдү,

www.bizdin.kg

Жадыгөйлөр биригип,
Алып кеткен өзүмдү.
Азгырылып өткөмүн,
Айрылып элден кеткемин,
Жердин түбү Желпиниш,
Үч жыл мында болгомун.
Бу дүйнөлүк кызыкка.
Эчен жолу тойгомун.
Медийнанын чөлүндө,
Жан баспастын жээгинде,
Үч жыл анда болгомун.
Кайра тартып кайрылып,
Бери кайыпчынын кара үңкүр,
Келгенимди билемин.
Жан жолдошум сексен кыз,
Жолдоштошуп жүрөмүн.
Калк башкарып эл күткөн,
Улуктук калды менден да,
Кулак укпай, көз көрбөй,
Убалдамын бул жерде.
Канкор башым кан бекен,
Бир мураага жетүүгө,
Бурулуп элге кетүүгө,
Ордолуу шаар, эпсиз журт,
Кайрылып кайра барууга,
Ини, бала, зайыбымды,
Кайрылып таап алууга,
Эрте сөзүм кеч болду,
Эки көзүм төрт болду.
Күлчоро үнүн даана угуп,
Эртеңки дартым козголуп,
Кас мисүүнү Күлчоро,
Ушуну угуп токтолдум,
Качанкы дартты жоктодум.
Чын Күлчоро сен болсоң,
Чын көк жалың мен болсом,
Айтылган сөзүм зар бекен,
Кең көйнөктүн мыктуусу,
Ургаачынын ыктуусу,
Узун чачтын тазасы,
Ургаачынын пашаасы.
Жасалганга жарык күн,
Ургаачы бейиш, кадыр түн,
Эсил энем Каныкей,
Өлбөгөн тирүү жан бекен.
Эсил энем бу бейиш
Өлбөй тирүү бар бекен.
Энекем ылдам келсечи,
Кыбыланы баштанып,
Ач болотту жазданып,
Араандай оозум ачайын.
Оң эмчегин оңдосун.
Күл азыктан жедирсин,
Бооруна басып шорумду
Жаш баладай эмиссин.
Араандай оозум ачылса,
Аман болуп шордуу энем,
Оозума ак эмчек сүтү чачылса,
Бул оорудан айрылам.
Арстан тууган шер иним,
Шай колдогон эр иним,
Анан сага кайрылам.
Көрөм сенин көзүңдү,
Анан айтып турганда,
Каныкей эне кары ыйлап,
Канкор мындай болду – деп,
Караган журттун баары ыйлап.
Чымын жан чыкпайт чыркырап,
Муңдуулар ыйлап буркурап.
Энеси шордуу Каныкей
Өлгөн менен арман жок,
Чымындай жаны калган жок.
Көңүл толкуп бою эрип,
Көк жоргодой көйкөлүп,
Коргошундай чайпалып,
Дене бошоп былкылдап,
Он эки тамыр сексен сөөк,
Калбай эрип былкылдап.
Азат бою дүркүрөп,
Ак эмчек сүтү зиркиреп,

www.bizdin.kg

Көшүлүп турду эле.
Айта-буйта дегиче,
Энеси шордуу буркурап,
Чымын сөөгү быркырап,
Денеси бошоп сабылып,
Чолпонум деп жалынып,
Эмчек тозуп жайланып,
Гүл ботом деп айланып,
Энеси жакын барганда,
Капалуу көңүл басты эле,
Шай колдогон курган шер,
Эне жыты келди – деп,
Жараткан жакшы берди – деп,
Көрүп койсо көөнүм ток,
Энемден башка мекем жок.
Каза таап бир күн өлөмүн,
Беш аркар жылдыз баткыча,
Берен энем мекеме
Эмне кылып беремин,
Ымыркай бала кезимде,
Чыркырап ыйлап жанаштым.
Алты айга мезгил толгондо.
Эмчегинди талаштым.
Жетинчи айда көптүрдүң,
Сегиз ай убак болгондо,
Көйнөгүң жара тептирдиң.
Эрдигим элден ашырдың.
Балтыр этиң жоорутуп.
Согончогуң оорутуп,
Балтырыңдан кан кетип,
Кудайлап боздоп зар этип,
Каскалдак учпас талаам – деп,
Каралды кылган балам – деп.
Кара хан кирди минетип,
Кара ханга барганда,
Мойнума тумар тактырдың,
Душмандан бөлөк бактырдың.
Жыргап туруп шордуу эне,
Жылас болуп кайгырдың,
Мен шордуудан айрылдың.
Асыл энем береним.
Аманат жанга керегим,
Кабагың жарык урмекем.
Каралды кылып отурган,
Кагылайын энекем.
Төшүңдү тоз өбөйүн,
Эмчегиң тозсоң эмейин.
Эмчектен аппак сүт чыкса,
Сөөккө бүткөн дарт чыгар,
Капанын баары жоголор,
Кайрылып уулуң оңолор.
Эмчегиңден сүт чыкса,
Чын каалап Кудай бергени.
Эмчектен кара кан чыкса,
Чын эле Кудай урганы.
Эмчектен аппак сүт чыкса,
Кабагын Кудай ачканы.
Кайрылат кайра арстаның,
Күйүттүн баары чачылат,
Умачтай көзү ачылат.
Кайгы-капаң жоголуп,
Кайрадан ишиң оңолот.
Кара кочкул кан чыкса,
Күйүткө моюн сүзүп кой,
Күдөөрүң менен үзүп кой.
Жайнат Чолпон көзүндү.
Каныкей, Бакай карыя
Жара тарткын өзүндү.
Чын дүйнөнү көргүлө,
Чын кейибей каргандар
Чын кыйналбай өлгүлө.
Ак катыным Айчүрөк,
Карартып чачың жайып ий,
Кандуу бетиң тытып ал,
Кара кийип буркура,
Кайран төрөм өлдү – деп,
Кара кийип чыркыра.
Азыркы кезең кыялаш,
Ай Күлчоро уялаш,
Тоо бузултуп кеп салгын.

www.bizdin.kg

Тоодой абам өлдү – деп,
Калк кыйрылбас чын жайын,
Кайран киши көрдү – деп,
Дагы ушунтип жоктоп кал.
Энекемден сүт чыкса,
Ай кабагың ачылар,
Ак ниетиң балкылдар,
Кабагың айдай жаркылдар.
Эгизим абам келди – деп,
Өрттөнгөн ичиң басылар,
Күйүттүү капаң жазылар,
Берен энем бар болсо,
Беттешип тура калсын – деп,
Бүлөп турсун бүлөөнү,
Кылып турсун түлөөнү.
Түрүп турсун билекти,
Энекем кылсын тилекти.
Мандайлаша калсын де,
Эбедейи эзилип,
Эт тырмагы созулуп,
Чымын жаны чыркырап,
Жалгызым деп жалбарып,
Тилек кылсын буркурап.
Эмчеги ийип сүт чыкса,
Силерге Кудай бергени,
Аныктап көрөм көзүмдү,
Чындап көрөм өзүмдү.
Ободогу жылдыздай,
Кой тогол болуп жошулам,
Мен силерге кошулам.
Кошула турган себебим,
Өлүк эмес тирүүмүн.
Өлбөгөндүн биримин.
Жадыгөйлөр азгырып,
Алып кеткен өзүмдү.
Айрылып элден кеткемин,
Жердин түбү Желпиниш
Үч жыл мында болгонмун.
Бу дүйнөлүк кызыкка,
Эчен эбак тойгомун.
Медияндын чөлүндө,
Жан баспастын жээгинде,
Үч жыл анда болгомун.
Кайра тартып кайрылып,
Каралды кылып отурган,
Калың элден айрылдым.
Бери кайыпчынын кара үңкүр,
Жан жолдошум сексен кыз,
Жолдоштошуп жүрөмүн,
Калк башкарып эл күткөн,
Улуктук калды тиги жерде,
Кулак укпай, көз көрбөй,
Убарамын бул жерде.
Кургак тилде айла жок,
Кутула турган дарман жок.
Кулагым кер, көзүм көр,
Курумак болдум кайран эр.
Тонум тозок жайлануу.
Кол-бутумдун баарысы
Дуба менен байлануу.
Өлүк эмес тирикмин,
Сыйкырчыга кармалып,
Энеке эй деп зарланып,
Сүйлөгөндө пайда жок.
Берен энем болбосо,
Мындан башка айла жок».
Ушуну айтып Семетей,
Буурул оозун бурду эле,
Кутпа жакты бет алып,
Күйүтүн күбүп басты эле.
Каарланып сабылып,
Кайран энем Каныкей
Каныкейге жалынып,
Араандай оозун ачты эле.
Сыйкырчыдан кутулар,
Бүтүн сурап турду эле,
Энеси долу бейбактын
Сүтүн сурап турду эле,
Семетей оозун ачканда
Кайран энем долунун,

www.bizdin.kg

Көңүлдөрү бөлүнүп,
Көздөн жашы төгүлүп,
Медерим деп, туяк деп,
Медер кылган чунак – деп,
Бөлүнгөн далай санаам – деп,
Ар качандан бир качан,
Тозокко салган балам – деп,
Кайрылганда мен үчүн
Канча азап тарттым сен үчүн,
Бир Семетей бала – деп,
Кармаганым чок болду,
Тиштегеним ок болду.
Бала деп жүрүп зарланып,
Байкуш энең жок болду.
Коңур сүйлөп эндиреп,
Коргошундай мелтиреп,
Өрттөнүп жанып жалпылдап,
Чындап күйүп балбылдап,
Чымын жанын аябай
Куруп ыйлап сабылып,
Кулунум деп жалындап,
Көңүл көпкөк бөлүнүп,
Санаасы сайлап төгүлүп,
Тегерете карабай,
Тегиз жанын аябай
Чаңырып ыйлап чыркырап,
Чыдабастан буркурап,
Колума тийсе Семетей
Өлбөй күнүм көрөйүн,
Колго тийбей бир кетсе
Ажалдан мурун өлөмүн.
Семетей колго тийбесе
Алты миң нар, кырк тайга,
Сатып алган чоң болот,
Кындан сууруп калайын,
Кый сүбөмө малайын.
Уулум карап турганда,
Өзүмдү өзүм жарайын.
Чымындай жанды кыяйын,
Балам тийсе колума
Өлбөй-житпей мен долу,
Жыргал күнүм көрөйүн.
Бүгүн колго балам тийбесе,
Күн көргөндө нетейин,
Көмүрдөй болуп кетейин» –
Деп, ошентип, Каныкей
Эки санаа ой ойлоп,
Эси кетип бой-бойлоп,
Төбө чачы жүн болуп,
Семетей колго тийбесе,
Көрөрү мүшкүл күн болуп,
Бере көр деп безилдеп,
Чын сөөгүнөн күч чыгып,
Эмчегинен сүт чыгып.
Дене бошоп балкылдап,
Энеси долу бейтаалай
Тийген айдай жаркылдап,
Берен да ошол, бел да ошол,
Акылга дыйкан Кадыр түн
Олуязаада дайыны,
Оңой тегин болобу,
Кан Манастын зайыбы.
Калайыктын мөмөсү,
Канкор шердин энеси.
Кайран энең долуңуз,
Балам ай деп буркурап,
Карыганда зор Бакай,
Тилек кылды чыркырап.
Дене бойдон күч чыкты,
Кайран энең долудан
Булакта бургун сүт чыкты.
Бере көр деп сабылып,
Эмчегин тоссо Семетей,
Ошол кезде Семетей
Чын энем жыты ушу – деп,
Кулкулдата сорду эле,
Кумары канып болду эле,
Аңкаганы басылып,
Умачтай көзү ачылып,
Эмчегин ээмп болгондо,

www.bizdin.kg

Эң кумары толгондо,
Суусуну басылып,
Бүткөн кулак ачылып,
Ойлосоң мындай көк жал шер,
Ооруган жери басылып,
Кабагы жарык ачылып,
Көңүлү сайдай бөлүнүп,
Курбу-курдаш жан-жоро
Чын көзүнө көрүнүп,
Капанын баары чачылып,
Ай кабагы ачылып,
Ак буудайдын унундай,
Жуурулушуп калышты,
Ак бөкөндүн кылындай
Суурулушуп алышты.
Ободогу жылдыздай,
Жошулушуп алышты.
Жоголгондон табылып,
Абийирлери жабылып,
Кошулушуп калышты.
Ата-бабам кезигип,
Азган көк жал табылып,
Кайгынын баары чачылып,
Кабак жарык ачылып.
Кабыл келип тилеги,
Кошулушуп турганда,
Берен Бакай абасы,
Ар качандан бир качан,
Ар дайымдан бир дайым,
Берендигин карачы.
Уруу деген дары бар,
Дарысынын баары бар.
Көп киседе бедел жок.
Көк жал Бакай жанында
Эмне бар да, нелер жок.
Картайганда Бакайда,
Эбеп-себеп баары бар,
Эчен кырмыс сан бөлөк,
Эчен кыйын дары бар.
Баалуу Бакай баркы бар,
Ай-ааламга жаралып,
Аша чыккан каркыбар
Эбеп-себеп дарыдан,
Эчен кайра берди эле.
Апың ири дарыдан
Алда нече баатырга,
Жана берип көрдү эле.
Ооруган жай басылып,
Ошо кезде баатырдын,
Умачтай көзү ачылып,
Баш кемтиген делбелеп,
Баары кетти чачылып.
Жээликкен кыял энтең жел,
Калды булар чачылып.
Карасаң көк жал ушундай,
Кабак жайнап ачылып.
Денеге таркап, күч чуркап,
Устукан сөөк миң тамыр.
Буга кубат бүт таркап,
Жана ордуна келди эле.
Ободон жылдыз кошулуп,
Ата-бабам шордуулар
Аман-эсен кошулуп.
Үзүлгөндөр уланып,
Чачылгандар жыйналып.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Өрдөй конуп жер кылып,
Таласка кыргыз аргынын,
Өлчөп келип эл кылып,
Ордо күтүп кан болуп,
Орунтуктуу шер болуп,
Кайра баштан Семетей,
Турган экен эр болуп.
Жоголуп көк жал табылып,
Жобогон эл, мунду журт,
Той кылууга камынып.
Белгилүүлөр бээ союп,
Берен нечен төө союп,
Эң начары кой союп,

www.bizdin.kg

Кан балалуу болгонсуп,
Кайра баштан Каныкей
Семетей төрөп койгонсуп,
Кызык оюн башташып,
Кыргыз, аргын баш кошуп,
Малы түгүл жанынан
Такыр кечип ташташып,
Талаага курган там болуп,
Санжыргалуу хан болуп.
Асмандан жылдыз иригип,
Ата-баба айкөл шер,
Баары чогуу биригип.
Касаба желек тоо толуп,
Асман жарган чуу болуп,
Көк жалдын көк жалдыгы билинип,
Көңкү журттун баарысы
Көрсөң минтип сүйүнүп.
Кезектүү шер келгенсип,
Кайра жасап кудурет
Канкорду Кудай бергенсип,
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Конуп калды кайран эл,
Канкор тийип колуна,
Оңуп калды азган эл.
Эриксе элик атышты,
Эрикпесе Таласка
Эрикпей ордо атышып,
Үлгүлүүсү үлүш аш
Үлүшкө кымыз жыйнашып,
Алп арбайып түшүшүп.
Ар кайсысы кыраандар
Тынбас аяк ичишип,
Бирөөнөн мурда бирөөсү
Мурда озунуп жутушуп,
Сайган байга түмөн мүлк
Ушу мурун ичкен утушуп.
Ичкени утуп алышып,
Мал-жанынын баарысын
Бир жерге коюп салышып.
Эрки менен болушуп,
Кысыр эмди тай-тайлак
Шернеге союшуп.
Таң-тамаша артышып,
Кең оромпой чоң ордо
Эрикпестен атышып,
Тогуз коргол, чатыраш,
Эски оюнга катышып,
Ат чабышмай көк бөрү,
Оюн салып кубалап,
Ыраң кайкаң түз белес,
Катын-кызын кубалап,
Опсуз оюн-тамаша
Бу кызыкты карасаң,
Кымыз ичип кызышып,
Кыйкырыгы таш жарып,
Кызыгышат кайран журт.
Сөөктөрүн сызышып,
Арак ичип алкынып,
Бир бирине кайран журт
Аска куштай талпынып,
Калың кыргыз ой тартып,
Конуп аткан кези экен.
Калжаң оюн дуу кылып,
Оңуп жаткан кези экен.
Эрки менен эр кыргыз,
Болуп жаткан күн болду.
Күндүзү кымыз, түнү кыз,
Өрүүсү арак, түнүндө эт
Дууга кирди көп кыргыз.
Атышпаган бир үлкөн,
Дууга кирип алыптыр.
Адам жанын кубантчу
Чууга кирип алыптыр.
Адам таппас ой болуп,
Ай-ааламга той болуп,
Тойго токсон союлуп,
Календер, мискин, дубана
Калбай булар тоюнуп.

www.bizdin.kg

Казына оозун ачышып,
Казынада сары алтын
Журт кубанып чачышып,
Чачыла кылган алтынын,
Балдар ала качышып.
Ал алтынды ал балдар,
Ууч жаңгакка сатышып.
Ар жаңгакты боз балдар,
Чүкө кылып атышып.
Журт чуркурап жайнашып,
Келин-уул кулун байлашып,
Кемпир куйрук чайнашып,
Жатып кыргыз жай алып,
Жамбаштары май алып.
Кунан минип куш ойноп,
Эрикпей ойноп жатышты.
Салбурун чыгып аңгырап,
Мындан салмактуу тулпар ат жарап,
Сан тамаша кылышып,
Кайкалаша жатты эле.
Жер күүлөнүп чөп толуп,
Сай былкылдап мал толуп,
Коңуттуу кара жолду алып,
Кокон тору олжо алып,
Ойбут байкап жол чалып,
Душман тооруп олжо алып,
Чын көңүлү жай болуп,
Чынар көктөп мал толуп.
Коштон кийип суусар бөрк,
Ыргап турду кайран журт,
Күндүзү жоро, түн жыргал
Жыргап турду кайран журт.
Өзөн бойлой өр тартып,
Конуп турду кайран журт.
Күндүзү күлкү, түнү оюн,
Болуп жаткан кайран эл,
Аскери жайнап, мал толуп,
Ооганды тозуп пул алып.
Өлгөн менен арман жок,
Кылайып арман калган жок.
Тектир өрдөй конушуп,
Темини боло болушуп.
Уруусун улук жан кылып,
Семетей уулу Сейтекти
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Аргын кыргыз бул журтту
Эр Сейтекке билгизип,
Кең-Колго курган там кылып,
Баланы султан кан кылып,
Талаага турган там кылып,
Таласка көк жал кан кылып,
Ордолууга ээ кылып,
Баланы көк жал дөө кылып,
Кылым качып сандалбай,
Душман тооруп мал албай,
Укурук кайра жан калбай,
Улук болду эр Сейтек.
Кыныры жок, шеги жок,
Улук болду эр Сейтек.
Салакалуу жан болуп,
Санжыргалуу кан болуп,
Калкка казы жедирип,
Берендин уулу бул көк жал,
Аман жүрсүн дедирип.
Таласты күтүп ээ болуп,
Кайран журтка дөө болуп,
Ордо күтүп кан болуп,
Орунтуктуу жан болуп.
Журт ушинтип турганда,
Муну мындай таштайлы,
Быяктан кабар баштайлы.

Сейтектин элине хан болуп турган жери. Желмогуз уулу Сарыбай келип, казат баштап урушушу.

www.bizdin.kg

КАРА ДӨӨНҮН ӨЛҮШҮ

Кан болуп Сейтек калган соң,
Калк башкарып журт күтүп,
Эл башкарып жер күтүп.
Индия чалып дилде алып,
Кара көздөн миңди алып,
Билге жүктөп дилде алып,
Мындай олжо күндө алып,
Туурдугун май кылып,
Тушукканда кыргызды,
Куп көңүлүн жай кылып,
Керегесин май кылып,
Кез болгондо кыргызды
Келберсиген бай кылып,
Өзөнгө малын толтуруп,
Оюн жетик болтуруп,
Аргын менен кыргыздын
Адырга малы толду эле,
Артык жыргап оңду эми.
Бар тамаша салышып,
Баглан козу, ширин баш
Бир кайнатып алышып.
Кысырдын семиз тайын жеп,
Кышкысын камдап жайын жеп,
Кийгени түлкү киш болуп,
Капанын баары жоголуп,
Тегизи кадыр түн болуп,
Темине болуп күн болуп,
Кеткендер журтка конуптур.
Таласта аргын көп кыргыз,
Тегиз жыргап оңуптур.
Казанга тамак кайнатып,
Үкү аяктуу тулпардан
Кермеге кенен байлатып,
Ал жигиттин боз балдар,
Айзага даңгыл ыктуулар,
Ай-аалам чалчу мыктуулар,
Чыканактап уйку албай,
Чырым этип тынч албай,
Жатып жамбаш талдырбай,
Жан тынып уйку кандырбай,
Жер түгөнгөн тумшукту,
Жети күн аны чалчу экен.
Көөдөндө бар көп арман,
Ээрчиткени көп балбан,
Төбөдөн окус жоо келсе,
Түмөндүү чалгын доо келсе,
Төрөлөргө күч келер.
Чын чырдашып минетер,
Асман-көктү жер жарып,
Айлалуу басып элди алып,
Өзөн суусун бурар – деп,
Уюп жатсак ушинтип,
Дагы бир Кудай урар – деп.
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Ара тозуп жер кайып,
Ал адырмак кыраңча
Белести көрүп жол чалып,
Бет алган жактан олжо алып,
Көөдөндө капа көп арман,
Эрчиткени көп балбан.
Сары өзөндүү кайкаңда,
Сары күдүр тайпаңда,
Тоо жоголуп түз болгон,
Жер байланып көз оңгон,
Жерге барды Кара дөө
Мээ кайнаган ысыкта,
Бок жыттанган сасыкка,
Жан-жаныбар оболбой,
Жакын барбайт жолобой.
Алты миң адыр чалыптыр,
Алыстап чыгып жер кайып,
Аң кубалап кулан кууп,
Кара дөө байкуш барыптыр.
Бозала мойнок кечүү экен,
Артыла барып түшкөндө
Эл көрбөс дайра дээр экен.

www.bizdin.kg

Эл көрбөстүн четинде
Эңкейип көп кол Кара дөө
Арстан атып, жолборс кууп,
Аюу, марал, бугу кууп,
Белге түшүп барды эле.
Кызыгына жан тойбос,
Жерге түшүп барды эле.
Жаткан экен эл көрбөс,
Булак кайнап ташыптыр.
Булбул тоту таңшыган,
Көргөн адам жашыган.
Төрт тараптан жел болгон,
Буга төрөлүү көчүп ким конгон.
Жолоп адам барбаптыр,
Жолуккан тирүү калбаптыр.
Кезигип адам барбаптыр,
Алмамбет, Чубак, эр Манас
Куланын кууп топтоткон.
Азуулуу зыян салар – деп,
Атайы келген тукумдар,
Бир балаага чалынып,
Бир мүшкүлгө калар – деп,
Ташын оюп шарт коюп,
Барса-келбес болсун – деп,
Белгилүү шерлер ат койгон.
Жадыкөйдү зекиткен,
Какан кандын шаарынан,
Эки аярчы кызды алып,
Ээликкен кургур бекиткен.
Кыйла өнөрдү таптырган,
Жай сыйкырлап бекитип,
Кыздар башын чаптырган.
Кара ташка кеп койгон,
Бул жерге карт каптабас деп койгон.
Барган жан кайтпас жол экен,
Ары карай бастырса,
Ат капталдан шор экен.
Кезиккен адам мерт болгон,
Кудай урган жол экен,
Адыры аскар жар экен,
Ошо жердин ээси
Желмогуз уулу Сарыбай,
Өрттөнгөн чочко бар экен.
Сарыбай жайы ушундай,
Кайгул чалып аңгырап,
Ууга чыгып келчү экен.
Адам уулу билбеген,
Чууга чыгып келчү экен.
Жер түгөнгөн Желпиниш,
Шамалдуу жерде туулган,
Ааламга кылган чуулган.
Барбаса кара таз болгон,
Басташкан көп бас болгон,
Балакет жайы ушундай.
Аскери тоодой жөө болгон,
Ал Сарыбай капырдын,
Ай-ааламга ээ болгон.
Жүргөнүнөн чаң чыккан,
Добушунан жан чыккан,
Кабылганды кайсаган,
Кез болгонду кемирген.
Белеске чыгып бакырса,
Желмаян атын ойноткон.
Жетсе жанды сойлоткон,
Көзү ачылган ороодой,
Муруну дөбө бородой.
Көз чылпагы муштумдай,
Көрсөң чочко ушундай.
Аңдыганы арстандай,
Кара дөө тургай кутургур,
Кан Семетей, Күлчоро,
Сейтек, кыргыз эл келсе,
Аргын каптап тең келсе,
А дегизбей баскандай.
Чапчып ийсе окустан,
Чалыша кетсе кокустан,
Эл чуркурап бөлүнүп,
Ажалдуу каны төгүлүп,
Кан кызарып жан кетип,
Калайык кулап жаткандай.

www.bizdin.kg

Каарланса Сарыбай
Доңузду Кудай аткандай,
Жээликсе жанды жыккандай,
Желмогузду карасаң!
Жер астынан чыккандай.
Желдеттен жети сан келсе,
Желкеден кармап куушуруп,
Жерге чогуу тыккандай.
Жолоп адам баргысыз,
Жологон тирүү калгысыз,
Кезигип адам баргысыз,
Кез болгон тирүү калгысыз.
Саадактары кетмендей,
Сакалы типтик, көзү көк,
Муруттары капырдын
Сарапты тешип өткөндөй,
Көрсөң түрү ушундай.
Бою узун чынардай,
Алп кезиксе кутургур,
Жутунчу такыр чыгарбай.
Катылганды кайсаган,
Канга тойбос көзү көк,
Каарлуу мүшкүл жан экен,
Кез болгонду кыйратып,
Жеке чыккан жан экен.
Жер түгөнгөн Желпиниш,
Желмогуздан туулган,
Ааламга салган чуулган.
Ала-Тоону жердеген,
Алышып адам жеңбеген,
Капчал чалып кол аткан,
Каканды камап ок аткан.
Канкор Манас шер чыгып,
Аккуласын ойнотуп,
Алышкан жанды сойлотуп,
Арстан чыкты деп угуп,
Көп аскер тоодой толуптур.
Угуп алып Сарыбай,
Эр Манастын тукумга,
Көбүрөөк ашык болуптур.
Тукумун туздай куурсам – деп,
Түптөп калган чынарын,
Түбү менен суурсам – деп.
Кереге-уугун кыйратып,
Керишкенин ыйлатып.
Болот найза сыксам – деп,
Эренин жерге тыксам – деп,
Өзөндүү элин бурсам – деп,
Ал Манастын тукумун
Өрт өчкөндөй кылсам – деп,
Жери Талас деп угам,
Таласка талкан баштоого,
Жалгыз кыл талын таштабай,
Эр Манастын жураатын
Талкалап кырып таштоого,
Кыл таштабай кырууга,
Билген чырын кылууга,
Сыйкырчы кыздан кеп угуп,
Баарысынын баатыры
Семетей колдо деп угуп,
Жадыгей кыздан кеп угуп,
Ал Манастын тукуму
Жабыркап кетти деп угуп,
Араан ооз Темиркул,
Аты жок жөө алп айдап,
Албан түрлүү калк айдап,
Таласты каптап басууга,
Кыйындап кыргын ачууга.
Билген чырын кылууга,
Кан Манастын тукумун
Калтырбай чогуу кырууга,
Караргандан түнөрүп,
Калган экен Сарыбай,
Кастарын тигип атайы,
Калган экен Сарыбай.
Чатагы кымбат бир далай,
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Бузуктун кара көзү экен.
Балбандыгы эрдиги,
Башка чыгып озуптур,

www.bizdin.kg

Эл баспастын талаасын,
Эчен жылы тозуптур.
Төө арытып жер чалып,
Төрөнү союп олжо алып,
Кызыл канга батыптыр.
Жин жыттанып кан ичип,
Капырды Кудай атыптыр.
Кезиккенди кемирип,
Кабыланды кайсаптыр.
Жолукканды алыптыр,
Кез болгондун баарысын,
Каманга кайсап чалыптыр.
Кез болгондун баарысын,
Узунунан салыптыр.
Сарыбай жайын сурасаң,
Кунжутту кирип кууптур,
Калдай канын соруптур.
Укурук кайрат жан калбай,
Урушар жалгыз жан калбай,
Жеке өзү болуптур.
Атам балбан желмогуз,
Алышчу эрен барбы – деп,
Айза сунуп, балта чаап,
Чабышчу адам барбы? – деп.
Дөө балбаны жабылып.
Алп дөөлөрдүн баарысы,
Сарыбай түрүн көргөндө
Айласы анык түгөнүп,
Адам берет багынып.
Чоңдугу төөнүн комундай,
Жолукканды соргудай,
Сарыбай жайы ушундай.
Ал Сарыбай капырдын,
Сыягы тозок, заары күч,
Капырды көрсөң жөн эле,
Кайран жандан күдөр үз.
Ал Сарыбай капырың.
Болот чокмор аштаптыр.
Болумдуу жаңжал баштаптыр,
Кайран жандан кутургур.
Чогуу кечип таштаптыр.
Ак айза болот сыдырып,
Ай-ааламды кыдырып,
Ашкан экен дүмөгү.
Манас шердин тукумун,
Баарын тегиз сойсом – деп.
Ошондо экен тилеги.
Капырдын келип жатканы,
Эл жүрбөстүн чөлү экен.
Токойдо тозуп пил кармап,
Жаралган адам уулунан
Бирин-серин тил кармап,
Суроодон канып кеп угуп,
Ал Манастын тукуму
Таласта болот деп угуп,
Кайран жанды Сарыбай,
Кылга байлап таштаптыр.
Ал Сарыбай капырың,
Салмагы заңгел капырың,
Кабылганды оргудай.
Азыраак кыргыз эл эмес,
Каарланса кутургур
Ай-аалам журтун соргудай.
Сууну тартып кудуктан,
Куланды кууп кысыктан,
Бука кийик, төө кийик,
Аюу, арстан, жолборстон,
Кабылган аман болбостон,
Канчасын кууп союптур,
Сойгонуна тоюптур.
Талпак сыйрып бүктөтүп,
Аң терисин кутургур
Аземдеп пилге жүктөтүп,
Көргөн башы маң болуп,
Сарыбай мындай жан болуп,
Ай-ааламды күтүптүр,
Төшү түктүү кайран жер,
Төбөндөн тийген чочкого,
Калыңынан түтүптүр.
Кыйла капчал оруптур,

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

Кыйла жанды кыйратып,
Кызыталак чочко союптур.
Кыйырлууну тутуптур,
Каяшаяк бергенди
Кыргындап такыр жутуптур.
Кабылганды кайсаптыр,
Керишкенди утуптур,
Кез болгонду оп тартып,
Ажыдаардай жутуптур.
Каарланып какайса,
Каканды тирүү коюптур.
Кабылгандын баарысын,
Кайсап бүктөп союптур.
Кабарын уксаң тозокту,
Как ошондой болуптур.
Жоокер минген жортуулчу,
Жоноктоп кармап союптур.
Сарыбай мындай болуптур.
Кабылганды кайсаптыр,
Белести чалып батыптыр.
Жети күнгө чочконун
Сунган буту тартылбай,
Жумган көзү ачылбай,
Коркураган өрттөнгүр
Коңуругу басылбай,
Чыканактап тынч алып,
Жети күн тынбай уйку алып,
Желдет менен кароолчу,
Жерин кесип жол чалып,
Желмогуз уулу Сарыбай
Жаткан экен көрүнүп,
Кутургур жайы момундай,
Ал аскар тоодой көрүнүп,
Көргөнүндө жөн эле
Адамдын көөнү бөлүнүп.
Көзүн көрсөң ушундай,
Кыяны тосуп Сарыбай
Жаткан экен жайкайып,
Катаалдуу каран шер экен,
Каары толгон кези экен.

Казатты мыктап кылам – деп,
Канкор Манас тукумун
Калтырбай чогуу кырам – деп,
Каарын төгүп камынып,
Калакай тонун жамынып,
Эң акылман эс билгич,
Чын жуткучтун өзү экен,
Жалаңкычтын көзү экен,
Айза сайса тешпеген,
Мылтык атса өтпөгөн,
Шилтесе кылыч кеспеген,
Чокко салса күйбөгөн,
Селге салса акпаган,
Кутуруп өлгөн бу чочко
Орго салса батпаган,
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Балаанын кара көзү экен.
Чын балакет кутургур,
Чын жалаңкыч өзү экен.
Укташы алты күн болуп,
Уйкусунан турууга,
Бир күн калган кези экен.
Кадимки балбан Кара дөө
Кара дөө жайы мына ушул,
Кыраанын элге сынаакы,
Аркы атасы Кутубий
Баатыр көкжал султанга,
Башынан бери мураапы.
Баатырдын жайы мынабу.
Кара дөө жалын карап тур,
Кынсыз кылыч байланган,
Кайра бургак болчудай
Каар бетине айланган,
Билеги жоон, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадирек,
Комокойлуу сыр найза
Колойтуп өөдө ачтаган.
Койгулашкан душманга
Коркуп колтук ачпаган.
Коңутуна келгенди

www.bizdin.kg

Коёндой жерге жанчтаган.
Сайышка кирсе сан колдой,
Мунун салмагы оор акжолтой.
Сарыбайды көргөндө,
Өрттөй көзү жайнады.
Өңгөчө мураа кыраандын
Кан ичмеси кармады.
Каалгадай кашка тиш
Бөлө-бөлө чайнады.
Астындагы Кылкүрөң
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оштолуу темир сыр найза,
Оңдой кармап бакырып,
Манастап ураан чакырып.
Дүмөктү түптүз баштады,
Канкор Манас тукуму
Ашкере айтып таштады.
Желмогуз уулу Сарыбай
Айзасын колго алгыча,
Оңдонуп тура калгыча,
Жекейбоз тонун кийгиче,
Желмаянын мингиче,
Касаба калкып, туу туруп,
Асман жарган чуу болуп,
Кабылан балбан Кара дөө
Кылкүрөң оозун буруптур.
Тоо жаңыртып, таш бузуп,
«Манас» – деп үнү баш бузуп,
Токтобой айза сунуптур.
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Атасы шайдоот кыраакы,
Артык балбан мураапы.
Жолумдуусу жолборстой,
Жолуккан аман болбостой.
Качырганы арстандай,
Алы-күчү Кара дөө
Ай-ааламды баскандай.
Илгичтиги илбирстей,
Камбылдыгы камандай,
Качырганда Сарыбай
Антаңдады бачагар,
Алапайын табалбай.
Кара дөө барат жетсем – деп,
Жолукканда чочконун
Башын кесип өтсөм – деп.
Куп өлтүрүп душмандын
Башын кесип алсам – деп,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарсам – деп,
Кара дөө ойлоп мындай кеп.
Таштан кайра тартпаган,
Өлүмдөн кылча кайтпаган.
Өткүр эле Кара дөө
Желигип мурда жетти эми.
Жеткен жерде Сарыбай,
Айдыңы бөлөк капырды
Желмогуз уулу баатырды,
Кабырганын кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Өлчөгөндүн өзү – деп,
Өлөрдүн кара көзү – деп,
Козголгус таштан бүтсө да,
Өлө турган кези – деп,
Арстандай көз жайнап,
Айза имерип, бек кармап
Желигип эрен жетти эле.
Чоң салмактуу капырды
Чоң Сарыбай баатырды,
Жеткен жерде Кара дөө
Уңгусу болот, учу курч –
Учуна салган кара курч,
Темирден кайра кайтпаган,
Таштан кайра тартпаган,
Тайыбас болот сыр найза
Таамай кармап өттү эле.
Желмогуз уулу капырды
Эр Сарыбай баатырды,
Жетип муштап өттү эми.
Табылбады айласы,

www.bizdin.kg

Талкан болуп бөлүндү
Кара дөөнүн айзасы.
Колундагы айбалта
Айза быт-быт болгондо,
Айбалта колго алделе,
Уңгусу чокмор муштумдай
Айбалта жайы ушундай.
Каарлуу кармап имерип,
Желмогуз уулу капырды
Тизгиндеше кетти эле,
Союл шилтем жетти эле.
Жаагы болот айбалта
Жана кармап имерди.
Бир салганда жүз салып,
Камбыл экен Кара дөө
Салып-салып жиберди.
Чокморунан чок чыкты,
Сарыбай капыр башынан
Жылдыздай учуп от чыкты.
Зың-зың этип кенебейт,
Кара дөөнүн чапканын
Кындырга кысып теңебейт.
Сайды, чапты экен – деп,
Сарыбай чочко кенебейт.
Каруусу кара таш экен,
Кас душманга маш экен.
Баатыр да экен, эр экен,
Эр Манастын тукумун
Тукум курут кылам – деп,
Издегени эп экен.
Каруусу кенен, каруу мол,
Кара дөө кайрат кылганда
Кайкайып кенеп калган жок.
Айбаты кенен, заары күч,
Мындай тажаал балбан жок.
Айбалта шилтеп, айза урса
Зыңгырайт да, кенебейт.
Кара дөөнүн айзасын,
Алышка кылган айласын
Бучкагына теңебейт.
Айла кылды көргөн жок,
Чөп учканча көргөн жок.
Каарланып камынып,
Жай-жарагын салынып,
Жадаалдуу түрү бузулуп,
Жана кайра кутуруп.
Артык алыш түрлөнүп,
Алып салчу көздөнүп.
Түлөгөн жору баштанып,
Алгыр кыраан каштанып,
Керүү-Мойнок, Таш-Кашат,
Келип жетти майданга.
Ал майданга жеткенде
Баатыр экен Кара дөө:
«Чалгыным кантип чаламын.
Чаркы кыйын душмандан
Кай бетим менен качамын?
Каралды кылган Бозбала,
Камбыл чечен ыктуу элең,
Атка жеңил, тайга чак,
Алыска эптүү жолго сак,
Жең учунда катың бар,
Эр Бозбала атың бар.
Шай колдогон абама
Күлчоро менен Семетей
Каралды эки бабама айт,
Акылманга айт, карыга айт,
Калбай журттун баарына айт» –
Деп, ошентип, Кара дөө:
«Семетей көкжал төрөмө айт.
Ат бороюн сыдырган,
Ай-ааламдын баарысын
Учуп жүрүп кыдырган,
Беризаада Айчүрөк,
Бек акылман жеңеме айт!
Бул Сарыбай капырдын,
Кайрат каары бөлүнбөйт,
Кымбаттар тийсе колуна,
Кылчаяр чочко көрүнбөйт.
Басып айза бек урсам

www.bizdin.kg

Бадана тону бөлүнбөйт.
Сыягы бузук, жүзү заар,
Кыйындар тийсе колуна,
Кылчаяр түрү көрүнбөйт.
Жеткилең чыккан шум экен,
Өзү Желмогуздун уулу экен.
Чапчышкан аман кетпеген
Кабылган аман өтпөгөн
Сарыбай жуткуч бул экен.
Камы жокту оргудай,
Катылганды калтырбай
Ажыдаардай соргудай.
Эси кетип, жөн тартып,
Эчендер өлүм болгудай.
Кайран башты уткудай,
Кармаса жанды жуткудай,
Сарыбай түрү ушундай.
Кабылганды кайсаган
Каарлуу мүшкүл алкы бар,
Кезиккенди кемирген
Эр Сарыбай даңкы бар.
Ат арытып, жер чалып,
Жан кейитип, жер кезип,
Кастарын тиккен түрү бар,
Карасак мындай жини бар.
Каруусу болот коргондой
Кабылганды соргондой.
Чамынышы жолборстой,
Чабылып кеткен доңузуң
Чабышкан аман болбостой.
Каруусу канча заары күч
Кагышкан жандан күдөр үз.
Берен да экен, бел да экен,
Белгилүү тозок өзү экен.
Жадаалдын кара көзү экен,
Жалаңкычтын өзү экен» –
Деп, ошентип сабылып,
Кабар бергин шерге деп,
Семетей, Сейтек, Күлчоро –
Бул өңдүү көкжал эрге – деп,
Баатырлыгы башка – деп,
Каарланган доңуздун
Кайраты кара ташка – деп.
Кыяптуу күчүм барында
Кыргызды кантип беремин!
Кыжырданган капырга.
Кырылышып көрөйүн.
Баатырлык башым барында,
Калкымды кантип берейин!
Кутургур менен талаада
Кулжуңдашып көрөйүн.
Өлүмдөн аман жүргөндө
Не мураага жетейин.
Эсил кыраан алдына
Курман болуп кетейин!
Сарыбай душман өзү экен,
Кастарын тигип кыргызга,
Кырып чыккан кези экен.
Кан Манастын тукумун
Калтырбай кырып кетүүгө,
Өзөн суусун бурууга,
Журтту кырып турууга,
Каарын салып басууга,
Жер-жерине жанчууга,
Кызыгып калган бул доңуз,
Кыйырга кыргын салууга,
Келеңкер соору, кең чачпак,
Керилген сулуу бото көз,
Келин-кыз талап алууга.
Каарын төгүп жутунуп,
Каарланып кутуруп,
Сарыбай душман келди де,
Келгенин Кара дөө байкуш көрдү де.
Жан аябай барышып,
Чырды кыйын башташып,
Чымындай жанын ташташып,
Ак асаба туу болуп,
Айгайды артык салышып,
Асылышып калды де.
Кайтып келсе чын жайга

www.bizdin.kg

Кайран немең барды де.
Жары бар аска, кыядан
Жаңгыз элем уядан.
Чынар гүлдүү мөмөдөн,
Чын жалгыз элем энеден.
Басарыма бутум жок,
Жылан чалыш эр элем,
Кашынарга жалым жок,
Шыйпанарга куйрук жок.
Куланга чалыш уул элем.
Каарлуу балбан Сарыбай
Маңдайлаша калышам.
Айза сунуп жаа тартып,
Барсылдашып салышам,
Өйүз-бүйүз турушам,
Белсенишип урушам.
Айры мойнок ачтырбай,
Айлам жетсе капырды
Таласка кадам бастырбай,
Касабалуу туу кылам,
Асман жарган чуу кылам.
Балбан эле, шер эле,
Базарлуу, калаа чеп эле,
Шай колдогон Күл абам,
Айгайды артык салсын де.
Эгиз козу түгөйүң,
Эрмек кылар карааным,
Кубанчы жолдош карааным.
Атыштарды салсын де,
Бу Кара дөө байкушун
Соруучу капыр колунан,
Душмандын темир торунан,
Жан алгычтын көзүнөн,
Чын жуткучтун өзүнөн,
Ажыратып алсын де.
Өлүм орток ыймандаш,
Тозок тарткан курбалдаш,
Көкжал абам келсин – деп,
Көп какшатып ушуну,
Эңкейип кетсем, ээрим жок,
Эч болбосо, эжемден тууган
жээним жок.
Аркаларга агам жок,
Менин арманым айтар тагам жок.
Ич өрттөнүп боорум чок,
Күлчоро, Сейтек, Семетей,
Бул үчөө аман болсо – деп,
Жаратканга көөнүм ток,
Эми ушундан башка кебим жок.
Бул Сарыбай менен улушам,
Кагыш баштайм капырга,
Маңдайлашып турушам.
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушам,
Каарлуу айза сунушуп,
Карсылдашып турушуп,
Томуктай башты жутушуп,
Тоо талкалап тытышып,
Токтоо бербей урушам».
Сыр найза кармап имерип,
Жекейбоз тон кийгизип,
Желжетпести мингизип,
Ак найза кармап имерип,
Кең-Колдо көкжал төрөңө,
Бозбаланы жиберип,
Кара дөө калды майданга.
Кагышты катуу салганга,
Каары толук балбанга,
Сан уруштун көзүнө,
Сарыбайдын өзүнө.
Кас ажал жетсе өлүүгө,
Кармаш кылып көрүүгө,
Берендин жайы ушундай.
Белгилүү экен, бел экен,
Беттештен кайра тартпаган,
Ажалдан кылча кайтпаган,
Жоо дегенде бүлүнгөн,
Өлүм десе сүйүнгөн,
Өткөрө мындай шер экен.
Кутубийдин Кара дөө

www.bizdin.kg

Курусун мындай эр экен.
Семетей, Сейтек, Чоронун,
Астына салса ак жолу,
Айбаты катуу сан колу,
Көп кандан ысык көрөрү.
Катуулап мүшкүл жоо келсе
Кармашка мурун кирери,
Мүшкүл түшсө кабары,
Кагышты катуу салары.
Белеске койсо болжошу,
Бекем карап жолдошу,
Сунса болот айзасы,
Кайран башка күн түшсө,
Акылга дыйкан айласы,
Кара дөө жайы ушундай.
Булуң-булуң кылаасы,
Болжол эрдин мураасы.
Берен тууган Кара дөө
Ободо жылдыз болжошу,
Эр Күлчоро жолдошу.
Жортуулга чыкса чаң бирге,
Өлүмгө орток, жан бирге.
Айлалуу ашып чыгалгыс,
Бел экени дагы чын,
Бендеден артык туулган,
Беттешсе салат чуулган,
Усталарга табылбас,
Кара болот курч эле,
Мүнүшкөргө табылбас,
Кара барчын мүлк эле,
Бир жаралган Кара дөө.
Добул келсе, жел тийбес,
Булуңгур токой чер ошол,
Доолаганга мал бербес,
Балбандарга жан бербес,
Чын кара көк эр ошол,
Ак болоттун сырты эле,
Бозго тоодак токтотпос,
Бозала тынар куш эле,
Мына Кара дөө сыны ушу эле.

Каралды кылган кыраанын,
Кыдыр Алда өзүнөн,
Каалаганы ушу эле.
Мунун кабылганы Сарыбай,
Кас ажал чындап жетер – деп,
Кара дөө бейли тарыды.
Өлбөй өзүм жүргөндө,
Не мураска жетейин,
Уялуу терек чынарга,
Баатыр Сейтек тынарга,
Курман болуп буларга,
Өлүм болуп кетейин.
Тирүүлүктө жыйган бер,
Өлсөк адал ыйман бер,
Сарыбай баатыр экен – деп,
Абийирим кантип чачайын,
Калкыма кантип качайын.
Эр намыстан өлбөйбү,
Жазайыл жаза мүшкүлдү
Алмадай бу баш көрбөйбү,
Күн түгөнүп, суу бүтсө,
Күрөшкө түшпөй дардайып,
Жөн жаткан киши өлбөйбү?
Бериште беш кол сунганда,
Жебирейил жан тарткыч
Жакын келип турганда,
Сүйлөнбөй тил тутулар,
Дүйнөдөн кай жан кутулар?
Талкалап тартат казган көр,
Ай-ааламдын баарысын
Ашап жутчу кара жер.
Кайгырбайын бүгүн мен
Өлбөс тирүү жаралып,
Не мураска жетебиз.
Кас ажал жетсе бу жерге
Майдаланып кетербиз.
Арт жакка белги калтырбай,
Арманда өлсөк бекербиз.
Сарыбай балбан экен – деп,
Уятым кантип чачамын.

www.bizdin.kg

Кыргызга кантип качамын.
Коркокко буруп белимди,
Көп дүрбөтүп элимди,
Ачасы мойнок ала сай,
Айырмачтай белести,
Ашып келди дедиртип,
Ала качып куу жанын,
Шашып келди дедиртип,
Чымындай жаны чыркырап,
Сай-сөөгү быркырап,
Шашып келди дедиртип,
Өпкө чыгып оозунан,
Уяты кетип мойнунан,
Ашып-шашып антаңдап,
Айла кетип калтаңдап,
Качып келди дедиртип,
Актайым калып сеп болуп,
Арбын журтка кеп болуп,
Сынакорго сын болуп,
Сырттууларга чыр болуп,
Дууга кирип жүргүчө,
Айыкпай турган өзөк сөз
Чууга кирип жүргүчө.
Качыптыр атка конгуча,
Жаман аттуу болгуча
Өз жолум кантип берейин,
Өпкө тешип, баш кесип,
Былчылдашып көрөйүн.
Чын кааласа чымын жан
Тизгин тартып жыямын,
Курдаш үчүн, эл үчүн,
Чымындай жанды кыяйын!» –
Деп, ошентип Кара дөө
Кынсыз кылыч салынып,
Кыямат кеткен шерлерди –
Кабылан Манас, эр Сыргак,
Алмамбет менен эр Чубак
Арбагына жалынып,
Уңгусу болот сыр найза
Жана сунуп камынып.
Алдындагы Кылкүрөң,
Кара жаак булдурсун,
Чапса кулак тундурсун,
Алаканга чок койгон,
Түшкүнүнүн учуна
Үч эли болжоп ок койгон.
Табылгы ыргап жулдурган,
Камчы сапка бурдурган.
Асый өгүз терисин
Өзөгүнө кердирген,
Төрт эркечтин терисин
Шыкап жатып өрдүргөн.
Көк жалын темир оңдогон,
Көркөмдөп жоого болжогон,
Көрөсөндүү булдурсун
Чапса кулак тундурсун.
Кармай калып имерип,
Каң дегизе Күрөңдү
Казыга тартып жиберип,
Камчы жеген Кылкүрөң
Тулпар сыны көрүнүп,
Туяк тийген кара жер
Туш-тушунан бөлүнүп,
Булуттай учуп ыркырап,
Бурулуп тийген туягы
Кемегедей быркырап,
Жаадай чурап дыркырап,
Жалаң кылыч салынып,
Жаратканга жалынып,
Жазайыл кылыч жойкума
Жалантып колго камынып,
Кас буудандай камынып,
Кара арстандай чамынып.
Куп эбимди көрсө – деп,
Кутургурду берсе – деп,
Баатыр экен Кара дөө
Жадаал кайрат баштады,
Жасалга кымбат алтын жан
Кылча көрбөй, кыйын иш
Кылга байлап таштады,

www.bizdin.kg

Кызыкты кыраан баштады.
Куйругу саяң, жалы аз,
Куп чуркашка болгон маш,
Аркар сындуу Кылкүрөң
Жаадай чуркап дыркырап,
Аткан октой чыркырап,
Куланча кулак жапырып,
Куюндай жерди сапырып,
Үстүндөгү Кара дөө
Манастап ураан чакырып,
Айза сунду тербелбей,
Кара дөөнүн кайраты,
Асман жерди бөлгүдөй.
Айбаты кыска жан болсо,
Ажалдан мурун өлгүдөй.
Чындаган экен Кара дөө,
Чымынча көрбөй Сарыбай,
Чын балакет кутурай.
Кутургурдун өзү экен,
Куйкаланган куу доңуз
Ичсе канга тойбогон,
Жаңжалы жан койбогон,
Кутургурдун өзү экен,
Тажаалдын кара көзү экен.
Желмаян менен чуратып,
Төөгө минип, айза алып,
Жан-жарагын жайланып,
Зың-зың этип кенебей,
Кара дөөнүн жаңжалын
Кындырына теңебей.
Ажыдаардай уңкуюп,
Аты менен сорчудай,
Өлүм кылып койчудай.
Желмогуз уулу баатырың,
Жер түгөткөн капырың,
Барарына чаң калбай,
Басташканга жан калбай,
Алптан эчен утуптур,
Эңтераалы Жезбилек –
Элден муну жутуптур.

Өз эркинче болуптур,
Катыны киши, эркеги ит,
Эргежээлин – итаалы,
Эрикпей жортуп, жер кайып,
Кабылса муну жутуптур.
Эл көрбөстүн чөлүнөн
Катын аюу кетелек,
Кары арстан мыкаачы
Жан жүрбөстө жарышып,
Жан куткарбас кумурска
Чоңдугу дөбөт тайгандай,
Жан жаралган ар кандай.
Кезиккен өлбөй кетпеген.
Жан-жаныбар макулук,
Кандай жан ага беттеген.
Бу тозоку кадашып,
Тогуз айлык чөлүндө,
Эл көрбөстүн жээгинде,
Токсон күнү сабашып,
Токтотпой муну кырыптыр,
Эрдиги мындан артыптыр.
Жан-жаныбар макулук
Жолуккан кулап жатыптыр.
Билеги башка, таш жүрөк
Кабылганды алыптыр.
Катылган айбан жандарды
Как ушинтип кутургур
Талкан сындуу чалыптыр.
Катылган алп дөө баарысын,
Жашы менен карысын,
Кум түшүрүп коюптур.
Күрөшкөндө бирөөнү
Күүлү-тирүү жибербей
Өлүм кылып коюптур.
Уламадан кеп угуп,
Ушундай Манас көкжалдын
Тукуму бар деп угуп,
Тукумун туздай куурсам – деп,
Бет алышып урушуп,
Жаңжалдашып турсам – деп.

www.bizdin.kg

Алың кандай десем – деп,
Тукумунун баарысын,
Жашы менен карысын
Жалпы баарын сорсом – деп.
Жер үстүнө аталып,
Жеке баатыр болсом – деп.
Алп-дөөлөрдү алсам – деп,
Кайыр айтар бир жан жок,
Жеке өзүм калсам – деп,
Кутургур жайы мына ушул.
Акыл ийлеп, ой ойлоп
Алышы мынча болуптур.
Ар бир канга тоюптур.
Будурмакты көп чалып,
Чаң жыттанып калыптыр.
Кез болгонду көп жайлап,
Кан жыттанып алыптыр.
Себили сексен төрт болуп,
Серпиши кызыл өрт болуп.
Айырмачтай акыстан,
Ат жүрбөстүн жапыздан,
Күдүрдүн бери бетинен,
Ээн талаанын четинен,
Баткалчанын оюнан,
Лоп дайранын боюнан,
Жаңгак жыгач добурак
Жер соорусу сонундан,
Ат-Баспастын белинен,
Жан-жүрбөстүн жээгинен,
Айгай дүмөк, чоң чатак,
Арт жакка белги чоң атак,
Кара дөө менен Сарыбай –
Калктан чыккан чоң балбан.
Качырышып айза алып,
Кайрандар салды чоң жаңжал.
Бул өңдөнүп ким жүргөн?
Кыйындарың барында,
Кыйкырып салган чоң дүрбөөн.
Айза имерип, жылдырып,
Кудай бетин көргөзбө,
Айгай кулак тундуруп,
ЖеткиленДер желигип,
Жеткен найза сунушту,
Жети күн тынбай урушту.
Адам карап жан көрбөйт,
Бул өңдүү жаңжал жумушту.
Алты күндөн жети күн
Алыша албай турушту.
Адистик кылып бир бирин
Чалыша албай турушту.
Айза менен малышып,
Ок өтпөс тондор чыркырап,
Мушташса айза быркырап,
Тутам жери калышты.
Айзадан айла такыр жок,
Жаанамда жаралган,
Сарыбай өңдү капыр жок.
Кыйкырышып кымбаттар,
Кылычташып салышты.
Кылыч кыйрап, быркырап
Кабы куру калышты.
Айбалталап салышып,
Ай болот бек кызык
Сарыбай салды бек бузук.
Айбалта жайын сурасаң,
Көмүрүнө чыдабай,
Көп токойлор жоюлган.
Көөрүгүнө калганда,
Салык түшүп кыргызга,
Букачар торпок союлган,
Болот чаап мизин чыгарган,
Шилтесе бу хан кубанган,
Тийген жери тим калбай,
Куйкаланып кетсин – деп,
Куп ажалы жетсин – деп,
Ажыдаардын уусуна
Алтымыш күндөп чылаган,
Кылдаткерге көрдүргөн,
Кызматына миң арды,
Тартуусуна бердирген,

www.bizdin.kg

Мизи карыш калжайган,
Шилтеген жерден кан жайган,
Кызырканып шилтесе,
Көк жашыл мизи кызарып,
Шилтеген сайын узарган,
Сабын болот толгогон,
Душманга чуктап оңдогон.
Кара дөөнүн айбалта
Кармай калып имерип,
Ал Сарыбай капырды
Карсылдатып жиберип.
Айбалта сынып быркырап,
Бүтөп кетип баратат,
Чапкан сайын Сарыбай
Күчөп кетип баратат.
Жакасы алтын, жеңи жез,
Ок өтпөгөн бадана
Түтөп кетип баратат.
Баштагыдан миң эсе,
Ал кутурган Сарыбай
Күчөп кетип баратат.
Айзакерден ыктуу экен,
Айласы тегиз, заары күч,
Аябаган мыктуу экен.
Жолум үйдөй чоюн баш
Каардуу чабат балбаны,
Анча-мынча адамдын
Чыгып кетчү далдалы.
Түз урушпай турбады.
Чын сөөгүнөн кубат-күч.
Эки колго жыйнады.
Бура тартып калгыча,
Жаадай учуп Кылкүрөң,
Булт деп качып алгыча,
Оңтойлонуп жарыктык
Оң жолуна салгыча,
Ач арстан төштөнүп,
Соруп шумдук көздөнүп,
Жолум үйдөй чоюн баш
Жолуңа таш үйүлгүр,
Камындырбай баланы,
Кара саат кутургур
Кармай калып имерип,
Как далынын кечирге
Кош колдоп тартып жиберди.
Мына ошондо Кара дөө
Ичи-сырты чок болуп,
Күрдөөлүү чокмор тийгенде,
Сексен жаны болсо да,
Кантип турсун токтолуп.
Жалындап ичи өрт болду,
Өлүүгө көзү төрт болуп,
Дене бошоп бөлүнүп,
Бу дүнүйө кызыталак
Акыр-такыр иш түшүп,
Кетүүчүдөй көрүнүп,
Коюлуп көз сүзүлүп,
Астындагы Кылкүрөң
Бели кетип үзүлүп.
Бекем мүшкүл болдуле.
Бел байлаган бели жок,
Бекип жаткан жери жок,
Торго түштү Кара дөө.
Кайрылып учуп чыккысыз
Торго түштү Кара дөө.
Желмогуз уулу Сарыбай
Өрттөнгүрдүн өзү ошол,
Тажаалдуу кара көзү ошол.
Карылуу балбан санаты,
Кабылганды жөн койбой
Канын ичмей адаты.
Кутургурдун бузугу,
Кез болгонду кайсаган,
Түбүнөн берки кылыгы.
Куйкаланган кутургур
Адамды тирүү кыларбы.
Кан агызып баш кескен
Каарлуу чочко тынарбы.
Араң турган Кара дөө
Аттан түшүп калган жөө.

www.bizdin.kg

Чокмор тийип кайгырган,
Канатынан айрылган,
Төбөгө мүшкүл күн түшүп,
Көңүл көөдөн бөлүнгөн,
Көздүн жашы төгүлгөн.
Бу дүнүйө куу жалган
Акыр-такыр көрүнгөн.
Жеткилең экен Кара дөө
Жети күнү аралап,
Жети жерден жара жеп,
Чама чарчап, ал кетип,
Жарадан кара кан кетип,
Эң бир мыктуу эки кол
Кыймылдабай шал болуп,
Челектей болгон курган баш
Таласынан бөлүнүп,
Тал-тал каны төгүлүп,
Кызыталак шум өлүм
Төбөгө жакын көрүнүп,
Акыл чарчап, ал кетип,
Курч түгөнүп кан кетип,
Кургуруңдан ал кетип.
Көз коюлуп сүзүлүп,
Көп керек жандан түңүлүп,
Колдо калды Кара дөө,
Түшкөн жан каргып чыгалгыс,
Ордо калды Кара дөө.
Түшкөн жан чумуп кетүүчү
Чын ажалы жетүүчү,
Түшсө чумуп кетүүчү,
Ордо калды Кара дөө.
Каруусу калың, заары күч,
Зордо калды Кара дөө.
Бел байлаган бели жок,
Бекип аткан жери жок,
Зордукка түштү сында жок,
Ажыратып алуучу
Шай колдогон Күлчоро,
Каралды кылган бели жок.
Айгайды арбын салуучу,
Ажыратып алуучу,
Өлүм орток, жан бирге
Өткөрө көкжал эр Сейтек
Өкүм мындай бала жок.
Каруусу мыктуу баатырдан
Кутуларга чара жок.
Мындан качып кетер айла жок,
Каарланып күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп.
Көк болот кармап камынып,
Көк арстандай чамынып,
Каарланып какайып,
Желмогуз уулу Сарыбай
Өрттөнүп көз жайнады,
Кан ичмеси кармады.
Чамынышы жолборстой,
Чапканынан болобу.
Аскарлыгы коргондой,
Ачууланса соргондой.
Баатырлыгы башкача
Ичсе канга тойбогон,
Кезиккен жанды коёбу?
Ач буурадай алкынып,
Азуусун анык кайрады.
Каарланып какайып
Арстан ооз ачты эле
А дегизбей кутургур
Каарланып көрүндү,
Кары оозунан бөлүндү.
Болот кылыч алды эми,
Кара дөөнү куткарбай,
Жол алдына сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарды эле.
Ичиндеги кара кан
Кочуштап жутуп калды эле.
Желмогуз уулу Сарыбай
Кара дөөнү сорделе,
Белеске жайлап берендин
Белгилүү белди сындырып,
Арыстан көөнүн тындырып,

www.bizdin.kg

Кароол карап сактанып,
Күркүрөдү мактанып,
Баатыр десе баатырмын,
Ай-ааламдын баарына
Жеке өзүм татырмын.
Тирүүдөн өзүм болормун,
Тиктегендин баарысын
Тим койбостон сорормун».
Деп, ошентип Сарыбай
Мактангандан күүлөнүп,
Барлык жанды сором – деп,
Кулжуң уруп кутургур
Турган экен күүлөнүп,
Эчен түрлүү сүрдөнүп.
Жаңжал жагын жаттанып,
Жан тартчудай даттанып,
Жааханамды кырууга,
Өз билген чырын кылууга,
Кайсап салып алымды,
Жаңгыз өзү турууга
Турган экен кутуруп.
Жобосу мүшкүл, пейили тар.
Кайраттуу мүшкүл, чоң чатак,
Капырдын жайы мына ушул.
Жоо кыдырып безиптир,
Ай-ааламдын баарысын
Көмөрө тепсеп кетиптир.
Жадал каарын баштаптыр,
Кымбат жанын кутургур
Кылга байлап таштаптыр.
Чатакты каар чакталып,
Чагылгандай чартылдап,
Чабылып кеткен Сарыбай.
Көк асман жарып мактанып:
Каарлуусун коёмун,
Келген жанды кетирбей,
Күрдөөлүү күчүм барында
Катылганды соёрмун.
Кармашканды калтырбай,
Кабылганды сорормун.
Каарым толук, заарым күч,
Кезиккенди кылам түз.
Баатырларды байлаймын
Басташканды соо койбой
Ай-ааламды жайлармын.
Эрендирмин, эрдирмин,
Ай-ааламды буй кылган,
Эр Сарыбай мендирмин!
Ташыркап тулпар ашалгыс,
Таштуу корум белдирмин.
Тамам кылган дүйнөнү
Эр Сарыбай мендирмин!
Жердин жүзүн жеке ээлеп,
Желиксем өзүм болормун.
Кез болгонду кемирип,
Кең чатагым кармаса
Кезиккенди сорормун.
Балбандырмын, баатырмын,
Ала-Тоодой эл эмес
Ааламга жеке татырмын!
Мал оттогон колотмун,
Эл кайсачу болотмун.
Маңдай кыраң гүлүмүн,
Эр Сарыбай атагым –
Балекеттин биримин.
Мээнеттин кара көзүмүн,
Эр Сарыбай өзүмүн!» –
Деп, ошентип Сарыбай:
«Тамак татып калайын,
Даам башынан чалайын,
Күркүрөп жаман күүлөнүп,
Эчен түрлүү сүйлөнүп,
Кыргыз турмак кылымга,
Кылым эмес Урумга.
Жаралган бенде жанына,
Жаралгандын баарына
Атышты анык салайын,
Кыймыл жанды сороюн.
Сарыбай баатыр дедиртип,
Ааламга жеке болоюн!

www.bizdin.kg

Мен Сарыбай баатырдын
Жүргөнүнөн чаң чыксын,
Кобутуман жан чыксын.
Сарыбай келет дегенде
Каарым казат баштасын.
Төшү түктүү кара жер,
Алаш-далаш кыймылдап,
Бузулуп кете таштасын!
Кабарым уккан күйүнсүн,
Кас душмандын баарысы
Кара жандан түңүлсүн.
Желиккен душман күйүнсүн,
Жер желпинип, таш көчүп,
Атагым уккан көп жандар
Чымындай жандан түңүлсүн!
Атам Желмогуз айткан кеп эле,
Жер үстүнө Сарыбай
Балам, жеке өзүң болгун деди эле.
Какайып каарым төгөйүн,
Кан Манас канкор тукумга
Кармаш кылып көрөйүн,
Чочоңдогон чоросун,
Кабыргасын сөгөйүн,
Жергели уулу Сейтегин
Кармап канын төгөйүн,
Калкына каран салайын,
Катындарын, кыздарын
Олжолоп талап алайын.
Алтын-күмүш зээр алып,
Ар дүйнөнү мол алып,
Олжолоп гүлдүү тон алып,
Жаманын коюп, узду алып,
Жубанын таштап, кызды алып,
Ар олжону мол алып,
Үптөй албай калайын.
Казына бузуп, мал алып,
Жүктөй албай калайын.
Кыргыз тургай оолуксам,
Кытай журтун чабайын.
Кыжырыма катылса,
Кызылбаш талап алайын.
Бир жасалган эр болуп,
Ашкан экен таалайым.
Күчөтөйүн бул ишти,
Күүлөнтөйүн урушту.
Ашырайын атакты,
Арбытайын чатакты!» –
Деп, ошентип Сарыбай
Желмаянын байлатып,
Багылан тамак, сүт бото,
Төөдөн төртөөн кайнатып,
Аш-тамагын ал капыр
Белендетип койдуруп.
Чөлдү атын байлатып
Баглан тамак, ширин аш,
Баркырата кайнатып,
Талыкпастан ой кылып,
Төөдөн союп той кылып,
Дөө-алп төрө чогулуп,
Калың кызык башташып,
Дууга кирип алышты.
Айгай кулак тундурган,
Чууга кирип калышты.
Желмогуз уулу Сарыбай
Ат бороюн сыдырган,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Чайнарына таш таппай,
Жуларына баш таппай,
Эрте сөзү кеч болуп,
Жоо кайдалап кутуруп,
Эки көзү төрт болуп,
Кербенчиден кеп угуп,
Кулак уккан адамды,
Манас кан алды деп угуп.
Өрөпкүптүр күүлөнүп,
Өлүшсө деп Манастын,
Тукумуна күүлөнүп.
Балбан да экен, шер да экен,
Балакеттин өзү экен,

www.bizdin.kg

Кабылганды жайлаган
Мээнеттин кара көзү экен.
Белеске чыгып жол карап,
Кайгуулда жаткан кези экен.
Кароол жокто эл карап,
Капчал тозуп, из санап,
Дүмөк кылган кези экен.
Кабылганды жутсам – деп,
Тилек кылган кези экен.
Белдүү балбан Кара дөө
Кара дөөнү сойдум – деп,
Кабагым жарык ачылып,
Кайгым качып чачылып,
Канына мыктап тойдум – деп.
Кыраандай боорун ойдум – деп
Сүбөдөн жарып канына,
Кымыздан бетер тойдум – деп.
Баатырлык кыял эр жүрөк
Эстенип жакшы болдум – деп,
Желмогуз уулу баатырың,
Желигип минтип капырың,
Желмаянга аттанып,
Жер жарылтып мактанып.
Каарланып күпүлдөп,
Чымырканып дүпүлдөп,
Ачуулансам утам – деп,
Ай-ааламды үч бүктөп,
Айбаттансам жутам – деп,
Аскар чыга коном – деп.
Бенде уулун буй кылып,
Бет алганды соём – деп.
Токсон миң жаны болсо да,
Толкуп кетсем ааламды
Канетип тирүү коём – деп.
Сарыбай турду күркүрөп,
Желмогуздун заарынан
Жер солкулдайт, күркүрөп.
Муну мындай таштайлы,
Бер жагынан баштайлы.
Элтең уруп Бозбала,
Жылгындуу Кең-Кол, Баткалда,
Күндүзү кымыз, түнү кыз,
Күркүрөп кыргыз жатканда,
Кең Таластын оюнда,
Жылгындуу, Кең-Кол оюнда,
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Төрөнүн жаткан өзүнө.
Барган экен Бозбала,
Дөбө мойнок, капка таш,
Көтөрмөнүн жонунан,
Каар салып бакырып,
Калбай элди чакырып.
Айланайын, эр кыргыз,
Сурап ичип тойбодуң,
Сугалагың койбодуң.
Караңгыда айдаса,
Кабылан сындуу жойлодуң.
Ала-Тоону жердедиң,
Өнөрүң жанга бербедиң.
Таласты күтүп жер кылдың,
Таласта кыргыз, аргынды
Эби менен эл кылдың.
Баатыр Сейтек, эр көкжал
Каным мында турасың,
Шай колдогон Күлчоро,
Шерим мында турасың,
Баатыр көкжал кабылан,
Түп атаңыз Түгөл кан,
Түбүндөн кыдыр даарыган.
Жолуң арстан жолдогон,
Жолуңдан чыгып кабылан,
Жол кыйшыгын оңдогон,
Жаралган адам уулунан
Канкор сендей болбогон.
Конуп өткөн жерине,
Королой мазар орногон,
Түбүнөн Кыдыр колдогон,
Сайганы жетик сан болгон,
Сандыргалу кан болгон,
Эрдиги журтка даң болгон,

www.bizdin.kg

Абам мында турасың,
Акылга дыйкан зор Бакай,
Бабам мында турасың.
Эл жүрбөстүн чөлүнөн,
Касаба туусу калкылдап,
Төөгө минип, айза алган,
Төбөңдөн тийгир кандай жан?
Жер кайкыган кол көрдүм,
Ошо колду баштаган,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Жер майланган чоң көрдүм.
Ажалдуулар тутулду,
Ажалы жок Бозбала
Араң качып кутулду.
Шору калың тутулду,
Шору жок экен Бозбала,
Өлгөндө качып кутулду.
Кыр жагыман чалдырдым,
Кыраан абам Кара дөө
Сарыбайга алдырдым.
Белесим кысык чалдырдым,
Берен абам Кара дөө
Сарыбайга алдырдым.
Кашаттап качып чын желдим,
Каралдыман айрылып,
Качкан бойдон мен келдим.
Айза сайдым желекке,
Айдыңы катуу Кара дөө.
Каруусу толук душманга,
Берип келдим белекке.
Капаландым кайгырдым,
Кайгуулга чыгып келем – деп,
Кара дөөдөн айрылдым.
Чын ажалдуу Кара дөө
Карылууга тутулду.
Ажал жоктон Бозбала,
Аман качып кутулду.
Чын кабылган Сарыбай
Баатыр да экен, эр да экен,
Кармашкан тийсе колуна
Кармап алып жээр экен.
Айбаты күйгөн чок экен,
Жумур баштуу адамда
Каардуу мындай жок экен.
Эл-Жүрбөстүн жээгинде,
Жан-Баспастын чөлүндө,
Өйүз-бүйүз турушту,
Жан аябай кан төгүп,
Өпкө жарып урушту,
Көрбөдүм мындай жумушту.
Басар жолдун баарысын,
Бүтөп чыгып келатат,
Баштагыдан кутургур,
Күчөп чыгып келатат.
Сарыбайдын каарынан,
Саат баскырдын заарынан,
Кыйрамак болду кыраандар.
Кызылдай өлүп жок болду,
Кызыл моюн тынарлар.
Кыйла мүшкүл убал бар.
Баатыр экен Кара дөө
Бастырып айза салышты.
Асманга учуп топурак,
Барсылдашып калышты.
Маңдайлашып алышты,
Жер бузулуп, түн болду,
Айза сайса күл болду.
Капаландык кайгырдык,
Каралды болуп бербесек
Баатыр, Кара дөөдөн айрылдык,
Алмадай башты жутушуп,
Айгай асман тундуруп,
Аянган жок тытышып,
Белгилүүлөр өлдү – деп,
Бегирээк мүшкүл көрдү – деп,
Акыл ойлойм бой бойлоп,
Албан түрлүү ой ойлоп,
Каралды болгон беренге
Кагыш кыла баралы.
Өлүп калса Кара дөө

www.bizdin.kg

Өлүшүп өчүн алалы.
Өлбөй калса кыраанга
Бир болушуп калалы.
Азаптуу тозок мүшкүлдөн
Ажыратып алалы!» –
Деп, ошондой деген соң,
Каарланып камынып,
Канкорлордун өзүнө
Кайыптан акыл табылып,
Жай жарагын жайланып,
Жалаң кылыч байланып,
Баатыр Сейтек, Күлчоро,
Жоо бөрүсү эрендер,
Укканда чыдап туралбай,
Эр Семетей берендер.
Себили сексен төрт болуп,
Серп алганы өрт болуп,
Таш кетилип, тоо урап,
Айбаттанып коңгурап,
Аргын менен кыргыздан
Алды түмөн кол курап,
Аскер жыйды топурап
Асманга учуп топурак.
Чын болот айза ачтады,
Чын кайратын бир күндө,
Каңтарылган кара жер
Кулап кете таштады.
Мына ошондо Күлчоро
Ок өтпөстү жамынып,
Каарланды камынып:
«Күрдөөлдүү баш барында
Кыргынды кымбат салалы.
Кыйын болсо Сарыбай
Кырылыша баралы!
Уламадан уладым,
Билгичтен миңдеп сурадым.
Кечээ Жан-Жүрбөстү ашканда,
Мунарык чоң чөл басканда
Жаман элдин Жарманас
Ошол экен жездебиз.
Сүйлөр сөздүн жүйөсү
Манастын карындашы Каржыгач,
Каржыгачтын күйөөсү.
Эчен эрин кор кылып,
Туюгун бузуп, жол кылып
Элин талап алганда,
Кыйырына кыргын салганда.
Желпиниште жаман эл,
Өндүрүн бузуп, кан кылып,
Кыйла эренин жай кылып
Кыйырын бузуп турганда,
Алты күлүк ат келип,
Айкөл Манас арстанга,
Желмогуз жапа салды – деп,
Жергемди өрттөп салды – деп.
Алакандай кат келип,
Кабар тийип турганда,
Ажыбай, Бакай кары бар
Кыраандардын баары бар.
Алмамбет, Сыргак, Чубак бар
Кыйла билер кары бар
Кыраандардын баары бар.
Кызырканып аттанып,
Кыраандар чогуу барыптыр.
Жарманаска кошулуп,
Жети кырга конушуп,
Жездесине болушуп.
Жети күн кыргын болгондо
Чеп коргону ураптыр.
Ченсиз баатыр Желмогуз
Кан Манастан сулаптыр,
Калкы чилдей ураптыр.
Кыйла эрени өлүптүр,
Өлгөнүнөн калганын
Олжо кылып бөлүптүр.
Желмогузду сойду – деп,
Өлүм кылып койду – деп,
Ааламга калган атагы,
Атабыздын чатагы.
Атасын Кудай алыптыр,

www.bizdin.kg

Желмогуздан Сарыбай.
Жетиге жашы келгенде
Ошондо жетим калыптыр.
Кайратын көргөн чочуптур
Кайра тартпай Сарыбай
Ажайып зыйкыр окуусун
Ушу убакка окуптур.
Көкжал түрү толуптур
Өч алар чагы болуптур.
Касабалуу тоо алып
Асман жарган чуу алып.
Касташса кыргын кылууга
Кан Манастын тукумун
Калтырбай чогуу кырууга.
Кайраттанып чамынып,
Убара болуп камынып.
Тегиз кылып кол алып
Темир аркан тор алып,
Тегиз баары куралып,
Билген чырын кылам – деп,
Канкор Манас тукумун
Кашайта отоп кырам – деп.
Алп дөөлөрдөн чоң алып,
Айдап жолдон кол алып,
Өрттөнгүрдүн өзү го.
Санап изге чөп салып
Саргара кууган кези го.
Дуулу ушактан кеп угуп,
Туйгун Манас көкжалдын
Тукуму бар деп угуп.
Кең Таласка орноткон
Калаасы бар деп угуп,
Келберсиген көкжалдын,
Баласы бар деп угуп,
Аскер курап, кол жыйнап,
Жыйнаган колду мол жыйнап,
Караңгы эмес, түнү го,
Капырдын каардуу жини го.
Кастарын тигип атайы,
Куйкаланган кутургур,
Куп издеп келген күнү го.
Бузук жоо Сарыбай
Сарыбай баатыр экен – деп,
Аргын, кыргыз кайран журт
Калкты кантип берели,
Кутурма тууган акмакка
Кулжуңдашып көрөлү,
Куп ажал жетсе өлөлү!
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып көрүшүп,
Мыктап жатып өлүшүп,
Белестен көрүп белдерин,
Берендерин, эрлерин,
Маңдайлашып турушуп,
Чымын жан таштап, кан төгүп,
Чындап минтип урушуп,
Кармалашып көрөлү.
Сарыбай өңдүү капырды
Сандан чыккан баатырды.
Кагышып канын төгүшүп,
Кабырга сөөк сөгүшүп,
Жаңжалдашып турушуп,
Жан ташташып урушуп,
Касаба кармап, туу толуп,
Калың мүшкүл чуу болуп.
Кас ажал келсе өлөлү!
Өзү келген душманга
Өпкө жарып, өт төгүп,
Айкырык салып, айза уруп,
Алыш кылып көрөлү.
Каза жетсе капырдан
Кайрат күчүн көрөлү?
Өзөн кыя оң ташты
Өзүм чалчу жол эле,
Каарланган капырды,
Ал өңдөнгөн баатырды,
Ала жүргөн кол эле.
Өлчөө көргөн жол менен,
Өзүбүз көргөн кол менен,
Атыштарды саларбыз.

www.bizdin.kg

Куралуу кыргыз журт үчүн,
Куу жанды байлап бир кылга
Курман болуп каларбыз!
Эл тынчытып, чуу кылып,
Каргадай Сейтек баланы
Бу кыргызга туу кылып,
Жай-жайга жайнай кайтарбыз.
Жакшылык кылса жараткан,
Желигип келген капырга
Жетип жообун айтарбыз.
Баатырлыгын көрөрбүз.
Башка түшсө бир мүшкүл,
Жазылганын көрөрбүз.
Казса жетсе капырдан
Кайран жанды берербиз.
Кас ажал жетсе өлөрбүз.
Айыл үчүн, жер үчүн,
Жергелүү кыргыз эл үчүн,
Жети күн тынбай урушуп,
Журт талашып турушуп.
Жер үчүн кылып бир чатак,
Эрендерим шерлерим
Эл үчүн курман болду – деп,
Элге калсын бир атак!
Аласа чукул келгенде,
Кас ажал каалап көргөндө,
Сүйлөбөй тил тутулар,
Алакчы ушул дүйнөдөн
Кайсы жан качып кутулар?
Киргизбейби казган көр,
Ай-ааламдын баарысын,
Жаш улукман карысын,
Талкандап сорчу ушу жер.
Өлүмдөн корккон оңорбу,
Дүйнөлүк өлбөй жашаган
Темир өзөк болорбу?
Берен да өлгөн, кан да өлгөн
Береги дүйнө жалганчы
Каза жеткен жан өлгөн.
Суу түгөнүп, күн бүткөн,
Кол менен жасап бу жанды
Кайсы жан туурга түнөткөн.
Кол менен кылган жан барбы?
Дүнүйө түгөл өткүчө,
Дүм түшүп дүйнө кеткиче
Өлбөй турган жан барбы?
Желмогуз уулу Сарыбай
Кулжуңдаган кутургур,
Курчашып согуш саламын,
Чамам жетсе бөктөрүп,
Атынан илип аламын.
Чаркым келсе душманды
Чалкасынан саламын.
Туулган душман киши эле,
Желмогуз уулу келсе – деп,
Келгенин көзүм көрсө – деп,
Чактап найза салууга
Тилегеним ушу эле
Ит менен бир чалкылдашып калууга.
Эрте сөзүм кеч эле,
Эки көзүм төрт эле.
Кыясын бузуп жол салсам,
Кыйырын бузуп кол салсам,
Кыйласын бузуп олжо алсам,
Маңдайлашып көрүшсөм,
Барлык жинди төгүшсөм.
Барсылдашып салышып,
Баарыдан мыктуу өлүшсөм.
Арбысын жаңжал бузугум
Артсын мындай кылыгым,
Белгиге калсын атагым,
Бекем кылсын чатагын.
Куп душманым келерби
Курсактагым ушу эле
Кудурет чындап берери» –
Деп, ошентип Күлчоро,
Ок өтпөстү кийинип,
Каарланып бүлүнүп,
Кабак чытып, былк этпей
Кайшаландап кыңк этпей.

www.bizdin.kg

Кайнына барчу немедей,
Калк башкарган төрөдөй.
Кашкаңдап күлүп сүйүнүп,
Себили сексен төрт болуп,
Сапары жаман кеч болуп,
Шашып турат кыраанын,
Эки көзү төрт болуп.
Алмамбет уулу чунагын,
Берекелүү берениң,
Бендеге мойнун бербеген.
Белгилүү кыраан кежелиң.
Кечиккенге күйүнүп,
Кыз алган жарын көрчүдөй
Шай колдогон кыраанын.
Кымылдап күлүп сүйүнүп,
Желмогуз уулу Сарыбай
Арбагы алыс, заары күч,
Адам ай, кандай болот – деп,
Кыйналып кыргыз күйүнүп.
Өлүм десе каткырып,
Бу көкжал тууган Күлчоро
Көрүнөө турат сүйүнүп.
Ашып-шашып токтобой,
Ок өтпөс тонун кийинип,
Жай-жарагын жайланып,
Жалаңган кылыч байланып,
Кара туман түшчүдөй,
Каар бетине айланып.
Билеги жоон, таш жүрөк,
Ааламга салган чоң дүмөк.
Узун бойлуу, кең далы
Ашкан балбан, ары шер,
Ажалдан кайра тартпаган
Ата, козголбогон кайран эр.
Белгилүүсүн чакырып,
Колун алып аркага,
Чарчагансып үшкүрүп.
Ордодогу Семетей,
Шер абасын бакырып,
Калайык каны Сейтекти
Жолдоштукка чакырып.
Акырын айтып, бек таштап,
Эр көкжалга сөз баштап:
«Баатыр көкжал баатырым,
Мен билгенди билдиңби?
Мен туйганды туйдуңбу?
Атасынан бабасы,
Атасы Куту эр эле.
Чын таалайга жазылган,
Мураа болгон эмеле.
Өчкөн отту тамызып,
Өлгөн жанды тиргизген.
Үзүлгөнүн улаган,
Чачылганды жыйнаган,
Атанын уулу төрө эле.
Дайрадай жүк көтөргөн
Жанга себеп немеле.
Атасын Кудай алды эле,
Ар качандан бир качан
Мураа болуп калды эле.
Кайжылча чалып жер кайгып,
Чалгын чалып көрүптүр.
А чалгындан кабылып,
Желмогуз уулу Сарыбай
Бет алдынан табылып,
Кайра тартпас чын жайды
Каралдыбыз Кара дөө
Кагыш кылып көрүптүр,
Кас ажал жетип өлүптүр.
Каралды мураа жолдоштор
Кубат качып, ал бошоп,
Куруп качып келиптир.
Куп кыраанын Кара дөө
Сарыбайдан өлүптүр.
Күркүрөгөн Сарыбай,
Чабыт чечип, чалкалап
Ала-Тоонун кыргызын,
Айдап-кууп талкалап,
Төрөлөрүн тургузбай
Төбөбүздөн басууга,

www.bizdin.kg

Төрт түлүктү чачууга.
Калыкка каран салууга,
Кайрандарын, чоңдорун
Калтырбастан сунууга.
Кыяны чаап мүлк алып,
Кысыкты өрттөп жылкы алып,
Ажалсызга жетүүгө,
Айылда сулуу, тул келин,
Олжолоп алып кетүүгө,
Кастарын тигип камынып,
Жай жарагын салынып,
Эл-Жүрбөстүн чөлүнөн
Ат-Баспастын белинен,
Кара дөөгө кабылып,
Кас ажал жетип Кара дөө
Кабылышып сабылып,
Ал Кара дөө өлүптүр.
Калгандары эрлери
Качып үркүп келиптир.
Сарыбай жанды кырды – деп,
Билген чатак, чоң жаңжал
Өрттөнгүр бизге кылды – деп,
Өз дүйнөсүн чачыптыр.
Өрөпкүп көп жан качыптыр.
Кабарга жаңы келиптир,
Белгилүүлөр жетиптир.
Сарыбай каарын көргөндө
Жаңжалдашып урушпай,
Маңдайлашып турушпай.
Кээ бир жандан жүрөгү,
Такыр түшүп өлүптүр.
Өлгөндү бу көз көрүптүр.
Каарлуу болсо Сарыбай,
Каптап жаңжал салалы.
Өкүмсүгөн чочконун
Жолун тосо баралы.
Берен болсо урушуп,
Бел чечишип кан төгүп,
Бейпайлашып турушуп,
Алсыз болсо Сарыбай,
Айбандан тулпар минели,
Жер-жерине сүрөлү.
Тобуна тозок салалы,
Токтотпой чаап алалы.
Калкын карап кылалы.
Кастарын тиккен чочкого,
Казатты катуу кылалы.
Жетигине жетели,
Чатакташып минтели.
Изденип келген капырды
Эл бүлдүргөн баатырды,
Бир бокчосун тинтели.
Түркүгүн сууруп алалы,
Түз эле кыргын салалы.
Кырылышып урушуп,
Кызыл кан агып турушуп,
Кемирилип бөлүшүп,
Бу жанды таштап өлүшүп,
Жаңжалдаша баралы,
Сарыбай келген экен – деп,
Жабыгып кантип жаталы!
Кордукту койдой салабыз,
Каптап кирсе ордону,
Баатыр, корккондой болуп каларбыз,
Жаңжал жаман салалы,
Каруусу толук капырга
Кагышты, жаңжал дүмөктү,
Каалап келген баатырга,
Казат ача баралы!
Кас ажал жетсе өлөлү,
Кармаш кылып көрөлү» –
Деп, ошентип Күлчоро
Эрен муну айтканда,
Макул каалап, чын көрүп,
Алсыздын баары күйүнүп,
Эрендердин баарысы
Жаңжал десе сүйүнүп,
Ок өтпөс тонду кийинип,
Кыяптуу болот байланып,
Жай жарагын жайланып,

www.bizdin.kg

Үңгусу болот айзаны
Оңурайтып колго алып,
Касаба колдо калкылдап,
Кара болот зулпукор
Кол-колунда жаркылдап.
Күндүз жүрбөй, түн катып,
Айкырык салып, чуу тартып,
Аскер камдап, кол алып,
Колдун баарын чогуу алып,
Жер силкинип, туу болуп,
Кулак тунган чуу болуп,
Ай-ааламды шаштырып,
Астындагы Буурулду,
Алчаңдата бастырып,
Эр кайраты таш жарып,
Эр сүрөөнү баш жарып,
Касабасы калкылдап,
Жер айрылып, тоо кулап
Касабалар калкылдап,
Кайраттуулар даңкылдап.
Жазбай аткан мергенин
Жабырга айдап салделе
Айзакерден ыктууну,
Айбалта чапчу мыктууну.
Жоо бөрүсү эренди,
Жоонун айласын билчү беренди
Айдап жолго салды эле.
Үркүн-түркүн сөгүлүп,
Бир адамдын керт башы
Миң кишидей көрүнүп.
Ок өтпөс тонду кийишип,
Ок жетпеген тулпардан
Ошондон каалап минишип.
Айза каалап ачташып,
Аманат жанды кыраандар
Кылга байлап ташташып.
Очогор сунуп, бор атып,
Очогор үнү буркурап,
Кол аттанган түмөн кол,
Кан Манас деп чуркурап,
Эрендери жол баштап,
Жезнай үнү баркылдап,
Керней үнү такылдап,
Чымчык учпай кең сайдан,
Чыңыроон тартып жез найдан,
Добулбас кулак тундуруп,
Эренден кайрат төгүлүп,
Баатырлары, шерлери
Кыраңдарда бөлүнүп.
Кылкылдаган жан болуп,
Туу түбүндө Семетей,
Туурасында Күлчоро,
Асман көмгөн чаң болуп,
Кол баштаган эр Сейтек
Козголбогон кара көк,
Башындагы кийгени,
Кошмолуу жекей кыргыз бөрк.
Жеткилең байкап кол алып,
Кол жабылта чогуу алып,
Кол башчысы эр Сейтек
Кыргак темир сыр найза
Жер жарылткан баатырга,
Сарыбай уулу капырга,
Казатты катуу салууга,
Кара дөө кегин алууга.
Асман жарган чаң болуп,
Көкжал Сейтек ал болуп,
Көрсөң кызык дуу кылып,
Жер жайнаган чуу кылып.
Болоттуу найза чаташып,
Болумдуу жаңжал башташып,
Чындаган кызык алтын жан
Кылга байлап ташташып,
Кызык дүмөк чыр кылып,
Кыйрылуу журтка сын кылып,
Жанды байлап эл үчүн,
Жаңжал жаман салууга,
Жеткилең кыргыз, аргынды

www.bizdin.kg

Ажыратып калууга,
Каза жетсе өлүүгө,
Каарлуу балбан Сарыбай
Кармаш кылып көрүүгө.
Көй душманды эңүүгө,
Таш калаасын талкалап,
Ою жүрөт Сейтектин
Эсен болсо Кара дөө
Ажыратып алууда.
Кол алдына эр Сейтек,
Ак келте сунуп бор атып,
Кан Манастап чуу тартып,
Ач айкырык таш жарып,
Катуу кайрат баш жарып,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк аскардай көрүнүп.
Кирпиги жалын чок болуп,
Каары болот ок болуп,
Кагышар жоосун көргөндө,
Кантип турсун токтолуп,
Кол алдынан чыр чыгып,
Арстандай үн чыгып.
Кайран Сейтек баланын
Канкор кандын чын уулу
Кагыштан качып каларбы.
Атасынан бабасын
Колдогонун карачы!
Кара чаар кабылан
Казыр жара тартчудай,
Капталында чамынып,
Кара жалдуу арстан
Казыр илип чалчудай,
Жан-жанында камынып.
Алды жакта сур жолборс,
Аңдаса мындай жан болбос.
Көк аскардай калжайып,
Алп кара куш зымырык
Азыр эңип кетчүдөй,
Бутун салып арбайып,
Азыр серпип өтчүдөй.
Аалам эрди бөктөрүп,
Аска-зоо ашып кетчүдөй.
Арбайтып бутту сунуптур,
Жетинин бирөө кара куш
Анык колдоп туруптур.
Кыркасында кырк жолборс,
Кыйладан мындай жан болбос.
Бет алганы өрт болуп,
Бейили кызыл чок болуп,
Каарлуу душман көргөн соң
Атанын уулу кыраанын
Кантип турсун токтолуп.
Сандыргалуу сай кашка,
Салмагы оор көй кашка,
Салышчу жоосу Сарыбай –
Сандыргасы бир башка.
Жадаалары сеңирдей,
Ай-ааламды жөн эле
Азыр союп жегидей.
Чапчыганы жолборстой,
Чалышкан аман болбостой.
Кол чуркурап, чеп толуп,
Козголушуп өрт болуп.
Койгулашка козголуп,
Кол чуркурап, жер жайнап,
Болоттоп найза ачташып,
Бир чымындай кур жанды
Кылга байлап ташташып,
Кезеңдин белин аштеле,
Эл-Жүрбөстүн талаасын,
Эңкейип барып бастеле.
Кол чуркурап, эл конуп,
Жесек коюп, тай союп,
Сай бууданын баарысын
Кермеге аса байлатып,
Кысыр эмдүү тайлардан
Тамакка муну кайнатып.
Асемдетип тай союп,
Аш-тамагын жай коюп.

www.bizdin.kg

Колдун баары кобурап,
Кол чуркурап, кужурап,
Чыканактап уйку алып,
Чырым этип тынч алып,
Жатып жамбаш талдырып,
Жантайып уйку кандырып.

ЖЕЛМОГУЗ УУЛУ САРЫБАЙДЫН ОКУЯСЫ

Кол ушинтип турганда,
Көл-дайрадай жер толкуп,
Эл ушинтип турганда,
Таң агарып сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Таң агарып турганда,
Таң атардын муздак жел
Өзөн ылдый урганда,
Камыштын башы зыркырап,
Балапан торгой чуркурап,
Жан-жаныбар козголуп,
Макулук айбан ойгонуп,
Асмандан жылдыз бириндеп,
Кыбыла көздөй зирилдеп,
Төбөдөн жылдыз жаркырап,
Кыбыла көздөй чуркурап,
Таң кашкайып ачылып,
Жер күүгүмү басылып,
Желаргы согуп, жел болуп,
Жер көрүндү эл толуп,
Каракчы караан бөлүнүп,
Дүнүйө жүзү көрүнүп,
Кош-колоңду жыйганда,
Козголуп журт турганда,
Кароолдогу сакчылар –
Жер кайып, жол чалчулар
Жоо тартибин алчулар.
Жер өлтүрүп, жол кайгып,
Атышты арбын салчулар.
Ар бир душман балаага
Аралашып калчулар.
Алтаң уруп элтеңдеп,
Кароолдун алды кезигип,
Сарыбайдан келтек жеп,
Акыл жыйнап турушпай,
Ар эрдик кылып урушпай,
Кыйла балбан шашыптыр.
Өрөпкүгөн көп балбан
Кээ бирөө кайра качыптыр,
Ажалдуусу өлүптүр.
Ажалы жок кээ балбан
Чакчелекей чаң болуп,
Башы челек кан болуп,
Кыйла балбан шашыптыр.
Кырылышам деп барып,
Кызылдай мүшкүл иш көрүп,
Сарыбайдан күч көрүп,
Өрөпкүгөн көпкөндөр,
Өзүм баатыр дегендер,
Ала коюн түрсүлдөк,
Алаңказар күрсүлдөк,
Кем акылдуу дардандар,
Кезигер жоого кезикпей,
Кезикпеске кезигип,
Кыйраптыр кыйла балбандар.
Кыйрагандын баарысы –
Кызырканган дардандар,
Ала көөдөн жер колтук,
Ороңдоп көөп калгандар.
Өз дүйнөсүн чачыптыр,
Өлгөнүнөн калганы
Чегинип кайра качыптыр.
Балбансыган берендер
Өзүн өзү көтөрүп,
Мен балбанмын дегендер
Өз дүйнөсүн чачыптыр.

www.bizdin.kg

Өлгөн жандан калгандар
Чуу туруп кайра качыптыр.
Кээ бир балбан жарадар,
Кээ бирөө таза бейкапар.
Кээ бир балбан шашкандар
Айза менен мыктап жеп,
Айласын таппай качкандар.
Кудай бетин көргөзбө,
Шумдук экен Сарыбай
Адырдан колду бурду – деп,
Кез болушкан кээ жанды
Кеп кылбай канча кырды – деп.
Алышып ал жеталгыз,
Арстан тиши өталгыс,
Сыягы бөлөк, заары күч,
Сарыбайга кезиксең –
Өлдүк деп, жандан күдөр үз!
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Жалаңкычтын көзү экен,
Жадаалдын кызыл өзү экен.
Сарыбай түрүн биз көрдүк,
Калк куураткан балбандай,
Качырса жанды буй кылып,
Ач бөрүдөй жаргандай.
Камтып кармап ааламды
Бир дорбого салгандай.
Кадыр Алда бендесин
Жаратат экен ар кандай.
Эки бети салаңдап,
Эки даңгыт тойгондой.
Качырганын чөл кылып,
Кайсап жутуп койгондой.
Бет алып сан кол баргысыз,
Чабышкан аман калгысыз.
Жаткан иттей кара каш
Түнөөгө жору конгондой.
Кез болгонду кемирип,
Тим эле жутуп койгондой,
Сарыбай түрү момундай.
Алек болуп ар жандар,
Айтып кыла балбандар.
Шору бар колго тутулуп,
Ажалы жок кээ балбан
Араң келген кутулуп.
Шору барын Сарыбай
Чокмор уруп, жаа тартып,
Жолу болгур басыптыр,
Шорлуусу кайра качыптыр.
Берен Сейтек баатыр бар,
Бет алып айтып жатыптыр.
Күлдү көп кол күйүнүп,
Чымындай жандан түңүлүп.
Дене бошоп буркурап,
Алапайын таба албай
Калың кол турду чуркурап.
Добулбас бекем кагылып,
Кол ичинде Күлчоро
Кайыптай учуп жабылып,
Жок жерден акыл табылып.
Сурнай тартып желигип,
Сортелкиси ээлигип.
Барлык жанды шаштырып,
Астындагы сур атын,
Маңкаңдата бастырып,
Болотту болжоп ачтаптыр.
Болбой корккон сан колду,
Жутуп ие таштаптыр.
Кирпиги жалын от болуп,
Көзү өрттөнүп чок болуп.
Карсылдаша тиш чайнап,
Кан ичме түрү бек кайнап.
Каарланып күүлөнүп,
Калың колго сүйлөнүп:
«Атаңдын көрү, калың кол,
Арстансыңар, шерсиңер,
Келберсиген эрсиңер,
Керишкени келдиңер!
Керишке чыкса келжиреп,
Үркүндөп кача бердиңер,
Ушинтсең сен журт, өлдүңөр!

www.bizdin.kg

Азаматтар балбандар,
Кагышкан жоодон өлбөйбү,
Керек болсо бу жанды
Каалаганга бербейби!
Акылыңдан шаштыңар,
Алтаң уруп, чуу туруп,
Айлаңы таппай качтыңар.
Мында баатырың бар, эриң бар
Козгоп сөздү баштасаң
Коркуп кетчү кемиң бар,
Акыл таппай шашчуң бар.
Сан түмөн колду бүлүнтүп,
Бел сындырып каччуң бар.
Коркогуң бар, эриң бар.
Козголоң салчу кемиң бар.
Сарыбай мактап былжырап,
Атаңдын көрү, жаман журт,
Кудай урган жериң бар!
Сарыбай артык шер бекен,
Желмогуз уулу ал капыр
Менден кыйын эр бекен?
Чоң майданга барышам,
Сарыбай менен алышам.
Мылтык атып жаа тартып,
Мыктап жаңжал салышам.
Кең Талас арзан жер эмес,
Күлүстөн тууган Күлчоро
Күлчоро тегин эр эмес.
Кармашарым Сарыбай,
Карааны тоодой капырга
Кан Сарыбай баатырга,
Жер өрттөгөн такырга,
Эл куруткан баатырга.
Атышты арбын кылайын,
Аялкы журтун кырайын.
Буласын булап албасам,
Бир бузулчу кериш салбасам,
Маңдайлашып турушуп
Көрүнө кымбат кайран жан
Жоголгончо урушуп,
Кез келгенин сойбосом,
Сарыбай иттин канына
Акырында тойбосом!» –
Эр Күлчоро муну айтып,
Күлүстөн абаң турделе
Күлчоро абаң муну айтып,
Өрттөй көзү жайнады.
Сарыбайды укканда,
Каарлуу жини кармады.
Кадоосунган кайран тиш
Бөлө-бөлө чайнады.
Тозогу беттен көрүнүп,
Арстандыгы, шердиги
Ашып журттан бөлүнүп,
Көк жолборстой түйүлүп,
Ок өтпөс кийим кийинип,
Жай-жарагын жайланып
Жалантып кылыч байланып.
Көңүл чөгөт бөлүнүп,
Көп колдон чыкты бөлүнүп,
Касаба колдо калкылдап,
Мына ошентип, Күлчоро,
Суркийик менен чуратып,
Жер киндигин уратып,
Узун байлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Жоонун айласын билген курган эр.
Каруусу толук капырга,
Кайраты мол баатырга,
Сарыбай уулу капырга,
Демге калбай жетүүгө,
Карсылдашып салышып.
Кырылыша кетүүгө,
Кыргынды кыйла салууга,
Бир беттешип калууга.
Эрте айтканы кеч болуп,
Эки көзү төрт болуп.
Айза кармап, тиш кайрап,
Чын желигип, көз жайнап.
Жекеме жеке барууга

www.bizdin.kg

Кутурма жиндүү Сарыбай,
Кубаты жетсе алууга.
Куптап кыргын салууга,
Бейпайлашып минтүүгө,
Беренсиген чочконун
Бир бокчосун тинтүүгө.
Тобуна тозок салууга,
Токтобой кирип урушуп,
Ал Сарыбай капырды
Тоңкойто сайып салууга.
Эптеп мындай иш болуп,
Бел байлады Күлчоро,
Бир беттеше кетүүгө.
Чапчышып чама көрүүдө,
Чаркы келсе кыраанын,
Сарыбай канын төгүүдө,
Чак келбесе өлүүдө,
Айза кармап ичтенип,
Эринди кесе тиштенип.
Каарланып сумсайып,
Боз кисени курчанып.
Жарагын жайлап байланып,
Каарланып үксүйсө,
Каар бетине айланып.
Талааны багып жер жайлап,
Тобокел деп дем байлап.
Кара жаак булдурсун,
Кармай калып имерип,
Кайыптан бөлөк Суркайык –
Аманат жандын жөлөгү,
Кыл куйруктун бөлөгү.
Кайып боз бээнин кулуну
Каранда жылкы дулдулу.
Кара байыр Суркайык
Кармап камчы имерип,
Такымга тартып жиберип.
Кемердүү жерди уратып,
Суркайык менен чуратып.
Жекеге чыкты Күлчоро
Кызыталак Суркайык.

Көрүнгөн жерде көрүндү,
Көрүнбөгөн өзөндө.
Көк түтүндөй бөлүндү.
Жайнап көзү кызарып,
Аркардай арыш узарып,
Бурулушка келгенде,
Буудан экен жаныбар,
Бугудай көзү кызарып.
Бүктөлүшкө келгенде,
Арыш керип, чыр баштап,
Күлүктүгү узарып,
Таманы жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карсылдап,
Көкүлүн көккө зыргытып,
Туягын жерге мылгытып,
Кара болот ооздук,
Көмөкөйгө каккылап,
Тал жибектей куйрукту,
Чаткаякка чапкылап,
Куландай кулак жапырып,
Куюндай жерди сапырып,
Чуу укканда сөгүлүп,
Чуркаганда кара жер
Кат-катынан бөлүнүп,
Тулпардык жайы ушундай.
Айза кармап, топ бузуп,
Шашып барды Күлчоро.
Ат-Өтпөгөн кайкаңды
Басып чыгып баратат.
Эл-Баспастын элкин чөл,
Бөлүшкөнү баратат.
Желмогуз уулу капырга
Өлүшкөнү баратат.
Жан-Баспастын Жар-Кыя
Жол салганы баратат.
Желигип чыккан капырга,
Эр Сарыбай баатырга
Кол салганы баратат.
Жердин, суунун ээсине,

www.bizdin.kg

Жеке басар заары күч
Эр Сарыбай дөөсүнө,
Ажалдын артык өзүнө,
Чын жуткучтун көзүнө,
Тарашалы керүүгө,
Таш кашаттын сеңирге,
Талыкпай көкжал жетти эле,
Талкандашчу жерине.
Чийлүү кабак ак сайга,
Бет алышы майданга,
Колун бузуп жол салып,
Шай колдогон Күлчоро
Сарыбайга кол салып,
Бери жаккы бетине,
Балбандардын четине,
Жетик белди курчанып,
Жете кирди кол салып.
Кезиккенин айзалап,
Желмогуз уулу Сарыбай
Жеткилеңи кайдалап!
Арстандыгы момундай,
Айза жеткен жерлерин
Айза менен кулатып,
Айбалта жеткен жерлерин
Жыга чаап уратып,
Кылычка кыйын келгенин
Кыйып чаап кулатып,
Бет алдына келгенин
Чөл түшүрүп уратып,
Асман ачык, жер бүркөк,
Жер бузулду түн түшүп.
Аркыда кол, берки кол
Аралашып турушту.
Айгайлашып урушуп,
Ким көргөн мындай жумушту.
Бейкайраттар четтешип,
Берендин баары беттешип,
Айза кыйрап, боо түшүп,
Ат жыгылып, тоо түшүп,
Аябай жаңжал болушту.

Шай колдогон Күлчоро,
Узун бойчо, кең далы
Ары балбан, ары шер,
Өзү жоонун айласын
Артык билген курган эр.
Кулансур санга бир салып,
Куп болоттуу найза алып,
Сарыбайга бет алып,
Эр Сарыбай баатырга
Жеке кирди кол салып:
«Желмогуз уулу Сарыбай
Эр Сарыбай сен болсоң,
Эр Күлчоро мен болсом,
Беттеп найза сайышып,
Бир беттешип көрөлүк,
Ажал жетсе өлөлүк!
Маңдайлашып турушуп,
Жан аябай салышып,
Акыр-такыр кылалы.
Алган айза башталсын,
Кыймыл түшүп жер үстүн
Кыйрап кететашташкан,
Алмамбет уулу мен болсом,
Желмогуз уулу сен болсоң,
Желиккениң угайын,
Желмогуздан туулуп,
Жети миң жаныңболсо да,
Өлтүрүп жерге тыгайын!
Кыйырыңа кыргын салайын.
Кылча койбой бирөөңдү,
Кыргын кылып салайын.
Кайратыңды угайын,
Айлап жылдап урушуп,
Өлтүрүп жерге тыгайын!
Уялууңду уйпайын,
Берендериң сыйпайын.
Кара жаным аябай,
Катуулап каарым төгөйүн.
Желмогуз уулу капырың,
Кабыргаңды сөгөмүн.

www.bizdin.kg

Каныңды суудай төгөйүн.
Түз түгөтүп жашыңды
Ушинтип кесип башыңды,
Берейин калың жашыңды.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Не желиктиң мынчалык?
Каарланып чыр салып,
Алаңды ала качпасак,
Казынаңды чачпасак,
Казатташып чуу кылып,
Калың элиң баспасак?
Ашыгыңды соргонсуп,
Аштыгың кам оргонсуп,
Желмогуз баштык жети атаң,
Жергелүүңдү соргонсуп.
Неге жаңжал кыласың,
Баатыр, шердин тукуму,
Не басташып турасың?
Талас оңой жер бекен,
Сен кыргындап кеткидей,
Олжо кылып түбүнө,
Тамырын казып өткүдөй
Жети-Өзөн көчкөн көчүң жок,
Жетимиш ата өчүң жок.
Түптүз мүшкүл кылгыдай
Түрүң барбы Сарыбай?
Түгөнүшө кетүүгө,
Жиниң барбы Сарыбай?
Өзөнүңө бээ байлап,
Калкыңа баса кондукпу?
Сен карарып тургудай,
Айылыңды кырып, сордукпу?
Кулжуңдап чатак салгыдай,
Элиңди кырып койдукпу?
Эр Сарыбай сен болсоң,
Эр Күлчоро мен болсом,
Менин кагышаарым шер эле,
Менин каалаганым Кудайдан,
Тилегеним сен элең:
«Душмандыгың билгемин,
Каарын төгүп какайып,
Кармашар деп жүргөмүн.
Өпкө жарып, өт алчу,
Өз душманым келген соң,
Кантип жаным аяйын!
Мен Күлчоро болгону,
Ай-ааламды буй кылып,
Айдап, кырып, соргону.
Ок өтпөс кийди мендейдин,
Миңин сойдум сендейдин,
Кана менин өлгөнүм?!
Акырында Сарыбай,
Каарлуу сени көргөмүн.
Алышты артык кылалы,
Аянышпай урушуп,
Айкырып айза суналы!
Томуктай башты утушуп,
Тоодой жанды жутушуп,
Элкин жайлоо болушуп,
Эстесек жанды сорушуп,
Сынашалы балбанды,
Күчөтөлү жаңжалды.
Ашкере кылып атакты,
Арбыталы чатакты.
Казат баштап урушту,
Калк кырылып, эл өлгөн,
Сүйүпсүң мындай жумушту!
Баатырлыкты, шерликти,
Байка мындай эрдикти.
Өрттөнсүн өкүм жаныбыз,
Күчтү аябай күүлөнүп,
Жана согуш салыңыз!
Кыйыныбыз, каныбыз,
Кыргын тийген немедей,
Кыйрап кетти баарыбыз.
Баатырсынган шерибиз,
Кыйрасын кыйын белибиз.
Жаңжал кандай, чыр кандай,
Кааласаң, муну көрүңүз!» –
Деп, ошентип Күлчоро

www.bizdin.kg

Сарыбайга муну айтып,
Каарлуу жини кармады.
Каалгадай кашка тиш
Бөлө-бөлө чайнады,
Көзү күйгөн чок болуп,
Кирпиги жанган от болуп,
Токтоно албай чоронун,
Толкуну дайра шарындай,
Урушаары Сарыбай.
Аянып көкжал калабы,
Күлчоро мындай деген соң,
Желмогуз уулу муну айтат,
Көрсөң мүшкүл шумду айтат:
«Тукумуң туура кырбасам,
Билген чырым кылбасам,
Жалынсаң укпай кебинди,
Бир албасам кегимди,
Сарыбай болбой өлөмүн,
Желмогуздан туулбай,
Туулбай туна чөгөмүн!
Айтсам далай кебим бар,
Ат арытып, жан кыйнап
Карасаң мынча кегим бар.
Желпиниште Жарманас,
Анын катыны экен Каржыгач
Кан Манас экөө уялаш,
Кадууга бойлоп конушуп,
Каржыгачка болушуп,
Кыргыздан жыйып кол алып,
Кымбаты Бакай, эр Кошой
Бул өңдөнгөн колду алып,
Жазайлатып, жаа тартып,
Күндүз жүрбөй, түн катып,
Албан түрлүү жан болуп,
Кол алдында зор Манас
Кол артында Каржыгач.
Касаба чыгып, туу толуп,
Каранды мүшкүл чуу болуп,
Ай-ааламды шаштырып,
Астындагы Чоң Кула ат
Маңкандата бастырып,
Себили сексен төрт болуп,
Серп алганы өрт болуп.
Менин атам Желмогуз,
Манас түрүн көргөндө
Аша качар бел таппай
Кирерге кара жер таппай,
Түшүп жатар көр таппай.
Керүүчөнү өзөндү,
Кырааны Бакай, эр Кошой,
Кылт дегизбей тозгондо,
Алмамбет жадаал салганда,
Сандап аткан балбанды
Сайып Чубак, эр Сыргак
Сан мүлкүм талап алганда,
Менин атам Желмогуз
Эр Манастан өлгөндө,
Казынам бузуп жол кылган
Берендерин бүктөгөн,
Толуп жаткан мүлкүмдү
Өз пилиме жүктөгөн.
Кашайткан мынча жанымды,
Калтырбай талап малымды.
Эндиреткен элимди,
Көп бүктөгөн белимди.
Татыткан далай тузумду,
Талап кеткен ушинтип,
Оймок ооз, бото көз,
Ойдологон кара көз,
Мына ушул өңдүү кызымды,
Бел байлаган белимди,
Алты жол калган элимди.
Куруп жүрүп оңолдум,
Кундакта калып чоңойдум.
Баатырдырмын, шердирмин,
Сарыбай балбан мендирмин!
Катылганды кайсаган,
Кезиккенди кемирген,
Кара тажаал өзүмүн!
Уруштун жолун болжогон,

www.bizdin.kg

Шимирсе канга тойбогон,
Жаткан жайым жер алды,
Желпиништин тушу эле.
Кыргынды кыйын салсам – деп,
Ата кегин алсам – деп,
Сураганым ушу эле.
Балбандыгым башкача,
Баатырлыгым бир канча.
Күүлөйм айткан кебимди,
Кантип албай калайын,
Айтылып жүргөн кегимди!
Мен Сарыбай болгону,
Кабылганды уткамын,
Качырганды жуткамын.
Кез келгенди ойгомун,
Басташкан балбан, кыйла алпты
Кыргын кылып соргомун!
Кыжырды бузуп кеп салам,
Кыйланды кырып кек алам!
Балаанын кара көзүмүн,
Балакеттин өзүмүн.
Канаттуу учуп кутулбас,
Кара кыя буткулмун.
Калың токой бутамын,
Кармашканды жутамын.
Ажыдаар айбат салармын,
Капкайда кегим алармын!
Чын балакет көзүмүн,
Кара тажаал өзүмүн.
Кетмендеп чачса түгөнгүс,
Кара зоңгок өзөнмүн» –
Деп, ошентип Сарыбай,
Оозунан жалын өрт күйүп,
Тоодой чокмор колго алып,
Желмаян санга бир салып,
Кысыкты бузуп, жол салып,
Күлчорого кол салып,
Каарланып турду эле.
Чыңыроон үндүү жез найды
Айбалта менен урду эле.
Жер дүңгүрөп, тоо көчүп,
Уккан жанды жүдөтүп,
Сарыбай турду минетип.
Ал Сарыбай капырдын
Качырышы камандай.
Эң кайраты чочконун
Тоо-ташты бузган шамалдай.
Кыраандыгы баткалдай,
Күлчоро эрден бөлөк жан
Кыйрап-кулап жаткандай.
Берендин жайы ушундай,
Бек жалаңкыч Сарыбай.
Капырдын каары тарыды,
Өзөндү бузду күркүрөп,
Өлдүк деп жандан түңүлүп,
Аргын, кыргыз калың эл
Алапайын табалбай,
Качып турду күркүрөп.
Желмогуз уулу Сарыбай
Ойронду оруп алчудай,
Оюна койсо бачагар,
Ай-ааламдын баарысын
Бир куржунга салчудай.
Каарлуу жини буткулдай,
Кайраты жанды жуткудай.
Ар бетинде бир түгү
Айбалтанын сабындай.
Эр кайраты чочконун –
Өндүргө күйгөн жалындай.
Сарыбай жайы момундай,
Өрттөнүп кеткен доңуз ай.
Жер жарылып дүркүрөп,
Жеп ийчүдөй күркүрөп.
Кулаган кашат белге окшоп,
Капталдан аккан селге окшоп,
Казылган терең көргө окшоп,
Бул кутургур жетти эле.
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жан аябай Сарыбай,
Кайра сөгүп, ок төгүп,

www.bizdin.kg

Катуу күчкө салделе.
Каарланып чамынып,
Жолум үйдөй чоюн баш,
Жана колго алделе,
Чоюн баш менен салделе.
Араан ооз сыр жебе,
Ала коюп жүздү атып,
Сарыбай кайрат кылделе.
Замананы тарытып,
Кутургур минтип турделе.
Кулан сурга камчы уруп,
Жоого ылайык ыктуу кул,
Жоонун айласын билген
мыктуу кул,
Жолумдуу тууган Күлчоро
Сарыбай түгүл ааламды
Чалган чоро эмеспи.
Ай-ааламды буй кылып,
Алган чоро эмеспи!
Көзү көргөн алыстан,
Көп адамдан даанышман,
Жеке чыккан жарыштан.
Айзага камбыл артык шер,
Жоо айласын чын билген
Жолборс чоро кеменгер.
Башка болгон балбаны,
Карасаң көкжал Чоронун
Кап-Тоосундай салмагы.
Беттешкени Сарыбай,
Бейжайлык кылды ушундай.
Желмаян оозун бурганда,
Сарыбай чокмор урганда,
Ата, Шай колдогон Күлүстөн
Зың-зың этип кенебейт,
Сарыбайдын чабышын
Бучкагына теңебейт.
Кыйшаң уруп, кылт этпейт,
Ата, Шай колдогон кургуруң
Шайман чарчап былк этпейт.
Тулпар оозун бурделе,
Өлөр жерин өлчөлөп,
Өткөрө камбыл эр чиркин,
Тозуп туруп Күлчоро
Желмогуз уулу капырга,
Жетип найза урделе,
Таш муштаган немедей,
Кадырман жанга күч келип,
Болоттугу билинип,
Сынып кетпей сыр найза
Түпкүч болуп ийилип,
Алмамбет уулу кургурдун
Шер экени билинип,
Артык камбыл, акжолтой,
Кайраты болот коргондой,
Кагышкан аман болбостой,
Уңгусу болот сыр найза,
Ушинтип муштап турделе,
Сыр найза жайын сурасаң,
Болжоп жоого машаган.
Жоого болжоп Бөлөкбай
Ошол байкуш жасаган.
Курчтап сабын толгогон,
Курган уста Бөлөкбай
Куптап жакшы оңдогон.
Өзөккө темир тарттырган,
Өлчөмүн мыктап арттырган.
Бөрү тил кылып кырдаган,
Койгулашта кокустан
Колдон тайыр бекен – деп,
Асемдетип сырдаган.
Ар жомокчу ырдаган,
Кеп билген адам тыңдаган.
Сыр найза жайын сурасаң,
Көмүрүнө келгенде,
Көк майдан токой жоюлган.
Көөрүгүнө келгенде,
Албан түшүп кыргыздын
Көк букачар союлган.
Уңгусун болот машаган,
Урушка болжоп жасаган,

www.bizdin.kg

Болоттоп учун чыгарып,
Учтаган жерин тешсин – деп,
Муштаган жерин эшсин – деп,
Кабыла түшсө кокустан
Ар жак боорун кессин – деп,
Ушинтип атып жасаган.
Болоттоп учун чыгарып,
Ажыдаардын уусуна
Алтымыш сыйра сугарган.
Өлүм орток, өрт ушу
Айзанын жайы мына ушу.
Өлчөө жерди туштады,
Эр Күлчоро кайран шер,
Сарыбай сайып муштады.
Каарды Чоро баштады,
Эки өңүрү калдактап,
Желмаяндан Сарыбай
Кулап кете таштады.
Желмаяны сандалып,
Сарыбай турду кубарып,
Күлчорого таң калып:
«Белгилүү экен, бел экен,
Белгилүү көкжал шер экен.
Билеги жоон, таш жүрөк
Пил мүчөлүү бадырек.
Касташканга, душманга,
Салар экен чоң дүмөк.
Баатыр да экен, шер да экен,
Башка туулган эр да экен.
Салмагы оор, заары күч
Ааламдан ашкан неме экен».
Каарды катуу баштады,
Албан уруп Сарыбай
Кулап кете таштады.
«Булчуңу жоон кандай жан,
Кылымдан чыкпайт мындай жан.
Чыркырап араң токтоду,
Ботом чыгып кетпей биздин жан.
Көк темирдей көк экен,
Көп адамды бүлдүргөн
Бир жаралган бөрү экен.
Теңиз да экен, тең экен,
Деги көкжал эр да экен.
Мен Сарыбай болгону,
Сарыбай атка конгону,
Мен баспаган чөл калбай,
Мен көрбөгөн эл калбай,
Кыдырдым эле кыйланы,
Жеңип алып мынчаны,
Чуркуратып жандарды,
Баатырсынган, дөөсүнгөн,
Жер үстүнө ээсинген,
Сойдум мынча балбанды.
Кыйладан мындай көрбөдүм,
Кыйын да экен, шер да экен» –
Деп, ошентип Сарыбай
Эрдигин сынап алделе,
Тоо салмагын салделе.
Айза өрттөнүп, чок болуп,
Күлчоро айза сайганга,
Турган экен токтолуп,
Мына ошондо Күлчоро:
«Кулду Кудай берсе» – деп,
Муну ойлоп Күлчоро,
Айза тартпай туштады,
Ал Сарыбай капырды
Алтымыш сапар муштады.
Зыңгырады кенебей,
Алтымыш айза сайганын
Бучкагына теңебей,
Арбайып айла таптеле.
Күлчоронун айзасын
Орто белден чаптеле.
Айза сынып кул болду,
Орто белден быркырап,
Күлчоронун сыр найза
Асманга чыкты чыркырап.
Ал Күлчоро көкжалдын
Жарагы бар, жары бар,
Көкжалда мынча каруу бар,

www.bizdin.kg

Жарагынын баары бар.
Камбыл тууган шер Чоро
Алтын жаак айбалта
Билегинде чалынуу,
Орой кармап калделе.
Айбалта жайын сурасаң
Мизи карыш калдайган,
Шилтеген жерден кан жайган,
Уңгусу болот муштумдай,
Айбалта жайы ушундай.
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен.
Кызырканып шилтесе,
Калдайып учуп баш кеткен,
Баштан кийин кан кеткен.
Кан кеткенде ал кетип,
Кан алдынан жан кеткен.
Шилтеген балбан кубанган,
Шилтегенде таш кесип,
Тайгаланбай кетсин – деп,
Беттешкендин түбүнө
Шилтеген жерде жетсин – деп,
Курчтап мизин кынаган.
Курч экенин билгенде
Кучакташып дос болуп,
Курдаштан канча сураган.
Сураса жанга бербеген,
Суук боор бир жан көрбөгөн.
Чапкан кулап сойлогон,
Шумдуктан мындай болбогон.
Алтын жаак айбалта,
Ал шамдагай эр Чоро
Кош колдоп кармап имерип,
Ай дегиче Сарыбай,
Алтын жаак айбалта,
Шай колдогон шер Чоро
Кош колдоп тартып жиберип,
Кулансур оозун бурделе,
Кыраанын карап турделе.
Желмогуз уулу капырдын,
Өлөөргө ою жок болду.
Башында болот калканы
Быркырап кыйрап чок болду.
Желмогуз уулу капырың,
Мындан өлбөй токтолду.
Айбаттанып Сарыбай,
Анык тажаал баштады.
Тоо томкоруп, көл соруп,
Токтолбой катуу иш кылды.
Кабылганды оттоду,
Бузулуп кетпей кара жер,
Калыңынан токтоду.
Адырдын баарын түз кылды,
Токой жулуп, күч кылды.
Жаны түгүл жансыздын
Торопоюн тоз кылды.
Каарланып камынып,
Капыр экен Сарыбай
Түз болгур чыкты чамынып.
Каарланды күркүрөп,
Карап турган бенденин
Тула бою дүркүрөп.
Туура өрттөнүп чыр кылып,
Каарланып какайып,
Катуу каарды баштады.
Асты бүтөө кара жер
Сарыбай тажаал каарына,
Капырдын ачуу заарынан,
Күрсүлдөгөн жининен
Куп бузулган түрүнөн
Бузулуп кете таштады.
Каарланып кутуруп,
Катуу каарды баштады.
Жер, асманды омкоруп,
Желпип ие таштады.
Жаныбарды боктоду,
Казат кылган калың кол
Качып берчү немедей,
Дүрбүп барып токтоду.
Балбан да экен, шер да экен,

www.bizdin.kg

Башка туулган эр да экен.
Берен экен Күлчоро
Жан аяшпай турушту,
Жадаалдашып урушту.
Агала майдан туу толуп,
Асман жарган чуу болуп,
Алыш кылып турделе.
Эр Сарыбай бул экөө,
Чабыш кылып турделе.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Жетип бенде алгысыз,
Жер майлаган чочкого
Чыдап бенде калгысыз.
Сыягы капчал буткулдай,
Кез болсо жанды жуткудай.
Бет алыша келгенде,
Ай сен кимсиң дегендей.
Кабылса жандын баарысын,
Алып соруп жегидей.
Эл куураткан жандардай,
Ааламды күткөн балбандай.
Бакырык салып үксөйүп,
Ачууланып түктөйүп,
Зыңгырады кенебей.
Айза сайып, балта урса,
Шай колдогон көкжалды
Бучкагына теңебей.
Чапкан сайын Сарыбай
Чагылгандай чартылдап,
Кайраттанып карсылдап,
Карала майдан туу кармап,
Ач бөрүдөй көз жайнап,
Белсөөлөнүп, белсенип,
Бери ургандай теңселип,
Кайгырып капа болбостон,
Кабагын түйүп койбостон,
Өлдүм ай, кокуй дебестен,
Өлүмдөн кайгы жебестен,
Кетчү жолду керүүлөп,
Бүтөп чыгып баратат.
Айза урган Сарыбай.
Ант ургур жайы момундай,
Күчөп чыгып баратат.
Ачып көздү-жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Түргө салып баратат.
Адам аңдап тапкысыз,
Жиңге салып баратат.
Эрендерди, колдорду
Басып чыгып баратат.
Ойду-тоону томкоруп,
Капырыңдын каардуу жин
Ашып чыгып баратат.
Баштакыдан миң эссе,
Кутурган иттин чоң жини
Ташып чыгып баратат.
Миң түрлөнүп чамынып,
Бу дүйнөнү калтырбай
Соруучудай камынып,
Сарыбай жайы ушундай.
Эр кайратын көргөн жан,
Эсил жандан түңүлүп,
Заман тарып кысылдай,
Аксайгандан саксайып,
Күйүп көзү жайнады,
Күүсүн күчтүү баштады.
Күлүстөн тууган Күлчоро,
Күлчорону баш кылып,
Күлдү журттун кыйласын
Күбүп ие таштады.
Каарланып кеп баштап,
Айткан кеби артык уу
Кырып ие таштады.
Сарыбай турду күүлөнүп,
Калың колго сүйлөнүп:
«Каарым келип какайсам,
Катуулап жаңжал кылармын.
Кармарыма жан койбой,
Бир кашыктай кан койбой,
Баары-жогун кырармын,

www.bizdin.kg

Таласты ээлеп конормун.
Таш короонду талкалап,
Далайынды өрттөп сорормун.
Асылдарың утармын,
Айкөл баштап каныңды
Калтырбай сором баарыңды.
Желмаян оозун бурайын,
Жер жаралган Желпиниш,
Жерге чейин кырайын.
Кандарын кармап соёюн,
Кас душманым ушу эле,
Калтырбай баарын сороюн.
Кабылганды кайсаймын,
Кез болгонду кемирем,
Тушукканын кырбасам,
Туура сыйпаң кылбасам.
Калкыңды кармап утпасам,
Калтырбай бүткүл жутпасам,
Мен Сарыбай болгуча
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн!
Кыйлаңа кыргын салбасам,
Кыздарың талап албасам,
Кыйырыңа кыргын салбасам.
Байлап көкжал дөөндү,
Чакпасам баш мээнди.
Чыгарайын мен сенин
Капкайдагы кээнди!
Кайраныңды каныңды,
Калайман салып кырайын.
Калтырбастан баарыңды,
Улугунду, каныңды,
Мен Сарыбай эрениң
Уйпалаймын баарыңды.
Агызам суудай каныңды,
Койбостон жалгыз талыңды.
Тирүү байлап дөөндү,
Өндүрдөн тийип бээнди,
Жайната муштап мээнди,
Чыгарайын мен сенин
Капкайдагы кээнди.
Эрендериң четтейин,
Кыйланды кырып өрттөйүн.
Кыйла кыргын салайын,
Колума тийсе кыргызың
Тулумдууңду тул кылып,
Капканын оозун кан кылып,
Кара жолуң чаң кылып,
Жагуучу отуң өчүрүп,
Жалпы баарын көчүрүп,
Кыргынды бузук кылбасам,
Ачууланып акырып,
Асман-көктү сапырып,
Мен Сарыбай болгону,
Сарыбай атка коңгону.
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр адам менен тең болуп,
Айыл күтүп, жер ээлеп,
Айбат салып, эл ээлеп,
Мен көрбөгөн жер калбай,
Мен албаган эл калбай,
Калдай кырып, шер алдым.
Канча түмөн элди алдым.
Айза, мылтык көп көрүп,
Акыл айран бөлбөдүм.
Бу Күлчоро өңдүү баланы
Жер үстүнөн көрбөдүм.
Балбан экен, эр да экен
Баланын мыктуу тушу экен.
Койгулашып тең болчу
Ботом, ойлосом душман ушу экен!
Эрен да экен, шер да экен,
Келгеним азап тушу экен.
Жабыркап жаңжал издедим,
Менин салышчу жоом ушу экен.
Белгилүү экен, шер экен.
Атам Желмогузду сойгону
Жер томпойтуп койгону,
Калп айтпасам эр экен.
Мыктуу экен, кан да экен,

www.bizdin.kg

Ар ким ушак кылчу эле,
Айтканынча бар экен.
Эрен да экен, шер да экен,
Эсеби жок эр да экен.
Күлгүндөрүн күбүйүн,
Күлчоросун соёюн» –
Деп, ошентип Сарыбай
Албан түрлүү айзасын
Аркы-терки ачтады,
Жаңжалды жаман баштады.
Кайраттанып камынып,
Калуучудай көрүндү.
Ай-ааламдын баарысын
Алуучудай көрүндү.
Артык мүшкүл чоң жаңжал
Салуучудай көрүндү.
Желмогуз уулу баатырың,
Жер өрттөгөн капырың,
Эрдиги бөлөк, заары күч,
Өрттөнгүрдүн өзү ошол,
Тажаалдын кара көзү ошол,
Чын балакет өзү ошол.
Каарланып камынып,
Жай-жарагын жайланып,
Алышка чыкты камданып.
Тозгон жолу чет болуп,
Каары кызыл өрт болуп.
Жонго тартып бакырып,
Жолу болгон өрттөнгүр
Куйкаланган кутургур.
Айбат салып бакырып,
Ачууланып чакырып:
«Келчү болсоң эриң кел,
Шай колдоочу шериң кел,
Айзага камбыл ыктууң кел,
Аянбай турган мыктууң кел.
Бел байлаган белиң кел,
Белгилүү балбан, шериң кел,
Бул кайратым көрүңөр!
Көк асмандай толсоң да,
Кыйын кыраан болсоң да,
Кызыталак менден өлдүңөр.
Каарландым утамын,
Калкың турмак, жериңди
Кастарым тиксем жутармын!
Калтырбай кармап баарыңды,
Агызайын каныңды,
Кыяйын кызык жаныңды!
Күбүйүн кирдүү чаңыңды.
Багыңды кесип сулатып,
Тамыңды жыгып кулатып,
Олжолоп журтуң жыйбасам.
Талкан кылып журтуңду,
Таптаза чогуу кырбасам.
Сарыбай болбой өлөйүн» –
Деп, ошентип Сарыбай,
Сарыбай антип турганда
Заман жаман тарыды ай.
Акыр-такыр чыр салды,
Ачууланып Сарыбай,
Дөбөчөнү бир салды.
Чокморунан чок чыкты,
Дөбөчөдөн от чыкты.
Ай-ааламды орчудай,
Кез келгенден бир талды
Койбой чогуу сорчудай,
Коңутунда Сарыбай,
Туталанды кутургур.
Бөрүдөй көзү жайнады,
Каманча тишти кайрады,
Кан ичмеси кармады.
Беделинен күч чыкты,
Эки беттин отунан
Байпактап кара түк чыкты.
Каарланып камынды,
Жыргалы жылас чабылды.
Ааламды алган баатыр ай,
Каарланды капыр ай.
Кутургурдун өзү экен,
Кан агызып, баш кесчү

www.bizdin.kg

Тажаалдын кара көзү экен.
Чымырканса жан сорчу,
Чын балакет өзү экен.
Чындаган экен Сарыбай,
Артык каарды баштады.
Акыр-такыр чаң түшүп,
Кызыталак куу дүйнө
Аңтарыла таштады.
Азаланып эң апчып,
Ак аюудай жер чапчып.
Чокмор сууруп чалкалап,
Катуу жини кармаса
Көк асманды талкалап.
Көрсөң шумдук Сарыбай
Көрчү жинин момундай.
Өттүң чалгын чалыңгыр,
Өлүп жерге салыңгыр.
Бактуу шаарың байлаңгыр,
Өлүп жерге байлаңгыр.
Өкүрөндөп барсылдап,
Каарланып тарсылдап,
Камыныш кылды жолборстой,
Качырган аман болбостой.
Туталанып күүлөнүп,
Турбай эчен түрлөнүп.
Каарланып шалкылдап,
Үксөйгөндөн саксайып,
Үңкүр-Коо буткулдай.
Коңутуна келгенди,
Колуна тийсе жуткандай,
Сарыбай жайы ушундай.
Сарыбай чыкты камданып,
Жай-жарагын байланып.
Кайра жаачу ызгаардай,
Жандарга жапа муз-кардай,
Эр Сарыбай кургуруң,
Эң кайратың карасаң,
Өзөндөн соккон ызгаардай.
Желмаян менен кутуруп,
Жеп ийчүдөй жутунуп,
Капчал тоодой калдаңдап,
Эки көзү далдаңдап,
Тийсе жанды сорчудай,
Кылчайбастан бир жанды
Кыргын кылып койчудай,
Сарыбай түрү ушундай.
Чоң салмагы жер өрттөп,
Чогоолдугу элди өрттөп,
Чоң бүлүктү баштады.
Кызыталак жандан түңүлүп,
Бөлөгүрөөк эчен жан
Кырылып кете таштады.
Каарланып күйүнүп
Калк жанынан түңүлүп,
Кутургурду кудурет,
Кубу менен уруптур.
Күлчорого карата,
Куу болот найза сунуптур.
Жебеден мурун жетерде,
Шай колдогон эренди
Жетип сайып өтөрдө,
Көңүлгө батпай көп санаа,
Көп мүшкүл көрүп бечара,
Семетей уулу эр Сейтек –
Айза сунуп ачтады,
Абасына жеткизбей,
Чымындай жанды таштады.
Кыраан да экен, шер да экен,
Баатырлыгы шердиги,
Озо чыккан чагы экен.
Ойногону эр Сейтек,
Ойдо көкжал абасын
Тозо чыккан кези экен.
Түп атасы Түгөл кан,
Түбү түптүү бечара
Башка атанын баары кан,
Башынан Кыдыр даарыган.
Баатырымдын тукуму ал.
«Көбү кеткен абама,
Көмүлгөн чочко жетер – деп,

www.bizdin.kg

Каруусу кенен, заары күч,
Кокустан сайып өтөр – деп,
Болушпай койсом бекер – деп,
Абам Күлчоро көзү жумулса,
Өзөн бойлой конорбуз.
Жат душманга той болуп,
Басып соёр кой болуп,
Душман тою болорбуз.
Кайран абам жоголсо,
Кара жаак айбалта
Кайкалатпай ким ачтайт?
Калың кыргыз, көп аргын,
Кападар кылбай ким баштайт?
Долоно саптуу айбалта
Толгобой түптүз ким ачтайт?
Толгон кыргыз, көп ногой,
Муну тополоң кылбай ким баштайт?
Күлүстөн Күл абамдан айрылсак,
Өзөнгө тартып конорбуз,
Өрт өчкөндөй болорбуз.
Адырга бойлой конорбуз,
Ай баткандай болорбуз.
Жал-куйруктан айрылсак,
Сопол болуп каларбыз.
Мүйүз сынып, баш калса,
Токол болуп каларбыз.
Бирөө сынса мүйүздүн,
Күчсүз болуп каларбыз.
Эмчек бирөө кесилсе,
Сүтсүз болуп каларбыз.
Ажал жетсе өлөрмүн,
Чаркым келсе, Сарыбай
Чапчып канын төгөйүн.
Алышты арбын салайын,
Айласы толук абамды
Каарлуунун колунан
Ажыратып калайын!
Туулганда эр Сейтек,
Зордугу тоонун теңиндей.
Айла кылбай абасын,
Душманга берди дедирбей.
Көмүскө бойлой коноюн,
Көп ушинтип жүргүчө
Көк төтөгө болоюн.
Болушпастан абама
Тулпар оозун бурамын,
Шал оору тийген немедей,
Залпайып кантип турайын.
Бу кутурган Сарыбай,
Капталынан жетейин.
Кагылайын абакем,
Караан болуп кетейин!»
Телкызылын камчылап,
Теңиздин жайын сурасаң,
Эки көздөн аккан жаш
Омуроодо тамчылап,
Бели ар жакта бекчейип,
Кайнап көзү чекчейип.
Камбыл тууган кырааның
Телкызылга камчы уруп,
Тоо жоголгон урчуктан
Телкызыл оозун бурделе.
Учтуу болот найзаны
Мына ошондо эр Сейтек,
Бура кармап кол салып,
Жер уюлтуп жетти эле.
Жеткен жерде баатырды,
Эр Сарыбай капырды
Оң бөйрөктүн бети – деп,
Омуртка сөөктүн тушу – деп,
Чын өлөр жер ушу – деп,
Заары шумдук капырды,
Эр Сарыбай баатырды,
Капталынан жетти эле.
Бөйрөккө муштап өттү эле.
Жеткенинде найзасы,
Желмогуз уулу капырды
Артык экен айласы.
Өлөр жерди бек көздөп,
Каарды катуу баштады.

www.bizdin.kg

Чымын жанды эр Сейтек
Кылга байлап таштады.
Жебеден мурун жетти эле,
Жетип муштап өттү эле.
Таш муштаган немедей,
Болот найза бүктөлдү,
Болумдуу жанга күч келди.
Жолум үйдөй ак була
Сарыбайдын капталдан
Жорудай учуп буркурап,
Катуу тийген айзасы
Сексен бөлөк быркырап,
Баатырлардын, шерлердин,
Чамасы бөлөк эрлердин,
Жал-куйругу жайылды.
Күч менен тийген Телкызыл,
Кар жиликке колоңсо
Кагып салган немедей,
Кара жерге сайылды,
Шердин шер экени билинди.
Оңолуп Сейтек алгыча,
Желмогуз уулу Сарыбай
Эр Сейтекке жүгүрдү.
Бир эсебин табууга,
Оңтойлонуп оңбогур
Чокмор менен чабууга
Беленденип, белсенип,
Бери ургандай теңселип,
Капчалдай оозу ачылып,
Оозунан чыккан көкжалын
Омуроого чачылып.
Жетип чокмор саларда,
Сейтек башын аларда,
Шай колдогон Күлчоро
«Балакет» – деп бакырып,
Баарыдан эптүү көкжал кул
«Манастап» ураан чакырып,
Кынсыз кылыч салынып,
Кыямат кеткен айкөлдүн
Арбагына жалынып.
«Тукурап кеттим кан бер» – деп.
«Туура Алмамбет шер атам,
Жабыркап кеттим ал бер» – деп.
Каарланган капырга
Кан Сарыбай баатырга,
Эр Сейтекке жеткирбей
Уңгусу болот найзаны,
Оңурайтып белендеп,
Эр Сейтектин алдына
Курман болуп өлөм – деп.
Куп душманым Сарыбай,
Курчалышып көрөм – деп.
Бейпайды бекем салууга,
Белгилүү Сейтек баланы
Карылуу тажаал капырдан,
Желмогуз уулу баатырдан,
Ажыратып алууда.
Камчы чапса Кулансур
Тулпарлыгы билинип.
Алтымыш мойнок, сексен кыр,
Арыш керсе түйүлүп,
Тулпардык сыны билинип,
Туяк урса кара жер
Туш-тушунан бөлүнүп,
Сарыбайдын алдынан
Булуттай учуп чуратып.
Букара жер сеңирди
Туш-тушунан уратып.
Баскан жери быркырап,
Айза бою таш даңкан
Алачыктай чоронун
Төбөсүндө чыркырап,
Таноосунан чыккан буу
Кол ыштыктай быркырап,
Жер түгөнүп закымдап,
Сарыбайга жакындап.
Шай колдогон шер чоро
Каарлууга жетти эле,
Ал Сарыбай капырды
Как жакага муштап өттү эле.

www.bizdin.kg

Как жакага тийгенде,
Баатырсынган Сарыбай
Базар жолу байланды,
Эт бышымга айланды.
Эсин тегиз жыялбай,
Айкырып найза уралбай,
Алек болуп турделе.
Баатырдыгы момундай,
Эр Сейтекке жеткизбей,
Шай колдогон шер абам
Капырга айла кылделе.
Озунуп найза алганы,
Эр Сейтекке жеткизбей,
Сарыбай колун байлады.
Жеткилең кылып айланы,
Каралдыга жеткизбей,
Капыр жолун байлады.
Эстен танып, алсырап,
Сарыбай турду кансырап.
Баатырлыгы, шердиги,
Көп адамдан озду эле,
Шай колдогон Күлчоро
Бир сапары Сейтекти
Келчү өлүмдөн тозду эле.
Күлүстөн тууган Күлчоро
Күңгүрөнүп күүлөндү,
Албан түрлүү түрлөнүп,
Каарланып кайран шер,
Эр Сейтекке сүйлөнүп:
«Ботом, Желмогуз уулу баатырга,
Жер өрттөгөн капырга,
Ааламга жеке болууга,
Адам түгүл, жер үстүн
Жеке кайсап сорчуга.
Желмогуздун өзүнө,
Мүшкүлдүн кара көзүнө,
Жетип найза урасың,
Ар качандан бир качан
Балалык кылып турасың!
Жыйырмага жашың жетелек,
Бала убактың кетелек,
Болумдуу сөөгүң боло элек,
Он устукан, сексен сөөк,
Толкуп ташып тололек.
Өзөндү бузуп, жол салып,
Бет алган жоого кол салып,
Беттешер чагың бололек,
О балам, бозала кайкаң кыраанды,
Болжоп ашар тоо эмес,
Желмогуз уулу капырды,
Адам алар жоо эмес.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Жеткен тозок өзү экен,
Балаанын кара көзү экен.
Мен Күлчоро болгону,
Эрен көрдүм, шер көрдүм,
Кыйла тажаал мен көрдүм.
Алптар менен алыштым,
Азуулуу менен салыштым.
Көй душман менен алыштым,
Эрен көрдүм, шер көрдүм,
Эчен мүшкүл эр көрдүм.
Ат арытып жер көрдүм,
Айзалашып эл көрдүм.
Марал тосуп уй кылдым,
Басташканды буй кылдым,
Дагдыр жетип өлбөдүм.
Тозоку мындай балааны,
Жер үстүнөн көрбөдүм.
Жеткилең экен, шер экен,
Жеке чыккан эр экен.
Салмагы оор, заары күч
Айбаты артык, бою түз,
Көзү өрттөнгөн чок экен.
Биз беттешкен алптарда,
Албан түрлүү калктарда,
Шумдуктуу мындай жок экен.
Ар бир чокмор урганда,
Кайра тарткыс тар жолдон
Өтүп кала жаздадым.

www.bizdin.kg

Тирүүлүк адам жанынан,
Кетип кала жаздадым.
Үңүрөйгөн шумдук көр,
Көрүп кала жаздадым.
Касам жетип кокустан,
Өлүп кала жаздадым.
Бул Сарыбай капырдын
Денеси күйгөн чок экен,
Ааламда мындай жок экен.
Эң кайраты аткан ок,
Ойлонсок мындай балаа жок.
Желпиниште шаңданып,
Жер көчүрүп жутарга,
Келген экен камданып.
Балбандарды утууга,
Тирүүлөй койбой бир тукум,
Тегиздеп кармап жутууга,
Кайраттууну оюуга
Буй кылып тегиз союуга.
Каарланып жутунуп,
Каарын төгүп кутуруп,
Ысыгы тозок жалындай.
Ар сыягы капырдын,
Алып жутса тойбоочу,
Бет алса жанды койбоочу,
Дүйнөнүн соргок кабындай,
Сарыбай жайы момундай.
Салмагы оор, заары күч,
Салышса беттеп каары күч,
Жөн эле жандан күдөр үз.
Жан соргучтун өзү экен,
Жадаалданып бу чочко,
Кутура келген кези экен.
Өз билген чырын кылууга,
Кабылтып жанын кырууга,
Калтырбай өрттөп турууга
Калган чынар түптүү тал,
Тамыр койбой суурууга.
Такыр үрөн таштабай,
Такыр өрттөп куурууга,
Келген экен желигип,
Кутурган экен ээлигип.
Кастарын тигип какайып,
Кабылды мүшкүл Сарыбай,
Карантүн салды момундай.
Ар качуучу кең жайды,
Бүтөп чыгып баратат,
Ал арышы чочконун
Күчөп чыгып баратат.
Ал сайышы капырдын,
Четтеп чыгып келатат.
Ар сайышы капырдын,
Өрттөп чыгып келатат.
Алмадай башты жөн койбой,
Утуучудай келатат.
Асыл жанды жөн койбой,
Жутуучудай келатат.
Кайран башка бир дүмөк,
Салуучудай келатат.
Жалпы жандын баарысын,
Алуучудай түрлөнүп,
Олжо кылып Таласка,
Конобу деп турамын.
Койгулашы эң күчтүү,
Капырай, кабылган жанды
калтырбай,
Соробу деп турамын.
Алмадай башты артыкча,
Утат ко деп турамын.
Кабылганды калтырбай,
Жутат ко деп турамын.
Кез болгонду кемирип,
Коёбу деп түңүлдүм.
Бу Сарыбай каарынан,
Капырдын кылган заарынан,
Кайран жандан түңүлдүм.
Көпкөлөңсүң, чаласың,
Сарыбайга теңелсең
Балаага мыктап каларсың.
Айбаты артык, заары күч,

www.bizdin.kg

Кез болсо жанды кылар түз.
Керишке кыйын киришпе,
Каралдым Сейтек эр көкжал
Сарыбайга тийишпе.
Каарың төгүп, касташпа,
Капыр менен басташпа.
Бет алышып тытышып,
Мен Күлчоро өлөйүн!
Артыңа калып мен сенин
Бу дүнүйө алдамчы,
Кайсы кызык көрөйүн!
Каз айланбас зоодоюм,
Карааны Кап-Тоо тоодоюм.
Өзөндүү дайра булагым,
Өлчөлүү жанга ынагым.
Береним Сейтек бар го – деп,
Тукум болуп эл көктөп,
Белекке калчу ал го – деп.
Бек тилек кылып турамын.
Ажыдаардай оп тартып,
Айбаттанып сорсо да,
Азыр жутуп койсо да,
Желмогуз уулу баатырды,
Жел майлаган капырды
Бет алып согуш кылайын.
Маңдайлашып турушуп,
Өлчөө найза сунушуп,
Өпкө жарып, өт алып,
Өлөм деп карап бет алып,
Маңдайлашып барышып,
Барсылдашып салышып,
Мен беттешип калайын.
Чамам жетсе көрөйүн,
Чалдырып ийдим итке – деп,
Кайран жанды берейин.
Кайрат-күчүм барында,
Жер өрттөгөн арамга,
Кутурма тийген балбанга
Куп жаңжалды салайын.
Былкылдап куурай бышкыча,
Мыйзам гүлү учкуча,
Эчен абак толгуча,
Эсептүү алты ай болгуча,
Эрикпестен салышып,
Түз түгөнүп, түз кача,
Түгөнбөсө салышып,
Ар ажал жетсе өлөлү,
Алыш кылып көрөлү.
Маңдайлашып келишип,
Чын аябай челишип,
Кыйындап кыстоо салышып,
Кый туруп, өзөн жөлөнүп,
Кыпкызыл канга бөлөнүп,
Кыйла тозок көрөйүн», –
Деп, ошентип эр Сейтек
Эс билсин – деп, муну айтып,
Эрен тууган Күлчоро:
«Ар качандан бир качан,
Өлөрман тууган кул элем,
Көкжалдын өзү менен туушкан,
Кай жерде Манас уулу элем?!
Киши жаңжал салганда,
Канга тоймой кан атым,
Чалыштан кайра тартпаган,
Канкор чоро адатым.
Кезең-кайкы аштырбай,
Керишейин ит менен,
Таластын бетин бастырбай,
Уялуу дайра, улук журт,
Уясын бузуп чачтырбай.
Урушаарым Сарыбай» –
Деп, ошентип Күлчоро
Айбалтаны көтөрүп,
Айбатты артык кылууга
Баатырлыгы озууга,
Аргын, кыргыз кайран журт
Ажыратып калууга,
Желмогуз уулу Сарыбай
Жетип согуш салууга,
Жер бузулуп, чаң болуп,

www.bizdin.kg

Жеткилең жоосу Сарыбай
Жер өрттөгүр ал болуп,
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жандоо кырды бакалап,
Эрен экен Күлчоро
Эл-Жүрбөс чөлдү жакалап,
Каарланып желигип,
Күлчоро чыкты ээлигип.
Ат бороюн сыдырып,
Эл-Барбас чөлүн кыдырып,
Жердин үстүн уратып,
Кулансур менен чуратып,
Жеткен экен Күлчоро
Жер өзөндүн бетине.
Айдай сары талаанын,
Аркы учуктун жонуна,
Берен чоро кезикти
Сарыбайдын тобуна.
Желмогуз уулу баатырың,
Жер майлаган капырың,
Караса көзгө илинбейт,
Кайда экени билинбейт.
Өндүрүн өрттөп, жол салып,
Сарыбайдын колуна
Эр Күлчоро кол салып.
Жеткен жерин айзалап,
Жеткилеңин майдалап,
Тобун бузуп, жол салып,
Айбалта кармап имерди.
Ар кайсысын майдандап,
Алек кылып жиберди.
Кол түйүнүн чечти эми,
Козголуу душман калың кол
Узун-туура кестеле.
Тобу топтоп бөлүнүп.
Ажалдуу каны төгүлүп,
Балбандарын, эрлерин,
Кыргын кылып шерлерин,
Чөлк түшүртүп ыктуусун,
Чөөлүктүрүп мыктуусун,
Чаңга кирди Күлчоро.
Талаанын баары мунарык,
Канга кирди Күлчоро.
Урунушту урчукта,
Уңкуйган кезең тумшукта.
Уруш салып турушуп,
Жаңжалдашып урушуп,
Жаман кыргын болделе.
Ал аңгыча болгон жок,
Асман жарган чуу болуп,
Артык мүшкүл, чыр болуп,
Сарыбай колун кырды – деп,
Уккан жанга сын болуп.
Койгулашы күчөдү,
Козголгон дүмөк иш болуп,
Кайран башка күч болуп.
Бу тополоң болгондо
Жети күн тынбай аралап,
Жеткен жерин жаралап,
Туурадан чыгып зыргытып,
Бет алдына келгенин
Шыйрактан кармап ыргытып.
Ар эренин майдалап,
Ал Сарыбай кайдалап,
Күлчоро жүрөт бакырып,
Беттешкенде сапырып,
Ителгидей имерип,
Как жарылтып кол салса
Куу кумпайдай жиберип.
Каруусуна келгенди,
Карчыгадай камынып,
Каста өлүм, чоң жаңжал
Бадырекке табылып.
Ойдуң чаңдап, ой түшүп,
Кузгун, жору жырткычка
Калың олжо той түшүп,
Эрендин баары боо түшүп,
Жаңжалдашып турушуп,
Жан аябай кан төгүп,
Жабырлуу жаңжал кылышты.

www.bizdin.kg

Топурак учуп, тоз түшкөн,
Жер көрүнбөй боз түшкөн,
Жерден мунар айланып,
Адамдын көзү байланып.
Туу түбүндө эр өлүп,
Баатырсынган бөрү өлүп,
Ала көөдөн, чорт кыял
Күчкө салып сүрчүлөр,
Жоон өпкө күрсүлдөк
Мурду менен тийчүлөр,
Дарданан мынча жан өлүп.
Келберсиген чорого
Кез болгондун баары өлүп,
Сарыбай колу топ болуп,
Кыраанга жалгыз кезигип,
Кыйла адамы жок болуп.
Жан чыркырап, кан кетип,
Эрендин баары минетип,
Эпсиз жаңжал чуу болуп,
Сарыбай минтип калганы,
Желмогуз уулу балбаны.
Жети күнгө кутургур,
Элге жапа салчу экен.
Жети күнгө кутургур
Жумган көзү ачылбай,
Сунулган буту тартылбай,
Жамбаштаса кенебей,
Жаралган бенде баласын
Кындырына теңебей.
Алп уйкуну салчу экен,
Жети күнгө козголбой
Уктап жатып калчу экен.
Алп уйкусун салыптыр,
Жети күнгө козголбой
Уктап жатып алыптыр.
Калың колун кырдырып,
Бул үчүн каран калыптыр.
Колун Чоро союптур,
Кыйлаларын кыйратып,
Кыргын кылып коюптур,
Жети күнгө толуптур.
Жер майланган чочконун
Уйкусу канып болуптур.
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Бузуп иер жер таппай,
Чатакташаар эл таппай,
Бузулгур жайы ушундай.
Чамынганы жолборстой,
Ышкырыгы жыландай.
Эң кайраты капырдын
Жер көргөзбөс тумандай.
Толкуганы желге окшоп,
Эң зор кара капырдын
Тоо-таш бузган селге окшоп.
Кайратына капырдын
Жер бузулуп күлдүрлөп,
Зымдан көчкөн көчкүдөй
Жер жарылып дүңгүрөп,
Адам көөнү бөлүнүп,
Жер силкинип сөгүлүп,
Желмогуз түрү көрүнүп,
Айбаты күйгөн чок болуп,
Желмогуз уулу ал капыр
Кантип турсун токтолуп,
Ордолуусун оруптур.
Алтымыш тайлак, сексен төө
Азыкка муну бышырып,
Кол менен талап соруптур.
Желмогуз уулу капырдын,
Жер майланган баатырдын,
Желпинчү маалы болуптур,
Сарыбай жайы ушундай.
Айза жарак ачтаптыр,
Капырындын каарынан
Асты катуу кара жер,
Аңтарылып буй болуп,
Кулап кете таштаптыр,
Кутургур жайы мына бул.
Кабарынан кеп угуп,

www.bizdin.kg

Калың колуң Күлчоро
Кырып салды деп угуп,
Уйкудан туруп ойгонуп,
Жан тартчудай толгонуп,
Катуураак уктап калдым – деп,
Катууланып күйүнүп,
Калың колдон түңүлүп,
Адырмак ашуу жандоо жол,
Бул эмине болду? – деп.
Жер жайнаган сансыз кол,
Кол эмине болду? – деп.
Колдон шашып чочунуп,
Кожураган өрттөнгүр
Желмаянды токунуп,
Себил тон кийип жайланып,
Жолум үйдөй чоюн баш
Чокморуна камданып.
Сарыбай жайы момундай,
Чокморунун кыр-кыры
Мунарлап күйүп чок болгон,
Катылган жандар жок болгон.
Камынбай ал кул калбаптыр,
Кармашкан тирүү калбаптыр,
Сарыбай түрүн сурасаң –
Өңү өрттөнгөн көмүрдөй,
Муруну тоонун сеңирдей,
Көзү көпкөк темирдей,
Кабагы терең быткылдай,
Кармаш кылган карысын,
Кез болгондун баарысын,
Кабылганды соргондой,
Сакал башы капырдын
Сарапты тешип өткөндөй.
Салмагы бөлөк, заары күч,
Салышса түпкө жеткендей.
Сандап түмөн кол келсе,
Сапырылып мол келсе,
Түпкө түптүз жеткендей.
Айбаттанса кутургур
Ак мөңгү кечип кеткендей.
Кызыл жайнап от чыкса,
Кыйлалуу мүшкүл чок чыкса,
Жер бузулуп тоо болсо,
Журт бүлүнгөн чуу болсо,
Кыймылдабай былк этпей,
Туу түбүнө тургандай.
Ажал жакын арбаса,
Азыр боюн ургудай.
Жан соруучу жалаңкыч,
Жакындап карап турса да,
Бир балааны кылгыдай,
Сарыбай жайы ушундай.
Эл-Баспастын жээгинде,
Жан-Жүрбөстүн чөлүндө,
Аягы Лоп оюнда,
Баңгүбө менен Дагалак,
Дагалактын боюнда.
Керишке кирчү тону жок,
Каралды кылган жан бирге
Калкынан келген колу жок.
Капаланды Сарыбай:
«Ботом, катуу жети күн уктап,
Кокуй болгон экенмин.
Кайран жандан ажырап,
Кара көздү ыл басып,
Сокур болгон экенмин.
Атышка кийчү тонум жок,
Алдымда түмөн колум жок.
Жети күн тынбай уйку уктап,
Кокуй болгон экенмин.
Сан колумдан айрылып,
Капыя калган экенмин.
Эски дайра укуму,
Эр Манастын тукуму,
Түбүңө түптүз жетпесем.
Кылча талың бир койбой,
Кыргын кылып кетпесем.
Түгөтүп журтуң куурбасам,
Түбүңө тамыр тал койбой,
Дүмүрүң казып суурбасам.

www.bizdin.kg

Түк белгиңди койбостон,
Үрөнсүз кылып куурбасам.
Куу жыгачтай бутаксыз,
Кууругандай үрөнсүз
Бет алып сени кылбасам.
Эрдигиң эпсиз билейин,
Эр Сарыбай атанбай
Тигимден жерге кирейин!
Бузукту мурда салбасам,
Мурунка атам Желмогуз
Буудан Манас жок кылган,
Мунун өчүн албасам!
Бузукту мурда салбасам,
Жергеңдин баарын кырбасам,
Желеңди чечип бүктөтүп,
Жетимиш пилге жүктөтүп,
Калкыңды кырып узду алып,
Катыныңкырып, кызды алып,
Ырымың бузуп күч кылып,
Дүкөнүңдү түз кылып,
Адамдан бөлөк иш кылып,
Айлыңа азап айтпасам.
Ала-Тооңду майдалап,
Балбандарың айзалап,
Кырк өлкөңдү кыйратып,
Кыйланды кырып ыйлатып,
Аркыңды айдап бөлбөсөм,
Алыш кылып көрбөсөм!
Берениң кууп теппесем,
Абийирлүүңдү төкпөсөм!
Күүлөнүш кылып бакырып,
Күлүңдү өрттөп сапырып,
Абийириңди ачпасам,
Казына мүлкүң чачпасам.
Кыйырың кырып чет салып,
Кыргызым, саа өрт салып,
Барып бүктөп белиңди,
Басташып кырып элиңди,
Кетмендеп түптүз кылбасам,
Аркайган тоолуу жериңди.
Жаңжалымды күч кылып,
Жалпыңды кырып түз кылып,
Кыйланды кырып сойбосом.
Калкыңа каран салбасам,
Элиңди кырып олжолоп,
Журт бүлдүрүп калбасам,
Сарыбай болбой өлөйүн!
Кутурган экен ушу журт,
Кулжуңдашып көрөйүн.
Куп ажал жетсе өлөйүн,
Чалышарым бул кыргыз
Чалкылдашып көрүшүп,
Чабышып жатып өлүшүп,
Каарлуу казат салайын.
Калгандарын талкалап,
Так бүгүндөн калбай алайын» –
Деп, ошентип Сарыбай
Бузук көзүн жайнатып,
Капкайда жинин кайнатып,
Көпкөк темир кийинип,
Каруусу толук капырдын,
Кан төгүүчү баатырдын,
Кайраты таштай бөлүнүп,
Көпкөк темир кийинип,
Көк ала болот айза алып,
Аласкар тоодой жайланып.
Чөл кушундай уңкуюп,
Каарланды Сарыбай.
Акыр-такыр куу дүйнө
Кантип турсун тарыбай.
Жыргалың жылма чабылгыр.
Башыңа балаа жабылгыр.
Көк аскар тоо буткулдай,
Көз көргөндү жуткандай,
Көрсөң каары ушундай.
Балакет келсе, ок келсе,
Мага недир дегидей,
Басташкандын баарысын
Басып, жанчып жегендей.
Сыягы суук кенебей,

www.bizdin.kg

Алыш кылчу адамды
Айбанга чалыш кутургур,
Бучкагына теңебей.
Кайрат качып бөлүнүп,
Карааны тоодой көрүнүп,
Желмаян менен дыркырап,
Оозунан чыккан көкжалын,
Найза бою шыркырап.
Каарын төгүп күркүрөп,
Караанын көргөн баатырлар
Азат бою дүркүрөп.
Сарыбай чыкты бөлүнүп,
Атырайган айбаты
Ала аскар тоодой көрүнүп.
Сарыбайды көргөндө,
Шай колдогон Чоронун
Акылы айран бөлүнүп:
«Кабылдыкпы капырга,
Бир каруусу толук баатырга,
Тоодой иттин көзүнө,
Тозокунун өзүнө» –
Деп, ошентип Күлчоро:
«Чылгый балаа Сарыбай
Чымындан өлдү Кара дөө,
Чын кыйрады эчен дөө.
Кабары бийик, заары күч,
Канчалык жанды кырып түз.
Өрт күйгүзүп үйүмө,
Бул чабылган кутургур,
Жетер бекен түбүмө.
Агызып суудай канымды,
Кетирер бекен алымды.
Мен Күлчоро болгону,
Күлчоро атка конгону,
Көлпөйө тартып чоңоюп,
Көк арстандай толгону,
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Арстандай тапталып,
Кыйкырып жоого аттанып,
Көк болот найза колго алып,
Майданга жеке барыштым.
Албан түрлүү алп менен,
Айласы тегиз калк менен,
Өзөнүн көрүп нечендин,
Өрнөгүн көрдүм эчендин.
Маанисин билдим чечендин,
Салышын көрдүм эчендин.
Карандай кечип кан көрдүм,
Каптаган булут чаң көрдүм,
Албан түрлүү жан көрдүм,
Каза таап өлбөдүм.
Кутурган мындай балааны,
Көз ачканы көрбөдүм.
Көөдөндөн чыр деп үн чыгып,
Башыма кара жүн чыгып,
Калык жөөлөп калбайып,
Атка минип дардайып,
Мен Күлчоро болгону
Мындай балаа көрбөдүм.
Жеткилең экен, шум экен,
Жер алдында туулган,
Ааламга салган чуулган,
Чын ыймансыз бул экен.
Жергени өрттөп кетет бейм,
Жерге кирсин, заары күч
Желиксе түпкө жетет бейм,
Кызырлууну кыргыдай,
Кыйырлуу эл тийсе колуна
Кылча бирөөн таштабай,
Кыйланы кыргын кылгыдай –
Деп, ошентип Күлчоро,
Каарлуу капыр экен – деп,
Калкымды кантип берейин.
Кас ажалым жеткиче
Кармаш кыла берейин.
Салганын башка көрөйүн,
Салмагы оор капырга
Салышып жүрүп өлөйүн» –
Деп, ошентип Күлчоро

www.bizdin.kg

Журтка амузгөй элге шер,
Кара көк тууган кайран эр.
Кыдырата карабай,
Кылбалап жанды аябай,
Кызыкты кыйын баштады.
Талас үчүн, эл үчүн,
Талыкпаган арстан
Таамай жанды Күл абам,
Кылча көрүп таштады.
Керишип денең көрүүгө,
Керек болсо кайран жан
Сарыбайга берүүгө,
Кең коюп кериш салууга,
Чама толкуп, ал жетсе
Сарыбайдан кыргызды
Ажыратып калууда.
Сарыбайды көргөндө,
Буура төөчө тиш кайрап,
Кан ичмеси бек кармап,
Шай колдогон шер Чоро
Жоо жагына эң камбыл,
Журт коргону шер Чоро,
Жер киндигин уратып,
Сарыбай жоого бет алып,
Кулансур менен чуратып,
Буудан экен Кулансур
Булуттай учуп быркырап,
Жаа тарткандай дыркырап,
Көрүнгөндө көрүнүп,
Көрүнбөсө жаныбар
Көк түтүндөй бөлүнүп.
Сыр найза сунуп көтөрүп,
Сарыбайды бет алып,
Кулансур оозун бурделе,
Тиштери болот сыр найза
Кош колдоп кармап эр Чоро,
Сарыбайды урделе.
Эр Сарыбай баатырга,
Сыягы күчтүү капырга
Опсуз найза жеткени.
Уңгусу болот сыр найза,
Быт-чыт болуп быркырап,
Тутамдап туура жер калбай,
Кыйрады найза чыркырап.
Баатырдыгы, шердиги,
Телегейи теңдиги,
Ааламдан ашкан Чоронун
Жаратылган эрдиги.
Күлүстөн тууган Күлчоро
Күркүрөп кандай шер эле,
Кабагын кагып, каш серпип,
Күлчоронун салганын
Каакыча көрбөйт дегеле.
Камбыл экен Сарыбай
Өлчөлүүнүн жери – деп,
Киндиктин асты ою – деп,
Боктуу карын бою – деп,
Салмагы жетсе кутургур
Табарсыктын өзү – деп,
Алыстаса бул найза
Эки ийри такымдын
Ортодо талуу бези – деп,
Өлчөп туштап найзасын,
Көп арттырып айласын,
Өлчөлүүнүн өз жерин
Туштап калды Сарыбай.
Найза менен аянбай
Муштап калды Сарыбай.
Мүшкүл ажал өлүмдү,
Каары мынча көрүндү.
Сарыбайдын айзасы
Сексен бөлөк чыркырап,
Кул майдан болду быркырап,
Айзасынан айрылып,
Ал Сарыбай кайгырып:
«Оң мүчөсү тең экен.
Бу кызыталак Күлчоро
Кыйла жандан шер экен.
Сан колду сайып түшүрүп,
Кандын баарын сойгону,

www.bizdin.kg

Өзүмдү жалгыз койгону.
Өтүрүк эмес эп экен,
Кыргыз журтта калганда
Кылт этип жоо кирбеген,
Болот коргон чеп экен,
Болжолу жок эр экен.
Жолдош кылып куу жанга,
Шайлап кетчү эр экен.
Өлтүрбөстөн, житирбей,
Жанын кыйып бүтүрбөй,
Кол-аягын бек байлап,
Олжо кылып жөө айдап,
Мүшкүлдү каар билгизип,
Качырдан ылоо мингизип.
Алдап кетер уул экен.
Жайнап кызыл чок экен,
Жаханамда жок экен.
Жел тийбес короо чеп экен,
Бул Манастын тукумга
Бел болгону эп экен» –
Деп, ошентип Сарыбай
Эрдигине кайгырып,
Айзасынан айрылып,
Жаңжалга шайлуу ыктуу кул,
Кан агызып, жан кыйган
Канчаны көргөн мыктуу кул.
Ай-ааламды бөлгөн кул,
Дөөлөр менен салышып,
Адис болуп көнгөн кул.
Жаман жадаал баштады,
Чын кыйып жанды таштады.
Чымырканып кол калып,
Туткадан кармап имерип,
Оңтойлонуп шер чоро
Бура тартып калгыча,
Желмогуз уулу Сарыбай
Шамдагайы момундай.
Өрттөнгүрдүн өзүдүр,
Жадаалдын кара көзүдүр.
Жолум үйдөй чоюн баш
Кан төккөн ууң аралаш,
Кадимки камбыл Сарыбай,
Кабылан экен, шер да экен,
Ылаачындан ыктуураак,
Алгыр куштан мыктуураак,
Шамдагайы шердиги,
Катар келген эрдиги,
Кармай калып имерип,
Козголгуча Чорону
Өрттөнгүр мынча болобу,
Жоого ыктуу даңгыл ит,
Жол бөрүсү камбыл кул,
Кара жаак, чоюн баш
Кармай калып имерди.
Ур дегизбей уйпалгыр,
Тартып келип жиберди.
Шай колдогон кургурдун
Шамдагайы болжолсуз.
Эрдиги баштан озделе,
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Өлүмгө башты киргизбей,
Чогоол капыр акмактын
Чокморун бойго тийгизбей.
Алтын жаак айбалта
Айласы толук көй кашка,
Эр кайраты озделе.
Сарыбайдын чоюн баш,
Күл абам кайра тозделе.
Жан айласын тапты эми,
Чоюн башын жолотпой,
Уңгусу болот айбалта
Каң дегисе какделе.
Шамдагайы болжолсуз,
Шак дегизе тартты эле.
Жолум үйдөй чоюн баш,
Айбалта тийди быркырап,
Сабы колдо, башы жок,
Кулап кетти дыркырап.
Сарыбай турду кайгырып,

www.bizdin.kg

Чоюн баштан айрылып,
Эр оңолуп тургуча,
Желгенине жел жетпес,
Желмаян оозун бургуча,
Жоого адис эр Чоро
Жологонду мерт кылган.
Ай арстан шер Чоро,
Желкайыктай Кулансур
Ие тартып имерди.
Капырды Кудай берсе – деп,
Кара болот айбалта
Кармай калып курган шер,
Камбылдуу кармап имерип,
Каң дегиче чочкону
Кош колдоп тартып жиберип,
Камбыл көкжал чапканда,
Тоо кабышып чаң кетти,
Жер жарылып, дүмп этти.
Азапка Чоро чатылды,
Айбалта тийген тонунан,
Сарыбай капыр жонунан,
Алтымыш мылтык атылды.
Айбалта сынып бүтөдү,
Каруусу мол кутургур
Кайра салса кайра жок,
Көк камандай күчөдү.
Сарыбайдын барышы,
Кайраттанып күркүрөп,
Өлөбү деген Сарыбай
Өкүм сүйлөп, бек күчөп,
Салышкан сайын кутургур,
Каары кайнап, күч толуп,
Кармашчу алы бүт болуп,
Жүргөнүнөн чаң чыгып,
Кобуртунан жан чыгып.
Кирпиги жалын чок болуп,
Желпинсе болот ок болуп,
Кайратынан капырдын
Кызыталак бекер жан,
Кантип турсун токтолуп.

Салышка даңгыл эр Чоро,
Болот уңгу айбалта
Комутту кармап имерди.
Желмогуз уулу баатырды,
Кара жер жуткан капырды,
Көктөгөндү орчуну,
Көрүнгөндү сорчуну,
Канга тойбос канкорду,
Калк бүлдүргөн анткорду,
Зыянга баалап оргушту.
Журт бүлдүргүч доңузду,
Бар айланы салды эле,
Бар эсеп жагын тапчу эле.
Уңгусу болот, учу курч,
Сабына алтын толгогон,
Асемдетип оңдогон.
Керишке кенен айбалта
Ыктуу Чоро имерип,
Бир салганда миң салып,
Карсылдатып жиберди.
Айбалта кыйрап жок болуп,
Сабы колдо калды эми.
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен,
Кыйкырып кындан чыгарса,
Мизи жашыл кызарган.
Кыйкырган жоого шилтесе,
Кырк кулачтай узарган.
Шилтегенде жойлогон,
Суусаганда тойбогон.
Каарланып суурганда,
Кан ичпей куру жүрбөгөн.
Канга мыктап тойбосо,
Кайрылып кынга кирбеген.
Атадан калган мурасы,
Ойрон тууган Күлчоро
Ойкума колго алды эле.
Оңтойлонтуп Сарыбай,
Кызыр чалган шер чоро
Кылыч менен салды эле.

www.bizdin.kg

Сарыбайдын бир тону,
Сөксөөл жакса чок өтпөйт,
Очогор атса ок өтпөйт,
Мунун калыңына көз жетпейт.
Кармаша келсе кол өтпөс,
Мындай тонго кол жетпес,
Аманат жандын койчусу
Атышка кийсе ок өтпөс,
Сарыбайдын тонунан
Тешип кылыч өталбай,
Кылыч кыйрап быркырап,
Кабы куру калышты.
Качпай туруп кыраандар,
Маңдайлашып салышты.
Жай-жарактар кыйрады,
Жан аяшпай калышты.
Түптүз келип кыраандар,
Түп этектен алышты.
Түгөнгөн жанды түк койбой,
Түгөнүшүп ойлошуп,
Жадаал жини артышты.
Жан ташташып кыраандар
Жакалашып тартышты.
Тон жулунуп, быт болуп,
Таш өбөк салып тартышты.
Кулансурдун тизеси
Орноп жерге батышып,
Чымын жан таштап урушуп,
Чымындай жанды кыйышып.
Аксаландап жөөлөшүп,
Алышалбай турушту.
Асман жарган айкырык,
Чууга кирип алышты.
Айыкпаган бир азап,
Дууга кирип алышты.
Ай касаба туу болуп,
Аңдасак жаңжал чуу болуп,
Алыша албай ал кетип,
Эңише албай эс кетип,
Эң жаңжал болду минетип.
Так ошентип турганда,
Каруунун баары жутулуп,
Тондун баары тытылып,
Жер тумандап түн болуп,
Ок өтпөс тондор күл болуп,
Эки көздөр алактап,
Эки буттар салактап,
Керектүү баштар кан болуп,
Кызмат кылчу эки кол
Көтөрүлбөй шал болуп,
Керектүү дүйнө курган жан
Былкылдабай дал болуп.
Чама чарчап түгөнүп,
Кең дүнүйө тар болуп,
Тирүүгө байлат шилекей,
Бир жутууга зар болуп,
Жер бузулуп, чаң кетип,
Көөдөндү каптап, чаң жетип,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Күлчорону минетип,
Чапчышканы Сарыбай.
Каруу чама ал жетпей,
Караңгын түштү момундай.
Алыш кылып салышса,
Адам алы жетпеди.
Шай колдогон Күлчоро
Эсебин эптеп табалбай,
Эч айласын кылалбай,
Өзөк күйүп, ал кетип,
Өзгөчө тозок, калың бут
Желмогуз уулу Сарыбай,
Толуп жаткан калың күч.
«Ар бир балаа шумдукту
Бүтөп кетип баратат.
Ар алган сайын Сарыбай,
Куйкаланып кутуруп,
Күчөп чыгып баратат.
Балаалуу тозок, мүшкүлдү,
Салганы кетип баратат.
Чаңырганда чаң чыгат,

www.bizdin.kg

Чапчыса бойдон кан чыгат.
Ойронду опсуз салчудай,
Кутургурду карасаң
Оруп-жыйып алчудай,
Күжүрмөн балбан эр экен,
Күрөшкөнүн жээр экен.
Адам көрүп жанашпас,
Белде жүргөн кул экен.
Мээ кайнаган тар кыйбат,
Чөлдө жүргөн кул экен.
Кез келиптир карасаат,
Бүткөн бою кара таш,
Кабылганды кайсаган,
Ал Сарыбай карасаат.
Чын жалаңкыч өзүнө
Балаанын кара көзүнө,
Кезиктирди кудурет,
Кара тажаал өзүнө.
Акырында бир мүшкүл,
Көрмөк болгон экемин.
Чымындай жаным чыркырап,
Талкандай сөөгүм быркырап,
Карыптыгым көрүнүп,
Кадырман каным төгүлүп,
Ачылбай көзүм сүзүлүп,
Чыркырап жаным үзүлүп,
Көрмөк болгон экемин.
Каарлуу капыр колунан,
Өлмөк болгон экемин.
Балбан экен, эр да экен,
Как мүшкүлдүн өзү экен.
Түпкө түптүз жеткидей,
Түгөтүп кырып кеткидей,
Салышты миң сан салгыдай.
Капырыңдын салмагы,
Сан адамга баргыдай.
Бет алгандын баарысын
Эңкейтип эшип жаргыдай.
Эстелүү мүшкүл, миң тозок,
Эсил башка салгыдай.
Түп тамырды сууруп,
Тукумду туздай кууруп,
Түпкө чогуу жетет ко,
Дүркүрөдү кутургур,
Түк калтырбай кетет ко –
Деп, ошентип Күлчоро –
Капа болду күйүндү,
Кайран жандан түңүлдү.
Бышты жаны чок болду,
Ушаланып уйпалды,
Убайым тартып сыйпалды.
Көңүлү капа бөлүндү,
Туура ойлосо куу дүйнө
Тутамга чалыш көрүндү,
Туура заман бөлүндү.
Тутанышкан куу дүйнө,
Турбай кетет куу дүйнө,
Арстан элем, шер да элем,
Абийирим калың эр да элем,
Кең Таласта жатканда
Курсагым ачса кайран баш,
Куйруктан кесип жечү элем.
Курган баш аман барында
Балакет кайда дечү элем.
Бүгүн заман чарчап, ал кетип,
Сарыбайга кезигип,
Салмагым кетти минетип.
Деги күчөп бул капыр,
Темирлүү торго салат бейм,
Деги койбой жанымды
Кулжуңдаган кутургур
Курмандыкка чалат бейм» –
Деп, ошентип Күлчоро
Өлбөй-житпей муңканып,
Өкүнчү кылып нетейин,
Чөкүлдөгөн ит менен,
Бир өлүшө кетейин.
Каз кылып найза сунайын,
Кас ажалым жеткиче
Кармаш кыла турайын!

www.bizdin.kg

Каар соккон капырга,
Бул Сарыбай баатырга,
Баатырлыгы темирдей
Чамасы кетип Күлчоро
Чалдырып ийди дедирбей,
Беттеп айза сайышып,
Бек тиштенип Күлчоро
Бет алышып калышты.
Жакадан тартып чоюшуп,
Карсылдашып кыраандар
Кабыргага коюшуп,
Катуу жаңжал кылышты.
Кара жанды чын таштап,
Карсылдашып турушту.
Бет алышып турушуп,
Мээнет тартып урушуп,
Акылдын баары үрөлүп,
Азыктын баары түгөнүп,
Астындагы тулпардын
Эти калды көк жашык
Каны калды бир кашык.
Элсиз, күнсүз четтешип,
Эси кетип беттешип,
Күлчоро минтип турду эле.
Муну мындай таштайлы,
Быягынан баштайлы,
Алекти мындай болорбу,
Алек кылган ааламды
Сарыбай капыр оңорбу?
Желмогуз уулу Сарыбай,
Алышар жоого маш экен,
Каруусу зындын ташы экен,
Жаралган карасаат экен.
Шай колдогон Күлчоро,
Чымырканды күйүндү,
Чымындай жандан түңүлдү,
Сырттан кайдан аянды.
Ичи-сырты күйгөн от,
Сарыбай мүшкүл балакет,
Чама чарчап, муун бошоп,
Кулансур оозун бурду эми.
Алапайын табалбай,
Айбалтаны таянып,
Эр Күлчоро турделе.
Кас ажал жетсе өлүүгө,
Каралды Чоро көкжалга,
Караан болуп берүүгө.
Карсылдашып салышып,
Өлбөгөндөн калышып,
Ал жетсе күчкө салууга.
Шай колдогон Күлчоро
Каарланган капырдан,
Кан Сарыбай баатырдан,
Тиштесе бөлгөн жырткычтан,
Кармаса жуткан жуткучтан,
Элким өзү болгондон,
Кабыланды көп кайсап,
Ажыдаардай соргондон,
Касылган чуңкур орунан,
Каарлуунун торунан,
Кара тажаал колунан,
Ажыратып алууга,
Аябай бүлүк салууга.
Ай-ааламды шаштырып,
Ардай болгон Буурулун,
Алчаңдата бастырып,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк асманды тиреген
Кап-Тоосундай көрүнүп.
Айбаттанып акырып,
Белгилүү Күлчоросун
Бек отур – деп бакырып,
Берен көкжал эр Семең,
Бепбелгилүү эр немең,
Кайып болуп кабылып,
Кайра жаны табылып.
Жана шердин оюна,
Жаңыдан акыл табылып.
Балаалуу мүшкүл салууга,
Баатыр Күлчоросун

www.bizdin.kg

Ажыратып алууга,
Жан аябай сөгүлүп.
Жана түрүн карасаң,
Жан алгандай көрүнүп.
Алдыңкы эрди албайып,
Аштыкчынын кабындай.
Тиктегенде каарлуу көз,
Өзөнгө бүткөн жалындай,
Сакалы саадак кабындай,
Оозундагы илеби
Көөрүктүү оттун жалындай,
Көрсөң төрө момундай.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Кулатпаган асмандын
Тирөөсүндөй көрүнүп,
Көрсөң көкжал момундай.
Туюкту бузуп жол салып,
Сарыбайга кол салып,
Ай-ааламды шаштырып,
Алдындагы тулпарын
Алчаңдата бастырып,
Артык айбат кылделе.
Жер асманды желпитип,
Жетип найза салделе.
Канкор сайган айзасын,
Сарыбайдын айласын.
Сайган менен өлгөн жок
Канкоруңдун айласын,
Сен кимсиң деп көргөн жок.
Серпишке кирди кенебей,
Жүрөк чочуп, көөн бошоп,
Бучкагына теңебей.
Желмогуз уулу эр экен,
Жетсе жанды жээр экен,
Убара болуп, жоо издеп,
Жүргөндүгү эп экен.
Ал Сарыбай капырга,
Сандан чыккан баатырга,
Сандаган күч аябай
Экөөлөп кол салды эле.
Козголгондон былк этпейт,
Былк этпеген себеби
Тулку бою кара таш,
Тушуккан жоого болгон маш,
Сарыбай жайы ушундай.
Кез келгенден өрт кечип,
Чок жыттанган Сарыбай,
Алптар менен кармашып,
Эңкейтип алпты көп алып,
Оюлган сайроо белди алып,
Олжо кылып элди алып,
Ок жыттанган Сарыбай.
Куу желмаян баспаган,
Чөлдөн бирөө калбаган,
Куу найза дал тийбеген,
Элден бирөө калбаган.
Кезиккенди кемирген,
Кабылганды кайсаган.
Жонок бузуп, жер кылган,
Жологонду эл кылган.
Кыйкырыгы таш жарган,
Эң кайраты баш жарган.
Айзасын болот орогон,
Алышкан душман кологон.
Кезигишкен мент болгон,
Тушуккандар мерт болгон,
Сарыбай жайы ушундай.
Капыр экен Сарыбай,
Кайран экен, эр да экен,
Ашып чыккан неме экен,
Өчүрүүгө чок таппай,
Атышууга ок таппай,
Каарланып күркүрөп,
Кагылышып көп жандар,
Азат бою дүркүрөп.
Бараңын башка октоду,
Аңтарылбай ушу жер,
Калыңынан токтоду.
Күрүлдөдү, күүлөндү,
Чын жалаңкыч түрлөндү.

www.bizdin.kg

Каарды катуу баштады,
Каарына не балбан,
Кулап кете таштады.
Кайраттанып абыдан,
Карап өлчөп көргөн жан,
Катуу коркту жанынан,
Чымырканды абыдан.
Чындап каарын баштады,
Чын балакет кантет – деп,
Малы түгүл жанынан
Чын эле кечип таштады.
Кайратынан күйүндү,
Кайнап жаткан түмөн кол,
Жанынан тоюп түңүлдү.
Ажалдуунун адалы,
Азыр каалап жетишти.
Ажалы жок кээ бир кул,
Жер-жерине кетишти.
Көп адам жандан шашылды,
Түк адам турбай чуу туруп,
Кыйла адамдар качышты.
Шашып качкан себеби:
Семетей менен Күлчоро
Бул экөө кандай шер эле,
Экөөнө моюн бербеген,
Сарыбай кандай эр эле.
Акыр-такыр чырдашып,
Эрендигин сынашып,
Айкырып айза сунушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Кээ бир эрге кээ-кээде
Кокустан айза жетиптир.
Кылча калбай жалгызы,
Кыргын болуп кетиптир.
Белеске кээ жан токтоптур.
Баланча жерде бир боорум,
Бая минтип өлдү – деп,
Кээ бирөөсүн кээ бирөө
Оңгурашып жоктоптур.
Жоктогондун кыйласын,
Желмогуз уулу Сарыбай
Малча жалмап оттоптур,
Кезиккенди жанчыптыр,
Кээ бирдин демин басыптыр.
Кыйла кыйрап өлүптүр,
Кыйла мүшкүл, чоң азап
Сарыбайдан көрүптүр.
Семетей менен Күлчоро
Шай колдогон шер кандай.
Экөөнө моюн бербеген
Сарыбай өңдүү эр кандай.
Алда Таала бендесин
Жаратат экен ар кандай.
Добушу күйгөн чок болду,
Каарлуунун колунан
Карасаң эчөө жок болду.
Желмогуз уулу капырдын,
Эрдиги элге билинди.
Эстеринде кыйла жан
Чымындай жандан түңүлдү.
Айкырганда капырдын
Кайраты мунар чок болуп,
Каршы чыгып айза урган,
Эренден жаңгыз жок болду.
Желмаяндын оозун
Буруп турду, Сарыбай.
Жеткен эрин чокморлоп
Уруп турду, Сарыбай.
Кез болгонду күл майдан
Кылып турду, Сарыбай.
Балбандарды, эрлерди
Утуп турду, Сарыбай.
Эки эримден бөлөгүн,
Ээ дегенге ал койбой,
Эстесе чымын жан койбой
Соруп турду, Сарыбай.
Эрки менен өзүнчө
Буулап турган Сарыбай
Шай колдогон эки шер –

www.bizdin.kg

Балбандыгы, эрлиги
Озуп турду ошо жол.
Алмак-салмак айза уруп,
Аркы-терки атышып,
Артыкча балаа мүшкүлгө
Артык кирди чарпышып.
Кеземе-кезек урушуп,
Жан ташташып урушат.
Эрин жалап, тиш чайнап,
Амызданып көз жайнайт.
Кагышты катуу баштады,
Кайран жанды эл үчүн
Курман кылып таштады.
Эл-Баспастын чөлүндө,
Кезеңди бери аштырбай,
Кежилдешип кан төгүп,
Сарыбайды бастырбай,
Салышы катуу болделе.
Күлчоро менен Семетей
Каарланып сабылып,
Сарыбай душман кабылып,
Сарыбайдын баркынан
Жаратканга таарынып.
Кетмендеп чачса түгөнгүс,
Сары адырмак бел кылдың.
Ала-Тоону жер кылдың,
Кыргызды бизге эл кылдың.
Сарыбайга ал жетпей,
Мынча неге кем кылдың?!
Ушу сапар жараткан
Кара жер менен тең кылдың.
Кас ажалы чын түйүп,
Жаңылбастан алсаңчы!
Асты кабат кара жер,
Суук бооруңа салсаңчы!
Эрим дебей, шер дебей,
Жараткан жалгыз алсаңчы!
Оболу мурда жаратып,
Ай-ааламды жөөлөштүң.
Аягында жанымды,
Киндикти алган жеримди,
Киштелүү кайран элимди,
Сарыбайга ээлеттиң.
Желмогуз уулун эр кылдың,
Күлчоро менен Семетей
Кара жер менен тең кылдың.
Жан жаратып жүргүздүң,
Алчайтып атка мингиздиң,
Ай-ааламды билгиздиң.
Сарыбайды эр кылып,
Адамдан жаман күйгүздүң.
Каруусу толук кан жетти,
Кармашып жатып ал кетти.
Каруусу кең Сарыбай
Кармашканда жүдөттү.
Телегейди тең кылдың,
Деги жаман кем кылдың.
Аягында душманга
Ал кетирип, жем кылдың.
Мынча неге жараткан,
Боконону кем кылдың.
Кереленип күйүндү,
Семетей менен Күлчоро
Кемип жандан түңүлдү.
Чама чарчап ал кетип,
Денеден дарман ал кетип.
Экөөнө моюн түк бербей,
Семетей кирип кол салып,
Комуттуу көкжал жетти эле,
Баатырлыгы озду эле.
Маңдайынан бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Көкжал эриң тозду эле.
Ак келтесин октотуп,
Он эки күн ок атып,
Сарыбайды токтотуп,
Озуп турду канкор шер,
Ал Сарыбай капырды
Тозуп турду каңкор шер.
Сарыбайды жутууга,

www.bizdin.kg

Арыш кылды кайран шер.
Он беш күнү жан тынбай,
Салыш кылды кайран шер.
Мына ошондо Сарыбай,
Кайраттанып камдады.
Тозокунун заарынан
Толкубай адам калбады.
Каарланып күүлөнүп,
Сарыбай чыкты сүйлөнүп:
«Мен Сарыбай эр атым,
Качан болсо калк кырган
Түбүнөн берки адатым.
Менин атам, Желмогуз,
Желиксе өрттөйт бу доңуз.
Жергелүүңдү кырамын,
Өз билгеним кыламын.
Кабылганды кайсаймын,
Кара-Кум тарткан куу чөлгө,
Желмаяным туйлатам,
Жеткенде жетик кыйратам.
Өзөндүүнү чаң кылам,
Кез келгенди даң кылам,
Каарлуумун утамын.
Кашык канын агызбай,
Кармашканды жутамын.
Бараандуу жандын жинимин.
Ичсе канга тойбогон
Балакеттин биримин.
Баатырдан мыктуу сөгөрмүн,
Кайран башым барында
Басташкан каның төгөрмүн.
Душман жакка чебермин,
Белди бекем бууп чыктым,
Жеткилең атам Желмогуз
Ата кунун кууп чыктым.
Ылоо төө байлап тиздедим,
Ат арытып жер басып,
Айкөл кандын тукуму
Атайын өчүм алууга,
Атайы сени издедим.
Ашуу ашып, таш бастым,
Түз түгөтүп, бел бастым.
Тулпар атты арыттым,
Туура эренди карыттым.
Чапчышып чыр саламын,
Ата кегин аламын,
Айылыңа азап саламын.
Өзөндүүңдү бурамын,
Өткүрлөрүң кырамын.
Баштыгыңды жоёмун,
Баатырларың талкалап,
Таптакыр кырып коёмун.
Атам маркум сурасаң,
Эр Сарыбай боломун.
Таш каптаса жер жеткис,
Адырмак ашуу белдирмин.
Ай-ааламды буй кылып,
Эр Сарыбай мендирмин.
Эр Сарыбай шер атым,
Ааламды буй кылган
Качан болсо адатым.
Мен Сарыбай ойноймун,
Он бир жыл тынбай салышсам
Ойронум, сени койбоймун.
Бардыгер жиниң кагамын,
Эсебиң эпсиз табамын.
Жологонуң оромун,
Жолукканды куткарбай
Аймап-чайнап соромун.
Ааламга чыккан атагым,
Дүйнөгө батпайт чатагым.
Кабылса жанды соромун,
Эр Сарыбай боломун.
Кең-Колдон бузам айлыңды,
Олжо кылам зайыбыңды.
Түгөтөм түпсүз чараңды.
Талкалап кырам балаңды.
Бүктөп салам белиңди,
Чөл түшүрөм элиңди.
Көзүң ачык калбагын,

www.bizdin.kg

Армандуу болуп албагын.
Балбан экен Сарыбай,
Балбандык кылды дебегин,
Убайым минтип жебегин.
Бел байлаган белиңди ал,
Бекип аткан жериңди ал.
Каз айланбас зоо камда,
Каргылуу кара тоо камда.
Өзүңө досту кол чыкыр,
Жер силкинтип, мол чыкыр.
Караан чакыр, бел чакыр,
Болумдап согуш салуучу,
Кайрат жетсе алуучу,
Армандуу болбой эл чыкыр,
Дегениңе көнөмүн.
Колуң чубап келгиче,
Отуз күн мөөнөт беремин.
Чыбык кармап кыямын,
Козгобой колум тыямын.
Отуз күнгө толгондо,
Чын убада болгондо
Өндүрүң бузуп өрттөймүн,
Өлтүрбөй сени кетпеймин!
Тамыңды жыгып уратып,
Чырпыгың кыйып сулатып,
Чын балакет саламын.
Чымынча кылың таштабай,
Чындап баарың аламын.
Төрөлүңдү соёмун,
Кылча бирөөн таштабай,
Кыргын кылып коёмун.
Баштыгыңды утамын.
Бардык кыйлаң жутамын.
Кабылганды кайсаган,
Кан Сарыбай болормун.
Калтырбастан бир кылың
Канчаңарды соромун.
Оройлук кылсам окустан,
Ороңдоймун кокустан.
Күндүз эмес түнүмүн,
Ичсе канга тойбогон,
Алышса жанды койбогон
Эр Сарыбай өзүмүн,
Тажаалдын кара көзүмүн.
Жеткен кара балаамын,
Желиксем сени алармын.
Тоону бузуп сапырып,
Тобуңду чечем жапырып.
Каарланып качырсам,
Кашык сындуу каныңыз,
Калбайт деги алыңыз.
Армансыз кылдым билиңиз,
Ачууланып айкырсам,
Кылайып калбайт түгүңүз,
Тирүү калбайт бириңиз.
Темир өзөк өзүбүз.
Жалган эмес сөзүбүз.
Жалынсаңыз жан калбайт,
Жадаал салып качырсам,
Кыргызым, сенден ал калбайт.
Олжого жалгыз мал калбайт,
Элиң түгүл баш калбайт,
Жериңде бир тал таш калбайт.
Тирүүлөй байлайм дөөңдү,
Жайнатып чагып мээңди,
Адырдан тием бээңди.
Бел байлаган белиңди.
Каарланып какайсам –
Бузам эки дөөңдү.
Чындап жиним кармаса,
Чыгарамын мен сенин
Капкайдагы кээңди.
Жабыркатам көчүңдү,
Жайлап алам өчүмдү.
Ордоңду тепсеп жүн кылып,
Ойрондоруң кул кылам.
Менин атым Сарыбай,
Желмогуздун баласы.
Жетет элге чамасы,
Желиккенин карачы.

www.bizdin.kg

Чөлгө кирсе Сарыбай,
Чөөлүкпөстүн биридир.
Какырга тиксек чатырдай,
Кайра тартпас эр кулуң
Каңга найза матырбай,
Жалаңкычмын, шердирмин,
Жан кыюучу эрдирмин.
Жапага салган ааламды,
Эр Сарыбай мендирмин.
Каарланып качырдым,
Кайраным, аман калбайсың.
Кезим келди кемирем,
Убагым келди теминем.
Ата кегин албасам,
Басылып кантип желигем.
Мен Сарыбай эр атым,
Ар качандан бир качан
Кыла жүргөн санатым.
Каңга мыктап тойбосом,
Ичимде кегим койбосом,
Кайра тартпас адатым» –
Деп, ошентип, Сарыбай
Төктү каарын бир далай,
Тилегиң ташка чабыл ай.
Ырасын айтат Сарыбай:
«Төргө кудук казышам,
Төрт түлүктү чачышам.
Өндүр жөөлөп конушам,
Өз эркимче болушам.
Кас душманды утармын,
Кабылса жанды жутармын.
Бүлүктүүнүн өзүмүн,
Мүшкүлдүн кара көзүмүн.
Кабылганды кайсаган,
Кара тажаал өзүмүн.
Кайсап элди жутууга,
Кастар тигип жүрөрмүн,
Белести жөөлөп конормун.
Бек арманың калбасын,
Берен сени сорормун.
Экөөлөсөң экөөлө,
Өзүм татыйм жекеле
Түзөңдү бойлой конушкан,
Улук жыйгын, кол жыйгын,
Колдун баарын мол жыйгын.
Чамам жетик сайышам,
Жаңжал салып урушуп,
Койгулашып турушам,
Каарландым союштум.
Эр Сарыбай атагым –
Жер-жердеген бендеге
Жетет менин чатагым.
Баатырдыгым, эрдигим,
Башка менин шердигим.
Дайрага салса батпаган,
Кургуй балаа тартпаган,
Өрткө салса күйбөгөн,
Очогор огу кеспеген,
Мен Сарыбай баатырды
Болот айза тешпеген.
Болбогурдун өзүмүн,
Толкуп жиним кармаса,
Тобуңду топот бир кырып,
Тоңкойто саяр кезимин.
Эл дүрбөтүп, кол жыйнап,
Тамыр-досту мол жыйнап,
Берен жыйна, бел жыйна,
Бекип аткан жер жыйна.
Казылуу чуңкур, ор камда,
Мен чалынып түшөргө
Темир аркан тор камда.
Аалам чалдым сен тургай,
Дөө, алптардын эченин
Кырдым, сойдум сен тургай.
Менин атым Сарыбай» –
Деп, ошентип, кутургур
Каарын төгүп күүлөнүп,
Кан чуурулуп кийинип,
Кан иччү түрү билинип,
Эң кайраты таш жарып,

www.bizdin.kg

Күрсүлдөгөн доңуздун
Күүлөнүшү баш жарып.
Ал күркүрөп турганда,
Кабылан төрө каңкордун,
Өрттөй көзү жайнады.
Кан ичер түрү кармады,
Каарды катуу баштады.
Сарыбай алса мына – деп,
Чымындай жанды таштады.
Тайбуурул санга бир салып,
Уңгусу болот найза алып,
Жанына кылыч байланып,
Шер экени билинип,
Өлүм десе сүйүнгөн
Кан ичип жүрүп катыккан,
Кайран көкжал атыккан.
Берен ошол, шер да ошол,
Беттештен кайра тартпаган
Белгилүү көкжал эр ошол.
Сарыбай каарын салганда,
Тегерегин карабай,
Деги жанын аябай,
Тегиз тууган көкжал ай,
Себилдүү тону сексен төрт,
Серп алышы кызыл өрт.
Артык да ошол, бел да ошол,
Айшары – Сарыбай.
Атыш кылчу жер ошол.
Буурул оозун бурделе,
Күрдүү болот айзаны
Сарыбайды бет алып,
Күркүрөтө сунделе.
Өлөр жердин өзү – деп,
Өлчөлүү жердин көзү – деп,
Мелжемдүү жерин туштады.
Берен тууган кабылан,
Эр Сарыбай баатырды
Бет алып, кирип муштады.
Таш муштаган немедей,
Болумдуунун айзасы
Быт-чыт түшүп быркырап,
Кум талкан түштү чыркырап.
Айзадан айла кеткен соң,
Асынып алса жарыктык,
Айдалынын айнеги
Айкашкан жоону бир атса,
Аманат жандын эрмеги.
Атадан калган Ак келте,
Курчтугу жанга сынаакы,
Тукумга калган мураапы,
Жоону беттеп атканда
Огу көздөп атылган,
Ажалдуу душман катылган.
Куюлган огу колодон,
Куп душман көрсө кологон.
Болжолу жок Ак келте,
Каарланып имерсе
Ажалдууга атылган,
Азапка өзү чатылган.
Дүп дегенде ал кеткен,
Түтүндөн мурун жан кеткен.
Атылган болот Алмабаш,
Ыраак-жуук ылгабас.
Канкор шердин Ак келте,
Атылса тирүү баспаган,
Ар жоого каран баштаган.
Каптап тийсе душманга,
Тутам сөөгүн таппаган.
Машаасы жибек толгогон.
Байкалуу жоого болжогон.
Бадышаңдын Ак келте,
Мергендикке тазасы,
Ар убактан бир убак
Белен турган машаасы.
Буурул оозун бурделе,
Чыканактын тушу – деп,
Кара таштан бүтсө да,
Чындаганды сорсо да,
Чын балекет болсо да,
Өлчөлүү жердин өзү – деп,

www.bizdin.kg

Өлө турган кези – деп,
Ак келте менен урделе.
Келте чыкты тарс этип,
Жер жарылды күркүрөп,
Кыймыл этип кылт этпейт,
Кыйын тажаал Сарыбай
Деги кыйшаң этип былк этпейт.
Өлөмүн деп кенебейт,
Көк жалыңдын келтесин
Кындырына теңебейт.
Келте огу кеспеген,
Келген балаа жан экен,
Бараңдын огу батпаган,
Жеткен шумдук ал экен.
«Ата, Кудай алган Ак келте,
Мен жоголуп кеткенде
Кумдагын жарып ат басып,
Ички сайын дат басып,
Келтени дат басканбы?
Балакет чырмап алганбы?
Каардуу мүшкүл көрөмбү,
Сарыбайдан өлөмбү?» –
Деп, ошентип канкор шер
Кайгыланып турделе.
Кара тажаал Сарыбай
Катуу балаа кылделе.
Жолум үйдөй чоюн баш,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Заары калың капырың,
Жоо бөрүсү баатырың
Айкырыгы таш жарып,
Кыйкырыгы баш жарып,
Дүмөк салып күүлөнүп,
Соруучудай түрлөнүп,
Желмаян оозун бурделе.
Жетик шердин өзүнө
Жолум үйдөй чоюн баш,
Көтөрүп келип урду эле.
Көтөрүп келип урганда,
Сарыбай мүшкүл кылганда,
Көк темирден туулга,
Көрүмдү болот калканы,
Калкандын чыкты талканы.
Калкан кетти быркырап.
Жан-жагына чок болуп,
Сыныгы түштү чыркырап.
Баатырдыгы, шердиги,
Баш күнтөдөн озуптур,
Баатырымдын чымын жан
Көпкөк темир туулга,
Болот топу чарайна,
Ошол экөө тозуптур,
Көкжал аман калыптыр.
Кайра оңолуп чапкыча,
Жан эсебин тапкыча,
Шай колдогон Күлчоро
Сапыртып жерди уратып,
Салыш кылып кайран шер
Ажал жетсе өлүүгө,
Айла болсо көкжалга
Кадырман султан абама,
Артык көкжал кыраанга,
Каралды кылган канкорго,
Караан болуп берүүгө.
Кайран Чоро канетсин,
Жер майланган Сарыбай
Каруусу кенен капырга,
Кан жутуучу баатырга.
Кутургурдун өзүнө
Беттеп айза салды эле,
Жер желпинтип жетти эле.
Жеткен жерде капырды
Жана муштап өттү эле.
Муштаса доңуз өлгөн жок,
Өнөгүн жанга берген жок,
Кайра баштан Сарыбай,
Оору-дарты оңолуп,
Оңураңдап чоңоюп,
Бүтөп кетип баратат.

www.bizdin.kg

Баштакыдан чамасы,
Эр Сарыбай капырдын,
Күчөп кетип баратат.
Сарыбайдын заары,
Толкуду көлдөй каары,
Чын мүшкүлдү баштады,
Ай-ааламды бу доңуз
Соруп ие таштады.
Мына ошондо канкор шер,
Өлбөгөндөн калышты.
Күлчоро менен Семетей,
Бала көкжал эр Сейтек
Ортого алып салышты.
Күндө тынып калбастан,
Күн тынымын албастан,
Чыканактап уйку алып,
Чырым этип тынч албай,
Күндөп-түндөп салышып,
Өлбөгөн жерден калышып,
Канкорлордун белгиси,
Сарыбай менен алышып,
Кара тажаал өзү экен,
Мүшкүлдүн кара көзү экен.
Чапчышып чама жеталбай,
Чабышып чама келалбай,
Ал Сарыбай капырга,
Чама жетпей баатырга,
Сарыбай жалгыз, берки үчөө
Бет алышып урушуп,
Бек жаңжал салып турушуп,
Айла-акыл кетип үрөлүп,
Табалбай айла түгөнүп,
Талыкпастан турушту,
Талкалашып урушту,
Ким көргөн мындай жумушту.
Кезме-кезек салышып,
Кеңгиреп эстен талышып,
Тоо таянбай талаалап,
Толгон жерди жаралап,
Сай жаналап талаалап,
Сандаган жерди аралап,
Мындай жумуш кылышып,
Күндүз жатып түн тынбай,
Күрсүлдөшүп урушуп.
Толгон мөрөй утулуп,
Тондун баары тытылып,
Ойлоп куу жан кысылып.
Ок өтпөстүн баарысы
Быт-чыт чыкты тытылып.
Муун түгөнүп ал кетип,
Сарыбай турду минетип,
Салышканды жүдөтүп.
Кайран шерлер күйүнүп,
Күн түгөнгөн экен – деп,
Кайран жандан түңүлүп.
Жай түгөнгөн күйүнүп,
Жан ажалдан түңүлүп.
Берениң кайдан аянып,
Белеске көкжал таянып,
Каар салып бакырып,
Карааны Сейтек баланы
Күлчоро экөө чакырып.
Кейип сүйлөп, кол курап,
Керезин айтып коңгурап:
«Бел байлаган береним,
Бетимдеги Күлчоро –
Табылбас кымбат буюмум.
Каралды кылган Сейтек жан –
Жанымдагы жарагым,
Жаным бирге карааным.
Жазайылды, мүшкүлдү,
Көрүп калган экенмин.
Дубакерге байлатып,
Азгырчууга айдатып,
Айрылып бу жан кеткенде,
Кайыпчыга жеткенде,
Кайгырып калган экенмин.
Канча эрдиктен кайран жан,
Айрылып калган экенмин.
Болот күчтөн айрылып,

www.bizdin.kg

Келип калган экенмин.
Болбогон алдан ажырап,
Өлүп калган экенмин.
Артык айла күчүмдөн,
Э, балдар, танып калган экенмин.
Чын өлүүчү чын жайга,
Барып калган экенмин.
Чапчышууга чама жок,
Сандан кеткен экенмин.
Белим кетип бекчейип,
Көзүм кетип чекчейип,
Чама чарчап алсырап,
Күчүм кетип далдырап,
Оттой жандан күч кетип,
Оңбой калган экенмин.
Баштагыдай чама жок,
Болбой калган экенмин.
Эрлик-шерлик күч кетип,
Эстесем чама бүт кетип,
Көрмөк болгон экенмин.
Сапарым карып дүйнөдөн,
Көрмөк болгон экенмин.
Акырында Сарыбай
Бул карылуу, мен алсыз,
Өлмөк болгон экенмин.
Адегенде кудурет,
Аалам бузган шер кылды,
Телегейим тең кылды.
Сарыбайга ал жетпей,
Азыр күндө кудурет,
Кара жер менен тең кылды.
Чөйчөк сындуу кара жер,
Көргө кирмек болупмун.
Бул Сарыбай капырдан
Мүшкүл тозок каарды,
Көрмөк болгон экенмин.
Каза жетип, күн бүтүп,
Өлмөк болгон экенмин.
Бел байлаган белиңди,
Алдырып ийип душманга,
Аргын, кыргыз элимди.
Акыл айран, ич күйүп,
Көңүлүм көп-көп бөлүндү.
Кызыталак куу дүйнө,
Кыдырлуу кымбат төрөгө
Кылчайбай кетет көрүндү.
Кайран көздөр жумулса,
Кара жаак зулпукор
Кайкалатпай ким ачтайт.
Калың кыргыз айкөл журт,
Капа кылбай ким баштайт.
Сары адырмак бел калса,
Журт жайлаган жер калса,
Көөдөндө болот көп арман.
Өбөктөшүп өлтүрүп,
Көмгөн экен шум жалган.
Берен башка күч кылып,
Өлөр кезде Сарыбай
Кара тажаал мүшкүлдү,
Кайран жанга туш кылып,
Чапчып салды чаманы,
Чапчышып салды балааны.
Белди бүктөп мекчейтти,
Эки көздү чекчейтти.
Кас ажалды жеткизди,
Каруунун баарын кетирди.
Айла кетип үрөлүп,
Азык-аш тамак түгөнүп,
Ат ыргайдай боз торгой,
Айланын баары түгөндү.
Кандар калды бир кашык,
Этибиз болду көк жашык».
Дене качып, муун кетип,
Сарыбай турат минетип,
Жутам деп жанды жүдөтүп.
«Атасы талак Сарыбай,
Айылды берсе оңбойт ко.
Жалынсак жанды койбойт ко,
Багынган жакка барбайт ко,
Басташып кыргын салышсак,

www.bizdin.kg

Кашыкча кан калбайт ко.
Жалдыратып көзүңдү,
Жалынсаң укпай сөзүңдү.
Каралды кылган Сейтек уул
Өлтүрөт белем өзүңдү.
Өкүлдөгөн кутургур
Кыйкырып, чукуп көзүңдү.
Суудай төгүп каныңды,
Кетирет белем алыңды!
Эсепке алып укумду,
Жаңгызың койбой жалмайт ко,
Арттагы Сейтек тукумду.
Агызды белем азапты,
Наркы жуткуч Сарыбай,
Берген белем жазайды.
Көргөздү го кордукту,
Кылды белем чоңдукту.
Салды белем куу жанга,
Тирүү жан тартпас кордукту.
Катууланып казатты,
Тирүүлөй берип азапты,
Өрттөп ийди билекти,
Өрттөду кайрат жүрөктү.
Салды белем бу башка,
Ай-аалам көрбөс дүмөктү.
Желмогуз уулу капырга,
Жазайыл атсам чок өтпөй,
Ак келте атсам ок өтпөй,
Кутурган итке кол жетпей.
Эсепти эптеп тапты го,
Эсил журтту чапты го,
Каары катуу кутургур
Качанкы жинди какты го.
Өткөрө жаңжал кылды го,
Өрттөп, айдап, куйкалап,
Өз билген чырын кылат ко,
Капырдын мүшкүл зарына
Кезигип калган экенбиз,
Тозоку жуткуч каарына.
Торго түшөр экенбиз,
Толгон тозок көп тартып,
Э балдар, колго түшөр бекенбиз!?
Каруусу катуу, заары күч,
Кабылды жандан күдөр үз.
Бенде кечип чыгалгыс,
Чокто калган бекенбиз.
Мунарык жанга бир мүшкүл,
Окто калган экенбиз.
Жараткандын чийини,
Желмогуз уулу доңузду
Кабылдырып келгени.
Атаңдын көрү, куу дүйнө,
Бүгүнкү көргөн эртең жок,
Ушундай болор дүйнө бок!
Каары катуу Сарыбай,
Талкан кылсаң айлымды,
Таптырбайт ко дайнымды.
Тирүүлөй бүктөп белиңди,
Олжо кылып элимди.
Жалдыраган кайран журт
Жагуучу отту өчүрүп,
Жан-жабылта көчүрүп,
Кыйындарды кыйратып,
Кыргынды кызык салат ко.
Кан атам сайган Желмогуз,
Кастарын тигип бу чочко
Мына ушинтип өчүн алат ко...
Баатыр дагы байлайт ко,
Балбандарды, эрлерди,
Белге таңып шерлерди,
Бекип аткан жерлерди,
Бейпайды бекем салат ко.
Түзөнөргө түк койбой,
Түгүн кырып салат ко.
Баатырларды жоёт ко,
Каарлуу касап доңузду
Кайра эле Кудай урат ко.
Калайыкты кырат ко.
Жадаалдуусу чатагы,

www.bizdin.kg

Жаманча түрү көрүнөт,
Жан кыйбай доңуз жатабы?
Белгилүүсү чатагы,
Кан төкпөй капыр жатабы?
Тажаалдан мындай болорбу,
Тутанып өлгөн кутургур
Жалынса жанды коёрбу?
Айбаты терең, заары күч,
Адамдан мындай болорбу».

Эрендин баары күйүнүп,
Баатыр Сейтек, Күлчоро
Баатыры минтип турганда,
Башкасы жандан түңүлүп.
Дүмөктүү башка иш келип,
Ойлосоң опсуз күч келип,
Чымырканып күйүнүп,
Чындап кыргын болдук – деп,
Чымындай жандан түңүлүп.

Сарыбай менен Күлчоро экөө тытышып алыша албай, эңкейип, эңише албай турган жери. Экөө алыша албай турган кезинде Семетей келип, Күлчоро менен Семетей экөөлөп Сарыбайга алы жете албайт. Алы жете албай, мындай эр кылып эмне кем кылдың деп, арман кылат. Экөөнүн тең айласы кетип, ажалы жете турган болгондо, Айчүрөк келип ак куу кебин кийип алып, жер-суудан неме койбой кыдырып, Сарыбай менен чабыша турган эр издейт. Жети күн жоголуп кетип, Кайыпчал кызы Куялы балбан кызды таап ээрчитип келет. Кыздын балбандык белгиси ай-ааламга бой бербейт. Такыянын этегинин чоңдугу он эки кулач экен. Эл чуркурайт балбан го дешип, ошону таап Айчүрөк ээрчитип келген. Желмогуз уулу Сарыбай менен сайыш десе, Куялы балбан кыз болбой койгон. «Мен бут чечпей, дарыя кечпеймин» деген. Эмесе, мунун эрге тиерге көөнү бар экен го, – деп Күлчорого алып берели десе: «Байы турганда кулуна тийбеймин» деп болбой койгон. Сейтекке алып берели десе: «Атасы турганда баласына тийбеймин» – деп болбой койгон, эмесе Семетейди ал десе Семетей да болбой койгон. Себеби мен Айчүрөктү алганда бөлөк катын албаска каргыш кылган жерим бар деген. Каргыш кылган себебим: «Катын ала турган болсом төбөсү бүтөө көк уруп, төшү түктүү жер уруп, кандуу кылыч мизи уруп, ак келтенин огу уруп кетсин» – деп ант кылгамын дейт. Анда Куялы балбан кыз айтат: «Эмесе, сени эли-жериң менен эр Сарыбай кырып кетсин. Мен сени менен сайышпаймын» – дейт. «Сени мен Сарыбайдан ажыратып албаймын, сага мен ыштан жыртчу болуп, арачачы боло албаймын» – дейт. Ошенткенде Семетейге Күлчоро, Сейтек, Каныкей, Айчүрөк, Бакай кан барлык эли чуулап ыйлады. Бир жел сөз айтканды чын көрөсүң. Жеткилең кайран башка мүшкүл иш түшүп атса, тукумду туздай кууруп Сарыбай кырып кетсе, анда не болот – деп, Семетейди алууга араң көндүрөт. Семетей макул болуп, Куялы балбан кызга «кыяматта көрүшөлү» – деп нике кыйды.

Балбан кыз куп ыраазы болот да, Сарыбай менен нечен күн, нечен түн сайыш кылат. Сарыбайды Куялы балбан сайып өлтүрүп, күлүн өрттөп

www.bizdin.kg

сапырып ийишти дейт. Сарыбайды өлтүрүп коюп, элди-журтту Сейтекке берип таштап, Семетей, Каныкей, Бакай кан, Айчүрөк, Күлчоро ушу бешөө биз эми адамга кошулбайлык, биздин убактыбыз бүттү – деп, артта калган тукум өнүп, өз күнүн өзү көрөр – деп, Таластан күндүн батышын көздөй аттанып, сапар кылды. Аларды өлдү деп көмгөн киши жок, тирүү экен деп көргөн киши жок. Ошо күндөн ушу күнгө чейин дайыны жок. Булардын жоголушу.

Андан кийин калган Сейтек катын алып, балалуу болот. Сейтектен Орузкан деген уул туулат. Орузкандан Кенен деген уул көрөт. Анын эрдиги да бөлөгүнөн кем болбойт. Ал Кененден Алымсарык, Кулансарык деген эки уул туулат. Кулансарык Алымсарык бүткөндөн кийин ошондо гана Саякбайдын Алымсарык, Кулансарыктын окуясын айтып, качырып жерине жеткизип, кондуруп койгонго чейин чамасы келет. Андан ары кандай болорун нак чамасы келе албайт.

Кайран жүздөн кан кетип,
Кыраандардан ал кетип,
Кызыталак Сарыбай
Кыстоо салды минетип.
Акыр-такыр иш кылып,
Арстандарга күч кылып,
Катылышкан эчен жан
Таш калаасын түз кылып.
Сарыбайдын жаңжалы,
Эрендердин арманы,
Эң акыры кезинде,
Эгем Таала кудурет
Ушунтип шорго малганы.
Чалып ийсе өлүүчү,
Чарк кетсе балаа көрүүчү,
Чалган жандар өлүүчү.
Ууга кирди кайрандар,
Армандуу балаа, чоң дүмөк,
Дууга кирди кайрандар.
Ташыркап тулпар басалбас,
Белде турду эрендер.
Суусаса суусун канбаган,
Жаңгыз жан тирүү калбаган,
Чөлдө турду кайрандар.
Көңүл чөгөт санаадан,
Көч жакта тукум болсо – деп,
Көп коркот Сейтек баладан.
Бек айбат кылып, Сарыбай
Белгилүүнү кырабы?
Берен кандан тукум жок,
Белгисиз болуп каларбы?!
Күчөп кетсе Сарыбай,
Каардуу мүшкүл салат ко,
Калтырбастан тамырды,
Таптакыр сууруп алат ко!
Каңкор чуулап күйүнүп,
Кайран Сейтек Күлчоро
Кайран жандан түңүлүп,
Капаны опсуз салыптыр.
Акылман тууган Күлчоро,
Бадана кийип балкылдап,
Айдай бети жаркылдап,
Кыры жок кылыч байланып,
Кайра мөндүр жаачудай,
Кайра бузук салчудай,
Каар бетине айланып:
«Ар качандан бир качан,
Алек кылдың белимди,
Жалынсам укпай кебимди.
Кейип-кепчип сөз айтып,

www.bizdin.kg

Кетиресиң эбимди.
Кыйла мүшкүл көргөмүн,
Кызырлуу абам не дейсиң,
Атам карап, энем тууп.
Курсактан жаңы түшкөндө,
Мына ошондо өлгөмүн.
Тирик эмес өлүкмүн,
Өлгөн жандын биримин.
Чартылдап чамам барында,
Чалышып жатып өлөмүн.
Эш кылган кыргыз казына,
Элимди кантип беремин?
Кара эгинден күрүч көп,
Калайынан күмүш көп,
Боз коёндон түлкү көп,
Болумдуу журттан мүлкү көп,
Аркы атам тапкан эр Манас –
Киндик кесип кир жууган,
Киштелүү менен бел бууган,
Топуракка сойлогон,
Торпок минип ойногон.
Күрдөөлдүү Талас кең кыргыз,
Элимди кантип берейин.
Күчөсө көөнү Сарыбай,
Күрсүлдөшүп көрөмүн,
Кас ажал жетсе өлөмүн,
Калкымды кантип беремин.
Күчөсө керек кутургур,
Кулжуңдашып көрөмүн.
Баатырсың – деп, эрсиң – деп,
Сарыбайга барайын.
Он эки кырлуу, миң сырлуу,
Оңбогон сөздөн салайын.
Отуз күн мөөнөт бергин – деп,
Убакты сурап калайын.
Отуз күнгө толгуча,
Убагым жетип болгуча,
Эрен издеп чаптырып,
Атасы маңкуш чочконун,
Эсебин эптеп таптырып,
Жердин үстүн чалдырам,
Кол жеткен жердин баатырын
Койбой жыйып алдырам.
Өлбөгөндөн калышып,
Белиме таңуу бел келсе,
Бегирээк мыктуу эр келсе,
Аянбай атып салышам.
Дагдыр жетсе өлөмүн,
Өлбөй тирүү көз жайнап,
Кордук тартып шор кайнап,
Дүнүйө тартып сандалып,
Сарыбай итке байланып,
Амызым кантип беремин.
Андан көрө кайран жан,
Тирүү калбай өлөмүн.
Кутурма тийген ит менен
Кулжуңдашып көрөмүн».
Ары-бери чабышып,
Айлалуу акыл табышып,
Болотту кайрап түздөшүп,
Болбогон акыл издешип,
Кош олоң тарткан жырымың,
Кокуй күн, абам, не дейсиң,
Эр Сарыбай капырдын,
Эптеп табам ырымын.
Кырынан чием сызыгын,
Арбытам кыйын бузугун.
Зыйкырлап жолун байлатып,
Берендин баарын жайлатып,
Сарыбай шорун кайнатам.
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбаган чоң чечен.
Карандай тилин кайраган,
Кан алдында сайраган,
Башы бүтүн бекер кеп,
Күлчородон калбаган.
Берендерди четтеген,
Бет алса жанды өрттөгөн.
Айла акыл, жүйө сөз,
Кутулуп мындан кетпеген.

www.bizdin.kg

Берен туулган Күлчоро
Айбаттуу заары капырдан,
Жалаңкыч качып кутулбас,
Эр Күлчоро баатырдан.
Айласы жетик акылман,
Айла тапкыч себепкор,
Алмамбет уулу Күлчоро
Карчыгадай камынып,
Жок жерден акыл табылып,
Жердин жүзүн уратып,
Кулансур менен чуратып,
Кашатча менен желди эле.
Каруусу толук капырга
Калк бүлдүргөн Сарыбай,
Кара көңүл баатырга.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Таң атардын муздак жел,
Өзөн ылдый урганда.
Камыштын башы зыркырап,
Жалбырак чөп дыркырап,
Жан-жаныбар макулук,
Балапан торгой чуркурап,
Тал-кайыңдар бөлүнүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Тал дүмпөйүп ийилип,
Кумдун үстү чийилип,
Тилдүү-тилсиз макулук
Куу тамак үчүн жүгүрүп,
Жандуу-жансыз бөлүнүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Каруусу кенен капырга,
Кан Сарыбай баатырга,
Барган экен элчиге,
Кашатча кыраң белине,
Киргизүүгө эбине.
Сөзү ширин, кеби бал,
Ургаачы туубайт мындай жан.
Эптүүлүгү момундай,
Эр Күлчоро сонун ай.

Кандыра тилди камдады,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Жетип барып алдады:
«Атаңдын көрү, Сарыбай,
Баатыр болсоң, эр болсоң,
Бараандуу дайра көл болсоң,
Алмамбет уулу Күлчоро
Жайдары көкжал мен болсом.
Айтканым бар, билип ал,
Атаа, көкжал тилимди ал,
Деген сөзгө көнүңүз,
Отуз күн мөөнөт бериңиз.
Сөзгө кулак салыңыз,
Убагың отуз күн бүтсө,
Чатак салып, чыр кылбай,
Атаң Желмогуз кунун алыңыз!
Улукман берем, уз берем,
Атакеңдин кунуна –
Көргөндө көңүл бөлүнгөн,
Бели кындай, бети айдай.
Белгилүү мыктуу сулуудан,
Бели тутам урлуудан,
Ойкуштап бото көздүүдөн,
Кеби ширин сөздүүдөн.
Кайып марал сындуудан,
Калкылдаган уруудан,
Кунга алгын деп кыз берем.
Албан түрлүү жан берип,
Айдаарыңа көйкашка
Жалаң тулпар мал берем.
Кызыл куйрук пил айдап,
Нар куйругун өрөмүн.
Агар алтын, дилде таш,
Ар кымбат дүйнө аралаш,
Кунуң деп муну беремин.
Баатыр болсоң көнүңүз,
Отуз күн мөөнөт бериңиз!
Отуз күндөн биз калсак,
Жадаалды жаман салыңыз.
Жаңжалга мыктап барыңыз.

www.bizdin.kg

Жаңгыз кылды таштабай,
Жабыркатып алыңыз.
Төбөдөн төптөп басыңыз,
Дөбөгө уруш ачыңыз.
Чатак кандай, чыр кандай,
Ордолууну союңуз,
Оюңуз менен болуңуз.
Каарды катуу төгүңүз,
Бизге бир отуз күн мөөнөт
бериңиз!»
Мына ошондой деген соң,
Желмогуз уулу Сарыбай
Дегенине көндү эми,
Отуз күн мөөнөт берди эми.
Көк секи чыга конгону,
Көк кенедей толгону.
«Балбан көрдүм, эр көрдүм,
Бар балбанды мен көрдүм.
Кез болгонду кемирип,
Кабылганды кайсадым.
Жолукканды жойгомун,
Көп найза жеп өлбөдүм.
Жан жаралган баатырдан
Эр Семетей, Күлчоро,
Сен өңдүүнү көрбөдүм.
Убадага көнөйүн,
Отуз күн мөөнөт берейин.
Өз дүйнөңдү чачпагын,
Өлдүм деп жандан түңүлүп,
Өрөпкүп чогуу качпагын!
Бейжайлык кылсаң окустан,
Бербей койсоң кокустан,
Оройлук болор мунуңуз.
Эркек болсоң, шер болсоң,
Баатыр болсоң, эр болсоң,
Былк эткис кара көк болгун,
Убадага бек болгун!
Отуз күндөн кечиксең,
Оолугамын окустан,
Ойрон кылам кокустан.
Ордолууңду уратам,
Ойрон кылып кулатам!
Желмаян тулпар малым бар,
Жер киндиги чуңкурга,
Желип кирип кетсең да,
Сууруп алар алым бар.
Сөзүмө кулак салыңар,
Каарлансам баркым бар,
Кан ичүүчү салтым бар.
Акмактык кылсаң окустан,
Алдап кетсең кокустан,
Түгүндү түктөп суурамын.
Кымбат жаңжал саламын,
Кыл таштабай кыйратып,
Кызыкты мындай кыламын.
Жадаалым жаман ачамын,
Жаныңды койбой жанчамын.
Каарым толук кан атым,
Калайыктын баарысын
Кыра турган адатым» –
Деп, ошентип сүксөйүп,
Үтүрөйүп үксөйүп,
Оруп-жыйып алчудай,
Кайраттанып камынып,
Баштыгына салчудай.
Ажыдаардай лоп тартып,
Аймап жутуп салчудай,
Каарланды Сарыбай.
Күркүрөп доңуз турганда,
Арстандай көз жайнап,
Кан ичмеси бек кармап:
«Түбүнө түгөл жетсем – деп.
Таштап ийип куу жанды,
Талкалаша кетсем – деп,
Оолугуп октолду.
Чалыша кетчү немедей,
Шайтан күчөп, жин кайнап,
Качыратып тиш чайнап,
Оолугуп барып токтоду.
Убадага жетпестен,

www.bizdin.kg

Урушту мыктап салсам – деп,
Желмогуз уулу капырым,
Бир кызыкты салсам – деп» –
Күлчоро айтып мындай кеп,
Отуз күн мөөнөт алдым – деп,
Тозоңду тоодой уратып,
Кулансур менен чуратып,
Семетейге келди эле.
Семетейге келген соң,
Акундун кызы Айчүрөк –
Уккан экен чоң дүмөк.
Агарып өңү суюлду,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлду.
Чыдай албай чыркырап,
Чыңырып ыйлап буркурап,
Билген адам муну айткан.
Акундун кызы Чүрөк – деп,
Ай-ааламды көп көргөн
Акылга дыйкан дүмөк – деп,
Ал Айчүрөк катындын,
Кыпылдаган капырдын,
Кызылы кыргоол жүнүндөй,
Кыңшыласа бейбагың
Кыз балдардын үнүндөй.
Кең акылман тазасы,
Уюлгуган кутургур
Ургаачынын пашаасы.
Кереттүү катын Чүрөктүн,
Кереметтүү дүмөктүн,
Беризаттан тил билген,
Учканын жума күн билген.
Ат бороюн сыдырган,
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Медийнанын беш бурчун,
Он эки күнү кыдырган.
Жер кыдырып, чен билген,
Желмогуздай эл билген.
Кайыбынан кабылган,
Белестин орто ченинен,
Ит жойлордун сеңирден,
Дүмүрөйгөн урчуктан,
Түзүндө чынар тумшуктан,
Өзү бала секелек.
Өрүүгө чачы жетелек,
Кайыбынан кабылган,
Как талаадан табылган.
Бар бою толгон акылга,
Бала болгон Акунга,
Кеп угулуп Таласка,
Келин болгон Манаска.
Беризаада Чүрөгүң
Белгилүү берен дүмөгүң,
Артык дуба окуган,
Атагын уккан чочуган.
Узун кулак шайырдын,
Илгичтиги дагы бар.
Сурап билген көп жерди,
Билгичтиги дагы бар.
Ошол катын Айчүрөк
Уламадан улаптыр,
Билгичтерден сураптыр.
Керистендерден кеп угуп,
Кеп кылса балбан Куялы
Баатыр экен деп угуп,
Кайыпчалдын кызы – деп,
Ургаачынын узу – деп,
Көйкашканын көзү – деп,
Ай-ааламга бой бербес,
Ашкереге ой бербес,
Жаактууга жай бербес,
Жалаңкычка жан бербес,
Кезиккенди кент кылган,
Алышканды мент кылган,
Беттешсе жанды койбогон,
Бет алса канга тойбогон.
Аталган даңкы таш жарган,
Эң кайраты баш жарган.
Токойдо туулуп, сайда өскөн,
Тоодо жаңгак байда өскөн.

www.bizdin.kg

Олуя жерге түнөткөн,
Ойрон чыгып минеткен.
Кайыр айтар жан калбай,
Калайык кырып минеткен.
Кыздан балбан шер болгон,
Жашы он бирге келгенде
Кызыл-тазыл кийинип,
Кызыгына жан тойбой,
Кыраан куштай чүйүлүп,
Ордо бузуп, олжо алып,
Оорчун журтка кол салып,
Найзаларын мыктаган,
Болотун канга чыктаган.
Койгулашкан душманды
Коёндой жерге ыктаган.
Кыз балбан деп кеп болгон,
Артыкчаңа жер болгон.
Атасы кыраан Кайыпчал,
Ар дөө менен тең болгон.
Кайыпчынын Кара-Кыр
Касиеттүү мына бул.
Чыта терек, чук терек,
Короолуу мазар боюнда,
Коңурчач кыздын тоюнда.
Ар тилегин бергенде,
Беризаада Айчүрөк
Жыйырма бирге келгенде.
Ошо мазар оюнда,
Коңурчач кыздын тоюнда.
Көктөн жылдыз козголуп,
Кайыпчал кызы Куялы
Калган экен Айчүрөк,
Кыяматтык дос болуп.
Мен беризат, сен балбан,
Керүүгө айыл конушар.
Бирибизге бирибиз,
Керегибиз болушар» –
Деп, ошентип, шерт кылып,
Убаданы бек кылып,
Ак буудай данын чайнашып,
Ач болот мизин жалашып,
Дүнүйө мындай көрөлү.
Калк кууракан доо чыкса,
Эл бүлдүргөн жоо чыкса,
Айгайды артык салууга,
Ар бир мүшкүл карандан
Ажыратып алууга,
Убара кылып доо чыкса,
Урушуп башка жоо чыкса,
Токтобой мага келгин – деп,
Убада кылган каркыбар.
Каруусу толук капырга,
Эр Сарыбай баатырга
Балаалуу мүшкүл салууга,
Бала-чака, кайнисин,
Бел байлаган белдерин,
Берени көкжал шерлерин,
Башта каалап баш кошкон
Баатыр көкжал эрлерин,
Ажыратып алууга,
Күн кеч кирип, кеч болуп,
Күйүгүп Чүрөк байкуштун
Эки көзү төрт болуп.
Күлчородон кеп угуп
Желмогуз уулу Сарыбай
Каада тепсеп, калк кырып,
Калайманды салар – деп,
Калкты олжолоп, эл кырып,
Калбай кыргыз калар – деп,
Отуз күн болду убагы.
Оолукса чочко соёр – деп,
Канкор баштап ал жетпей,
Арадан сан-сан болдук – деп,
Кара дөө баштап өлдүк – деп,
Өлбөй тирүү калгандын
Жазасын жаман берди – деп.
Жеткилең уруш кылышып,
Жетип айза сунушуп,
Жети күн кирдик аралап,
Жеткен жерди жаралап.

www.bizdin.kg

Алмак болду деп угуп,
Калайманды Сарыбай
Салмак болду деп угуп,
Кайра олжого Айчүрөк,
Бармак болду деп угуп.
Учканын жума күн билип,
Кеткенин кадыр түн билип,
Куу канатын сыдырып,
Кукулдап учуп жер жүзүн,
Өлгөнүнчө кыдырып.
Кайыпчал кызы Куялы,
Карап кабар салбасам,
Кара баш жерге киргиче
Эптеп таап албасам.
Өчкөн отту тамызчу,
Өлөр жанды тиргизчү,
Үзүлгөндү улачу,
Чачылганды жыйначу,
Кең көкүрөк, ак пейил,
Келишкен мыктуу жан эле,
Кечээ токсон тоонун оюнда.
Калк чуу туруп, журт дүрбөп,
Калың кызык тамаша,
Кан кызынын тоюнда
Бир көрүшкөн жан эле.
Укумуңан тукумуң
Бир балаага кабылса,
Жадаалдуу жаңжал табылса,
Касаба калкып, туу толсо,
Кашында мүшкүл чуу болсо,
Катын арстан ал кургур,
Атышты арбын салам – деп.
Балаалуу мүшкүл тозоктон,
Ажыратып алам – деп,
Арбагы артык жан эле,
Калк жыйылган жыйында,
Журт дүрбөгөн кыйында
Убадасы бар эле.
Ак буудай данын чайнаган,
Ар кескен мизин жалаган,
Кучакташып дос болуп,
Убада кылып тараган.
Куу кебимди кийбесем,
Куп достубуз Куялы,
Кургурду алып келбесем.
Ушунун баарын кыдырып,
Жердин үстүн чалбасам,
Кайыпчал кызы достумду
Эптеп таап албасам
Айчүрөк болбой өлөйүн,
Кайраты кара, заары күч,
Каргыш тийген Сарыбай
Кара дөөнү кылды түз.
Тукумду кырып кетүүгө
Камынган экен кутургур.
Түпкө түптүз жетүүгө,
Түк кылар неме таштабай,
Түгөл сыйпап кетүүгө
Түз бузулуп жайнаптыр.
Түзү орой чочконун
Жадаалы жаман кармаптыр.
Каарды катуу баштаптыр.
Канкор менен Күлчоро,
Кайсап сала жаздаптыр,
Бул Желмогуз уулу чочконун
Каары катуу жан экен,
Кабылса жанды кайсаган,
Кез болгонду кемирген,
Ойлогон жанды оргудай,
Өнгөн чырпык тукумду,
Тутам болгон кутургур,
Түгүн койбой соргудай
Катылган түптүз болгудай.
Шай колдогон Күлчоро
Жекеге кирип аралап,
Жеткилең мүшкүл көрүптүр,
Жети жерден жара жеп,
Чама чарчап жөлөнүп,
Каруусу калың капырдан,
Канкор менен бул экөө

www.bizdin.kg

Капкара канга бөлөнүп,
Катуу түйшүк тартыптыр.
Каарына чыдабай кайра качыптыр.
Ал кабарды укканда,
Айдай катын Айчүрөк –
Ааламга салат чоң дүмөк,
Туралбастан жеңеңдин,
Көңүлү чөгөт бөлүнүп,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Кайсачудай көрүнүп.
Кайыпчалдын балбан кыз,
Баатыр кызга барууга,
Каарлуу душман Сарыбай,
Каттаган тажаал мүшкүлдөн
Ажыратып алууга.
Мына ошондо Айчүрөк,
Керээти кенен билинип,
Кейигенден күйүнүп,
Тукумга калчу Сейтектен,
Каарлуу каптап кетер – деп,
Каралдуу болгон чунактын
Кас ажалы жетер – деп.
Жыргал энең кууралды,
Ойлобосок бекер – деп,
Ойлонгон экен Айчүрөк.
Перизаада бейтаалай.
Бек акылман чоң билгич,
Мээнеттигиң ушундай,
Өткөрү болот курчундай,
Эң жадыгөй чоң сыйкыр,
Дубасы күчтүү ушундай,
Жүргөндөрүн ким билет,
Учарын бир күн түн билет,
Артын ойлоп күйүнүп,
Алган экен бейтаалай,
Ак куу кебин кийинип.
Куруп ыйлап күйүнүп,
Кыз чакта кейпин кийинип.
Ат бороюн сыдырып,
Ай-ааламды жер жүзүн,
Учуп чыгып кыдырып,
Жергелүү талды сыдырып,
Жердин үстүн кыдырып,
Боз мунарык күйгөн шам
Күйүк-Белин ашты эле.
Күн кетпестин талаасын,
Кыдырып учуп басты эле.
Ал талаага барганда,
Жерге көзүн салганда,
Көңүл толкуп, көз тоюп,
Адыры токсон керүү экен,
Жан-жаныбар макулук,
Медет кылган жер экен.
Киши кийик, төө кийик,
Кулан да бар, жаргыч бар,
Кулан үрксө талаадан
Куушурулуп барбайып,
Куланды илип алчу бар.
Бука кийик жарчы бар,
Койбос-тойбос алчу бар.
Кез болгонду кетирбей,
Талап-булап салчу бар,
Бөртө кызык булар бар,
Алса жерден оп тарткан,
Кара ажыдаар сорчу бар.
Эл барбастын талаага,
Мекен кылган бугулар,
Көрүп жеңең таңданып,
Көз кайкыган бурчукка
Көз жетпеген тумшукка
Күдүрдүн төмөн оюна,
Жери экен Беленди.
Белендинин боюна,
Көз тунарган керүүгө
Ышкылуу балбан Куялы,
Ит агытчу жерине,
Таң саргарып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Барып жеңең караса,
Кайыпчал кызы Куялы,

www.bizdin.kg

Арстан экен бу дагы,
Ургаачынын шери экен,
Дайрадан ичи кең экен,
Калпагынын кашаты,
Он эки кучак сере экен.
Көргөн адам баарысы
Куялы балбан дейт экен,
Кырк жигитин кошчу алып,
Кырк балбаны жол чалып,
Салбуурундап жайланып.
Азуулуудан түмөнүн,
Аттырып алып байланып,
Жекейбозун жүктөтүп,
Аңдан алган терисин
Жети билге жүктөтүп,
Кыябын чалып кызыкты
Аңга салып бузукту.
Курбудан кулан куудуруп,
Буткулдагы бугуну
Койбой кармап жыйдырып,
Мына ошондо Куялы
Булуттай жээрде ат минип,
Ал жээрденин куйругун
Аземдеп байлап шарт түйүп,
Кызырканып камынып,
Кылычтан кыйын салынып,
Каарланып жайланып,
Болот уңгу айбалта,
Сол билекке байланып,
Жабдыгы бар, каруу бар,
Жай-жарактын баары бар.
Ок өтпөгөн тону бар,
Ок жетпеген аты бар,
Жалаң азиз катындан,
Жаралган экен мындай жан.
Эки ийнине көз салса –
Айчүрөк баштап, алты кыз
Бир ийнине конгудай,
Шыңкылдашып ушулар,
Жайлуу конок болгудай.
Чырайлуу бетке көз салса –
Көк өзөн талаа баткалдай.
Ар мүчөсүн карасаң –
Адыр-күдүр буткулдай,
Алышса жанды жуткудай.
Чагылгандай чартылдап,
Бейлеп турган бенденин
Эт жүрөгү калтылдап.
Чамынары жолборстой,
Чамасы бөлөк эр чиркин,
Чалганы аман болбостой.
Көрүп Чүрөк жактырып,
Кыңай тартып отуруп,
Кыялына толтуруп.
Байкап бейлеп отуруп,
Бараанын көзгө толтуруп.
Боконосу болпоюп,
Болуп турган кези экен,
Айдай бети жаркылдап,
Эки эмчеги балкылдап,
Чыр кылып алар доо таппай,
Чын урушчу жоо таппай,
Урунуп бузар тоо таппай,
Курсак күйүп кутуруп,
Аңдасаң ушул Куялы,
Арсландай жутунуп,
Уңгусу болот айза алып,
Жай-жарагын байланып,
Алтымыш жигит, кырк балбан,
Ары ойношуп алышып,
Астындагы жээрде атын
Аркы-терки чуратып,
Өз желдетин оңбогур,
Ойноп, сайып кулатып.
Далайдан кечип кызыкты,
Ит агытып, жаа тартып,
Аңга салып бузукту,
Муну көрүп Айчүрөк
Кара бетке кызыкты.
Артык балбан жан эле,

www.bizdin.kg

Карачач кыздын тоюнда,
Калк кайнаган оюнда,
Ургаачыдан уз келип,
Беризаада Көкмончок,
Мелтиреп Чүрөк бул келип.
Аркадан чач козголгон.
Айтып колду кармашып,
Акыреттик дос болгон.
Айдай катын Айчүрөк
Ал Куялы балбандын
Астынан чыкты көрүнүп,
Тийген айдай жаркылдап,
Шекер сөз баштап балкылдап,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Күңгүрөнүп күйүлгүр,
Асемдеп артык кеп баштап.
Сымбаттуу сулуу Чүрөктүн,
Сулуусу мынча дүмөктүн.
Оймок ооз, бото көз,
Сүйлөсө ширин кеби бар,
Эрдинин үстү жагында
Түйрүгүрөөк жери бар,
Түгөнгөн сулуу Чүрөктүн,
Кай жагында кеми бар.
Кепке чечен, тилге уста
Кейисе күйөт кайран жан
Жаратканы күчтү бейм.
Жаралат экен мындай жан,
Кыялдуу Чүрөк катындын,
Кылпылдаган капырдын,
Акыл ээлеп, иш билген,
Ааламды бузар күч билген.
Артык сулуу жеңеңдин,
Курган Манас уулуна
Курбу ылайык немеңдин,
Кыргызга чынар бу өзү,
Кыйын Сейтек энеси,
Кысталып мүшкүл кор болуп,
Кыйналган көкжал төрөсү.
Мелтиреген Айчүрөк
Ак маралча кыйгачтап,
Акырын сүйлөп кеп баштап,
Урлуу Чүрөк уйпалгыр,
Ургаачыдан мындай жан,
Кайдан чыксын сыйпалгыр.
Куялынын жанында
Алтымыш балбан, канча дөө,
Аң-таң калып бөлүнүп,
Беризаада бейтаалай,
Бегирээк сулуу көрүнүп.
Акырын басып балкылдап,
Алтымыш топчу, кырк седеп,
Асемдүү сөйкө, чач мончок
Аркасында шаркылдап.
Күлө басып былкылдап,
Күндөй бети жылтылдап,
Күкүк куштай шыңкылдап,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Беризаада жеңекең
Бендеден бөлөк көрүнүп.
Кара жерге кар жааса,
Кардан аппак этин көр.
Ошол кар үстүнө кан тамса,
Ошол кандан кызыл бетин көр!
Көркөмдүү сулуу байкуштун,
Көз үстүндө кара каш –
Адамдын ичин сыздатып.
Аркадан өргөн кара чач
Кубулуп учуп эзилип,
Курган жеңең Куялы
Достусуна кезигип.
Куялыны көргөндө,
Көңүлү чөгөт бөлүнүп.
Куялы балбан кыз,
Атасы Акын көкжалдын,
Дагы өзүндөй көрүнүп.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көрсө мындай Куялы,
Көк аскар тоодой көрүнүп.
Жаадай учкан жээрденин

www.bizdin.kg

Тартып оозун бурду эле,
Астынан чыккан Чүрөккө
Айтаарына кеп таппай,
Аң-таң калып турду эле.
Акын кан кызы Айчүрөк,
Кара чач жайдык козголдук,
О, ботом, кол кармашып дос болдук.
Ак буудай данын чайнаштык,
Ач болот мизин жалаштык,
Кенедей кезде кезиктик,
Эзген курут, кошкон май,
Эчен жол болдук көңүл жай.
О, ботом, ай-талаадан кезиктик.
Кап-Тоо тоосун жайланып,
Жай-жарагым байланып,
Дөө багынтып, эр союп,
Эрдигим журтка тең коюп.
Душман союп катыгып,
Куялы балбан атыгып,
Чалбай, көрбөй көр калбай,
Чалгын баспас жер калбай,
Чабышып тирүү эр калбай,
Кыйла жерге чыр салып.
Кылымга тутка болом – деп,
Өрөпкүгөн душманга
Өнөгүм бербей турганда
Жер калкалап, эр бактым,
Жеткен жерден жоо чаптым.
Айза болот корогон,
Алышкан душман кологон,
Кайыр айткан болбогон,
Кагыша чыккан оңбогон.
Ошо кагыш кылып турганда,
Катыны адам, эркеги ит,
Итаалы журтун кырганда,
Алп багынтып жыйнадым.
Уламадан уладым,
Убарлаш достум кайда? – деп,
Айчүрөк сени сурадым.
Сурасам чыкпай кабарың,
Изденип өзүм барууга,
Ылашкер жыйып, кол алып,
Жер оюлтуп, чогуу алып,
Аскер жыйып, кол алып,
Балбан жыйып топурап,
Асманга учуп топурак.
Достумдан кабар алууга,
Изденип өзүм барууга
Каарланып камындым.
Ай-талаадан Айчүрөк,
Аманын көрдүм жаныңдын.
О Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Жериң эсен жатабы?
Жыргап аргын, көп кыргыз
Элиң эсен жатабы?
Атагы чыккан ааламга,
Арбагы кеткен далайга,
О, ботом, эриң эсен жатабы?
Добул келсе жел тийбес,
Доочуларга мал бербес,
Айбаты кызык акжолтой,
Аркасы кымбат, сан колдой,
Ай-ааламда атагы
Душманга каар чатагы,
Кайниң эле Күлчоро,
Ботом, кайраның аман жатабы?
Кара эгинден күрүч көп,
Талааң аман бар бекен?
Олжолоп барып туу кылган,
Ааламга кенен чуу кылган,
Себепкер болуп Карачач,
Жедигер элден туулган,
Тоюна токсон союлуп,
Аты Сейтек коюлуп,
Уулуң аман бар бекен?
Артык балбан Кара дөө,
О, ботом, Чүрөк чынында,
Мунуң аман бар бекен?
Эрте сөзүм кеч болду,
Тирүү болсо көрсөм – деп,

www.bizdin.kg

Өлүп калса канкорго,
Куран окуп келсем – деп,
Кумар болдум Куялы.
Айчүрөк, сени көрсөм – деп,
Ит арытып, жер чалып,
Ат агытып, куш салып,
Атайы чыктым өзүңө,
Айдай достум бир келип,
Армансыз болуп көрсөм – деп.
Тирүү көрдүм өзүңдү,
Тиктедим, көрдүм көзүңдү,
Тим уктум шекер сөзүңдү.
Ак куу кебин кийинип,
Азарланып күйүнүп,
Асыл жан кыйнап, жер чалып,
Азып калган экенсиң.
Ботом, ар бир сөзүң шашкактайт,
Шашып калган экенсиң.
Кубулуп учуп сыдырып,
Кырдан келген экенсиң,
Мүнөзүңдү карасам,
О ботом, чырдан келген экенсиң,
Ырдап айткын ырыңды,
Ырас Чүрөк, жан достум,
Ырастап айткын чыныңды.
Кыр жагында кытай журт,
Көптүгү тажаал кара курт,
Андан кордук көрдүңбү?
Маңдайында баатырдан,
Балаалуу капыр заардуудан.
Мындан кордук көрдүңбү?
Маңдайында бараңдан
Баланы көрүп алардан,
Кыдырып учуп тентиреп,
Кыстоо көрүп эндиреп,
Мындан кордук көрдүңбү?
Кымбат дос элең Айчүрөк,
Көңүл толкуп козголдук,
Кыяматтык дос болдук,
Асыл достум, чыныңды айт,
Жердин бурчу Желпиниш,
Желпиниште туулган
Ааламга салган чуулган,
Кан төгөрдун даанасы,
Желмогуздун баласы,
Дарияның чатыры,
Жан билбес элдин баатыры,
Мындан кордук көрдүңбү?
Кечээ Ит-Жүрбөстүн чөлүндө,
Тетиги Лоп дайранын жээгинде,
Кезигишип калыштым.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Жети күн тынбай сайыштым.
Түпкү тонун түгөтүп
Ала турган болгондо,
Түйшүктүү балаа, чоң жаңжал
Сала турган болгондо,
Жол үстүнө тоңкойтуп,
Жара турган болгондо,
Өткөрө жайчы кул экен,
Желмогуздун кулу экен,
Жер майлангыр көзү экен,
Жеткилең тажаал өзү экен.
Айтылган кара тажаалдын
Жаралган кара көзү экен.
Эл бүлдүрүп, журт кырган,
Кутургурдун бири экен.
Күндү жайлап салганда
Төбөдөн булут суюлду,
Асмандан алты сай мөндүр куюлду.
Түздү булут, чаң алып,
Тоону агарган кар алып,
Адырдын баары жайланып,
Сасык туман, жөө туман,
Таркабай, жерге айланып.
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Адам көзү байланып,
Дүнүйө минтип тутулуп,
Желмогуз уулу Сарыбай,

www.bizdin.kg

Кеткен менден кутулуп,
Мындан кордук көрдүңбү?
Атыштарды саламын,
Айтылган сөзүм бекерби,
Ар бир жаңжал тозоктон
Ажыратып каламын.
Мурунтан айткан сөзүңө,
Мен Куялы өлбөсөм,
Мураа болом өзүңө», –
Деп ошентип Куялы,
Кыяны таштап, кырды айтып,
Кыйындап сүйлөп чынды айтып.
Карааны бийик орду айтып,
Душманга жайган торду айтып.
Журт жердеген жерди айтып,
Албан түрдүү эрди айтып,
Арслан көкжал шерди айтып,
Турган экен Куялы.
Адам күйүп, ич бышчу,
Сырга кирип алыптыр.
Болжоп адам баспаган,
Кырга кирип алыптыр.
Кетик акыл ар кандай,
Куялынын айткан кеп,
Айзалап далдап сайгандай,
Алда Таала бендесин
О, ботом, жаратат экен ар кандай.
Ошондо турду Куялы,
Качырышкан жоо болсо,
Калайманды салууга,
Ай-ааламга чыр кылып,
Бир кызыкка кануугa.
Мен Куялы болгону,
Куялы атка конгону,
Чарчап ашар бел таппай,
Чапчышып кумар ачууга,
Баатыр жүрөк, эр кайрат,
Басташып көңүл ачууга.
Касташарга эр таппай,
Көңүлдүн баары желикти,
Арыктаттым ушунтип,
Жел жетпес тулпар күлүктү.
Жел жетпесим баспаган
Жерде кыпым калбады,
Болот курч айзам тийбеген,
Айгайлатып сүрбөгөн,
Ачууланып кирбеген,
Элде бир тал калган жок.
Каарлуу менен кагышам,
Кайраттуу менен чабышам,
Ал Желмогуз уулу Сарыбай,
Өрттөнгүргө барышам,
Өлбөгөн жерден калышам!
Келе электе э Чүрөк,
Камаганын билгемин.
Сарыбай менен кетүүгө,
Бир беттешип өтүүгө.
Бурулбай бузук салууга,
Кан төгүшүп, баш кесип,
Өпкө жарып, өт алып,
Өлүмгө туура бет алып,
Ак болот айза сунсам – деп,
Күжүрмөн тууган какшаалга,
Күркүрөп кайрат кылсам – деп,
Чама чарчап салышып,
Түп этектен алышып,
Ал жеткенди ал жетпес,
Чын талкалап коюшуп,
Чымындай жанды ыргытып,
Чын эле жаман союшуп,
Болот канжар ашташып,
Болумдуу жаңжал башташып,
Издесе жок кайран жан,
Такыр кечип ташташып,
Жекелешип турушуп,
Айбалта шилтеп, айза уруп,
Былчылдашып урушуп,
Чындап жандан кечишип,
Чындап жаңжал салбаса,
Кызырлуу шердин тукумун.

www.bizdin.kg

Кыйын жаңжал балаадан,
Кан төгүүчү капырдан,
Кабылса жанды лоп тарткан,
Ажыдаар сындуу баатырдан,
Кез болгонду тыткычтан,
Кабылган жанды жуткучтан,
Тажаалдын кара көзүнөн,
Чын балакет өзүнөн,
Калк бүлдүргөн канкордон,
Дуба окуган зыйкырчы,
Ал өңдөнгөн анткордон,
Жаңжалды жаман салбасам,
Айкөл шердин тукумун
Ажыратып калбасам,
Кайыпчал кызы Куялы,
Балбан болбой өлөйүн.
Олуя кызы баатыр – деп,
Кылымга даңктуу болгуча,
Туулбай туна чөгөйүн.
Кутурган экен Сарыбай,
Куп урушуп көрөйүн.
Маңдайлашып турушам,
Найза сунуп, жаа тартып,
Былчылдашып урушам,
Айгай талоон салбасам,
Айтканыңды чын кылып,
Керээттүү бейбак Айчүрөк,
Арманыңды ачпасам,
Күйүтүңдү баспасам,
Күй да, быш да жүрүңүз,
Жети күндүн бири ажал,
Айткан сөздү билиңиз,
Калп айтты достум дагы – деп.
Мыш-мыш макшар күнүндө,
Айтылган ушак чын болсо,
Кара эшек кылып миниңиз.
Ал кызматты билиңиз,
Деген сөзгө көнүңүз.
Алыш кылса кокустан,
Желмогуз уулу Сарыбай
Душманды жыксам кокустан,
Беринин кызы бейтаалай,
Белекке сурайм бир буюм,
Ошо бет алган жерде бериңиз!
Кайыпчал кызы мен элем,
Беринин кызы сен элең,
Жаан кесип, жоо жоолап,
Мен Куялы ээликтим,
Аласкар сындуу канкорго
Жараткан буйруп кезиктим.
Эл-Баспастын боюнда,
Карачач кыздын тоюнда,
Шатыра-шатман көп күлкү,
Калк кайнаган оюнда,
Таң атар аркар атканда,
Таң тамаша, мажилис
Дуу болушуп жатканда,
Арбагы артык жан элек.
Жаныңа жапаа, күч келсе,
Ажыратып калууга,
Убадабыз бар эле.
Убадага чыкпасам,
Каарлуу душман Сарыбай,
Өлтүрүп жерге тыкпасам!
Кармашты катуу салбасам,
Азаптуу мүшкүл балаадан
Айдай достум Чүрөктү
Ажыратып калбасам,
Туулбай туна чөгөлү,
Тирүү жүрбөй өлөлү.
Тим жүрбөгөн жадаалдын,
Кармашып канын төгөлү,
Кабыргасын сөгөлү.
Мен Куялы болгону,
Ок өтпөстөн тон кийип,
Көк майдандай толгону
Эчен жерден элди алдым,
Эмгиче эчен шерди алдым.
Ошол эл жайлаган жерди алдым,
Орчун журтка кол салдым,

www.bizdin.kg

Баатыр болдум, эр болдум.
Желмогуз уулу Сарыбай
Бир беттешип турууга,
Камынып балта урууга,
Толкутуп канды жутушуп,
Торкондон тонду тытышып,
Толкуган канды жутушуп,
Бир беттешип калууга,
Эрте айтканым кеч эле,
Эки көзүм төрт эле.
Кан Манастын жалгызы
Семетей шерди көрсөм – деп,
Аякташып өлсөм – деп,
Тамашага батууга,
Тар төшөккө жатууга,
Берен тууган көкжалды,
Бет алып бээлеп көрүүгө,
Эки көзүм төрт эле,
Каарлуу душман өзүнө,
Кагышты катуу кылгамын,
Кабылганын кыргамын.
Жаралган адам уулунан,
Кабарын угуп алыстан,
Кан Семетей көкжалга,
Кумар болуп тургамын.
Канкор эске тушкөндө,
Каттап көзүн көрсөм – деп,
Караанын көрүп өлсөм – деп,
Чымындай жаным чыркырап,
Баатырлык жүрөк, эр кайрат,
Ойлосом бошоп быркырап.
Ээлигип кетем кез-кезде,
Эрен эске түшкөндө,
Көңүлүм кетип бөлүнүп,
Көп неме ойго көрүнүп,
Эбедейим эзилип,
Эт тырмагым созулуп,
Самап жүрөм үшүнтүп,
Күндүз бассам күлкү жок,
Түндө жатсам уйку жок,
Ушундай балаа дүйнө бок!
Каарланып өлүүгө,
Кастарым тиктим мен быйыл,
Семетей шерди көрүүгө,
Жүрөк кайнап, ич сыздап,
Күйгүлтүк тарткан дүйнөгө,
Кээде кетем чоң муздап,
Кабагым толкуп ачылбай,
Кайнаган ичим басылбай.
Жараткан берген жаш кыял,
Ата, Чүрөк кантейин,
Жан кетпесе басылбай.
Кадырды билер Чүрөгүм,
Караса токтоп туралбайм,
Кайран көкжал дүмөгүм.
Куураган черден жол салып,
Куу тулпарым арыттым.
Курчум кетип, ич күйүп,
Куураган жанды карыттым.
Кагышка чыккан душмандын
Жазасын колго беребиз,
Акыл качып, ич күйүп,
Семетей издеп келебиз.
Досум Чүрөк, барайын,
Толкуган ажал отунан
Ажыратып калайын.
Деген сөзгө көнө көр,
Достум болсоң, тең болсоң,
Беринин кызы сен болсоң,
Сураганды бере көр,
Кумарлуу дартты баса көр,
Умачтай көздү ача көр.
Барса-келбес, жел жетпес,
Байкап чалган жол эле,
Баатырсынган Сарыбай,
Балаа баскан доңузду
Алты жол алган кол эле.
Жанагы жер айрылткан Сарыбай,
Каерде бизден эр эле.
Билгич эрен чоң сынчы,

www.bizdin.kg

Кылган иши оң сынчы,
Ошол айткан кеп эле,
Күчтүүсүнгөн Сарыбай,
Ажалы сенден деди эле,
Айла келсе алалы,
Бир беттешип калалы.
Чама чарчап, ал кетсе,
Сарыбайдан өлөлү,
Курчтук кайрат бир келсе,
Ал өндөнүп кутуруп жүргөн
ит менен,
Кужулдашып көрөлү.
Учканын жума күн билип,
Кеткенин кадыр түн билип,
Сарыбайга чыдабай
Куу болуп кебиң кийипсиң,
Куп достума жетсем – деп,
Куса болуп жүрүпсүң.
Курган достум, барайын,
Кутурган душман колунан,
Чалынган темир торуңдан,
Эл бойлобос шоруңдан,
Чумулуп кетчү оруңдан,
Айгайды арбын салайын,
Айдай Чүрөк, өзүңдү,
Ажыратып калайын.
Караан болом сага – деп,
Мындан кийин дос Чүрөк,
Ыраазы болсоң мага – деп,
Дагдырга даба табууга,
Сарыбай башын чабууга,
Көнөйүн Чүрөк сага – деп,
Дос элең, тилди алайын,
Каруусу толук капырга,
Кармаш кыла барайын.
Айтылган каза мүшкүлдөн,
Ажыратып калайын,
Деги ошентип Куялы,
Ургаачы жолборс шер экен,
Кайыпчал кызы Куялы,
Ааламда балбан неме экен,
Такыянын кыруусу,
Он эки кулач сере экен,
Ай-ааламды буй кылып,
Алып жүргөн неме экен,
Артык каза чоң жаңжал,
Сала жүргөн неме экен.
Туюк жерден доо калбай,
Кармашпаган жоо калбай,
Канга тоюп катыгып,
Калайык элдин баарына,
Албан түрдүү жандарга,
Ат койгон жаштуу балдарга,
Картайып кеткен чалдарга,
Албан түрдүү жандарга,
Жаганам чалып катыгып,
Куялы балбан атыгып,
Балбанга чыккан неме экен.
Айчүрөккө кезигип,
Тил алышкан кези экен,
Балбан кыздын өзү экен.
Жомок кылдык эрмекке,
Жоголуп кеткен эрлердин
Жоругун айтып бермекке,
Чоңдук менен кордуктун
Орто жерин бөлгөнгө,
Кызырлуу шердин тукумун,
Кыйласын айтып бергенге.
Көбү жалган, көбү чын,
Көрүп келген адам жок,
Жарым төгүн, жарым чын,
Жанынан келген киши жок.
Жомокчу байкуш желигип,
Атадан калган жомокту
Аңгеме кылат ээлигип.
Кайыпчал кызы Куялы,
Кыз да болсо долунун
Баатырлыгы башкача,
Балбандыгы бир канча.
Эрендиги шерлиги,

www.bizdin.kg

Эбегейсиз көз жетпейт,
Ал капырдын эрлиги.
Кеп сүйлөдү ар кандай,
Көп угуп Чүрөк тангандай.
Келишкен кебин байкаса,
Найза менен сайгандай.
Көк чаңыттап козголдук,
Кол кармашып Куялы,
Кыяматтык дос болдук.
Өчүп барам тамызгын.
Достук жолуң чын болсо,
Өлүп барам тиргизгин.
Үзүлүп барам, жыйначы,
Айтышкан антың сыйлачы.
Беш мойнок чыгып жол тосуп,
Беш өргөн чачты тараштык,
Бек биргелеш болууга
Ак буудай унун чайнаштык,
Ак болот мизин жалаштык.
Баатырлыгың билгизчи,
Күйүп-жандым, өчүрчү,
Селге кирдим, баса көр,
Умачтай көздү ача көр,
Желмогуз уулу капырдын
Кутурган дартын баса көр,
Балааны көрдүм, чок көрдүм,
Башкача жаман ок көрдүм,
Ич өрттөнөт санаадан,
Коркуп турам, Куялы,
Көз көргөн Сейтек баладан,
Кайним чоро шерлерден,
Кабылан көкжал эрлерден,
Эркин жаткан эр кыргыз.
Коркуп турган элдерден,
Койбой кордук салар – деп,
Каарланса ал капыр,
Элди-журтту эңкейтип,
Олжо кылып алар – деп,
Ала-Тоонун кыргызын,
Айдап шорго малар – деп.

Таластан учуп жер жайлап,
Атайы келдим Куялы,
Балбан эр сага дем байлап.
Үзүлүп кеттим уласаң,
Чачылганды жыйнасаң,
Дегениңе көнөйүн,
Каалаганың кай буюм,
Ошол кабылган жерде берейин.
Караанын белин билейин,
Аянып калсам окустан,
Катындык кылсам кокустан,
Атам эле Акункан,
Так эле атакеме тиейин!
Ооруганым басылтсаң,
Умачтай көзүм ачылтсаң,
Аябаган желимди,
Сарыбай бүктөп белимди,
Эндиретти элимди,
Эң кыйратып келатат,
Какайып турган белимди.
Сарыбай менен беттешип,
Балбан да өлдү, эр да өлдү,
Ажалсыз бенде күн көрдү,
Каруусу толук, заары күч,
Бу капырдай эрди ким көрдү.
Айтылуу Кара дөө өлүп,
Калың журтка ээ өлүп
Чындап жаман күйүндүк.
Чымындай жандан түңүлдүк.
Күлчоро кирип кол салып,
Жети күнү аралап,
Жетимиш жерден жара жеп,
Согуш кылбай тынбады.
Калк бүлдүрбөй тынбады,
Ат салышкан жекеге,
Каргадай болгон Сейтегим
Канча күнгө чыдады.
Тажаалдык салды кишиге,
Бүлдүргүч чыкты ишине,
Паана болсоң Куялы,

www.bizdin.kg

Кара тажаал Сарыбай,
Кастарын тикти кишиге, –
Деп, ошентип Айчүрөк,
Кээде күлүп, кээде ыйлап,
Кейип турду жан кыйнап.
Кабарды угуп Куялы,
Кудай бетин көргөзбө,
Чок болуп көзү жайнады,
Каалгадай кашка тиш,
Ботом, калайыктан башка тиш,
Бөлө-бөлө чайнады.
Кан ичер жакка кабылды,
Керектүү катын Чүрөккө,
Келишкен балбан табылды.
Ардактуу жеңең долунун
Абийири минтип жабылды.
Кыздан чыккан неме экен,
Эркек болсо кокустан,
Ааламды бузчу неме экен.
Ок өтпөстөн кийинип,
Эр экени билинип,
Каарланып камынып,
Кайыптан акыл табылып.
Жай-жарагын жайланып,
Кыны жок кылыч байланып,
Айчүрөктөн кеп угуп,
Желмогуз уулу Сарыбай
Кабыланды, канкорду
Камап атат деп угуп,
Кара дөөгө канчага,
Кордук кылды деп угуп.
Күлүстөн Күлчорого,
Зордук кылды деп угуп,
Таластагы кыргызга,
Кордук кылды деп угуп.
Кайыпчал кызы Куялы
Угуп чыдап тура албай,
Кайраттуусу көрүнүп,
Касабасын байланып,
Ок өтпөгөн тон кийип,
Ок жетпес тулпар ат минип,
Балбандыгы билинип,
Калк жанынан түңүлүп,
Карууланып камданып,
Карасаң тоодой шайланып.
Айзакерден эң балбан,
Ааламга салат чоң жаңжал,
Балбандыгы бир канча,
Желмогуз уулу эр менен
Көп кармашкан көйкашка.
Берен ошол, шер ошол,
Белге таңуу бел да ошол.
Кайраттанып туралбай,
Кабарчыдан кеп угуп,
Канкор шердин тукумун
Камап атат деп угуп,
Карап кылып калың эл,
Талап атат деп угуп,
Өлтүрбөй кегин алууга,
Балааны башка салууга,
Алышары Сарыбай,
Кармашары канкор ай.
«Каарлуу, заарлуу капырга,
Журт бүлдүрүп, эл кырган,
Жаралган заман акырга.
Алыш кылып көрөлү,
Эр Сарыбай баатырга,
Бузукту мурда салууга,
Ажал жетип, күн бүтсө,
Чама чарчап, ал кетсе,
Сарыбайдан өлөрмүн.
Кылча жаным аябай,
Кызыталак доңуздун
Кармашып канын төгөрмүн.
Күркүрөгөн кул менен,
Күрөш кылып көрөрмүн» –
Деп, ошентип Куялы
Кызыталак жандан чочунуп,
Желжетпес тулпар токунуп,
Каары катуу найза алып,

www.bizdin.kg

Айбалтаны жайланып,
Жазай бозду бүктөтүп,
Жетик болот окторду
Желмаянга жүктөтүп.
Жетиктиги момундай,
Ат арытып жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Эрте айтканы кеч болуп,
Бир чапчышып көрсөм – деп,
Желигип дүмөк балбан кыз,
Эки көзү төрт болуп.
Каарланып токтобой,
Очогорун октоду,
Жазайылды салынып,
Жанды көрбөй чымынча,
Алды бейбак камынып.
Берендиги билинип,
Көпкөк темир кийинип,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Көрсө мындай Куялы,
Көк аскар тоодой көрүнүп,
Каруусу толук, заары күч,
Катылганды кылат түз.
Өкүмдүгү ушундай,
Карлуу тоонун кушундай,
Чапчыганга тоо таппай,
Чалышууга жоо таппай,
Эңишүүгө эр таппай,
Ээлигип минтип кутуруп,
Айбаттанып айкырып,
Алтымыш балбан мурасын,
Камынгын деп чакырып,
Болбос кулак тундуруп,
Добулбасты урдуруп,
Балбандары көрүнүп,
Баатыр кыз кандай болчу – деп,
Эрен жандан түңүлүп.
Алтымыштын ыктуусу,
Муратай акем мыктуусу,
Кырк балбандын баарысы,
Эр Муратай карысы:
«Кайыпчал кызы Куялы,
Кыз арслан эр элең,
Кыйланы бузчу шер элең.
Ботом, баатырлыгың билинип,
Ок өтпөс тонду кийинип,
Салыштан болсун сапарың,
Сапарыңды айтыңыз.
Караан болуп, бел болуп,
Кагышка биз да баралы,
Катуу бүлүк, чоң жаңжал,
Ал душманга салалы.
Каалап баатыр, айтып бер,
Кагышкан жоону өлчөлөп,
Кабарын угуп калалы.
Тагдыр жетсе өлүүгө,
Караан болуп, бел болуп
Кармалашып көрүүгө,
Чындаса быйыл баралы,
Чындашкан душман жер болсо,
Мыктап кыргын салалы,
Кайраттуусун бөлөлү,
Балам сапарлуу кебиң айта сал,
Жол жоругун көрөлү».
Муратай минтип турганда,
Кыз Куялы кеп баштап,
Акырын сүйлөп бек таштап:
«Кайгы-капам бир далай,
Кармашарым Сарыбай,
Кас ажал жетсе өлгөнү,
Кармаш кылам кырк балбан,
Желмогуз уулу кул менен,
Маңдай-тескей турушам,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушам.
Каршылашып урушуп,
Кабырганы суурушуп,
Чапчылашып көрүшүп,
Жаңжал баштап чыр баштап,
Жан аябай өлүшүп.

www.bizdin.kg

Каарлуу канын төгөмүн,
Журт бүлдүргөн Сарыбай,
Баатырлыгын көрөмүн.
Атаңдын көрү Муратай,
Абакем элең, кан элең,
Атамдан өөдө жан элең.
Астыма салсам ак жолум,
Каргылуу тоодой болжолуң.
Калк бүлдүргөн кул менен
Кармалашып көрүүгө,
Казат кылдым ошого,
Сарыбай балбан эле – деп,
Муратай абам, бошобо.
Кайрат берсең мага – деп,
Ичимде сырым жашырбай,
Айтайын аба сага» – деп.
«Эр Муратай, кырк балбан,
Керишке салган чоң жаңжал,
Маңдайлашып туралы,
Желмогуз уулу капырды,
Жаңжалы жаалуу капырды,
Жагар отун өчүрүп,
Бу дүйнөдөн көчүрүп,
Өрт өчкөндөй кылалы!
Кармашарым Сарыбай,
Акылдаш абам Муратай,
Болоттон айза алгыла,
Колуңда жаңжал, чоң дүмөк,
Сарыбайга салгыла,
Ажал жетсе өлгүлө.
Катуулашып урушуп,
Каршылашып турушуп,
Балбан өлсүн, эр өлсүн
Каруусу катык чоң жаңжал,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Ааламдан ашкан чоң балбан.
Алыс болгон атагы,
Ааламга жетет чатагы,
Күрөш кылбай чырдашпай,
Ал өрттөнгөн чочко жатабы» –
Деп, ошентип, Куялы,
Балбандарга муну айтып,
Байкаганга шумду айтып.
Акылман экен Муратай:
«Балбан элең, эр элең,
Ургаачы арстан сен элең,
Касташарың Сарыбай,
Кармашты катуу салалы,
Белдүү душман өлтүрүп,
Бек мурооо каналы,
Берен кыз тилин алалы,
Берен кандын тукумун,
Белгилүү кебиң чын болсо,
Ажыратып калалы.
Өлбөй аман жүргөндө,
Не мураага жетели,
Кутурган окшойт Сарыбай,
Кырылыша кетели.
Кызырлуу шерге катылып,
А өлүмгө өзү чатылып,
Өрөпкүгөн ит менен
Маңдайлашып баралы,
Айгайлап нары чуу кылып,
Атышты арбын салалы.
Арстан Манас тукумун
Каарлуунун колунан,
Ажыратып калалы.
Айза сынып боо болсун,
Ат өлүгү тоо болсун.
Тагдыр жетсе өлүшсүн,
Өлбөй тирүү жүргөнү,
Мындай кызык көрүшсүн.
Чарайна кийим тонуңду
Кийингиле балбандар,
Кылга байлап жаныңды,
Бүлүнгүлө балбандар!
Айза имерип барчулар,
Аябай жаңжал салчулар,
Айзага камбыл ыктулар,
Ай-ааламды буй кылчу,

www.bizdin.kg

Аябаган мыктуулар,
Балбан жарлык берген соң,
Сарыбай камап келген соң,
Кыйыныңар камыңар,
Кырылып кет баарыңар,
Кайраттууңар, шериңер,
Айзага камбыл эриңер,
Сарыбай кандай эр экен,
Кармаш кылып көрүңөр,
Кызга уялып калбаңдар.
Чоң салалы жаңжалды,
Чыгаралы көөдөндөн,
Курсакта толгон арманды» –
Муратай муну айтканы,
Айтып жардык кылганда,
Буйрук кылып турганда,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Балбандыгы башкача,
Баатырлары бир канча,
Эр Муратай карысы,
Кыйкырышып чуу туруп,
Балбандардын баарысы,
Сарыбайдын түбүнө
Жаңжалдашып жетүүгө,
Кас ажал жетсе өлүүгө,
Кайыпчал кызы Куялы
Кармаш кылып көрүүгө,
Каралды болуп берүүгө,
Чымырканып балбандар,
Болоттон айза ашташып,
Бир чымындай шорлуу жан,
Кыл көрбөй кечип ташташып.
Көпкөк темир кийинип,
Албан төрө жан болуп,
Айчык алтын кызыл туу,
Желкилдете кармашып,
Жеткилеңин айдатып,
Колго белги чоң тууну,
Муратай эрге карматып.

Очогорун октошуп,
Жазайылды салынып,
Куялы менен кырк бир жан,
Жүрдү жоого камынып.
Адырлап чубап, бел басып,
Албан түрдүү жер басып,
Дайра кечип, тоо кезип.
Аңдыса мындай жер өтүп,
Адыр-бүдүр жер басып,
Мээ өрттөнгөн чөл басып,
Кармашары Сарыбай,
Кастарын тигип ошого
Кайыпчал кызы Куялы,
Улук болуп, шер болуп,
Кырк бир балбан эр болуп,
Керней, сурнай тартылып,
Келте мынтык артылып,
Көпкөк темир кийинип,
Көкжалдыгы билинип,
Эр камынып, жол жүрүп,
Эсеби жок мол жүрүп,
Аябастан жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Күн болжолун албастан,
Күндө тынып калбастан,
Айда тынып калбастан,
Ай эсебин албастан,
Кенен жайык басыптыр,
Кең Чаткалды ашты эле,
Кең Таласты басты эле,
Кең Таласка келгенде,
Кудай бетин көргөзбө,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Бет алышып беттешип,
Бейпай сала бериптир.
Бет алган арбын кыргыздан,
Кыйла жан андан өлүптүр,
Кайра тартпас чын жайды,
Кас ажал жеткен көрүптүр.
Жаңжалды жаман баштаптыр,

www.bizdin.kg

Эр Күлчоро, эр Сейтек,
Эсептен мынча урушуп,
Каруусу толук капырга,
Кан Сарыбай баатырга,
Эңдирип ие таштаптыр.
Таамай качып кете албай,
Чапчышып чама жете албай,
Желмаянга жан жетпей,
Сарыбайга ал жетпей,
Казылуу кара ор кылып,
Калк бүлдүргөн Сарыбай,
Каарланган чоң болуп,
Атса тешип, ок өтпөй,
Айзаласа айза өтпөй,
Сейтек кирип урушка,
Тогуз күн тынбай урушуп,
Тогуз жерден жара жеп,
Чакчелекей чаң болуп,
Кызыл челек кан болуп,
Сейтек чыккан жарадар.
Шай колдогон Күлчоро
Күндө тынып калышпай.
Күн-түн тынбай салышкан.
Өлбөгөн жерден калышып,
Айза сынып быркырап,
Ар кескен болот кылычтар
Калбай кулап чыркырап.
Башы-көздөр кан болгон,
Эрбеңдеген эки кол
Өөдө болбой шал болгон,
Чама чарчап, ал кетип,
Арадан мынча күн кетип.
Баатырлыгы озуптур,
Кыргыздын кылын алдырбай,
Эр Семетей, Күлчоро
Экөөлөп эптеп тосуптур.
Кыйлалары өлүптүр,
Кылча көрбөй куу жанды,
Кырылыша бериптир.
Каарланган күүлөнгөн,
Кайраты мыкты, заары күч,
Капыр экен Сарыбай,
Каарынан кыргыз бүлүнгөн.
Камалышып турушуп,
Кан төгүлүп, ат өлүп,
Карсылдашып урушуп,
Калың жаңжал чуу салып,
Карсылдашып көп балбан,
Карасаң салып көп жаңжал,
Кастарын тиккен капырга,
Камына чыккан баатырга,
Калтырбас заман акырга.
Өзөн толкуп, чаң болуп,
Беттешкен адам кан болуп,
Чама чарчап, ал кетип,
Каарлуу капыр жүдөтүп,
Каарданып кутургур
Турган экен минетип.
Сейтек каршы турушуп,
Серпилишип урушуп,
Тулпар жооруп тутулуп,
Ок өтпөс тондор тытылып,
Кең мойнокту бааналап,
Кейиптүү шердин баласы,
Чымын жан таштап аралап,
Маңдайлашып турушуп,
Кылыч шилтеп, айза уруп,
Былчылдашып урушуп,
Талабына өтө албай,
Желмогуз уулу капырга,
Чапчышып чама жеталбай.
Көңүл чөгүп, ич ооруп,
Көз тунарып байланып,
Кас тажаал чиркин кабакка,
Кадимкидей айланып.
Ок өтпөс быт-чыт бөлүнүп,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Жан жутчудай көрүнүп.
Жалгыз Сейтек эр бала,
Билеги жоон, таш кайрат,

www.bizdin.kg

Кагышты катуу баштаптыр.
Каалаган таттуу кайран жан,
Кылча көрбөй бул жанды,
Кылга байлап таштаптыр.
Жекелешип турушуп,
Жер оюлуп чаң түшүп,
Жети күн тынбай урушуп,
Жер бузулган талаа – деп,
Жетимиш жерден жара жеп,
Эң кайраттуу эки кол,
Эрбеңдебей шал болуп,
Тирүүнүн шамы кайран баш,
Эчен жерден кан болуп.
Каарланган капырдын,
Кайраты тозок баатырдын,
Жан түтпөгөн буткулдун,
Жандаганды сорчунун,
Кармалашкан адамдын,
Кабыргасын бөлчү экен.
Серпиш кылган далайды,
Тозоту балбан дечү экен,
Керишкендин жазасын,
Казылгандын казасын,
Как колуна берчү экен.
Алптан артык дөө экен,
Кылча көрбөйт бөлөктү,
Кутургур жайын сурасаң
Куп жаңжалга ээ экен.
Бала Сейтек, эр көкжал
Эрдик кылып аянып,
Чыккан экен бул көкжал,
Сыр болот айза таянып,
Эр Сейтек минтип турганда,
Кас ажал жетсе өлүүгө,
Калган тукум Сейтекке,
Караан болуп бергенге,
Чалышаары Сарыбай,
Чабышты чактап салууга,
Көрүнгөн белги тукумду,
Каарлуу душман колунан,
Ажыратып калууга,
Шай колдогон көкжал шер,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Атасы арыстан, курган эр,
Каарлууга кабылып,
Бир касаптуу мүшкүл табылып,
Тогуз күн тынбай аралап,
Токсон жерден жара жеп,
Чама чарчап, ал кетип,
Ач болотту майлатып.
Кертелки менен Куюнбоз,
Ушул экөөн баш кылып,
Так он эки тулпар жайлатып.
Көк тулпар окко жыктырып,
Көп ок өтпөс тыттырып,
Куюнбоз окко жыктырып,
Калдагай шымды тыттырып.
Кылыч кыйрап, боо түшүп,
Айза сынып, тоо түшүп,
Аманат жанга күч келип,
Атасы көкжал байкуштун,
Артыла турган чоронун,
Кең-Кол кырын жөлөнүп,
Кесерден канга бөлөнүп.
Сарыбай күчөп а кылып,
Аргын, кыргыз эки журт,
Таластан көчүп жабылып,
Токтобой качып кетүүгө,
Көлүк нарга камынып,
Эс билгилер күйүнүп,
Эрендер минтип кетти – деп,
Түбүбүзгө Сарыбай,
Түгөнгөн чочко жетти – деп.
Жалынса жанды таштабай,
Түгөл кырып өттү – деп,
Кырандын барын кыйратып,
Түпкө бүгүн жетти – деп,
Боз үйлөрүн бүктөшүп,
Боз каймалга жүктөшүп,
Катын чуулап, кыз ыйлап,

www.bizdin.kg

Арыстан коркуп, калк ыйлап,
Катуу жаңжал болушту
Берен жандан түңүлүп,
Эл чуркурап күйүнүп,
Калкка каран түн түшүп,
Бир Сарыбай тозок жин түшүп,
Бая шай колдогон Күлчоро,
Үч-Кошойду жөлөнгөн.
Токсон жерден жара жеп,
Денеси канга бөлөнгөн,
Берениңдин алдынан
Алты тулпар ат өлгөн,
Чама чарчап сандалып,
Шай колдогон берен кул
Турган экен таң калып.
Атаңдын көрү, куу дүйнө,
Алдап жүргөн бок дүйнө,
Алдаганы чын экен.
Бендеге бейпай салгамын,
Желмогуз уулу Сарыбай
Чама жетпей калганын,
Эрен кылдың, шер кылдың.
Эң артында дүйнө бок,
Сарыбайды эр кылдың.
Кымбаттуу кыраан башымды
Кыйшаңдатып куу дүйнө,
Кара жер менен тең кылдың.
Тоо кайратын түз кылдың,
Сарыбайга ал жетпей,
Томсоргон мүшкүл иш кылдың.
Таалай чийип жараткан,
Арыстан чоро дедиртип,
Аласкардай зоо кылдың.
Аягында кудурет,
Калың кыргыз тукумун,
Канзааданын укумун,
Кетирдиң элдин чарасын,
Сарыбайга кор кылдың,
Алмамбет, Манас баласын.
Эңкейтип ийдиң белимди,
Эндиреттиң элимди.
Эч албай тирүү койгонсуң,
Эр Күлчоро өзүмдү.
Жер үстүнө даңк кылып,
Сарыбайды эр кылдың,
Эр Күлчоро арыстанды,
Не деп мынча кем кылдың,
Кас ажал тушу көп салып,
Ушунча неге кем кылдың.
Сарыбайды зор кылдың,
Атаңдын көрү, куу дүйнө,
Чын көкжал мындай башымды
Мынча неге кор кылдың?
Арсыз кылып байлаттың,
Шер кайрат эки колумду,
Олжолоттуң тонумду,
Башыма салдың сонунду.
Алсаңчы, Кудай, минетпей,
Алсыз кылып жүдөтпөй.
Калың элге кор кылбай,
Ордолуу журтка ушинтип,
Сарыбайды зор кылбай» –
Деп, ошентип Күлчоро –
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Жерин санап бир кейип,
Жыргалдуу кыргыз, мураа журт
Элди санап бир кейип.
Өзөлөнүп өлалбай,
Өз жанын өзү кыялбай,
Эки көз жашын тыялбай,
Кабылан кыргыз, кайран журт,
Кайрадан жыйып алалбай.
Каалабаса кудурет
Ажалга өзү баралбай.
Боз адыр келип аянып,
Боз найзасын таянып,
Чоң капкага токтоптур,
Качанкы дартты жоктоптур.
Алты миң нар, сан тайга
Сатып алган ак тинте

www.bizdin.kg

Кындан сууруп алалбай,
Азаланып, ардыгып,
Көй душманга тардыгып,
Көмүлгөн жанды Күлчоро
Өзү өлтүрүп салалбай.
Качып кирер жер таппай,
Кирип жатар көп таппай,
Адыры – алтын, түзү – алма
Айтылуу Талас жерим ай!
Жашы – оюнбас, калкы – алтын
Кайран кыргыз элим ай!
Элим ай, кайдан көрдүм! – деп,
Эрен күч кетип колумдан
Сарыбайдан өлдүм – деп.
Күйүп жаны чок болуп,
Күңкүрөдү Күлчоро
Чыдай албай токтолуп.
Атасы Манас көк жалдан
Арта тууган эр немең,
Шай колдогон шер немең
Беттешкени көп балбан.
Сарыбай уулу капырга
Салган экен чоң жаңжал.
Маңдайлашып турушуп.
Кезектешип урушуп
Чоюнбаш менен салышса,
Туулгадан от чыгып,
Чокморунан чок чыгып,
Найза кыйрап, эр өлүп,
Маңдайлашып турушкан,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып турушкан.
Найза кармап жадашып,
Болжолу жок найзаны
Кезиккен жерге мадашып,
Тоонун баары ой болуп,
Дененин баары чой болуп,
Каарланган капырды,
Калк бүлдүргөн баатырды,
Балбандыгы, шердиги
Башынан ашык даанышман,
Миңдеп түмөн жоо келсе,
Чыга жүрчү жарыштан.
Колдогону сур жолборс,
Комутта мындай жан болбос.
Эр Семетей чоң султан,
Баатырлыгы озуптур,
Желмогуз уулу капырды,
Жерге кирген баатырды,
Жети күн тынбай тосуптур.
Жаңырыктын Жар-Кыя,
Жаңгыз аттын чубама,
Ат өтпөгөн кысыкка,
Шамалы жаман сасыкта,
Кармашканы Сарыбай,
Катуу мүшкүл, түн көрүп.
Кайраты заар, күн көрүп,
Берен көрдү, бел көрдү,
Белгилүү тозок эр көрдү.
Желмогуз уулу ушу экен,
Кас тажаалым чийилип,
Чын өнөрүм билинип,
Тон жыртылып, кол тозуп,
Тозок эй, мындай болобу?
Каарланган кутургур
Кармашкан жанды коёбу?
Найза кыйрап, ал кетти,
Чама чарчап, күн бүттү,
Желмогуз уулу жүдөттү.
Убак бүтүп минетти,
Обол жасап жараткан,
Кан Манаска уул кылдың,
Калдай кырып, тул кылдың.
Ташты таптап, жол кылдың,
Аалам кайыр бербеген
Атагым чыккан зор кылдың,
Өзөндүү жерге өрт коюп,
Туландуу жерди тутанттың,
Кара оозуңан кан куйдум,
Кабылганды кайсадым,

www.bizdin.kg

Суу ич десе, уу ичтим,
Кармаш кылса, кан төктүм,
Казылган душман көп жаңжал,
Кабыргасын көп сөктүм.
Манастын баатыр уулу – деп,
Жаралгандан зор болдум,
Сарыбайга ал жетпей,
Чама чарчап, кор болдум.
Он эки мүчөм тең кылдың,
Түп атамдан беркини
Шай колдогон шер кылдың,
Каарлууга ал жетпей,
Как ушинтип кор кылдың.
Элден мурда эр кылып,
Эң артында өзүмдү
Кара жер менен тең кылдың.
Жердин үстүн куйкалап,
Желмогуз уулу Сарыбай
Жаралган жерим алабы?
Тукумдун баарын кырдырып,
Олжого кыргыз калабы?
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Каарлуунун көзү экен,
Чын ажал жеткен тушу экен,
Чын балакет ушу экен.
Белесчени, мойнокту
Бүтөп чыгып келатат,
Барган сайын Сарыбай
Күчөп чыгып келатат.
Күңгүрөндү, күүлөндү,
Күчөп жаман түрлөндү,
Баатырдан кайрат бөлүнүп,
Жаралган бекер дүнүйө
Тутамдай жалган көрүндү,
Кайрандарым кансырап,
Камбылдарым алсырап,
Куландарым жатыркап,
Арыстан чором ташыркап,
Каруусу толук капырды
Канча жерден көрбөдүм,
Бул өңдүү заман акырды.
Адам көрдүм, алп көрдүм,
Албан түрдүү калк көрдүм,
Эрен көрдүм, шер көрдүм,
Ай-ааламдын туткасы
Адамдан чыккан эр көрдүм.
Күчтүү менен күрөшүп,
Көп жуткуч менен тирешип,
Жаралуу болуп, мылтык жеп,
Жадаалды мындай көрбөдүм,
Өлбөй эсен келгемин.
Чама чарчап, ал кетип,
Ак камгак чөптөй оңдумбу,
Кетеримде куу дүйнө,
Чын кемитип койдуңбу?
Ичи-башым чок болду,
Күйдүм, жандым, от болдум,
Кайрат качып төгүлдү,
Ачуланган Сарыбай,
Айкөл тууган көкжалды
Аңтара серпет көрүндү.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Жалыны жайлоо буткулдай,
Жандашса жанды жуткудай,
Кармаш кылсаң ушинтип,
Кайран жанды кыскыдай,
Чымырканса кутуруп,
Чын дүнүйөнү бузгудай.
Обол мурда жаратып,
Кап-Тоодон артык шер кылдың,
Калмышында Сарыбай,
Сарыбайды эр кылдың,
Салмактуу төрө арстанды
Кара жер менен тең кылдың!
Күйдүм, жандым, чок болдум,
Быштым, күйдүм, токтолдум.
Аска элем, ала жер болдум,
Сарыбайга ал жетпей,
Бейли кеткен мен болдум
Жаралган бенде уулунан

www.bizdin.kg

Ушунча неге кем кылдың?
Обол кезде жаратып,
Он эки мүчөм тең кылдың.
Калмышында кудурет,
Каарлууга алым жеталбай,
Казган көр менен тең кылдың.
Кастар тигип, айза урсам,
Кайкайган жок Сарыбай.
Кайкайбаган себеби
Кас ажалдын жеткени,
Кыдырап конгон дөөлөт-бак,
Кызыталак баштан кеткени!
Алдап-салдап, куу дүйнө,
Аңтара серпип өткөнү.
Тоодой бакты барында
Толкуган көлдү сорчу элек,
Беттешкенди буй кылып,
Белгилеп жерге койчу элек.
Кабылганды көп кайсап,
Кармаштан мөрөй утчу элек.
Келгендерди кемирип,
Кесип жерге тыкчу элек.
Болот кайрат, таш жүрөк,
Бир жаралган мыкты элек.
Санатына чаң жетпей,
Заман акыр күн тууду
Сарыбайга ал жетпей,
Караган бакты кеткени,
Кас тажаалдын жеткени,
Аалам укпай кебимди,
Акырында Сарыбай,
Бүктөмөк болду белимди,
Агызмак болду канымды,
Кетирмек болду алымды,
Сындырмак болду белимди,
Чыгармак болду желимди.
Акыл айран, көөн чөгөт,
Чыгармак болду демимди
Көңүлүм жаман бөлүндү.
Беттешкеним Сарыбай,
Бет алыштым, туруштум,
Асыл башты кор кылып,
Алтымыш күнү уруштум.
Белден айза кыйрады,
Тытылбай зоот турбады,
Бел эңкейип бекчейди,
Көз тумандап чекчейди.
Оңбогон чочко оңбоду,
Ичсе канга тойбоду,
Кайраттанып, каарлап,
Чаалыгып чарчап койбоду,
Бу Сарыбай капырга,
Кайраты мол капырга,
Табылгы жаксам, чок өтпөй,
Ак келте атсам, ок өтпөй,
Берен атам Манастан.
Белекке калган зулпукор,
Бет алышкан жумушта,
Бейпайлашкан урушта,
Бел-белинен кыйрады.
Уңгусу болот, учу курч,
Боолугун болот толгогон,
Ушундай уруш жаңжалдын
Кыйласына болжогон,
Болот кыйрап, кын калды,
Аалам көрбөйт мындайды.
Кезеңчени, кайкаңды,
Келген жоо кайра ашпас – деп,
Бүтөп чыгып келатат.
Мурункудан миң эсе,
Миң эсе түгүл, сан эсе,
Айбаты катуу, заары күч,
Атаңдын көрү, Сарыбай
Күчөп чыгып келатат.
Беттешкенде кутургур,
Сары адырмак белди алды,
Ордолуу журтка кол салды.
Ок өтпөс кымбат тонду алды,
Кара дөө балбан эрди алды,
Таласты камап кол салды.

www.bizdin.kg

Адырымды четтеди,
Алышып алым жетпеди,
Бет алганды жайлады,
Берендерим байлады,
Жаралуу болбой жалгыз жан,
Жадаалдан аман калбады.
Жаралган жанды буй кылды,
Сарыбайдын жаңжалы.
Келте чокмор, кең далы,
Артык белем ааламдан,
Сарыбайдын жаңжалы.
Кемирди жерге бүтпөйт ко,
Каарланса капырга,
Төшү түктүү кара жер
Бу кутургурга түтпөйт ко!
Чабышты чактап бүтөт ко,
Арбын дүйнө, түмөн мал
Сарыбай чочко бүтөт ко,
Кыргын кызык салат ко,
Кыз-катынды олжолоп,
Кутурган чочко алат ко!
Тамдын баарын уратып,
Чынарды кыйып сулатып,
Чын балакет кылат ко,
Элден мурун шер кылдың,
Сарыбайга кем кылдың,
Жаралгандан зор кылдың,
Кайып кызга алдатып,
Канча кызга кор кылдың.
Адамдан буруп сөзүмдү,
Көргүс кылып көзүмдү,
Какшыды дайра, булагым,
Угузбай эки кулагым,
Темир торго салынып,
Эчен жыл ордо тургамын.
Обол жасап Кудурет,
Канкор шерге уул кылдың,
Сарыбай менен Көк мончок,
Экөөнө олжо, тул кылдың.
Тирүү колду байлаттың,
Тирүүлүктө Кудурет,
Момунтип шорду кайнаттың!
Кайран башым барында,
Желмогуз уулу капырга
Калкымды кантип беремин!
Каза жетсе өлөйүн,
Бул ажалым жеткиче,
Желмогуз уулу ит менен
Кармаш кылып көрөйүн.
Күрдөөлүү жан барында,
Алтын мамы, ураан журт,
Айлымды кантип берейин!
Кутурган окшойт Сарыбай,
Курган эл бирөө калганча,
Кулжуңдашып көрөйүн!
Чын болот кармап, топ бузуп,
Чын ажал жетсе, окко учуп,
Таамайлашып болушуп,
Талкуулашып өлүшүп,
Кан кордукта көрүнсүн,
Кан шаркырап төгүлсүн.
Кайраттанып көрүнсүн,
Аккан кан суудай төгүлсүн,
Калк кармаган капырга аа.
Кайраты муздак, заары күч,
Катылса жанды кылчу түз,
Кармалашсаң капырдан,
Кайран жандан күдөр үз!
Камбыл да экен, эр да экен,
Кан ичердин көзү экен,
Кара тажаал мүшкүлдү,
Кас тажаал кылып жараткан
Кара балаа өзү экен.
Ойрон кылып суурга,
Оңдурбай канды соруурга,
Каарланып какайып,
Камына чыккан бул экен.
Кара тажаал ушу экен,
Ойрондорду оргудай,
Ордолуунун баарысын

www.bizdin.kg

Талкан кылып соргудай.
Талыгуучу неме эмес,
Чиркин сага убал – деп,
Таштап кетчү неме эмес.
Сыягы тентек, заары күч,
Кезиккенди кылар түз,
Кейпи бузук капырдан
Чын асыл жандан күдөр үз.
Жадаал салбай коёбу,
Жадаалы калың мүшкүлдөн
Жалынган жанды коёбу.
Жалтаңдаса болобу?
Кызыр чалган кызык журт,
Кыстоо салган капырга
Тартууга берсек болобу,
Такыр жанды коёбу?
Жан койбогон жадаалга,
Жаралган кара тажаалга,
Кан төгүүчү касапка,
Мейли кара, ичи арам,
Бек чечилбес азапка,
Жадаалдын кара көзүнө,
Жалталаңдап нетейин!
Түздөп найза сунушуп,
Түк калтырбай урушуп,
Ааламдын баарын үрөлтүп,
Акылдын баарын түгөтүп,
Бекиген белди сындыртып,
Береке мураа кыргыздын
Жалгызын койбой кыдырып,
Жер майлаган капырга,
Жеткилең мытаам баатырга,
Салган заман акырга,
Замана куурган баатырга,
Белсенип уруш салайын,
Чын беттешип кетейин.
Кабырганы бөлүшүп,
Качпай канды төгүшүп,
Бурулушуп булкушуп,
Маңдайлашып турушуп,
Кезигише келгенде,
Кабырга сөөк, устукан
Кат-катынан жулушуп,
Айза, кылыч чыңдашып,
Азарланып тыңдашып,
Алыш кылып өтөйүн.
Береке журтум турганда,
Артына калсам окустан,
Армандуу болсом кокустан,
Арт жагымдан чалдырып,
Каралдым мураа калкымды
Сарыбайга алдырып,
Омурултуп белимди,
Ойрон кылып элимди,
Не мураска жетейин.
Журтум аман турганда,
Ордолуу мураа журтума,
Бел байлаган белиме,
Медер кылган элиме,
Алтын мураа калкыма,
Чындашканым Сарыбай,
Чындап айза сунайын.
Ордолу кан журтума,
Бу жанды курман кылайын.
Калың журтум чуу турсун,
Кайран абам өлдү – деп,
Куп салышып ит менен
Мурасына жетти – деп,
Кайран кыргыз журт үчүн
Аласкар тоодой абам шер,
Жаралган журттун алдына
Курман болуп кетти – деп.
Чымынча көрбөй кымбат жан,
Чын журтунун алдына,
Кабылан абам өттү – деп.
Калк чуркурап, эл ыйлап,
Журттун көөнү бөлүнсүн,
Кабырга сөөгү сөгүлсүн,
Көзүнүн жашы төгүлсүн.
Улуп-кейип, калк ыйлап,

www.bizdin.kg

Ушу журт кейип, жалпы ыйлап
Журт өксүгү көрүлсүн.
Калкым үчүн, эл үчүн,
Кайран жан болсун курмандык!
Сөөгүм калсын талаага,
Ак калпак кыргыз журтума
Айкөлдүн жаны садага!
Жаралган ата-бабабыз,
Каарлуу каптап жеңбеген,
Арбайып алгыч эңбеген.
Жаралган мындай эл элек,
Сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон,
Караңгыда айдаса,
Кабылан сындуу жойлогон,
Өрүшүн душман чалбаган,
Өчтөшкөн аман калбаган,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Жок болгон сайын күчөгөн,
Жоболоң тартса түтөгөн,
Этектеп тоону жайлаган,
Эңишкен эсен калбаган.
Эзелден майды чайнаган,
Казандан майы кетпеген,
Калыгы чуулап, эт жеген,
Кыраан кыргыз элимди,
Кырдыртып кантип коёюн.
Калык үчүн, журт үчүн,
Чын курмандык болоюн!»
Болот айза аштады,
Канкор шердин даана өзү,
Каарланып күйүнүп,
Кайран жанды канкор эр,
Кылга байлап таштады.
Жадаалдана келгенде,
Жаханамды кыруучу,
Арстан сындуу айкөлгө,
Кай адам такат кылуучу.
Көк темирден тон кийген,
Көп душманга бир тийген,
Кагышса канга тойбогон,
Караан кылган кыргыздын
Кам-кайгысын ойлогон.
Жолукса жоого теминген,
Жолугушкан душмандын
Кымыздай канын шимирген.
Каарына тийгендин
Канын төгүп качырган,
Кара болот айзасын
Кабыргага батырган,
Берен да ошол, шер да ошол,
Ай-ааламдын баарына
Ар иши жеткен эр да ошол.
Ааламга жеткен атагы,
Бел курчанып айкырса,
Бээжинге тийчү чатагы.
Каарлуу балбан экен – деп,
Сарыбайга жатабы,
Журт кыдырып турабы,
Талкалашып чырдашпай,
Каса жетип жөн өлбөй,
Кан төгүлүп, көз көрбөй,
Кайра тартчу жай көрбөй,
Канкорду Кудай урабы?
Каарлуу деп Сарыбай,
Кайраты жок жаманча,
Бир каргыш тийген адамча,
Зордугуна көнөбү,
Бабасы баатыр артык шер.
Чын каралдуу кыргызды,
Бир каарлуу иттин колуна,
Олжо кылып береби?
Оңбогур тирүү чагында,
Бу жаңжалга көнөбү,
Курулуу капка, кайран шаар,
Куп мурадар кыргызды,
Өлбөй-житпей ал канкор
Сарыбайга береби?
Ыктууларын сабатып,
Оймок ооз, бото көз,

www.bizdin.kg

Кырмызы көйнөк, айча бел,
Кылтылдаган сулууну
Олжо кылып оңбогур,
Сарыбайга талатып,
Төбөдөн душман бастырып,
Төрт түлүгүн чачтырып,
Төрөлүү журттун баарысын,
Төрө көкжал Күлчоро
Төбөндөн тийген итиңе,
Олжо кылып бастырып,
Кантип кордук көрөм – деп,
Кас ажал жетсе өлөм – деп».
Мына ушинтип Семетей,
Каарланып жайлады,
Кан ичмеси кармады.
Беделинен күч чыкты,
Эки беттин отунан
Башка кара түк чыкты.
Каалгадай кашка тиш,
Жаралган жандан башка тиш,
Карсылдата чайнады.
Туталанып көз жайнап,
Кан ичмеси чын кармап,
Кирпиги туман чок болуп,
Каарланып ооз ачса –
Оозунан чыккан илеби
Өрттөнгөн жалын чок болуп,
Сакалы саадак кабындай,
Оозунан чыккан жел сөзү
Көөрүктүү оттун жалындай.
Арстан тууган кайрандын
Көргөнгө түрү момундай:
Эрсингенди эңгендей,
Каарланса Сарыбай
Канкор шер аман барында
Жазасын колго бергендей.
Толкундуу көлдүн шарындай
Аскарлыгы айкөлдүн
Ала-Тоонун желиндей.
Айбатынан жан качар
Капталдуу учук сеңирдей.
Кармашканды буй кылып,
Кайран арстан дегендей.
Каттап кийген ок өтпөс
Саны сексен төрт болуп,
Серп алган жагы өрт болуп.
Ачууланып минткенде
Ааламга кыргын салуучу,
Азаланып тийгенде
Беттеген жоону талкалап,
Чалкасынан салуучу.
Кыжырланып оолукса,
Кыйын дүмөк жоо чыкса
Кырылбай аман калчу эмес
Кыйын шердин өзү бул
Кыйыгына тийгенде
Чын өчөшүп алганда
Өз атасын жайлаган
Өкүм шердин өзүдүр,
Өрттөнгүрдүн көзүдүр.
Кастарын тиккен Сарыбай,
Кармашты катуу салууга,
Канын төгүп шимирип,
Чама жетсе чачышып,
Чалкылдашып көрүүгө,
Чама чарчап, ал кетсе,
Сарыбайдан өлүүгө,
Каарын төгүп бакырып,
Иниси менен баласын
Калбай кел – деп чакырып.
Сейтек менен Күлчоро
Угуп көөнү бөлүнүп,
Артыла тууган айкөлдүн,
Оозунан заары төгүлүп.
Болот айза аштаптыр,
Кылымдын баарын оп тартып,
Кыялы мынча бузулуп,
Ай-ааламдын баарысын
Соруп ийе таштаптыр.
Дүмөгү түптүү күч болуп,

www.bizdin.kg

Колдогону бүт болуп,
Чымырканса көкжалга,
Чындап бенде туралбай.
Береленсе көкжалга,
Бенде уулу такат бералбай.
Каарланса кабылан,
Кан жутпай куру жүрбөгөн,
Кыжырланса көкжалга,
Кылым журт күтүп дүрбөгөн.
Кызырлуу шердин өзүдүр,
Канкордун калың көзүдүр,
Көп мүшкүлгө кабылган,
Азгырылып айкөл шер,
Ашкере дыңсыз жоголуп,
Он алты жылда табылган.
Арманы катуу күч болгон,
Азабы катуу бүт болгон.
Арстан айкөл өзүдүр,
Өзү турмак, көкжалдын
Караган кара көзү эле.
Айдап алып артынан,
Ал Сарыбай дартынан,
Каарын төгүп бакырып,
Ини-бала, жек-жаатын,
Койбой көкжал чакырып.
Кармашары Сарыбай,
Калайман салып бир далай.
Капа кылып көкжалды,
Кайгыга малып көп жанды,
Бейлегенде бейарман,
Беттеп баштап чоң жаңжал,
Атышса айза аталбай,
Алышса кубат жеталбай,
Чапчышып чама келалбай
Чалкылдашып жыгалбай.
Чама кетип турганда,
Кайырланып бакырып:
«Белге таңуу береним,
Белимен чыккан көзөлүм!»
Берендин баарын чакырып,
Белеске чыгып белсенип,
Бери ургандай теңселип,
Артыкча найза аштатып,
Жаралган мыкты кайран жан,
Кылга байлап таштатып.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк тирөөчтөй көрүнүп,
Калкка бүткөн коргондой,
Каптоодо сеңир ордодой,
Бөлүнгөн тумшук чалкактай,
Бир бөлөк чыккан урчуктай,
Кайраттанган канкоруң
Бир көк тиреген тумшуктай,
Мунун көрсө түрү ушундай.
Журт кайтарган зарлардай,
Эл баштаган балбандай.
Каар салды бакырып,
Күлчоро менен Сейтекти
Калбай кел! – деп чакырып,
Экөө жетип келгенде:
«Берен тууган Күлчоро,
Иним мында турасың.
Көрүп койсо көөнүм ток,
Караганда кардым ток,
Каралды жалгыз кулунум,
Күнүм мында турасың!
Желмогуз уулу Сарыбай,
Кара кардай зоо келди,
Кайраты калың жоо келди.
Жаңжал, жаат баштады,
Албан тирүү кыргыздын
Канчасын кырып таштады!
Ал кутурган чочкого
Кагышты катуу салгыла.
Каралды кыргыз, кайран журт,
Каар каптаган мүшкүлдөн,
Темир болот торчондон,
Айзасы курч ыктуудан,
Ай-ааламды оп тартчу
Аябаган мыктуудан,

www.bizdin.kg

Каран түн салчу жаңжалдан,
Калк кууракан арамдан,
Ажыратып калыңар.
Дагдыр жетсе өлгүлө,
Кылыч шилтеп, айза уруп,
Алыш кылып көргүлө.
Чыдай албай урушуп,
Жан койбогон ит менен
Бет алышып турушуп,
Алышты арбын салгыла,
Ак калпак кыргыз, айкөл журт,
Каардуу иттин колунан
Ажыратып калгыла!
Кас ажал жетсе өлөлү,
Кайран жан тирүү чагында,
Туу казанат кайран журт,
Душман экен Сарыбай,
Бул кулга кантип беребиз!
Желмогуз уулу капырды,
Жер түгөткөн баатырды,
Улугум – деп, шерим – деп,
Сарыбай балбан эрим деп,
Кан көтөрүп калабыз,
Сарыбайга кулдук – деп,
Өзүнө кантип барабыз?
Кан көтөрүп багынып,
Айтканын артык баа кылып,
Таксыр деп моюн бургуча,
Өкүмүнө көнгүчө,
Мураага мурун жетели,
Кылча түк аман калгыча,
Кылчайбастан дүйнөгө,
Кыргын болуп кетели!
Бет алып жаңжал салалы,
Беттеп кирип урушуп,
Сарыбай жоону алалы.
Балбандыгын, шердигин
Кармаш кылып билели.
Чабышып чама келбесе,
Өлбөй-житпей ардыгып,
Тирүүлөй көргө кирели.
Иним менен балдарым,
Табылбаган жандарым,
Маңдайга чыкса барааным,
Зордугу тоодой карааным.
Сарыбайдын заарынан,
Күйүп-жанып барамын!
Мал кайтарган тоодайым,
Кара бүркүт айланбас,
Капчал кара зоодайым,
Зоону арстан жердеген,
Бул кыргыздын тукумун
Булкунуп душман жеңбеген.
Атаңардан бабаңар,
Өнөгүн жанга бербеген,
Өпкө жарып, өт төгүп,
Өлүшүп душман жеңбеген.
Катууласа Сарыбай,
Кармашты катуу кылалы,
Жети күндүн бири өлүм,
Кайран жанды кыялы.
Өкүмсүнгөн доңуздун
Күчүнө кантип көнөбүз.
Атадан калган мураа журт,
Акмакка кантип беребиз?
Капчыгайлуу тар жерди,
Кайраттуунун ар эрди,
Чала жүргөн жол ушул,
Ала жүргөн кол ушул.
Түркүктүү Талас жер ушул,
Казына кыргыз эл ушул,
Калың кыргыз бул журтка,
Кадыр Алда жараткан
Курман болчу мен ушул!
Катылышкан Сарыбай,
Кармаш кылган душманга
Качырып айза сунгула,
Кайран жанды журт үчүн
Чын курмандык кылгыла!
Айза имерип, жоо бузгун,

www.bizdin.kg

Кас ажал жетсе окко учкун!
Кызыталак душмандын
Жаңжалга башын чаткыла,
Чама жетпей баратса,
Кара боорду как жарып,
Жер боортоктоп жаткыла.
Чама жетип, күч келсе,
Желмогуз уулу жуткучтун
Жазасын жакшы бергиле!
Тирүү турбай балдарым,
Сарыбайдан өлгүлө!
Каарлуу балбан экен – деп,
Желмогуз уулу доңуздун
Сөзүнө кантип көнөбүз?
Уялуу кыргыз мураа журт,
Кайран баш өлбөй, тирүүлөй
Калкты кантип беребиз?
Кас ажал жетсе өлгүлө,
Кайра тартпас чын жайды,
Калың кара журт үчүн,
Кайра балдар, көргүлө.
Ырысы тар куу дүйнө,
Өлүмдөн корккон оңорбу,
Өлбөй-житпей жаралган
Темир өзөк болорбу?
Шүмшүк жалган дүйнөдөн
Сүйлөгөн бу тил тутулат,
Дүнүйө тутам кысылат,
Бериште беш кол сунганда,
Жан кыюучу бериште,
Жакын келип турганда,
Жазылган чиркин өлүмдөн
Кайсы жан качып кутулат?
Киргизүүчү казган көр,
Ай-ааламды отогон,
Алды калың кара жер
Өлбөгөн жан бекербиз.
Өлүмгө куу баш чатылсак,
Жер алдына катылсак,
Жер тегирмен, биз буурчак,
Талкан болуп кетебиз.
Каарлуунун кайратын
Кагыш кылып көргүлө,
Кармашты катуу салгыла,
Баш кесилип, кан агып,
Каарлуу иттин колунан
Жаман катын, жаш балдар,
Ажыратып калыңар.
Эрдикти эпсиз салгыла,
Бейпайлашып урушуп,
Бет алышып турушуп,
Желмогуз уулу баатырга,
Жер майланган такырга,
Азаптуунун өзүнө,
Ажалдын кара көзүнө,
Калк бүлдүргөн капырга,
Калк жутчу заман акырга,
Бет алыша барышкын,
Кудай үчүн, мен үчүн,
Курулган калк, эл үчүн,
Атышты арбын салгыла,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Эңкейтип эңип алгыла,
Каарлууну соргула,
Калың жаңжал болгуча.
Азуулуу душман, каарлуу кан,
Аянган адам болорбу,
Аянган киши оңорбу?
Аябай айза сунгула,
Аманат жанды кыйгыла.
Балбан болсо, эр болсо,
Күрдөөлүү күчкө көнгүлө,
Кас ажал жетсе өлгүлө!
Аркы атаңдын бабаңар,
Эрлик мындай караңар.
Таласты кимдер жердеген
Талоого эчен кан келип,
Тарс алып адам жеңбеген.
Өнөгүн жанга бербеген,
Өткүрө шердин тукуму,

www.bizdin.kg

Өткүр эрдик салгыла,
Өрт каптатып, таш жааган,
Өкүм душман Сарыбай,
Өрттөнгүрдүн өзүнө
Өлтүрүп мүшкүл салгыла!
Өкүм күчүн бургула,
Өкүм кыргыз уулу элең,
Өрт өчкөндөй кылгыла!
Желмогуз уулу капырдын,
Зордукка кантип көнөбүз,
Өлбөй-өчпөй кор болуп,
Айланса мураа кыргыз журт,
Олжого кантип беребиз.
Сарыбай не дейт – деп,
Каарлуу кайрат, чоң мүшкүл,
Мунун канына кантип көнөбүз.
Сарыбайды кан кылып,
Бүлүнтүп элди жай кылып,
Не мураага жетели?
Кылча түк калбай кыргыздан,
Кызыккан окшойт бу чочко,
Кыргын болуп кетели!
Сарыбай үстөм сүргүчө,
Кыргызды чочко билгиче,
Кыймылдап туруп нетели,
Кыл түгү калбай бул кыргыз,
Зордукчунун колунан,
Кыргын болуп кетели.
Адырдын баары чаң болсун,
Колоттун баары кан болсун,
Бөксөнүн баары чаң болсун,
Аскер топтоп, дуу болсун!
Калтылдасын кара жер,
Канга батсын ушул эл.
Айгайы артып, дуу болсун,
Алыштын жайы мына ушул,
Асман жарган чуу болсун!
Жер айрылып бөлүнүп,
Ажалдуу каны төгүлүп,
Асманга учсун топурак,
Аскер кайнап топурап,
Ак келте артык атылсын.
Ажалы жетип, күн бүткөн,
Ажалга тез-тез чатылсын,
Кыргыздын иши оңолсун,
Кыл түгү калбай Сарыбай,
Бул дүнүйөдөн жоголсун.
Атадан калган кең Талас
Тукумга мураа жер болсун,
Ала-Тоону жердеген,
Туйгун кыргыз эл болсун.
Кастарын тиккен Сарыбай,
Түгөнүп кара жер болсун!
Кан төгүлүп, калк өлсүн,
Сарыбай менен алыш журт,
Желмогуз уулу капырды,
Каарлууну кан кылып,
Калктын баарын жай кылып,
Көй душманды күлдүрүп,
Ордолууну бүлдүрүп,
Желмогуз уулу бу чочко,
Казасын ачкан капырга,
Каарлуу мүшкүл баатырга,
Элдин баарын билдирип,
Кең Талас таштап, Ала-Too
Жердин баарын бүлдүрүп,
Башчынын баарын жай кылып,
Кайран журтту кар кылып,
Бир бүлдүргүч итти кан кылып,
Кантип карап турабыз,
Кантип оокат кылабыз?
Тутанып өлгөн Сарыбай
Кокустан тийсең колуна,
Чалынсаң темир торуна,
Малынсаң кудук оруна,
Мүшкүлгө өзүң чатылсаң,
Көңүлү арам, бейли тар,
Көп жаралбас мындай жан,
Тулумуңду тул кылат,
Туура желген кыргызды,

www.bizdin.kg

Айбандан төмөн кул кылат.
Эгин-тегин айдатпайт,
Эркин жайга жайлатпайт,
Экиден бээ байлатпайт.
Каарды калың баштайт ко,
Кылча көрбөйт бул жерди,
Кыйындап кырат бул элди.
Эр Сейтек менен Күлчоро,
Эл башчысы дедиртип,
Не мураага жетели,
Кылча койбой бул жанды,
Кырылыша кетели,
Курган кыргыз журтуңуз,
Курман болуп өтөлү.
Кан өлгөндө калк өлсүн,
Калың журттун баары өлсүн!
Өз баштык баш кеткен соң,
Өлүп күнүң бүткөн соң,
Жумулган бу баш түңүлсүн,
Артта калган калың журт
Жыргалчылык күн көрсүн!
Каары калың Сарыбай,
Каптап кетчү сел экен,
Карарып күйгөн өрт экен,
Камбылы болот ок экен,
Илеби жанды өрттөгөн,
Кап-Тоосундай чок экен.
Казасын тийип качырган,
Калтырбай бизге асылган,
Каарлуу мындай жок экен.
Агызып каптаар селдерин
Арстан кыргыз тукуму,
Ар кайсы жакка бургула!
Ажалдын болот огуна
Бойду керип тургула,
Кап-Тоодой кызыл чогуна,
Көл-дайрадай кайран журт,
Өчүрчү күчтү кылгыла.
Өрт өчүрүп баскыла,
Өкүмдүк кылчу чочконун
Канын суудай чачкыла.
Калың кыргыз канатың,
Качырган жоону кулаткан,
Бабаңдан калган адатың.
Ар качандан бир качан,
Бу жаңжал кайдан токтолгон,
Жер жаралып, эл болуп,
Уруунун кыргыз болгону,
Эл санашкан жок болгон.
Кордук көрдүк, жыйылдык,
Бүлүк тартып душмандан,
Жети ата баба кысылдык.
Алды болуп Алтайда,
Көп бөлүндү Кангайга,
Кыйлабыз кетип Эренге,
Кыстаган душман көп болуп,
Түштүк далай бул кыргыз,
Кайра тартпас тереңге.
Каарлуу душман айынан,
Кээ бирде кеттик бөлүнүп,
Эл-Көрбөстүн артына,
Кээ бирде кеттик бул кыргыз,
Индистандын калкына.
Кармаштан кан төгүлүп,
Ар дайымдан бир дайым,
Ар убактан бир убак,
Чоң зордук тартып бул кыргыз,
Камчыга ченеп бөлүндүк.
Каар салган душмандан,
Кайран жан тирүү көрүндүк.
Кастарлуу душман келүүчү,
Карсылдашып, салышып,
Кан төгүлүп, эр өлүп,
Кызырлуу кыйын кыргыз журт,
Кетирбей кегин алуучу,
Намыс үчүн, эл үчүн.
Эрен өлүп калуучу»,
Баатыр көкжал муну айтып,
Манастын уулу бадырек,
Ааламга салат чоң дүмөк.

www.bizdin.kg

Эрен сүйлөп, калк күүлөп,
Албан түрдүү сүйлөдү.
Кайратман жигит, тулпар ат,
Калтырбай чогуу күүлөдү.
Акылды артык баштады,
Малы түгүл, жанынан
«Баатырдын сөзү ырас» – деп,
Калың журт кечип таштады.
«Жазайылды, дүмөктү
Көрбөйт деген кандай кеп?
Кас ажал жетсе, дүйнөдөн
Моюнга жазса көрөлү,
Түркүк мураа баатырга
Караан болуп берели!
Чын душманың Сарыбай,
Чындап жинин кагалы» –
Журт чуркурап, муну айтып,
Ырас сөзүң баатыр – деп,
Бу дегениң акыл – деп,
Сарыбайдан баарыбыз,
Кетелик динсиз капыр – деп,
Аянып калсак зоо урсун,
Аркайган Ала-Тоо урсун!
Бекер эмес кебиңиз,
Берен тууган султаным,
Бек акыл таап бердиңиз.
Сарыбайдан аянсак,
Ак милтенин чогу урсун,
Ак келтенин огу урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү бүтүн көк урсун!
Кул болуп туткун жүргүчө,
Сарыбайга кабылып,
Калакай кара жамынып,
Күйүп-жанып чок болуп,
Ушаланып жок болуп.
Баланы башка тарткыча,
Кордук көрүп жаткыча
Чын кыргынды баштайлы,
Чыркыратып куу жанды,
Кылга байлап таштайлы.
Сарыбайды дөө кылбай,
Бу Таласка ээ кылбай,
Суудай аксын каныбыз,
Кырылалы баарыбыз!
Кыялуу жактан чалдырып,
Кыраан шердин баарысын
Сарыбайга алдырып,
Жал-куйруктан айрылып,
Сопол болуп жүргүчө,
Мүйүз сынып, баш калып,
Токол болуп жүргүчө,
Сарыбай бизге улук – деп,
Өрттөнүп-жанып күйгүчө,
Таластан качып үркөлү,
Желмогуз уулу капырдын,
Жети жыл тынбай урушуп,
Бир бокчосун тинтели.
Кагышты калың баштайлы,
Эңкейген кары, өсчү жан,
Такыр кечип таштайлы,
Зордукчуга бир жаңжал,
Каршы чыгып баштайлы.
Турбай айза суналы,
Кагышты катуу кылалы.
Эр Семетей, Күлчоро,
Баана кылган эр Сейтек,
Ушул үчөөн калың журт,
Белге таңуу кылалы.
Кааруулунун колуна,
Катуу урушуп туралы.
Баатыр болсо Сарыбай,
Кыргын болуп өлөлү,
Эл толкуган дария,
Дария каптап, сел жүрүп,
Чамалуу окшойт Сарыбай,
Ит менен бир чапчылашып көрөлү!»
Эл чуркурап, чуу болуп,
Асман жарган дуу болуп,
Керней-сурнай тартылып,

www.bizdin.kg

Кирмек болду калың эл,
Сарыбайга катылып.
Комокойлуу сан найза,
Колоюп колдон бөлүндү,
Уңгусу болот айбалта
Эл колунда көрүндү.
Эрендин баары ээлигип,
Эсер кайрат, суу жүрөк,
Эл баштабай демигип,
Балбан четтеп таралып,
Эшикке чыкпас коркоктор
Эми эмне болор – деп,
Эң ортодо камалып.
Уйгу-туйгу сөгүлүп,
Ушинтип санга көрүнүп,
Калк минетип турганда,
Мына ошондо Семетей,
Карчыгадай камынып,
Кайран шердин өзүнө
Кайыптан акыл табылып,
Бу дүнүйөдөн өткөнү,
Касташканы Сарыбай
Бет алыша кеткени.
Кабылганды сорууга,
Эки көзү төрт болду,
Калык үчүн кайран шер,
Курман болуп кеткени.
Караса жаңжал ушундай,
Калайман тушкөн ушундай,
Кең дүнүйө тарыбай,
Ай-ааламга чыр кылган,
Мытайым экен Сарыбай.
Бузулган бузук өзү окшойт,
Жадаалдын кара көзүнө,
Жан тарткычтын өзүнө,
Манастын уулу, улук шер,
Кыңкайбаган курган эр,
Жай-жарагын жайланып,
Жалантып кылыч байланып,
Болот уңгу айза алып,
Ойлонуп кыргыз бүлүнүп,
Опсолоң тууган, курган шер
Ок өтпөс тонду кийинип,
Жекелеп элден бөлүнүп,
Көрсөң мындай көкжал шер,
Көк аскардай көрүнүп,
Бет алдында сур жолборс,
Бейлесе мынча жан болбос,
Бет алышкан жоо оңбос.
Көрсө мындай көкжал шер,
Жер жоголгон түз жердин,
Дөбөсүндөй көрүнүп,
Дүнүйөнү курчаган
Болот чынжыр курчоонун,
Көбөөсүндөй көрүнүп.
Ааламга азык берүүчү,
Бу дүйнөнүн чынары,
Мөмөсүндөй көрүнүп.
Беттешкени Сарыбай,
Бет алышып көрүүгө,
Кас ажал жетсе өлүүгө,
Качан болсо канаты,
Калк алдында чеп болуп,
Жекеге чыкмай адаты.
Аңдаса кыял бөлүнүп,
Жаралган жалгыз дүйнөнүн,
Тирөөсүндөй көрүнүп,
Алп кара куш зымырык,
Түнөөсүндөй көрүнүп,
Качырса каары төгүлүп,
Канкор жайы ушундай,
Аласкар тоодой көрүнүп.
Арбагы бийик, заары күч,
Катылганды кылчу түз,
Канкорду көрсөк өлдүк – деп,
Кайран жандан күдөр үз!
Көргөн жанды шаштырып,
Көркөм тулпар бууданды,
Маңкаңдата желдирип,
Сарыбайды бет алып,

www.bizdin.kg

Болот айза көтөрүп,
Жоо дегенде сүйүнүп,
Көпкөк темир кийинип.
Көк арстандай чамынып,
Кайран шердин өзүнө
Кайыптан жолдош табылып.
Жолдош чыккан себеби
Телегейи тең эле,
Ааламдан башка шер эле.
Жаралган бенде уулунан,
Жакында чыкпас дегеле.
Күүлөсө күчү ашкан эр,
Атасынан бабасы
Ай-ааламды баскан эр.
Өзөн бойлоп, эл багып,
Конгон канкор эмеспи,
Ай-ааламды буй кылып,
Соргон канкор эмеспи.
Ак калпактуу кыргызга
Темирден короо, болот чеп,
Канкор жайы ушундай.
Карааны тоодой капырга,
Кастарын тигип, эл кырган
Эр Сарыбай баатырга,
Жеке чыгып коюуга,
Жетсе жоосун союуга,
Кагышты катуу салууга,
Калың элди балаадан,
Ажыратып алууга,
Тоо жоголгон урчукка,
Томурайган тумшукка,
Ай-ааламды шаштырып,
Дыркырата бастырып.
Жер мунарып, чаң болуп,
Шай колдогон Күлчоро,
Баатыр шердин эр Сейтек,
Такоолчусу ал болуп.
Тагдырга жок чама деп,
Карал болуп бергени,
Артында тукум сага – деп.

Белеске чыга келгенде,
Сарыбай түрүн көргөндө,
Сарыбай түрүн карасаң,
Жер чапчыган арстандай,
Караанынан капырдын,
Адамзат бендеси.
Жолобой оолак качканда.
Кабак-башы уңкуюп,
Каар баскан капырдын,
Кабагы керүү буткулдай,
Караса жанды жуткудай.
Карагайдай камчы алган,
Каны жок өңү сур чалган,
Кагышканды качырган,
Жандар тийсе колуна,
Беш тырмагын кутургур
Кабыргага батырган.
Жаналгыч менен жалмашкан,
Жети жыл тынбай жез тумшук,
Момуну менен кармашкан.
Катын адам, эркек ит,
Итаалы менен байлашкан,
Бери жоолоп, олжо алган,
Бейли кыргын, кызыталак,
Бекилүү жерден ордо алган.
Жан-жаныбар, макулук
Бирөөн койбой кол салган.
Канга тоюп катыккан,
Жер майланган өрттөнгүр,
Желмогуз уулу атыккан.
Жүргөн жери чаң болгон,
Серпөөрү кызыл кан болгон,
Колуна мыктап тийгени,
Быт-чыт кыйрап, дан болгон.
Кармашканды жеп жүргөн,
Жер үстүнө жаралган,
Жеке өзүммүн деп жүргөн.
Ой ойлонгон кутурган,
Ай-ааламга жутунган,
Көзү көргүс, бейли тар,

www.bizdin.kg

Адамдан чыкпайт мындай жан.
Ойлогону капырдын,
Бул өрттөнгөн баатырдын,
Ай-ааламды ушалап,
Бир баштыкка салсам – деп.
Доор-кыямат болгуча,
Бу дүнүйөнүн баарысын
Күлазык кылып алсам – деп,
Дүнүйөдө жанды жоготуп,
Өзүм жеке калсам – деп,
Бар дүнүйөнү жок кылып,
Кылымга кыргын салсам – деп.
Сарыбек жайы ушундай,
Азат бою тик туруп,
Сарыбайды көргөндө
Көкжал тууган Семетей,
Көргөндө өңү бузулду.
Кутургурду көргөндө,
Куу дүнүйө кысылды,
Байкап көрүп өлүмдү,
Балкып жаткан кең дүнүйө,
Кысталса көзгө көрүндү.
Жерге кирген капырың,
Жаралган заман акырың,
Ким көргөн мындай баатырды?
Ааламга өзү жаралган,
Ойлосо заман акырды,
Башындагы чарайна,
Чарайна этек кийизи
Төрт үйгө үзүк чыккандай,
Кылымдын баарын кыйратып,
Бир тешикке тыккандай.
Адамзат бендеси
Чымындай жаны чыркырап,
Каарынан күйүп быркырап,
Талкан болуп кеткидей.
Кабактын үстү кашына,
Тогуз жору, кара куш,
Топтоп уя салгандай,
Толкуп кетсе тозогуң,
Толгон жандын баарысын
Карап кылып салгандай.
Мурдундагы таноого
Күчтүү даңгыт тойгондой,
Күпүлдөсө кутургур,
Ай-ааламдын баарысын,
Кыймылдатпай соргондой.
Бою бийик чынардай,
Кайран жандан калайык,
Түңүлгөндөй туралбай.
Кол шадысы устундай,
Ай-ааламды буй кылып,
Жаралган жанды кыскандай.
Самсаалаган кирпиги,
Саат баскан капырдын,
Булдурсун камчы сабындай,
Бузулгурдун ыраңы,
Мурунтан көрсөң момундай.
Кыймылдаса кызыл чок,
Кыйлада мындай шумдук жок.
Күркүрөсө кутургур,
Ай-ааламды алгандай,
Эр жаралган бендени,
Эңип алып жөн эле
Баштыгына салгандай.
Алда Таала кудурет,
Бирөөң баатыр, бирөөң эр,
Бирөөң кылган кара жер.
Эчен түрлүү айбандай,
Жан жаралган ар кандай,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Сарыбайды көргөндө,
Көкжалдын көөнү тарыды ай,
Жүзү өрттөнгөн көмүрдөй,
Муруну буткул сеңирдей,
Көзү көгөн темирдей,
Качырганга жеткидей,
Типтик чыккан муруту
Сарбатты тешип өткөндөй,
Бурулуп калган муруту

www.bizdin.kg

Бул чабылган чочконун,
Дайрага салган өткөндөй.
Качырганга кутургур.
Көз ачкыча жеткендей,
Арбайганы буткулдай,
Асылса бир миң кишини,
Азыр кайсап жуткудай.
Жалын да экен, чок да экен,
Жаның чыккан бачагар,
Жаханнамда жок да экен.
Ороюнан Сарыбай,
Оодарышса оргудай,
Ойногонду соргудай.
Желиккенде кутургур,
Жер жүзүнүн түркүгү,
Жеке өзү болгудай.
Ок өтпөсүн жамынып,
Таш майданга камынып,
Каарланып жайланып,
Опол-тоодой чоюнбаш,
Чоюн башын байланып,
Көзү күйүп, чок болуп,
Желмогуз уулу Сарыбай
Ай-ааламда жок болуп.
Жай-жарагын жайланып,
Кылычын кыңай байланып,
Өлчөө түрү бөлүнүп,
Кыргыздан тийсе колуна,
Кылчайбастай көрүнүп.
Күүлөнгөндө кутургур,
Сел каптаса бургудай,
Каарланып качырса,
Кастарын тигип асылса,
Тоону талкан кылгыдай.
Толкуп кетсе чочкого
Тоо туруштук бергисиз,
Толгон дөө качырса,
Эңкейтип бирөө алгысыз,
Кезиккен тирүү калгысыз.
Беттешкени Семетей,
Бет алышкан эр Сейтек,
Желмогуз уулу баатырга,
Ааламды жуткан капырга,
Асылышып урушуп,
Амал кетип турушуп.
Алмамбеттин арстаны,
Шай колдогон Күлчоро
Айкырып айза сундуруп,
Уңгусу болот айзадан,
Алтымышты сындырып.
Желмогуз уулу капырга.
Жазайыл урса, чок өтпөй,
Очогор атса, ок өтпөй,
Ак келте огун жороду,
Асылдардын толук күч,
Арбыныраак короду.
Айласы кымбат, заары күч,
Ааламдан мындай болобу?
Балбансынып, шерсинип,
Ай-ааламдын туткасын,
Аңтаруучу эрсинип,
Кара көздөн чок чыгып,
Чокморунан от чыгып,
Бет алган жактан чаң чыгып,
Бет алып согуш кылганда,
Баатырлардан чаң чыгып.
Кутуруп журтту кырууга,
Билген чырын кылууга,
Буланы буулап алууга,
Бузукту мыктап салууга,
Кылдай бирөөн таштабай,
Кыргызды кырып өтүүгө,
Кызыр чалган Манастын
Туздай кууруп тукумун,
Түбүнө түптүз жетүүгө.
Түбүн койбой кыргыздын,
Олжого алып кетүүгө,
Кыйырына кызык салууга,
Түбүн койбой кылайтып,
Эр Манастын тукумун,

www.bizdin.kg

Ойлонгон экен Сарыбай.
Түгөл кырып өтүүгө.
Калтырбай калкын союуга,
Калтырбастан кыргызды,
Кыргын кылып койгону,
Жергеге чатак салганы,
Жетимиш катын, тул жеңе,
Олжо кылып алганы,
Ою мындай Сарыбай,
Кара суу толук кутурай,
Канга тоюп катыккан,
Ай-ааламдын баарына,
Желмогуз уулу атыккан,
Балбандыгы башкача,
Эң каарлуу, заары күч,
Кумга туулуп, ташка өскөн,
Куп адамдан башка өскөн.
Чөлдү чалып, ат алган,
Желмогуз уулу атанган.
Кечээ Шай колдонгон Күлчоро
Күркүрөгөн доңузга,
Күүлөнүп айза сунуптур,
Көөдөндөгү чымын жан,
Убара-маза кылыптыр,
Алышты артык баштаптыр,
Чын короолош эли үчүн,
Киндик кесип, кир төккөн,
Бабадан калган жер үчүн,
Желмогуз уулу капырдын,
Жер өрттөгөн баатырдын,
Каруусу толо, заары күч,
Каарланган капырдын,
Айтканына көнбөстөн,
Эмгектүү жер, эл-журтту,
Каарлууга бербестен,
Жаңжайлашып турушуп,
Сексен күн тынбай урушуп,
Серпише кетип аралап,
Алмамбеттин арстаны,
Сексен жерден жара жеп.

Сарыбай опсуз кутуруп,
Ок өтпөс кийим чарайна,
Быт-чыт болуп тытылып,
Күлчоро кордук көрүптүр,
Айкайды арбын салууга,
Алмамбеттин арстаны,
Ажыратып калууга,
Айчүрөк кылган тонду алып,
Бөрк ал десе, баш кескен,
Кыргыздан кыйла колду алып.
Семетей уулу эр Сейтек
Касаба калкып, туу болуп,
Жер айрылган чуу болуп,
Жетик уруш салыптыр,
Жеткилең найза сундуруп,
Жетик балбан кыраандын,
Жеткилеңин кырдырып,
Маңдайлашып турушуп,
Баатыр Сейтек баланын,
Эң кызматкер эки кол,
Өөдө болбой шал болуп,
Табылбаган алтын баш,
Такыр кара кан болуп.
Тогуз күнү аралап,
Толгон жерден жара жеп.
Өз дүнүйөнү чачышып,
Өлбөй-житпей баатырлар
Ала-Тоо бойлоп качышып.
Желмогуз уулу капырга,
Жер түгөткөн капырга,
Кара тажаал өзүнө,
Баланын кара көзүнө,
Ал жете албай күйүнүп,
Аманат жандан түңүлүп,
Берен шердин Сейтеги
Каршылашып жата албай,
Караса толук капырдын
Суук түрүнө бата албай,
Алыш кылып күйүнүп,
Аманат жандан түңүлүп,

www.bizdin.kg

Акыл качып шашыптыр.
Атасы көкжал баатырга,
А күнү Сейтек качыптыр.
Айкайды арбын салыптыр,
Атасы көкжал баатырга
Арызын айтып барыптыр.
Алтын түркүн чатырга,
Эр Семетей баатырга:
«Баатыр болдуң, шер болдуң,
Балаңыз Сейтек мен болдум.
Беттешкен жоого ал жетпей,
Кара жер менен тең болдум.
Чама келип, ал жетпей,
Желмогуз уулу эр чыкты,
Балаңыз Сейтек бадырек
Басташкан жоону тозо албай,
Кара жер менен тең чыкты.
Алсызды Кудай албады,
Адамды тирүү койгуча,
Алы жоктун ары жок,
Ааламда сын аткан ок,
Күйдүм-быштым, чок болуп,
Эренден туулуп мен Сейтек,
Сарыбайча жок болдум.
Бет алышып калышып,
Дене боюм быркырап,
Чымындай жаным чыркырап,
Асыл башым кан болуп,
Бүткөн боюм дал болуп,
Бекилүү белим бекчейди,
Шайман бошоп, ал кетип,
Эки көзүм чекчейди.
Каруум кетип күйүндүм,
Кайран журттан түңүлдүм.
Эңгиретти элимди,
Эң сындырды белимди,
Чыгарды белем желимди,
Сындырды белем демимди.
Байлады базар багымды,
Бу Желмогуз уулу кутургур,
Сындырмак болду кашымды,
Олжого алып элимди,
Сындырат белем белимди», –
Деп, ошентип эр Сейтек
Атасы шерге муну айтып,
Адам тапкыс шумду айтып,
Баласы Сейтек муну айтып,
Жалган эмес чынды айтып,
Кутургур айза сайганда,
Беттешер балбан болбоду,
Түгөнөт элем, болбосо
Түп атам Манас колдоду.
Акыл чарчап, күч кетти,
Каардуу чочко чын жетти.
Баласы мындай деген соң,
Каарланып кенебей,
Караскар тоодой капырды,
Бучкагына теңебей,
Алтымыш балбан көй кашка,
Каарланып чочутуп,
Казатка минчү Буурулду,
Кайра баштан токутуп,
Желмогуз уулу эр менен
Бет алышып көрүүгө,
Кас ажал жетсе өлүүгө,
Кармаш кылып, айза уруп,
Чамаа толкуп, ал жетсе,
Сарыбай канын төгүүгө,
Кыжыр кайнап, таш чайнап,
Кыргынды кызык салууга,
Кызыр чалган кыргызды
Калуунун колунан
Ажыратып алууга,
Көп капа болду күйүнүп.
Ата, көркөмдүү балбан, кайран шер,
Көпкөк темир кийинип,
Жоо дегенде камынып,
Кайран шердин өзүнө
Кайыптан акыл табылып
Беделинен күч чыгып,

www.bizdin.kg

Бепбелгилүү төрөнүн,
Бет айбатын карасаң,
Байпак болчу түк чыгып.
Ач арстандай көз жайнап,
Качыратып тиш кайрап,
Ач арстандай желигип,
Айбаты башка арстан шер,
Айкырык салып ээлигип:
«Заман өтүп, шер көрдүм,
Толгон шерди мен көрдүм,
Көрбөй жүргөн экемин,
Сарыбай күйүп, кайран жан,
Өлбөй жүргөн экемин.
Каарланып канкор шер,
Жай-жарагын жайланды,
Чагылгандай чартылдап
Сарыбайга камданды.
Беттешери Сарыбай,
Бейпай кылды тукумун,
Бек жаңжалы момундай,
Өткүрлүгү баатырдын
Кептүү болот курчундай,
Жапаада жаңжал күн тууса,
Берендин баары ушундай.
Каныкейдин коргондон,
Айчүрөктүн ордодон,
Чоң Таластын оюнан,
Жылгындынын боюнан,
Элдин баарын шаштырып,
Кол жетпеген бууданды
Конжоңдото бастырып,
Акылы толук шерди алып,
Карааанга чоро эрди алып,
Жеке уруш кылып турууга,
Желмогуз уулу капырды,
Жерине чейин кууга,
Кызык кыргын салууга,
Кызырканды курган эр.
Кыргыз журтун балаадан,
Ажыратып алууга,
Беттешкен жоосун соруугa,
Журт үчүн курман болууга,
Каза жетсе өлүүгө,
Каарлуу митаам чочконун
Эсебин чындап берүүгө,
Кыргыздан жеке бөлүнүп,
Барааны тоодой көрүнүп,
Көй душманын шаштырып,
Ардай болгон бууданын,
Маңкаң-маңкаң бастырып.
Топ жаңжалга келтирип,
Ала-Тоодой бууданын,
Атасы кыраан, кайран шер,
Дөңкөңдөтүп желдирип.
Жоо көргөндөй Буурулу,
Маралы башты көтөрүп.
Каруусу толук капырдын,
Келчү жагын бет алып,
Аркардай арыш узартып,
Куп казанат кургуруң,
Кулжадай көзүн кызартып,
Куландай кулак жапырып,
Анык кайып союлгур,
Куюндай жерди сапырып.
Астындагы Буурулдун,
Басыгына мал жетпей,
Желгенине жел жетпей,
Чоң чылбырын чойдуруп,
Кемерлеп жерди ойдуруп,
Болот айза көтөрүп,
Сарыбай көздөй бет алып,
Сарынын кайкы белинен,
Көтөрмөнүн жээгинен,
Ардай болгон каранды,
Ок өтпөс менен жабуулап,
Капа болуп күйүнүп,
Бүчүлүгү бир тогуз,
Жарактуу тонун кийинип.
Бет алганын шаштырып,
Аласкар тоодой каранды,

www.bizdin.kg

Маңкандата бастырып.
Баладан ушак кеп угуп,
Желмогуз уулу каранды
Зордукчу экен деп угуп,
Имишинен кеп угуп,
Желмогуз уулу капырга,
Чама жетпейт деп угуп,
Шер экени көрүнүп,
Жанынан жеке бөлүнүп,
Узак жашы кеч болуп,
Сарыбайдан өлүүгө,
Кайра тартпас чын жайын,
Сарыбайдан көрүүгө,
Кайран көз кетсе жумулуп,
Калган балдар эл-журтун,
Каарлуу душман чочкого,
Андан кийин берүүгө,
Балбандыгын шердигин,
Сарыбайдан көрүүгө.
Тирүүлүктө күйүнгөн,
Өлөсүң десе сүйүнгөн,
Белгилүүдөн туулган,
Бет алган жердин үстүнө,
Сала жүргөн чуулган.
Көкжал шердин тукуму,
Себилдүү тонун төрт кылган,
Серпиши кызыл өрт болгон,
Касташканды жайлаган,
Кармашкан аман калбаган,
Ачуусуна тийгенди
Астыга салып айдаган,
Азууга салып чайнаган.
Кабылса жоо калк өлгөн,
Кармашып эчен алп өлгөн,
Кадимки көкжал, эр төрөң,
Болот айза көтөрүп,
Сарыбайды бет алып,
Кыны жок кылыч байланып,
Кайра мөндүр жаачуудай,
Каары бетине айланып,
Колдогону сур жолборс,
Ааламда мындай жан болбос.
Ат баспастын Акыздан,
Айры-белес жапыстан,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Көк аскар тоодой көрүнүп.
Карагайдай айза алып,
Опол-тоодой чоюнбаш,
Жанына жакын байланып.
Кыйкырыгы баш жарып,
Өкүрүгү таш жарып.
Мына ошондо Сарыбай,
Кан иччү түрү кармады,
Аянып асты калбады.
Кыраң ашып кончудай,
Кылымдын баарын сорчудай,
Мал жайылган буткулдай,
Кезиккенди кутургур,
Кармап алып жуткандай.
Карааны бөлөк, заары күч,
Кайран жандан күдөр үз.
Бет алышып турушту,
Сарыбай менен Семетей
Беттешип айза сунушту,
Атышты арбын баштады,
Чымындай жандан көргөн журт,
Чын эле кечип таштады.
Бет алса айза ийилип,
Эки эрен кантип кетер – деп,
Бенде жандан түңүлүп.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Өрттөнгүрдүн өзү ошол,
Тажаалдын кара көзү ошол,
Кез болгонду кайсаган,
Жакын болсо жалмаган,
Бет алдына кабылган,
Жаныбар тирүү калбаган.
Качырганын катырган,
Кармап алса тырмагын,

www.bizdin.kg

Кабыргага батырган.
Алп экенин эл көргөн,
Беттешип келген бенде өлгөн,
Чыгаан балбан, чоң дүмөк,
Чын айрылган шум жүрөк,
Чын жаралган чоң дүмөк,
Каарланса капырдын,
Ай-ааламды күтүп тур,
Төшү түктүү кара жер
Төбөңдөн тийген доңузга
Калыңынан түтүп тур.
Бу Манастын уулу шер көкжал,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Болот найза боолашып,
Болумдуу менен жоолашып,
Сары адырмак белди алып,
Салышып какан элди алып,
Кыраңды бузуп жол чалып,
Кылымды бузуп олжо алып,
Ээлигип чыгып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Ок өтпөс булум тон кийип,
Ок жетпес буурул ат минип,
Эр кыйратып, калк билип,
Ак олпогун кийгени,
Ак буурулун мингени,
Калк башкарып журт көрүп,
Капырдан мындай көрбөгөн,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Ала-Тоодой арбайган,
Аласкардай дардайган,
Жүргөнүнөн чаң чыккан,
Козголбогон капырдын,
Кобурунан жан чыккан,
Берен беттеп барбаган,
Бет алган тирүү калбаган,
Шумдуктуу азап сыягы,
Үзүктөй экен кабагы,
Көргөн баатыр качкандай,
Беттешкенди баскандай,
Азуулуудай аркайып,
Алдыңкы ээрди шалпайып,
Айбаты артык көрүнүп,
Абайлаган адамдын,
Акылы айран төгүлүп,
Кайраты күйгөн өрт болуп,
Канкор шерге бет алып,
Жуткуч сындуу элеңдеп,
Жай-жарагын белендеп,
Жан койбостон түрлөнүп,
Жадаалданып кутуруп,
Канкор шерге сүйлөнүп,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Жетик өткөн мен болсом,
Эр Манас уулу Семетей,
Көздөгөн жоом сен болсоң,
Тутушканың кырамын,
Кырып жутуп тынамын,
Жадаалуунун түрүмүн,
Жан кыйгычтын биримин,
Каржыга чыккан бутамын,
Кармашкан жанды жутамын,
Балаанын кара көзүмүн,
Кан соргучтун өзүмүн,
Төрөсүнгөн көөдөк кул,
Төбөңдөн бүгүн басамын,
Төрт түлүгүң чачамын,
Чын эсебиң табамын,
Чындап журтуң чабамын.
Олжого тутуп бээңди,
Байлап алам дөөңдү,
Бар жиним келип кутурсам,
Сындырып элиңди,
Кара жолдой таптаймын,
Кең Ала-Тоо жериңди.
Каарым келип какайып,
Кырамын кыргыз элиңди,
Катыныңды тул кылып,
Эрениң байлап кул кылып,

www.bizdin.kg

Каканды чаап кан кылып,
Кара жолду чаң кылып,
Солкулдаган эриңди,
Жалынса укпай кебиңди,
Кыйратпасам белиңди,
Суутамын демиңди,
Кызык болсо малыңыз,
Кымбаттуу болсо жаныңыз,
Деген сөзгө көнүңүз,
Каалаганды бериңиз,
Ургаачыдан узду бер,
Токсон беш айым Айчүрөк,
Катыныңды баш кылып,
Тартууга жүздөн кызды бер,
Ала-Тоо тартуу жерди бер,
Жер-жерлеген элди бер,
Бу сөзүмө көнбөсөң,
Бул айтканды бербесең,
Бел байлаган белиңди,
Кыргын кылам элиңди,
Сындырамын белиңди,
Каарым келди какайдым,
Калтырбай кырам элиңди,
Кыймылдасам окустан,
Кырыласың кокустан,
Олжого бер ордоңду,
Тартууга бер булуңду,
Кулдукка бер Күлчоро,
Таалайга бүткөн кулуңду.
Түгөтөмүн санааңды,
Түк калтырбайм баланды,
Оройлонуп оолуксам,
Омурамын белиңди,
Олжолоймун элиңди,
Жалынсаң укпайм кебиңди,
Жапаалап кырам элиңди.
Жер түгөнгөн өзөндөн,
Желпиништен туулган,
Желмогуз уулу бу капыр,
Ааламга салдым чуу кылган,
Ичсем канга тойбодум,
Бет алса жанды койбодум,
Журт кыргандын көзүмүн,
Кабылганды лоп тартчу,
Кара мар жылан өзүмүн,
Мен Сарыбай болгону,
Бет алып балбан барбаган,
Беттеше чыгып найза уруп,
Көй душман аман калбаган,
Көп дүмөктүн көзүмүн,
Көк жал эрдин өзүмүн,
Ок жетпеген ат минип,
Кардым ачса кабылса,
Кайып айтып жеп келдим.
Манастын уулу бадырек,
Кармашамын деп келдим,
Кең Ала-Тоо жерин бер,
Ак калпак кыргыз элин бер,
Ургаачыдан уз бергин,
Кыйпылдаган кыз бергин.
Күлүктөн тандап арды бер,
Азар түмөн малды бер,
Мал багуучу жанды бер,
Сары алтын баштап булду бер,
Сан түмөн кылып кулду бер,
Бу дегенге көнбөсөң,
Бул айтканды бербесең,
Уу ачытып күбүңө,
Ушунтип жетем түбүңө,
Кан агызам багыңа,
Каран түн салам жаныңа,
Күчөтпөсөм жүгүндү,
Түк калтырбай түгүндү,
Калтырбай кырам бириңди,
Кысыктан тозуп көчүндү,
Кызыргандым, оолуктум,
Ушинтип алам өчүмдү,
Кече атаң Манас барында,
Кериш кылган чагында,
Ай касаба туу болуп,

www.bizdin.kg

Асман жарган чуу болуп,
Жалпы жинин тапканда,
Желпиништин оюнан,
Эл баспас чөлдүн оюнан,
Атам Сарыбайды чапканда,
Атамды союп дилде алып,
Дилде тартууга билди алып,
Кара көздөн миңди алып,
Желпиниште чаң кылып,
Жергени кырып кан кылып,
Тулумдууну тул кылып,
Туура жыйын эренди,
Айдап жүрүп кул кылып,
Жагылган отту өчүрүп,
Жабылып журтту көчүрүп,
Ач албарсты майлаган,
Атам балбан Сарыбай,
Атаң канкор жайлаган,
Олжолоп кыркып желемди,
Түгөтүп койгон мөмөмдү,
Олжолоп тийген бээмди,
Өлтүрүп далай дөөмдү,
Чырдашып Манас, атаң шер,
Чыгарган менин кээмди,
Тирүүдө казып орумду,
Атаң Манас, айкөл кан,
Артык салган сонунду,
Улуксунган канымды,
Ушинтип койгон жанымды,
Алышты арбын салбасам,
Кутуруп өчүм албасам,
Сарыбай болбой өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү эле болбой өлөйүн,
Каарымы төгүп турбасам,
Манас шердин тукумун,
Калтырбай чогуу кырбасам,
Кайраттуусун сөкпөсөм,
Кас душман канын төкпөсөм,
Кас санашып келгендин,
Кабыргасын сөкпөсөм,
Кыйырына кыйноо салбасам,
Кыл түгүңдү таштабай,
Кыргындап журтуң албасам,
Сарыбай болуп нетейин,
Бул жерге турбай кетейин,
Эренсиген каныңды,
Кыргындаймын барыңды,
Калтырбастан калкыңды,
Жоготуп асыл затыңды,
Карматпасам саатыңды,
Бу дүнүйөдөн өчүрөм,
Жол таштабай жээгиңе,
Бу дүнүйөдөн кетирем,
Мен Сарыбай өзүмүн,
Тажаалдын кара көзүмүн,
Эл жалмаган соргокмун,
Жер куруткан оргокмун,
Ойрондорду оромун,
Эр Манастын тукумун,
Жалгызын койбой соромун,
Деп, ошентип Сарыбай,
Өндүр келсе уткудай,
Жумуру бенденин,
Койбой бирин жуткудай,
Калк ээлеген зарлардай,
Журт куураткан балбандай,
Жаралат экен ар кандай.
Кайраттанып Сарыбай,
Капчалдай оозу ачылып,
Оозунан өртү чачылып,
Жай-жарагын шайланып,
Кан төкчү болот найза алып.
Ашпай-шашпай көч болуп,
Айдыңы күйгөн өрт болуп,
Жан ооручудай бакырып,
Бакырса кыргыз жыйылып,
Бар дүмөгүн көргөн жан,
Жүрөгү түшүп кырылып,
Толкуганда чочкого,

www.bizdin.kg

Тоо туруштук бере албай,
Каарланган капырды,
Калк чуркурап көрө албай,
Желмогуз уулу дүмөктүн,
Журт бузары билинип,
Аргын кыргыз кайран журт,
Аманат жандан түңүлүп,
Болоттон жабдык аштатты,
Сарыбайдын каарынан,
Калк чуркурап, эл ыйлап,
Кара жандан түңүлдү,
Калтырбай такыр кырар – деп,
Калк чуу түшүп күйүндү,
Тозокту чочко баштады,
Дыргып үркүп, журт чуулап,
Кайратынан чочконун
Калың элдин баарысы,
Улуу жаш, кичүү, карысы,
Эмгектеген балдары,
Эңкейген кары чалдары,
Кырылып кете таштады.
Ок өтпөгөн тон кийип,
Ок жетпеген ат минип,
Карагайдай найза алып.
Белеси бийик, жайпак түз,
Майданга чыкты камданып,
Калтырбай калкын кырам – деп,
Карпып соруп чоң тоюп,
Андан кийин тынам – деп,
Карын тоюп мөө канбай,
Сарыбай кантип тынар – деп,
Желмогуздан туулган,
Эр Сарыбай канатым,
Ай-ааламдын баарысын
Жута жүргөн адатым,
Кучак жайып бут сунсам,
Ааламга жетер канатым,
Октосу жок, жиби жок,
Оолуктум байлап алайын.
Түгү кылын таштабай,
Түгөтүп өчүм алайын,
Деп, ошентип Сарыбай,
Желмаян санга бир салып,
Уңгусу болот, сабы жез,
Айбалтаны колго алып,
Капчалдай оозу ачылып,
Оозунан чыккан көк жалын,
Жер куйкалап чачылып,
Семетейге камынып,
Астынан айла табылып,
Айбатынан капырдын,
Аза түмөн канча кол,
Каарлуу кандай шумдук – деп,
Качып берди жабылып,
Желмогуз ураан чакырып.
Манастын уулу көк жалды,
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Чын Манас уулу сен болсоң,
Кыймылдабай, былк этпей,
Ашпай-шашпай тургун – деп,
Эрен болуп, уул болсоң,
Жалтанбай согуш кылгын – деп,
Астында аты желмаян,
Жалпак өркөч, кызыл нар,
Маң-маң, маң баскан,
Ар чуудасын чаң баскан,
Желгенине жел жетпес,
Басканына мал жетпес,
Кызыл нарга камчы уруп,
Желмаян боорго кол салып,
Кыйшаңына кенебей,
Куйкаланган кутургур,
Кыран көк жал кургурду,
Бучкагына теңебей,
Кечир менен эрдикти,
Желмогуз уулу чочкого,
Берген экен ченебей.
Каарланып саксайып,
Оолуккандан кутургур,
Очогорун октоптур,

www.bizdin.kg

Төшү түктү кара жер,
Калыңынан токтоптур.
Желмогуз уулу капырың,
Басканынан чаң чыгып.
Кайратынан жан чыгып.
Уңгусу болот найза алып,
Жай-жарагын жайланып,
Алтымыштай чоюн баш,
Айлалуу иттен оолак кач,
Каршы-терши байланып,
Кайра жаачу мөндүрдөй,
Каары бетине айланып,
Айбаттанып күркүрөп,
Адамзат бенденин,
Азат бою дүркүрөп,
Күйгөн өрттөй чамынып,
Семетейге айза уруп,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Көөн токтотуп, бой безеп,
Көп арман жанды жыйгыча,
Бой бекитип тургуча,
Жер өрттөгөн Сарыбай,
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерден баатырды,
Жетип муштап өттү эле,
Жоого балбан, камбыл шер,
Жоонун айласын билген камбыл эр,
Жакындаган найзасын,
Табайын деп айласын,
Кара жаак сулпукор,
Кармай калып имерип,
Орто белге найзасын,
Ойронуң шилтеп жиберди,
Кыйрап айза бөлүндү.
Кызыр чалган кургурдун,
Шер экени көрүндү,
Найзасынан айрылып,
Ай сени деп кайгырып,
Жазайылда байланып,
Айбалтаны шайланып,
Ал Сарыбай жетти эле,
Конду болот айбалта,
Кармап калып имерип,
Өлчөлүүнүн өзү – деп,
Өлчүнүн кара көзү – деп,
Көк жалды тартып жиберип,
Ошол чапкан айбалта,
Арстан төрөң кенебей,
Сарыбайдын балтасын,
Кайра кагып калды эле,
Тону калың төрөнү,
Тон көтөрүп калыптыр.
Тоодой Манас арбагы,
Чоң көтөрүп алыптыр.
Кийген тону Аколпок,
Жоого ылайык чак олпок,
Жакасы болот, жеңи жез,
Жетик кылган ок өтпөс,
Тийген жери сүзүлүп,
Сарыбайдын айбалта,
Уңгусунан үзүлүп,
Сыр найза колго алгыча,
Сырты кара, боору көк,
Сырттаның найза сайгыча,
Ал Сарыбай капырдын,
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Араан ооз сыр жебе,
Ааламга тозок аңгеме,
Ала коюп кутургур,
Аны менен төрт атты,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй бузуп ок атып,
Опсуз күчкө салды эле,
Желмаянга мал жетпей,
Сарыбайга ал жетпей,
Бөлөнгөн огу жеткенде,
Каарды мындай баштаптыр,
Манас шер уулу бадырек,

www.bizdin.kg

Ар буудандын үстүнөн,
Кулап кете таштаптыр.
Чымындай жаны чыркырап,
Сай сөөгү быркырап,
Эрдик кылган эки кол,
Өөдө болбой шал болуп,
Былкылдабай бүткөн бой,
Көз тумандап дал болуп,
Ээринен арт кетип,
Үзөңгүдөн бут кетип,
Окоро түйгөн ак чылбыр,
Оңдоп колго алалбай,
Алтын таман үзөңгү,
Арбайып бутту салалбай,
Бойду оңдоп алалбай,
Чымындай жандан түңүлүп,
Чыдай албай көк жал шер,
Чын жапа тартып турду эле.
Уңгусу болот, учу курч,
Учмагы дүмөк сыр найза,
Баса кармап бадырек,
Баатыр көк жал эр чиркин,
Селдей толкуп бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Көк жал айза салды эле,
Айза кыйрап күл болду,
Желмогуз уулу капырга,
Ал жетпеген күн болду,
Белден найза бүктөлдү,
Бегирээк жанга күч келди,
Кутурган чочко болбоду,
Астындагы ар буудан,
Тизеден жерге орноду,
Сарыбай чочко оңбоду.
Сарыбай айтат мындай кеп,
Шылдың кылдың мындай – деп,
Ой, Манастын уулу бадырек,
Өлбөй салам чоң дүмөк,
Такыр жыйна калкыңды,
Кошой, Бакай алпыңды,
Койбой байлаган белиңди,
Бек арман калбай чакырган,
Бекип аткан жериңди,
Каарланып какайсам,
Көп урушуп нетесиң,
Жана жиним кармаса,
Таш-талкан болуп кетесиң.
Айбатымды көрөсүң,
Кан атаң Манас бир болсун,
Казыр менден өлөсүң.
Каар төгүп оолуксам,
Калбай жапа көрөсүң,
Кармасам бүктөйм белиңди,
Карып кылам элиңди, –
Деп, ошентип Сарыбай,
Өзөн чуңкур тоо жолду,
Бүктөп кетип баратат,
Куйкаланган кутургур,
Барган сайын ушинтип,
Күчөп кетип баратат,
Эренди байлап көп алып,
Оңбой кетип баратат,
Басар жагын адамдын,
Торгоп кетип баратат,
Ал Сарыбай капырга,
Табылып жакса чок өтпөй,
Кармашканда кол өтпөй,
Ак келте атса ок өтпөй,
Чама чарчап ал жетпей,
Желмаянга мал жетпей,
Эрдик качып шайланып,
Бактылуу базар байланып,
Айбалта найза жутулуп,
Ок өтпөгөн Аколпок,
Быт-чыт болгон тытылып,
Желмогуз уулу доңуздун,
Баатырлыгы билинип,
Манастан тууган арстан шер,
Аманат жандан түңүлүп.
Ал жетпеген капырга,

www.bizdin.kg

Алакандар союлуп,
Ок өтпөгөн Аколпок,
Быт-чыт чыгып чоюлуп,
Буласы булап өтүптүр,
Заман чогу кубулуп,
Сарыбай түпкө жетиптир.
Чама чарчап ал кетип,
Көк жал турду минетип,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Ак марал кууп, уй кылып,
Асыл шерди буй кылып,
Эрен өлүп, жан өлүп,
Кезиккен балбан дагы өлүп,
Сарыбай салды баланы,
Атасы канкор эр чиркин,
Каарланып күйүнүп,
Кайран жандан түңүлүп,
Чама чарчап ал жетпей,
Чоң капкага токтолду.
Каарланып кайран шер,
Качанкы жинди жоктоду.
Ошо кезде Семетей,
Каарланды бакырып,
Күлчорону чакырып,
Эй, Күлчоро каралдым,
Өйдө тартса өбөгүм,
Ылдый тартса жөлөгүм,
Астыга салсам ак жолум,
Аркасы бийик сан колум,
Чөлдө түптү чынарым,
Кара кашка тынарым.
Эрен көрдүм, шер көрдүм,
Эпсиз шумдук мен көрдүм.
Байлады белем багымды,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Сындырды белем шагымды.
Чыркыратып элимди,
Чын байлады демимди,
Жазайыл атсам, чок өтпөй,
Жаның чыккан чочкого,
Очогор атсам, ок өтпөй,
Чама чарчап, ал кетип,
Чын шылдың болдук минетип.
Мен Семетей болгон,
Көк болоттой толгон,
Майтарып журт кырып,
Каптоодон бийик тоо алып,
Кармаштан түмөн жоо алып,
Берен энем тууганы,
Эр Манастан жаралып,
Кыймылдап жерге турганы,
Балбан көрдүм, шер көрдүм,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Чын балакет мен көрдүм.
Алышып найза жетпеди,
Атса мылтык өтпөдү.
Туура жагым тул кылды,
Эрендерди бүктөдү,
Эсилдүү жанга күч келди,
Алтымыш мүшкүл, сексен дарт,
Көрсөк башка бут келди,
Чама качып, дал болдум,
Былк этпей колум шал болду.
Ай-ааламды буй кылган,
Айкөл абаң шер болуп,
Азырында курган жан,
Сарыбайга ал жетпей,
Кара жер менен тең болдум.
Ардыгымдан курган жан,
Жалындап ичим чок болуп,
Жардай абаң жок болду,
Ай караңгы түн белем,
Кас ажал жеткен күн бейм,
Ал сакардай эр абаң,
Сарыбайдан өлөт белем.
Кайра тартпас чын жайды,
Кайрылбай бу баш көрөт бейм.
Элүүдөп өлчөп укумду,
Калтырбай кырып тукумду,
Өзөндөн селим сурбасын,

www.bizdin.kg

Өкүлдөгөн кутургур,
Өрт өчкөндөй кылбасын,
Кармаш кылды катуулап,
Желмогуз уулу чочкону,
Уруучу Кудай урбасын.
Түпкө түптүз жеткидей,
Түк койбой кырып кеткидей,
Ойронду опсуз салат бейм,
Ордолуу кары, тул катын.
Олжо кылып алат бейм.
Бек урушуп ит менен,
Бейлим кетти бекчейип,
Көп салышып кул менен,
Эки көзүм чекчейип.
Кабыргам кетти кайышып,
Баатырдык көңүл, эр кайрат,
Барың кеттиң майышып,
Сарыбай кайдан токтолду,
Ааламдан аша шок болду,
Тышым жалын, ичим чок,
Дене боюм от болду.
Багалчагым майышып,
Барлык чамам кайышты,
Өлөйүн дөп өлө албай.
Өлүүгө кызык куу жанды,
Ушинтип турам кыялбай.
Кыргагы болот чепкенди,
Кыйындап сайсам бөлүнбөйт,
Кара тажаал Сарыбай,
Артта мура тукумга,
Ботом, кылчаяр түрү көрүнбөйт.
Жер жайнаган сан колум,
Жез найза сайсам бөлүнбөй,
Желигип калган кан ичме,
Жан койчу түрү көрүнбөйт.
Төбөндөн тийген Сарыбай,
Сарыбай менен салышып,
Асыл жан жаман тарыдай,
Кымбаты абаң карыды,
Ок өтпөс тону бөлүндү,
Орой тууган кызыталак,
Суутат экен деминди,
Олжо кылып чубатып,
Кыргындап кыргыз элимди.
Муну үчүн көөнүм бөлүндү,
Таласка аким болот бейм,
Такыр жаңжал чыр салып,
Талкандап жанды сорот бейм,
Караалды бута таштабай,
Бул канкор Манас тукумун,
Калтырбай кырып сорот бейм.
Найзакерди утат ко,
Айлалууну жутат ко,
Талыкпай кирген кутургур,
Тарыпты койбой тытат ко,
Калтырбай канды сорот ко,
Качырган түрү бек бузук
Кактабай канды сорот ко,
Эр Күлчоро, сен Сейтек,
Карандар мында турасың,
Катуулады кутургур,
Андай айла кыласың.
Мөңкүсө ыргып чыгалгыс,
Орго түшмөк болдук ко,
Чалынсак чыгалбас.
Торго түшмөк болдук ко,
Керишип кечип чыгалгыс,
Шорго түшмөк болдук ко.
Каары күчтүү капырдын,
Казатка чыккан баатырдын,
Дегенине көнсөк бейм,
Каалаганын берсек бейм,
Аргын менен кыргыздан,
Кыл таштабай жыйсак бейм,
Айчүрөктү баш кылып,
Алтымыш жубан, сексен кыз,
Азыр тартуу кылсак бейм.
Жердин чыңы Чаткалдын,
Жетиктеп жолун чалсак бейм,
Жээк жерге багып, эл сактап,

www.bizdin.kg

Ачууланган доңуздан
Аман-эсен калсак бейм.
Өкүмүнө көнсөк бейм,
Өлбөс жакты бааналап,
Каалаганын берсек бейм.
Төрт түлүк малдын баарысын,
Өлүүчү Бакай карысын,
Өкүмүң өлчөп тыйгын – деп,
Барча журттун баарына.
Башчы болуп тургун – деп,
Калкка кабар салсак бейм,
Баш чаптырып, кан төкпөй,
Тартууга берип мынчаны,
Талашпай аман калсак бейм.
Семетей айтып мындай кеп,
Сүйлөп турду мындай – деп,
Баласы Сейтек, Күлчоро,
Берендиги билинип,
Бек мүшкүл кандай бу кеп – деп,
Берендер турду күйүнүп,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Чылгый ичи өрт жалын,
Чыдай албай оолугуп,
Чын Күлчоро кеп баштап,
Караным абам оңбойсуң,
Ар качандан бир качан,
Көөдөктүгүң койбойсуң.
Эрдигиң мол, эсиң аз,
Эңгил-деңгил кишисиң.
Кокуй абам кабылан,
Бул сөзүңдү ким уксун.
Көз байлап кара түн уксун,
Казылган кара көр уксун,
Капчалдан аккан суу уксун,
Катуу кара жер уксун.
Жер майлаган баатырга,
Желмогуз уулу капырга,
Кордукка кантип көнөбүз,
Күндүзү сапар, түнү оюн,
Күрдөөлүү кара кыргызды,
Алтын түркүк мураны,
Бел байлаган белимди,
Короолуу чынар элимди.
Киндик кесип, кир жууган,
Кишмели мура жеримди,
Жерге тутка элимди.
Өкүлдөгөн өлгүрдүн,
Жалаңкыч сындуу капырдын,
Жан жалмаган баатырдын
Сөзүнө кантип көнөлү.
Табылбас мура мөмөнү,
Душманга кантип берели.
Өлүп, житип, жок болуп,
Жер кордугун көрөлү.
Ордолуу мура кайран журт,
Душманга кантип берели.
Кыраан Бакай каныбыз,
Кылча калбай жалгыз тал,
Кылайтып калбай жалгыз жан,
Кыргын болуп кетели.
Аргын кыргыз эрендер,
Атуулу толкуп жыйылып,
Жалдоого калбай жалгыз жан,
Жалпы чогуу кырылып,
Тирүү туруп нетели.
Чама келсе чапчышып,
Айбалта колго алышып,
Арманы жок салышып.
Мандай-тескей турушуп,
Жан аябай урушуп.
Бардык чопкут бөлүнүп,
Чын керек бу жан төгүлүп.
Чындап кыргын кылабыз,
Чымындай жанды кыябыз.
Алпты, шерди сорду – деп.
Ала-Тоодой кыргызга
Сарыбай султан болду – деп.
Желмогуз уулу баатырга,
Кезиккен заман акырга,
Кай сөзүнө көнөбүз.

www.bizdin.kg

Кандыкты кантип беребиз,
Сарыбай паша болду – деп,
Канетип кочкор кылабыз.
Калтырбай жанды кыябыз.
Сарыбайды кан кылып,
Кай мураска жетебиз?
Түк токтобой урушуп,
Түгөнүшө кетебиз.
Аппак сакал чагыбыз,
Кызыталак куу жанды
Курманга байлап баарыбыз
Бу дүйнөдөн өтөбүз.
Кыйын баш талкан болгуча,
Кырылыша кетебиз, –
Деп, күүлөнүп Семетей,
Ай бөксөрүп, күн өткөн,
Алыш кылып минетип,
Какайган катуу белимди,
Болоттой кайрап демимди,
Өлбөй кантип берейин,
Атам Манастан калган элимди.
Катуулаган чочконун,
Каарына кантип көнөйүн.
Кармашып жатып кул менен,
Калтырбай каным төгөйүн.
Баатырдыгын, шердигин,
Которуп кайра билейин.
Сарыбай кан дедиртпей,
Кас ажал жетип күн бүтсө,
Казылбай көргө кирейин, –
Деп, ошентип Күлчоро,
Калайманды баштады.
Кайран жанды таштады,
Кагышка кирди камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Жер тумандап, буу болуп,
Ач айкырык, дуу болуп,
Көргөнгө шумдук дуу баштап,
Сарыбайга чыр баштап,
Асманга учуп топурак,
Адам кайнап топурап,
Чындап уруш салышып,
Баатыр көк жал Семетей,
Күлчоро, Сейтек бул үчөө,
Өлүмдөн жанды аяшпай,
Кагышты катуу салса да
Тажаал экен кутурган
Күчөп барат Сарыбай.
Кагышты катуу баштады,
Кайран жанды таштады.
Айгайлап тизгин жыйышып,
Найза жанчып, балта уруп,
Карсылдашып урушуп,
Жабдык кыйрап утулуп,
Ок өтпөс кымбат баалуу тон,
Быт-чыт болуп тытылып,
Кол чуркурап бөлүнүп,
Желмогуз уулу капырдын,
Козголбос түрү көрүнүп,
Каарын төгүп кенебей,
Кармашкан чоро Семетей,
Жан катарга теңебей,
Жадалдык каар эрдикти,
Жаның чыккан чочкого,
Берген экен ченебей.
Чоюн башын чок кылып,
Кабылган эрди жок кылып.
Кезиккенди кемирип,
Беттешкенди жемирип,
Бүлүк кылган чыр салып,
Кабылан жанды бир салып,
Катылганды майдалап,
Балбандары кайкалап,
Беттешкендин баарысын,
Тоңкойткон экен найзалап.
Жадаалдашып турушуп,
Жаңжалдашып урушуп.
Жан коёр түрү көрүнбөйт.
Сарыбайдын жумушун
Ар кезген кыйрап чок болуп,

www.bizdin.kg

Кол ичинде Сарыбай,
Чын жаңжал салды бир далай.
Жалпы аябай кайрандар,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөн бетер ок атып,
Калк чуркурап, жер жайнап,
Сарыбайга ал жетпей,
Эл эндиреп шор кайнап.
Кагыштан эчен эр өлүп,
Кара тажаал күн болуп,
Кайран жанга күч келди.
Маңдайлаша жапырып,
Желмогуз уулу Сарыбай
Кайраттанып бакырып,
Топурак учуп туз кайнап,
Тополоң түшүп кол жайнап,
Ал жеталбай шор кайнап,
Эрендин баары утулуп,
Жай-жарак сынып тутулуп.
Ажалы жетпес кээ бир жан,
Жарадар болгон кутуруп.
Ажал жетип күн бүткөн,
Сарыбайга тутулуп,
Беттешип берен өлүптүр,
Кайра келбес чын жайын,
Кадыр Алда кудурет,
Канча адам көрүптүр.
Күнү бүткөн өчүптүр.
Чын ажал жеткен кээ бир жан,
Сарыбайдын колунан,
Чын ажалы бүтүптүр.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Кан жуткучтун өзү экен,
Чылгый балаа өзү экен.
Кабылганды кайсачу,
Тажаалдын кара көзү экен.
Мүшкүлү калың шору экен,
Жаралган бенде уулунда,
Жан кыйгыч мындай жок экен.
Алыш кылып чыр баштап,
Адам алы жетеби?
Айбашы кыйын акмакка,
Арстан тиши өтөбү?
Каарын төгүп бет алып,
Болот найза көтөрүп
Очогордон от чыгып,
Чокморунан чок чыгып,
Кара мардай токтолуп,
Кабылган адам жок болуп.
Айбаттанып ок атып,
Алышкан жанды жоготуп.
Аябай бүлүк чоң жаңжал,
Кан төгүлүп катагы,
Ааламга чоң дүмөк,
Сарыбайдын чатагы.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жаанын огу дыркырап,
Кабылып аткан калың кол,
Айбатына чыдабай
Жабыла качып чуркурап.
Алыш кылып, ал жетпей,
Эрендер жандан түңүлүп,
Чындап кыргын башташып.
Чымындай жандан эрендер,
Чын эле кечип ташташып,
Чындап кыргын болушту.
Желмаянга мал жетпей,
Сарыбайга ал жетпей,
Дегенине көналбай,
Тирүүлөй журтту бералбай,
Тиктешип кыргын болушуп.
Ар бир баатыр, көп балбан,
Кылмышы жок союшуп,
Эрендин баары бет болуп,
Жаңжал күйүп өрт болуп
Дууга кирип алышты.
Адам көзү жеткисиз,
Чууга кирип калышты.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Асылдын баары алсырап,
Эр Семетей, Күлчоро,
Катардан экөө кансырап,
Калайман тартып калышып.
Семетей уулу эр арстан,
Эр Сейтек кирген салышып.
Сарыбайдын атагы,
Эр Сейтектин чатагы.
Салышпай эрлер жатабы?
Качыра келген Сарыбай,
Чатагына көнчүбү?
Өлүп-житип жок болбой,
Кыйрылуу журтун берчүбү?
Сарыбай менен эр Сейтек,
Маңдай-тескей турушту,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушту.
Ким көргөн мындай жумушту,
Жаанын огу дыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлдү шыркырап.
Кете берген адамга,
Кемегедей бир жерди,
Кесе чаап оюшуп,
Кемин ошол болор – деп,
Кийими менен коюшуп.
Кармаш кылып көп балбан,
Сарыбай салып чоң жаңжал.
Ирмешине жан жетпей,
Сарыбай уулу чочкого,
Кармаш кылса ал жетпей,
Карандай жаңжал башташып,
Малы түгүл жанынан,
Такыр кечип ташташып.
Эрен өлүп, жан өлүп,
Кабылып балбан ал өлүп,
Эчен күлүк аттардын,
Ээри түшүп сооруна.
Мойноп жүргөн дагы бар,
Эсил кайран бир боорум,
Баланча жерге өлдү – деп,
Боздоп жүргөн кыйла жан.
Кыйын айгай чуу болуп,
Акыл таппай шашышып,
Алапайын табалбай,
Сарыбайдан качышып.
Желмогуз уулу капырдын,
Эрендин баарын самсытып,
Айдап чыгып келатат.
Кезиккенди жөн койбой,
Жайлап чыгып келатат.
Жер бузулуп, зоо көчүп,
Эл чуркурап тоо көчүп,
Асман жарык, жер бүркөө,
Алеңгир жаа чыр болуп,
Эл бузулуп, кол жайнап,
Эрендер качып жер жайнап,
Ар кезде аргын кыргыз журт,
Сарыбайдын каарынан,
Журт бүлдүргөн заарынан
Калың кыргыз көп аргын,
Качып кирер жер таппай,
Казылган чуңкур көр таппай,
Калың кол качып чуркурап,
Кайран жандан түңүлүп,
Эр Семетей көк жалган,
Калың эл качып кириптир.
Орто жерин Сарыбай,
Оюп чыгып келатат.
Кабылганды кашайтып,
Союп чыгып келатат.
Кезиккенин кемирип,
Кабылганын качырып,
Кара болот найзасын,
Кез болгонго матырып,
Эрен качып бөлүнүп,
Ажалдуу каны төгүлүп,
Айбаттанган Сарыбай,
Жалаңкыч түрү көрүнүп,
Жадаалды жаман салыптыр.

www.bizdin.kg

Кыйрап кыргыз көп аргын,
Кыйын мүшкүл көрдү эле,
Каса жеткен өлдү эле.
Эр Семетей көк жалга,
Качып келип журт чуулап,
Артына айтып турду эле,
Сарыбайга ал жетпес,
Дартын айтып турду эле.
Баатыр элең, шер элең,
Бараандуу каран сен элең.
Сурап ичсе тойбогон,
Согологун койбогон.
Баатыр кыргыз эл элең,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Баатыр чоң тозок салды бир далай.
Чапчыш кылдык капырга,
Кан төгүлүп ал кетти,
Кайран жанды жүдөттү.
Өзүң тосуп албасаң,
Кашайта көздү оёт бейм.
Кармап алып соёт бейм, –
Деп, ошентип үч эрен,
Жаңжалды жаман баштады.
Кармашканы Сарыбай,
Кайран жанды таштады.
Маңдайлаша барышып,
Жан аяшпай салышып,
Жаман жаңжал салышты,
Жанды кечип ташташып,
Чындап колду жыйышып,
Чымындай жанды кыйышып,
Согуштан дене быркырап,
Чымындай куу жан чыркырап,
Жадаалдашып калышты.
Жан аябай салышып,
Жаман жаңжал болду эле,
Желмогуз уулу доңузга,
Алыш кылса ал жетпей,
Найзалашса мүлк өтпөй,
Кезме-кезек урушуп,
Кежирди кенен кылышып,
Мыктап кыйла урушуп,
Бүткөн бойлор дан болуп,
Кайран баш челек кан болуп.
Жан эргиткен жыргал күн,
Бир көрүүгө зар болуп.
Сарыбайга ал жетпей,
Көйкашкалар кар болуп,
Жарадар болуп сандалып,
Ааламдан мындай болбойт – деп,
Ата көк жал, улук шер,
Сарыбайга таң калып,
Үч берен минтип турганда,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Чагылгандай чартылдап,
Калың колду жепирип,
Талап келип турду эле.
Кармалашкан балбанды,
Катуу баштап жаңжалды.
Жаанамдан мыктуу эле,
Эчен балбан, эчен шер,
Эңкейтип жерге тыкты эле.
Чын белсенип жоо сайып,
Чымырканып кол сайып,
Чын баатырды жапырып,
Эрендери кайда? – деп,
Ээлигип бакырып.
Кас кылганын найзалап,
Качырган жагын майдалап.
Канкор Манас тукуму,
Кан Семетей, Күлчоро,
Балбаны Сейтек кайда – деп,
Жамандарын жапырып,
Жадаалы согуш чоң жаңжал,
Эрендерин бакырып.
Жабылган колду найзалап,
Эр Күлчоро, Семетей,
Теңдешчү экөө кайдалап.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Кыйкырыгы таш жарып,

www.bizdin.kg

Бакырыгы баш жарып,
Кутургандай көз жайнап,
Курчу толуп тиш кайрап.
Каар салып күүлөнүп,
Каражолтой доңуз кул,
Эрендерге сүйлөнүп,
Эпсиз жаңжал салды эми.
Адам үркүп, калк качып,
Артык жаңжал болушуп.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Беттешсе кандар төгүлүп,
Бейлеп көрсөң Сарыбай,
Жан алчудай көрүнүп.
Өкүлдөгөн кутургур,
Өкүм сүйлөп күүлөнүп.
Өкүрөндөп чамынып,
Чоң жаңжалга камынып,
Толкуп жанып күүлөнүп,
Калың журтка сүйлөнүп,
Барабанын ургулап,
Бакырык салып, журт кыйнап.
Калың кыргыз качпа – деп,
Катууласаң талкалайм,
Тобунду топот кылбасам,
Токтотпой тегиз кырбасам,
Кайрандарың сойбосом,
Каныңа мыктап тойбосом.
Баатырың байлап албасам,
Балаалуу мүшкүл үлкөн каар,
Көп бүлүккө салбасам,
Сарыбай болуп нетейин,
Желмогуз атам артынан,
Так бүгүндөн калбай кетейин.
Экөөлөсөң экөөлө,
Өзүм болом жекеле.
Баарыласаң баарыла,
Баарынды сыйпап кырбасам.
Бардыгер түгүң таштабай,
Чыр күчөтүп турбасам,
Алты ай тынбай мен жүрүп,
Убара чаркот тиздедим.
Кан Манастын тукуму,
Калтырбай кырып кетүүгө,
Ордого ойрон салууга,
Оңдурбай элин чабууга,
Калкын карап кырууга,
Калтырбай элин кырууга.
Катынын олжо кылууга,
Канча жылы, канча күн
Кастарым тиктим, тикийдим.
Караганым кабылып,
Беттешкен жоом табылып.
Эригип калдым ойноймун,
Ачка келдим тойбоймун,
Каарланып какайсам,
Кан Манастын тукуму,
Тутамдап түгүн койбоймун,
Сөөгүн сөпөт кыламын,
Сүйөгөнүң жыгамын.
Каарлансам утамын,
Күркүрөсөң күүлөнсөң,
Калтырбай калкың жутамын.
Кара тажаал көзүмүн,
Шимирсе канга тойбогон,
Чоң соргоктун өзүмүн.
Атым балбан Сарыбай,
Олжону бер тарыбай,
Айткан сөзгө көнбөсөң,
Бул олжону бербесең,
Талкан болуп таруудай,
Кыстоо жаңжал чоң көрүп,
Кырыласың Сарыбай,
Койбой кырам башынды,
Кордуктап ичем ашынды.
Олжолоп алып узунду,
Тартып алам кызынды.
Тием жылкы малынды,
Каарым келип какайсам,
Агызам суудай каныңды.
Байлап оолуксам,

www.bizdin.kg

Семетей менен Күлчоро,
Баатырсынган каныңды
Өлтүрбөй бүктөп белиңди,
Өрттөп жайыт жериңди,
Канжарлап азыр жаяйын,
Көкүрөктө чериңди, –
Деп, Сарыбай желигип,
Тажаалдык салып ээлигип.
Ооручудай демигип,
Сарыбай турду күүлөнүп,
Жалпы журтка сүйлөнүп.
Айтканым ушул билип ал,
Азыр талкан болорсуң,
Ашпай-шашпай тилимди ал.
Алтын да бер, дилде бер,
Ал дилдени артууга,
Ар сонундап малды бер.
Өлбөй-житпей жарыктык,
Тил алсаңар көрүңөр,
Тил албасаң, калың журт,
Караңгы көрдү көрүңөр,
Дорбого сал, дилде бер,
Дилде артууга билди бер.
Бу буйрукту билип ал,
Талкаланбай тилимди ал.
Киштелүү кийим тиккенге,
Ургаачыдан узду бер.
Ойноп кумар жазганга
Кабакты күлдөй ачканга,
Бир жакындап беттешип,
Бир табактан эт жешип,
Олжолоп зайып кылууга,
Ойноп күлүп турууга,
Оймок ооз, бото көз
Кең көкүрөк, чалкар төш,
Келишимдүү бото көз
Келин тандап, кызды бер.
Өкүм болсоң, шер болсоң,
Салышкан жерге келиңиз,
Чамаң келсе, ой, кыргыз,
Айткан олжо бул салык,
Азырдан калбай бериңиз.
Айтканыма көнбөсөң,
Каалаганды бербесең,
Оолуксам кыргыз өлөсүң,
Кетсе келбес чын жайды,
Көз алдымда көрөрсүң, –
Деп, ошентип Сарыбай,
Жадал салып байланып,
Тоодой чокмор майланып,
Кайра жаачу булуттай,
Каар бетине айланып.
Айбатынан күч чыгып,
Эки беттин отунан,
Ажыдаардай түк чыгып,
Бедели суук, заары күч,
Бет алганды кылчу түз.
Бейли кара чочкодон,
Бек жаңжал кылып турду эле.
Эр эндиреп, журт шашып,
Катуу мүшкүл болду эми.
Сарыбайдын чатагы,
Чатак мүшкүл иш кылбай,
Кез болгонун түз кылбай,
Кежир болбой жатабы?
Эр чуркурап, журт чуулап,
Эсеби жок жан куурап,
Чын жаңжалды башташып,
Чымындай жанды ташташып,
Жан өрттөнүп күйүнүп,
Бар буюмдан түңүлүп,
Калк чуу түшүп сорулуп,
Катуу коркуп капырдан,
Кара тажаал такырдан.
Калк айрылып акылдан,
Катуу мүшкүл көргөн түш,
Кылымда болбой мындай иш.
Кызыл кыргын, куу сүрөөн,
Журт бүлүнүп чоң чатак,
Желмогуз уулу капырдын

www.bizdin.kg

Жеткен заары күч болду.
Маңдайлашып барышып,
Сарыбай менен салышып.
Жети күнгө аралап,
Семетей чыкты кан болуп,
Бүткөн бойго кан толуп,
Жетимиш жерден жара жеп.
Алмамбеттин арстаны,
Ар качан кирип аралап,
А да чыккан кан болуп,
Алтымыш жерден жара жеп.
Кызыл болот кынаптыр,
Кызыл кыргын согушка,
Кыргызга тоодой бел болуп,
Кызырлуу Сейтек чыдаптыр.
Чыканактап тынч албай,
Чырым этип уйку албай,
Жатып жанбаш талдырбай,
Жанбаштап мээр кандырбай,
Күндөп-түндөп салышып,
Кырандын түрү ушундай.
Эрендер кайдан аянып,
Сарыбай кууп жүдөтүп,
Чыңыроон чалбай күйүнүп,
Чымындай жандан түңүлүп,
Таласты беттеп калышып,
Ат соорусун салышып.
Акылдан артык шашышып,
Таласты көздөй качышып.
Чын жапаны тартышып,
Чын жандан жаман түңүлүп,
Чымындай жандан шашышып.
Арманын айтып күйүнүп,
Аманат жандан түңүлүп.
Оолугушуп эрендер,
Чоң капкага топтошуп,
Байыркыны жоктошуп,
Семетей сүйлөп арман – деп,
Күйүт сөз айтып мындай – деп,
Көк жал сүйлөйт мындай кеп.

СЕМЕТЕЙДИН САРЫБАЙГА АЛЫ ЖЕТПЕЙ, АРМАН КЫЛГАНЫ. САРЫБАЙ КҮРКҮРӨП, ЭЛДИ КЫРЫП ТУРГАН ЖЕРИ

Ак сакалдуу акжолтой,
Карың мында турасың.
Карааны каптоо Күлчором,
Баарың мында турасың.
Мен Семетей болгону,
Болуп өсүп толгону.
Ардай арстан Манастын,
Абелинен сызганы.
Берен энем Каныкей,
Жатынынан чыкканы.
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп.
Жетим калып жетилип,
Жергеге эптеп кошулуп.
Канга тоюп катыгын,
Канкор көк жал атыгып,
Туланды жерге тутатып,
Өзөндү бузуп өрт салып,
Капчал бузуп көч алып,
Кагышкан жерден өч алып.
Кара сууга кан куюп,
Кабылан көк жал атыгып,
Адегенде мен кургур
Ак болотум майладым.
Ачуума азыр тийгенде,
Абакем экен дебестен,

www.bizdin.kg

Абыкени жайладым.
Көп жиндилик бала кез,
Көз алды минтип өтүптүр,
Кызыталак куу жалган,
Алдап өтүп кетиптир.
Бүгүн мындай, эртең жок,
Алдап салган азгырып,
А кетет экен дүйнө бок.
Көп жиндилик бала кез,
Көп акыл билбей айран эс,
Бир кезекте чунак жан,
Суу ич десе, уу ичтим.
Кан төк десе, жин төктүм,
Бөрк ал десе, баш алдым.
Көк болотту майладым,
Көп жиниме тийгенге,
Көп арка кылган жакыныңы,
Көп ашканды жайладым.
Көп туткагым кармаса,
Атам Жакып канды жалмадым.
Жалмаймын деп жарбадым,
Кече кырк чоро кыргын салганда.
Көк төбөгө чоңойбой,
Менин ар кылган ишим оңолбой,
Атаңдын көрү шордуу жан,
Ошондо өлүп жоголбой.
Кайраттуу болбой кем болбой,
Сарыбайга сайдырып,
Сарала болуп жүргүчө,
Өлүп-өчүп жоголуп,
Кара жер менен тең болбой.
Чамасыз болбой жок болбой,
Бенде болуп жаралбай,
Жерге сиңип бок болбой,
Болбой калган экемин.
Кайрат качып, бел сынып,
Оңбой калган экемин.
Кайра тарткыс чын жайга,
Өтмөк болгон экемин.
Калың элди чуулатып,
Кетмек болгон экемин.
Бу дүнүйөдөн курган баш,
Өтмөк болгон экемин.
Сарыбай толкуп эр чыгып,
Салмагым тоодой кайран баш,
Кара жер менен тең чыгып,
Атаңдын көрү бир убак,
Баштан көчүп өтүптүр.
Бардык ажал жалганчы,
Мактанган башка жетиптир.
Акыр-такыр куу дүйнө,
Аңтарылып кетиптир.
Убасы жок шум жалган,
Ушундай экен бейарман.
Дене куурап, күч кетип,
Болот кайрат бүт кетип,
Болбой калган экемин.
Торгогон экен дүйнө бок,
Күркүрөгөн эр чакта,
Күүлөгөн мүчө тең чакта,
Кең көкүрөк эр кайрат,
Күркүрөгөн шер чакта,
Мында неге өлбөдүк.
Жан жаралып эр болуп,
Сарыбайдай балааны,
Жер үстүнө көрбөдүк.
Кече кара шаар Камбылды,
Кармап турган кезимде,
Кас болгонду буй кылып,
Талап турган кезимде,
Мында неге өлбөдүм.
Кетсе келбес куу жайды,
Анда неге көрбөдүк.
Жеткилең бу баш барында,
Жетип чаптык Ооганды,
Биздин тырмак тийбестен,
Жеркең кайдан соо калды.
Маңдайдан буздук бараңды,
Алты шаар Кокон, Анжиян,
Бизге алдырбай кайдан соо калды,

www.bizdin.kg

Индия бузуп билди алып,
Кара көздөн миңди алып,
Нарга жүктөп дилде алып,
Алеңдү кызык көргөндү.
Көктөдөй чапты өңгөндү,
Мында неге өлбөдүк.
Бура тартпас чын жайды,
Мында неге көрбөдүк.
Топон суу жетпес Бээжинден,
Токтобой тулпар бууганда,
Тоодой-таштай Манастын,
Бет алып кунун кууганда.
Алтын түркүк чатырды,
Алтымыш жайсаң кенжеси,
Алоокенин Коңурбай,
Манастын кунун кууганда,
Байгамбар баспас Бээжинге,
Басып найза сунганда.
Топон суу жетпес Бээжинге,
Тополоңду кылганда,
Калдай өлүп, кан өлүп,
Кармашкан жандын баары өлүп,
Жерден муран чаң кетип,
Арыктап кара кан кетип,
Ай жылдаган алышта,
Асман жерлер бузулуп,
Мүшкүл артык чабышта,
Мында неге өлбөдүм.
Жан жараткан алп көрдүм,
Албан түрлүү калк көрүп,
Чын каза жетип өлбөдүм.
Каруусу толук капырды,
Кыстооду заман акырды,
Жер үстүнөн көрбөдүм,
Сарыбай өңдүү баатырды.
Желмаянга мал жетпей,
Коңурбай сойгон кайран кол,
Сарыбайга ал жетпей,
Өлөмүн деп өлалбай,
Өзүм жанды кыялбай,
Огунда калган экемин.
Каарлуу Сарыбайыңдын,
Огунда калган экемин.
Эр Сарыбай баатырдын,
Торунан өлмөк экемин.
Үлкөн тозок баланын,
Колунан өлмөк экемин.
Ашып-шашып антаңдап,
Жаман өлмөк экемин.
Семетей качты дедиртип,
Арам өлмөк экемин.
Мунар түшүп ок чыккан,
Чептен өлмөк экемин.
Семетей жоодон качты – деп,
Кептен өлмөк экемин.
Айгайлаган бир үлкөн,
Дуудан өлмөк болупмун,
Сарыбай журтту кырды – деп,
Сонунду мындай кылды – деп,
Чуудан өлмөк экемин.
Аты жаман эң мүшкүл,
Дуудан өлмөк экемин.
Тайгаланса токтобой,
Кырдан кетмек болупмун,
Далай адам дүм түшкөн,
Такырдан өлмөк болупмун.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Капырдан өлмөк болупмун.
Кече он төрт күлүк ат алып,
Олуя чалдан бата алып,
Айчүрөктөн кат алып,
Ооганды көздөй аттанып,
Чынкожого жүйөлөп
Кан Акунга күйөөлөп,
Кең ополдун оюнда
Чоң Үргөнчтүн боюнда
Каздырбай орун ойгондо,
Багыштын уулу Толтойду,
Басташып кармап салганда,
Баса калып Толтойду,

www.bizdin.kg

Курмандыкка чалганда,
Көк жалдыкты билгиздик,
Көбүн көргө киргизип,
Көр душманды билгизип,
Беттегенди буй кылып,
Бейпай мыкты салганда.
Бет алганды алганда,
Мында неге өлбөдүк.
Кайра келбес чын жайды,
Мында неге көрбөдүк.
Жаралганда кайран жан,
Ай-ааламга зор кылдык,
Калмышында арстанды,
Сарыбайга кор кылдың.
Ич өрттөнүп, боорум чок,
Чама чарчап, каруу жок.
Алаксытып ар кимди
Ушинттиңби дүйнө бок.
Туулганда адамды,
Ааламды бузган шер кылдың.
Тушугушкан душманга,
Кара жер менен тең кылдың.
Эндиретип элимди,
Эми жаман сындырдың,
Какайып турган белимди.
Карып кылып сөзүмдү,
Сарыбайга ал жетпес,
Каруусуз кылдың өзүмдү.
Ай-аалам бузган шер болуп,
Кетеримде кейитип,
Кара жер менен тең болдум.
Капа тартып кайгырып,
Караны бийик аска too,
Кайран журттан айрылып,
Кыйшаң кетип курган жан,
Кыр жагымдан чалдырып,
Кызырлуу элдин баарысын,
Сарыбайга алдырып.
Көңүлүмдү күнүмдү,
Болмок болгон экемин.
Желмогуз уулу капырдан,
Өлмөк болгон экемин.
Жаратканда кудурет,
Ай-ааламга зор кылып.
Желмогуз уулу капырга,
Калмышында кор кылып.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Табат белем жараңды,
Байлайт белем санааңды.
Олжолоп алып тынат бейм,
Катын менен баламды.
Кара жол кылып сайымды,
Түгөтөт белем шайымды,
Олжо кылып жээгимди,
Омурат белем белимди.
Желмогуз уулу бул капыр,
Жаралып чыккан шум акыл.
Чарасына чаң жетпей,
Адамды алсыз кылгыча,
Алда Таала кудурет,
Алса боло минетпей.
Бузулган экен көргөн түш,
Кыйрылуу дүмөк тартат – деп,
Кылымда барбы ушул иш.
Бузулган экен көргөн түш,
Калың эл чуулап буй болдуң,
Кабарда барбы ушул иш.
Сарыбайга ал жетпей,
Сарыга кул деп койгончо,
Манастан туубай өлсөмчү.
Талкандай тарткан жер алдым,
Өлүп бу жан көрсөмчү,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Жер өрттөнгүр зор болду.
Жеткилең элең зор болду.
Жеткилең элең курган баш,
Чама жетпей кор болду.
Жадаалдык кылса кеч болот,
Алсыз кылбай адамды,
Алып койсо не болот.

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

Чама чарчап ал кетип,
Беттешкенге ал жетпей,
Өлгөн жакшы минетип.
Чыдай албай чок болуп,
Чылгый ичи от болуп,
Чындап дүмөк көрдү эми.
Арстандарга, шерлерге,
Бармак болду Сарыбай,
Тиктегенин буй кылып,
Алмак болду Сарыбай.
Кабылганын качырып,
Кара болот найзасын,
Муштаган жерге батырып,
Каарланып сөгүлүп,
Кан жутчу түрү көрүнүп.
Найза даңгыл эң мыктуу,
Артык акыл эң ыктуу.
Найзачанды, эрлерди
Ашып кетти, Сарыбай,
Айгайлаган сан колду
Басып кирди, Сарыбай.
Эрендерди, шерлерди
Союп кирди, Сарыбай.
Беттешкенди буй кылып,
Акыр-такыр салганы.
Ааламдан артык көк жал шер
Күлчоронун арманы.
Алмамбет уулу Күлчоро,
Чыңыроон тартып жөлөнүп,
Чылгый канга бөлөнүп,
Айла таппай алактап,
Телкүрөң оозун буруптур.
Тегеренип далдайып,
Теңизин кыраан туруптур.
Кайран журтка кайгырып,
Ал-кубаттан айрылып,
Мүшкүл көрүп, зар көрүп,
Киши көргүс кар көрүп,
Токтунун майын тоң көрүп,
Ал Сарыбай чочкодон,
Тозокту жаман чоң көрүп.
Эр Күлчоро болгону,
Беттешкенди соргону,
Жекени белге курчанып,
Жети түмөн жоо келсе,
Жеке аралап кол салып,
Душманга болот ок болгон.
Түмөн жоого кол салса,
Уу ичкендей токтогон.
Кармаштан кайра тартпаган,
Беттешкен жоосу кайтпаган.
Баатыр элем, шер да элем,
Ачка арстан эр да элем,
Толкуган дайра сел элем,
Кең көкүрөк эр кайрат,
Кыргызга алтын туу элем.
Көп душманга кол салсам,
Азаптуу айгай чуу элем.
Жаралганда шер болуп,
Сарыбайга ал жетпей,
Бүгүн кара жер болдум.
Момундай жаман кем болдум,
Ала-Тоодой акмакка,
Найза жанчсам бөлүнбөй,
Кыргыздын тийсе колуна,
Кылчайчу түрү көрүнбөй.
Жашылы дүмөк сыр найза,
Жандата муштай бөлүнбөйт.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Жан койчу түрү көрүнбөйт.
Карандай тажаал көргөнмүн,
Кагыш кылып канча жол,
Кайкайталбай келгемин.
Ал жеталбай, ал качып,
Азапты тартып келгемин.
Серүүндөдү сөзүбүз.
Шерменде болдук өзүбүз.
Казылган калың орубуз,
Кайнамак болду шорубуз.
Күчөп турду Сарыбай,

www.bizdin.kg

Күркүрөгөн доңуз ай.
Эстеп тийип жылкыны,
Умачтай ачып уйкуну,
Каарлантып жаныңды,
Төкмөк болду каныңды.
Обол мурда жаратып,
Шай колдогон шер кылды.
Бу Сарыбай уулу кутургур
Кара жер менен тең кылды.
Ардыгымдан өлалбай,
Өзүм басып баралбай,
Капа тартып кайгырып,
Кайран журттан айрылып,
Көрүнөө мүшкүл бүт көрдүм.
Сарыбайдан күч көрдүм,
Чыркырадым күйүндүм,
Чымындай жандан түңүлдүм,
Сыягы суук, заары күч,
Чымындай жандан күдөр үз.
Кара адырмак зоо чыгып,
Катуу мүшкүл салыптыр.
Качып-шашып антаңдап,
Таластын бетин жөлөнүп,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Аргын менен кыргыздын,
Айдап чыгып келатат.
Ар кайсысын найзалап,
Жайлап чыгып келатат.
Көтөрмөнү Кошойду,
Ашып чыгып келатат.
Сарыбайдын чоң күчү,
Ташып чыгып келатат.
Алапайын табалбай,
Ажал жеткен жан өлүп,
Шашып чыгып келатат.
Белгилүүнү эрлерди,
Утуп чыгып келатат.
Беттешкенди соо койбой,
Жутуп чыгып келатат.
Айла таппай шашышып,
Токтой албай көп кыргыз,
Тоо жакалай качышып,
Жамгыр сындуу жабылып,
Жаанын огу куюлуп,
Күркүрөгөн жаа огу,
Күн бүткөнгө илинип,
Ажалдууга урунуп,
Мөндүрдөй огу куюлуп,
Тарай качып сабылып,
Эстен кетип качкан жан,
Семетей менен Сейтекке,
Журт чуркурап жалынып.
Ордонун баары бузулуп.
Ажал жетип күн бүткөн,
Сарыбайга тутулуп.
Ажалы жок кээ бир жан,
Өлбөй эстеп кутулуп,
Маңдайлашып турушуп,
Барсылдашып урушуп.
Кыйла кыргын чоң калба,
Болгон экен бир атак,
Калың элди дүрбөтүп,
Сарыбай салып чоң чатак.
Калк дүрбөп, журт чуулап,
Аң-таң уруп шашышып.
Айла таппай кайран журт,
Семетейге качышып.
Ооруктун баары таланып,
Эрендин баары жайланып.
Балбандардын баарысы,
Колго түшүп байланып.
Эрен коркуп жан өлүп,
Эсепсиз балбан дагы өлүп.
Камоо көрдү чоң жаңжал,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Куткарбай салды чоң жаңжал.
Калк чуркурап күүлөнүп,
Айыл башчы ыктуулар,
Он түтүнгө мыктуулар,
Элүү башы, он башы,

www.bizdin.kg

Эсил жандан түңүлүп,
Каарына чыдабай,
Жадаал салса бөлүнүп.
Жаман экен Сарыбай,
Калк жанынан түңүлүп.
Беттешкенди жайлаптыр,
Жашынбай адам калбаптыр.
Эр Күлчоро караса,
Эр Семетей жаралуу
Өлбөгөндөн калышкан.
Атасы көк жал эр Сейтек,
Бет алышып салышкан.
Сарыбай каары озуптур.
Күнү-түнү эчен түн
Жалгыз Сейтек тозуптур.
Айла чапсак ал кетип,
Тулпар күлүк мол кетип,
Күчү жанды түгөтүп,
Желмогуз уулу кутургур,
Калк бүлдүрдү минетип.
Жүргөнүнөн чаң чыгып,
Сарыбайдан жан чыгып,
Чыңырып кээ жан күйүнүп,
Чымындай жандан түңүлүп.
Кайратка найза ашташып,
Кадыр алда өлдүк – деп,
Кайран жанды ташташып.
Ашып-шашып ээлигип,
Ээликкенде күйүнүп,
Эл чуркурап эңтеңдеп,
Эсил жандан түңүлүп,
Калайык качып, жан шашып,
Катуу мүшкүл күн болду.
Ай бөксөрүп, күн өтүп,
Айкырык салып Сарыбай,
Тажаал болду минетип
Алар антип турганда,
Беризаада Айчүрөк
Мелтиреген бейтаалай,
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Чыдай албай бой-бойлоп,
Учканын жарык күн билип,
Кеткенин кадыр түн билип,
Нар бороюн сыдырып,
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Бейтаалай учуп кыдырып.
Бел байлаган бел издеп,
Ал Сарыбай капырга,
Бек салышар шер издеп.
Өчкөн отту тамызып,
Өлгөн жанды тиргизчү,
Үзгүлтүктү улачу,
Чачылганды жыйначу,
Акылга дааныш ыктууну,
Жоонун айласын билген мыктууну.
Желмогуз уулу кул менен
Жаңжалды жаман салчуну.
Караңгы башка күн тууса,
Ашыртып алчуну
Артыгыраак жандарга
Керектүү катын бейтаалай,
Бул аманат жанга күч келсе,
Ажыратып алуучуга,
Токтобой казат салчуга,
Бу тоо томкоргон күч келсе,
Айла тапчы эренди,
Акылга дыйкан эң билгич
Аябаган беренден.
Чырдуу жаңжал чоң дүмөк
Салып берген кези экен.
Кайыпчал кызы Куялы,
Ашкере чыккан балбан кыз,
Барып досун Айчүрөк
Алып келген кези экен.
Көктөн жылдыз боз болуп,
Качанкы дарты козголуп,
Балбан кыз менен дос болуп.
Бармактайда баш кошуп,
Кенедейде кезигип,
Биттей кезде биригип,

www.bizdin.kg

Бармактайдан баш кошуп,
Токойлуу чынар бойлошуп
Акыл кошуп, сыр айтып,
Кенедей күндөн ойношуп,
Селкинчек ойноп тартышып.
Жумурдагы түйүн сыр,
Бүткүл чечип айтышып,
Оромпой тээп ойношуп,
Шабиет ойноп болжошуп,
Жүргөнү чуңкур адырлаш,
Оюн бирге, жан бирге,
Баштадан жүргөн кадырлаш.
Жер айрылып козголуп,
Жети сапар дос болуп,
Буурул түндүн боюнда,
Карачач кыздын оюнда,
Курбалдаш деп кат ташып,
Чын тукумга күч келсе,
Ажыратып алууга,
Кармашкан мүшкүл жоо келсе,
Кагышты катуу салууга.
Ак буудай унун чайнашып,
Ак албарс мизин жалашып,
Ак боз бээни союшуп,
Андай-мындай дегенди,
Антка такыр коюшуп.
Убадасы бар экен,
Баш күндөн чын дос жан экен.
Жер түбүнөн эрикпей,
Барып келген кези экен.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Чалып келген кези экен.
Сарыбайга чоң мүшкүл,
Салып келген кези экен
Кайыпчал кызы Куялы,
Анык келген кези экен.
Балалуу Чүрөк шуркуя,
Барса-келбес чоң жолго,
Барып келген кези экен.
Дөө Куялы балбан кыз,
Алып келген кези экен.
Сарыбайдын жаңжалы,
Куялы кыздын балбаны.
Жанамдан эр экен
Такыянын кыруусу,
Он эки карыш бери экен.
Айчүрөк алып келген,
Аябаган эр экен.
Балбандыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча,
Себилди тоонун сексен төрт
Серпишкен жагы кызыл өрт.
Кыз Куялы чоң балбан,
Кылымга салган чоң жаңжал.
Кыздан чыккан балакет,
Балбанына чыдабай,
Эчен алп дөө күйүнгөн.
Куялы балбан кызы эр – деп,
Кыз атагын сурасаң,
Ай-ааламга билинген.
Көк такыя бөрк кийип,
Көк албарс кылыч ойногон,
Беттешкенди мент кылып
Чабышса канга тойбогон.
Жалаң болот тиздеген,
Жаңжалды өзү издеген.
Кагышканды койбогон,
Шимирсе канга тойбогон.
Үрпөксүз болот найза алган,
Жалантып кылыч байланган.
Кайыпчал кызы Куялы,
Ысык чөлдө туулган.
Ордо камап олжо алып,
Ааламга салган чуулган.
Жашта бала чагында,
Атасы Кайыпчалдын өзүнөн
Кара кан кара көзүнө,
Балбан кирген ал келген,
Айткан тонун кийбеген.
Багбансынган эрсинген,

www.bizdin.kg

Бар көйкашка эрендин,
Бирөөнө басып тийбеген.
Карагайдан ноо кылган,
Канча алптардын баарысы
Кастарын тигип чогулуп,
Азыр кызың бергин – деп
Кайыпчалга доо кылган.
Алп доо кылып келгенде,
Ал Куялы балбан кыз,
Ар качандан, бир качан
Ааламга бүлүктү,
Качанда болсо салган кыз.
Желбегей торго кийишкен,
Алп дөө менен тийишип,
Айтканына көнбөгөн.
Намысын жанга бербеген.
Болоттон учтап ок кылган,
Эрсингенди жок кылган.
Баатырсынган эренди,
Каршы чыгып байлаган.
Кармашка бир миң алп келип,
Албан түрлүү калк келип,
Кармаш кылып алышып,
Карсылдашып кагышып,
Маңдайлашып турушуп,
Кыз деп кордоп урушуп,
Бирөө тирүү калбаган.
Качырып чыккан дөө болсо,
Кармашып канын агызган.
Көк жалдыгын билгизген,
Салкынын санга тийгизген.
Салмактуусун эрдигин,
Эр майтарган шердигиң,
Ааламга бербей теңдигин,
Балбандыгы, шердиги,
Барча журтка билинген.
Басташам деп жүрөгү,
Алп жанынан түңүлгөн.
Кыздан балбан чыккан,
Ар мүчөсү тең чыккан,
Кылычын кыя байланып,
Эрдин кесе чайланып,
Кайра жаачу булуттай
Каар бетине айланып.
Көхардан топчу тагынып,
Көп алп дөөлөр багынган.
Чылк ок өтпөс кийинип
Чын жанынан түңүлгөн.
Куялы кыздын балбаны
Калкка жаңжал салганы.
Эрсинген келсе эңкейип,
Эчак сайып алганы.
Улугу дыңша улуу журт,
Көптүгү кыйла кара курт,
Бээжин журтка билинген,
Атын билген күйүнгөн
Айдыңына келген жан,
Аманат жандан түңүлгөн.
Боору кара, сырты көк
Ургаачы арстан кара көк
Топчулар жагы муштумдай,
Көргөнгө бу кыз ушундай.
Кайраты болот курчтай,
Көрсөң балбан ушундай,
Кыздан балбан неме экен.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Кезигишер кези экен.
Атын угуп алыстан,
Ай караңгы түн күнү,
Бир беттешип калышкан.
Кыйкырып найза салышкан,
Түн ортосу оогондо,
Таң мезгили жакын болгондо,
Желпиништин талаада,
Ээн сайдын урчукта,
Эзилген мойнок тумшукта.
Кайыпчал кызы Куялы,
Кадик балбан бу дагы,
Ат ойнотуп айкырган,
Таңга жуук мезгилде,

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

Сарыбай колун жапырган.
Жетиген таңга тутулган,
Жетимиш ээрин кыдырып,
Жеке өзү качып кутулган.
Балбандарын байлаткан,
Баатырларын жайлаткан,
Жаралуу болгон Сарыбай,
Алдырбай аман кутулган.
Алыша жүргөн колу – деп,
Сарыбай менен салышсам,
Дүйнөдөн кызык сонун – деп,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Ала жүргөн колум – деп.
Айчүрөктөн кеп угуп,
Каарлуу балбан Сарыбай,
Кармап атат деп угуп.
Эригип сөзү кеч болуп,
Бир беттешип калууга,
Эки көзү төрт болуп,
Чүрөктөн угуп желигип,
Кубанып ээлигип,
Баабединге бат айтып,
Сарыбайга барууга
Кызык уруш, чоң жаңжал,
Кутургурга салууга.
Кыз экен балбан дегизип,
Кылымдан атак алууга.
Ок өтпөс тонду кийинип,
Опсуз жарак байланып,
Желпиниш тоону айланып.
Кастарын тигип камданып,
Кас душманы Сарыбай,
Каршы алдынан табылып.
Желмогуз уулу капырдын,
Жер өрттөнгөн баатырдын,
Адамга заман акырдын,
Жаанам соргон такырдын,
Эрдигин эчак билүүчү,
Отурса, турса, тилеги,
Алышсам деп жүрүүчү.

Чалкылдашып көрүүгө,
Сан дүйнөсүн бөлүүгө,
Бир сайышып өлүүгө,
Тилек кылып жүрүүчү.
Эрте сөзү кеч болчу,
Эсепсиз жаңжал кылууга,
Эки көзү төрт болчу.
Сарыбай жөнү кайда – деп,
Кайыпчал кызы Куялы,
Уламадан улаган,
Билгичтерден сураган.
Карыя келип актаган,
Каары мынча болор – деп,
Узун кулак мактаган.
Муну уккандан Куялы,
Сарыбай жайын билүүчү.
Бир беттешип сайышка,
Кумар болуп жүрүүчү.
Желмогуздун такыры,
Сарыбайга барсам – деп,
Ал асман жарган ызы-чуу,
Беттешкенде салсам – деп,
Кан төгүлүп, жан өлгөн,
Калайман мүшкүл кылсам – деп,
Калк бүлдүргөн чочкону,
Өрт өчкөндөй кылсам – деп.
Сүйлөгөн сөзү кеч болуп,
Эки көзү өрт болуп,
Эбегейи эзилип,
Касташканы Сарыбай,
Самаган жайдан кезигип.
Баабединге бат айтып,
Ар тилекке ат айтып,
Өпкө көөп сүйүнүп,
Өлчөсөң балбан кыз баатыр
Көпкөк темир кийинип,
Каарданып, сумсайып,
Жекей боз белге курчанып,
Калк башкарган жандардай,
Ааламды бузчу балбандай,

www.bizdin.kg

Туулган адам балдары
Жаратат экен ар кандай.
Опсуз балбан Куялы
Олоңдой болгон кайран чач
Төбөгө кынап түйүлүү.
Ок өтпөгөн камка тон
Токсону катар кийилүү.
Сарыкер буудан ат минип,
Сарыкердин куйругун
Он эки бөлүп, чарт түйүп,
Көк ач албарс байланып,
Көк болот найза колго алып,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көркөмдүгү, эрдиги,
Кыз баатыры жыластын
Кызыл кыр тоодой көрүнүп,
Бараны башка буткулдай,
Басташканды жуткудай.
Кабарчыдан кеп угуп,
Кан Манастын тукумун,
Карап кылып Сарыбай
Камап атат деп угуп,
Аркары алтын ак күмүш,
Азапка салып эл-журтун,
Талап атат деп угуп.
Туздай кууруп тукумун,
Ашыгалы деп угуп.
Айчүрөктөн кеп угуп,
Адырын чалып жол кылып,
Алып кетти деп угуп.
Айылын кырып мүшкүлгө,
Салып кетти деп угуп.
Чынарды кыйып сулатып,
Ордонун баарын уратып,
Алтымыш келин, сексен кыз,
Жесир кылып чуулатып,
Төрө кандын көп элин,
Төбөсүнөн басты – деп.
Улук дөөсүн өлтүрүп,
Төрөдөн калган Таласка,
Кастарын тигип Манаска,
Алтын менен мүлктөрүн,
Жыйып атат деп угуп.
Арстан шердин тукумун,
Кырып атат деп угуп.
Тагдыры жетсе көрүүгө,
Чын кас ажал жетсе өлүүгө,
Чындашсам алтай салышып,
Каруусу толук капырды,
Кайрылса талкан салууга,
Канкор эр Манас тукумун,
Ажыратып алууга.
Салышты сандай кылууга,
Ууну-чууну салууга.
Улукман шердин тукумун,
Зордукчунун колунан,
Ажыратып калууга.
Билге жүктөп ок алып,
Атасы олуя журтун чогуу алып.
Сарыбай салып эңкейтсе,
Сары макмал кийүүдө,
Сайышка максат ушундай,
Семетейге тийүүгө.
Жоолашканы Сарыбай,
Жолумду балбан Куялы, ай,
Майданга чыгып жайланып,
Түпөксүз болот найза алып,
Түз кирип мүшкүл көрүүгө.
Түгөнүшүп берүүгө,
Алыстан кабар кеп угуп,
Азаланып токтобой,
Тулпардан тандап керди алып,
Азаматтан шерди алып,
Найзага даңгыл ыктуу алып,
Айласы жетик мыкты алып,
Кайыпчал кызы Куялы,
Кастарлуу балбан бул дагы.
Кас душман чыкса тойбогон,
Кагышпай аман койбогон,
Чын марал кууп уй кылган.

www.bizdin.kg

Чындашканды буй кылган.
Секиси сексен төрт болгон,
Серпери кызыл өрт болгон.
Ар арытып тиздеген.
Ар зордукчу мүшкүл жоо,
Ар дайым тынбай издеген.
Ааламдан алган атакты,
Аңдыган мындай чатакты.
Салмагы оор Куялы,
Зайыптыгы болбосо
Ааламга татыр уз эле.
Кайыпчалдын кызы эле,
Кадиктүү балбан өзү эле.
Атагы чыккан ааламга,
Каркыбардын көзү ошол.
Ай-аалам тоосун айланып,
Жай-жарагын байланып,
Эренден тандап кол алып,
Эң ок-дары мол алып,
Жай-жарактын баарысын,
Жекей бозго жүктөтүп,
Жетик дары болот ок,
Желмаянга жүктөтүп,
Келди жоо мына дегенсип,
Керней-сурнай тарттырып,
Келиштин жайы ушундай
Көлүккө мылтык арттырып,
Керней үнү такылдап,
Келдикпи деген куу сөзү,
Барабан үнү балкылдап
Жетек жерден желпилдеп,
Жабдык арткан кызыл нар,
Чудалары селпилдеп.
Жай-жарагы бөлүнүп,
Жайнап сан кол көрүнүп,
Билге ок дары артынып
Сандап көп кол чатылып,
Ай касаба туу толуп,
Аңдысаң кызык ушундай.
Асман жарган чуу болуп,
Найзакерден ыктуу айдап,
Дүрбөтүп айдап алганы.
Ашкан экен ааламдан,
Кыз Куялы жаңжалы.
Артык балбан шер экен.
Кыздан ашкан неме экен,
Жатканы бийик тоо экен,
Издегени жоо экен.
Алганы болот ок экен,
Атадан артык туулган,
Ааламга салган чуулган,
Балбан багып кол жыйган,
Бир кереги тиер – деп,
Жылкыдан тандап керди алган,
Баатырдан тандап эр алган.
Албан түрлүү эл алган,
Кармашкан жерден кек алган.
Алптар менен беттешкен,
Кан шимирип катыккан.
Чоң балбан кыз атыккан,
Кайгуулга чыгып турушкан,
Катын адам, эркек ит,
Италы менен урушкан.
Артык камбыл чоң балбан,
Ааламга салган чоң жаңжал.
От жакса күйгүс тон алып,
Ааламдан жыйып кол алып,
Көк күпүдө бедел жок,
Айдаган колдун ичинде,
Сандаган колу сайкашка,
Сайышка кирсе бир башка.
Эңчер бойлуу, кең далы,
Ааламды бузчу көйкашка.
Айдап келген калың кол,
Желмогуз уулу капырга.
Кастарын тиккен ушу жол,
Кайыпчалдын көп журтун,
Каймана кабар салыптыр.
Чубатууга салыптыр,
Ырчыларга ырдатып,

www.bizdin.kg

Көз ачыкка сындатып,
Ок өтпөс торго кийгизип,
Ок жетпес тулпар мингизип,
Жылкыдан тандап керди алган.
Сайышка чыкса сай кашка,
Сапарга жүрсө көй кашка,
Сөзгө балбан даңгылдан,
Найзага артык камбылдан,
Чарайна башка кийчүдөн,
Чалкалап жоого тийчүдөн,
Караны санча кол келсе,
Жер дүрбөтүп мол келсе,
Камындырбай сүрчүдөн.
Балтага мыкты камбылдан,
Байкаган өрттөн тартпаган,
Баарыдан ашык даңгылдан
Кол дүрбөтүп, жыйнатып,
Козголбос туунун киндигин
Эрендерге карматып,
Алкым жолду чаңдатып,
Аскерди көлдөй толкутуп,
Эрендин баары жарышып,
Ээликкен тулпар күлүктүн
Оозу менен алышып,
Найзанын башы кылкылдап,
Аскер чуулап былкылдап,
Сарала майдан чеп болуп,
Сарыбайга бет болуп,
Жан көрүнсө найзалап,
Ааламга жеткен чатагы
Сарыбай балбан кайдалап!
Жер жарылып, көккө учуп,
Жеткилең жаңжал сын болуп,
Адам кайнап, кол беттеп,
Аябаган чыр болуп.
Кайыпчал кызы Куялы,
Алтын түркүк чатырга
Азыр жетип келди эле
Эр Семетей баатырга.
Кызыл буурул ат минген,
Кызыл чопкут тон кийген,
Кыжылдап түмөн жоо чыкса,
Кыя тартпай бир тийген.
Беттешкенде Куялы,
Эрге сынчы, эң билгич
Кыздан баатыр неме экен.
Кабылан тууган канкорду
Сынап турган кези экен.
Көк жал экен, шер да экен,
Он эки мүчө тең экен.
Ичин карап отурсак,
Жер жүзүнөн кең экен.
Жаралган адам уулунан,
Жалгыз туулган шер экен.
Ай кулагы калкандай,
Алагар көзү чолпондой,
Муруну буткул сеңирдей,
Булкушканды жегидей,
Болот катар кын экен,
Болумдуу Манас көк жалдан,
Артыла тууган шер экен
Беттеше турган душмандын,
Беттеп найза бир сунса,
Баатырсынган көй душман
Кете турган амалы.
Чындап жоого кол салса,
Чыга турган саманы.
Кежирленип урушса,
Кете турган амалы.
Кыйындап карап олтуруп,
Кыябына толтуруп,
Бейлеп карап олтуруп,
Бейилине бекем толтуруп,
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Дууга кирип алды эми.
Аябаган чоң кызык
Чууга кирип калды эми:
«Жакасы алтын, жеңи жез,
Кийбей турган жер бекен?
Каралды кылып, эр кылып,

www.bizdin.kg

Тийбей турган эр бекен?
Таң-тамаша үлкөн той,
Кылбай турган эр бекен?
Кызмат кылып алдына
Турбай турган эр бекен?
Кыргызга ырыс туулган
Кылымга салган чуулган,
О дүйнө кеткен Манастан
Опсузураак туулган.
Салганым кыраан куш эле,
Самаганым ушу эле.
Кайыпчалдан туулуп,
Тоюма токсон союлуп,
Атымды Куялы койгону,
Сайыша чыгып алп көрдүм,
Албан түрлүү калк көрдүм,
Баатыр көрүп, шер көрдүм,
Маңдайы жарык, жүзү ачык,
Манастын уулун мен көрдүм.
Көп тамаша оюнга
Батпай турган эр бекен?
Кумардан чыгып, кол булгап,
Жатпай турган эр бекен?
Чыгып жортуп келгемин
Желпиниш тоонун тушу эле
Жеткилең тилек кылгамын
Менин желиккеним ушу эле.
Ашуу карап, бел көрүп,
Албан түрлүү эл көрүп,
Асылдын көзүн мен көрүп,
Эбегейим эзилип,
Эт тырмагым созулуп,
Дарт кумарым басылып,
Умачтай көзүм ачылып,
Денем толкуп, өрт болуп,
Айкалышып жатууга,
Кызыкка кыйын батууга,
Эки көзүм төрт болуп,
Уламадан улатып,
Болумдуу эрден суратып,
Эрдигин эбак билгемин.
Эп кетирер бекен – деп,
Эгемден сурап жүргөмүн.
Ашык болуп, ич күйүп,
Он устукан, сексен сөөк,
Ойлоп келсем бүт күйүп,
Күндүзүндө уйку албай,
Түн ичинде тынч албай,
Ат арытып, жер кезип,
Арманда болуп күйгөмүн.
Көрсө алар бекен – деп,
Жараткан жалгыз Кудайдан,
Ушуну тилеп жүргөмүн.
Тиктегеним кабылып,
Тилегеним табылып,
Өрт болгон жүрөк басылып,
Умачтай көзүм ачылып,
Канкор эрди көргөндө
Чечекейим чеч болуп,
Ченебеген кубанчым
Чеч кап менен бир болуп,
Таман этим такылдап,
Ай маңдайым жаркылдап,
Азыр суусун канды» – деп,
Кайыпчалдын Куялы,
Кан Семетей баатырга
Кастарын тиккен чоң ашык
Болгон экен бу дагы
Ар кызматын билүүгө
Адал жар болуп бул бейбак,
Айкөл эрге тийүүгө
Уланчыдан улаптыр,
Каттоочудан калтырбай
Кербенчиден сураптыр.
Өткөн иштин жайынан,
Семетейдин айынан,
Ашып баспас эл калбай,
Өпкө жарып, баш кесип,
Өлүшпөй турган эр калбай,
Канча алп менен кабышкан.

www.bizdin.kg

Бу Сарыбай өңдүү эр менен
Сан түмөн менен салышкан.
Самаганга кез келип,
Тилегенин тез берип,
Каалаганы кабылып,
Издегени табылып,
Жер кезеген долунун
Абийири мындай жабылып.
Опол-тоодой Куялы,
Толкуп өтсө бейбакка
Тоо туруштук бере албайт.
Кыймылдашса заарына
Кылымын каптап жеңилбейт,
Кыйын баатыр атанган,
Кырк чилтенден бата алган,
Жолун азыр оңдогон,
Жаралган катын зайыптан.
Бул өңдүү балбан болбогон.
Жорто чыккан эр болгон,
Жоолошкон кара жер болгон.
Катуусунан чаң чыккан.
Куялынын өзү экен,
Кумардын кара көзү экен.
Семетейге кезигип,
Кубангандан эзилип,
Куп жалынып, кеп баштап,
Кыз Куялы муну айтып,
Көрсөң дүмөк шумду айтып:
«Менин жайым сурасаң,
Асмандан жылдыз боз экен.
Асыл атам Кайыпчал
Атаңыз Манас кан менен
Алты антташкан дос экен.
Туура шер атаң кан Манас
Туу түбүнө туруптур.
Менин атам Кайыптын,
Айтканына көнүптүр.
Алтымыш келин, жети кыз,
Атамды сыйлап бериптир,
Ар алышып, кол үзбөй,
Атам шер менен келиптир.
Кайып атам көргөндө,
Тоюма токсон союптур.
Алп эрге жолдош болсун – деп,
Куялы деп коюптур.
Атам айткан кеп эле,
А дүйнөлүк биргелеш
Семетей болот деди эле.
Мойнумдагы бир үлкөн
Мен бейбактын жүк үлкөн...
Ат бороюн сыдырып,
Аныктап таптым өзүңдү.
Араның алты ай кыдырып,
Ашууң ашып, таш басып,
Ар акылдан көп шашып,
Сынчы чалдан кеп угуп,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Жаралган душман деп угуп,
Айчүрөктөн кеп угуп,
Канкор шердин тукумун
Кастык кылып Сарыбай
Камап атат деп угуп,
Ок өтпөс каалап, тон алып,
Кайыпчалдын элинен
Чубатып сынап, эр алып,
Кам-кайгыңды жеп келдим.
Кадиктүү душман Сарыбай
Кармашайын деп келдим.
Курсак ачып, жол басып,
Кулан атып жеп келдим.
Желмогуз уулу арамды
Жер майлайын деп келдим.
Качырганым Сарыбай,
Каалаганым бир өзүң.
Түгөнүшүм Сарыбай,
Тиктегеним өз көзүң.
Жан баспаган чөлдөрдөн
Азуулуу атып жеп келдим.
Желмогуз уулу капырды
Жексен кылам деп келдим.

www.bizdin.kg

Аскер жыйып, кол алдың,
Баатыр, аргынды жыйып, кол алып,
Аң-таң уруп калыпсыз.
Ашып-шашып кычырап,
Алек болуп алыпсыз.
Сары адырмак бел барбы?
Салыш кылчу эл барбы?
Эр көкжал, сенин айыңан
Урунамын, тоо кайда?
Уруш кылам, жоо кайда?
Кечип өтөр чок барбы?
Кежирлик кылып журтуңа
Кесир чыккан ок барбы?
Эл чалынган тор кайда?
Эл бүлдүргөн зор кайда?
Калк түшүрчү ор кайда?
Эр Сарыбай зор кайда?
Мен Куялы эрдирмин,
Кадырлуунун түнүмүн,
Канга жупту болучу
Кумарлуунун биримин.
Жол жолоочу көзүмүн,
Ар кескендин өзүмүн.
Баатыр, каарланып калыпсыз,
Чылгый канга бөлөнүп,
Чын дүмөк тартып алыпсыз.
Сын найзаңды булдуруп,
Ок өтпөс тонуң жулдуруп.
Баатыр, сан, түмөн колуң кырдырып,
Айбаттанып оолугуп,
Ач бороонго жолугуп,
Ашалбас арка тооңду
Азыр кара жол кылам.
Алышып аткан жооң ким?
Эр өлүгүн боо кылам.
Баатыр, кызырканып алыпсыз,
Жапа тартып жабыркап,
Жаңжалдашып калыпсыз,
Кыраңы бийик тоо кайда?
Кыстоо мүшкүл чыр салып,
Камап аткан жоо кайда?
Кыстоо салган жооңду айт,
Кылымга айдап сүрөйүн.
Басташып аткан алпыңды айт,
Жерине айдап кирейин.
Баатыр болсо, шер болсо,
Басташкан жооң эр болсо,
Кас ажал жетсе чыгалы,
Баатыр, зайыпта болсок угалы.
Тийишкениң кайсы жоо,
Кармашып жерге тыгалы,
Баатыр, каңгайга чейин кубалы.
Басташканың Сарыбай
Чапчышып чамаң келбесе,
Белдеген элиң бөлөйүн,
Маңдайлашып көрөйүн.
Кармашып канын төгөмүн,
Кабыргасын кыйратып,
Качыр-кучур сөгөйүн.
Айгайды арбын салбасам,
Арстан шердин тукумун,
Аңдыган каар душмандан
Ажыратып албасам,
Тирүү турбай өлөйүн.
Калкка балбан дедирбей,
Кас ажал жетсе өлөйүн.
Кыйнаганың Сарыбай
Кызыгып кирген какшаалды,
Кайраты канча билемин,
Жерине чейин сүрөйүн.
Капкалуусун кан кылып
Кайраттуусун дан кылып,
Тулумдуусун тул кылып,
Туураланган эренин,
Астыңа айдап кул кылып,
Баатырларын басамын.
Баатыр окшойт Сарыбай,
Баатырым сенин алдыңа,
Жаш кайыштай чанчамын.
Каарланып карардым,

www.bizdin.kg

Катылбай тынбайм бирине.
Кутурган окшойт Сарыбай,
Куп жетемин түбүнө, –
Деп, ушинтип, Куялы,
Көргөндө көңүл бөлүнүп,
Көк аскардай көрүнүп,
Каарланып үксөйүп,
Кандуу бетин кар чалып,
Карарган көзүн нур чалып,
Чын өрттөнүп көз жайнап,
Чымырканып тиш кайрап,
Уңгу болот айза алып,
Кыздан балбан бейтаалай
Кыны жок кылыч байланып,
Каар бетине айланып,
Сары адырмак чоң кезен,
Боону сурап турду эле.
Адам салмагы тоодой Сарыбай,
Жоону сурап турду эле.
Обол баштап зор төрөм,
Ай-аалам бузуп шер болдуң,
Беттешкениң Сарыбай,
Бек мүшкүл тартып кем болдуң.
Жаралганда көк жал шер,
Жетим калдың жетилдиң,
Жергеге өзүң кошулдуң,
Буланы булап оң болуп,
Букарга кирип чоң болуп,
Өзөн чалдың май кылдың.
Өчөшүңө тийгенде
Өз атаңды жай кылдың.
Канга тоюп катыктың,
Канкор көк жал атыктың.
Алеңгер жаа, сыр жебе,
Кылганың кызык аңгеме.
Кыжырыңа тийгенде,
Кыргын болду көп төрө,
Ар буурулуң баспаган,
Жерде бүтүн калбаган.
Айкырыгы укпаган,
Элде бүтүн калбаган.
Кермеңен тулпар туйлады,
Керишиңден жан чыгып,
Күнжуттун журту ыйлады.
Шердигиң журтка билинген,
Беделиңден жан чыгып,
Бээжин калкы күлүнгөн.
Ар кайратың көк жал шер,
Ай-аалам журтка билинген.
Аалам бузган шер болдуң,
Алышканың Сарыбай,
Ал жетпей мынча кем болдуң,
Ийнимдеги ок өтпөс,
Өзүң бычкан тон эле,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Кулагын уккус кер кылам,
Кара жер менен тең кылам.
Калың колун бүлдүрөм,
Кызылбай көргө киргизем,
Торопоюн тоз калам,
Күүлөнсөм эрче бакырам.
Ал күчөгөн окшойт кутургур,
Мунун күлүн өрттөп сапырам.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Желпиништин оюнда,
Жан жүрбөстүн боюнда,
Желмогуз уулу кул менен
Жети күн тынбай сайышып,
Узунунан саларда,
Уйпап сыйпап аларда.
Чартылдаган чочконун,
Чалкасынан саларда,
Жарыктуу шамын өчүрүп,
Бу дүйнөдөн көчүрүп,
Сыпты сыймаң кырарда,
Жан көрбөс кызык кыларда,
Кылычтап башын кыярда.
Кыйратып тындым кыларда,
Чынар талдай кыйратып,
Кылып жаным тынарда.

www.bizdin.kg

Алымга айдап мал берип,
Ар баштаган жан берип,
Кызыл алтын, жакут таш,
Кымбаттан тартууда берип,
Кол куушуруп кой союп,
Кол жээрине тай союп,
Кол куушуруп кеп айтып,
Багындым сизге деп айтып,
Азуусу тутам ат тартып,
Төрт түлүгүн бат тартып
Убаданы бек кылып,
Мен ашканды ашпаска,
Ак буудай унун чайнаган,
Мен басканды баспаска,
Адам өлөр шер кылган,
Ал желмогуз уулу кул менен
Ок өтпөгөн кымбат тон,
Олжого чечип аламын,
Ойношсо да чындашсын,
Бир ойронду саламын.
Кастарын жетип кагышсам,
Бир ойронду саламын.
Жапа тарткан жан болсо,
Ажыратып каламын.
Каарым келип кармашсам,
Бет алганды аламын.
Касташарым Сарыбай,
Каранды катуу салганы,
Каалап келдим көк жалым.
Кара өскөн чатак бузуктан,
Ажыратып алганы.
Атышты арбын салганы,
Айчүрөктөн кеп угуп,
Айкөл шердин тукуму,
Желмогуз уулу капырга,
Эр Сарыбай баатырга,
Эндирип ийди деп угуп.
Санаа тартып, ич күйүп,
Өрттөнүп жүрөк бүт күйүп,
Катуу жада баштадым,
Кызыталак куу жанды,
Кымбат төрөм айыңдан,
Кылга байлап таштадым.
Эңишкеним Сарыбай,
Жаңжалдашам бир далай.
Көрүп тургун көзүмдү,
Уккун баатыр сөзүмдү.
Катууласам алармын,
Катуу урзат чоң жаңжал,
Кастарым тиксем салармын.
Канкор болсоң, шер болсоң,
Каалаганым алармын.
«Кас душманың жоготсом,
Айткан сөзгө көнөрсүң,
Каалаганым берерсиң.
Эркектин кадыр түнүбүз,
Эрсингендин бирибиз,
Желмогуз уулу капырдан
Тартып алган тон ушул,
Талкандашкан кол ушул.
Жер жайнаган эл ушул,
Желпиниш жети өзөндө
Жети жол сойгон мен ушул.
Катуу жаңжал салышса,
Мени менен алышса,
Кереге, уугуң кыйратам,
Колотуп журтуң жыйнатам.
Аласын ала жатамын!
Ак казына чачамын!
Чатакташса минтүүгө,
Берендешкен какшаалды,
Бет ала чыктым атайы,
Бейпай салып минтүүгө.
Бир бокчосун тинтүүгө,
Тоодой белин алууга,
Токтобой жиним кармады
Тополоңду салууга» –
Деп, ошентип Куялы
Жаадай жээрде ат минип,
Жалаң кылыч байланып,

www.bizdin.kg

Көргөнгө көңүл бөлүнүп,
Кыз арстан көрүнүп,
Баатыр экен, алп да экен,
Албан түрлүү калк экен.
Такыянын кашаты,
Опсуз жанга сер экен.
Ай-ааламга чыр баштап
Азарын бузуп кыйгачтап,
Урунуп өлөр тоо таппай,
Уруша чыгар жоо таппай,
Жаанам чалып найза алып,
Жай-жарагын байланып,
Келген жандын бири экен,
Адамзаттын узу экен,
Кайыпчалдын кызы экен.
Эңчегей бойлуу, кең далы,
Эрге ылайык күң экен.
Катындык айыбы болбосо,
Кармашчунун бири экен.
Салса жаңжал салар – деп,
Салмагы бийик, заары күч,
Найзалашса душмандан,
Ажыратып алар – деп,
Манастын уулу бадырек,
Ааламга салган чоң дүмөк.
Сүйлөп турду мындай – деп,
Семетей айтат мындай кеп:
«Ботом, мен Семетей болгону
Айкөл атам кууганы,
Тоюма токсон союлуп,
Атым көк жал коюлуп,
Калыйпадан кат алып,
Канзаададан бата алып,
Жаанам кеткен эр болуп,
Мен Семетей атанып,
Урунбаган тоо калбай,
Урушпай аман жоо калбай.
Караскарды четтедим,
Какандан журтту өрттөдүм.
Индистан менен баранга,
Чатак салдым далайга,
Ооган буздум, калаа алып,
Олжого кыздан бала алып,
Күжүттү чаап күбүлттүм,
Күрөшө чыккан душмандын
Эченин жандан түңүлттүм.
Беттешкенди алчу элем.
Өзү келген эренди
Талкан кылып салчу элем.
Эми Сарыбайга ал жетпей,
Өзүм күлдөй күбүлдүм.
Чымындай жандан түңүлдүм.
Ай-ааламга бой бербей,
Атактуу көк жал шер болдум.
Сарыбайга алдырып,
Кара жер менен тең болдум.
Өлөйүн деп өлалбай,
Өрөпкүп турам бир далай
Өз жанымды кыялбай».
Артык кандан чоң болдум
Баатыр элем, шер элем,
Сарыбайча чоң болдум.
Өлгөнү турам, маа арман,
Быйылкы кеткен карууман
Ай бөксөрүп, түн өтүп
Чаркым кетип минетип,
Төккөнү турам канымды.
Сарыбайча болалбай
Кыйганы турам жанымда.
Быштым, жандым, чок болдум,
Сарыбайча жок болдум,
Амал кетип, күн өтүп
Арадан эчен жыл өтүп,
Кулагым укпай кер болуп,
Эки көз көрбөй көр болуп,
Балбандык кетип жайланып,
Сыйкырчы кыздын колунда,
Аркансыз жипсиз байланып,
Он үч жыл жүрдүм сандалып,
Капа болуп кайгырып,

www.bizdin.kg

Катын-бала, эл-журттан,
Калдым белем айрылып.
Баатыр Бакай, Күлчоро,
Каралды кылган мөмөмө – деп,
Беш аркар жылдыз баткыча,
Беш кайра жол эмизген,
Ай Каныкей энем – деп.
Энемди качан көрөм – деп,
Сыйкырчыга байланып,
Кара үңкүрдөн өталбай,
Калкымды таап жеталбай,
Катуу каман шор тартып,
Беризадай көкмончок,
Жадыгөйдүн торунда,
Он үч жыл жүрдүм байланып.
Көк мончок кыздын колунда,
Так ошентип жүргөндө,
Бошоп сөөгүм кеткенби?
Үңкүр даты жеткенби?
Балбандыгың шердигиң,
Жоо жоолаган эрдигиң,
Колуман түшүп кеткенби?
Агып жерге жеткенби?
Чапчышып чама келалбай,
Желмогуз уулу чочкону
Чабыр кылып жеңалбай,
Бекерге сүйлөп кызыл тил,
Бек байланып биздин күн,
Сарыбай менен салышсам,
Сарыбайга ал жетпей,
Көзүң кетти алактап,
Сөөгүң кетти шалактап,
Чымындай жаным чыркырап,
Сай-сөөгүң быркырап.
Эки көзүм алайып,
Кармашканым Сарыбай,
Кас ажал тарттым бир далай.
Кайгы болдум мал кетип
Желмогуз уулу капырга,
Чама жетпей минетип.
Ай караңгы түн болуп,
Кас ажал жетер күн болуп,
Өрт болуп жанып күйүнүп,
Өлдүк деп жандан түңүлүп, –
Деп, ошентип, жөк жал шер
Буурулдун оозун буруптур.
Катуу жаңжал чыр көрүп,
Кайран жандан түңүлүп,
Кайыпчал кызы балбанга,
Керезин айтып туруптур.
Канкор тууган кулунум,
Калдай чаап жол бүтөп
Алы жетпей ардыгып,
Каңырыгы бек түтөп,
Катуу керез айтканы.
Семетей мындай деген соң,
Айдай катын Айчүрөк
Акырын сүйлөп бек таштап:
«Кайыпчал кызы сен элең,
Кан Акун кызы мен элем,
Көрүшкөндө экөөбүз,
Көктөн жылдыз козголуп,
Көп антташып дос болуп,
Ак буудай унун чайнашып,
Бирге жолдош болууга,
Бир жайлоого конууга,
Эже, синди болууга,
Убаданы чын кылдык.
Качырган жообуз Сарыбай
Калайманды салыңыз.
Капалуу канкор шеримди
Кас душмандын колунан
Ажыратып калыңыз.
Убадага көнүңүз.
Каруусу толук капырды,
Каары тозок такырдан,
Жер майланган капырдан
Жеткилең өчтү алыңыз.
Жетик шердин тукумун
Келген жаңжал баладан,

www.bizdin.kg

Кесир эттү адамдан,
Кутургандан өзүнөн
Баланын кара көзүнөн,
Ажыратып калыңыз.
Бир шердигиң билгизгин!
Бир пайдаңды тийгизгин?
Дегениңе көнөлү.
Каалаганың берели.
Сүйлөгөнүң алабыз,
Байкасаң жарык кеп ушул.
Байбиче кылып саларбыз:
Чоң Таласка айыл кон,
Добул тийсе, жел тийбес,
Доочу кирсе, мал бербес,
Каз айланбас зоо болгун,
Каргылуу кара тоо болгун.
Айтканым ушул, билип ал,
Асыл болсоң тилимди ал,
Бараан болгун, бел болгун,
Байкашы көкжал сен болгун.
Желмогуз уулу чочкодон
Кекти кенен алып бер,
Керишти мыктап салып бер.
Уруштун жөнү ушундан
Кетирбей кекти алып бер.
Айткан сөзгө көнсөңүз,
Сарыбай жеңип берсеңиз,
Үзүлгөндү уласаң,
Чачылтпай жанды жыйнасаң,
Өрттөнгөн капа басылтсаң,
Умачтай көздү ачылтсаң,
Коюбуз болсун короолош
Ашыбыз болсун жоролош.
Тапканыбыз жыйгандаш,
Эже, синди курбалдаш,
Чалгынга чыксак, жол бирге,
Кыргынга чыксак, кан бирге,
Тирүүлүктө жан бирге»
Кеп ушундай болсун – деп,
Кеп ордуна консун – деп,
Кеп байламтал баатыр – деп,
Кежирлик кылган кишинин
Жети атасы капыр – деп.
Эрдигиңе жанашпайм,
Катындарча каңкылдап,
Кабылан шерди талашпайм.
Андан көрө Куялы,
Мейман элең, эр элең,
Сураган Алда Тааладан
Каалаганым сен элең.
Күндүрөк жайлай конбоюн,
Күйтүлдөп күнү болбоюн,
Айтканым ушул, билип ал,
Алты күнү сеники,
Ар калган күнү меники.
Жаман катын биринде
Эр талашсам, оңбоюн
Эгерде эки болбоюн.
Ажылдап жиним кайнатсам,
Арка чачым иейин,
Күнүлүк кылып күүлөнсөм –
Атакем Акун канга тиейин!
Эркелей басыпмын таштап
Эжекелеп жүрөрмүн.
Күнү эмессиң, төрөсүң,
Күбүсө суусун кандырган,
Шабдалы курган мөмөсүң.
Кармашар жооң Сарыбай,
Кастарың тигип келгенсиң.
Сарыбай колун сүрүңүз,
Эр көк жалдын тукумун
Ажыратып алыңыз,
Атышты арбын салыңыз,
Айкөл шерди капырдан
Ажыратып алыңыз.
Деген сөзгө көнөлү
Каалаганың берели,
Баатырлыгың көрөлү
Кайыпчал кызы Куялы,
Өчкөн отту тамызсаң

www.bizdin.kg

Өлчө жанды тиргизсең,
Үзүлгөндү улачу
Чачылганды жыйначу,
Көй душманды басып бер,
Умачтай көздү ачып бер.
Турган ишти оңолтсоң,
Сарыбайды жоготсоң,
Чердүү жүрөк басылсын,
Ченебей көз ачылсын.
Эрдин баары кубанып,
Эрен кыргыз чуу кылсын.
Куялы жоону алды – деп,
Корголчу журтка бир кыраан,
Жакшылык кылып салды – деп
Азаптуу тозок колунан,
Ажыратып алды – деп,
Ак калпак кыргыз көп журтка
Пайдасы тийип калды – деп.
Асман жарган чуу болуп,
Ашкере элге дуу болуп,
Баатырлыгың билинсин.
Баабединге бата айтып,
Баатыр журтум сүйүнсүн.
Баабединге бээ союп,
Ар дүйнөнү тең коюп,
Төрт түлүктү той союп,
Бүт дүйнөсүн кайран журт
Зарып кылып таштасын.
Аркыратып ат союп,
Айры өркөчтүү төө союп,
Ар дүйнөсүн тең коюп
Кубангандан бакырсын.
Урматтуу той оюн – деп,
Журт аманын чакырсын.
Калкка катуу сын болсун.
Кайгыртпай тилди алыңыз.
Карашкан катуу дос элек,
Кармашты катуу салыңыз:
«Кече жер түзөмдүн боюнда,
Кара чаар кыздын тоюнда
Жер бузулуп козголуп,
Жети сапар дос болуп,
Биттей кезде биригип,
Бармактай кезде баш коштук,
Кенедейден кезиктик
Кеп салсак мындай тамаша,
Жүрүшөлү кейиген ишке караша.
Бул Сарыбай кутургур,
Касапты катуу баштады.
Болумдууну эрлерди,
Момундан эчен жандарды,
Болбогон эчен балдарды,
Найзага даңгыл ыктууну,
Айла тапкан акылман
Баарыга камбыл баатырдан
Эл кутулбай чуу түштү,
Бу Сарыбай капырдан.
Кагышты катуу баштады.
Катуу урушуп эрлерди,
Калтырбай кырып таштады.
Эл башкарган төрө өлдү.
Кылмышсыз момун көп өлдү.
Бу Сарыбай кутургур,
Капканын оозун кан кылды.
Таласты эчен чаң кылды,
Тулумдууну тул кылды,
Найзакерден ыктууну
Кордуктап байлап кул кылды.
Кыйратып жанга күч кылды,
Беттеше келген балбанды,
Эчендерин түз кылды.
Сарыбай менен чабышып,
Чапчышып чама келалбай,
Сарыбайды жеңалбай.
Шай колдогон шер чарчап,
Шайманы кыйын эр чарчап,
Колдун баары бөлүнүп,
Желмогуз уулу капырдын,
Жан койбос түрү көрүнүп,
Ордо бузуп мал тийип,

www.bizdin.kg

Ойлосоң катуу чыр кылды,
Кайран шерди кармады,
Кайран журттун баарысы,
Качып-качып тарады.
Сарыбайдын каарынан
Бул капырдын заарынан
Тирүү кирер көр таппай,
Калк качууга жер таппай,
Чама чарчап үрөлүп,
Сана сайлап түгөнүп,
Каарды чочко баштады.
Катуу коркуп чочкодон,
Малы менен жанынан,
Кайран журт кечип таштады.
Түз кирип түрдү салыңыз,
Түгөтүп жоону алыңыз.
Ашкере журтту азаптан,
Ажыратып алыңыз.
Карасак шумдук ушундай,
Калк чуу туруп кысылды,
Жоолашканды жок кылсаң,
Азыксыз калсаң канымды ал,
Айдамалуу малымды ал.
Жылкыдан күлүк тулпарды ал,
Бир эр Семетей шумкарды ал, –
Деп, ушинтип Айчүрөк
Алпы аябай жан тартып,
Кайыпчал кызы балбанга,
Азар түмөн мал тартып.
Айтып сайрап турду эле,
Айчүрөк мындай деген соң,
Анда турду Куялы,
Ал Куялы кеп баштап:
– Мен Куялы болгону
Алп аңтарып соргону,
Түзөңдү чалып, кырды алып,
Ай-ааламга чыр салып,
Сары адырмак белди алдым,
Мурунду бузуп жол салып,
Желмогуз уулу капырга,
Жети жол сайып олжо алып,
Жаккан отун өчүрүп,
Жазалап журтун көчүрүп,
Ортосун бузуп ой кылдым.
Журтун алып олжолоп,
Он эки сапар той кылдым.
Кыясын тозуп белди алып,
Билге жүктөп дилде алып,
Болот курч найза майышып,
Болбой эчен сайышып,
Өз намысын бербеген,
Кармашка кирдим канча жол.
Олжого кийген тон ушул,
Он эки сайган кол ушул.
Бу Сарыбай капырды
Калк бүлдүргөн баатырды
Найза сунсам алармын,
Алты күн тынбай салышсам,
Акыр такыр мүшкүлдү
Сарыбайга салармын.
Баатырсынган капырды,
Узунунан салайын.
Кулжуңдаса капырың
Курмандыкка чалармын.
Жолумдуусун жоёрмун,
Журт бүлдүргөн доңуздун
Канына мыктап тоёрмун.
Кайраттуусун басармын,
Канын суудай чачамын.
Кабылан тууган канкордун,
Кабагын жарык ачамын.
Жолумдуусун жоёмун,
Тыйпыл кырып сан колун,
Тындым кылып коёмун
Деген сөзгө көнүңүз,
Касташканың Сарыбай,
Каардуу итти жоготсом,
Каалаганды бериңиз.
Уйпаланган чочко мунуңуз,
Каарлууңду жоготом,

www.bizdin.kg

Кан экениң чын болсо,
Убадага туруңуз.
Кайыпчалдан туулуп,
Тоюма токсон союлган,
Атым балбан Куялы,
Калкка танып коюлган.
Он алты жашка келгенде,
Ок өтпөс тонду кийгемин.
Олоңдой болгон кайран чач,
Төбөгө кынай түйгөмүн.
Кара болот кан төгөр,
Каргылап колго илгемин,
Кас душманды сүргөмүн.
Балбан кырып, алп алып,
Албан түрдүү калк алып,
Ордо бузуп, олжо алып,
Орчун журтка кол салып,
Кан шимирип катыгып,
Калайыктын баарына,
Куялы балбан атыгып,
Мен Куялы болгону,
Эңкейтип эрди соргону,
Ок өтпөс тонду киелек,
Ордо кармап, үй күтүп,
Алп жактырып тиелек.
Баатырлыгың, шерлигиң
Манастан туулдуң билгемин.
Бар тилегим баатырга,
Тиейин деп жүргөмүн.
Эр каалабай, тул болуп,
Семетей күтүп жүргөмүн.
Түшүмдө көргөн ашыгым,
Ургаачы, эркек өрнөгү
Кылт эсиме түшкөндө
Курусун жаман жашыдым.
Кумар болуп тургамын
Эр каалабай кургамын.
Эстеп барып албаган
Кимге жетер убалым?
Баатыр шер эске түшкөндө
Күндүз жүрсө күлкү жок,
Түндө жатсак уйку жок,
Эбедей чиркин эзилип,
Эт тырмактар созулуп,
От болуп жанып күйгөнбүз.
Кабылан шерге тийүүгө,
Айкашып өмүр сүрүүгө,
Бир кызыкка батууга,
Бир төшөккө жатууга,
Ушуну каалап жүргөнбүз.
Айткан сөзгө көнүңүз
Каалаган ушул бериңиз,
Калк чогултуп кой союп,
Калк дүрбөтүп тай союп
Башка жоолук салыңыз,
Нике кыйып алыңыз.
Төрөгө мойнум бурамын,
Баатыр деп кызмат кыламын.
Сарыбай колун сапырып,
Желпинишке кырамын.
Аңгемени салыңыз,
Ак жупту кылып алыңыз, –
Деп, ошентип, Куялы,
Деген сөзгө көнүңүз
Айдай катын Айчүрөк
Асылын көрдүң эчен жыл
Сурадым азыр бериңиз.
Канзаададан кат алдым,
Эрге тийбей, жоо жоолап,
Куялы балбан атандым,
Ай бөксөрүп жыл өтүп,
Арадан эчен күн өтүп
Эрсиз болуп жүргөмүн.
Эптеп тийсем экен – деп,
Эр көкжалды күйгөмүн.
Каалаганым кабылды
Издегеним табылды.
Ак элечек салыңыз
Аташкан кылып алыңыз.
Кошолу молдо жыйыңыз,

www.bizdin.kg

Токтотпой нике кыйыңыз.
Жаңжалды жаман салайын,
Каарлуу жаман Сарыбай,
Катуу жаңжал салайын.
Кастарын тиккен чочкодон
Канкор шердин тукумун,
Ажыратып алайын,
Алалбасам өлөйүн.
Кайра тартпас чын жайды,
Бурулбастан көрөйүн.
Кагышарым Сарыбай,
Каалаганым Семетей.
Урушарым Сарыбай,
Улук шерим Семетей.
Тойго токсон сойдуруп,
Казанаттуу ордону
Чын жасатып койдуруп,
Айдамалуу мал союп,
Ар нерсени бүт койсоң,
Кадырыңды билермин,
Карангүн төрөм тиермин.
Каалаганым Семетей,
Ушуну күтүп жүрөмүн.
Карыяңды шериңди,
Жыйып кел жылма элиңди.
Нике кыйгын тиемин,
Кагышарым Сарыбай,
Андан кийин киремин.
Таамай кирип тон бузуп,
Кас ажал жетсе окко учуп,
Маңдайлашып турушуп,
Кабырга сынып баш кыйрап,
Карсылдашып урушуп,
Жаңжалдашып көрөмүн.
Журт бүлдүргөн тажаалдын,
Калтырбай канын төгөмүн.
Кабыргасын кыйратып,
Устукан сөөгүн уйпалап,
Кайратыма бир келсем,
Кармаша чыккан итиңдин,
Кажыр-бужур сөгөмүн.
Кыжырланам утамын,
Кымбат төрөм тил алсаң,
Кызыгып келген Сарыбай,
Кымыздай канын жутамын.
Кыжырлансам чочконун,
Алмадай башын утамын.
Үйлөсө өөрчүп күчөгөн,
Табылгы жыгач чогумун.
Тиктеп калса кан төккөн,
Болоттун төрт кыл огумун.
Баатыр кыздын көзүмүн,
Тоодон калтар куткарбас,
Кара барчын өзүмүн.
Каалаганга ырысмын,
Касташканга урушмун.
Балбандын кара көзүмүн,
Балакеттин өзүмүн.
Сарыбайча дүмөгүм,
Сары оору болуп саргарып,
Айкөл шердин тукуму,
Сенде жүрөт дүмөгүм, –
Деп, ошентип Куялы,
Кайыпчал кызы муну айтып,
Карасаң жаман шумду айтып,
Адам угар кепти айтып,
Киши каалар эпти айтып,
Чымырканып чыркырап,
Чындап ал деп буркурап.
Эрте айтканы кеч болуп,
Семетейге тийүүгө,
Эки көзү өрт болуп,
Кайыпчалдын кызы эле,
Ургаачынын узу эле.
Жубандардын балбаны,
Атагы чыккан бейбактын,
Ааламга жеткен жаңжалы.
Семетей ал деп турганы,
Мына ошондо Семетей,
Каарланып камынып,

www.bizdin.kg

Кайыптан акыл табылып,
Калгандар турат жалынып,
Каарланып баркылдап,
Ачууланып баркылдап,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Баатыр көк жал падышаң
Айымына кеп баштап:
«Айткан тилиң албаймын,
Андай ишке барбаймын.
Кайыпчал кызы Куялы,
Акыр сени албаймын.
Албай турган себебим,
Беризаада Чүрөккө,
Мелтиреген дүмөккө,
Куда болуп барганда,
Сөйкө салып, нар айдап,
Албан түрлүү мал айдап,
Аладан алты сан кылып,
Атагын журтка даң кылып,
Буттап алтын зер болуп,
Арадан Бакай эр болуп,
Он эки кан журт дүрбөп,
Кан Кошой кебин көп сүйлөп,
Калк жыйнаган кашында,
Калк атасы Көкөтөй,
Көкөтөй кандын ашында
Кызыл чокто кытай бар.
Кара калмак солондор
Капыр менен мусулман
Калк кайнардын баары бар.
Аладан алты сан кылып,
Калктын көөнүн сөгүлтүп,
Камбар ата боз айгыр,
Боз айгырдын көкүлгө
Үзүктөй була көрүнтүп
Кара буурул жээрдече
Жылкыдан бир сан айдатып,
Кара сурдун башына
Үйдөй була байлатып.
Даанышман айткан кеби бар.
Оогандын каны Акунга
Ойрон атам кан Манас
Куда болгон чени бар.
Аябай жаңжал салганда
Ала турган зайыбым – деп,
Айчүрөккө барганда.
Кожо, молдо жыйганда,
Мелтиреген бейбакка
Жаңыдан нике кыйганда
Айтып койгон кебим бар,
Убада кылган ченим бар.
Артылта камчы чаппайм – деп,
Артыңа күнү албайм – деп
Адам өлөр шерт кылып
Айтып койгон кебим бар,
Убаданы бек кылып,
Ок тиштеген ант кылып,
Убаданы бат кылып,
Ант ичишкен шертим бар,
Аны үчүн сени албаймын,
Бу дүнүйө жалганчы,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Алдап жүргөн дүнүйө бок.
Бу дүйнөдөн өткөндө,
Чын дүйнөгө жеткенде,
Сөзүң жалган экен – деп,
Акмактыкты билбейби.
Алган жарым Айчүрөк,
Кара эшек кыла жүрбөйбү.
(Мени кылып минерсиң)
Кайыптын кызы Куялы,
Уят сөз болор мунубуз.
Ушу дүйнө бепбекер,
Эрге тийбей туруңуз, –
Деп, ошентип Семетей
Моюн бурап, баш толгоп,
Албан сүйлөп кеп оңдоп.
Кермелете кеп сүйлөп,
Айчүрөктүн үстүнө
Катын албайм – деп сүйлөп.

www.bizdin.kg

Катуу жаңжал салды эле.
Айтканым ушул билип ал,
Ай Куялы тилимди ал.
Береки иним Күлчоро,
Кымбат сөздү билиңиз.
Эрге көөнүң бар болсо,
Күлчорого тийиңиз?
Ушу турган Күлчором
Астыга салган ак жолум,
Айдап жүрсөм сан колум,
Куу учурбас тынарым,
Куу чөлгө салар тулпарым,
Бу деген сөздү билиңиз,
Күлчорого тийиңиз.
Адамзаттын тазасы,
Алмамбет шердин баласы,
Каймана сөздүн жүйөсү,
Канзаданын бир өзү.
Атасы артык эр көкжал
Чын өстөндүн укуму
Чын көк жалдын тукуму,
Адыры жолдош кыяны аш,
Арстан менен уялаш.
Мени менен Күлчоро
Тай кунандай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен,
Көп кызыкка батышкан,
Мени менен бу кыраан,
Бир төшөккө жатышкан.
Телегейи тең эле,
Бир серпери өөдөрөөк
Күлчоро менден өөдө эле.
Карарган кыйын чок эле,
Жаанамда жок эле.
Душманга болот ок эле,
Айткан сөздү билиңиз.
Уялашым Күлчоро
Күлүстөнгө тийиңиз.
Кеби шекер, сөзү бал,
Адамдан чыкпайт мындай жан.
Жекейне белге курчанган
Жер жайнаган сан колго
Жеке басып кол салган,
Балбандыгы башкача,
Баатырлыгы бир канча,
Кылымдан чыккан эр эле.
Ала-Тоонун кыргызга
Кароолу болот чеби эле,
Эрен эрден бирөө эле.
Эр Куялы сен тийсең,
Табылбас эрдин бирөө эле, –
Деп, ошентип Семетей
Албаска мойнун бурду – эле.
Кааласаң күйөөң ушу деп,
Күлчоро каалап турду эле.
Кайыптын кызы Куялы
Чылгый бала бу дагы,
Чыдай албай кеп салып,
Чын көрсө ичи өрт жалын,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Кас санаган душманың,
Кан төгүшүп жүрөмбү,
Күрдөөлүү төрө турганда,
Кулуна тийип жүрөмбү?
Кыйшайган экен көргөн түш,
Куялы кулга тийди – деп,
Кылымда болбойт мындай иш.
Албасаң алба, нетейин,
Чатак баштап чырдашпай,
Тынч жол менен кетейин.
Арстандай Сарыбай,
Алыш кылып нетейин.
Албасаң алба көк жал шер,
Азыртан калбай кетейин.
Мен алышпай кеткенде,
Уу ачытар күбүңө
Сарыбай жетер түбүңө,
Кастарың тиксе карыңды
Калтырбай кырар баарыңды,
Орой сөз айтып оңбодуң,

www.bizdin.kg

Оңуранда болбодуң,
Айдай катын Чүрөктөн
Ашкере коркуп койгонуң,
Айкөлүм төрөм, оңбодуң,
Алгын десем болбодуң,
Ай кокуй, төрөм оңбодуң.
Ар кескен кыя байландым,
Аз эле саап эл үчүн,
Ар тилегим сурасаң,
Айкөл төрөм сен үчүн,
Теги муңайсаң боло мен үчүн.
Чыңаалаган душмандын
Башын кесип сойлоттум.
Канын чачып катыгып,
Көздөгөн элдин баарына
Ургаачы арстан атыгып,
Жай-жарактуу жайланып,
Жалаң кылыч байланып,
Каар чачып камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Урунуп тиер тоо таппай,
Урушууга жоо таппай,
Ок өтпөс тон кийгемин.
Семетей көкжал экен – деп,
Эчен эбак билгемин.
Кош бадана жекей бөрк,
Киейин деп жүргөнмүн.
Каалаган төрөм Семетей,
Мен Куялы балбан кыз
Тиейин деп жүргөнмүн.
Алты тулпар ат менен,
Ардактап жазган кат менен
Ар болот сабын имерип,
Куюн көтөн Энтери –
Энтерини жиберип,
Кара жаак канкорду
Карап көзгө иле албай,
Жети жылы жоголуп,
Кайсы экенин биле албай,
Ал жиберген кабарчым
Казылган терең ор көрүп,
Катуу үзүлбөс тор көрүп,
Ач айкырык, куу сүрөн,
Аламан согуш ызы-чуу,
Ач кыйкырык жоо көрүп
Жер кайгып, башты балалап,
Желмогузга кезигип,
Жети жерден жара жеп,
Аты болуп ыргайдай,
Бити болгон торгойдой.
Ажал жетип өлө албай.
Барса-келгис чын жайын
Ал байкушум көрө албай.
Көк тулпарын жооруткан,
Көңүлүн жаман оорутуп,
Күлазыгы жутулуп,
Күлдүү бадам ок өтпөс
Тону тозуп тытылып,
Кабарга барган ал келген.
Кызыл куйрук нар өлгөн,
Канкорду каалап тием – деп,
Карасаат сенин айыңан,
Кабарчынын баары өлгөн.
Буттап алтын зер берип,
Бурбай дүйнө көп берип,
Тиктөөгө тилчи салгамын.
Айбатың артык, заарың күч,
Алда канкор айыңдан
Арага келген тилчи өлүп,
Сынайм деп келип сынчы өлгөн,
Сыртынан карап турчу өлгөн.
Эстенип келген элчи өлүп,
Арачынын баары өлүп,
Арага жүргөн жан өлүп,
Уламадан кеп угуп,
Кара көкжал кабылан,
Калк түркүгү Манастан
Канкор тууду деп угуп.
Белимчи чалдан көп угуп,
Түп орногон чынар – деп,

www.bizdin.kg

Түгөнгөн сайын түтөгөн
Түптүү Манас уулу – деп,
Өлгөн сайын өрчүгөн,
Өкүмдүн кара көзү – деп.
Куптап уксаң сөзүмө,
Кудай деп жуптуу болсом – деп,
Кумар болдум өзүңө.
Эске түшсө жан кайнап,
Ашыктыктан кан кайнап,
Жүрөк күйүп чоктонуп,
Желигип чыгып издесем,
Кайып чал кызы кургурга
Эр Семетей жок болуп.
Кумар болуп тургамын,
Уктап атсам түшүмдөн
Манастын уулу күйөөң – деп,
Бир жылаңач Айдар жаш бала
Түшүмдө нике кыйганы,
Кашкайып таң сүргөндө
Жерге жарык тийгенде,
Уйкудан чочуп ойгонсом,
Койнумда көкжал теңим жок.
Ашыктыктын күйүтү
Кирип өлчү жерим жок.
Бүгүнкү көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок.
Азап тартып көрө албай,
Каалаганды кие албай,
Каалаган шерге тие албай,
Даңдуң тоонун жерге тал,
Жерге-Талдын Мөмөлүү,
Мөмөлүү бойлой конгомун.
Жетем деп жарга жете албай,
Жерге кирген бок дүйнө,
Жети жыл оору болгомун.
Бышып, жанып күйгөмүн,
Кадыр Алда Кудайдан
Канкорду көрүп өлсөм – деп,
Ушу күн сурап жүргөмүн.
Канкор шерди көрсөм – деп,
Эбедейим эзилип
Эт тырмагым создуккан.
Көрөрүм кымбат кеч болуп,
Көрүп өлүп кетүүгө
Эки көзүм төрт болгон.
Аркардай көзүм жайнаган,
Жер учунда чоңоюп,
Жете албай шорум кайнаган.
Кербенчиден кат алып,
Берен атам Кайып чал –
Кайып чалдан бата алып,
Тулпардан тандап ат алып,
Эр Куялы аталып,
Кайда экен дайнын билүүгө,
Канкорду издеп тийүүгө,
Ат болчу жерди сыдырып,
Ай-ааламды кыдырып,
Аттын баарын арыттым,
Азаматты карыттым.
Мен атамдын элинен
Канча жардык салгамын.
Эң бир билгич сынчыдан,
Убадага турчудан,
Экөөгө бербес бирөөдөн,
Лөккө бергис түйөдөн,
Айзага даңгыл ыктуудан,
Айла билгич мыктуудан.
Эренмин деп туулуп,
Чын жаралып келгенден,
Көзгө атуучу мергенден.
Баатыр кайрат, таш жүрөк,
Башка көкжал ыктуудан,
Бир жаралган мыктуудан,
Кара мылтык карс этсе,
Качпай турган эренден,
Чогоол мылтык чорт этсе,
Чочуп кетпес мыктыдан.
Манас терек чынардан,
Жалпы баары сай кашка,
Сайышка балбан көй кашка

www.bizdin.kg

Элимден эрен жыйгамын.
Жети жыл издеп, кайран жан
Жетип таап алууга
Кумар болуп тургамын.
Ат арытып, жер чалып,
Ит агытып уу кылып,
Жер үстүнө чуу кылып,
Ат болор жерин сыдырдым.
Күндүн чыкчу жерине,
Башалуу журт Бакбурчун,
Улуу журт кытай элине,
Чын бекиткен ордого,
Чынмачын атайт коргонго.
Бел байлаган белине,
Кара кытай манжунун
Бек бекиткен чебине.
Анжы-манжы көзүнө,
Көптүгүн көрсөң кара курт
Кезиктим манжу өзүнө.
Манжуга кирип басташтым,
Кыйырлуу түмөн кыйла журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт,
Кытай журт менен касташтым.
Улук Манжу кан чыгып,
Жекеме жеке тургамын,
Жети күн жаңжал кылгамын.
Жетимиш айза сайышып,
Желдет жанын тындырып,
Жетимиш айза сындырып,
Асман бүтүн чаң болуп,
Ат боорунан кан болуп,
Азап тартып салышып,
Кытай каны мудукту
Капкасын бузуп кан кылып,
Кара-Шаар, Камбылын
Кара туман чаң кылып,
Какандан кайра тарткамын.
Кайнаган кытай манжудан,
Канкорум, сени табалбай,
Беш жылда кайра тарткамын.
Береним, сенин айыңан
Мынчалык мүшкүл тарткамын.
Мен ашпаган бел калбай
Береним, сенин айыңдан
Мен баспаган жер калбай,
Көмөдөй көңүл бөлгөмүн.
Кыйнап койгон тирүүлүк,
Кыстоосун нечен көргөмүн.
Көкжал сенин көзүңдү,
Каалап жүрдүм өзүңдү,
Жеткилең мүшкүл күч көрдүм.
Уккун көкжал сөзүмдү,
Бет алып ук, мунумду.
Албан түрлүү калк көрдүм,
Ошо калктын ичинен,
Чокморунан чок чыккан.
Чоң ачса ооздон өрт чыккан.
Албан түрлүү калк көрдүм.
Кер төбөл тулпар баспаган,
Жерде бүтүн калган жок.
Куялы кыз баспаган,
Элде бүтүн калган жок.
Албан түрлүү бел көрүп,
Алда Таала кудурет,
Жараткан сонун мен көрүп.
Катын адам, эркек ит,
Жараткан сонун мен көрүп.
Уруш кылып, кол салып,
Бурутту чаап жылкы алып,
Өзөндүүсүн бурганбыз,
Өлчөсөк аны кырганбыз.
Курбудан чыгып аттанып,
Куялы баатыр дедиртип,
Кыз бадыша атанып
Он эки пирге кол берип,
Ойлосо Кудай жол берип,
Кыздан баатыр атанып,
Баатыр Манас көкжалды
Баарыдан эбак билгемин.
Көкжал уулу чунакты,ш

www.bizdin.kg

Көрөйүн дөп жүргөмүн.
Өңүмбү дейм, түшүмбү,
Көрүүчү кишим ушулбу?
Эмгекти Кудай берген бейм,
Эстегеним Семетей,
Бет алдымдан келген бейм.
Шаңкылдап күлкү ачылып,
Күптүү оорулар жазылып,
Тилекти Алдам берген бейм!
Тиктегеним Семетей,
Бет алдыман табылып,
Тилегимди берген бейм.
Үшкүрүгүм басылып,
Дарт, кумарым жазылып,
Дене балкып, кан толуп,
Бойду тиреп, күч толуп,
Кайгынын баары чачылып,
Умачтай көзүм ачылып.
Каалаганым Семетей,
Кадырманды жыйыңыз,
Каалаган жарым ушу – деп,
Алдым деп нике кыйыңыз!
Башка жоолук салыңыз,
Жупту кылып алыңыз.
Желмогуз уулу капырга,
Эр Сарыбай баатырга,
Журт бүлдүргүч капырга,
Келген заман акырга
Тамган отун өчүрөм,
Таштабай айдап кетирем.
Дөңсөөсүн чукуйм, кыр кылам,
Чапчып, силкип жоготуп,
Сарыбайды кор кылам
Сөзгө кулак салыңыз
Нике кыйып, жар кылып,
Жупту кылып алыңыз!
Сөзгө кулак салбасаң,
Жупту кылып албасаң,
Желмогуз уулу капырга,
Колум булгап нетемин,
Калкыма эсен кетемин,
Дарыя көрүп бут чечпей,
Убада кылып баш кеспей,
Бекер жаңжал кылбаймын,
Сенин бул жериңде турбаймын.
Кордук кылган капырга,
Колум булгап нетемин,
Элиме эсен кетемин.
Укпай койсоң сөзүмдү,
Албай койсоң өзүмдү,
Таянганым темирдей.
Өзү барып жагынып.
Куру келди дедирбей,
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Жериңе бойлой конушпайм.
Айткан сөзүм болбосо,
Жетигим соо болушпайм» –
Деп, ошентип, Куялы
Өзү балбан кыз экен.
Канча жерден кат алган,
Куялы балбан аталган.
Кайыңдан копшоп ок кылган,
Кармашканын жок кылган,
Кайып чал кызы Куялы
Толкуп өткөн жерине,
Тоо туруштук бере албайт,
Каарланып качырып,
Кас душман келип жеңе албайт.
Көргө салса батпаган,
Отко салса күйбөгөн,
Өлүшпөй куру жүрбөгөн.
Жеткилең балбан келди – деп,
Жез тумшук үркүп дүрбөгөн.
Беттеп душман албаган
Беттешкен куру калбаган.
Салмагы кыйын, заары күч,
Салышканды кылган түз.
Салмактуу экен, эр да экен,
Куялы болгон дээр экен,
Айзага даңгыл бул кыздын

www.bizdin.kg

Ыктуулугу бар экен.
Акылга дыйкан эң даңгыл,
Мыктуулугу бар экен.
Баатырлыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Эңчегей бойлуу, кең далы,
Эпсиз балбан Куялы.
Эрен кызың муну айтып,
Эң баш чайкап турду эми.
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Баатыр көкжал бадышаң,
Эр Семетей кеп баштап:
«Айткан тилиң албаймын,
Артыкча кылган убада
Эки кылып салбаймын.
Осолдук болоор мунуңуз,
Ойнобой кызмат кылыңыз!
Тентектик болот мунуңуз,
Тек туруп кызмат кылыңыз.
Айтсам сонун кебим бар,
Акун кандын Чүрөккө
Убада кылган жерим бар.
Мойнумда туткан шартым бар,
Бейбагыңдын өзүнө
Бек убада антым бар.
Чечилбес түйүн кебим бар,
Менин бузулбай турган эбим бар.
Сүйлөсө мүшкүл мушум бар,
Сүйлөйүн журтум угуңар!
Кечээ Шыгайдын уулу Чынкожо,
Багыштын уулу эр Толтой
Кармап бөкөн сойгондо,
Кашайта көзүн ойгондо,
Канына мыктап тойгондо,
Экөөнө согуш болгондо,
Кечээ кабарында бар бекен,
Чок-Табылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган.
Алтымыш жайсаң кенжеси,
Калдай уулу капыры
Кан Коңурбай баатырды,
Эчен жылга кармашып,
Эрикпей согуш салганда,
Эскара менен Коңурбай
Кең Каркыра жайлоодон,
Башын кесип алганда,
Кырк кез орго салганда,
Күлазыктан аш камдап,
Багыландан баш камдап,
Ок жетпеген ат берип,
Ок өтпөс тонду кийгизип,
Өчкөн отту тамызып,
Өлгөн жанды тиргизип,
Суусаган суусун басканда,
Сумсайтпай көңүл жазганда,
Кайра айтпаган кебим бар,
Бул карасаат бейбакка
Убада кылып, ант ичип,
Ок өөп койгон жерим бар.
Кечээ Аргын кандын Ажыбай
Олуя тууду эр Бакай,
Ырамандын Ырчы уулу,
Үзүктөй калпак эр Шууту,
Убада кылган жери бар.
Эчак өткөн арбакка
Убадага турууга,
Арбак козгоп ант кылып,
Убада кылып кеп кылып,
Адам өлчү шерт кылып,
Айтып кеткен эрлердин,
Атама тете шерлердин
Арбагы карап турсун – деп,
Антип-минтип кылт этсек,
Оболу Кудай урсун – деп.
Жаралган адам бендеси
Мындан кийин былк этпей,
Убадага турсун – деп,
Ушундай дүмөк кебим бар.
Акун кан кызы Чүрөккө
Убада кылган жерим бар.

www.bizdin.kg

Ал Чүрөктүн артына
Артылтып камчы чаппаска,
Астына күнү албаска,
Андай-мындай дебеске,
Адам өлөр шерт кылдым,
Убаданы бек кылдым.
Төбөсү бүтө көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Ак милтенин чогу урсун,
Убадалуу улуу сөз –
Андай ишке барбаймын.
Алда Таала Кудайдын
Каарына калбайбыз!
Сөөдүрлүк болоор муңуңуз,
Урушпасаң жөн карап
Эркиңиз менен туруңуз.
Эки жол чыкса биздин кеп,
Өлүмдөн жаман мунубуз» –
Деп, ошентип, Семетей
Болбой көкжал турду эле.
Кадырман сулуу Айчүрөк
Кыз Куялы балбанга
Жана сөздү кылды эле.
Төрө көкжал эр менен,
Эр каалаган шер менен,
Тай-кунандай тебишкен,
Береги турган Күлчоро
Талашып эмчек эмишкен.
Бала кезде балага,
Мойнуна тумар тактырган.
Алтымыш келин, сексен кыз,
Алдейлетип бактырган,
Тоюна токсон сойдурган,
Күлчоро атка койдурган.
Күн тийгизбей бактырган,
Олуяттын эр Бакай,
Белгилүү көкжал болор – деп,
Берен Бакай жактырган.
Он экиге келгенде,
Эрешен тартып, эр болгон,
Кармашкан кара жер болгон.
Билеги балбан, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадырек,
Желиккени болжоосуз.
Жекени белге курчанган,
Жер майышкан жоо келсе,
«Жекеге» – деп кол салган.
Балбандыгы башкача,
Баатырлыгы бир канча,
Эр Семетей көкжалдын
Өөдө чыкса өбөгү,
Ылдый түшсө жөлөгү.
Алтын түркүк чатыры,
Добул урса жел тийбес,
Доо дооласа мал бербес,
Астыга салса акжолтой,
Алышкан жоого сан колдой,
Маңдайда Кап-Тоо бараны,
Семетейдин карааны.
Бек кыйкырса бир сөзү,
Башындагы оң көзү.
Ысыктагы чынары,
Колунда сонор тынары.
Ак болоттун тукулу,
Кара динден ак болгон,
Капырдан качып жат болгон,
Кабарыңда бар бекен,
Алооке хандын тукуму.
Атасы Албан көйкашка,
Адамдан жөнү бир башка.
Урдан токтоп туулган,
Атагы жанга угулган,
Чалыяр чаркы жетпеген,
Каканга салган чуулган.
Шер экени билинген,
Бээжинде кара кытайдын
Даңзасына чийилген.
Айтканы элге жай болгон,
Атасы көкжал Алмамбет
Каканчы Бээжин шаарына,

www.bizdin.kg

Жыйырма бир жыл кан болгон.
Орою актан жаралып,
Талак кылган буттарын,
Таштаган кытай журттарын.
Каканга чачып жыйганын,
Кадыр Алда Кудайдан
Каалаган жалгыз ыйманын.
Дүнүйөсүн чачканда,
Какандан бери качканда,
Кытайдан балбан дуңшасы,
Карасаат жолтойдун
Тосо чыгып мынчасы,
Сарала оозун буруптур.
Жалпы кытай эл менен
Көкжал Албан кайран шер
Жаңжалдашып туруптур.
Жамалуу жаңжал баштаптыр.
Өз атасы Азиз кан,
Бээжинге союп таштаптыр.
Кызырлуу албан кайран шер,
Шер экенин билгизип,
Уруктуу кытай манжунун
Улугун жерге киргизип,
Алдында тагын май кылып,
Айткан тилди албайт – деп,
Айдаган жолго баспайт – деп,
Чынмачын каны Азизди
Чын-Бээжинге жай кылган.
Кырк чоросун кырдырып,
Энесин шейит кечирип,
Көп жаңжал салып Кытайга,
Көчүп келген Таласка.
Чоро болгон Манаска.
Ободон жылдыз козголуп,
Айкөл Манас шер менен
Асырап алган көйкашка
Алтымыш сапар дос болуп,
Кыямат сапар баштаган.
Береги берен Күлчоро
Белек кылып таштаган.
Телегейин тең тууган,
Темирдей көпкөк шер тууган.
Бөлүнгөн сөз бөөдөрөөк,
Эки карыш, төрт эли
Бөлөгүнөн өөдөрөөк.
Табылгалуу колоту
Тарчылык тарткан көкжалдын,
Таптап койгон болоту.
Бек акылман кыраакы,
Беренден калган мураапы.
Берендиги эрдиги,
Бет алган журтка сынаакы.
Берен албан көкжалдын,
Береги калган баласы,
Ойлосоң мынча баркы бар.
Ай-ааламды буй кылган,
Бул Күлчоро каркыбар
Бул карасаат чорого
Бейпайлашкан калк өлгөн,
Беттешип келип алп өлгөн.
Болотун кызыл майлаган,
Өчөшүнө тийгенде
Коңурбай кан, Нескара
Экөөнү катар жайлаган.
Кылычын канга боёгон,
Алп дөөлөрдүн баарысы
Арстан деп жорогон.
Карасаат Күлчоро –
Баатырлыгы башкача,
Балбандыгы бир канча.
Балбандык жайын айтайын:
Кармашышкан кан өлгөн,
Кармашайын деп жүрүп,
Кадимки Кыяз эр өлгөн.
Сайганы сексен жүз болгон,
Беттешкен бенде түз болгон.
Ойноо бала кезинде,
Жая кесип, жал берген,
Мойнуна тумар тактырган,
Сарпайылап бактырган.

www.bizdin.kg

Салмактуу баатыр болор – деп,
Кайран энем Каныкей –
Олуя өзү жактырган.
Жетисине келгенде
Жаа тартышып ок аткан,
Бет алган жоону жоготкон,
Он экиге келгенде
Кан ичип жүрүп катыккан.
Баабедин чалдан бата алып,
Бала жолборс атыккан.
Он үчкө жашы келгенде
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Чайнап бүркөр таш таппай,
Кесерине баш таппай,
Ак марал айдап уй кылган,
Ачуусуна тийгенин
Айдап жүрүп буй кылган.
Көк марал айдап уй кылып,
Көрүнгөн жерди буй кылган.
Орто Кең-Кол жайлаган,
Он төрт атын байлаган,
Атыша чыга жоо келсе,
Астыга салып айдаган.
Ачуусуна тийгенин,
Азууга салып чайнаган.
Аркар кууп, бугу аткан,
Алооке кандын Коңурбай
Бээжиндин канын сулаткан.
Кирпиги күйгөн чок болгон,
Каарынан жан чыгып,
Чындаган душман токтолгон.
Боору кара, сырты көк,
Борумдуу тууган кара көк.
Узун бойлуу, кең далы,
Көрөсүң кызык пайданы.
Ушул турган Күлчоро –
Уңгусу болот сыр найза,
Колойтуп өөдө аштаган.
Азар түмөн кол болсо,
Бир адамдай баштаган.
Комутуна келгенде,
Коёндой жерге жанчтаган.
Муну өкүт кылган көкжалдын
Өөдө тартса өбөгү,
Семетейдин бөбөгү.
Карарга толук кимиси,
Канкор шердин иниси.
Чалгын чалса чарчабас,
Жетик көкжал төрөнүн,
Жебелүү күлүк тулпары.
Адырдан тоодак куткарбас,
Жагалуу алтын шумкары.
Ачылган жердин жабуусу,
Сынган сөөктүн таңуусу.
Керектүү жүрөк колкосу,
Кең кыргыздын ордосу.
Кең көкүрөк, жайык төш,
Кеп кылбай тийсең эр ушул,
Күндүзү кымыз түн жыргал,
Күтсөңүз кыргыз эл ушул.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Жыргасаң алтын жер ушул.
Тийүүчү болсоң эр мына.
Кумарың жазчу эр мына,
Күрдөөндү тапчу шер мына.
Айтканым ушул билиңиз,
Күлчоро эрге тийиңиз.
Көкаланды жоорутпайт,
Көңүлүндү оорутпайт.
Кумарың жазар шер ушул,
Күтүп алсаң Күлчоро –
Күлкүндү жазар эр ушул.
Мурун уксаң сөзүмө,
Бурулуп тийгин Чорого,
Мураа болоор өзүңө.
Кайрылып уксаң сөзүмө,
Калаа болоор өзүңө.
Жан ашпай турган бел ушул,
Жаркылдатып жетелеп,

www.bizdin.kg

Күрдөөңдү жазчу шер ушул.
Айтканымды билип ал,
Кайыпчал кызы Куялы,
Айтты Чүрөк тилимди ал!
Күйөө кылсаң Чорону,
Баштаарсың оюн-жорону.
Касиеттүү жан кылаар,
Ургаачы башың кан кылаар.
Күн чалып тийген колоттон,
Күлүк атын сугараар.
Күндө ачып күлкүңдү,
Ааламга атың чыгараар.
Сары өзөн бийик капчалга,
Салынган кара там кылаар,
Саналаш болсоң Күлчоро,
Сандаган жерге кан кылаар.
Күтүп алсаң Чорону,
Болот така тулпарың,
Күтүп алсаң Күлчоро
Болжоосуз кыраан шумкарың.
Мурун кирсең сөзүмө,
Ушул турган Күлчоро
Мураа болот өзүңө» –
Деп ошондой деген соң,
Чүрөк айтып турганда,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Кан чыгартсаң Куялы,
Коё берди кеп баштап:
«Акундун кызы Айчүрөк,
Мендеден бөлөк уз элең,
Беризаттын кызы элең.
Кара жерге кар тамса,
Кардан аппак этиңиз.
Кар үстүнө кан тамса,
Кандан кызыл бетиңиз.
Таңкы Чолпон көзүңүз,
Шекерден таттуу сөзүңүз.
Жадыгөй сөздөн жаттайсың,
Ак койгуттун алчысын,
Семетей кандын жалчысын,
Өткөн жандын тулдарын,
Эр Семетей баатырдын
Кытайдан келген кулдарын,
Көк тулпардын желесин,
Кичине кезден чоңойгон
Семетейдин денесин,
Ак тулпардын аксагын,
Көк буудайдын ороосун,
Семетейдин жоросун
Мынча неге мактайсың?
Уламадан уласак,
Билгендерден сурасак,
Ат бороюн сыдырып,
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айланып кыдырып,
Керторосун бургамын.
Жер үстүндө алптардын,
Алп алдында калктардын,
Жашы менен карысын,
Сынадым журттун баарысын.
Туткуй, Ысар жер жүзү
Мен ашпаган бел калбай,
Жаралган адам уулунда
Мен көрбөгөн эл калбай,
Алмамбет уулу Чоронун
Кул экенин билгемин.
Куруп калсын кытайдын,
Уулу экенин билгемин.
Чынмачын кытай тукуму,
Адал эмес карасы –
Баатырга тие койгун – деп,
Айчүрөктү карачы!
Ыраазы болбойм мунуңа,
Уялбай кантип тиейин
Уйтуума денекулуңа.
Өрт таштаба санаама,
Өлдүм ай кантип тиейин,
Кундакта жүрүп, кул болгон
Курган Чоро балаңа!
Кечээ табылгы жакса чок өтпөс,

www.bizdin.kg

Очогор атса ок өтпөс.
Жакасы алтын, жеңи жез,
Керишке кийсе кебелбес,
Кереме керши кең күрмө
Э бетим менен киейин?
Байы турса кулуна,
Баякы кытай уулуңа.
Кай бетим менен тиейин?
Эби кеткен куу дүйнө.
Эрге тийип нетейин!
Кулжуйган кулга тийгиче,
Жети күндүк жалгандан
Бойдок боздоп өтөйүн,
Айтканыңды билбеймин,
Арбайып канкор турганда,
Астында кулга тийбеймин.
Айып сөз бар мунуңда,
Жаралган адам уулунда,
Улуксунган жаныбар
Берендердин баары бар,
Өзөктөп кулак жебейби!
Кутурган канчык Куялы –
Аты катын зайыптыр,
Зайыптын жолу майыптыр.
Кулга тийди дебейби.
Ушинтип мени жебейби!
Айтканыңды билбеймин,
Жараткан Кудай төрт урсун,
Бул кулуңа тийбеймин!
Айткан тилиң албаймын,
Айдасаң малча барбаймын.
Калдай кара муз кезде,
Экөөбүз ойноо кыз кезде,
Ойноп жүргөн кезинде,
Даңдаң-Тоонун бетинде,
Бабалуу шаар Бабалак,
Бабалактын четинде,
Чынгырчанын оюнда,
Мөмөлүү чынар боюнда,
Өзүбүз бала секелек,
Ойноп жүргөн кезинде,
Ак жылкыдан боз болдук,
А дүйнөлүк дос болдук.
Өөдүр-дөөдүр кеп кылдык,
Убаданы бек кылдык.
Дүнүйө жалган экенин,
Кыйла жыл карап билүүгө
Убадалуу кеп кана,
Кеп алдында чоң кызык,
Өлүм орток шерт кана?
Бир кишиге тийүүгө,
Өлгүчө бирге жүрүүгө,
Айтышып койгон ооз кана?
Алыша жүргөн кол кана?
Калп эле кебиң бурасың,
Байы турса кулга – деп,
Кимди шылдың кыласың?
Чырдуу сөз айтып нетесиң,
Бай турса кулга тийгин – деп,
Кемелетип кебиңди.
Кетирдиң менин эбимди!
Ыраазы болбойм мунуңа,
Желмогуз уулу Сарыбай
Сайыш кылбайм мунуңа.
Айткан сөзүң албаймын,
Каптаган тажаал өртүнөн
Ажыратып калбаймын!
Белгилүү жерден эр таппай,
Бет алып мыкты жер таппай,
Кайберен качаар тоо таппай,
Каралдуу кылаар зоо таппай,
Желмогуз уулу капырга
Салышты кантип саламын,
Эр албай салбар болду – деп,
Элиме кантип барамын!
Акундун кызы Айчүрөк
Бул кебиңди ким уксун,
Кадимки кара сур уксун,
Күндүзү жок түн уксун,
Ары жок наадан бул уксун!

www.bizdin.kg

Желмогуз уулу чочкого
Жетип айза сайбаймын.
Күйөө көрбөй, эр көрбөй,
Сарыбайга барбаймын.
Толкуган тажаал огунан,
Ажыратып албаймын!
Айтканыңа көнбөймүн,
Андай-мындай дебеймин» –
Болбой турду Куялы.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Ач камандай күркүрөп,
Адамзат бенденин
Азат бою дүркүрөп.
Чагылгандай чаркырап,
Чапчышынан чаң чыгып,
Каарланган капырдын
Добушунан кан чыгып,
Толкушунан чочконун,
Тоо туруштук бергисиз,
Кыймылдаса карааанды,
Кылымдын алпы жеңгисиз.
Бир ийнине доңуздун
Куш төрөсү конгондой,
Айбаттанып айкырса,
Ажыдаардай оп тартып,
Ай-ааламды жуткудай.
Кыргыз эмес кылымды,
Кыжырланса кутургур
Демге койбой бузгудай.
Көркөмү бийик, заары күч,
Көрсөң жандан күдөр үз.
Бир көзүнүн чуңкуру
Төө аттаган быткылдай,
Карасы менен төрөсүн,
Кармап алып жуткудай,
Жай-жарагын жайланып.
Жалаң кылыч байланып,
Кайра мөндүр жаачудай,
Каар бетине айланып.
Чамынганы жолборстой,
Чапчыган аман болбостой,
Күңгүрөнүп күрмөнүп,
Бүт дүйнөгө сүйлөнүп,
Жекеге чыгып турду эми.
«Жекеге келсең жетөөң кел,
Сакалдуу Бакай карың кел,
Сандаган кыргыз баарың кел,
Чабалың калып, алпың кел,
Айбан түрлүү калкың кел!
Өзөнгө сууң бурамын,
Өңгөндү коюп кырамын,
Каарландым какайдым,
Катуу жаңжал кыламын.
Кыйла кызыкканында
Кызырканып кымпыйдым,
Кыргын кылам баарыңды.
Баатырсынган мөмөң кел,
Чабалың калып, төрөң кел,
Бирөөң коюп, миңиң кел,
Улуксунган каның кел,
Ушунча кыргыз баарың кел!
Жадаалданып качырсам,
Жаккан отуң өчүрөм,
Жалпы баарың көчүрөм,
Кечикпей бачым кайтамын!» –
Деп, ошентип Сарыбай,
Желогуз уулу капырды
Желигип Кудай урду эле.
Бузулган тоодой күркүрөп,
Ачууланып айкырып,
Айзалашып калууга,
Кыйкырып кылыч чабууга,
Кыйынын кел деп чакырып,
Касаба белги тоо болуп,
Ач кыйкырык, куу сүрөөн
Азаптуу мынча чуу кылып,
Айкырык салып турду эле,
Талаанын баары боёлуп,
Эрендерден эс кетип,
Эшикке чыкпай колоду.

www.bizdin.kg

Жаңжалынын заары күч,
Жаралган бенде уулунда
Жаңжалың мындай болобу?
Жалпы журтуң күйүнүп,
Журт чуркурап, чуу түшүп,
Эл жанынан түңүлүп,
Сарыбай камап турганда,
Саруулоону башташып,
Кымбатыраак куу жанды,
Кылга байлап ташташып,
Кыйкырык салды күйүнүп,
Калк жанынан түңүлүп.
Башта болгон жаңжалда,
Эренден нечен кан өлгөн,
Нечен түрлүү жан өлгөн.
Эл жанынан түңүлдү,
Желмогуз уулу Сарыбай
Катуу жаңжал салыптыр.
Кайран жандан түңүлүп,
Журт чуркурап калыптыр.
Шыгырашып кайран эл,
Дууга кирип калыптыр.
Айыкпаган бир бала,
Чууга кирип алыптыр.
Кызыталак таттуу жан,
Карылуу тентек капырга,
Кан Сарыбай баатырга,
Кызыталак куу жанды
Кылга байлап көрдүк – деп,
Кылча журттан түк калбай,
Кыргын болуп өлдүк – деп.
Эр Семетей канкор шер
Атасынан бабасын,
Бет алып душман жеңбеген.
Мүшкүл салып кыргызга,
Бул өңдүү душман келбеген,
Алда Таала бул ишти
Бендесине бербеген.
Бейпайлуу дүмөк кандай – деп,
Бет алып журттун баарысы,
Мейнеттүү жандан түңүлдү.
Бейлеп жандан түңүлүп,
Бели бошоп, муун кетип,
Журт чуркурап мунетип,
Коломтодон кор чыгып,
Үзүлбөс мүшкүл тор чыгып
Желмогуз уулу Сарыбай
Бөлөктөрдөн зор чыгып.
Заман кандай болоор – деп,
Каарданган түгөнгүр
Канетсек тирүү коёр – деп,
Жердегениң Ала-Тоо
Жетик мүшкүл иш болду,
Жергебиз кандай коноор – деп.
Азыраак кыргыз журт элек,
Айлабыз кандай болоор – деп,
Ак сакалдуу карысы
Азчылуу журттун баарысы,
Алды кейип күйүнөр,
Аманат жандан түңүлүп,
Эл чурулдап, дуу болуп,
Асман жарган чуу болуп.
Керней-сурнай тартылып,
Кейишке куу журт чатылып,
Сарыбай душман көрүнүп,
Көрүп турган калың журт,
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Ай караңгы бүркөлсө
Түн эмине болчу – деп,
Кордолуп калсак кокустан,
Колуна түшсөк окустан,
Каарланган капырдын,
Катуу кайрат баатырдын,
Колуна түшсөк кокустан,
Күн эмине болот – деп,
Чама чарчап, ал кетип,
Журт чуркурап зар этип,
Катаалды катуу баштады.
Минтип турса бул капыр
Жаман катын, жаш бала

www.bizdin.kg

Баарысын каран таштады.
Жадаалданса бул доңуз
Кыйлаларды кырабы,
Кыйырга дүмөк салабы?
Өчкөн отту тамызып,
Өлгөн жанды тиргизип,
Үзүлгөндү улачы,
Чачылганды жыйначы!
Караан болуу өзүмө,
Ыраазы бол сөзүмө.
Айткан сөзгө болбосоң,
Муңдуу сөз айтам билиңиз,
Канкор шердин баласы
Эр Сейтекке тийиңиз.
Каалаганың кайсы жак,
Тилегениң алыңыз,
Ачуулуу каарлуу душмандан
Ажыратып салыңыз!
Душман заарын басыңыз,
Умаштай көздү ачыңыз.
Бөлөк дебей биздерге,
Бөтөндөтпө сөзүңдү,
Чалгындатпай чалышып,
Ажыраткын өзүңдү.
Ак болоттун тукулу,
Арстандардын тукуму.
Адам кордоп болобу,
Кордогон адам оңобу?
Жараткан адам уулунда,
Жасалга мынча болобу?
Түп атасы Түгөл кан,
Түбүнөн Кыдыр даарыган.
Башкы атасы баары кан
Башынан Кыдыр даарыган.
Өлгөн сайын өрчүгөн,
Түгөнгөн сайын түтөгөн.
Элге дайын атагы,
Ааламга жеткен чатагы.
Арстан шердин тукуму,
Уруучу Кудай урабы,
Учмактуу шердин балдарын
Желмогуз уулу кырабы?
Жетиктин баарын өлтүрүп,
Өрт өчкөндөй кылабы?
Бая эбак көрдүм өзүңдү,
Кайып чал кызы Куялы
Баатыр экен, шер да экен,
Баана кылдык сөзүңдү.
Ургаачы шер сен болсоң,
Катындан улук Айчүрөк –
Кайран долу мен болсом,
Байкап билдик сөзүңдү
Баана кылдык өзүңдү.
Бейлеп билдик сөзүңдү,
Медер кылдык өзүңдү.
Балаага себеп эр болсоң,
Багып алчу сен болсоң
Добул келсе жел тийбес,
Көкүлүң токой, черимсиң.
Доочу келсе жан бербес,
Жүгүрүк чечен эримсиң.
Кайгырдым уккун сөзүмдү,
Кап-Тоодой паана тиер – деп,
Караа кылдык өзүңдү.
Жел тийбес жибек чатырсың,
Жеткилең пайда тийгизчү
Кыз Куялы баатырсың!
Кең далаанын Даңдуң-Тоо
Даңдуң-Тоонун оюнда,
Мөмөлүүнүн боюнда,
Кичине кезден оңолдук,
Ойноп жүрүп чоңойдук.
Бармактайда баш коштук,
Биттей кезде бириктик.
Бармактайда баш коштук.
Айдың-Көлгө түшүштүк.
Шекер-шербет, таттуу аш,
Балалык күндө ичиштик.
Бир төшөккө жатыштык,
Куялы, Чүрөк дедиртип,

www.bizdin.kg

Бек кызыкка батыштык.
Санатың мынча кыз болуп,
Кырмызы көйнөк, тасма бел,
Жыйылган мынча кыз болуп,
Салкын жайда туруштук,
Балалык күндө тунуштук.
Сейилге чыксак серүүндөп,
Албан менен уруштук.
Ат бороюн сыдырдык,
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Мединанын беш бурчун
Учуп жүрүп кыдырдык.
Жаралган нечен жер көрдүк,
Жерди ээлеген эл көрдүк.
Тирүүлүктөн өлбөдүк,
Кара жер менен тең болуп,
Жер азабын көрбөдүк.
Кайыпчал кызы Куялы –
Балбандыгы башкача,
Баатырлыгың бир канча.
Кайрылып уккун сөзүмдү,
Каралды кылдым өзүңдү.
Ободон жылдыз козголгон,
О дүйнөлүк дос болгон.
Ак буудай данын чайнашкан,
Албан түрлүү кеп кылган,
Убаданы бек кылган.
Эр Куялы керигим,
Аманат жанга шеригим.
Капка шаар базарым,
Кайгырсам кабак ачарым.
Кыздан чыккан төрөмсүң,
Ысык жайга орногон
Түпкө чынар мөмөмсүң.
Айтса алтындай кебимсиң,
Адам кирсе жан бакчу
Чытырман токой черимсиң.
Кайгырганда барчумсуң,
Кастарын тиккен душмандан
Ажыратып алчумсуң!

Бир көктөткүн мөмөмдү,
Желмогуз уулу капырдан
Ажыраткын төрөмдү.
Желмогуз уулу капырдын
Кер атына мал жетпей,
Кериш кылсак ал жетпей,
Бүктөмөк болду белимди,
Кырмак болду элимди.
Чачмак болду мүлкүмдү,
Бөлмөк болду себимди.
Себимди серпип кетет – деп,
Түбүмө түптүз жетет – деп,
Бүлүк салып элиме,
Мүшкүл балаа көрүнө.
Каарланып качырса,
Эркин жаткан кыргызга,
Беш тырмагын батырса,
Коркуп турам Куялы,
Каруусу толук капырдан,
Эр Сарыбай баатырдан.
Бул Сарыбай капырды
Беттеп адам барабы,
Бет алган тирүү калабы?
Жалынса жанды коёбу,
Шимирсе канга тоёбу?
Кулдук ай деп чууласак,
Райым тирүү болобу?
Жалынсак жанды коёбу
Каарды катуу салат – деп,
Кайрандарды соёт бейм,
Кылча койбой кыргызды
Кыргын салып коёт бейм!
Төбөндөн тийген бул чочко
Берендерди бүктөйт бейм,
Олжо кылып жесирди,
Оюнча кырып жетимди,
Кашатка төгүп кандарды,
Калтырбай кырып балдарды.
Кыздан балбан Куялы,
Өзүң көзүң салбасаң,

www.bizdin.kg

Өткөрө каардуу капырдан,
Ажыратып албасаң,
Өзүңдөн пайда болбосо,
Далайды талкан кылат го,
Чын эсепти табат го,
Тыптыйпыл кылып чабат го,
Жаккан отту өчүрүп,
Жабыркатып бул журтту
Чын качырып булгутту.
Төрөлөрдү бүктөйт го,
Нар казына түмөн мүлк,
Төбөңдөн тийген бул капыр
Олжолоп алып жүктөйт го...
Кызырканса кутургур,
Кыйын жаңжал, чоң мүшкүл,
Кыйындар кыйнап өлөбү,
Кыйын дүйнө, сансыз мал
Камчыга ченеп бөлөбү?
Бет алган берен өлөбү,
Бек казына, дүйнө мал
Бейли кара Сарыбай
Түшкүнгө ченеп бөлөбү?
Кабылан тууган Семетей
Өлбөгөн жерден калышты,
Сексен күн тынбай салышты.
Буурул аты арыды,
Муңканып ал шер карыды.
Тамдар кулап, түз болду,
Айза сынып, күч болуп,
Артыкча мүшкүл иш болду.
Семетейдин Сейтек эр
Серпишке кирди токсон күн,
Эрендин баары жутулду.
Табылгы жакса чок өтпөс,
Очогор атса ок өтпөс,
Кармашканда кол өтпөс,
Жакасы кымбат, жеңи алтын,
Тондор тозуп тешилди,
Эрендин башы кесилди.
Азууларын аркайтып,
Ок жүктөгөн нар өлүп,
Беттешкен жандын баары өлүп,
Найзага даңгыл ыктуу өлүп,
Жоонун айласын билчү мыкты өлүп,
Узун кулак жан өлүп,
Айла тапкыч кан өлүп,
Мүшкүл салды Сарыбай.
Тажаал салды бир далай.
Кутурган экен куу жолтой,
Каарын төктү болобу?
Катуулаша кармашып,
Калың жан аман болобу?
Тулумдууну тул кылды,
Туура чабар балбанды
Кемитип байлап кул кылды.
Катуу кагыш баштады,
Чымындай жанды кайран эл
Кылга байлап таштады.
Көрсөң дүмөк чоң жаңжал.
Ааламдан чыкпайт бул балбан.
Бузулган экен көргөн түш,
Ааламда болбойт мындай иш.
Жүргөнүнөн чаң чыгат,
Кобуртунан жан чыгат.
Каалаганда бул башка,
Кадыр түн өңдүү түн барбы?
Каруусу толук капырдан
Ажыратар күн барбы?
Чама чарчап, арыз кылдык,
Өткөрө жандан түңүлүп,
Өз алдыңа зар кылдык» –
Деп ошондой деген соң,
Каарланып какайып,
Кайыпчал кызы Куялы –
Арстандай көз жайнап,
Ажыдаардай тил кайрап,
Көрүнө көрдөй бузулуп,
Көбүрөөк жини кайнады,
Кайнабай жини калбады.
Койгун, Чүрөк, кебиңди!

www.bizdin.kg

Бул кебинди ким уксун,
Капкараңгы түн уксун.
Ок өтпөгөн болоттон
Киейин деп чыккамын.
Манастын уулу Семетей,
Тиейин деп чыккамын.
Катылган жоого карааңды
Саламын деп келгемин.
Беттешкен жоо Сарыбай
Ажыратып айкөлдү,
Алайын деп келгемин.
Сарыбайдын эрдигин
Билейин деп турамын.
Каарланып какайсам,
Каршы-терши куйкасын
Тилейин деп турамын.
Ашуусу бийик Даңдуң-Тоо
Аша жүргөн тоо болду.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Мындан мурун жети жол
Алыша жүргөн жоо болчу.
Көп күрөшкөн көз ушул,
Көп жаңжалдашкан эл ушул.
Желмогуз эркек, мен зайып,
Кемиткенин билгемин.
Олоңдой болгон кайран чач
Төбөгө түрө түйгөмүн.
Балта өтпөс болот чарайна
Башка баса кийгемин.
Мээ кайнаган ысыкта,
Эл баспастын белинде,
Жан жүрбөстүн чөлүндө,
Чаян жатаар көлүндө,
Өлбөгөндөн калыштым.
Он алты жашта бала кез,
Атасы Желмогуз менен салыштым.
Маңдайлашып турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Айза сунуп, балта уруп,
Алты күн тынбай салыштык.
Төөгө минип, айза алып,
Жыртылбас болот тон көрдүм.
Желмогуздун өзүнөн,
Жеткилең мүшкүл чоң көрдүм.
Балбан, эрен, алп көрдүм,
Албан түрлүү калк көрдүм.
Жеткилең экен каркыбар
Желмогуз деп аталып,
Жаңжалдын мынча баркы бар.
Ал Желмогуз капырдын
Чоң кайратын көргөмүн.
Кайыптын кызы мен шордуу
Көңүлүмдү бөлгөмүн.
Мурду бурук середей,
Чоңдукту берген кенебей,
Каар менен мүшкүлдү
Караса Кудай бадыша,
Берген экен ченебей.
Жаралган дөөнүн баарысын
Бучкагына теңебей.
Каарланып дүпүлдөп,
Кашатка чыга желигип,
Кабар берген колуна
Кан күйөт айткан жообуна.
Өлөрмандын өзүнө,
Жырткычтын кара көзүнө,
Темир курчоо торуна,
Он алтыда кыз кезим,
Жолуктум капыр колуна.
Балбандыктан озгомун,
Жамгырдай жааган жоо огун,
Жамгырча көрүп тозгомун.
Мингеним тулпар Керкызыл
Керкызыл оозун бургамын,
Көп сүйлөбөй тил айтпай,
Келген душман мүшкүлдүн
Каруусу толук капырдын,
Ач айкырык куу сүрөөн,
Алаңгыр жаа шыбыргак
Кайраты оор, заары күч,

www.bizdin.kg

Кан шимирип катыккан.
Канча дөөнү кыйратып,
Эр желмогуз атыккан.
Капыр да экен, кан да экен
Катуу кайрат, таш жүрөк,
Тоо томкоруп, жер бузган,
Тозоку мындай жан экен.
Эл бүлдүрүп журт соргон,
Мүшкүлү мынча бар экен.
Каарланып какайса,
Калтырбай калкты жуткудай.
Эки көздүн кычыгы –
Кокту жылга быткылдай,
Көрүнсө жанды жуткудай.
Төө эркеги буурадыр,
Желмаяндан ат кылган.
Буттай темир курчанган,
Каарланып какайып,
Такыядай карагыр,
Жоо жүрөгү түшсүн – деп,
Жолуң кабыл келбегир,
Тилегениң бербегир,
Каардан мынча көрбөдүм.
Буура атын булкунтуп,
Ээң өлгөн каранды
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Туура аккан булактан,
Суусунун кандырып,
Табылгылуу кырчындан,
Буура төөсүн чалдырып.
Жетимиш балбан жөкөргө,
Айбалтасын алдырып.
Каарланып күркүрөп,
Карасаң адам баласы
Аны көрүп турган жан,
Азат бою дүркүрөп.
Жай-жарагын жайланып,
Тоодой чокмор байланып.
Жин оору пери тийгенсип,
Кээ бир жерде күркүрөп.
Аны көрүп тургандын,
Аманат жандан түңүлүп,
Азат бою дүркүрөп.
Чыңыроон баштап жүгүрүп,
Чынын көрүп турган жан
Чымындай жандан түңүлүп,
Жер өлчөөлөп ойдуруп,
Э жерге кирген куу дүйнө
Өлдүк ко деп ой кылып,
Чын мүшкүлү билинип,
Колу каптап түрүлүп,
Барабан үнү бапылдап,
Сурнай үнү такылдап,
Алдыңкы майдан белеске
Кол чуркурап жакындап,
Жер бузултуп үн салган,
Асман ачык жер бүркөө
Көк жарылган чуу болуп,
Көргөнгө мүшкүл дуу болуп,
Желмогуз уулу Сарыбай
Чокморунан чок чыгып,
Эки көздөн от чыгып,
Кобуртунан жан чыгып,
Жүргөнүнөн жан чыгып,
Баатыр да экен, шер да экен,
Кабылган жандан түңүлүп,
Кара тажаал неме экен.
Катылган жандын баарысы
Желмогуз уулу дээр экен,
Айласы кыйын, заары күч,
Алышканды кылган түз.
Балбандыгы башкача,
Балаа баскан капырдын
Баатырдыгы бир канча,
Эң жапаа салды куу башка.
Кармаш кылган кол өлүп,
Катылган жандар чогуу өлүп,
Айбаттанып айкырып,
Асман көктү сапырып,
Каарланып качырса,

www.bizdin.kg

Калайыкты күткүдөй
Калтылдабай кара жер
Калыңынан түткүдөй.
Мурунуна караса
Урчуктуу тоонун сеңирдей,
Сакалы саадак кабындай.
Эки көзү капырдын
Талаалуу өрттүн жалындай.
Көркөмү кымбат, заары күч,
Көрсөң түрү момундай.
Желмогуздан туулган,
Ааламга салган чуулган.
Жетисинде бу капыр
Желмогуздан бата алып,
Кан ичип жүрүп катыккан.
Касташканды жок кылып,
Эр Сарыбай атыккан.
Он экиге келгенде,
Кылычты кынай байланып,
Жамган жакка шайланып,
Жер үстүнө алп койбой,
Алп алдында калк койбой,
Кабылганды союптур.
Кылмышсызды кыйратып,
Кыйла жанды кутургур
Кыргын кылып коюптур.
Кабылганды кайсаптыр,
Кез болгонду кесиптир.
Кабылган жанды союптур,
Кыйла адамдын канына
Кыргын кылып тоюптур.
Муну менен кутургур
Желмогуз уулу болуптур.
Ат бороюн сыдырып,
Ай-ааламды кутургур
Алты жыл тынбай кыдырып,
Аңдыша кеткен алп өлүп,
Чабышам деп калк өлүп,
Бет алышып бек өлүп,
Беттеше келген эр өлүп,
Кез болгонду кемирип,
Арам ашка семирип,
Ушундай экен кутургур.
Урунаарга тоо таппай,
Урушаарга жоо таппай,
Чайнаарына таш таппай,
Жулаарына баш таппай,
Эңишээрге эл таппай,
Чоң Жет-Кайтта туулган,
Ааламга салган чуулган.
Кезиккенди союптур,
Кыйла жанды кутургур
Кыргын кылып коюптур.
Кабарын уккан күйүнгөн,
Каарлуу чочко келгенде
Калың кыргыз, көп аргын,
Кайран жандан түңүлгөн.
Кагышты катуу баштаптыр,
Кыдыр Алда жазуусу,
Алтымыш катын тул жеңе
Айылды каран таштаптыр.
Аткан мылтык, айза өтпөй,
Чама чарчап, ал жетпей,
Бет алган жан күйүнүп,
Өлдүк деп жандан түңүлүп,
Чымынча учуп чыркырап,
Чымындай жандан түңүлүп,
Калың эл кейип зыркырап,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй болот ок атып.
Күлчоро менен Семетей,
Баатыр Сейтек баш болуп,
Алты күн тынбай урушуп,
Чама чарчап турушуп,
Маңдайлаша барышып,
Мылтык атып, жаа тартып,
Барсылдашып салышып,
Жабдыктын баары утулуп,
Ок өтпөс тондун баарысы
Быт-чыт болуп тытылып.

www.bizdin.kg

Айзанын баары быркырап,
Айла кандай болот – деп,
Калктын баары чуркурап,
Калың салыш болуптур.
Ат салышып туруптур,
Алптын алы жеталбай,
Арамды Кудай уруптур.
Күпсөрдөн дары күбүлүп,
Күүлөнгөндүн баарысы
Чымындай жандан түңүлүп.
Жабдык сынып утулуп,
Жаралдуу жерге тутулуп.
Жаман кыргын болгондо
Жети күн Сейтек аралап,
Жетимиш тулпар өлүптүр,
Аманат жанды жаралап,
Сейтек колго келген соң,
Алмамбет уулу Күлчоро –
Телегейи тең эле,
Атасы Алмаң арстандан
Артыкча туулган шер эле.
Жайнаган кызыл чок эле,
Душманга болот ок эле.
Жаралган менде уулунан
Баатырдык мындай жок эле.
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер
Адамдан чыкпайт мындай эр.
Минген аты Суркоён
Кагыш кылып кайран эр,
Маңдайлашып турушуп,
Кыйналып кырк күн урушуп,
Маңдайлашып турушуп,
Жан аябай эрендер
Барсылдашып урушуп,
Түзөң жерден жөлөнүп,
Кымбаттуу керек кайран баш
Кыпкызыл канга бөлөнүп,
Эрдик кылчу эки кол
Өйдө болбой шал болуп,
Тирүүлүк алчу кайран баш,
Кызыл челек кан болуп.
Бүткөн бойдун баарысы,
Былкылдабай дан болуп.
Бая эңиш кылган жеринде
Топурак учуп чачылып,
Жер быркырап ачылып.
Катуу жаңжал кылышып,
Катуу урушуп турушуп.
Кара мылтык карс этсе,
Качпай турган эр өлүп.
Чогоол мылтык чорт этсе,
Чоочубастын баары өлүп.
Айзакерден ыктуу өлүп,
Жоонун айласын билчү мыкты өлүп.
Акыл табар жан өлүп,
Айласы толук кан өлүп.
Азууларын аркайтып.
Ат өлүмү тоо түшүп.
Кыл мурутун шыйпайтып,
Кылаңгыр көзү жумулуп.
Эр өлүгү боо түшүп,
Эсепсиз кыргын салыптыр.
Чапчышып чама келалбай,
Каарланып күүлөнүп,
Кайран кандан түңүлүп,
Султан эле башыма
Жебирейил бериште
Суук укурук салат бейм.
Азирейил жан тарткыч
Аркайта колун сунган бейм.
Келгеним келбей башымдан,
Чындап Кудай урган бейм.
Касиеттүү кайран баш,
Өлө турган болгон бейм.
Барса-келбес чын жайын
Көрө турган болгон бейм.
Кырсыктын кыркы чалган го,
Белгилүүм кетип боюман
Мээнет чырмап алган го...

www.bizdin.kg

Талааны тепсеп жол салып,
Жүргөн чагым кай жакта?
Ташты бузуп алтын так,
Минген чагым кайсы убак?
Эр Сарыбай баатырдын
Кер атына мал жетпей,
Керишине ал жетпей,
Кара болот зулпукор
Кайлап турган күн кайда?
Желмогуз уулу капырды
Эрендер кирип жеңе албай,
Каарды катуу салыптыр.
Сайса айза тоготпой,
Салмактап атса ок жетпей,
Мүшкүл жаңжал болуптур.
Бая Манастын уулу эр Семең,
Бая атасы Манас көкжалдан
Артыла туулган эр неме.
Себилдүү тону сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт,
Ишин Кудай оңдогон.
Түп атасы Түгөл кан,
Түбүнөн Кудай колдогон.
Кара сууга кан куюп,
Өлөңдүү жерге өрт койгон.
Ак болотун майлаган,
Ачуусуна тийгенде
Чоң атасы Жакыпты
Ата дебей жайлаган.
Көбөштү жерге киргизип,
Көргөн журттун баарына
Көкжал баатыр атыккан.
Ачууланап алганда,
Бөрк ал десе, баш кескен.
Кан төк десе, жин төккөн,
Согуш десе уу ичкен.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн,
Өлгөн сайын өөрчүгөн.
Өкүм Манас уулу ошол.
Кечээ кабарында бар бекен,
Аккула чуркап баспаган,
Жерде бүтүн калбаган,
Манас колу тийбеген,
Элде бүтүн калбаган.
Кара чаар кабылан
Качырган жоону беттесе,
Капталында чамынган.
Касиеттүү баатырга
Кайыптан акыл табылган.
Беттеп адам келбеген,
Укумунан тукуму,
Аны бет алып душман жеңбеген.
Түнөп өткөн жерине
Түптүү чынар орногон,
Түбүнөн Кудай колдогон.
Каршылаш адам калбаган,
Атыша чыккан адамды
Астыга салып айдаган.
Ачуусуна тийгенди
Азууга салып чайнаган.
Кыжырына тийгенди
Кыйкырык менен кыйраткан.
«Кыргыздан чыккан экен» – деп,
Төмөнкү кызыл баш эли ыйлаган.
Каруусун канга чыктаган,
Мындан мурун Семетей,
Каршылашкан душманын
Кара жерге ыктаган.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Тажаал мүшкүл салыптыр.
Чабышып чама келалбай,
Муну менен эр көкжал
Назарланып алыптыр:
«Жан деп Кудай жаратып,
Кытайды кырган шер кылдың.
Сарыбайга ал жетпей,
Мынча неге кем кылдың?
Кайраттын баарын кетирип,
Кара жер менен тең кылдың» –

www.bizdin.kg

Деп, ошентип Семетей
Ай-ааламды шаштырып,
Алдындагы чоң Буурул
Алчактата бастырып.
Көрсө көөнү бөлүнүп,
Көк жар тоодой көрүнүп,
Кирпик күйүп, чок болуп,
Айкырса болот ок болуп.
Билеги жоон, таш жүрөк,
Билими чүйлү, баатыр эр
Каарланып камынып,
Кайран шердин оюна
Кайыптан акыл табылып.
Кан кечип жүрүп катыккан,
Кайратына жан түтпөй,
Төмөнкү каканчын журту багынган.
Беттешкенди мерт кылган.
Кабылганды кайсаган.
Катылып душман оңбогон,
Каяша берген болбогон.
Каруусу толук капырга,
Желмогуз уулу баатыры
Каршы чыгып турду эле.
Желмогуз уулу капырың,
Турбай айза сунду эми.
Чымчык учпас кең сайдан,
Чыңыроон тарткан кең сайдан,
Астыңкы будур майдандан,
Таластын бүтүн бетинен,
Күйүктү күдүр четинен,
Күркүрөп айза сунушуп,
Күркүрөгөн күнгө окшоп
Күчөнүп айза сунушуп,
Жекеге чыгып алышып,
Семетей менен Сарыбай.
«Кызыл көйнөк, айча бел,
Кылтылдаган сулуулар –
Оймок ооз, бото көз,
Ойкуштаган кыйынды
Олжо кылып алыптыр,
Өкүм кылып олтурган
Өткүрлөрүн кырыптыр.
Жеткилең бузук катадан,
Манас кан жети белди чапканда,
Мен жетим калдым атадан.
Бүгүн каарландым какайдым,
Калтырбай төгөм каныңды.
Кыргыздын кылын таштабай,
Кыйратамын баарыңды.
Уккун азыр кебимди,
Ушинтип алам кегимди.
Оолукмам жаман кармады,
Ойлоп чечем себимди,
Мен ушинтип алам кегимди.
Кыргынды кызык салбасам,
Кыз балдарың баарысын
Олжо кылып албасам.
Туура айылың түп кылып,
Турганыңды кул кылып,
Олжо кылып тулкуңду,
Ойрон кылып мүлкүңдү,
Түпкө чогуу жетпесем.
Эчен дүйнө мүлкүмдү,
Олжо кылып алыптыр.
Баатырсынган эримди,
Кыл эмесин калтырбай
Кыргын кылып салыптыр.
Ээрчиткени кырк жайсаң,
Төбөдөн кирип басыптыр.
Төбөңдөн тийген ал Манас
Төрт түлүктү чачыптыр.
Менин атам Желмогуз,
Төбөсүнөн басыптыр.
Алапайын табалбай,
Менин төрт шаар элим качыптыр.
Байлап алып союптур,
Желмогуз атам дөөсүн.
Олжолоп тийип алыптыр,
Өрүштөгү бээсин.
Жакындаса элимдин,

www.bizdin.kg

Жайната муштап мээсин,
Төрүмө кудук казыптыр,
Төрт түлүгүм чачыптыр.
Кыйламдын баарын кырыптыр,
Кызыталак чоң канкор
Кыйратып жаны тыныптыр.
Кыйырлуу журттун баарысын,
Талкан кылып чалыптыр.
Азат бою дүркүрөп,
Кыйкырыгы таш жарып,
Эң кайраты баш жарып,
Кер тулпар оозун буруптур.
Келип камап Таласты,
Керишти кыйын кылыптыр.
Дөбөгө чыгып бакырып,
Майданга бачым келгин – деп
Кайра урушка чакырып.
Жет-Кайт деген жеримден,
Жети уруу башка элимден,
Кырк күнчүлүк чөл басып,
Токсон сегиз бел ашып,
Урунарга тоо таппай,
Кызыталак чоң канкор
Кызырлуу Манас барыптыр.
Менин атам Желмогуз
Кечээ төбөсүнөн басыптыр.
Төрт урутту талкалап,
Дүнүйөмдү чачыптыр,
Төбөдөн кирип басыптыр.
Кыйла жанды кырыптыр,
Кылып жаны тыныптыр.
Капканын оозун кан кылып,
Кара жолду чаң кылып,
Каяшаяк бергенди
Кармап жанчып даң кылып» –
Акылы айран шум айтып,
Аманат жандан түңүлүп,
Желмогуз уулу ал капыр
Мындай жаңжал баштады,
Чымындай жанды кыраандар
Кылга байлап таштады.
Кыйын жаңжал салды эми,
Кыйналышып турушуп,
Канча күн тынбай урушуп,
Чама чарчап, ал кетип,
Колот-колот жер менен
Булактай кара кан кетип.
Эрендин баары утулуп,
Тондун баары тытылып.
Кайраттуу өлүп, эр өлүп,
Катуу беттеш кылгандар
Капкара канга бөлөнүп.
Дөбөнүн баары чаң болуп,
Кайрат кылган эрендер,
Айзага даңгыл берендер
Кең көкүрөк, жайык төш,
Керишке балбан ыктуулар,
Айласы кетип туруптур,
Журт атасы мыктуулар.
«Желмогуз уулу Сарыбай
Чагылгандай чартылдап,
Арстандай күркүрөп,
Адамзат бенденин
Мыңк этип бакты сына элек,
Кыңкайтып Кудай урат бейм.
Желмогуз уулу Сарыбай.
Калтырбай журтту кырат бейм!
Буланы булап алат бейм,
Бузукту чочко кылат бейм.
Как төбөдөн басат бейм,
Бу кайран кыргыз тукумун
Калтырбай жерден чачат бейм!
Эрендерим, кандарым,
Артымда Сейтек балдарым!
Кенедейде кезиккен,
Биттей кезде биригип,
Бармактайда баш кошкон,
Байкуш Чүрөк жарларым,
Сарыбай уулу капырга
Олжого кокус кетет бейм.

www.bizdin.kg

Оройсунган доңузуң
Түпкө минтип жетет бейм,
Кап-Тоодой кан өлөт бейм.
Калып калса кыргызды,
Каруусу кенен Сарыбай
Камчыга ченеп бөлөт бейм» –
Деп, ошентип муң айтып,
«Мобу он сегиз миң ааламды
Жөлөп турар түр кайда?
Таласка сайган багым жок,
Дарданып жүргөн чагым жок,
Бу бүгүн көргөн эртең жок.
Бу эбин таап эңкейтип,
Алган окшойт дүйнө бок.
Атам Манас кууганы,
Энекем Каныкей шордуу тууганы,
Жетим калып жетилип,
Жергеге эптеп кошулуп,
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп.
Таласты таап жер кылып,
Кыргызды күтүп, эл кылып,
Мен Семетей болгону.
Маңдайдан бакты ачылып,
Башка дөөлөт чачылып,
Алтын таажы тон кийип,
Аярдык кылып журт билип,
Көзүмдү ачып көргөнү,
Берен кандын Күлчоро
Белек кылып бергени,
Кыңкайтып Кудай ура элек.
Жетимиш күнгө сайышып,
Ала алышпай турушуп,
Албан түрлүү урушуп,
Семетейдин колунда
Манастан калган зулпукор –
Манастан калган мураапы,
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен.
Кыйкырып кындан чыгарса,
Мизи өрттөй кызарган,
Кыжырланып шилтесе,
Кырк кулачтай узарган.
Каарланып суурганда,
Кан ичпей куру жүрбөгөн,
Канга мыктап тойбосо,
Катканда кынга кирбеген.
Зулпукор кындан чыгарып,
Султан тууган кургуруң
Мизин канга сугарып,
Каруусу толук капырды,
Кан Сарыбай баатырды,
Зулпукор менен урушуп,
Бу дүнүйө соодагер
Түрү эмне болду – деп,
Аң-таң калып турушуп,
Кармаса каруу жетпептир,
Чапса кылыч өтпөптүр.
Чама чарчап, ал кетип,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Желмогуз уулу Сарыбай
Оозунан заары төгүлүп.
Аласкар тоодой көрүнүп.
Амалы жетик, заары күч,
Катылганды кылган түз.
Айбаты бөлөк адамдан,
Балбандыгы ашыптыр,
Он сегиз миң ааламдан.
Балбандыгы башкача,
Баатырлыгы бир канча,
Каарланып күркүрөп,
Акылы бар адамдын
Азат бою дүркүрөп.
Мурду урчук сеңирдей,
Сыягы көпкөк темирдей,
Желмогуз уулу ал капыр
Эл жүрбөстө туулган,
Эченге салган чуулган.
Катуу каарын баштаган,
Көз келген адам баласы

www.bizdin.kg

Кырылып кете таштаган.
Басташып дөө жеңбеген,
Өнөгүн жанга бербеген.
Ал ажаандай айбаты,
Жаралган адам уулунан
Ашкан экен кайраты.
Белсенип чыкса итиңе
Менде келип жеңгисиз.
Ар сыягын капырдын,
Селдей толкуп ашыптыр.
Айбаттанып кутургур
Ай-ааламды басыптыр.
Беттешкенди эңиптир,
Ай-ааламды жеңиптир,
Алты ай тынбай жол жүрүп,
Айныбастан мол жүрүп,
Көз болгонду тиздептир.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айлана кыдырып,
Албан түрлүү жер басып,
Аркыйган ашуу бел ашып,
Түзү качып уралып,
Азыктын баары түгөнүп,
Жоорукер атын жоорутуп,
Жолго көөнүп оорутуп,
Жаңжал мүшкүл тиздептир,
Кан Манастын тукуму
Кайда экен деп издептир.
Байкабаган жер калбай,
Кулжуңдаган кутургур
Каарыбаган эл калбай,
Чыканактап тынч албай,
Чырым этип уйку албай,
Эртеңкиси кеч болуп,
Эр Манастын тукумун
Кармап кырып ийсем – деп,
Эки көзү төрт болуп.
Ал Манастын балдарын
Төбөсүнөн бассам – деп,
Төрт түлүгүн чачсам – деп,
Төрөсүн каран кылсам – деп,
Калтырбай калкын кырсам – деп,
Күчтүүсүнө урушуп,
Күлдү малын чачсам – деп,
Күлүн көккө сапырып,
Мындан кийин кайтсам – деп,
Кыргызын кыргын кылсам – деп,
Кылтылдаган кыз-катын
Олжо кылып турсам – деп,
Бет алышып урушуп,
Беренди кыргын кылууга,
Беш көкүлдүү кыздарын
Бет алып олжо кылууга.
Төрт түлүгүн чачууга,
Төрө Манас тукумун
Төбөсүнөн басууга,
Көргөзгөн экен билекти,
Тилеген экен тилекти.
Баштаган экен дүмөктү,
Ойлогон экен зордукту
Кылмак экен кордукту,
Желмогуз уулу ал капыр
Жеткен шумдук ал баатыр,
Көөдөндө турат көп арман,
Көрүнөө салды чоң жаңжал.
Беттешип кирип эр өлүп
Белгилүүлөр тең өлүп,
Желмогуз уулу капырдын
Жүргөнүнөн чаң чыгып,
Добушунан жан чыгып,
Чапчышып чама келалбай,
Чапчышып атып жеңалбай,
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып жаа тартып
Мыктап кыйла урушуп,
Эңиш кылып, эр өлүп,
Беттешкендин баары өлүп,
Бет алган адам дагы өлүп,
Таамай атса ок өтпөй
Айкырып сайса айза өтпөй,

www.bizdin.kg

Каарланып күүлөнүп,
Желмогуз уулу капырга
Турган экен сүйлөнүп:
«Айта турган кебим бар,
Манастын уулу бадырек,
Алты атамдын кеги бар.
Алты бирдей атамды
Башкы атаң Ногой баш болуп,
Башын сойгон жери бар.
Артык атам Желжетпес,
Кармап алып ал Огой
Калтырбай муну союптур.
Андан кийин Көрөгөч
Каракан союп кайсаптыр,
Мындан кийин Желжетпес,
Балакан атаң басыптыр,
Басып канын чачыптыр.
Коондой ичин жарыптыр,
Койдой башын кесиптир.
Жолго олжолоп алыптыр,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарыптыр.
Адам кылбас ой кылып,
Ак кажырга той кылып,
Сөөгүн сөпөт кылыптыр,
Зөөкүрлүк кылып кырыптыр.
Анан атам чоң Соргок,
Балакет кайда дечү экен.
Кысыр эмди семиз тай,
Соргогунан жечү экен.
Желпиништин оюнан,
Жантак тоонун боюнан,
Жакып кан атаң басыптыр.
Жалпы журтун кыйратып,
Жана алтын чачыптыр.
Кечээ менин атам Сарыбай –
Баатыр Манас эр барып,
Жет-Кайт деген жерди алып,
Жетип барып Сарыбай
Менин атам эрди алып,
Кагышты катуу баштаптыр.
Артык катын, тул келин
Айылды каран таштаптыр.
Капкалууну кан кылып,
Калтырбай элге чаң кылып.
Каяшаяк бергенди
Жерге кагып дан кылып,
Каардуу канкор Манастан
Элдешем деп элчи өлүп,
Ченеймин деген ченчи өлүп,
Сынаймын деген сынчы өлүп,
Тыңдаймын деген тыңчы өлүп,
Тыңшоого карап турчу өлүп,
Кармашам деген кан өлүп,
Катылган журттун баары өлүп.
Ойдон кеткис түш кылып,
Көңүлдөн калгыс иш кылып,
Кыйла жаңжал кылыптыр,
Сарыбай, Күкүк эки кан,
Экөөнү катар кырыптыр,
Ошол канкор Манас кабылан
Кыйратып жаны тыныптыр.
Айдарлууну кул кылып,
Айдап жаны тыныптыр
Адырды чаап билди алып,
Билге жүктөп дилде алып,
Кара көздөн миңди алып,
Олжо кылып малды алып,
Ойрон кылып жанды алып,
Төрө экен атам Сарыбай,
Төбөсүнөн басыптыр,
Төрт түлүгүн чачыптыр.
Төрүнө кудук казыптыр,
Канды каран кылыптыр,
Каяшаяк бергенди
Калтырбастан кырыптыр.
Үйүң күйгөн ал канкор,
Калыкты карын кылыптыр,
Бир кылбаптыр миң кылып,
Ай-ааламга чыр кылып,

www.bizdin.kg

Журт дүрбөлөп, эл качып,
Айласын таппай, жан шашып,
Дүмөгү журтка билинип,
Эл жанынан түңүлүп,
Каран кылып жанды алып,
Олжо кылып кол салып,
Сарыбай атам союптур.
Адырдан алып көчүмдү,
Каражолтой канкордон
Алалбай жүрдүм өчүмдү.
Менин атым – Сарыбай,
Бир кылбаймын, миң кылам!
Атышты арбын саламын.
Атам балбан Желмогуз,
Быйыл өчүн аламын.
Өч албасам өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн!
Кыргын кылып калкыңды,
Муразыма жетемин.
Буй кылып калкыңды талкалап,
Кылча койбой кыйырыңды,
Кыргын кылып кетемин
Түп тамырын суурбасам.
Түгөл журтуң жоготуп,
Өрт өчкөндөй кылбасам,
Атышты арбын салбасам.
Желмогуз атам баш болуп,
Алты атам өчүн албасам.
Тирүү жүрбөй өлөмүн,
Туулбай туна чөгөйүн!
Кыйырыңа кыргын саламын,
Кызырканып аттандым,
Кыздарың талап аламын!
Семетей уулуң Сейтегиң
Серпишкен балбан Күлчоро,
Өткөрө көргөн Бакайың,
Өлчөп көрдүм каарыңды,
Кыргын кылам баарыңды,
Кыйратамын шаарыңды.
Түгөтпөсөм баркыңды,
Түптүз кылам шаарыңды,
Каарым келди какайдым,
Катылбай койбойм бириңе,
Жетпей койбойм түбүңө.
Агызбай койбойм каныңды,
Кыйбай койбойм жаныңды.
Желпиниште туулдум,
Жетик белим буундум,
Кабылганды кайсадым,
Кез болгонду кемирдим.
Катыны киши, эркек ит,
Итаалыны сойгомун.
Кылча койбой бирөөнү,
Кырып такыр койгомун.
Кан шимирип катыктым,
Кан Сарыбай атыктым.
Жүргөнүмөн чаң чыккан,
Айбатыман жан чыккан,
Каарланып какайсам
Катылып бенде чак келбейт.
Күчтүүсүнүп күрпүйсөм,
Күндө атышсам ок өтпөйт,
Күндө өрттөсөк чок өтпөйт.
Сууга салсам батабы,
Эсиме келдим эңдирбейм,
Эгерде жанга жеңдирбейм.
Кызырканып какайдым,
Кылча койбойм баарыңды,
Агызам суудай каныңды.
Деген сөзгө көнүңүз,
Менин атам – Желмогуз,
Алты атам кунун бериңиз!
А деген сөзгө көнүңүз,
Алтын менен күмүштү
Алты миң төөгө артыңыз,
Каадалуу карыган Каныкей
Каадалуу сулуу Айчүрөк,
Алты атаң куну ушу – деп,
Астыма муну тартыңыз.
Ашка-тойго мингенге,

www.bizdin.kg

Кылтылдатып жүргөнгө,
Күркүрөп жоого тийгенге,
Алтын, күмүш артууга,
Эң мыктыга тартууга
Эпсиз күлүк мал экен,
Буурулду бизге бериңиз.
Бул айтканды бербесең,
Бу дегенге көнбөсөң,
Бербейм деп ачык кебиңди айт.
Бел байлашчу жериңди айт,
Казылган калың оруңду айт,
Кана, кармашчу болсоң жолуңду айт.
Белгилүүңдү беттеймин,
Берендериң өрттөймүн,
Кыйланды кыргын кыламын,
Кылтылдабай былк этпей,
Сенин Таласыңда турамын.
Талан кылам малыңды,
Такыр кырам жаныңды,
Кырылышсаң айтыңыз,
Кыжырга тийбей көнүңүз,
Жакасы алтын, жеңи жез
Кош бадана, торгой көз,
Кол куушуруп кулдук деп,
Багынганың билгизгин
Манастан калган Ак олпок,
Мына ушуну кийгизгин!
Ачууга тийбей айткыла,
Айткан сөзгө көнөсүз,
Оймок ооз, бото көз
Кырмызы көйнөк, айча бел.
Кылтылдаган кыздардан
Кыйла сулуу бериңиз.
Кылтылдатып кыздарды
Кырылбай, тартуу тартыңыз!
Кыжырга тийбей айтыңыз.
Деген сөзгө көнбөсөң,
Айткандарды бербесең,
Уу таштаймын күбүңө,
Ушинтип жетем түбүңө.
Олжо кылам малыңды,
Ойрон кылам баарыңды.
Түзөтөм казыр шаарыңды.
Жердегениң чоң Талас,
Коноюн деп келгенмин,
Ажыдаардай оп тартып,
Сороюн деп келгенмин.
Балбаныңды, шериңди
Утайын деп келгенмин.
Кылча койбой баарыңды,
Жутайын деп келгенмин.
Катылышсам кыйратып,
Казыр жетем түбүңө!
Жеткилең атам Желмогуз
Жеңип Манас алыптыр.
Жетисинде Сарыбай
Атадан жетим калыптыр.
Берен атам өлүптүр,
Бек мүшкүлдүү Сарыбай
Жетим күнгө көнүптүр.
Атадан калсам дөө баккан,
Жоодон коркуп жөө баккан.
Душман кырып кетет – деп,
Ок өтпөстөн жаптырган,
Жер алдына бактырган.
Ааламдын алы жетпейт – деп,
Жеткен сынчы жез тумшук,
Кайып катын жактырган.
Элкин басып тоодо өстүм,
Элик жүргөн тоодо өстүм.
Ажыдаар менен арбаштым,
Ар жандар менен кармаштым.
Кече жан койбогон жети дөө,
Жалпы баарын сойгомун.
Кылча койбой бирөөнү
Кыргын кылып койгонмун.
Баатырлыгым башкача,
Берендигим бир канча,
Каарым келди кайсаймын.
Кез болгонуң утамын,

www.bizdin.kg

Бирөөңдү койбой жутамын.
Каарлуу жинди чачамын,
Калтырбай баарын басамын.
Аккан дайра болсоң да,
Ай-ааламдын баарына
Көк асмандай толсоң да,
Кармаш кылсам соёмун,
Кылычтап башың кесемин,
Чапчышсаң көзүң тешемин.
Катуу жиним кармады,
Кармашпай карап турбасмын.
Мен Сарыбай өзүмүн,
Тажаалдын кара көзүмүн,
Балакеттин өзүмүн,
Балаанын кара көзүмүн.
Каптасам карып кылуучу,
Капталдан чыккан селдирмин.
Кан Сарыбай мендирмин.
Токутпай чапса байге алган,
Ташка тууган тулпармын,
Боздон тоодак куткарбас,
Кыраан кара шумкармын.
Өлбөй-житпей сөзүмө,
Азырынча көнүңүз.
Айткандардын баарысын
Тартуу кылып бериңиз.
Кесир болсо кебибиз,
Кетет азыр бейлиңиз.
Омкоромун белиңди,
Ойрон кылам чебиңди,
Кыргын кылам элиңди.
Каарым келип какайып,
Казыр буздум түрүмдү,
Калтырбай кагам жиниңди.
Бел байлаган белиңди,
Бекитем аккан селиңди.
Ачууланды Сарыбай,
Карасаат капырга,
Салган заман акырга.
Чапчыса чама келген жок,
Чабышып адам жеңген жок.
Кайраттанып эр Сейтек,
Жазып койгон буйрукту
Жараткан чийсе көнбөйбү,
Эр душмандан өлбөйбү.
Берекелүү кайран журт,
Бетпакка кантип беребиз.
Өйүз-бүйүз турушам,
Мылтык атып, балта уруп,
Мыктап алты ай урушам!
Өкүмдүк кылган сөзүнө,
Канеткенде көнөлү,
Калың элдин баарысын,
Капырга кантип берели!
Карыган энем Каныкей,
Картайган энем Айчүрөк.
Сумсаңдаган кутургур
Суук укурук салам – деп,
Анык тулпар Тайбуурул
Зордуктап тартып алам – дейт.
Сөзүнө кантип көнөлү,
Кыргын болбой баарыбыз,
Кыймылдаган бар оокат
Капырга кантип беребиз?
Күчөп турган заарына
Моюнга жазса көнөлү,
Ай түгөнүп, күн өтүп,
Арадан мынча жыл өтүп,
Айлап-жылдап салышып,
Түк калбай кыргын болгуча
Түгөнүшүп калышып,
Атышты арбын салалы.
Кымбат заарын уккуча,
Кырылышып калалы.
Кайнардын кара көзүндөй,
Как чынардын өзүндөй.
Үйрүлүү-Марал алтын так,
Күн чыгар бери бетинде,
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Төрө Манас багында,

www.bizdin.kg

Дарбазалуу ордодо,
Каныкейдин коргондо,
Катуу жаңжал, чоң мүшкүл
Ак асаба туу туруп,
Асман жарган чуу болуп,
Күркүрөп күчү ташыптыр.
Кеңирсиген Таластын
Төбөсүнөн басыптыр.
Айбаттанып капырың,
Ачууланып күркүрөп,
Албан түрдүү сөз айтып,
Аны көргөн адамдын
Азат бою дүркүрөп.
Чагылгандай чаркырап,
Чарпышчу жайың кайда – деп,
Желиккен бойдон Сарыбай
Жекеге чыгып турду эле.
Айбаттанып көрүнүп,
Адамзат бенденин
Акылы айран бөлүнүп,
Айткан сөзгө көнгүн – деп,
Алымымды бергин – деп,
Айбаттанып турду эле,
Күпүлдөтүп кутургур,
Барабанды урду эле.
Барабан үнү барсылдап,
Ай касаба туу болуп,
Ач кыйкырык, куу сүрөөн
Айгайлаган чуу болуп,
Желмогуз уулу капырың
Жекеге чыкты бакырып.
Жоорукер оозун бурду эле,
Ааламдын баарысын
Азыр союп ийчүдөй,
Жекеге чыгып турду эле.
Зордугу тоонун теңиндей,
Он сегиз миң ааламды
Айдап жүрүп жегидей.
Айбаты көпкөк темирдей,
Жекеге чыгып желигип,
Жеп ийчүдөй ээлигип,
Ачууланса капырың
Адам менде түткүсүз,
Жай-жарагын жайланып,
Жалаң кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай
Каар бетине айланып,
Күркүрөп бөлөк, заары күч,
Катылганды кылган түз.
Ал капырды карасаң,
Айбаты көпкөк темирдей,
Чоңдугу тоонун теңиндей.
Алдыңкы эрди салаңдап,
Калдайчынын кабындай,
Көзү өрттөнгөн жалындай.
Сыягы көпкөк темирдей,
Жалаңкычтай түрү бар.
Ай-ааламды буй кылган,
Көрсөң мындай жини бар.
Жекеге чыгып желигип,
Эки көздөн от чыгып,
Чокморунан чок чыгып,
Кызырканып кыйкырса,
Адамзаттан ал кетип,
Азырданып урушса,
Ай-ааламдан өтүптүр.
Эр Манастын тукуму
Эрдигинен түтүптүр.
Бул жекеге турганда,
Журт чуркурап, чуу түшүп,
Калк жанынан түңүлүп,
Катуу жаңжал болду эле.
Канча бирди Сарыбай,
Ажыдаардай сорду эле.
Семетей уулу эр Сейтек
Чын ажал жетсе өлүүгө,
Желмогуз уулу капырың,
Беттешип канын төгүүгө,
Каарды катуу баштаптыр.
Кайран жанды жөн эле,

www.bizdin.kg

Кылга байлап таштаптыр.
Кагышары Сарыбай,
Жалынганы бир Кудай, –
Жаңжалдын жайы ушундай.
Беттешери Сарыбай,
Бет алышып көрүүгө,
Жараткан берген жакшы жол,
Кайран жанды берүүгө,
Маңдай-тескей турушка,
Кан төгүлгөн урушка.
Эр кайратын көрүүгө,
Эң кааласа Кудайга
Эсил жанды берүүгө,
Жай-жарагын жайланып,
Ажыбайдын ач албарс
Кынсыз аны байланып.
Жай-жарак алып камынып,
А дүнүйө кеткен айкөлдүн
Арбагына жалынып.
Атасынан бабасы
Баатырдыгын карачы.
Түп атасы Түгөл кан,
Түбүнөн Кыдыр даарыган.
Башкы атасы Баары кан.
Башынан Кыдыр даарыган.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн,
Өлгөн сайын өөрчүгөн.
Кара сууга кан куйган,
Атасынан баласы
Канкордугун карачы.
Кумду бузуп, жол салган,
Кутурган жоого кол салган.
Ажалдан кайра тартпаган,
Атыштан өлсө кайтпаган.
Суу ич десе, уу ичкен,
Кан төк десе, жин төккөн.
Бөрк ал десе, баш кескен,
Кабыландын тукуму.
Туланды жерди тутанткан,
Өлөңдүү жерге өрт койгон,
Ободон жылдыз козголгон.
Аты Кызыр бак менен
Түбүнөн бери дос болгон,
Кабыландын өзү ошол.
Беттеп менде жеңбеген,
Беттешип душман келбеген,
Бет алып адам жеңбеген.
Түп атасы Түгөл кан,
Түгөл көзүң салгын – деп,
Башкы атасы Баары кан
Жолдош боло калгын – деп,
Бабасына жалынып,
Толукшуган кургуруң
Керкула менен камынып,
Керишери Сарыбай,
Каруусу толук капырга,
Кайраты кенен баатырга,
Тагдыр жетсе өлүүгө.
Түз барып айза сунууга,
Жадаалданган капырдан
Жан уруп согуш салууга,
Жалпы журтту ажалдан
Ажыратып калууга
Жекеге чыгып келди эле.
Кашатка турду эр Сейтек,
Качырып сайды Сарыбай.
Сарыбай айза сайганда,
Менде чыдап турбады
Сарыбайдын айзасы
Он бөлөк болуп быркырап,
Быт-чыт болуп кыйрады.
Кыйшайган жок эр Сейтек,
Кыя турду Сарыбай,
Керкула санга бир салып,
Сыр найзаны колго алып,
Керилип Сейтек эр немең,
Кемердин бери бети – деп,
Өпкөнүн алды чети – деп,
Өлчөлүү жердин өзү – деп,

www.bizdin.kg

Кулжуңдаган кутургур
Кулап кетер чагы – деп,
Айкырып айза урду эле.
Желмогуз уулу баатырың
Зың-зың этип кенебей,
Баланын сайган айзасын
Бучкагына теңебей,
Чын эсебин тапты эле,
Сунуп турган айзаны
Орто белден омуруп,
Он эки бөлө чапты эле.
Белгилүү берен келгин – деп,
Күжүрмөндүү күчтүүң кел,
Балаң келбей чоңуң кел,
Баарыдан мыкты зоруң кел!
Калганың коюп каның кел,
Каптап кыргыз баарың кел,
Чынын кептин койбоймун.
Кетиремин алыңды,
Кымыздай жутам каныңды,
Кыл эменди таштабай,
Кыргын кылам баарыңды!
Чаңырсам көбүң өлөсүң,
Чапчып ийсем кокустан
Барса келбей чын жайың,
Бадырегим көрөрсүң» –
Баатырсынып турду эле,
Желмогуз уулу капырды
Жеткилең Кудай урду эле.
Муну укканда Күлчоро –
Телегейи тең чоро,
Душманга болот ок эле,
Жайнаган кызыл чок эле.
Жамыда мындай жок эле,
Телегейи тең эле.
Атасы Алмамбеттен,
Артык туулган шер эле.
Атасы көкжал Алмамбет –
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсүнүн тукуму,
Таш сайынган кытайдын
Тазасынын өз уулу.
Кагышка кирип катыккан,
Кабылан деп атыккан.
Он эки пирге кол берген,
Оңдоп Кудай жараткан,
Өзү сүйүп жол берген,
Ташка сайса тайбаган,
Беттешсе душман калбаган.
Марал кууса уй кылган,
Ай-ааламды буй кылган.
Себили сексен төрт болгон,
Серп салган жагы өрт болгон.
Беттешкени мерт болгон,
Арга жүктөп ок кылган,
Алышканды жок кылган.
Арсыландын өз уулу,
Канзааданын кулуну,
Кан Алмамбет кургуру.
Каарланып кол салып,
Катуу жаңжал чыр кылып,
Минген аты Суркоён
Кетмен туяк, кең соору,
Кенен жердин бууданы.
Керишке минсе кебелбейт,
Оорукка минсе оорубайт.
Чалгынга минсе чарчабайт,
Керишке минсе кенебейт.
Капкан соору, үкү аяк,
Кармашка минсе кажынбас.
Тотудай куйрук чубаган,
Токсон күндүк жер болсо,
Токтобостон чураган.
Ал жаныбар Суркоён
Дөңдүү жаңжал, бүлүктүн
Токсонуна чыдаган.
Айза сунса кылт койгон,
Балта урганда бадырек
Башка жакка булт койгон.
Жоого ылайык адаты,

www.bizdin.kg

Күлчоронун канаты,
Ар качандан бир качан,
Алмамбет уулу Күлчоро
Атышка минер адаты.
Жоо байкаса алыстан,
Каканга казат сайган мал,
Кан алптарды кулатып.
Көндүм болуп алган мал,
Куйругу менен жалы бар,
Ошондой мыкты жаныбар.
Секиргени бүргөдөй,
Семиргени сүмбөдөй.
Айгай укса шашпаган,
Ай караңгы кезекте
Бир изин ката баспаган.
Шам жаккандай кулагы,
Чарадай болгон туягы.
Каалап душман найза урса,
Оңдон солдон кылт койгон.
Ар ажалдан чорону,
Ала качып жылт койгон.
Астындагы канаты.
Атышка кирсе акжолтой,
Күлчоронун адаты.
Өлүмдөн кайра тартабы,
Кармашары Сарыбай
Кагыштан кайра кайтабы.
Желмогуз уулу капырды
Жеткен заман акырды,
Токтоло албай жан кайнап,
Тобокелге бел байлап,
Беттешери Сарыбай
Бек мүшкүлдүү мамындай.
Албан түрлүү эр көргөн,
Ааламдан мынча шер көргөн.
Казасы жетип өлөлек,
Бул өңдүү мүшкүл жаңжалды
Бул өңдөнгөн балбанды,
Жер үстүнөн көрө элек.
Желмогуз уулу капырга
Айкырып сайса айза өтпөйт,
Алышкан менен кол жетпейт.
Чапчышып чама келген жок,
Алышып адам жеңген жок.
Эңкейип адам алабы,
Беттешкен тирүү калабы.
Желмогуз уулу капырга
Дайрага салса батпаган,
Сел каптаса албаган.
Өрт каптаса күйбөгөн,
Ок каптаса өлбөгөн.
Кыйкырса кылыч кеспеген,
Айбаты калың капырга
Ок каптаса тешпеген.
Өрттөн күйгөн өзү ошол,
Кара тажаал көзү ошол.
Жапаа салып бу башка
Жаратылган жоо беле.
Кетмендесе түгөнбөс,
Кең адырмактуу тоо эле.
Адамдын алы жеталбас,
Аласкар мүшкүл бел экен.
Ай-ааламды түз кылган
Кап-Тоодон чыккан жел экен.
Байкаган адам баарысы,
Сарыбай чочко дээр экен.
Эл көрбөстө туулган,
Ааламга салган чуулган.
Баатырдыгы башкача,
Бир мүшкүл салды куу башка.
Элдин баары күйүнүп,
Эсил жандан түңүлүп,
Журттун баары күйүнүп,
Журт жанынан түңүлүп.
Ай караңгы бүркөлсө,
Ааламды булут чалбаса.
Күн эмине болор – деп,
Алда кыргыз аз элдин
Айылы кандай конор – деп,
Айласы кандай болор – деп.

www.bizdin.kg

Санаа тартып күйүнүп,
Калыкка келген мүшкүл – деп,
Калк чуркурап күйүнүп.
Баатыр да экен, шер да экен,
Ай-ааламды буй кылган,
Желмогуз уулу Сарыбай
Ай-ааламдын эри экен.
Кабылганды кайсаган,
Каман сындуу эме экен.
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Ушинтип келген дүм экен.
Тажаалдыгы билинип,
Эр жанынан түңүлүп,
Эл чуркурап турганда:
«Чуркуратып бул элди
Не мураска жетейин.
Кыйырлуу Кыдыр журт үчүн,
Кутургурга кол салып,
Курман болуп кетейин.
Эрдиги тоонун теңиндей,
Эли-журтун Күлчоро
Олжого берди дедирбей,
Кармашкандан кан өлсүн,
Кайран көзүм жумулса,
Ордолуу журттун баары өлсүн.
Эр Сарыбай капырга,
Эми найза сунайын.
Эсил кайран журт үчүн
Бул жанды курман кылайын!
Эсил чоро турганда,
Элимди кантип берейин,
Кутуруптур Сарыбай,
Муну менен бир кулжуңдашып
көрөйүн!
Ачуулансам алайын,
Кайраттанган капырдан
Казыр өлүп калайын.
Каарланып ушинтип,
Кармаш кылып көрөйүн.
Калк үчүн канды төгөйүн.
Калк үчүн, журт үчүн
Кайран канды төгөйүн,
Кармалашып көрөйүн.
Мен Күлчоро болгону,
Күлчоро атка конгону.
Албан түрлүү дөө көрүп,
Атыш мүшкүл мол көрүп,
Каза тартып өлбөдүм.
Катуу балбан, заары күч,
Капырдай эме көрбөдүм.
Обол мурда бир Кудай
Алмамбет атам кууганы,
Аруукеден тууганы,
Тамтаңдап басып курган жан
Эмгек тартып алганы,
Энем-атам тең өлүп,
Жетим болуп калганы.
Жетим болуп жетилип,
Жергеге эптеп кошулуп,
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Арбайып атка мингени,
Адам болуп жүргөнү.
Казам жетип өлбөдүм,
Жаанамдан бул өңдүү
Жадаалыкты көрбөдүм.
Оболу Кудай жаратып.
Жан жараткан эр кылдың,
Ай-ааламга шер кылдың.
Калмышын да бир Кудай
Кара жер менен тең кылдың.
Жалынсам укпай кебимди,
Бүктөмөк болду белимди.
Бүлүндүрдү чебимди,
Бүлүк кылды элимди.
Калың казды орумду,
Көргөздү бизге сонунду.
Баштап заман акырды,
Ай-ааламдан көрбөдүм

www.bizdin.kg

Бул өңдөнгөн баатырды.
Кырмак болду молдомду,
Олжолоп кетеби дейм,
Алтын тактуу ордомду!
Обол мурда бир Кудай,
Кылымды бузган шер кылды.
Бир капырга тең кылбай,
Мынча неге кем кылды.
Кечээ Жылгындынын оюнда,
Кең Таластын боюнда.
Эриксек элик атканда,
Эринбесек обол жан,
Элкин ойноп жатканда.
Кара болот зулпукор
Майлап турган кезекте,
Кара кытай манжуну
Айдап турган кезекте,
Найза сунуп топ бузбай
Ажал жетип ошо кез,
Тирүү жүрбөй окко учпай,
Кара-Буура, Чаткалда
Кайкалап кыргыз жатканда,
Барып алдык Ооганды
Кезиккен кайдан соо калды?
Кынсыз кылыч колго алып,
Кытайга кыргын салганда
Какайлатып кытайды.
Бээжинге кууп сүргөндө.
Күрмө кийген күчтүүнү
Бээжинге айдап киргенде,
Алтын менен күмүшүн
Жүктөй албай турганда,
Агача келин сулууну,
Үптөй албай турганда,
Кара-Шаар, Камбылды
Камап турган кезекте,
Кара катай, манжуну,
Сабап турган кезекте,
Мындан өлбөй не болдум?
Буттап дилде, сары алтын,
Сан дүйнөнү тапканда,
Күнжүттүн журтун чапканда,
Кара болот зулпукор
Душманды көздөй сунганда,
Чапчышкан жердин баарына
Чама келип турганда,
Мындан өлбөй не болдум.
Көк сүлөөсүн, кара бөрк,
Кимдер ыргап кийбеген.
Дөөлөт башта барында,
Ким күркүрөп жүрбөгөн.
Кайран жанды көргөндө,
Ай-ааламдар дүрбөгөн.
Азарды аалам салбаган,
Арслан элек, кан элек,
Он сегиз миң ааламда
Укурук кайрар калбаган.
Ачууланып айкырсак,
Ай-аалам чатак баштаган.
Каарланып түктүйсөк,
Он сегиз миң ааламың
Кырылып кете таштаган.
Баатырлык жок, шердик жок,
Желмогуз уулу капырга
Баштагыдай эрдик жок.
Чаманы Кудай урганбы,
Желмогуз уулу капырга
Кор кылып Кудай турганбы?
Эрдик толкуп күркүрөп,
Бир кезекте ашкан бейм.
Каарланган капырга
Кыдыр Алда жараткан
Кор болсун деп жазган бейм.
Ич өрттөнүп, боорум чок,
Ар кимден дөөмөт качканда,
Ушундай беле дүйнө бок!
Төрөлгөндө өзүмдүн,
Тоюма токсон сойдурдуң.
Ай-ааламдын баарысын
Айдап жүрүп сойсун – деп,

www.bizdin.kg

Күлчоро атка койдурдуң.
Беттешкенди кулатып,
Ай-аалам бузган эр кылдың.
Бир каарлуу итке ал жетпей
Кыдыр Алда бир Кудай
Кара жер менен тең кылдың,
Мынча неге кем кылдың.
Жаралганда бир Кудай,
Кызыл болот бөрк элек,
Кыргыздын гүлдүү көркү элек.
Арстандай чамынган,
Ажыдаардай ышкырган,
Билеги жоон, таш жүрөк.
Ааламга салдык чоң дүмөк
Себил кийдик сексен төрт,
Серпишкен жагым кызыл өрт,
Карчыгадай камынган,
Каймана акыл табылган.
Кара көкжал тукуму,
Ала-Тоо күтүп жер кылган,
Алышканды кор кылган,
Аскар да элек, бел да элек,
Кан төгүп жүрүп катыккан,
Душман бузуп, атыккан
Кара көкжал тукуму,
Эл конордун талаасы,
Эр көкжалдын баласы.
Аркайган тоонун булагы,
Алмамбеттин чунагы.
Мындан мурун Таласты,
Беттеп душман келбеген,
Бет алып адам тийбеген.
Каалаганда куу башка,
Кадыр кетер түн беле?
Желмогуз уулу Сарыбай,
Ээлеп кирип, Таласты
Кордой турган күн беле?
Кадыр Алда, бир Кудай,
Көк болоттой күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Баштакыдай күн кайда?
Желмогуз уулу капырды,
Жеңе турган күн барбы?
Кыраан кара барчындай,
Эңе турган күн барбы?
Чын жазасын колуна,
Бере турган күн барбы?» –
Деп, ошентип Күлчоро
Сыр бараңын октоду.
Сырттан тууган арсылан,
Илгеркисин жоктоду.
Алыш кылып арыды,
Аябай жаман тарыды.
Чын кордугу билинди,
Чымындай жаңдан түңүлдү.
Катуу каар баштады,
Кайран жанды жөн эле,
Кылга байлап таштады.
Өөдө-ылдыйын карабай,
Өлөмүн деп санабай.
Тегерегин карабай,
Теңир урган чочкодон
Деги жанын аябай,
Кысырканды өлүүгө,
Желмогуз уулу капырдын
Чын жазасын берүүгө.
Алмамбет уулу Күлчоро –
Телегейи тең чоро,
Шай колдогон эр чоро.
Балбандыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча.
Туткак жини кармаса,
Чоң талааны жайлаган.
Ачуусуна тийгенди,
Азууга салып чайнаган,
Астыга салып айдаган.
Он сегиз миң ааламда,
Укурук кайрар калбаган.
Беттеп душман келбеген,
Бет алып менде жеңбеген.

www.bizdin.kg

Басташкан тирүү калбаган,
Өзөндөрдү жайлаган.
Өчөгүшө келгенде
Өз жакынын жайлаган.
Камынып болот бүлөгөн,
Каңгай журтун жөөлөгөн.
Алтайга казат аттанган,
Арстан чалдан бата алган.
Конуп өткөн жерине,
Оролон мазар орногон,
Кожо сандар колдогон.
Түнөп өткөн жерине,
Түптүү чынар тал бүткөн,
Түбүнөн Кудай жар бүткөн.
Түбү олуя тукуму,
Беттешкени Сарыбай,
Бет алышпай турабы,
Бээлесе Кудай урабы.
Кармашканы Сарыбай,
Кармашканга турабы.
Кайран Шердин тукуму,
Качып Кудай урабы.
Жоо жөлөнгөн тумшукка,
Томурайган урчукка,
Айры-белес кайкаңда,
Алакандай тайпаңда,
Жоо жөлөнгөн сеңирде,
Желмогуз уулу Сарыбай
Бет алышкан жеринде,
Жаңырыктын Жар-Кыя,
Жан-Мойноктун чубама,
Жардай болгон капырга,
Беттешмек болду эр чороң
Эр Сарыбай баатырга.
Найзага чебер ыктууга,
Кылыч чабар мыктыга,
Кез болгону Сарыбай
Кезип келген капырга.
Беттешмек болду эр чоро,
Эр Сарыбай баатырга.
Эр Күлчоро болгону,
Күлчоро атка конгону,
Арбайып атка мингени,
Ай-ааламды буй кылып,
Айдап жүрүп сүргөнү.
Нечен кымбат бел ашкан,
Нечен жерден жоо чапкан.
Буйрук жетип өлбөгөн,
Бул өңдөнгөн капырды,
Ай-ааламдан көрбөгөн.
Беттешүүгө белсенип,
Пери ургандай теңселип.
Жазайыл кылыч камынып,
Жаратканга жалынып,
Өр тартканы кеч болуп,
Бет алыша кетүүгө
Эки көзү төрт болуп,
Мына ошондо шер чоро,
Маңдай менен бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Кынына кылыч салынып,
Кыямат кеткен шерлердин
Арбагына жалынып,
Алышары Сарыбай
Алышкан душман мамындай.
Жоорукер минип Сарыбай,
Зың-зың этип кенебей,
Чороң эмес, башка эмес,
Он сегиз миң ааламды
Бучкагына теңебей,
Кутургур жайы ушундай.
Мен Сарыбай болом – деп,
Он сегиз миң ааламды
Ажыдаардай оп тартып,
Айдап жүрүп сором – деп.
Каарланып күүлөнүп,
Күлчорого сүйлөнүп,
Каарды катуу баштады.
Ажыдаардай оп тартып,
Ай-ааламдын барысын

www.bizdin.kg

Соруп ие таштады.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Качырганы камандай.
Чамынышы жолборстой,
Чалышкан аман болбостой.
Жай-жарагын жайланып,
Жолум үйдөй чоюнбаш
Бу капырың камданып,
Жаткан иттей кашы бар,
Жан казандай башы бар,
Эки бети салаңдап,
Эки даңгыт тойгондой.
Эки ийнине капырдын,
Эки чоң куш конгондой.
Каарланып бакырып,
Канчалардын баарысын
Кел бери деп чакырып:
«Жеке келбей, экөөң кел,
Бириң келбей баарың кел,
Кетирейин алыңды
Булактай төгөм каныңды!
Азыр кыям жаныңды,
Агызам суудай каныңды.
Семетей баштап каның кел.
Арманың ичте калбасын,
Арманда калбай баарың кел.
Баатыр Сейтек ошо кел,
Аргын, кыргыз кошо кел.
Кетирейин дайныңды,
Чатыратып бузайын
Чарк токтогон айылыңды.
Чын олжолоп алайын,
Айчүрөктөй зайыбыңды.
Кыйыныңды каныңды,
Кыргын кылам баарыңды.
Чатакташпай чырдашпай,
Деген сөзгө көнүңүз.
Жалыккан сулуу Айчүрөк,
Айткан сөзгө көнбөсөң,
Айчүрөктү бербесең,
Сураса бербес сулууга
Суук укурук саламын.
Койгулашып сулууңду,
Койнуңан тартып аламын.
Белесте серүүн чатырмын,
Мен Сарыбай баатырмын.
Жер алдында жети дөө,
Жеке кайсап болгомун.
Жер үстүндө алп дөөнү
Айдап жүрүп соргонмун.
Кайраттанган кандарды,
Төбөсүнөн басканмын,
Канын суудай чачканмын.
Канга тойбой жатырмын,
Мен Сарыбай баатырмын.
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Тиштериме таш таппай,
Жуларыма баш таппай.
Канга тойбос канкормун,
Чениме келген ченчи өлүп,
Ченсиз эрдин биримин.
Шимирип канды сорсом – деп,
Суусунум канбай жүрөмүн.
Каарлуунун өзүмүн,
Тажаалдын кара көзүмүн» –
Деп, ошентип Сарыбай
Жоорукер санга бир салып,
Көк найзаны колго алып,
Каарланып бакырып,
Каршы турду кызыталак.
Сарыбай айза сунганда,
Айбаты асман жер жарып,
Ачууланып турганда,
Баатыр тууган Күлчоро
Таштан кайра тартабы,
Өлүмдөн кайра кайтабы?
Өлүм десе сүйүнгөн,
Шер экени билинген.
Арстандай камбыл кул,

www.bizdin.kg

Жоо жагынан даңгыл кул.
Ай-ааламды буй кылып,
Көнгөн чоро эмеспи.
Ай-ааламдын жазасын,
Берген чоро эмеспи.
Дүнүйөгө жаралып,
Келген чоро эмеспи.
Эң кыраакы даанышман,
Көзү көрөт алыстан.
Көп жаңжалда эл кырып,
Жеке чыккан жарыштан.
Балбандыгы башкача,
Бала тапан атыккан.
Ал Күлчоро шер болгон,
Бет алышып канча дөө
Кара жер менен тең болгон.
Сарыбай антип турганда,
Айзага даңгыл ыктуу кул
Айласы толук, заары күч,
Аябаган мыктуу кул,
Жаштан кайра тартпаган,
Мүшкүл, жаңжал, азаптан
Эгерде кайра кайтпаган.
Кара көкжал шер ошол,
Жан жаралган мендеден
Камбыл тууган эр ошол.
Берен тууган Күл абаң
Кайгырганда баатырдын
Карачаар кабылан
Кадимки Манас арбагы,
Чын алдында камынып,
Чолок көкжал арсылан
Азыр жара тартчудай,
Бет алдында камынып.
Кирпик күйүп, чок болуп,
Беттешкени Сарыбай
Ажыдаардай октолуп.
Каалгадай кашка тиш,
Талкан болуп быркырап,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көрсөң чороң ушундай,
Көк аска тоодой көрүнүп.
Астындагы Суркоён,
Айза матап имерип,
Жоолашка минчү бууданды
Такымга тартып жиберип,
Уңгусу болот, учу курч
Учу түпөк сыр найза,
Бу колунда көрүнүп.
Сыр найза жайы ушундай.
Опол-тоонун топ ыргай,
Түбү менен жулдурган.
Каран калган жыласты
Балбандарга бурдурган.
Кылыч кыркып кетпеске
Кара сымдан бурдурган,
Тарамыштан тундурган.
Бил терисин каптаты,
Бөлөкбайга саптатып,
Колдон тайып кетпеске,
Тутам жерин кырдаткан.
Далай жылы жүрсүн – деп,
Сырчыларга сырдаткан.
Бет алган жоого сундурган,
Учуна түпөк койдурган.
Ашагандан машаган,
Дөөтү менен дос болгон.
Төкөр уста Бөлөкбай –
Эр Бөлөкбай жасаган.
Эгешкенден эгешкен,
Дөөтү экөө кеңешкен.
Көрүгүнө келгенде,
Алым түшүп кыргызга,
Букачар торпок союлган.
Көмүрүнө келгенде,
Көп токойлор жоюлган.
Улап учун чыгарган,
Тийгенинин баарысы
Кабылдап жүрүп өлсүн – деп,
Адамдын көз жашы менен сугарган.

www.bizdin.kg

Кара кылдан тактырган,
Жоого сунуп жактырган.
Чарайнага чаптаткан,
Бузулуп жашып кетпеске
Булгаарыга чыптаткан.
Бузбай жоого тиер – деп,
Чоң Дөөтү өзү сынаган.
Чымырканып муштаса,
Бет алган душман турбаган.
Айкырып айза сунганда,
Сайган жерди бөлүүчү.
Коркок болуп кабылдап,
Кийген жоосу өлүүчү.
Күлчоронун сыр найза,
Күйүтү бөлөк, заары күч
Каухар, жакут буусу бар.
Кабылган жери жөн болбос,
Ажыдаардын уусу бар,
Айза жайы мамындай.
Күлчоронун айбалта –
Уңгусу болот, мизи курч,
Сабын алтын тарттырган,
Мизине уу жаптырган.
Мизин болот улаган,
Тиктеп чапкан душманың,
Тим эле тоодой ураган.
Жандырмагын салганда,
Адам түгүл кызыталак
Жар, тоо-таштар кулаган.
Алтымыш жайсаң кенжеси,
Алоокенин эркеси –
Калдай уулу капырың,
Кан Коңурбай баатырың
Бул Балтадан сулаган.
Манжуу каны Эскара
Бул Балтадан кулаган.
Уңгусун канга боёгон,
Урушка ырас жорогон.
Балтаны согуп турганда
Кан Манастын казына
Арбыныраак корогон.
Алмамбеттин Жойкума –
Кайыбынан кабылган,
Ай-талаадан табылган.
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен.
Кыйкырып жоого шилтесе,
Мизи өрттөнүп кызарган,
Кыяптуу жоого шилтесе,
Кырк кулачтай узарган.
Кайраттанып чыгарса,
Кан төкпөй куру жүрбөгөн.
Канга мыктап тойбосо,
Кайра кынга кирбеген
Жашылдан мизи жайнаган.
Маңдайлашкан душманы,
Эгерде тирүү калбаган.
Кылычтын жайы мамындай.
Кыяптуу жоого шилтесе,
Оргуган кумар жазылган.
Бет алышкан душмандын,
Көңүлү минтип басылган.
Көрсөң кылыч жойкума,
Жойкума кынсыз салынып,
Жоголуп кеткен эрлердин
Арбагына жалынып,
Эр Күлчоро баатырың.
Эңишерге Сарыбай
Эстесе жоо мамындай.
Кечеги өткөн Алмамдын,
Керезге калган Сырбараң,
Мурунку өткөн Алмамдын
Мүрөгө алган Сырбараң,
Теңири болот кыйыны,
Бээжин каны Чылаба
Чылаба кандын буюму.
Кырка тиккен багында,
Каканчынын жанында,
Кара динден ак болуп,
Капырдан качып жат болуп,

www.bizdin.kg

Куу дүйнөнү чачканда.
Талак кылып ал буту,
Таштап ийип эл-журтту,
Бусурман көздөй басканда,
Артык жаңжал дүмөктү
Сала келген эмеспи.
Артта калган жандарга,
Тукум болчу балдарга,
Бейпайлуу жандан бөлөккө,
Калып калчу жандарга,
Бейпай жанга бек өмөк,
Артта калчу балдарга,
Бир кереги тиер – деп,
Берен Алмаң көйкашка,
Бек мүшкүлдү Бээжинге
Сала келген эмеспи.
Бери жанга керек – деп,
Кан кайтарган Сырбараң,
Наалыш кылып басканда,
Берен Алмаң көйкашка
Ала келген эмеспи.
Ойногондо Очогор,
Чындаганда койчагыр,
Байкап атса жоо бузар,
Катылган душман окко учар,
Каарданса топ бузар.
Беттешип үнү чыкканда,
Кудайдын берген чагында,
Курган Алмаң барында
Жоого атканда күр деген.
Адамзат пенденин
Азат бою дүр деген.
Чаңырып огу тийген жер,
Чачылып душман дүрбөгөн.
Асынганда жарыктык –
Айдалынын айнеги
Айыгышкан жоону урганда,
Аманат жандын эрмеги,
Берен Алмаң өлгөндө
Кайра тартпас чын жайын,
Кайран киши көргөндө,
Аянбаган мүшкүлдү
Сала кеткен эмеспи.
Ээси өлгөнүн билгизбей,
Суук колун тийгизбей,
Зордукчуга көнбөстөн,
Душманга кылча бербестен,
Аянбаган дүмөктү
Сала кеткен эмеспи!
Дүнүйөнү чачканда,
Ордону иттер басканда,
Ажыбай, Көлбай экөөнү
Жайлай чыккан эмеспи.
Бир Кудайга зар ыйлап,
Күлчорого арынап
Кереттүү катын Каныкей
Кейип ыйлап, Таластан
Ала кеткен эмеспи!
Берен Алмам көкжалдан
Белекке калган Сырбараң.
«Атадан калган мурас – деп.
Желмогуз уулу капырга
Атышпай кантип турам» – деп,
Каарланган Чоронун
Кан ичмеси кармады.
Кармашары Сарыбай,
Кашык каны калбады.
Берен тууган чоронун
Беделинен күч чыкты.
Бет айбатын карасаң,
Беш байпактык түк чыкты.
Берен чоро көйкашка,
Карчыгадай камынды,
Каарланган чорого
Кайыптан акыл табылды.
Беделинен күч чыкты
Бет алганы Сарыбай
Беттешүүгө түз чыкты.
Чоронун түрүн карасаң,
Бурулуп чыккан муруту,

www.bizdin.kg

Букардыктын шабындай.
Алдыңкы ээрди карачы,
Калдайчынын калындай.
Сакалы саадак кабындай,
Оозунан чыккан илеби –
Көрүктөн чыккан жалындай,
Көрсөң түрү момундай.
Шай колдогон шер чоро,
Уруш десе сүйүнгөн,
Эрдиги журтка билинген,
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Көкжалдыгы көрүнүү,
Берендиги белгилүү,
Беттеп бенде келбеген,
Топон суу толкуп тийбеген.
Кара курттай калкы бар.
Катылгандын баарысын,
Канын төкмөк салты бар.
Каптап кытай кол салып,
Эңкейтип эңип албаган.
Канча түркүн алп каптап,
Эр Күлчоро беренден
Бирөө тирүү калбаган.
Берендиги билинген,
Белгилүү мыкты экен – деп,
Кайнап жаткан Какандын
Даңзасына чийилген.
Көкжалдыгы билинип,
Көкжал балбан Күлчоро
Көпкөк темир кийинип,
Жазайылды салынып,
Жаратканга жалынып,
Тагдыр жетсе көрүүгө,
Чын кааласа Кудайга
Чымындай жанды берүүгө,
Тагдыр жетсе өлүүгө.
Кайра келбес чын жайды,
Кааласа Кудай көрүүгө.
Суудай күлүн Сураттын,
Тартып оозун бурууга,
Каруусу толук капырга,
Качырып айза сунууга,
Жай-жарагын салынып,
Кармашары Сарыбай
Беттешсем деп камынып.
Бая оо дүйнө кеткен Манастын,
Алмамбет менен Чубактын,
Ажыбай менен Сыргактын,
Арбагына жалынып.
Он эки пирге кол берген,
Ойрон атам колдо – деп,
Кара динден ак болгон,
Капырдан качып жат болгон.
Кабылан атам Алмамбет,
Ишимди өзүң оңдо – деп,
Кыргыздардын кырааны
Кымбаттын бирөө бу дагы.
Айбаттуунун артыгы,
Кылыччандын ыктуусу,
Кырк чоронун мыктуусу,
Баарынын башчысы
Кырк чоронун кыйыны,
Бактагүлдүн Чолпону,
Кыргыздын алтын чатыры,
Кырк Жайсаңдын баатыры.
Кыйын Чубак эр көкжал,
Кыстоо тарттык колдочу» –
Деп, ошентип Күлчоро
Жазайыл тартып сабылып,
Өтүп кеткен шерлердин
Зайыпкуруш шерлердин,
Арбагына жалынып:
«Эй, падыша Кудай мен жалгыз
Желмогуз уулу капырга
Байлата көрбө багымды,
Сындырба Кудай шагымды.
Калың казба орумду,
Эңкейтпесең белимди,
Эндиретип кор кылба.

www.bizdin.kg

Эркин жаткан элимди!
Сарыбай алды дедиртип,
Сындырбасаң шагымды.
Сындырбасаң багымды,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түптүү Манас уулу элек.
Кудайдын сүйгөн кулу элек.
Журт кайтарып, эл баккан
Көкжал Манас уулу элек.
Ханзааданын тукуму
Каранга түшөр жөн барбы,
Бекзааданын тукуму
Бейпай тарткан оңобу,
Беттешкени Сарыбай,
Ал жетпеген оңобу?» –
Деп, ошентип сабылып,
А дүйнө кеткен Айкөлдүн,
Арбагына жалынып.
Желмогуз уулу капырга,
Бир беттешип калууга,
Бурулса бузук салууга,
Алдындагы Суратты
Ай-ааламды шаштырып,
Алчактата бастырып,
Дөңкөңдөтө желдирип,
Маңкаңдата бастырып.
Чороң атка мингенде
Аты Кыдыр дубана
Жыл ооздуктан жетелеп,
Баары тоодой көрүнүп.
Башалуу кыргыз элинен,
Байкуш чоро канетет,
Бастырып чыкты бөлүнүп.
Көрүп туруп Семетей
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Жана ителгидей кара көз
Ирмебей көзгө жаш алып,
Канча аскер курап, кол курап,
Каңырыгы бек түтөп,
Баатырың жашып турду коңгурап:
«Маңдайда менин барааным,
Күлчоро менин карааным.
Суукка киер тондоюм,
Кыраан кырк сан колдоюм.
Астыга салсам акжолтой,
Артымда жүрсө сан колдой.
Бастырып жоого баратат,
Маңдайда түптүү чынарым,
Кагышка минсе кажыгыс,
Кара кашка тынарым.
Айкырган жоого шилтечү,
Ак болот курчтан айбалтам,
Айлансам болот Кудайга,
Айчылык жүрсөм чоң аркам.
Маңдайга чыкчу барааным,
Бастырса чынар карааным.
Тобулгу жакса от өтпөс,
Очогор атса ок өтпөс,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Атышка кирсе арыбас,
Алты сан кара колдоюм.
Каралды кылган Күлчором,
Ата, кагылайын уялаш,
Ар буудан оозун бурамын.
Алда Таала Кудайдан,
Береним сенин өзүңдү,
Башкача сурап турамын» –
Деп, ошентип Семетей,
Кол көтөрүп алкыштап,
А дүйнө кеткен Манастын
Арбагына табыштап.
Алакан жайып арыштап,
Алда Таала Кудайга,
Күлчорону табыштап:
«Ишти Кудай оңдо – деп,
Шай колдогон эренди
Эр Күлчоро беренди,
Чөлгө чапчу тулпарды,
Ааламга татыр шумкарды,

www.bizdin.kg

Берен да эле, шер да эле,
Телегейи тең эле.
Маңдайдагы барааным,
Бадыша Кудай жараткан,
Баатырга көзүң сала көр!
Күлчоро менин кырааным,
Белгилүү эле, бел эле.
Менден артык туулган,
Беттеп кирген душманга
Сала жүргөн чуулган.
Айласы толук, заары күч,
Аябаган шер эле,
Шай колдогон эр эле.
Эр Күлчоро арстаным,
Алда Таала бир жалгыз
Маңдайыма жазганым.
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Улук да эле, шер да эле,
Он эки мүчө тең эле.
Күлчоро деп ат койгон,
Бу өңдүүнү бир Кудай
Жаратып бербейт деги эле.
Берендиги белгилүү,
Көкжалдыгы көрүнө.
Бармактайда баш кошуп,
Биттей кезде биригип,
Кенедейде кезиккен.
Бала күндө кабылган,
Маңдайыма жазылып,
Ырыс болуп табылган.
Бу Күлчоро көйкашка,
Көкжалдыгы бир башка,
Тай кунандай тебишти, –
Талашып эмчек эмиштик,
Казы кертип жедирдим.
Энем Каныкейдин эмчегин
Бу балага эмиздим.
Кас санаган душманга
Кайнатылуу шор эле,
Казылуу чуңкур ор эле.
Бет алышкан душманга
Алты сан кара кол эле.
Караан эле, бел эле,
Кайгырбаган шер эле.
Алда, Кудай колдо» – деп,
Алакан жайып барбайып,
Оомийин! – деп дардайып,
Баатыр колун жайды эле.
А Кудай деп аңгырап,
Асмандан түшкөн боз кисе
Моюнуна салынып,
Кыбыла көздөй бет алып,
Алда! – деп, колду көтөрүп,
Беренинң бата берди эле.
Абасынан бата алып,
Шай колдогон Күлчоро
Сарыбай көздөй аттанып,
Тагдыр жетсе өлүүгө
Кыйынсынган Сарыбай,
Каруусу толук капырга
Кайраты мол баатырга,
Бир беттешип көрүүгө.
Чын кааласа Кудайга
Чымындай жанды берүүгө.
Көпкөк болот айза алып,
Көк темирден тон кийип,
Тула боюн топчулап,
Каныкей кылган кайран тон
Дене бойго үпчүлөп.
Балта өтпөгөн туулга
Башка баса кийинип.
Айкаштырып бүчүсүн,
Алкымына түйүптүр.
Окко кийген кандагай,
Ок өтпөс жайы мамындай.
Дүнүйөгө келгенди,
Көзгө атуучу мергенди,
Жумшап энең бардырган.
Ат бороюн сыдырып,

www.bizdin.kg

Ал мергендин баарына
Күлазыктан мол берип,
Күн өтпөгөн тон берип,
Буттап алтын зер берип,
Акысына ат берип,
Аянбастан бат берип.
Даңдуң-Тоону чалдырып,
Даңдуң башы тоо теке
Териси калың зоо теке,
Бая берен энең Каныкей
Мергендерге аттырган,
Аптап күнүн тийгизбей,
Ак сандыкка жаптырган.
Ашаткысын кандырган,
Күдүрөлү жумшак болсун – деп,
Ар өзөн тоонун алмасы,
Кабыгына салдырган.
Күжүрмөнгө бурдуруп,
Токсон кыйын балдарга,
Тогуз ай тынбай каранды,
Токсон күнү урдурган.
Жылан боор бүктүрүп,
Жылас болгон каранды,
Жымылдата тиктирип.
Жарабаса сөктүргөн,
Болот өгөп жиберип,
Туш-тушуна төктүргөн.
Тартып алса каңдагай,
Була болуп чоюлган.
Беттеп душман муштаса,
Болоттун учу жоюлган.
Ал болжолу жаккандай,
Куу шилби жакса чок өтпөс,
Кыйындап атса ок өтпөс,
Багалеги саймалуу,
Болоттотуп кабыткан.
Беттеп келген душманды,
Жөн эле минтип жадаткан.
Кандагайды кийинип,
Асынганы Сырбараң.
Жай-жарагын жайланып,
Алтындаган айбалта,
Алакеңдин Жойкума,
Муну кынсыз байланып.
Беттешери Сарыбай,
Сарыбай көздөй бет алып,
Арстан чоро жол тартып.
Ажал жетсе өлүүгө,
Каарлуу мүшкүл Сарыбай
Бир беттешип көрүүгө.
Берендиги белгилүү,
Белеске чыкты Күлчоро.
Бейлеп туруп караса,
Карасаат Сарыбай,
Жоорукер менен камынып,
Турган экен кутургур,
Көк жолборстой чамынып.
Мурутуна караса,
Колотко чыккан чалкандай.
Көзү бөлөк көмүрдөй,
Чоңдугуна караса,
Аласкар тоонун теңиндей.
Айбаты бар арстандай,
Ай-ааламдын баарысын
Айдап жүрүп баскыдай,
Көрсөң муну ушундай.
Көкжалдыгы көрүнө,
Беттешкени заар экен.
Адам, менде алгысыз,
Жаткан Кудай каары экен.
Кастарын тигип абыдан,
Жаңжалга келген жан экен.
Эр кайраты ушундай,
Чын кудайдын каары экен.
Каарланган капырың,
Ай-ааламды күтүптүр.
Кыйрап кетпей токой, тал,
Катуусунан түтүптүр.
Ай-ааламды басыптыр,
Эр Сарыбай болуптур,

www.bizdin.kg

Ай-ааламдын баарысын
Айдап жүрүп соруптур.
Албан түрлүү алпты алып,
Кылмышы жок калкты алып,
Кыйратып нечен алпты алып,
Ошондо да чочконун
Бир курсагы тойбоптур.
Жер үстүндө менденин,
Бирин аман койбоптур.
Жаңжалга мойнун буруптур,
Алышкандын баарысын
Ажыдаардай оп тартып,
Ай-ааламды соруптур.
Төгөрөктүн төрт бурчу
Төбөндөн тийген чочкого
Чыдабай карып болуптур.
Бет алганды күтүптүр,
Каарданып бакырса,
Калтылдабай кара жер
Калыңынан түтүптүр.
Каарланып кутургур,
Жоорукер оозун бурчу экен.
Жаныбар адам уулу эмес,
Жоону талкан кылчу экен.
Тоодой итке кол салып,
Күлчоро артык шер экен.
Күрөшөрү Сарыбай,
Беттешери мамындай.
Белгилүү жанды аябай,
Берен тууган кургуруң
Аласкардай капырга,
Каруусу толук баатырга,
Кез болгонду кемирген,
Жалпы жанды жалмаган.
Бет алышып келген жан,
Жаны чыкпай калбаган.
Кыйрашып мүшкүл салууга,
Кыдырлуу элдин колунан
Ажыратып калууга.
Кайраттанып шер чоро,
Аласкардай капырга.
Ал Сарыбай баатырга,
Бет алып жаңжал салууга,
Мыктап алты ай салышып,
Былчылдашып калууга,
Чын ажал жетсе өлүүгө,
Чын кааласа Кудайга
Чымындай жанды берүүгө,
Суудай тулпар ат минип,
Эл коргону кургуруң
Сур куйругун чарт түйүп,
Каарланып камынып,
Катуу кармаш баштаптыр.
Кайран жанды шер Чоро,
Кылча байлап таштаптыр.
Качырганы Сарыбай,
Жаңжал жайы мамындай.
Тегерегин карабай,
Теги жанын аябай.
Кыдырата карабай,
Кыйла жанын аябай.
Желмогуз уулу капырга,
Желмаяндай баатырга,
Келген заман акырга,
Хан Сарыбай баатырга,
Каршы чыгып камынып,
Суратты санга бир салып,
Уңгусу болот, учу курч,
Мүшкүлдүү айза колго алып,
Беттешери Сарыбай
Берениң жанын аябай,
«Баабедин» – деп бакырып,
«Манастап» ураан чакырып.
«Ишти Кудай оңдо – деп,
Ойрон Манас атакем
Ушу жолдо колдо – деп,
Манас, Манас – деп бакырып,
Бар Жараткан бир Кудай,
Колдогун» – деп чакырып,
Берениң кол салды эми,

www.bizdin.kg

Каруусу калың ит менен,
Каршы чыгып калды эле.
Чолок көкжал арстан,
Көрүнөө Манас арбагы,
Жандай салып тийди эле,
Көрүнөө колдоп алды эле.
Бет алышып сабылып,
Беттешүүгө камынып,
Ардын оозун бурууга
Айбат кылып бакырып,
Астынан каршы чыгууга,
Эр кайратын көрүүгө.
Чын кааласа Кудайга
Чымындай жанды берүүгө,
Өткүр экен Күлчоро
Өң кайратын баштаптыр.
Өлдүмбү деп куу жанды,
Кылга байлап таштаптыр.
Беттешкени Сарыбай,
Сыр найзаны көтөрүп,
Сарыбай көздөй бет алып,
Кутургур экен Сарыбай,
Зың-зың этип кенебей,
Бучкагына теңебей.
Сарыбай туруп муну айтат:
«Бириң эмес, миниң кел,
Алышканга алтооң кел,
Каарланып качырсам,
Калжыраган Күлчором,
Кашайып көзүң оюлат!
Кан Семетей баш болуп,
Сейтегиң менен союлат.
Эриндин көзүн ойбосом,
Эчениңди сойбосом!
Чынарың кыркып сулатып,
Тамыңды жыгып уратып,
Ордоңду ойрон кылбасам.
Камап айдап каныңды,
Калтырбайм кылча жаныңды.
Кылыңды койбой кыйратып,
Кыргын кылам баарыңды.
Калтырбай алпың кырбасам,
Калкыңды карып кылбасам,
Чабышты катуу салбасам.
Баатырсынган эриңди,
Сындырайын белиңди!
Кыргын кылып элиңди,
Калтырбай кырып калкыңды,
Кандарыңды кырбасам,
Кара элечек кылбасам.
Кыйырыңа кыргын салбасам.
Кыз, катының олжолоп,
Бирөөн койбой албасам.
Ачуум келип арбайдым,
Аласкардай дардайдым,
Күчүм кайнап күүлөндүм,
Күркүрөп бүгүн түрлөндүм.
Айлыңдын баарын бүктөйүн,
Алтын менен күмүшүң
Желпиниш көздөй жүктөйүн.
Каарландым, какайдым,
Каныңды суудай чачпасам.
Суудай жутуп каныңды,
Суусунумду баспасам.
Төмөнкү жиниң кагайын,
Төрт түлүгүң алайын.
Сураса бербес Буурулга,
Суук укурук салбасам.
Сулуусунган кыздарың
Олжо кылып албасам.
Сарыбай болбой өлөйүн.
Туулбай туна чөгөйүн!
Бул оңбогурдун тукуму,
Өлөрүн асты билбейт – деп,
Тирүү койсок болбойт – деп,
Тегеле чочко оңбойт – деп,
Желмогуз уулу капырың
Эр чорону көргөндө,
Бакырыгы баш жарды,
Өкүрүгү таш жарды.

www.bizdin.kg

Өлчөсөң түрү ушундай,
Каарланбай калбады,
Кайран тишти Сарыбай
Бөлө-бөлө чайнады.
Кирпик күйүп, чок болду,
Карасаат капырай
Кишиде мындай жок болду.
Улуктарың утамын,
Уяң менен жутамын.
Эң бир кырам элинди,
Бүктөбөсөм белинди.
Кетирбесем алыңды,
Агызып суудай каныңды.
Калемиңди таштабай,
Талкан кылам баарыңды.
Оңбогурум оңбойсуң,
Ар качандан бир качан,
Кайратыңды койбойсуң.
Түңүлүп кой жаныңдан,
Кызыркандым нетесиң.
Кылча калбайт жалгызың,
Кыргын болуп кетесиң.
Тозок салам баарыңа,
Тоз каптатам айылыңа.
Кечээ каарым келип какайып,
Канча дөөнү сойгомун.
Кылчактабай жалгызын,
Кыргын кылып койгомун.
Каяшаяк бергендин,
Канча дөөнүн канына
Кан Сарыбай тойгомун.
Кыжырга тийип калк өлгөн,
Кыйла кыйын алп өлгөн.
Кабылганды кайсаган,
Кара болот октурмун,
Ай-ааламда жоктурмун.
Кезиккенди кемирген,
Кең көкүрөк, жайык төш,
Келберсиген эрдирмин.
Ай-ааламды буй кылган,
Эр Сарыбай мендирмин.
Басышыман чаң чыгат,
Коңуртуман жан чыгат.
Тажаалдын кара көзүмүн,
Желмогуздун өзүмүн.
Октос берсең сойлоймун,
Семетей эмес, чоро эмес,
Он сегиз миң ааламга
Ушу бүгүн тойбоймун.
Каарланып качырсам,
Селдей каптап болбоймун.
Сенин серпишиңден хан өлөт,
Кез болгондун баары өлөт.
Улуктамын, мыктымын,
Ушунчалык ыктуумун.
Тажаалдын кара көзүмүн,
Сарыбайдын өзүмүн.
Болжол кылган кишиге,
Болот коргон чептирмин.
Сарыбай уулу дедирип,
Кыйла журтка кептирмин.
Мүшкүлдүүнүн өзүмүн,
Тажаалдын кара көзүмүн.
Жай жүргөнгө жүйөмүн,
Чын жан алгыч бирөөмүн.
Айбаттууну оромун,
Ачуулансам ааламды
Ажыдаардай соромун.
Кыйын жиним кармады,
Кыл түгүңдү калтырбай
Кыргын кылып коёмун» –
Кыйла мүшкүл кеп айтып,
Кыйкырык салып турду эми.
Желмогуз уулу капырды,
Жеткилең Кудай урду эми.
Жер майышкан кутургур,
Кайратынан капырдын
Жер айрылып турду эле.
Желмогуз уулун көргөндө,
Жазайылды салынып,

www.bizdin.kg

Жайнаган чок Күлчоро
Жаратканга жалынып,
Тирүүлүктө жыйган бер,
Өлүп калсак ыйман бер,
Токой-чер элек, жол кылба,
Канзааданын уулу элек
Сарыбай итке кор кылба!
Күлчоро жайын сураба
Жайнаган кызыл чок экен,
Душманга болот ок экен,
Каарланып киргени
Ай-ааламда жок эле,
Беренсинген шер Чоро,
Желмогуз уулу капырга
Жекени белге курчанды,
Жер майланган чочкого
Жеке барып кол салды.
Суудай болгон Сураттын,
Тартып оозун бурду эле.
Күркүрөп турган капырга
Күркүрөп айза сунду эле.
Күлчоро жайы мамындай:
Качырганы Сарыбай,
Камынышы ушундай.
Узун бойлуу кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Ары мыкты, ары эр,
Билеги жоон, таш жүрөк,
Кайраты ашкан бадырек,
Он сегиз миң ааламга
Сала жүргөн чоң дүмөк.
Кирпиги жалын көзү чок.
Кишиде мындай шумдук жок.
Душманга дүмөк баштаган,
Каптап илек кол келсе,
Ашыгып кетип шашпаган.
Колуна мыктап жоо тийсе,
Коёндой жерге жанчтаган.
Койгулашса токсон кол,
Коркуп колтук ачпаган.
Кан шимирип катыккан,
Кармашып жүрүп жатыккан.
Он эки пирге кол берип,
Шер Күлчоро атыккан.
Айзакерден Күлчоро
Артык даңгыл ыктуу кул,
Алышкан жоонун айласын
Артык билген ыктуу кул.
Ай-ааламга билгич кул,
Ылаачындай илгич кул.
Туюкту бузуп жол салып,
Желмогуз уулу капырга
Эр Сарыбай баатырга,
Тагдыр жетсе өлүүгө,
Чын кааласа Кудайга
Чымындай жанды берүүгө.
Барып айза урууга,
Бадирек жанды кыюуга,
Чамасы келсе чапчышып,
Маңдайлашып турууга.
Ошондо Чоро муну ойлоп,
Түрү суук капырга
Түз кирип найза сунууга,
Кудай үчүн, эл үчүн,
Аркайган Ала-Тоо үчүн,
Ала-Тоону жердеген
Аркада кыргыз эл үчүн,
Артык тууган шер Чоро,
Шай колдогон эр Чоро,
Айбаты кыйын, заары күч
Аябаган эр Чоро,
Телегейи тең Чоро,
Катылганды кылган түз,
Күлчоро жайы ушундай.
Болот айза колго алып,
Сарыбайга кол салып,
Беделинен күч чыгып,
Эки беттин ортосу –
Беш байпактык түк чыгып,
Беттешкени Сарыбай,

www.bizdin.kg

Бет алып айза сунганда,
Бели кетип бекчейип,
Көзү алайып чекчейип.
Арстандай көзү чачырап,
Желмогуз уулу капырга
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Жебеден мурун жетти эле.
Жеткен жерде капырды
Кабырганын бети – деп,
Өпкөнүн таамай өзү – деп,
Өрөпкөгөн доңуздун
Кулап кетер кези – деп,
Күлчоро айза урду эле.
Берендик жөнү ушундай,
Бет алышып турду эле.
Эт жүрөктүн толтосу,
Өпкө жүрөк ортосу,
Өлүмдүн өлчөө көзү – деп,
Өлөр жердин өзү – деп,
Көк жорудай айланып,
Учуп кетер кези – деп,
Сарыбай айза урду эле.
Төрт аяктуу тулпарлар
Боор-боорунан сулады.
Катар тийген найзалар
Быт-чыт болуп кыйрады.
Баатырлык жайы ушундай,
Маңдайлашып турушту.
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушту.
Айбалталап салышып,
Айбалталар быркырап,
Сабы колдо калышты.
Кылычташып салышып,
Кылычтын баары быркырап,
Сабы колдо калышты.
Маңдай-тескей турушту,
Айбалталап урушту,
Ким көргөн мындай жумушту.
Алаңгир жаа тартышып,
Былчылдашып атышып,
Айгай салып турушуп,
Жан аябай урушуп,
Найзанын баары кыйрады.
Соттун баары бөлүнүп,
Шердин шер экени көрүнүп,
Тондун баары бөлүнүп,
Жабдыктын баары быркырап,
Жакалашып тартышып,
Бөксөдөн жерге батышып,
Күндө тыным албады,
Түн да тыным албады.
Күндөп-түндөп урушту,
Ким көргөн мындай жумушту.
Кыймылдабай эки кол,
Өөдө болбой шал болуп,
Тирилик алган кайран баш,
Кызыл челек кан болду.
Айбалтачан Сарыбай
Ачууланып жетти эле.
Үйдөй болгон чоюнбаш,
Каарын төгүп имерип,
Кош колдоп тартып жиберип,
Жоорукер оозун бурду эле,
Катуу салып урду эле.
Калкан күйүп, чок болуп,
Кайран Чоро канетсин
Көзү жайнап от болуп.
Сур күлүк бели үзүлүп,
Сай-сөөгү быркырап,
Чымындай жаны чыркырап.
Эстен кетип сулайып,
Эки көзү алайып,
Кыл муруту кыйшайып,
Кылаңгыр көзү алайып,
Кыйын дартка жолугуп,
Ичи кайнап чок болуп,
Эки көзү от болуп,
Бүткөн бою дирилдеп,

www.bizdin.kg

Каарланып Сарыбай
Жүргөн экен күрүлдөп.
Адамзат бенденин
Азат бою дүркүрөп,
Жаалданып күйүнүп,
Жан-жаныбар макулук
Жаман жандан түңүлүп,
Желмогуз уулу капырың
Тажаалдыгы билинип,
Араандай оозу ачылып,
Октос берген оттуу заар
Оозунан чачылып,
Аны көргөн адамдын
Дени сынып басылып.
Эл чуркурап күйүнүп,
Байкап туруп калайык
Сарыбай тажаал экен – деп,
Чымындай жандан түңүлүп.
Шай колдогон шер эле,
Ай-ааламды буй кылган
Арстан жолборс эме эле.
Бу кыргызга Күлчоро
Болот капка чеп эле.
Чорону Кудай сакта – деп,
Эр Семетей кан ыйлап,
Аксакалдуу чал ыйлап,
Жалпы кара эл ыйлап,
Элдин баары күйүнүп,
Калк жанынан түңүлүп,
Берендерди кандарды
Кырып нечен жандарды,
Түпкө чогуу жетеби,
Кылча койбой куу жанды
Кыргын кылып кетеби.
Сарыбай эмес, заар экен,
Чоң Кудайдын каары экен,
Башка көчкөн көчү бар,
Мадеринин өчү бар.
Кабылганды кайсаган,
Кез болгонду кемирген,
Ичип канды шимирген.
Кыйындарды кыйратып,
Ботом, кырып түпкө жетет дейм.
Кылча койбой кыргызды,
Кыргын кылып өтөт дейм.
Ботом, жуурат белем камырды,
Суурат белем тамырды.
Кемитет экен болжолду,
Кырат белем зорлорду.
Жоготот ко улукту,
Баштайт го балаа бузукту.
Ушу турган кайран журт,
Жал, куйруктан айрылып,
Сопол болор бекенбиз?
Мүйүз сынып чекеден,
Токол болор бекенбиз?
Ушинтип турса бул капыр
Каарды катуу баштайт ко,
Агача келин, тул катын,
Айылды караан таштайт ко...
Чапчышкандан чарк жетпей,
Чапчышып жүрүп ал жетпей,
Кыз-катынды тул кылып,
Кыйындарды кул кылып,
Түпкө чогуу жетет бейм.
Түк таштабай сыйпатып,
Кыргын кылып кетет бейм.
Журт чуркурап күйүнүп,
Чымындай жандан түңүлүп.
Эрендин баары эңгиреп,
Эл жанынан түңүлүп.
Кантер экен түбүбүз,
Калбайт экен бирибиз.
Агып суудай каныбыз,
Кыргын болуп баарыбыз.
Түпкө түпсүз жетет бейм,
Элкин жаткан элдерди
Эми байлап кетет бейм.
Башчы басып кырат бейм,
Эгем таала бир Кудай

www.bizdin.kg

Эбин таап минтип урат бейм.
Калайыкка каар чачып,
Душман берди бир Кудай.
Журтка балаа, бир мүшкүл,
Душман бердиң бир Кудай!
Жердегениң Ала-Тоо
Жеңип душман албаган.
Канкор Манас барында,
Элкин жаткан эл элек.
Жылгындуунун оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Бүтүн кундуз терисин
Жарты бөлүп алчу элек,
Багалекке салчу элек.
Эринсек элик атчубуз,
Күндүзү кымыз, түнү кыз,
Күркүрөп ойноп жатчубуз.
Кысырдын семиз тайын жеп,
Кышында арак, жыйын – деп,
Кыйкырып ойноп жатчу элек.
Кызыркансак түн катып,
Кысырак сайып, ордо атып,
Жаан кесип, куш салып,
Каалаганда бу башка
Кадыр түн өңдүү түн кайда,
Бүрдөп турган гүл кайда,
Баягы гүлдөп турган күн кайда?
Сарыбай эмес, заар экен,
Чын Кудайдын каары экен!
Бу кыргыздын уулуна
Мүшкүлгө келген жан экен,
Куйкаланган итиндин,
Не кастыгы бар экен.
Арман кылып, жан ыйлап,
Эңкейип элдин баары ыйлап,
Эс билбеген бала ыйлап,
Майдандагы Сарыбай
Балаалыгы билинип,
Башка эмес, капырдан
Калк жанынан түңүлүп,
Катуу мүшкүл, кыйын иш,
Калк эмине болор – деп,
Катуулады кутургур,
Калтырбай жанды сорор – деп.
Шай колдогон шер эле,
Жоого жарар эр эле,
Бу кыргыздын бели эле.
Кабыландай кан эле,
Арстандыгы бар эле.
Көй душманды таман кыл,
Жан деп Кудай жаратсаң,
Күлчорону аман кыл!
Бирдеме болсо Күлчоро,
Кыйрап кетет белибиз,
Кыргын болот элибиз.
Жарылып кетет желибиз,
Ушинтип чыгат желибиз.
Маани менен турабыз,
Башка келген заман кыл,
Жан деп Кудай жаратсаң
Чорону Кудай аман кыл!
Журт чуркурап, чуу кылып,
Эл жанынан түңүлүп,
Желмогуз уулу капырың
Атса мылтык жетпеди.
Сайса найза өтпөдү,
Өрт каптаса күйбөдү.
Өткүр экен кутургур,
Өлөр жайын билбеди.
Балбандары башкача,
Балаа салды куу башка.
Согушка кирип каңгырап,
Жетимиш айза сындырып,
Булчуңду окко булдуруп.
Ок өтпөс тондор кайрылып,
Ок жетпеген Сур кулун
Күлчоро берен айрылып,
Жети күнү аралап,
Жеткен жерин жаралап,
Чама чарчап, ал кетип,

www.bizdin.kg

Бүткөн бойдон кан кетип.
Муну көрүп эр Семең,
Каарды катуу баштады.
Кан абасын көргөндө,
Кайран жанды ал бала
Жүрсүн дебей тим эле,
Кайран жанды таштады.
Жазайылды салынып,
Жаратканга жалынып,
Эр Сарыбай капырдын
Үзүлбөс темир торунан,
Казган шумдук орунан,
Мунажат кылып Кудайга:
«Башкы атамдын баары кан,
Баарын кан кылып жараттың.
Бир каарлуу капыр колдорун
Мынча неге караттың.
Атам Манас арстанды
Шай колдогон шер кылдың.
Тилегенин тең кылдың,
Теги Кудай жараткан,
Теңдиги жок бир итке
Мынча неге кор кылдың.
Кыйын атам барында,
Кызырканып оолукса –
Кытайга кыргын салчу экен.
Бул өңдөнгөн капырдын
Төрт түлүгүн чаччу экен,
Төбөсүнөн басчу экен.
Сомбуктун суусун бойлогон,
Согушкан адам сойлогон.
Каарланып качырса,
Каяша берген оңбогон.
Туура жини кармаса,
Тутуккан эки болбогон.
Чымырканып качырса,
Чыдап киши турбаган.
Чын атамды көргөндө,
Чынмачын журту ыйлаган.
Сарыбай турмак атамдан,
Ааламдын журту кыйраган.
Белгилүү атам шер эле,
Телегейи тең экен.
Андан тууган тукумду,
Сарыбайга ал жетпей,
Эмне тукум деди экен.
Түп атабыз Түгөл кан,
Түгөл баарын шер кылдың,
Түгөнгүргө ал жетпей,
Алда Талаа бир Кудай
Мынча неге кем кылдың!
Түп атамдын баарысын,
Шер жасадың бир Кудай.
Түгөнгөн итке ал жетпей,
Мынча неге тукумун
Кем жасадың бир Кудай.
Өлбөй тирүү жүргөндө
Не мураска жетели.
Кылча калбай бирөөбүз,
Кыргын болуп кетели.
Береги турган Күлчоро
Маңдайга жазган шер эле,
Телегейи тең эле.
Айбаты катуу жан эле,
Сарыбай эмес ааламды
Кызырканса кокустан,
Кырып кетчү жан эле.
Абакемден ажырап,
Кай мураска жетейин,
Кылча калбай жалгыз жан,
Кыргын болуп кетейин.
Чындап кыраан абакем,
Чыңаган кызыл темир – деп,
Желмогуз уулу капырдан,
Ал өлүп калды дедирбей,
Кылча калбай жалгыз жан,
Кыргын болуп кетейин
Абакемден айрылсам,
Өзөнгө журт конбойбу.
Калбай эл-журт кырылып,

www.bizdin.kg

Кара элечек болбойбу!
Чымчым жүнүн таштабай,
Чындап олжо кылбайбы.
Каарды катуу төкпөйбү,
Калгандарды качырып,
Кабыргасын сөкпөйбү.
Маани менен иш кылдың,
Башка түшкөн заман-кыл
Жан деп Кудай жаратсаң,
Кабылан тууган шер эле,
Абамды Кудай аман кыл» –
Деп, ошентип эр Сейтек
Көөдөнгө толуп көп санаа,
Көзүнүн жашы он талаа.
Канзааданын тукуму
Каарды катуу баштады.
Беттешкени Сарыбай,
Кайран сонун тирилик,
Такыр кечип таштады.
Карчыгадай камынып,
Арстандай чамынып,
Колдогону Кожосан,
Кошо кирип жабылып.
Көрсөң бала ушундай,
Көзү күйүп, чок болуп,
Жүргөн селдей октолуп.
Кайраттанып, камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Ай-ааламды шаштырып,
Астындагы Керкула,
Олжоңдото бастырып.
Аты Кыдыр дубана
Жыл ооздуктан төтөлөп,
Онжоңдогон Кер атын
Он эки балбан жетелеп.
Касиеттүү кыраандын
Каарын көргөн кан өлүп.
Кармаша кеткен жан өлүп,
Ченеймин деген ченчи өлүп,
Чечине келген элчи өлүп.

Мына ошондо эр Сейтек
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көп балакет, сан мүшкүл
Көзгө чукул көрүнүп,
Жаратканга жар айтып,
Жан аябай жаңжалдан
Чын ажал жетсе өлүүгө,
Өлбөй тирүү бар болсо,
Абакеси Күлчоро
Караан болуп берүүгө.
Кагышты катуу салууга,
Карал кылган Күлчоро
Капырдын заардуу огунан
Ажыратып алууга.
Темир аркан торунан,
Терең казган орунан,
От жайнаган чогунан,
Желмогуздун колунан.
«Ай караңгы бүркөлсө,
Түн эмине болот – деп,
Колуна түшсө капырдын
Берен абам Күлчоро,
Күнү эмине болот – деп,
Жазаны жаман салбасам.
Көлөкөлүү бел болуп,
Көрүнөө кубат дем болуп,
Таңуу болуп белине,
Чын жолдош болуп калайын.
Каардуу иттин колунан,
Берен абам Чорону
Ажыратып алайын.
Аташпай карап жатпаган,
Ата болуп сактаган,
Эне болуп эптеген,
Аскар кара тоо эле,
Каптап адам чыга алгыс,
Карааны бийик зоо эле.
Зоомду бузуп өтөбү,
Түбүмө чогуу жетеби,
Өзөндөн дайра бурабы,

www.bizdin.kg

Кан абамдан айырып,
Өрт өчкөндөй кылабы?
Эренди тыйпыл алабы,
Эзелки жинди кагабы,
Эсепти минтип табабы?
Өкүмсүдү кутургур,
Кетирет белем түрүмдү,
Кетмендейт белем түбүмдү.
Олжолойт белем тонумду,
Көргөзөт белем сонунду.
Абамды алса окустан,
Жаза кылса кокустан,
Жадаалдап соёт белимди.
Жалынса укпайт сөзүмдү,
Жалдыратып көзүмдү.
Эңгиретип элимди,
Бүктөйт экен белимди,
Олжолойт экен элимди,
Орой экен кутургур.
Опот кылат жеримди.
Күл абам кетсе бел кетер,
Үстүмдөн болот тон кетер,
Калкымдан түмөн кол кетер,
Каарлуу мүшкүл иш жетер,
Эр кыргыздан кол кетер.
Чабыратат чаркымды,
Түз кетирер баркымды.
Кылча белин таштабай,
Кыргын кылар калкымды,
Кетирер менин баркымды,
Кемирген турат калкымды.
Бекитилүү белимди,
Бейпай салып чегимди,
Желмогуз уулу капырды,
Ай-ааламга эр кылдың.
Хан Манастын тукумун
Мынча неге кем кылдың.
Бу капырга кор кылбай,
Аманатың тарт Кудай,
Алыш кылам ушундай.
Ала-Тоонун бели – деп,
Ак калпак кыргыз шери – деп,
Чын жаралып кан атам
Жер үстүнө келдиби?
Бир каарлуу итке ал жетпейт,
Кезекти Кудай бердиби!
Кегин алып кетүүгө,
Түпкө чогуу жетүүгө,
Желмогуз уулу бул капыр,
Ушинтип бизге келдиби?
Жалпы эренди жалмады,
Кез болгонду кемирди,
Кабылганды кайсады.
Мүшкүл мындай болобу,
Кез болгондун баарысын
Өрттөнгөн чочко соробу?
Апсиң кеткен кутургур,
Ай-ааламга тоёбу,
Кылча койбой жалгызды
Кыргын кылып коёбу?
Баатырдын баарын байлайбы,
Баарыбызды жайлайбы?
Эндиретип элимди,
Суутат белем демимди,
Бүктөйт белем белимди.
Күл абамды мерт кылса
Бузат коргон чебимди.
Жаның чыккан бул капыр
Күлгүн көзү жоголсо,
Жалынсам укпайт сөзүмдү.
Жадаал чукур көзүмдү
Эриксе элди чаппайбы,
Эсепти минтип таппайбы.
Карууну жерге какпайбы,
Кааданы минтип таппайбы.
Өлбөй аман турганда
Не мураска жетейин.
Кадырлуу абам байкушка
Курман болуп кетейин.
Каарланган капырды,

www.bizdin.kg

Кайраты мол баатырды
Курманга куптап чалайын.
Кулжуңдаган доңузга
Түс түгөнүп, өң качып,
Түгөнүшүп калайын.
Өлүмдөн корккон оңобу,
Кез болгонду кемирип,
Кейпиң кеткир соробу,
Башка келген балаадан
Баатыр эр корккон оңобу?
Эр ажалдан өлбөйбү,
Эгем жазган болбойбу?
Алла Таала тагдырдан,
Тартынган адам оңобу?
Бу дүйнөдөн көчпөгөн,
Дүнүйөдөн өтпөгөн.
Жаралган жалгыз дүйнөдөн,
Темир өзөк болобу?
Өлбөй адам калабы,
Маңдайлашып төгөлү,
Башка келген балааны.
Кылча жанды кыялы,
Кылдай түк жок болгуча,
Кыйынсынган ит менен
Кырылышып туралы.
Башка келген балаадан,
Аянып эрен оңобу?
Аянып калган бул иттин
Эгерде эки болобу?
Ажалдан адам тартабы,
Азаптан эрен катабы?
Күн түгөнгөн өлбөйбү,
Он сегиз миң ааламды
Кааласа Кудай албайбы?
Бенде жаны керек – деп,
Жараткан буйрук кылганда,
Бенде жаны керек – деп,
Азирейил жан тарткыч
Беш колун сунуп турганда,
Сүйлөгөн тил тутулар.
Ушулар бекер дүйнөдөн,
Чынжыр түшсө моюнга
Кимдер качып кутулар.
Киргизбей койбос казган көр,
Он сегиз миң ааламды
Акыр жутар кара жер,
Ажал жетсе өлөлү.
Кармашуунун эсеби –
Кармаш кыла берели.
Кабыргасын сөгөйүн,
Жаратканым күч берсе,
Эрдик, шердик бүт берсе,
Ишти Кудай оңдосо,
Арстан атам колдосо,
Кордук кылган Сарыбай
Көп жаңжалды салайын.
Кутургурду кулатсам,
Курмандыкка чалайын.
Балталап башын кесейин,
Эки көзүн тешейин.
Жадаалдуу каар салайын,
Жаныма батты чочкону
Курмандыкка чалайын.
Койдой башын кесейин,
Коондой ичин жарайын,
Жазасын колго берейин.
Жадама тийсе эңейин,
Каарлуу кагыш салайын.
Шай колдогон абамды
Ажыратып алайын.
Өлбөгөн жан калышып,
Айлап, жылдап салышып,
Мурда бузук салайын.
Буй түшүрүп чочкого
Каарлуу кармаш кылайын.
Карып кылып баарысын,
Айдап жүрүп кырайын.
Кыйындарын сорбосом,
Туулбай туна чөгөйүн.
Семетей уулу дедирбей,

www.bizdin.kg

Тирүү жүрбөй өлөйүн» –
Деп, ошентип эр Сейтек,
Өрттөй көзү жайнады,
Талкалай тишти чайнады.
Баатырдыкты, шердикти,
Кылмак болду эрдикти.
Арстандай күркүрөп,
Айбатына баланын
Адам карап туралбайт,
Азат бою дүркүрөп.
Чагылгандай чартылдап,
Чактап көргөн душмандын
Жөн эле жини кагылып,
Айбатына жан турбай,
Арстандай күркүрөп,
Жер кыймылдап жан өлүп,
Жан-жаныбар макулук,
Жердин үстү кыбырап,
Каарланып чамынып,
Кайыптан ачкыл табылып.
Кармашары Сарыбай,
Жаалдуу жинди салууга,
Айкөл абам Күлчоро
Ажыратып алууга,
Эрдин эр кайраты көрүнүп,
Керкула санга бир салып,
Зулпукорду колго алып,
Талыкпай оозун бурду эле.
Асман жарган мүшкүлгө,
Кан төгүшкөн кагышка,
Асман туман, жер ачык,
Кан төгүлгөн салышка,
Каршы-терши айдашка,
Баш кесилген кармашка.
Жер тумандап, дуу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Ак асаба туу болуп.
Жаанын огу дыркырап,
Келтенин огу чыркырап,
Эрен кулап, боо түшүп,
Ат кырылып тоо түшүп,
Кашаттын баары чаң болуп,
Коктунун баары кан болуп,
Дөңдүн баары коо болуп,
Сарыбай мүшкүл жоо болуп.
Беттеп адам баргысыз,
Дууга кирип барды эле.
Бет алып адам барбаган,
Чууга кирип барды эле.
Жалындаган чокту көр,
Жазайыл аткан окту көр!
Бет алганы сыр найза,
Беш-алты жерге орнотуп,
Бет алганын сойлотуп,
Кабылганын кайсады.
Кез болгонду кемирип,
Ач кыраандай теминип.
Керкуласын ойнотуп,
Кез болгонду сойлотуп,
Жадаалынан эр өлүп,
Катуу мүшкүл, чоң жаңжал
Кыпкызыл канга бөлөнүп,
Кыйын жаңжал салды эми.
Ай найза сынып быркырап,
Калктын баары чуркурап,
Кагышты Сейтек баштады.
Калган жандан түңүлүп,
Бөлөкчө карап турган кан
Дуу туруп жандан түңүлдү.
Бу дүнүйө жалгандын
Жалгандыгы билинди.
Кылычты кыя байлады,
Эрди кесе чайнады.
Ай-ааламга татыды,
Сарыбай иттин жаңжалы.
Ажалы жеткен кан өлүп,
Армандуунун баары өлүп,
Желмогуз уулу Сарыбай
Эр кайраты мамындай.
Күлчоро абам канетсин,

www.bizdin.kg

Салыш кылып кайгырган,
Сур тулпардан айрылган.
Каруулашкан кагышта,
Кан чачылган чабышта,
Кармап минер буудан жок,
Каралашаар тууган жок.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай болгон дүйнө бок!
Чапчышканга чама жок,
Качып кирчү токой жок,
Караан кылар кыргыз жок.
Кабырга эттер бөлүнгөн,
Кызыталак куу өлүм
Көзгө чукул көрүнгөн.
Тирилик кылган кайран баш,
Кызылдай челек кан болгон.
Кызмат кылчу эки кол
Өөдө болбой шал болгон.
Жетик балбан ээрчиткен,
Жеке басып кол салып,
Кол салганда мол салып,
Желмогуз уулу капырды
Жети күнү аралап,
Жеткен жерин жаралап,
Алты күнү аралап,
Алы кеткен Күл абам,
Алтымыш жерин жаралап.
Канатынан кайрылып,
Караан кылып олтурган,
Сур тулпардан айрылып.
Башына мүшкүл күн жетип,
Күл абаңан түр кетип,
Болжолсуз азап тартыптыр.
Сыр бараңды таянып,
Болкулдап керээз айтыптыр.
Ойрон жандан түңүлүп,
Темир аркан торуна
Түшмөк болгон кези экен,
Сарыбайдын колуна.
Тизеси жерге бүктөлүп,
Тим эле жанга күч келип,
Чама чарчап, ал кетип,
Бир Кудайга зар жетип,
Сарыбай атка конгону
Эр Сарыбай болгону,
Каза таап өлө элек,
Мындай мүшкүл көрө элек.
Эр Күлчоро гүл абаң,
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Адам болуп жүргөнү.
Арбайып атка мингени,
Айкырып жоого тийгени,
Шай колдогон эр болуп,
Он эки мүчө тең болуп,
Баатыр чоро болгону,
Аймашканды сулатып,
Ажыдаардай соргону.
Кайгы-капа биле элек,
Бул өңдөнгөн мүшкүлдү
Жаралганы көрө элек.
Мына ошондо эр Сейтек,
Ачууланып кайгырып,
Каралды болуп отурган
Күлчородон айрылып:
«Туулбай туна чөгөлү,
Тирүү жүрбөй өлөлү,
Караандуу шерден айрылып,
Бопбоз болуп калгыча
Кымбат кыргын салалы.
Кымбат жан чогуу калгыча,
Кырылышып калалы» –
Деп, ошентип кайран эр
Кайрат кылып бакырып,
Качырган жоосун жапырып,
Туюкту бузуп жол салып,
Сарыбайга кол салып,
Чымырканып тийди эле.
Ошондо Желмогуз уулу Сарыбай,
Бек айбатын салыптыр.

www.bizdin.kg

Каарынан таш күйүп,
Кайратынан жан чыгып,
Ай-ааламды буй кылып,
Айдап жүрүп соргудай.
Он сегиз миң ааламды,
Жеке жутуп койгудай.
Каруусу толук капырың,
Жаралуу турган чорону
Катуу жаза салууга,
Курмандыкка чалууга,
Өзөндүү сууну бурууга,
Өлтүрүп жанды кыюуга,
Каарланып кутуруп,
Калган экен жутунуп.
Ачууланып бакырса,
Кайратынан капырдын
Таш жарылып, жан чыгып,
Жүргөнүнөн чаң чыгып,
Эң кайратын көргөндө,
Калк жанынан түңүлүп,
Жазайыл огу зыркырап,
Асыл жандан түңүлүп,
Адамдын баары чуркурап.
Жаралуу турган чорону
Түшүрүп колго алганы,
Дүмөктүү мүшкүл, каран түн
Калгандарга салганы,
Катууланып күүлөнүп,
Как жалаңкыч түрдөнүп,
Күркүрөдү күүлөнүп,
Күлчорого сүйлөнүп:
«Калтырбай калкың сойбосом,
Кыл эмеңди таштабай,
Кыргын кылып койбосом,
Кайратың катуу көрбөсөм,
Кыл эмеңди таштабай
Камчыга салып бөлбөсөм.
Өзөнүңдү бурбасам,
Өрт өчкөндөй кылбасам,
Карып кылып калкыңды,
Кетирбесем баркыңды,
Түгөтпөсөм ыркыңды,
Ойрон кылып олжолоп,
Ойрон кылып баарыңды,
Олжого кыргыз тийген соң
Калтырбай канын төкпөсөм!
Бирөөнү айдап эренге,
Бирөөнү түшүрбөсөм тереңге,
Бүктөбөсөм белдериң.
Кырбасам кызык эрлерин,
Сарыбай болбой каламын.
Туулбай туна чөгөйүн,
Чын эсебин табайын,
Капкайда жинин кагайын,
Каткандарың табайын.
Чымырканган Күлчоро
Баатыр да экен, шер да экен
Чын эсебин табайын» –
Чымырканып Сарыбай
Туюкту бузуп, жол салып,
Тууралганан кутургур
Күлүстөн Күлчорого
Чымырканып кол салып,
Катуу каарын карматып,
Кара көзүн жайнатып.
Чокморунан чок күйүп,
Эки көздөн от күйүп,
Каарын төгүп күркүрөп,
Адамзат бенденин
Азат бою дүркүрөп,
Алп кара куш алгырдай,
Арбайта колун сунуптур.
Каарланган капырды,
Кайра Кудай уруптур.
Кереленип күркүрөп,
Жаралууну жалмаган,
Калгандарды калтырбай
Жол түшүрүп айдоого
Катуулаптыр камынып,
Кайдагы жини табылып,

www.bizdin.kg

Калк бүлдүрүп журт кырган
Баякы жинди сагынып,
Жаралуу турган Чорого
Катуу мүшкүл салууга,
Калтырбастан кутуруп,
Калтырбай жерге кагууга,
Кайраттанып Сарыбай
Ачууланып бакырып,
Албан түрдүү чакырып,
Качанкы жинди чакырып.
Келип мүшкүл саларда
Алмамбет уулу Чорону
Чымындай жанын кырууга,
Чын жинденип кутургур
Чоюнбаш менен урарда,
Семетейдин эр Сейтек
Баатырдыгы башкача,
Эң кайраты бир канча,
Найзакерден эр Сейтек
Ыктуулугу дагы чын.
Жоо кайраттуу ыктуу кул,
Найзакерден мыктуу кул,
Шамдагайы болжолсуз,
Туюкту бузуп жол салып,
Тууганына болушуп,
Турбай кирди кол салып,
Алдындагы Кулагер
Кулагер оозун буруптур,
Колунда болот найзасын
Күркүрөтө сунуптур.
Алдындагы тулпарга,
Оңдоп, солдоп камчы уруп,
Оңдоп, солдоп теминип,
Себеп болуп бакырып,
Жеткен жоосун жапырып,
Желмогуз уулу капырга
Аркасынан жетти эле.
Үңгусу болот сыр найза,
Бура кармап имерип,
Кемеринин бети – деп,
Өпкөсүнүн чети – деп,
Келип муштап жиберип,
Тулпар оозун бурду эле,
Турбай найза урду эле.
Сайганында найзасы,
Сынып белден быркырап,
Жолум үйдөй ак була
Асманга учту бырпырап,
Айза урганда Сарыбай
Тоодой толкуп кылт этпей,
Токтоп турду былк этпей.
Зыңгырады кенебей,
Ал Сейтектин найзасын
Бучкагына теңебей.
Кабак силкип, каш какпай,
Каз ажал жетип өлгөн жок.
Эр Сейтектин бүлүгүн,
Кылт этип кылча көргөн жок.
Кечээ бабасы Манас кайран шер,
Ак дүйнөнү чачканда,
Жан жүрбөс чөлүн басканда,
Торучаар оозун бурганда,
Толгон кара кытайлар
Жадаал салып, жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Кыйла адамды жоготуп,
Кыргын кылып алганда,
Орго-дорго кан өлүп,
Кабылган жандын баары өлүп,
Катуу мүшкүл, чоң жаңжал
Эл көрбөстө болгондо,
Эр Дөңгөнү сойгондо,
Кайыбынан кабылган,
Как талаадан табылган,
Алтын жаак айбалта,
Сабын алтын кураган.
Болжолу жок Бөлөкбай,
Болоттон уңгу чыгарган,
Ажыдаардын уусуна,
Алтымыш жолу сугарган.

www.bizdin.kg

Кайыбынан кабылган,
Как талаадан табылган.
Сабын буруп аштаган,
Артында тукум алсын – деп,
Башкы атасы Манас кан,
Аманат коюп таштаган.
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени морт кеткен.
Болоттугу көрүнгөн,
Болжогон жоону чапканда
Тең жер эки бөлүнгөн.
Жарылып дене ачылган,
Каарланып урганда,
Кан төгүлүп чачылган.
Уңгусу болот, учу курч,
Канкор Манастан калган айбалта
Кармап колго имерип,
Кан абаңа жеткирбей,
Тулпар экен Жоорукер.
Айры шили өзү – деп,
Аттын өлөр кези – деп,
Ооз омуртка тушу – деп,
Ойрон болор ушу – деп,
Кара жаак айбалта
Кармай калып имерип,
Кожосан эрдин тукуму,
Кош колдоп тартып жиберди.
Башы үзүлүп Жоорукер,
Барып жерге кулады.
Эрдик кылган эр Сейтек,
Эми карап турабы.
Каарланып бакырып,
Күлүстөн тууган Күлчоро
Күлчорону чакырып,
Мына ошондо эр Сейтек
Шер экенин билгизип,
Байтал бээнин кулуну
Кара жылкы дулдулу
Кең көкүрөк, тайкы жал,
Керишке салса кебелбес,
Чабышка салса чарчабас,
Желжээрдеге мингизип,
Жаралуу турган Чоронун
Өчкөн отун тамызып,
Өлчү жанын тиргизип,
Үзүлгөнүн улады,
Чачылганын жыйнады.
Өчкөн отун тамызып,
Өлүмдөн жанын тийгизип,
Желжээрдени мингизип,
Бир тууган абасын
Темир туткун торунан
Алып чыкты эр Сейтек,
Сарыбайдын колунан,
Капырдын ажал огунан.
Каарын төгүп капырың,
Анча Сейтек барбаса,
Айгайды арбын салбаса,
Курман кылып куу жанды
Ажыратып албаса,
Баштамак экен балааны,
Жасамак экен чараны.
Көргөзмөк экен сонунду,
Кылмак экен абаңа
Киши көрбөс сонунду.
Кагыш кылып кайгырып,
Желмогуз уулу Сарыбай
Жоорукерден айрылып,
Очогорун октоду.
Каарланып бакырып,
Жолдошторун боктоду.
Колго тийген коёнду
Коё бергон оңобу.
Жаралуу турган чоросун,
Бая кармап аларда
Эрендерин кандарын,
Эчак кырып саларда,
Балбанды Кудай атканы,
Туулбай туна чөккүлө,
Тирүү болбой өлгүлө,

www.bizdin.kg

Каарланып какайдым,
Кайратымды көргүлө.
Жоорукер өлсө алдымдан,
Желмаян өңдүү малым бар.
Он сегиз миң ааламды,
Кырып кетер алым бар.
Мен Сарыбай каркыбар
Он сегиз миң ааламды
Калтырбай сурар баркым бар.
Кабылганды шимирип,
Канын жутар чаркы бар.
Ичсе канга тойбогон,
Чабышса жанды койбогон,
Сарыбайдын салты бар.
Кабылганды кайсаган,
Кез болгонду кемирип,
Желмогуз уулу капырай
Тажаалдыгы мамындай.
Каруусу толук капырга
Ок өтпөстү кийгиздик.
Жел күлүгү желмаян
Желмаянды мингизди.
Жекейбоз тонду кийгизип,
Тешик тонун бүтөдү.
Теңир урган ал капыр
Баштагыдан миң эсе,
Жана чочко күчөдү.
Кабылганды кайсады,
Кабылганды койбоду.
Тажаал салып Сарыбай,
Канкор экен Семетей,
Каарланып турду эле.
Берен кандын тукуму,
Бейпай түшсө көргүлө.
Каардуу душман Сарыбай,
Кудай үчүн, мен үчүн,
Каарлуу канын төккүлө!
Чын ажал жетсе өлгүлө,
Кагышты катуу салгыла,
Тыйпыл бирөөң калгыча
Түгөнүшүп калгыла!
Семетей буйрук кылган соң,
Кыдырата карабай,
Кызырдуу шер Күлчоро
Кылча жанын аябай,
Желжээрде минип аттанып,
Абасынан бата алып,
Бая, белгилүү энең Каныкей –
Көк куржунда бедел жок,
Энекеңдин колунда
Нелер бар да, нелер жок.
Абы деген дары бар,
Эбеп-себеп дагы бар.
Ичип алсаң ал дары,
Ооруган жарат басылат,
Умачтай көздөр ачылат.
Себеп деген дары бар,
Ооруган жери басылып,
Көөдөнүнө кан толуп,
Маңдайына бак конуп,
Идерлүү жакут, гүлү кат
Пайдасы тиер чак болуп,
Кармашары Сарыбай,
Катуу мүшкүл ушундай.
Ачууланып Сарыбай,
Каарды катуу баштаптыр.
Жанындагы балбанын
Ашырыптыр жадаалын.
Кыйла бузук баштаптыр,
Кылча койбой бирөөнү,
Кырып ие таштаптыр.
Кызырканып бакырып,
Кыйындарын чакырып,
Жаңжал салып отурсам,
Жаман кылам баарыңды,
Талкан кылам шаарыңды.
Жалынсаң укпайм кебиңди,
Минтип бузам чебиңди.
Буй кыламын элиңди,
Караан болбой, бел болбой,

www.bizdin.kg

Сексен балбан сен элең,
Серпиштин ээси мен элем.
Кабылганды кайсаган,
Каман сындуу эр элем.
Кайсап колго түшүрсөм,
Кашыктап төгөм каныңды.
Желпиништей жеримден,
Тандап алдым элимден.
Катылган жоону жеп келдим,
Кара кайсар Чаңдаяк,
Санатыңар сексен бир,
Жолдош болор деп келдим.
Кезиккенди жеп жүрөм,
Сексендин көзү бар болсо,
Балакет кайда деп жүрөм.
Олжого алган чок өтпөс,
Кийишермин дечү элем.
Сексен катар тең турсак,
Канга тойбос мен турсам,
Салыш кылган адамдын
Чамасы канча дечү элем.
Уңгусу болот айбалта,
Көөлөшөрмүн дечү элем.
Он сегиз миң ааламга,
Сексени катар тең турса,
Жөөлөшөмүн дечү элем.
Ак кайыпты кубалап,
Кырга салам дечү элем.
Алыша келген адамды,
Аябаган бир мүшкүл
Чырга салам дечү элем.
Чөлдөн кулан кубалап,
Чөөлүктүрүп коёрмун.
Берендер менен беттешсем,
Чөөлүктүрөм дечү элем.
Балбан болбой жерге кир,
Билген чырым кылайын,
Бириңди койбой кырамын.
Түбүңө түптүз жетемин,
Түгөл кырып кетемин.
Каарым келип какайдым,
Катуу кирем бириңе,
Калтырбай жетем түбүңө,
Кылча талың койбостон,
Кетиремин алыңды,
Кыл эмең койбой баарыңды.
Жадаал жиним кармады,
Не күйгүздүң жанымды?
Колго тийген коёнду
Коё берген оңорбу.
Капта десе болбойсуң,
Кебимди угуп койбойсуң.
Алмамбет уулу Чорону,
Төбөсүн кандап оёрдо,
Кылча жалгыз койбостон,
Кыргызды кырып коёрдо,
Белгилүүсүн жутарда,
Чын төрөсүн уратып,
Чынарын жыгып сулатып,
Өзөндүү сууну бурарда,
Өрт өчкөндөй кыларда,
Каңырыктап кайгырып,
Сур тулпардан айрылып,
Бүткөн бою кан болуп,
Басканы чуңкур аң болуп,
Башы челек кан болуп,
Кызыр чалган кыргызын
Бир көрүүгө зар болуп,
Кылчайбай колго түшкөндө,
Каптап кет десе болбойсуң,
Балбандарым оңбойсуң!
Улук менен жашыңды,
Ушинтип кесем башыңды.
Минтип турсаң балбандар,
Ушинтип төгөм каныңды,
Кыргын кылам баарыңды.
Сексен бирдей балбаным,
Желмогуз уулу доңуз – деп,
Араң жүргөн экенсиң.
Чалгырттанып далайың,

www.bizdin.kg

Чала жүргөн экенсиң.
Желмогуз уулу капырды,
Эптейин деген экенсиң.
Эптеп жүрүп түбүмө,
Жетейин деген экенсиң.
Курап жүргөн ишимди
Чачайын деген экенсиң.
Сексен бириң сексен жак,
Качайын деген экенсиң.
Кыйшыктандың көзүмө,
Кыябын тапсаң сен кулдар,
Кылганы жүрдүң өзүмө,
Чалгыртың жүрөт көзүндө.
Баатыр балбан Чаңдаяк
Чалганы жүрдүң өзүмдү.
Бөтөнүң турат сөзүндө,
Бөлөгүң турат көзүндө.
Сексен бир элең балбаным,
Кээ бириңди кыргамын,
Билген чырым кылгамын.
Кан баштыгың сойгомун,
Кээ бириңди кулдантып,
Балбан кылып койгомун.
Кобураган былык курт,
Кебиң жүргөн экен го.
Желмогуз уулу сени – деп,
Көөнүң келсе балбандар
Кегиң жүргөн экен го!
Ар кайсы жерде сандалып,
Көчүң жүргөн экен го!
Желмогуз уулу сени – деп,
Атаңдын көрү, балбандар,
Өчүң жүргөн экен го!..
Түгөтөмүн кебиңди,
Талкалаймын чебиңди,
Кылча койбой жаныңды,
Кыргын кылам баарыңды.
Агызармын каныңды,
Азыр кырам баарыңды.
Жолдош десем жоо экен,
Караңгынын түрү экен,
Кайсачунун бири экен.
Капта десе Чорону,
Калтаң уруп каласың,
Айбалтаны таядың.
Аз киши деп койгонуң,
Артын көбүн ойлодуң.
Көңүл кыйын бөлүндүң,
Көзүмө душман көрүндүң.
Тиштесе жаагым кайраймын,
Эми иттигиң көрүнсө,
Түк койбой баарың жайлаймын.
Кеп баштаймын, ой балбан!
Бу арамың кой балбан,
Бу сөзүмө болбосоң,
Арамдыгың койбосоң,
Кылыч тиет мойнуңа,
Кан төгүлөт койнуңа,
Жапа жетет жаныңа,
Ажал жетет баарыңа,
Уу ачытам күбүңө,
Мына ушинтип жетем түбүңө.
Атаңдын көрү, балбандар,
Сексениңер карандар,
Тегиз бойдон арамдар,
Колтук ачкан арамдар.
Ак адырмак, кырк ашуу,
Бел болот деп келгемин.
Кайран башка күч келсе,
Дем болот деп келгемин.
Дем болбосоң жерге кир,
Улугуңар, карыңар,
Душмансыңар баарыңар!
Каарды катуу салбасам,
Сексениң катар душман бол,
Кыймылдаган жер жүзүн
Жеке карып кылбасам!
Айбаттанган алп дөөнү,
Айдап жүрүп кырбасам,
Сарыбай болбой өлөйүн,

www.bizdin.kg

Туулба туна чөгөйүн!
Кылың калбай баарың кет,
Кылчайбастан кутуруп,
Катуу жиним кармады.
Ай-ааламды буй кылып,
Ашкере мүшкүл, чыр кылып,
Катуу каарды баштады.
Чаңдаяк баштап далай дөө,
Он чактыны торойтуп
Башын чаап таштады.
Өлгөнгө башты Чаңдаяк,
Өлүмгө сапар баштады.
Желмогуз уулу капырың,
Тажаалдыгы билинди.
Минтип турса бул капыр
Кашыктап канга тойбойт ко,
Бул кутургур оңбойт ко,
Кармоого жан койбойт ко.
Душманды да, элин да,
Бөлөктү да, өзүн да,
Айдап жүрүп соёт ко!
Акыры адам канына
Бу кутургур тоёт ко.
Кылча койбой жалгызды,
Кызырканса соёт ко,
Кыйыктанды бу доңуз
Жакынын да, жатын да
Жалпы кырып өтөт ко,
Жаалданса бу доңуз,
Түгөл кырып кетет ко!
Мүшкүл экен, заар экен,
Кудайдын чындап каары экен.
Калк мыш-мыш кылчу эле,
Кара тажаал өзү бейм.
Кабылып адам уулуна,
Чыга келген кези бейм.
Өзүм дебей, жат дебей,
Тууган дебей, кас дебей.
Туш келгенин кырганын
Туюккан адам уулуна,
Жадаал салып турганын.
Кеткен экен алыбыз,
Суудай агып каныбыз,
Кыйылды кыйла жаныбыз.
Аман болсо Сарыбай,
Мүшкүл балаа момундай.
Көмүлүп жоксон болгуча,
Көргөзөт экен сонун ай.
Кудай башка жазганбы,
Куп балаасы мамындай,
Чапчышып чама жетпеди.
Кызыталак желмогуз,
Бу дүйнөдөн кетпеди.
Арамды Кудай албады,
Жаралган адам уулунун
Жаны тынып калбады.
Калк чуркурап, чуу түшүп,
Калайык минтип зарлады.
Балбандыгы башкача,
Балакет салды бу башка.
Эндиретти элдерди,
Эчен кырды шерлерди.
Жадаалды Кудай алса – деп,
Жаралган адам уулунун
Бир жеткизген каары экен.
Желмогуз уулу бу чочко,
Жер-сууну ээлеп арбайып,
Аласкар тоодой дардайып,
Өзү калчу жан экен.
Балаалуу каары бар экен,
Чын мүшкүлдүн өзүнө
Кандай балбан соёр – деп,
Эл басылып, журт тынса,
Кандай сонун болор – деп,
Калк жанынан түңүлдү.
Желмогуз уулу капырдын,
Тажаалдыгы билинди.
Минген аты Желмаян
Төөгө минип айза алган,
Төбөндөн ургур мындай жан.

www.bizdin.kg

Ай-ааламды буй кылып,
Талкан сындуу чалгандай.
Кез болгонду кемирип,
Капка салып алчудай,
Караса мүшкүл мамындай.
Мына ошондо Сарыбай,
Кузгундай көзү кызарып,
Кумсарып өңү тунарып,
Кебете түрү бөлүнүп,
Жан тартчудай көрүнүп,
Алдыңкы ээрди калбайып,
Дыйканчынын кабындай,
Көрсөң акмак мамындай.
Кыш буурадай күркүрөп,
Кыйындыгын көргөн жан
Азат бою дүркүрөп,
Мына ошондо Сарыбай,
Каарланып сумсайып,
Көпкөк темир курчанып,
Көргөн жанды бир салып,
Мелдешиңди утам – деп,
Беттешкениң жутам деп,
Жакындасаң тутам – деп,
Кабылганды кайсайм – деп,
Астындагы желмаян
Төө тулпары мал экен,
Күлүктүгү бар экен.
Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жетпейт.
Өркөчү жок кара нар,
Өң сыпаты мамындай.
Өрдөктөй мойнун койкойтуп,
Эки өркөчүн зоңкойтуп,
Төрт таманын балпайтып,
Азууларын аркайтып,
Ат бороюн сыдырган.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Он эки күндө кыдырган.
Чү – деп кетсе керилген,
Булуттай учуп бөлүнгөн,
Алтындан жабуу жаптырган,
Аземдетип бактырган.
Кыйла жерди кыдырган,
Талдын башын сыдырган.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айланып кыдырган.
Булуттан аз-аз кем жүргөн,
Шамал менен тең жүргөн.
Минсе көңүл бөлүнгөн,
Чуу деп кеткен адамдын
Көңүлдөн капа басылган.
Желип кеткен адамдын,
Дүнүйөдө арман жок,
Дарт кумары ачылган,
Көңүлдүн муңу басылган,
Үзүлгөндү улаган,
Миңген балбан кубанган.
Төрт таманды тең баскан,
Чуудаларын чаң баскан.
Белгилүү менен жарышкан,
Чөп оттогон айбандан
Качан жүрүп калышкан,
Кайберен менен жарышкан.
Чөлдө туулуп, ташта өскөн,
Кайыптан бөлөк башка өскөн.
Жарлуу жерди кыдырган,
Жантак чөптөн оттоткон,
Күлүктүгү бар экен.
Кылын тышка чыгарбас,
Сараңбайдын малы экен.
Асый чыкма кезинде,
Ал Сараңбай байкуштун
Мал киндиктүү баатырдын,
Төрт түлүктүү малы бар.
Ал Сараңбай байкуштун,
Чаңдаяк жалгыз уулу бар,
Чаркы мындай угуңар.
Желмогуз уулу бул капыр,
Төбөсүнөн басыптыр.
Сараңбай куп бай экен,

www.bizdin.kg

Кол ачыгы бар экен.
Акундарга ат берген,
Календерге кой берген,
Калайыкка май берген.
Колу ачык Сараңбай
Дүнүйөсүн үрөгөн,
Мазардуу жерге түнөгөн.
Чаңдаяк деп баласын,
Кудайдан аны тилеген.
Тогуз миң нардан той кылып,
Топтоп малын сойдурган.
Өлгөндө көргөн чунак – деп,
Эр Чаңдаяк койдурган.
Кечээ күнү Чаңдаяк –
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Тулпар минип, туу алып,
Көргөн бенде кубанып,
Салтанат оюн, той кылып,
Сары алтын мүлкүн чачыптыр.
Толгон малды союптур,
Ал Чаңдаяк коюптур.
Кечээ күнү Чаңдаяк –
Эрешен тартып эр болуп,
Эрешен менен тең болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Ордо күтүп кан болуп,
Олуязаада жан болуп,
Чын дөөлөтү ашыптыр,
Толуп өсүп ташыптыр.
Аппак күмүш, сары алтын,
Казынада болуптур.
Төгөрөктүн төрт бурчка,
Аяктуу малы толуптур.
Жетим-жесир мискиндер,
Чаңдаякта болуптур.
Тегиз эле конгондо,
Кедей мискин оңгондо,
Эл өөдөгө тартарда,
Калк чалкылдап жатарда,
Чынардан күкүк чакырып,
Тескейден элик бакырып.
Жай мезгили болгондо,
Жалпы журттун баарысы
Тартып өргө конгондо,
Журт кызыкка батканда,
Кымыз ичип кызышып,
Шабиет ойноп жатканда.
Кабар салбай, тил айтпай,
Аксакалдуу карысын
Ошо журттун баарысын,
Желмогуз уулу Сарыбай
Төбөсүнөн басыптыр.
Төрт түлүгүн чачыптыр,
Жаныбардын баарысын
Жадаалын салып кырыптыр,
Кабылышкан калыкка,
Бул өңдүү чырын кылыптыр.
Отун ойрон салыптыр,
Ордолуу журттун баарысын,
Ордунда карып кылыптыр.
Сары алтын, дүйнө, сансыз мал,
Олжо кылып туруптур.
Желбегей кийчү торко алып,
Жел жетпеген жорго алып,
Жетип бузуп, ордо алып,
Сарыбай уулу ал капыр
Ордо бузуп, мүлк алып,
Тийилбеген мал калбай,
Тиктебеген жан калбай,
Кыйырдууну кырыптыр,
Кыйланы мүшкүл кылыптыр.
Катын да алып, кыз да алып,
Калайыктын баарысын
Кара элечек кылыптыр
Жадаалды жаман баштаптыр,
Кол жеткендин баарысын
Жалмап ие таштаптыр.
Ал жеткенди аймаптыр,
Тушукканды соруптур,

www.bizdin.kg

Кутургур мындай болуптур.
Жаман мүшкүл салыптыр,
Сараңбай малы Желмаян
Эр жалгыз экен Чаңдаяк.
Эли-журтун жок кылып,
Олжо кылып алыптыр.
Олжолоп келген Чаңдаяк,
Жини кармап союптур.
Жел жетпеген кара нар
Олжо кылып миниптир.
Кабыланга каар чачып,
Казат кылып жүрүптүр.
Чоң мүшкүлдү салыптыр,
Кез болгонду талкалап,
Олжо кылып алыптыр.
Уламадан улаптыр,
Желмогуз уулу бул капыр,
Билгичтерден сураптыр.
Узун кулак карыдан,
Көп жашаган алыстан,
Көптү билген даанышман,
Ушулардан кеп угуп,
Алты атадан беркисин,
Желмогузун баш кылып,
Кан Манас сойду деп угуп,
Бурулушар көп издеп,
Мурунтан минтип көк издеп,
Белин бекем бууптур.
Бейжай мүшкүл тууптур,
Жети атаң кунун кууптур.
Уламадан кеп угуп,
Байгамбар баскан Бээжинди
Баркы келди деп угуп,
Искендер тийбес Бээжинди
Киши келди деп угуп,
Каарды катуу чачыптыр.
Капырындын эрдиги,
Селдей толуп ашыптыр.
Каарданып кутуруп,
Калайык кырып келиптир.
Минген малы Жоорукер
Жоорукерден айрылып,
Атасы өлгөн кишидей
Аябай бүгүн кайгырып,
Желмаян минип жетилип,
Билген чырын кылыптыр.
Айбанга чалыш ал доңуз,
Өз балбанын кылыптыр.
Өзүн өзү аябай,
Өлөмүн деп санабай,
Желмаян күлүк аты бар.
Он сегиз миң ааламды,
Апат кылар даты бар.
Кармашканда кан төгөт,
Капырындын салты бар.
Сыягы суук, заары күч,
Бөлөк жандан каары күч,
Кез болгонду кылат түз,
Келишсең жандан күдөр үз.
Сарыбай жаман жан экен,
Чын Кудайдын каары экен,
Чымырканса желмогуз
Ааламдык алы бар экен.
Ачууланып келгенде,
Чын дүмөктү баштаптыр.
Он эки дөөсүн бул капыр,
Такыр кырып таштаптыр.
Желмаяндан төө минип,
Майдан түздө бакырып,
Жекеге жалгыз келгин – деп,
Семетей, Сейтек, Күлчоро
Бул үчөөнү чакырып,
Бирөөң коюп миниң кел,
Жаманың коюп жакшың кел.
Найзага даңгыл ыктууң кел,
Бука моюн буура сан
Булкушса жанды куураткан,
Кайраты толук каның кел,
Калк калбастан баарың кел.
Түз эле найза сунчуң кел,

www.bizdin.kg

Таш жарылып күл болуп,
Талкандашып турчуң кел.
Эр кайраттуу шериң кел,
Акылың толук эриң кел.
Баарыласаң баарыла,
Байлап кырам багыңды,
Сындырамын шагыңды.
Калтырбаймын калкыңды,
Келтирем минтип баркыңды.
Чын кетирем алыңды,
Суудай төгөм каныңды.
Чыркыратам жаныңды,
Чын кетирем алыңды.
Кашыкча койбой каныңды.
Кетирбесем алыңды,
Ойрон кылам тагыңды,
Олжо кылып малыңды.
Талкан кылып калкыңды,
Кетирбесем ыркыңды,
Сарыбай болбой өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн,
Кутурган экен куу кыргыз
Кулжуңдаша көрөйүн.
Найзага даңгыл шер болсоң,
Манаска тукум сен болсоң,
Качкырак болот мунуңуз.
Болот айза зулпукор,
Чын катуулап сунуңуз,
Кагышты катуу кылыңыз.
Деген сөзгө көнгүн – деп,
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Майданга азыр келгин – деп,
Бир башында миң каныңы,
Бар болсо да өлдүң – деп,
Кайра келбес чын жайды,
Кабылды менден көрдүң – деп.
Күдөрү жинин какпасам,
Бейпай кылып бегиңди,
Суутайын демиңди,
Манастын уулу бадырек
Чыгарайын желиңди.
Өч алууга келгемин,
Кашыктап каныңы ичүүгө,
Как төбөндөн түшүүгө,
Кабылар бекен дегемин.
Издеген душман табылды,
Бек издеген душманым
Бет алдымдан кабылды.
Эр Сарыбай мен баатыр,
Кан ичүүгө камындым,
Калтырбаймын жаныңды» –
Деп, ошентип Сарыбай,
Желмаян оозун бурду эле.
Жекеге бириң чыккын – деп,
Желиккенден бакырып,
Майданга башка чакырып,
Көк темирди курчанып,
Каарланып кан төгүп,
Үксөйгөндөн саксайып,
Кулжуңдаган кутургур
Көп күркүрөп турду эле.
Капырдын каарын көргөндө,
Калк жанынан түңүлүп,
Эл башына күн түшүп,
Эр башына түн түшүп,
Эчен мүшкүл иш болду,
Чапчышып чама келалбай,
Желмогуз уулу капырды
Чабышып адам жеңалбай,
Чама чарчап, ал кетип,
Жаратканга зар этип,
Тозокко тууган капырдын
Толуп жини ашыптыр.
Кутургурдун кайраты,
Ай-ааламды басыптыр.
Чындап толкун күркүрөп,
Астына келген калың кол
Алапайын табалбай,
Качып турат дүркүрөп.
Желмогуз уулу капырдын

www.bizdin.kg

Тажаалдыгы билинип.
Бет алдына барган жан
Бейпай жандан түңүлүп.
Толкуп жини бөлүнүп,
Тозокунун колунан
Тоодой чокмор көрүнүп,
Каршы алдына барган жан
Кабыргасы сөгүлүп.
Желмогуз уулу ал капыр
Эки көздөн өрт күйүп,
Чокморунан чок чыгып,
Кайраты калың кутургур
Ай-ааламда жок чыгып,
Эң кайраты бир башка,
Азап салып куу башка,
Бүткөн адам уулунан
Жаралган экен көйкашка.
Түз майданда бакырып,
Кылымга кыргын салчудай,
Балбандарды чакырып,
Үтүрөйүп бөлүнүп,
Сыягы суук, заары күч,
Жолуң болгон бадырек
Ааламга салып чоң дүмөк,
Жолборстук сыны көрүнүп,
Каарын төгүп камынып,
Беттебей бенде күйүнүп,
Калк жанынан түңүлүп,
Катуу жаңжал, чоң мүшкүл
Желмогуз уулу салды – деп,
Кылмышы жок кыйланын
Кыргын кылып койду – деп,
Кызырдуу кыргыз уулуна
Бу бир кыйын мүшкүл болду – деп,
Каяша берген бир жан жок.
Эр кайраты таш жүрөк,
Эр Сарыбай баатырга
Беттеп чыккан бир жан жок.
Адамдын баары жыйылып,
Урушка даңгыл эрендер,
Сарыбай түрүн көргөндөр,
Уу ичкендей тыйылып,
Уй мүйүздөп жыйылып,
Баатырлар жини кагылып,
Азар түмөн калың кол
Каруусу толук капырга
Бок кылалбайт жабылып,
Катуу каарын баштаптыр,
Кайран жандан калың журт,
Күдөр үзүп таштаптыр.
Эр Семетей болбосо,
Айласын баатыр таппаса,
Астыртан жинин какпаса,
Кайра тартпас чын жайды
Каардыкта көрдүк – деп,
Калбай жаңгыз өлдүк – деп,
Көкжал согуш салбаса,
Керектүү чынар кайран журт,
Кейип-кепчип өлдүк – деп.
Калк чуркурап, чуу кылып,
Асман жарган дуу кылып,
Эл жанынан түңүлүп,
Акылы кетип антаңдап,
Шашып жүргөн эл да көп.
Көргүлүктү көргөн көп.
Баатырсынган эрлердин,
Каарданган капырдан
Жүрөгү түшүп өлгөн көп.
Калк жанынан түңүлүп,
Ал Сарыбай капырдан
Калкы качып буркурап,
Эр Семетей баатырга,
Арманын айтып чуркурап,
Түп атаңыз Түгөл кан
Түбүнөн Кыдыр даарыган.
Башка атаңдын баары кан,
Башынан Кыдыр даарыган.
Баатыр шердин тукуму,
Бул калайык башына
Баатыр Сарыбай мүшкүл жоо келди.

www.bizdin.kg

Адам уулу кутулгус,
Аябаган доо келди.
Кабылганды кайсады.
Кезиккенди кемирди.
Келген башка чоң мүшкүл,
Кыргын салды кыйлага.
Чакташып чама келбеди,
Чабышып бенде жеңбеди,
Тушукканды туурады.
Кез болгонду кемирди.
Маңдайлашып барганды,
Кымыздай канын шимирди.
Кызыталак чочконун
Кылчайгыс түрү билинди.
Жашылала буюмдун,
Жан-жагын көрсөк бөлүнбөйт.
Тажаалданса бул чочко,
Жан коёр түрү көрүнбөйт.
Кызыл-тазыл кырмызы,
Кыргагын чапсак бөлүнбөйт.
Кыргыздын тийсе колуна,
Кылчаяр түрү көрүнбөйт.
Опаат кылды чегинди,
Ойрон кылды элинди.
Кайсаңдатты калкыңды,
Катуу бузду наркыңды.
Маңдайлашып эр өлдү,
Өлбөй тирүү калган жан
Көп мүшкүлгө бөлүндү.
Кең дүйнөсү тар болду,
Келберсиген курган журт
Сарыбайга кар болду.
Алышкан менен ал жетпей,
Атыш кылса ок өтпөй,
Ойрондошсок билбеди,
Отко салсак күйбөдү,
Дайрага салсак батпады.
Бу кулжуңдаган кутургур
Кыргын кылды калкыңды.
Калк чуркурап күйүнүп,
Кадыр Алда кудурет
Кандай шумдук болду – деп,
Эл жанынан түңүлүп,
Эң бир мүшкүл, кыйын иш,
Уктаса келбейт кыйын иш,
Мүшкүл да экен, заар да экен,
Эрен экен, дос экен,
Манастын уулу Семетей
Баатыр элең, шер элең,
Айбатты арбын салыңыз,
Каарлуунун колунан
Азганакай журтуңу
Ажыратып алыңыз!
Калкы минтип турган соң,
Ошо кезде Семетей
Жарактын баарын жайланып,
Кайра жаачу булуттай,
Каары бетине айланып,
Ок өтпөгөн тон кийип,
Ардай Буурул ат минип,
Ак болоттон айза алып,
Бадана кийип балкылдап,
Ак келте жондо жаркылдап,
Артыла тууган кайран шер
Казат десе камынып,
Бир Кудайга жалынып,
Ардай болгон Буурулдун,
Тартып оозун бурганы.
Желмогуз уулу капырга,
Катуу казат кылганы.
Чын ажал жетсе өлүүгө,
Чымындай жанды берүүгө,
Катуу кармаш салууга,
Каарлуунун колунан,
Калың журтун азаптан,
Ажыратып калууга,
Калкы үчүн, эл үчүн,
Канды зарып кылууга,
Беттешкени Сарыбай
Бейжай душман мамындай.

www.bizdin.kg

Таш кайраттуу эр менен
Тартышып салыш кылганы,
Каарланып бөлүнүп,
Кара аскар тоодой көрүнүп,
Берен туулган көк жалдын
Белгилүүсү Сарыбай,
Айдап журтун буй кылып,
Берендиги момундай.
Алтын түркүк чатырга,
Каруусу толук капырга,
Тажаалдын кара көзүнө,
Мүшкүлдүүнүн өзүнө,
Каруусу толук балбанга,
Эрге жаңжал салганда.
Эр жоологон капырга,
Эми эсебин берүүгө,
Эрен чиркин аттанып,
Арсыландай таптанып,
Каарданып аттанып,
Туюкту бузуп жол салып,
Туюнган итке кол салып,
Абасы Манас айкөлдөн
Арта тууган эр Семең
Алышка кирди барбайып,
Буурулду санга бир салып,
Каарланып бакырып,
Манастап ураан чакырып.
Туюкту бузуп жол салып,
Турбай итке кол салып,
Беттеп найза сунушту,
Мунарык түздө урушту.
Өйүз-бүйүз турушуп,
Былчылдашып урушуп,
Найзанын баары быркырап,
Такыр сынып өттү эле
Ок өтпөгөн чопкуттан
Таза жери такыр жок,
Талкан болуп өттү эле.
Көргөн адам күйүнүп,
Жоо-жарактан кыл калбай,
Такыр кетти бөлүнүп.
Айбалталар быркырап,
Жазайыл сынып чыркырап,
Томуктай башы тутулуп.
Тондун баары тытылып,
Маңдайлашып жатышып,
Ардай болгон буурулдар
Тизеден жерге батышып,
Чалышы жаман күн болуп,
Асман ачык, жер бүркөк,
Жерден бир тал көрүнбөй,
Күнү-түнү тең болуп,
Жер үстү мунар чаң болуп,
Көргөндүн башы маң болуп,
Катуу жаңжал, чоң мүшкүл
Так ошондой күн болуп,
Катуу жаңжал чыр болуп,
Жер мунарып кан болуп,
Тирүүчүлүк жыргал күн,
Эл көрүүгө зар болуп,
Желмогуз уулу Сарыбай –
Мүшкүл жаңжал мамындай.
Күрөшкөн менен күч жетпей,
Алышкан менен ал жетпей,
Чапчышып чама келген жок.
Кайраты толук, заары күч,
Капырга чама келген жок.
Эр Семетей баатырдан,
Шай колдогон Чородон
Кармаш кылган калк өлгөн,
Канча түрдүү алп өлгөн.
Бет алышкан мерт болгон,
Ачуу толкуп, эс толгон.
Аягында Сарыбай
Азаптуу мүшкүл кез болгон.
Маңдайлашып турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Чабышып чама келген жок.
Талкалашып өлгөн жок,

www.bizdin.kg

Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок!
Желмаянга мал жетпей,
Сарыбайга ал жетпей,
Желмогуз уулу ал капыр
Жайдын күнү болгондо
Жалдуу байтал мингизбей,
Күздүн күнү болгондо
Куйруктуу козу жегизбей,
Элди тоого жайлатпай,
Эркин кулун байлатпай,
Эң мүшкүлдүү тажаал ит
Эгин-тегин айдатпай,
Мүшкүлдүү камоо кылыптыр,
Капырды кудай уруптур.
Жердин үстүн ачтырбай
Кочуштап үрөөн чачтырбай,
Койбой кордук салды эле.
Калк чуркурап өтө эле,
Журтка мүшкүл болду эми.
Тулпар тынбай жооруду,
Эл көңүлү ооруду.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Майлуу эттей тооруду.
Кармаш кылып калк өлүп,
Кабылып нечен алп өлүп,
Эрен өлүп, кан өлүп,
Беттешкендин баары өлүп,
Өөдө кылар жакшы өлүп,
Күңгө чапчу бакшы өлүп,
Толук балбан эр өлүп,
Өлбөй тирүү калган жан
Кыпкызыл канга бөлөнүп.
Кыйын мүшкүл, көргөн күн,
Кылымга келбейт мындай түн,
Чапчышып чама келбеди.
Чапчышып адам жеңе албай,
Катуу жини кармаса,
Тамды бузуп уратып,
Талдын баарын сулатып,
Кылчайбай кыргын салыптыр.
Бекти бейпай кылыптыр,
Беттешип Сейтек, Семетей,
Шай колдогон Күлчоро,
Айбан чалыш акмакка,
Ал жеталбай туруптур.
Кериштүү мүшкүл иш болуп,
Кез болгондор түз болуп,
Басташкан адам өлүптүр,
Кайра тартпас чын жайын
Канча адам көрүптүр.
Бейпай тартып кан өлүп,
Белгилүү нечен жан өлүп,
Желмогуз уулу капырдын
Эң кайраты билинип,
Элдин баары бүлүнүп,
Калк жанынан түңүлүп,
Катуу мүшкүл иш болуп,
Желмогуз уулу капырга
Селдей каптап кол жетпей,
Тажаалына көз жетпей,
Мылтык атса ок өтпөй,
Кармаш кылып ал жетпей,
Катуу жаңжал, чоң мүшкүл
Эрдигине көз жетпей,
Калыска турган кан өлүп,
Кармаш кылган жан өлүп,
Эр адам чуулап кырылып,
Эң бир мүшкүл күн болуп,
Ар бир мүшкүл өтүптүр,
Түпкө түгөл жетиптир.
Катуу заары ачылып,
Кайраты калкка чачылып,
Бербей турат кезекти,
Бет алганды талкалап,
Таап турат эсепти.
Чийип турат сызыкты,
Баштап турат бузукту.
Жасап турат чараны,
Кызырдуу кыргыз уулуна

www.bizdin.kg

Кылып турат балааны.
Көргөзүп турат чоңдукту
Кылып турат зордукту.
Желмогуз уулу Сарыбай –
Каарлуунун өзү экен,
Тажаалдын кара көзү экен,
Чын балакет өзү экен.
Наалыш кылды Семетей,
Арман кылды сабылып,
Жаратканга жалынып:
«Обол мурда бир Кудай
Капырды кырчу шер кылдың,
Телегейим тең кылдың.
Кыдыр Алла жараткан,
Сарыбайга ал жетпей,
Мынча неге кем кылдың.
Бээжинде эрди беш алдым,
Белгилүүгө чыр салдым.
Кас ажал жетип өлбөдүм,
Ай-ааламдын баарынан
Желмогуз уулу Сарыбай
Мындай тажаал көрбөдүм.
Желмогуз уулу бул капыр
Чапчышып чамам жетпеди,
Алышып чамам келбеди.
Сарыбай уулу капырга
Ааламдан артык эр кылдың,
Эрдигин эми көрөлү» –
Деп, ошентип Семетей,
Күлчоро менен Сейтекке
Катуу буйрук кылды эле.
«Эми бала, тууганым,
Кечээ перинин кызы Көкмончок
Мени жадаалдап байлап алганда,
Оң дубага салганда,
Кеткен экен алыбыз,
Азайган экен каныбыз.
Бузулган экен сөзүбүз,
Кароо болгон көзүбүз.
Чабал болгон алыбыз,
Чагынды болгон жаныбыз.
Балдар Кудай үчүн, мен үчүн,
Калың кыргыз эл үчүн
Кагышты катуу салгыла.
Калбай такыр калгыча,
Түсү суук кул менен
Түгөнүшүп калгыла!
Тагдыр жетсе өлгүлө,
Билги каран ит менен
Бет алышып көргүлө,
Кабыргасын сөккүлө,
Суудай канын төккүлө!
Кыйындап жаңжал кылгыла,
Бакырып айза сунгула,
А дүйнө кеткен айкөлдүн
Арбагына жалынып,
Бет алышып тургула,
Чын буйрукту көргүлө!
Эр айзадан өлбөйбү,
Эл өз күнүн көрбөйбү,
Кечээ Күлчоро, сени тууганда,
Тоюна токсон сойгонбуз,
Атыңды чоро койгонбуз.
Казы кертип жедирдим,
Аргын менен кыргызга
Качан балан дедирдим?
Энем Каныкейдин эмчегин
Тең бөлдүрүп эмиздим.
Көй душмандын баарына
Качан балаң дедирдим?
Бир төшөккө жатыштык,
Кунан тайдай тебишип,
Биригип эмчек эмишип,
Жоону бирге жоолашып,
Белгилүү жерден белди алдык,
Бейпайлууга кол салдык.
Белди бекем бууганбыз,
Бейжай кара кытайдын
Кыйындарын кырганбыз.
Мында өлбөгөн кайран жан,

www.bizdin.kg

Каруусу толук капырдан,
Тагдыр жетсе өлөбүз.
Кайра тартпас чын жайды
Жазса Кудай көрөрбүз.
Эр ажалдан өлбөйбү,
Жараткан берген буйрукту
Чын башка түшсө көнбөйбү?
Сен экөөбүз биригип,
Ак марал кууп уй кылдык,
Ай-ааламды буй кылдык.
Кытайды чаап олжо алдык,
Кылым журтка кол салдык.
Ээ бир кыйын шерди алдык,
Ташты чаап, жар кылдык,
Далай жерди көр кылдык.
Жаралганда журт кайсап,
Ай-ааламга зор болдук,
Желмогуз уулу капырга
Андан кийин кор болдук.
Белгилүү баш барында,
Өкүмсүнгөн доңуздун
Кебине кантип көнөбүз?
Кызыр чалган кайран журт
Тирүүлөй кантип беребиз?
Канзааданын жалгызы
Кайратсыз болгон оңобу?
Калың журттан ажырап,
Каңгырап калган оңобу?
Бекзааданын жалгызы,
Бели бош болгон болобу?
Каардуу душман Сарыбай –
Каардуу душман мамындай.
Бу жалганчы дүйнөдөн
Эрдик кылып өткүлө.
Эңкейип белиң бошосо,
Бу дүйнөдөн кеткиле!
Кылчактабай жалгызың,
Кыргын болуп өткүлө!
Беттешкен жоону алгыла,
Сарыбай турмак ааламга
Бир кыргынды салгыла.
Бет алышып турушуп,
Маңдайлашып урушуп,
Кан төгүлүп жутулсун,
Тондун баары тытылсын!
Өкүмсүнгөн өлгүрдүн
Чаркына кантип көнөбүз,
Атадан калган артык эл
Айбанга чалыш доңузга
Кайсы бет менен беребиз?
Берен элек, эр элек,
Шай колдогон шер элек,
Копшолгон болот ок элек,
Душманды өрттөр чок элек.
Кызыр чалган шер элек,
Ай-ааламды буй кылган
Кабылан айкөл эр элек.
Эрзааданын дал өзү,
Эңкейип кеткен оңобу?
Кабыландын өз көзү
Жоого алдырган болобу?
Жаралган Манас кабылан,
Зордугу тоонун теңиндей.
Манастан туулган бадырек
Желмогуз уулу капырга,
Алдырып ийди дедирбей,
Туубай туна чөгөлү,
Тирүү жүрбөй өлөлү!
Кайра келбес чын жайды,
Кааласа Кудай көрөлү,
Кармаш кылып өлөлү!
Бабаң Манас шер үчүн,
Башалуу кыргыз эл үчүн,
Намыс үчүн, эл үчүн,
Кызыкка кымбат жеткиле.
Кылча калбай жалгызың,
Кыргын болуп кеткиле!
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын гүлү учкуча,
Кесилген куйрук өскүчө,

www.bizdin.kg

Жыл бөксөрүп жеткиче,
Айлап, жылдап алгыла,
Аябай кыргын салгыла!»
Манастын уулу эр көкжал
Шер ушундай деген соң,
Катуу буйрук баштады.
Кылча калбай жалгызы,
Кырылып кете таштады.
Аксакалдуу баарысы,
Аксакалдуу карысы,
Айбаты кымбат, заары күч,
Кабылганды кылчу түз.
Катуулап каары кармаса,
Кетти деп жандан күдөр үз».
Баатыр тууган көкжалдын
Бул кайратын укканда,
Мына ошондо Күлчоро –
Семетей уулу эр Сейтек,
Атасы баатыр айтканын
Азыр турат эп көрүп.
Жергеден тулпар минишип,
Жебелүү айза алышып,
Жаа пирим! – деп салышып,
Жаман жаңжал болду эле.
Эрен өлүп, кан өлүп,
Эр кайраттын баары өлүп,
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Жаанын огу дыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлүп шыркырап,
Кемегедей бир жерди
Кесе чаап оюшуп,
Кете берген бир жанды
Кепини ушул болсун – деп,
Кийими менен коюшуп,
Катуу жаңжал болушуп,
Түзөңдүн баары чаң болуп,
Колоттун баары кан болуп,
Чыдай албай кара жер
Кемер болуп оюлуп,
Ойдун баары чаң болуп,
Баштын баары маң болуп,
Баштын баары жутулуп,
Тондун баары тытылып,
Азаптуу бенде тутулуп.
Ажалы жок азамат,
Араң качып кутулуп.
Эл чуркурап күйүнүп,
Эсил жандын баарысы
Эми жандан түңүлүп.
Канча балбан алп өлүп,
Албан түрдүү калк өлүп,
Эренсиген жан өлүп,
Эс билгендин баары өлүп,
Желмогуз уулу Сарыбай
Эң кайраты мамындай.
Каруусу толук капырың,
Желмогуз уулу баатырың,
Акыр-такыр мүшкүлдү
Салып турат, Сарыбай,
Беттешкенди буй кылып
Алып турат, Сарыбай,
Мүшкүл каардын баарысын
Салып турат, Сарыбай.
Беттешкенди жоготуп,
Утуп турат, Сарыбай.
Бейпайлуу башка мүшкүлдү
Салып турат, Сарыбай.
Беттешкенди мерт кылып
Алып турат, Сарыбай.
Кабылганды күч кылып
Төгүп турат, Сарыбай.
Кез болгонду кемирип
Сөгүп турат, Сарыбай.
Кабылгандын кандарын
Төгүп турат, Сарыбай.
Чатак-жаңжал мүшкүлү
Ашып турат, Сарыбай.

www.bizdin.kg

Ашуунун толкун суусундай
Ташып турат, Сарыбай.
Ай-ааламдын баарысын
Басып турат, Сарыбай.
Желмогуз уулу капырдын
Тажаалдыгы билинди.
Калк чуркурап, эл ыйлап,
Кайран кандан түңүлдү.
Калык минтип турганда,
Кула керчен эр Сейтек:
«Өлбөй тирүү жүргөндө,
Не мураска жетейин.
Кылча жаным калбастан,
Кыргын болуп кетейин» –
Деп, ошентип баатырың
Туюк жолго жол салып,
Турбай беттеп, кол салып,
Айкырыгы таш жарып,
Эр кайраты баш жарып,
Кирпик жайнап, чок болуп,
Кишиде мындай жок болуп,
Жоо кайраттуу кайран шер
Кагышканы ошо жер.
Кыны жок кылыч байланып,
Ата кызырдуу эрдин тукуму,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып,
Арсылан сындуу кайран көз,
Аркы-терки көрүнүп,
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш,
Тиштеп алса тим эле,
Таруудайдан бөлүнүп,
Абаласа эр Сейтек,
Алты сан колдой көрүнүп,
Кер тулпар оозун бурду эле.
Желмогуз уулу капырды,
Тоо жоголгон урчукка,
Томурайган тумшукка,
Келиштирип эр Сейтек
Кыска кармап сыр найза
Желмаян минген капырды,
Качырып барып урду эле.
Найза сынды быркырап,
Тон айрылды бырпырап,
Жан-жаныбар калайык
Сейтекти Кудай сакта – деп,
Ыйлап турду буркурап.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Зың-зың этип кенебейт.
Баатыр Сейтек сайганда,
Бучкагына теңебейт.
Өөдө-төмөн карабайт,
Өлөмүн деп санабайт.
Маңдайлашып турушуп,
Былчылдашып урушуп,
Жети күнү аралап,
Сейтек чыкты кан болуп,
Жети жерден жаралап.
Сейтек минтип турганда,
Шай колдогон Күлчоро
Баабедин деп бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Туюкту бузуп жол салып,
Туурасынан кол салып,
Андай, мындай дегиче,
Ачып көздү-жумганча.
Шамдагайы болжолсуз,
Жебеден мурун жетти эле.
Кайраты толук капырды,
Кан Сарыбай баатырды,
Туулган заман акырды,
«Эр Манас» – деп үн салып,
Сарыбайга кол салып,
Кезектешип турушуп,
Кеп кылбай нечен урушуп,
Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Жатып жамбаш тындырбай,
Жантайып уйку кандырбай,

www.bizdin.kg

Жаман уруш болду эле.
Балталашып чабышып,
Түп этектен алышып,
Оңой эмес бу жаңжал
Оодарышмай салышып,
Жакалашып тартышып,
Желмаяндай тулпарлар
Бөксөдөн жерге батышып,
Маңдайлашып барышып,
Чоюнбаш менен салышып,
Чоюнбаштан чок чыгып,
Көк темирден туулга
Көргөн жерде от чыгып,
Маңдайлашып салышып,
Жан аябай калышып.
Жаман мүшкүл иш болуп,
Жапалуу жанга күч келип,
Жаман согуш болушту.
Мыктап айза салышып,
Былчылдашып калышып,
Жети күн тынбай аралап,
Жеткилең уруш болуптур.
Эр кайраты көрүнүп,
Оодарышса ок өтпөс
Кат-катынан бөлүндү.
Талкан болуп турушуп,
Талыкпай нечен урушуп,
Кирпик турат чаң болуп,
Бүткөн бойдун баарысы
Былкылдабай кан болуп,
Коюнга кара кан толуп,
Кызмат кылчу эки кол
Өөдө болбой шал болуп,
Тирүүлүк сүйчү кайран баш
Кызыл челек кан болуп,
Опосу жок бу дүйнө
Бир көрүүгө зар болуп.
Тогуз күнү аралап,
Күлчоро чыкты кайран эр
Токсон жерден жара жеп,
Эр кайраты билинип,
Жан-жаныбар макулук
Көргөнү жандан түңүлүп.
Ошондо Семетейдин Айчүрөк
Чымындай жаны чыркырап,
Сай-сөөгү быркырап,
Агарып өңү суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Омуроо ылдый куюлуп,
Чымындай жаны буркурап,
Сай-сөөгү быркырап.
Бөдөнөдөй кайран көз
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Карагаттай кайран көз,
Камчы бою жаш кетип,
Чыңырып ыйлап чыркырап,
Чыны менен буркурап.
Көңүлү сайлап бөлүнүп,
Көрсөң дүмөк мүшкүл иш
Төбөсүндө көрүнүп,
Чымындай жаны чыркырап,
Сай-сөөгү быркырап.
Көңүл чөгөт сабылып,
Бу жалганчы дүйнөгө
Чыны менен таарынып,
Ай менен Күн экөөнү
Айланайын бир Кудай,
Асмандата жараттың.
Желмогуз уулу капырдын
Айланайын кудурет,
Мынча не көзүн караттың.
Капчыгайды жол кылдың,
Канзааданы кор кылдың,
Ал аскар тоону бас кылдың,
Желмогуз уулу капырды
Мынча неге кас кылдың.
Тажаалдын уулу Сарыбай,
Мүшкүлдүү каары мамындай.
Бул мүшкүлдүн айынан,
Ат бороюн сыдырдым.

www.bizdin.kg

Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айлана кыдырдым.
Мединенин беш бурчун,
Беш айлана кыдырып,
Чынар боюм бас кылып,
Кызыл өңүм саз кылып,
Кереметтен билип күйүнүп,
Ак куу кебин кийинип,
Дүнүйөнү сыдырып,
Ай-ааламды кыдырып,
Кайыпчал кызы Куялы
Балбандыгы башкача,
Баатырлыгы бир канча.
Кайыпчалдан бата алган,
Кыз арстан атанган.
Он бешинде оюлган,
Бет алышкан далай алп,
Кез болгондо союлган.
Жээк мазарды жердеген,
Өнөгүн жанга бербеген.
Бет алышып келген жан,
Беттеп душман жеңбеген.
Кабылганды кайсаган,
Кез болгонду кемирген.
Жоо дегенде сүйүнгөн,
Жоо кийимин кийинген.
Бет алып бенде келбеген,
Мазардууда туулган,
Ааламга салган чуулган.
Айбаты артык күч болгон,
Алышкан адам түз болгон.
Асмандан жылдыз козголгон,
Жеңең Чүрөк кыз кезде,
Жетимиш сапар дос болгон.
Бирге жоого киргени,
Бир адамга тийгени,
Көп кызыкка батышып,
Бир төшөккө жатышып,
Артык Чүрөк күң менен,
Талас бойлой конгону.
Ордо күтүп, калк ээлеп,
Эже-синди болгону.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Күрөштү күндө салганы.
Манастын уулу баатырды,
Күйөө кылып алганы.
Бир кызыкка батканы,
Бир төшөккө жатканы.
Күндүз жүрсө күлкү албай,
Түн ичинде уйку албай,
Эр Семетей канкорго
Ашык болуп ал долу,
Эбедейи эзилип,
Эт тырмагы созулуп,
Чымындай жаны чыркырап,
Сай-сөөгү быркырап,
Манастын уулу көкжалды
Көзүн ачып көргүчө.
Көрүп алып ал бейбак
Кумары таркап өлүүгө,
Ашык болуп аңкаптыр,
Куштар болуп куруптур.
Курган төрөң өзүнө
Кумар болуп жүрүптүр.
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Киемин деп келиптир.
Манастын уулу баатырга
Тиейин деп келиптир.
Урушары Сарыбай,
Кыз тилеги мамындай,
Бет алганы Семетей.
Белин бүктөп койсом – деп,
Кылча койбой бир жанын
Кыргын кылып сойсом – деп,
Жаккан отун өчүрүп,
Бу дүйнөдөн көчүрүп,
Бүктөп белин койсом – деп,
Терең көрүн ойсом – деп,
Тындым кылып койсом – деп,

www.bizdin.kg

Азаптуу каар, мүшкүлдөн
Ажыратып алууга,
Куялы болбой жээлигип,
Куп кутуруп ээлигип,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Кагышып кесер баш таппай,
Тиштерине таш таппай,
Эрте сөзү кеч болуп,
Желмогуз уулу капырга
Бир беттешип калууга,
Эки көзү төрт болуп,
Ат арытып, жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Ат бороюн сыдырып,
Он сегиз миң ааламды
Тегиз койбой кыдырып,
Сулуулугу бир башка,
Баатырдыгы бир канча,
Кыздан балбан шер экен.
Такыянын кырбуусу,
Он эки карыш сере экен.
Ат көтөргүс алп экен.
Алда Таала бир Кудай
Бир жараткан калк экен.
Каалаганы Семетей
Семетейге тийсем – деп,
Эбедейи эзилип,
Эт тырмагы созулуп,
Каалаганы Семетей
Көзүм менен көрсөм – деп,
Көрүп алып өлсөм – деп,
Кадырман кайран жанымды
Семетейге берсем – деп,
Самап жүргөн кези экен.
Келген экен желигип,
Кең дүнүйө тар болуп,
Эрге тийбей кар болуп.
Эр Семетей дегенде,
Умачтай уйку ачылып,
Күйүккөн жүрөк басылып,
Күптү оңой жазылып,
Чын эр эле алар – деп,
Байкап көзүн салар – деп,
Кыздын жайы ушундай.
Шекерди көр, сөзүн көр,
Ботону көр, көзүн көр,
Бой келбети чынардай.
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Маанисин көрсөң мындай эр.
Кайыптын кызы долунун
Карасаң, дүйнө жалган күн,
Кыз кыялдуу балбандын
Айдын жарык түнүн көр,
Чынардын кооз гүлүн көр,
Ботону көр, көзүн көр,
Болжолун көр, өзүн көр.
Көз үстүндө кара каш,
Болжолдоп адам чийгендей.
Кабарын уккан не бир жан
Чок болуп жанып күйгөндөй.
Бу дүнүйө соодагер –
Алакчы дүйнө оңбо – деп,
Адамзат бендеси
Арман кылып жүргүдөй.
Беризаада бейтаалай,
Бек ажары ушундай.
Кара жерге кар тамса,
Кардан аппак этин көр.
Ошо кардуу жерге кан тамса,
Кандан кызыл бетин көр.
Беризаттай мелтиреп,
Айчүрөк алып кезигип,
Адамзаты менденин
Азат бою эзилип,
Кайыпчал кызы Куялы –
Кадимки Кара-Шаарындай,
Карасаң түрү мамындай.
Кааданын Кадыр түнү ошол,

www.bizdin.kg

Кереметтүү эң балбан –
Жаралган жандын бири ошол.
Желжетпес тулпар ат минип,
Кыл куйругун чарт түйүп,
Көк аска тоодой көрүнүп,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Көлөмү көркөм, өзү шер,
Желмогуз уулу Сарыбай
Кагышары ошол эр.
Тийүүчүсү Семетей,
Тикенеги Сарыбай,
Урушчу жоосу мамындай.
Мына ошондо Айчүрөк,
Каарланып сабылып,
Кызырдуу эрге табылып,
Кечээ желмогуз уулу Сарыбай
Дүмөктүү эрге кабылып,
Калың заарын чачыптыр.
Төрөсүнгөн көкжалдын,
Төрүнө кудук казыптыр.
Эрендерин кырыптыр,
Эс билгендин баарысын
Сасык камал кылыптыр.
Алышып жүрүп чочкого,
Адам алы жеталбай,
Арстан тиши өталбай,
Чама чарчап, ал кетип,
Чыр орун салып күйүнүп,
Чын жанынан түңүлүп,
Айза сынып быркырап,
Адамдын баары тукурап,
Каза жетип кан өлүп,
Кармашкан жандын баары өлүп,
Калың тажаал мүшкүл иш
Кара болбойт ушул иш.
Кең капчыгай жол болуп,
Манастын уулу эр көкжал
Сарыбайга кор болуп,
Желмогуз уулу кутургур
Таласты камап зор болуп,
Кармашарга ал калбай,
Тамчылап агар кан калбай,
Катуу кармар жол калбай,
Таласты жөөлөп аралап,
Беттешкенди жаралап,
Катуу жаңжал кылды эле,
Желмогуз уулу Сарыбай
Капырды Кудай урду эми.
Күч-кубаты күркүрөп,
Ашып кетип баратат.
Ар кадам сайын кутургур,
Ташып кетип баратат.
Далай жандын көңүлүн,
Басып кетип баратат.
Катуу кармаш баштады,
Кайран жандан калайык
Чын түңүлүп таштады.
Калк чуркурап турганда,
Айчүрөк сөздү баштады:
«Атаа, күмүш көздүү, күн жүздүү,
Күркүрөгөн султаным.
Башкы атаңдын баары кан,
Башынан Кыдыр даарыган.
Баатыр шердин тукуму,
Сарыбай өңдүү жан келди,
Калың журтка заар келди.
Кулан кууп, жеп келди,
Кез болгондун баарысын
Кыргын кылам деп келди.
Желмогуз улуу Сарыбай
Кылмак болду жергеңи,
Кыргын кылды элиңи
Катуу заар, күч кылды.
Катылганды түз кылды.
Заарды мүшкүл баштады,
Беттешкендин баарысын
Бейпайлап кырып таштады.
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Акун кызы Айчүрөк
Албан түрдүү кеп баштап,

www.bizdin.kg

Чыңырып ыйлап сабылып,
Чын корккону Сарыбай,
Семетейге жалынып:
«Күркүрөгөн кабылан,
Күнүм, сизге жалынам!
Кенедейден кезигип,
Бармактайдан баш коштук.
Арман айтам билип ал,
Көкжал баатыр тилимди ал!
Бу желмогуз уулу Сарыбай,
Жаралган мүшкүл өзү экен,
Кара тажаал көзү экен.
Боз адырлуу кыяга
Болжобой чыгар тоо эмес,
Кара тажаал соо эмес.
Кармашып атып кан кетти,
Канча мүшкүл күн өттү.
Белгилүү жаңжал баштады,
Канча кандын баарысын
Калтырбай кырып таштады.
Чапчышып чама келген жок,
Чабышып адам берген жок.
Эңкейтип менде алабы,
Беттешкен тирүү калабы.
Сарыбай салды балааны,
Салыштан адам калабы.
Даанышмандан кан өлдү,
Кезиккендин баары өлдү,
Албан түрдүү жан өлүп.
Алышкан жандын баары өлүп,
Эрендин деми басылып,
Эчендин каны чачылып,
Бел байлаган бел өлүп,
Кылмышсыз кыйла шер өлүп,
Кыл алдуунун теңи өлүп,
Каруусу тегиз капырдан,
Чакташып чамаа келалбай,
Чабышып кыйла жеңалбай,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Чачып турат заарын.
Журтка төктү кутургур,
Мүшкүлдүү дүмөк каарын.
Айтканым ушул билип ал,
Кайыпчал кызы Куялы –
Жан бирге достум тилимди ал.
Желмогуз уулу капырга,
Жер куруткан капырга,
Мүшкүлдүн кара көзүнө,
Чын балакет өзүнө,
Канга тойбос жакырга,
Калк бүлдүргөн капырга,
Кара тажаал өзүнө,
Эл бүлдүргөн бөрүгө,
Кудай үчүн, мен үчүн,
Капкалуу журт эл үчүн,
Эр Семетей шер үчүн,
Бир байкап жаңжал салыңыз.
Балаанын мүшкүл каарынан,
Кутурган иттин заарынан,
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Ажыратып калыңыз!
Куялы жоону жеңди – деп,
Бир атакты алыңыз!
Ак калпак кыргыз кайран журт,
Эндиретпей элиңди,
Сындырбастан белиңди,
Ажыратып алыңыз.
Азаптын күйгөн чогунан,
Кутургурдун торунан,
Мүшкүлдүн дүмөк огунан,
Ажыратып калыңыз.
Балбан да элең, эр да элең,
Арка кылган сен элең.
Алтымыш күнү жол тартып,
Алып келген Айчүрөк,
Ошо катын мен элем,
Досчулугуң чын болсо,
Өчкөн отту тамызчы,
Өлгөн жанды тиргизчи.
Үзүлмөк болдук улачы,

www.bizdin.kg

Чачылмак болдук жыйначы.
Чама чарчап, ал кетти,
Досчулугуң чын болсо,
Урушарың Сарыбай
Уруш кылбай турбачы.
Бала кыял уз кезде,
Ойноп жүргөн кыз кезде,
Ободон жылдыз боз болдук,
О дүйнөлүк дос болдук.
Ак буудайдын унундай,
Жуурулушуп калганбыз.
Ак бөкөндүн кылындай,
Суурулушуп калганбыз.
Тапканыбыз жыйгандаш,
Өлүп калсак ыймандаш.
Сырттан сылык кериним,
Таңды макшар күнүндө,
Айтылган мыш-мыш чын болсо,
Ажайып талак күнөөнү
Тартышып алар шеригим.
Досчулугуң чын болсо,
Айылыбыз бирге иргелеш,
Ажал орток биргелеш,
Алыс жүрсө чаң бирге,
Атышка кирсе жан бирге,
Коюбуз бирге короолош,
Ашыбыз бирге жоролош.
Дүнүйөбүз жыйгандаш,
Өлүм орток ыймандаш.
Биттей кезде бириккен,
Тең өсүшкөн курбалдаш.
Акылкеч элек, бирге элек,
Ак жылкыдан боз элек,
А дүйнөлүк дос элек.
Айтканым ушул билип ал.
Кайыпчал кызы Куялы,
Досум элең, тилимди ал!
Атышты арбын салыңыз,
Келген ажал огунан,
Кутургурдун торунан,
Кара тажаал колунан,
Казылган чуңкур орунан,
Балаалуу душман колунан,
Атышты арбын салыңыз.
Ажалдуу мүшкүл капырдан,
Ажыратып калыңыз» –
Деп, ошондой деген соң,
Кайыпчал кызы Куялы
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Куялы балбан кеп баштап:
«Кечээ мен Куялы болгону,
Куялы атка конгону.
Мен ашпаган бел калбай,
Мен кол салбас эр калбай,
Кечээ урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Олоңдой болгон кайран чач
Төбөгө кынап түйгөмүн.
Ай-ааламды буй кылып,
Жаныман кечип жүргөмүн.
Маралдай болуп торолуп,
Айзакерден зор болуп,
Ай-аалам күткөн зор болуп,
Эрен болуп турганда,
Эчен жаңжал, чоң казат
Жер үстүнө кылганда,
Эр экеним билинип,
Чыканактап тынч алып,
Чырым этип уйку алып,
Уйкуга көзүм илинсе,
Болумдуу мүшкүл убара
Бет алдыман кезикти,
Ак сакалчан дубана.
Дубана айтты бир сөздү,
Көөдөнгө салды кир сөздү:
«Айтканым мындай билип ал,
Азыр кызым, тилимди ал.
Ургаачы арстан шер элең,
Алда Таала Кудайдан
Тилегеним сен элең.

www.bizdin.kg

Айтканым ушул билип ал,
Ургаачы арстан, тилимди ал.
Түркүгү алтын чатыр бар,
Кара көкжал кабылан
Манастын уулу баатыр бар.
Бу жалганчы дүйнөдө
Жаралган жалгыз бирөө бар,
Ал – арстан, сен – арстан
Келүүчү кепте жүйө бар.
Кайыпчалдын балбан кыз,
Манастын уулу Семетей
Сен тийүүчү күйөө бар.
Манастын уулу ал канкор –
Кебетеси-келбети,
Телегейи теңдиги,
Шай колдогон шердиги,
Жан жаралган эрдиги,
Телегейи тең эле,
Шай колдогон шер эле.
Ичин карап олтурсаң,
Жер жүзүнөн кең эле.
Боору кара, сырты көк,
Кирпиги жалын, көзү чок,
Кишиден андай шумдук жок.
Мурутунун бир кылы,
Букардыктын шабындай,
Оозунан чыккан илеби,
Көөрүктөн чыккан жалындай,
Көрсөң түрү мамындай.
Атасынан бабасы,
Артыктыгын карачы.
Телегейи тең ошол,
Жан жаралган мендеден,
Жаралып келген менде ошол.
Белгилүү ошол, бел ошол,
Кошулчу болсоң тең ошол,
Сен тийүүчү эр ошол.
Ага барып сен тийсең,
Кайыпчал кызы Куялы
Жолдош болуп бир жүрсөң,
Он сегиз миң ааламда
Жан жаралган балбанда,
Каттап адам келеби,
Кармашып душман жеңеби?
Бармактуу киши батабы,
Баатырсынган тиеби,
Бастырып душман келеби?
Калың кытай каптаса,
Какан журту каптаса,
Кармашып душман силерге
Кармаш кылып жеңеби,
Каттап адам келеби?
Ушундай сенин жүйөң – деп,
Артык баатыр, ал султан
Семетей сенин күйөөң – деп,
Тийүүчү болсоң теңиң – деп,
Ооруган жериң басуучу,
Умачтай көзүң ачуучу,
Жети күндүк жалганда
Кумарыңды ачуучу,
Өзүңө курбу теңиңиз,
Манастын уулу эр султан
Тие турган эриңиз.
Түпкү жайын сураба,
Түп атасы Түгөл кан,
Түбүнөн Кыдыр даарыган.
Каяша берген оңбогон,
Жол Баабедин колдогон.
Башкы атанын баары кан,
Башынан Кыдыр даарыган.
Себили сексен төрт болгон,
Серп алган жагы өрт болгон.
Ач арстандай комдонгон,
Катуу мүшкүл салат – деп
Тиги Какандын журту ойгонгон.
Берен кандын тукуму,
Беттеп менде келбеген,
Аны бет алып душман жеңбеген.
Берендин кара көзү ошол,
Кошула турган теңиң – деп,

www.bizdin.kg

Сени алуучу эриң – деп,
Айткан ушул билгин – деп,
Ат арытып, жер чалып,
Айза имерип, жоо жоолап,
Каалап барып тийгин» – деп,
Кадырманың муну айткан,
Болот темир көргөнүм,
Түшүмдө ашык болгонум.
Күндүз жүрсө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Эбедейим эзилип,
Эт жүрөгүм созулуп,
Чымындай жаным чыркырап,
Сай-сөөгүм быркырап,
Эрте ойлогон кеч болуп,
Эр баатырды көрсөм – деп,
Эки көзүм төрт болуп,
Түн уктабай ойгонуп,
Чын делебем козголуп,
Эрте айтканым кеч болуп,
Баатыр, сизди көргүчө,
Эки көзүм төрт болуп.
Ат бороюн сыдырып,
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айлана кыдырып,
Белгилүү жерден жер издеп,
Береним сендей эр издеп,
Бек кумар болуп келгемин.
Эңишерим Сарыбай,
Эстеп келдим көкжалды.
Кармашарым Сарыбай,
Мен каалап келдим баатырды,
Эр көкжалга тийсем – деп,
Чымындай жаным чыркырап,
Сай-сөөгүм быркырап,
Көңүл кетип бөлүнүп,
Көздөн жашым төгүлүп,
Албан түрлүү түш көрүп,
Азаптуу мүшкүл иш көрүп,
Кашыкча калып каныбыз.
Канкор шер кулак салыңыз,
Каалап бизди алыңыз.
Кармап токсон той союп,
Дүнүйөнү тең коюп,
Айчыгы алтын туу кылып,
Кырымга кыргын салды – деп,
Кыз балбанды Семетей
Колукту кылып алды – деп,
Калкы дүрбөп, журт уксун,
Канкордугуң билинсин,
Калайык-журт сүйүнсүн.
Убада ушул туруңуз,
Азыр нике кыйыңыз,
Башка жоолук салыңыз.
Адал жарым ушу – деп,
Нике кыйып алыңыз.
Баатыр шердин тукуму,
Байкап бизди алыңыз.
Айткан кебим билип ал,
Арстан айкөл, тилимди ал.
Тил албасаң кокустан,
Теңге албай койсоң кокустан.
Кундуздай болгон кайран чач,
Беш салаалап өрөмүн,
Ажалдан мурун өлөмүн.
Талак кылып дүйнөнү,
Жашап жүрүп нетейин.
Бу дүйнөдөн кетейин,
Жарыкчылык дүйнөнү
Күткөн менен нетейин.
Кызыталак жалганчы,
Артка таштап кетемин.
Айтканым ушул билип ал,
Арстан канкор тилимди ал.
Каалап тилим алсаңыз,
Убадага турамын.
Ушундай кызмат кыламын,
Үзүлгөнүн улаймын.
Чачылганын жыйнаймын,
Бекерге карап турбаймын,

www.bizdin.kg

Болот найза боолаймын.
Беттешкениң Сарыбай,
Мүшкүлдүү душман мамындай,
Бет алышып жоолаймын.
Желмогуз уулу капырды,
Эл бүлдүргөн жакырды.
Буруп айза сундурбайм,
Бу дүйнөгө тургузбайм.
Желжетпес күрөң малым бар,
Желмогуз уулу капырды,
Сайышса сөгөр алым бар.
Мындан мурун далай жыл,
Жер ортосу Даңдуң-Тоо,
Даңдуң-Тоодо салышып,
Бир дүмөктү, балааны
Сала турган болгомун.
Каары кабат мүшкүлдү
Сала турган болгомун.
Айтышып жеңген ооз ушул,
Алыштан жеңген кол ушул,
Ал Сарыбай эр ошол,
Сайыш кылган мен ошол.
Кыйырына кыргын салгамын,
Мындан мурун нечен жыл,
Чаркы канча билгемин.
Желмогуздун жылкысын,
Жети жол катар тийгемин.
Дүнүйөсүн чачкамын,
Ордонун оозун ачкамын.
Кыйырына кыргын салгамын,
Канча мүлкүн алгамын.
Боз адырмак тумшукту,
Болжошуп ашкан тоо ошол.
Желмогуз уулу Сарыбай
Алыша жүргөн жоо ошол.
Кан төгүшүп, баш кескен,
Эр Куялы мен ошол.
Мунума кулак салсаңыз,
Нике кыйып, баш байлап,
Жупту кылып алсаңыз.
Бек душманың Сарыбай,
Береним, төрөм, көзүнчө
Беттешсем канын чачамын.
Койгулашып урушуп,
Төбөсүнөн басамын.
Кабыргасын сөгөмүн,
Кармашса канын төгөмүн.
Каардуу эсебин табамын,
Каарланып какайсам,
Каражолтой доңуздун
Капкайда жинин кагамын.
Курутуп өзүн соёмун,
Кызырканып чабыштан
Кузгундай көзүн оёмун.
Кармап белин бүктөймүн,
Кара нарга жүктөймүн.
Жылан сындуу жанчамын,
Капкайда жинин басамын.
Каарым келсе капырга,
Каардуу найза сунамын».
Канкорум тилге кирер – деп,
Муңумду чогуу билер – деп.
Кайыпчал кызы Куялы
Дарыя көрүп бүт чечип,
Анан сууга кирер – деп,
Акыр-такыр иш кылып,
Бүлүктү анан саламын.
«Калдайган калың калкыңды,
Карасаң ажал огунан,
Каардуу иттин чогунан,
Казып койгон орунан,
Кайнатып койгон шорунан.
Булкунсаң үзүп чыгалгыс
Кара тажаал торунан,
Ажыратып калкты алам,
Сарыбайдын колунан.
Ак селдеси казандай,
Бакырса үнү азандай,
Кожо, молдо жыйыңыз,
Бизге нике кыйыңыз.

www.bizdin.kg

Адалдап башты алыңыз,
Сөзгө кулак салыңыз.
Тескери моюн бурбаңыз,
Кайнап келген жүрөктү,
Сурап келген тилекти,
Суу сепкендей кылбаңыз!
Эл кадырын билиңиз,
Оржоңдогон кокуй күн,
Оройлук болот мунуңуз.
Зарланган кептен угуңуз,
Убадага туруңуз!
Артык шердин тукуму,
Серүүн кылба сөзүмдү,
Шерменде кылба өзүмдү.
Белгисиз кылба сөзүмдү,
Бейпай кылба өзүмдү.
Чунак жан кайгы жебейби,
Чуулгандуу ой, канкор,
Чуркап барса бейбакты
Албай койду дебейби».
Кыз балбан мындай деген соң –
Карыган Бакай карысы,
Калың журттун баарысы,
Акылга дыйкан эрени,
Күлчоро, Сейтек берени,
Улукманы, карысы,
Ушунча журттун баарысы:
«Баатыр, сөзгө кулак салыңыз,
Кайыпчал кызы Куялы
Балбан кызды алыңыз!
Калк чуркурап, эл кыстап,
Каалап ал деди балбанды.
Ал аскар тоодой кулатып,
Бүтсүн деди жаңжалды.
Балбан кызды албасаң,
Сарыбай уулу бул капыр
Кыйрыга кыргын салбайбы,
Кылчаңдап койбой бардыкты,
Кыргын кылып салбайбы».
Калың журт мындай деген соң,
Канкордун уулу эр немең
Карчыгадай камынып,
Кайран шердин оозуна
Кайыптан акыл табылып:
«Кечээ Айчүрөктү алганда,
Кудайга туура кеп кылдым,
Убаданы бек кылдым.
Адам өлөр шерт кылдым,
Артылтып камчы чаппаска
Үстүнө күнү албаска,
Асыл башты бургамын.
Адалдуунун алдында,
Чын убада кылгамын.
Жадаал болсо окустан,
Жаңылып калсак кокустан,
Ак милтенин чогу урсун,
Ак келтенин огу урсун,
Төбөсү бүтүн көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун.
Жаман деп сени кемитип,
Катын алсам мени урсун.
Оолугуп кетип окустан,
Ойнош кылсаң сени урсун!
Түйшүктүү дүмөк кебим бар,
Ошондой катын албас жерим бар!
Бир чечилбес дүмөк, чоң түйүн,
Муну мен албай турган эбим бар.
Бир дүмөктүү мүшкүл кебим бар,
Айтканым ушул билип ал,
Кайыптын кызы, тилимди ал!
Өндүрлүү тоодо кыялаш,
Өзүм менен уялаш,
Күлчорого тийип ал!
Шай колдогон шер ошол,
Чын белгилүү эр ошол» –
Деп ошондой деген соң,
Кайыпчалдын балбаны,
Ашмак болду жаңжалы.
«Бу дүнүйө алдамчы,
Бүгүн көргөн эртең жок,

www.bizdin.kg

Ушундай болот дүйнө бок.
Ар уруудан чапаным,
Кай бетим менен киемин.
Кабылан баатыр турганда,
Кулуна кантип тиемин?
Ардыгымдан өлөрмүн,
Алданын салган буйругу
Төбөгө жазса көрөрмүн.
Бай турса, кулга тийбеймин!
Бу сөзүңдү ким уксун,
Бир караңгы түн уксун,
Аккан дайра суу уксун,
Калдайган кара жер уксун,
Ушундан бөлөк ким уксун!
Кожосан башым турганда,
Кошомат кылып нетейин.
Ат чарчатып мен келдим,
Жолум менен кетемин!
Кайыпчал кызы Куялы
Таянган жери темирдей,
Байы турса тең келбей,
Кулуна тийди дедирбей,
Туубай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн!
Кайра келбес чын жайды
Бу көрөкчө көрөйүн!
Кайнады белем каныбыз,
Кашайды белем жаныбыз.
Бузулду азыр каныбыз,
Балбандыгың башкача,
Балакет салдың бу башка.
Күйүт салды ичиме,
Баатыр күйдүргү кылды ичиме.
Олоңдой болгон кайран чач,
Төбөгө кынап түйгөнмүн.
Эркек кийимин кийгенмин.
Алптар менен алышып,
Ар балбан менен чабышып,
Мен кетирбес ал калбай,
Мен тийбеген мал калбай,
Алпты, дөөнү көп көрүп,
Айбаты калың душманга
Айза имерип киргемин.
Алда Таала Кудайдан,
Арстан тууган кабылан,
Сизди каалап жүргөмүн.
Ак калпак кыргыз эл үчүн,
Айкөл төрөм сен үчүн,
Жан баккан кара жер үчүн,
Тийчү төрөм сен үчүн,
Чапчышарым Сарыбай,
Салган мүшкүл мамындай.
Чалкасынан салууга,
Жол четине сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарууга,
Жыландай кармап жанчуга,
Кутурган жинин басууга,
Кутургурду союуга,
Дым таштабай дүйнөгө
Тындым кылып салсам – деп,
Алтайга тынбай жол жүрүп,
Аянбастан мол жүрүп,
Каалап келдим өзүңдү.
Кармашарым Сарыбай,
Канкор, кайта айтсаң сөзүңдү,
Ажалдын бүткөн огунан
Баатыр ажыратам өзүңдү!
Менин каалаганым Семетей,
Курган канкор барында,
Кулга кантип тиемин.
Каадалуу канкор барында,
Кай бетим менен жүрөйүн.
Азарын бизге салбаса,
Айкөл төрөм албаса,
Бу жалганчы дүйнөдөн
Жагынган менен нетейин,
Жолго түшүп кетейин» –
Деп, ошентип балбан кыз
Бармак тиштеп, баш чайкап,
Баарынан кымбат сөз байкап,

www.bizdin.kg

Кезеринип сабылып,
Семетей эрге таарынып,
Болбой бейбак турду эле.
Кайра баштап жана сөз,
Семетей кепти кылды эми:
«Көөдөндө сөздү билиңиз,
Убада ушул кириңиз,
Өлгөндө көргөн эр Сейтек
Эр Сейтекке тийиңиз!
Келин болуп жүрүңүз,
Жоого кериш салыңыз,
Баатыр канкор тукумун,
Каруусу толук капырдан,
Кан Сарыбай баатырдан,
Тажаалдын кара көзүнөн,
Каарлуу балаа өзүнөн
Ажыратып калыңыз» –
Семетей мындай деген соң,
Ошо кезде балбан кыз,
Чымындай жаны чыркырап,
Сай-сөөгү быркырап,
Күйүп-жанып чок болуп,
Ич кайнады, от болуп,
Турбастан көңүл бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп:
«Кечээ баатыр атам кууганда,
Байкуш энем тууганда,
Тоюма токсон сойгондо,
Ааламга балбан болсун – деп,
Атымды атам койгондо,
Кечээ өзүм бала секелек,
Өрүмгө чачым жете элек,
Жерден тандап белди алып,
Белгилүү жерден элди алып,
Балбан болгон экемин.
Азыр бүгүн канкорго,
Салбай койгон экемин.
Башта балбан кайран баш,
Оңбой калган экемин.
Опсолоң эрге чандырып,
Мен болбой калган экемин.
Ай-ааламды буй кылып,
Балбан болгон экемин.
Өзү каалап жабышкан,
Мен бир салбар болгон экемин,
Теңине албас көкжалга,
Телмирген менен нетемин.
Теңирдин кылган иши экен,
Мен калкыма кирип кетейин.
Ал аскар тоодой айкөлгө,
Аздап каалап кондумбу,
Албай коюп, чын мүшкүл,
Чын шерменде болдумбу?
Айкөл өзүң турганда,
Балага кантип тиемин.
Баякыңдан бул мүшкүл,
Ушунуңа күйөмүн!
Чүмкүттүң мени санаага,
Таштадың эл жок талаага.
Кай бетим менен тиемин,
Өзүмдөн туучу балага.
Бүлүндүрдүң сөзүмдү,
Мүшкүлгө салдың өзүмдү.
Оңбогон төрөм оңбодуң,
Мынча неге кордодуң!
Жалынсам укпай сөзүмдү,
Жаман кылдың өзүмдү!
Ашыктыгың танасың,
Чакталуу чаркым кетирип,
Кашайттың менин жанымды.
Кейитип ийдиң өзүмдү,
Кермелеттиң сөзүңдү.
Чылбыр чайноо иш кылдың,
Чындаган башка күч кылдың.
Күндү каран түн кылдың,
Албаска чанып дит кылдың,
Ал аскар тоодой башымды
Байка, жаман ит кылдың!
Оңбогон төрөм, оңбодуң,
Ар качандан бир качан,

www.bizdin.kg

Албайм деп мени кордодуң,
Кокуй, төрөм, оңбодуң!
Ырас көөнүң жок болсо,
Ыштаным жыртып нетейин,
Каардуу душман Сарыбай
Кагыш кылып турууга,
Каалабасаң нетейин!
Кармаш кылбай Сарыбай
Не мураска жетейин.
Жалындап ичим чок болду,
Жалынган менен нетейин,
Жалдыраттың көзүмдү,
Ушунчамда кетейин.
Баатыр көзү турганда
Мен балага тийип нетейин.
Баарыдан жаман убара,
Баатыр, төрө, кетемин» –
Деп, ошентип балбан кыз,
Белгилүү жерге кетүүгө,
Бет алышып турду эле.
Мына ошондо Айчүрөк,
Беризаада бейтаалай,
Бек ыйлады токтобой,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көздөн жашы төгүлүп,
Бөдөнөдөй көзүнөн
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Карагаттай көзүнөн
Кан аралаш жаш кетип.
Чыңырып ыйлап чыркырап,
Чыдай албай буркурап» –
Төрөсүнө бурулуп,
Айтып турду мындай деп:
«Баатыр, түп атаңыз Түгөл кан,
Түбүнөн кыдыр даарыган,
Түбү көкжал кара көк,
Туруп айтсаң далай кеп.
Оолугуп кетсе жети атаң,
Ойронду такыр салуучу,
Каарланып кеткенде,
Каңгайды чаап алуучу.
Ташты чаап, жол кылчу,
Далай жерди эл кылган.
Жетип чапкан Ооганды
Нур төгүлгөн Чоң-Бээжин,
Улугуң кайдан соо кылды.
Барып чапкан Ооганды
Байгамбар тийбес чоң Какан
Бээжин кайдан соо калды.
Суу ич десе, уу ичкен,
Кан төк десе, жин төккөн,
Бөрк ал десе, баш кескен.
Көкжал шердин тукуму,
Жети атаңыз жетик кан,
Жеткилең сөздү биле алган,
Сенин эр атаң айкөл тил алган.
Кермеге тулпар ныкталган,
Сай көкжалдар кыр болгон.
Бет алса душман кыйраган,
Бээжинде кытай ыйлаган.
Карааңды күтүп, зор болгон,
Ай-ааламды коргогон.
Душманга каарлуу зор болгон,
Беттешкенге чок болгон.
Беренге беттеп келем – деп,
Бээжиндин каны жок болгон,
Атаңдын жайы бу болгон.
Бастап душман жеңбеген,
Бастырып бирөө келбеген,
Алакчы дүйнө бекерден.
Арман кылып көрөлү.
Кесепеттүү куу дүйнө,
Кезетин азыр берели,
Жараткан жазган буйрукту
Маңдайга жазды көрөлү!
Каарлууңуз Сарыбай.
Айткан ушул билип ал,
Арстан көкжал тилимди ал.
Каары катуу кутургур,
Каарды катуу салгыдай.

www.bizdin.kg

Калтырбастан тукумду,
Койбой кырып салгыдай.
Желмогуз уулу капырга,
Өрткө салса күйбөгөн.
Келтенин огу кеспеген,
Жаанын огу тешпеген,
Каары катуу неме экен.
Ойлосом мынча жини бар,
Он сегиз миң ааламды
Карып кылчу түрү бар.
Беттешкенден кан чыккан,
Көркөмүнөн жан чыккан,
Каалаган жайга кончудай,
Ажыдаардай оп тартып,
Ай-ааламды сорчудай.
Сыягы суук быткылдай,
Ай-ааламды тоо-ташты
Калтырбастан жуткудай.
Камынып келген капырга,
Мүшкүлдүү заман акырга,
Берен өлдү, кан өлдү,
Бет алган жандын баары өлдү.
Айзага камбыл дагы өлдү,
Айласы толук мыкты өлдү.
Каарды катуу баштады,
Катуу мүшкүл, чоң жаңжал,
Кыргызга тозок баштады.
Жазга маал болгондо,
Жалы бар байтал мингизбей,
Күздүн күнү болгондо,
Куйруктуу козу жегизбей,
Эндиретип элиңди.
Эңкейтмек болду белиңди.
Жазга маал болгондо,
Жердин жүзүн ачтырбай,
Кочуш тукум чачтырбай.
Эгин-тегин айдатпай,
Элкин тоого жайлатпай,
Сасык камал кылыптыр,
Кылмышы жок калкыңды,
Кетирмек болду баркыңды.
Агызат суудай каныңды,
Кетирмек болду алыңды.
Желмогуз уулу капырга,
Жер түгөткөн баатырга,
Желмогуз уулу баатырды,
Жер куруткан капырды,
Канды төгүп, баш кести.
Эндиретип элиңди,
Көп сындырды белиңди.
Желмогуз уулу капырдан
Каруусу кабат эр өлдү,
Калбай тегиз тең өлдү.
Айзага камбыл ыктуу өлдү,
Жоонун айласын билген мыкты өлдү.
Капыр каарын чачканда,
Элди, журтту талкалап,
Төбөсүнөн басканда,
Калайык ыйлайт, кан ыйлайт,
Калбай журттун баары ыйлайт.
Каран кылды калкыңды,
Чын кетирди баркыңды.
Желмогуз уулу келгени,
Сасык амал кылыптыр,
Катылганды кырыптыр.
Ажалы жетсе өлүптүр,
Аймакты эки бөлүптүр.
Кең кайырман кутургур,
Заардуу жинин чачыптыр,
Кайраттуу элдин баарысы
Каарланып күйүндү,
Калбай журттун баарысы,
Кайран жандан түңүлдү.
Калк чуркурап, чуу болду,
Асман жарган дуу болду.
Желмогуз уулу бул капыр,
Кабылганды кайсады,
Кез болгонду кемирди.
Ою менен ойдолоп,
Болуп турат Сарыбай.

www.bizdin.kg

Ажыдаардай оп тартып,
Соруп турат Сарыбай.
Бул Сарыбай капырдан,
Эрен өлдү, ыктуу өлдү,
Эпир кыйын мыкты өлдү.
Жайдын күнү болгондо,
Жалдуу байтал мингизбей,
Күздүн күнү болгондо,
Куйруктуу козу жегизбей,
Эгин-тегин айдатпай,
Элди бээ байлатпай,
Жердин жүзүн ачтырбай,
Кочуш тукум чачтырбай,
Ажыдаардай күркүрөп,
Адамзат пенденин
Азат бою дүркүрөп,
Чагылгандай чаркырап,
Жүрүшүнөн чаң чыгып,
Кобуртунан жан чыгып,
Сарыбайдын заарынан
Салып турган заарынан,
Бул капырдын каарынан,
Кайың ыйлап, тал ыйлайт.
Кандай мүшкүл болду – деп,
Калың кыргыз баары ыйлайт.
Ак сакалдуу чал ыйлайт,
Тил биле элек бала ыйлайт.
Желмогуз уулу капырга,
Жер түгөткөн баатырга,
Табылгы жакса чок өтпөйт,
Очогор атса ок өтпөйт.
Баары кабат мүшкүлгө,
Ай бөксөрүп, күн өттү,
Арадан нечен жыл өттү.
Бар дүйнөсүн чачат бейм,
Калбай журтуң качат бейм,
Эби кеткен Сарыбай,
Көзү көлдүн буткулдай,
Көрүнсө жанды жуткудай,
Каарланса соргудай,
Кылмышы жок кыргызды
Кыргын кылып койгудай.
Кыйла жанды соргудай,
Азоону кармап уй кылды,
Ай-ааламды буй кылды.
Катуу каарды баштады,
Кайраты мол эренди
Калтырбай кырып таштады.
Желмогуз уулу капырдан,
Кечээ ат салышкан жекеде
Маңдайлашып турушту.
Шай колдогон Күлчоро,
Айлап-жылдап урушту.
Ал Күлчоро баатырың –
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Кызарып күйгөн чок эле,
Ааламдан ашкан шок эле.
Душманга болот ок эле,
Ааламда андай жок эле.
Өйүз-бүйүз турушту,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушту.
Урушуунун заарынан,
Сарыбайдын каарынан,
Себилдин баары тытылды,
Эрендин баары жутулду.
Шору каткан кыйла жан,
Бийик орго тутулду.
Кагышты катуу баштады,
Эренсинген беренди,
Калтырбай кырып таштады.
Туйгундарды тул кылды,
Эл багуучу эренди
Кара таман кул кылды.
Ай-ааламга баткысыз,
Аябаган чыр кылды.
Күнү бүткөн өлүптүр,
Барса-келбес чын жайын
Эрендер далай көрүптүр.

www.bizdin.kg

Кыйылыптыр чынарлар,
Кыргын болуп кетет бейм,
Кызыл моюн тынарлар,
Желмогуз уулу капырдан
Шай колдогон Күлчоро
Жекеме-жеке турушуп,
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын күлү учкуча,
Мыктап алты ай салышып,
Айкырып айза суурулуп,
Алты ай тынбай урушуп,
Айкырып айза сундуруп,
Тийген жерин бүлдүрүп,
Каарды катуу көрүптүр.
Күлчоро эрдин алдынан,
Алтымыш тулпар өлүптүр.
Жетик жүрүп аралап,
Күлчоро чыкты кан болуп.
Жетимиш жерден жара жеп,
Чабышып чама келбеди.
Алышып жүрүп айбанга,
Адам алы жетпеди.
Арстан тиши өтпөдү,
Ай-аалам алы жетпеди,
Чапчышып чама келеби,
Муну менен чабышып адам жеңеби?
Төргө кудук казгыдай,
Төрт түлүктү чачкыдай,
Кагышты катуу салгыдай,
Каарланса кутургур,
Калайыктын баарысын
Калтырбай кырып соргудай,
Канга мыктап тойгудай,
Кайраттуусу мамындай.
Калкка келген алакет,
Бир кара тажаал балакет.
Кежирленсе кутургур,
Кез болгонду кемирет,
Кара куштай теминет.
Жашыл ала кырмызы,
Жан-жанын тытсак бөлүнбөйт,
Жан коёр түрү көрүнбөйт.
Салышып жүрүп ит менен,
Этиңиз болду көк жашык,
Каныңыз калды бир кашык.
Айтуучу сөздү билип ал,
Айкөл төрөм, тилимди ал!
Кайыпчал кызы Куялы –
Ургаачынын узудур,
Чын олуя кызыдыр.
Жердин түбү Желпиниш
Желпиниште туулган,
Канча кандан кат алган,
Билимдүүдөн бата алган,
Кыз арстан атанган,
Себили сексен төрт болгон,
Серп алганы өрт болгон.
Кайыпчал кызы Куялы
Канча жоого аттанган,
Кара куштай тапталган.
Карчыгадай камынган,
Кайыптан акыл табылган.
Эрте айтканы кеч болгон,
Береним, сизге тийүүгө
Эки көзү төрт болгон,
Эт жүрөгү чок болгон.
Түн киргенде уйку жок,
Күндүз жүрсө тынчы жок,
Чымындай жаны чыркырап,
Курдаш болуп жүрүүгө
Эрте айтканы кеч болуп,
Эки көзү төрт болуп,
Жүрөк кайнап чок болуп,
Жаратылган бендеде
Ашыктык мындай жок болуп,
Беризаада бек сулуу,
Бейле, төрөм, сен мунун,
Беттешери Сарыбай,
Каарлуу душман момундай.
Ургаачы арстан эр ушул,

www.bizdin.kg

Ай-ааламды буй кылып,
Пайда кылчу неме ушул.
Кыяматтык досту – деп,
Алып келген мен ушул.
Кыз Куялы айынан,
Муңайган калды билер – деп,
Бир пайдасы тиер – деп,
Атышты арбын салар – деп,
Каардуу душман колунан
Каруусу толук капырдын,
Кагыш кылып кармашып,
Ажыратып алар – деп.
Ат бороюн сыдырдым,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана кыдырдым.
Чама чарчап сабылып,
Алып келдим жалынып.
Албай койсо окустан,
Ашкере мүшкүл кокустан,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Тажаалдыгы момундай.
Таарынып кетсе Куялы
Төрөсүнгөн бул элдин
Төбөсүнөн баспайбы.
Төргө кудук казбайбы,
Төрт түлүктү чачпайбы,
Кыйыр кыргын салбайбы,
Кырып канга тойбойбу,
Кызыр чалган кыргызды
Өзөндүн суусун бурбайбы,
Өрт өчкөндөй кылбайбы?
Жадаал жини кармаса,
Жаккан отту өчүрүп,
Жаман кылат кыргызды,
Жан-жабылта көчүрүп,
Ажалдуу балам өлбөйбү,
Өлбөй тирүү калганы
Өрөпкүгөн кутургур,
Олжо кылып албайбы?
Жаңжал кылып мунуңа
Кыйырга колду сунбайбы?
Кылча түктү таштабай,
Кутурган чочко кырбайбы?
Кордук айза сунбайбы,
Кыйрага кыргын кылбайбы,
Кыргынды кызык салбайбы?
Оймок ооз, бото көз,
Кырмызы көйнөк, айча бел,
Кылпылдаган сулууну,
Олжо кылып албайбы!
Желмогуз уулу Сарыбай
Уяңды упат кылбайбы,
Мына ушинтип журтту кырбайбы.
Айбаты калың, заары күч,
Айкырса кылат жерди түз,
Сарыбай мүшкүл, чоң дүмөк
Тажаалдын кара өзү экен,
Мүшкүлдүн кара көзүн экен.
Эл бүлдүрүп, журт бузган
Кара тажаал өзү экен.
Желпиништен чыкканда,
Жетик болот майлаптыр,
Кез болгонду жайлаптыр.
Сайышканды кулатып,
Мөрөйдү мыктап утуптур.
Кызырканып кутургур,
Кыйланын канын жутуптур.
Ичсе канга тойбоптур,
Кармашып жанды койбоптур.
Ач болотун тиздептир,
Айкөл шердин тукумун
Түк калтырбай кырам – деп,
Алты жыл мурда издептир.
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Көзү күйүп чок болуп,
Ааламда мындай жок болуп,
Жети жыл тынбай жол жүрүп,
Ач бөрүдөй жараптыр,
Айкөл шердин тукумун

www.bizdin.kg

Атам Желмогуз кунун кууйм – деп,
Ушунча жылы караптыр.
Капканын оозун кан кылып,
Беттешкенди жай кылып,
Кез болгонду кемирип,
Канды суудай шимирип,
Төрөсүнгөн кыйланын
Дөң-кашатын түз кылып,
Билген жанга дуу кылып,
Асман жарган чуу кылып,
Кыйла балбан жыйылган,
Беттешип чыдап тура албай,
Бет болуп дөөлөр кыйраган.
Чама чарчап ал кеткен,
Эчен жалгыз эр өлүп,
Эли-журту зар эткен.
Күйүп-жанган селдей чок,
Адамда мындай тажаал жок,
Бир күн кенен, бир күн жок,
Мына ушундай болор дүйнө бок.
Бу Желмогуз уулу капырдан,
Бу эл куруткан такырдан,
Сакалы бөлөк капырдан
Сарапты тешип өткөндөй,
Кылын койбой кыргыздын
Кыргын кылып кеткидей,
Айтканым ушу билип ал,
Арстан көкжал тилимди ал!
Тил албасаң эр көкжал,
Тентектик болот мунуңуз.
Кылмышсыз журт кырылса,
Кыйын дүмөк, мүшкүл иш,
Билбестикти билбейби,
Айтылуу мыш-мыш чын болсо,
Таңды макшар күнүндө,
Канын доолап турбайбы!
Тил албасаң эр көкжал,
Калайман дууну баштайсың.
Алты миң келин, далай кыз,
Айылды каран таштайсың.
Кумсара чыккан куу булут,
Жаабай өтөт дейсиңби.
Кара тажаал Сарыбай
Сайбай өтөт дейсиңби.
Өлөрман кылат элиңе,
Өрт каптатат жериңе.
Ойрон мүшкүл туудурат,
Жергелүү кыргыз элине.
Айтканым ушул билип ал,
Семетей, көкжал тилимди ал!
Намыстанып ардансаң,
Билбестик болот мунуңуз.
Акыл ойлоп алыңыз,
Ала-Тоодо кыргызды
Аман алып калыңыз.
Кожо, молдо жыйыңыз,
Эр Куялы балбан кыз
Алдым деп нике кыйыңыз.
Атышты арбын салыңыз,
Ак калпак кыргыз журтуңду
Ажалдын мүшкүл огунан,
Каарлуунун тобунан,
Тозоктун күйгөн чогунан,
Тажаалдын темир торунан,
Чын душмандын колунан,
Ажыратып алыңыз!»
Айчүрөк мындай деген соң,
Манастын уулу бадырек
Билеги жоон, таш жүрөк,
Ааламга салат чоң дүмөк.
Атасынан бабасы
Артыктыгын карачы.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Ал түптүү Манас тукуму.
Өлгөн сайын өрчүгөн,
Өкүм шердин тукуму.
Кара сууга кан куйган,
Өлөңдүү жерди өрттөгөн,
Өзү шердин тукуму.
Акырын сүйлөп, бек таштап,

www.bizdin.kg

Айкөл төрөң кеп баштап:
«Жетик алган батамдан,
Жетим калган атамдан,
Жетим калып жетилип,
Жергеге эптеп кошулуп,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Темиркандын шаарына
Тентип кирип чоңоюп,
Кара кандын шаарына,
Качып барып чоңоюп,
Ордо бийлеп, журт күтүп,
Орчун султан болгону,
Бет алып душман келбеген,
Мени беттеп душман жеңбеген.
Кан Акундун шаарына,
Күйөө болуп барганда,
Беризаада бейтаалай
Айчүрөктү алганда,
Ушинтип айтар кебим бар,
Убада кылган жерим бар.
Адал жарым Чүрөккө
Бузулбаган кебим бар.
Чүрөктү кечээ алганда
Ак буудай унун чайнадым,
Ак болот мизин жаладым.
Убаданы бек кылдым,
Өлүп кетчү шерт кылдым,
Кечээ Акундун кызы бейбакка
Ата тапкан курдашка,
Жараткан кошкон сырдашка,
Артына күнү албаска,
Артылтып камчы чаппаска,
Убада кылган кебим бар.
Убада кылып турганым,
Ак милтенин чогу урсун,
Ак келтенин огу урсун,
Төбөсү бүтүн көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Бөлөккө азар салбайм – деп,
Артына күнү албайм – деп,
Адам өлөр кеп кылдым,
Чын убада шерт кылдым» –
Деп ошондой дегенде,
Кыз Куяалы муну айтат:
«Кайран башым барында,
Карадан чапан жамынбайм,
Кан, бектерге жалынбайм.
Өткөрө дайра көрбөстөн,
Өтүктү кантип чечейин.
Өкүм султан карабай,
Өкүлдөп Сарыбай менен
Сайышканда нетемин?
Чатакташпай, чырдашпай,
Жолум менен кетейин» –
Деп, ошентип Куялы
Кызыл жээрде ат минип,
Кыл куйругун чарт түйүп,
Жай-жарагын жайланып,
Жанына кылыч байланып,
Кайра шумдук кылчудай,
Калтырбай жанды кырчудай,
Туу түбүнө турчудай,
Азар-түмөн жоо келсе
Айкырып айза сунчудай,
Ай-ааламды буй кылып,
Айдап жүрүп кырчудай.
Жоо беттеген балбандын
Журт коргону зарлардын,
Балбандыгы башкача,
Мунун баатырдыгы бир канча.
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Берендиги белгилүү,
Бейжай долу кайран эр.
Мунун бийлегени Семетей,
Бейкут түштү ошо жер.
Асмандан булут тутулуп,
Айбаты калың көрүнүп,
Ардыккандай бул долу

www.bizdin.kg

Көзүнүн жашы төгүлүп,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Чын эрдиги көрүнүп,
Алтын жаак айбалта
Ак билекке толгоду.
Албан түрдүү чоюнбаш,
Кынай белде байлануу,
Кынсыз кылыч курч болот
Бул боюнда жайлануу.
Уңгусу болот, учу курч,
Комогойлуу сыр найза
Бу такымда жайлануу.
Ок өтпөгөн тон кийип,
Жалантып тулпар ат минип,
Астындагы тулпары
Качкан кулан чокулуу.
Алдыңкы кашы ак алтын,
Ардактап кылган ак каңкы
Ал тулпарда токулуу.
Колоңдой болгон кайран чач,
Төбөгө ороп түйүптүр.
Каалаганы Семетей,
Тиемин деп жүрүптүр.
Айдап алып артынан,
Семетейдин дартынан
Масан көлдү жердептир.
Кабардан кызык кеп угуп,
Масан көлдүн баткалда,
Кулан кууп кутуруп,
Куптап ойноп жатканда,
Кербенчиден кеп угуп,
Манастын уулу эр Семең
Султан болду деп угуп,
Кең дүнүйө тар болуп,
Эрте сөзү кеч болгон,
Менин эки көзүм төрт болгон.
Чолпондой көзүм жайнаган,
Шакардай ичим кайнаган.
Тутанып ичим чок болуп,
Каран болуп алыбыз,
Кайнаган чогуу жаалыбыз.
Кандар калып бир кашык,
Семетейге чоң ашык.
Тоо башынан кыйкырган,
Улар болуп келгемин.
Бир көрүүгө төрөмө,
Кумар болуп келгемин.
Тирүү басып жүргөмүн.
Өрттөй жанып күйгөмүн.
Эрте ачканым кеч болгон,
Эр султанга тийүүгө
Эки көзүм төрт болгон.
Кайыпчал атам төрүндө,
Канча жылы жүргөмүн.
Канкор шерге жетем – деп,
Кадыр Алда жалгыздан,
Ушуну сурап жүргөмүн.
Үзүлгөнүм улачы,
Чачылганым жыйначы!
Тоңдурбастан тонуң бер,
Көп боздотпой жообуң бер.
Карайлатпа көзүмдү,
Капа кылба өзүмдү.
Угуп алгын сөзүмдү,
Убара кылба өзүмдү!
Серүүн кылба сөзүмдү,
Балбан кыз салбар дедиртип,
Шерменде кылба өзүмдү!
Күйүп, жанып чок болдум,
Баатыр, сенин күйүтүңдөн
жок болдум.
Батыр сенин айыңдан,
Кылжээрдени арыттым,
Кымбат жанды карыттым.
Саман чөптөй саргардым,
Бу дүнүйө эң бекер
Жаралганга таң калдым.
Опол-тоодой алат күн
Оройлук болот мунуңуз.
Бу дүйнөдө албасаң,я

www.bizdin.kg

Кыямат жарым болду – деп,
Убаданы кылыңыз.
Бул убада чын болсо,
Желмогуз уулу капырдын,
Калк куруткан жакырдын,
Бет алышып турушуп,
Беш ай тынбай урушуп,
Кармаш катуу башталсын.
Куу дүнүйө титиреп,
Бузулуп кете таштасын.
Ак асаба туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Кагыш катуу башталсын.
Түбү түптүү кара жер,
Бузулуп кете таштасын.
Акыр-такыр күн болсун,
Желмогуз уулу капырга
Ай караңгы түн болсун.
Анык тынсын мунуңуз,
Аймак керек, журт керек,
Эл жердөөгө журт керек.
Убаданы кылыңыз,
Башка жоолук салыңыз,
Адал жарым болду – деп
Жупту кылып алыңыз.
Убадага турсаңыз,
Өлөр антты кылсаңыз,
Буурулду берчи минемин.
Буулумду бер киейин.
Желмогуз уулу капырды
Жерине чейин сүрөйүн.
Кабыргасын сөгөмүн,
Кайраты канча көрөмүн.
Жазбай алты ай салышып,
Жазасын колго беремин.
Чалыша жүргөн жол ушул,
Атыша жүргөн кол ушул.
Желпиништин бер жагы,
Жет-Кайт тоонун ар жагы,
Жети күнү сайышып,
Будурмактуу кайкаңда,
Бузулган тоонун тайпаңда,
Бир жаңжалды салгамын.
Жер кашаттын жети кыр,
Жети айланта кууганда,
Желмогуз уулу капырды
Жер түгөткөн такырдын,
Көрбөгөнүн көр кылып,
Алын кара жер кылып,
Аябай жаңжал салганда,
Беренинен безгемин,
Бет алыша келгендин
Беттешип башын кескемин.
Кабыргасын сөккөмүн,
Канын суудай сепкемин.
Жаккан отун өчүрүп,
Жан айласын кетирип,
Каруулуусун каар кылып,
Кайраттуусун жай кылып,
Айза сунуп ыктадым.
Кайраттуусун шерлерин
Канын жерге чыктадым.
Көкжал төрө айынан,
Өлбөгөн жерде калыштым,
Ай бөксөрүп жыл өтүп,
Арадан нечен күн өтүп,
Жети жылы салыштым.
Желпиниш жердин кысыгы,
Өзүм салган жол болчу.
Желмогуз уулу капырды
Ала жүргөн кол болчу.
Кагышарым Сарыбай,
Каалаганым Семетей,
Эр кыз балбан атанып,
Жарышка жаңгыз барсам – деп,
Желмогуз уулу капырды,
Оңкосунан салсам – деп,
Ак калпак кыргыз журтумду,
Аташканым Семетей
Каптаган ажал огунан,

www.bizdin.kg

Каарлуу иттин колунан,
Ажыратып алсам – деп,
Эрте сөзүм кеч болгон,
Эки көзүм төрт болгон.
Эбедейим эзилген,
Эт жүрөгүм созулган,
Өрттөлгөн ич басылган,
Умачтай көзүм ачылган,
Айтканым ушул билип ал,
Айкөл төрөм, тилимди ал!
Тилимди алсаң канкор шер,
Кармашканым Сарыбай,
Мурасыма жетемин.
Бузулуп кеткен чочкону
Беттешсем башын кесемин.
Тапканын олжо кыламын,
Беттешсем жанын кыямын.
Дартымдын баарын басамын,
Чын тилекке жеткирсең
Какырга салып капырды,
Кайыштай ийлеп жанчамын.
Каарланып какайсам
Жел куюн тулпар малым бар,
Жетимиш болсун Сарыбай,
Жеке өзүмдүн алым бар.
Кайыпчал кызы Куялы
Кыз балбандан атым бар.
Сарыбай эмес, ааламды
Титиретер алым бар.
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Манастын уулу сен болсоң,
Сандалтпа айткан сөзүмдү,
Сары оору кылба өзүмдү.
Кежирлентпе кебимди,
Кетирбе менин эбимди.
Жалдыратпа көзүмдү,
Жапага салба өзүмдү.
Күрөбө менин күнүмдү,
Какшатпа менин тилимди.
Убайым, кайгы жегизбе,
Убара болуп издесе,
Албай койду дегизбе!
Манастын уулу баатыр – деп,
Уккамын шекер сөзүңдү,
Баатыр, каалап келдим өзүңдү!
Түп атаңыз Түгөл кан
Түбүнөн Кыдыр даарыган.
Башкы атаңыз баары кан,
Башынан Кыдыр даарыган.
Укумуңдан тукумуң
Ач арстан атыккан,
Айкөл шердин өз уулу.
Менин атым сурасаң –
Эр Куялы кыз балбан.
Кайыпчалдын кызы элек,
Эрен кыздын өзү элек.
Айзага даңгыл ыктуу кыз,
Ар балаалуу мүшкүлгө
Адис болгон мыкты элек.
Башка жоолук салыңыз,
Убаданы бек кылып,
Адам өлчү шерт кылып,
Тил алсаң баатыр алыңыз!» –
Деп, ошентип кыз балбан
Кара тилин кайрады,
Кайран балбан сайрады.
Кече Манас тушунда,
Үзүлгөнүн улаган,
Чачылганын жыйнаган,
Баатыр Манас көкжалды
Ээрчитип жүрүп эр кылган,
Эр уулу менен тең кылган.
Касташканды жай кылып,
Канкор Манас төрөнү,
Зор Кап-Тоодой кан кылган.
Беттешип Бээжин, Бакбурчун,
Манасты ага кан кылган.
Көп тереңге ойлогон,
Көкала калкан ойногон,
Көзү көргөн алыстан,

www.bizdin.kg

Көптү көргөн даанышман,
Көп тереңге жиберсе,
Жеке чыккан жарыштан.
Олуянын чын уулу
Жаралган менде булбулу,
Шер айкөлдүн сырдашы,
Курган Манас курдашы,
Абасы Бакай карыя –
Ай-ааламдын баарынын
Эбин тапкан олуя.
Байланып жаткан базардын,
Багын ачкан эр Бакай,
Бар мүшкүлдүү адамдын
Жолун чечкен эр Бакай.
Тил албаган-оңбогон,
Ошондо Бакай көкжалдын,
Айтканы эки болбогон.
Акылга дыйкан адилет,
Асыл Бакай карыя.
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Өлөрүндө зор Бакай
Акыркы кептен сөз баштап:
«Ээ, Семетей кулунум,
Сенин кыр жагында кытай бар,
Сенин маңдайында бараң бар,
Оо, балам, басташкан душман
далай бар!
Желмогуз уулу Сарыбай
Конгон жери кор болду.
Ай-ааламды буй кылган
Аябаган зор болду.
Кырдагы кыргыз тукумун
Кырамын деп кутурду.
Кыйла эрендин баарысы
Кыямат жолго тутулду.
Алмамбет уулу Күлчоро,
Балаң Сейтек баатырдын
Темир чопкут ок өтпөс.
Баары жоодон тытылды.
Айтканым ушул билип ал,
Арстан балам тилимди ал!
Олуя чал, Кайыпчал,
Ошол экөө бир тууган.
Олуя чалдан эр Бакай,
Кайыпчалдан Куялы –
Кыз арстан бу дагы.
Оңураңдап албайм – деп,
Астыңа келген Кадыр түн
Оройлук болот мунуңуз.
Бул дүйнөлүк болбосо
Кыямат ишке кыйыңыз!» –
Бакай минтип турганда,
Бакай жөнү момундай.
Бакай журтка сынаакы,
Баштагы өткөн Манастан
Баатыр Бакай абаңыз
Калып калган мураапы.
Мына ушунда Бакай шер
Караңгыда көз тапкан,
Капыяда сөз тапкан.
Туюк жерден жол тапкан,
Байгамбар сындуу бабаңыз,
Бабыр Бакай абаңыз.
Сөзүнүн болбойт катасы,
Ак калпак кыргыз атасы.
Олуяттын тукуму,
Ойрон Бакай абаңдын
Аткан тилин алды эле.
Манастын уулу эр Семең,
Атасы көкжал эр немең
Бакай айтса тил алып,
Тилге келип турду эле.
Балбан кызды алууга
Көңүлү келип турду эле.
Бакай түшүп арага,
Байгамбар чалыш бабаңдын,
Кебин алып турду эле.
«Баба Бакай, макул – деп,
Сенин бул айтканың акыл» – деп,
Манастын уулу бадырек,

www.bizdin.kg

Кайып чал кызы балбанга,
Ургаачы арстан курганга:
«Айтканым ушул балбанга,
Анык айтам тилимди ал,
Кайыпчалдын балбан кыз
Каалаганың мен болсом,
Акыр сөз айтам билип ал.
Дегениңе көнөйүн,
Бул дүнүйө алдамчы
Бүгүн көргөн эртең жок,
Бир күн бетин көргөзсө,
Бир күн артын көрсөтүп,
Алдап жүрөт дүйнө бок.
Убаданы кылыңыз.
Таңдын макшар күнүндө,
Үр кызындай жаркырап,
Жолдон тосуп туруңуз.
Акундун кызы Айчүрөк
Бул дүйнөлүк жар эле,
Кайыпчал кызы Куялы –
Сен кыяматтык жар болгун!»
Эл ойлобос кеп кылып,
Адам өлчү шерт кылып,
Убаданы бек кылып,
Кол кармашып турушуп,
Өлөр антты кылышып,
Чын убада кылышып,
Убаданын чыны үчүн
Кылычтап чырпык кыйышып,
Ак буудай данын чайнашып,
Келеме шарып кармашып,
Ак буудайдын унундай
Жуурулушуп калышты,
Ак бөкөндүн кылындай
Суурулушуп калышты.
Табылбас мурда дарыдай,
Жошулушуп калды эле,
Асманда жетиген Чолпон
жылдыздай
Кошулушуп калды эле.

Кең дүнүйө тар болуп,
Кайыпчал кызы Куялы
Семетейге кыяматтык жар болуп,
Тилекти Кудай берди – деп,
Тиктеген шерлер келди – деп,
Ооруган жүрөк басылып,
Ооруган дарттар жазылып,
Тойго токсон бээ союп,
Бар дүйнөнү кең коюп,
Каныкейдин ак сарай
Жети күн буга жатышып,
Жетик дүйнө кызык иш
Көп суроого батышып,
Шабиет ойноп чаң салып,
Оромпой ойноп даң салып,
Кызыгыраак дуу болуп,
Кызыкка булар батканда,
Желмогуз уулу Сарыбай
Кечээ таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Таң атардын муздак жели урганда,
Камыштын башы зыркырап,
Жан-жаныбар макулук
Жер жүзүнөн турганда,
Төбөдөн жылдыз бөлүнүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Төгөрөктүн төрт бурчу
Беш колдой даана көрүнүп,
Желмогуз уулу баатырың
Жер өрттөгөн капырың,
Ак асаба туу кылып,
Асман жарган чуу кылып,
Таласты беттеп өрт кылып,
Кең-Колду күйгөн чок кылып,
Кез болгонду жок кылып,
Чапканына чама келалбай,
Чаркы бузук доңузду
Бу каруусу кылбай каманды,
Бу каруулуу тозок арамды,
Алманбет уулу Күлчоро,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Семетей уулу эр Сейтек,
Экөөлөп муну жеңе албай,
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып жаа тартып,
Булар былчылдашып урушуп,
Ал-күчтүн баары утулуп,
Адамдын баары жутунуп,
Ажалы жеткен шордуу жан,
Чын өлүмгө тутулду.
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Табылгы жакса чок өтпөс,
Очогор атса, ок өтпөс,
Ба кадала тиккен ок өтпөс,
Быт-чыт болуп бөлүнүп,
Маңдайлашып турушкан.
Күндө тынып калбастан,
Күнүгө тыным албастан,
Күндөп-түндөп салышкан,
Желмогуз уулу эр менен
Өлбөгөн жерде калышкан.
Дөбөнүн баары коо болгон,
Азууларын каркайтып,
Ат өлүгү тоо болгон.
Желмогуз уулу Сарыбай
Жер жуткур шондой жоо болгон.
Атышты арбын баштаган,
Алтымыш каттын тул жеңе
Айылды караан таштаган.
Албан түрлүү алп өлгөн,
Атышып алы жеталбай
Албан түрлүү калк өлгөн.
Түрү бузук чочконун
Себили сексен төрт болгон.
Каражолтой капырдын
Серп алган жагы өрт болгон.
Сүйлөгөнү ок болуп,
Кирпиги жалын чок болуп,
Айбаты бөлөк доңуздун
Ааламга мындай жок болуп,
Жадааланган доңузуң
Жаңжалды жаман баштаптыр.
Жакын жалпы түңүлүп,
Кырылып кете таштаптыр.
Мүшкүл салып Сарыбай,
Кең дүнүйө тарыдай.
Эндирети белимди,
Сындырмак болду белимди,
Бузмак болду кутургур
Темирден каша чебимди.
Тиктегени заар экен,
Желмогуз уулу Сарыбай
Чын Кудайдын каары экен.
Кастарын тигип кутургур,
Таласты камап буруптур.
Таалайлуу жигит, тулпар ат
Эчендер миңин кырыптыр.
Буланы алыптыр,
Бузукту мынча салыптыр,
Кан Манастын тукумун
Калтырбай кырып кетүүгө,
Түбүнө чогуу жетүүгө
Кастарын тигип алыптыр.
Кыйланы кырып өтүптүр,
Кылчайгандын түбүнө
Кылчайбай чогуу жетиптир.
Атактуу Талас, Кең-Колду
Сасык амал кылыптыр.
Жаздын күнү болгондо,
Чочко, жалдуу байтал мингизбей,
Күздүн күнү болгондо
Куйруктуу козу жегизбей,
Эгин-тегин айдатпай,
Элди тоого жайлатпай,
Эшикке күлүк байлатпай,
Бая эндиреген кайран эл –
Арбын курут кайнатпай,
Чындап жандан түңүлгөн.
Сарыбай уулу шайтандын
Тажаалдыгы билинген.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Желмогуз уулу Таласты камап, кезиккенин сабап, Күлчоро менен Сейтекти Семетейдин үстүнө кууп кирип, эми кыргыз алы канча бар, менин атым сурасаң Желмогуз уулу Сарыбай – деп, ажыдаардай күркүрөп камап турган жери:

Бет алган жагы бүлүнгөн,
Берендиги билинген.
Качырган жагы бүлүнгөн,
Капырлыгы билинген,
Кебетеси ушундай.
Тиктеген көзүн карасаң,
Ачылып калган ородой,
Ооз жагына карасаң
Кой жалаган шородой,
Жан казандай башы бар,
Жаткан иттей башы бар.
Болжолу бөлөк, заары күч,
Боруму бөлөк капырдан
Өлдүм деп жандан күдөр үз.
Каарланып капырың
Кан Сарыбай баатырың,
Жеткен заман акырың.
Толкуп кетсе капырга
Тоо туруштук береби,
Тобокел Кудай жараткан
Чын буйругу болбосо
Чымчышып адам жеңеби.
Минген аты булут Сур
Жагалданып чуратып,
Жаралып койгон жер жүзүн
Тулпар менен уратып,
Беттешкенди сулатып,
Беделдин эки бетине
Беш-бештен даңгыт тойгондой.
Беттешкенди буй кылып,
Бет алышса сойгондой.
Чогоол кыял, бейли тар
Чоң душман экен Сарыбай,
Каруусу толук, заары күч,
Карасаң жини мамундай.
Ачса оозунан от чыгып,
Чокморунан чок чыгып,
Козголгондо чыдабай
Кара жерден чаң чыгып,
Каарланган капырдын
Кайратынан жан чыгып:
«Дегениме көнөсүң,
Каарланып какайдым,
Калбай чогуу өлөсүң.
Эми жиним кайнады,
Кыргым келет элиңди,
Бүктөгүм келет белиңди,
Олжо кылам жылкыңды,
Опат кылам мүлкүңдү,
Капкалууңду кан кылам,
Кайратыңды жай кылам.
Өзөнүңдү бурбасам,
Өрт өчүрүп, суу каптап,
Сел бузгандай кылбасам.
Баатырларың кул кылып,
Катындарың күң кылам.
Кан Манастын тукумун
Калтырбай баарын сойбосом.
Кылча түгүн калтырбай,
Кыргын кылып койбосом.
Сарыбай болбой өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн.
Сандаган мүлктүн баарысын,
Камчыга ченеп бөлбөсөм.
Өзөнүңдү кыйбасам,
Өрт өчкөндөй кылбасам,
Туулбай туна чөгөйүн.
Жайдын күнү болгондо,
Жадалым жаман кармаса
Жалдуу байтал мингизбей,

www.bizdin.kg

Эгин-тегин айдатпайм.
Эрдик күчүм ушундай,
Элиңди кенен жайлатпайм.
Каарым келип какайсам,
Калтырбай түгүң орормун.
Катуулай жиним кармаса,
Ажыдаардай сорормун.
Мен Сарыбай эр атым,
Жер жөнүмдү сурасаң
Желпиниште туулган,
Атым калкка угулган,
Ааламга салдым чуулган.
Кабылганды кайсаган,
Кан Сарыбай өзүмүн.
Шимисе канга тойбогон,
Тажаалдын кара көзүмүн,
Балакеттин өзүмүн.
Урунарга зоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Чайнарыма таш таппай,
Жуларыма беш таппай,
Эртеги сөзүм кеч болуп,
Кан Манастын тукумун
Калтырбай союп кетүүгө,
Түк кылын койбой түзөтүп,
Түбүнө чогуу жетүүгө,
Катуу кармаш кылууга,
Калтырбай элин кырууга,
Оролмо кайкы жан баспас
Обсолоң тоону айланып,
Каармандай какайып,
Калтырбай өчүм алууга,
Атайы чыктым камданып.
Чама чарчап ал кетип,
Коноюн дей келгемин.
Кан Манастын тукумун
Калтырбай талап кыргындап,
Каар каптатып Таласты,
Сороюн деп келгемин.
Буланды булап албасам,
Бузукту жаңжал мүшкүлдү,
Бу Таласка салбасам.
Уйпалаймын узуңду,
Олжого талап кызыңды,
Кылычтап бузуп чебиңди,
Кыргын кылып элиңди,
Жадаалданып какайдым,
Жалынсаң укпайм сөзүңдү.
Чындап жиним кармады,
Чындап чукуйм көзүңдү.
Күлчоро, Сейтек, Семетей,
Байлап алам дөөңдү,
Балталап чагып мээңди,
Чыгарайын кыргызым
Капкайдагы кээңди.
Татытайын тунуңду
Талап сулуу кызыңды.
Олжого байлап дөөңдү,
Чыгарайын мен сенин
Кутуруп жаткан кээңди.
Менин атым Сарыбай,
Желмогуздан туулган.
Каяшаяк бергенге,
Ааламга салдым чуулган.
Кызыталак кыргыз журт
Сурап ичип тойбогон,
Сугалагын койбогон.
Ала-Тоосун жердеген,
Алышпай адам жеңбеген,
Өлүгүн жанга бербеген.
Каарланып качырса,
Каакан журту кыйраган.
Кармашып жүрүп көп душман,
Касташып чыдап турбаган.
Жай-жарагын жайланган,
Кыны жок кылыч байланган.
Кечээ канкор жан чыгып,
Канкор Манас дүмөктүн
Кайратынан жан чыгып,
Урунарга тоо таппай,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Мен жетиде бала кез,
Урушарга жоо таппай,
Ай-ааламды шаштырып,
Алдындагы чоң Кула ат
Алчактата бастырып,
Жай-жарагын шайланып,
Канга тойбос зулпукор
Кынсыз кылыч байланып,
Жүрүшүмөн чаң чыгып,
Кобуртунан жан чыгып,
Индустандан кол алып,
Жер жайнатып мол алып,
Серпиши сексен төрт болуп,
Серп алганы өрт болуп,
Айлыгы алтын миң болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Дүмөктүү жаңжал мүшкүлү
Жер үстүнө билинип,
Акылы бар, эстүү жан
Аманат жандан түңүлүп,
Жердин түбү Желпиниш
Желпиниш деген жери бар.
Желпиништи жердеген
Жаман эл деген эли бар.
Менин атам Желмогуз
Желпиништи жердептир.
Жетимиш түркүн жан барса,
Өлүгүн жанга бербептир.
Кан шимирип катыгып,
Дөө, желмогуз атыгып,
Кездешкенди койбоптур,
Ичсе ашка тойбоптур.
Он сегиз миң ааламдын
Чоң кулпусу өзүм – деп,
Байкуш атам ойлоптур.
Кадуулай баскан мал калбай,
Каяша берген жан калбай,
Жердин түбү желпинип,
Атам дөөсү болуптур.
Укурук кайрар жан калбай,
Он сегиз миң ааламдын
Атакем каны толуптур.
Каяшаны бергенди
Кармап атам союптур.
Албан түрдүү дөөлөрдүн,
Артыгы атам болуптур.
Кабылганды кайсаптыр,
Беттешкенди соруптур,
Кез болгон алптын баарысын
Ажыдаардай оп тартып,
Менин атам жутуптур.
Кан атамдын жанына,
Каршы адамдар барбаптыр.
Арстан жигит атама,
Укурук кайрар калбаптыр.
Как кенедей толуптур.
Жердин түбү желпинип,
Атакем башы болуптур.
Кечээ бакка булбул конгондо,
Гүлдүү чөптүн баарысын
Кызыл-жашыл толгондо,
Арыгын ат семирип,
Ачкан курсак тоюнуп,
Кыялай эл-журт конгондо,
Суу күрпүлдөп, жер гүлдөп
Жай мезгили болгондо,
Бөксөдөн элик бакырып,
Чынардан күкүк чакырып,
Эл өөдөгө тартарда
Ат кара тил мезгилде,
Эл өр тартып конгондо
Кан жайлоо убак болгондо,
Кайкы тоону жан баспас,
Миң чыбырды ашыптыр.
Толугу сексен кол менен,
Каражолтой кол менен
Менин атам Желмогуз
Төбөсүнөн басыптыр,
Төрт түлүгүн чачыптыр,
Төргө кудук казыптыр.

www.bizdin.kg

Байлаган эки ал канкор
Алп менен балбан дөөсүн,
Чыгара муштап салыптыр.
Чындагандын мээсин,
Чыгарган эки ушинтип,
Капкайдагы кээсин.
Жалынса укпай сөздөрүн,
Багындым десе болбостон
Чукуптур атам көздөрүн.
Желпинишке топ кылып,
Жаман элдин Жарманас,
Жаның чыккан чочкону
Ошол элдин баарына,
Кан көтөрүп салыптыр.
Алым кылып кыз алып,
Жүк көтөргүч пилди алып,
Ошол пилге жүктөп дилде алып,
Кара көздөн миңди алып,
Ойрон кылып карысын,
Олжо кылып баарысын,
Канкор Манас эр барып,
Кармашты катуу салыптыр.
Кымбат атам Желмогуз
Ошондо башын алыптыр.
Каяшаяк берди – деп,
Кабыргасын атамдын
Качыр-бучур сөгүптүр.
Кайран атам берендин
Канын суудай төгүптүр.
Мунун жайы ушундай,
Менин кайран атам өлүптүр.
Канкор Манас зор чочко
Кайкайып оозун кан кылып,
Жердин жүзүн чаң кылып,
Каяшаяк бергенди
Бубактай кара кан кылып,
Менин кан атамды жай кылып,
Канга мыктап тоюптур.
Муну менен Желпиниш
Өрт өчкөндөй болуптур.
Жаккан отун өчүрүп,
Жалаң журттун баарысын
Жай-жайына көчүрүп,
Идердүү тулпар, эр жигит,
Мунун баарын эр Манас
Олжо кылып алыптыр.
Менин кыял санаам бар,
Жүрөктөн күйүп кара чок
Так ушундай балаа бар.
Быйыл көчүрөмүн көчүндү,
Алганы келдим өчүндү,
Жел жетпеген тулпардын
Талыкпай оозун бурамын,
Каарланып какайдым,
Калтырбай журтуң кырамын.
Ордолуу шайыр кыргызга
Оңдотуп айза сунамын.
Оолукма жиним кармады,
Кыргызга бирди кыламын.
Кармашып катуу салбасам,
Каалаганым албасам,
Менин атам Желмогуз
Минтип кегин албасам.
Сарыбай болбой өлөйүн,
Кайра тарткыс чын жайды
Эрдик барда көрөйүн.
Түйшүктү түптүз салбасам,
Түгөнгүчө урушуп,
Атамын кегин албасам.
Желпиништен чыкканы,
Ат арытып жер чалып,
Кез келген жерден олжо алып,
Доңкоюп жаткан тоо өтүп,
Боорунду эзе муштаймын,
Эр кайратым ушундай,
Бел байлаган белиңе,
Бек жуткагым кармаса,
Бейпайды салам элиңе.
Адырыңа топ кылып,
Айбаттууңду жок кылып,

www.bizdin.kg

Өзөнүңдү бурбасам,
Өкүмүңдү эриңди,
Чогуу бойдон кырбасам,
Сарыбай болуп нетейин.
Желмогуз менин жети атам,
Өчүн алып кетейин.
Чамаң келсе чалышкын,
Маңдайлашып турушуп,
Барсылдашып урушуп,
Кандын баары жутулуп,
Кара чепкен ок өтпөс,
Калсын чогуу тытылып.
Найза сынып чатышсын,
Ок өтпөгөн тулпар ат
Кечерден жерге батышсын.
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Айкөл Манас кабылан
Чапкан эли сен болсоң,
Түтүккөнү басылсын.
Түптүү жүрөк жазылсын.
Айткан сөзгө көнбөсөң,
Айтканымды бербесең,
Тополоң түшөт оюна,
Тозок каптайт тобуна,
Карым келип какайсам,
Катуу жаңжал баштаймын.
Алпыңа кошуп калкыңды,
Такыр кырып таштайын.
Мен Сарыбай өзүммүн,
Тажаалдын кара көзүмүн.
Караңгынын түнүмүн,
Кара тажаал биримин.
Дайрага кирсең бойлоймун,
Биттей бирөөң койбоймун,
Шимисем канга тойбоймун.
Кабылганын кайсаган,
Камандан мыкты Сарыбай
Кармашар жериң камдай кел,
Жаңжалдын жайы момундай,
Чапса таштан тайгылбас,
Ар кескен болот учтаймын.
Кабылганын кайсаган,
Болот текөөр куштаймын.
Каарым келип качырсам,
Суук укурук салармын.
Суктанса бербес Айчүрөк
Бозортуп тартып алармын,
Каран кылам мүлкүңдү,
Карайлатып журтуңду,
Чын кетирем алыңды,
Суудай төгөм каныңды.
Каарланып качырсам,
Чымчым койбойм алыңды.
Чын Сарыбай мен өзүм,
Чыркыратам жаныңды.
Бек тажаалым кармаса,
Береним бейпай кылармын,
Мен Сарыбай чын тажаал.
Беттешкениң кырармын.
Дегениме көп кыргыз,
Айдай сулуу Айчүрөк,
Журт бузугу зор Бакай,
Бул экөөнү бер кыргыз,
Каалап келген Айчүрөк
Олжолоп алып келдим – деп,
Желпинишке барайын.
Бабаңыз Бакай карыны,
Баарын кылган ушу – деп,
Бир канына тоюп алайын.
Бакай өлүп, мен тойсом,
Мен Сарыбай берендин
Толкуп аккан суу кечип,
Ай караңгы түн болуп,
Арадан нече күн өтүп,
Заарлуу-каарлуу көл кечип,
Толкуган дайра суу өтүп,
Ала-Тоолук кыргызга
Бир мүшкүлдү салууга,
Канкор шердин уулунан,
Бир кегимди алууга,

www.bizdin.kg

Эртеңки оюм кеч болуп,
Эки көзүм төрт болуп,
Чын кайрат жаным чыркырап,
Намыс үчүн кан үчүн,
Аманат жаным быркырап,
Желпиништен чыкканы,
Кез келгенди жеп келдим.
Кер тилдүү Сейтек, Семетей,
Бир кериш кылсам деп келдим.
Менин атым Сарыбай,
Басыгыман чаң чыгат,
Кармашымдан кан чыгат,
Кайратыман жан чыгат.
Табылгы жок чок өрттөйт,
Атышкан менен ок өтпөйт,
Сарыбай оңой уул эмес
Сураса бербес Тайбуурул,
Ушундай жаңжал салалы.
Чоң майданга келбесең,
Бу дегенге көнбөсөң,
Жадаал жиним кармаса,
Жаккан отуң өчүрөм.
Жаман мүшкүл күн кылып,
Жаалдууңду койбой олжолоп,
Желпинишке көчүрөм.
Капкандын оозун кан кылып,
Кайраттууңду жай кылып,
Жалынсаң укпайм кебиңди,
Жалаалуу жиним кармаса,
Суутармын демиңди,
Ушинтип бүктөйм белиңди.
Улугунду, шериңди.
Өрт каптаган эмедей,
Жылас кылам элиңди.
Чамаң келсе, ой кыргыз,
Деп айткан сөзгө көңүңүз,
Айкөл Манас алыптыр,
Өлүп кеткен ал канкор
Өзү кашык салыптыр.
Оймок ооз, бото көз,
Ойногон сулуу кызды алып,
Алтын арткан ар алган,
Аты Желмогуз союп ал Манас,
Анда сансыз мал алган,
Түгөткөн экен күлкүмдү,
Алыптыр мынча мүлкүмдү.
Себил кийген шеримди,
Камчыга ченеп бөлүптүр.
Желпиниште элимди.
Жапааны жаман салыптыр.
Күйүтүн көрчү канкордун,
Күйөөсү экен Жар-Манас,
Карындашын Карачач
Желпиниште өзөнгө,
Жетимиш улук элиме,
Кан көтөрүп салыптыр.
Атасы каарлуу душман – деп,
Эсебимди тааптыр.
Эл бузулуп кетти – деп,
Эки жылда бир катар
Ошол элди чааптыр.
Алтындан алым жыйнаптыр,
Алым-булум таба албай,
Менин ата-бабам ыйлаптыр.
Азери тийип канкордун,
Ааламды минтип кыйнаптыр.
Жетпей калып ботомдон,
Жетим калы атамдан,
Жетимимен жетилдим.
Жергеге эптеп кошулуп,
Жер өрттөгөн шер чыктым.
Желмогуздун жалгызы,
Эр Сарыбай мен чыктым.
Тар жерден алдым көчүңдү,
Ушинтип алдым өчүмдү.
Жаман элдин Жарманас,
Желпиништин оюнда,
Кең талаанын боюнда,
Кече береке байдын тоюнда,
Калк толуп эл жайнап,

www.bizdin.kg

Калың эл жайнап турганда,
Тобун жарып жол салып,
Жарманаска кол салып,
Өлбөгөндөн калыштым.
Жаман эл милек, мен жалгыз,
Алты ай тынбай салыштым.
Тулумдуусун тул кылып,
Туркуну чапчу көөдөнүн,
Кармап алып кул кылып,
Жибегин тепсеп жүн кылып,
Агача деген сулуусун,
Олжого алып күң кылып.
Айланы артык салгамын.
Көк кенедей калың журт,
Көңкү барып кыйратып,
Атамын кегин алгамын.
Айта турган ооз ушул,
Алышып келген кол ушул,
Какайган мыктуу бел ушул,
Каарланып күчөсө
Кара канды агызчу,
Кан Сарыбай мен ушул».
Кечээ канкор Манас берендин,
Карындашы Карлыгач,
Жарманастын жайыбы,
Жаадай күрөң ат менен,
Жалаң кылыч байланып,
Каар бетине айланып,
Көк аскар тоодой көрүнүп,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Ургаачы арстан шер экен.
Кайраты мыкты, заары күч
Канчык жолборс өзү экен.
Олоңдой болгон кайран чач,
Төбөсүнө түйүптүр.
Ок өтпөй турган сыйда тон,
Ойрон бейбак кийиптир.
Ок жетпеген Күрөң ат,
Жылкыдан каалап миниптир.
Ок өтпөгөн тон менен,
Көз жетпеген кол менен,
Албан түрдө кол алып,
Кол жайнатып, чок алып,
Касабалап туу толуп,
Асман жарган чуу болуп,
Түгөнгүс айткан кеби бар.
Ар кандай түрлүү эри бар.
Баатыр анда балбан көп,
Балаа баскан катындын,
Башка салган жаңжал көп.
Кер кайкыган урчукта,
Тоо түгөнгөн тумшукта,
Ок өтпөгөн жоо менен,
Албан түмөн кол менен,
Балбандары башкача,
Аты катын, артык шер,
Баатырлары бир канча.
Кара мылтык карс этсе,
Качпай кирчү даңгылдар,
Чогоол мылтык чорт этсе,
Чочубай турган балбандар.
Бука моюн, буура сан,
Булкушса жоону куураткан,
Кармашты катуу баштаган.
Кайран жандан жөн эле,
Өлдүм деп кечип таштаган.
Найзакерден ыктуудан.
Ар жаңжал мүшкүлдөн,
Айла тапчу мыктуудан,
Чубатууга салыптыр.
Чогулганда шуркуя,
Жарманас өлүп калды – деп,
Чын камынып алыптыр.
Көз байланган талаада,
Туюкту бузуп жол салып,
Алты миң кара кол менен,
Карлыгач канчык кол салып,
Бу Сарыбай капырга,
Очогор атса ок өтпөйт,
Оодарышса кол жетпейт.

www.bizdin.kg

Тулпардын баары туйлады,
Доорлуу күлүк балбандар
Сарыбайдан кулады.
Айла кандай болот – деп,
Айла эмне болот – деп,
Манастын уулу Семетей
Шай колдогон шер эле.
Атасы Манас көкжалдан
Артык туулган эр эле.
Жанчышып чама келе албай,
Шай колдогон курган эр
Желмогуз уулун жеңе албай,
«Күйүт-мүшкүл, чоң азап,
Бу кургурда болдубу.
Береги турган Күлчоро –
Шай колдогон эр эле,
Кудайдын сүйгөн кулу эле.
Курган Алмаң төрөндүн
Өлгөндө көргөн уулу эле.
Жайнаган кызыл чок эле» –
Деп ошондо Сарыбай
Акыры мүшкүл иш кылды,
Ар жаңжалды бүт кылды,
Аябай мүшкүл күч кылды.
Каарланып Карлыгач
Кайра жаачу булуттай,
Каарын салып чамынып,
Кынсыз кылыч салынып,
Жел жетпес тоодой ат минип,
Жети чокмор байланып,
Чокморунан чок чыгып,
Айкырганда оозунан
Чагылгандай от чыгып,
Өң бузулуп, көз жайнап,
Карсылдата тиш кайрап,
Амалдын баары үрөлүп,
Акылдын баары түгөнүп,
Эселектер чуркурап,
Э билүүчү эмелер
Ичтен сыздап буркурап,
Айбаттуу экен Сарыбай,
Ар куданын салганы,
Ар мүшкүлү момундай.
Сарыбай тозок чоң экен,
Ажалдын мүшкүл өзү экен,
Адамда мындай жок экен.
Жаңжалды жаман салган соң,
Өткөн жадаал айынан
Ошол Карлыгач катын айынан:
«Сары изине чөп салып,
Саргара кууп алгамын,
Кубара кууп калгамын.
Кайраттансам кырамын,
Житип кеткен ок менен,
Аткан ок таап турамын.
Табышмагым таап бер,
Айтылган сөзгө көнүңүз.
Каруулуу катын Карлыгач,
Карындашы экен Манастын,
Кармап муну бериңиз,
Айткан сөзгө көнүңүз.
Бул деген сөзгө көнбөсөң,
Болбойм деп ачык кебиңди айт.
Майданга чыкчу жериңди ай!
Каркайган кара тооңду айт,
Кайсаңдабай жообуңду айт.
Жылгынды, Талас керүүңдү айт,
Жылас болгон куу кыргыз
Жылпылдатпай кебиңди айт.
Кылча жаның аябай
Кыргын болчу жериңди айт.
Маңдайлашып туруштук,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып уруштук.
Табылбас эчен эр өлүп,
Айзага даңгыл ыктуу өлүп,
Айласы жеткен мыкты өлүп,
Түзөңдүн баары чаң болуп,
Колоттун баары кан болуп,
Айдың, чуңкур, адырга,

www.bizdin.kg

Азууларын аркайтып,
Аттын баары тоо түшүп,
Отундукка жарабай
Найзанын баары боо түшүп,
Колоттун баары кан болуп,
Адыр-күдүр белеске
Өлүп жаткан жан толуп.
Так ошентип Карлыгач,
Кан шимирип катыгып,
Канчык бейбак атыгып,
Адам алы жете албай,
Арстан тиши өтө албай,
Ободон булут тутулуп,
Алты ай тынбай салышып,
Көрүнөө кетти кутулуп,
Албан түрлүү алп өлүп,
Алышып кыйла калк өлүп,
Жаанамда жок эле,
Душманга болот ок эле,
Телегейи тең эле,
Теги кыргыз уулуңа
Темир капка чеп эле,
Жекей белге курчанган
Сарыбай уулу капырга,
Жетимиш сыйра кол салып,
Болот айза сундурду,
Кыргыз көөнүн тындырды.
Ар кескен айза болоттон,
Алты жүзүн сындырды.
Ажал жеткен бай өлүп,
Түңүлгөн экен түшүбүз,
Бурулуп кетти ишибиз.
Кыйла күнгө салышты,
Каалаган султан кишибиз.
Ушинтип чыкты Күлчоро,
Семетейден эр Сейтек,
Баатыр да экен, шер экен,
Бала арстан эр көкжал,
Башкача туулган эме экен.
Алышып ал жете албай,
Азапка калган кези экен.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Тажаалдын кара көзү экен,
Баатырлыгы башкача
Балакеттин өзү экен» –
Деп ошентип журт ыйлап,
Бул Желмогуз уулу Сарыбай,
Түпкө чогуу жетеби,
Ордолуу кыргыз тукумун
Олжо кылып кетеби,
Сумсаңдаган сулууга
Суук колун сунабы,
Солкулдаган баатырды,
Өрттөнгөн чочко кырабы,
Ак калпак кыргыз уулуна
Ушундай мүшкүл кылабы.
Журт чуркурап, эл кейип,
Сарыбай чочко күчөдү.
Сарыбайдын заарынан,
Калкы кейип чуу туруп,
Каңырыгы түтөдү.
Кайран жандан түңүлүп,
Желмогуз уулу көкжалдын
Эр экени билинип,
Бу Сарыбай барында
Бузулат экен дайныбыз.
Бекиген экен жолубуз,
Тартылган экен торубуз.
Кайнаган экен шорубуз,
Байланган экен колубуз.
Чачылган экен каныбыз,
Кыйылган экен жаныбыз.
Бер, Күлчоро, Сейтек, Семетей,
Булардын телегейи тең эле,
Шай колдогон шер эле.
Добул келсе жел тийбес,
Доочу келсе мал бербес,
Кашаттуу аскар там эле.
Ата ордунан асырап,
Эне ордуна сактаган,

www.bizdin.kg

Аскардуу болот шам эле.
Алда Таала жараткан,
Бул береке берген жан эле.
Бул үчөөнүн барында,
Жаалдан кесип жечү элек,
Бизге балакет кайда дечү элек.
Ал аскар тоону жердедик.
Бизге алышып адам жеңбеди,
Бизге каттап душман келбеди.
Эмдигисин карасак,
Сарыбай душман кан чыкты.
Кара мүртөз капырдын,
Кайратынан жан чыкты.
Катуу сынды белибиз,
Сууду белем демибиз.
Бүктөлдү биздин белибиз,
Кыйрады темир чебибиз.
Бу Сарыбай капырдын,
Калк куруткан баатырдын,
Алышып адамдын алы жетпеди,
Арстан тиши өтпөдү.
Адырдагы маралды
Айдай жүрүп уй кылды,
Ай-ааламдын баарысын
Кырып жүрүп буй кылды.
Балааны башка баштады,
Канчаны союп таштады.
Очогор атса ок өтпөй,
Чабыш кылса кол жетпей,
Чама чарчап, ал кетти,
Желмогуз уулу капырдын
Атагы жетип эр өттү».
Калк чуркурап, чуу болуп,
Кайран жандан түңүлдү.
Каардуу душман экени
Сарыбайдын билинди.
Сарыбайдын заарынан,
Салган мүшкүл каарынан,
Журт чуркурап күйүнүп,
Аманат жандан түңүлүп,
Кыйын Сейтек, Күлчоро
Кармашса колу бөлүнбөй,
Жадаткан күчтүү чочконун
Жан коёр түрү көрүнбөй.
Журт чуркурап, чуу болуп,
Эс эндиреп, дуу болуп,
Эсил жандан түңүлүп,
Карашы башка, заары күч,
Желмогуз уулу капырдын
Кайраттуусу билинип,
Калк калтылдап турду эми.
Желмогуз уулу капырды
Кайрадан Кудай урду эми.
Каарланып күркүрөп,
Катуулап жини кармаптыр.
Катынын кара баскансып,
Куугуну чукул качкансып,
Өкүрүгү таш жарып,
Кыйкырыгы баш жарып,
Айбаттанып күркүрөп.
Адамзат бенденин
Азат бою дүркүрөп,
Жай-жарагын шайланып,
Жалаң кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай,
Каары бетине айланып.
Ай бөксөрүп, күн өтүп,
Арстандар, шерлериң
Шай колдогон эрлери,
Тулпар оозун бурушкан,
Турбай нечен урушкан.
Калайыктан кан өлгөн,
Кармашкандын баары өлгөн.
Жер жазыгы көк тайпаң,
Тулпар оозун бурушкан.
Турбай айза сунушуп,
Алчу жерин тушташып,
Уңгусу болот, учу курч
Болот менен мушташып,
Күлчоро чыккан гүлүстөн,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Жетимиш айза сындырып,
Жети тулпар ат өлүп,
Жети жерден жара жеп,
Алы кетип алсырап,
Күлчоро минтип чыгыптыр.
Шай колдогон кайран шер
Эңкейтип душман көрбөгөн,
Эр намысын эч убак,
Эч бендеге бербеген.
Калк чуркурап муну ойлоп,
Калың мүшкүл ой болуп,
Семетейдин эр Сейтек
Түнөп өткөн жерине,
Түптүү чынар орногон.
Атасынан баласын,
Кайыр айткан оңбогон.
А да кирип салышып,
Маңдайлашып турушкан.
Күн белгиси он төрт күн,
Жекеме-жеке урушуп,
Чапчып чама келе албай,
Желмогуз уулу капырга
Чама жетип жеңе албай,
Чымындай жаны чыркырап,
Дене бойдун баарысы
Быт-чыт болуп быркырап,
Кабырга сөөк бөлүнүп,
Көөдөнгө кара кан толуп,
Бу дүнүйө жалгандын,
Тирүүгө себеп кайран баш,
Кызыл челек кан болуп.
Кызмат кылчу эки кол,
Кыймылдабай шал болуп.
Маңдайлашып турушуп.
Эчен күн тынбай урушуп,
Кыйла мүшкүл көрүптүр,
Эр Сейтектин алдынан
Кыйла тулпар өлүптүр.
Такоолдон балбан кан өлүп,
Караан болуп берүүчү,
Жолдошунун баары өлүп,
Желмогуз уулу капырдын
Тажаалдыгы билинип,
Аманат бенде эр арам,
Чымындай жандан түңүлүп,
Эл он-ондон бөлүнүп,
Желмогуз уулу капырдын
Мыктылыгы көрүнүп,
Эл ушинтип турганда,
Ааламга жаңжал баштаган.
Атасы Манас айкөлдөн
Арта тууп таштаган
Серпиши сексен өрт болгон,
Серп алган жагы өрт болгон.
Кайышып тийип катыккан,
Кара көкжал атыккан.
Айбаты артык зор болгон,
Атышкан душман кор болгон,
Атактуу Манас айкөлдөн
Артыгыраак зор болгон.
Ала-Тоону жердеген,
Алышып душман жеңбеген.
Атасынан бабасы
Өлүгүн жанга бербеген.
Басып душман албаган,
Атыгып келген душмандын
Бири да аман калбаган.
Эр экени билинген,
Чынмачын, Какан, Бакбурчун,
Уулуңтуңга, дыңшага
Уруш салган мынчага,
Улукман шердин жалгызы,
Ошол көкжал Семетей
Ок жетпес Буурул ат менен
Кынсыз байлап зулпукор
Зулпукорду салынып,
Ак келте сунуп камынып,
Сарыбай уулу эр менен
Дүмөгү башка, заары күч,
Дүмөктүү, каарлуу эң тозок,

www.bizdin.kg

Сарыбай менен салышып,
Мандайлашып жатышып,
Желжетпес менен Арбуурул,
Бөксөдөн жерге батышып,
Топурак көккө буркурап,
Жазайыл огу чыркырап,
Кара жер үстү сабалып,
Мандайлашып турушуп,
Балта шилтеп, айза уруп,
Былчылдашып урушуп,
Жетимиш күнү тынышпай,
Кирпиктин баары чаң болуп,
Бүткөн бою кан болуп,
Ай караңгы бөксөрүп,
Түн эмне болор – деп,
Аманат жан жоголсо,
Берекелүү баары журт
Күн эмне болот – деп,
Элдин баары эндиреп,
Эрендер жандан түңүлүп,
Сарыбай уулу баатырдын,
Ким экени билинип.
Чама чарчап, ал кетип,
Семетей шундай болуптур.
Ажыдаардай оп тартып,
Сарыбай өндүү зор капыр,
Семеңди бет алганда согуптур.
Улуу дүмөк, чоң жаңжал,
Дүмөгү мынча болуптур.
Эл эндиреп журт кейип,
Эл жанынан түңүлүп,
Эсепсиз жаңжал болуптур.
Камап кирип Таласты
Сарыбай жаңжал салыптыр,
Журт саруулап калыптыр.
Беризаада Айчүрөк
Алты ай тынбай жол жүрүп,
Кайыпчал кызга барыптыр.
Ободон жылдыз козголуп,
О дүйнөлүк дос болуп,
Бек убада кылыптыр.
Ободогу жылдыздай,
Козголушуп алыптыр.
О дүйнөлүк эки кыз,
Дос болушуп алыптыр.
Адам өлөр ант кылып,
Убаданы бат кылып,
Кайыпчал кызы Куялы
Балбандыгы башкача.
Баатырдыгы бир канча,
Телегейи тең экен,
Кыздан чыккан шер экен.
Кулак угуп, көз көргөн,
Кыз арстан дээр экен.
Оолукмасы кармаса,
Окчонтоюн ок кылат.
Алыш кылам деген жан,
Арбыныраак корогон.
Олуя чалдан туулган,
Атагы жанга угулган,
Ааламга салган чуулган.
Кармашып деп кан өлгөн,
Кабылышып жан өлгөн.
Кайраттанып келгенде,
Кан шимирип катыккан,
Калайыктын баарына
Ак сакалдуу чалдарга,
Жүгүрүп ойноор балдарга,
Албан түрлүү жандарга,
Арстандыгы билинген.
Кыздан баатыр чыкты – деп,
Сарыбай жандан түңүлгөн,
Кыздын жайы ушундай.
Найзага камбыл караандын
Ыктуулуугу дагы бар.
Айла билгич эң ыктуу,
Акылга дыйкан ал кыздын,
Мыктуулуугу дагы бар.
Белин кесе байлаган,

www.bizdin.kg

Арстандай көзү жайнаган.
Бет алышкан душмандын,
Бирөө тирүү калбаган.
Эринди кесе чайнаган,
Кабылышып келген жан,
Бирөө тирүү калбаган.
Көркөмү бөлөк, заары күч,
Көрүнгөндү кылган түз.
Көрсөң балбан сулуудан,
Өлдүм деп жандан күдөр үз,
Кыздын жайы ушундай.
Катуу жини кармаса,
Арстандай чамынат.
Ак болот кылыч салынат,
Акылга дыйкан эң билгич,
Каражолтой капырга,
Кылтылдаган катынга,
Чыккан күндөй улууга,
Перизаттай сулууга.
Ажалы жеткен кабылат.
Кан төгүшкөн жаңжалга,
Кыз арстан балбанга
Кайыптан акыл табылат.
Баатырлыгы башкача,
Кыз бадирек балбандын
Баатырлыгы бир канча.
Кыраңды бузуп жол салган,
Кыйла дөөгө кол салган.
Баатырлыгы билинген,
Басташканы бүлүнгөн.
Кызыкканы кыйраган,
Беттен айза урганы,
Чын беттешип турганы,
Оңгон гүлдөй кулаган.
Оюн салган көөнүшман,
Катылган эчен сулаган.
Кыздан балбан экен – деп,
Сарыбайдын атасы,
Желмогуз көрүп ыйлаган.
Ойноо бала жаш кезде,
Атасы экен Кайыпчал,
Эркелетип каранды,
Жаагына бермет тактырган.
Жай аптабын тийгизбей,
Көлөкө жерге бактырган.
Жашы алтыга келгенде,
Тоюна токсон сойдуруп,
Кымбаттап атын койдуруп,
Нардан токсон союптур.
Кыз арстан болсун – деп,
Кымбаттап атын коюптур.
Муну менен Куялы
Кайыпчал кызы болуптур.
Ал Кайыпчал байкуштун,
Малы арбын, бала жок,
Балалуу болор чама жок.
Күзгүдөй көзү кызарып,
Ак сакалы чубалып,
Мууну кетип зирилдеп,
Болот сөөк, алтын баш,
Күүдөн тайып бириндеп,
Кечээ карып келген кезинде,
Жоруктуу акыл кайраттан
Танып келген кезинде,
Жоруктан тайып кайран баш,
Карып келген кезинде,
Жоголуучу түрүнө
Барып келген кезинде,
Жол жорго куу кайраттан,
Төрт түлүк малдын баарысын,
Сарып кылып үрөптүр,
Назарлуу жерге түнөптүр.
Кадыр Алда Кудайдан,
Бала бер деп тилептир.
Желпиниште Кайыпчал,
Малы көлдөй толуптур.
Саяры чукул калганча,
Балага зарыл болуптур,
Көп дүйнөнүн баарысын,
Сарып кылып үрөптүр,

www.bizdin.kg

Мазарлуу жерге түнөптүр.
Малдын баарын жок кылып,
Кадыр Алда Кудайдан,
Бир бала бер деп тилептир.
Эбедейин эзилтип,
Эт жүрөгүн чок кылып,
Кымбат жанын үрөптүр.
Туралбастан куу байкуш,
Кудайдан бала тилептир.
Желбегей торко кийиптир,
Чымын жанды үрөптүр.
Чыны менен Кудайдан
Ушинтип бала тилептир.
Бир берзентти көрсөм – деп,
Көргөн күнү өлсөм – деп,
Баласы жок ээсиз мал,
Бир бала көрүп калса – деп,
Баласы жок, ээсиз мал
Бир бала көрүп калса – деп,
Барса-келбес чын жайга,
Кадыр Алда бир Кудай
Андан кийин алса – деп.
Чын зарланды Кайыпчал,
Бир берзентти көрсөм – деп,
Ошо бала колго тийгенде,
Анан кийин өлсөм – деп,
Желпиништин жети кыр.
Мазар издеп басыптыр.
Бардык дүйнө түмөн мал,
Жети мойнок, кырк чыбыр,
Бала деп жүрүп басыптыр.
Таманы ташка быркырап,
Баатыр жүрөк зыркырап,
Кызыталак жалгандын
Жок экени билинип,
Чыны менен күйүнүп.
Чымындай жандан түңүлүп,
Агарып сакал суюлуп,
Малым арбын, бала жок,
Кандай шумдук болду – деп,
Чымындай жандан түңүлүп.
Өткөн иштин жайынан,
Бир баланын айынан,
Кожо келсе кой берип,
Ай-ааламдын баарына
Алаштай арбын той берип,
Акундарга ат берип,
Бир баланын айынан
Айнытпастан бат берип.
Кыш бөксөрүп оңгондо
Жазга салым болгондо,
Тоодон элик бакырып,
Токойдон күкүк чакырып,
Гүлгө булбул конгондо,
Өсүп чыккан гүлдүү чөп,
Жер үстүнө толгондо,
Суу күрпүлдөп, сай толуп,
Кыш жоголуп жай болуп,
Өйдөлөп эл-журт конгондо,
Кан жайлоо убак болгондо,
Эл өйдөлөп тартканда,
Кымыз, айран нык толуп,
Калайык кышка камданып,
Арчын жыйып жатканда,
Мал-мүлк майга толгондо,
Эл өйдөлөп конгондо,
Бейиш уулу арылып,
Жай толугу болгондо,
Жан-жаныбар макулук,
Жеке кайнап толгондо,
Мына ошондо Кайыпчал
Жеткен мыктуу жан экен,
Кайыпчалдын жанында,
Жөкөрдөн жетөө бар экен.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана чалыптыр.
Жар кыдырып, аң издеп,
Салбуурун кетип калыптыр.
Кечээ тоо жоголгон урчуктан,
Томурайган эркин керүүдөн,

www.bizdin.kg

Медияндын чөлүнөн,
Желпиништин ар жагы,
Жан жүрбөстүн тиягы,
Көз жетпестин урчуктан,
Мунарыктап билинбес,
Көз түгөнгөн тумшуктан,
Жапа деген керүүдөн,
Бери кызы Көкмончок,
Ою кудур баткалдан,
Беризаада бейбактар
Шабиет оюн чоң салып,
Оюн салып жатканда,
Кыр дөбөлүү керүүдөн,
Беризаада бейбактар
Шапар тепкен жеринен,
Кайыбынан кабылып,
Баласы жок Кайыпчал
Ымыркай бала кезинде,
Кайыпчалга Куялы
Ошо жайдан табылып,
Баласы жок кулу башка,
Кыз Куялы кабылып,
Беризаада бейбак кыз,
Ымыркай бала кезинде,
Кыз Куялы табылып,
Муну менен Кайыпчал
Тоюна токсон союптур,
Муну менен Куялы
Кайыпчал кызы болуптур.
Талаадан бала табылып,
Абийири мындан жабылып,
Кападар жүрөк басылып,
Дүмөктүү санаа, күйгөн ич,
Муну менен басылып,
Капанын баарын басыптыр.
Байбичем бала тапты – деп,
Муну менен айыпчал
Талаадан бала табылып,
Абийири минтип жабылып,
Мына ошондо Кайыпчал
Басылды минтип санаам – деп,
Өлгөндө көргөн балам – деп,
Дүнүйөнү бөлчү экен.
Төрт түлүктүү калың мал
Жетиге кызы чыккыча,
Садагага берчү экен.
Жетиге кызы келгенде,
Кан шимирип катыгып,
Кыз арстан атыгып,
Олоңдой болгон кайран чач,
Төбөгө кынап түйүптүр.
Ок өтпөгөн бадана,
Сырттан баса кийиптир.
Жай-жарагын жайланып,
Жалаң кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай,
Каар бетине айланып,
Мына ошондо балбан кыз
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Тиштерине таш таппай,
Кесерине баш таппай,
Себили сексен төрт болуп,
Серп алган жагы өрт болуп,
Он үчкө жашы келгенде,
Кайыпчал эрен өлүптүр,
Кайра тартпас чын жайын
Кайран киши көрүптүр.
Журтка санат кылыптыр,
Төрт түлүктүү калың мал
Санат кылып кырыптыр.
Капыр мөнен бусурман,
Жыйып баарын бет кылып,
Ала-Көлдөй чык кылып,
Жер жүзүнүн баарысын
Кол каптатып бастырып,
Дүнүйөнүн баарысын
Зарып кылып чачтырып.
Атасы экен Кайыпчал
Күн чыгыш менен күн батыш,

www.bizdin.kg

Калайыкка бастырып,
Калың дүнүйө, илек мал,
Зыйнатына чачтырып,
Кыйын атам өлдү – деп,
Кайра келбес чын жайын
Кайран киши көрдү – деп,
Кымыз менен жуудуруп,
Кымкап менен буудуруп,
Замзам менен жуудуруп,
Зарбар менен буудуруп,
Ырчыларга мактатып,
Ышыктарга сактатып,
Чарайнага чаптатып,
Булгаарыга каптатып,
Кулак угуп, көз көргөн
Калайыкка мактатып,
Жердин баары оюлуп,
Жергенин баары тоюнуп,
Аңгемеге кандырып,
Атасына ак сарай
Күмбөз кылып салдырып.
Атасы Кайып өлүптүр,
Мүрт мурааны көрүптүр.
Асманга учуп топурак,
Аскер кайнап топурап,
Ошондо Желмогуз уулу Сарыбай
Кан талоого келиптир.
Кан талоого келгенде,
Капалап каарын төккөндө,
Калыкка жапа салууга,
Калың элди буй кылып,
Такыр талап алууга,
Жааны жалаң салганда,
Жалаң журтту буй кылып,
Талап жатып калганда,
Тулумдууну туу кылып,
Туура баскан кул кылып,
Капканы кармап кул кылып,
Калгандарды ал доңуз
Каарын төгүп жай кылып,
Көкжал атам ашында,
Көп жыйындын кашында,
Атышканы кан болуп,
Алышкан адам жай болуп.
Элдин баары чуркурап,
Эмгек шор тажаал мүшкүл – деп,
Калк чуу түшүп буркурап,
Желмогуз уулу капырдын
Душмандыгы билинип,
Калк жанынан түңүлүп,
Сураксыз алып күлүктү,
Желпиништин журтуна
Жетик салып бүлүктү,
Желмогуз жаңжал кылганда,
Элдин баары чуркурап,
Калайыктар буркурап,
Амалдын баары үрөлүп,
Айланын баары түгөнүп,
Белдин баары бекчейип,
Көздүн баары чекчейип,
Эрендин баары зыркырап,
Эл эсинен жаңылып,
Олоңдой болгон кайран чач,
Ок жетпеген Желжетпес,
Ордодон кармап мингемин.
Жазайылды салынып,
Кулжуңдаган күлүгүн
Куу өлүм болуп кетүүгө,
Ошондо чыктым каматып.
Чарайналап чаптаткан,
Кылдаттарга саптаткан,
Алтын жаак айбалта,
Жасоосуна келгенде,
Желпиништин Жерге-Тал,
Көмүргө түтпөй оюлган.
Көөрүгүнө келгенде,
Алман түшүп атамдын,
Букачары союлган.
Кайсаганды кан кылган,
Тиктеп чапкан адамды

www.bizdin.kg

Эки бөлүп жай кылган.
Уңгусун чокмор чок коюп,
Мизин улап от койгон.
Артык коюп машаган,
Айласы толук Дөөтү уста,
Кайыпчал кызы Куялы
Ылайыктап жасаган.
«Кабылганды кайсаган,
Кез болгонду кемирген,
Беттешкен пенде жеңилген.
Сабын камын бүктүргөн,
Мизине уу куйдурган,
Бүлдүргөсүн билекке
Тобокел деп ургамын.
Бил териси сыр найза
Колдон кетпес сыр найза.
Кылдан түпөк тактырган,
Кылычтар чапса курч өтпөй,
Камбыл дөөлөр жактырган.
Уңгусу болот, курч болгон,
Комокойлуу айзаны
Муну колго алгамын,
Козу боор курч албарс,
Кылычты белге байладым.
Тула боюм топчулап.
Толук аппак бетимди
Ок өтпөс менен үпчүлөп,
Жай-жарагым жайланып,
Жабдыгымдын баарысын
Эр адамга байланып,
Санаа сайлап бөлүнүп,
Желмогуз уулу Сарыбай
Көзгө душман көрүнүп,
Желмогуз уулу ал капыр
Кыз экен деп кордогон,
Элчилиги болбогон.
Ниети кара, заары күч,
Берен өткөн атамдын
Зыйнатына тойбогон.
Чабуул чечип, ок атып,
Эчендин баарын жоготуп,
Каарланып Сарыбай
Кастарын тигип турганда,
Кан талоосу кылганда.
Калайыкты чуулатып,
Атакемин түмөн мал,
Түптүз кирип олжолоп,
Түпкө чогуу жетерде,
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Мөндүр кылып, ок атып,
Ажыдаардай күркүрөп,
Адамзат бенденин
Азат бою дүркүрөп,
Чагылгандай чаңырып,
Жай-жарагын салынып,
Толкуганда капырга,
Тоо туруштук бергисиз,
Адамзат бендеси
Алыш кылса жеңгисиз,
Лөкүлдөгөн кутургур
Адам бенде жеңгисиз,
Сыягына капырдын
Сырттан бенде келгисиз.
Аскер арбын кол болуп,
Аз гана эмес, мол болуп,
Жер түмөндөп чаң болуп,
Желиккенден кутуруп,
Ачуусуна капырдын
Ажалдуу бенде тутулуп,
Атакемин ашында
Азап баштап Сарыбай
Калың жыйын кашында.
Ашты апат кылууга,
Каяшаяк бергендин
Калтырбай баарын кырууга,
Буланы булап алууга,
Бузукту мыктап салууга,
Байлаган экен дөөнү,
Жайытка жарып бээни,
Жайната сайып мээни,

www.bizdin.kg

Чыгармак болгон кутургур
Капкайдагы кээни.
Камынган экен жеринен,
Калың кол жыйнап элинен,
Тузгуруп түпкө жеткени,
Атакемин казына
Түгөл бузуп кеткени,
Алтындын баарын алууга,
Аянбай кирип түмөн мал
Түгөл кырып кетүүгө,
Түрү суук бузулуп,
Сарыбай чатак салганда» –
Кайыпчал кызы Куялы
Кыз арстан бу дагы.
«Чоңдук кылган Сарыбай,
Калк алдында көрөйүн.
Кайрат кылса какшаалдын
Кармашып канын төгөйүн.
Катууласа капырдын
Кабыргасын сөгөйүн.
Бегине бейпай салайын,
Бек күчөсө арамды
Калтырбай карып кылайын.
Капкайдагы кегимди,
Сарыбай кулдан алайын.
Ок өтпөс күрмө тон кийип,
Ок жетпеген Желжетпес.
Казатка камбыл ат минип,
Кылтылдаткан карандын
Кыл куйругун чарт түйүп,
Көкүлүн көккө шүйгүзүп,
Көргөн адам уулуна
Көркөмдүгүн билгизип,
Атакемин Желжетпес –
Кетмен туяк, кең соору
Кенен жердин бууданы,
Кең көкүрөк, тайкы жал –
Керишке минсе кебелбейт,
Чабышка минсе чарчабайт,
Атышка минсе арыбайт.
Куландай көзү кызарган,
Куландай арыш узарган,
Тотудай куйрук чубаган,
Токсон күндүк чөл болсо
Балаасы мүшкүл жер болсо,
Токтоо бербей чураган.
Жоо көргөндө караандын,
Койдой саны бөлүнгөн,
Бугудай мойнун бураган.
Букул чумкур аң келсе,
Буйдалбастан чураган.
Курган атам Кайыпчал,
Мойнуна тумар тактырган.
Жана кемпир Жезтумшук
Чоң сынчы көрүп жактырган.
Кайыбынан кабылган,
Кумга туулуп кутургур,
Кан атама табылган.
Кунанында кутургур
Кулан менен куушкан,
Жез канат менен туушкан,
Жотолору жонгондой,
Көкүлдөн чыккан чокуга,
Алп кара куш зымырык
Түнөк салып конгондой.
Ай соорусу карандын
Кунан чапкан талаадай,
Чаткаягы колоттой,
Маңдайында кашка тиш
Чарыктаган болоттой,
Балтыры бала белиндей,
Басканы тоонун желиндей,
Чоңдугу тоонун теңиндей.
Семиргени сүмбөдөй
Секиргени бүргөдөй.
Туяктары карандын,
Сомдоп койгон чарадай.
Жүрөктөрү карандын,
Тегирмен жүргөн барадай.
Аркардай көзүн жайнатып,

www.bizdin.kg

Кара болот ооздук
Карсылдата чайнатып,
Эликтейин жулкунтуп,
Ээсиз болгон каранды
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Көптөн чыгып бөлүнүп,
Көк аскар тоодой көрүнүп,
Ай-ааламды шаштырып,
Айбандан керим каранды
Маңкандата бастырып,
Дөңкөң-дөңкөң желдирип,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Көркөмүм кызыл арт болуп,
Көк арстан тоодой көрүнүп,
Калк чуркурап сандалып,
Калайык көрүп таң калып,
Себилгиси сексен төрт,
Серп алганы кызыл өрт.
Балбандыгы башкача,
Баатырлыгы бир канча.
Кайсы жердин беги – деп,
Кайдан чыгып келди – деп,
Калк жарылып чуу туруп,
Доолбасты карс уруп,
Керней-сурнай тартылып,
Керикке мылтык артылып,
Желмогуз уулу капырга
Бир беттешип тургамын.
Атам карыган, өзүм кыз,
Тозок салба тоюма,
Азап салба ашыма,
Бу дүнүйө соодагер
Ааламга кан болгон
Атам төрөм өлүптүр.
Кайра келбес чын жайын,
Кайран атам көрүптүр.
Тоодой атам зыйнаты
Топоздон токсон сан сайдым,
Толуп жаткан мал сайдым,
Журт чуркурап, чуу болуп,
Асман жарган дуу болуп,
Зарып болуп чачылып,
Төбөсүз таздан төрт балбан,
Өпкө менен чабышып,
Кан атамын мөрөйүн
Калың эл бөлүп алышып.
Эң тамаша болгондо,
Чатак салып, чыр баштап,
Желмогуз уулу Сарыбай
Ат куйругун шүйгөндө,
Чубатууга киргенде,
Сан кара чаар бээ сайып,
Сандан ашкан мүлк сайып,
Майдандан малды сайышып,
Бакандары майышып,
Жыгылган куру калышып,
Жыкканы мөрөй алышып,
Атакемин көп дүйнө,
Бөлүп алып бай болуп.
Желпиништин коргондо,
Журт чуркурап толгондо,
Көп кызыкка оңгондо,
Жай бөксөрүп, күз келип,
Эл күздөөгө конгондо,
Калктын баары чуркурап,
Атам Кайыпчал ашы болгондо,
Кайыпчалдын ашында,
Ошо күнү Сарыбай
Үксөйгөндөн саксайып,
Бөрүдөй көзү жайнаган,
Каарланып күркүрөп,
Кан ичмеси кармады,
Кабылганды жайлады.
Караандай каары төгүлүп,
Каарына чыдабай,
Калктын баары бөлүнүп,
Чыны менен күйүнүп,
Эл чуркурап, дуу түшүп,
Чымындай жандан түңүлүп,
Кайраты бар калыс эл,

www.bizdin.kg

Качып-шашып бөлүнүп,
Калк чуркурап бөлүнүп,
Душмандыгы көрүнүп,
Журт ичине чуу түшүп,
Азан кайгы бөлүнүп,
Ашың менен апат түш,
Ашына кайдан келдик – деп,
Ашыңдан кызык көрөм – деп,
Сарыбайдан өлдүк – деп,
Тоюң менен топот түш,
Тоюңа кайдан келдик – деп,
Топон жолу көрөм – деп,
Сарыбайдан өлдүк – деп,
Арман кылып кайгырып,
Чабал-чубал эсер жан,
Ат атынан айрылып.
Калк чуркурап, чөп болуп,
Жөө калганы көп болуп,
Кармаарына мал таппай,
Катарына жан таппай,
Эл элтеңдеп турганда,
Каарын төгүп Сарыбай
Канталоосун кылганда,
Төрөкан атам баатырдын,
Төрүнө кудук казганда,
Төрт түлүктүн баарысын
Сарыбай чочко чачканда,
Желжетпестин куйругун,
Жети бөлүп түйгөмүн.
Чын ажал жетсе өлүүгө,
Чымын жанды кыл көрбөй,
Сарыбайга берүүгө,
Калк ичинде кармашып,
Кабыргасын сөгүүгө,
Журт ичинде арамдын
Көөкөрлөп канын төгүүгө,
Кылычты кыя байланып,
Эринди кесе чайнадым.
Кагышты катуу баштадым,
Кадыр Алда берген жан
Кылга байлап таштадым.
Калк ичинде кармашып,
Сарыбайды утууга,
Колума тийсе арамды
Кымыздай канын жутууга,
Калк ичинде Сарыбай
Аттын оозун бурганын,
Тилге келер бекен – деп,
Шекерлүү кептен кылгамын:
«Арбакты башка чакырдым,
Арбаңдаган Сарыбай,
Оруп-жыйып алчудай,
Баштыгыңа салчудай,
Дарданда Сарыбай
Кан деп ашка чакырдым.
Калың элдин ичине,
Калжыраба Сарыбай,
Калыгымды кыргыдай,
Кызыктан көчкөн көчүң жок.
Кырк атаңдын өчү жок,
Маңдайлап жүргөн көчү жок.
Сен бакылдап жүргүдөй,
Мадериндин өзү жок!
Топот салып тоюма,
Тозогуңду көргөзбө.
Азап салып ашыма,
Айбандыгың билгизбе!
Берем сенин жообуңду,
Сунба суук колуңду.
Өрт өчкөндөй өчүрөм,
Өкүлдөгөн деминди.
Сел каптаган эмедей,
Суутамын деминди!
Баатырсынып балпылдап,
Кол чакырдың далпылдап,
Жайнап келген колуңду,
Олжого чечем тонуңду.
Көргөзөмүн көзүнө,
Киши кылбас сонунду!
Оңбогур уулу оңбойсуң,

www.bizdin.kg

Баш-аягын торгойсуң.
Конок деп ашка чакырсам,
Душмандыгың койбойсуң.
Каарлуу жиниң карматкын,
Кам санабайм өзүмөн
Керишиңди түмөн кыл,
Кебелбеймин өзүңө,
Дегениңе көнбөймүн.
Атакемин түмөн мүлк,
Өлбөс көзүм барында
Сарыбай сага бербеймин.
Камбылдыктан качырып,
Калың мал талап алгыдай,
Ойлогонуң тар беле,
Он атаң кеги бар беле?
Саа алдырып ийүүчү,
Балбан кыз арзан жан беле,
Кызыгып турсаң Сарыбай,
Жаңжал жана момундай!
Белестеги белиңди айт,
Бекип жаткан жериңди айт.
Ашка келип меймансың,
Мал талоочу айбансың.
Айбандык кылчу сен эмес,
Алуучу кишиң мен эмес,
Бу кордугуң жөн эмес.
Жаңжалыңды жалгыз кыл,
Мадериңди өлтүргөн,
Ашка келген эл эмес,
Бузулупсуң кутургур,
Бу кордугуң жөн эмес!
Кан талоосун кылуучу,
Кашайган чочко сен эмес.
Калың журттан айрылып,
Кашайып калчу мен эмес.
Кызыгыпсың малыма,
Келипсиң менин каныма.
Конокко ашка чакырдым,
Кордук кылбай сыйды көр!
Комуттуу жиним кармаса,
Койгулашкан чырды көр,
Өкүм кылбай сыйды көр,
Өкүлдөсөң кокустан,
Өпкө жарган чырды көр.
Касабалуу жоону көр,
Кан төгүлүп, баш кескен
Казыр менден чырды көр!
Өкүлдөгөн Сарыбай,
Кан талоосун кыргыдай,
Желмогуздун башы жок,
Жээлиге бербе жөнү жок.
Жетип чаап алуучу,
Жейт-Кайттыктын эли жок,
Жети атаң кеги менде жок.
Кызыркансаң Сарыбай,
Сары адырмак керүүндү айт,
Салыш кылчу жериңди айт.
Ачууланып айкырып,
Аталап ураан чакырып,
Желмогуз уулу капырга,
Жер түгөткөн баатырга,
Эң бейили тар, ичи заар,
Курулай көзүн кысканга,
Айласы кенен бейили тар
Ал Сарыбай душманга,
Ашымды апат бастырып,
Атадан калган түмөн мал
Сарыбайга чачтырып,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн.
Бу Сарыбай капырдын,
Кадуусуна көнгүчө
Капырга олжо болгуча,
Темир торго чалынып,
Теги алтын баш чабылып,
Төрүндө жүрүп өлгүчө,
Тозок арбын, заары күч,
Колунда жүрүп өлгүчө,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Эл тартпаган чын жайды,

www.bizdin.kg

Эртелеп жүрүп көрөйүн.
Эсен жүрүп, соо калбай,
Эң кааласа бул канды
Сарыбайга берейин.
Шакардай ичим кайнады,
Арстандай көзүм жайнады.
Каалгадай кашка тиш,
Тегирмендей кайрадым.
Балааны башка баштадым,
Намыс үчүн, эл үчүн
Артык ушул жанымды,
Кылга байлап таштадым!
Көкжал атам ашында,
Кагышты мындан баштадың.
Желмогуз уулу капырга,
Жер өрттөнгөн баатырга,
Кастарын тиккен капырга,
Адырга пилди чөгөрүп,
Ар жаңжал салып чачыштың,
Алты күн тынбай атыштың.
Ар жаңжалды башыңа,
Сала турган болгону,
Тогуз жол сайып тоңкойтуп,
Тозок отту курманга
Чала турган болгомун!
Тоңкойто сайып кулатып,
Ала турган болгомун.
Эшектей кардын эшерде,
Эчен күн тынбай сайышып,
Арамдын башын кесерде,
Кызык кылып саларда,
Кырып такыр жергесин
Кызык кылып аларда,
Талаанын баарын чаң кылып,
Бөксөнү кара кан кылып,
Бөлөктөрүн жай кылып,
Кырып айдап киргемин.
Ителги тийген жандардай,
Айдап жанчып арамды,
Желпиништин Жерге-Тал,
Жерге-Талдан сүргөмүн.
Кармаш кылып турганда,
Качырып айза урганда,
Айзанын баары быркырап,
Адамдын баары чуркурап,
Алтымыш тамыр сексен сөөк,
Баары кыйрап быркырап,
Ич өрттөнүп, чок болуп,
Келтеден чыккан ок болуп,
Кирпиктин баары чаң болуп,
Ооздун баары кан болуп,
Талаалап баш бөлүнүп,
Кең дүнүйө тар болуп,
Тирүүлүк кылчу эки кол
Кызыл челек кан болуп,
Кызмат кылчу эки кол
Кыймылдабай шал болуп,
Он омуртка, сексен сөөк,
Былкылдабай дан болуп,
Эрте сөзүм кеч болуп,
Өлөргө көзүм төрт болуп,
Ич тызылдап өрт болуп,
Арабан болуп бүркөлүп.
Мен Куялы жаш бейбак,
Ургаачынын узу элем.
Кайыпчал солто чоң кандын,
Эркелеткен кызы элем.
Мени төрөп ат коюп,
Токсондон торко жаптырган.
Аман болсо бул кызың
Ургаачы арстан болот – деп,
Өз ордуна конот – деп,
Касташа келген душманды
Кара нардай оп тартып,
Кайраты келсе сорот – деп,
Көзү ачык сынчы жактырган.
Сынчы сынап билди – деп,
Тогуз миң эркек ордуна
Эркелетип бактырган».
Калк ичинде муну айтып,

www.bizdin.kg

Эл ичинде күйүнүп,
Эрдик тонду кийинип,
Тулпардын оозун бургамын.
Туралбай өчүп чок болуп,
Бышып-жанып от болуп,
Чар-жайыт көңүл бөлүнүп,
Көздүн жашы төгүлүп,
Чама чарчап, ал кетип,
Сарыбайдын каарынан
Калк чуркурап, зар этип.
Желмогуз уулу Сарыбай
Атам кандын сан мүлккө,
Катуу зордук кылганда,
Талан кылган журт кырып,
Доңузду Кудай урганда,
Эрен кийимин кийинип,
Тагдыр жетсе өлүүгө,
Ал кордукчу капырдын,
Жазасын колго берүүгө,
Акыл укпай, тил албай,
Арбактаса кокустан,
Кармашып көзүн оюуга,
Каршы келип ок атса,
Калтырбай кулду союуга,
Кара болот ар кескен,
Кындан сууруп алууга,
Кымбаттуу тирүү көрүнсө,
Кызыктым эки бөлүүгө.
Ок жетпеген ат минип,
Оолукмам кармап ич күйүп,
Тулпар оозун бургамын.
Сарыбайдын алдында,
Ушул кепти кылгамын.
Желмогуз уулу сен болсоң.
Кайыпчал кызы мен болом,
Кан атамдын ашы экен,
Калың жыйын кашы бар,
Адамды башка чакырдым.
Бүктөбөгүн белимди,
Эндиретпе элимди.
Түгөтпө баатыр күлкүмдү,
Кайран башым барында,
Сага талатпаймын мүлкүмдү!
Талап алчу сен эмес,
Талатчу бейбак мен эмес.
Касиеттүү жерим бар,
Желпиништин бөксөдө,
Жердеп жаткан ал жерди,
Жаман эл деген элим бар.
Бел байлаган белим бар,
Бекинип жаткан жерим бар.
Казган чуңкур орум бар,
Түшсө мөңкүп чыга албас,
Темирден кенен торум бар.
Касыш кылсаң казышам,
Чабыш кылсаң чабышам,
Айтар сага жообум бар.
Алуучу балбан сен эмес,
Атакемдин түмөн мүлк,
Талатып ийчү мен эмес,
Бул кылыгың жөн эмес.
Калкым талап кетти – деп,
Олжо болуп өзүңө
Барчу бейбак мен эмес».
Калк ичинде муну айтып,
Ач арстандай чамынып,
Жадаалданып күркүрөп,
Адамзат бенденин
Азат бою дүркүрөп,
Каарланып чамынып,
Кеп укпастан камынып,
Өкүргөндөн бакырып,
Ай-ааламдын баарына
Тополоң салып сапырып,
Эки көздөн от чыгып,
Чоң мурундан чок чыгып,
Каарланып чамынып,
Он сегиз миң ааламды
Жутуучудай камынып.
Адам көөнү бөлүнүп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Аскар тоодой көрүнүп,
Кызыл жээрде ат минип,
Кызыл макмал тон кийип,
Кыйгачтанып кутуруп:
«Баласыз кеткен Кайыпчал
Малы арбын бала жок,
Ал бадирек куу башты
Чаппай турган чара жок.
Айбаттанып айкырсам,
Суудай канын төгөмүн.
Малы арбын, бала жок,
Төрт түлүктүү калың мал,
Камчыга ченеп бөлөмүн.
Тоюңду тоноп кыламын,
Токтотпой журтуң кырамын!
Байлап соём дөөңдү,
Өрүштөн жарам бээңди,
Жайыттан тием жылкыңды,
Быт-чыт кылып талкалап,
Чачамын сенин мүлкүңдү.
Сырттансынган канчыгым,
Сындырайын шагыңды.
Жалынгын укпайм сөзүңдү,
Жадаалданып качырсам,
Жаман кылам өзүңдү.
Эзелки жиним кармады,
Эңгиретем элиңди,
Ээликме жиним кармады
Эми бүктөйм белиңди.
Байкап көрбөйм көзүңдү,
Оолукма жиним кармады,
Олжо кылам өзүңдү.
Жалпы журтуң бир бөлүп,
Жалынсаң укпайм кебиңди.
Түгөтөйүн канчасын,
Капкайдагы демиңди,
Чыгарайын желиңди.
Өлөт кылам жаныңды,
Олжолоп чачам малыңды!
Менин атым Сарыбай,
Каарым келди какайдым.
Катуу багыт кыламын,
Кайрат кылса элиңдин,
Кан-бектерин кырамын!
Катуулап жиним кармаса,
Эсебиңди табамын!
Эзелки жиним кармады,
Канталоосун кыламын.
Ургаачың коюп, эриң чык,
Семең төрөм, өзүң чык.
Калдайган чапан кийчүүң чык,
Кажыбай жоого тийчүүң чык.
Айзага даңгыл ыктууң чык,
Айлаң толук мыктың чык.
Бирөөң калып миниң чык,
Ак сакалдуу карың чык.
Желпиништик баарың чык!
Топот кылам тобуңду,
Токтобой кырам чогууңду.
Суудай төгөм каныңды,
Олжолоймун баарыңды.
Татытарга тузуңду,
Тал түштө тартып алсам – деп,
Куялы сендей кызымды.
Айта турган кебим бар,
Акыры сенде кегим бар.
Бир балакет салгансың,
Эл барбастын бөксөдөн
Кечээ жылкыны тийип алгансың.
Мал олжолоп, эт союп,
Күнкор болуп калгансың.
Күлүктөн тандап малды алып,
Эл четинде кенди алып,
Эрдигиме эчен жан
Кызыккан экен таң калып,
Кароолдогу канымды,
Кыйдың эчен жаныңды.
Обу жок олжо той кылып,
Алгансың мынча малымды,
Өлтүрдүң балбан баарымды.

www.bizdin.kg

Түтүнү жок чок кылып,
Бир өрттөдүң жанымды,
Кетиргенсиң алымды.
Олжо кылып кеткенсиң,
Эчен тулпар малымды,
Жалынса укпай кебимди,
Жалдыратып чапкансың,
Сен да менин элимди.
Сууткансың кыз канчык,
Какайып турган белимди.
Тар кыя, зоңкок татаал жол,
Көч алганы келгемин.
Тарчылык мүшкүл чыр салып,
Талыбай алты ай салышып,
Аты катын балбан кыз,
Сенден өч алганы келгемин!
Теңдикке көнсөң канчыгым,
Кайыпчалдын казына
Бөлүшкөнү келгемин.
Каарланып какайсаң,
Качпай күн-түн салышып,
Өлүшкөнү келгемин.
Деген сөзгө көнбөсөң,
Канталоосун бербесең,
Эгин-тегин айдатпайм,
Жердин үстүн ачтырып,
Оокатчылык чаптырбайм.
Каарланып какайдым,
Катуу тийдиң жениме.
Кан ичким келди түрүмө,
Өлүп жетем кор болбой,
Деп айткан сөздү билиңиз,
Катуу жинди келтирбей,
Канчык долум тийиңиз!
Куялыдай балбанды
Эр Сарыбай алды – деп,
Касабат өкүм туу толсун,
Асман жарган чуу болсун.
Түрлүү журтка даңк болсун,
Калгандарга арк болсун.

Кызыл көйнөк, айча бел,
Кыз баштаган сулууң чык,
Кылпылдаган уулуң чык,
Баарыңды олжо кыламын,
Баары жогуң кырамын!
Менин атым Сарыбай,
Бек жиним келди момундай.
Каарым келсе какайдым,
Айбаттана бакырдым,
Ай-ааламдын чатагын,
Ушул бүгүн чакырдым.
Таамай жиним кармады,
Таштабай журтуң кырбасам,
Сен өңдөнгөн кыздарды
Талаада катын кылбасам,
Сарыбай болбой өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн» –
Деп, ошентип Сарыбай
Ал айбатты кылганда,
Санаа сайлап бөлүнүп,
Сандап мүшкүл миң санаа,
Жанга жакын көрүнүп.
«Азат боюм тик туруп,
Намыска келдим шордуу жан,
Каарданган капырды,
Арбын зарды батырды,
Башка зарлуу баланы,
Басып жанчып соёмун.
Тыйпыл такыр кыйратып,
Балбандарын соёюн.
Капыр экен Сарыбай
Капкайда жинин кагайын.
Катуулап алты ай салышып,
Бир эсебин табайын.
Белгилүүсүн соёюн,
Бегирээк чамаң келбесе,
Ушул бетпак иттен өлөйүн!
Заардуу дүмөк мүшкүлдү
Төбөгө келсе көрөйүн.
Кадыр Алда кааласа,

www.bizdin.kg

Буйругуна көнөйүн.
Артык кымбат алтын жан,
Зордукчу экен Сарыбай
Сарыбайга берейин.
Кан атамдын ашында,
Калың жыйын кашында,
Каардуу душман ит менен,
Кармалашып көрөйүн.
Эл ичинде сайышып,
Эрдиги канча көрөйүн.
Кан атамдын казына,
Кай бетим менен берейин.
Кутурган окшойт куу чочко,
Куп беттешип урушуп,
Муну менен эми бир
Кулжуңдашып көрөйүн!
Маңдайлашып турушуп,
Балта шилтеп, айза уруп,
Барсылдашып урушуп,
Ай-ааламды даң кылып,
Жердин үстүн чаң кылып,
Күч сайышып билейин.
Кутурган экен куу чочко,
Муну менен эми бир
Кулжуңдашып көрөйүн.
Бул жеринен чыкканда
Каруудан калбай чалкайтып,
Жадаалданып алыптыр.
Колуна тийсе капырдын,
Жеткилең заман акырдан,
Баданасы бөлүнбөйт,
Жан койчу түрү көрүнбөйт» –
Деп, ошентип муну ойлоп:
«Желжетпес санга бир салып,
Жеткилең болот айза алып,
Тулпар оозун бургамын,
Турбай айза сунганмын.
Өпкөнүн кынай бети – деп,
Колко, боор, жүрөктүн
Кошулушкан чети – деп.
Өлчөлүүнүн өзү – деп,
Өкүм алда бир кудаа
Мүшкүл тажаал душмандын
Өлүп калчу кези – деп,
Тамандаса кокустан
Калмак ээрдин кашы – деп,
Жантая сайсам кокустан,
Айбалка сөөктүн башы – деп,
Астында тулпар Желжетпес,
Кара жаак булдурсун,
Кармай калып имерип,
Катын сындуу доңузду
Капталга тартып жиберип,
Туюгун бузуп жол салдым.
Айта-буйта дегенче,
Ачып көздү-жумганча,
Желмогуз уулу Сарыбай
Тулпар оозун бургуча,
Айкырык салып күркүрөп,
Айбатынан эл качып,
Каалгадай кашка тиш
Тиштеп койсо быркырап,
Алапайын табалбай,
Калайык качып чуркурап,
Жер майышкан чочкого
Желикме жиним бир кармап,
Желжетпес оозун бургамын
Жетип айза ургамын.
Калк ичинде арамды,
Качырып найза ургамын.
Жети күн тынбай алп менен
Жаалданып жатыштым.
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып жадатып,
Былчылдашып урушуп,
Балтанын баары быркырап,
Найза сынып чыркырап,
Дөбөчө колот түз болуп,
Адамзат бендеси
Унуткусуз иш болуп,

www.bizdin.kg

Кармашты катууташташып,
Жапалуу жаңжал башташып,
Асманга учуп топурак,
Жер тумандан боз болуп,
Ай-ааламдар козголуп,
Дөбөнү чаңдап чаң алып,
Коктуну кара алып,
Эл чуркурап козголуп,
Эзелки жиним козголуп,
Кызыталак дүйнөнүн
Жалгандыгы билинип,
Желмогуз уулу капырдын
Жадаалына жан турбай,
Жамыйгат жандан түңүлүп,
Жадаалдуу жаңжал чыр болуп,
Калайык жандан түңүлүп,
Жер майланган чочконун
Жалаңкыч түрү билинип,
Кан чыркырап жутулуп,
Ок өтпөгөн бадана
Быт-чыт болуп тытылып.
Каркайган кара кабырга,
Кат-катынан сөгүлүп,
Желмогуз уулу чочконун
Тажаалдык түрү көрүнүп,
Эстүү бенде күйүнүп,
Эси жок билбес урган сай
Эми калбай өлдүк – деп,
Эсил жандан түңүлүп,
Кагылышкан кан өлүп,
Кармашкан жандын баары өлүп,
Түпкү бир казган ор болуп,
Туура адамдын көргөнү
Кайнаган калың шор болуп,
Калк ичинде калышып,
Аш кашында салышып,
Салышты арбын кылгамын.
Калк ичинде доңуздун,
Алтымыш балбан жан кошчу,
Ошол алышкан жерде кыргамын.

Чама кетип чабышып,
Найза кыйрап алышып,
Күндүзүндө уйку албай,
Алтымыш күнү салышып,
Шунум бозой кан өлүп,
Кылмышы жок жан өлүп.
Албан түрлүү элде өлүп,
Ашка келген жалпы өлүп,
Касаба желек тутулуп,
Караса мүшкүл чуу болуп,
Кагышты катуу салыштым,
Кыргынды кызык баштадым.
Кызыталак керек жан,
Кыз да болсом намыска
Кымбаттуу шекер таттуу жан,
Кылга байлап таштадым.
Өлүмгө буруп көөнүмдү,
Намызга байлап белимди,
Асырап калдым элимди.
Атам карыган, өзүм кыз,
Айла барбы чочкого:
Тажаалдуу түргө чатылып,
Кан тамдын ашында,
Калың жыйын кашында,
Бөксөнү басып, жол салып,
Баатырсынып, шерсинип,
Бардык журттан эрсинип,
Кутурма жиндүү өрттөнгүр
Айгыр сындуу алкынып,
Бука сындуу булкунуп,
Маралды кармап уй кылып,
Канкорлукту билгизип.
Кылмышы жок, кеби жок,
Ашка келген калыктын,
Чымындай жанын күйгүзүп,
Койбой кордук салганда,
Калың журтка чыр баштап,
Буй түшүрүп калганда,
Жапалуу жаңжал салганда,
Уруучу Кудай урганда,

www.bizdin.kg

Катуу жаңжал салганда,
Кылышына кынтык жок,
Кызырлуу журтту кырганда,
Сураса бербес мүлкүмө
Суук колун сунганда.
Төбөндөн тийген доңузду
Ошентип Кудай урганда.
Кылмышы жок кайран эл,
Кыл таштабай кырганда
Жадаалын төгүп калың эл,
Зордук кылып турганда,
Желмогуз уулу ал капыр
Карагайдан ноо кылып,
Мүшкүл каран тоо кылып,
Жан көрбөгөн жол кылып,
Кырканы бузуп жол баштап,
Кайырлуу элге чыр баштап,
Көрүнөө салып кордукту,
Ай-аалам бузуп чыр баштап,
Ашырган мынча зордукту.
Талкалап тээп чараны,
Май кылган миздей талааны.
Койбой кылып кордукту,
Башка салып зордукту,
Кордугуна чыдабай
Койбой жаңжал салгамын.
Ашка келген калың журт,
Ажалдын чыккан огунан
Душмандын темир торунан,
Тозоктун жанган чогунан,
Заарлуу иттин колунан
Калдай башым туу кылып,
Кыз жанымды эр кылып,
Белсенип келген душмандын
Бек айласын тапкамын,
Колум менен чочконун
Капкайдагы жинин каккамын,
Эсебин минтип тапкамын.
Эчен тынбай сайышып,
Эчаккы жинин каккамын.
Добул урса жел тийбей,
Тозокуга мал бербей,
Желпиниш журтун сактадым.
Сактап алган себебим,
Желмогуз уулу капырдын,
Калк бүдүргөн баатырдын,
Калың журтка бир мүшкүл
Калк дүмүйгө какырдын,
Күбүң атам Кайыпчал
Ааламдан ашкан бай экен,
Ар түлүгүң эң кенен
Ай-ааламга жай экен.
Желмогуз уулу капырдын
Каарлуу мүшкүл чыр салып,
Эмне сөзү бар экен?
Желпиништей Жерге-Тал
Жердеп атам конуптур.
Төгөрөктүн төрт бурчу,
Атамдын малы толуптур.
Желмогуз уулу капырдын,
Жер куруткан аткырдын,
Аласын ала качпасам.
Ак казына дүйнөсүн,
Сарып кылып чачпасам.
Кыйырына кыргын салбасам,
Кылча жаным кор кылып,
Зордук салып калбасам.
Азапка өзү чатылып
Аш үстүндө катылып
Ай бөксөргөн жайында
Сарыбайдын айынан
Өлбөгөндөн калыштым,
Кыргынды кызык баштадым.
Кыз башымды эр баалап,
Намыс үчүн, калк үчүн
Атакем кандын даңкы үчүн,
Журт көздөгөн бел үчүн,
Канга ороп башым туу кылдым,
Жетимиш күнчө урушуп,

www.bizdin.kg

Сарыбай кулга чуу кылдым.
Кармашты катуу баштадым,
Катуу жаңжал салганмын.
Кара таман жаман эл
Ажалдын турган огунан,
Заары күчтүү, пейили тар
Сарыбайдын колунан
Ажыратып алгамын.
Айчыгы каухар боз кисе
Алып белге буугамын.
Алты сан колум буй кылып,
Сарыбайды куугамын.
Алп балбанын алгамын,
Кайраты бар тыгылып
Узунунан салгамын.
Каяшаяк кылганын
Жол үстүнө жаргамын.
Арбын кылдым атышты,
Катуу кылдым кагышты,
Сарыбай уулу капырдын
Ашкере кылдым алптарын,
Түйүнүн кырып таштадым.
Түгөтүп кырып таштадым,
Албан түрдүү жолдошун
Тоңкойтуп сайдым дөөсүн,
Чыгарып ийдим арамдын
Капкайдагы кээсин,
Токоюн чалып жол кылып,
Ай-ааламын кор кылып,
Кылыч менен кыргылап,
Найза менен ургулап,
Тажаалды жаман салганмын.
Желмогуз уулу капырдын
Налыш кылып турганда,
Катынга алым жетпейт – деп,
Атасы бүгүн өлгөнсүп,
Ардангандан күйүнүп,
Арстандыгы билинип,
Чыңыроон баштап кыйкырып,
Чын колунан айрылып,
Катын башым эр кылып,
Кынап белим бууганмын.
Жер майланган чочкону,
Желпиништен кууганмын.
Жаңжал жайы мындай – деп,
Ошондой чырды кылганмын.
Берендерин кулатып,
Белгилүүсүн сойлотуп,
Туюкту басып жол кылып,
Балбансынган арамды
Баарын союп көр кылып,
Тууга чабар балбанын
Таманга таптап бул кылып,
Кароолго койгон адамын
Кармап алып кул кылып,
Буудан оозун бурдурбай,
Ай-ааламга тургузбай,
Атыштарды салганмын.
Карып кылдым балбанын,
Карайлатып жыкканмын,
Кайрылып жаңжал салганмын.
Алыштын жайы ушул – деп,
Ат бороюн сыдырттым.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төбөндөн тийген арамды
Төрт айланта кыдырттым.
Артын жерге тийгизбей,
Алты күнү бир кенен
Жерге кенен жүргүзбөй,
Эрки менен болтурбай,
Эки күн жерге кондурбай,
Эпсиз жаңжал салганмын.
Жел жетпес ичин ачырып,
Жер майышкан чочкону,
Желпиништен качырып,
Кынап белим бууганмын,
Кырдап найза сунганмын.
Күндүз дебей, түн дебей,
Кытай алган чочкону
Кызык кылып кууганмын.

www.bizdin.kg

Ордолуусун кул кылып,
Ою кара түн болуп,
Чырдыгы элге билинип,
Чымындай жер таппай,
Кирерине көр таппай,
Корголорго куу таппай,
Кирерге дайра суу таппай,
Айыл конор эл атпай,
Барарына жер таппай,
Саны мол сайыш салганмын.
Сары изине чөп салып,
Желмогуз уулу капырды
Саргарта кууп алганмын.
Куу изине чөп салып,
Кубартып кууп алганмын.
Кулжуңдаган чочкого
Куп жаңжалды салганмын.
Бел байлаган бегинен,
Ажыраттым арамды
Бекем жаткан жеринен.
Буй түшүрүп арамды,
Ажыраттым элинен.
Карылуусун сойгонмун.
Кайраттуусун талталдап,
Такыр кырып койгонмун.
Төбөсүнө басканмын,
Тирүүлөй журтун чакканмын.
Миңдей жаңжал баштадым,
Кайрат кылган эрлерин
Калтырбай кырып таштадым.
Адыр кашат өзөндү
Өзүм чалган жол эле.
Желмогуз уулу арамды
Ала жүргөн кол эле.
Желмогуз уулун табалбай,
Ат аркасын сыдырдым.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айланып кыдырдым.
Ак тулпар ичин ачырып,
Арам кулду качырып,
Болот найза тиздедим,
Жердин үстүн кыдырып,
Жети жыл тынбай издедим.
Басылган эмес кордугу,
Жылгын, Кеңи-Кол, Таласты,
Камап жаткан зордугу,
Кашаты бийик ыраң бел –
Чала жүргөн жол ошол.
Желмогуз уулу капырга
Алыша жүргөн кол ушул,
Айтышып жүргөн ооз ушул,
Кыз Куялы мен балбан –
Кылымга салам чоң жаңжал.
Сайыш кылып беттешсем,
Сарыбай мага туш беле,
Алда Таала Кудайдан
Сураганым ушу эле.
Болотумду мокотуп,
Сарыбайды жоготуп,
Кечээ бери конгон керүүгө,
Беринин кызы Көкмончок
Оюн салган жеринде,
Астымдагы Желжетпес
Чидер салып баймактап,
Астымдагы буудандын
Ээрин алып жайдактап,
Астында чынар теректе
Аса байлап баймактап,
Белестен суусун кандырып,
Мээр чөптөн чалдырып,
Жан-Баспасты бакалап,
Астымда тулпар Сайкашка
Алтын менен такалап,
Басарыма тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Салбурун ойноп, чаң салып,
Селкинчек ойноп, даң салып,
Кыз жыйын ойноп даң кылып,
Кыйын ойноп чаң салып,
Эриксе элик атканда,

www.bizdin.kg

Эрикпесе кайран жан
Өзөн сууда чук терек,
Чук терек бойлоп конгондо,
Оюн гүлдөп толгондо.
Таң кашкайып атканда,
Тараза жылдыз жоголуп,
Тоңкоюп тоого батканда,
Таң сүргөндүн муздак жел
Өзөн ылдый урганда,
Таң кашкайып турганда,
Асмандан жылдыз жаркырап,
Таң кашкайып ачылып,
Кечээ жерге жарык чачылып,
Кечээ беризаада Айчүрөк
Беделдүү күнүм кетиптир.
Сарыбай каарды салган соң,
Талкан кылып Таласты
Сарыбай камап калган соң,
Акундун кызы Айчүрөк
Жер дүйнөнү сыдырып,
Ай-ааламды кыдырып,
Армандуу канын арыттым,
Асыл башын карыттым.
Көңүл сайлап бөлүнүп,
Сарыбайдын каарынан
Көзүнүн жашы төгүлүп
Каны калып бир кашык
Чымындай жаны чыркырап,
Чыдай албай буркурап,
Санаа сайлап бөлүнүп
Көздүн жашы төгүлүп,
Чымындай жаны чыркырап,
Чындап кирген сабылып,
Мен бейбакка жалынып.
Жалынып жаткан себеби –
Көктө жылдыз боз эле,
Мени менен бейтаалай
Акыреттик дос эле.
Дууба душман Сарыбай
Кордугу өттү чочконун,
Атышты арбын салгын – деп,
Жеткилең Кудай каарынан
Ажыратып калгын – деп,
Кудай шер деп жараткан,
Курган султан Семетей
Телегейи тең эле.
Ичин карап отурсаң,
Жер үстүнөн кең эле.
Эркек карап, катын тууп,
Бир жаралган кайран шер
Адамда болбойт деги эле.
Күн жүздүү султан төрөнү
Күйөө кылып алыңыз.
Күйүттүү душман Сарыбай,
Күрөштү мыктап салыңыз.
Каарлуу иттин колунан,
Семетейдин Сейтегин
Алмамбет уулу Чорону
Ажыратып калсын – деп,
Ыйлап Чүрөк чыркырап,
Борумдуу шекер сөз айтып,
Боздой берген буркурап.
Кайыбыман кеп угуп,
Каалаганым Семетей
Желмогуз уулу эр менен,
Касташып жатат деп угуп,
Арбын атыш салганын
Айкөл шердүү баладан,
Ажыратып калганы.
Ашып-шашып жол жүрүп,
Күндө тынып калбастан,
Күн тынымын албастан,
Жатып жамбаш талдырбай,
Жантайып уйку кандырбай,
Тоңкойгон бийик тоо ашып,
Томурайган коо кечип,
Ат аябай жол тартып,
Ашуу ашып, таш басып,
Араң мен жетип конгонмун.
Ат торгойдой болгондо

www.bizdin.kg

Ашып-шашып жол жүрүп,
Калайман тартып келгенмин.
Каалаганым эр Султан
Канкор шерди көргөнмүн!
Кечээ астыга салса акжолтой,
Артта жүрсө сан колдой,
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Көгала калкан ойногон,
Беттесе жанды койбогон.
Көзү көргөн алыстан,
Көп жыйындын ичинде
Жеке чыккан жарыштан.
Олуяттын ойрону
Кызырлуу шердин коргону.
Кымбат Бакай карыя,
Кылымды билген олуя,
Багы бар Бакай абаңыз,
Баркын мынча караңыз.
Батасы жанды байыткан,
Баркы жанды жарыткан.
Айтканы эки болбогон,
Ай-ааламды торгогон.
Канча жерден кат алган,
Кызырдан кыркча бата алган.
Кымбат Бакай атанган,
Билимдүү жерден бата алган.
Билбегенди билгизген,
Миңди жолго киргизген.
Бабам Бакай карыя,
Айкөл шердин алдына
Кожодон токсон жыйдырып,
Куптап нике кыйдырып,
Данакер Бакай карыя
Кайыпчал кызы байкушту,
Канкорго алып берген соң,
Асмандагы жылдыздай
Козголушуп калышып,
Айкалышып эки арстан
Ургаачы-эркек шер болуп,
Кошулушуп калган соң
Ак буудайдын унундай,
Жуурулушуп калыптыр,
Ак бөкөндүн кымындай,
Суурулушуп калыптыр.
Бир кызыкка батышып.
Бир төшөккө жатышып,
Эптүү жайга конушуп,
Эрди-катын кошулуп,
Мүшкүл иштин айынан
Желмогуз уулу Сарыбай
Сарыбайдын барынан,
Желмогуз уулу капырга
Шилтесе кылыч кеспептир,
Арстан тиши өтпөптүр,
Адамдын алы жетпептир.
Сарыбайдын каарынан,
Журтка төккөн заарынан,
Манастын уулу эр Семең
Кайыпчал кызы Куялы,
Балбан кызды алган соң,
Мына ошондо балбан кыз
Кагышты катуу баштаптыр.
Улуу жомок чоң кызык,
Эчен сапар урушкан.
Сарыбай долу капырдын
Жомогун айтып таштаптыр.
Кайыпчал менен Желмогуз
Аштык сепсе жер бирге,
Жыргал сонун эл бирге,
Короо-конуш жер бирге,
Кордук мүшкүл кеп айтып,
Кайыпчал кызы Куялы
Дууга кирип алыптыр.
Бүтпөй турган чоң мүшкүл,
Чууга кирип алыптыр.
Адам ашпас ашуунун
Кырын айтып таштаптыр.
Сарыбай менен салышкан,
Эчен мүшкүл, уулу дуу
Чырын айтып таштаптыр.

www.bizdin.kg

Сарыбай менен чоң жаңжал
Сыр айтып жомок баштаптыр.
Улуу мүшкүл, калың чыр,
Ошончо кызык чоң жомок
Баарын айтып таштаптыр.
Тилегин Кудай берген соң
Тиктеген тилек каалоо иш,
Тим эле Кудай берген соң.
Жетик тулпар Желжетпес,
Тартып оозун бурду эми.
Кармашары Сарыбай,
Каарлуу душман мамындай.
Бейли жумшак, ичи кең,
Балбан кыз жайы мамындай.
Аттын оозун бурду эми,
Бар олуя шерлердин
Кабылан Бакай, Каныкей,
Бул өңдөнгөн эрлердин,
Батасын сурап турду эми.
«Желпиниш менен күн чыгыш,
Өзүм чапкан жол эле.
Желмогуз уулу капырды,
Жети жолу сайган кол эле.
Өпкө жарып, баш кескен,
Чатак кылып кан төккөн,
Кеги бар душман жоо эле.
Керишти кенен салайын,
Калайык үчүн, эл үчүн
Каардуу душман Сарыбай,
Карсылдашып калайын.
Кабылан атам кан Бакай,
Картайган энем Каныкей,
Батаңды берсең алайын.
Калайык үчүн, эл үчүн,
Мыктап жаңжал салайын.
Чын ажал жетсе өлөйүн,
Жараткан Алда жазуусун
Маңдайга түшсө көрөйүн.
Калайык үчүн, эл үчүн,
Адашкан Айкөл шер үчүн,
Арстан кайним Күлчоро
Артыкчасы сен үчүн,
Көңкү төмөн сан үчүн,
Көк жал Сейтек бала үчүн,
Чын буйрукту көрөйүн,
Чын ажал жетсе өлөйүн!
Бардыгы шерлер сен үчүн,
Барса-келбес чын жайды
Эртелесе көрөйүн.
Абийир ажат күн берсе,
Аңдышканым Сарыбай
Кармашып канын төгөйүн.
Атасы душман мүшкүлгө
Аябай силкиш салайын.
Басып жаткан душмандан,
Алты атам өчүн алайын.
Айлам келсе арамды
Бир мүшкүлдүү шорго малайын.
Каалабаса Жараткан,
Капырдан өлүп калайын.
Капыр менен бусулман,
Канча адам жоодон кысылган.
Кармашарым Сарыбай,
Капырдын жайы мамындай.
Кудай билет өлүштү,
Кудай билет арамдан
Кайрылып эсен келишти.
Мүшкүл арбын заары күч,
Кабылганды кылган түз,
Балбандыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча,
Заары кымбат бейли тар,
Бул өрттөнгөн Сарыбай
Мүшкүлдүн иши мамындай.
Кечээ канкор көкжал кайната
Кыргын кылып кытайды,
Кырып турган кезинде.
Ай-ааламды тебелеп,
Жарып турган кезинде.
Канча болот зулпукор

www.bizdin.kg

Боло турган кезинде.
Караткан калың душманды,
Жоолоп турган кезинде.
Мединенин чөлүнөн,
Жөн турбастын жээгинен,
Күнүмдүктүн бери бетинен,
Жан-Баспастын чебинен,
Кайыбынан кабылган,
Какылдаган карга жок,
Куркулдап учкан кузгун жок,
Сойлоп качкан жылан жок,
Оюн салган кулан жок,
Эчен буйруп кабылган.
Асты жердин бири – деп,
Алда сүйүп туш келип,
Ээн талаадан табылган,
Ага ажалдуу бенде табылган,
Арстан көкжал баатырга,
Алда буйруп табылган.
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтеген жандар мүрт кеткен.
Караңгы түндө суурса,
Мизи өрттөнүп кызарган.
Кыяптуу жоого шилтесе,
Кырк кулачтан узарган.
Каарланып сууруса,
Кан ичпей куру жүрбөгөн.
Канга мыктап тойбосо,
Катканда кынга кирбеген.
Кайнатамдын Зулпукор,
Каалап калдым алайын.
Желмогуз уулу капырга,
Жетсем кылыч салайын.
Чын кагышып көрөйүн,
Чындап канын төгөйүн.
Бабадан калган зулпукор
Берсеңер каалап аламын.
Сарыбай уулу капырга,
Беттешип жаңжал саламын.
Жакадан алып чоюшуп,
Жадаалдашып чоюшуп,
Кыяктуу кылыч басышып,
Кызыл алтын кайран кан
Кыйышып салып жанчышып,
Момундай жаңжал кыламын.
Каза жетип күн бүтсө,
Кайран жанды беремин.
Эгем салган буйрукту,
Тирүү эле пенде көрбөйбү,
Каза жеткен өлбөйбү,
Эр намыстан өлбөйбү,
Кармаш кылып көрөйүн,
Өлбөсөм бир күн өлөмүн.
Намыс үчүн, ар үчүн,
Каралашып көрөмүн.
Аябай жаңжал салууга,
Майданга чыга барууга,
Эр кабагын ачууга,
Дарт кумарды жазууга,
Ой жарлык салууга,
Найзалашып сайышып,
Түгөнүшүп калууга,
Эрен жан колго алууга,
Эрикпей найза саюуга,
Уламадан уладым,
Билгичтерден сурадым.
Уңгусу болот, учу курч,
Учуна салган кара курч,
Ар корумдун машаган,
Дөөтү менен дос болуп
Токой уста жасаган.
Дандын тобул түбү ыргай,
Түбү менен жулдурган.
Жайдын толук кезинде,
Бука моюн буура сан,
Булкушса жанды куураткан.
Карасаат жыласты
Балбандарга курдурган.
Пил терисин каптатып,
Бу дүмөктү баштаткан.

www.bizdin.kg

Жайкы күн аптап өтөт – деп,
Койгулашып мушташса,
Кокустан сынып кетет – деп,
Көлөкө жерге таптаткан.
Алгандар жаңжал салар – деп,
Кыйын кагыш чуу болсо,
Кылычтын мизи барар – деп,
Албарс кесип кетпеске,
Ак алтындан чырмаган,
Албан түрлүү кырлаган.
Көчөндөгү кожого,
Колу жетип турганда,
Каяшаяк бергендин,
Камап турган кезинде,
Боюн чоюп машаган.
Сырттаныңдын сыр найза,
Бөлөкбай баштап кырк Калча,
Баркы менен жасаган.
Найзасын жасап турганда,
Көрүүгө торпок союлган,
Чөлдө токой союлган.
Сугатына келгенде,
Кара суу кайнап жок болгон.
Жоого түпсүз сунганда,
Кабылгандын башына,
Күм-жамы чыгып жок болгон.
Улап учун кынаткан,
Тийгенинин баарысы
Капталдан жаны чыксын – деп,
Көз жаш менен сугарткан.
Көркөмдүү болот сыр найза
Көк жанар бергин алайын,
Желмогуз уулу капырга
Чапчышып жаңжал салайын.
Чын ажал жетсе өлөйүн,
Чын кагышар душмандын
Кабыргасын сөгөйүн.
Кармаш жайы мамындай,
Каалаганым алайын.
Кас ажал жетип күн бүтсө,
Бир армансыз болуп калайын.
Кайыпчал кызы Куялы
Желжетпес оозун бурду эле,
Баатырдан калган мурас – деп,
Сыр найза менен зулпукор,
Белекке сурап турду эле.
Байгамбар Бакай карыя,
Байбиче катын Каныкей –
Эченди көргөн олуя,
Улугу үчүн, кан үчүн,
Улук Бакай бабаңыз,
Алакан жайып буркурап,
«Айкөл шердин тукумун
Каардуу душман огунан,
Капырдын муздак колунан,
Казылган чуңкур орунан,
Казат кылган жараткан
Ушул Сарыбай иттин торунан.
Тулпар күлүк Желжетпес
Мамысына байлатпа,
Бадыша Кудай чоң улук,
Эрен шердин тукумун
Желмогуз көзүн каратпа.
Оомийин балам Куялы,
Баатыр Бакай мен элем.
Ай-ааламга акжолтой,
Атым чыккан шер элем.
Байланып жаткан базардын.
Баасын ачкан кул элем.
Байлоого түшкөн мундуунун,
Колун чечкен уулу элем.
Бек бекиген мүшкүлдүн,
Жолун ачкан эр элем.
Бек чырмалган мүшкүлдүн,
Кырсыгын чечкен шер элем.
Сарыбайды астым кыл,
Баламды Кудай үстүм кыл,
Ата балам Куялы
Балбандыгың башкача,
Балакет тууду бу башка.

www.bizdin.kg

Каржайып шайман жок болду,
Желмогуз уулу бу капыр
Маңдайдан каары төгүлгөн,
Бул башка ажал ок болду.
Окчонтойдон ок кетти,
Эрен уулу эчен шок кетти.
Кайрат качып бөлүндү,
Желмогуз уулу капырдын
Жеп койчу түрү көрүндү.
Жалаң эрен көйкашка,
Атыш кылса бөлүнбөйт.
Алдадан буйрук болбосо,
Алдырчу түрү көрүнбөйт.
Жадаалдардын каары күч,
Беттешкенди кылды түз.
Артын берген заман кыл,
Кайыпчалдын кыз балбан
Куялыны аман кыл!
Айбаты кымбат доңузга
Алдырып ийсе жаман ат.
Эчен пирге кол берген,
Жети олуя жол берген,
Атасын жерге жараткан,
Ай-ааламды караткан.
Пери түрдүү зор Манас,
Өзүң көзүң сала көр,
Кайыпчал кызы балбанга
Арбагы зор чоң Манас,
Жолдош болуп кала көр!
Түсү суук арамды,
Түп этектен ала көр.
Урушмак болгон капырды
Узунунан сала көр!
Бээжинге бейпай баштаган,
Каран кылып таштаган.
Калың илек, зор колду,
Жеке өзү баштаган.
Кезиккенди кемирген,
Кабылганды кайсаган.
Машыктыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча,
Азиз кандын артыгы,
Алакем, көзүң сала көр!
Жоболуу мүшкүл иш кылбай,
Кайыпчал жолдош болуп кала көр.
Кирпиги жалын, көзү чок,
Кейиштен кандай шумдук жок,
Сүйлөгөнү аткан ок.
Барааны жандан башкача,
Баатырлыгы бир канча,
Кыйкырып душман кол салса,
Кызыл кылыч байланган.
Кайра жаачу булуттай,
Каары бетине айланган.
Каптал менен жоо чыкса,
Өлөм деп моюн бурбаган.
Илек каптап жоо келсе,
Чыдап карап турбаган.
Жетик белин курчанган,
Жетимиш аралап кол салган.
Атка жеңил, тайга чак,
Уйкусу жок жолго сак.
Улак кандын эр Сыргак,
Телегейиң тең элең.
Ак калпак кыргыз уулуна,
Болот коргон чөп элең.
Бала арыстан шер элең,
Бел тутканым сен элең.
Ишти Кудай оңдочу,
Берен Сыргак арстан
Сарыбай жолун торгочу!
Опкоолжуган канкордун
Артын Кудай оңдочу.
Ойгуттун анык даанасы,
Акбалтанын баласы,
Ааламга жеткен чамасы.
Кынсыз кылыч салынган,
Кырк уруу кытай Бакбурчун,
Түрүндөн чочуп багынган.
Ач арстан чоң балбан,

www.bizdin.kg

Ааламга салган чоң жаңжал.
Акбалтайдын арстаны,
Арыстаным көзүң сала көр.
Арыстан шердин тукуму,
Азыркы мүшкүл жаңжалдан
Ажыратып кала көр.
Аргын кандын Ажыбай,
Салышка чыккан сай кашка,
Жалпы көкжал көй кашка.
Алтымыш уруу тил билген,
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбай турган шер элең.
Астыга салсаң акжолтой,
Айдап жүрсө сан колдой,
Көкжал эрдин бири элең.
Көкжалдын кара көзү элең,
Көйкашканын өзү элең.
Сен көзүңдү сала көр,
Баламды колдоп кала көр.
Бириң тирүү эр элең,
Катуудан Ырчы уул,
Үзүктөй калпак эр Шууту.
Төлөмандын Төлгөчү,
Төрт үйүндүн эркеси,
Баабединдин Байчоро,
Сен көзүңдү сала көр.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштык карысы,
Жолдош болуп кала көр» –
Деп ошентип зор Бакай,
Бата берип бакырып,
Ааламдын баарын сапырып,
А дүйнө кеткен чоронун
Арбактарын чакырып,
Өңү агарып суюлуп,
Эки беттен аккан жаш
Омуроодо куюлуп.
Маанисиз дүйнө оңбо – деп,
Балбан кызга сыйынып,
Мойнуна кисе салынып,
Жаратканга жалынып,
Жасаган жалгай көргүн – деп,
Картайганда Бакайдын
Өрттөнүп ичи камыгып.
Адам укпай кер экен
Кара жер менен тең экен.
Алда Таала жараткан,
Ашык кылбай өмүрдү,
Алгандыгы эп экен.
Толгон жаштар тор экен,
Тирүү башка кор экен.
Алпылдатпай адамды,
Алгандыгы эп экен.
Алла Таала бир Кудай,
Не тирүү бендем деди экен.
Кечээ көк сүлөөсүн суусар бөрк,
Ыргап турган кезимде.
Кең ааламга кан болуп,
Жыргап турган кезимде.
Кызык дүнүйө мүшкүлдү,
Мында көрбөй не болдум.
Муңдуу Бакай дегисин,
Атактуу даңкым барында,
Мында өлбөй не болдум.
Добушумдан жан чыгып,
Басканымдан чаң чыгып,
Кылычымдан кан агып,
Кымбатымдан зар ашып,
Чөл түшүрүп ааламды,
Сүйлөп турган кезимде.
Ай-ааламдын баарысын
Ээлеп турган кезимде.
Каяшаяк бергенди
Жаныма жакын келгенди,
Жайлап турган кезимде.
Бул дүйнөнү кул кылып,
Байлап турган кезимде.
Каршы-терши Каканды,
Камап турган кезимде.
Карсылдатып ааламды,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Сабап турган кезимде,
Мында өлбөй не болдум.
Көөдөнүм кирилдеп,
Көзүм кетти ириңдеп,
Алтымыш тамыр, сексен сөөк,
Айласын таппай зирилдеп.
Жетелеп жүргөн ой кетип,
Чынардай узун бой кетип,
Көз тамыры сүзүлүп,
Көөдөндөн кайрат үзүлүп,
Өлө турган болупмун.
Аяктай ойгон кара жер,
Былкылдабай мүшкүлдү,
Көрө турган болупмун.
Карылык келип жалтанып,
Кайран колдон иш кетип,
Билектен жанган күч кетип,
Каруу кайрат дарамет,
Калбай такыр бүт кетип,
Ак каңкыны жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Өлөмүн деп өлө албай,
Ардыккандан артык жан
Колум барып кыя албай,
Адырдан аккан булак суу
Муунум кетип жыя албай,
Түпөк тасма сыр жебе,
Түгөнгөн жаштык барында
Ааламга салып аңгеме,
Эми керүүгө салган багым жок.
Ата, балам Куялы,
Эми кериш кылсаң да,
Көңүлүм бар санда жок,
Көк жалындай кайран күч
Көп кааласам мында жок.
Карып кайрат качкан кез,
Кадимки марты топурак,
Кайран жанды баскан кез.
Акылым турат айлам жок,
Ар кимден кетет бир кезек,
Атаңдын көрү дүйнө бок.
Карарган көзүм кал болуп,
Ааламдан коркпос эки кол
Көтөрүлбөй шал болуп,
Бүткөн боюм дал болуп,
Муундун баары мууналып,
Ар мүчөнүн баарысын
Былкылдатпай суу алып,
Азаптын баары бүт болуп,
Өлөйүн деп өлө албай,
Өкүмү кыйын Кудайга
Өзүм басып бара албай,
Картайгандан ушинтип,
Оңбой калган кезегим.
Кайрат качып көөдөндөн,
Калбай калган кезегим.
Арак ичкен мас кезде,
Акылга дыйкан жаш кезде,
Кыйын туткан жин келсе,
Кырылышкан кытайга
Кыйын жаңжал салчу элем.
Кыргын тийген Каканды
Ушунтип чаап алчу элем.
Жосунумдан кезекти,
Танып калган убагым.
Жок болуучу убакка
Барып калган кезегим.
Бакай турду сабылып,
Алакан жайып жалынып,
Көк жал Бакай абаңдын
Көптү көргөн бабаңдын,
Көзү калган көр болуп,
Кулагы укпай кер болуп,
Калган экен байкушум
Кара жер менен тең болуп.
Азапты мүшкүл артынган,
Кече калайыктан баарысын
Канча эр ээлеп турганда,
Көкжал Бакай карыя
Көк бөрү болуп тартылган.

www.bizdin.kg

Башында Бакай бабаңыз,
Ай-ааламга зор болгон,
Бир кезекте зор Бакай
Төө кайтарып кор болгон.
Оомийин деп кол жайып
Кайран Бакай кулады,
Жылас алган карылык
Жыгып жерден турбады.
Бабаң Бакай карыгандын,
Ошол кезде зоолору –
Өлүүчү Бакай тири арбай,
Байгамбар сындуу бабаңа,
Алтын таажы кийилүү,
Манастан калган алтын так,
Бакай канга минилүү.
Түгөнбөс бакыт, кең өрүү
Бакай сындуу карынын
Маңдайында чийилүү.
Бакай кулап кеткенде,
Кайран энең Каныкей
Карчыгадай камынып,
Байбиченин өзүнүн
Капыстан акыл табылып,
Жазайылды салынып,
Кайыпчал кызы шер балбан
Куялыга жалынып,
Кеңири сүйлөп, кеп баштап,
Акырын сүйлөп, бек таштап.
Энең долу бейбактын
Узун чачтын ыктуусу,
Ургаачынын мыктуусу,
Кең көйнөктүн тазасы.
Зайып заттын башаасы
Касиеттүү жан ошол,
Кереме терең, акыл мол.
Көзү чолпон, тили бал,
Адамдан чыкпайт мындай жан.
Баатырды тапкан карыя,
Ургаачыдан олуя.
Кеби ширин, тили бал,
Кеп кылсаң чыкпайт андай жан.
Касиети канчалык,
Кайран энең байбиче –
Үзүлүп кетсең улаган,
Чачылганды жыйнаган.
Түндө тоодой сандыгы,
Тоосу көкжал барында,
Ааламга тийген жарлыгы.
Берен энең Каныкей
Тирүүлүктө сөз ачык,
Өлмөйүнчө көз ачык.
Кайран энең береңиң
Балбан кызга муну айтып,
Билгенге балаң шумду айтып:
«Балбан кыз, балам Куялы,
Касиеттин барында,
Өрттөй ташып бир кезде,
Гүлдөп турган чагымда,
Калың дөөлөт чоң бакыт
Жүр деп турган кезинде,
Жуманын Кадыр түнүндө,
Жатып алып түш көргөм:
Жагоосу болот, боосу алтын,
Түшүмдө шумкар кармадым.
Арстан уулга жолдош – деп,
Бек бекитип байладым.
Кудай кылган убара,
Жылаңайлак, жылаңбаш,
Аты Кызыр, заты улук,
Астыма келип кез болгон,
Бир аксакал чал дубана.
Аксакал келип муну айткан:
«Аркайган алтын Ала-Тоо
Басып душман келалбайт,
Байкап адам алалбайт.
Доор кыямат болгуча,
Укумунан тукумун
Кир көйнөгүн жуудуруп,
Киндик канын буудуруп,
Жерден калчу жер ушул.

www.bizdin.kg

Жергеси жыргал, карды ток,
Ааламдан чыккан артык шок,
Этеги менен колу ачык,
Таалайлуу кыргыз эли шок.
Күрдөөсүн тапсаң журт ушул
Көөдөнүндө санаа бар.
Боору кара, сырты көк
Болжолу жок Семетей
Төрөй турган балаң бар.
Баланы төрөп турганда,
Кытайдан келген кырк элчи
Келип тоюн жеп кетет.
Аман болсо бул уулуң,
Кылымды бузар деп кетет.
Орустан келген он элчи,
А да тоюн жеп кетет.
Аман болсо бул уулуң,
Ойротту бузат деп кетет.
Атактуу көкжал баатыр – деп,
Ааламга чыгар дайыны.
Оогандын каны Акун кан,
Ошонун кызы Айчүрөк
Ал болот алган зайыбы.
Түшүмдө тулпар кармадым:
Такасы болот, боосу алтын,
Бек бекитип байладым.
Ободон жылдыз болду ушул,
О дүйнөлүк уулумдун
Кыяматтык жолдошу,
Ургаачынын узудур.
Перизаада бейтаалай,
Бай Кайыпчал кызыдыр,
Береңиндин бели ошол,
Ургаачынын шери ошол,
Карыптык көрсөң уулуңду,
Кадимки мүшкүл душмандан
Ажыратар күн ошол» –
Деп, ошентип дубана
Бейли берип ишиме,
Белги кылган түшүмдө.
Кайыпчал кызы Куялы,
Ургаачынын узудур,
Түбү нурдун кызыдыр.
Зайып деген аты бар,
Зайыптыгы болбосо
Ааламга балбан каркыбар.
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Аныңдын жөнү бир башка,
Артык балбан көй кашка.
Кыз арстан шер ошол,
Кайыбынан кагылар.
Акырында уулуңа,
Колукту болуп табылар.
Буйруктан келет өзүңө,
Мура болоор уулуңа.
Кабылса кадыр тий ошол,
Өчкөн отуң тамызып,
Өлүмдөн жаның жыргасын.
Үзүлгөнүң көп улап,
Чачылганын бек жыйнап,
Көңүлүң тапчу жан ошол.
Күлкүңдү ашчу ал ошол,
Капка Кара шаар ошол,
Табылбас кымбат бул ошол,
Катылган ажал огунан,
Тозоктун арам огунан,
Каарлуу мүшкүл колунан,
Чалынчу темир торунан,
Каруусу бийик, заары күч,
Каар иттин колунан,
Журт соргучтун оозунан,
Тажаалдын кара көзүнөн,
Ажыратар эр ошол.
Кулак салгын Каныкей,
Мурунтан айткан сөзүмө,
Перизаада Куялы
Берендин өзү бул дагы.
Келин болот өзүңө,
Кеби журтка туура келет,

www.bizdin.kg

Кааласаң Кадыр түн келет,
Бекитилүү бел ошол.
Күрдөңү тапчу азизди,
Күтүп алчу жан ошол.
Тушукчу болсо Куялы,
Туурдугунду май кылат.
Туура көкжал уулунду,
Туш-туш жерге кан кылат.
Керегени алтын май кылат,
Келчи болсо уулунду
Катардай мыкты кан кылат.
Кезене бийик зоңкок тон,
Келсе атын сугарат.
Кулагы угуп көз көргөн,
Элге атагын чыгарат.
Кабылса кадыр түн ошол,
Жаралган сырттан күң ошол,
Жан жыргатар бир ошол.
Куялы келин соо болсо,
Көңүлү менен болтурар.
Көңүркөй бокчо жагданды,
Көп алтынга толтурар,
Санааң менен болтурар.
Салмактуу дорбо, шири кап,
Сары алтын мүлккө толтурат.
Көңүлү журтка жай болот,
Көп душманды жоготуп,
Көрсөңүз башаа кан болот.
Куялы келин келгенде
Кермеңе тулпар байланат,
Кеңип казан кайналат.
Болуп-толуп оңосуң,
Жайраң чөптөй толосуң.
Күтүп алчуу неме ошол,
Күлүндү билчи жан ошол.
Келин болсо өзүңө,
Тагыңа келет тулпарың,
Таптоого болот шумкарың.
Саадактуу болот балбаның,
Кап тоодой болот салмагың.
Беттеп бенде келеби,
Бет алып душман тиеби.
Сугу түшүп кызыгып,
Суук буруудан тиеби.
Бармак тоодон батабы,
Балтырчан басып келеби.
Келиниң балбан, уулуң шер,
Кезенип душман жеңеби.
Балбандыгы башкача,
Барык чагы бир канча,
Акжолтой жайсар киши ошол,
Күтүп алчу жан ошол,
Чын ырыстын өзү ошол,
Таалайдын кара көзү ошол.
Келин болсо Куялы,
Кереттүү катын долу элең,
Калаага Кадыр түн элең.
Касиеттүү Кап-Тоодой,
Олуянын өзү элең.
Ойлогун, билгин мунумду,
Таамай айткан сөзүмө,
Таалай келет өзүңө.
Жагоосу болот, боосу алтын,
Чын кыраан тиер колуңа.
Аман болсо чырмалар,
Берен бир алтын торуңа,
Бир кезигер колуңа.
Артык болор бууданың,
Айылдаш конор тууганың.
Көңүлүндөн кетет душманың,
Жууураттай уюп достошуп,
Кан төгүшчү душманың,
Тилегиң тиер колуңа» –
Деп, ошентип дубана,
Колумдан кармай имерген.
Уктап жаткан түшүмдө,
Чочутуп түртүп жиберген.
Коңуругум басылып,
Умачтай көзүм ачылып.
Уйкудан түшүм бат болуп,

www.bizdin.kg

Жүрөгүм туйлап ат болуп,
Кайыптан кабар билгемин.
Кайран жүрөк сүйүнүп,
Атагы балбан Куялы
Кандай жайда туулду – деп,
Кайсы жерге энеси
Ал балбанды тууду – деп,
Атбороюн сыдырган.
Ай-ааламдын баарысын,
Он эки күндө кыдырган,
Жетимиш түркүн тил билген,
Жер үстүндө тим жүргөн.
Аргын кан уулу Ажыбай,
Ал көкжалдын тилмечи
Алты тулпар ат берип,
Алакандай кат берип,
Жекейбозду кийгизип,
Желмаянды мингизип,
Берен арстан бейбактын
Бек келини ошол – деп,
Бел алып билип келгени.
Желмаянды мингизип,
Жер үстүндө жүргүзүп,
Күн ичсе суусун кандырган.
Күлазыктай аш берип,
Гүлдүү торко кийгизип,
Күндө чапсаң күчөгөн.
Желмаянды мингизип,
Ажыбайды жүргүздүм.
Бир адамга билгизбей,
Бир кишиге туйгузбай,
Ушакчыдан жан билбей,
Жер бузган шамал чаң билбей,
Албан дүнүйө калың мал
Сыр алтын дилде, каухар таш,
Ажыбайдын алдына
Тартууга муну алгын, деп,
Дүнүйөмдү жайнатып,
Ал Ажыбай байкушка
Ошо убактан ушу убак
Келем шарип карматып.
Болот окту өткөзүп,
Боз буудай нанын чайнатып,
Албан түрлүү токсон ант,
Айтпас үчүн карматып.
Кылыч мизин жалатып,
Азыр өлчү шерт кылып,
Айланайын Ажыбай,
Эндик минсең оозун жый,
Эси жок элге тилиң тый.
Кейип айткан сөзүмдүн
Аты угулуп өзү жок.
Кайыпчал кызы Куялы,
Келини экен өзүмдүн,
Акирет келин өзү экен,
Дөөлөттүн кара көзү экен.
Менин уулум Семетей,
Баатырдан артык шер экен,
Келин болчу неме экен.
Кадыр түндүн өзү экен,
Айланайын Ажыбай,
А Куялы балбандын
Аштык сепкен жерин бил,
Ата орундуу тегин бил,
Уругун салган жерин бил.
Билип келсең Ажыбай,
Артынан тирүү камайлы,
Аладан сан миң бээ бөлүп,
Айры өркөчтүү ар бөлүп,
Арбын дүйнө мал бөлүп,
Маңдайга була байланып,
Барча малдын баарысын
Кудалашып айдайлы.
Мойнуна нокто чалалы,
Бутуна кишен салалы,
Кең абада той кылып,
Кеңирсиген немени
Келин кылып алалы.
Ак ордого түшүрүп,
Албан түрдүү ширин аш

www.bizdin.kg

Ажыбайга ичирип,
Жекейбозду кийдирип,
Жел жетпеген желмаян
Булуттай учкан караңды
Ажыбайга мингизип,
Баамдаган бир шумдук,
Шумдук кылып турганым.
Ал Ажыбай байкушка,
Балбан кызды билгин – деп,
Буйрук кылып турганым.
Жер танабын сыдыр – деп,
Жер үстүнүн бүткүлүн
Жетип баарын кыдыр – деп,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Түрө кыдырып бойло – деп,
Жаралган жердин бүткүлүн
Жалгыз жайын койбо – деп,
Белгилүүнүн беш бурчун,
Беш айланып көргүн – деп,
Берен тууган бейбактын
Белгилүү жайын билгин – деп,
Көрбөй келсең кокустан
Барса-келбес чын жайды,
Тирүү жүрбөй көргүн – деп,
Адам болсоң оор болсоң,
Ажыбай арстан сен болсоң,
Арбагы ошол бейбактын
Ата-тегин билгин – деп.
Жер чардоого жүрбөсөң,
Жеңең айткан сылык сөз
Кыз балбанды билбесең,
Улуктук келет сөзүнө,
Ушунчалык мүлк алдың
Уят болот өзүнө.
Серүүндүк келет сөзүнө,
Шерменделик кеп келет,
Мен бейбактын өзүнө.
Калың журттун энеси,
Чынардуу терек мөмөсү,
Кан айымы мен элем.
Калайыкка данакер,
Кайран ажым сен элең.
Кыялың артык жан элең,
Аргын кандын артыгы,
Кырк чоронун каны элең.
Тирүүлүктө көзү ачык,
Душман айткан сөзү ачык.
Сапар жүрсө жол ачык,
Тирүүлүктө жоого чык.
Ай жанынан күн тийген,
Жетимиш түрлүү тил билген,
Кадырман тилди кайраган,
Калк ичинде сайраган.
Жадаалга келсе жай тапкан,
Каны чыккан душманды
Кандыгы менен бир чапкан.
Акылга дыйкан чоң чечен,
Жүгүрүк эрдин көзү элең.
Акылга дыйкан кеменгер,
Чоң билгичтин өзү элең.
Кымбат сөзгө көнүңүз.
Кыйын кере балбан кыз
Бир кабарын билиңиз.
Чын кабарын билбесең,
Көрүнбөгүн көзүмө,
Жолобогун өзүмө.
Өсөк түшүп каныңа,
Келбей кеткен Ажыбай
Жаңдуң баштын шаарына.
Мен Каныкей бейтаалай,
Керектүү билгич жан элем.
Келер менен кетерди
Болоор менен болбосту,
Жыргал менен азапты,
Мүшкүл менен ажалды,
Азыр айтып берүүчү
Оң ийнимдин мүрүндө,
Он кулактын түбүндө
Жылаңач бала бар эле.
Белги берди ал бирин

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Менин уулум Семетей
Атасы Манас айкөлдөн,
Арта турган жан экен.
Ал уулума жазылган
Маңдайында баламдын,
Үч никеси бар экен.
Баш икесин айтайын,
Каарлуу мүшкүл жеткенде
Кайран уулум алты айлык,
Кара кандын шаарына
Качып тентип кеткенде,
Айкөл балам чоңойгон.
Букардагы көргөнгө
Жетим жүрүп жетилип,
Жерге кептен кошулуп,
Он экиге толгондо,
Шаатемир кызы Чачыкей
Кара чачын мүлк төгүп,
Калың журтка той кылып,
Каалап начар эси жок,
Дарданданган капыры
Үтүрөң тентек, корс кыял,
Билгениң кылдың акыры,
Ай бөксөрүп күн өтүп,
Андан кийин жолукту,
Акундун кызы Айчүрөк.
Ала качып Шумкарын,
Арыктатып тулпарын,
Асылын алган зайыбы
Акылга дыйкан, кеби бал,
Адамдан чыкпайт андай жан!
Үч икесин айталы,
Кайыпчал кызы Куялы
Үчүнчү зайыбы ал экен.
Жыйырма болгон балбан кыз,
Бир колума бейтаалай,
Тиер бекен дегенмин
Өзөн бойлой конгомун,
Балам эмес келинге
Өзүм ашык болгонмун.
Ай бөктөрүп күн өтүп,
Арадан кыйла күн өтүп,
Аргын кандын Ажыбай
Даана кабар уккамын.
Ажыбай келди бир кезде,
Алтымыш айым, сексен кыз,
Астынан тосуп чыккамын.
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Аргын кандын Ажыбай
Ошондо келди кеп таштап:
«Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрө алган зайыбым байбиче,
Төрт айлана кыдырдым.
Мединенин беш бурчун,
Беш айлана кыдырдым
Албан түрлүү жер көрдүм,
Ашыкча козгоп көп көрдүм,
Ашкан кызык эл көрдүм.
Катыны адам, эркеги ит,
Ушунча сонун мен көрдүм.
Ар жаралса макулук,
Тилегинин тең көрдүм.
Жырткыч суунун албан ат,
Жылас болгон каранды,
Койбой баарын мен көрдүм.
Каалаганың балбан кыз,
Калайыкка жаңжал кыз,
Чатагы арбын, заары күч,
Чалышканды кылган түз,
Ээн калган карандын
Беттеп адам барбаптыр.
Алам деп барып нечен алп,
Бирөө тирүү калбаптыр.
Каражолтой ал кызга,
Атагы кыз аты шер,
Ааламда болбойт андай эр.
Арага келген жуучу өлгөн,
Калкан кылган тынч өлгөн.
Кармашам деген калк өлгөн,
Каттап барган жалпы өлгөн.

www.bizdin.kg

Каары жогуң күч болгон,
Катылган бенде түз болгон.
Белсенип чыккан бейбактын,
Берендиги билинди.
Бенде жандан түңүлгөн,
Бет алышкан жан өлгөн.
Каалап барган калк өлгөн,
Канча бир уруу алп өлгөн.
Барган жан тарткан кара жел,
Адамдан чыкпайт андай зор.
Кайыпчалдын берен кыз,
Ай-ааламга жаңжал кыз,
Кандуу кагыш көргөн кыз,
Кармаш кылган адамды
Чын жазасын берген кыз.
Себил мүлкү сексен төрт,
Серпишкен жагы кызыл өрт.
Ай-ааламды буй кылган,
Ааламга бүтүн жаралбайт,
Ал өңдөнгөн балакет.
Атакеси Кайыпчал,
Жаман эл деген эл экен.
Жердегени балбандын
Желпиниш деген жер экен.
Атасы өлгөн кан экен,
Аты катын, өзү шер,
Ашкан чыры бар экен.
Тутана күйгөн чок экен,
Туулган адам уулунда
Көйкашка мындай жок экен,
Атасы журтка бай экен.
Телегейи тептегиз,
Теменеги болоттон,
Дүнүйөсү шай экен.
Жолу болуп Кайыпчал,
Тилек мүлкү бар экен.
Жолборсу он беш жолдоптур,
Жолоп адам келбептир,
Жолугуп душман жеңбептир.
Капкасы тар экен,
Каптап кирген ааламга
Шумдугу мынча бар экен.
Ар жак жагын караса,
Жаш адамдын жолу экен.
Кадимкидей көндүргөн,
Бир чапканда жок кылган,
Жоо кезиксе көмкөргөн,
Каарына тийгенди
Түбү менен омкоргон.
Кылыч тумшук пили бар,
Кыямат кайым болгуча,
Алдырбай турган түрү бар,
Айым, бейбак, билип ал.
Ажыбай көрдү мынакей,
Акылман болсоң тилимди ал.
Жолу болгон карандын
Жолоп адам барбаптыр,
Жолуккан аман калбаптыр.
Ар жак жагын карасаң,
Жүрөк чыгат козголуп,
Ар кылыгын санасаң,
Билегим чыкты сабынан,
Жүрөгүм чыкты кабынан.
Сай-сөөгүм быркырап,
Чымындай жаным чыркырап.
Артык сүйгөн ким экен,
Тим эле жандан түңүлүп,
Алек болдум жан менен,
Түңүлмөк болдум жан менен.
Түңүлө турган себебим –
Алптан канча дөө келип,
Айтканына көнбөптүр,
Берен кызын бербептир.
Ары жүрсө алтын так,
Тегереги чынар бак.
Жаңгыз жандын жолу бар,
Терең казган ору бар,
Теңир урган карандын
Тепсеп кетер түрү бар.
Адам атын деген бар,

www.bizdin.kg

Чоңдугу пилдин башындай,
Адамды соруп коюучу,
Салагүн деген чаян бар.
Өрттөнгүрдө далай бар.
Тирүү бенде көрбөсүн,
Менин көргөн кордугум
Бендеге эле бербесин.
Каардуу кордук мен көрүп,
Каным калды бир кашык,
Этим калды көк жашык.
Карагер болду ыргайдай,
Өзүм болдум торгойдой.
Ал мүшкүлдү карасаң,
Ар жагына көз салсам,
Алты сай жерден оп тарткан.
Ажыдаар-жылан Карамар
Кабылганды коёбу,
Катылса канга тоёбу,
Беттеп адам барабы.
Заары кымбат бейли тар,
Саат баскан келинден
Мен долу кабар алабы,
Бул карасаат жыластан
Катылган тирүү калабы?
Буга кабылып адам тартарбы,
Буга кез келген тирүү кайтарбы.
Бу келин бизге тийгин – деп,
Меймандыкты көргүн – деп,
Кезигип бенде айтабы.
Чын жалгандык билинип,
Чымындай жандан түңүлүп,
Баатыр жандан түңүлүп,
Сөлөкөтү сөөлөтү
Ашкан экен ааламдан,
Ал капырдын мээнети.
Буяк жагын карасам,
Жүрөк чыгат козголуп,
Ар кылыгын санасам,
Кан алдында мунара –
Мунарасын сураба,
Тозогу тоодой там болгон,
Карасаң мүшкүл ал болгон.
Мунарадан эшиги,
Бузук экен тешиги.
Алты жерде капкасы,
Капкада карыя бакмачы.
Ашкан экен жаңжалы
Албан түрлүү көрүндү,
Ал капырдын балбаны.
Болот эшик капкасы,
Капкасында бакмачы.
Сыягын чочуп багынган,
Адамдын мурун, кулагын,
Тумар кылып тагынган.
Кыздан буйрук кеп укса,
Турбай баары жабылган.
Каалап барган адамды
Кармашса каны төгүлгөн.
Кайыпчал кызы балбандын
Кайраты мынча көрүнгөн.
Эң куралган карасаат,
Эби бар киши эңеби,
Эчен балбан кол салса,
Эңкейтип адам жеңеби.
Каттап адам барабы,
Каары күчтүү караандан
Катылган анан калабы.
Карасаат караңга
Каражолтой арамга,
Беттеп адам келеби,
Белгилүүлөр эңеби.
Бели бекем, заары күч,
Беттеп адам жеңеби.
Бейли бузук балбандан,
Беттешкен аман келеби.
Бейли тардын колунан,
Бенде аман элин көрөбү.
Кечээ көк сүлөөсүн, суусар бөрк,
Ыргап турган кезинде,
Калк ичинде араба,

www.bizdin.kg

Жүрүп турган кезинде,
Каяшаяк бергенден,
Как жолунан чыкпадың.
Тилеп турган кезимде,
Кан алдында арачы,
Жүрүп турган кезимде.
Кең дүйнө тарында,
Арстан айкөл барында.
Топон суу толкуп кирбеген,
Катылып адам тийбеген.
Камбал кандын Бакбурчун,
Талаасына барганмын.
Кан бекинген капкадан,
Кең дүнүйө тарында,
Алты шердин кенжеси,
Айкөл Манас барында,
Өлүм орток чебелең,
Кырк уруунун элинен,
Эсилдин аман барында,
Эң бир эки чоң дөөлөт
Өсүп турган чагында,
Алтын калкан айза алып,
Ыргап турган кезекте,
Айкөл кандын алдында,
Жыргап турган кезекте.
Какандын чынар багына,
Кан Эсендин тагына,
Арага элчи барганмын.
Кан Эсендин алтын так,
Ошондо сурап алганмын.
Кыңк этип көңүл бөлбөдүм,
Кылайып азап көрбөдүм.
Бул күн көргөн азапты
Жер жүзүнөн көрбөдүм.
Каза жетип күн бүтүп,
Куялы деп өлбөдүм.
Бул өңдөнгөн мүшкүлдү,
Тирүү жүрө көрбөдүм.
Өткөн иштин жайынан,
Бул айымдын айынан,
Ал аскар тоодай жайынан.
Арада арбак барынан.
Жумшаганың балбан кыз,
Долума кантип барам – деп,
Элине кепти салам – деп,
Ал балбан кыз баатырга,
Калк бүлдүргөн капырга,
Асты кенен жан экен,
Кызыл көйнөк, айча бел,
Кылтылдаган сулуудан».
Кыял тартып сыр билген,
Кылтылдаган ал балбан.
Өзү шекер сөздүүдөн,
Жайнаган бото көздүү экен.
Тал жибектей чоюлган,
Боподой көзү коюлган.
Кара сурма каштуудан,
Чубалган кара чачтуудан,
Кереметтүү кептүүдөн,
Келген бир жол жаралып,
Ушунчалык өңдүүдөн.
Адамга шыктуу ыктуудан,
Кыялы сонун, сөзү бал,
Сөзү ширин сөздүүдөн.
Алтымыш келин, сексен кыз,
Бир кызыкка батышкан,
Бир ордого жатышкан,
Ички сырын айтышкан.
Нөкөрү мынча жан экен,
Балбан кыздын жөкөрү
Айым сулуу бар экен.
Жалжал көздүн жарыгы.
Нөкөр кыздан сулуусу,
Тирүү кыздан кептүүсү,
Адамзаттын эптүүсү.
Ай айым кыз сулууга,
Адамдан бөлөк улууга,
Капыр ченем камбылга,
Кеп түйүнүн чечүүчү,
Келишимдүү даңгылга,

www.bizdin.kg

Калдайган башын кол кылып,
Аргын кандын Ажыбай.
Кандык башын кор кылып,
Арага тилчи салганмын,
Жанактан кабар алганмын.
Ашуу ашып, таш басып,
Акыл ойлоп, көп жашып,
Куу тулпарды арыгып,
Кууратып жанды карытып,
Жападан жалгыз бет алып,
Чарайна тонду бөктөрүп,
Алтын жанды арытып,
Ар тулпарды карытып,
Айланып баарын үйрөтүп,
Азыктын баары түгөтүп,
Ай-ааламды сыдырып,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айланып кыдырып,
Ат арытып жол бассаң,
Кан түгөтүп жооп алсаң,
Жетип келген ченчимин,
Арага келген элчимин,
Адамдыкты билермин,
Жан жаралган бендеген,
Данакер болуп жүрөбүз,
Дүнүйөгө барчубуз,
Эл кыдырган жарчыбыз.
Баатыр шер Манас баласы,
Атасы Манас көкжалдан
Арта туулуп шер болгон.
Дүнүйө бүткөн жайына,
Түптүү чынар орногон,
Түбү туулуп бар болгон.
Ак болоттун тукулу,
Айкөл шер Манас тукуму.
Атын койгон Семетей,
Шер экенин билиңиз.
Ашык болсоң көрүңүз,
Атайы сизге жиберген,
Кабарчыны билиңиз,
Арага элчи жүрүбүз?
Жаралган муңдуу бендеси,
Данакер болуп турубуз.
Убаданы билем – деп,
Ушаланып койсун – деп,
Дүйнөдөн адам так өтпөйт,
Семетей шерге тийсин – деп,
Кабар берип турганда,
Карасам балбан Куялы,
Ойноо бала жаш кезде
Сейилге чыгып сексен кыз.
Аңчылык доорун кылганда,
Адырдан аркар кубалап,
Кулан кууп жүргөндө,
Желпиништин оюнда,
Улуу дайра боюнда,
Чук теректин баткалда,
Селкинчек куруп жатканда,
Жылаңайлак, жылаң баш,
Аты Кыдыр келди эле.
Көз илинген түшүндө,
Көкжал немең Семетей,
Көркөмү мындай деди эле.
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көгала калкан колго алып,
Алтын каргы шым кийген,
Айбандан чоң ат минген,
Кызыл буурул аты бар,
Кылымдан ашык баркы бар,
Туура кенен бою узун,
Ары арстан, ары шер,
Адамдан чыкпайт мындай эр.
Мурду букар шабындай.
Сакалы саадак кабындай,
Оозунан чыккан илеби.
Колоттон күйгөн жалындай.
Ушундай болгон күйөөң – деп,
Манас шердин баласы,
Бар олуя даанасы.
Айзакердин ыктуусу,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Адамзаттын мыктысы,
Ала түркүк чатыры.
Ак калпак кыргыз баатыры,
Тие турган күйөөң – деп,
Колунан чынар бак өспөйт,
Дүйнөдөн бенде так өтпөйт.
Ушул сенин күйөөң – деп,
Издеп тиер күйөөң – деп.
Айткан сөздү билбесең,
Издеп ага тийбесең,
Желжетпес атың арыйт ко,
Балбан башың карыйт ко!
Ай бөксөрүп, күн өтүп,
Карылык менен өтпөйбү.
Касиетиң башыңдан,
Ушунетип кетпейби.
Жаадай кирет арстан,
Жаш жаныңды карытпа.
Бел байлаган белиңе,
Издеп тийгин теңиңе.
Барып тийгин эриңе.
Эркек-аял турганы,
Эсиң болсо сен дагы,
Оройлук болот кулунум,
Так өтүп жалгыз жүрүшүң,
Эркек менен ургачы –
Бир-биринин ырысы» –
Деп, ошентип дубана,
Айтып кебин койду эле.
Айтып турган ал адам,
Көздөн кайым болду эле.
Ушул кепти укканда,
Тегерегим карабай,
Деги жаным аябай,
Түнүчүндө уйку албай,
Күндүзүндө тынч албай,
Кабарын кайдан билем – деп,
Кай жактан издеп жүрөм – деп,
Кандай жерге барууга,
Кандай жерден табууга,
Акыл айран, башым маң,
Тутамга келбей биздин жан.
Жүрөк эргип, ич күйүп,
Аң-таң калып турганда,
Тамак ичип, аш жебей,
Ашыктык дартын кылганда,
Ордо кызда баркы бар,
Кимиң жакшы ай сулуу.
Колунда жазган каты бар.
Катын алып карасак,
Семетей шердин аты бар.
«Кара көкжал шер ошол,
Кастарын тигип жиберген,
Кан Семетей эр ошол.
Сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон.
Султан кыргыз тукуму,
Ала-Тоону жердеген,
Алышып адам жеңбеген.
Аныктап согуш кылган жан,
Эзели тирүү келбеген.
Өнөгүн жанга бербеген.
Ала-Тоо деген жери бар,
Айтылуу Талас боюнда,
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Төрө Манастын сайган багында,
Жылгындуунун оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Эр Семетей көкжал бар.
Издеп тийсең кан ошол,
Үрдөңдү тапчу жан ошол.
Күлсөң үндү чыгарып,
Тамаша таңды атырып.
Муңуңду чечип сыр билген,
Кошулсун журтуң так ошол.
Күүлөнсө күлкү чыгарган,
Күлсө кумар кандырган.
Ал дагы шер, сен да шер,
Алуулап назар салбасаң,
Тийсең түптүү жар ошол,

www.bizdin.kg

Чын кумарың кандырган.
Күн чыгыш көздөй жол жүрсөң,
Нечен кызык бели бар,
Мээ кайнаган мунарык,
Хан жүрбөгөн чөл келет.
Кээ бир жерде көз жеткис,
Чалкып жаткан көл келет.
Жан көрүнбөс көз кайкып,
Жана эчен жыл жол жүрсөң,
Саналуу алты ай мол жүрсөң,
Санаа тартпай жол жүрсөң,
Көз жетпеген тунарык,
Көрсөң чети Кара-Кум
Күн эсеби жыйырма күн,
Кайнак ысык чөл ошол.
Кумга койсо казаны,
Куркурап чыгып кайнаган.
Айта-буйта дегенче,
Кашыктай суусу калбаган,
Сойлоп жылан барбаган,
Кулан оюн салбаган.
Учкан кузгун талыккан,
Адамзат кузгун талыккан.
Адамзат бендеси,
Тиктесе көзү карыккан.
Куу учканда кулагы,
Кулан басса туягы,
Күйүп кеткен чөлдө – дейт,
Канаты бар макулук.
Учкан куш учуп барбаган,
Ар жаныбар макулук.
Кезиксе аман калбаган,
Мээ кайнаган ысыкта
Бок жыттанган сасык бар.
Ажырап андан чыкканда,
Томуктай болгон тоосу бар,
Түңкөйгөн чуңкур коосу бар.
Көрсө көңүл бөлүнгөн,
Ала белде Ала-Тоо
Арбайып жону көрүнгөн.
Ал Ала-Тоо жер ошол,
Ала-Тоону жердеген,
Айтылуу көкжал Семетей
Издеп барсаң эр ошол.
Мен Таласта жатканда,
Билимдүү сөздөн тутулдум.
Кереметтүү кымбат сөз,
Келин сенден кутулдум» –
Деп, ошентип Ажыбай,
Сапар тартып жол тартып,
Жер болжолун бек айтып,
Жерибиз Талас деп айтып,
Минтип жолго салыптыр.
Кеп аягы, белги сөз,
Семетейден кат алып,
Айткан жомок чоң кызык,
Ушул иштин айынан
Желмогуз уулу Сарыбай,
Аштан кууп жол салып,
Атышты арбын салганмын.
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп калганмын.
Куу изине чөп салып,
Кубарын кууп калганмын,
Күндөп-түндөп жел басып,
Желмогуз уулу капырды
Жел менен кууп оолуктум.
Беленденин белинен,
Пери ойногон жеринен.
Перизаада Чүрөккө,
Белгилүү кагын дүмөккө,
Бек бадыша катынга,
Мелтиреген капырга,
Так ошондон жолуктум.
Муну бардан сөз угуп,
Желмогуз уулу Сарыбай
Көкжал шердин тукумун,
Камап атат деп угуп,
Бир ишимден, эки ишим,

www.bizdin.kg

Каалаган күйөөм Семетей,
Кармашарым Сарыбай,
Белгилүү күйөөм Семетей
Беттешерим Сарыбай.
Адал жар болуп айкөлгө,
Келдим өзүм тийүүгө,
Айгайлатам арамды
Айдап калктан сүрүүгө.
Атышты арбын салууга,
Ажалдын мүмкүн огунан
Айкөл төрө баатырды,
Сарыбайдын колунан
Ажыратып алууга.
Атамдан калган Желжетпес,
Айчүрөк көктө, мен жерде,
Ат тоздура жол жүрүп,
Аз гана эмес мол жүрүп,
Желжетпеске камчы уруп,
Жол жүрүштү баштадым.
Кайраттандым эр үчүн,
Эрим кеткен эл үчүн,
Кылга байлап таштадым.
Бугудай мойнун буратып,
Бузулган кокту-коо келсе,
Бура тартпай чуратып,
Акыл качып, нур кетип,
Арадан мынча күн өтүп,
Мен Таласка келгенмин.
Арада Бакай, Каныкей,
Себепкер боло салган соң,
Баатыр көкжал айкөл шер,
Нике кыйып алган соң,
Күйүккөн жүрөк басылып,
Күптүнүн баары жазылып,
Бир кызыкка батышып,
Бир төшөктө жатышып,
Кылт этип суусун албаган.
Кең көкүрөк, тайкы жол,
Келишкен минсе кебелбес,
Чабуулдаса чарчабас,
Канаты бар жаныбар,
Кең жасаган жан кылып,
Келишкен тулпар ат минип,
Тулпар оозун бурду эми.
Кайыпчал кызы Куялы,
Ургаачы арстан артык шер,
Алгырдын бирөө бу дагы.
Адамдан бөлөк тон кийген,
Калпагынын этеги,
Он эки кулач сел экен.
Кулак угуп көз көргөн,
Алп Куялы дээр экен.
Ал Куялы балбаны,
Желмогуз уулу капырга
Жекеге чыгар жаңжалы,
Каалаганга бу дагы,
Казатка чыгар убагы.
Жолугары кең майдан,
Беттешери кең сайдан,
Чымыроон тартып жезнайдан,
Чымчык учпас коо-сайдан,
Бадана тоодой көрүнгөн,
Баатырлар коркпойт өлүмдөн,
Көргөндүн көөнү бөлүнгөн.
Кыз арстан курган шер,
Казатка чыккан ошол жер.
Кармашары Сарыбай,
Кагыштын жайы момундай.
Мунун көбү жалган, көбү чын,
Көрүп келген киши жок.
Жармы төгүн, жармы чын,
Жанынан келген адам жок.
Жараткан өзү билбесе,
Атаңыздын жомогу,
Айтпай койсок болобу,
Жоголуп кеткен беренди,
Жомок кылдым эрмекке.
Жоругун айтып бермекке.
Төгүн-чынын ким билет,
Жараткан Кудай бир билет.

www.bizdin.kg

Жанаша турган адам жок,
Бүгүнкү бар, эртең жок.
Учасы тар эң кызык,
Ушундай түрдүү дүйнө бок.
Кыз Куялы эр балбан,
Барааны тоодой көрүнүп,
Көңүлү толкуп ээликкен,
Баданасын кийинип,
Баатырдан эркек туугансып,
Баатыр бейбак сүйүнүп,
Көргөн көңүл бөлүнүп,
Көркөмү тоодой бейтаалай,
Көк аскар тоодой көрүнүп,
Албан түрдүү бейбакка,
Колдогону бир тогуз,
Колдоп келип туруптур.
Жандап турган сур жолборс,
Жагымдуу мындай жан болбос.
Колдогону көрүнүп,
Тулпар оозун бурду эле.
Кайыпчалдын балбаны,
Бата сурап турду эле.
Санаа сайлап бөлүнүп,
Жаман менен жакшылык
Бет алдында көрүнүп,
Кан калайык калың эл,
Каңырыгы түтөдү.
«Каалап сөздү өзүң бил,
Кең Желпиниш улуу журт,
Жерим алыс калды эле.
Киндик кесип кир жууган,
Топуракка сойлогон,
Жаш кезекте ойногон,
Элим алыс калды эле.
Боз бурчукча кыя жар,
Болжоп чыгар жол эмес.
Желмогуз уулу капырды,
Оюн кылар жоо эмес.
Оттук жалдын чогу өчпөс,
Оолукмалуу доңузга,
Кармаш кылса кол өтпөс.
Сууга салса чөкпөгөн,
Чокко салса күйбөгөн,
Кармашып киши жүрбөгөн,
Баатырдыгы бир башка,
Бааланчу заары бир башка,
Асыл элем арыдым.
Айбанга чалыш ит менен,
Алышып жүрүп талыдым.
Чалышып жүрүп чарчадым,
Бет алышып наалыдым,
Беттешип жүрүп тарыдым.
Күрөш баштап күбүлдүм,
Күчтүү акмак менен кармашып,
Күүлүү жандан түңүлдүм.
Адыр-кудур кең белес,
Нечен ашкан жол эле.
Айбанга чалыш арамды,
Эчен сайган кол эле.
Чама кубат ал келсе,
Чабышып эки бөлөрбүз.
Чак жетпесе капырдан,
Не жазганын көрөрбүз.
Мен Куялы балбандан,
Бекип жаткан белимден,
Силер үчүн келгенмин.
Менин жердин түбү Желпиниш,
Жерим алыс калды эле.
Жеткелең журтум тууган эл,
Элим алыс калды эле.
Калалуу коргон чеп элем,
Ошол журттун баарына
Мөмө болгон мен элем.
Ал жаман эл, байкуш журт,
Ата болуп аларга
Энедей эптеп сактадым.
Элге душман жоо келсе,
Буй түшүрүп чапканмын.
Эригип айткан сөзүмө,
Эл сагынды өзүмдү.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Сагына турган себеби,
Борой-борой күн жааса,
Болумдуу журтум баарына,
Боз керешкей там элем,
Кыз бадыша кан элем.
Калк ичинде кайран жан,
Кара аскар зоодой бар элем.
Калкка мүшкүл иш келсе
Айза сунуп озчу элем,
Астынан барып тозчу элем.
Кыжырга кыйын тийгенде,
Кыргынды кызык салчу элек.
Журтка балаа иш кылса,
Элге мүшкүл күч келсе,
Алакандап азабын,
Биз көтөрүп алчу элек.
Ээн калды элибиз,
Чын бөлүндү көөнүбүз.
Алышканым Сарыбай,
Аттын оозун бурабыз.
Баатыр көкжал мен үчүн,
Аманат жанды кыябыз,
Каза тапсак өлөйүн.
Чама келип ал жетпес,
Желмогуз уулу капырды
Кызык кылып берелик.
Ичиме кийген ок өтпөс,
Аташкан шаңдуу жан эле.
Желмогуз уулу капырды
Ала жүргөн кол эле.
Салышып жүрүп жүдөттүк,
Куушуп жүрүп күн өттүк.
Айыгышып жүрүп арыдык,
Алыша албай карыдык.
Чабышып жүрүп чарчадык,
Аласкар белге кең күдүр,
Айдабай барчу жол эмес.
Желмогуз уулу капырды,
Арзан деп тапчу жоо эмес.
Баатыр жектин кылыгы,
Элүү жол көрдүм арамдын.
Нечен жаңжал бузулгун,
Желпиништин оюнда,
Кең өзөндүн боюнда,
Арамдык түшүп бейлине,
Алты жол кирип кол салган,
Эркин жаткан элиме.
Желмогуз уулу арамдын,
Эл бузуку капырдын,
Аласын ала качпадым,
Куржунда булун чачпадым,
Куласын кууй качпадым.
Кутуруп жаңжал салгыдай,
Куп кашында тилдерин,
Зордук кашында тилдерин,
Зордук чаап ачпадым.
Эркин жаткан элимди,
Эчен жол бузду бейлимди,
Убара кылган жылкымды,
Удургуткан журтумду,
Калайман кылган канымды,
Кашайткан менин жанымды,
Желмогуз уулу келет – деп,
Журтум калган балаага
Жанарыман садага.
Айткан далай кебим бар,
Козгомок эчен кегим бар.
Баш кесишип кан төккөн,
Түбүмдөн бери кегим бар.
Түнкү кеби улуу дуу,
Түгөнбөгөн кеги бар.
Кыялы орой чоң жаман,
Кызыталак чочконун
Түгөнбөй турган кеби бар.
Жадаал салып билинип,
Жанынан чочко түңүлүп,
Кесең белин ашканда,
Желпиништен качан да
Сынаганмын күлүктү,
Сыртынан кууп ансайын,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Баштаганмын бүлүктү,
Тарттырганмын түлүктү.
Какырлык чөлүн аралап,
Калк ичинде арамды,
Эчен жол сайдым жаралап.
Этегин жерге тийгизбей,
Желпинишке тургузбай,
Өзү кылды мен куудум,
Кашайтып калкын чапканмын,
Кармаша чыксаң айтканмын.
Канча жол жинин какканмын,
Бийлеп элин басканмын.
Бек туткагым кармаса,
Эзелки жинин какканмын.
Колум менен кайран жан,
Эчен жол калкын чапканмын.
Сарыбай уулу капырдын,
Түпкү шаары түп болду.
Ушу кылган жоругу,
Түзү суук иш болду.
Ар качандан бир качан,
Салсак заман акыры,
Желмогуздун капыры.
Куп кутурган чочкого,
Курдаштык каным беремин.
Кутурган экен бетпагым,
Муну менен кулжуңдашып көрөмүн.
Күчөнгөн заардуу капырга,
Күйөөсүз катын беремин.
Күчөгөн окшойт бу капыр,
Бир күртүлдөшүп көрөмүн.
Бабам Бакай карыя,
Падыша экен олуя,
Батаңды берчи алайын,
Басып жаңжал салайын.
Тагдыр жетсе өлөйүн,
Арстан тууган Күлчоро,
Ардактаган эр Сейтек,
Шер атактуу эки арстан,
Булардан башка таш жүрөк,
Эгиз арстан, эки шер,
Жолдошко берсең алайын.
Жолу болгон капырга,
Үлкөн жаңжал улуу дуу,
Ушундай кирип салайын.
Кыйып бергин эки шер,
Каалаганым мына ушул.
Жолдош кылып алайын,
Жолдон калар себебим,
Өлүп калсам көмөрүм.
Тирүүлүктө көрөрүм,
Ылдыйласам жөлөрүм,
Өйдө чыксам өбөгүм.
Астыга салсам ак жолум,
Айдап жүрсө сак колум,
Түбүндө жылдыз болжошуң,
Бирөө бала, бирөө иним,
Көрө турган чын күнүм.
Үзүлүп катсам уларым,
Кагышка кирсе бул экөө
Кан-жин төкчү кырааным.
Беттешкенге береним,
Белге таңуу эреним.
Ак болоттун тукуму,
Айбаты бийик, заары күч,
Арслан шердин тукуму.
Түптүү мазар чынарым,
Табылбай турган кыраным.
Маңдайымда таалайым,
Бешенеде паанайым.
Көз жумушса көрөрүм,
Мүшкүл башка күн түшсө,
Жолдош болуп беремин.
Тирүүлүктө чениме,
Байкуш жеңең өлдү – деп,
Дагдыр жетсе өкүрөр,
Көзүн ачып көрөйүн,
Ак сарлан жөлөгүм,
Какырда маана чынарым.
Улуу кары калың эл,

www.bizdin.kg

Кара кылган кыраным.
Белекти колго берген соң,
Бар тилегин терең ой,
Муну Кудай берген соң,
Кармашканым Сарыбай
Кагышчу жоом момундай.
Казатка чыккан жерим бул,
Улуу-кичүү, кары-жаш,
Уккула айткан кебим бул.
Көңүлдүн баары басылды,
Көкжал шерге кошулуп,
Умачтай көзүм ачылды.
Капалуу жүрөк жазылды,
Кайгынын баары басылды.
Таласка курган бак болду,
Маңдайыма бак конду.
Каалаган колго тийген соң,
Кармашты катуу салайын.
Желмогуз уулу капырдан,
Оң колумду азаптан,
Балаа жок башка арамдан,
Дүмөк салчу арамдан.
Алсыратып калайын,
Ага-жеңе, кары-жаш,
Айкөл төрө кадырлаш,
Батаңды бергин алайын.
Желмогуз уулу карыга,
Жеткилең жаңжал салайын» –
Деп, ошентип Куялы,
Ок өтпөгөн тон кийип,
Ок жетпеген ат минип,
Ойнотуп чыкты жекеге,
Жан жарагын жайланып,
Манастан калган Зулпукор,
Көкжалдан сурап аны алып,
Уңгусу болот айза алып,
Майданды көздөй бет алып,
Куялы чыкты жекеге.
Чын дагдыр болсо өлүүгө,
Чымындай жанды журт үчүн
Курман кылып берүүгө,
Чымчык учпас кең сайга,
Чымырап жүргөн жөн жайга,
Кара адырмак көрүүгө,
Желмогуз уулу чочконун
Казат кылчу жерине.
Нардай күлүк Желжетпес,
Тартып оозун бурду эле,
Айбандан артык тулпардын,
Сөлөкөтү момундай.
Булчуңу бука белиндей,
Жүргөнү сырттын желиндей.
Куйругу суюк жалы бар,
Көркөмү мындай жаныбар,
Булуттай учат жаныбар.
Толгонуп куйрук чубаган,
Токсон күн чөлгө жол жүрсө,
Кертип чөптөн чалбаган.
Атыша минип алкынтып,
Чоң Таласты жердеген.
Желмогуз уулу бул эмес,
Кара курттай Каканчы,
Кара Манжу тукуму,
Кара кытай Таласты
Каптап келип жеңбеген.
«Атасынан бабасы,
Укумунан тукуму,
Суук боор душман жеңбеген.
Сарыбай өңдүү кыйла жан,
Каптап суук боор келбеген.
Каптап келип хан өлгөн,
Кармашкан жандын баары өлгөн.
Түбү чынар орногон.
Каяша берген оңбогон.
Кайран шердин тукумун,
Караан кылып алайын.
Канзааданын уулуна,
Кагыш кылган душманды,
Кагышты катуу салайын.
Экөөнү берсең жолдошко,

www.bizdin.kg

Белектеп белге бууюн,
Бейпай каман чочкону
Мединанын беш бурчуң.
Беш айланта кууюн.
Бардын ичин ачырып,
Алыстан туруп качырып,
Туш-туш жактан бакырып,
Турбай ураан чакырып,
Чама чарчап кыйкырып,
Чама келсе доңуздун
Чын айласын кетирип,
Чындашкан душмандай – деп,
Чын ажалын жеткирем.
Дембелеп айза суналы,
Жалгыздык түшсө мүшкүл иш.
Желмогуз уулу капырга,
Өч алып казат кылалы.
Каруусу толук капырдын,
Кармап белин бүктөйлү.
Кас душманың мына – деп,
Кайрат берсе Жараткан
Кара айгырга жүктөйлү.
Өзү тийген капырга
Тукумду кыргын кылам – деп,
Туураланган баатырга,
Баатырсынган балаага,
Өзүм сүйгөн өлгүргө,
Тажаалдын кара көзүнө,
Туш-тушунан чуу салып,
Кыйкырык салып өтөлү.
Кылча көрбөй куу жанды,
Кырылыша кетели.
Жер тунарып чаң болсун,
Жеткен жерлер кан болсун.
Калбай куу жан кыйрасын,
Желиккенин доңуздун,
Тим эле кайтып беребиз.
Каалаганын доңуздун,
Кармаш каптап берели,
Кас ажал жетсе өлөлү.
Жол көргөзгөн жолборско,
Жолугуша көрөлү.
Эркинче жулушуп.
Эсил канды төгүшүп,
Булчуңдарды булкушуп,
Бура тартпай урушуп,
Бузукташып урушуп,
Өкүмсүндүм чатылдым.
Баатырсынып балакет,
Эчен бери катылды.
Намыс үчүн, ар үчүн,
Эрен жоодон өлбөйбү» –
Деп, ошентип кыз балбан,
Тулпар оозун бурду эле.
Атышка чыкмак бизде бар,
Үч жини бермек сизде бар,
Каалагандын тушу эле.
Бир карайтып кармаш кылсам – деп,
Кыраан белги белди таап,
Караан кылар жерди таап,
Кармаша согуш кылган – деп,
Каалаганым ушу эле.
Баатырсынган капырга,
Балбансыган ыктууга,
Билеги жоон эр неме,
Бир кызыкты кылсам – деп,
Тилегеним ушу эле.
Менин каалаганым Семетей,
Кабагым жарык ачылды.
Керт кумарым жазылды.
Каалаганым кезикти,
Кармашарым Сарыбай
Катуу жаңжал саламын».
Ошентип айтып Куялы,
Желжетпес оозун бурду эле,
Эр Күлчоро, Сейтекти
Караанга сурап турду эле.
Мына ошондо Семетей,
Бабаң Бакай, Каныкей,
Басташканы Сарыбай

www.bizdin.kg

Балаалуу мүшкүл мамындай.
Айтканына көндү эми,
Шай колдогон чорону,
Нардай болгон Буурулат,
Аттана тартып мингизип,
Бабасы Манас айкөлдөн
Каалап калган ок өтпөс,
Жакасы каухар, жеңи алтын,
Табылгы жакса чок өтпөс,
Келте атканда ок өтпөс.
Бузулганын өптөгөн,
Жыртылганын кадаган,
Жымылдата септеген.
Акылын таап барганга,
Баары мүшкүл доо келсе,
Маңдайлашып жоо келсе,
Касабалуу туу келсе,
Жан кыйылып кан аккан.
Асман жарган чуу келсе,
Келтек огу кесер – деп,
Эстебесек бул тонду
Эр ажалы жетер – деп,
Билбей койсок бекер – деп,
Болоттон жанчып жебесе,
Береңиң энең Каныкей
Беттеп байкап көз салса,
Адам көзү тайгылган.
Жарабасын сөктүрүп,
Болот эгеп жиберип,
Өлчөөсүнө төктүргөн.
Жалама салып бүктүрүп,
Алтымыш келин шайырга,
Жымылдата тиктирип,
Ичин кымбат иштеген,
Кыз шайыры тиштеген,
Жакылатып өңдөгөн.
Тондо мындай болбогон.
Канкор шердин Аколпок,
Күлчорого кийгизип,
Каалап кылган кандагай,
Кандагай жайы ушундай,
Улукман энең кара бет,
Керилген келин кезинде,
Кең дүнүйөнүн барында,
Көк жал Манас чагында,
Уламадан улаган,
Укумчудан сураган.
Жер үстүндө макулук,
Айбанаты Чалкуйрук,
Даңдун-Тоодон тоо теке,
Өзү кара зоо теке,
Сырты кара боору көк,
Элкин жайга токтогон,
Ээн басып оттогон.
Мерген үңүп барбаган,
Улагы үркүп калбаган,
Ээн жерди жердеген,
Куйруктары чубалжып,
Илбирс аңдып тойбогон.
Кулактарын чунайтып,
Бөрү үркүтүп сүрбөгөн.
Ээн жердин Даңдун баш,
Текеден атып келген – деп,
Такыр келген кырк бирге,
Кырк мергенге аттырып,
Терисин чылгый бүктөтүп,
Сексен нарга жүктөтүп,
Адис болгон Кара бий,
Адамга дайын балакет.
Көп айтпай өткүр бек,
Көлөкөдө жаткан зат,
Кыш убак чилде толгондо,
Ашаткыга салдырып,
Алмалардын кабыгы
Ачыктатып малдырган.
Ашаткы ийи жеткиче,
Ою менен койдурган.
Толуп жаткан балбанга
Аркы-терки жулдуруп,
Балбансынган эренге,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Бек толготуп булдурган.
Токсон кыйын балбанга,
Тогуз ай тынбай кырдырган,
Токмок менен урдурган.
Тиши калбай калганын,
Тим эле туруп соктурган.
Кармашкан адам кайгырып,
Алышкан адам кулаган.
Жин эле болуп айрылып,
Айласы азыр кетсин – деп,
Ажалына жетсин – деп,
Болот эгеп толтурган.
Кашатында каты бар,
Кагышка балбан күйүүчү
Кандагай деген аты бар.
Каалаган балбан кийсин – деп,
Кагышпай жоого тиет – деп,
Кайран энең жасаган.
Алмамбет уулу Чорого
Кандагай деп койгон соң,
Алдыңкы кашы ак алтын,
Андасаңыз ак киште.
Ал чорого мингизди.
Жолдош керек балбанга,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Улуу мүшкүл, катуу чер,
Беттеп жаңжал салганга,
Желмогуз уулу капырды,
Капкайда өчтү алганга.
Тагдыр жетсе өлүүгө,
Кармаш кылып сайышып,
Караан болуп бергенге,
Жолдоштукка Күлчоро
Жолборс шерди берди эле.
Каалаганы эр Сейтек,
Олоодогу ойронду,
Көк болоттун тукумун,
Көкжал шердин тукумун,
Каш-кабактын карасын,
Канкор шердин баласын,
Каалап чыкты согушка.
Жеткилең тоонун белинен,
Мединанын чөлүнөн,
Кемпир-Көлдөн ууртаган,
Келген экен Таластан,
Кайыбынан кабылган.
Кулан сур менен бадана,
Таалайы артык Сейтекти,
Кайыбынан кабылып,
Как талаадан табылган.
Белесинин белинен,
Кутту-Дөбө жээгинен.
Сейтек бала жаш кезде,
Элге бери тартканда,
Куялы жүрүп төрөлүп,
Атагы арткан даң болуп,
Ар кайсы жерге кан болуп,
Арбагы ашык жан болуп,
Бери карай тартканда,
Кайыбынан табылган.
Кудай сүйүп Кулансур,
Таалайы артык көкжалга,
Кудай сүйүп табылган.
Ичке жолун төтөлөп,
Ак сакалчан дубана,
Аталган аты баабедин,
Аксакал чал жетелеп,
Асыл шердин баласы
Чын арстандын даанасы,
Ойлоп өзүм билгенмин.
Арбагын сыйлап атаңдын
Ушу турган Кулансур
Жеткилең тулпар Кулансур,
Кулан сур эмес куюн сур.
Жеткилең тулпар кыйын сур,
Кумга түнөп ташка өскөн,
Кайыптан болуп башка өскөн.
Ырдап жаткан зоодо өскөн,
Таш жандатып зоо басып,
Мелтиреген зоодо өскөн.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кулан менен куушкан,
Тулпар менен туушкан.
Баш кайыптын баласы,
Кыл куйруктун даанасы,
Төрт буттуунун куюну,
Жаралган жылкы дулдулу,
Канаты бар, буту бар,
Кайыпка чалыш жаныбар,
Аркы атаңдын Аккула,
Аккуладан анча өйдө,
Мааникерден беш өйдө,
Алгарадан он өйдө,
Ар буудандан анча өйдө,
Казатка минер чоң дүмөк,
Керишке минсе кебелбейт,
Чабышка минсең чарчабайт.
Темир туяк жез билек,
Каныткалуу мал эле,
Тулпардыгы бар эле.
Токсон күндүк чөл келсин,
Толуп жаткан кырк артуу,
Мүшкүлдүү тозок бел келсе,
Чыдап берчү мал эле,
Тулпарлыгы бар эле.
Жаратылган жандуудан,
Артыктыгы бар эле.
Кааласа кыйын тулпар – деп,
Кармашкан минер кулун – деп,
Кас ажал чындап келбес,
Минип жүргөн эрен жан,
Ааламга кылар бүлүк – деп,
Булуттай кылча кеми жок.
Бет алганын соёр – деп,
Күн батыш менен күн чыгыш,
Күүсүнө келсе сорор – деп,
Бир жеткизип коёр – деп,
Кыл куйрукка таңылбас,
Кыйла жыл минсе арыбас,
Сопол куйрук, сом туяк,
Кайыптыгы канчалык,
Тулпарлыгы мынчалык.
Кыл куйругун чубаган,
Жаралган айбан бендеден,
Көргөн пенде кубанган,
Аңгек келсе чураган.
Тулпарлыгын көргөндө,
Туш-туштан аалам сураган.
Сураганга бербеген,
Сунуп кол адам тийбеген.
Кунанында өрттөнгүр,
Кыл куйругун чубаган.
Кыйла сынын билген кан,
Менин атым болсо – деп,
Көргөн адам кубанган.
Чөлдө туулуп ташта өскөн,
Айбанаттан башка өскөн.
Буудандыгы ашканда,
Бугудай мойнун бураган.
Байлап койсо мамынын,
Башынан ыргып чураган.
Бир жерде мүнөт турбастан,
Мыкты жылкы экен – деп,
Билгичтер эчен сынаган.
Казатка минген кайыпты,
Эр Сейтекке мингизип,
Кагышка кирчү ок өтпөс,
Жакасы кымбат, жеңи жез,
Манастан калган Аколпок,
Ал Сейтекке кийгизип,
Бар жарагын кийинип,
Баатырлык түрү билинип,
Эл бузулгус калыктын,
Калаасындай көрүнүп,
Эл конбогон түзөндүн,
Талаасындай көрүнүп,
Бабасы Манас бадирек,
Бабасындай көрүнүп.
Чылкый болот кийинип,
Тонун токсон түйүшүп,
Тобокел айтып Кудайга,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кайнын көргөн эмедей,
Кашая күлүп-сүйүнүп.
Желмогуз уулу капырды,
Чабышып чакты келе албай,
Мүшкүлү бөлөк, заары күч,
Бул өңдөнгөн баатырды
Бучкагына теңебей,
Тоодой толкуп бөлүнүп,
Опол-тоодой көрүнүп.
Дагдыр жетсе өлүүгө
Ар салганын Алданын,
Тоболго салса көрүүгө,
Каалап калса кудурет,
Каза жетсе өлүүгө,
Кабагын түйүп кенебейт.
Өлүмдүктү тирүүнү,
Өкүм шердин тукуму
Бучкагына теңебейт.
Сейтек жайы ушундай,
Узун бойлуу, кең далы.
Ары балбан, ары шер,
Баатырлыгы башкача.
Кезенишкен жоо келсе,
Балакет салат бу башка.
Арзыбас шердин тукуму,
Аттанып чыкты согушка.
Үстүндөгү кийгени,
Табылгы үйлөсө чок өтпөйт,
Очогор атса ок өтпөйт.
Каражолтой карандын,
Көркөмүнө көз жетпейт.
Эриши жибек кырмызы,
Жасаган экен нур кызы.
Аколпогун кийгизип,
Ал аскар тоодой Кунансур,
Арбагы бөлөк көрүнүп,
Көрүп турган бенденин,
Көңүлү чөгүп бөлүнүп,
Бабадан калган жай-жарак
Баарын тегиз шайланып,
Ар мүшкүлдүү көрүүгө,
Кармашары Сарыбай,
Кыз арстан балбанга
Караан болуп берүүгө.
Аскери алты сан болуп,
Жер тумандап, чаң болуп,
Көрсөң жаңжал ушундай.
Жер бузулуп, чуу болуп,
Асман жарган дуу болуп,
Эл чуркурап даң болуп,
Барабан үнү бакылдап,
Сурнай үнү такылдап,
Арстаның Күлчоро
Кагыштын жайы мамындай.
Медер кылган бул үчөө,
Эл көргөнү буларын,
Эсен-аман жүрсө – деп,
Батырсынган доңуздун
Бир түшүнө кирсе – деп,
Ортого алып жанчса – деп,
Эл кабагын ачса – деп,
Эңкейген кары, эң бир жаш,
Каарлуу мүшкүл колунан
Ажыратып калса деп.
Сарыбайдын зордугу
Көкөйдөн калбайт өлгүчө,
Бул чочконун кордугу.
Эселекке эрен бар,
Эстүүсүнгөн эренге
Эбин табар кези бар.
Дүнүйөнү кылды тар,
Күн көрүүгө кылды зар,
Чоңсунганга Кудай бар,
Зом темирге балта бар.
Таш көөдөндүү чочконун
Чын айласын ким табар.
Эсен калса Сарыбай,
Болгон ишин кылды го,
Каршылашкан балбандын
Канча бирин кырды го.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Каарын чачып какайып,
Итти Кудай урду го.
Капырга кыргын салды го,
Кылтылдаган кыздардан
Койбой алым алды го.
Кылымына чыдабай,
Журт чыркырап калды го.
Бул Сарыбай мүшкүлү,
Бир далайга барды го.
Алты ай, жети ай салышып,
Эр Күлчоро, Сейтектер
Эчен тулпар өлтүрүп,
Эс эңгиреп калды го.
Бузулган экен кыргын түш,
Кыйшайган экен биздин иш.
Ушул капыр Сарыбай,
Сарыбай жаңжал салганы,
Кең дүнүйө тарыды.
Санаа тартып саргарып,
Айлалуулар карыды.
Кең Таластын бөксөгө
Конуп турат, Сарыбай,
Кезиккенди оп тартып
Соруп турат, Сарыбай.
Каарын калың кыргызга
Төгүп турат, Сарыбай.
Кармашкандын жазасын
Берип турат, Сарыбай.
Сасык амал кылат бейм,
Сандалтып журтту кырат бейм!
Ысабы жок чочкону,
Минтип Кудай урат бейм.
Элди кенен жайлатпай,
Эгин-тегин айдатпай,
Эркин бээ байлатпай,
Зордук мүшкүл карааннды,
Салмак болду Сарыбай.
Чоң жадаалды кыргызга
Кылмак болду Сарыбай.
Баатырсынган бадирек,
Кайсы күнү өлүүчү
Кымыз ичип, кыз ойноп.
Кызыр чалган кайран журт,
Качан жалган көрүүчү.
Калың кыргыз көргөнү,
Канча мүшкүл азапты,
Сарыбай колго бергени,
Калайык чуулап чыйпыйлап,
Калайыктын баары ыйлап,
Элдин көөнү бөлүнүп,
Эчендин каны төгүлүп,
Жадаал экен Сарыбай,
Жалаңкычтай көрүнүп.
Журт чуркурап эл ыйлап,
Эл бүлдүргөн арамдын,
Душмандык түрү көрүнүп,
Улуу-кичүү, кары жаш,
Ушинтип көөнү бөлүнүп.
Журт чуркуроо кылды эле.
Каныкей, Бакай олуя,
Кол көтөрүп барбайып,
Бата берип турду эле:
«А кудурет болуп иш,
Элге мура болууга,
Калк ичинде турууга,
Кыйылбас бекен талдарым,
Эсен болсо балдарым,
Каралдыбыз эр Сейтек,
Маңдайдагы паанабыз.
Чекедеги шамымды,
Сайылган кырчын талымды,
Басылта көр санаамды.
Каардуу душман чөлүнөн,
Сактай көргүн баламды.
Жанга ылайык жалгызым,
Жарактуу минип баратам.
Жараткан эгем падыша,
Бир өзүңө аманат.
Азаптуунун колунан,
Аңдышаардын торунан,

www.bizdin.kg

Жер жалтанган капырдан,
Журт бүлдүргөн баатырдан,
Башка түшкөн балакет,
Балаалуу заман акырдан,
Кутказамын деп келген,
Муну Кудай сактай гөр.
Ынангын айткан кебиме,
Казатка чыкты кемириң,
Ата, көкжал бабабыз,
Арбагыңа жалынсам,
Миналсаң ээр табабыз.
Абайлап көзүң сала көр,
А дүйнө кеткен бабабыз.
Ак болоттун тукулу,
Бу кыргыздын тукуму,
Сомук сууну бойлогон,
Согушкан адам сойлогон.
Ал кыргыздан таралган,
Алты келин жаралган.
Баатыр ата бүт баккан,
Бөөдөй кууруп душманды,
Тополоңун тоз кылган,
Ээликмеси кармаган.
Каяшаяк бергенди
Кармап алып жайлаган.
Калк башкарып, журт туткан,
Кара тулпар мал алган,
Кара-Тоодон жай алган.
Өзөн сууну жердеген,
Өнөгүн жанга бербеген,
Өлчөп душман жеңбеген.
Касташкан жерге маталган,
Душман журтка кол салып,
Бөйөн кан болуп атанган.
Бабам Баабедин колдой көр,
Балдар жоого бет алды,
Артын өзүң оңдой көр.
Бөйөн кандын Чаян кан,
Казына бузуп, чай алган,
Камап жоодон жай алган.
Түнөп өткөн жайына,
Түптүү токой орногон.
Домогу күчтүү, заары күч,
Мындай адам болбогон,
Каяша берген оңбогон.
Каарланып койгон жан,
Эгерде эки болбогон.
Түзөң жайлап, зоодо өскөн,
Жаалын салып жер кезген.
Кызыкка кайып издеген,
Кара кытай манжунун
Катылыша келгени,
Кара нардай тиздеген.
Кырк уруу кыргыз намысын,
Катаганын минтип издеген.
Бабабыз Чаян баштатан,
Байкап көзүң сала көр,
Балдарың душманга кол салат,
Бери түбү баба атам.
Өзүң колдоп ала көр.
Чаян кандан таралган,
Жашынан чыккан бала кан,
Кулак угуп көз көргөн,
Кулаалы жапан куш келген,
Куулганды журт кылган.
Жалды дөңдү жер кылган,
Жана кырсык тартканды,
Эби менен эл кылган.
Дүнүйөнү мол кылып,
Түмөндөн аскер кол кылган,
Качкандарды кол кылган,
Кемигенди толтурган.
Ээликмелүү эренди
Ээрчитип жүрүп эр кылган,
Эр уулу менен тең кылган.
Баш атабыз Бала кан,
Байкап сала көр,
Балаалуудан мүшкүлдөн,
Балдарың кетип баратат,
Ажыратып кала көр!

www.bizdin.kg

Бала кандан Ногой кан,
Ногой кандан оңойдур.
Сомук суусун бойлогон,
Согушкан душман сойлогон.
Кан шимирип тойбогон,
Канча акыл ойлогон.
Заары күчтүү жан болгон,
Ал жанында жолдошу,
Жол Баабедин бул болгон.
Караса жанда бар болгон,
Өрүшүнө мал толгон.
Ааламдан ашык бай болгон,
Акылы журтка жай болгон.
Атам Ногой, колдосоң
Аркы-терки кеткенин,
Түзөп жолун оңдосоң.
Ногой кандан Кара кан,
Кабылган шердин баарысы
Кабылан шерден таралган.
Кара кандан Жакып кан,
Кара көкжал шер эле,
Канкор Манас айкөл эр,
Ишимди Кудай оңдочу ай,
Балдарыңды колдочу!
Сарыбай түгүл, айкөл эр,
Ай-ааламды шаштырган.
Астындагы Чоң кула ат,
Алчактата бастырып,
Баатырсынган доңузга
Балдарыма тийбе – деп,
Өзүң найза тапшырган.
Кылымга жаңжал айкөл эр,
Кылганы кымбат айкөл шер,
Өзүң колдоп ала бер
Каарлуунун чогунан,
Ажалдын мүшкүл огунан,
Ачуусу бузук, пейили арам
Сарыбай иттин колунан,
Ажыратып ала көр!
А дүйнө кеткен айкөл шер,
Атайы тактан чын каалап,
Арбагында кабылан
Өзүң көзүң салагөр!
Неберем деп Сейтектин,
Береним деп чоронун,
Келин-уул, баланын
Кейигенин билегөр!
Түпөктүү болот айза алып,
Кула ат ичин ачырып,
Дөөгүрсүгөн душмандын
Капкайда түрүн качырып,
Кабылан өзүң кирегөр,
Көрүнөө көөнүң бурагөр,
Заманасын куурагөр.
Балдарга тийбей кайткын – деп,
Бири тирүү кабылан
Өзүң айза сунагөр!
Алты сай кара кол менен
Арбагында көрүнүп,
Ал Сарыбай капырга
Улуу казат кылагөр!
Балдарыңды, уулуңду
Өзүң жолго салагөр,
Өзүң колдоп алагөр».
Акырын сүйлөп сабылып,
А дүйнө кеткен айкөлдүн
Арбагына жалынып,
Сынап сүйлөп экөөлөп.
Ортодогу ак боз бээ
Каныкей, Бакай карыгандар,
Канча жашка баргандар,
Алаша моюн ак шамшар,
А Кудай, сенин жолуң – деп,
Кындан суурруп алды эле.
Көкүлү менен кулагын
Картайса да зор Бакай
Бириктире бек кармап,
Куркурата чалды эми.
Жыкпай туруп жыластын,
Башын кесип алды эми.

www.bizdin.kg

Баштагы кеткен абаңдын,
Арбагына чалды эми.
Баабединге бээ чалып,
Эрлерди колго салды эле.
Оомийин! – деп журт чуулап,
Ошончо адам, кары-жаш
Эркек-аял аралаш,
Санаа сайлап бөлүнүп,
Капа болуп алтын баш
Бата кылды журт чуулап,
Эрендин баары ээлигип,
Арстандын баары желигип,
Очогорду октоду.
Оодаралбай кара жер
Калыңынан токтоду.
Бет алганы Сарыбай,
Бейпай мүшкүл мамындай.
Кагышаары Сарыбай,
Казаттын жайы мамындай.
Мына ошондо балбан кыз,
Ааламга атыш салган кыз,
Канча менен кармашып,
Кармашта канча көнгөн кыз,
Кармашкандын табасын
Канчасын колго берген кыз:
«Бу дүнүйө жалганга
Бир жаралган эр элең.
Караны тоодой көрүнүп,
Канчанын көөнү бөлүнүп,
Кан Семетей күйүнүп,
Кайнатам айкөл бир үчүн,
Калың кара журт үчүн,
Кадырман жаным курмандык!
Каарлууга айза уруп,
Көргөнү кетип баратам.
Казам жетсе капырдан
Өлгөнү кетип баратам.
Тирүү эмес өлүкмүн,
Өлгөн жандын биримин.
Кармаш кылып Сарыбай
Катылчу жаным мамындай.
Журт куруткан доңузда
Айтышкан эчен кебим бар,
Алыша турган кегим бар,
Өпкө жартып, баш кескен
Эчактан бери кегим бар.
Силкилдешип көрөмүн,
Чын ажал жетсе өлөмүн.
Чындашканым Сарыбай
Чын күйөөбүз Семетей,
Ашыктык жайы мамындай.
Өлтүрсөм канын соромун,
Көрүнсө көзүн оёмун.
Кыялдуу түрүм кыз балбан,
Кылымга салам чоң жаңжал.
Өлгөндө болбойт эч арман,
Өкүмү күчтүү чоң жаңжал».
Балбан тууган бадирек,
Баштамак болду чоң дүмөк.
Мына ошентип Куялы,
Желжетпести бурду эле,
Жеңер шери Сарыбай,
Казаттын жайы мамындай.
Берен болуп аталап,
Сарыбайга аттанып,
Эр Бакай кан, Каныкей,
Карылардан бата алып,
Эр Күлчоро, кан Семетей,
Караан болуп аттанып,
Улуу дүмөк дуу болуп,
Бакай кандан бата алып,
Калың элге чуу болуп,
Жеткилең чыкты казатка.
Жамы кыраан бет алып,
Жээлигип эрлер чыкканга,
Жер жарылып, тоо урап,
Картайган Бакай көп ыйлап,
Кыраандар кандай болот – деп,
Калайыктын баары ыйлап.
Журт чуркурап дуу болуп,

www.bizdin.kg

Айыкпаган чуу болуп,
Санаа тартып саргайып,
Куу дүйнөгө таң калып,
Эркек-аял, ургаачы,
Карап турду жарданып.
Караандуу үч эр аттанса,
Калк чыркырап, журт кейип,
Талас оңой жер эмес,
Сарыбай оңой эр эмес.
Алып койсо кокустан,
Тындым кылса окустан,
Колуна тийсе Сарыбай
Кашайтып турат жаныңды,
Алымга алып малыңды,
Көп кетирер алыңды.
Эгерде алса үч баатыр
Дүйнө кызык билербиз,
Кайгы качып, көңүл ток,
Каяша берген бир жан жок,
Кадыр түнгө кирербиз,
Күйүштөн чыгар белибиз,
Күндө оюн-тамаша,
Күндө тиер тилегин.
Эгерде өлсө Сарыбай,
Дүнүйө кенен тарыбай,
Жибек болор жүнүбүз.
Бейиш болор күнүбүз,
Бек оңолор түрүбүз.
Алтын болор темириң,
Арман качып кайран эл,
Арылар эле көңүлүң.
Үзгүлтүктөр уланар,
Ак калпак кыргыз кубанар,
Каарлуудан кутулса,
Калк жайлоого конбойбу,
Журт көңүлү толбойбу.
Ичкендери чай болуп,
Жегендери май болуп.
Эл эркиндеп оңбойбу,
Эгер алса Сарыбай –
Калың журт карып болбойбу.
Алда Талаа Жараткан
Буюрганы болбойбу!
Каардуудан кутулса,
Калың журт чалкып оңбойбу.
Элкин жаткан эл элек.
Кызырлуу жакшы заман кыл,
Жан деп адам жаратсаң,
Канкор шердин тукумун
Калың эл медер кылууга
Үчөөнү Кудай аман кыл!
Калк ыйлап, кан ыйлап,
Калың элдин баары ыйлап,
Баатырларды журт кыйнап.
Айлы ташка конгонсуп,
Атасы каза болгонсуп
Журт чуркурап, эл чуулап,
Акылсыз арсыз дардаңдын
Эси жогу билинип,
Эр акылман эс билген,
Эсил жандан түңүлүп,
Санаа тартып, саргарып,
Көңүл сайлап бөлүнүп, –
Жамандык да жакшылык,
Көз алдында көрүнүп.
Санаа күлүк, көңүл ток.
Ушундай окшойт дүйнө бок.
Опат болсо үч кыраан,
Бел байларга белим жок,
Журт качуучу жерим жок,
Кайгы мүшкүл кайда жок.
Караан кылдык үчөөнү.
Көздүн жашын көрөгөр,
Астын кылып арамды
Сарыбай уулу доңузду,
Акыры Кудай берегөр!
Үзүлбөс болсо сабагым,
Ачылса суудай кабагым,
Саны түсөн чогу эле
Аңтарылса Сарыбай,

www.bizdin.kg

Алда Таала Кудайга
Эч бир арман жок эле.
Журт чуркурап, чуу болуп,
Эркек-аял, кары-жаш
Эсеби жок доо кылып,
Алакан жайып, кол сунуп,
Жазайылын салынып,
Эл тилеги дарыя –
Жаратканга жалынып,
Журттан бата алды эми.
Кармашар болсоң Сарыбай,
Берендер беттеп калды эми.
Ордодон чыгып аттанып,
Он эки пирден бата алып,
Кармашары Сарыбай,
Караса мүшкүл мамындай.
Артык кызык уулу дуу,
Ач айкырык, ызы чуу,
Баатырлык жөнү мамындай.
Бастырып көптөн бөлүнүп,
Карааны жоого көрүнүп,
Жабдык кылыч шайланып,
Жанга чокмор байланып,
Кайра жаачу булуттай,
Канга тойбос кайрандар
Каары бетине айланып,
Беттешери Сарыбай
Бейпайлык мүшкүл мамындай.
Бет алышты кыраандар,
Балбан да ошол, шер да ошол,
Тобокелге эр да ошол,
Урунары кең Талас,
Учурганы Ак шумкар,
Комуттуу дарты бир далай,
Койгулашар Сарыбай
Казаттын жайы мамындай.
Кайыпчалдын балбан кыз,
Каңгай сөздүн жүйөсү,
Кан Семетей күйөөсү,
Өткөн иштин жайынан,
Ашыктыктын айынан,
Дүнүйө таттуу билүүгө,
Семетейге тийүүгө,
Каалаганы Семетей
Кайран баатыр келиптир.
Тилегенин бир Кудай,
Кош колдоп колго бериптир.
Бу дүйнөнүн кызыгын,
Арстан бейбак билиптир.
Каалаганы Семетей
Адал жар болуп тийиптир.
Бир ордого беттешип,
Бир идиштен эт жешип,
Түнөгү бирге болушуп,
Башта кылган кургурдун
Эбегейи эзилип,
Эт тырмагы созулуп,
Чымындай жаны чыркырап,
Аңгемени жайышып,
Ашыктыктын айынан
Сай-сөөгү быркырап,
Каалаганы табылып,
Тиктегенин тим берип,
Ашыктыктан келиптир.
Каалаганын Жараткан
Ме деп айткан үнү жок,
Кош колдоп сунган колу жок,
Кааласа колго тийиптир.
Каалаганы Семетей
Казатка бейбак жүрүптүр.
Кармашары Сарыбай
Катуу мүшкүл мамындай.
Казатка чыгып кургуруң,
Капанын баары чачылып,
Кайгылуу жүрөк басылып,
Үзгүлтүк буюм уланып,
Ошентип жаны кубанып,
Касташканы Сарыбай
Казаттык жаңжал мамындай.
Катуулап жаңжал салууга,

www.bizdin.kg

Төмөнкүнүн зарпынан,
Бул душмандын каарынан,
Казылган терең орунан,
Кайнаган ачуу шорунан,
Журт бүлдүрүп эл кырган
Дүмөктүү душман колунан.
Басып жаңжал салууга,
Бардык мүшкүл балаадан,
Айкөл шердин тукуму
Ажыратып калууда.
Эстегени Семетей,
Эгешкени Сарыбай,
Эзелки душман мамындай.
Казатка чыгып камынып,
Белгилүү өткөн Манастан
Белекке калган Зулпукор,
Кынына байлап салынып,
Казат жакка камынып,
Ай-ааламды шаштырып,
Алдындагы тулпарын
Алчаңдата бастырып,
Сарыбай эмес ааламды
Түбү менен шаштырып,
Кайыпчалдын Куялы,
Ургаачы арстан бу дагы.
Балбандыгы башкача,
Баатырлыгы бир канча.
Аты угулган адамга,
Арбагы кеткен далайга,
Ургаачы арстан болуптур.
Бет алышкан душманды,
Буй түшүрүп соруптур.
Канча жерден кат алган,
Кадимки балбан атанган.
Канча пирден кат алган,
Беттеп адам жетпеген,
Бет алышкан жоо келип,
Бирөө тирүү кетпеген.
Атасы Кайып бай болгон,
Алышкан душман жай болгон.
Берендиги, шердиги,
Белгилүү журтка билинген,
Беттешип душман бүлүнгөн.
Берендиги белгилүү,
Көк жалдыгы көрүнгөн.
Акылга баатыр, заары күч,
Ай-ааламды кылган түз.
Күрөшүп дөө алып келип,
Баатырсынып, шерсинип,
Беттешип гүлдөй күбүлгөн.
Күрөш чабыш майдандан,
Эрсинип келген эрендер,
Эчен жандан түңүлгөн.
Беттешкенден алп алган,
Баатырсынган эр өлгөн.
Чабышып чабуул салам – деп,
Желмогуз уулу Сарыбай
Кызыл канга бөлөнгөн.
Колу ажалга тутулган,
Жети жерден найза жеп,
Желмогуз уулу Сарыбай
Өлгөндө качып кутулган.
Жоого беттеп балбан кыз,
Жай-жарагын жайланып,
Уңгусу болот, чоюн баш,
Кол тырмоочко байланып,
Арбак конуп барбайып,
Ал аскар тоодой барбайып,
Арстандай көз жайнап,
Тегирмендей тиш кайрап,
Дүнүйө бекер экенин
Тегерете карабай,
Теги жанды аябай,
Кыдырата карабай,
Заардуу мүшкүл доңуздан
Кылча жанды аябай,
Катуу жаңжал баштаптыр.
Кайран жанды кыз балбан,
Кылга байлап таштаптыр.
Уңгусу болот, учу курч,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Алтын жаак, ай балта,
Азыр жоого кирүүгө,
Адамдыгы мамындай.
Ал билектен чабуулга,
Көмөкөйлүү сыр найза
Бул тактырда көөлөнүп,
Адамзат пенденин
Акылы айран бөлүнүп,
Мына ошондой балбан кыз,
Каарланып күркүрөп,
Карап калган адамдын
Азат бою дүркүрөп,
Чагылгандай чартылдап,
Ак маралдай даңкайып,
Көркөмдүү түрү көрүнүп,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Каралдысы Күлчоро,
Кармашары Сарыбай,
Кан төгүлүп чабылып,
Берен Сейтек уулуна
Бейжай келин жалынып:
«Каралды кылган чырагым.
Беттешери Сарыбай,
Сарыбай иттин заары бар.
Албан түрдүү чочконун
Адамдан түрдүү каары бар.
Балбандыгы башкача,
Жадаал түрү бир башка,
Жапа салат бу башка.
Балтага балбан даңгыл ит,
Ааламга балбан камбыл кул,
Айзаны бийик аштаган.
Куйгулашып билек жоон,
Коркуп колтук ачпаган.
Өз тоюна келгени,
Ойрон кылып таштаган.
Айзасы даңгыл ыктуу эрен,
Айласы толук, заары күч,
Алышканды кылган түз.
Эңкейтип бенде албаган,
Кезиккен тирүү калбаган.
Темир булчуң таш жүрөк,
Ааламга салчу чоң дүмөк.
Балтага балбан күйгөн чок,
Бадирек өңдүү бенде жок.
Үстүндөгү ок өтпөс,
Кагышка кийген тон ушул,
Баатырсынган арамга
Алышып жүргөн кол ошол,
Желпиниште эл ошол,
Жеңише албай куушкан,
Жетик бейбак менен ошол.
Кара мылтык карс этсе,
Капшактабай тургула,
Качырып айза сунгула.
Түбүнө түптүз жеткиле,
Түк бир жанды аябай,
Түгөнүшө кеткиле.
Таласты азат кылгыла,
Маңдай-тескей турушуп,
Бакырып айза сунушуп,
Мылтык сунуп, ок атып,
Кылчылдашып урушуп,
Кан төгүлүп кан өлүп
Кармаш кылган жан өлүп,
Жер жарылып кулагын,
Көргөн адам чуулаган.
Жекеге майдан барганда,
Каарлуу кагыш көргүлө,
Караан болуп бергиле.
Каза жетип, күн бүтсө,
Казатка кирип өлгүлө.
Чын ажал жетсе өлөлүк,
Чын каалса Кудайга
Чымындай жанды бербейби.
Ажал жетип, күн бүтсө,
Албан түрлүү алп өлгөн.
Айбаты тегиз, заары күч,
Адамдан эчен калк өлгөн.
Айза сунуп, топ бузуп,

www.bizdin.kg

Эрен мөрөй албайбы.
Ажал жетип күн бүткөн,
Деминде өлүп калбайбы» –
Деп, ошентип Куялы,
Куйма кулак бүлөдү.
Ташка салса тайгылбас,
Таалайлуу эрдин баарысын
Кайрат кылып бүлөдү.
Каралдысы Сейтектин,
Амандыгын тиледи.
Үч-Кошойдун сеңирге,
Майданга чыкчу керүүгө,
Желмогуз уулу капырдын
Жер майышкан капырдын
Жекеге чыкчу жерине,
Каар баштап кан төккөн,
Кара-Буура керүүгө,
Казат баштап чыр кылган,
Кан төгүлгөн сеңирге,
Желмогуз уулу капырдын,
Бел байлаган белине,
Бек бекиткен чебине,
Капка-Таштын оозуна,
Кайыпчынын тоосуна,
Желмогуз чеби орногон,
Андай чеби болбогон.
Таштан жыйып зоо кылган,
Карагайдан коо кылган,
Айланасын зоо кылган.
Тегерегин караандын,
Айланасын тор кылган.
Бекигени шер болгон,
Туш жагын тоодон чеп кылган.
Кезиккенди мерт кылган,
Беттешкенди мент кылган.
Кезиккенди кемирген,
Кабылганды кайсаган.
Кармашам деп алп өлгөн,
Каруусу бөлөк адамдан
Албан түрдүү калк өлгөн.
Мурдагы өткөн айларда,
Эл ылдыйга тартканда,
Чөптүн гүлү соолгондо,
Күздүн күнү болгондо,
Желмогуз пейили тарыган.
Алышып алы жете албай,
Күлчоро байкуш арыган.
Беттешти бейпай баштаган,
Жекеге чыгып турушуп,
Жети күн тынбай урушуп,
Кагышты катуу баштаган.
Жетимиш тулпар, он төрт ат,
Сарыбай кырып таштаган.
Күрөш кылып күчтөнгөн,
Кармашып жатып калк өлгөн.
Жекеге чыгып сайышып,
Жанчышып чама келе албай,
Алышта бирөөн жеңе албай,
Далай мүшкүл чуу болгон.
«Алтымыш күнү аралап,
Алты жерден жара жеп,
Тозок тоодой иш болуп,
Томуктай жанга күч болуп,
Коюнума кан толуп,
Бир медерди көрүүгө,
Чын аябай зар болуп,
Кармашканым Сарыбай,
Ок өтпөгөн дөө болуп,
Тулпарымдан ажырап,
Туруп калдым жөө болуп.
Кармап минер буудан жок,
Караан кылар тууган жок.
Курсак капа, көөнүм чок,
Ушундай болот дүйнө бок!
Кең дүнүйө тар болуп,
Келберсинген кайран жан
Сарыбайга кор болуп,
Амал куруп, көз жайнап,
Ал алсырап, чер кайнап,
Чымындай жаным чыркырап,

www.bizdin.kg

Дене бойдун баарысы
Айза тийип быркырап,
Атым өлүп, жөө болуп,
Сарыбайдын балбаны,
Туш-тушумда турганы,
Турбай айза сунганы,
Өлмөйүнчө жан таттуу,
Өлөмүн деп өлө албай,
Өз жанымды кыя албай,
Балбан чактан кетерде,
Жөө салыштым жүгүрүп,
Аңдып келген балбанды
Такыр кырып жиберип,
Кайрат кылып бакырып,
Кан атакем Алмамбет
Колдой көр деп бакырып.
Көңүл чөгүп сөзү бай,
Сыйынганым бир Кудай.
Ак болот алып камынып,
А дүйнө кеткен бабамдын
Арбагына жалынып,
Жанды эсен коё көр,
Жапалуу мүшкүл иш көрдүм,
Жайыл мүшкүл бүт көрдүм.
Жарыктык атам Алманбет,
Бүгүн колдон ала көр.
Сарыбай мүшкүл жоо экен,
Бүгүн көзүң сала көр.
Кырк чилтен, Кызыр кыязын,
Кызыталак жанга күч келди,
Кыйын балаа мүшкүлдөн
Ажыратып кала көр.
Бармак тиштеп баш чайкап.
Бадирек жанга күч келген.
Чама чарчап алсырап,
Чындан жаным куурулуп,
Чыным менен ал кетип,
Сайлап көңүл бүлүнүп,
Укурук сунган шум өлүм,
Маңдайга жакын көрүнүп,
Кабаттуу мүшкүл иш көрүп,
Минип качар буудан жок,
Жакын келип ажал ок.
Желмогуз уулу Сарыбай
Чиймек болду сызыкты,
Кылмак болду кызыкты.
Ырбатмак болду жараны,
Салмак болду балааны.
Көрүнө кылып кордукту,
Көргөзмөк болду чоңдукту.
Балдарды бакырып,
Баатырларын чакырып,
Эрендери ээлигип,
Калбандары жээлигип,
Жаанын огу чыркырап,
Тийген жери быркырап,
Айланын баары үрөлүп,
Амал сандап түгөнүп,
Асыл жанды бой кылып,
Өлдүк деген ой кылып,
Кабырга какыр бөлүнүп,
Катуу жаңжал, чоң уруш,
Төбөгө жакын көрүнүп,
Басып качар баана жок,
Корголорго караан жок,
Канаттуу тулпар малым жок.
Каз айланган зоосу жок,
Таянып качар тоосу жок.
Бек бекиткен белим жок,
Медер кылган Семетей
Белгилүү агам шерим жок.
Жалгыздык жана мүшкүл иш,
Бузулган экен биздин түш,
Медер кылган балам жок,
Ажыратып алуучу.
Белсенип жаткан журтум жок.
Жамгырдай жааган калың ок,
Карасаң мындай дүйнө бок.
Караларга эр таппай,
Кечип кирчү көр таппай,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Жан корголоп калуучу,
Жаныттуу өзөн жар таппай,
Жайнап жоого киргендей,
Жазганбай жоого тийгендей,
Жал-куйруктуу мал таппай,
Жапааны жалгыз көргөмүн.
Жаратылган жакшы жан,
Жарымынан түңүлүп,
Сарыбайга бергенмин.
Кечээ курсакта барып туулган,
Эрдиги элге угулган,
Кырааным жанга сынаакым,
Аты Сейтек мураапым.
Адырга түшсө ак жолум,
Атыккан жоого сан колум.
Какырда түптүү чынарым,
Кара кашка тынарым.
Белимде таңуу медерим,
Бек арстан көзөлүм,
Туюгун бузуп жол салган,
Туйгун абам кайда? – деп,
Туурасынан кол салып,
Каарын төгүп бакырып,
Сарыбайдын түмөн кол,
Кашабылдай сапырып,
Каарын төгүп бакырып,
Чапчыш кылып турушуп,
Күнү-түнү он төрт күн,
Талкалашып урушуп,
Жер бузулуп оюлуп,
Эчен тулпар көп балбан,
Кагылыштан союлуп,
Баатырлыгы башкача,
Түптүү көкжал тукуму,
Түгөнгөн жандын тууганы.
Маңдайында бар анын,
Бала арстан карааны.
Аркасы бийик бууданын,
Байкуш жандын карааны
Каралашар себебим
Малыбыз бирге желелеш,
Тукум бирге энелеш.
Койдун баары короолош,
Бакты бирге жоролош.
Тирүүлүктө жыйгандаш,
Өзүбүз менен курбалдаш,
Тилекке бирге жетишкен,
Көрүп болуп өтүшкөн.
Астыга жүрсө жан бирге,
Өлүм орток, кан бирге,
Карааным Сейтек жан бирге.
Олжолоп сойгон он бир алп,
Он бир алптык ок өтпөс,
Мен чорого кийгизип,
Олжолоп алган Кылжээрде,
Ок жетпеген бууданга
Түпө басып мингизип,
Туугандыгын билгизип,
Өчкөнүмдү тамызып,
Өлчү жаным тиргизип,
Кападан башты оңолтуп,
Кайгыны ичтен жоголтуп,
Катуу кармаш салды эле.
Бала башын эр кылып,
Байкуш жанга дем кылып,
Ажыратып алды эле.
Азыр өлчү шордуу жан,
Каарлуунун торунан,
Сарыбайдын оозунан,
Жалынса жанды койбогон,
Шимирсе канга тойбогон,
Таралган адам колунда
Жадаалы мындай болбогон.
Жаратканы теңирден,
Эл бүлдүрүп, журт кырып,
Ырайымсыз капырдан,
Дозоктун күйгөн чогунан,
Кан ичкичтин колунан,
Атышты арбын салды эле.
Айла куруп турганда,

www.bizdin.kg

Абакелеп, аталап,
Айланайын Сейтегим,
Ажыратып калды эле.
Минтип турган себеби
Кутурган жигит эрдик чак,
Кыйшайган экен биздин чак,
Эрдик-шердик бир келип,
Эр Куялы, угуп ал.
Көнүп турган кезекти.
Катуу чама кайран күч
Толуп турган кезекте,
Беттешкенде камандай
Чалып турган кезекте,
Кызыкканга мүшкүлдү
Салып турган кезекте,
Кызыл болуп, бөрк элек,
Кыйла жерден жан койбос
Казатка күйгөн өрт элек.
Кара болот бөрк элек,
Кабылган жоонун көркү элек.
Каптаса ажаан кутулгус,
Карарып жанган өрт элек.
Өрттөн өчүп кул болуп,
Түмөн элек бир болдук.
Канкор элең кайран баш,
Сарыбайга кор болдук.
Кызыгын кытай кеп салса,
Кыйындарын утчу элек,
Кымызча канын жутчу элек.
Билген чырды кылчу элек,
Миңин койдой кырчу элек.
Минткен эрден түгөнүп,
Жашып калган кезек бейм,
Барса-кайтпас сапарга,
Кааласа тайбас алтын баш,
Басып калган экен бейм.
Курч түгөнтүп ал кетип,
Оңбой калган кезек бейм,
Баатыр болуп иер болуп,
Болбой калган окшойт бейм,
Сарыбайга ал жетпей
Кубат-кайрат ал кетип,
Болбой калган окшойт бейм.
Урушканда дөөнү алдым,
Сарыбайга беттешип,
Бели үзүлүп тулпардын,
Нечен катар жөө калдым.
Кыйшайган экен биздин түш,
Кылымда болбойт ушул иш.
Чама чарчап, ал кетип,
Оңбой калган кезегим.
Чалкылдашып салышып,
Болбой калган кезегим.
Этим качып, сөөк калып
Арык болуп турамын.
Эрди, шердик колдо жоо,
Жарык болуп турамын.
Колдон кеткен эрдикке,
Эмне айла кыламын.
Акылдан танып айла жок,
Качырып согуш салууга,
Баякыдай айза жок.
Ар кимден кетет конгон бак,
Ушундай экен дүнүйө бок.
Биз бастырып чыкканда,
Тирүү болбой өлдүк – деп,
Душман камын жечү эле.
Ак калпак кыргыз, аргын журт,
Атымды айтпай бурмалап,
Күл абабыз дечү эле.
Гүлдүү тон кетти жонуман,
Эми Гүл аба деген ат кайда,
Кошо кетти боюман,
Көк арстандай чамынып,
Толуп турган кезекте,
Көрүнгөн бактын шагына,
Конуп турган кезекте,
Конуп бактын башында,
Конуп турган кезекте,
Болуп турган кезекте,

www.bizdin.kg

Болуп душман аша албас,
Бодурлуу бийик таш элек,
Бороон жүрсө жел тийбес.
Ушул кыргыз элине,
Бой керишкен жан элек.
Добул жүрсө жел тийбес,
Доочуларга мал бербес.
Бөрү келсе кой бербес,
Душман келсе бой бербес.
Баатырдык арстан шердигим,
Бир адамча бар элем.
Ал аскардай зоо элең,
Ашуу бербес, жол бербес,
Бийик аскар тоо элем.
Кеңири журт барында.
Курсагым ачып баратса
Жая кесип жечү элем.
Кайран башым барында,
Жаратылган адамга,
Он сегиз миң ааламга,
Беттеп келген бендеге,
Бет алышкан көзөлгө,
Датым келет дечү элем.
Кардым ачып келгенде,
Казы кесип жечү элем.
Кармашууга кай душман,
Беттеп келер дечү элем.
Адырдагы кийигин
Ачалуу туяк кармасам,
Уй кылармын дечү элем.
Ай-ааламга кол салсам,
Буй кылармын дечү элем.
Көк маралын кубалап,
Мал кылармын дечү элем.
Басташкан илек жоо келсе,
Кор кылармын дечү элем.
Кайрат-күчүм ал кезде,
Ташып калган кезеги,
Кырк чилтен Кызыр Ильяс,
Алыс болуп ал кезде,
Качып калган кезегим.
Коркуп турган себебим,
Желмогуз уулу капырга
Маңдай-тескей барыштым.
Балта шилтеп, айза уруп,
Барсылдашып салыштым.
Томуктай баш утулуп,
Ок өтпөс чопкут тытылып,
Чарайна темир туулга
Балта тийип майышып,
Барлык күчтү салышып,
Бадирек жанды аябай,
Маңдайлашып турушуп,
Нар кескен кылыч Зулпукор,
Аркы-терки урушуп,
Маңдайлашып калыштык.
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып салыштык.
Кандын баары жутулуп,
Кандагай шым, Аколпок,
Калбай такыр тытылып,
Минтсем айла болгон жок.
Жети ай тынбай сайыштым,
Желмогуз уулу Сарыбай
Бир кыйшайып койгон жок.
Табылгы урсам чок өтпөйт,
Ыраңы суук доңуздун,
Чочмор сайсам чок өтпөйт,
Очогор атсам ок өтпөйт.
Чапчышып чама келалбай,
Кармашканым жеңалбай,
Жеңи өрттөнүп ич күйүп,
Өлбөй көзүм илинип,
Чабалдыгым билинип,
Ай бөксөрүп күн өткөн,
Алыш кылып жүдөткөн.
Эндиретип элимди,
Суутту артпай демимди.
Бүктөп канча белимди,
Чыгарып мынча желимди,

www.bizdin.kg

Эндиретти элимди.
Ал жетпестен күйүндүм,
Аманат жандан түңүлдүм.
Жыйганымды жегиздим,
Кулак угуп, көз көргөн
Билгендердин баарында,
Чамасыз Чоро дегиздим.
Туюгун бузуп жол салып,
Талаан салдым мүлкүмө.
Далай жаңжал иш кылып,
Таалайлуу жыргал күнүмө.
Өрүштөн тийип жылкымды,
Өткөрө бузду мүлкүмдү.
Чама чарчап, ал кетип,
Чабышып алым жеталбай,
Ардангандан кайран жан
Өткөрө күйдүм сабылып,
Өзүмө өзүм таарынып.
Өлөйүн деп өлалбай,
Керектүү жанды кыя албай,
Сарыбай уулу капырдын
Алыш кылып бат өлүп,
Маңдайлашса эр өлүп,
Кароолго чыккан капырга
Капыр кулдун заарынан,
Кармашкан жандын баары өлүп,
Жекеге жалгыз салышып,
Эн таарындым чочкого,
Өлбөгөн жерден калышса,
Кулак угуп көз көргөн
Элден мындай көрбөдүм.
Адам билип журт көргөн,
Капыр кул менен кагышып,
Токтунун майын толтурдум,
Тозокту жаман чоң көрдүм.
Керишип күчүм келалбай,
Күрдөөлүүнү жеңалбай.
Ажал жетип өлбөдүм.
Асты мындай тозокту
Жер үстүнөн көрбөдүм.

Атам карап, энем тууп,
Мен Күлчоро болгону,
Жетим калып жетилип,
Жерге караан кошулуп,
Эрбеленде эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Алчайып атка мингени,
Баатыр болуп жоо издеп,
Күлчоро болуп жүргөнү.
Кыя кылыч байланып,
Баба ордунда абабыз
Ээрчитип жүрүп эр кылды,
Эр уулу менен тең кылды.
Сайып жүрүп бак кылып,
Салып жүрүп там кылды,
Санжыргалуу кан кылды.
Жетимдиктен кеткизди,
Жыргап жашоо кезекте
Жүрөгү майлуу болсун – деп,
Казы кертип жегизип,
Бөлөктүгү калбайт – деп,
Энем Каныкейдин эмчегин
Тең бөлдүрүп эмгизип,
Этегине кат коюп,
Эбегейсиз болсун – деп,
Күлчоро деген ат коюп,
Мойнума тумар тактырып,
Шордуу энем Каныкей
Каныкейге бактырып,
Кул дегенди жоготуп,
Күн бир тууган ушул – деп,
Курган жанды оңолтуп.
Асырап багып зор кылып,
Ай-ааламга чоң кылып,
Себилим сексен төрт болуп,
Серп алганым өрт болуп,
Мен Күлчоро колунан
Алышам деп алп өлгөн,
Албан түрдүү калк өлгөн.
Кармашам деп хан өлгөн,

www.bizdin.kg

Кара кытай манжу өлгөн.
Чындап жаңжал кылам – деп,
Чынкожо, Толтой алп өлгөн.
Кармашамын деп келип,
Кара кытай калк өлгөн.
А дегенде бир Кудай,
Ай-ааламга зор кылган.
Аягында Жараткан
Сарыбайга кор кылган.
Бу Сарыбай капырдын,
Атыш кылып чабышып,
Адам алы жетпеди,
Арстан тиши өтпөдү.
Аягында байкасам,
Чабалдыгым билинип,
Чабышып чакты келалбай.
Кыраан энем эңе албай,
Кызыталакты жеңе албай,
Чаркым кетип күйүндүм,
Аманат өтөр жанымдан
Ушунетип түңүлдүм.
Турбай душман жоо келсе,
Тулпар оозун бурамын.
Туурадан келген кордуктун
Чынын айтып турамын.
Башталган сөздүн чыны бул,
Баатыр чороң сыры ушул.
Арстан жеңе Куялы,
Ырдап айттым ырымды,
Ымандай айттым сырымды,
Сүйлөп бердим чынымды.
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Калк белгилеп эл айткан,
Кабыландын жолдошу
Балбан жеңем сен болсоң,
Атышты арбын салыңыз.
Каардуунун колунан,
Кабылган ажал огунан,
Чын душмандын колунан,
Сарыбайдын заарынан,
Өрттөнгөн тозок каарынан,
Ажыдаардын заарынан,
Жан аябай эр жеңе,
Обол мурун эр үчүн,
Арга керек ал үчүн,
Балаң Сейтек, мен үчүн,
Атышты арбын салыңыз.
Заарлуунун колунан
Чаманң келсе жеңеке,
Ажыратып калыңыз.
Айкөл шердин тукуму,
Жоготпостон житирбей,
Жоготуп жолун бүтүрбөй,
Чөп чыкпас какыр сеңирдей,
Арслан шердин тукумун
Сарыбай кырды дедирбей,
Атышты арбын салыңыз.
Кагышты катуу салыңыз,
Өлүм, азап, мүшкүлдөн
Өзүң сактап калыңыз!
Берен болсоң, шер болсоң,
Кайыпчалдын Куялы,
Ургаачынын кыйыны,
Келеңкер чачпак ыктуусу,
Ак жоолуктун мыктуусу,
Баатыр жеңе сен болсоң.
Алышканың Сарыбай,
Кара жерге таптаңыз.
Кайран шердин тукумун
Эне болуп сактаңыз.
Ал-абалды көрүңүз,
Жадаал салды Сарыбай
Жазасын колго бериңиз.
Катуу кармаш салыңыз,
Катуу зордук, мүшкүлдөн
Кайран шердин тукумун
Ажыратып алыңыз.
Мен Күлчоро, эр Сейтек,
Жаныңа жолдош кылыңыз.
Айгайлап арбын салууга,

www.bizdin.kg

Азган кыргыз журтуңду,
Эл коргону мүлкүңдү,
Азаптуу мүшкүл каарынан
Ажыратап калыңыз.
Айтып турган сырыбыз,
Жалган эмес чыныбыз.
Жапа салды Сарыбай
Жалган эмес чыныбыз.
Кара тилим кайрадым,
Калтырбай сырым бүт айтып,
Кайран чороң сайрадым».
Муну укканда Куялы,
Кан ичмеси кармады.
«Ата, кайним Күлчоро
Жердегеним Желпиниш,
Учурганым ак тулпар,
Урушарым Сарыбай,
Чатактын жайы мамындай.
Кандай кара уз кезде,
Кайран жеңең кыз кезде,
Керегиңди билгенмин.
Сенин абаң баатырга,
Кыяматтык жар болуп,
Эчен убак тийгенмин.
Кектүү душман Сарыбай,
Бул жоругун билгенмин.
Желмогуз уулу кутургур,
Уламадан улаптыр,
Кайыпчал кызы сулуу дөө,
Бузукудан сураптыр.
Кыш жоголуп жайынан,
Мен бейбактын айынан,
Журтка дүмөк салууга,
Ойлонгон эки кутургур,
Мени тартып алууга,
Жаңжал салган элиме
Жапаа төккөн элиме,
Бузук баштап элиме,
Дүмөк салган жериме,
Хан атам кайран ашында,
Кагыш баштап башында,
Энтеңдетип элимди,
Эчен бузду көөнүмдү.
Апат кылып ашымды,
Каңгыратып башымды,
Арага жуучу салыптыр,
Арамды Кудай алыптыр.
Элден элчи салыптыр,
Жерди Кудай алыптыр.
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Катуу каарын салганда,
Кагыш кылып туруптур.
Эл бүлдүрүп журт кырып,
Жаңжалдашып урушуп,
Айгайлаган чуу болуп,
Арбын жаңжал дуу болуп,
Олоңдой болгон кайран чач
Төбөгө ороп түйгөнмүн,
Ок өтпөс тонду кийгенмин.
Бу Сарыбай капырды,
Желпиништеп сүргөнмүн.
Куйругун жерге тийгизбей,
Жер үстүнө жүргүзбөй,
Асман жарган чуу кылып,
Эки түнөп жаталбай,
Жер үстүнө баталбай,
Талкан сындуу чалганмын.
Желпиништен айдадым,
Жипсиз колун байладым.
Чын урушуп күйүнгөн,
Чымындай жандан түңүлгөн,
Заманасы куурулуп,
Берендиги билинген.
Бул Сарыбай капырга,
Алыша турган кол ушул,
Атыша турган жоо ушул».
Кыз Куялы муну айтып,
Кыйла кызык шумду айтып,
Мурагы болот найза алып,

www.bizdin.kg

Кынсыз кылыч байланып,
Ок өтпөс чопкут кийинип,
Эрендиги билинип,
Албан түрлүү иш кылып,
Жоо дегенде камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Бет алганы Сарыбай
Иштин жайы мамындай.
Айры белес, кайкаңдан,
Кайнаган илек кол айдап,
Жер тумандап көз жайнап,
Желмогуз жайы ушундай.
Каарланып чамынып,
Карууга болот салынып.
Нур сыяктуу көз кайнап,
Кармашары Сарыбай
Кагышчу душман мамындай.
Ал Сарыбай капырың,
Эл бүлдүргөн баатырың,
Каары толук, заары күч,
Катуу мүшкүл ойлонгон,
Кагышса жанды койбогон.
Эл бүлдүрүп, кан ичкен,
Күч кайратын зор ичкен,
Кармашып жүрүп катыккан,
Канды төгүп зор ичип,
Канкор болуп атыккан.
Берендиги белгилүү,
Катуу жини канчалык,
Ай-ааламга жар салып,
Ач айкырык, чуу салып,
Асман жарган дуу салып,
Айбаттанып жээлигип,
Кутургандай ээлигип,
Барабан тартып барсылдап,
Чагылгандай тарсылдап,
Ачууланып күркүрөп.
Аны көргөн адамдын
Азат бою дүркүрөп,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Ала байрак ызы-чуу,
Жер жүзүнө өрт коюп,
Кашатка жеке кончудай.
Он сегиз миң ааламды
Ажыдаардай оп тартып,
Азыр чочко сорчудай.
Адыр-күдүр мойнокко,
Алп кара куш конгондой,
Ажыдаардай оп тартып,
Ай-ааламды соргонсуп,
Эң кайраттуу, заары күч,
Кез болгонду кылган түз,
Кезигишип беттешсең,
Кеттик деп жандан күдөр үз.
Артык балбан, өзү зор,
Ааламдан чыкпайт мындай чоң.
Туура келсең каптал ал,
Туйгун бузуп жол салган,
Кезиккенге кол салган,
Эл бүлдүрүп, журт кырып,
Канды кечип катыккан,
Калың элдин баарына
Чоң дүмөк болуп атыккан.
Эки ийининин урунчук,
Экиден жоору конгондо,
Эки беттин отуна
Эчен даңгыт тойгондой.
Беттеп барган адамды
Эчен бирин сорчудай.
Көзү ачылган ородой,
Мурунунун чоңдугу
Бузулган тоонун боорундай.
Жаралган мындай болобу,
Качырса жанды коёбу,
Ааламга аты угулган,
Он сегиз миң ааламга
Салган экен чуулган.
Бөтөнчө түрү бир башка,
Ай-ааламдын баарысын,
Жаралган экен көй кашка.

www.bizdin.kg

Айкырыгы ок болуп,
Бет алганы карандын,
Белден кызыл чок болуп,
Түрү бөлөк бейли тар,
Туулбайт экен мындай каар,
Суусунга жутат Кара кан,
Кылмышы жок, кеги жок,
Кылча кылган кылмыш жок,
Кыйын жаңжал баштаган.
Кырк атасың кайран журт,
Кыйын жаңжал баштаган.
Касаба кара туу толуп,
Калк бузулган чуу болуп,
Катуу жаңжал баштаган.
Кыл катар көрбөй кыргызды,
Кылчайбай кырып таштады.
Сарыбайдын заарынан,
Көрүнө тозок каарынан,
Жыргап жаткан тынч элди
Кырып шорун кайнаткан.
Идерлүү күлүк эрешен,
Сарыбай чочко жайлаган.
Айбаты бузук, заары тар,
Алышкан душман эли бар,
Адамдан чыкпайт мындай жан.
Кууну ылаачын теппеген.
Кууда бүтүн калбаптыр.
Кутургур колу тийбеген,
Журтта бүтүн калбаптыр.
Жагаанын кээси четтептир,
Далай жерди өрттөптүр.
Кара сууга кан куюп,
Туландуу жерге туу таштап,
Тууган элге чыр баштап,
Кез болгонду кемирип,
Бүтүн журтту бүлдүрүп,
Кылмышы жоктун баарысын,
Жашы менен карысын,
Жаккан отун өчүрүп,
Жан жабылта көчүрүп,
Кайран кылган өлүптүр.
Эл коргогон шер чыгып,
Эчен албан эл чыгып,
Барса-келбес чын жайды
Эчен адам көрүптүр.
Эл бузулуп, журт чуулап,
Катуу жаңжал баштаптыр.
Калбай калкы кырылып,
Калбас чогуу болдук – деп,
Кез болгонду Сарыбай
Такыр соруп койду – деп,
Калк кайратты салыптыр.
Каяшаяк бергенди,
Калтырбастан Сарыбай,
Койдой башын кыйыптыр.
Коондой ичин жарыптыр,
Эл бүлүнүп, журт кырып,
Кокуйду мындай салыптыр.
Өткөн мүшкүл жайынан,
Бул доңуздун айынан,
Жыйгандарын чачыптыр,
Жылас болуп качыптыр.
Бир топ адам калтырбай,
Жан-Баспастын керүүгө,
Бир кысмадан кетиптир.
Жангелдиктин чөлүнө,
Көрүнөө келген адамды
Көп адамын коюптур.
Көөнү келбес адамды,
Кылычтап башын алыптыр.
Кылмышы жок көп жанды
Кыргын кылып салыптыр.
Зарлап-ыйлап буркурап,
Кейип-кепчип чуркурап,
Чыны менен күйүнүп,
Чымындай жандан түңүлүп,
Эл эсинен айрылып,
Өлүүчүдөй кыңгырап,
Сарыбайдын заарынан,
Бузулуп кеткен капырдын

www.bizdin.kg

Жаңжал салган каарынан,
Кылмышсыздан кээ бир жан
Ажалдан мурда өлүптүр.
Барса-келбес чын жайды,
Не түр момун, не түр жан
Сарыбайдан көрүптүр.
Кылмыш кылбай кан өлүп,
Кыйла балбан, алп өлүп,
Таластагы кыргыздын
Жаккан отун өчүрүп,
Жан-жабылта көчүрүп,
Кыйлаларды кырыптыр,
Кыйлага мүшкүл салыптыр.
Кыйын мүшкүл, чоң жаңжал,
Кыргызга болуп калыптыр.
Кечээ кабарында бар бекен,
Хан Семетей туйгун эр
Ал ордо Кең-Кол жайлаган,
Он төрт атын байлаган.
Атышып душман жоо келсе,
Астыга салып айдаган.
Ачуусуна тийгенди
Азуусуна салып чайнаган.
Берендиги, шердиги,
Бек жандайлуу, ары шер,
Адис балбан, курган эр,
Ай-ааламды шаштырып,
Алдындагы ак буудан,
Алчактата бастырган.
Бет алышкан душмандын,
Берекесин кетирген.
Жамгыр кылып жаардырса,
Такыр душман келбеген.
Айкөл Манас артык шер,
Арбагында көрүнүп,
Адамзат бенденин,
Акылы айран бөлүнүп,
Артык тулпар Аккула,
Алчактата бастырып,
Бет алышкан душманды,
Беренсинип качырып,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк аскар тоодой көрүнүп,
Кыймылы кырк миң кол болуп,
Арстандай комдонуп,
Толкуп өткөн жерине
Тоо туруштук бергисиз.
Тоо бузулган сел каптап,
Толгон илек эл каптап,
Ай-аалам журт кол салса,
Айкөл кандын тукумун,
Кыйшайтып кылым жеңгисиз.
Жеңип албас себеби
Алдындагы сур жолборс,
Айкөл өңдүү шер болбос,
Каруулууну шаштырып,
Алдындагы Кула атын,
Алчактата бастырып.
Аты Кызыр дубана,
Ал ооздуктан жетелеп,
Бакты-дөөлөт бак базар,
Караан калган тул атым,
Айкырыгы таш жарып,
Кырк чилтен атам жөлөгөн,
Ураан салып бакырып,
Манастап ураан чакырып,
«Бала Сейтек, Күлчоро,
Кыз арстан Куялы
Кызыккан экен бул чочко,
Кармап алар, карма – деп,
Кармап айза каңда – деп,
Беттешип булкуш салгыла,
Белсенип келген чочконун
Берекесин кетирип,
Ажалын анын жеткизип,
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Беттешкен жерде салгыла,
Жолуккан жерде оңшойтуп,
Кектелүү кекти алгыла.

www.bizdin.kg

Жол четинде майдандап,
Даңгыттарга тарткыла.
Өкүмсүнгөн доңуздун,
Өзөндүү жерин бургула.
Өзү тийген доңузга,
Өлгүчө согуш кылгыла.
Айда, балдар, айда – деп,
Аңтара салып жоготуп,
Сарыбайды жайла» – деп,
Кабагы бөлөк, заары күч,
Катылган жанды кылчу түз,
Оолукма жини кармаса,
Оңой эмес эр көкжал.
Ааламга кыргын салуучу,
Кыйындап заары кармаса,
Кыл таштабай кытайдан
Жөн эле кыргын салуучу.
Боору кара, сырты көк,
Болжолу жок кабылан.
Көрсө көөдөн бөлүнүп,
Көкжал Манас арбагы,
Тирүү эмедей көрүнүп,
Ай-ааламдар козголуп,
Карааны санча көл болуп,
Көзү өрттөнүп чок болуп,
Кыйкырыгы от болуп,
Барааны санча мол болуп,
Көк жал Манас кабылан
Жанакы айткан үчөөнө
Жолдош болуп айкөл шер,
Өзү кууп алыптыр.
Айда, балдар, айда – деп,
Желмогуз уулун карма – деп,
Жалынса болбой кебиме,
Найза ургула белине,
Чындап уруш салгыла,
Тындым кылып чалгыла.
Маңдайлашып тургула,
Манастап ураан чакырып,
Бир балакет согуш салгыла,
Айда, балдар, айда – деп,
Айкөл Манас кайран шер,
Өзү сүрөөн салыптыр.
Баарысы канча кол болуп,
Баатыр атаң эр Манас,
Жоболоңдуу үчөөнө
Жолдош болуп калыптыр.
Аркасында кайран шер,
Адам сындуу көрүнүп,
Абайлаган кишинин
Акылы айран болуптур.
Кутпа жакы четинен,
Кагышса жанды койбогон,
Шимирсе канга тойбогон.
Туюкту бузса жол салган,
Илек сандап жоо келсе,
Туура аралаш кол салган.
Жанган чоктон тартпаган,
Жалындан кылт деп качпаган.
Атка балбан, жолго сак,
Айкөл шердин эр Сыргак,
Сунгандан кайра тартпаган.
Сумсайганын жазбаган,
Караңгыда караандын
Жаңылып изин баспаган.
Туурасы жоон, бою пас,
Тулку бою кара таш.
Билеги жоон, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадирек.
Комокойлуу айзаны
Коройтуп өйдө аштаткан.
Койгулашкан сан колдон,
Козголуп кайра тартпаган.
Комутуна келгенди
Коёнчо жерге жанчтаган.
Кара мылтык карс этсе,
Чогоол бараң чорт этсе,
Чочунуп эгер тартпаган.
Куйгулашкан душманды,
Коркушуп кайра тартпаган.

www.bizdin.kg

Алп, дөөлөрдү беттеген,
Алышкан өлбөй кетпеген,
Бөлүнүп кыркча кол менен,
Улак кандын эр Сыргак,
Тиктесе көңүл бөлүнүп,
Тирүүсүндөй көрүнүп,
Күлүстөн деп бакырып,
Күлчоролоп чакырып,
Жадаалына жан турбай,
Жайдар Сыргак арстан эр,
Жана айза кериптир.
Жанакы жоодо үчөөнө,
Жолдош жагын бериптир.
Быяк жагын карасаң,
Айсарала ат минген.
Азар түмөн жоо болсо,
Ар жаңжал салып бир сүргөн.
Сары жаргак шым кийген,
Түпөгү жок айза алган,
Кыны жок кылыч байланган,
Эринди кесе чайнаган.
Ороп белин буунган,
Ааламга салып чуулган.
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Каканчынын калаасын
Кытайдан келген кыраан шер,
Айкырык салып албан эр,
Жер бузулуп козголуп,
Жети миңче кол болуп,
Арстандай чамынып,
Айза сунуп камынып,
Маңдай жактан бакырып,
Күлүстөнү Күлчоро
Жалгыз уулун чакырып,
Ураанынан күч чыгып,
Эки беттин отунан
Байпак болчу түк чыгып,
Эр Күлчоро беренди
Алакең коштоп алыптыр.
Каарланып сабылып,
Душман көздөй камынып,
Айдалы абам Күлчоро
Өзөндөп аккан булаксың,
Эл ичинде көргөн чыраксың.
Беренден калган белексиң,
Белгиге калган көзөлсүң.
Катуу душман Сарыбай,
Кармаш кылып алалбай,
Катыгүн уулум кандай – деп,
Ичке жолун төтөлөп,
Абасы кандын алдынан,
Атышка минчү Буурулду
Энтеңдетип жетелеп,
Айкырып сүрөөн салыптыр.
Пири тирүү Албан эр,
Шай колдогон төрөнү,
Өзү коштоп алыптыр.
Астындагы Сарала
Ай тийгендей жаркылдап,
Айчыгы алтын кызыл туу,
Ал колунда калкылдап,
Айда, уулум, айда – деп,
Айзаңды камбыл карма – деп,
Жобогонуң көрөйүн,
Кагыш кылчу Сарыбай,
Карсылдашып сайышып,
Мен жолдош болуп берейин.
Ал Сарыбай чочконун
Чамасы канча көрөйүн.
Баатыр элең, шер элең
Жоонун айласын билген эр элең.
Айза керип, топ бузгун,
Ачууланып жоо сүргүн,
Эр атам жолдош болду – деп,
Эми чындап бек кыргын.
Эрегишкен Сарыбай,
Душмандык жөнү мамындай.
Эсил жаның аябай,
Эки жакты карабай

www.bizdin.kg

Айза сунуп мыктап сай,
Айзаңды канга чыктап сай,
Эки көзүн теше сай,
Баатырсынат бадирек,
Балбансынган жоон билек,
Бул баштатан салды чоң дүмөк.
Эшектей кардын эше сай,
Кылтылдатпай ыктап сай,
Кылт дегизбей мыктап сай,
Кашкайтып найза бура сай,
Байкап көрүп ура сай.
Долусунган чочконун,
Борбой этин жула сай.
Чогууга кирбей четтеп сай,
Чочубастан беттеп сай.
Сунган жерден чаң чыксын,
Муштаган жерден кан чыксын,
Канга аралаш жан чыксын.
Таза айза жетишсин,
Тарпы калбай чочконун
Талкан болуп кетишсин.
Көз ымдабай ачып сай,
Көп акыл күтүп, күч жыйнап,
Көркөмү бөлөк чочкого
Көмкөрүлүп бачым сай.
Өлчөлүүсүн туштап сай,
Өлүүчү жерге туштап сай.
Капталынан каалап сай,
Өзүндөй сайбай даана сай.
Баатырсынган чочкону,
Мүшкүлдүү заарын көрөйүн.
Кармаш кылдың канча жол,
Каруусу бийик чочкого,
Баатыр уулум Күлчоро
Мен бир караан болуп берейин.
Тегерегиң караба,
Дүнүйө бекер алдамчы
Деги жаның аяба!
Кымбат жагын караба.
Кылча жаның аяба!

Айда, уулум, айда – деп,
Айбаты кымбат чочкону
Айдамга койбой жайла – деп,
Ажалдан адам тартчу эмес,
Өлүмдөн киши кайтчу эмес,
Катуу жаңжал салгыла,
Кылча бүтүн жер калбай
Кырылышып калгыла.
Кыйын жаңжал ушундай,
Айда, уулум, айда – деп,
Ай-аалам алы жетпеген,
Ал доңузду карма – деп
Чындап жинин каккыла,
Чын эсебин тапкыла.
Булкушкандай жулкушуп,
Чабыш кылып көргүлө,
Ажыратып чочконун,
Ишенген колун белгиле,
Кайраты канча билгиле,
Казыдай ичин тилгиле.
Өзөн суусун бургула,
Өлүп жаңжал кылгыча,
Өзү келген чочконун
Өрт алгандай кыргыла.
Таш-талканын чыгарып,
Кылычты канга сугарып,
Айлалуусун чапкыла.
Каарын төккөн доңуздун,
Капкайда жинин каккыла,
Кагыштын жайы мамындай.
Балбандыгын көрөйүн,
Каалап келдим мен сени,
Кармашып канын төгөйүн».
Үнү угулат, өзү жок,
Бул кабарды укканда
Алмамбет уулу Чоронун
Атамдын үнү экен – деп,
Ичи толгон кайгы чок.
Кабак кагып койгуча,
Кетет экен дүйнө бок.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Атакеси Алмамбет
Артылып колдон алыптыр.
Күн түш жарым бет жактан,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштык – карысы,
Кыргын тийген эмедей,
Кыйындап аткан жебедей,
Адам кайтып кончудай,
Ай-ааламдын баарысын
Айдап жүрүп сорчудай.
Белгилүүдөн берендер,
Белгилүү кыраан көзөлдөр.
Кызыл айза арстандар,
Ай-ааламдын баарысын
Айбат менен баскандар.
Арстан Манас барында,
Кымбаттатып кырк чоро,
Чоро деген чогоол сөз,
Кырк чоро эмес кырк жоро.
Кыркынын жолу кырк башка,
Кыркы катар сай кашка,
Кыркынын жөнү кырк башка,
Кыркы кылымды бузчу көй кашка.
Көп айткан сөздө бедел жок,
Кырк чоронун ичинде
Немелер бар да, нелер жок,
Өшөр куйса суу өтпөс,
Жумшак бейил ак жүздүү,
Баатыр чоро дагы бар,
Кыялы чукул корсулдак,
Капыр чоро дагы бар.
Кагыштан кайра тартпаган,
Ажалдан кылча кайтпаган,
Тулпар оозун буруучу,
Туу түбүнө туруучу,
Баатыр чоро дагы бар.
Сүйлөй билбей, сөзү жок,
Көөдөнү бар өзү жок.
Башы кара, буту айры,
Адам деген аты бар,
Бир жаралган каркыбар,
Чоркок чоро дагы бар.
Түндө эшикке баспаган,
Уктаса башын ачпаган,
Коркок чоро дагы бар.
Ала бөйрөк түрсүлдөп,
Чоркок чоро дагы бар.
Кыркы кырктай айза алып.
Кыя кылыч байланып,
Чындап чуу салыптыр,
Арбагы азыр кырк чоро,
Баатыр чоро, эр Сейтек
Кайыпчал кызы Куялы,
Бул үчөөнө мобулар
Жолдош болуп алыптыр.
Туш-туш жагы дуу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Жолдош болуп алыптыр.
Быяк жагын караса,
Көк ырапыс тон кийген.
Көркөмү тоодой көрүнгөн,
Толкуну дайра шарындай,
Чоңдугу пилдин нарындай,
Көркүн көрсөң мамындай.
Айзасы болот, сыр жебе,
Ааламга салган аңгеме.
Сары сурдун мыктысы,
Кайберендин ыктуусу.
Кыргыздардын кырааны,
Кымбаттын бирөө бул дагы.
Кан Балтанын Чубагы,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Канкордун бирөө бу дагы.
Ала баш чокмор жез найза,
Аңгыраган куу сайда,
Ач айкырык салыптыр.
Акбалтанын Чубагы,
А да чыгып бир жактан,
Сүрөөн болуп калыптыр.
Бадана кийип керилип,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Адамзат бенденин
Байкаса көңүл бөлүнүп,
Адамзаттын мырзасы,
Кыйла арстандын ыктуусу,
Жаралган жандын мыктуусу,
Акыл толук күч кылган,
Кармашканды түз кылган.
Беттеп айза сунгандын,
Заманасын кууруган.
Чапчышып чабыш кылгандын,
Түп-тамырын сууруган.
Арстандыгы билинген,
Каарлуусун укканда
Какандын каны Чылаба,
Канетсе жаңжал кылат – деп,
Кара кытай улугу,
Кайран жандан түңүлгөн.
Ач-айкырык чуу салган,
Кабылганга чыр салган.
Кан Балтанын Чубагы,
Кадимкидей көрүнүп,
Жолдош болуп алыптыр,
Катуу айкырык салыптыр.
Куялы, балбан Күлчоро,
Көк жал Сейтек буларга,
Жолдош болуп алыптыр.
Кармашары Сарыбай,
Катуу душман мамындай.
Өкүм мүшкүл иш болуп,
Бет алган дагы түз болуп,
Себили сексен төрт болуп,
Бастырган жагы өрт болуп,
Оолуктандан баатырлар
Очогор бараң, жазайыл,
Ушул үчөө октоптур.
Оодарылбай кара жер,
Калыңынан токтоптур.
Касташары Сарыбай,
Балаалуу душман мамындай.
Арбак конуп көкжалдар,
Көрсөң көңүл бөлүнүп,
Көркөмү бийик, көзү чок,
Көк аскар тоодой көрүнүп,
Кыймылдаса кыраандар
Кылымдын баарын жеңчүдөй.
Ачууланса арстандар,
Сарыбай түгүл ааламды,
Айдап жутуп ийчүдөй.
Көркөмү түрү мамындай.
Айбаты артык, заары күч,
Ал сакар тоодой барбайып,
Күрөшкө балбан эрендер
Жоо айласын билген берендер,
Биригип үчөө тарабай
Сарыбай уулу капырдын
Кылча жанын аябай,
Каарды катуу баштаптыр.
Кадырман керек кайран жан,
Кылча көрбөй кыраандар,
Кылга байлап таштаптыр.
Жакшы күрмө жазайыл,
Жазайылды салынып,
Жаратканга жалынып,
Баабедин деп бата айтып,
Кырк чилтен Кызыр Кыязга
Ай туяктан ат айтып,
Баатыр чоро, эр Сейтек
Жердеп турду Таласты.
Тукуму элек Манастын,
Тууну бузуп таратпас,
Толкуган шердин тукумун,
Тозокко көзүн каратпа.
Капчал жонду жол кылба,
Канзаада Манас балдарын,
Каарлууга кор кылба.
Жолу ачылар табында,
Жоо душманды кыйратып,
Кудайдын берер чагында,
Асмандагы жылдыздай.
Болжош болот дечү эле.

www.bizdin.kg

Алты түмөн кол менен,
Кызырлуу Манас улук шер
Жолдош болот дечү эле.
Кагышарым Сарыбай,
Тумандай жолун торгой көр.
Баары журттун баатыры,
Багылган гүлдүн Чолпону,
Бороонду жайдын чатыры,
Эр кыргыздын баатыры,
Айзакердин ыктуусу,
Айтылган шердин мыктуусу,
Душманды көрсө оолуккан,
Атасынан бабасы
Кадырлуу түнгө жолуккан.
Түнөп кеткен өзөнгө,
Түптүү чынар оронгон,
Түбүнөн Кызыр колдогон.
Тиктегенин боштогон,
Аты Кызыр дубана
Ар дайым жолдош коштогон.
Атам Манас колдой көр,
Бу Таластын боюнда
Аргымак, буудан алабаш,
Алмам, Чубак аты уйкаш,
Аты угулуп өзү жок,
Пири тирүү эрендер,
Найза уруп топ бузган,
Калың кара эл үчүн,
Каканчыдан окко учкан.
Күлгүн кезде күбүлүп,
Жаш убакта жайраган.
Алты капка Бакбурчун,
Атышына таң калган.
Алмамбет, Чубак аты уйкаш,
Пири тирүү эрендер,
Пир көзүндү сала көр.
Артымда калган тукум – деп,
Каралуунун колунан
Капырдын мүшкүл торунан,
Тозоктун күйгөн чогунан,
Ажыратып кала көр.
Ажыбай, Бакай эки кан,
Сен да жөлөк боло көр.
Сыргак, Сергек эгиздер,
Сырттан балбан теңиздер,
Жоого балбан өзү шер,
Акжолтой өткөн эрендер,
Кармашарым Сарыбай,
Каалап көзүң сала көр.
Бул Сарыбай капырдан
Өзүң колдоп кала көр.
Капырга салыш кылганы,
Маңдайлашып турганы,
Мен Күлчоро болгону,
Күлчоро атка конгону,
Алмамбет атам кууганы,
Перизаада Арууке
Бейбак энем тууганы,
Канча кыйын жоо көрдүм.
Кан Манастын тукумун,
Калтырбай кырып кетүүчү,
Канча мүшкүл доо көрдүм.
Беттеп адам келбеген,
Бет алган душман жеңбеген.
Бастырып тийген кан өлгөн,
Канча бир албан жан өлгөн,
Кызыгып согуш кылам – деп,
Кытайдын каны кулаган.
Кармаш кылам деп келип,
Канча алп, дөөлөр сулаган.
Эне менен атадан,
Жетим жүрүп жетилдим.
Жерге эптеп кошулуп,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Абабыз султан кан болуп,
Аңдаган душман жай болуп,
Алыш кылып жүргөнү,
Ар балбан келип жеңбеген.
Ата менен бабабыз,

www.bizdin.kg

Өнөгүн жанга бербеген.
Мен Күлчоро болгону,
Күлүстөн атка конгону,
Найза имерип топ бузуп,
Кайыптан ишим оңолгон,
Кармашкан адам жоголгон.
Оолугуп карап турганда,
Беттеп душман барбаган.
Жаралган адам уулунан,
Каяша берген калбаган.
Ичим кара, сыртым көк,
Каза тартып өлбөдүм.
Мындай душман жоо көрүп,
Желмогуз уулу капырды
Ай-ааламдан көрбөдүм.
Багыштын уулу эр Кыяз,
А да кыргыз тукуму,
Белди бекем бууганда,
Чынкожо, Толтой эки кан,
Мунун кунун кууганда,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Жаңжал баштап ок атып,
Жапа баштап келгенде,
Өзөк күйүп өрт каптап,
Тулаңдуу жерге туу баштап,
Тууган элек Канчоро.
Тажаал чочко чыр баштап,
Колтук ачып, иш бузуп,
Кордук салып, журт бөлүп,
Талаалап качып элибиз,
Талкаланып чебибиз.
Арамга басып көөнүбүз,
Көп душмандын көзүнө,
Көрүнө минтип жүрөбүз.
Асыл абам Семетей
Экөөбүздү тапканда,
Тойго токсон сойдуруп,
Уйкаш атты койдуруп,
Казы, жалын жегизип,
Катыгы жок бир боор – деп
Каныкейдин эмчегин,
Тең бөлдүрүп эмгизип,
Кайрандын уулу дегизип,
Ошентип жүргөн Канчоро
Адырмактан коо чыгып,
Журт бүлдүрүп, эл кырып,
Ошол чочко жоо чыгып,
Коломтодон кор чыгып,
Өз туугандан жоо чыгып,
Уу ачытып күбүмө
Ушинтип жеткен түбүмө.
Багыштын уулу Кыяска,
Баланча айдап келгин – деп.
Эсерди Кудай уруптур.
Этек ачып, иш бузуп,
Душман болуп туруптур.
Жети-Өзөндө жедигер,
Жеринде жаткан тынч элге,
Алты күлүк ат менен,
Алакандай кат менен
Токтобой согуш салсын – деп,
Тоодой Толтой, Чынкожо,
Келип кегин алсын – деп,
Намыстууну көрсүн – деп,
Эркек болбой эр Кыяз,
Тирүү жүрбөй өлсүн – деп.
Кечээ жедигер каптап кеткенде,
Журт бүлүнүп өткөндө.
Өз иним душман болду – деп,
Таарынгандай айкөл шер,
Перинин кызы Көкмончок
Азгырылып ал акем,
Кайып болуп кеткенде,
Байланып аркан торума,
Түшкөнмүн душман колуна.
Чырмалып чындап камындым,
Кабылдым Канчоронун колуна,
Тууганым болуп душманым,
Ичиме толгон бушманым.
Өрттөй кайнап жүрөгүм,

www.bizdin.kg

Караанымдан ажырап,
Ошондо каткан тилегим.
Ыйманы бар өлбөсүн
Менин көргөн кордугум,
Жан кылып Алдам жаратса,
Бендесине бербесин.
Отко кактап боорумду,
Кайыштай тилип соорумду,
Жалынсам укпай кебимди,
Кетирген минтип эбимди.
Чуңкур казып орумду,
Олжолоп чечип тонумду.
Аркама колум байлатып
Арстандай көзүм жайнатып,
Бир тууганым Канчоро
Минтип шорум кайнатып.
Тирсегимденештирип,
Кан атасы Чубакты
Мен өлтүрүп койгонсуп,
Токсон кыйын балбанга
Мыжытып боорум эздирип,
Шыргалаң сууга каматып,
Токсон кыйын балбанга,
Токмоктотуп сабатып,
Тууган элек бир өскөн,
Түтүксүз өрттөп күйгүзүп,
Туталантып өзүмдү,
Жалынсам укпайт сөзүмдү,
Жалдыратып көзүмдү,
Кампайта салып сонунду
Кайнаткан минтип шорумду.
Бөлөк эмес, башка эмес,
Туугандан көрдүм сонунду.
Былк этсе жайлап ийгин – деп,
Жаныма сакчы койдурган.
Оң далым менен сол далым,
Каруу берчү эки кол,
Керичинен ойдурган.
Эки көзүм жайнаган,
Ушинтип шорум кайнаган.
Ошондой жапа көргөндө,
Жашып сөөгүм басканбы,
Жана мүшкүл ээ көргөн
Мында эрдигим качканбы,
Муунум бошоп, күч кетип,
Уруучу Кудай урганбы.
Далымды оюп кат коюп,
Кулдун кулу болсун – деп,
Денекул деген ат коюп,
Эки колум байлоодо,
Эки көзүм жайноодо,
Чымындай жаным чыркырап,
Сай-сөөгүм быркырап,
Арстан башым күйгөндө,
Ал Кыязга тогуз жыл,
Отунчу болуп жүргөндө,
Казылган окшойт калың ор,
Кайнаган экен биздин шор.
Кулдук менен күн өтүп,
Эр Кыязга турганда,
Тиштегеним ок болуп,
Кармаганым чок болуп,
Токтунун майын тоң көрдүм,
Тогуз жыл отун көтөрүп,
Тозокту жаман чоң көрдүм.
Каным калган бир кашык,
Этим калган көк жашык,
Аркалап отун көтөрүп,
Акырегим жооруган.
Тирүүлүктүн тозогу,
Ушунтип көөнүм ооруган.
Муз болуп жүрөк муздаган,
Чымындай жаным сыздаган.
Ой-санаалап бөлүнгөн,
Эки көздөн аккан жаш,
Омуроодон төгүлгөн.
Тозоктун өзүн бет алып,
Тогуз жыл отун көтөрүп,
Арстан жаным бул болуп,
Ушунча жылы кул болуп,

www.bizdin.kg

Күн кечирип баткыча,
Аркама отун артчу элем.
Айкырып Кыяз чыкканда,
Эстесем талып жатчу элем.
Кирериме жер катуу,
Өлөрүмө жан таттуу,
Санаа сайлап бөлүнүп,
Көздүн жашы төгүлүп,
Алтымыш тозок миң мүшкүл,
Төбөдө чукул көрүнүп,
Баатыр абам барында,
Баары журтка зор болуп,
Эр Кыяздын колуна,
Эчен жылы кор болуп,
Куу душман жаман жүдөтүп,
Кулдук менен күн өтүп,
Жапаа тартып саргарып,
Сары оору болуп кумсарып,
Акырегим жоорутуп,
Каптал этим тилинип,
Кара баскан куу дүйнө
Калгандыгы билинип.
Көркоолорго токой жок,
Бүгүн тирүү эртең жок,
Бел байлаган белим жок.
Мээнеттен бошоп чыкканга,
Берен абам анда жок.
Муңканса тилим сайралуу,
Эки көзүм жайноодо,
Эркимче чамам келалбайт,
Эки колум байлоодо.
Эр Кыяздын жылкысы,
Толкуп жайнап жылкысы.
Төбөдөн тийип күрпүлдөп,
Тозок экен жылкычы.
Жылкычынын өзүнө,
Ашыктап отун көтөрдүм.
Өлчү күндү бет алгыс,
Күн кечкирип, күн бата,
Ал жылкычы токмоктоп
Чылгый тери ийледим.
Таң кашкайып келгенде,
Калмак болуп бийледим.
Күн шашке болгон мезгилде,
Моюнга көнөк артканмын.
Бу дүйнөнүн тозогун,
Мына минтип тартканмын.
Кайыңдан отун көтөрүп,
Жылкычы ичим утчу элек.
Эки жылкы томугун,
Таза мүлжүп жуткузуп,
Каршы кулдан камоо жеп,
Жылкычыдан сабоо жеп,
Кул кутуруп кетти – деп,
Көпкөн жерден талоо жеп,
Байлаган шаар багыбыз,
Ошондо сынган тагыбыз.
Көр болуп көзүм жайнаган,
Ошентип шорум кайнаган.
Казап көрүп душмандан,
Катуу кордук кыскан жан.
Каным калган бир кашык,
Этим калган көк жашык.
Ошол кезде ой кылам,
Кайран баштын ажалы,
Өлбөй-житпей жетти – деп,
Болот сөөктүү күч-кубат,
Ошол кезде кетти – деп.
Кыз арстан кебимди ук,
Өлгөндө көп илинет,
Өкүлдөгөн күч-кайрат,
Ачып көздү-жумгандай
Бир күн кетет көрүнөт.
Жигиттик ыгы барында,
Дөөлөт анан чагында.
Качырганды жок кылып,
Бийлеп турган кезекте,
Ай-ааламды буй кылып,
Ээлеп турган кезекте.
Көк сүлөөсүн кайран бөрк,

www.bizdin.kg

Кимдер ыргап кийбеген.
Бакты-дөөлөт барында,
Ким күркүрөп жүрбөгөн.
Эр Күлчоро экен – деп,
Кылым чочуп дүрбөгөн.
Беттеп бенде келбеген,
Каалап душман көрбөгөн.
Душман деме жоо десе,
Капчысынан кан чыккан,
Добушунан жан чыккан,
Сынашам деп сынчы өлгөн.
Сыртымдан көрбөй жер кайгып,
Жер кайгыган тыңчы өлгөн.
Ошондой чоро эр элем,
Жалынса колго тийбеген,
Шай колдогон шер элем.
Күлкү күндү батырган,
Тамаша таңды атырган.
Ары шайыр, ары шер,
Ары балбан, ары эр,
Ушундай чоро мен элем,
Кызыл бир болот чок элем,
Мен да бир кыргыздан чыккан
ок элем.
Оңбой калган экенмин,
Ойлонсом кубат муунум жок,
Мен болбой калган экенмин.
Жана көрүп жал үзүп,
Арык болгон экенмин.
Чама чарчып ал кетип,
Карып болгон экенмин.
Кайран дөөлөт бар кезде,
Оолугуп чын жин кармаса,
Ойротко кыргын салчу элек.
Кызырканып качырсак,
Кытайды чаап алчу элек.
Оолугуп бир кез келгенде,
Ойрондоп ишти кылчу элек.
Каарды төгүп качырсак,
Калтырбай душманды кырчу элек.

Эми бар эсебим табылып,
Эрдик кайрат күч-кубат,
Кетиптир менден кагылып.
Кагылып калган себеби
Кечээ Желмогуз уулу Сарыбай
Акыр-такыр күч кылып,
Тозогун тоодой бүт кылып,
Ач арстандай күркүрөп,
Талааны басып жол салып,
Таласты талап кол салып,
Буланы булап алганда,
Бузукту катуу салганда,
Кайрат толкуп ич күйүп,
Чын ажал келсе өлгөнгө,
Чын кааласа Кудайга,
Чын ажал келсе өлгөнгө,
Эрте айткан сөзүм кеч болуп,
Эки көзүм төрт болуп,
Өпкөлөсө көз жайнап,
Өлбөй тирүү ич кайнап,
Желмогуз уулу капырга
Өйүз-бүйүз туруштум.
Мыктап атып, жаа тартып,
Былчылдашып уруштум.
Чапчып чамам келалбай,
Каарлуу итти жеңалбай,
Кат кабыргам бөлүнүп,
Чабалдыгым көрүнүп.
Көздөн жашым төгүлүп,
Эки найзам кыйрады.
Эки көздөн аккан жаш,
Омуроодо кулады.
Он эки болот миң найза,
Сайыш менен кыйрады.
Он эки тулпар сан күлүк,
Сайыштан өлүп сулады.
Минтип чамам келбеди,
Оңбой калган окшодум,
Баштакыдай чама жок,
Болбой калган окшоймун.

www.bizdin.kg

Жыйылды каптап дартыбыз,
Жылмайды биздин баркыбыз.
Бел байлаган белибиз,
Кыз арслан экен – деп,
Береке кылган шерибиз.
Түрү суук экен Сарыбай,
Дүмөктүү душман мамындай.
Минип тулпар жооруду,
Салышып көөнүм ооруду.
Аргымагым арыды,
Асыл башым тарыды.
Ургаачы арстан кыз балбан,
Өзүңдү караан кылабыз.
Балбансынган капырдын
Башкача жаңжал салса – деп,
Арстан шерди азаптап,
Ажыратып калса – деп
Каалаганым ушундай.
Сенден мурун канча жыл,
Азабы артык доңузга
Каалап сайсаң айза өтпөй,
Кармаш кылсам ал жетпей,
Чабыш кылсам балта өтпөй
Ак келте атсам ок өтпөй,
Берендин баары кыйраган,
Өлдүм деп аалам чуулаган.
Чоң жаңжалга узартып,
Олжого тартып кыз алып,
Көп кетирген түрүмдү,
Мамынтип каккан жинимди.
Чабуул чечип кордуктап,
Жай мүлкүмдү зордуктап,
Алыш кылса ал жетпей,
Таамай тапсам кол өтпөй,
Бул Сарыбай капырга,
Келберсиген баатырга,
Каруусу бүтүн кан өлүп,
Кармаш кылган жан өлүп,
Толкуп жини кайнады.
Тозокуга ал жетпей,
Ушинтип шорум кайнады» –
Деп ошентип Күлчоро,
Эселдиги билинип,
Сарыбайга ал жетпей,
Күлчоро жандан түңүлүп,
Күлчоро минтип турганда,
Акырын сүйлөп, бак таштап,
Ал Куялы сөз баштап.
Желмогуз уулу капырдын,
Кармашка кийген тон ушул,
Алыша жүргөн кол ушул,
Баатырсынган эр ошол,
Айдап жанчып кор кылгам.
Баатыр бейбак мен ошол,
Түбү бөлөк, заары күч,
Түгөнгөн кулга жетели,
Түгөнүшө кетели.
Каада эсебин кагамын,
Кармашса акыл табамын.
Кежирсинсе арамды,
Көзүн чукуп оёбуз.
Каарланса арамды,
Узунунан салабыз.
Ушунтип кекти аларбыз,
Чымырканса арамды,
Чын эсебин табабыз.
Кайраттанып камынып,
Кайран амал ордуна
Кайыптан акыл табылып,
Жай-жарагын жайланып,
Канга тойбос Зулпукор
Кынсыз белге байланып,
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай,
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Сарыбайга сүйлөнүп,
Ач арслан төштөнүп,
Ачылган ороо көздөнүп,
Каны качып бөлүнүп,
Карасаң көңүл бөлүнүп,
Бадиректи байкасаң,

www.bizdin.kg

Толкуп урса ал кызга,
Токтоп адам келгисиз.
Сарыбай эмес ай-аалам,
Каршы чыгып жеңгисиз.
Качкан кулан чокулуу,
Кашы алтын каңкы ээр,
Желжетпеске токулуу,
Калк башкарган төрөдөй,
Каржакайлап Желжетпес,
Жолу болчу эмедей,
Ооздугун кемирип,
Баскан жерин жемирип,
Туяк тийген кара жер,
Туш-тушунан бөлүнүп,
Туу куйругу үймөктөй,
Тулпар сыны көрүнүп,
Чапчып басса кара жер,
Чарадай болуп быркырап,
Жолум үйдөй чоң даңкан,
Төбөсүндө чыркырап,
Тулпар минип туйлатып,
Турбай элди чуулатып.
Кыз арстан экен – деп,
Көргөн жанды кубантып,
Арбак конуп ал кызга
Касаба колдо бөлүнүп,
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Атка минген келбети,
Ал аскардай көрүнүп,
Адамзат бенденин
Акылы айран бөлүнүп,
Эки жагын каранып,
Ач арстандай жаланып,
Айбалта, кылыч, жай-жарак,
Туш-тушунда көрүнүп,
Бет алып кирген душмандын
Бейли качып бөлүнүп,
Белсенгени белгилүү
Пери коштоп алгансыйт.
Берен Манас кыраан да
Жолдош болуп калгансыйт.
Качкан кулан төштөнүп,
Алгыр бүркүт көздөнүп,
Балбандык жайым ушундай.
Адыр-будур аска зоо.
Аша жүргөн тоосу экен.
Желмогуз уулу капырга
Андан мурун далай жыл,
Адис болгон көйкашка.
Атыша жүргөн жоосу экен,
Өндүрү бирге жергелеш.
Эли бирге иргелеш,
Жайыты бирге короолош,
Кымызы бирге жоролош.
Бир өсүшкөн эр экен,
Кежир болуп урушуп,
Келтектешип салышып,
Кектүү болгон неме экен.
Олжоңдогон балбан кыз,
Он сегиз миң ааламга
Оңсуз жаңжал салган кыз.
Кагышса дөөнү каңтарган,
Карманса алпты аңтарган.
Аты угулган ааламга,
Кыздан балбан баатырдын
Даңкы кеткен далайга,
Кагышка чечен ыктуу кыз,
Бир жаралган балбан кыз,
Сегиз сапар серпишти.
Сарыбайга салган кыз,
Кыз да болсо бу бейбак
Каяша берип катыккан,
Кыз арстан атыккан.
Найзасы камбыл ыктуу кыз,
Жоо айласын чын билген
Жолу болгон мыктуу кыз.
Тоо түгөнгөн урчукка,
Томурайган тумшукка,
Он бир жылга көрүүгө,
Тоо түгөнгөн жерине,

www.bizdin.kg

Казат баштап чыр кылып,
Салыш кылчу керүүгө,
Жетик балбан Куялы
Желжетпес оозун бурду эле,
Жекеге чыгып турду эле.
Жаңжал жайы ушундай,
Желмогуз уулу Сарыбай
Кыйла жанды кырган кул,
Байкап жандан күдөр үз.
Желмогуз уулу Сарыбай
Кан шимирип катыккан,
Элге тажаал атыккан.
Кабылса канга тойбогон,
Бет алса жанды койбогон.
Кулак угуп, көз көргөн,
Жерде мындай болбогон.
Кабар угуп, журт билип,
Элде мындай болбогон.
Баатырлыгы башкача,
Жуткучтугу бир канча,
Тулпары күлүк, өзү чок,
Ааламда мындай шумдук жок.
Күчү бөлөк, заары күч,
Капырды көрсөң жаныңдан,
Өлдүм деп, өлчөп күдөр үз.
Кылымга салган зордукту,
Адамга баштап кордукту.
Катуу жаңжал баштаган,
Катылганды кутургур
Кыргын кылып таштаган.
Шимирсе канга тойбогон,
Жаралган адам уулунда
Жаралып мындай болбогон.
Бет алгандан чаң чыккан,
Кармашкандан жан чыккан.
Жоругу бөлөк доңуздун
Желпиниште туулган,
Каары жанга угулган.
Эңкейтип адам алабы,
Мунун энесинде жалабы.
Пейли кара чочкодон
Беттешкен тирүү калабы.
Белсенип адам эрмин – деп,
Буга бет болуп адам барабы.
Бу Сарыбай капырың,
Булчуңу жоон, таш жүрөк,
Ааламга салат чоң дүмөк.
Айласы бөтөн, заары күч,
Ачууланып чамынса –
Ай-ааламды кылат түз.
Эки ийиндин үстүнө
Ашып-шашып кезиксе,
Экиден адам конгондой.
Эки беттин отуна
Алтыдан даңгыт тойгондой.
Ачуусуна катылса,
Алышкан адам бендени
Аты менен соргудай.
Жарты тоодой башы бар,
Жаткан иттей башы бар,
Он үзүктөй тону бар.
Чынардан узун колу бар,
Түсү бөлөк, көркү көк
Кийгени темир кара бөрк.
Мурду кырдач, өңү чаар,
Айбаты башка өзү каар.
Бейли бузук, өзү эр,
Бет алып бенде келбеген.
Желпиниште жетимиш
Дөө урушуп жеңбеген.
Калк зыяны жез тумшук,
Жырткыч жүзүн көрбөгөн.
Куу тулпары баспаган,
Жерде бүтүн калбаган.
Курган чочко кырбаган,
Элде бүтүн калбаган.
Бет алып жини кармаса,
Алышпай алптар чачылган.
Ыйлап жаткан бешиктен,
Тили жок бала басылган.

www.bizdin.kg

Тулан көрсө туу салган,
Катылганга чуу салган.
Беттеп алп, дөө күйүнгөн,
Бейли бузук заарлуудан
Бендеси жандан түңүлгөн.
Каарына чыдабай,
Кармаш кылып калк өлгөн,
Катылган адам жалпы өлгөн.
Эч ким такат бербеген,
Кармаш кылып кагышып,
Кан төгүшүп чабышып.
Керней, сурнай тартылып,
Керишке балбан кутургур
Керекке мылтык аттырып,
Албан жарган чуу болуп,
Опсуздугу билинип,
Ок өтпөс кийимин кийинип,
Обу жок мыкты балбан – деп,
Өлүмүш болуп калган – деп,
Барганда кайтпас барган – деп,
Эли зарлап, журт чуулап,
Өз жанынан түңүлүп,
Каары бөлөк чочконун
Тажаалдыгы билинип,
Сарыбай жайы мамындай.
Толкуп кетсе кутуруп,
Каптал-Тоонун сеңирдей,
Каарланып чамынса,
Көйкаптын чалуу керүүдөй.
Сарыбайды көргөндө
Эр жанынан түңүлүп,
Карагандан айза алып,
Болоттон чокмор байланып,
Чокморунан чок күйүп,
Оозун ачса от күйүп,
Обу бөлөк жангандай.
Ойлосо Алла Жараткан
Жан жараткан ар кандай.
Алдыңкы ээрди саландап,
Аштыкчынын кабындай.
Оозунан чыккан илеби,
Көрүктөн чыккан жалындай.
Кабагы бийик, заары күч,
Карасаң түрү мамындай.
Көрүктүү кылып кол айдап,
Айдаган колун чогуу айдап,
Абайлап туруп көргөн жан
Аманат жандан түңүлүп,
Кыйла ааламдан шор кайнап,
Кызыл мунар чаң учуп,
Караса кызык жер жайнап,
Жин доңуз уулу ал капыр
Жети асаба туу кылып,
Жетимиш бөлөк чуу кылып,
Карандуу найза кылкылдап
Кара темир Зулпукор
Кол-колунда жаркылдап,
Бедери сандап бөлүнүп,
Дөө-перидей көрүнүп,
Төөгө минип айза алган,
Төбөндөн ургур кандай жан.
Көрсө балбан колу бар,
Куралган экен каркыбар.
Көк темирдей толуптур,
Көркү мынча таш жүрөк
Көркөмү мынча болуптур.
Кайраттуусун кандырып,
Калбай бөлүп мынчасын,
Билеги жоон, таш жүрөк
Ай деген колун карасаң,
Бил мүчөлүү бадирек.
Айт дегенде жабылган,
Аңдыган жан багынган,
Адамдан бөлөк түрү бар.
Беттеп адам катылса,
Бенде дебей, эл дебей,
Чолпон көзүн жайнатып,
Адамдын шорун кайнатып,
Канды соргон чагы бар,
Каралган экен абыдан.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Көң көкүрөк тобунда,
Кайыпчал кызы жогунда,
Караан баштап калышкан.
Күлчоро, Сейтек эр менен,
Эр Семетей шер менен,
Былкылдап чөп бышкыча,
Мыйзам гүлү учкуча.
Ар бир өзөн капчалга,
Арбайган ак кар толгуча,
Ар өзөн ылдый зыркырап,
Тозоңу шамал ургуча,
Кайыңдан чаян күл кетип,
Табылгыдай бүр кетип,
Гүлдөгөн жыгач соолгуча,
Күз бөксөрүп, кыш жетип,
Бетеге куурап, чий өтүп,
Жети айга мезгил толгуча,
Ат тартышкан жеке жок,
Жарылбаган чеке жок.
Бузулбаган маңдай жок.
Маңдайлаша калышкан,
Баатыр сындуу шер менен,
Семетей аттуу эр менен,
Шай колдогон Күлчоро,
Шайдоот аты эр Сейтек,
Жеткилең жети ай урушкан.
Касаба кулап кан өлгөн,
Кагышкан жандын баары өлгөн.
Жетимиш күнгө аралап,
Жеткен көкжал эр чоро,
Жети жерден жара жеп,
Бели эңкейген бекчейип,
Көз жайнаган чекчейип,
Артык каруу жыйылып,
Алышып чама келалбай,
Артык кулду жеңе албай,
Адамдын баары кырылган.
Кайрат кылып Күлчоро,
Кагыш кылып Семетей,
Баатыр Сейтек топ бузган.
Барча жандын баатыры,
Тирүү жандын акылы,
Бар адамдын балбаны,
Багдагүлдүн Чолпону.
Баатырдан нечен окко учкан,
Ушундай жаңжал чыр болгон.
Чалышса чама келалбай,
Кадырлуу шердин тукуму
Ак болоттун тукулу,
Кабылганды мерт кылган.
Кайран шердин тукуму.
Түп атасы Түгөл хан,
Түбү түптүү көк жал ал
Серпиши сексен төрт болгон,
Серп алганы өрт болгон.
Келген душман мерт болгон,
Жаратылган шер эле.
Ак калпак кыргыз чеби эле,
Жан жаралбайт деги эле,
Атасынан баласы
Артыктыгын карачы!
Беттеп пенде келбептир,
Бек касташып чын тигип,
Беттеп душман жеңбептир.
Өкүм шердин тукуму,
Ондогон жанга бербептир.
Ишин алда оңдогон,
Журт бүлдүрүп эл кырган,
Сарыбай өндүү болбогон.
Каруусу толуп күч болуп,
Кармашкан кулап түз болгон,
Кайыбынан кагылган
Кайран жанга күч келип,
Кармашкан жандын баарысын
Кан төгүлтүп сапырган.
Жоо бүлдүрүп катыккан,
Атасынан баласы
Ал арслан атыккан.
Сарыбай менен урушуп,
Майданга чыгып турушуп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Маңдайлашып урушуп
Чама чарчап жутулуп,
Найза өтпөгөн Аколпок,
Бүлүнүп күлдөй тытылып,
Кол чуркурап кайрылып,
Киш бадана, торгой көз,
Жакасы каухар, жеңи жез,
Кыйын баалуу кырмызы
Ок өтпөс тондор тытылып,
Эчен балбан, эчен шер,
Эпир балбан кеменгер,
Эрендер мынча кырылып,
Эчен жаңжал болуптур.
Эчен баатыр, эчен шер,
Сарыбай чочко соруптур,
Чапчышып чама келе албай
Желмогуз уулун жеңе албай,
Келген кыраан, балбан шер,
Чабыш кылып жеңе албай.
Жакасын кармап күйүнүп,
Чымындай жандан түңүлүп.
Аңтарылган дүйнөнүн,
Алдамчысы билинип,
Маңдайлашып турушкан,
Жекеге чыгып турушкан.
Кезек-кезек үч кыраан
Келме-кезек урушкан.
Калк кыйналган чоң майдан,
Жан баспаган ээн сайдан,
Асыл көк жал Семетей,
Караласы Күлчоро,
Адырлуунун булагы
Өлгөндө көргөн эр Сейтек,
Семетейдин чунагы.
Маңдайлашып турушуп,
Бакырып найза сунушуп,
Чама чарчап, ал кетип
Күндөп-түндөп урушуп.
Ким көргөн мындай жумушту,
Кызмат кылган эки кол,
Өөдө болбой шал болуп,
Тирүүгө керек кайран баш,
Кызыл челек кан болуп.
Өлчүгө кызык кайран жан,
Бир көрүүгө зар болуп,
Сарыбайга ал жетпей
Көргөн күн тутам байланган
Барган тартпас куу өлүм,
Маңдайга чукул айланган,
Ок өтпөс чопкут тешик тон,
Кат-катынан кулаган,
Буланын баары булаган.
Чабышып чама келе албай,
Желмогуз уулу ал капыр,
Ушинтип жатты сураган.
Мунун кармашары Куялы
Басташары балбан кыз,
Колго алганы чоюн баш,
Бул Сарыбай баатырдын
Түрүнөн чочуп оолак кач,
Алышып чама келе албай
Азапты тарткан алтын баш.
Майдан көздөй бет алып,
Уңгусу болот айбалта
Муну колго көтөрүп,
Зың-зың этип кенебей,
Манастын баатыр тукумун
Туусун бузуп кырам – деп,
Тукум курут кылам – деп,
Кагышкан балбан эрлерди,
Шай колдогон шерлерди,
Бучкагына теңебей,
Эрмек, шермек балбандык
Алда Таалам доңузга
Берген экен ченебей.
Туура балбан шерлерди
Кындырыкка теңебей,
Кыйшаң уруп, кылт этпей,
Кыйшалактап былк этпей,
Токойдогу арстандай,

www.bizdin.kg

Он сегиз миң ааламды
Камырдай тепсеп баскандай,
Айбаттанып көрүнсө,
Казылган терең көргө окшоп.
Күркүрөшү капырдын
Капталдан чыккан селге окшоп.
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Өзүнө өзү сүйлөнүп,
Түрү бөлөк түрлөнүп,
Түбү түптүү көрүнүп,
Акыл айран, кол ийне
Аңтарылып бөлүнүп,
Каарданып качырса,
Калтаарын тигип асылса,
Тоо борчуктуу сеңирдей,
Он сегиз миң ааламды
Аалам турмак айбанды
Ар макулук жандарды,
Айдап, жанчып күткөндөй,
Асты кабат калың төр,
Айбаттанса капырдын
Калыңынан түткөндөй.
Кыймылдаган жандарды
Кыргын кылып сорчудай,
Кызыталак дүйнөгө
Өзү тутка болчудай.
Сарыбай жааты момундай,
Беттешкен жоону көргөндө,
Катынын кара баскансып
Качырган жоосу качкансып,
Тиктегенде ааламга
Кырып кыргын салчудай.
Кыялы чукул, пейли тар,
Бек мүшкүл душман Сарыбай
Кагыштан нечен жан өлгөн
Жаңжалды көрсөң ушундай.
Алкымга салып, кол айдап,
Колду бөлбөй чогуу айдап,
Колодон найза сүйрөтүп,
Колго акыл үйрөтүп,
Кыя тартып кыңк этпей,
Кыйшая уруп былк этпей
Кылтылдатпай колду айдап,
Чачыратпай чогуу айдап,
Арстан сындуу күркүрөп,
Айбаттуу жинин уккан кол
Качарына жол таппай,
Тепчип кетер шор таппай,
Жан жыргатчу жер таппай,
Же ушундан өөдө шер таппай,
Зордуктады Сарыбай
Кызыталак куу дүйнө
Тутамга чыкпай тарыды,
Жосону бөлөк алтын баш,
Зордук менен карыды.
Күйдүк, жандык, чок болдук,
Чоктой өчсөк кок болдук,
Зордук менен күн көрүп,
Ушинтип туруп жок болдук.
Жердегеним Желпиниш,
Жер сонуну жер калды,
Калк сонуну жаман эл
Кааласаң какшап эл калды.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Байлады белем багымды,
Сындырды белем шагымды,
Чечти белем тонумду,
Чегеледи колумду,
Көргөздү белем сонунду.
Жалынган шерлер сөзүндү,
Айдап жүрүп эл кырып,
Көргөздү белем сонунду,
Төрт бүлдүргөн арстанды,
Жадаалдашып жан кыйган,
Жараткан Кудай чын башаа
Бул чочконун кордугун,
Маңдайыңа жазганбы,
Арман кылып кээ бир жан,
Шамалда чөптөй саргайып,
Ой ойлогон пенде көп

www.bizdin.kg

Ойбойлогон элде көп.
Акылынан антаңдап
Алапайын таба албай,
Айбалта сунуп чабалбай,
Айкырып найза суналбай,
Асман жарган мүшкүл дуу
Кейип-кепчип туралбай,
Аманат жандан түңүлүп,
Шашып турган элде көп.
Тизгин жыйып алалбай,
Тим айткан жоого баталбай,
Качып жүргөн элде көп.
Бакандашсак өлдүк – деп
Кылмыштуу эрге катылып,
Азапка бөөдө чатылып,
Маңдайлашсак өлдүк – деп,
Бадирек экен Сарыбай
Чоң кордукту чоң көдөң
Ушинтип жүрүп көрдүк деп,
Сандалып жүргөн элде көп,
Сары оору болгон пенде көп.
Кордук салып кол айдап,
Көнбөй баарын чогуу айдап,
Асман жарып дуу болуп,
Ач кыйкырык чуу толуп,
Айдап чыгып келатат,
Жер жарылып, чаң каптап,
Жайнап чыгып келатат.
Ирет-ирет кол айдап,
Колду койбой чогуу айдап,
Айдаган колдун ичинде
Көк тилекте бедел жок,
Ошо колдун ичинде
Нелер бар да, нелер жок.
Айкырыгы таш жарып,
Найза сунуп жетчү бар.
Түк бир түгү калгыча
Түз болгуча салышып,
Түгөнүшө кетчү бар.
Айтканына көнөр – деп,
Азапка кокус чатылган,
Калган катын-балдардын,
Күнү эмне болор – деп,
Сары оорубай калкылдап,
Санаа тартып былтылдап,
Саргарып жүргөн элде көп.
Тобокел деп токтобой,
Толуп жаткан элде көп.
Сарыбайдын кордугун,
Алланын жазган зордугун,
Мээнет, мүшкүл, азапты
Беттегенди көрбөйт – деп,
Бек кааласа Кудайга
Жазылган жагын көрдүк деп
Ажал каалап күн бүтсө
Акыры бир күн өлдүк – деп,
Эрендери муну ойлоп,
Эс билбеген жаманы
Ашып-шашып ой-ойлоп,
Эселек начар нааданы,
Келаткан колдун ичинде
Эл айнытып ой-ойлоп.
Кажыбай жоого тийчү бар,
Кайра тартпай өлчү бар.
Кайран жанды кыл көрбөй
Казатка кармап берчү бар.
Акылынан айрылып,
Ары-бери шашчу бар.
Кагыш көрбөй, чыр көрбөй
Кайра тартып каччу бар.
Тобокел деп токтобой
Не бир азап көрчү бар.
Атышка кирсе ардыкпай
Ар катылган пенденин
Азабын колго берчү бар.
Кара мылтык карс этсе
Качып-шашып журт бузуп,
Эл бүлдүргөн дардаң бар.
Кара мылтык карс этсе,
Качпай турган балбан бар.

www.bizdin.kg

Чогоол мылтык чорт этсе,
Чочубаган адам бар.
Айзалуу бар, ыктуу бар,
Алышкан жоонун айласын
Артык билчү мыкты бар.
Азар түмөн кол айдап,
Колдун баарын мол айдап,
Айкырык салып, жер жарып,
Абайлап көрсөң жер кайнап,
Кулан жүрбөс талаадан
Жайнап чыгып келатат,
Кубалап колун токмоктоп
Айдап чыгып келатат,
Болжолу жок көйкашка
Эрендерин бир бөлүп,
Каруусу толук, эң күчтүү
Берендерин бир бөлүп,
Найзага камбыл, таш жүрөк
Ыктууларын бир бөлүп,
Акылга дыйкан ажардуу
Мыктууларын бир бөлүп,
Козгоп, жарып, кол айдап,
Колдун баарын чогуу айдап,
Ал Сарыбай капырың
Эл бүлдүргөн баатырың
Кейип-кепчип колу ыйлап,
Колдун баары чогуу ыйлап.
Жадайылдуу чочконун
Жаман болду казаты.
Ар качандан бир качан,
Бул Сарыбай чочконун,
Айдап жүргөн адаты.
Ай-ааламдын баарысын
Айдап жүрүп кыдырып,
Эл бүлдүрүп, журт кырып,
Бул ант урган капырды
Ушинтип Кудай урду – деп,
Санааркаган элде көп
Сары оору болгон пенде көп.
Таш кайраттуу баатыр көп,
Санаа тартып саргарып,
Качып жүргөн бакыр көп.
Жер бузулуп калк жайнап,
Ар дүмөк тартып шор кайнап,
Азып жүргөн элде көп.
Талаа менен бир болуп,
Жайнап чыгып келатат,
Кумурскадай быжырап,
Кайнап чыгып келатат.
Кол кубалап, эл кырып,
Кордоп, сабап Сарыбай
Арт жагынан сан колду
Айдап чыгып келатат.
Түүгү түүгө урунуп,
Тулпар көзү бурулуп,
Тутам көрбөй туу жайды
Турбай сан кол тыйылып.
Найзачаны, шерлери
Алды менен бир болуп,
Кол артында Сарыбай
Ал аскар тоодой көрүнүп,
Ал Сарыбай капырдын
Ачуулданган кайраты
Жер куйкалап төгүлүп,
Каарданып камынып,
Жай-жарагын салынып,
Кол каптатып, чаң ичип,
Кол чуркурап, жер каптап,
Айдап чыгып келатат,
Койбой жанчып эл кырып
Жайнап чыгып келатат.
Жадаал экен Сарыбай,
Капырдын түбү мамындай,
Эрен экен, кан экен.
Эң кайраттуу, заары күч,
Кыялы бузук, өзү эр
Журт бүлдүргөн жан экен.
Колду жыйып кеп салып,
Кылт деп кайра качканын,
Кылычтап кырып жеп салып,

www.bizdin.kg

Ал бадирек чочконун
Баатырлыгы башкача,
Баары заары бир башка
Эл бүлдүрүп, журт кырган,
Эстесең мындай көйкашка.
Эл бүлдүрүп кол алып,
Колдун баарын чогуу алып,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Кайраттууга кеп баштап,
Кайраты жок жаманын
Калтырбай кырып жеп таштап,
Эрендерим, шерлерим,
Таш жүрөк доомат эрлерим,
Кандан кайра тартпаңар,
Кармашпай кылт деп качпаңар!
Кыя тартып жеткиле
Кан төгүлүп, жер өрттөп,
Калбай такыр кырылып,
Түгөнүшө кеткиле!
Чогоол мылтык чорт этсе,
Чочуп кетчү арамың
Силерге кыргын саламын.
Караан дебей, эл дебей
Кашайта көзүн оёмун.
Калтырбастан бирөөндү
Такыр кырып коёмун.
Каарлансам кайсаган,
Кез болгонду кемирген,
Чапчыса жанды койбогон,
Шимирсе канга тойбогон,
Тил албасты кемирген,
Жутса канга семирген
Мен Сарыбай боломун,
Каарланып качырсам
Тил албастын баарысын
Өлүм кылып коёмун!
Көркөмүм бөлөк, заарым күч,
Доолаганга доо келди,
Алты шаарга жоо келди,
Жер өлчөсөк кыр келди,
Жеткен казат чыр келди.
Бет алган жер кез келип,
Белсендиге жеткиле,
Бет алганын талкалап
Кыргын кылып кеткиле.
Кыл таштабай кылчасын,
Кыргын кылып салгыла.
Айткан тилди алгыла,
Кыжырга тийген душмандын
Бооз катынын жаргыла,
Кармаш кылып кагышып,
Кайра тартпай чабышып,
Кыргын болуп калгыла!
Кызык ушул, чыр ушул
Кыжырлаган жаман журт,
Силерге айткан сыр ушул!
Буйрук кылдым так ушул! –
Деп, Сарыбай олоңдоп,
Ачууланып күркүрөп,
Аны көргөн калың кол
Азат бою дүркүрөп,
Он башылар ороктоп,
Найзалары короктоп,
Камынып найза чабышып,
Колдун башы кагышып,
Чама кылбай, кол айдап,
Чачыратпай, чогуу айдап,
Касабалуу туу болуп,
Карасаң мүшкүл ушундай
Асман жарган чуу болуп,
Кол чуркурап жыйылып,
Бир бирине урунуп,
Биринен ашып келгенде
Кол элүүдөн бөлүнүп,
Желмогуз уулу капырдын
Кан ичер түрү көрүнүп,
Каарын төгүп бакырып,
Калың колун чакырып,
Балбандарым, шерлерим,
Катарлашым, теңдерим,

www.bizdin.kg

Калбай жаңжал салгыла,
Маңдайлаша баргыла!
Байкасаң бүлүк шум ушул,
Бар кайраты мына ушул.
Эр ажалдан өлбөйбү,
Не бир жыргаар, куурар,
Эсил жаштар көрбөйбү.
Жадаалдаша кеткиле,
Жардай Манас тукумун
Түбүнө чогуу жеткиле,
Кайраттуусун көргүлө,
Кастар тигип кан төгүп,
Жазасын колго бергиле,
Калтырбай элин олжолоп,
Камчыга ченеп бөлгүлө!
Төрө Манас тукумун
Төбөсүнөн басалы,
Төрт түлүгүн чачалы,
Кыйраша кыргын салалы.
Кылча түбүн таштабай,
Кыздарын талап алалы,
Чын түбүнө жетели,
Беризаада, бейтаалай,
Мелтиреген чүрөктү,
Олжо кылып кетели.
Бейжайлашып, чырлашып,
Мыкты эрди салып көрөлү,
Кармашып канын төгөлү,
Айчүрөк өңдүү катынды
Кыжылдаган капырды
Карыса кыздай көрөлү,
Байлалуусун тиели,
Ормоңдогон көк жалга,
Ордосуна кирели.
Өкүмдүү эрин кыралы,
Өрт өчкөндөй кылалы,
Маңдайлаша тургула
Чуркурап найза сунгула
Айтылган оозго койгула.
Кан төгүлүп, баш кесип
Караан болуп бергиле.
Жер жарылып чаң жүрсүн,
Колот-колот жер менен
Күркүрөп кара кан жүрсүн.
Азууларын каржайтып,
Ат өлүгү тоо түшсүн,
Эр өлүгү боо түшсүн!
Адыр-күдүр чаң болуп,
Кокту-чуңкур жерлериң
Кулактап кара кан толуп,
Тирүүчүлүк жыргал күн
Кызыталак кыргыз журт
Бир көрүүгө зар болсун!
Кытайдай каптап өткүлө,
Түбүнө түптүз жеткиле.
Кылча жанды аябай,
Кыргын болуп кеткиле
Баш кыркылып, топ бузуп,
Кас ажал жеткен окко учуп,
Буйругум ушул көргүлө!
Жарылбай колум көп болуп,
Убадага бек болуп,
Айгайлап найза сунушуп
Жанды таштап урушуп,
Ушундай дүмөк салгыла.
Эр казыгы шерт болот,
Эркек деп тууган адамдар
Убадага бек болот,
Кыйкырык салып өткүлө,
Түбүнө түптүз жеткиле,
Качпай кыргын кылгыла,
Кайраттанып тургула!
Туура аккан чалкар өзөндөй
Үстүндө жүргөн кеме жок.
Туура эриңер Сарыбай
Тууңар карап турганда
Тууганым сага өлүм жок,
Желпилдетер желде жок.
Каныңар карап турганда,
Каш кайтарар пенде жок.

www.bizdin.kg

Келген колдо болдум жок
Сарыбайың турганда
Калкым саган өлүм жок.
Катуу жиним кармаса,
Куйкаланып кум күйөр,
Толук жиним кармаса,
Тоголонуп тоо кетер,
Тоодой акең Сарыбай
Толкунуна ким түтөр,
Жаңжал жана сыр ушул
Жана журтум билип тур,
Силерге айткан чын ушул,
Кармашарым ушундай,
Катуу жаңжал салгыла
Кылдай түктү таштабай.
Намыс үчүн, ар үчүн,
Сары адырмак бел үчүн,
Желпиниште эл үчүн,
Эр Сарыбай мен үчүн,
Олуя берген бата үчүн,
Эр Желмогуз ата үчүн,
Бабасы Манас канкор шер,
Атамды сойгон ката үчүн,
Кыйын кыргын салгыла,
Кыйла дөөсүн кыргыла.
Эр Сарыбай мен үчүн
Туу түбүнө тургула,
Кармашкыла, өткүлө
Как түбүнө жеткиле!
Адырдын баары ок болсун,
Кылы калбай кыргыз журт,
Сарыбайдан жок болсун!
Бу кызыталак кыргыз журт,
Атасынан бабасы
Кыраанда өскөн, кырда өскөн
Кызыл кыргын чырда өскөн
Бир жерге үч күн конбогон,
Каары мындай болбогон,
Сурап ичип тойбогон,
Сугалагын койбогон,
Беттеп пенде барбаган,
Бет алган тирүү калбаган.
Эч кимге мойнун бурбаган,
Көптүгүн көрсө кара курт
Уругу түмөн арбын журт.
Анжы-манжы, чоң Какан
Бээжин каны ыйлаган,
Канкор Манас барында
Укурук кайрар калбаган.
Казына малы жык толгон
Ар кандай малы кырк болгон,
Атасы артык хан болгон,
Адашкан адам жай болгон,
Биз өңдөнүп ачалгыс
Куралып суук бир кирбептир
Алп качырып, дөө каптап,
Талаасына адам кирбептир.
Таалайы бар көк жалга
Беттеп пенде келбептир.
Бет алган адам жеңбептир,
Катылышып хан өлүп,
Кармаш кылган жан өлүп.
Чендейлик деген ченчи өлүп,
Четине келген элчи өлүп,
Сынайлык деген сынчы өлгөн,
Сыртынан көргөн тыңчы өлгөн,
Кайраты канга бөлөнгөн,
Кабылан шердин тукуму
Буга кандай пенде тең келген.
Ала-Тоону жердеген,
Казат баштап, кан төгүп
Биз өңдүү бир жан келбеген
Желпиниш кандай, жер кандай,
Жетик балбан Сарыбай
Казатка чыккан мен кандай,
Камап келдим тукумун
Каадалуу жаңжал кылалы,
Калтырбай кылын кыралы.
Бооз катынын жаралы,
Болжолсуз жаңжал салалы,

www.bizdin.kg

Курган атам чоң кегин
Ушинетип алалы.
Кун кубалап, кек албай,
Эр адам иши оңобу,
Эл чуулатып кан төкпөй,
Эрсинген ишиң оңобу?
Казына мүлкүн талайлы,
Кайраттуусун сабайлы,
Буласын булап алалы,
Бузукту камап салалы,
Калаалуусун казалы,
Кызыталак кыргыздын
Бир эсебин табалы.
Жайнаталык мээсин,
Жок кылалык дөөсүн.
Чыгарайын кыргыздын
Капкайдагы кээсин.
Кереге-уугун кыйратып,
Келин-кызын чуулатып,
Кериштi кенен салабыз,
Арманы жок өлүшүп,
Ата кегин алалы.
Артык жаңжал салбасак,
Ата кегин албасак,
Туулбай туна чөгөлү,
Тирүү жүрбөй өлөлү,
Кутурган шердин тукуму,
Бир куп өлүшүп көрөлү!
Маңдайлашып турушуп,
Бир кызыкка батышып,
Кериш баштап чыр кылып,
Кырылышып жаталы,
Тагдыр жетсе өлөлү,
Чатак баштап чуу кылып,
Кырылышып көрөлү!
Жазбай кыйла салышып,
Жазасын колго берели,
Заманасын, акылын
Жаңжал менен кууралы,
Бул кутурган кыргыздын
Түп тамырын сууралы!
Көргөн ишти оолтуп,
Көк жалдарын түгөтүп,
Чатакка элин тарталы!
Оңолбогон кыргызды
Олжолоп алып кайталы! –
Деп, ошентип Сарыбай
Тажаалдыгы момундай,
Кол чуркурап, чаң болуп,
Адамдын башы маң болуп,
Эрендин баары желигип,
Эселектер антаңдап,
Чабалдары күйүнүп,
Аңдап чыкты Сарыбай,
Катуу кордук, чоң мүшкүл,
Көргөнү келген экенбиз.
Кайра тартып буу кайда,
Өлгөнү келген экенбиз,
Каргыш тийген Сарыбай
Каарын төктү момундай.
Ойлоого мүшкүл иш болду,
Кайра тартпас чын жайды
Көргөнү келген экенбиз,
Бул каарлуу иттин колунан,
Өлгөнү келген экенбиз.
Бир шер менен салышып,
Бейпай болдук бир далай,
Бул каарлуу менен салышып,
Караңгы тарттык ушундай,
Мүшкүл зордук кордукту,
Бул Сарыбай капырдан,
Көрмөк болдук зордукту,
Чалкып болгон санааны
Көрбөстөн өлөт экенбиз,
Катын менен баланы,
Ажал жетсе кокустан,
Өлүп кетсек кокустан,
Каңкылдап карга жердеген
Чөлдө калар экенбиз
Бөрү, черүү жердеген

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Жерде калар экенбиз,
Айыкпаган чоң кордук
Көргөнү келген экенбиз.
Айбаттуудан айдоо жеп,
Аркансыз, жипсиз байлоо жеп,
Тозок менен күн өтүп,
Чатак менен чеп бүтүп
Өлгөнү келген экенбиз.
Бул Сарыбай капыры
Кырмак болду түбүндө
Кордук менен кол айдап,
Зордугу өттү кишиге,
Алды жаман кетирип,
Ажалды бөөдө жеткизди,
Сарыбай бизге кыйын зор
Баатыр Сейтек, эр чоро
Бузук кылды эчен жол.
Каруулашып кан өлдү,
Канча балбан мында өлдү,
Эндиреди элибиз,
Эчен сынды белибиз,
Чатак бизде, чыр бизде,
Айып, кордук да бизде,
Чоң чатагын койбоду,
Алыш кылып тойбоду,
Бузулган экен биздин түш,
Ушундай экен биздин иш,
Бу Таласка келгени,
Суудай акты каныбыз,
Өрттөндү биздин жаныбыз,
Кагышка кайра кол жыйнап,
Кармаш кылып жатабыз.
Кармашам деп кан өлдү,
Кең көкүрөк акылман,
Келберсинген жан өлдү,
Келген жолдун баарысы,
Ташы менен карысы
Чарчап аттуу саргарды.
Кубанбастан куурадык,
Сүйүнбөстөн чууладык,
Желпиништен чыкканда
Кулан куудук деп келдик,
Куралуу султан тукумун
Куруталык деп келдик.
Кутулбадык, курудук,
Ач бөрүдөй улудук,
Алка капка кең Талас
Аңдабай атар бел эмес,
Бу кыргыздын тукумун
Оңой алчу эл эмес,
Колдон келчү журт эмес,
Эңкейип берчү эл эмес,
Бу кордуктар жөн эмес,
Эркин жаткан эрен журт,
Бабасы Манас барында
Бар мүшкүлдү көргөн журт,
Көктөмүндөй өңгөн журт,
Балаага бөөдө чатылдык,
Кылмышсыз бу журтка,
Бөөдө бекер катылдык.
Чоңсунганга Кудай бар
Сомуйганга балта бар,
Ойлогонго акыл далай бар,
Арты-кийин карай бар,
Ары болбой жерибиз.
Кылмышсызга катылып,
Ажалга бөөдө чатылып,
Орго келген экенбиз
Кыйноосуна калк калган
Шорго келген экенбиз,
Акыл ойлоп, кеп ойлоп,
Акылга дыйкан кээ бир жан
Азыр өлдүк деп ойлоп,
Билсең мүшкүл ушундай,
Уламадан уладым,
Билгендерден сурадым,
Кеңеш айткын оңбогур,
Кабылан Манас көк жалга
Канча эр такоот бербеген,
Кагылып эч ким жеңбеген,

www.bizdin.kg

Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Өзү Манас шер ошол.
Кырылышып тоодо өскөн,
Кыйкырык салып жоодо өскөн,
Айкөл шердин эли ошол,
Алыш кылдык көрөрбүз,
Каза тапсак өлөрбүз,
Катуу мүшкүл, тозок иш,
Көп бузулат көргөн түш,
Түш бузулган себеби –
Түз ойлосок бу дүйнө,
Иш бузулган себеби –
Чалышкан жоосу Куялы
Артык арстан бул дагы,
Мында белин болоттоп,
Бууп келди деп уктум,
Ал Сарыбай капырдын
Сары изине чөп салып,
Кууп келди деп уктум,
Манастын уулу баатырга
Ак жылкыдан таң болуп,
Акыреттик жар болуп
Даанышманды жыйышып,
Таамайлап нике кыйышып,
Бир кызыкка батышып,
Бир төшөккө жатышып,
Тилегине кез келип,
Тиктегени кош келип,
Тойго токсон сойдуруп
Толук элин жыйды – дейт,
Журт чуркурап, эл тилеп
Баатырга нике кыйды – дейт,
Кайың чал кызы балбандын,
Толкуп көөнү басылып,
Толук кабак ачылып,
Кайыпчалдын арстан кыз
Кыдырып өзү келиптир,
Желмогуз уулу капырды
Жазасын жалгыз берүүгө,
Койбой толук терүүгө,
Чын эсебин табууга,
Балталап мээсин кагууга,
Күүлөнсө согуш кылууга,
Күчөсө колун кырууга,
Деген сөзгө көндү – деп
Эр Сарыбай баатырдын
Эсил жинин кагууга
Кайыпчалдын Куялы
Кыз арслан артык шер
Эрен келди деп уктум,
Ай-ааламды буй кылган
Көзөл келди деп уктум.
Аябаган чоң жаңжал
Кылат экен деп уктум,
Шай колдогон өзү шер,
Күлчоро, Сейтек эрендер
Жолдош болду деп уктум.
Күчү кайнап арстандай,
Жолдош болду деп уктум,
Каптаганы калың чок
Кармашкан жагы аткан ок,
Желмогуз уулу капырга
Алдырып кайра кайтабыз,
Кыялы бузук арамга
Алдырып кайра тартарбыз!
Чырлуулар калың өлөрбүз,
Эсерлер бирди көрөбүз.
Бузулган экен көргөн түш,
Кылымда болбойт мындай иш –
Деп, чуркурап журт кейип,
Калың бүлүк башташып,
Кайран жанды буларың
Кылга байлап ташташып,
Кыйын мүшкүл дуу көрүп,
Журт чуркурап бүлүнүп,
Желмогуз уулу капырдын
Зордукчусу билинип,
Кол чуркурап эл каптап,
Каптап кууп калган соң,

www.bizdin.kg

Жер бузулуп чаң болуп,
Көргөн башы маң болуп,
Найзага даңгыл ыктуусун,
Бет алса жоодон тартпаган
Ажалдан кайра кайтпаган
Эрендерин бир бөлүп,
Кылыч чапчу ыктууну
Кыр-кырынан салыптыр,
Балта чапчу ыктуусун
Башка бөлүп алыптыр,
Кара мылтык карс этсе,
Качпай турган эренин,
Чогоол мылтык чарт койсо,
Чочубай турчу беренин,
Алдыга айдап алыптыр,
Кыйындарын, шерлерин
Чет-четине салыптыр.
Балталуусу бетинде,
Балбандары четинде,
Кылычтуусу бетинде,
Кыйындары четинде,
Ач угулган сан колдо
Найза башы көрүнөт,
Артык жаңжал ушул – деп,
Адамдын көөнү бөлүнүп,
Сарыбайдын калың кол,
Албан түрдүү бөлүнүп,
Акыл жетпей чаң болуп,
Адамдын башы маң болуп,
Он башчысы ороктоп,
Элүү башы, жүз башы
Чети менен короктоп,
Найзалуу, кылыч көрүнүп,
Адамдын көөнү бөлүнүп,
Сарыбайдан чуу тартып,
Араандашып бакырып,
Улугун айтып чакырып,
Каарынан кан чыгып,
Кабарынан жан чыгып,
Бөлөк-бөлөк бөлүнүп,
Ай-ааламдын баарысын
Алуучудай көрүнүп,
Желмогуз уулу капыры,
Жер өрттөгөн баатыры
Айбалтасын аштатып,
Артык дүмөк баштатып,
Болжолу жок кол айдап,
Кол каптатып чогуу айдап
Жүргөн жерден чаң чыгып,
Кобурунан жан чыгып,
Керней кенен тартылып,
Кериш кеби чатылып,
Кенебеген кутургур
Керишке башы чатылып,
Ат ойнотуп бакырса,
Адам беттеп жеңгисиз,
Ачууланып бакырса,
Айбатынан жан чыдап,
Пенде чыдап келгисиз,
Добулбасын койгулап,
Барабанын чойгулап,
Желмогуз уулу кутургур
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр сындуу ок атып,
Кезигише калганды,
Кең дүйнөдөн жоготуп,
Каруусунан кан чыгып,
Айбаты бар ар кимдин
Кайратынан жан чыгып,
Казат баштап чыр кылып.
Каарланып чакырса,
Калайыкты бүткүдөй
Асты катуу кара жер,
Каарланса капырдын,
Калтылдабай жуткудай.
Каарланып какайса
Ай-ааламды күткүдөй,
Сакалына караса
Сарапты тешип өткүдөй,
Кыймылдаса дүйнөнү

www.bizdin.kg

Кыя тартып кечкидей,
Каарланып качырса,
Канча адамдын түбүнө,
Бир сапарда жеткидей,
Каарданган капырга
Кармаш кылган кан өлгөн,
Беттешем деп пенде өлгөн,
Жаңжалдашкан жалпы өлгөн,
Жаның чыккан доңуздан,
Кылмышы жок калк өлгөн,
Ар качандан бир качан
Канды чачып катыккан,
Кара тажаал чочко – деп
Эчактан бери атыккан.
Ааламга жапа чыр салган,
Аңтара сайып алп алган,
Элкин жаткан элди алган,
Эчен элге чыр салган,
Ал Сарыбай капырды,
Калк бүлдүргөн баатырды
Орго салса батпаган,
Дайрага салса акпаган,
Жаңжал салбай жүрбөгөн,
Отко салса күйбөгөн,
Чатак салып, чыр кылбай,
Кутурбай жөн-жай жүрбөгөн.
Колун айдап күркүрөп,
Чымын жандан түңүлүп
Кошун үркүп дүркүрөп,
Колу койдой бөлүнүп,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Алдуусу камбыл жез найза
Жан басбастын чоң сайда,
Желмогуз уулу капырың
Жер өрттөгөн баатыры
Кара тажаал дүмбөгү
Канга тойбой эл атты
Кордук көрүп кол жайнап
Каарданса капырдын,
Адам пенде чыдабай,
Араң калат шор кайнап
Казылган кара көргө айдап.
Карасаң чочко айгайлап,
Тулпар минген бөлүнүп,
Туткагы бар чочконун,
Туура жини көрүнүп,
Адамзат пенденин
Акылы айран бөлүнүп.
Ачууланып камынса,
Ай караңгы түнүндөй,
Чамынганы чочконун
Дозоктун бузук түнүндөй,
Көзү көпкөк темирдей,
Муруну бүткүл сеңирдей,
Зың-зың этип кенебейт,
Ай-ааламдын баарысын
Жарым кылга теңебейт.
Эрдик менен алптыкты
Эгем Таала чочкого
Берген экен ченебей,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Алпта мындай болбоптур
Алышса жанды койбоптур,
Кез келгенди уруптур,
Кериш кыла жан келсе
Далай жанды жутуптур,
Бет алганды басыптыр,
Кезигишип келген жан,
Чын азабын тартыптыр,
Сарыбай жааты момундай,
Бозалалуу кызыл туу
Кармап чыгып келатат,
Түк таштабай калың кол
Айдап чыгып келатат,
Кыйшалактап калганын
Таш-талканын чыгарып,
Жайлап чыгып келатат,
Кайраты жок калк өлүп,
Кайра чыгып эл өлүп,
Сарыбайдан кол көрүп

www.bizdin.kg

Тозок мүшкүл чоң көрүп,
Кол чуркурап, чуу туруп
Катуу мүшкүл караандай
Көргөнү келген экенбиз
Куба талдын баарысын
Куурагырдан чоң дүмөк,
Көргөнү келген экенбиз,
Журт саргарып, зарылып,
Калаага мүшкүл күн болуп,
Чама чарчап ал кеткен,
Карасаң мындай күн болуп
Эл энтеңдеп шашкылап,
Калган колду Сарыбай,
Жапа салып аткылап,
Жетим мөйкөк, кара кыр,
Жайнап чыгып келатат,
Жеткендерин Сарыбай
Айдап чыгып келатат.
Күн Куялы жөн өтпөс
Айдап чыгып келатат,
Кыжылдаган түмөн кол
Жайнап чыгып келатат,
Эрендердин баарысы,
Катуу кайрат башташып,
Эч билбеген кээ бир жан,
Эми кыргын болдук – деп,
Жандан кечип ташташып,
Жана мүшкүл иш көрүп,
Бейиш, тозок мүшкүлдү,
Сарыбайдан бүт көрүп
Сары оорудай саргарып,
Заманасы куурулуп
Ал Сарыбай капырдын,
Өкүмүнөн өлө албай,
Ширин жанды кыя албай,
Басайын дейт шор катуу
Өлөйүн дейт жан таттуу.
Кол чуркурап чуу болуп,
Кордук мүшкүл бу болуп,
Жадаал көрүп сабылып,
Эл чуркурап камыгып,
Ал Сарыбай капырдын
Кан ичмеси кармаптыр,
Калың журтту буй кылып,
Карсылдатып айдаптыр,
Кыйындап кыжыр баштаптыр
Кыл таштабай ал элди,
Кырып ие таштаптыр.
Айкырыгы таш жарып,
Кыйкырыгы баш жарып.
Өз билгенин кутургур,
Кылып айдап келатат,
Кабак серпип иргенди,
Калтырбастан буй кылып,
Кырып айдап келатат,
Учаңдан урган капырды,
Минтип Кудай урганы,
Кармашаары бөлөк кол,
Өз колу өзү кууганы.
Баатыр экен Сарыбай
Бар жоругу мамындай.
Кирпик күйүп чок болуп,
Кишиден мындай жок болуп
Тозоктун түрү момундай,
Толкуну тоодой от болуп,
Жаралган пенде уулунда,
Мындай тажаал жок болуп,
Күркүрөшү сел окшойт,
Күркүлдөшү чочконун,
Кулагы чамбыл белге окшоп,
Чамынышы чочконун,
Чаткалдагы жолборстой
Чакылдаса чочкодон,
Чабышкан аман болбостой,
Качырганы камандай,
Кутурганы кунандай,
Олжоңдогон арамдын,
Оп тартканы жыландай,
Айкырыгын аңдасаң,
Чөл ажыдаар заарындай,

www.bizdin.kg

Үтүрөйсө кутургур,
Кудайдын мүшкүл каарындай,
Келберсинген арамдын,
Кебетеси момундай,
Кыймылдаса күркүрөп,
Өзөндүн күйгөн огундай,
Таркылдашы капырдын,
Чагылгандын чогундай,
Чамасы бөлөк, баары күч,
Чагып көрсөң момундай,
Ок өтпөгөн тону бар,
Ок жетпеген аты бар,
Алда Таала жараткан,
Жасаган экен абыдан,
Тогуз пилин миниптир,
Өлчөп көрсөң эки бут,
Жерге тийип жүрүптүр.
Беттешем деп кыйла жан,
Түтүнү жок, оту жок,
Түз эле жанып күйүптүр,
Борумун көрсөң ошондой,
Көз чуңкуру буткулдай,
Көрүнөө жанды жуткудай,
Көрүмдүү кайрат, эр жүрөк
Көзүң чыккан чочконун
Көркөмдүгү ошондой.
Калкылдашы, жүрүшү,
Каптоосунун чегиндей,
Катуу кайрат эрдиги,
Каспай тоонун сеңирдей
Болжолу жок чочконун,
Катуу заары көрүнүп,
Кан иччү түрү көрүнүп,
Кайраты жок чабал жан
Кайран жандан түңүлүп,
Эл бүлдүрүп журт кырган,
Муну көргөн пенденин
Акылы айран дал болуп,
Ойлоп башы маң болуп,
Санаа тартып саргайып,
Саат баскан доңуздун,
Салмагына таң калып,
Кызырканган кутургур,
Кыйын жаңжал баштоого
Кыл таштабай дүйнөгө,
Кыргын салып таштоого,
Кызырканып кол айдап,
Кыйкырык салып таш кыйрап,
Тажаалдыкты кылыптыр,
Өз жолдошу калың кол
Өчү бардай кырыптыр,
Белинде тийген доңузду,
Ушинтип Кудай уруптур.
Дүмөк баштап чыр салып,
Туландыны тутантып
Өлөңдүү жерге өрт коюп,
Кара сууга кан куюп
Кан шимирип катыгып,
Калың элдин баарына
Кара тажаал атыгып,
Журтка мүшкүл салыптыр.
Мындан мурун капырды,
Кол чуркурап чуу түшүп
Короолош конгон жер жайлап
Биргелеш турган адамды
Кээ бирөөсүн кордуктап
Кээ бирөөсүн кутургур
Кырып, союп зордуктап,
Ууга салып алыптыр,
Айыкпаган бир жаңжал,
Чууга салып алыптыр.
Калк оюна келбеген,
Тилесе Кудай бербеген,
Чууга салып алыптыр.
Жай-жарак алып аттанып,
Жадаал салып мактанып,
Жаман-жакшы аралаш
Улуу-кичүү, кары-жаш
Желмогуздун жагы ал
Эр Сарыбай өзүмүн,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Тажаалдын кара көзүмүн,
Эл экен деп эч кимди
Жакын көрүп санабайм,
Кан жутар жайым көрүнсө,
Туудурган атам Желмогуз
Кан кайнаса аябайм.
Каптаал өзөн колотмун,
Кабылганды кайсаган,
Кара кындуу болотмун.
Өткүрдүүнүн көзүмүн,
Мал ашпаган керүүмүн,
Басташканга бой бербес
Чунак арстан бөрүмүн.
Тоо ылдый минемин
Калайыктын кээсине,
Калк баштаган дөөсүнө,
Бейбаштачу беренге
Журт баштаган көзөлгө
Тийишкени жүргөмүн,
Менин атым Сарыбай,
Катуу жиним момундай,
Мүнүшкөргө кезиксе
Орой бүркүт куштаймын,
Оолугуп жиним кармаса,
Он сегиз миң ааламдын
Эзип боорун чыктаймын.
Башы Чаткал, Эчки-Өлбөс,
Кайберен өтчү жоо эмес,
Карааныңар Сарыбай
Каныңар оңой зоо эмес,
Айда, колум, айда – деп
Алкым менен жеттим – деп,
Ал Күлчоро доңузду
Колго тийсе байла – деп,
Кайыпчалдын Куялы
Кас болушуп, кан төккөн
Касташарым бу дагы,
Жоготконум Куялы,
Жол ачарым Күлчоро,
Уялганым Куялы,
Урушарым эр Сейтек,
Баш кесишип, кан чыгып,
Кыргын болуп жан чыгып
Туурасына жеткиле,
Кылча калбай жалгызың
Кыргын болуп кеткиле,
Кылча көрүп ал элди
Кызырканып айдады
Кызыталактын заарынан
Кылчайып бир жан калбады.
Эрен кайрат шерлери
Чети менен жорголоп,
Эс билбеген жаманы.
Ортосунда киргилеп,
Катуу жарлык келди – деп
Каяша берип баш бурсак,
Калбай чогуу өлдүк – деп.
Кадыр Алла жараткан
Жибергенин көрдүк – деп,
Элдин баары сандалып
Эли жинди болду – деп,
Кылча койбой бул журтту,
Кыргын кылып койду – деп,
Кол чуркурап таң калып,
Кокуйлуу мүшкүл күндү ойлоп,
Ичтен күйүп бой-бойлоп,
Албан түрдүү көп ойлоп
Атаганат дүнүйө,
Опат болдук деп ойлоп,
Кээ бирөөсү кыңкылдап,
Кээ бирөөсү былкылдап,
Буйругу ушул экен – деп,
Кээ бирөөсү таң калып,
Кээ бирөөсү зарланып,
Топурак кыя, жалаң бел,
Ашып келди Сарыбай,
Жаңырыктын жар кыя,
Жалгыз мага чубама,
Бузулган мойнок керүү бар.
Куйкаланган чочкодо,

www.bizdin.kg

Сүйлөсөң эчен кеби бар,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Калк тоногон жандардай
Эл бүлдүргөн балбандай,
Калк бүлдүрүп журт чуулап,
Карасаң мүшкүл ушундай.
Туткагы кармап доңуздун
Туура Кудай уруптур,
Турбай атка камчы уруп,
Эренди Кудай уруптур.
Калың колдон бөлүнүп,
Кара аскардай көрүнүп,
Кан аралаш кек алып,
Оозун ачса төгүлүп,
Жаалданган чочконун,
Жан күйчү түрү көрүнүп,
Жогоолонуп мөңкүсө
Чокморунан чок чыгып,
Оозун ачса от чыгып,
Колдорунан кан чыгып,
Козголгондо жан чыгып,
Алдындагы Тоокызыл,
Тоокызылын буруптур,
Тозоку күчтүү, бейли тар,
Арамды Кудай уруптур.
Кара болот укурук,
Кармап колго түкүрүп,
Кап-Тоосундай балбан кул,
Билегине чалыптыр,
Түпөгү жок чоң болот,
Такымдан сууруп кутургур,
Оңдоп колго алыптыр,
Жоон үйдөй чоюн баш
Чочуганың оолак кач,
Билекке кынап чалыптыр,
Найзасына үн берип,
Тоокызылын такымга
Токтобой тартып жиберип,
Арсландай көз жайнап,
Айкырык салса эл жайнап,
Турбай колдон бөлүнүп,
Айдай сары талаага,
Көз талытар жээгине,
Майданга чыкчу жерине,
Алышканын утчудай,
Ай-ааламды буй кылып,
Койбой такыр жутчудай,
Тоокызыл оозун буруптур,
Жер майланган бадирек,
Жекеге чыгып туруптур.
Чоң майданга келгенде
Каарын салып бакырып,
Кызыл кыргын болду – деп,
Кыйыныңкел деп чакырып,
Менин атым Сарыбай,
Байка, жиним ушундай,
Чамам келип чапчысам
Чалгытым тийген өлүүчү,
Кызырканып кыйкырсам,
Барса-келбес чын жайын
Эчен адам көрүүчү.
Каалаганым кагыштыр,
Санаганым салыштыр,
Каарым келип какайсам
Кабаттап кагам оруңду,
Олжо кылам тонуңду,
Ушинтип байлайм жолуңду?
Кайнатамын шоруңду!
Ачууланып айкырсам,
Тоо тоңкоюп таш кулайт,
Толкуп жиним кармаса
Адам кыйрап баш кулайт,
Эр Сарыбай атагым,
Кыргын баштап журт кырып,
Кыраандын кара көзүмүн.
Кыжырыма тийдиңер,
Кыргындын кара өзүмүн.
Ченебестен кан төккөн,
Кара тажаал өзүмүн,
Алыш кылып алп алгам,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Азыр жиним кармаса,
Албан түрдүү калк өлгөн,
Индистандай дөө өлгөн,
Айбатыма чыдабай,
Көйкаптагы пери өлгөн,
Башы бүтүн, боору эсен,
Байка менин кебимди,
Кандай пенде тең келген,
Арыш кылып алп алган,
Албан түрдүү калк өлгөн,
Мен Сарыбай мендирмин,
Бейпай мүшкүл шердирмин.
Тажаалдын кара көзүмүн,
Чын балакет өзүмүн,
Туткак жуткуч жин келсе,
Туура бирөөң калбайсың,
Каарым төгүп качырсам,
Калкыңа бирөөң кайтпайсың.
Мүрзөлөнүп тиштесем
Өлбөй аман кайтпайсың,
Карап көрдүм түбүңдү,
Жалмап жутам баарыңды,
Казат курап чыр баштап,
Не келтирдиң жинимди.
Эрен десең эренмин,
Эң мүшкүлдүн биримин,
Кан соргучтун өзүмүн,
Тажаалдын анык өзүмүн,
Как ордонмун, шерденмин,
Каарлууга туруучу
Кармансаң найза сунуучу,
Кан Сарыбай өзүмүн.
Керишкенче керишчү
Кетмендеп качса түгөнбөс
Кең өзөн чалкыт керүүлүк
Качырса жанды койбогон,
Көсөө куйрук көк даңгыл,
Көргөндү жуткан бөрүмүн.
Каарландым утамын,
Түк таштабай түгүндү,
Аман койбой бириңди,
Кайсап соруп жутамын.
Качырышып келгенге,
Ай караңгы түндөймүн,
Адам жинин кагууга,
Кара башкы жиндеймин.
Мен Сарыбай баатырмын,
Ардын ичин ачырып,
Желпиништин жээгинен,
Алуучумду качырып,
Ушул кезде мен өзүм,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Чатактарга доо таппай,
Чабышарга жоо таппай,
Күүлөнүп кол жыйганмын,
Хан Манастын тукуму
Күрөшкөнү турганым,
Кылычыңды айт, кыныңды айт,
Кыйшаңдатпай чыныңды айт,
Алыш кылчу керүүндү айт,
Алыша кетчү жериңди айт.
Каалап тийдиң жиниме,
Катылбай койбойм бириңе,
Чамам келсе чапчышып,
Каруум келсе кайсаймын.
Улугуңду утамын,
Ажыдаардай оп тартып,
Койбой чогуу жутамын.
Каарым келди кайсадым,
Качып тартпайм бирөөндөн
Тыткын кылсаң тон мына
Бейпил кылсаң кол мына,
Эңиш кылсаң эр мына,
Жекеге чыгып кармашсаң,
Эр Сарыбай мен мына.
Найза оозун бургамын,
Ачууланып ал капыр,
Ай-ааламды буй кылып,
Майданга келип турганмын!

www.bizdin.kg

Алмамбеттин Күлчоро
Жекеге мени койгун – деп,
Тагдыр кетсе өлөйүн,
Чын кааласа Кудайга
Чымындай жанды берейин.
Жекеме-жеке салышып,
Өлбөгөндөн калышып,
Кайраттуусун керүүгө,
Кас ажал жетсе өлүүгө,
Шай колдогон Күлчоро,
Телегейи тең чоро
Ааламдан артык эр чоро,
Качкан кулан чомулуу
Капталы болот ак каңкы,
Нар бууданга токулуу,
Күл ойрону Күлчоро,
Күлүстөнүң ааламдын,
Эң сулуусу адамдын,
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Алышкан жоону көп көрүп,
Адис болгон курган эр
Болот курбу чарайна
Ал башында кийилүү,
Казатка минчү буурул ат
Жал-куйругу түйүлүү,
Жакасы алтын, жеңи жез
Кош бадана, торгой көз
Атышка кирсе ок өтпөс,
Өрткө кирсе, чок өтпөс,
Агасынын Ак олпок
Ал үстүндө кийилүү,
Шер атанган кургурдун,
Кийгенинде тешик жок,
Кымбат балдар киер – деп,
Аркагын жибек тордогон,
Керектүү катын Каныкей,
Бугугун энем оңдогон,
Өлчөө-өлчөө керене
Болот эгик төктүргөн,
Жарабас жерин сөктүргөн,
Болоттон кылган шибеген,
Болжолу жок усталар,
Кымбат кылып кайрыган,
Тиктегенде адамдын,
Тим эле көзү тайыган,
Нардай буурул ак минип,
Ак рапис тон кийип,
Ай-ааламды шаштырып,
Астындагы Буурулун,
Алчактата бастырып,
Ай-аалам боюн бас кылып,
Чын кырааны билинип,
Кулак угуп көз көргөн
Эл жанынан түңүлүп,
Бет алганы Сарыбай,
Беттешери момундай,
Алдындагы Буурулду
Маңкаңдата бастырып
Бардык турган калың кол
Алапайын шаштырып,
Дөбөдө турган капырга
Дөңкөңдөтө желдирип,
Дөбөгө жакын келди эле,
Ал Сарыбай капырды,
Байкап Чоро көрдү эле.
Эки жагын каранып,
Эрди-мурдун жаланып,
Ач арстандай алактап,
Ак жолборстой жалактап,
Сынын бузуп кенебейт,
Сырты кара доңузду
Бучкагына теңебейт,
Шер экени билинип,
Ажал десе кашкайып,
Кайран чоро сүйүнүп,
Жоо кийимин кийинип,
Сарыбайга бет алса
Бабам Манас колдо – деп,
Чоро найзасын көтөрсө,

www.bizdin.kg

Колдогону бир тогуз,
Колдоп алган кези экен,
Жөлөгөнү кырк чилтен
Жөлөп алган чагы экен,
Алп кара куш, зумурук
Алыш кылчу белгиси,
Бутун сунуп дардайып,
Аты менен эңчүдөй,
Касташкандын жазасын,
Казыр колго берчүдөй,
Туу төбөдөн күркүрөп,
Туура тунун сунуптур,
Каражолтой баланын,
Капталында чамынып,
Канкор Манас жөлөгү,
Жолдош болуп туруптур,
Көзөл куйрук көк даңгыт
Көрсөң жанда чамынып,
Ач арстан, ак жолборс
Ал айбатын салыптыр,
Айкөл Манас пирлери
Тегеректеп калыптыр,
Кадыр Алла бир Кудай.
Ар качандан бир качан,
Кагыштын жайы ушундай,
Тоо дегенде октолгон,
Жосунда мындай жок болгон,
Атасынан бабасы
Алыстан кайра тартпаган,
Асыл шердин тукуму
Акырын сүйлөп, бек таштап
Эр Куялы балбанга
Эби менен кеп баштап
Беризаада беренсиң,
Белгилүү жеңем, төрөмсүң.
Үзүлгөндү уларсың,
Чачылганды жыярсың,
Кадырдын каалы* түрүсүң,
Чын беймандын бирисиң,
Каргыш тийген капырга,
Кан Сарыбай баатырга,
Беттеп найза сунамын,
Чама чарчап ал кетсе,
Кааласа жанды берермин,
Чамам келсе капырдын,
Муштап канын төгөрмүн,
Таласты камап келгенде,
Койбой жанды кашайтып,
Койгулаша бергенде,
Чапчып чамам келалбай
Чабыш кылып жеңе албай,
Күчөнүшсө күч жетпей,
Атыш кылсак ок өтпөй,
Бейли кара доңуздун,
Бул Күлчоро кайниңиз,
Ошондо жандан түңүлгөн,
Жеткен жанды тындырдым,
Жер ашырган капырга,
Жети миң найза сындырдым,
Жетимиш тулпар өлтүрдүм,
Чама чарчап арыдым,
Кең дүйнөдөн тарыдым,
Кесирлүү мүшкүл ит менен,
Керишип жүрүп карыдым,
Кандын баары жутулду,
Ок өтпөс тонум тытылды,
Шер атагым кем болду,
Муну менен Күлчоро,
Баатырлык башым дал болду,
Сарыбай мынча эр болду
Өөдө-төмөн сайышсам
Баш жарылып, кан төгүп,
Өң бурулуп, түс кетип,
Эки колдон ал кетип,
Көөдөндөн кара жан кетип,
Көздүн баары алактап,
Кол-буттарым шалактап,
Өлө турган биз болсок,
Шер арслан, эр жеңем,
Сизге салган аңгемем,

www.bizdin.kg

Кыйла кыргын сала көр,
Каардуунун колунан
Кайран жеңем Куялы,
Ажыратып кала көр!
Кыяматтык мурасым,
Айкөл шерге арстаным,
Мөмө болуп турасың,
Өчкөн отту тамызып,
Өлчү жанды тиргизип,
Атышты арбын сал, жеңе,
Азапка түшчү кайран баш
Түз болгурдун колунан
Ажыратып кал, жеңе!
Аманат айткан кебибиз,
Ала-Тоодой белибиз,
Кармашта катуу болуңуз,
Каардуу мүшкүл, катуу заар,
Кайран жеңе тосуңуз!
Айгайды арбын салыңыз,
Ачууланган капырдан
Ажыратып калыңыз!
Желмогуз уулу капырга
Күрдөөлүү алым барында,
Күлүгүм кантип берейин,
Күрөш кылып көрөйүн,
Чама келбей баратса,
Чабышты мыктап сала көр,
Каарлуунун колунан,
Ажыратып ала көр,
Каза жетсе өлөмүн,
Каалап келген Сарыбай,
Кас душман жак момундай,
Атышты арбын салайын,
Астыга мурда сайышып,
Армансыз болуп калайын,
Салышпасам, барбасам,
Баатырлык түрүм кайда – деп,
Бабасы баатыр кайран шер.
Өрт каптаса тартпаган,
Өлүмдөн кылт деп кайтпаган
Өкүмдү султан көргөн шер,
Сары жаак булдурсун
Кармай калып имерип,
Камчы жайы ушундай,
Каң дегизе бууданды
Такымга тартып жиберип,
Туулгасына тар буудан,
Турбай оозун бурду эми,
Майданга чыккан баатырга,
Калк бүлдүрүп, эл кырган,
Эр Сарыбай капырга,
Качырып найза сунду эми.
Канкор Манас аты шер,
Алмамбет, Чубак эки эр,
Сыргак, Сергек тегиздер,
Ажыбай, Бакай арстандар,
Аралаш найза сунганы,
Арстан чоро баатырга
Жолдош болуп турганы,
Айкырса көңүл бөлүнүп,
Карааны сан кол көрүнүп,
Баатырдын баары качырып,
Кайран чоро келди эле,
Эң шамдагай чоронун,
Ыктуулугу мынчалык,
Найзага даңгыл эр ыктуу,
Мыктылыгы мынчалык,
Эр Сарыбай баатырдын,
Тизгин кармаар колу – деп,
Тиктеп сайсам сойдум – деп,
Как жагынын кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Ортосунун өзү – деп,
Өпкөсүнүн чети – деп,
Кош кабырга жээги – деп,
Ылдыйласа көк боор эт
Ыргып кетер кези – деп,
Ажалды анык туштады,
Уңгусу куйма учу курч
Учуна тарткан кара курч,

www.bizdin.kg

Кошоктоп көз кыл тактырган,
Сунган жоого баптаган,
Бөлөкбай уста саптаган,
Жай аптабын өткөзбөй
Көлөкө жерге сактаган,
Көркөм болот сыр найза
Олжого тартып жиберсе,
Он эки кылыч өтпөгөн,
Сундуруп балбан урганда,
Тирүү душман кетпеген,
Желмогуз уулу капырга,
Эр Сарыбай баатырга,
Күчкө салып Күлчоро,
Күңгүрөнүп, күүлөнүп,
Күлүстөнүң сүйлөнүп,
Белди бекем байланып,
Эрини кесе чайналып,
Кыя саадак байланып,
Кайра жаачу булуттай,
Каары бетине айланып,
Камбыл чоро жетти эле,
Маңдайдагы кашка тиш
Таруудайдан быркырап,
Оозунан чыккан көк жалын
Октос берип шыркырап,
Алакандан чок чыгып
Күлчородон жан чыгып,
Турбай найза сунду эле
Майданда турган капырга
Куптап найза урду эле,
Кыйрап найза быркырап,
Жолум үйдөй Аккула
Жоруча учуп калдактап,
Найза урган чоронун
Бурса буудан бурулуп,
Чама чаркым ушундай.
Нардай болгон бууданын,
Тизеден жерге тыгылып,
Мыктап сайган Күлчоро,
Аллага үнү угулуп,
Өң кумсарып бузулуп,
Тегеренип басалбай,
Темтең болгон эмедей,
Кумга тууп, ташка өскөн,
Кайыптан бөлөк башка өскөн,
Ардай болгон нар буудан
Ар кайып менен бир тууган,
Чалгынга минсе чарчабас,
Оорукка минсе оорунбас,
Атышка минсе арыбас,
Алтымыш асый болгончо
Ардай күлүк буурулдун,
Тегеренип чалгыштап
Заманасы куурулду,
Көкүл кагып көзүн жуумп
Көк мойнокту жөлөнүп,
Көркөмү алтын кайран баш
Капкара чаңга бөлөнүп,
Акылы айран бөлүнүп,
Кайыптык түрү көрүнүп,
Тизгин кагып, кол союп,
Тим эле тоодой тоңкоюп
Куйругу саяң жалы бар,
Кулан сындуу жаныбар,
Желип келсе жейрендей,
Төрт туяктуу кыл куйрук
Жарыктыкка теңебей,
Басканы бар маралдай,
Чуркаганы шамалдай
Желсе куюн жетпеген,
Кыл куйруктуу төрт туяк
Жылкы алдына өтпөгөн,
Кетмен туяк, кең соору,
Кенен жердин бууданы,
Кең көкүрөк, тайкы жал,
Чын кайыптан бу дагы,
Чылбыр тутам калбаса,
Чыктаган жоого алдырбайт
Кыйындап тагдыр жетпесе
Кырсык уруп кетпесе

www.bizdin.kg

Мингенин жоого алдырбайт.
Бурулганы ийиктей,
Чуркаганы кийиктей,
Бура тартып буурулу
Оңтойлошуп турганда,
Кудай бетин көргөзбө,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Капыр каары момундай.
Ачууланып акырып,
Эки көзү чөл жайнап,
Карсылдатып тиш кайрап,
Айбаттанып чамынып,
Найза салса болгон жок,
Күлчоро шердин найзасын
Куюн сындуу көргөн жок,
Каш имерип кылт этпей,
Кабак кагып былк этпей,
Зың-зың этип кенебей,
Сырты мүшкүл өрттөнгүр
Сарыбай чочко былк этпей.
Тумандап көзү жайнады,
Эринди бөлө чайнады,
Каруусу башка капырдын
Кан иччү түрү кармады.
Эки көзү чок болуп,
Ажыдаардай октолуп,
Жадаалданып бадирек
Жапа салды чоң дүмөк
Каарланып күүлөнүп,
Күлчорого сүйлөнүп:
– Чыккан жерим чоң майдан,
Атактуу атым Сарыбай
Тозок салам ушундай,
Чынарыңды кыйратам,
Чымчышыңа кенебейм,
Колуң турмак башыңдын
Чапчыганын бачагар,
Бучкагыма теңебейм.
Бирөөң келип, миңиң сай,
Миң түмөнүң катар сай,
Тагдыр каалап өлөмүн,
Жардап каныңбир болуп,
Өнөгүмдү бербеймин, –
Деп, ошентип Сарыбай
Балбанынын баарына:
Кыйкырык салып жеткиле,
Кылча калбай жалгызың
Кыргын болуп кеткиле,
Тулпар оозун бургула,
Турбай найза сунгула,
Туура эрсинген бул журтту
Тукум курут кылгыла.
Кулуң келбей, каныңкел,
Курган журтуң баарың кел,
Баатырсынган каныңкел,
Азың коюп баарың кел,
Өөдө кылчу жакшың кел,
Өпкө жанччу бакшың кел.
Катуу үнүм кармаса,
Калкың аман калбайсың.
Катууласа жаңжалым
Эсен үйгө барбайсың.
Берениңди жок кылып
Бегирээк бейпай салбасам,
Түк кылыңды таштабай,
Түгөлдөп кырып салбасам.
Эбиң эптеп таппасам,
Эзелки жиниң какпасам,
Баатырларың орбосом,
Баатырларың сойбосом,
Сарыбай болбой өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн,
Кутурган экен Күлчоро
Кууп жүрүп каныңтөгөйүн,
Чалынган окшойт байкасам,
Муну менен чабыш кылып көрөйүн.
Ойноп турсам мен өзүм
Ороңдоп найза сунганын,
Амалы тар, алы жок
Чапчышып жаңжал кылганын,

www.bizdin.kg

Жарты кылча алы жок,
Эселек журттун урганы,
Эл чуулатып, журт кырып,
Эми эсебин табайын.
Ээликкен экен кутуруп,
Эзелден жинин кагайын.
Баатырларым, балбаным,
Байкасаң дүмөк иш ушул
Башка болсун жаңжалың.
Кыйкырыгың таш жарсын,
Шилтеген балта баш жарсын.
Дүмөк ушул, чыр ушул,
Силерге айткан сыр ушул.
Түптүз каптап өткүлө,
Түк таштабай бул журттун
Түбүнө чогуу жеткиле.
Кагышты катуу салгыла,
Калбай такыр кырылып,
Кыргын болуп калгыла, –
Деп ошентип Сарыбай
Колуна жардык кылды эми,
Эң бүлүктүү заары күч,
Арамды Кудай урду эми.
Бүткүл каптап калың кол
Ай-ааламды күттү эми,
Каны жардык берген соң,
Кулап кетпей кара жер
Калыңынан түттү эми.
Сарыбай буйрук кылганда
Найзалуусу алкынып,
Балталуусу булкунуп,
Найза кыйрап кагышып,
Адам башы чабышып,
Жанакы келген чорого
Жаңжал мындай болобу
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй бөтөн ок атып,
Эр Сарыбай салганда
Баатыр көк жал эр Сейтек
Кайраты бар, каны бар,
Ок өтпөгөн тону бар,
Ай-ааламдын баарысын
Айдай турган алы бар
Таалайы артык курган шер
Атасынан бабасы,
Кол баштаган курган эр
Кан Сарыбай баатырдын
Туруп колу жүргөндө,
Колдун алды чуу туруп,
Өзөнгө жакын киргенде,
Найза учу жаркылдап,
Жазайыл үнү тарсылдап,
Күлчорого киргенде
Эрен эчен бөлүнүп,
Колдун баары бөлүнүп,
Жабылган экен Сарыбай
Жан алгыч түрү билинип,
Эңкейип сан кол киргенде
Кол чабуулдап дуу болуп,
Асман ачык, жер бүркөк
Айгайлаган чуу болуп,
Жол айланып бекилип,
Адамдын баары чегилип,
Алкым муунар чаң болуп.
Колотко кара кан толуп,
Тирүүлүктүн убагын
Кол үстүнө кол толуп,
Уйгу-туйгу кез дүйнө
Өйдө-төмөн козголуп,
Кумурскадай калың кол
Азгана эмес, мол болуп,
Жазайыл огу чыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлүп шыркырап,
Кайран эмем өлдү – деп,
Өң жакыны буркурап.
Селдей каптап калың кол,
Серпишти кылды ошол жол.
Маңдайлашып турушуп,
Бакырып найза сунушуп,

www.bizdin.kg

Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп.
Билеги жоон, таш жүрөк
Балбан адам топ бузуп,
Байкабаган энөө жан
Эчени кулап окко учуп,
Эзилген кыргын болуптур,
Коктудан кара кан агып,
Кырдан кызыл кан агып,
Элдин башы маң болуп,
Жер жыртылып чаң болуп,
Жеткилең мүшкүл иш болуп,
Колу каптап калганда
Козголбогон мүшкүлдү
Бир көрүүгө зар болуп,
Кол чуркурап дуу толуп,
Койбой найза сунду эми,
Сарыбайдын түмөн кол
Бурулбай жаңжал кылды эле.
Шай колдогон Күлчоро,
Шамдагайы болжолсуз,
Асмандан түшкөн алты курч
Кылычтын кындуу ыктуусу,
Алты учтун ыктуусу
Шиберге койсо өрт кеткен
Шилтегени мүрт кеткен,
Таамайлап чапса кулаган,
Кыябын таап шилтесе
Кырк адамы сулаган.
Ачуусуна тийгенде,
Алптар аман турбаган.
Канга мыктап тойбогон,
Кыйкырып кындан суурганда
Кан төкпөй куру жүрбөгөн.
Канга мыктап тойбосо,
Кайта кынга кирбеген,
Кыйкырып кындан суурганда,
Мизи жашыл кызарган,
Кыя тартып шилтесе,
Кырк кулач болуп узарган,
Канга мыктап тойбосо,
Катса кынга кирбеген,
Каарланып суурса,
Кан төкпөй бекер жүрбөгөн.
Каарланып чыгарса,
Качып душман дүрбөгөн.
Билгиси үч жол бузулган,
Беттеп колго алганда,
Пенде жандан түңүлгөн,
Берен өткөн Алмамдан
Эр Алмамбет зорлордон,
Журтка айтылган баатырдан,
Жергелүү чынар чатырдан,
Көк жал эрдин көзүнөн,
Калк кубанып, журт сураган,
Көйкашканын өзүнөн,
Ааламды бузган балбандан,
Мурунку өткөн адамдан,
Мураска калган жойкума
Шай колдогон чорого
Ал колунда алуулуу,
Айбаты артык көк жалдын,
Билегинде чалынуу,
Туурасынан жол салып,
Кирди көк жал кол салып,
Эр Сарыбай баатырдан
Каптап кирген түмөн кол,
Эр Күлчоро баатырга
Кайрат берди ошол жол,
Тегиз уулу кыраан эр
Тегерете карабай,
Теңиз жанын ыргытып,
Өлөмбү деп санабай,
Серпкени кызыл чок болуп
Сермегени жок болуп,
Качырганы кан болуп,
Көздөгөнү дан болуп,
Камбылдыгы көрүнүп,
Кыябына келгени
Шилтесе эки бөлүнүп,

www.bizdin.kg

Жайында жааган жамгырдай
Адам каны төгүлүп,
Ары арстан, ары шер,
Шай колдогон курган эр,
Бабасы Манас жар болуп,
Кызырлуу кырк чилтен
Жөлөгөнү ал болуп,
Кол чогулуп жыйылып,
Колу тийген кырылып,
Эл буркурап жыйылып,
Беттеген жагы кырылып,
Түзөң, чуңкур, адырга
Кара туман чаң толуп,
Аңгек-чөңгөк баткалга
Арыктай кара кан болуп,
Баатырлары, шерлери,
Найзага камбыл эрлери,
Иши кагылып тыйылып,
Айлакердин баарысы
Бири-бирине урунуп,
Толкуп жаткан түмөн кол
Тозок тартып ошо жол,
Эрдик кылган түмөн кол
Эң азап тартты ошол жол.
Кызырлууга катылып,
Кызыл кыргын эл дүрбөп,
Азапка башы чатылып,
Ажал болгон казатта
Азабы арбын, заары күч,
Артык мүшкүл азапта
Кайраты бар ыктуу өлүп,
Камбылсынган мыкты өлүп,
Албан түрлүү жан өлүп,
Терлүү күлүк, эр жигит
Адам, айбан баары өлүп,
Кашатчага, дөңчөгө
Ай касаба тутулуп,
Кабакча жер, ойдуң жер
Кулак тунган чуу болуп,
Кутургурдун казаты
Кубансаңар бу болуп,
Кээ бир колдо балбандар.
Денеси бар, башы жок,
Кулап жатат сырайып,
Баатырсынган, эрсинген
Өлүп жатат тырайып.
Жоон өпкө күркүлдөк,
Ала көөдөн дүпүлдөк
Мане жоктур дегендер
Өз көөнүнө шер көрүп,
Мага ажал кайда дегендер
Кайрылбас жайын көрүптүр,
Ала көөдөн, корс кыял,
Булардан эчен өлүптүр.
Эстүү көк жал жан өлгөн,
Эселектин баары өлгөн,
Бири миңче алп өлгөн,
Кылмышы жок, кырсык жок,
Сүттөн аппак калк өлгөн.
Өлүп кеткен себеби
Сарыбайдын заарынан,
Бир адамдын каарынан,
Кылмышы жок калк өлгөн,
Зордук кылып Сарыбай
Аскер куруп жыйыптыр,
Кылмышы жок адамдын
Кыйласын кыргын кырыптыр.
Чогулганда бедел жок,
Кыргын болгон көп элде
Эмне бар да, нелер жок,
Кээ бир балбан эр адам
Ат-атынан айрылып,
Акыр заман мына – деп,
Арман кылып кайгырып,
Эчен балбан дөө болуп,
Шердиги жок, эри бар
Не бир адам жоо болуп,
Мүшкүл тартып кайгырып,
Жанындагы тең курбу
Жолдошунан айрылып,

www.bizdin.kg

Айнектей көзү чачырап,
Ат-тонунан ажырап,
Тулпарынан айрылып,
Туура өлдүк – деп кайгырып,
Аттигиниң дүнүйө,
Арбын мүшкүл күнүгө
Айдап жүрүп Сарыбай
Жетмек болду түбүңө,
Эзмек болду боорунду,
Көргөзмөк болду сонунду,
Жаман кылып өзүңдү
Журтум, жалдыратты көзүмдү!
Шай колдогон Күлчоро,
Сындырды белем белиңди
Суутту белем демиңди!
Чыгарды белең кыраан кул,
Кутуруп көпкөн желиңди.
Кармаш кылып жан өлдү,
Кылмышы жок, чыры жок
Ойноп эчен жан өлдү.
Кайрат эрдик кылган жан
Түбү калбай түз болду,
Түйшүктүү башка күч болду.
Ушу жаңжал, чоң чатак
Унуткусуз иш болду.
Аты-тондон ажырап,
Арада тентип калжырап,
Арыслан шерге катылып,
Азапка бөөдө чатылып,
Санаган санаа нурага
Жетпей өлөр экенбиз,
Желпинишке жалгыз жан
Кетпей өлөр экенбиз.
Кукулдап учкан кузгун жок,
Чөлдө калар экенбиз,
Эр Сарыбай деп жүрүп,
Ойноп кулан ашпаган,
Белде калмак экенбиз.
Атыкпай жини кайнаган
Найзаны жаза сайбаган,
Аттигине, куу чиркин
Элде калмак экенбиз.
Улуу жаңжал, калың шер
Көргөнү келген экенбиз,
Ушаланып кор болуп,
Өлгөнү келген экенбиз,
Ашуусу жок, бели жок
Жолдо калган экенбиз,
Акыл качып, башың маң,
Шордо калган экенбиз.
Байкасаң азап бул мүшкүл
Баатыр журтка катылып,
Азап мүшкүл кордукка,
Аябай кирдик чатылып,
Зордук кылды Сарыбай
Кызыл кыргын иш кылып,
Кызылдуу журтка туш кылып,
Кызыл кыргын чуу болду,
Кызыталак бузуктун
Баштаганы бул болду.
Кыдыра көчкөн көчү жок,
Бу кыргызда өчү жок
Азапка бөөдө чатылып,
Чатакка бөөдө катылып,
Кордук-зордук, мүшкүлдү,
Көргөнү келген экенбиз,
Жараткан алтын кымбат жан
Сарыбайга садага
Бергени келген экенбиз.
Жаңгызыбыз тартпайбыз,
Жапалы мүшкүл ушундай
Жал алып элге кайтпайбыз,
Жаман болду чаркыбыз
Желпиништен кол болуп,
Бузулган биздин алкыбыз,
Эл чуркурап, кол чуулап,
Токтоп жүргөн адам көп
Эмки болгон согушта
Эчен тулпар күлүктүн
Ээр токуму боорунда

www.bizdin.kg

Ойноп жүргөн андан көп,
Боздоп жүргөн жан да көп,
Ээсиз калган мал да көп.
Эсил кайран бир боорум,
Кылмышсыз бөөдө өлдү – деп,
Кылчайбачу азап жол,
Капыр дагдыр көрдү – деп,
Боздоп жүргөн адам көп.
Сары оору болуп саргарып,
Көңүл, акыл, кыялды,
Бөлүп жүргөн эл да көп,
Сары оору болуп саргарып,
Убайым тарткан бенде көп,
Акыл ойдун баарысын
Бөлгөндөрү дагы бар,
Каза болуп кагыштан
Өлгөндөрү дагы бар,
Ай, Сарыбай өлдүк – деп,
Көк жал тууган Чородон,
Көп мүшкүлдү көрдүк – деп,
Жеткилең көк жал шерлердин
Жерин ээлеп турам – деп,
Кабылан тууган канкордун
Калкка зордук кылам – деп,
Ай-аалам колу жыйылдык,
Акыры жаман кырылдык,
Кыйлабызды кырды – деп,
Кылчайбайт экен убалга
Бүткүл кыргын кылды – деп,
Куюшканы үзүлүп,
Куруп жүргөн колдо көп,
Басмайылы үзүлүп,
Ээри түшүп бооруна
Шашып жүргөн пенде көп.
Эс таба албай алактап,
Эки буту салактап,
Тизенин баары сүзүлүп,
Тизгиндин баары үзүлүп,
Зоот тытылып быркырап
Найза кыйрап чыркырап,
Ай, Сарыбай кырды – деп,
Кырып жаны тынды – деп,
Кыргын болуп журт кыйрап,
Ушинтип Кудай урду – деп,
Бу канкордун тукуму
Кордоп кыргын кылам – деп,
Бул Сарыбай эпсиз кул
Эченди кызык кылды – деп,
Сарыбайды чоң кылып
Жараткан эгем койду – деп,
Жапа салып кордуктап,
Жаман ит экен Сарыбай
Жалпыбызды сойду – деп,
Ажал жетип окустан,
Өлүп кетсек кокустан
Бул иттигин билербиз
Айтылган миш-миш чын болсо,
Таңдын макшар күнүндө
Дардактаган чочкону,
Кара эшек кылып жүрөрбүз
Деп, ошентип кол чуулап,
Кол эсинен тангыча
Арманын айтып жаткыча
Мингени тулпар Кулансур
Булуттай учуп дыркырап,
Туягына тийген таш
Кыңк-кыңынан быркырап,
Ээлендирип жулкунуп
Ээн калган Кулансур
Жаадай учуп жулкунуп,
Көркөмдүү тулпар жалы бар,
Баатыр Сейтек балага
Бап келтирип жаралган
Жылып кетсе жыландай,
Түйүлгөнү куюндай,
Арыштаса куландай
Атынын түрү ушундай.
Ээн калган жыласты
Ээлендирип жулкунтуп,
Окоро түйгөн ак тизгин,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кулансурга чак тизгин
Кош колдоп колдо карышып,
Булуттай учкан карандын
Оозу менен алышып,
Тизгин кылдай чоюлуп,
Тоону көргөн карандын
Туйлаганда кара жер
Туш-тушунан оюлуп,
Таамай басып чапчыса
Баскан кери быркырап,
Жолум үйдөй даңканы
Жолу болгон баатырдын
Төбөсүндө чыркырап,
Каалгадай кашка тиш
Болоттой ооздо көрүнүп,
Чаткаягы карандын
Бир өзөндөй көрүнүп,
Колдо болот сыр найза
Ойноп колдо бөлүнүп,
Кайран шердин тукуму
Кан жутар түрү көрүнүп,
Качырганы чок болуп.
Кабылганы жок болуп,
Колго жетип аралап,
Кезиккенин найзалап.
Найза кармап имерип,
Акыректин чуңкурга
Далдап туштап жиберип,
Балта колдо жаркылдап,
Чоюнбаш башта тарсылдап,
Кабылгандан кан чыгып,
Кайсагандан жан чыгып,
Найза өрттөнүп чок болуп,
Кабылган пенде жок болуп,
Каптап келген Сарыбай
Уу ичкендей токтолуп,
Тизгиндин баары кыйылып
Тилеген катын калың кол,
Сарыбайдын алдына
Барган экен жыйылып.

Эл эсинен жаңылып
Калың көп кол чуу туруп,
Сарыбайга жабылып,
Кол алдында көп улук,
Сарыбайга жыйылып,
Калк чуркурап жыйылып,
Казатка барган калың кол
Кайран жандан түңүлүп,
Эң бир кайрат шерлиги,
Кылымдан чыккан эрдиги
Сейтек эрдин билинип,
Эт алган жагы бөлүнүп
Жадаалдуу жаңжал салган жок
Жалпы жандан түңүлүп
Балбандарым, шерлерим,
Арбалтып аттан кулатып,
Утуп айдап баратат.
Сунган найза узарып,
Арстандай көз кызарып,
Тобун бузуп сан колдун
Жутуп айдап баратат,
Бабасы Манас колдо – деп,
Бар ишти Кудай оңдо – деп,
Каар салып бакырып,
Кырып айдап сапырып,
Дүйнө чаңдап чаң болуп,
Баш айланган аң болуп,
Ар кайсысын найзалап,
Кеткен жерин майдалап,
Бастырган жагы чет болуп,
Беттегени өрт болуп,
Кезиккени мерт болуп,
Кулансурун ойнотуп,
Кез келгенин сүйлөтүп,
Жүздөн, кырктан бир жайга
Жыйып кетип баратат,
Жүрөктүүсүн тоңкойтуп,
Кырып кетип баратат.
Керишип такоол кылганын,
Эркексинип короктоп

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Беттеп карап турганын,
Жанындагы жолдошу –
Жабылган отуз жолборсу
Жел тийбеген короосу,
Отуз беш экен жоросу
Эки колун шалдайтып,
Өлтүрбөй көзүн алайтып,
Кыйнап жанын тирүүлөй,
Байлап кетип баратат,
Баш билбеген жаманын
Айза менен бишкектеп
Айдап кетип баратат,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк дөбөдөй көрүнүп,
Кабылан Манас, Семетей
Көк өзөндөй көрүнүп,
Найза алганын жаралап,
Алты сан колду аралап,
Чаркы жетсе найзалап,
Чабууга жакын келгенин
Айбалта менен майдалап,
Бет алганын соройтуп,
Кез келгенин торойтуп,
Маңдайлаша келгенин
Кылыч менен кыйратып,
Артык жакын келгенин
Айбалталап уратып,
Жер жашылдап кан толуп,
Жыргалдуу заман кайран түн
Көрүүгө көп кол зар болуп,
Эл чуркурап чуу коюп,
Жон-жонго качып пааналап,
Эр Күлчоро, эр Сейтек
Жолборстой элди аралап
Айлалуу качып жутунбай,
Ажалдуу качып кутулбай,
Орто жерин эр Сейтек
Оң-тетири ойду эле,
Кыл ортосун Күлчоро
Кызыл буурул ат менен
Кыйланы көргөн кан дулдул,
Найзага балбан даңгыл кул,
Жаш кезекте оңгон кул,
Алышкан жаңжал бузукту,
Он эки жашта көргөн кул,
Камбыл абаң Күлчоро
Сарыбайдын калың кол,
Айдап кетип баратат,
Баатырларын эр Сейтек,
Жайлап кетип баратат.
Калк чуркурап жыйылып,
Канча бүлүк чоң жаңжал,
Катылып өзү кырылып,
Желпиништн жерсинип,
Желмогуз уулу эрсинип,
Ойноп койсо ороктоп,
Опсуз жаңжал салдың – деп,
Өзү тийген ыйлабас,
Кудайыңа баргын – деп.
Сыр найза сунду имерип,
Бүлүктүү бузук жаңжалды,
Тобун чечип жиберип,
Кайран эл бөөдө кысылган,
Желмогуз уулу бузулган,
Баатырдын баары жыйылып,
Балбан, дөөлөр кырылып,
Көз тунарып байланып,
Эрендин жолу байланып,
Жаңжал жайы ушундай,
Атыш кыргын башташып,
Арсландай эки шер
Айда согуш кылганда,
Аманат жандан бул экөө
Такыр кечип ташташып,
Жетик эрен, кайран шер
Ар келгенин найзалап,
Алты миңин майдалап,
Атагы арбын, заары күч,
Эр Сарыбай кайдалап,
Кез болгонун майдалап,

www.bizdin.kg

Керишкенин найзалап,
Ээ, керсейген ити кайдалап,
Эрендин баары күйүнүп,
Эр жанынан түңүлүп,
Баатырдын баары буркурап,
Кыргын болуп кыйла кол
Улугу экен Сарыбай,
Сарыбайдын алдына
Колу кирди чуркурап,
Сарыбайдын колунда
Өзү менен биргелеш,
Малы бирге иргелеш,
Табылган мүлкту жыйгандаш,
Жакындалаш, курбалдаш
Жүгүрүк чечен деген бар.
Ал Жүгүрүк чечендин,
Жүгө чечен кепке уста,
Жаткан кара көмөчтөй,
Айтып турду кызыкты,
Сүйлөп турду бузукту.
Сарыбайым баатырсың,
Салмагың оор, пейлиң бас,
Ачуу азыр, көңүл тар,
Көк жалым сенде өктөм бар.
Баатырдасың, кандырсың,
Баатыр сендей болобу?
Паанасы жок тоо турат,
Муну маана деген оңобу,
Баатыр сендей болобу?
Желпиништин баткалда,
Кечээ жыргап журтуң жатканда,
Ылдам ачтың уйкумду
Жылас кылдың мүлкүмдү,
Эң бир буздуң пейлимди,
Эндиреттиң элимди,
Кечээ Желпиниште жатканда,
Жер жарылып чуу кылып,
Жергеме дүү айдаттың,
Кыйын согуш кылам – деп,
Таласты камап турам – деп,
Жергемдин шорун кайнаттың,
Башта кезде Сарыбай,
Балбан болдуң, шаа болдуң,
Бул кезекте Сарыбай,
Кара жер менен тең болдуң.
Семетейдин эр Сейтек
Бейпай кылды белиңди,
Бет алып кырды шериңди,
Сындырды бүктөп белиңди,
Кулатты темир чебиңди,
Суудай чачты каныңды,
Кыргын кылды баарыңды,
Жай мезгили болгондо
Дарыя ташып суу толкуп,
Шакка булбул конгондо,
Жолдон кулак көп келдиң,
Канкор шердин тукумун
Жоготолук деп келдиң.
Жоготподук, жоголдук,
Балбансынып баркылдап,
Мааниси кантип оңолдук.
Кызырлуу шерге катылып,
Кыйыл мүшкүл жаңжалга,
Аягында чатылдык.
Улукман шерге катылдык,
Уруш баштап чыр салып,
Уятка минтип чатылдык.
Бүгүн тирүү кутулдук,
Керденге жазган мүшкүлдөн,
Өлбөй кантип кутулдук,
Ажалга минтип тутулдук,
Баатырсынып, шерсинип
Бардык журттан эрсинип
Келдик эле жаркылдап,
Кемип өлүп кырылып,
Кетебиз кантип далпылдап,
Тоо түзөлүп, бел калып,
Кол кырылып сен калып,
Дардактап кантип кетебиз,
Өлбөй тирүү жүргөндө

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Не муратка жетебиз?
Эр Күлчоро, эр Сейтек
Ок өтпөгөн тон кийип,
Жел жетпеген ат минип,
Кайраттуунду басыптыр,
Каныңды суудай чачыптыр,
Белгилүүңдү соруптур,
Берениңди, шериңди
Бет алып союп коюптур,
Оңурайып жатканың
Оройлук болот мунуңуз,
Айткан кепке туруңуз,
Артык согуш кылыңыз.
Кармашам деп кан өлдү,
Кагышкандын баары өлдү,
Жер бузулуп термелип,
Жети миң азап, миң өлүм
Башыбызга бир келди,
Жазайыл куру ок келди,
Жан кыюучу топ келди,
Арстан Чоро, эр Сейтек
Бул экөөндөй шок келди,
Казылуу чуңкур ор келди,
Тирүү жанга шор келди,
Элчи келди жооп бер,
Айтканга ушул билип ал,
Ой, Сарыбай, тилимди ал!
Кызырлуу шерге катылып,
Кыяны бойлоп конбойлу,
Кылмышы жок, айып жок
Бөөдө кыргын болбойлу!
Жергебизден айрылып,
Шашып кетип жүрбөйлү,
Жеткилең колдон айрылып,
Качып кетип жүрбөйлү!
Айтканым нуска билип ал,
Ал, Сарыбай, тилимди ал!
Кыжырланып эрсинип,
Кызырлуу шерге катылдык,
Кыялы орой иш кылып,
Ажалга бүгүн чатылдык.
Кара жолтой канкорго
Беттеп адам келбептир,
Бет алып душман жеңбептир,
Жакын бирөө келбептир,
Жанаша душман жеңбептир,
Жер жайнаган кол менен,
Аламан салып кол чечип,
Жамгырча окту жайнаттык,
Эр баш сайын төрт тулпар
Минерине байлатып,
Кызыл буурул ат минип,
Туякты бузуп жол салды,
Күлчоро, Сейтек эки дөө,
Беттеп чыгып кол салды.
Көрөгөч өлдү, кан өлдү,
Көргөндөрдүн баары өлдү,
Асмандан жылдыз иригип,
Күлчоро, Сейтек биригип,
Жалынсам укпай сөзүмдү,
Жапалады өзүмдү,
Олжолоп чечип тонумду,
Обу жок казды орумду,
Башыма салды сонунду,
Тажаалдууга тутулдук,
Өлбөй-житпей ал кетип,
Өпкөдөн кара кан кетип,
Өлгөндө качып кутулдук,
Бел байлаган белимсиң,
Белгилүүсүң, шеримсиң,
Азапка минтип тутулдук,
Өлүмдөн кантип кутулдук?!
Өлө турган кез келди, –
Деп, ошондой деген соң,
Безге сайган эмедей,
Безгек болгон төрөдөй,
Катынын кара баскандай,
Кубарып түбүн өлтүрүп,
Бу дүйнөсүн чачкандай,
Өкүрүгү таш жарып,

www.bizdin.kg

Кыйкырыгы баш жарып,
Өрттөй көзү жайнады,
Беделинен түк чыгып,
Бек бакырып унчугуп,
Кышкы кирген буурача,
Кыялы тентек бир канча
Чартылдады күркүрөп,
Адамзат пенденин,
Азат бою дүркүрөп,
Күңгүрөнүп, күүлөнүп,
Кабарга барган элчиге
Каарын төгүп күркүрөп,
Бу сөзүңдү ким уксун,
Кемеге келген ит уксун,
Бегүүдөгөн куш уксун,
Асты катуу жер уксун,
Төбөсү бүтүн көк уксун,
Толкун дайра суу уксун,
Караңгы кара түн уксун,
Кап-Тоодон келген жин уксун,
Ушундан бөлөк ким уксун!
Желпиниш арзан жер бекен,
Сарыбай оңой эр бекен,
Манастын жаман тукуму,
Эрдиги менден жөн экен.
Адыр-күдүр Таласты
Байкап чалган жол ушул,
Ал бадирек чорону
Алты жол сайган кол ушул!
Күркүрөдү күүлөнүп,
Чартылдаган кутургур
Чагылгандай сүйлөнүп,
Бул айтканың чын болсо,
Калың колдон айрылып,
Копол болгон экенмин,
Мүйүзүм сынып башымдан
Токол болгон экенмин.
Чуңкурумду жерче ойлоп,
Кайран жаным эрге ойлоп,
Оңбой калган экемин,
Ойлосом мүшкүл иш көрүп,
Болбой калган экенмин, –
Деп, ошентип Сарыбай
Чын колунан чочунуп,
Тоокызылын токунуп,
Ок өтпөсүн кийинип,
Оройлук каары билинип,
Сарыбай чыкса чамынып,
Таажы кийип, так минген
Кан-жанынан түңүлүп,
Кара жер оттоп, күн көргөн,
Мал-жанынан түңүлүп,
Курт-кумурска, макулук,
Жан-жанынан түңүлүп,
Заарын жетик ачыптыр,
Ай-ааламды басыптыр,
Анык угуп Сырыбай,
Каарын төктү момундай,
Канчаларын бүктөдү,
Кылтылдабай кара жер,
Калыңынан токтоду,
Бакырып эрен турганда,
Кыйкырып буйрук кылганда,
Башы айланып маң болуп,
Дүнүйө чаңдап чаң болуп,
Каарланып чамынса,
Кыйла дүмөк баштады,
Кыялына кыйла адам,
Кыл түгү калбай жок болуп,
Кырылып кете таштады,
Айткан кепке чочунуп,
Опсуз тулпар Тоокызыл,
Тоокызылды токунуп,
Жазайыл кармап бакырып,
Атка минчү ыктуусун,
Айла тапкан мыктысын,
Муздакты тосчу чатырын
Ар бир эрдин айласын,
Айттырбай келчү баатырын
Өлүм орток жаны бир,

www.bizdin.kg

Өлүп кетсе каны бир,
Тирүүсүндө жер кандаш,
Аман жүрсө курбалдаш,
Аты бирге жоролош,
Тапканы бирге короолош,
Аман жүрсө жыйгандаш,
Тирүү жүрсө курбалдаш,
Бир төшөктө жатышкан,
Бир кызыкка батышкан,
Бирге кийик атышкан,
Кичинеден чоңойгон,
Жаман жүрүп оңолгон,
Жарды жүрүп байыган,
Жетпей жүрүп марыган,
Конушубуз ирегелеш,
Колутубуз биргелеш,
Аман болсо жыйгандаш,
Тирүү болсок курбалдаш,
Сырдашып кел, шерим кел,
Ар капалык, мүшкүл дарт,
Азыр чечер эрим кел,
Сөзүм ушул көрүңөр
Кудай үчүн, мен үчүн,
Куп беттешем салышып,
Калк чуркурап, эр өлүп,
Түгөнүшүп калышып,
Караан болуп бериңер,
Катыларым Күлчоро,
Каар салам Сейтекке,
Кыргын салам кыргызга,
Күч келтирем билекке,
Колума тийсе кордуктап,
Зордук кылам Чүрөккө,
Эрен эркек, кары-жаш,
Сарыбай буйрук кылды – деп,
Капа болбой моокуң бас,
Жети күндүн бири өлсүн,
Куру жүрүп нетейин,
Куп беттешип сайышып,
Булкулдашып калышып,
Түгөнүшүп калайын,
Каалаганым Айчүрөк,
Кастарым тиккен Куялы,
Мелтиреген сулууну,
Бет алып тартып алайын,
Жабылып жаңжал чыр чыкса
Жамгыр сындуу жаа тартып
Мөндүр сындуу ок атып,
Арстан көзү жайнаса,
Кан иччү түрү кармаса,
Чын эсебин табайын,
Чыркыратып кыргызды,
Айдап кетип чабайын,
Кулжуңдаса Күлчоро,
Качаңкы жинин кагайын,
Өкүлдөсө кыргызды,
Өзөндөн суусун бурайын,
Баатырсынса баласын,
Өрт өчкөндөй кылайын,
Ошентип айтып Сарыбай,
Кең дүнүйө тарыдай,
Жалал жайы ушундай,
Каарына чыдабай
Көп калың кол бүт чыкты,
Каары катуу доңуздун,
Беделинен түк чыкты.
Ороодой көзү оюлду,
Оолугуп кетсе чочконун,
Каарына чыдабай,
Кароолдо турган тыңчынын
Бир канчасы союлду.
Беттегени чок болуп,
Бет алганы жок болуп,
Караганы жок болуп,
Качырганы токтолуп,
Сарыбай жайы ушундай,
Ашып-шашып антаңдап,
Арман кылса көз жайнап,
Ачууланса кургурдун,
Калың кол чуулап шор кайнап,

www.bizdin.kg

Чымындай жандан түңүлүп,
Тоокызылын токунуп,
Көңүл кетип бөлүнүп,
Үтүрөйүп каарланса,
Соруучу түрү көрүнүп,
Сарыбай жайы момундай,
Алтымыш балбан, кырк жоокер,
Жай-жайынан кулады,
Тоокызылы үстүнө,
Болот таман үзөңгү
Теппей ыргып чурады,
Калың колдон керт башы,
Жекеге чыкты көрүнүп,
Адамзаада пендени,
Соруучу түрү көрүндү,
Жадаал жини кармады,
Каарына кайрандын,
Эч ким чыдап барбады,
Түрдүү түрү бөлүнүп,
Ай-ааламды кубалап,
Ажыдаардай оп тартып,
Сорор түрү көрүнүп,
Көз бузулуп жайнады,
Тоокызылдын чылбырын,
Олдоп, солдоп кармады,
Каарына жан түтпөй,
Кабагынан жаан кетпей,
Кол чуркурап жыйылып,
Каарына чыдабай,
Караган адам кырылып,
Тирүү жандын баарысы,
Башын ийип бүгүлүп,
Алайып тиктеп койгон жан,
Тим эле жандан түңүлүп.
Найза сайчу ыктуулар,
Айбалта чапчу мыктуулар,
Каардуу душман көрчүлөр,
Кара канга бөлөнүп,
Калкты күтө берчүлөр,
Жаңылбаган чечендер,
Тиктесе жоодон тартпаган
Жыдымак билген мергендер,
Жыргалдуу адам колуна,
Бир жаралып келгендер,
Сунганын кайра тартпаган
Сумсайганын жазбаган,
Чын казанат мергендер,
Сарыбай каарын төккөндө,
Эрдин баары жыйылып,
Акылман адам кырылып,
Колу колго урунуп,
Сарыбай каарын төккөндө,
Акылдан тайып антаңдап,
Шашып жүргөн элде көп.
Самандай өңү саргайып,
Качып жүргөн пенде көп.
Кирерине жер таппай,
Корголорго жер таппай,
Жагынып сүйлөөр кеп таппай,
Пейли бузук, өңү заар,
Капыр кулдун артынан,
Өлбөй калчу чек таппай,
Эл эсинен жаңылып,
Жаңыла турган себеби,
Колдун баарын жемелеп,
Сарыбай турат күркүрөп,
Түгөндү амал катты – деп,
Эки айда бизге жетти – деп,
Ал Сарыбай доңуздун,
Катуулап заары билинип,
Кулак угуп, көз көргөн,
Калк жанынан түңүлүп,
Арман баштап бой-бойлоп,
Адамдын баары ой-ойлоп,
Кызырканса Сарыбай,
Кыйындап түпкө жетер – деп,
Кыйынсынып кол айдап,
Кылча койбой жалгызды,
Кыргын кылып өтөр – деп,
Баатыр деле, шер деле,

www.bizdin.kg

Балбан да эле, эр да эле,
Ай-ааламга Сарыбай,
Көк аскар тоодой болду
Аз гана колдун баарысын,
Айдап жүрүп сорду – деп,
Эси барлар муну ойлоп,
Алапайын табалбай
Түтүнү жок күйүнүп,
Калк жанынан түңүлүп,
Калкы минтип турду эле,
Каарланды Сарыбай
Баатырлыгы момундай,
Балбандардан кеп угуп,
Баатыр Сейтек, эр Чоро,
Колду кырды деп угуп,
Өлүмгө жанын байлады,
Өлбөй тирүү калууга
Жараткан берген мейман жан,
Жадаал кайдан аяды.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Берендиги момундай.
Баданасын чойгулап,
Куйран тонун койгулап,
Эби барга баатырмын,
Эби кеткен душманга,
Каарлуу заман акырмын,
Өзөндөй күйүп калк кырган,
Жаңгак чоктун өзүмүн,
Жана жиним кармаса,
Тажаалдын кара көзүмүн
Балакеттин биримин,
Жан кыйгычтын түбүмүн.
Жадаал кептин өзүмүн,
Кез болгонду кемирген,
Табылганды жалмаган,
Кабылганды кайсаган,
Кара тажаал өзүмүн,
Чарчап адам басалбас,
Кара каңшар бел болом,
Кабылса жанды кайсаган,
Кара тажаал мен болом,
Кубаттуу күчүң барында,
Курган кол кантип беремин
Кутурган экен Күлчоро,
Куп жазасын беремин,
Кабыла калса кан Сейтек,
Кармап канын төгөмүн,
Кабыла калса Семетей,
Кабыргасын сөгөмүн,
Бет алышса Бакайын,
Картайган жинин кагамын,
Кармаш кылса Куялы,
Бир эсебин табамын.
Ушуну айтып күркүрөп,
Адамзат пенденин,
Азат бою дүркүрөп,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Жеткилең жаман тарыды,
Бакырганы баш жарып,
Өкүлдөгөн өлгүрдүн,
Өкүрүгү таш жарып,
Каарына кайрандын,
Карап адам туралбай,
Күүлөнгөндө капырга,
Эч адам чыдап туралбай,
Желмогуз уулу капырдын,
Чын кайраты ушундай,
Мына ошондо Сарыбай,
Кан ичмеси кармады,
Караган пенде таң калып,
Шашпай адам калбады.
Каары мүшкүл күч болуп,
Мына ошондо Сарыбай,
Өрт болуп көзү кызарып,
Айбаттанып чамынып,
Кыргалуу болот найза алып,
Каарданган кутургур,
Үйдөй чокмор болоттон,
Кан төгөр көзү алактап,
Үтүрөйүп саксайып,

www.bizdin.kg

Эң үңкүлдөп чыр баштап,
Сарыбай жана ушундай,
Салышка камбыл неме экен.
Кулак угуп көз көргөн,
Сарыбай жуткур дээр экен.
Бакыр менен алсызга,
Кылчайбай турган түрү бар,
Ай-ааламды түгөтүп,
Азыр сорор жини бар.
Көркү бөлөк, заары күч,
Каарыңды көрсөң өлдүм – деп,
Кайран жандан күдөр үз.
Тулпар аты Тоокызыл,
Тоокызылды токунуп,
Жан-жарагын жайланып,
Жаландап кылыч байланып,
Чамынганда канкордун,
Түрү бөлөк бөлүнүп,
Айдап жүрүп ааламды,
Кыруучудай көрүнүп,
Үксүйгөндөн саксайып,
Үрпөйгөнү басылып,
Тумандаган кызыл өрт,
Туурасынан чачылып,
Каарын төгүп бакырып,
Балбан кулак жапырып,
Шумдук кылып турду эми
Менин атым Сарыбай,
Катуу мүшкүл көрүнсүн,
Кармаштан кан, жин төгүлсүн,
Тирүү жүрбөй өткүлө,
Кылча калбай жалгызың,
Кырылыша кеткиле,
Кыйындарым, эрлерим,
Өзүмө катар шерлерим,
Белге таңган берендер,
Беттешкенди жоготкон,
Алапайым, көзөлүм,
Найзага даңгыл ыктуулар,
Айлага жетик мыктуулар,
Деп, ошентип, Сарыбай,
Кармашты так кылып,
Тоокызыл тулпар ат минип,
Кыл куйругун чарт түйүп,
Каарланып камданып,
Калбай колун айдады,
Алеңгер жоого чуу болуп,
Асман жардам дуу болуп,
Жер титиреп тоо көчүп,
Ач айкырык күтүнүп,
Акыр-такыр чоң жаңжал,
Пенде жандан түңүлүп,
Каары катуу чочконун,
Катуу жини билинип,
Мына ошондо Сарыбай,
Көзү жылга буткулдай,
Мелдешкенди жуткудай,
Бет алганды сойгудай,
Кабылганды кашайтып,
Такыр кырып койгудай
Каарын көрсөң момундай.
Эрен экен, бел экен,
Сарыбай балбан эр экен,
Алышса жанды койбогон,
Тай этине тойбогон,
Кабылганды кайсаган,
Бет алышкан пенденин
Чын эле берет азабын.
Түмөндөтө кол айдап,
Өлгөнүнөн калганын,
Бүткүл толук чогуу айдап,
Кабылган жагы мерт болуп
Беттеп жаңжал салганы,
Кызыл мунар өрт болуп,
Кыйын мүшкүл чоң жаңжал,
Ар пендеде көп арман,
Ал Сарыбай күлүк кул,
Издегени бузук кул,
Байкаганы балаа кул,
Чамынышы, шердиги,

www.bizdin.kg

Ашкан экен ааламдан,
Ал капырдын эрдиги,
Топ ичинен бөлүнүп,
Ала-Тоодой көрүнүп,
Жекеге чыгып жээлигип,
Жер өрттөгөн кутургур
Майданга чыгып ээлигип,
Кабылганды сорчудай,
Касташканын кырчудай,
Бейпайы күчтүү балбандай,
Кабылган жанды он бөлүп,
Кайсап-кайсап салгандай,
Карасаң түрү момундай,
Жеке казат, чоң майдан,
Жекеге чыкты Сарыбай,
Мүшкүлү башка, заары күч,
Капырды көрсөң өлдүм – деп,
Кайран жандан күдөр үз!
Балаалыгы башкача,
Баарыдан дүмөк бул башка,
Майдан кылчу керүүгө,
Жекеге чыкчу жерине,
Жээлигип дүркүрөп,
Аркасынан балбандар
Барабанын койгулап,
Добулбасын чойгулап,
Жер айрылып, чаң кетип,
Адамзаттан ал кетип,
Бет алып сан кол баралбай,
Пенде ажар салалбай,
Пейли бөлөк, заары күч,
Сарыбай чочко момундай
Куйтуланган кутургур,
Узун бөлөк найза алып,
Кылычын кыя байланып,
Жай-жарагын шайланып,
Желаргы жүргөн булуттай
Каары бетине айланып,
Арбагы чоң алп экен,
Акылга тайкы, эси жок,
Ала көөдөн калк экен.
Желпиништин ыктуусу,
Жер түгөткөн мыктуусу,
Каарланган капыры,
Заары күчтүү баатыры,
Майданга чыгып күркүрөп,
Көк жолборстой чамынып,
Көк ала болот салынып,
Айбатынан баатырдын
Адамдын көбү бекинип,
Көркөмү дүмөк иш болуп,
Көз тунарып күч толуп,
Тажаалданып бакырып,
Жекеге чык деп чакырып,
Шай колдогон шериң кел,
Шайланып мыктуу эриң кел,
Жазайыл найза керчүүң кел,
Беттеп келген адамдын
Жазасын колго берчүүң кел
Кайраты ашык шериң кел,
Камбыл балбан эриң кел,
Туу түбүнө турчуң кел,
Кычышкан жерди кандырып,
Турбай найза урчуң кел,
Баатырың кел, шериң кел,
Балбаның кел, эриң кел,
Чапчышып чабыш кылчуң кел,
Кармаганды түгөтүп,
Кабырганы сөкчүң кел.
Азың калып, көбүң кел,
Армансыз болбой эриң кел,
Каарым келди какайдым,
Кааларым найза сунарым,
Кабылганың өлөсүң,
Кара элечек кыламын,
Улугуңду утамын,
Алсызыңды жутамын,
Балбаныңды, эриңди
Кашайта көзүн оёмун,
Калк бүлдүрүп, журт кырган

110*

www.bizdin.kg

Мен Сарыбай боломун.
Каарланып качырсам,
Кылычты кызык майлаймын,
Кылымды койбой чайнаймын.
Кыжырга кечээ бек тийдиң,
Кыл таштабай жайлаймын.
Каарым келди какаям,
Кагышка чыксаң түрлөнөм,
Майданга чыксаң жинденем,
Кабылганды кайсаган
Кара тажаал өзүмүн,
Кез болгонду кемирген
Тажаалдын кара көзүмүн.
Бар шумдуктун түрүмүн,
Жутса канга тойбогон
Кармашса жанды койбогон,
Кара тажаал өзүмүн.
Оңураңдап чыр салып,
Ойноп жүрсө болбойсуң,
Кайратың неге койбойсуң,
Канча колду өлтүрдүң,
Бу жинди неге келтирдиң,
Оодарайын жүгүңдү,
Оолукма жиним кармады,
Таштабайын бириңди,
Карап кылып калкыңды,
Кагыштын жайы ушундай,
Кашайтайын жаныңды,
Түгөтөйүн айлаңды,
Бөлөк жакка бурайын,
Агып жаткан дайраңды,
Аңтарайын белиңди,
Суутайын демиңди,
Баатыр болсоң мендей бол,
Чыгарайын желиңди.
Кан кылайын тууңду,
Бир басайын чууңду,
Ойноп койсом оңбойсуң,
Олоңдоп жиниң койбойсуң,
Эпчилиңди эңейин,
Эрениңди жеңейин,
Эсирген экен куу кыргыз,
Эсебин чогуу берейин.
Кыл таштабай кырайын,
Кыжырга тийдиң балагыр,
Кыйла шериң кырайын, –
Деп, ошентип Сарыбай
Түн жалаңгыч түрдөнүп,
Күркүрөп чочко сүйлөнүп,
Айбат салып бакырып,
Беттешке бери келгин – деп,
Баатырларды чакырып,
Көзү көлдүн ордундай,
Көрүнсө жанды соргудай,
Көркөмүн көрсөң момундай,
Алды-үстүнө карасаң,
Ажыдаар жаткан буткулдай,
Ай-ааламды буй кылып,
Айдап жүрүп жуткудай.
Эңчегер бойлуу, кең далы,
Эпсиз балбан, чоң мүшкүл,
Эрге ылайык кара көк,
Колду кордоп чакырып,
Сүйлөп турду мындай – деп.
Сарыбайга карасаң
Замананы тарытып,
Кайран башты карытып,
Бу дүнүйө чиркинге
Өзү тутка болчудай,
Ай-ааламдын баарысын
Айдап жүрүп сорчудай,
Бошоң жанды талкалап,
Кыялданып кутургур
Кырып жаңжал салчудай,
Он сегиз миң ааламды,
Каяша берер түк калбай,
Тутка болуп калчудай,
Кутургур жайы ушундай,
Ай-ааламды талкалап,
Айдап жүрүп кырчудай.

www.bizdin.kg

Апсайгандан сапсайтып,
Ач камандай саксайтып,
Тозокудай күркүрөп,
Толкунунан тоо урап,
Кыйкырык капыр баштаптыр,
Асты кабат кара жер,
Бузулуп кете таштаптыр.
Каарланып чамынса,
Карагайдай найзасы,
Бакырыкты салганда,
Башка окшойт айласы,
Сарыбай жайы мына бул,
Кыян жүрсө суу өтпөйт,
Жалын жүрсө чок өтпөйт,
Жазайыл атса, ок өтпөйт.
Заман акыр, заары күч,
Айкырганда каары күч,
Өрт каптаган сел болсо
Өзү жеке баргандай,
Өкүмү күчтүү кудурет,
Жан жаратат ар кандай.
Беттеп найза сунган жан
Беделинен беш тоноп,
Бет албай адам кайткандай,
Тилдүү турмак айбанат,
Тиктеген жан шашкыдай,
Беделине капырдын,
Беш миң аскер тургусуз,
Кымбатына капырдын,
Кылым чыдап тургусуз,
Каяша кылып капырга,
Кармашып адам келгисиз,
Жапа салып чыр кылып,
Жакындап адам жеңгисиз,
Бедел сыяк кайратын,
Эр адам чыдап бергисиз,
Ай-аалам журт каптаса,
Арамды киши жеңгисиз,
Улуу кайрат, таш жүрөк,
Улук экен Сарыбай,
Ушинтип салды чоң дүмөк,
Байкаганга не арман,
Баатыр экен Сарыбай,
Ушинтип салды чоң жаңжал,
Алек кылды атагы,
Алек кылып чамынып,
Иттин арбып турду чатагы.
Майданга чыгып бакырса,
Токой кулап, тал кыйрап,
Тоо бузулуп, көз жайнап,
Беттеп адам баралбай,
Бедел качып, көз жайнап,
Сарыбай турду чамынып,
Жай-жарагын салынып,
Кош-Төбөнүн керүүгө.
Калк чуркурап сайышып,
Майдан кылчу жеринде,
Балбансынган, эрсинген
Пейили бошоп бүгүлүп,
Балбандарым, шерлерим
Байкуш жандан түңүлүп,
Ушундай экен Сарыбай,
Урушту мыктап кылды – деп,
Кыймылдаса кутургур,
Кыйлабызды кырды – деп,
Бу Сарыбай капырга
Адам алы жетеби,
Арстан тиши өтөбү,
Жан-жай алып калганга,
Бу чочко качан өлөт – деп,
Калк ээн басып, журт кырган,
Кандай күнү таң атып,
Качан Кудай берет – деп,
Санаа тартып саргарып,
Эл жанынан түңүлдү
Эл бүлдүргөн доңуздун
Тажаалдыгы билинди,
Эң желигип бакырып,
Жекеге чыкчу кана – деп,
Каарланып чакырып,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Астындагы Тоо-Кызыл,
Маңкандата бастырып,
Ойлогонго иш мүшкүл,
Ай-ааламды шаштырып,
Кызыл кыргын чуу салып,
Кызык мунар тоо алып,
Кап-Тоосундай капырың,
Кагышка чыкты белсенип,
Кан Сарыбай капырың
Атыш кылып чабышып,
Алы жетпей шашкан эл,
Аманат жандан түңүлүп,
Алапай таппай качкан эл,
Белдүү бели сынганда,
Беттешкенди кырганда,
Чабышып чама келе албай,
Мындан мурун алты жол
Чалкылдашып жеңе албай,
Карап койгон кайран эл,
Майданга чыкса Сарыбай,
Журт чуу туруп күйүнүп,
Чымын жандан түңүлүп,
Кайрат качып бекчейип,
Канча жан кыргын болор – деп,
Көз тунарып чекчейип,
Керишке чыкса Сарыбай,
Кейип-кепчип журт чуулап,
Жаза тартып эл куурап,
Сарыбайдын заарынан,
Адам алы жетпеген,
Чын Кудайдын каарынан,
Өлөрмандын өзүнөн,
Каары катуу, заары күч,
Тажаалдын кара көзүнөн,
Эл жанынан түңүлүп,
Башта коркок, кайран эл
Сары оорудай саргарып,
Шыбырашып сүйлөшүп,
Уйпаланып кайран эл,
Алапайын табалбай,
Эр Сарыбай капырга
Беттеп бир жан чыга албай,
Ааламдын баары үрөлүп,
Акылдын баары түгөнүп,
Баатырдын баары каралып,
Желмогуз уулу капырга
Кайдан чыккан жаралып,
Жоон моюн боз балдар
Ким жекеге чыгат – деп,
Чабышып кимдер көрөт – деп,
Миң кайраттуу мүшкүлдүн
Эсебин кимдер табат – деп,
Көптү көрүп, журт билген
Бул Сарыбай капырга
Кыраакы беттеп барар – деп,
Шер аталган чоң балбан
Сынаакы жообун берер – деп,
Айгайласаң акжолтой,
Айкырганы миң колдой,
Мурапы барар бекен – деп,
Беттеп барган өлөр – деп,
Берен жандан түңүлүп,
Журт чуркурап көмүлүп,
Кол чуркурап баарысы,
Баатыр Сейтек, Күлчоро
Айла мындан болбосо,
Ажал аңдып жетти – деп,
Амал такыр кетти – деп,
Чабышып чама келеби,
Кармашып адам жеңеби,
Беттеп адам барабы,
Кезиккен тирүү калабы,
Кара тажаал чочкодон
Канткенде келип кутулсам,
Каарланып чамынса,
Дагы мендей кутурар,
Шоруң калың ажалдуу,
Көп адам чыгып жекеге,
Тооруп келип тутулар.
Эл жанынан түңүлүп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Эс эңгиреп бел бошоп,
Айтып салар сөз жетпей,
Кандай мүшкүл, кандай иш,
Канчасына көз жетпей
Калкы кейип турганда,
Элге курман эң бир шер,
Эр таалайы курган эр,
Кара болот тукулу,
Кабарында жок бекен,
Кайран шердин тукуму,
Атагы кымбат, заары күч,
Айкөл эрдин баласы,
Кечээ каяша айткан оюлган,
Кас кылган душман союлган,
Атасынан бабасы
Баабединден бата алган,
Баатыр шер уулу атанган,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Ишин алдаң оңдогон
Кырк чилтен, кызыр Ильяс,
Жолдош болуп колдогон,
Берен тууган эр Сейтек
Пил мүчөлүү бадирек,
Ааламга салган чоң дүмөк,
Баатыр кайрат, таш жүрөк,
Таалайы артык кабылан,
Бул жалганчы дүйнөдөн,
Бир жаралган олуя,
Тулпар аты Кулансур,
Кулансур эмес Куюнсур
Бир жаралып келген сур,
Таятасы перилер
Белек кылып берген сур
Көкүлү суйдаң, жалы бар,
Көркөм экен жаныбар,
Аркасы асыл, зээри пас,
Адырга минсең оорукпас,
Чабыш кылса чарчабайт,
Алышка минсе арыбайт,
Керишке минсе кебелбес,
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез канат,
Ооздугу сүмбөдөй,
Жылт койгону жыландай,
Күлүктүгү куландай,
Кудай Таала жандарды,
Жаратат экен ар кандай,
Көөдөнү чоң, арты ичке
Көрсөң тулпар Кулансур,
Ал Кулансур күлүктө
Булгаары тердик, көк токум,
Аты көпчүк ак быштам
Кулансурда токулуу,
Ашагандан машаган,
Дөөтү менен дос экен,
Кырк калча, уста Бөлөкбай,
Асылындын Ак каңкы
Асемдетип жасаган,
Алдыңкы кашы ак алтын,
Арткы кашы чылк күмүш,
Эки каптал эн темир,
Эңишке минсе эңкейбес,
Алтын таман үзөңгү,
Атадан артык кайран шер,
Теппей минип чурады,
Шер экени билинип,
Атка минип жүгүрүп,
Өрттөй күйүп көз жайнап,
Тегирмендей тил кайрап,
Баатырлыгы, шердиги,
Башкача түрү көрүнүп,
Көрүп турган адамдын
Көңүлү толкуп бөлүнүп,
Кайраттанып бата алып,
Эрдик кармап аттанып,
Ошол өндүү кайран шер,
Короздой болгон кайран эр.
Кандуу кайрат чоң жаңжал,
Кармаш кылып көрүүгө,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Тиктегени Сарыбай,
Каарлуунун, заарлуунун,
Билеги жоон берендин,
Эл дүрбөтүп журт бузган
Кара тажаал берендин,
Чын азабын көрүүгө,
Чын ажал жетсе өлүүгө,
Катуу кайрат баштаптыр,
Бала арслан кайран шер,
Кайран жанды эр Сейтек
Кылга байлап таштады.
Камбылсынган, шерсинген
Каарлууга барууга,
Кан төгүшүп, жан кыйып
Карсылдашып калууга,
Чын ажал жетсе өлгөнү,
Баатырсынган, шерсинген,
Балбансынган, эрсинген,
Сарыбай уулу капырдын,
Бир эсебин берүүгө,
Жаңжал баштап топ бузуп,
Жазайыл тийсе окко учуп,
Опот болуп элүүгө,
Корлуктууну, зарлууну,
Койгулашып салышып,
Койбой канын төгүүгө,
Чапчышып жаңжал салууга,
Эркин жаткан кайран эл
Ээликкен жаңжал мүшкүлдөн
Ажыратып алууда,
Бала арслан жолборстун
Шер экени билинип,
Ок өтпөс тонду кийинип,
Кабак кагып, каш серпип,
Кайран жолборс кенебей,
Желмогуз уулу чочкону
Бучкагына теңебей,
Кылча санап кылт этпей,
Кооптонуп былк этпей,
Кутпа жакты бет алып,
Бабадан калган сыр найза
Душманды көздөй көтөрүп,
Зулпукор белге чалынып,
Баштагы өткөн бабасын,
Арбагына жалынып,
Аттанып көкжал чыкканда
Арбак конуп залкайып,
Ал аскар тоодой заңкайып,
Көк аскардай көрүнүп,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Айбаттуу болот салышып,
Алыш жакка камынып,
А дүйнө кеткен айкөлдүн
Арбагына жалынып,
Өкүм шердин тукуму
Өөдө-ылдый деп карабай,
Өлүм-ажал балааны
Кыл ордуна санабай,
Тиктесе көңүл бөлүнүп,
Алты дайра бурулса,
Жар жериндей көрүнүп,
Алты өзөндүн куюлуш,
Тоо белиндей көрүнүп,
Каарланса кайран шер
Ай-ааламды бүткүдөй,
Төшү түктүү калың жер,
Төрөнүн уулу чунакка
Калыңынан түткүдөй,
Кең көкүрөк, жайык төш,
Келберсинген курган эр,
Ары балбан, ары шер
Алышка чыккан ошол жол,
Кыйноо көргөн зарлардай,
Майданга чыккан балбандай,
Алла Таала кудурет
Жан жараткан ар кандай,
Бала аттанып турганда
Эстесе көңүл бөлүнүп,
Аккуласын арбайтып,
Эми балам качыр – деп,

www.bizdin.kg

Эр кайратың кана – деп,
Кезенишкен доңуздун
Жүрөгүнүн башына
Болоттуу найза мада – деп,
Кайрат жайың ушул деп,
Аккуласын миниптир,
Баатыр Манас көкжал шер
Жолдош болуп жүрүптүр.
Канкор шердин эр Сейтек,
Телегейи тең Сейтек,
Теңиздин өзү кара көк,
Кармаш көздөй аттанып,
Калың элден бата алып,
А кудурет Жараткан,
Каралды кылган жаш бала,
Кагышка кетип баратат,
Белек кылган эр жалгыз,
Чабышка кетип баратат,
Жамандыкты жазаны
Көргөнү кетип баратат.
Жараткан өзүң колдо – деп,
Жараткан артык оңдо – деп,
Эл көргөндө баланын
Ишин Кудай оңдо – деп,
Бала аттанса душманга
Калк чуркурап, эл ыйлап,
Каргадай болгон баланы
Сактай көргүн деп ыйлап,
Соо адырмак кең Чаткал,
Санабай ашчу тоо эмес,
Саат баскан Сарыбай
Эр ишенер жоо эмес,
Берендиги белгилүү,
Беттеп бала баратат,
Катуу мүшкүл чоң жаңжал
Жерге кетип баратат.
Кайраты бөлөк, каары күч,
Эренге кетип баратат,
Каргадай бала чыкканда,
Калк чуркурап, эл ыйлап,
Капа болуп жан кыйнап,
Көңүл сандап бөлүнүп,
Көрсөң баатыр эр Сейтек,
Ааламдан ашып бөлүнүп,
Ааламдан ашып таптанып,
Арстандай аттанып,
Кара жаак булдурсун
Кармай калып имерип,
Каң дегизе Кунансур,
Борбуга тартып жиберип,
Кулансур мойнун бурду эле.
Уңгусу болот, учу курч,
Көмөкөлүү сыр найза
Жекеге чыккан Сарыбай,
Көктү көздөй сунду эми,
Жоону беттеп бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Жоону беттеп качырса,
Жоболоңдуу чунактын
Жолборс түрү көрүнүп,
Сарыбай беттеп калганда
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Беттеп берен салганда,
Бир карасаң бир киши,
Бир карасаң миң киши,
Бир карасаң көй кашка,
Айбаты бар бөлүнүп,
Бир карасаң кыраандан
Кара көк жал кабылан,
Кан Манастын арбагы
Аркасында көрүнүп,
Жолдош болуп алыптыр,
Кырк чилтен, кызыр Ильяс
Жолдош болуп калыптыр,
Кыдырлуу бакта отуруп,
Кыркалата качырып,
Ал Сарыбай капырга
Качырып найза салыптыр,
Беттеп Сейтек барганда
Айбаты кабат капырың,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Эр Сарыбай баатырың,
Эл бүлдүргөн каманың,
Башта канды көп ичип,
Көндүм болгон арамың
Кыйла жылы жоологон,
Кылымдын баарын ээлеген,
Кез болгонду кемирип,
Канды төгүп катыккан,
Канкор болуп атыккан,
Сейтек найза сунганда,
Салыш кылчу майданга
Жакын барып калганда,
Караан кылган баласы
Кагышка чыкты карачы,
Кара саат баланын
Эми эсебин табармын,
Эзелки жинин кагайын.
Кемелине келтирбей,
Келер күнүн кондурбай,
Тындым кылып салайын.
Балбансынган баланын
Бар кайратын көрөйүн,
Байкап канын төгөйүн,
Өкүмдүк жинин тыяйын,
Өрт өчкөндөй кылайын,
Жадаал салып жалманып,
Катылганды кайсайын,
Тушума койбой жоготуп,
Жуп этектен алайын,
Баатырсынып, шерсинип,
Балбансынып бачагар,
Чындык кылып салайын,
Катуу кайрат, ашкан жин
Бул балага салайын,
Ооруктуусун утайын,
Кабылганын кайсайын,
Кез болгонуң эңейин,
Кабылганын жеңейин,
Балбандарын утпасам,
Бастырганын жутпасам,
Сарыбай эрен болгуча
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү болбой өлөйүн,
Каршылашып турушуп,
Каарланып Сарыбай,
Айкырып найза сунду эле,
Жоо бөрүсү балага
Болот уңгу, сыр найза,
Боорго өлчөп урду эле.
Найзакерден даңгыл кул,
Айлакерден камбыл кул,
Эчен жерден эр көргөн,
Эчен балаа тең көргөн,
Найза сунчу ыктуу ит,
Аалам каптап жеңбеген,
Айла сайчу мыкты эле,
Сарыбай найза сайганда,
Күчүн жыйнап турду эле,
Эрен көк жал Сейтекке,
Күркүрөп найза урганда,
Канына найза жүрөрдө,
Өлчөөсүн көздөй тиерде,
Кайып тулпар Кулансур,
Коён сындуу кылт коюп,
Куланча чуркап булт коюп,
Жебелүү күлүк союлгур
Жетип найза салдырбай,
Желгенине жел жетпей,
Жел кайыптай жарыктык,
Басканына мал жетпей,
Жаадай учуп дыркырап,
Булуттай учуп буркурап,
Таш аралаш чоң даңкан,
Төбөсүндө чыркырап,
Жаа аткандай желигип,
Оозу жумшак, эң элпек,
Бурулганда булт коюп,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Андай-мындай дегиче,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Тоокызыл оозун бургуча,
Оңолуп найза сунгуча,
Шай колдогон эр Сейтек
Бура тартып калды эми.
Алды-кийин айткыча,
Тоокызыл оозун жыйгыча,
Бура тартып бакырып,
Ураан айтып чакырып,
Сейтекке найза сунгуча,
Кабылан шердин тукуму
Кара көкжал камбыл шер,
Кайраты ашкан курган эр
Казатка чыккан ошол жер,
Чоңдугу тоодой арамга,
Айласы тегиз баатырга,
Кар шайтандуу капырга,
Карасы толук эренге,
Баатырсынган, шерсинген
Ай-ааламга эрсинген,
Шамдагайы болжолсуз,
Кулансур мойнун бурду эле,
Бабадан калган найзаны,
Баатыр султан сунду эле,
Баатырлыгы ушундай,
Бабасы балбан артык шер,
Алыш кылган ошол жер.
Желмогуз уулу баатырдын,
Жер майлаган капырдын,
Кемеринин бети – деп,
Оң далынын чети – деп,
Ылдыйласа сыр найза
Кабырганын кашы – деп,
Бул жүрөктүн башы – деп,
Өпкө, жүрөк, колкосу
Жаза тийсе сыр найза
Жүрөгүнүн толтосу
Өлчөлүүнүн өзү – деп,
Өткөрө Кудай кааласа
Өлүп кетер кези – деп,
Өлчөп жерин турду эми
Өкүм атам колдо – деп,
Кылтайганды кыйшыкта
Каалап өзүң оңдо – деп,
Камбылдыгы момундай
Каар найза сунду эле
Чымырканып чыңданып,
Каарланып тыңданып,
Кайрат берчү эки кол
Кайран күчү жыйналып
Эрини кесе чайналып,
Бели кетип бекчейип,
Кабырга сөөк каксырап,
Арстан көзү чачырап,
Карчыгадай чамынып,
Кайран шердин өзүнө,
Кайыптан акыл табылып.
Оозундагы илеби,
Октос берип шыркырап,
Маңдайында кашка тиш,
Таруудайдан быркырап.
Камбыл арстан качынып,
Кайра эрдин өзүнө,
Кайыптан акыл табылып,
Айза кармап камынып,
А Кудай деп жалынып,
Шамдагайы болжолсуз
Шака-шука шарт муштап,
Опол-тоодой чочкону
Шап дегизе бек муштап,
Өлчөө каран туштаса,
Өлчөөлүү жерге муштаса,
Бөлөкөң кылган сыр найза,
Найза жааты ушундай
Жаш кайыңдан жулдурган,
Балбандарга бурдурган,
Чеберлерге баптаткан,
Бил терисин каптаткан,
Бөлөкбайга саптаткан.
Болоттоп учун чыгарткан,
Тийгенинин баарысы

111*

www.bizdin.kg

Кобулдап кетип өлсүн – деп,
Кайра тартпай чын жайын
Кабылган киши көрсүн – деп,
Адамдын көз жашы менен
сугарткан.
Бооруна караандын
Кара кылдан каптаган,
Жоого ылайык сыр найза
Урушканы Сарыбай,
Жаңжал жайы момундай.
Өлчөөлүү жерин туштаса,
Өлүүчү жерге муштаса,
Зың-зың этип кенебей,
Акыры өлүп калаарда,
Бучкагына теңебей,
Кыйшаң уруп кылт этпей,
Кыйын балбан каары күч,
Түк кылайып былк этпей,
Каарланып кенебей,
Эрдик менен чоңдукту,
Эгем Таалам доңузга
Берген экен ченебей,
Кабак кагып кылт этпей,
Сарыбай турду былк этпей,
Сарыбайды сайганда
Эзелтен болот сыр найза,
Атадан калган асыл мүлк
Ортосунан быркырап,
Эр Сарыбай көк жалдын
Балбандыгы билинип,
Баатырларга көрүнүп.
Кабылган тоону быркырап,
Жолум үйдөй ак буудан,
Талаада учуп дыркырап,
Найза кайрап айла жок,
Атаңдын көрү дүйнө бок,
Мындан айла болгон жок,
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен
Кабылган жерден кан кеткен,
Кайсаганда жан кеткен,
Шилтешинен жан чыккан,
Мурунку көк жал Манастан
Мурага калган зулпукор,
Кармай калып сабынан
Сууруп алып кабынан
Ур дегизбей жетти эле,
Муну менен кайран шер
Жана тартып өттү эле.
Тартканын кылча көргөн жок,
Ажал, өлүм балаадан,
Акыры чочко көргөн жок,
Айбаттанып акырып,
Ачууланып бакырып,
Чагылгандай чартылдап,
Ажыдаардай күркүрөп,
Карап турган пенденин
Азат бою дүркүрөп,
Балбандык түрү көрүнүп
Көк ала кылыч салынып,
Көк жолборстой чамынып,
Каарын төгүп тиш кайрап,
Качырган кол байланып,
Айбатынан кан түтпөй
Ачууланса шор кайнап,
Желмогуз уулу кутургур,
Жолум үйдөй чоюн баш
Жоругун көрсөң оолак кач,
Кабылганды кайсаган,
Кез болгонду кемирген,
Тиктегенин жок кылган,
Милтелүүнү чок кылган,
Саадагын окко толтурган,
Салышканды жок кылган,
Камбыл да ошол, шер да ошол
Кайраты бар эр да ошол,
Эр Сейтекке бет алып,
Айбалтасын, кылычын
Ардай-ардай көтөрүп,
Кара көзүн кан чалып,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Араандай оозу ачылып,
Оозунан чыккан өрт,
Асман көздөй чачылып,
Эт быркырап, көз жайнап,
Түсү качып кол байлап,
Ачууланып бөлүнүп,
Айбаты кыйын, заары күч
Ажыдаар түрү көрүнүп,
Ээликкенден чамынып,
Эр Сейтекке камынып,
Карагай найза көтөрүп,
Каршы тартып бет алып,
Алайып көзү ачылып,
Эки ууртунан кара заар
Кулагын көздөй чачылып,
Бетинен бедел түк чыгып,
Чокморунан чок чыгып,
Эки көздөн от чыгып,
Жүрөгүнөн чаң чыгып,
Каарды катуу баштаптыр,
Эл чуркурап, чуу түшүп,
Эси кетип кыйла жан
Бузулуп кете таштаптыр.
Ай караңгы, түн тутам
Түн эмине болор – деп,
Айбаттуу шердин тукуму
Аңдаса дүмөк күн мындай,
Күн эмне болот – деп,
Чапчышканы Сарыбай
Санаасы бузук, пейли тар
Каарлуу шерге катылды,
Балаага баатыр чатылды,
Башка эренге катылды,
А дүйнө кеткен арстан,
Көкжал көзүң сала көр,
Көлөкө кылган баланды,
Артындагы карааны,
Жагоологон шумкарды,
Упчулаган тулпарды,
Белекке калган чунакты,
Белестен күйгөн чыракты,
Көкжал Манас арбагы,
Өзүң колдоп ала көр!
Каарлуунун бул жолун
Баатыр шер байлап сала көр!
Ал Сарыбай капырдын
Чырмап жолун торгой көр,
Чын Алмамбет, эр Чубак,
Каралды Сейтек баланы,
Каза, ажал балаадан,
Ал Сейтекти колдой көр!
Эрендин баары жабылып,
Эл чуркурап чуулашып,
Жараткан, арбак, Кудайга
Чыны менен жалынып,
Колдоп жүргөн кожо сан,
Колдомолоп ала көр,
Кырк чилтен, кызыр Ильястар
Баланы тосуп кала көр!
Ажалдын болот огунан,
Душмандын темир торунан,
Каарлуунун колунан,
Казылган чуңкур орунан,
Кайнатылган шорунан,
Тозоктун өрттүү чогунан,
Ырайымсыз өңү суук
Чын душмандын колунан
Баланы Кудай сакта – деп,
Калк чуркурап чубуруп,
Жер жарылган дуу болуп
Эстен кетип кайран журт
Чачылып көңүл бөлүнүп,
Чамасы башка заары күч
Сарыбай жаман көрүнүп,
Байкап турган калың журт
Акыл айран бөлүнүп,
Журт чуркурап күйүнүп,
Бала эмне болот – деп,
Карап турган калайык
Чымындай жандан түңүлүп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Баабединин бат айтып,
Абайлаган адамга
Ай туякка ат айтып,
Ар тилекти бат айтып,
Каруусу бөлөк, каары күч,
Капырды Кудай астын кыл,
Каргадай болгон каралды
Баланы Кудай үстүм кыл!
Эш кармаган эр Сейтек,
Элдин ээси шер эле,
Журт мурасы бек эле.
Астыга салсаң акжолтой,
Айдап жүрсө сан колдой,
Белеске чыкса кыраакы,
Белге таңуу мураапы,
Тирүү турса бул бала
Карлуу кара зоо эле,
Каралды кылган эл эле.
Эл эндиреп сабылып,
Каргадай болгон көкжалдын
Караанына жалынып,
Беттешкен бала берендин
Салышканы Сарыбай,
Кармашканы ушундай.
Калк тиленип сабылып,
Каарын төгүп Сарыбай
Эр Сейтекке камынып,
Алдындагы Тоокызыл,
Булуттай учкан зоо кызыл
Ары күлүк, ары тынч
Булкуп чылбыр чубаган,
Бугудай көзү кызарган,
Аркардай арыш узарган,
Ташка салса тайбаган,
Кумдак жайдан тартпаган,
Чагылып чарчап калбаган,
Тотудай куйрук чубаган,
Толгон алп дөө жайылып,
Тоокызылды сураган.
Сураганда бербеген,
Суук боор бирөө минбеген.
Сууруп чылбыр бураган
Суу-жар көрсө чураган.
Айгай укса шашпаган,
Аттап туяк шилтесе
Бир изин кайта баспаган.
Чу учканда бөлүнгөн,
Чуркаганда кара жер
Кат-катынан бөлүнгөн,
Каражолтой Тоокызыл
Кайыптык түрү көрүнгөн,
Ташка салса тайбаган,
Кууса кулан кармаган,
Куп чуркаштан талбаган,
Тайып калбай бийиктен,
Такыр жери кемибес,
Тоодогу кулан-кийиктен,
Жолу каткан Тоокызыл,
Кулан кууса кутулбайт,
Кубарыштуу тайкы жал
Жайнап булак көл келсе,
Жанакы жанга зор келсе,
Аламын деп алп келсе,
Көкүлүн көккө чыгарып,
Туягын жерге мылгытып,
Төрт туягын кадаган,
Беттеген пенде жадаган.
Ал кутурган Сарыбай
Сейтек найза салганда,
Ачууланып ардыгып,
Айбаттанып тардыгып,
Жер майланып желпинип,
Калган экен кутургур
Тоо куйкалап ээлигип,
Жадаалды жаман баштаптыр,
Ойду-тоону опуруп,
Каарынан кан күйүп,
Кабарынан жан чыгып,
Эки көздөн кан чыгып,
Туталанып кутуруп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кара саат чочконун
Канкорлугу билинип,
Тоокызыл оозун буруптур,
Тозогу чыгып көзүнөн,
Эр Сарыбай баатырды
Ушинтип Кудай уруптур.
Каарланып чамынып,
Кара болот ар кескен
Кылычын кыя салынып,
Кызырканып жан кайнап,
Бөрү сындуу көз жайнап,
Тулпар оозун буруптур,
Туталанган кутургур
Турбай казат кылды эле.
Беттегени эр Сейтек
Күңгүрөнүп, күүлөнүп,
Күчөнгөндөн түрлөнүп,
Айкырганы баш жарып,
Кар өрттөнүп таш жарып,
Мен Сарыбай болгону,
Ботом, Сарыбай атка конгону,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр атанып шер болуп,
Арбайып атка мингени,
Жааннам кесип жоо жоолап
Сарыбай болуп жүргөнү,
Кылыч кармап, найза алып,
Кыйкырып жоого киргени,
Кыйла жерди сүргөнү,
Болорума келгенде
Болотту сууруп кандадым,
Ай-ааламды буй кылып,
Кагышканды жайладым.
Жаралган жердин үстүндө
Мен ашпаган бел калбай,
Мен баспаган жер калбай,
Кезенсем чөлгө конгомун,
Мен Сарыбай болгону,
Көк арстандай чамынып,
Көк болоттой толгонуп,
Кайгыланып каш кагып,
Кара көңүл болбодум.
Найзасы мыкты, заары күч,
Акыры Сейтек баланы
Жер үстүнөн көрбөдүм.
Каражолтой баланын,
Айкырып найза менен урганы,
Кайрат кылып турганы
Сай-сөөгүмдү сыздатты.
Мен Сарыбай болгону,
Эрешен тартып эр болуп,
Эпсиз болуп чоңоюп
Эчендер менен катылдым,
Эчен ишке чатылып,
Найза, мылтык көп көрүп,
Каза жетип өлбөдүм.
Катуу кармаш, чоң жаңжал,
Мындай балаа көрбөдүм,
Бастырып найза салбасам,
Капкайда кекти албасам,
Баатырсынган, шерсинген
Бул бадирек баланы
Тындым кылып салбасам,
Койдой башын кеспесем,
Коондой ичин жарбасам,
Капкайда кекти албасам,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн.
Камбылсыган бала окшойт,
Кайраты артык жан окшойт,
Эрендиги, шердиги
Эпсиз экен эрдиги.
Каражолтой баланын,
Эр Сарыбай атагым
Кабырга сөөгүн сөгөйүн,
Көөкөрлөп канын төгөйүн,
Калтырбай айлын кырайын,
Кырып, союп тынайын.
Тирүүлөй канын төгөйүн,
Кутурган окшойт куу бала

www.bizdin.kg

Кулжуңдашып көрөйүн,
Чалышып чапчып салайын,
Капкайдагы калың кек
Бу баладан алайын.
Ата, каяша берген баланын
Калтырбай калкын соёюн,
Канына мыктап тоёюн,
Чындап жаңжал салбасам,
Чыгына колум малбасам,
Айылын бүтүн кырбасам,
Ат-тонун олжо кылбасам,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Сураса бербес Кулансур
Суук укурук салайын,
Жалынса бербес Кулансур
Жайдак коштоп алайын.
Кызыталак баланын
Өкүмдүк жинин бурбасам,
Капкайда жинин тыйбасам,
Кырчын жанын кыйбасам,
Айбаттанып найза уруп,
Айкырык тартып кол салып,
Мыктап найза баатырды,
Кемелиңе келбегир,
Келерки күздү көрбөгүр
Найзасын канга чыктады,
Аябай сайып өзүмдү
Аңтарып кете таштады!
Чындап жаным чыркырап,
Муштаган жери быркырап,
Абайлабай, теңсинбей
Өлүп кала жаздадым,
Барса-келбес чын жайды,
Бу кара саат баладан
Көрүп кала жаздадым.
Кыр жагымдан чалдырдым,
Абайлабай сайдырып,
Алдан кетип алсырап,
Эстен тайып калжырап,
Адам көргүс мүшкүлдү
Көрүп ала жаздадым.
Жан жайым мындай – деп,
Камандай тишин кайрады,
Кайрат кылып ой-ойлоп,
Эрди кепсиз кармады.
Кагыш кылбай калбады,
Сарыбай жайын сураса,
Жол жүрүп чуңкур тоо көргөн,
Жортуп жүрүп жоо көргөн,
Найзага балбан, заары күч,
Айбаты мүшкүл асты түз,
Адамда болбойт мындай иш,
Жоо жагына ыктуу кул,
Жолукканды буй кылган
Кезиккенди кемирген,
Кабылганды кайсаган,
Өңү бөлөк, ичи тар,
Айбаты калың, жүзү заар,
Айкырынып кагынып,
Ач болотун салынып,
Балага беттеп камынып,
Бет келгенде бакырып,
Айгайлап ураан чакырып,
Атасы өткөн Желмогуз
Дөөсүн айтып чакырып,
Жер алдында Желмогуз
Ээсин айтып чакырып,
Туюкту бузуп жол салып,
Турбай чочко кол салып,
Тоокызыл оозун бурду эми,
Токтобостон тозокту
Томукка таамай урду эми,
Бу макил болот найзасын
Күркүрөтө сунду эми,
Каарланып камынып,
Айбаттанып айкырып,
Капкайда жинин чакырып,
Төбө чачы үрпөйүп,
Сан-сакалы биринде,
Сааты кармап Сарыбай

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Каарланып камынып,
Карт бөрүдөй чамынып,
Каймана акыл табылып,
Кайраты ашкан эр болуп,
Сарыбай жайын сураса
Ачылган күндөй бүркөлүп,
Ачуу жыйнап күркүрөп,
Караган адам таң калып,
Азат бою дүркүрөп,
Астындагы Тоокызыл
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Каарын төгүп бакырып,
Ачууланып чамынса
Асман көктү сапырып,
Ачуусун артык камдады,
Найза сунуп шайлады,
Айбатына караса
Ай-ааламды жуткудай,
Кез болушкан адамды
Алыша кетсе уткудай,
Көрсөң ушул Сарыбай
Каарланып качырса,
Кең дүнүйө тарыды,
Кайраты ашып билинди,
Карап турган кыйла жан
Капырдын түрү жаман – деп,
Кайран жандан түңүлдү,
Желмогуздун капыры
Эр Сарыбай баатыры
Тулпар оозун бурду эми,
Турбай найза сунду эле,
Жаадай учуп Тоокызыл,
Эр Сейтектин Кулансур
Кулансурга жетээрде
Сейтек найза көтөрдү.
Барып найза сайганда
Катуу каарды баштады,
Кулансурдан эр Сейтек
Кулап кете таштады,

Балалыгы билинип,
Малмага салган ак тизгин
Курган тулпар Кулансур
Чаткаягы илинип,
Үстүндөгү эр Сейтек
Чымындай жандан түңүлүп,
Сайып турган найзасы,
Сарыбайдын айласы,
Куп дардайган кутургур
Балбандыгы билинип,
Муштап турган найзасы
Түпкүч болуп ийилип,
Жадаалы жаман доңуздун
Жан койбос түрү билинип.
Ошо кезде эр Сейтек
Боконо сөөгү боло элек,
Жашы жыйырмага толо элек,
Аракка тойгон жаш кези
Аңгил-деңгил мас кези.
Аламанга кире элек,
Алышкан жоонун айласын
Андан мурун биле элек.
Балапан жүндөр кете элек
Баатырлык чакка жете элек,
Айкырыгы таш жарып,
Антип турган балага
Казат кылды Сарыбай
Караса мүшкүл момундай,
Өкүлдөгөн камбыл ит
Чиймек болду сызыкты,
Кылмак болду кызыкты,
Ырбатты чырлуу жараны,
Баштамак болду балааны,
Жармак болду жүрөктү,
Чындап салды дүмөктү.
Бала экени билинип,
Ат бутуна чоң чылбыр
Калган экен илинип,
Журт жанынан түңүлүп,
Желмогуз уулу капырдын

www.bizdin.kg

Заман акыр чыр салып,
Сайган жерин уратып,
Түртө сайып кулатып,
Түбүнө чогуу жетсем – деп,
Эрте айтканы кеч болуп,
Артык жайлап өтүүгө,
Түпкө чогуу жетүүгө,
Эки көзү төрт болуп,
Сайып турган найзасын,
Кайран шердин тукуму
Найзанын кылып айласын,
Манастан калган зулпукор,
Султан атам колдо – деп,
Сууруп кындан алды эле,
Кындан алса зулпукор,
Мизи өрттөнүп кызарган,
Кыянат жоого шилтесе,
Кырк кулач болуп узарган,
Болоттугу көрүнгөн,
Кез болгон эки бөлүнгөн,
Пайдасы жоодо көрүнгөн,
Кыя тартып шилтесе,
Кабылган каны төгүлгөн,
Шилтесе душман кабылган,
Асмандан түшүп табылган.
Каарланып колго алса,
Кан төкпөй куру жүрбөгөн,
Каршысынан качырса,
Качып душман дүрбөгөн.
Канга мыктап тойбосо,
Кан ичпей куру жүрбөгөн.
Баатырдын уулу эр Сейтек
Чымындай жандан түңүлүп,
Чын зулпукор алды эле,
Чын атам Манас колдо – деп,
Орто белге найзасын
Салып уруп калды эле,
Найза кетти бөлүнүп,
Бала жолборс, арстандын,
Шер экени көрүнүп,

Ал Сарыбай капырдын
Абийири күлдөй төгүлүп,
Сарыбай турду кайгырып,
Найзасынан айрылып,
Маңдайлаша кетишти,
Кыйкырыгы таш жарып,
Кыйнап жанды ташташып,
Маңдайлашып турушту,
Кылычташып кыйкырып,
Маңдайлашып урушту.
Балбандыгы артышып,
Маңдайлашып жатышып,
Айгайлаган чоң жаңжал,
Ал Сарыбай батышып,
Жер жарылып дуу болуп,
Айгай арбын чуу болуп,
Аңгемеси бу болуп,
Ал Сарыбай капырдын,
Артык жини кайнады,
Күчүн жыйнап күркүрөп,
Кайратынан капырдын,
Жер бузулуп дүркүрөп,
Түрү бөлөк бөлүнүп,
Түгөтөр сыны көрүнүп,
Түгөнгүр каарын салганда,
Тоо бузулуп солкулдап,
Токтобой жүрөк болкулдап,
Каарынан кан күйүп,
Кайратынан кан күйүп,
Кайратынан жан чыгып,
Чалгыртынан жан чыгып
Каарыңдын заарынан
Казатынын каарынан,
Кол чуркурап жабылып,
Токтобой жүрөк жарылып,
Эрендин баары кайгырып,
Кол эсинен жаңылып,
Козголоң жини кармады,
Балага алым жетпейт – деп,
Басып, жанчып кетпей – деп,

www.bizdin.kg

Жай келсе ысык чилдедей,
Дансыз болгон экенмин,
Дарман качып, ал кетип,
Алсыз болгон экенмин,
Баатырсынат көөдөнүм,
Оңбой калган экенмин,
Бар кайратым жоголуп,
Болбой калган экенмин.
Акыл качып шашкан бейм,
Ажал өлүм топурак,
Быйыл мени баскан бейм,
Чама чарчап, ал кетип
Колду Кудай урган бейм,
Самсаалап такыр бөлүнүп,
Тонду Кудай урган бейм,
Бирөө келип урушпай,
Колду Кудай урган бейм.
Ай караңгы түн болуп,
Ажал чукул күн болуп,
Мени Кудай урган бейм.
Боорткодо кызыл эт,
Боло элек жаштуу балага
Кармаш кылсам ал жетпей,
Мени Кудай урган – деп,
Баласы келсе минтемин,
Баатыр Чоро артык шер,
Балбаны келсе кантемин!
Намыстанып айкырып,
Айгайлап колун чакырып,
Күчүн жыйнап күүлөнүп,
Миңдей, сандай түрлөнүп
Кайраттанып зүкүлдөп,
Катуу аккан суудай күрпүлдөп,
Бекем жини кармады,
Беренди Кудай алганы,
Тоокызыл оозун бурду эле,
Толкуп жайнап күркүрөп,
Толуктап күчтү жыйды эле,
Беделинен түк чыгып,
Бет алган жактан күч чыгып,
Каарын төгүп бакырып,
Кан атасы Желмогуз
Зор арбагын чакырып,
Козголгондо чаң чыгып,
Кобурунан жан чыгып,
Койбой жини бек кайнап,
Сейтек турмак кутургур,
Ачуусуна жолукса
Ай-ааламды кыскыдай,
Каарына катылса,
Ай-ааламдын баарысын
Чабактай чайнап жуткудай,
Кан кайраты ушундай,
Каарын төктү Сарыбай.
Жолум үйдөй чоюн баш
Чоюн баш алып белендеп,
Чогуу эсепти тапчудай,
Чоюн баш менен чапчудай,
Кош колдоп кармап имерип,
Эки көздөн чок чыгып,
Эки колдон от күйүп,
Каарланып сабылып,
Камбыл чочко камынып,
Беттеп кармап имерип,
Бет алып салып жиберип,
Чоюн баш келип жетээрде
Жолукканын даң кылып,
Өлүм кылып кетээрде,
Кабылганын жок кылып,
Казыр түпкө жетээрде,
Астындагы Кулансур,
Кадиктүү күлүк кыйын сур
Чочмор урса кылт коюп,
Жаадай чуркап булт коюп,
Ополоңдуу капырга,
Ордун сала берди эле,
Мына ошондо Сарыбай
Тилегине жете албай,
Чын эсебин таба албай,
Берен шерди чаба албай,

www.bizdin.kg

Айбаттанып бакырып,
Астындагы калың кол
Каптап кет деп чакырып,
Өкүмсүнгөн балбандар,
Каардуу каптап кеткиле,
Берки кулдун түбүнө,
Кармаш менен жеткиле!
Чындагыла бакырып,
Каптагыла сапырып,
Таш-талканын чыгарып,
Талпагын ташка жайгыла,
Тамашаны салгыла!
Берендерин сойгула,
Күчөнгүлө бакырып,
Күлүн көккө сапырып,
Өкүм берип кыргыла,
Өз билген чырды кылгыла!
Каптатып колун чамдады,
Бу кабарды уккан соң,
Кагышпай балбан турабы!
Буйрук уккан балбандар,
Буулугуп калган адамдар,
Жазбай аткан мергендер,
Жаңылбай сойчу көзөлдөр,
Жаа тартуучу ыктуулар,
Эң күжүрмөн балбандар,
Найзага камбыл адамдар,
Бири миңге татыган,
Жетик белин курчанган,
Сан колго жеке кол салган,
Эң күжүрмөн ыктуу бар,
Урушса камбыл шыктуу бар.
Беделсе жанды койбогон,
Бөрк ал десе баш кескен,
Суу ич десе уу ичкен,
Айт дегенде кыйт койгон,
Көз шилтесе эр сойгон,
Каруусу артык балбан бар.
Кармашка мыктуу адамдар,
Кара мылтык карс этсе,
Качпай согуш салчу бар.
Чогол мылтык чорт этсе,
Чочубай согуш кылчу бар,
Чочунуш мүшкүл иш болсо,
Кайран башка күч болсо,
Кыйшалаңдап кылт этпей,
Өлөмүн деп былк этпей,
Туу түбүнө турчу бар.
Туу түбүндө эрендер,
Туу кармаган көзөлдөр,
Найзакерден даңгылдар,
Аябаган камбылдар,
Улук экен Сарыбай
Катуу буйрук баштады,
Кыжылдаган түмөн кол,
Кылча жанын аябай,
Кырылып кете баштады.
Каптап колу кол салды,
Каарлуу дүмөк иш кылды,
Кайран жанга күч кылды,
Каны жарлык кылганда
Балбан карап турабы,
Кайраттуусу кан төкпөй,
Балбанды Кудай урабы!
Казатка кирген балбандар,
Керишти кенен салгандар,
Кең көкүрөк адамдар,
Бука моюн, буура сан,
Булкса жанды куураткан,
Билеги жоон таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадирек,
Туурасы кенен, бою пас,
Тулку бою кара таш,
Жазайыл мылтык байлаган,
Жаңжал десе камданган,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланган,
Кан шимирип чөлдө өскөн,
Жапа баштап элде өскөн,
Башынан иши оң болгон,

www.bizdin.kg

Ойрон кылып жерди алган,
Опот кылып талкалап,
Албан тоодой эрди алган,
Уруш жакка узанган,
Чатакка көзү кызарган,
Журт бүлдүрүп, эл кырып
Олжого далай кызды алган.
Камбыл болгон балбандар,
Кара тажаал адамдар,
Кол баштаган эрендер,
Козголбогон берендер,
Көзгө сайчу камбылдар,
Жүгүрмөн чечен даңгылдар,
Сарыбай салган казатта,
Саат толкуган азапта,
Кара мүшкүл казатта,
Кан төгүлгөн азапта,
Кыйкырып сан кол жетти эле,
Кыйла жандар кыжылдап,
Кыргын болуп кетти эми.
Жайнап келген калың кол
Жана кайнап катуу шор,
Жер бузулуп ор болуп,
Жети асаба кол болуп,
Жер үстүнө кол толуп,
Баатыр, балбан, шер адам
Беттеп найза сунушуп,
Маңдайлашып турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Жаанын огу дыркырап,
Кезиккен жери быркырап,
Калың жаңжал болду эле.
Дөңдүн баары чаң болуп,
Кокту, чуңкур кан болуп,
Кең дүнүйө тар болуп,
Кериштин жайы мына ушул.
Кесерден кара кан болуп,
Келип беттеп салышып,
Түгү калбай калың эл
Түгөнүшүп калышып,
Караса көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей,
Кудай бетин көргөзбө,
Камгак учкан эмедей,
Жер бузулуп чуу болуп,
Жеткилең казат дуу болуп,
Найза тоодой жыйылып,
Ажалдуу пенде кырылып,
Артык жаңжал болгондо,
Ал Сарыбай капырың
Жети күн тынбай аралап,
Жекирип колду балаалап,
Алты күн тынбай аралап,
Айкырып колду балаалап,
Тоокызыл минип чамынып,
Карагайдай найза алып,
Кандуу болот байланып,
Каары бетине айланып,
Ээрди кесе чайналып,
Тегерегин каранып,
Алактаган кутургур
Ач бөрүдөй жаланып,
Кагышынан кан чыгып,
Кармашынан жан чыгып,
Сарыбай салды жаңжалды,
Беттеп адам баралбай,
Беттешсе тирүү жан калбай,
Жаңжал уруш чуу болуп,
Жаман дүрбөп дуу болуп,
Асман, жерлер жарылып,
Жер жайнаган калың кол,
Бири-бирине жабылып,
Айгайлашып турушуп,
Артык жаңжал урушуп,
Эрендин баары күрүлдөп,
Кол чуркурап биринде,
Кол козголуп турганда,
Катуу казат, чоң жаңжал
Эр Сарыбай кылганда,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Туюгун бузуп жол салып,
Туурасынан Күлчоро
Кирген экен кол салып,
Жеткилең Сейтек, эр чиркин,
Аты тулпар четтептир,
Ал Сарыбай капырды
Алыс күнгө беттептир.
Астындагы Кулансур
Желишине жел жетпей,
Басканына мал жетпей,
Байкашына жан жетпей,
Чын эсепти таптырбай,
Ай балтасын тийгизбей,
Сейтек жаңжал кылыптыр.
Жети күн тынбай аралап,
Кулансуру жара жеп,
Эрендин баары тутулуп,
Четтеп Сейтек кутулуп,
Баатырдын баары тутулуп,
Башаасынган кайран шер
Балбандыктан кутулуп,
Жан соогалап калыптыр,
Кулансур аты жаралуу,
Тажаал экен Сарыбай,
Жаман жаңжал салыптыр.
Кайраттанып кан Сейтек,
Катуу кагыш баштаптыр,
Кадыр алда берген жан
Кылга байлап таштаптыр.
Бет алышып көрүүгө,
Чын ажал жетсе өлүүгө,
Кармашары Сарыбай,
Кагышкан душман момундай,
Туюгун бузуп жол салып,
Туйгун тууган баатырың
Туурасынан кол салып,
Серпиш кылган жагынан
Шер экени билинип,
Беттеп кирген жактары
Чымындай жандан түңүлгөн
Эңкейиштен эр сайып,
Эченин катар тең сайып,
Жеткен жерин найзалап,
Кез болгонун майдалап,
Кеп кылбай кериш кылышып,
Күндүзүндө тынч албай,
Түн болгондо уйку албай,
Күндөп-түндөп урушуп,
Күшүлдөгөн шер өлүп,
Ажал жеткен тең өлүп,
Артык жаңжал болду эле,
Канчаларын майдалап,
Кан Сарыбай кайдалап,
Жеткендерин майдалап,
Өйдө кылчу жакшысы,
Өпкө чапчу бакшысы,
Найзага камбыл ыктуусу,
Найза билгич мыктуусу,
Ысык чөлдүн чатыры,
Калың колдун баатыры,
Эр Сарыбай кайдалап,
Баатыр Сейтек кол салып,
Маңдай жактан бакырып,
Сарыбайга жан колун,
Айдап кирди сапырып.
Орто жери Күлчоро,
Ойрон болгон шер чоро,
Телегейи тең чоро,
Шай колдогон шер чоро,
Жоого камбыл эң ыктуу,
Жоо айласын табууга,
Кылычты кыя чабууга,
Кызыр чалган эң мыкты.
Мына ошондо Күлчоро
Кас ажал жетсе өлүүгө,
Кан тукуму кургурга
Караан болуп берем – деп,
Катуу кирди кагышка.
Кан төгүлгөн чабышта
Асман жардам ай кайда,

www.bizdin.kg

Кызыл буурул нар минип,
Кайып буудан мал минип,
Кыл куйругун чарт түйүп,
Урушка мыктуу найза алып,
Таластын боюн айланып,
Ат бороюн сыдырып,
Калың колун кырдырып,
Калың кол жарып четтептир,
Кан Сарыбай баатырды,
Кайра тартпай беттептир.
Колун алты бөлүптүр,
Козгоп мүшкүл салганын,
Кол кырылып калганын,
Сарыбай чочко көрүптүр.
Өкүрүгү таш жарып,
Кырылган колун көргөндө,
Өрттөй көзү жайнаптыр,
Толкуп жини кайнаптыр,
Толгон жанды найзалап,
Тозоку чочко жайлаптыр.
Кыйын каарды баштаптыр,
Кыл таштабай кылымды,
Кырып ие таштаптыр,
Айбат баштап найза алып,
Ак албарс кылыч байланып,
Ар жабдыгын шайланып,
Жаман каардуу Сарыбай,
Жапалуу каары момундай,
Айбаты калың, заары күч,
Атаңдын көрү залим ай,
Каарланып камынып,
Кагышты катуу баштаптыр,
Ажыдаардай оп тартып,
Ай-ааламды кутургур
Кырып ие таштаптыр.
Айкырганда капырдын
Жуткучтугу билинип,
Журт жанынан түңүлүп,
Калың каары билинип,
Калк жанынан түңүлүп,
Балбандары буркурап,
Баатырдын баары дыркырап,
Беттеп балбан туралбай,
Безене чыккан чочкого
Бенде такоот кылалбай,
Эл азарын салбаптыр,
Куйкаланган доңузга,
Укурук кайрар калбаптыр,
Эч ким такоот бералбай,
Каарланса капырга
Беттеп пенде жеңе албай,
Бедээрге чыдап тура албай,
Туш-тушунан кол салып,
Тууралап адам кире албай,
Ал Сарыбай адамга,
Бет алып адам тие албай,
Сарыбай каарын салганда,
Саргарып жаткан эл да көп,
Сандап чыккан пенде көп,
Айла таппай шашкан көп,
Акылдан танып качкан көп,
Кайрылбас жанды көргөн көп,
Билеги кетип сабынан,
Жүрөгү чыгып кабынан,
Сарыбайдын заарынан,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Кургак кайрат, жел өпкө,
Куу кыйкырык аламан,
Курган эрдин каарынан,
Айгай урган заарынан,
Көргүлүктү көргөн көп,
Каза болуп өлгөн көп.
Кайгыланып токтобой,
Көңүл санга бөлүнүп,
Көздүн жашы төгүлүп,
Санаа тартып саргарып,
Сары оору болуп жанданып,
Эси чыгып турган көп,
Эс билбеген урган көп.
Эл чуркурап чуу болуп,

www.bizdin.kg

Эрикпес казат дуу болуп,
Баскан дөбө кыр болуп,
Байкасаң мүшкүл чыр болуп,
Эл чуркурап ээлигип,
Эрендин баары желигип,
Баатыр эрлер барбаңдап,
Алакөөдөк эр кайрат,
Ачууланып дардаңдап,
Коңгуроо үндүү кагылып,
Козголоң мүшкүл чырынан
Кол эсинен жаңылып,
Он башчысын жоготуп,
Ороңдоп жүргөн элде көп,
Качар жагын кан кылып,
Сары оору болгон пенде көп.
Кайра тартпай кагыш – деп,
Кан төгүлтө чабыш – деп,
Бура тартпай туруш – деп,
Эркек болсоң, шер болсоң,
Кайратың мыкты эр болсоң,
Казаттын жайы ушундай,
Кайра тартпай уруш – деп,
Уруш мүшкүл чоң жаңжал,
Кайдан болот жарасын,
Жалдырап карап туруш – деп,
Канды чачып баш байлап,
Качпай алты ай уруш – деп,
Эрен, баатыр, кары-жаш
Эстеп жүрүп моокум бас,
Эсесин көрүп көзүңдү ач!
Чын ажал каршы келгенде,
Чын кудурет дагдыры,
Жан ал деп кабар бергенде,
Жебирейил жан тарткыч,
Демде чуркап келбейби,
Жашар кези канчалык,
Аманат кур жан көрбөйбү,
Пенде жаны керек – деп,
Жараткан буйрук кылганда,
Бериште беш кол сунганда,
Бу жаралган бекер – деп,
Качып жан качып кутулат,
Бу дүнүйө кызыкка,
Өлбөгөн жан тирүү – деп,
Эки күн калса жутунат,
Бериште колун сунганда,
Пенденин жаны керек – деп,
Жан тартуучу жалаңкыч,
Суук укурук салганда,
Кол жыйылбай кан кетип,
Кол шалдайып калганда,
Сүйлөгөн көөдөн кысылат,
Бу жалганчы бекерден
Өлүмдөн кай жан кутулат,
Дагдыр чийген чийинди,
Убагында көргүлө,
Каалап калса кайран жан,
Каса жетсе бергиле,
Кандар буйрук кылган соң,
Катуу заарын чачкан соң,
Кармашкын деп кайратын,
Калың элге чачкан соң,
Буюрган сөзгө көнгүлө,
Бу кызыталак шордуу жан,
Кан жардыгы ушул – деп,
Сарыбай үчүн бергиле!
Капыр бейиш болсун – деп,
Асты жанды бергиле,
Баатырлары муну айтып,
Кыйындап кыйнап колду айдап,
Бөлбөй-жарбай чогуу айдап,
Ашпай-шашпай жай айдап,
Бөлбөй, төкпөй чогуу айдап,
Мүшкүлү артык дуу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Ар түргө колу бөлүнүп,
Түгөнчү түрү көрүнүп,
Санга колу бөлүнүп,
Салышчу түрү көрүнүп,
Эрендин саары буркурап,

www.bizdin.kg

Эрдин баары чуркурап,
Көнгөн заада бедел жок,
Көп жаңжалдуу сан колдо,
Немине бар, нелер жок,
Жай ысыгын тосуучу,
Эрдиги элден ызы-чуу,
Жабуусу каухар, боосу алтын,
Эл ичинде эң мыкты,
Чатырлары дагы бар,
Кабылганды кайсаган,
Качпай миңге кол салган,
Өлбөгөнү олжо алган,
Эң кайраттуу намыскөй,
Баатырлары дагы бар.
Найза сайса аңдабас
Керишке кирсе кенебес,
Эрдиги эпсиз чың эмес,
Эрендери дагы бар.
Эрдин кесе чайнаган,
Жоо десе түптүз камданган,
Бир жаралып келген бар.
Калың эл камын жеген бар,
Көзү ачыктан сынчы бар,
Туу түбүнө турчу бар,
Кагышкан колдун ичинде,
Эрени бар, эри бар,
Эптеп кетип иш бузган,
Эселектин баары бар.
Калың элдин урушун,
Как бүлүнгөн жумушун,
Мылтык атып, жаа тартып
Былчылдашып урушуп,
Намыс үчүн, ар үчүн,
Каардуу кагыш баштаган,
Кайран жанын өлүмгө,
Чогуу байлап таштаган,
Эл коргону шер да көп,
Качып жүргөн эл да көп,
Ок өтпөй турган тон да көп,
Ойлоого түмөн кол да көп,
Түшсө чыккыс ор да көп,
Жараткан берген кайран жан,
Көргөн кыйла шер да көп,
Эрендин баары ээлигип,
Найза сунуп айкырып,
Туш-тушунан шор болуп,
Эс билбеген жөн бузар,
Бедели жок, бейли тар,
Берекесиз балбандар,
Бир бирине корголошчу,
Жамгырдай жаа тартылып,
Жайнап мылтык атылып,
Эрендин баары ээлигип,
Олжого тойбос жырткычтар
Опсуз соргон жуткучтар,
Чет-четинде шаңданып,
Найзачандар, эрендер
Акыл ойлоп иш көрүп,
Элдин камын жегендер.
Чет-четине бөлүнүп,
Орой кыял, таш көөдөн,
Ортосунда көрүнүп,
Уйгу-туйгу козголуп,
Асман жардан кол болуп,
Эрендин баары эзилип,
Кайраты бар топ бузуп,
Качып берген окко учуп,
Артык көк жал камбылдар,
Олжого коштоп ат алып,
Айдасы жок жамандар,
Мүшкүлдүү чырга капталып,
Ар кимиси ар күнүн,
Күндөп жүргөн пенде көп,
Көп кыргын болгон элде көп,
Адамдын башы кагышып,
Маңдайлашып чабышып,
Калың жаңжал болду эле.
Алдуу эрендин алы жок,
Качып берсе союшуп,
Калың дүрбөң чоң жаңжал,

www.bizdin.kg

Карасаң мынча болушуп,
Калк чуркурап турушуп,
Кан буйругу чоң мүшкүл,
Качпай туруп урушуп,
Катуу дүрбөң чоң жаңжал,
Качсаң болбойт эч арман,
Он башылар ороктоп,
Айбат кылчу балбандын,
Найзалары короктоп,
Элүү башы, жүз башы,
Кол ээрчиткен балбаны,
Журт бөлүнүп, эр өлүп,
Ашып кетти арамдын,
Сарыбайдын жаңжалы,
Эрен чуулап, кан өлүп,
Кызыл моюн нар өлүп,
Кырылып эчен мал өлүп,
Кан бууганга канышып,
Калың мүшкүл казатка,
Качпай адам барышып,
Найза жанчып, балта уруп,
А Кудайдын буйругу.
Качпай туруп салышып,
Аба бузган, чаң бузган,
Жер жарылган кан болуп,
Жеткилең казат болду эле,
Кол алдында Сарыбай,
Айбат түрү момундай.
Тоокызылын токмоктоп
Буруп жүрөт, Сарыбай,
Кез болгонго керишти
Салып жүрөт, Сарыбай,
Кезиккенди бөрүдөй
Жарып жүрөт, Сарыбай.
Чыңгырап чочко кенебей,
Найза тийсе денеге,
Бучкагына теңебей,
Аңдап жаңжал салганы,
Кол чуркурап эл качып,
Кош мойноктуу керүүгө,
Жан куткарчу сеңирге,
Журт чуркурап барганы,
Атасы көкжал, аты шер,
Журт коргону кайран эр,
Алдындагы Буурулга,
Шай колдогон шер Чоро,
Далайды көргөн эр Чоро,
Телегейи тегиз эр,
Түбүнөн чыккан эгиз эр,
Кожо сан колдоп жар күткөн,
Аманат жанга күч келсе,
Колдогону бир тогуз,
Жан-жанында бар бүткөн,
Жадаал баштап курган шер,
Сарыбай колун айдаса,
Көзү арстандай жайнады,
Бармакты жара чайнады,
Жорукту көрүп куурады,
Жоргодой башты чайкады.
Жолу катуу чочконун,
Жан койбос түрүн байкады.
Жадаал салып күйүнүп,
Калк бүлдүрүп, журт кырган,
Каары катуу доңуздун,
Журт кырчу түрү көрүнүп,
Кагыш кылып кайгырып,
Каралды кылып отурган
Кайран элден айрылып,
Өлбөй аман жүргөндө,
О не мураска жетейин,
Барып жаңжал салайын,
Кайран элди кагыштан,
Ажыратып алайын,
Таамайлыгын көрөйүн,
Даана ажал жетсе өлөйүн,
Баатыр тууган шер Чоро,
Журт коргоосу кургурдун,
Телегейи тең Чоро,
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Артык жаңжал салды эле,

www.bizdin.kg

Кетмен туяк, кең соору,
Кенен жердин бууданы,
Керишкен минген буурулдун,
Ачууланып арбайып,
Санына камчы урду эле,
Катуу камчы жегенде,
Булчуң эти бөлүнүп,
Камчылыгы канталап,
Койдой эти бөлүнүп,
Коёндой жону түзөлүп,
Табактай туяк жайылып,
Элик сындуу эки кол,
Таштаган жерге сайылып,
Буурул оозун бурду эми,
Күлүстөн абаң Күлчоро,
Күркүрөп найса сунду эле.
Баатырдан калган добулбас
Барсылдата урду эле,
Кулак тунуп, кол жайнап,
Кубанчы толуп, ич кайнап,
А Сарыбай капырың,
Кол ичинде барбайып,
Ал аскар тоодой дардайып,
Адыр чукул буткулда
Болуп кетет, Сарыбай,
Кабылганды качырып,
Соруп келет, Сарыбай,
Ат өтпөгөн акызда
Айры белес жапысча
Белге келди, Сарыбай,
Аталган кыргыз кайран журт
Элге келди, Сарыбай,
Оодарышкан адамды
Оруп келет, Сарыбай,
Кабылганды качырып
Соруп кетет, Сарыбай,
Элимди кыргын кылар – деп,
Элди, журтту кырар – деп,
Каарын төгүп качырса,
Канча журтту кырар – деп,
Найза кармап имерет,
Калалуу кыргыз курган журт,
Тобун бузуп жиберер,
Толгон балбан алп өлсө,
Жолун нечен калк өлсө,
Арамдыкты билбейби,
Керишип Чоро келди – деп,
Бизди жоого берди – деп,
Кызырлууну билбейби,
Айтылган машар күнүндө,
Бир айгайды салбасам,
Ажыратып албасам,
Кара эшек кылып минбейби,
Кадыр алда колдо – деп,
Бузулган ишти жараткан,
Өзүң байкап оңдо – деп,
Баабединге бата айтып,
Атасынын жолуна,
Ай туяктуу ат айтып,
Берен атам колдо – деп,
Колдосоң ушул жолдо – деп,
Анык кайып Буурулга,
Кара жаак булдурсун
Кармап толгоп имерип,
Кара буурул доңузду,
Такымга тартып жиберип,
Тайкы жалдуу бууданды
Тартып оозун бурду эле,
Кармашары Сарыбай,
Качырып найза сунду эле.
Опол-тоодой чочкого,
Опсуз көкжал жетти эми,
Чыканактын бети – деп,
Өпкөнүн бир жак чети – деп,
Өлчөөсүнүн тушу – деп,
Өлөр жери ушу – деп
Качып Чоро жетти эле,
Бу макулдуу сыр найза
Бура кармап Күлчоро,
Жетип муштап өттү эле,

www.bizdin.kg

Желмогуз уулу капырдын,
Каруусу калың баатырдын,
Эпсиз найза урганда,
Эңкейген жок кылт этип,
Чактаган жок былк этип,
Чаалыгып чоро барганда,
Найза белден бүктөлдү,
Аманат жанга күч келди,
Каарланган капырдын,
Чапчышкан жери сыздады,
Чалган жери муздады,
Тон тытылып күл болду,
Ок өтпөгөн Ак олпок,
Кармаган жери күл болду,
Кармашы мүшкүл түн болду,
Канаттын баары кайрылып,
Тондор тозуп айрылып,
Чаманын баары тутулуп,
Зооттун баары тытылып,
Жакалаша жатышты.
Жадаалдашып тартышып,
Жаңжал журттан артышты,
Балта менен салышып,
Балта сынып быркырап,
Сабы колдо калышты.
Кылыч кыйрап быркырап,
Кабы куру калды эле,
Жапалашып жатышты,
Жамандашып тартышып,
Буурул менен Тоокызыл
Бөксөдөн жерге батышып,
Бөтөнчө жаңжал болду эми.
Кандын баары жутулуп,
Ок өтпөс тондор тытылып,
Желмогуз уулу капырың,
Калк куураткан жакырың,
Канча алпты кыйратып,
Түбүндө көргөн баатырың,
Эр Күлчоро беренди,
Жети күнү алышып,
Жети жерден жара жеп,
Чымындай жаны чыркырап,
Устукан сөөгү быркырап,
Бели ылдыйлап бекчейип,
Кайнап ичи чок болуп,
Ичи, тышы от болуп,
Чама чарчап, ал кетип,
Эр Күлчоро баатырың,
Эки буту салактап,
Эки көзү алактап,
Шайман чарчап ал куруп,
Чабалдыгы билинип,
Чымындай жандан түңүлүп,
Оттой жанып ич кайнап,
Алдан тайып алсырап,
Азап тартып кансырап,
Түтөп чыгып баратат,
Баштакыдан Сарыбай,
Чагылгандай чакылдап,
Күчүнө келип күүлөнүп,
Күйүтү нечен түрлөнүп,
Күчөп кетип баратат.
Курч жетилип, күч кайнап,
Каарланса таш чайнап,
Желмогуз уулу ал баатыр,
Чамаланып чартылдап,
Кыйкырыгы доңуздун,
Мээ айрылып жакындап,
Беттегени бүлүнүп,
Пенде жандан түңүлүп,
Караган жагы бүлүнүп,
Калк жанынан түңүлүп,
Бет алганын буй кылып,
Бүтөп кетип баратат.
Баштагыдан сан эсе,
Качырганын жоготуп,
Түтөп кетип баратат.
Катылганды жапырып,
Тозгондошо келгенди
Тозоңун көккө сапырып,

www.bizdin.kg

Шай колдогон шер чоро,
Кармашканы Сарыбай,
Чапчышып чама келалбай,
Найзалашып жеңе албай,
Алыш кылып жеңе албай,
Кубат качып, ал кетип,
Туш-туш жерден кан кетип,
Кызмат кылган эки кол,
Өөдө болбой шал болуп,
Он устукан, сексен сөөк,
Кыймылдабай дал болуп,
Тирүү жүргөн алтын баш,
Кызыл челек кан болуп,
Эртеге көрчү кызык күн,
Бир көрөргө зар болуп,
Артык жаңжал эң мүшкүл,
Кайран чоро кар болуп,
Санга көөнү бөлүнүп,
Сарыбай кыргын көрүнүп,
Чамасы келген чорого,
Айбаттанып асылып,
Кум куйкалап таш күйүп,
Кутурган чочко астынан,
Эр чоро бет алып,
Оолугуп турган чорого,
Ак болотун көтөрүп,
Каарын төгүп бакырып,
Кара жердин кыртышын,
Асман көккө сапырып,
Чиймек болду сызыкты,
Салмак болду бузукту,
Алыш кылган чорону,
Азыр курман кылайын,
Култуңдаган куу кулду,
Курмандыкка чалайын.
Баатырсынган караандын,
Башын кесип алайын,
Күйгөн отун өчүрүп,
Бу дүйнөдөн көчүрүп,
Өкүлдөгөн кыргызды,
Өрт өчкөндөй кылайын,
Ачууланып күркүрөп,
Ал Сарыбай кеп урду,
Баштакыдан бешбетер
Артыкча Кудай эми урду,
Күлчоронун жанында
Караан болгон балбанга
Катуу кыргын салды эле,
Качып шашып эл качып,
Журт чуркурап калды эле.
Үстүндөгү жүгү жок,
Астындагы Буурул ат,
Айтайын десе тили жок,
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез билек,
Буура көкүл, капкан бел,
Бул жаныбар Буурул ат
Ажал менен азаптан,
Арыш урса суурулат.
Басканына мал кетпейт,
Кымбатына караандын
Кыл куйрук жылкы түк жетпейт,
Ачууланып күркүрөп,
Сарыбай жакын келерде,
Дал ажалы жетээрде,
Талкан болуп кетээрде,
Кас ажал чукул келээрде,
Тажаал экөө Сарыбай,
Казыр канын төгөөрдө,
Ободон булут тутулуп,
Канаты бар эр Буудан,
Кайып менен бир тууган,
Кумда калып ташта өскөн,
Кайып менен башка өскөн,
Кулан менен туушкан,
Кыз Сайкалдын Алгара,
Тулпар менен туушкан,
Жал куйругун чубаган,
Аңгек көрсө чураган,
Жылкыдан чыккан дулдул – деп,

www.bizdin.kg

Көптү көргөн жез тумшук,
Көрүп ошо сынаган,
Алтын така кактырып,
Аптап күнгө тийгизбей,
Абап менен жаптырган,
Түмөн сынчы, сан сынчы,
Түгөнбөс тулпар экен – деп,
Жылкыдан бөлөк керим – деп,
Төрт туягы темир – деп,
Чаткаягы колот – деп,
Чарадай туяк болот – деп,
Төшү түктүү кара жер,
Төрт айланта кыдырса,
Кайыл куйрук тулпар ат,
Кимиси мындай болот – деп,
Көргөн адам жактырган,
Баскан жерин кемирген,
Чуркаганда семирген.
Буластап мойнун бураган,
Бута бою зоо келсе,
Буйдалбастан чураган,
Кызыл ырыс кетпеген,
Бир канаттуу учкус болбосо,
Муну менен төрт аяк
Айбан чуркап жетпеген,
Чамасы кеткен чорону
Сарыбай жетсе соёр – деп,
Муну менен ээ силер,
Өрт өчкөндөй болор – деп,
Күчкө салып ар буудан,
Күркүрөгөн Сарыбай,
Түз чакырып чорону,
Түп этектен аларда,
Шай колдогон баатырды
Узунунан саларда,
Кан жөткүртүп кашайтып,
Казыр кармап соёрдо,
Темселетип эрендин
Эки көзүн оёрдо,
Ай, жаныбар, Буурул ат
Чү десе арттан суурулат,
Үстүндөгү минген жан
Көз чымырап шор кайнап,
Заманасы куурулат.
Тек арышын урганда,
Тегеренип баш көчөт,
Көргөн жерге дем жетет,
Булут минип алса да,
Бурулбай кыргын салса да,
Ал Буурулга ким жетет!
Алыска минсең арыбайт,
Асты арбып кеткиче
Азуусу өйкөп карыбайт,
Жет-Кайт минсе арыбайт,
Жетимиш асый болгуча
Тилди өйкөп карыбайт,
Мингенин жоого чалдырбайт,
Чылбыры тутам калбаса,
Кырсыктын миңи чалбаса,
Балаа курчап албаса,
Мингенин жоого алдырбайт.
Алышкан жоого киргенде,
Жанга жапа тийгенде,
Мүшкүл огу жанында
Желкеге жаны жүргөндө,
Арбын болгон санаты,
Ар мүшкүлдөн, өлүмдөн
Үстүндөгү мингенин
Куткара жүргөн адаты,
Капталында канаты.
Өчкөн отту тамызып,
Өлүүчү жанды тиргизип,
Өкүм күчкө салуучу
Буурул аттын адаты.
Качырып каарлуу жетерде
Как ажалга кез болуп,
Өлүм болуп кетерде,
Сарыбай канын төгөрдө,
Барса тартпас чын жайын,
Байкуш чоро көрөрдө,

www.bizdin.kg

Буудандыгы билинди,
Эң алдында кара зоо,
Мелтиреген үлкөн тоо,
Буйдалбастан түйүлдү.
Туяк тийсе кара таш
Туш-тушунан кулады,
Ала качып чорону,
Буурул ат минтип турабы,
Адыр-күдүр кыяга,
Сала качып кутулду,
Ажалдын азыр огунан,
Тозоктун күйгөн чогунан,
Анык кайып ак буудан
Душмандын колот торунан,
Каруусу арбын, заары күч,
Кан төгөр кулдун колунан,
Ала качып кутулуп,
Аңгеме мүшкүл ушундай,
Астындагы калың кол,
Сарыбайга тутулуп,
Ал Сарыбай капырды,
Журт куруткан капырды,
Кабылганын кайсаган,
Кара тажаал жакырды,
Өзү келип чыр салган,
Өкүлдөгөн капырды.
Күлчородон айрылып,
Күйүт тартып күүлөнүп,
Күркүрөгөн кутургур,
Күлчорого сүйлөнүп,
Баатырсынган Чорону
Баабединге чаларда,
Кабыргасын сөгөрдө,
Канын суудай төгөрдө,
Арбын казат, чоң жаңжал
Азыр менден көрөрдө,
Чын айласы кетерде,
Чын ажалы жетерде,
Колго тийген коёнду,
Оу, дүнүйө кантейин,
Коё берген оңорбу,
Култуңдаган куу кулду,
Кубулжуган кургурду,
Уага тарткан желени,
Жашынан баккан денени,
Куткарган мендей болобу,
Күлчоро тийип, кул өлсө,
Чийбейт белем сызыкты,
Баштабайт белем бузукту.
Аянбастан бекчейип,
Найза жанчтым бооруна,
Айбандан керим Буурул ат
Аттиң сени кантейин,
Ошо калды сообуна,
Желгенине жел жетпес,
Жел кайып деген мал экен,
Айтайын десе тили жок,
Акылга дыйкан керимдин,
Тулпардыгы бар экен,
Мен Сарыбай баатырдын,
Буулум болсо кийгеним,
Буурул ат болсо мингеним,
Кантер элем ааламды,
Тоңкойтор элем далайды,
Буурулду минип жоо-жоолоп,
Буруп найза бир сунсам,
Караса көңүл ток эле,
Жараткан жаңкы балага
Түк арманым жок эле.
Ак олпок болсо кийгеним,
Ак буурул болсо мингеним,
Айчүрөк болсо алганым,
Шору калың Сарыбай
Кайда болор арманым!
Атаңдын көрү, Тоокызыл
Чаткаягы кең эле,
Мен тулпармын дээр эле.
Тартышкан жерде жыртылган,
Бадана кийген экенмин,
Багалчагы майышкан,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Тоокызыл эмес кайран жан,
Бир бакага минген экенмин,
Согончогу майышкан,
Чочкого минген экенмин,
Чорону беттеп барганда,
Чоң жаңжалды салганда,
Башты жерге сен салсаң,
Баатырсынган чорону
Түп этектен мен алсам,
Таркатпайт белең кумарды,
Угат элең сөзүмдү,
Умачтай ачып көзүмдү,
Октотот элең колумду,
Ал көмүлгөн чорого,
Көргөзөт элем сонунду.
Бир жеткирсең Тоокызыл,
Бурат элем сөзүмдү,
Ачат элем көзүмдү,
Аркаң бийик, ээриң пас,
Эшекке чалыш келтек чач,
Бото боору, бок курсак,
Болбогон жылкы экенсиң.
Кармаш кылса кол байлап,
Узак жүрсөм жол байлап,
Кашайтып салар бекенсиң,
Күжүлдөдү күүлөнүп,
Ачууланып тырышып,
Ардыкканга чыдабай,
Тоокызыл менен урушуп,
Адыр басып желбеген,
Акыр түз жай көрбөгөн
Арамдан кулан союлгур,
Кара көзүң оюлгур,
Арам өлүп жыгылгыр,
Аңга башың тыгылгыр,
Кузгун куш куран окугур,
Жолуңа түшүп карпайып,
Жору кузгун чокугур.
Атаңдын көрү Тоокызыл
Бала кезде баш коштук,
Биттей кезде бириктик,
Кенедейде кезиктик.
Өзүң кунан, мен улан
Жаштуу кезде жарыштык,
Качан кадыр калыштык,
Күлчорону куткарып,
Жипсиз байлап колумду,
Кайнаттың менин шорумду.
Башка салдың Тоокызыл,
Капкайдагы сонунду.
Келген кулду союлдап,
Атасы бүгүн өлгөнсүп,
Тоокызылды моюндап,
Өкүрүгү таш жарып,
Кыйла мүшкүл баштады,
Кылым элди кыйратып,
Кырып ие таштады,
Тажаалданып бакырса,
Адам түгүл жолтойдон,
Айбанат жандан түңүлдү.
Анык тажаал желмогуз,
Ашкереси билинди.
Каарланып кан төгүп,
Каршы келген жан өлүп,
Сарыбай каары ушундай,
Айдап-кырып эл союп,
Айбаттанып турганда,
Баатыр көк жал эр Сейтек
Каруусу толук капырга,
Кагышты катуу салайын,
Эби кеткен кайран журт,
Эселектин торунан,
Чылаган терең шорунан,
Ажыратып калайын.
Тагдыр жетсе өлөйүн,
Эл намысын кетирсем,
Туулбай туна чөгөйүн,
Ажал каршы күн бүтсө,
Аманатын берейин» –
Деп, ошентип эр Сейтек

www.bizdin.kg

Кулансур менен чуратып,
Турбай жаңжал кылууга,
Токтобой найза урууга,
Сарыбай көздөй бет алса,
Алдындагы Кулансур
Ирмегени билинбей,
Аңгек-чөнөк, дөбө таш
Бу бутуна илинбей,
Тулпардыгы ушундай,
Кунандай кулак жапырып,
Куюндай жерди сапырып,
Чуу уккан сайын Кулансур
Чуркаганда чоюлуп,
Кемегедей оюлуп,
Жаа огундай шыркырап,
Туяк туура тийген жер,
Кат-катынан быркырап,
Каруусу толук капырга,
Кан Сарыбай баатырга
Катуу жаңжал салды эле,
Катуу салган жаңжалын
Катуу найза сайганын
Зыңгырады теңебей,
Күмүш күлдүү казатты,
Бучкагына теңебей,
Жолу катуу Сарыбай,
Колунан тартып найзасын,
Баланын кылып айласын,
Өөдө-ылдыйын карабай,
Өткүр экен кутургур,
Өлөмбү деп санабай,
Тегеренип карабай,
Теги жанын аябай
Мына ошондо Сейтекке,
Зордук кылып турду эми,
Каруусу толук кутурма,
Капырды Кудай урду эми.
Төбө чачы сүксөйүп,
Кыл муруту саксайып,
Кылаңгыр көзү коюлуп,
Кыжырына тийген жан
Кыргын болуп союлуп,
Акылынан ажырап,
Айнектей көзү чачырап,
Сарыбайга ал жетпей,
Ажалдуулар тутулду,
Жел жетпеген Кулансур,
Сейтек качып кутулду.
Чабышып чама келалбай,
Салышып адам жеңе албай
Күрөшүп чама келе албай
Сарыбайды жеңе албай,
Асман жарган чаң менен,
Алек болуп жан менен,
Желмогуз уулу капырдын,
Жер өрттөгөн баатырдын
Көрүктүү топчу муштумдай,
Көрсөң түрү ушундай.
Көк күбө тонун жамынып,
Көк жолборстой чамынып,
Каарланса капырдан
Беттешсем деп калк өлгөн,
Байкап келип алп өлгөн,
Милтеси кызыл чок болгон,
Кармашканы жок болгон.
Беттеп канча калк өлгөн,
Бет алышпай калк өлгөн,
Элдин баары жыйылып,
Эрендери кырылып,
Уруучу Кудай урду – деп,
Ушинтип доңуз кырды – деп,
Кылмак экен Сарыбай
Кыйратып жанды тынды – деп,
Эл чуркурап, боо түшүп,
Ат кырылып тоо түшүп,
Калк чуркурап ыңгырап,
Кирерине жер таппай,
Корголорго жер таппай,
Беттеше эчен салышып,

www.bizdin.kg

Беренди байпай кылыптыр.
Бет алганды жоготуп,
Бейжайды Кудай уруптур,
Берен эрдин тукумун,
Беттеше келсе жаралап,
Колун кырып аралап
Казына бузуп жол салып,
Дүнүйө бузуп олжо алып,
Буланы булап алыптыр.
Буулуккан жинди кутургур
Бузукту нечен салыптыр.
Бүтүн кыргыз эли үчүн
Бүтүн кундуз терисин
Ортолоп тилип калды эми.
Кесир болот дебестен
Багалекке салыптыр,
Баатыр шердей барпаңдап,
Баатырсынып дарданданп,
Жердин, суунун ээсиндей,
Жекелеген дөөсүндөй,
Журтка коргон болчудай,
Кайыр айткан пендени
Кармап алып сойчудай,
Ал Сарыбай капырга
Кайрылып тосор мал калбай,
Каяша берер жан калбай,
Калк эндиреп турганда
Кайыпчал кызы Куялы
Желжетпес тулпар ат минип
Желжетпестин куйругун
Жетиге бөлүп шарт түйүп,
Ээликмеси билинип,
Эрдин кийимин кийинип,
Балбандык түрү ушундай,
Ургаачы арстан артык шер
Казатка чыккан ошол жер.
Каалаганы Семетей,
Касташканы Сарыбай,
Казаттын жайы момундай.
Эндиреген эл көрүп,
Эл бүлдүргөн дөө көрүп,
Качып жүргөн жан көрүп,
Кутуруп жүргөн кан көрүп,
Кайыпчалдын арстан кыз,
Күчү кайнап ташкан кыз,
Күлмайданга конгон кыз,
Күрөшкөнүн соргон кыз,
Аты – ургаачы, өзү – шер
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айланып кыдырсаң
Адамдан чыкпай мындай эр.
Күлдүү бадам кийикти
Күндө тосуп мал кылган,
Күрөшкөнүн жай кылган,
Адырмактын аркарын
Айдап тосуп мал кылган,
Алышканын жай кылган.
Берендиги билинген,
Бет алышып сайышып,
Береги турган Сарыбай
Чымындай жандан түңүлгөн.
Эңишке чапса талбаган,
Эңкейтип эч ким албаган,
Кармашка кирсе талбаган,
Кармашып эч ким албаган,
Арстандыгы билинген,
Сарыбай жандан түңүлгөн.
Баатырлыгы башкача,
Байкасаң каары бир башка,
Сарыбай согуш салганын
Байкап балбан көрүптүр,
Каны кайнап, тиш кайрап,
Тагдыр кетсе өлүүгө,
Желмогуз уулу капырдын,
Эл бүлдүргөн баатырдын
Чын жазасын берүүгө,
Чындап кыргын салууга,
Өткүрө өлгөн калың кол,
Өкүм иттин колунан
Ажыратып алууга,

www.bizdin.kg

Ашып-шашып бүлүнүп,
Жоо кийимин кийинип,
Жоо-жарагын шайланып,
Кыны жок кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып,
Ал Куялы балбан кыз,
Ааламга дүмөк салган кыз,
Кездешери Сарыбай
Кериштин жайы ушундай.
Олоңдой болгон кайран чач
Төбөгө ороп түйүптүр,
Көк темирден туулга
Көмкөрө башка кийиптир,
Чабышка кийчү чарайна
Чактап белге чалыптыр,
Балбандыгы, шердиги,
Найзага камбыл эрдиги
Ай-ааламды басыптыр,
Кубат, кайрат, чоң эрдик
Дайрадай толкуп ашыптыр.
Бул жалганчы бекерди
Ал балбан кыз басыптыр,
Ок өтпөгөн оң өгөт
Төшүнө тартып кийиптир.
Кабыргада себилди
Каптай тартып темирди,
Кайрылышып урушса,
Ителгидей кылчактап,
Ийилип найза сунушса,
Кокустан найза тиер – деп,
Аркада колот себилди,
Курчанган экен кутургур
Ат өткөрбөс темирди,
Кабырганын себилди,
Каршы-терши бүчүлөп,
Каран калган темирди.
Токумда кылча тешик жок,
Куялыга кезиксе
Сарыбай кулда кешик жок.

Толукшуган балбан күң,
Ааламга чатак салган күң,
Эрдиги элге билинген
Катыны адам, эркеги ит
Итаалы журту чуркурап,
Бул жанынан түңүлгөн,
Кара болот курчанып,
Кашкаңдап күлбөй сумсайып,
Кайыпчалдын эрен кыз
Сарыбайды көргөндө
Кыжыр кайнап, жин келип,
Жанга жаман күч келип,
Кыз арслан эрендин
Желжетпес тулпар малы бар.
Ай-ааламды буй кылып,
Айдай турган алы бар.
Ак жемиштер талкалап,
Чайкай турган чаркы бар,
Кыз Куялы балбан – деп,
Ай-ааламга баркы бар,
Каражолтой бейбактын
Аты – ургаачы, өзү – шер,
Айласыз балбан, мыкты эр
Кыз да болсо дөө болгон,
Кылымга чогуу ээ болгон.
Балбандыгы башкача,
Ай-ааламга кашкайып,
Атагы чыккан көй кашка.
Берен да ошол, шер да ошол,
Беттешери Сарыбай
Кезеңдешер шери ошол,
Түгөнбөс айтса кеби бар,
Сарыбайда кеги бар.
Өпкө жарып баш кесип,
Баштатан дүмөк жери бар.
Желпинишин көргөндө
Жети жыл тынбай урушкан,
Ат салышпас жеке жок,
Айрылбаган чеке жок,
Көрүнбөгөн кордук жок,

www.bizdin.kg

Катылбаган чоңдук жок,
Алда нече салышкан,
Сүйлөсө бузук кеби бар,
Кан төгүшүп баш кескен,
Кайрым кылбай кездешкен,
Башынан бери кеги бар.
Ай караңгы жасташып,
Алты атасы касташып,
Укумунан тукуму,
Түбүнөн бери касташкан,
Санга жеткен санаты,
Сарыбай менен Куялы,
Түбүнөн бери түгөттүн
Түгөнүшкөн адаты.
Көрөсөн болгон кырда өскөн
Койгулашып кырда өскөн,
Балбандыгы башкача,
Кыздан туулган көй кашка.
Кечээ аңгемени чатакты,
Сала турган болгондо,
Кутургурду узундан
Сала турган болгондо,
Курмандыкка курутуп,
Чала турган болгондо,
Каралды кылар эл таппай,
Качып батар көр таппай,
Белеси кыйын бел таппай,
Бекип жаткан жер таппай,
Шору бар колго тушугуп,
Тоо кыдырып суу кечип,
Толгон жерди кыдырып,
Өлөөрдө качып кутулган,
Чоң дүмөгү момундай.
Чочуп турат Сарыбай,
Кыз арстанды көргөндө,
Катындан качып кете албай,
Муратына жете албай,
Өрөпкүп сүйлөп күйүнүп,
Алдырар түрү билинип,
Аманат жандан түңүлүп,
Жекеге турду жээлигип.
Балбан кыз жайын сурасаң,
Чылк болоттон найзасы,
Артык экен айласы,
Кийген тондо тешик жок,
Ченсиз эрге катылган,
Чатакка башы чатылган,
Чакты менен чабышка,
Кайраттуу менен кармашкан,
Сарыбайда кешик жок.
Кол ичинен бөлүнүп,
Эр Сарыбай көзүнө,
Куялы балбан көрүнүп,
Көргөнүндө Сарыбай,
Балбан кыз жайы момундай.
Чындап жандан түңүлдү,
Чын өлөрү билинди.
Алапайын табалбай,
Араң турду Сарыбай,
Ар бүлүк түшүп башына,
Жаман турду Сарыбай.
Кыз арстан бул эле,
Туталанган кутургур,
Туура мүшкүл неме эле.
Каражолтой канчыктын,
Кармашы катуу, заары күч,
Найзалашса кылат түз.
Кечээ Желпиништин оюнда,
Жерге-Талдын боюнда,
Ургаачыдан уз кезде,
Он жетиде кыз кезде.
Эмчек бези торсоюп,
Эл көзүнө илинип,
Кайыпчалдын кызы – деп,
Калк көзүнө билинип,
Жабдыктарын баптаган,
Эркектен өөдө экен – деп,
Эл сынчысы сак кулак,
Көргөн мыкты мактаган,
«Кыжырлуу мүшкүл кебим бар,

www.bizdin.kg

Кыз кезинде канчыктан,
Чочуп калган жерим бар.
Аракка тойгон мас кезде,
Алаңгыр акыл жаш кезде,
Кымызга тойгон мас кезде,
Кылтылдаган жаш кезде,
Денем бошоп көңүл ооп,
Найзакерден алты миң,
Мыктылап жөкөр алганмын,
Култулдаган сулуу экен,
Кыйла жандан улуу экен,
Бели тутам, бети айдай,
Мелтиреген сулуу экен,
Көзү Чолпон тили бал,
Көп жерден чыкпас мындай жан,
Көркөм жүздүү кой көздүү,
Коңур чачтуу тик кыя
Мен Сарыбай баатырга,
Кааласа тие калар – деп,
Кайыпчал кызы шуркуя.
Жети миңдей нар айдап,
Жетектешип баары айдап,
Арага жуучу салганда,
Элчилерди сабаптыр,
Арага барган жуучуну,
Кыстоо салып камаптыр.
Арада жүргөн калысты,
Кылча түгүн таштабай,
Кыргын кылып салыптыр.
А дүмөгүн байкабай,
Багалак ойноп чаң салып,
Шабыят ойноп даң салып,
Кысыр эмди кысыр тай,
Жүздөп кармап сойгондо,
Таң-тамаша оромпой,
Барып көп кол конгондо,
Серүүнүм сексен төрт болуп,
Серп алганым өрт болуп,
Камап кордоп жоо кылбай,
Илебиме дан бышпай,
Катылганды жегенмин,
Карасаң кызык ушундай,
Балакет кайда дегенмин.
Арага жүргөн элчиден,
Жуучу болгон элчиден,
Кабар салып кат келген,
Карабай мага бат берген,
Тилге келген сөзү жок,
Тиктеп көрөр көзү кок,
А дерине алы жок,
Бетинде тамчы каны жок,
Ашып-ташып жүгүрүп,
Аманат жандан түңүлүп,
Ушундай кордук баштаган.
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай,
Тебелеп кете таштаган.
Күн мезгили карасам,
Кеп сүйлөбөйт жуучулар,
Арага жүрчү себептер,
Адам уулу пендеге,
Калыңга берген калың жок,
Жуучулардын жаны жок,
Чымындай жаным чыркырап,
Тула боюм зыркырап,
Туткагым кармап туралбай,
Тууралануп кеп ойлоп,
Туш-тушуман жоо келип,
Туура бир мүшкүл дөө келип,
Арадагы жуучусу,
Мал башкарып турчуну,
Көрөгөч чечен сынчыны,
Айдаган мүлкүн чачкан бейм,
Атан тайдай чоң мүшкүл
Төбөсүнөн баскан бейм,
Төрө журтту кырган бейм,
Караны жок, бели жок,
Кан Сарыбай шери жок,
Калкты Кудай урган бейм.
Акыл санап ой-ойлоп,
Ашкере жаман бой-бойлоп,

www.bizdin.kg

Калкым аман болсо – деп,
Арада жүргөн себепкер,
Калк аманын кааладым,
Күн мезгилин карадым,
Санаа сайлап бөлүнүп,
Жыргаганды кууракан,
Бет алдыма көрүнүп,
Күн болжолун карасам,
Асмандан жылдыз бөлүнүп,
Төбөдөн Чолпон жаркырап,
Ар жылдыздын баарысы
Күн батыш көздөй зымырап
Таң сүрөрдүн муздак жел,
Бет какшатып зыркырап,
Таң жарылып дүмпөйүп,
Жаркырап шоокум көрүнүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Асмандагы Жетиген,
Калбай карап бөлүнүп,
Таң кашкайып көрүнүп,
Жер жарыгы болгондо,
Кыбыланы баштаган,
Өлүп кете таштаган,
Өпкө качып демиккен,
Өйдө-ылдый болуп ээликкен,
Кабарга келген ат турат,
Тили жок элчи колунда,
Алакандай кат турат.
Катын алып карасак,
Кагышчу жерге келгин – деп,
Кас ажал жетсе өлдүң – деп,
Каарлуу мүшкүл жаңжалды,
Казыр менден көрдүң – деп,
Ойноп койсок Сарыбай,
Ойрон болдуң момундай.
Катуу жиним кармаса,
Кармарыма жан калбайт,
Агарына кан калбайт.
Качып кетээр жер таппай,
Катылар мүшкүл көр таппай,
Ажалдан мурун өлдүм – деп,
Белди бекем бууганмын,
Желмогуз уулу капырым
Жел өрттөнгөн баатырым,
Куралган жердин баарысын,
Куйкалаган жакырым,
Канча жерге чыр салдың?
Калк бүлдүрүп олжо алдың,
Кез болгонду кемирип,
Кабылганды кайсадың,
Канча жерге чыр салдың,
Окчонтойду ок кылдың,
Алышканды жок кылдың,
Мен Куялы балбанмын,
Бетиңе келген жаңжалмын.
Каарлуунун өзүмүн,
Канкордун кара көзүмүн.
Баатыр болсоң шер болсоң,
Ай-ааламды буй кылган
Көрүнө көк жал эр болсоң,
Адыр-күдүр белге кел,
Алыш кылчу жерге кел,
Карарып күйгөн чокко кел,
Карайлап учкан окко кел.
Кара кыя белге кел,
Канча бузар селге кел.
Ай-ааламды буй кылган
Куялы балбан эрге кел.
Мен Куялы балбандын,
Жоголгон жоом табылып,
Чоң абийирим жабылып,
Качкан душман табылып,
Канча абийирим жабылып,
Үзүлгөнүм уланып,
Ушинтип жаным кубанып,
Эчак кеткен Сарыбай,
Ээк алдымда болуптур.
Качырганым Сарыбай,
Как алдымдан табылып,
Бүгүн көңүл толуптур.

www.bizdin.kg

Баатыр болсоң эр болсоң,
Беттешээр күнүң болуптур.
Катуу кармаш салалы,
Күчү жокту күчтүүбүз,
Кум-талкан кылып коёлу,
Мыктуубузду ыктуубуз,
Такыр кырып коёлу,
Анталаңдап шашпастан,
Акылдан тайып качпастан,
Тулпар оозун буралы.
Турбай майдан чыгалы,
Катуу кармаш салалы,
Өпкө жарып баш кесип,
Бир өлүшүп калалы,
Чын ажалдын огуна,
Кабыла кетсе кокустан,
Барса-келбес чын жайга,
Каалаганда баралык,
Таруу сындуу тал калбай,
Кашыкка куяр кан калбай,
Кармап көрөр ал калбай,
Талкаланып калалы.
Тоң-токууңду жулалы,
Токтобой жаңжал кылалы.
Чагы жок чарпыш салалы,
Найзалашып алышып,
Түгөнүшүп калалы.
Желпиниште турганда,
Беттешип казат кылалы.
Ардын ичин ачырып,
Арсыз кул сени качырып,
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айланып таба албай,
Бир согушту салууга,
Бир беттешип калууга,
Мен Куялы балбандын,
Эрте айтканы кеч болгон,
Эки көзүм төрт болгон.
Жоготкон жоом табылып,
Жоон абийирим жабылып,
Санаамын баары басылып,
Умачтай көзүм ачылып,
Каалаганым туш келип,
Жоготконум кез келип,
Ай маңдайым ачылган,
Мерт кумарым жазылган.
Семетейге чыр салып,
Сарыбай келип түрлөнгөн,
Сыр билбеген эл көрүп,
Кулжуңдаган кутургур,
Мынча неге күүлөнгөн,
Эренек элди коюп берсин,
Элчиси келди жооп берсин,
Ал аскардай жоо келди,
Кармалашып кагышчу,
Кыз арслан жоо келди,
Калайлык кырып жер бузду,
Тоо томкоруп эл бузду,
Айбат кылып жутундуң,
Алты атаң өчү мында жок,
Мынча неге кутурдуң.
Кайратыңды, жиниңди,
Какканы келдим Сарыбай,
Эсеби жок эбиңди,
Тапканы келдим доңуз ай.
Таба турган себебим,
Туландуу жерди тутанттың,
Өлөңдүү жерди өрт койдуң,
Ачууландың жөнү жок,
Алты атаң кеги эми жок.
Кара тажаал кан төгөр,
Калкта сендей пенде жок,
Кармашып чачам каныңды,
Кетиремин алыңды,
Төгөрмүн топтоп заарыңды,
Мен Куялы балбан кыз
Бузармын нечен түрүңдү,
Кагармын далай жиниңди,
Найза сунар керүүңдү айт,
Алыш кылчу жериңди айт,

www.bizdin.kg

Маңдайлаша жетели,
Түк бир жан калгыча,
Түгөнүшө кетели.
Эр кырылып хан өлсүн,
Эселек мүшкүл күн көрсүн,
Какайган эрен куласын,
Караган адам чууласын,
Найза менен беттешип
Утушалы, Сарыбай,
Күрдүүбүздү күчү жок,
Жутушалы, Сарыбай,
Кызыл кыргын куп жаңжал
Болушалы, Сарыбай,
Маңдайлашып бакырып
Коюшалы, Сарыбай,
Кылычташып кыйрашып
Четтешели, Сарыбай,
Кызык мүшкүл чуу салып
Беттешели, Сарыбай,
Акылсыз кара шер элең,
Ат соорусун салуучу,
Арбаңдап качып калуучу,
Арбак урган кем элең.
Кармаш көрсөң кокустан,
Күн батыш менен күн чыгыш,
Качып жүрчү сен элең» –
Деп, ошентип Сарыбай,
Кабарчынын каты бар,
Катын окуп караса,
Калк аманын санаса,
Кыз балбандын каты экен
Куялынын аты экен.
Муну көрүп Сарыбай,
Боконосу болкулдап,
Болбой жүрөк солкулдап,
Каны өрттөнүп күйүнүп,
Жана жандан түңүлүп,
Каарланып кагынып,
Каарды катуу баштады,
Чымындай жандан күдөрүн,
Чын эле үзүп таштады.
Жүзүкара Куялы,
Бел байлаган белине,
Бекип жаткан жерине,
Беттеп тийчү эрине
Келип калган экен – деп,
Караан калган дүбүрттү,
Угуп калган экен – деп,
Кармаш, казал мүшкүлгө
Чыгып калган экен – деп,
Кайыпчалдын канчыгы
Ар качан жолду байлады,
Жер үстүнөн айдады,
Ай-ааламдан өткөрдү,
Абийиримди кетирди,
Найзалашып салышып,
Башынан мени бүтүрдү,
Арбагы катын аты улук,
Адамдан чыкпайт бул өңдүү,
Артык балбан макулук
Каражолтой канчыктын,
Кабарынан жан чыкты,
Ичтин баары сыздады,
Көңүлдүн баары муздады,
Сары изиме чөп салып,
Заман акыр көп салды,
Жаңжалдашып жарышты,
Мындан мурун сексен жол
Жана беттеп салышты,
Жанымдагы жөкөрүм,
Жаны бирге эле алп өлдү,
Бузукташып калк өлдү,
Алышып ал жетпеди,
Арстан тиши өтпөдү,
Катуу балбан канчык ит,
Сары изиме чөп салып,
Артыман кууп кетпеди.
Чамалууну чарчатты,
Мен Сарыбай болгону,
Бет болушуп өлбөдүм,

www.bizdin.kg

Найзага камбыл өң балбан,
Адамдан мындай көрбөдүм.
Күрөшүп күйду жогум ээ,
Күндө тартмак болдум ээ,
Бул канчыктын дүмөгүн,
Капырдын жайын укканда,
Боконо сөөгүм болкулдайт,
Дене боюм солкулдайт,
Чымындай жаным чыркырайт,
Дене боюм быркырайт
Сарыбай минтип турганда
Эл беттешкен керүүдөн,
Чоң майдандын жээгинен,
Жерди бузуп ээлигип,
Карааны тоодой көрүнүп,
Каарлуу экен Сарыбай,
Мүшкүл каары момундай,
Бириң келбей миңиң кел,
Куялы баштап саның кел,
Кудуңдашам баарың кел, –
Деп, ошентип Сарыбай,
Кайраттанып камынып,
Ооздон жалын шыркырап,
Каарына чыдабай
Калың кол качып чуркурап,
Карасаң мүшкүл момундай,
Астындагы Тоокызыл
Карааны тоодой көрүнүп,
Сарыбайды көргөн жан
Көңүлү жана бөлүнүп,
Каарланган кутургур
Жутуучу түрү көрүнүп,
Каарын төгүп дүпүлдөп,
Кар суусундай күпүлдөп,
Бет алып туруп чамынса,
Өрттөй күйүп шыркырап,
Өлдүм деп жандан түңүлүп,
Караган адам чуркурап,
Калк жанынан түңүлүп,
Эр Сарыбай баатырың,
Майданга чыгып күркүрөп,
Каарына чыдабай,
Калың кол качып дүркүрөп,
Калк эсинен жаңылып,
Кайраты жанга билинип,
Калк жанынан түңүлүп,
Калайык минтип турганда,
Кайыпчалдын Куялы,
Карасаң көк жал бу дагы,
Беттешээри Сарыбай,
Бек мүшкүл салат бир далай.
Чабышары Сарыбай,
Чатактуу жаңжал ушундай.
Кыз ары долу күң,
Ок өтпөстү кийинип,
Чымырканып бүлүнүп,
Жоо дегенде сүйүнүп,
Чылк болотко оронуп,
Чылгый колот колго алып,
Каарын төгүп жээлигип,
Кайраттанып ээлигип,
Жай-жарагын шайланып,
Жалаң кылыч байланып,
Алышары Сарыбай,
Аташканы Семетей,
Урушары Сарыбай,
Уялуусу эр көк жал,
Эр атагы билинип,
Ок өтпөс колот тон кийип,
Ошо жондун этегин
Бойго болжоп түйүшүп,
Сарыбайды көргөндө,
Кабак дебей каш дебей,
Кашкаңдап күлүп сүйүнүп,
Эр Сарыбай баатырды,
Эр экен деп кенебейт,
Эрдик менен шердигин,
Бучкагына теңебейт.
Дарыя экен бойлобой,
Жан экен деп ойлобой,

www.bizdin.kg

Ойлобогон себеби
Найзага камбыл шер экен,
Ай-ааламды дүрбүттү,
Басып чыккан неме экен.
Беттешем деп бек өлгөн,
Катынсыңбы деп кордоп,
Көрдөн нечен кан өлгөн,
Басташкандын баары өлгөн.
Салмакташкан жан өлгөн,
Кан шимирип катыккан,
Ургаачы арстан атыккан.
Адыр-күдүр белде өскөн,
Артык мыкты жерде өскөн.
Саадан огун сологон,
Салмакташып кыйла жан,
Арбыныраак корогон,
Кулак угуп, көз көргөн
Элде мындай болбогон,
Каарланса Куялы,
Кааласа найза сунгандай,
Сарыбай эмес ааламда,
Казыр калкан кылгандай.
Каары башка буткулдай,
Сарыбай түгүл ааламда
Айдап жүрүп жуткудай.
Дүнүйөнүн жүзүнө,
Бир жаралып келген ал.
Айдын караңгысында,
Арты кылды жара аткан,
Жаралып келген мерген ал.
Найза жаза сайбаган,
Алыш кылган макулук,
Кызыгамын деп улук
Эр эңкейткен кордукчу
Катылам деген зордукчу,
Бириси тирүү калбаган,
Атын уккан чочуган,
Жел жетпесин токуган,
Ала коём деп келип,
Томуктан торой чалдырып,
Нечен мүлкүн алдырып,
Көргөн жандар чочуган.
Көркөмү айдай сулуунун,
Көрүгү жакшы кургурдун.
Баатырлыгы башкача,
Перизаада көй кашка,
Бетиндеги кызыл нур,
Жерге жарык тийгендей,
Бет алышкан көп душман,
Тиктесе жерге киргидей,
Ачды дары ашыптыр,
Кыздан чыккан арстандын,
Баатырдыгы, шердиги
Ай-ааламды басыптыр,
Буудай өңдүү ак жүздүү,
Чекири жок кой көздүү,
Ченеми жок бир сөздүү.
Жакшыга жангыз сөзү бар,
Душманга бир сан чыры бар.
Көркөмү каухар каркыбар
Көргөнгө мынча баркы бар,
Кызыр сылап бейбак ал,
Кайыпчал кызы балбандын,
Бир жаралган адамдын,
Кең пейилге тилектеш
Баатырларга жүрөктөш,
Балбандарга билектеш.
Семетей менен короолош,
Күлчоро менен жоролош
Чечен менен таңдайлаш,
Баатырлар менен маңдайлаш,
Касташары Сарыбай,
Казатка чыкты момундай,
Астындагы Желжетпес,
Ал Желжетпес тулпары,
Булуттай учкан асманга,
Төрт буттуудан канаттуу,
Туягы болот көпкөк таш,
Сарыбай менен сайышып,
Мурунтан болгон жоого маш.

www.bizdin.kg

Бурулганы ийиктей,
Чураганы кийиктей,
Ташка салса тайыбас,
Кумга салса куурабас,
Канаттуу карга жетпеген,
Көз байланган күүгүмдө,
Мүдүрүлүп кетпеген,
Жеткилең балбан Куялы,
Ажал жетпес тулпардын,
Ээликтирип жулунтуп,
Эл ичинде карааңды,
Эри өлгөндөй булкунтуп,
Омуроого түйгөн ак тизгин
Тарттырбай колго карышып,
Жеткилең балбан Куялы
Желжетпес менен алышып,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Абийири калың, заары күч
Найзага камбыл мойну түз
Көк зыйнат тон жамынып,
Керсең-карсаң кутургур,
Көк жолборстой чамынып,
Көпкөк болот жамынып,
Аты аял дебесе,
Кабагы бийик сеңирдей,
Кайраты көпкөк темирдей,
Кабылганды бүт жеңип,
Сарыбай турду элирип,
Бейпайлашкан жандарга,
Айдап жүрүп жегидей,
Арбагын көрсөң момундай,
Казатка чыккан сонунду,
Көркөмү жандан көрүмдүү
Кыз арстан эр балбан,
Мүшкүлү каарлуу капырга
Эл бүлдүргөн Сарыбай
Кан ичкен заман акырга
Каршы тартып кылычын,
Канга бөлөп жарагын,
Сарыбайды көргөндө
Кылычты кынай байланып,
Ээрдин кесе чайнашып
Кирпиги күйүп чок болуп,
Кишиден андай жок болуп,
Көз тумандап бузулуп,
Көргүлүү дартты көрүү үчүн,
Кан аралаш кандуу заар
Эки ууртунан төгүлүп,
Жазайылды салышып,
Карк болот кагышып,
Тулпар туйлап элеңдеп
Туткактанып балбан кыз,
Сыр найзаны белендеп,
Алгыр куштай камынып,
Кайраттуу балбан көк жалга
Капыстан акыл табылып,
Айбаты бар, сүрү бар.
Жанында бир миң колу бар,
Жаалдуу мүшкүл күнү бар,
Шамал жетпес жели бар,
Ай-ааламды кыз арстан
Ала турган эби бар.
Кыздан сулуу бейбактын,
Шекерден таттуу сөзү бар,
Чолпондой жайнап көзү бар,
Кара жерге кан тамса
Кардан аппак эти бар.
Кар үстүнө кан тамса
Кандан кызыл бети бар.
Ай тийгендей түрү бар,
Ажыдаардай сүрү бар.
Баш энеси уз экен,
Колдогону кырк чилтен,
Коштогону сур жолборс.
Жаралган пенде турганда
Жаралган мындай жан болбос.
Эселектер, арсыздар
Талпынып сырттан жеткидей
Кабылган адам уулдары,
Чапчылама немедей,

www.bizdin.kg

Тапан болуп кеткидей.
Таламы артык, ырыс күч,
Катылганды кылат муз.
Эл майдандуу чуу жерде,
Эр жергелүү туу белден,
Белеси тайпак керүүдөн,
Көк каптатып чыр баштап,
Желмогуз уулу Сарыбай
Кармашып турган сеңирдей.
Турганы тоонун урчуктай,
Кудай бетин көрсөтпө
Кан төгүлгөн чыр чыгып,
Жер жарылып тоо бузуп,
Тактап чыгып келатат.
Көп жайнаган калың кол,
Каптап чыгып келатат.
Жер жайнаган калың кол,
Жер үстүнө туу толуп,
Асман жарган чуу болуп,
Айгай кулак тундуруп,
Кайнап чыгып келатат.
Кайра тартып качканын
Карсылдатып Сарыбай,
Сабап айдап келатат.
Колубуска бөлүнүп,
Дүнүйөсүн талкалап,
Кыруучу түрү көрүнүп,
Тажаал салып сыр баштап,
Колун сабап бүлдүрүп,
Козголоңдуу чыр баштап,
Колу тарап бөлүнбөй,
Жан коёр түрү көрүнбөй.
Бакандары белинде,
Балбандары четинде,
Кылыччасы бетинде,
Кыргын салып көп жоону
Кыйындары четинде.
Эрендерден кол айдап,
Чачыратпай, бөлүнтпөй,
Баарын кабат чогуу айдап,
Жер кетилип дуу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Артык көк жал Сарыбай,
Баштаган чыры бу болуп,
Иреттеп салып кол айдап,
Колун койбой чогуу айдап,
Албан түрдүү зор айдап,
Беттешип келген жоо айдап,
Акылдан тайып шер кайткан,
Амал кетип көз жайнап,
Алган экен кутургур,
Албан түрдүү жел айдап.
Кең Таластын боюнда,
Керишке чыкчу бүлөң кел,
Жоого каршы болчу кел.
Жоболоңдуу сойчу жол
Жолукканды жок кылып,
Кабылганда чоң кылып
Түшүнөн чочуп кетет ко
Кес болумдуу келишкен,
Түс кылып бир күн өтчү көл.
Бул Сарыбай доңуздун
Бузулган экен санаасы.
Муңун төккөн калың чыр,
Бул жаңжалын карачы,
Толуп каптап келатат.
Асты мүшкүл түн болуп,
Жарактуу адам уулуна
Тутамдабас күч болуп,
Сандап санаа бөлүнүп,
Сароору болду кайран күч,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Козголоң салган чатактын,
Мүшкүлдүү кандай берүүнүн,
Каарданып чыдабай,
Кылкылдады калың кол.
Каруучудай көрүндү,
Каптап кетсе желди – деп,
Желмогуз уулу Сарыбай,

www.bizdin.kg

Каптагандыр сени – деп,
Чымын жаны чыркырап,
Кайраттанып калың эл
Кайран жандан түңүлүп,
Карап турду буркурап,
Элдер жаман ээлигип,
Сарыбайдын калың кол
Кутургандай желигип,
Каптаса колун мыктаймын.
Улугу экен Сарыбай
Ар качандан бир качан
Уруштун жайы момундай.
Баш кесилип кан төккөн,
Көп адамга сонун – деп,
Бул кутурган чочконун
Кайсынысы орун – деп,
Кайта минтип күүлөнгөн,
Көп колуна сүйлөнгөн,
Калың колду айдаган,
Камаганы Сарыбай
Каар мүшкүлү момундай.
Колдун шору кайнаган,
Калың колун кордуктап,
Акшыңдаган кутургур,
Колу билген көп болду
Койбой айдап зордуктап.
Кыйрашканы кыргыз түрк,
Кылкылдабай жетүүгө
Кылча калбай жалгызы,
Кыргын болуп кетүүгө
Каардуу күндөй тутулуп,
Калган экен бузулуп,
Аябай жаңжал салыптыр.
Өлсө коому мейли – деп
Кайран жанды жөн эле
Кылга байлап алыптыр.
Эс билбеген жаманын
Караан болуп берсин – деп,
Кагышууга бул кыргыз
Кайратын мыктап көрдү – деп,
Кол караанын көргөн жан,
Сабынан кетип билеги,
Кабынан чыгып жүрөгү,
Каса болуп өлсүн – деп,
Каарымды көргөн жан
Жыйган мүлкүн чачсын – деп,
Чымын жандан түңүлүп,
Малы түгүл балдарын,
Такыр таштап качсын – деп,
Алты илек кол айдап,
Айдаган колун чогуу айдап,
Түркүн-түркүн мал айдап,
Түрүн көрсөң көз жайнап,
Найзасында бедел жок,
Айдаган колдун ичинде
Нелер бар да, нелер жок.
Түндө эшикке чыкпаган,
Башы челек, көөдөнү
Коркоктору дагы бар,
Өзү адам тилин билбеген,
Башы оогон жакка иштеген,
Торпоктору дагы бар,
Айза менен муштаган
Чоркоктору дагы бар.
Бу дүйнөдө көзү ачык,
Сүйлөп турса сөзү ачык,
Ишке мыктап кирүүчү,
Качпай жоого туруучу,
Кармашканды сүрүүчү,
Журтка курман болуучу,
Даңгылдары дагы бар.
Калың мүшкүл чок келсе,
Карсылдаган ок келсе,
Кабак бүркөп, каш какпай,
Тобокел деп, баш тартпай,
Туу түбүнө турчу бар.
Тулпар оозун буруучу,
Калдайган кара эл үчүн
Киндик кесип кир жууган,
Өсүп жүргөн жер үчүн,

www.bizdin.kg

Туу түбүнө турчу экен.
Найза сунуп, топ бузуп,
Ажал жетсе окко учуп,
Намыз үчүн өлчү экен.
Аманат жанын кыюучу
Даңгылдары бар болгон,
Кең көкүрөк өзү жоон
Кең кайраттуу шер төрө.
Ар мүшкүлгө кенебес,
Баатырдын кайрат жүрөгү
Жаралган жандан кем эмес.
Астыга салса акжолтой,
Айдап жүрсө сан колдой.
Кеп сүйлөсө сөзү ачык,
Тирүү жүрсө көзү ачык.
Билгендери бар болгон,
Ала көөдөн, чорт кыял,
Ала даңгыл, түрсүлдөк,
Албууттанып токтобос
Жоон өпкө күрсүлдөк,
Кең багалек, жайык төш
Келбеттүүсү бир болгон.
Калактаган эби бар,
Эл бүлдүргөн чаңдаяк
Эл ортосун бузчулар,
Эки жүздүү неме экен.
Аңдыганын койбогон
Кабылганын жеңгендер,
Кайда болсо ушул эл
Келсе да өлөт дегендер,
Бөрк ал десе, баш кескен,
Суу ич десе, уу ичкен,
Кан төк десе, жин төккөн
Жаңдоо менен иш кылган,
Баатырсынып жайлаган,
Өзү өлөрдү түк билбей,
Жанын колго кармаган,
Жан кечтиси дагы бар.
Чөлгө салкын чатырдай,
Чөөлүкпөгөн кара көк
Сан көйкашка баатырдын
Салмактуусу бир болгон,
Дүрбөлөң көрсө мистейип,
Бузчулары бир болгон.
Кысталганда ыштанга,
Чыччулары бир болгон
Кан ураанын ушинтип
Бузчулары бир болгон.
Убадага бир канча
Турбаганы бир болгон.
Санаа тартып саргайып,
Түн эмине болот – деп,
Ажал жетип, күн күтсө,
Жаман катын, жаш бала
Күнү эмине болот – деп,
Чимкиргенин тыйбаган,
Колду айнытып ыйлаган,
Жаратылган жакшы жан
Конок кылып жыргатпай,
Тепкилеп жанды кууратkан,
Наадандары бир болгон.
Как кеспеген кабагын
Даана билген кыраакы,
Элдин момун сабазы
Даанышманы бир болгон.
Дүнүйөгө жаралып,
Келгендери бир болгон.
Артык билген кең акын,
Даанышманы бир болгон,
Намыс үчүн, ар үчүн,
Карышканы бир болгон.
Ал Сарыбай кажыбас,
Азар түмөн кол айдап,
Аз гана эмес, мол айдап,
Асманга учуп топурак,
Аскери кайнап топурап,
Айза башы кылкылдап,
Адамдын башы былкылдап,
Албан түрлүү кол болуп,
Жер тумандап козголуп,

www.bizdin.kg

Буркураган буу болуп,
Акыл айран дуу болуп,
Атырылган чуу болуп,
Чоң жаңжалы бул болуп,
Түргө колу бөлүнүп,
Дүнүйөнү түк койбой,
Кыруучудай көрүнүп,
Каны кайнап токтобой,
Булкушканын бир бөлүп
Ач буурадай күрсүлдөп,
Жулкунганы бир болуп,
Берендери бетинде,
Мергендери четинде,
Жамгыр кылып жаа тарткан,
Мөндүр кылып ок аткан,
Беттегенин дуу кылган,
Катылганын чуу кылган,
Ыктууларын бир бөлгөн.
Кара баатыр касанат,
Боз мингени бир болгон,
Кула минип кулжуңдап,
Курутчусу бир болгон,
Кара минип элирип,
Каалоочусу бир болгон,
Качпай жоого кирүүчү,
Салуучусу бир болгон.
Кара көзгө илинбей,
Кетет экен билинбей,
Калк башкарган төрөдөй,
Кудай бетин көрсөтпө
Камгак учкан эмедей.
Жазайылы чыркырап,
Жаанын огу дыркырап,
Урбай, Дурбай бөлүнүп,
Бир балбаны кырдуу,
Миң адамдай көрүнүп,
Карап турган кишинин,
Акылы абдан бөлүнүп,
Колдун жарымы бөлүнүп.
Колун айдап жеткирип,

Мына ошондо Сарыбай
Чоң келтесин бүркөнүп,
Кой башындай коргошун,
Очогорго ургулап,
Каары катуу түрүлүп,
Айбатына чыдабай,
Астындагы калың кол
Ашып-шашып бүлүнүп,
Кымбат баалуу коздошуп,
Кол дүркүрөп бөлүнүп,
Кол ичинде Сарыбай
Тоо кызылын бургулап,
Эсерди Кудай уруптур,
Колго буйрук кылыптыр,
Жоодон замат жашырып,
Жайнап, каптап өткүлө,
Бирге кылыч таштабай
Кырылышып кеткиле!
Арбак үчүн, мен үчүн
Эл карааны Сарыбай
Сүйлөп турган кеби бар,
Кызыл найза сайгыла,
Кызын катын кылгыла,
Кылычты кындан алгыла!
Баарың калбай жабылып
Кыргын болуп калгыла.
Кол жандаган өлбөйбү,
Жараткан чындап кааласа
Он сегиз миң көпчүлүк,
Калбай чогуу келгиле.
Ой, калың кол, угуп ал,
Ажал менен өлүмдү,
Азап менен мүшкүлдү,
Кордук менен жаңжалдан
Корккон адам оңобу?
Өлбөй калчу дүйнөдө
Темир өзөк болобу?
Ата байкуш карыган чал,
Безилдеп эне турган соң
Аты ургаачы карындаш,

www.bizdin.kg

Эр издеген шайтандаш,
Бир айгырдай бир айгыр,
Издеп жүргөн байталдан
Көрүнгөн адам оңобу,
Көрдү эми калың кол
Кызыталак кыргызга
Кыргын салдым эми чоң,
Канча күнү кармашып,
Кандуу канга канышты,
Чоро, Сейтек, Семетей,
Чыккан турат башкача,
Курай курчап учкуча
Тоо башында калдайган,
Булак муздак кез болуп,
Кенен атып болгуча
Өлбөгөндөн калганын,
Мылтык атып, жаа тартып,
Маңдай-тескей туруштук,
Мыктап балта чабышып,
Былчылдатып уруштук.
Ополоң тактым баарысын,
Жакаладым карысын,
Жаралуу кылдым баарысын,
Мен Сарыбай эр эмең,
Эли мында турганда,
Белеси жолдон кабылган,
Шериң мында турганда
Башка-башка калың кол,
Кыргын кылган ушул жол,
Бел байлаган, бел ашкан,
Бек кара көк, шерлерди
Журт жол алам коёмун,
Сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон,
Ала-Тоону жердеген,
Алышып адам жеңбеген.
Каар салып жол алып,
Кагышып бир жан келбеген,
Кызыталак канкордун
Бир түбүнө жетели,
Толук жинин кагалы.
Толкун жайнап кол болуп,
Бир айласын табалы,
Баатырсынган бул журттун
Качанкы жинин кагалы.
Тапкан экен чатакты,
Караан кылды деп уктум.
Аты ургаачы Куялы
Баягы биз алыша турган катынды,
Бет тутканын безели,
Баш чайкаган катындын
Эки көзүн тешели,
Кайдан көрдүк залалды!
Болушканын кыралы,
Болушканды калың кол,
Орой ортоң салышта,
Олжо катын кылалы!
Алжаңдаган доңузду
Ат үстүнө салалы!
Кутурганын кыралы,
Эр издеген эскини,
Журт бүлдүргөн кескини,
Кылкылдатып кыралы,
Калк чайкаган катынды,
Тийүүчүсү Семетей,
Толорсуктан басалы!
Тополоң салып урушуп,
Көргүлүгүн көр кылып,
Баатырларча жоготуп,
Айрек-айрек кылалы,
Кыз Куялы балбанды
Олжо катын кылалы!
Ташын талкан салгыла,
Күл майданын чыгарып,
Тажаалдашып калгыла.
Баатырдыгы, шердиги,
Эң кайратын көрөлү,
Кайраты артык качкандын,
Бул шашылган ургандын,
Элдер айтып тургандын,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Карагандай карандай
Калк бүлдүрүп журт бузуп,
Эл айтканда жамандын
Талпаландап шашкандын
Кылычтап башын алышып,
Кулжуңдаган жан болсо,
Тазалап көзүн салышып,
Катуу жиним ушундай
Буйрук сөзүм аласың!
Буйрук сөзүм албасаң,
Жер жайнаган калың кол
Кыргын болуп каласың!
Бирөөң калбай таптакыр,
Бууданыңа барасың,
Сарыбай кайыр санасаң
Журт чуркурап чуу туруп,
Добулбасын карс уруп,
Кылычтын учу кылкылдап,
Найзанын учу былкылдап,
Кудай бетин көрсөтпө,
Ураан тартып бакырып,
Айгайлап ураан чакырып,
Элдин баарын жемирип,
Болбой-тынбай элирип,
Чоң жаңжалы билинип,
Кайнап чыгып келатат,
Курттай жайнап түмөн кол,
Жайнап чыгып келатат.
Кутурма жинди Сарыбай,
Артынан түшүп а колду
Айдап чыгып келатат.
Курт экени билинбей,
Кудай аткан түмөн кол,
Жайнап чыгып келатат.
Жамгырдай жааган окту көр,
Жарылбаган топту көр,
Чуулдаган колду көр.
Казылган чуңкур орду көр,
Кастар тигип кагышчу
Кайра тартпас алышчу
Айдап жеткен колду көр,
Кол айдаган Сарыбай,
Калк бүлдүргөн зорду көр.
Айчыга ала туу болуп,
Айгайлаган чуу болуп,
Толкуп жаткан сел болуп,
Толуп жаткан эл болуп,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көркөмдүүсү Сарыбай,
Көк теректей көрүнүп.
Ал Сарыбай капырдан,
Ай-ааламдын бардыгы,
Калкандай чалган баатырдын,
Жаткан иттей кашын көр,
Жан казандай башын көр,
Сакалы саадак кабындай,
Оозунан чыккан илеби,
Көрүктөн чыккан жалындай.
Кор болгурду сураба,
Көркөмүн көр момундай,
Мурду быткыл сеңирдей,
Ааламды айдап жегидей.
Кайраты заар эр адам,
Айбатынан шашкыдай.
Ай-ааламды бүт кырып,
Аймап жүрүп баскыдай.
Канкорду көрсөң ушундай.
Кол алдында күркүрөп
Каарына чыдабай
Калың кол качып күркүрөп,
Айбаттанып ашынып,
Ачууланып камынып,
Мурутунун бир кылы,
Булдурсун камчы сабындай.
Ачууланып жинденип,
Албан түрдүү түрдөнүп,
Көрсөң түрү момундай.
Алдыга эрди салбастан,
Аштыкчынын кабындай.
Саат чырмаган Сарыбай,

www.bizdin.kg

Салтанаты момундай.
Кол алдында чамынып,
Сарыбайдын артынан,
Текөөрлөрү камынып,
Белеске чыгып бел ашып,
Бери ургандай тең ашып,
Тоо казылып оюлган,
Тартып жааны чойгулап,
Суук түрү биринде п,
Ала койгон адамдын,
Азат бою зиркиреп,
Мылтык жаа найзага
Каарланган кайрандын,
Артык экен атагы.
Жер үстүндө адамга,
Дүмөгү тийген ааламга
Өнөгүн жанга бербеген,
Желпиништеп сеңселип,
Жер майышкан төңкөрүш,
Кагышканда канча кол,
Кармашканда далай жоо,
Арстандай көзү кызарган,
Бет алдына келгенди,
Ташын талкан чыгарган,
Шимирип канга боёгон,
Силкинсе жанды койбогон,
Сарыбай жайы ушундай.
Айбаттанып кенебей,
Ай-ааламдын баарысын,
Бучкагына теңебей,
Алсам жеке болот – деп,
Касташканды талкалап,
Айдап жегем адамды?
Ай-ааламды чоң тутка
Өзүм жеке болом – деп,
Каарланып Сарыбай,
Катуу шашкан калың эл
Заманасы тарылып,
Журт бузулуп дүрбөдү,
Туталанган кутургур
Түгөнөрүн билбеди.
Чоң майданга келгенде
Тулпарды тартып токтоду.
Асман көктү жаңыртып,
Келип токтой баштады.
Чоң мылтыктан чок чыгып,
Оозун ачса от чыгып,
Белеске чыгып белсенип,
Бери аткандай теңселип,
Айбаттанып чамынып,
Элиргендей бакырып,
Элин кел деп чакырып,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Сонун тоонун көк сеңир,
Көп ааламдай көрүндү.
Жай жүрбөгөн адамдай,
Басканындай көрүндү.
Суу кулан ган өзөндүн
Чаткалындай көрүндү.
Ой душман деп чамынып,
Көз тунарып калышып,
…….
Каарланган доңуздун,
Айбаттанып жан чыгып,
Эки беттен түк чыгып,
Каарданып тим турбай,
Калк бөлүнүп чуркурап,
Кол алдына келгенде,
Каарынан бет албай,
Каарына чыдап жата албай,
Беделине түрүнө
Беде чыдап келалбай.
Калк жанына түңүлүп,
Сыягына сырына,
Мүшкүл салган чырына,
Кайратына заарына,
Адамга салган каарына,
Бет алса жанды койбогон,
Бендеден мындай болбогон,
Жандуу жандан түңүлүп,

www.bizdin.kg

Жалпы жан минтип турганда,
Кайыпчалдын Куялы
Казат баштап бу дагы.
Ошондо Сейтек кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Ээликкенде бакырып,
Элди-колду чакырып,
Башындагы Сарыбай,
Бакырып жаңжал салганы,
Убалы да, сообу да,
Бузук тартса өзү да,
Төрт милдеттин тобунда,
Кайыпчалдын балбан кыз
Ашып-шашып кайран эр,
Бу Сарыбай капырды,
Ала жүргөн адамды,
Айканы канча ооз ушул,
Алыш турган кол ушул,
Ашкан-шашкан эл ушул,
Азап мүшкүл балаадай,
Тосуп жүргөн кези ушул
Ашып-шашкан кайран журт
Ооругандан басалбай,
Баатырсынган чочкону,
Тажаал сындуу жанчамын,
Алышса канга сугарам,
Кескилеп демин чыгарам.
Талас оңой жер эмес,
Эр сынаган Куялы
Бейбак оңой эр эмес.
Желмогуз уулу бул капыр
Ойлосоң бирдей шер эмес.
Салышты жаман салалык,
Оңго келсе алалык,
Келген өлүм мүшкүлдөн,
Журтту тосуп калалык.
Каары бузук чочконун,
Бу кайратын билели,
Кармашып кагыш салалык.
Кармашып кагыш салгыча,
Калың журтун мүшкүлдөп,
Ажыратып калгыча,
Эрте тилек кеч болуп,
Эки көзүм төрт болуп,
Чактуу жаным кубансаң,
Баатыр жүрөк булкунуп,
Сүйүнгөндөй эсил чак,
Издеп жүргөн Сарыбай,
Бет алдымда кезиккен,
Үзүлгөнүм уланып,
Ушинтип жаным кубанып,
Найза сунуп бет алып,
Алышты колдун билегин,
Кубангандан курган жан,
Жерге батпай турганмын,
Жана алты күн кармашсам,
Күчөгөн жиним кубулуп,
Каарласа качамын
Баатырсынган доңуздун,
Бир эсебин табалы.
Мен Куялы аттуумун,
Анча-мынча арбыбай,
Астындагы канатым,
Чөлдө, колдо салышкан,
Бу Сарыбай капырдын,
Айканындай адаты,
Өлбөстөн мурун кутуруп,
Өчтүңбү деп күйүнбө,
Өкүмдөнгөн өлгүр – деп
Өткөрө журту түзөлбө
Ок өтпөс тонду бөлгүлөп,
Мындан келген балааны,
Кол менен тосуп көргүлөп,
Жекеге чыгып салышып,
Дагы ошондой кагышып,
Айтып турган кеби ушул,
Айга айдарым саламын,
Журтка кылган мүшкүлдү,
Колдоп тосуп аламын.
Өлүп калсам кайран журт,

www.bizdin.kg

Сарыбайдан өлдү – деп,
Барса-келбес чын жайды,
Кыз арстан көрдү – деп,
Чын күдөрдү үзгүлө.
Чын балбаным өлдү – деп,
Кайран кыз жайын көрдү – деп,
Өзөнгө каны толду – деп,
Өрт өчкөндөй болду – деп,
Жыйылганды чачкыла,
Туш-туш көздөй качкыла.
Эркек болсоң, эр болсоң,
Чапкылап чабыш кылгыла,
Туу түбүнө тургула,
Кандуу согуш чоң жаңжал,
Көздөп жүрүп көргүлө,
Көргөндө шашпай калайык,
Куялы өлдү дегиле,
Карап баарын бергиле!
Катышкан каардуу согушта,
Кайгыргандан не пайда,
Бузулган катуу куу сайда
Санаа тартып саргайып,
Сары оорудан кубарып,
Саргайганда не пайда.
Бел байлаган берендер,
Берендери Сарыбай,
Кара ниет шер эле,
Турбай кагыш салгыла,
Ар мүшкүлдүү күйүттүү,
Бир көтөрүп алгыла,
Ар кайраты билинсе,
Айгай салып жетишсе,
Жеке-жеке сайышып,
Түбөлүккө кетишсем,
Найза сунуп калгыла,
Эрен болсоң, эр болсоң,
Эсил көк жал урааны,
Баатыры кыргый сен болсоң,
Ажал жетсе өлүмгө,
Өлбөй аман турганың,
Караан болуп бергиле,
Убадага тургула!
Куйругу бар, жаны бар,
Тилегинде заары бар,
Колдуу билек жан – деп,
Сарыбай жандан түңүлсүн,
Айтканым ушундай угулду,
Караан болуп, бел болуп,
Качырып жоого чыгыңар,
Өөдө карап салышсам,
Өбөк болуп бериңер,
Ылдый болсом кокустан,
Өбөк болуп бериңер.
Колу каптап жетпесин,
Туш-тушумдан найзалап,
Кол жабылып кетпесин.
Торобосун колумду,
Байлабасын жолумду.
Көрсөтпөсүн сонунду,
Беттешкеним Сарыбай,
Белгилүү душман ушундай,
Бел элдерим чуркурап,
Зыркырашып дыркырап.
Бизди Кудай урбайбы,
Кайра тартып качкандай
Акылымдан шашканда,
Ат соорусун салганда,
Акылдан шашып алганда,
Калайманды салбайбы,
Калың түркүн шашканда,
Качышса да албайбы,
Деген сөзгө орунда,
Караан болуп берүүңөр,
Караан болбой койсоңор,
Жети бөрү бир койду,
Талап-тарпып койбойбу,
Жалгыз жандын жайы көп,
Сабаса тартып койбойбу.
Бир адамды миң адам,
Бир күн атып койбойбу.

www.bizdin.kg

Тулпар оозун бургула,
Саламат кол тургула,
Турбай найза сунгула.
Ажал жетсе өлгүлө,
Баатыр эр Сейтек
Баары кыргыз калың кол
Караан болуп бергиле,
Айгайлашып алышып,
Дууга кирип алгыла,
Найзалашып сайышып,
Чууга кирип калганда,
Жекеге чыккан Сарыбай,
Желмаяны кутургур,
Баатырдыгы башкача,
Баалы, заары бир канча.
Көркоо бойлуу чочконун,
Найзалары арамдын,
Ыктуулугу дагы бар,
Амалы кеткен Сарыбай,
Мыктуулугу дагы бар.
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай.
Чоң жаңжалга барган күч
Чоң бүлүктү салган күч,
Беттешүүгө барганда,
Бет алышып калганда,
Кутбе жаны бетинен
Буурул менен булкунтуп,
Бурчтан чоро киргиле,
Кунанын сүрөп өткөрүп,
Жеткен жерге сойлотуп,
Алакем жапыз бетинен,
Атышты арбын кылгыла,
Сарыбайдын түмөн кол
Кол байлагыс кылгыла,
Айгай салып жеткиле,
Жан жабыла качырып,
Жабыла согуш кылгыла,
Жаңжал жайы ушундай» –
Деп, ошентип кыз балбан,
«Жекеге чыккан Сарыбай,
Ээликкенин көрөйүн,
Энтиккенин басайын,
Умачтай көзүн ачайын,
Колго түшсө жанчайын,
Кабыргасын сөгөйүн,
Кармап канын төгөйүн,
Беренсинип мергенди,
Ай-ааламды буй кылган,
Жеке басар эриңди,
Кыйла мүшкүл салайын,
Качанкы кекти алайын» –
Деп, ошентип Куялы,
Эрди эпсиз кармады,
Ээн калган кашка тиш,
Бөлө-бөлө чайнады,
Арстан көзү жайнады.
Ади макпыз дорбого
Ашып чыгып атуулап,
Астындагы Желжетпес,
Үртүк менен жабуулап,
Чап олоңун бек тартып,
Куюшканын бек тартып,
Кулжадай көзүн кызартып,
Көркөмү сулуу Куялы,
Тийген айдай бу дагы.
Адамдыгы бир башка,
Ааламдан ашкан көй кашка,
Беттешээри Сарыбай,
Берендиги момундай.
Ар качандан бир качан,
Талкалашып сайышкан,
Далай нечен тытышып,
Алмадай баштан ал кетип,
Ак денеден кан кетип,
Талкалашып калышкан.
Белеске чыгып беттешкен,
Кол чакырып бөлүшүп,
Ар качандан бир качан,
Жаңжалдашып өлүшкөн,

www.bizdin.kg

Өзү көргөн душманга
Өткөрө каардуу баатырга,
Өкүмдөнгөн баатырга
Тажаалдын кара көзүнө,
Ажал жетсе өлүүгө,
Кааласа жанды кудурет,
Аманатын берүүгө,
Арбын атыш салууга,
Арстан шердин тукуму,
Каардуунун колунан,
Ажалдын каршы торунан
Айбаты калың, заары күч,
Ал Сарыбай колунан,
Ажыратып алууга.
Мыкты жаңжал ушу дуу,
Сарыбайга салууга,
Бет алышып салышып,
Былчылдашып калууга,
Кумар көзү күч болуп,
Курусун балбан Куялы
Эки көзү төрт болуп,
Каары баштап камынып,
Жай-жарагын салынып,
Жалаң кылыч байланып,
Жаландаган бир найза
Жана сунуп шайланып.
Кара жаак булдурсун,
Кармай калып имерип,
Кайык сындуу Желжетпес,
Такымга тартып жиберип,
Алда деп найза көтөрүп,
Сарыбайга бет алып,
Күрөштү күчтүү кылды эми.
Жоо белгиси добулбас,
Добулбас жайы ушундай,
Өзү пилдин териси
Айбалта менен бир салса
Асман көчөт тим эле,
Жер жүзүнүн керүүсү,
Урушта качат балбаны,
Колдун чыга далдалы,
Куялынын жаңжалы.
Добулбасты урду эле,
Артында такоол балбаны.
Бул белгини кылган соң,
Комогойлуу сыр найза
Күркүрөтө урду эле,
А да болбой карааанды
Күрүлдөтүп урду эле.
Жер бузулуп чаң болуп
Көргөндүн башы маң болуп,
Эрдин баары ээлигип,
Эрендин баары жээлигип,
Кайраттуусу шердүүсү,
Казатка чыккан эрдиги.
Калайыкка билинип,
Калк жанынан түңүлүп,
Жардап карап калганда,
Мына ошондо Куялы,
Тула-боюн топчулап,
Толук бетин упчулап,
Шер экени билинип,
Ок өтпөс болот кийинип,
Жоо дегенде сүйүнүп,
Аты ургаачы кыз балбан
Атышка салат чоң жаңжал,
Кайран башка не арман,
Берендиги белгилүү,
Көкжалдыгы көрүнө.
Жоо көргөндө көз жайнап,
Кан ичмеси бек кармап,
Карсылдатып тиш кайрап,
Алмадай мойну узарып,
Арстандай көзү кызарып,
Жетик белин курчанып,
Желип колдон бөлүнүп,
Сөлөкөтү-сөөлөтү
Матанган айбат келбети,
Жалаңкыч сындуу көрүнүп.
Жарак алып жаланып,

www.bizdin.kg

Эки жагын каранып,
Эзелки балбан шуркуя
Ээрди-мурдун жаланып,
Ажыдаардай толгонуп,
Арстандай комдонуп,
Каарын жыйнап камынып,
Жаратканга жалынып:
«Кутургур канын төгө көр,
Куп шерменде кылбастан,
Кудай абийир бере көр.
Кутургурдун колунан
Куласам өлөм баркым жок,
Куруган балбан өлдү – деп,
Урматтап көмөр калкым жок.
Ичим капа, боорум чок,
Капалыктан кайгы жок,
Кадыр Алда Жараткан,
Өзүндөн башка айла жок.
Беттешээрим Сарыбай,
Кармашты катуу баштадым.
Бел байлаган белим жок,
Бекитилүү шерим жок,
Медер кылган элим жок,
Каруусу толук капырды,
Кармаштым Кудай бере көр,
Аты ургаачы кыз элек,
Муңду Кудай бере көр» –
Деп, ошентип Куялы
Тегерете карабай
Деги өлөм деп санабай,
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай,
Алдындагы Желжетпес,
Оңдоп-солдоп теминип,
Оң-тетири камчы уруп,
Чү десе тулпар дыркырап,
Тулку туура тийген жер,
Кемер болуп быркырап,
Үстүндөгү балбан кыз,
Беттешээри Сарыбай,
Белгилүү душман момундай.
Астында тулпар түйүлүп,
Үстүндөгү балбан кыз,
Кабак бүркөп каш какпай,
Каткырып күлүп сүйүнүп,
Зың-зың этип кенебей,
Сарыбай балбан экен – деп,
Бучкагына теңебей,
Эрдик менен шердикти,
Айла менен ыктууну,
Акылга дыйкан көзү ачык
Аябаган шыктууну,
Алда Таалам бул кызга
Берген экен ченебей,
Өөдө-ылдый карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Өлчөөлөнгөн балбан кыз
Өлүм десе сүйүнүп,
Эр экени билинип,
Тулпар оозун бурганда,
Уңгусу болот сыр найза,
Кечөө күркүрөтө сунганда
Күрөшөөрү Сарыбай,
Беттешээри момундай.
Таш кайраттуу бадирек
Жүрөгү баатыр жоо билек,
Ал Сарыбай капырга,
Салмак болду чоң дүмөк,
Өлгөндө болбой эч арман,
Куялы салды чоң жаңжал.
Кадимкидей балбан кыз
Нечен мөрөй нечен чыр,
Беттешип жадаал салган кыз.
Канча жерден кат алган,
Кыз арстан аталган.
Жолун алда оңдогон,
Жол бабедин шаяба,
Экөө катар колдогон,
Бет алганың оңдогон,
Маңдайлашса сомдогон.

www.bizdin.kg

Аты угулган ааламдан
Кулак угуп көз көргөн
Билип турган далай жан,
Бул өңдөнгөн болбогон.
Сарыбайды бет алып,
Зулпукор кылып көтөрүп,
Найза жарак шайланып,
Чымырканып комдонуп,
Жебеден мурун жетем – деп,
Жетип найза сунушуп,
Талкалаша кетсем – деп,
Эрте айтары кеч болуп,
Кубат кайнап күч толуп,
Курган балбан түрлөнүп,
Кутургурга сүйлөнүп,
Катуу каарды баштады.
Кадыр алда берген жан,
Кылча көрбөй кызыталак,
Кылга байлап таштады.
Тулпар оозун бурганда,
Эр Сарыбай душманга,
Эми найза сунганда,
Белди ылдый бөкчөйтүп,
Өрт жайнаган эки көз,
Тунара жайнап чекчейип,
Чоң омуртка кабырга,
Каржайып бөлөк бөлүнүп,
Кан аралаш кызыл чок,
Жалындай ооздон төгүлүп,
Балбандыгы, шердиги,
Башкача көзгө көрүнүп,
Колдон чыгып бөлүнүп,
Баскан жерин уратып,
Булуттай учкан Желжетпес,
Буудан менен чуратып,
Туюгун бузуп жол салып,
Каары күчтүү Сарыбай,
Бузукуга кол салып.
Мына ошондо Куялы,
Узун бойлуу, кең далы,
Өтө балбан өткүр шер,
Эрендин бирөө бул дагы.
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумганча,
Желжетпеси жээлигип,
Булуттай учуп ээлигип,
Жебеден мурун жетти эле.
Найзага даңгыл Куялы,
Айтып жүргөн кеби бул,
Эр Сарыбай баатырга
Мына мындай деди бул:
«Ар качандан бир качан,
Бузукуну ойлойсуң,
Эл кыдырып, кан төгүп
Чатагыңды койбойсуң.
Минте берсең кутургур,
Бу дүйнөдө оңбойсуң.
Ит да сенден көп жакшы,
Иттигиңди койбодуң.
Чаркың жетти далайга,
Кылмышсыз өлдү далай жан,
Бу да адам, сен да адам,
Бул кылганың бек жаман.
Жайында жаткан момун эл,
Жаккан отун өчүрдүң,
Жан-жабылта көчүрдүң,
Жеринен бузуп талдарын,
Жетим таштап кор кылдың,
Кызыл чие балдарын.
Жети атаңдын өчү жок,
Не пейлинен кыргыздын,
Мынча кыйнап жандарын,
Ар качандан бир качан,
Кутурганың койбодуң,
Ичип канга тойбодуң.
Журт олжолоп, эл кырып,
Жаңжалыңды койбодуң,
Найзаны канга чыктадың,
Сүйлөсө сөздү укпадың.
Белес бойлоп кырды аштың,

www.bizdin.kg

Бейпайлашып чырдаштың.
Айтсам-айтсам болбодуң,
Ар качандан бир качан
Жаңжалыңды койбодуң.
Бейпай салып издесем
Өзүң келдиң, Сарыбай,
Талкалашып сайышар
Кезиң келди, Сарыбай.
Бир жаңжалды салууга,
Эки көзүң төрт болуп
Өзүң келдиң, Сарыбай.
Бурбай кылыч урганга,
Бузукташып турганга
Кезиң келди, Сарыбай.
Калк дүрбөтүп кол жыйып,
Колду түмөн мол кылып
Өзүң келдиң, Сарыбай.
Азыр кулап өлүүгө,
Барса-келбес кең жайың,
Бадирегиң көрүүгө
Кезиң келди, Сарыбай.
Желмогуз уулу дедирип,
Элге чыкты атагың,
Ай-ааламды буй кылып,
Ашты сенин чатагың.
Чатагыңды табамын,
Менин атым Куялы,
Капкайдан минтип табамын.
Антың уруп шашпай тур,
Баатыр болсоң, шер болсоң
Эр Сарыбай сен болсоң,
Акылыңдан шашпай тур,
Алдыңкы жерден качпай тур» –
Деп, ошентип Куялы,
Мүшкүлдүү сыр найза
Бура кармап алды эле,
Эмчек эттин бети – деп,
Өпкөнүн өлчөө чеги – деп,
Жүрөк колго түштү – деп,
Кулжуңдаган доңуздун,
Кулаар жери ушул – деп,
Куялы найза сайды эле.
Мына ошондо Сарыбай,
Өкүргөндөн бакырып,
Өрүк башын жапырып,
Найза болот айбалта,
Желмогуз уулу капырдын,
Балбандыгы бир канча.
Айбалтаны алды эле,
Ал найзаны жолотпой,
Кагып туруп калды эле.
Тайып найза өткөн соң,
Сарыбай качып кеткен соң,
Айбаттанып Сарыбай,
Ачууланды момундай.
Нечен иштин баарысын,
Утуп ие таштады.
Ажыдаардай ышкырып,
Айбаттанып бакырып,
Бакырыгы баш жарып,
Өрөпкүгөн доңуздун,
Өкүрүгү таш жарып,
Каары катуу төгүлүп,
Заары башка бөлүнүп,
Сарыбай жайын сураба.
Каарданып чамынып,
Найза сунуп камынып,
Журт бүлдүргөн капыр – деп,
Кармап жүргөн катын – деп,
Каарланды жээлигип,
Калкы тынбай ээлигип.
Октос берип октолуп,
Оозунан күйгөн чок болуп,
Кайраты катуу эң ыктуу,
Айла билген эң мыктуу.
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Айбаты артык, заары күч,
Капырды көрсөм өлдүм – деп,
Чымындай жандан күдөр үз.

www.bizdin.kg

Чын балакет Сарыбай,
Чын жаңжалы момундай.
Сарыбай жайын сураба,
Ачууланса буулуккан,
Айбатынан капырдын,
Ажалдуу пенде жолуккан.
Күркүрөдү күүлөнүп,
Күчөндү жаман сүйлөнүп,
Каарланып келгени,
Кайраты катуу бөлүндү,
Караса мүшкүл чочконун,
Жан кыяр түрү көрүндү.
Жадаал салбай турбады,
Жан-жанынан качып кол,
Алактап катып кыйрады.
Ал Сарыбай капырдын,
Чын жаңжалы көрүндү,
Чындап көңүл бөлүндү.
Ачууланып күүлөнүп,
Албан түрлүү сүйлөнүп:
«Кутурганы балбандын,
Кызмын деп жүрүп карыган кыз,
Жашы узакка барган кыз,
Жасалма сөздү салган кыз,
Жан өрттөдүң балбан кыз,
Кыядан көчкөн көчүң жок,
Кысынып жаңжал салгыдай
Кырк атаңдын өчү жок.
Мурунтан көчкөн көчүң жок,
Сары изине чөп салып,
Саргарта кууп келгидей
Сан атаңдын өчү жок.
Бузулушкан кеби жок,
Жаңжалдашкан эбиң жок,
Жан кыйышып салышкан,
Медериндин кеби жок.
Таластан чыккан көчүң жок,
Медериндин өчү жок.
Сураса бербес Желжетпес,
Суук укурук салайын,
Көрүнсө бербес Желжетпес,
Көрүнөө тартып алайын.
Жалынсаң келбес астыңа,
Жалбартып катын кылайын.
Опсуз ойрон саламын,
Каарым келди какайдым,
Олжого атаң кыламын.
Тагдыр жетсе өлөйүн,
Кутуруптур куу калча,
Жазасын колго берейин,
Катуулап тийип жинине,
Казыр жетем түбүнө,
Уулуу заарым чачайын,
Түп-тамырын казайын.
Албууттанып көрөйүн,
Алышып жүрүп өлөйүн.
Басып жанды талкалап,
Кабырга сөөгүн сөгөйүн».
Кызыксаң бузук мында – деп,
Кыргындуу кызык сонун – деп,
Кыз канчыгым мына – деп,
Жаңжалдашкан мына – деп,
Торкызыл санга бир салып,
Көк болоттон найза алып,
Чыгуучудай көзү чачырап,
Тиштесе жаагы ажырап,
Беттегени чок болуп,
Кайратталып октолуп,
Каарданып өкүрүп
Канча канды кууптур,
Калкылдабай кара жер
Калыңынан түтүптүр,
Калайыкты талкалап,
Эр Сарыбай кутургур,
Кармашамын деп келип,
Канча миң дөөлөр бүт өлүп
Катуу мүшкүл салыптыр.
Канча жерден калк союп,
Кан жыйнаган Сарыбай,
Канча жылы жол жүрүп,

www.bizdin.kg

Чаң жыйнаган Сарыбай.
Сарыбай жайын сураба,
Бука моюн, буура сан,
Булкушканды куураткан,
Бет алганын буй кылган,
Ай-ааламга чыр кылган.
Карааны жерге чачылган,
Сарыбай келет дегенде,
Бешиктеги тили жок,
Ымыркай бала басылган.
Каары калкка билинген,
Беттеп барган пендеси,
Белгилүү жандан түңүлгөн.
Кабылганды кайсаган,
Керишкенди кемирген,
Эр Сарыбай кул ошол,
Басып адам келбеген,
Баркын жанга бербеген.
Улук экен Сарыбай,
Караса мүшкүл момундай.
Калк бүлдүргөн доңуздай,
Куялы найза сайганда,
Кыздан найза жедим – деп,
Кан канчыгым сени – деп,
Түктөйүп түрү бузулуп,
Каарданып тутулуп,
Асты кийнин каранып,
Ач бөрүдөй жаланып,
Кирпик күйүп чок болуп,
Ок жыландай октолуп,
Туталанып туралбай,
Сарыбай каар баштады.
Айбатынан карагыр,
Ачууланса солкулдап,
Кулап кете таштады.
Айкырыгы чаңылдап,
Чагылгандын огундай,
Оозундагы илеби,
Өрттөнгөн сөксөөл чогундай.
Жадаалы башка, заары күч,
Көрсөң түрү момундай.
Каарланып качырса,
Кармашы түпкө жеткидей.
Самсаалаган сакалы,
Бужурайган муруту
Ала карга сагызган,
Коркпой түнөп кеткидей.
Кеч кирсе түнөп өткүдөй,
Кезиксе канды төккүдөй.
Сарыбай жайы ушундай.
Тоокызыл оозун буруптур,
Тозоктуу каардуу чочконун
Ойлосом Кудай уруптур,
Айта-буйта дегиче,
Тоокызыл оозун бурду эле,
Тогуз чокмор сыр найза,
Токтобостон камбыл күң
Бура тартып тургуча,
Оңтойлонуп Желжетпес,
Оңдоп жолго келгиче,
Токтобой найза урду эле...
Калың мүшкүл баштады,
Желжетпестин үстүнөн,
Жеткилең балбан арстан кыз
Чамасы кайнап ташкан кыз,
Ай-ааламдын баарысын
Алыш менен баскан кыз.
Кыйшалаңдап кылт этпей,
Өлөмүн деп кенебей,
Сарыбайдын сайганын,
Салып жаткан жаңжалын,
Бучкагына теңебей,
Көңүлү чоют болгон жок,
Көркоо кулдун найзасын,
Камгакча катуу көргөн жок.
Сарыбай найза салганда,
Карсылдашып балбан кыз,
Былкылдабай калганда,
Каарданып Сарыбай,
Калың колго бакырды.

www.bizdin.kg

Калбай барың капта – деп,
Аты ургаачы канчыкты,
Кара жерге тапта – деп,
Балбан экен кутургур,
Басып каптап өткүлө,
Найза, балта жабылтып,
Талап-талап кеткиле.
Улукман дөөсүн сойгула,
Кашайта көзүн ойгула,
Жан-жанынан жакындап,
Жабыла найза ургула.
Бейпайлашып чырдашып,
Бу канчык жанын кыйгыла.
Жакын бирге сырдашып,
Бирге өскөн курдашым,
Бир кызыкка батышкан,
Биригип аркар атышкан,
Чалгынды бирге чалышкан,
Өзүмдүн мүшкүл огуна,
Кайнаган душман тобуна,
Бирге басып барышкан.
Ак буудайдай жуурулган,
Ак бөкөндөй суурулган,
Бу канчыкты саялбай,
Чымындай жаным куурулган,
Белимден найза бүктөлүп,
Минтип жанга күч келип,
Омуртка сөөгүм оройду,
Оң кабыргам бүктөлдү,
Ойрон башка күч келди.
Көз тунарып ал кетти,
Көп күч менен сайышып,
Бейтаалай канчык берендин,
Кежирдиги билинди,
Керилип найза бир уруп,
Сарыбай жандан түңүлдү.
Ичи өрттөнүп чок болду,
Ааламдан мындай жок болду,
Быт-чыт болуп Сарыбай,
Күйүп кеткен окшоду.
Айланайын балбандар,
Өлүмгө орток жан бирге,
Тирүүлүктө жыйгандаш,
Сапарга кетсем ыймандаш,
Турбай найза ура көр,
Туугандан жакшы курбулар,
Мен Сарыбай болгону,
Сарыбай атка конгону
Алтын таажы кийгенмин.
Мына ошондо Сарыбай,
Айбаттанып бакырып,
Алчайып атка мингенмин,
Канча казат чыр көрдүм,
Казандашып өлбөдүм.
Кыз балбандай мүшкүлдү,
Жер үстүнөн көрбөдүм.
Тегиз каптап кеткиле.
Көптүн иши көл дайра,
Турбай найза сунгула.
Турбай жаңжал салгыла,
Туйгунуңар Сарыбай,
Ажыратып алгыла.
Кеп угуучу сырдаштар,
Жан киргизчү курдаштар,
Туу түбүнө турчулар,
Жаны курман болчулар,
Сарыбай мындай дегенде,
Каптап кирди калың эл,
Калайман салты ошол жол,
Жамгырдай ок жайнады,
Чын ажалы жеткендин
Окко учуп шору кайнады.
Жер бузулуп, түн түштү,
Ойлосоң мүшкүл күн түштү,
Кутургандай кыжылдап,
Жазайыл огу ызылдап,
Жаанын огу жаркылдап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлүп шыркырап,
Кемирилип жер оюлуп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кез болгон адам союлуп,
Сарыбайдын сан колу,
Каны буйрук кылганда,
Каптаган экен ал жолу.
Кыз Куялы арстан кыз,
Кумурскадай кылкылдап,
Курчап жетти былкылдап,
Найза сунуп бакырып,
Ар кайсысы чоң мүшкүл,
Сарыбайлап чакырып.
Саны каптап кеткен соң,
Жер бузулуп чаң болуп,
Жетип курчап аларда,
Жер майышкан толгон кол,
Кыз Куялы балбанды,
Ортосуна алаарда,
Каптал жагы дуу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Баатырларын, шерлерин
Балбандарын, эрлерин,
Найзага камбыл ыктуусун,
Айла тапчу мыктуусун,
Берендин уулу эр Сейтек,
Шайлап чыгып келатат,
Шамдагайы желмогуз,
Бет алганын кыргыйдай,
Берендин уулу эр Сейтек,
Айдап чыгып келатат.
Беттешкенин сороитуп,
Жайлап чыгып келатат.
Тагдыр жетсе өлөм – деп
Кыз Куялы балбанга,
Караан болуп берем – деп,
Кабылан уулу эр Сейтек,
Капташканын качырып,
Эңкейиште эр сайып,
Эченин катар бир сайып,
Колду жарып найзалар,
Берендин уулу келгенче
Кеңири бар Таластай,
Келбетин көрсөң Манастай,
Болжолун көрсөң Кошойдой,
Кайсаганы камандай,
Бөлүп-жарып киргени
Кышкы бургак шамалдай.
Дүмөктөй муну көргөнү,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Басарга чуңкур көр таппай,
Качаарга караан эл таппай,
Каптап кирип кара кол,
Карашканы ошол жол.
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдатып урушуп,
Найзаларын малышып,
Артык жаңжал салышып,
Кол беттешип чуу туруп,
Колу колго урунуп,
Койгулашып турушуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Касаба кайнап туу туруп,
Айгайы артык чуу болуп,
Алышкан мүшкүл бул болуп,
Кол беттешип калганда,
Козголбой согуш салганда,
Азууларын аркайтып,
Ат кырылып тоо тунуп,
Муруттары эрбейип,
Эр өлүгү тоо болуп,
Кайра келбес сапарын,
Көрүп жаткан пенде көп,
Кызыл канга чөмүлүп,
Өлүп жаткан пенде көп.
Калың мүшкүл чоң жаңжал,
Эл кырылган бейарман.
Найза кыйрап боо түшүп,
Эр өлүгү тоо түшүп,
Эпсиз кыргын болуптур.
Колот кызыл кан толуп,
Өлүккө чуңкур аң толуп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Тирүү жан жаны күйүгүп,
Тиктеп көрсө бул заман
Жалганчысы көрүнүп,
Уйгу-туйгу бөлүнүп,
Ал дегени катарын,
Койбой жанчып союшуп,
Козголоң кыргын болушуп,
Нечен кыйын тулпардын,
Ээри жок мойнок ээси жок.
Нечен күлүк тулпардын,
Чылбыр сүйрөп чыркырап,
Мойнок жүрөк буркурап,
Кыйын мүшкүл чоң жаңжал,
Көрүп жаткан элде көп,
Өлүп жаткан пенде көп.
Эрендин баары зирилдеп,
Эл чуркурап биринде,
Найзалашып сайышып,
Кырылышып калышып,
Калың жаңжал чырбалып,
Адам билбес чыр болуп,
Жаңжалдашып турушуп,
Жаман кыргын болушуп,
Эр Сейтек түрүн көргөндө
Сарыбай колу багынып,
Кээ бир эрге, кээ бир эр
Тизелери бүгүлүп,
Артынан чуркап жүгүнүп,
Окоро түйгөн чылбырды,
Моюнуна артышып,
Бир бирине бир бири
Тулпар атты тартышып.
Энтеңдешип желишип,
Элчиликке келишип,
Баатырына багынып,
Мал тартыша калышып,
Улуу нускадан башташып,
Уруш менен жаңжалды
Ушинетип башташып,
Кагыш кылган эки кол,
Эл болушуп ошо жол,
Бир бирине кеп баштап,
Акыл жыйнап кең баштап,
Азабы жаңжал кеп баштап:
«Өткөн иштин жайынан,
Сарыбайдын айынан,
Түмөндөй илек кол болуп,
Ааламдын баары козголуп,
Айдап келген Сарыбай,
Арканы жок, жиби жок,
Бизди байлап келген Сарыбай.
Каарды катуу баштаган,
Агача Сайкал сан келин,
Айылды карап таштаган,
Мүшкүл тартып каз өлгөн
Эркин жаткан малыман,
Эр түңүлүп жанынан,
Түңүлгөндүн себеби
Коломтодой кол чыгып,
Койбой журтту бүлүнткөн.
Сарыбай деген зор чыгып,
Калк чогултуп кол жыйнап,
Колдун баарын мол жыйнап,
Каны буйрук кылганда,
Каарын чачып какайып,
Каарланып турганда,
Саруларга дат барбы,
Төрөң төрдөн өкүрсө,
Төө тоспос элде ат барбы,
Короодо илек мал калбай,
Кайрылып качаар ал калбай
Такалуудан тай калбай,
Туундудан жан калбай,
Бул өңдүү кызык баштады,
Каяшаяк бергенди,
Калтырбай кырып таштады.
Белгилүүсү зор кылды,
Бенденин баарын кор кылды.
Сааты кармап сапырып,
Ачууланып айкырып,

www.bizdin.kg

Адамга мүшкүл иш салып,
Айдап келген Сарыбай.
Алыш кыргын кылганда,
Айтканымды кылгын – деп,
Шайлап келген Сарыбай.
Качкыстын кара ноктосун
Катып келди, Сарыбай.
Кайран башты мүшкүлгө
Чатып келди, Сарыбай.
Эл эркинде жатканда,
Эриксек элик атканда,
Эрикпесе кайран журт,
Чоң кызыкка батканда,
Жалпы кызык иш көрүп,
Нечен эл жыргап жатканда
Минтип журтка чыр кылды,
Адам көргүз сыр кылды.
Эрендин шору кайнады,
Тополоң оору тийгендей,
Токтотпой жанды айдады.
Желмогуз уулу капырдын,
Кан ичмеси кармады.
Журт бүлдүрүп эл бузуп,
Жаңжал баштап кол бузуп,
Журттун баарын кордуктап
Элдин баарын зордуктап,
Бүткөн ишти бүлдүрүп,
Айласы кең адамды,
Амалсыздан бүлдүрүп,
Жүз адамды бир адам,
Баштык кылып айдады.
Зордукташып кайран журт,
Ошентип шору кайнады.
Элдин датын угуңуз,
Бөлө албай жаткан энчи жок,
Ачууңузду тыйыңыз,
Жанталашкан Сарыбайды
Чабыш кылып союшуп,
Чалкасынан салдыңыз.
Кенедей колдо кылмыш жок,
Чалыша турган чама жок,
Эл-журт кылып алыңыз?
Канкор уулу кабылан,
Жүйөлүү сөзгө көнүңүз?
Кылмышы жок көп элдин,
Кыргын кылбай бөөдөдөн
Кашык канын бериңиз?
Кылмышын көрсөң кокустан,
Баатыр, кырып ийсең кокустан,
Айтылган ушак чын болсо,
Таңкы машкар күнүндө,
Желмогуз уулу капырды,
Кылмышы жок кырды – деп,
Ушундай кызык кылды – деп
Кара эшек кыла жүрөрбүз,
Катуу кагыш салыңыз,
Эсеби жок, эби жок,
Колуңа түштүк ушул жол,
Эл-журт кылып алыңыз.
Сарыбайга теңелип,
Жапалуу жаңжал кылбаңыз?
Жазыгы жок кайран эл
Жалпы чогуу кырбаңыз?
Кан колунан өтөрсүз,
Журт кыйырына жетээрсиз,
Эң калыстык, адилдик,
Баатыр, кылбай койсоң бекер сиз.
Келбетиң башта турганда,
Кандык белги баштаңыз?
Каныңда бар чоң мүшкүл,
Кылмышы жок бул элдин
Баатыр, кашык канын таштаңыз?
Өткөн иштин жайынан,
Эл жыйнала бергенбиз,
Зордук менен айдалып,
Кол жиби жок байланып,
Көз алактап жайнаган,
Миң кишиге бирөөнү
Башчы кылып койгонбуз.
Бардык мүшкүл ушундай,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кеп укпаган сонунду,
Түк билбеген момунду,
Аштык айдап, жан баккан,
Кыш камын жеп чөп чапкан,
Жашы менен карысын
Айдады журттун баарысын.
Белге таңуу белдерди
Бейпай кылган бул элди,
Жаман жаңжал баштады,
Каарын төгүп Сарыбай
Такыр кырып таштады» –
Деп, ошентип, журт чуулап,
Кол чуркурап чуу болуп,
Кайран шердин тукуму
Эр Сейтекке багынып,
Эл алдында сүйлөнүп,
Арага жүргөн эрлери,
Айла тапкыч берени,
Кара тилди кайраган,
Кан алдында сайраган,
Найзакерден ыктуусу,
Келген колдун мыктуусу,
Көзү көргүч эчени,
Акылга жакшы чечени
Кол куушуруп турду эле.
Кол мыктысы Чаңдаяк,
Эр Сейтекке муну айтып:
«Баатыр болсоң, шер болсоң,
Түп атаңыз Түгөл кан,
Түбүнөн Кыдыр даарыган,
Түп берендин тукуму
Түп олуя укуму,
Касташканың Сарыбай,
Душман көрбөй баарына,
Сарыбай чочко экен – деп,
Баатыр, кыйын чачпа заарыңды,
Баатыр, бакканга да жан керек,
Сен өңдөнгөн баатырга,
Биз өңдөнгөн эл керек,
Аргымак сатуу, биз тартуу,
Касташканың Сарыбай,
Сарыбайга өчөшсөң,
Кызырлуу шердин тукуму,
Чымырканып качырсаң,
Кылычты кындан алыңыз,
Кыйын каарын кармаңыз.
Кыргын кылып салыңыз.
Күн жаңжалың кармаса,
Кашайта көздү оюңуз.
Сарыбайдын сан колу
Жоо бүлдүргөн оёнбуз.
Ушу бүгүн ошондо,
Колго түшкөн коёнбуз.
Тулпар оозун бурабыз,
Терекче маана болор – деп,
Бет алдыда Чаңдаяк,
Кол куушуруп турабыз.
Колго түшкөн бендебиз,
Күнөөкөр болгон баарыбыз,
Кан экениң чын болсо,
Кайран башка катылбай,
Аман-эсен коюңуз.
Таксыр кан экенсиң,
Кылычты кындан алыңыз.
Кылча койбой бул жанды,
Кыргын кылып салыңыз.
Байыркыны сурасаң,
Күркүрөк шамал белдебиз,
Күрөш жаңжал чыр баштап,
Баатыр, күрөшкөнү келгенбиз,
Бул кезекте эр Сейтек,
Колго түшкөн пендебиз.
Акка моюн бурабыз,
Баатырдан себеп болор – деп,
Ууртаса толбос бир кашык,
Канды сурап турабыз.
Жети күндүк аманат,
Баатыр, жанды сурап турабыз.
Өлтүрбөй тирүү койсоңуз,
Терегибиз туу болот,

www.bizdin.kg

Бычагыбыз бүлөнөт,
Тапканыбыз жыйындаш,
Амалга орток курбулаш,
Сайрап турат кызыл тил
Дарыя көк жал өзүң бил.
Кылмышсыз элди көзүңө ил.
Журт чогулуп эл качса,
Куу малы чирип куу казык,
Куурабаса журт азык.
Кылмыш жаңжал колумда,
Азыр көк жал турабыз,
Береним сенин колунда.
Темир кеже көк жалдын,
Торунда туруп жатабыз,
Кабылганды канкордун,
Баатыр, колунда туруп атабыз.
Өртүнө келген тозоктун,
Чогунда туруп атабыз.
Атаңыздан бабаңыз
Ал жоолууга тийбеген,
Беттеп бенде жеңбеген,
Пенде чыдап келбеген.
Телегейи тең деген,
Ичин карап отурсаң,
Жердин жүзү кең деген.
Азалап келген канча бар,
Дүнүйөсү канча бар,
Казынада канча бар,
Кашык кан сурайт барча жан
Асыл көк жал билип ал,
Колуна түшкөн пендебиз,
Баш тарттык баатыр тилимди ал.
Башкы атаңыз Манас хан,
Туурдугу май чалган.
Биз өңдүү колго түшкөндө,
Туш-туш жерге хан кылган.
Керегени май кылган,
Кергиштеп түшсө олжого,
Балбан атаң Манас хан,
Туш-туш жерге хан кылган.

Баатыр болсоң, шер болсоң,
Манаска мүшкүл сен болсоң,
Колуңдагы букараң
Бизди аман коёрсуң.
Өкүлдөп каарың кармаса,
Кыргын кылып соёрсуң.
Кылчайбай бизге келерсиң,
Катуу каарың баштаса,
Калайманды баштаңыз,
Эр адамга эл керек,
Жанды тирүү коюңуз,
Баатыр эркиң менен болуңуз.
Малга-жанга жер керек,
Баатыр сизге эл керек,
Букара журт кең керек.
Айткан сөз ушул билип ал,
Айкөл султан тилимди ал.
Тил алгын тирүү коюңуз,
Тил албасаң союңуз.
Аманат жан турабыз,
Милдетиңиздин чогунда,
Баран атсаң октойбуз,
Өрттөп ийген оттойбуз.
Жаңжал менен мүшкүлдүн,
Арасында жолдобуз,
Туйласа чыккыс тордобуз.
Канаттуу учса кутулгус
Баатыр каскан терең ордобуз.
Төрт аяк жандар кече алгыс
Эки жалпак шордобуз,
Найза таштап баш ийген,
Астында келген жоргобуз,
Олжого түшкөн калча – деп,
Дүнүйөбүз канча – деп,
Атадан калган ырым – деп,
Айылдаш бирге конууга,
Ак буудай нанын чайнашып,
Келмешаарын кармашып,
Убаданы бек кылып,
Адам өлөр шек кылып,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Айылдаш бирге конолу,
Ашкере тууган бололу.
Найзаны бирге боёйлу,
Балаа чыкса, чыр чыкса,
Душмандан бузук көп чыкса,
Бирдикти кошуп бир жерге,
Душманды бирге жоёлу,
Айылдаш жакын конолу,
Коңшулаш тууган бололу.
Кирди бирге жууйлу,
Киндикти бирге бууйлу,
Бирдиктүү болуп баш кошуп,
Буудан болуп калалы.
Короо-коңшу айылдаш,
Тууган болуп калалы.
Найзаны бирге боолашып,
Душманды бирге жоолашып,
Доону бирге доолашып,
Чалгынды бирге чалалы.
Кыр жагында кытай бар,
Маңдайында бараң бар,
Басташар душман далай бар,
Өлбөсөк кызык көрөбүз,
Өлбөй жүрсөк өзүңө
Караан болуп берербиз.
Өзүңүзгө санатсыз,
Он эки куйрук кырк чалгып,
Капталыңа канатпыз,
Абайлап уксаң сөзүмдү
Көрүп турсаң көзүмдү,
Бийлеп турсаң өзүмдү,
Сапарга барсаң жолуңбуз,
Салышка кирсең сонунбуз,
Муздакка кирсең үшүткүс,
Боосу жибек, жеңи жез,
Үшүтпөй турган тонуңбуз,
Жашынсаңыз кабакпыз,
Багып алсаң баатырым,
Казына таттуу тамакпыз.
Өөдө чыксаң өбөкпүз,
Өлтүрбөй аман эл кылсаң,
Өзүңө жакын жөлөкпүз.
Кесип жесең түгөнгүс,
Эң казына чоң мураа
Өзүңүзгө керекпиз.
Астыңа салсаң ак жолбуз,
Астында жүрсөк чоң мураа.
Карааны катуу сан колбуз,
Баатыр, тирүү коюп сынаңыз,
Кесип жесе түгөнгүс,
Кең казына мураабыз,
Байкуш болуп баш чайкап,
Колуңузда турабыз.
Кырып салсаң бир күндүк,
Тирүү койсоң миң жылдык,
Баатыр, чоң казына мурабыз,
Тирүү болсок туз актап,
Кызматынды кыларбыз.
Баатыр, эң казына эң мураа
Кармап чыксаң желекпиз,
Олжого түшкөн керекпиз,
Усталарга табылбас
Кара болот курчтайбыз,
Таптап алсаң бул журтту
Тоого бөрү токтотпос,
Бозум түлөк куштайбыз,
Бак алдында сайраган,
Тили чүчүк булбулбуз.
Тууруңузда таранган
Көзү чекир туйгунбуз,
Тирүү жүрсөк жыйгандаш,
Өлүп калсак ыймандаш,
Айыл консо жергелеш,
Тирүүлүктө биргелеш,
Кез болушкан тууганбыз.
Кежирлешип чыр кылбай,
Тууган кылып алар – деп,
Көңүл сүйүп жиберип,
Чөлдүү жерге чабар – деп,
Аябаган мураны

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Айкөл көк жал табар – деп,
Айылдаш бирге конор – деп,
Бир жерде бийлик болор – деп,
Кор болуп моюн бурабыз.
Назарын мыктап салар – деп,
Аймак кылып алар – деп,
Асыл шердин тукуму,
Сени мура кылып турабыз.
Бурулгун айткан сөзүмө,
Мура болом өзүңө.
Касташканын бас кылчу
Карааныңыз билебиз,
Каса берсең түгөнгүс
Алтын кашаа кенибиз,
Баатыр, айдап жүрсөң белиңбиз.
Байкап көрсөң сураакы,
Артындагы адам мураапы,
Бурулуп көк жал сөзүмө
Ушу турган калайык,
Өлүмдөн эсен койсоңуз
Мурда болот өзүңө.
Насыят сөздү билип ал,
Асыл көк жал тилимди ал.
Жакшы баксаң ушул журт,
Жагоосу бар мушкарбыз.
Токуп койгон тулпарбыз,
Караан болуп берчүбүз,
Касташканын сүрчүбүз.
Кажыбай жоого тиербиз,
Маана бутак тал болуп,
Какырда чынар терекпиз.
Кабылган эрен өзүңө,
Миң кыл мураа керекпиз.
Колго түшкөн эң олжо,
Калчалардын бирибиз,
Пендесине кезиккен,
Кадырдын жарык күнүбүз,
Ат байлаган казыкпыз,
Баатыр, багып алсаң азыкпыз,
Акыл ийлеп, ой-ойлоп,
Даанышман эле шер болсоң,
Көк жал шердин тукуму,
Баатыр Сейтек сен болсоң.
Мүшкүл баштап чыр кылбай,
Жанды тирүү коюңуз.
Баягы душман десеңиз,
Жалпыбызды союңуз.
Жалаңгыч душман Сарыбай,
Жадаалдыгы момундай.
Атышты арбын салыңыз,
Карып жутту канкордон,
Кара тажаал өзүнөн
Тозоктун таамай көзүнөн,
Ашуу зардын шорунан,
Калк бүлдүрүп эл кырган,
Сарыбай мүшкүл колунан,
Ажыратып алыңыз.
Байкуш эл колун бошотуп,
Бир сообуна калыңыз.
Колго түшкөн бул элдин,
Эрени бар, ханы бар,
Эзип элди Сарыбай,
Эмгек кылды момундай.
Каарлуу чочко чоң болуп,
Казына журту ор болуп,
Жарактууну жайлады,
Жан чыгарып айдады.
Жаза тартып чыр көрбөй,
Жалгыз бир жан калбады.
Капыр күндүн заарынан,
Көп дүйнөнү жыйнадык,
Көз кашайып ыйладык.
Тирүү жанды тим койбой,
Тим эле айдап кыйнады.
Жазыгы жок иш кылды,
Жаман жанга күч кылды.
Айдап жүрүп Сарыбай,
Жалпыбызды түз кылды.
Катуу кетип алыбыз,
Кашыкча калды каныбыз,

118*

www.bizdin.kg

Кармоодон кетти жаныбыз.
Кармашууга кол жыйнап,
Калтырбай элди мол жыйнап,
Катуу мүшкүл баштады.
Жаман катын, жаш бала,
Жалпы кача баштады.
Ар ортону жол кылды,
Айдап жүрүп Сарыбай,
Ай-ааламды кор кылды.
Колго түшүп калганбыз,
Керек десең баатыр шер,
Аман бизди коюңуз.
Кежириңиз кармаса,
Каза кылып союңуз,
Машала кыргыз жер мына,
Баатыр барган эл мына.
Терең казган ор мына,
Тегиз кырсаң кол мына.
Ошо колдун баатыры,
Артык экен акылы.
Кара тилин кайраткан,
Калк алдында сайраткан
Тилге чечен ыктуулар,
Айтканы шекер мыктуулар,
Чын сүйлөгөн сөздөрү,
Жүгүрмө чечен кептүүлөр,
Артык болду ушулар
Таамай билген мыктуулар,
Талыкпай атып тургандар,
Катар шердин алдына,
Жабыла найза тартышып,
Жакшы жолун байкашып,
Аттан кулап турушту.
Арамдыктар билинди,
Кулап аттан жабылып,
Сарыбайдын калың кол,
Эр Сейтекке багынып,
Чаңдаяк акыл кылды эми,
Балбандары, шерлери,
Акылдуусу эрлери,
Журттун камын жегени.
Катар баары багынып,
Айрандай уюп кылт этпей,
Калың кол жатты былк этпей.
Туу кулатып жыгышып,
Турбай чыбык кырышып,
Аңгемени башташты,
Баарын такыр ташташты.
Адырдан аккан булактай,
Ашкере дос ынактай,
Журт короолоп турушуп,
Эстегидей дос болуп,
Эки тыным таанышып,
Колу колдон кеткен соң,
Кайраты күчтүү Сарыбай,
Каардуу жини момундай.
Каары катуу төгүлүп,
Жаңжалы катуу көрүнүп,
Катуу чырым кылыптыр,
Кабылган колду кырыптыр.
Айбалта уруп доо кылып,
Ай-ааламды чыр кылып,
Катуу кагыш башталды.
Кайран жаның кутургур,
Калкка байлап таштаптыр.
Жердегени жээлигип,
Жерден адам келбеген,
Барып адам көрбөгөн,
Жаман эл деген эл экен.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Жаман элдин ханы экен.
Жараткан Кудай каары экен,
Эл башкарып түз кылбай,
Бузуктан башка иш кылбай,
Жаман элден кол жыйнап,
Тынчы элден бүтүптүр,
Муну менен кайран эл,
Хандыгынан түтүптүр.
Мындан мурун нечен жыл,
Бул бүткүл журтту айдаптыр,

www.bizdin.kg

Сарыбайда эл калбаптыр.
Кор кылып элди кырыптыр,
Катуу жаңжал чоң кыргын,
Канча сапар кырыптыр.
Калың элдин баарысы,
Капырдын каарын билиптир.
Көрүнө ачык биле албай,
Ал Сарыбай капырды,
Калк бүлдүргөн баатырды,
Суусу көлдөп турчу экен.
Кашыктап төгөр кан калбай,
Кармашаар катуу жан калбай
Эгин-тегин айдатпай,
Элден эгин жайлатпай,
Айдап жүрүп азгырып,
Элдин шорун кайнатты.
Эл дүүлдөп дуу кылып,
Эсеби жок чуу кылып,
Балалуу итке тутулдук,
Бул капырдын колунан,
Айла таап арең кутулдук.
Кыргын түшүп чуу кылдык,
Өрттөп жанды куурадык.
Калк күбүр кылчу экен,
Кылганы жетет Сарыбай,
Каарын төгүп кайрылып,
Каралды кылып отурган,
Сан колунан айрылып,
Кабырга сөөк сөгүлүп,
Көңүлү абдан бөлүнүп,
Өлүм, ажал, чын жаңжал,
Төбөсүндө көрүнүп,
Муруттун баарын бургулап,
Сакалдын баарын жулгулап.
Жаңжалы артык иш болуп,
Жанга жаман күч келип,
Каарланып кайгырып,
Кармаган колдон айрылып.
Куйругум жок, жалым жок,
Сопол болуп калдым – деп,
Мүйүз сынып башымдан,
Токол болуп калдым – деп,
Кайран журттан айрылып,
Копол болуп калдым – деп.
Көбүрттү арбын кан кайнап
Козголоң салып көз жайнап
Кезиме кандай иш келет
Кеттим деп жандан түңүлүп,
Беттешкенде Куялы,
Кармашканы эр Сейтек,
Кагышканы Күлчоро.
Кармап баштап бул жерде,
Моюн бербей үч шерге.
Кезектешип турушуп,
Маңдайлашып урушуп,
Мыкты жаңжал салышты,
Мылтык атып, жаа тартып,
Беттегенди буй кылып,
Бендеден ашкан чыр кылып,
Кежирленсе хан өлүп,
Кармашкандын баары өлүп,
Ушундай жерде эр өлүп,
Нечен адам тең өлүп,
Улукман өлүп, хан өлүп,
Урушкандын баары өлүп,
Ай-ааламдар жыйылып,
Эки жактан кагышса,
Эки баатыр чабышса,
Кылмышы жок кылайган,
Айгайы арбын чуу болуп,
Казаттын каары бул болуп,
Келген жакка бой бербей,
Балбандыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча,
Бет алганын буй кылып,
Кырып кетип баратат.
Көп адамга бой бербей,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Баштагыдан көп эле
Күчөп кетип баратат.

www.bizdin.kg

Ортого алып үч баатыр,
Сыр найзаны сунганда,
Туш-тушунан урганда,
Кабак дебей, каш дебей,
Жаңжал десе баш бербей,
Алышканда ал жетпей,
Күрүлдөшүп күч бербей,
Кармаш кылса кол өтпөй,
Каардуу мүшкүл капырга,
Сөксөөл жакса чок өтпөй.
Ай-ааламы бүт жетпей,
Бет алганы найзаны,
Сунуп турат Сарыбай,
Каардуу кармаш, чоң мүшкүл
Кылып турат, Сарыбай.
Кабылганын бөрүдөй
Жулуп турат, Сарыбай.
Катуу кармаш, чоң жаңжал
Кылып турат, Сарыбай,
Ортого алып үч баатыр,
Союлга алса солк этпей,
Кылыч тийсе кыңк этпей,
Найза тийсе былк этпей,
Жаңжал салса сабылбайт,
Эрегиш кылса доңузга,
Кенедей айла табылбайт.
Мына ошондо Сарыбай,
Катуулап каары кармады,
Казышпай карап калбады.
Баштагыдай мык эмес,
Артып жини кармады.
Көкжал тууган эр Сейтек,
Кулан сур оозун бурду эле,
Эл Куялы, Күлчоро,
Бул арызга кол салган
Жолду сурап турду эми.
Бул желмогуз уулу Сарыбай,
Сарыбай каарын салганда,
Кең дүнүйө тарыды,
Келберсиген кайран жан,
Мүшкүл тартып карыды.
Сарыбайдын заарынан
Салган мүшкүл каарынан,
Элдин баары түңүлүп
Эпсиз көкжал жайылып,
Беттешкендер кырылды.
Талап, камап буй кылып,
Калайык көрдү кыйынды.
Бек арбытып жараны
Көп көргөздү далайды.
Түнөттүрдү конокту,
Бек тарттырды жомокту,
Көп кетирди түрлөрдү,
Төбөдөн атты жандарды,
Туташ кылды күндөрдү,
Эл жайлоолоп көк жолдо,
Жай мезгили болгондо,
Байчечекей гүл жайнап,
Булбул талга конгондо,
Өлүмдөн аман тирүү жан,
Көк кенедей толгондо.
Катуулап каарын төккөндө
Кармап калган адамды,
Кабыргасын сөккөндө,
Берен өлүп хан өлүп,
Беттешкендин баары өлүп,
Ыктуунун көзү тешилип,
Бул капырдын заарынан
Кезиккендин башы кесилип
Кылкылдап кол жыйылып,
Кыйла адамдар кырылып,
Кыян мүшкүл чыр салып,
Арстандыгы момундай.
Өлүмдөн калган баарысы,
Түтүнү көктү өрттөгөн,
Туталатып жанымды,
Кабылганды кайсаган,
Кезиккенди кемирген,
Кан шимирген семирген,
Кара нардан мал сойду,

www.bizdin.kg

Кылыч кынын кан кылып,
Доого кызмат болгуча,
Уюлгушкан чыр болду,
Эр Күлчоро шер элем,
Нечен түмөн эр келген,
Бул Сарыбай доңуздун,
Адырдан тийди көчүмдү,
Алалбай жүрүп өчүмдү.
«Баатыр элем мен Сейтек
Дагдыр жетсе өлөйүн,
Кутурган экен куу доңуз,
Кулжуңдашып көрөйүн.
Матанбай мүшкүл саламын,
Колу жетсе намысым,
Кектүү өчүм алайын,
Кесири калың чочкого,
Жекеге чыгып барайын.
Каарланып капырга,
Кайраттуу белин басарга,
Жок эмес жеке барамын,
Мыктап найза салышам,
Чарпыш кылып көрөйүн,
Колунан түмөн кол кетти,
Чаркы канча көрөйүн,
Атышты арбын салайын,
Кыйраган журттун белгисин,
Ушундай кылып калайын.
Ал Сарыбай, мен Сейтек,
Айгайлашып салышып,
Бир мүшкүлдү салышып,
Жан аябай тартышып,
Түгөнүшүп калышып,
Кызык кыргын салайын.
Кылча жанды аябай,
Түгөнүшүп калайын,
Бир беттешип калууга,
Жана жаңжал салууга,
Эрте сөзүм кеч болгон,
Эки көзүм төрт болгон,
Мыктап найза сунууга,
Бир беттешип турууга,
Маңдайга жазган дагдырды,
Баарын билип көрүүгө,
Кыйнап көрсө кудаага,
Кайран жанды берүүгө,
Баатырдыгы, шердиги,
Байкап туруп көрүүгө,
Баатыр болсо, шер болсо,
Сарыбай тажаал эр болсо,
Баатыр көк жал болжолу,
Баатыр Сейтек мен болсом,
Башка келген балбанды,
Баарын сурап турамын.
Каарланган капырдан,
Качпай согуш кылууга,
Абийир берсе жараткан,
Бир кызыкты кылууга,
Качанкы жинин кагууга,
Маңдайлашып турушуп,
Бир дүмөктү салууга,
Кылча калбай жалгыз жан,
Кырылышып калууга,
Аңгемени курадым,
Сарыбай жолун сурадым.
Жекеге чыгып сайышып,
Жеткен кыза улуу дуу,
Мына ошого камынып,
Бир жаңжалды салууга,
Каптап барып көрөбүз,
Кумар болуп өзүбүз,
Акка моюн сунабыз,
Жекеме-жеке барууга,
Жетип уруп салууга,
Кумар болуп турабыз.
Бул Сарыбай түзөктү,
Жаактууга жай бербей,
Жайдак атка бой бербей,
Күрөш кылса күч жетпей,
Алыш кылсак ал жетпей,
Чырпыктын баары үрөлүп,

www.bizdin.kg

Чалгындын баары түгөнүп,
Чарыктан тайып турабыз.
Өлүүчү жайды кайтарып,
Кетүүчүдөй турабыз.
Кара-Буура Чаткалда,
Кайлаган кыргыз жолунда,
Төбөбүздөн кир басып,
Төрт түлүктү бүт чачып,
Катуу кагыш башталды,
…….
Калтырбай кырып таштады.
Маралды кууп уй кылды,
Баарыбызды буй кылды.
Канзааданын тукуму,
Кармаштан корккон жүрөгү,
Бекзааданын жалгызы,
Берен тартып алдырап,
Пейили менче болобу,
Кармашканым Сарыбай,
Жоого чыгып турамын,
Жетип найза урамын.
Алышпасам кул менен
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Кутурган окшойт бу чочко,
Кулжуңдашып көрөйүн,
Сарыбай заарын төккөндөй,
Маңдайдан каскан огу жок,
Баатыр кыргыз элине,
Бабасынын огу жок.
Дүмөктү бузуп жол салып,
Туюк элге кол салып,
Азап тартып калтырап,
Найзасын жерге батырып,
Кыргын салып тургудай,
Бул жаңжалды кылгыдай,
Аласын ала качтыкпы,
Абийири кеткен доңуздун,
Актай булун чачтыкпы.
Куласын кууп кеттикпи,
Куралган мүлкүн чачкандай,
Төрөбүз – деп, ханыбыз – деп,
Дабадан кордук көргөзүп,
Көп жыйганын чачпасак,
Кыйырын бузуп сүрдүкпү,
Кутурганын чочконун,
Кыйылганын таттыкпы,
Ар мүлкүн тартып алдыкпы,
Азабы өттү чочконун,
Артын карап калдыкпы,
Куялы бузуп чатылып,
Кыял бузуп ой ойлоп,
Кымбат болуп катылып,
Буланы булай качтымбы,
Бууданын кармап алдымбы,
Калкып жаткан элинин,
Эгинине койбосок,
Эр өлтүрүп журт кырып,
Акмак канкор болбосок,
Чоңдук, кордук сыр кылдык,
Жорголуу журттай чыркылдап,
Жаккан отун өчүрүп,
Жан жабылта кетирип,
Кармап сонун кордоду,
Зордугуна Кудай бар,
Чоң ордуна көрбөдү.
Жаралуу кылып антташкан.
Жаман кылды калкымды.
Көп сындырды белимди,
Эндиретти элимди,
Тарттык иттин кордугун,
Кордук мүшкүл чоңдугун,
Бул оңбогон чочко оңобу,
Дүнүйөгө тоёбу?
Чаңдатып туруп бул элди,
Чогуу кырып коёбу?
Сарыбайдын заарынан,
Салган мүшкүл каарынан
Элден эчен кол өлдү,
Эс билгендин баары өлдү.

www.bizdin.kg

Сарыбайдын заарынан,
Салган зордук каарынан,
Кордугуна чыдабай,
Казыналуу кайран эл
Күйүп-бышып чок болду,
Кызыл моюн тунарлар,
Адамдан ашкан кыраандар
Элимден бүт жок болду.
Эр кагышкан бир нечен,
Ар убактан бир убак,
Кулгалууну тул кылды,
Айдап жанды кул кылды.
Бир кылган жок, миң кылды.
Дөбө бузуп түз кылды,
Кайран башка күч кылды.
Байлап далай багымды,
…….
Сындырды нечен шагымды,
Эндиретип элимди,
Сындырды абдан белимди.
Уккун туура кебимди,
Уруш кылдың нечен жол,
Алалбай жүрөм кегимди.
Жумур баштуу пендеде,
Ар жарагы элдерде,
Ажалы тозок, заары күч,
Бул окшогон шумдук жок,
Желпиништен чыкканда,
Келишти түмөн кол айдап,
Колдун баарын чогуу айдап,
Кулжа көрсө кууп жеп,
Аркар көрсө атып жеп,
Теке көрсө терип жеп,
Ар бир жандар момунда.
Азапка башы чатылып,
Баарын атып жок кылды,
Бул кыргыздын тукумун,
Түбүн койбой түгөтүп,
Түгөл сүрөм деп келди,
Каары жетип капырдын,
Каардуу жаңжал кылыптыр,
Каары нечен келиптир,
Кан аябай калың кол,
Кагыш кылып салышып,
Кара элечек кылайын,
Кан төгүлүп жаңжалда,
Кармаш кылып турамын.
Чамам келсе чапкылап,
Чатагы арбын чочконун,
Чалкасынан салайын,
Жол үстүндө сүйрөтүп,
Чабышка чыкса утайын,
Алым жетпес доңуздун,
Арактай канын жутайын.
Ажал кармап күн бүтсө
Кадырман жанды берейин.
Каардуу душман доңузга
Кагыш кылып көрөйүн!
Дагдыр жетсе өлбөйбү,
Жараткандын буйругун,
Жаралган пенде көрбөйбү?
Эрегиште кол сунган,
Жан алуучу жалаңкыч,
Жакын келип турганда,
Сүйлөгөн тили тутулуп,
Кайсы жан кетет кутулуп.
…….
Ай-ааламды буй кылып
Май болбогон кара жер,
Капаланбай элим – деп,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Ак барań мылтык чоң экен,
Ааламда мындай жок экен.
Бир беттешип баратып,
Айгайлашып салышып,
Бир ашкере нечен эл
Түрү ушундай чыр ушул
Түгөттүн айткан заары ушул.
Калаалуу журттун эби бул,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Хан Сейтектин кеби бул,
Беттешкени Сарыбай,
Берендери момундай.
Көк ок өтпөс жамынып,
Көк жолборстой чамынып,
Ал Сарыбай капырың,
Сейтек эмес кутургур,
Илектен толуп кол келсе,
Кайран жанга зор келсе,
Кайра тарткыч жайынды,
Көз ачкыча көргүн – деп,
Көрсөң мүшкүл ушундай,
Беренден чыккан арстан – деп,
Кара куштай камынып,
Каарданып чамынып,
Хан Сарыбай турганда,
Опол дөөдөй көрүнүп,
Тартып оозун бургуча,
Каарланса кутургур,
Хан Сарыбай тургуча,
Беттеп адам баралбай,
Бенде азырын салалбай,
Тоодой болуп дүркүрөп,
Кайраттанып кайгырып,
Караан кылып турганда,
Калың кол он айрылып,
Безеленип белсенип,
Айбаттанып теңселип,
Чокморунан чок чыгып,
Айбатынан от чыгып,
Кара көздөн кан чыгып,
Айбатынан жан чыгып.
Каарданып сумсайып,
Кара кисе курчанып,
Асман көктүн арасын,
Титирете кеп салып,
Ашкан кайрат толкундап,
Ар кайраты колунда,
Адамзатты жеп салып,
Караргандан түнөрүп,
Кан түкүрүп таш чайнап,
…….
Кылган иши жолборстой,
Караанын көрсөң ушундай.
Ашып шашпай кенебей,
Артык элдин тукуму,
Алда Таала Жараткан,
Берген экен ченебей.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Меделин пенде көргүдөй,
Сыягына, түрүнө
Кабылган пенде тукуму,
Ажалдан мурун өлгүдөй,
Сыягын көрсөң ушундай.
Жана өзүн байкасаң,
Жалаңкычтын өзүндөй.
Бою узун чынардай,
Арамдын көрсөң түрүнө,
Эч адам чыдап туралбай,
Камынышкан камандай,
Качырганы шамалдай,
Карап беттен турганы,
Чагылгандын огундай.
Чамасы кыйын, заары күч,
Чамалаш көрсөң момундай.
Кез болгонду кемирип,
Катылса жанды алчудай.
Чамалап көрсөң момундай.
Мына ошондо Сарыбай,
Болот айдар зулпукор,
Болумдуу кармаш талкалап,
Чын ажалы жеткен жан,
Каарлууга капталсаң,
Сарыбайдын канаты,
Ат көтөргүс жоолорду,
Алыш кылган жерлерди,
Айгине бирген ыкчылды.
Акылы жеткен мыктыны,
Калаймандын каарына,
Катышкандын баарына,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Ааламга аты чыкканды,
Канча жанды талкалап,
Бирден жерге чыгыптыр,
Жолу каткан бадирек,
Жараткан жаңжал чоң дүмөк,
Сарыбайдай шер ошол,
Алп чогулуп беттешип,
Айгайлашып туруучу,
Баш кыркылып кан төккөн,
Майданы чыкчу шери ошол.
Бала жолборстой кол салып,
Талкалашкан кол ошол.
Артык жаңжал улуу дуу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Кап-Тоосундай катарга
Хан Сарыбай баатырга,
Тоо күркүрөп кабылган,
Эл бүлдүргөн энтелеп,
Ай-ааламды басканга,
Асыл шердин тукуму,
Ажалдан кайра тартпаган,
Сарыбай эмес сан колдон,
Бабаң кайра тартпаган.
Жыргал десе сүйүнгөн,
Өлүм десе күйүнгөн.
Суу жут десе уу жуткан,
Бөрк ал десе баш кескен,
Кан төк десе жин төккөн,
Маалымдуу шердин тукуму,
Байкасам Сейтек ушундай.
Түп атасы хан болгон,
Кырк уруу кытай жай болгон,
Атыш баштап чыр кылып,
Адам карап турбаган,
Кайратына чыдабай,
Ай-аалам журтту бүлдүргөн, –
Деп, күүлөнгөн эр Сейтек,
Кезегин алып турду эле,
Айыгышкан пенде жай болгон.
Кайран шердин тукуму
Кулан сур оозун бурду эле,
Манас шердин сыр найза
Күркүрөтүп сунду эле.
Кармашары Сарыбай,
Мүшкүлдү мынча кылыптыр,
Каарын төгүп бакырып,
Кан атасы Манастын
Арбагын айтып чакырып,
Токой, тоо бузуп жол салып,
Тоодой ишке кол салып,
Айгайы кулак тундуруп,
Бабасы башка шаарлардан.
Нечени өткөн эрлерден,
Арбагын айтып чакырып,
Сейтек найза сунду эле.
Желмогуз уулу Сарыбай
Балбандыгын билди эле,
Мыйыгынан күлдү эми.
Жагылган шамын өчүрүп,
Бул дүйнөдөн кетирип,
Катуу жинин кактырып,
Эми эсебин табамын,
Чыркыратып баланы
Чымындай жанын кыямын,
Опсуз ойрон саламын,
Ок жетпеген Кулансур,
Олжого тартып алайын,
Кутурган экен бадирек,
Денесин канга чыктайын.
Жер майлантып ыктаймын,
Кез келсе башын кесейин,
Быжыдай боорун эзейин,
Кан издеген чочконун,
Өзү келген экен – деп,
Өрөпкүгөн балбандын,
Өлтүрө турган бул жерде
Кези келген экен – деп,
Өлүмгө калган жаш башым
Өрөпкүгөн кызыталак,
Өзү келген экен – деп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Буудай сындуу кууруюн,
Бул кызыталак балбандын,
Баш тамырын сууруюн.
Жоо алган жаралуу,
Өлтүрүп башын кесейин,
Чолпондой көзүн тешейин.
Чоң жаңжалды салайын,
Орой экен бу бала,
Чоң эсебин табайын.
Балта кармап ыктамак,
Найза сунуп мыктамак,
Андай-мындай дегиче,
Кулган сур менен ургутуп,
Барып Сейтек жетти эле,
Беттеше келген чочкону
Кыргактуу болот сыр найза
Как жаакка туштап өттү эле,
Муштаганда кенебей,
Ал сайганын Сейтектин
Ал түгөнгөн Сарыбай
Бучкагына теңебей,
Кыйшалактап кылт этпей,
Каарда чочко былк этпей,
Бир сайганда өлгөн жок,
Кабылган Сейтек сайганын
Каакы ордуна көргөн жок.
Каарын төгүп кенебей,
Эрди эпсиз ченебей,
Катуу жаңжал, чоң мүшкүл,
Бучкагына теңебей,
Сарыбай минтип турду эле,
Күүлөнгөн кайран эр жүрөк,
Такыр бойго жыйды эле.
Ачууланды Сарыбай,
Айбаты кыйын, заары күч,
Арамды көрсөң момундай.
Айла билгич доңуздун
Билеги жоон эң ыктуу,
Айласы тегиз, заары күч,
Бил мүчөлүү эң мыкты
Ай-ааламды кылган түз.
Түрүн көрсөң күдөр үз,
Түгөнгүр жайы ушундай.
Ай-ааламда болгон күч,
Нечен чатак, нечен чыр,
Нечен мүшкүл, нечен түн,
Мындайына көнгөн бул.
Каары калың Сарыбай,
Каруусу кабат чочкону,
Тилди бекем чайнады,
Кан иччү түрү кармады.
Арстандай көзү жайнады,
Эрдин кесе чайнады,
Эңишпей чочко калбады.
Маңдайлашып урушуп,
Балталап башын кесем – деп,
Бар түбүнө жетем – деп,
Айбаттанып акырып,
Асман көктү сапырып,
Сакал, мурут биринде п,
Кирген суудай күрүлдөп,
Абайлап туруп көргөн жан,
Аманат жандан түңүлдү.
Адырды бузуп жол чалып,
Ал Сейтекке кол салды.
Кара жаак булдурсун,
Чапса кулак тундурсун.
Асый өгүз терисин,
Өзөгөнү кердирген,
Алты эркечтин терисин,
Шыкап жатып өрдүргөн,
Алаканы айнектүү
Бүлдүргөсү бардектүү,
Алаканга чок койгон,
Көк шалдашып ок койгон.
Камбыл экен Сарыбай,
Эң кайраты момундай.
Булдурсун булкуп имерип,
Буудан тулпар Тоокызыл
Бучкакка тартып жиберип,

www.bizdin.kg

Оңдоп найза имерип,
Айбаттанып күркүрөп,
Аянып а да калбады,
Сабын күмүш тарттырган,
Мизине болот чаптырган,
Уңгусу болот айбалта,
Мыктап кармап чыңдалып,
Боюн жыйнап тыңданып,
Өрт оозунан төгүлүп,
Кайраты мыктап көрүнүп,
Каарды Кудай урду эле.
Качырынан кан чыгып,
Качырган жактан кан чыгып,
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Күркүрөп өзү сүйлөнүп,
Каарданып жулкунуп,
Катуу-катуу булкунуп,
Каш-кирпиги бөлүнүп,
Оозунан заары төгүлүп,
Берендин уулу чунакка
Бетин буруп белсенип,
Кайраттанып элеңдеп,
Тоодой толкун токтоду,
Тоокулган ат окшоду.
Дүбүртүнөн чочконун
Адис болгон союлгур,
Очогорун октоду,
Оодарылбай кара жер,
Калыңынан токтоду.
Кайраты арбын доңуздун,
Камбыл душман Сарыбай,
Бөрүдөй оозу ачылып,
Астынан өртү чачылып,
Орой кайрат түр салып,
Ойлосоң жапаа чыр салып.
Тоодой болгон Тоокызыл
Баскан жерин уратып,
Тоокызылды чуратып,
Оңдоп-солдоп теминип,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Каарын төгүп бакырып,
Кайда деп ураан чакырып,
Катуу каары бөлүнүп,
Кара аска тоодой көрүнүп,
Баатыр экен Сарыбай,
Кармашкан кызмат момундай.
Көз тунарып чуу болуп,
Көрсөң жаңжал дуу болуп.
Бала Сейтек эр көк жал,
Сарыбай беттеп турганда,
Катуу кыргын кылганда,
Жебеден мурун жетээрде,
Жеткен жерин өлчөөлөп,
Баланы муштап кетерде,
Кабылыштым душманга
Артын Кудай оңдо – деп,
Бабам Манас колдо – деп,
Айбаттанган арамга,
Кабылганды кайсаган,
Эр Сарыбай каманга,
Эр көкжалдын тукуму.
Кулансур оозун бурду эле.
Атасынан баласы
Антаңдашып шашпаган,
Укумунан тукуму
Эгерде жоодон тартпаган,
Бел алдырып качпаган,
Өлөмүн деп көрбөгөн,
Кайратын жанга бербеген.
Кара көкжал даңгыл шер
Каруусу кабат кум менен,
Кагыш кылган ошол жер.
Өлчөп жаагын муштады,
Эмчектин асты жээги – деп
Өпкөнүн таамай өзү – деп,
Өлчү жердин өзү – деп,
Сарыбай найза сунду эми.
Как жаагынын башы – деп,
Как жүрөктүн өзү – деп,
Өлчөөсүнүн өзү – деп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Өкүлдөгөн доңуздун
Өлүп кетээр кези – деп,
Өлчөөнү өлчөп туштады.
Каарланган капырды,
Калк куруткан баатырды,
Бала жетип муштады.
Эки найза тең тийип,
Эки найза тийген соң,
Быт-чыт болуп быркырап,
Алачыктай жараңка
Асманга учту дыркырап.
Абайлаган көргөн жан,
Беттешип экөө турганда,
Кезек-кезек найзаны
Бир бирине урганда
Калк жанынан түңүлүп,
Ок өтпөс соот бөлүнүп,
Кулансур менен Тоокызыл
Буту жерге батышып,
Беттешкени эрендин
Берендиги көрүнүп,
Манастап найза урганда
Беш бут жерге бөлүнүп,
Баскан жерин тебелеп,
Кулансурду жемелеп,
Каарын салды сабылып,
Бул желмогуз эр чиркин
Тоокызылга таарынып.
Бугудай мойнун бурады,
Кулансур турбай турганы,
Буудан экен Тоокызыл,
Ыргып жерден турганы.
Ат алдында болгондо
Желмогуз уулу Сарыбай,
Алыш кылбай турабы?
Араандай оозу ачылып,
Ооздуктан күйгөн чок
Октос берип чачылып,
Кайраты катуу көрүнүп,
Капа болуп күйүнүп,
Капа болгон себеби
Ал Сарыбай болгону
Аша назар салбаган,
Бет алып бенде барбаган,
Бендеге назар салбаган.
Эч ким айза сунбаган,
Ааламга моюн бурбаган,
Эч ким назар салбаган,
Ал кутурган доңузга
Укурук кайрар калбаган.
Кармаш кылып кан өлгөн,
Кагышкан кандын баары өлгөн
Мыктысынган эр өлгөн,
Кармашам деп шер өлгөн.
Катуу жаңжал баштаган,
Атагы кымбат, заары күч,
Кабылганды кылган түз,
Каарын көрсөң күдөр үз.
Мына ошо күнү кутургур
Ниети жаман бузулуп,
Каарланып тутулуп,
Кайран жанды аябай,
Ачууланып айкырып,
Айбаттанып бакырып,
Асман көктү сапырып,
Кужурланып жин кайнап,
Долуланып тиш чайнап,
Катылган эрден шор кайнап,
Түктөйүп түрү бөлүнүп,
Түгөтчү түрү көрүнүп,
Мына ошондо Сарыбай,
Баатыр Сейтек эр менен
Жан аябай салышып,
Кыпкызыл канга канышып,
Найзалашып турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Балталашып салышып,
Балта сынып быркырап,
Сабы колдо калды эле.

www.bizdin.kg

Кылыч менен салышып,
Кылыч кыйрап быркырап,
Кабыл куру калды эле.
Маңдайлашып турушуп,
Былчылдашып урушуп,
Кандын баары тутулуп,
Кандагай менен ок өтпөс
Калбай баары тытылып,
Канжыгадай бөлүнүп,
Кайраттын баары сөгүлүп,
Кабырга кат-кат сөгүлүп,
Катуу мүшкүл чоң жаңжал
Калганы жок эч арман.
Эңиш кылып эңе албай
Эр Сейтекти жеңе албай.
Сейтек жайы ушундай.
Баатырлыгы башкача,
Баланын түрү бир башка,
Тукуму көкжал көйкашка.
Сарыбай заарын чачканда,
Айкырык кылып найза уруп,
Ар бир балта чапканда,
Шай колдогон туйгундун,
Короздой болгон кайран шер,
Козголбогон кайран эр,
Атасынан бабасы,
Колдогонун карачы.
Аты Кыдыр дубана,
Жар болушуп байкасаң,
Колдогону бир тогуз,
Сарыбай канын төккөндө,
Колдоп келип кирди эле,
Кара чаар кабылан
Капталынан чамынып,
Чолок көкжал арыстан
Туурасынан камынып,
Эл алдында сур жолборс,
Калкымда мындай жан болбос
Кошо согуш кылды эле.
Алек кылып баатырды,
Ал Сарыбай баатырдын,
Катуу кагыш кылганын
Жеткизбей тосуп турду эле.
Оң жагынан кырк адам,
Ал Сарыбай капырга,
Катар найза сунду эле.
Хан Алмамбет, Чубак бар,
Артык арбак болушуп,
Баатыр Сейтек балага,
Жөлөк болуп турду эле.
Карма, балам, карма – деп,
Тирүү койбой жайлап – деп,
Баатырсынган арамдын,
Эшектей кардын эзгин – деп,
Эки көзүн тешкин – деп,
Өңүлдөгөн арамды,
Кулатып жерге ургун – деп,
Кабыргасын аркасын,
Катыр-бутур сөккүн – деп,
Көөкөрлөп канын төккүн – деп.
Жок асабын чочконун,
Узунунан салгын – деп,
Жаман шагын сыдырып,
Тажаалдын жанын тындырып,
Эки көзүн ойгула,
Каралды болсоң бир жолдо,
Кармап алып сойгула,
Кырдай тырпын кетирип,
Хан ажалын жеткирип,
Бек айласын кетирип,
Кутурган жинин каккыла,
Куп эсебин тапкыла.
Ашпа-шашпа айда – деп,
Былкылдатпай мыкта – деп,
Болотту канга сугарды,
Катуу айласын табууга,
Кутурган экен куу чочко,
Алмамбет, Чубак кырк адам,
Кыйкырып үндү салыптыр,
А дүйнө кеткен адамдар,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Арстан Сейтек балага,
Жолдош болуп калыптыр,
Мунун көбү жалган, көбү чын,
Көрүп келген киши жок,
Жарымы төгүн, жарымы чын,
Жараткан өзү билбесе,
Жанынан келген киши жок.
Атаңардын жомогу
Айтпай койсок болобу.
Жомок жаман ыр кылды,
Ал жоголуп кеткен баатырдын,
Мүшкүлүн кайта айталы,
Эр Сарыбай капырдын,
Муштап найза өткөндүр,
Аалам алы жетиптир,
Күрөшкөн жанды жанчыптыр,
Күчү толуп ташыптыр,
Ай-ааламдын баарысын
Ачууланып басыптыр,
Алмамбеттин Күлчоро,
Кечээги өткөн согушта,
Жети күнү аралап
Жети жерден жара жеп,
Өлөр-өлбөс жан менен,
Өпкө каккан ал менен,
Көөдөнгө баткыс санаа бар,
Көп жеринде жара бар.
Катылган найза бооруна,
Кармап башын жулганда
Көпкөк жалын урганда,
Кулансур менен куушкан,
Көк Сайкалдын алдында
Тулпар менен туушкан.
Калың кол чокко тутулуп,
Шай колдогон Күлчоро,
Ажалдан араң кутулган.
Калың кыргыз бар болуп,
Карааңды тартып кызылган,
Мындан мурун Сарыбай,
Айбаттуусу билинип,
Калк жанынан түңүлүп,
Мына ошондо Манастын,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк Соң-Көлдөй көрүнүп,
Айбаты жанды шаштырып,
Алдындагы Кула атын
Алчактата бастырып,
Тим эле көңүл бөлүнүп,
Пири тирүү арстан
Алты шердин кенжеси
Жараткан Кудай пендеси,
Тим эле көңүл бөлүнүп
Тирүүлөй көзгө көрүнүп,
Аты Кыдыр дубана,
Асар кылып төтөлөп
Оңшоңдогон Кула атын,
Он эки жайсаң жетелеп,
Көрсө көңүл бөлүнүп
Көк аскар белдей көрүнүп,
Адамдын түрү ушундай.
Асман менен көрүнүп,
Тирүүсүндөй көрүнүп,
Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүндөй көрүнүп,
Айың менен күнүңдүн,
Бир өзүндөй көрүнүп,
Абайлап көрсөң бу кызык,
Аңырайган капчалдын,
Урчугунан өткүдөй.
Албан сүрү сеңирдей,
Сарыбай түгүл ааламды
Алышып келсе жеңгидей.
Минген аты Аккула,
Жаадай тулпар Аккула,
Ополдой Манас оржоюп,
Көк урчуктай барбайган,
Арбагы тирүү атаңдын,
Жолдош болуп барбайып,
Оң жагында турганы.
Ойрон кылчу жыласы,

www.bizdin.kg

Көрсө кызык ушундай.
Бабасы Манас бадирек,
Балама бекем турсун – деп,
Каңырт айтып, үн салып,
Каскак алып, кол салып,
Колтугунан колдоптур,
Бузулганын оңдоптур.
Үзүлгөнүн улаптыр,
Чачылганын жыйнаптыр.
Арбак жолдош болгун – деп,
Сарыбай жатып сураптыр.
Так атамдын арбагы,
Канкор уулун качыр – деп,
Беш тырмагын арбактын,
Беренсинген доңуздун,
Капталына батыр – деп,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк жал Манас кабылан,
Баатыр Сейтек балага,
Туусундай көрүнүп.
Айда, балам, айда – деп,
Алдагы кулду карма – деп,
Айбаттап жанды чыгар – деп,
Ажалдан аман койчу эмес,
Найзаңды канга сугар – деп,
Марал баштап кырк киши,
Маңдайына бакырып,
Караса жолборс болуптур.
Арстан оозун ачыптыр,
Эр атам Манас арбагы,
Этектен алып Сейтекти,
Жибербей колдоп туруптур.
Кагышка келсе кам санаба,
Муну менен эр Сейтек,
Катуу жаңжал салыптыр.
Кудай бетин көрсөтпө,
Карагай найза кагышып,
Сейтек менен Сарыбай,
Качпай туруп сайышып,
Жер бузулуп бөлүнүп,
Көргөндүн баары маң болуп,
Койнуна жык кан толуп,
Катуулашып кагышып,
Маңдайлашып сайышып,
Тизелешип барышып,
Жакадан кармап чоюшуп,
Ыгы келсе көк жалдар,
Муштум менен коюшуп.
Жаңжал чатак артынан,
Жакындашып көргөндөр,
Жакшылап жанын аябай,
Жакалашып тартышып,
Тондор үзүп быт болуп,
Дененин баары чыт болуп,
Ар чабышкан жеринен,
Колго чеңгел эт толуп,
Кочкор сындуу коюшуп,
Жакадан алып чоюшуп.
Жаңжал жаман артышып,
Тамандашып тартышып,
Кайра колго берендер,
Түкүрүшүп алышып,
Найза, кылыч, айбалта
Такыр кыйрап алышып,
Кызыкты көрсөң мындан көр,
Улуу жаңжал дуу болуп,
Артык кызык чуу болуп,
Сарыбай менен эр Сейтек,
Маңдайлашып сайышып,
Балбандардын күчүн көр,
Тоокызыл менен Кулансур,
Айбандан сонун тулпардыр.
Улуу бузук чоң жаңжал,
Беттешкенде сайышып,
Тон дыркырап тотолоп,
Чымындай жандар кысылып,
Кан шыркырап жутулуп,
Эң бир ардак кымбат баш,
Найзадан мынча кысылып,
Жаман жаңжал болду эле.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Көз тунарып аланДап,
Кызмат кылган баатыр кол,
Өөдө болбой шалкайып,
Кайта баштап турушуп,
Тынымы жок урушуп,
Мурундун баары буу болуп,
Арка белден суу болуп,
Белдин баары бекчейип,
Көз тунарып чекчейип,
Бирин бири айдашып,
Кабылыша түшкөнүн
Нар буурадай чайнашып,
Чатактын жайы ушундай.
Күндүсүндө тын албай,
Түн киргенде уйку албай,
Жамбаштап жатып тындырбай,
Жатып уйку кандырбай,
Тыным кетип урушуп,
Жараткан Кудай чоң себеп,
Ким көргөн мындай жумушту,
Адам чуулдап кайгырып,
Кармашканда кара жер,
Катканынан айрылып,
Сейтек менен Сарыбай,
Берендиги билинип,
Ок өтпөс чопкут, күрмө тон,
Кат-катынан бөлүнүп,
Катуу болду чоң жаңжал
Карасаң мынча көрүнүп,
Тоокызыл менен Кулансур,
Боёлгон кызыл кан болуп,
Бүткөн бойдо баарысы,
Былкылдабай дал болуп,
Колу-бутум баарысы
Тартылбастан шал болуп,
Момундай салыш болду эми.
Жаңжалдашып турганда,
Тоокызыл оозду бурду эле,
Акылга кыйын эр экен,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Жети күнү Сейтектен
Мөөнөт сурап турду эле:
«Мен Сарыбай болгону
Кармаш кылып көрбөдүм,
Улуусу илек жан көрдүм,
Жерди уруктап көп өскөн
Жетик мынча жан көрдүм.
Нечен баатыр, нечен жоо,
Кармаш кылып көрбөдүм.
Кайраттуу сендей баланы
Баатыр, жер үстүнөн көрбөдүм.
Берендиги белгилүү,
Көкжалдыгы көрүнүү
Бөрү экенсиң, эр Сейтек,
Кара тажаал эр балбан
Шер экенсиң, эр Сейтек,
Кармаш кылган, кан төккөн
Сен экенсиң, эр Сейтек.
Берен кыргыз элине
Бек бекиткен темирдей,
Чеп экенсиң, эр Сейтек.
Балалык ат ушунда,
Сенин балтыр этиң толгондо,
Ай-ааламдын баарысын,
Айдап жүрүп көрүүчү
Сен жыйгансың, эр Сейтек,
Сени менен салышып,
Кайрат качып, ал кетти,
Кагыш иши жүдөттү,
Талыкпас элем талыдым,
Арстан элем арыдым,
Чабышып жүрүп чаалыдым.
Күрөш баштап күбүлдүм,
Бүгүн жандан түңүлдүм, –
Деп айткан сөзгө көнүңүз,
Маана түгүл сен болсоң,
Жети күн мөөнөт бериңиз?
Кан экениң чын болсо,
Убадада туруңуз!
Өлөр антты кылыңыз,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Жети күнгө бүт толуп,
Санаты сегиз күн болсо,
Айтылган сөзгө көнүңүз.
Катуу кармаш кылалы,
Бир кумардан чыгалы.
Чабалдарды күч терең
Өлтүрүп көргө тыгалы,
Жети күнү болгуча,
Күн убагым толгуча,
Айткан кеп орун алгыла,
Убадалуу жакшы сөз,
Ордунан оонап баргыча,
Убаданы бек кылгын,
Адам өлөр шерт кылган,
Акыл ойлоп шашпагын,
Багалек сөөгү майышып,
Балалык кылып качпагын,
Кайратсыз болуп албагын.
Качып кетсең кокустан,
Уят иш болор мунуңуз.
Манастын уулу бадирек,
Сен, убадада туруңуз,
Муну укканда эр Сейтек,
Дегенине көндү эле,
Желмогуз уулу баатырга
Жети күн мөөнөт берди эле,
Найзанын баарын жыйдырып,
Чатактын баарын тыйдырып,
Жети күн мөөнөт алды – деп,
Калпы-чынын көрүү үчүн,
Беш таш бою бек жерге
Бекине түшүп Сарыбай,
Алдында тулпар Тоокызыл,
Ээн калган каранды,
Ээрин алып жайдактап,
Кишен салып, баймактап
Аркыраган муздак жел,
Аса байлап салды эми.
Ак каңкыны жазданып,
Ак болотко келишип,
Ок өтпөс тонду жамынып,
Сунган буту тартылбай,
Жумулган көзү ачылбай,
Чыканактап тынч алып,
Чырм этип, уйку алып,
Арбаңдаган кутургур,
Зың-зың этип кенебей,
Ай-ааламдын баарысын
Бучкагына теңебей,
Жети күнү толгуча,
Айтылган сөз болгуча,
Ал ордуна конгуча,
Арбаңдаган кутургур,
Алп уйкуну салды эми.
Чын коңурук таш жарып,
Алты күнү уйку алып,
Жамбаштап жатып жай алып,
Жан мемиреп май алып,
Уйку канып болгондо,
Суутканы Тоокызыл
Туура чөптөн чалдырып,
Муздак таза булактан,
Суусаганын кандырып,
Көп жетелеп отуруп,
Көркөмдүү тулпар караандын
Көөдөнүн чөпкө толтуруп,
Аз жетелеп отуруп,
Олжоңдогон кашайгыр
Тазкардын чөпкө толтуруп,
Эңишке келер бекен – деп,
Эр Сейтектен чочунуп,
Тоокызылды токунуп,
Кайран жандан чочунуп,
Ок өтпөс оңдоп кийинип,
Ойрондугу билинип,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Кайраттуусу момундай.
Санаасы сайлап бөлүнүп,
Мүшкүлү башка көрүнүп.
Тапкан менен жыйганды,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Чачып кетсем белем – деп,
Эптеп кулдун эбин таап,
Качып кетсем белем – деп,
Качып жүрүп өлгүчө
Кагышып жүрүп өлөйүн,
Бай-бай Сейтек, эр экен,
Баладан артык шер экен,
Карасаат бул Сейтек,
Калың кыргыз башы экен.
Кайраты мол, заары күч,
Зындын кара ташы экен.
Боконо сөөгү болгондо,
Мунун борбуй эти толгондо.
Мунун болуучу маалы болгондо,
Беттеп бенде келеби,
Бет алып бенде жүрөбү.
Сүйрүсүнө сүт толсо,
Сүйөө жетип күч толсо,
Беттеп бенде келеби,
Бет алган адам өлөбү,
Кармашам деп келген жан,
Ажалдан мурун өлбөйбү.
Тартымы тоодой күчү көп,
Карасаат баланын
Калкы токой чеп экен.
Жаңжалы жаман каар экен,
Качырганы шер экен,
Кызара күйгөн чок экен,
Бул адамзатта жок экен.
Эс келбети каруусу,
Тобулгу чыккан керүүдөй,
Жаман жини келгенди
Ташын талкан чыгарып,
Такыр айдап жөнөдү.
Өткөрө кылыч курчуду ай,
Өткүрлүгү ушундай.
Найза урганы бошобой,
Эр кайраты ошондой.
Тартып ууртун чойгудай,
Өткүрдүгү баланын,
Бараандын болот огундай,
Жадаалдыгы жалындай
Кең кайраты момундай.
Бала найзалап турганда
Боконо сөөгү борк этип
Эр жүрөгү селт этип,
Омурткадан ондоп кыйратты,
Ойрон болгон баланы,
Опсуз экен сыягы,
Мен Сарыбай болгону,
Сарыбай атка конгону,
Алтын таажы кийгени,
Алтын такка мингени
Калк башкарып журт билип,
Сарыбай болуп жүргөнү.
Канча жолу болгомун,
Кыйла бузук чоң жаңжал,
Жортуп жүрүп көргөмүн,
Дагдыр жетип өлбөдүм.
Бул өңдүү жаңжал чоң мүшкүл,
Мындай кордук көрбөдүм.
Каардуу менен касышып,
Каргадай болгон кан кузгур,
Узабас менен салышып,
Оң далымдын бети ооруп,
Омурткамдын чети ооруп.
Акбалта төштүн сөөгү ооруп,
Ардактуу жүрөк өзү ооруп.
Найзадан зардап кеткенби,
Аңтарылат жүрөгүм,
Кабынан чыгып кеткенби?
Бул каргадай болгон баладан,
Капырай кантсе ажалым жеткенби?
Коркойгон белдин өзү ооруп,
Өлүмдүн кара көзү ооруп,
Каршы чыккан узабас,
Казатты катуу баштаптыр,
Быт-чыты чыгып үстүнөн,
Кыйрап кете таштаптыр.
Таңдай таңшып таң катат,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Алыш кылган заарынан,
Көз тунарып жер көчүп,
Закым учуп эл көчөт.
Белгилүү белди курчанып,
Кечээ бет алышып турганда
Катуу кагыш баштаптыр.
Чымындай жаны чыркырап,
Сай-сөөгү зыркырап,
Тула боюм дүркүрөп,
Турбай денем чок болуп,
Күйүп кете таштаптыр.
Менин балам союлуп,
Каза жетип курган жан,
Күрдөөлүү күчтүн баарынан,
Тайып кала жаздадым.
Кезиксе кетпес жайынан,
Барып кала жаздадым.
Чыккан айдай тоңкоюп
Батып кала жаздадым.
Бир чыканактай баладан,
Чын ажал жетип шор кайнап
Көз жумулуп кан жайнап,
Көрө жазган экемин.
Көрсө Сейтек баладан
Өлө жазгам экемин.
Күч берген эки каруу ооруйт,
Баатыр кайрат эр мүчө,
Кыймылдабай баары ооруйт.
Жүлүндүн бир жак чети ооруйт,
Өлчөлүүдөн өзү ооруйт,
Өз билгендин баары ооруйт.
Башым сыздап басылбайт,
Балта каары жеткендей,
Белим сыздап басылбайт,
Мээнет кирип кеткенби?
Бул кагышты мүшкүл иш
Кашая кеткен биздин күч,
Капаланып Сарыбай
Кайгыланып туралбай,
Ичи өрттөнүп, боору чок,
Эр Сейтек болду буга ок.
Көтөрүп кеткен чому жок,
Каралды кылып олтурган,
Чаңдаяк баатыр колу жок.
Уйпалаган о дүйнө
Ушундай экен дүйнө чок.
Чымын жаным чыркырап,
Турар элем буркурап,
Көтөрүлбөй көңүлүм,
Бет алышып урушсам,
Чын ажал жетсе колумдан,
Баатырлыктан басындым,
Толкун элем басылдым.
Ай бузулган түн болуп,
Ажал өлүм барамын.
Ажалды жазым талаадан,
Ажал жетээр күн белем,
Сурдантса сурун салат бейм,
Жаа тартуучу жаянды
Суук колун салат бейм,
Тирүүлүктө жүрөбүз,
Бенде болуп жаралган,
Көз жумулса кайран жан,
Бир көргөн көргө камалып,
Каары катуу чын жалган,
Кагыш кылчу таш сайдан,
Чымчык учпас куу сайдан,
Чымыроо тартып эс тайган.
Калың катар таш сайдан,
Кармаш кылып ушинтип,
Талаасы кенен майдандан,
Таттуу катат керүүгө
Ат ойноткон жеке элге
Алыш кылчу шер эле,
Кең-Колдун терең оюнда,
Чоң Таластын боюнда,
Баатыр экен Сарыбай,
Баладан корккон оңобу,
Ач арстан суу жүрөк,
Акмак мендей болобу.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кармашарым бул кыргыз,
Калың төрө Семетей
Айылын бузам аргындын,
Ордосун бузам ногойдун,
Кыйырын бузам кыргыздын.
Кыпынын койбой бул элден,
Баладан коркон бадирек,
Баатыр мендей болобу,
Жараткан жазган буйрукту
Мурунтан нечен көргөмүн.
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Кыя тиштер таш таппай,
Кесерине баш таппай,
Желпиништен желигип,
Желе тартчу бөрүдөй,
Желден эле ээликкен,
Бул балада мүшкүл дарт
Көргөнү келген экенмин.
Арстан Сейтек баладан,
Өлгөнү келген экенмин.
Кыйшайган экен биздин түш
Бузулган экен биздин иш.
Бай-бай Сейтек эр экен,
Телегейи тең экен,
Себили сексен төрт экен,
Серпишкени өрт экен.
Кыргыздан чыккан шок экен,
Кылымда мындай жок экен.
Жүрөккө Сейтек чок болду,
Эр Сарыбай мен атым,
Астымда тулпар канатым,
Титиретип ааламды,
Айдап барган адатым.
Ашкан чогуу санатым,
Эрдикке салып эптедим,
Эч айласын таппадым.
Болжолу жок бала экен,
Бооруна найза кагамын.
Найзаны катуу сунамын,
Таш-талканын чыгарып,
Айрек кылып атамын.
Айылын кырып, олжо алып,
Күн бүтпөсө кайтамын,
Төлгө жаман, түш жаман,
Оңдой тийсе иш жаман,
Көтөрүп кийген тон жаман».
Такалуудан тай калбай,
Такыр кеткен дуу болуп,
Мен Сарыбай кан атым
Таштап кеткен кол жаман.
Сырттан бала кол жаман,
Ичтен кеткен чыр жаман.
Өзөктөн чыккан өрт жаман.
Өзүмдөн кеткен Чаңдаяк,
Сыр билишкен ит жаман.
Чын ажал жетсе өлөйүн,
Чычкак алган баланын
Бир кайратын көрөйүн.
Сүрөө бербес Кулансур,
Бир жаралган жан экен,
Көп каптаган бөрүдөй,
Көрүнөө келген мал экен.
Сүрөө бербес Кулансур,
Суук укурук салайын,
Кааласа бербес Кулансур,
Кан төгүп коштоп алайын.
Эрикпеген дуу кылып,
Эсепсиз мүшкүл чуу кылып,
Эбин таап кыргын салайын,
Эзелки кегим алайын.
Төрөлүү журтту утайын,
Куу бала тийсе колума,
Кымыздай канын жутайын.
Жалпы көзүн ачайын,
Кокустан тийсе колума,
Жаш бооруна тоёюн,
Берендерин найзалап,
Чыйрактарын утайын.
Узабас тийсе колума, –

www.bizdin.kg

Деп, ошентип Сарыбай,
Кайраттуусун канча алып,
Карарган оозун заар чалып,
Кайраттанып күркүрөп,
Адамзат бенденин,
Азат бою дүркүрөп,
Чамынса мүшкүл иш болуп,
Чалган жери түз болуп,
Кайратынан каар чыгып,
Беттеген жактан заар чыгып,
Беттеген экен Сарыбай.
Бир тозоктун өзүнөн,
Дажаал болуп жаралып
Келген экен Сарыбай.
Кайратынан камынып,
Жоодурап көзү от болуп,
Жалындап ичи чок болуп,
Үксөйгөндөн саксайып,
Ички түрү бөлүнүп,
Кан ичээр кайрат көрүнүп,
Ачууланып бакырса,
Ай-ааламды жутчудай,
Ар кайратын көргөн жан,
Өлдүм деп качып шашкандай.
Алты жыл согуш кылса – деп,
Ааламдын колун кырса – деп,
Мүшкүл тартып турса – деп,
Чама чарчап, баш ооруп,
Чартылдаган чочконун
Чамасын көрсөң ушундай.
Өлүм кылчу кең майдан,
Майданга чыгып бет алып,
Он эки бөлөк жай-жарак,
Ойрон болгур көтөрүп,
Эр экенин билейин,
Өлүм десе сүйүнүп,
Каарын төгүп камынып,
Жазатты кийип жамынып,
Жадаалдыгы билинип,
Чопкут тонун кийинип,
Эр кайраты билинип,
Бадана асыл кийинип,
Желиккендей чочунуп,
Тоокызылды токунуп,
Кара болот кан төгөр
Зулпукор кылыч салынып,
Каарын көрүп качырып,
Тегиз аккан дайра суу,
Чынар терек, мөмө тал,
Кайратынан, каарынан,
Тилсиз айбан багынып.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Казатка чыкты камынып.
Каражолтой чочкого,
Сураган чыр табылып,
Кечээ жетинчи күн болгондо,
Убадалуу болжоо күн
Убагы толук болгондо,
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Эр Сейтектин сынчысы,
Дүнүйө жүзүн билүүчү
Кароолго чыккан ... көргөн,
Ааламда мындай иш болгон.
Ал кароолдун өзүндө,
Кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө,
Хан атаң Манас барында,
Тыңчылар турган кашында.
Ал кароолдун өзүндө
Канча дүйнө аралап,
Жер жердеген тыңчылар,
Жер кайкыган сакчылар.
Төрөнүн уулу эр Сейтек,
Төрт түлүгү шай Сейтек.
Сексен кароол, беш тыңчы,
Жер кезетип бул турчу.
Алыстан жоо көрүүгө,
Добулбасты карс уруп,
Кузгун көрсө жечүдөй,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кылымдан карга көрүнсө,
Калаага кабар берүүчү.
Жер-жерлерде туруучу,
Тууган менен душмандын
Аныгын билип келүүчү,
Арада турган элчиси.
Чуңкур кандай, тоо кандай,
Качып келген жерчиси.
Былк этсе кайра тартуучу,
Айт дегенде кыйт этип,
Берен Сейтек көк жалга,
Көрсө кабар айтуучу
Көмүскө менен желүүчү,
Ар немени бийлесе
Көрүнсө кабар берүүчү.
Кароолдогу төлгөчү
Бабадан калган мурапы,
Баатырдан калган кыраакы,
Сүйлөгөндө сөзү ачык,
Тирүүлүктө өзү ачык
Желмогуз уулу Сарыбай
Жекеге чыгып келгенде,
Эр төлгөчү көрүптүр,
Көрө коюп көк жалга
Сейтекке кабар бериптир.
Ошол кезде төлгөчү,
Сүйлөп турду мындай деп:
«Көк жал Сейтек угуп ал,
Көрдүм, шумдук мындай бар.
Ай-ааламдан көрбөдүм,
Айбаты артык мындай жан.
Деген сөзгө көнбөңүз
Желмогуздай жексеген,
Баатыр, жети күн мөөнөт берипсиз,
Каарланган Сарыбай
Каардуу мүшкүл момундай.
Арстан көзү жайнаптыр,
Ашып жини кайнаптыр,
Көк кенедей толуптур,
Көркөмү мындай болуптур.
Каарланып камынып,
Кара макмал жамынып,
Хан Сарыбай чамынып,
Тиктегени жолборстой,
Бейли бузук чочкого,
Беттешкен адам болбостой,
Күркүрөшү арстандай
Күлдү журтту кутургур
Кум талкан салып баскыдай.
Күрөшүнө жан турбай,
Кезиккен өлүп жаткандай,
Айкырыгы арстандай.
Ашып күчү ташкан бейм,
Кайратына чыдабай
Кан, калайык, макулук,
Качып, үркүп шашкандай.
Жекеге чыкты Сарыбай,
Желмогузуң момундай.
Басташканын сойчудай,
Кез болгонду кемирип,
Кесири калың заары күч,
Кез болсо жутуп койгудай.
Баатырдын кайраты момундай.
Көрүнүшү сеңирдей,
Көпкөктүгү темирдей.
Каары-заарын карасаң,
Көрсө жанды жегидей,
Баатырлыгы ушундай.
Эр Сарыбай эр келди,
Каарынан капырдын,
Кара жер кошо термелди.
Кесирине сан жетпей,
Келди жетип мен көрдүм.
Кээрден күйгөн чок болду,
Келбетинен капырдын
Аккан дайра тилсиз суу,
Тим эле акпай токтолду.
Каарланган капырга
Калайык чыдап туралбайт.
Өкүлдөсө өлтүргөн,

www.bizdin.kg

Жараткан жалгыз билбесе,
Ботом, жан адам такаат
кыла албайт.
Каарданып качырса,
Жан-жаныбар макулук
Качып мойнун буралбайт,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Тажаалдыгы момундай.
Ата, бейли кара доңуз ай,
Канды карап калды го,
Кабылыша келгенде,
Кайсап жаны тынды го.
Эрендин көбү үстүндө,
Уялуу журттун баарысын
Жазгы жүндү тытмалап,
Каражолтой доңузга,
Калк бүлдүргөн капырга,
Элге келген мүшкүлгө,
Калк чуулдап кан өлдү,
Кармашкандын баары өлдү.
Эңиш кылып эр өлүп,
Нечен балбан шер өлдү.
Кырчыныбыз кыйрады,
Кыйын дүмөк Сарыбай,
Кый берендер ыйлады,
Коройгон белес түз болду,
Сарыбайдын жаңжалы,
Ойдон кетпес иш болду.
Кармаш кылып кайгырып,
Калың колдон айрылып,
Жалгыз дүмөк чыркырап,
Далайы турган зыркырап,
Бул жаңжалдан тың кылып,
Жекеге келди Сарыбай,
Жеңиши мүшкүл чоң жаңжал,
Салты болгон чагы экен,
Кайратынан кан күйүп,
Добушунан жан чыкты.
Жеке туура көрүнүп,
Адамзат бенденин
Көрсө көңүлү бөлүнүп,
Каарын төгүп камынып,
Кирген кара буурадай,
Кутургур чыкты чамынып,
Жолуң каткан караанга
Жологон бирди көрөт – деп,
Кармалашкан калайык,
Кармашса бирди көрөр – деп,
Бул Сарыбай капырга,
Алты ай бүлүк салышып,
Карсылдашып тынбады,
Ажалы жеткен кулады.
Абдан мүшкүл ушу – деп
Ак калпак кыргыз ыйлады.
Ыйлай турган себеби
Чымырканып качырса,
Чынардын күйгөн чогундай.
Булкунушу капырдын,
Бузулбас эрдин тобундай,
Айкырышы капырдын,
Чагылгандын огундай,
Чаркын көргөн момундай.
Ай Сарыбай доңуз ай,
Катуу жаңжал болуптур,
Кабылганды кайтарбай,
Кармап минтип союптур,
Кармашы мынча болуптур.
Бул Сарыбай капырдай,
Тыңдайлы деп тыңчы алды,
Беттеше албай бек өлдү,
Беренден мынча эр өлдү.
Каары жаман күч болду,
Кабылгандар түз болду.
Улук элең, шер элең,
Ушунча журттун туткасы
Көкжал Сейтек сен элең.
Кыска болот тукулу,
Кымбат шердин тукуму,
Асылдан калган айнегим,
Калк каалаган береним,

www.bizdin.kg

Көргөн сайын көңүл ток,
Өзүндөн башка баана жок.
Айтышарга доо келди,
Басташарга баатыр шер,
Сарыбай аттуу жоо келди.
Эңишери шер ошол
Тилегин Кудай бериптир,
Баатыр, мөөнөт берген Сарыбай,
Бул мезгили толду – дейт,
Баатыр, күрөшчү чагым болду – дейт.
Күркүрөгөн кутургур,
Күчтүү жетип келди деп,
Окчонтоюн шайлаптыр,
Ок-дарысын камдаптыр.
Ойрондугу билинип,
Ок өтпөс кийим кийинип,
Касаба найза күтүптүр,
Алты кабат кара жер,
Айбаттанган чочконун
Калыңынан түтүптүр.
Бек айткан сөзгө көнүңүз,
Эңишерге эр келди,
Сайышарга жоо келди,
Чабышарга жоо келди.
Майданга чыгып бакырып,
Баягы душман тең келди.
Келген мүшкүл дүмөккө
Баатыр, мүшкүл түштү жүрөккө.
Эми алышып калың кол
Айыл кандай конуучу
Азабы күчтүү чочконун,
Айылы эмине болуучу.
Тиктеп туруп күйүндүм,
Тим эле жандан түңүлдүм.
Карадым билдим күйүндүм,
Бүгүн кайран жандан түңүлдүм.
Сарыбай эмес ок келди,
Чагып өткөн сел келди,
Катуу кайрат чоң жаңжал,
Каарынан капырдын
Кара жер кошо термелип.
Деп, ошентип төлгөчү
Кабарга келип турду эле,
Бил териси добулбас,
Жоондугу үч кулач,
Өзү билдин териси
Балта менен бир салса,
Жолго чыгат даңгырап,
Жер үстүнөн дөмбөлү,
Качарда чабат балбаны,
Кечээ таң кашкайып сүргөндө,
Жер жарылып киргенде,
Токойдон булбул үн салып,
Тоодон күкүк муңканып,
Таң кашкайып атканда,
Дүмпүлдөк үнү угулуп,
Добулбасты урганда,
Чымындай жандан чочунуп,
Кулансурду токунуп,
Курган Сейтек турганда,
Журт чуркурап дуу болуп,
Айгайлаган чуу болуп,
Айчыктанып туу болуп,
Кагышка каардуу келди – деп,
Эрендин баары ээлигип,
Көк жалдын баары элирип,
Кол чуркурап жарданып,
Акылга ашкан даанышман
Бул жаңжалды даң кылып,
Он башылар ороңдоп,
Келберсинген эрендер,
Кең көкүрөк, жайык төш,
Келсе көөнү дегендер,
Эрендин баары ээлигип,
Баатырдын баары чуркурап,
Балбандын баары камынып,
Жаңжалдашты Сарыбай,
Катуу каары момундай.
Оодарышса ок өтпөс,
Чама чарчап, ал кеткен,

www.bizdin.kg

Чарк айланып жан кеткен,
Кез болгонду кемирген,
Кейитти жанды Сарыбай,
Жаныҥ чыккан чочкого
Жан-жабыла баралы,
Жабыла согуш салалы!
Балбансынган капырды
Асман жарган чуу болуп,
Туш-тушунан кирели,
Айгайлап найза суналы,
Алышты арбын кылалы!
Күркүрөшүп кармашып,
Күзгү жүндөй сабашып,
Ач арстандай болушуп,
Огу канды төгүшүп,
Жанды таштап турушуп,
Жаалдашып урушуп,
Эпсиз дүмөк салалы.
Эрмек мүшкүл дуу болсун,
Эл бүлдүргөн ит менен
Бир эҥишип калалы!
Эрикпестен тытышып,
Эсишип канды жуталы.
Маҥдайлашса баарысын
Балталашып салышып,
Найзалашып сайышып,
Ар тилекти алалы,
Бир беттешип калалы.
Айгайлашып урушуп,
Бир жаадалды салалы.
Найзанын баары кан болуп,
Ажал жетип күн бүтсө,
Сарыбайдан жай болсун.
Эпсиз эрен кырылсын,
Эҥ мүшкүлүн көрөлү,
Кутурган экен Сарыбай,
Аны менен кулдуҥдашып көрөлү.
Туш-туш жактан бакырып,
Бар урааны бир жерде
Манастап ураан чакырып,
Туш-туштан найза суналы.
Турбай жаҥжал кылалы,
Канча экен күчүн көрөлү,
Кармашып жатып өлөлү.
Жанды таштап урушуп,
Каалап калса кудурет,
Кайран жанды берели,
Бул кутурган окшойт Сарыбай,
Мен бир кулжуҥдашып көрөйүн!»
Азабы өттү чочконун,
Баары жокко ээсинип,
Катуу кайрат чыр кылып,
Чоҥ жаҥжалды салалы,
Бирөөбүз эмес баарыбыз,
Баарыбыз эмес саныбыз,
Түрү суук чочкого,
Каары толук капырга
Кагышкан мыкты баатырга,
Тозоктун күйгөн чогуна,
Ажалдын туура огуна,
Беренсинген белине,
Бул бейпайлашкан өзүнө,
Кыйкырышып жетишип,
Карсылдашып өтүшүп,
Бир жаҥжалды салалы,
Ажал жетсе өлөлү,
Артык кызык көрөлү,
Алышкан душман Сарыбай,
Муну менен бир кыйкырышып
көрөлү.
Кайрат кылып эл дүрбөп,
Катуу жаҥжал кылды эми,
Кармаганы Сарыбай,
Калайман дүрбөп турду эми.
Катуу кайрат чоҥ эрдик,
Калбай эрлер кылды эле,
Асман жарган ызы-чуу
Айгай арбын үлкөн дуу.
Катуу кайрат эҥ кызык
Сарыбайдын өлүмү

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Калк чуркурап дем кылып,
Эрендер минтип турду эле.
Берен тууган эр Сейтек,
Акырын айтып, бек таштап,
Калың журтка кеп баштап,
Калайыкка кеп баштап
Желмогуз уулу Сарыбай
Туйгундарды кул кылды,
Туу беренди кул кылды.
Кезиккенди айдады,
Катуу жаңжал баштады,
Кабылганды буй кылып,
Калтырбай кырып таштады.
Алыс кетти атагы,
Кутургур жайын сураба,
Арбын турат чатагы.
Эркекмин деп эңишкен,
Нечен күнү жеңишкен,
Чабышканды чалалбай,
Иттей эңиш кылалбай.
Эсеби катуу, заары күч,
Эстесем чочко момундай.
Жети күн тынбай аралап,
Жаралуу менден ал кетип,
Жай таба албай турамын.
Санаа тартып, жан күйүп,
Журтум мен жаралуу болуп турамын.
Эрендин баары элирип,
Эр арстан Күлчоро
Сарыбайдан жеңилип,
Дүйүм кулак түз болуп,
Түгөнгүс мүшкүл иш болуп,
Басташканым Сарыбай
Бадалдуу түрү момундай.
Эрендиги эсепсиз,
Эр кайраты болжолсуз,
Калыс каары момундай.
Сарыбай салды сонунду,
Жамансытпай сөзүмдү
Жадаалда иштин бири экен,
Жалдыратты сөзүмдү.
Эңкейтип ийди белимди,
Бул Сарыбай капырга
Чабыштым чамам келген жок,
Күрөшүп күчүм жеткен жок.
Кармашып алым калган жок,
Өлүп калсам арман жок.
Балалыгы билинди,
Байкуш жандан түңүлдү.
Аракка тойгон мен элем,
Акыл жактан аз элем.
Азыркы кезде убайым,
Арак ичкен мас элем.
Бала кейип муун бошоп,
Бадирек жандан түңүлүп,
Желмогуз уулу капырдын,
Тажаалдыгы билинип,
Атагын уккан адамдай,
Аманат жандан түңүлүп,
Өкүлдөгөн доңузду,
Өйүз-бүйүз турушуп,
Күн белгиси тогуз күн,
Былчылдашып урушуп,
Тогуз күнү аралап,
Толгон жерин жаралап.
Каптал кыйрап дал болуп,
Койнуна өшөр кан толуп.
Кызыл дүйнө эң кумар,
Тирүүлүк сүйүп жүрө турар.
Ар ким аман болсок – деп,
Бул айтканы эң кумар.
Белгиге жакын жете элек,
Энем Чүрөк эмчеги,
Таңдайымдан кете элек.
Эпсиз күчүм толо элек,
Менин эңишээр кезим боло элек.
Чын эселек чаламын,
Жаңы он беште баламын.
Алышпастан чыр кылсаң,
Кең жай балаага каламын.

www.bizdin.kg

Шер жаралган Күлчоро,
Эңиш кылып эңе албай,
Эсил өңүл балалык,
Эселек итти жеңе албай.
Кезиккен жоосу Сарыбай,
Маңдай-тескей барганда,
Басташып жаңжал салганда,
Маңдайлаша барганда,
Каным калган бир кашык,
Этим калган көк жашык.
Чымын жаным чыркырап,
Устукан сөөгүм быркырап,
Чын жарадар болупмун.
Ай караңгы түн жука,
Түн эмине болот – деп,
Түгөнгө чочко кол салса,
Күн эмине болот – деп,
Колу талып шал болуп,
Ойлосоң башың маң болуп,
Санга санаа бөлүнүп.
Алтымыш санаа миң мүшкүл,
Маңдайга жакын көрүнүп,
Караан кылар эл таппай,
Кармашаарга шер таппай,
Бараңым жок, белим жок,
Азгана кыргыз журтумдун,
Айлы кандай конор – деп
Асыл кыргыз ак калпак,
Өрүшү кенен жолу ачык.
Кан кааласа кой сойгон,
Калайыкка той сойгон.
Касиеттүү журтумдун,
Айласы кандай болор – деп,
Башын силкип баш чайкап,
Канкор абам көрөлү,
Белге таңуу береним,
Бек арстан көсөлүм,
Астына салсам акжолтой,
Айдап жүрсө сан колдой.
Атам көкжал шер менен
Тай кунандай теминип,
Талашып эмчек эмишип,
Казы кертип, жал жешип,
Каймакка мыктап май жешип.
Кенедейден кез болгон,
Кеткендери толушкан,
Түбүнөн айыл конушкан,
Түгөнбөгөн казына,
Мүлкү мынча болушкан.
Көзөл абам Күлчоро
Күлүстөн турат жаралуу,
Чама чарчап, ал кетип,
Менин күлдүү журтум каралуу.
Ажал кандай, ар кандай,
Жалгыз кандай, эр кандай,
Жараткан Кудай бендесин,
Жасайт экен ар кандай.
Башкы атам Манас шер экен,
Ааламга алы тең экен.
Чабал кылып тукумун,
Алсыз кылып адамды,
Алла Таала кудурет,
Алсыз кылып адамды,
Не түрлүү пенде экен,
Эң кайраттуу Сарыбай,
Түрү суук доңуз ал.
Капкалууну кан кылды,
Каршы айла кыламбы,
Кыялуу шерден кек алып,
Кызыталактан өч алып,
Маңдайында бакырып,
Пайгамбар сындуу эр атам,
Манастап ураан чакырып,
Чачылган мүлкүн жыйна – деп,
Жарадар жаным кубанып,
Кабагым таңдай ачылып,
Курсактан капам чачылып,
Ооруган жерим басылып,
Беттешкеним жеңилип,
Бейпайлуу душман жеңилип,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кайгым сайлап чачылып,
Кабагым таңдай ачылып,
Эзелки душман жеңилип,
Өлө турган күн барбы?
Калк дүрбөбөй тынч алып,
Жата турган күн барбы?
Көк сүлөөсүн суусар бөрк,
Ыргай турган күн барбы?
Кошоктошуп эл эркин,
О, ботом жыргай турган күн
барбы?» –
Деп, кайгырып Сейтек турганда,
Калк чуркурап кан кейип,
Зарлап, чуулап турду эле.
Кайыпчалдын балбан кыз,
Ааламга жаңжал салган кыз,
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча.
Эбегейсиз эрдиги,
Ай-ааламга ал кыздын,
Ашкан экен шердиги.
Жумшак кыял, ак ниет,
Өзү улукман, даанышман,
Көзү көргөн алыстан,
Келбети бар урлуу күн,
Келишимдүү сулуу күң.
Тотудай чачын тараган,
Айдай аппак жаралган,
Адамдан чыкпай мындай жан.
Арка чачы үлпүлдөп,
Үкүнүн балтыр жүнүндөй.
Бой-келбети чалкайып,
Кадырдын кадыр түнүндөй.
Эр мүчөлүү эрениң,
Эбегейсиз эр балбан.
Эң жаралган берендин,
Күлбөй туруп сумсайган,
Күмүш жагдан курчанган.
Күлүңдөгөн жыластын,
Күндөй бетин нур чалган.
Ааламда жок бейтаалай,
Бейли башка, бети айдай.
Бек кумарлуу кумар сөз,
Поруму башка, бото көз,
Моймолжуган нур жүздүү,
Көөдөнү кең, жайык төш.
Көркөмү сулуу кара көз,
Көрсөң мындай Куялы.
Бейли жумшак белгилер,
Ар тилегим берген бейм.
Бек жаралып келген бейм,
Эрлик, кайрат, нур жүздү
Нечен Таала кудурет,
Берген экен ченебей.
Бедели башка берметтүү,
Нур кызындай келбеттүү.
Күлүп койбой сумсайып,
Асталыгы билинип,
Ар болжолун көргөндө
Аманат пенде сүйүнүп,
Кыз арстан балбандын,
Кылыгы мындай билинип,
Артында басып сумсайып,
Нар мүчөлүү кургурдун
Айдай бетин нур чалып,
Берендиги билинип,
Жоо кийимин кийинип,
Жоого ылайык балбан кыз,
Жологонду жоготуп,
Чоң мөрөйгө барган кыз.
Каруусу бөлөк, заары күч,
Кас душманды кылган түз.
Берендиги билинген,
Беттешкен душман сүрүлгөн.
Кызыккан жан кырылган,
Кыйла тизгин жыйылган.
Кыз экен ала коём – деп
Кыйла балбан, кыйла эр,
Беттешкенде сулаган.
Көктөмдө чөптөй катам – деп,

www.bizdin.kg

Төрөлүү элин басам – деп,
Намыстуу калкын кырам – деп.
Азапка башы чатылган,
Сексен балбан, сексен кол,
Серпишке чыгып кыйла калк
Балбаны бар, эри бар,
Ортосунда Сарыбай,
Балбаны бар, шери бар,
Ай-ааламды бузган шери бар.
Жоон өпкө күрсүлдөк,
Ала көөдөн дүпүлдөк,
Ал Сарыбай кол салып,
Берен кыйрап, кан өлүп,
Бейпай артык бейбактан,
Беттешкендин баары өлүп,
Жарадар болуп Сарыбай,
Жаман болгон бир далай.
Улуу мүшкүл дуу болгон,
Кулак тунган чуу болгон.
Күң жаңжалы бул болуп,
Ажалдуу колго тутулган,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Жети жол башын жардырган
Жети кабат сайдырып,
Ободон булут тутулуп,
Өлөөрүндө кутурган,
Өлчөөсүн көрсөң момундай.
Жапалуу чырга басышкан,
Жайдыр-кыштыр салышкан,
Күнөөлөшүп күрөшкөн,
Сайыш кылып күн өткөн.
Каары катуу Сарыбай,
Кайыпчал кызы Куялы,
Балбандыгы момундай.
Желмогуз уулу эр менен,
Жер майланган шер менен,
Ак жыландай арбашкан,
Ач буурадай чайнашкан.
Мурунтадан булкушуп,
Желмогуз уулу капырдын,
Жаш экенде көрүптүр,
Ордосун бузуп, олжо алып,
Канын союп калжайтып,
Чабышты жаман салыптыр.
Калкын кырып көрүптүр,
Казынасын бөлүптүр.
Тулумдуусун түк кылып,
Туш келгенди кул кылып,
Айдарчанын чок кылып,
Алыша келсе душманды
Айдап жүрүп жок кылып,
Эси жогун эңиптир,
Башта нечен жолу чочкону,
Азабын колго бериптир.
Эр Сарыбай баатырдын,
Сары изине чөп салып,
Сары оорудай кериптир.
Элпинишкен эрди айдап,
Кайыпчал кызы Куялы,
Желжетпес менен ээлигип,
Жоо кийимин кийинип,
Жолдошу күчөп сан болуп,
Жологону дал болуп.
Кармашынан кан чыгып,
Чакырган жактан чаң чыгып,
Эрте айтары кеч болуп,
Эки көзү төрт болуп,
Мындан мурун бир кезек,
Маңдайлаша барганда,
Барып жаңжал салганда,
Койгулашып турушуп,
Кол байлоону кылганда.
Акыр-такыр мүшкүлдү,
Сарыбайга салды эле.
Сарыбайдын сан колун,
Сан билек бууп ак жолун,
Ал Сарыбай капырдын,
Курчоо куруп бутуна,
Күн жаңжал салып канына,
Жана салып жанына,

www.bizdin.kg

Өткөрө кармаш салганда,
Башкача колун эр Сейтек,
Багындырып алды эле.
Үлкөн жаңжал улуу дуу
Ушундай кагыш салды эле.
Муну менен Сарыбай,
Өткөрө жайчы кул экен,
Жаканын баары жамгырлап,
Бөксөнүн баары мөндүрлөп,
Түзгө туман жабылып,
Катуу шамал, жөө туман,
Көздү байлап жабылып.
Абадан булут тутулган,
Куялыны Сарыбай,
Адаштырып куткарып,
Өлгөндө араң кутулган.
Өкүлдөгөн баатырың,
Каруусу толук капырга,
Кагыш кылып барууга,
Жадаал салып күч кылып,
Майданда турган баатырга
Кыз арстан Куялы,
Жекей боз тандап тон кийип,
Желжетпес тулпар ат минип,
Жадаалданып жайланып,
Жанын таштап кыз балбан
Жалаң кылыч байланып,
Ээликкенден желигип,
Ачууланып демигип,
Желжетпес оозун бурду эле,
Эр Сейтекке муну айтып
Арстан кыз келип турду эле:
«Менин кармашарым Сарыбай,
Калайманга саламын.
Сарыбайдын мүшкүлүн
Бир көтөрүп аламын.
Кармаш десе озомун,
Жапа менен ажалын
Кош колдоп кармап озомун!
Берендерин кырамын» –
Деп, ошентип, Куялы
Баатырдыгы ушундай,
Олоң сындуу кайран чач
Төбөгө ороп түйдү эле,
Ок өтпөс тонун кийди эле.
Алтын жаак айбалта
Ач билекке чалды эле,
Эки жүздүү зулпукор,
Бул колунда кармалуу.
Бирок бузуп жол сайып,
Токтолбостон кол сайып,
Качпагын деп бакырып,
Чындап ураан чакырып,
Өлүмгө мойнун бурду эле
Уңгусу болот, учу курч,
Жоого ылайык сыр найза
Күркүрөтө сунду эле,
Кайратына ал кыздын
Кандар карап тура албай.
Беренине ал кыздын
Бенде такыр бара албай,
Толкуганы жөн эле
Тоо туруштук бергисиз.
Кыймылдаса арамды
Кытай каптап жеңгисиз,
Мына ошондо Куялы
Сарыбайды бет алып,
Болот найза колго алып,
Атка камчы басканы
Араандай оозду ачыптыр.
Баатырлыгы башкача
Сөлөкөтү сөлбөтү,
Атка минсе келбети,
Адамдан түрү бир башка.
Ай-ааламдын баарына,
Узун кулак карыга,
Ушунчанын баарына,
Билген менен көргөнгө,
Аты угулган олуя.
Телегейи тең байбак,

www.bizdin.kg

Ай-ааламдын баарына
Аты угулган шер бейбак.
Шамдагайы болжолсуз
Шак найза сунду эле,
Чатышкан союш кылды эле.
Кудай бетин көрсөтпө,
Мүшкүлү арбын бөлүнүп,
Кезме-кезек коюшуп,
Жадаалуу жаңжал дуу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Чогууга кирди Сарыбай,
Чоң баатыры момундай.
Каарланып бакырып,
Балбанды көргөн кутургур
Канчыксың деп бакырып:
«Ажал кызык күчүм бар,
Канчык балбан угуп ал,
Кол кайырып былк этпей,
Күбүр баштап кылт этпей,
Башка тууган төрөдөй,
Баштап койгон элиндей,
Эсебиңди беремин!
Илгертен бери зор улук,
Ургаачынын жолу улук,
Жан жаралса макулук,
Бардык күчүң сал бейбак,
Кезегиңди ал бейбак!»
Керден найза салыңыз,
Сайып чыксаң зордугуң,
Сая албасаң көрөсүң,
Андан кийин мен саям
Кезегимди бериңиз –
Сарыбай мындай деген соң,
Кыз арстан Куялы,
Өрттөй ичи кайнады.
Каалгадай кашка тиш
Талкалап бөлө чайнады.
«Акыл болот мунуңуз,
Эр Сарыбай сен болсоң,
Кыз Куялы мен болсом.
Жекеме-жеке сайышып,
Өлүүчү жанга барышып,
Кайратыңа баатыр – деп,
Мындан корккон адамдын
Жети атасы капыр – деп,
Ашпай-шашпай тургун – деп,
Айтылган ишке көнгүн – деп,
Эрен болсоң, шер болсоң,
Кезегимди бергин – деп,
Каарын салып бакырып,
Кайыпчал экен урааны.
Кан атасын чакырып,
Кара көзү чок болду,
Капа ичи от болуп,
Эрдик кармап ээлигип,
Эсеби жок желигип,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Туруп берген Сарыбай
Көк аскадай көрүнүп,
Беттеп адам баргысыз,
Бенде чыдап бек жайга,
Бет алышып калыңыз.
Өлдүм го деп кенебей,
Балбандыкты, эрдикти,
Көкжалдыкты, шердикти,
Алда Таала ал кулга,
Берген экен ченебей.
Белгиленип, белсенип,
Белесте турат теңселип,
Кыйшаландап кылт этпейт,
Кыйын баатыр эр көк жал,
Оңго карап былк этпейт.
Чымынчалык кенебейт,
Чындап турат Куялы.
Бучкагына теңебей,
Кылып жаткан жумушун,
Толкуну тоодой Сарыбай,
Томсоруп койбой доңуз ай!
Аты катын ургаачы,
Айкырып найза сайсын – деп,

www.bizdin.kg

Акыркы кезек муну – деп,
Баш кезегин алсын – деп,
Андай кыйын катынды,
Айбаты бар капырды,
Кыз күнүндө эл бузган,
Кыдырып жүрүп эл бузган.
Эр албаган эскини,
Туурдук жаман кескини.
Кармашып канын төгөмүн,
Кабыргасын сөгөмүн.
Жан көрбөс кызык кыламын,
Ай-талаада зордуктап,
Тамашага батышып,
Дал түштө кызык тартышып,
Бир белестен беттешип,
Бир табактан эт жешип,
Момундай кызык кылайын.
Кыңшылатып канчыкты,
Кызык кылып алайын,
Кайратымды, күчүмдү,
Билгени келген экен го,
Найзалашып кагышып,
Абайлап көрсөм бу долу,
Тилгени келген экен го.
Кош этектеп аруу тон,
Кийгени турган экен – деп,
Кол кураган дүбүртү,
Билгени жүргөн экен – деп,
Козголушуп сайышып,
Көп шолоктоп кыз балбан,
Тийгени келген экен – деп,
Тоокызылдын оозун
Буруп келди, Сарыбай,
Тоодой болуп заңкайып,
Туруп берди, Сарыбай.
Маңдайлашып баатырча,
Ал Сарыбай капырга,
Керилип найза саюуга,
Кектеген кегин алууга,
Кыйраткан жакшы жоо келсе,
Улуксуган чочкону,
Узунунан союуга,
Акыл билип, ой ойлоп,
Алтын бала шер болжоп,
Тегерегин карабай,
Текши жанын аябай,
Кыдырата карабай,
Кыз экенин санабай,
Кылча жанын аябай.
Олбуй-солбуй оолугуп,
Каары баштап камынып,
Кадыр Алда Кудай – деп,
Бек сыйынып жалынып,
Кузгундай көзү кызарып,
Куландай мойну узарып.
Арсайган ак тиш бөлүнүп,
Оозунан чыккан көк жалын,
Октоп берип шаркырап,
Оңой эмес Куялы,
Опсуз балбан бу дагы.
Олуядан кат алган,
Кан кожодон бата алган,
Он эки бирге кол берген,
Кыздан баатыр шер чыккан,
Кылымдан жалгыз сен чык – деп,
Майы элге баатыр – деп,
Зарыл уруш кырк эшен
Дуба кылып кол берген.
Жашынан жабдык салынган,
Жадаалдашкан багынган,
Кыр өрттөнгөн чок болгон,
Кармашып келген жок болгон.
Айбан тулпар бир минген,
Такыянын этеги,
Он эки кулач бөрк кийген.
Найза сунуп мээлеген,
Ай-ааламды ээлеген.
Кармаганын катырган,
Качырып найза урганын,
Кайра тартпай жаткызган,

www.bizdin.kg

Чыркыраган чок кылган,
Чымчыганын жок кылган.
Караганын чок кылган,
Кармашканын жок кылган.
Кечөө жашы чоңоюп,
Он экиге келгенде,
Олоңдой болгон кайран чач,
Секелекке жете элек,
Он бешке жашы жете элек.
Ойноо бала секелек,
Ушул бейбак кыз кезде,
Перизаттан өтөрдө,
Сыйкырдап уурдап кетээрде,
Кайыпчалдын казына,
Түбүнө түпсүз жетээрде,
Чын кайраты белинде,
Чындап тонду кийинип,
Туралбастан жол салып,
Токсон алпы кол салып,
Жетимиши найзалап,
Жетиктерин кайрадан
Кез келгенин найзалап,
Мыктылары кайдалап?
Катуу кагыш баштаган,
Кармаш кылган сексен алп,
Калтырбай кырып таштаган.
Кармаш кылып кан төгүп,
Казасы чукул жан өлүп,
Курман кылып турганда,
Калтырбай жоону кырганда,
Кырып жаны тынганда,
Атыш кылган көп душман,
Кайкайган бели сынганда,
Ичке жолун төтөлөп,
Жетек буудан Желжетпес,
Аты кызыр бууданды,
Аты кызыр дубана,
Алкыш кылган жетелеп,
Агышка мынча калың – деп,
Кыз арстан жатат – деп,
Желжетпести мингизген.
Ок өтпөс тонду кийгизип,
Балам, кыйналбай жоого кирсин – деп,
Ар бир мезгил бакырга,
Жакшылык кыла турган – деп,
Ардан түшкөн аттанып,
Кыз арстан атанып,
Кайыптан түшкөн тон кийип,
Кара болот найза алган.
Баатырлыкка шайланган,
Басташканы Сарыбай,
Жекеге согуш кылууга,
Барып найза салууга,
Кабырга бөлүнүп кан төгүп,
Катуу союш кылууга,
Көз жетпеген дуу болуп,
Көркөмү үлкөн чуу болуп,
Кезек берген адамга,
Айгайлап найза сунду эле.
Кылымга чыккан атагы
Кыйын жаңжал улуу дуу,
Сарыбай менен Куялы,
Маңдайга чыккан чатагы,
Бет алышып турушту,
Кезектешип урушту.
Кезекти берген Сарыбай,
Керилип салды Куялы
Кежирирээк бу дагы,
Булуттай учат Желжетпес,
Тартпай оозун бурду эле,
Кыраакы болот сыр найза
Кыйшаңдатпай Куялы
Сарыбайга урду эле.
Жаман мүшкүл башталды,
Тоокызылдан Сарыбай
Кулап кете таштады.
Найза курап күл болуп,
Көз тунарып түн болуп,
Куюшкан менен басмайыл
Быт-чыт болуп үзүлүп,

www.bizdin.kg

Кыйшаңдаган баатырдын
Кулансур көзү сүзүлүп,
Сол колунан жал тайып,
Ээрден арты бултайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Көзү кетип алайып,
Буту кетип салактап,
Тоокызылдан Сарыбай
Кулап кете таштады.
Бир сайганда арстан кыз
Бул өңдүү мүшкүл башталды.
Кудай сактай көргүн – деп,
Муун бошоп буралып,
Көз байланып тунарып,
Азапты артык тартты эми:
«Алыш кылып алгыча,
Сарыбай арман айтты эми,
Ай-ааламды буй кылып,
Сарыбайды шер кылдым,
Бир каакыга тең кылбай,
Мынча неге кем кылдың?
Атам көкжал кууганда,
Толготуп энем тууганда,
Жер жамбашынан турганда,
Балалык чак жеткени,
Чыбык кыркып ат кылып,
Ат артына камчы уруп,
Балалык чак өткөнү,
Баатыр болуп кан жутуп,
Сарыбай болуп кеткинче,
Кылт этип кыял болбоду,
Кыздан мындай болбоду.
Аты катын, эр балбан,
Адамда мындай жан экен.
Кекенишкен жоо чыгып,
Кеткен мүшкүл жоо чыгып,
Кайран көзүм курттаган,
Жекеге келип Сарыбай,
Жетишип найза бир сайган.
Кыздын алган найзасы,
Кыйын экен айласы.
Найзакердин канчыктын
Ыктуулугу чын экен.
Ашкере көк жал кара төш,
Ыктуулугу чын экен.
Кыз арстан шер болуп,
Белгилүүсү чын экен,
Кылт эткендин жазасын,
Бергендиги чын экен.
Кудай берген арстанда
Кудай уруп теңелген,
Болбой турган кези экен.
Бул Куялынын найзасы,
Ашык экен айласы,
Бет алып муштап өткөнү,
Беттеп муштап кеткени,
Сай-сөөгүнөн өттү го,
Чучугуна жетти го,
…….
Жүлүн какшап өттү го,
Кайыпчалдын Куялы,
Берендиги билинди.
Беттешкенде бек муштап,
Кыйшаңдатпай топ муштап,
Эр экени билинди.
Шер найзасы тийгенде,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Чымындай жаны чыркырап,
Эттин баары бөлүнүп,
Кашкайган сөөгү көрүнүп,
Кумсарып каны төгүлүп,
Мына ошондо Сарыбай,
Баатырдын жөнү момундай.
Байкаганга эң мүшкүл,
Эрен жоодо билинип,
Сарыбайды көргөн жан,
Таңыркап жандан түңүлүп,
Эр мүчөлүү эпсиз эр
Эренди нече чалкайып,
Эпсиз болот байланып,

www.bizdin.kg

Баданасын кийинип,
Баатырлык түрү билинип,
Эбегейсиз эр экен,
Ай-ааламга татыган,
Ай Сарыбай эр экен.
Билеги жоон таш жүрөк,
Бил мүчөлүү Сарыбай,
Берендиги чын экен.
Кармаша чыккан калк экен,
Кемитпейли көк жалды,
Катуу балбан алп экен.
Каруусу толуп капырга,
Кан Сарыбай баатырга,
Кара тажаал сеңирге
Ай-ааламды буй кылган,
Кез болгонду кемирип,
Айдап жүрүп кул кылган,
Алты түркүк чатырга
Эр Сарыбай баатырга
Аңтарылган жаңжалга,
Ай-ааламды буй кылган
Кан Сарыбай балбанга,
Каруусу кабат эренге,
Канга тойбос көзөлгө,
Мына ошондо балбан кыз
Булут сындуу жел жетпес,
Мустайып оозун бурду эле.
Буурусун тийбес талаада
Кезегин ал деп турду эле.
Кыз Куялы балбан шер,
Эр Сарыбай балбанга,
Кезегин берген ошол эр.
Ай-ааламдан Сарыбай,
Аша чапкан артык зор,
Зордугун жалгыз кыз көрүп,
Кезекти берди ошол жол.
Боз керүүдөн далдайып,
Боз күрөңдөй чалкайып,
Куптап тулпар мингени,
Куп деп оозун бурду эле,
Тажаал найза сунду – деп
Каалаган жерге урсун – деп,
Катуу кармаш кылгын – деп,
Чоң кезегин алсын – деп,
Турган экен Куялы.
Найза сынган айла жок,
Аңтарылсын дүйнө бок,
Аты ургаачы зайып кыз,
Ардемеден майып кыз,
Бөксөбүз кемирек,
Бадирек башаа колдо – деп,
Карыпка адам жар болуп,
Жалпы олуя колдо – деп,
Жазайылды салынып,
Жаратканга жалынып,
Кезетин берип керилип,
Калк көзүнө көрүнүп,
Эрендиги билинип,
Кыздан баатыр экен – деп,
Көп жанынан түңүлүп,
Бул эрдигин көргөндө,
Эрдик кылып Куялы
Желжетпес оозун бурганда,
Кезегин берип турганда,
Найза салып калды – деп,
Каарланса Сарыбай,
Кандим болгон ит эле.
Караан түндү салар – деп
Баласы Сейтек берениң
Көңүлү чардап бөлүнүп,
Бул Куялы энебиз,
Чөлгө чыккан неме экен,
Чөөлүкпөй турган неме экен.
Ургар чачтын өзү экен,
Толуксунган доңузду
Каруусу бийик капырды,
Тоңкойто турган кези экен.
Чымырканса жан энем,
Чын айласын тапкыдай,
Чындаша келсе доңуздун

www.bizdin.kg

Капкайда жинин каккыдай,
Эр мүчөлүү энекем,
Эбегейсиз шер экен,
Телегейи тең экен.
Теңиз арстан шер экен,
Теңирсиген чочкого
Теңдиги жетээр кези экен.
Найза берсем колуна,
Каарланган капырдын,
Бир эсебин табат го!
Эренсинген доңузду,
Капкайда жинин кагат го.
Эбегейсиз чак экен,
Кырылышчу табы экен,
Кызыр чалган Куялы
Катын арстан жан экен,
Чабыш кылган душманга,
Кеби тийчү киши экен.
Айласы жок азапка,
Бейли тийчү киши экен.
Бул эрдигин көрбөсөк,
Мөмө болуп бербесек,
Айбандыкты билет го,
Ажалы жетсе кокустан,
Эр Сарыбай тозоктон
Өлүп кетсе кокустан.
Кыраандыкка көнбөйт – деп,
Кагышсам найза бербейт – деп,
Билбестигин билет го,
Ажал жетип, күн бүтүп,
Өлүп кетсе кокустан,
Чын ажал жетсе кокустан,
Таңды ашар күнүмдө,
Кара эшек кыла жүрөт го,
Кашайтып жан күйөт го,
Уруучу Кудай урбайбы,
Айтылган ушак чын болсо,
Каным доолап турбайбы» –
Деп ошентип эр Сейтек,
Сарпооштотуп бүктөтүп,
Найза сунса жаңылап
Алышкан эрлер алсын – деп
Өзү чабал болбосо,
Арманда болуп калсын – деп.
Сары атанга жүктөтүп,
Сары алтындан боо кылган,
Көлөкө жерге сактаткан,
Пил терисин каптаткан.
Муштаганда караандын
Болоттугу билинген,
Тийген жери тилинген.
Тим муштаны карааның,
Сынып кетти тим эле,
Түпкүч болуп тирилген,
Болоттон бөлүп тоо кылган,
Чынмачындын тукуму,
Чын кытайдын тукуму,
Хан Манаска доо кылган.
Ошол турган капырдын,
Алда Таала кудурет,
Жалгыз жанын соо кылган.
Мурунку кеткен бабадан,
Мураага жеткен сыр найза,
Кылыч уруп жетти – деп,
Колдон тайып кетти – деп,
Кыйшыгы жок кынаган,
Сабын толгоп бурбаган.
Бурап кылган Бөлөкбай,
Ободон жалгыз козголуп,
Дөөтү менен дос болуп,
Төкөр уста Бөлөкбай,
Учун болот улаган,
Уу төктүрүп кынаган.
Тие электе жан кеткен,
Өлүүчү жерин уштаса,
Өлүүчү жерин муштаса,
Тешип сайып өткөргөн,
Таш муштаса каранды,
Тайгаланып кетпеген.
Учун улап кынаган,

www.bizdin.kg

Тим ажалы жетти – деп
Тийген жерин баарысын,
Кабылдап көчүп кетет – деп,
Кабылдап калса ...
Кайра тартпай дуулдап,
Ошол бойдон өтсүн – деп,
Улап учун чыгартып,
Көз жаш менен сугартып,
Уу төктүрүп боёгон.
Жашыл кара киши өттү,
Карасаат каранды,
Бир жылга ага боёгон.
Ажалга жакын жомогон,
Сундурган жагы бүлүнгөн,
Ар беттешип келгенде
Аманат жандан түңүлгөн.
Мизи өрттөнүп уу болгон,
Найза жөнү бу болгон,
Кабылган душман уу болгон.
Каарланып катылса,
Жин төгүлүп кан чыккан,
Темири болот ойногон,
Карасаат сыр найза,
Чыктаса канга тойбогон.
Мурунку өткөн Манастан
Мураска калган сыр найза,
Буюмдан мындай болбогон,
Кыжырланып шилтесе,
Кылыч кесип өтпөгөн,
Каарланып кармаса,
Колдон тайып кетпеген,
Кадимкидей сыр найза
Кабылан Сейтек аны алып эр,
Эки көзү төрт болуп,
Эрте күнү кеч болуп,
Чымын жаны чыркырап,
Чын жалынып эне – деп,
Кайран бала буркурап,
Астындагы Кулансур,
Чын буудандын өзү бул.
Желкесине жал түйүп,
Кулансурдай тулпардын
Басканына мал жетпейт,
Башын жерге салыптыр,
Эти кызып калыптыр.
Желмаяндай желди эле,
Жетип келип арстанга
Сыр найзаны берди эле.
Мына ошондо Куялы:
«Телегейи тең уулум,
Теги гана болсун – деп,
Маңдайга жазган эр уулум,
Бозала тулпар чолпонум
Өөдө тартса өбөгүм,
Ылдый тартса жөлөгүм,
Капа болсом кабагым,
Ачка болсом тамагым,
Мурунтан келген мураа» – деп,
Белекке берген найзанын
Болоттугун билди кыз.
Эр Сейтекке жалынып,
Кыткылыктап күлдү кыз,
Ыраазы болуп турду кыз.
Алып жоого сунганда,
Кереге найза тийгенде,
Өбөктөп кетсе куу жанга
Жөлөк найза тийген соң,
Каарлангандай камынып,
Каражолтой Куялы,
Капыстан ажал табылып,
Тилегени бүт келип,
Арстан кыздын өзүнө
Алтымыш эрдик күч келип,
Ободогу ай чолпон,
О, кудурет эр сайгыч,
Болжош болуп калды эми.
О дүйнө кеткен эр атам
Ошол кезде балбанга
Жолдош болуп калды эми,
Сарыбай кезек аларда,

www.bizdin.kg

Канкор шердин арбагын
Жылоолоп курчап арстанга
Жолдош болуп калды эми.
Кырк чилтен кызыр Куялы,
Короолоп курчап калды эле...
«Бел беттеген шай атам
Беттеп жолун оңдоду.
Бак, баабедин дул апам,
Кош кол менен колдоду».
Аты кызыр машайык,
Ал ооздуктан алыптыр:
«Балам согуш кылгын» – деп
Коштоп калган кези экен,
Колдогону бир тогуз,
Колдоп калган кези экен.
Жөлөгөнү бир тогуз,
Жөлөп калган кези экен.
Кайыпчал кызы кыз арстан,
Калкалашчу майдандан,
Аска тайпак керүүдөн,
Алыш кылчу жеринен,
Кымбаттыгы билинип,
Кым-кым этип сүйүнүп,
Ок өтпөс чопкут тон кийип,
Ок жетпеген ат минип,
Болот кылыч найза алып,
Кыны жок кылыч байланып,
Дагдыр жетсе көрүүгө,
Чын ажал жетсе өлүүгө,
Убадалуу кайран шер,
Эр Сарыбай кезетти,
Эми көкжал берүүгө,
Каарланып камынып,
Кайран шердин өзүнө,
Кайыптан акыл табылып,
Козголоңдуу кайран шер,
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча.
Башта күндөн кыз балбан,
Жоо кийимин кийинип,
Жолборстугу билинип,
Канчалар менен кармашкан,
Кан төгүшүп жайгашкан.
Жан жүрбөгөн чөл көргөн,
Канча мыкты эр көргөн.
Телегейин тең көргөн,
Кезетин билип душмандын,
Желжетпес оозун бурду эле,
Купта жакты бет алып,
Кезетин берип турду эле.
Зың-зың этип кенебей,
Чабышары Сарыбай,
Бучкагына теңебей.
Өйдө-ылдыйын болжобой,
Өзү кыраан байкушуң,
Өлөмүн деп ойлобой,
Балбан жүрөк, шер кайрат,
Катуу каардуу капырга
Алп Сарыбай баатырга:
«Баатыр болсоң, шер болсоң
Эр Сарыбай сен болсоң,
Алышты арбын салыңыз,
Кезегиңди алыңыз,
Кыймылдабай кылт этпей,
Кыйшаңдабай кылк этпей,
Каарын кыйнап кол сунуп,
Жетип найза уруңуз.
Мыктылап күчкө салыңыз,
Кезетиңди алыңыз!
Акылдан тайып шашпаңыз,
Аң-таң уруп качпаңыз!» –
Деп, ошентип Куялы
Сүлөөсүндөй керилип,
Сүйлөөр сөздөн эринип,
Ак маралдай кыйгачтап,
Аста сүйлөп кеп баштап,
Кеби шербет көрүнүп,
Көргөндө көңүл бөлүнүп,
Ак бугудай даңкайып,
Ала аскардай чалкайып,

www.bizdin.kg

Балбан кыял шер жүрөк,
Бастырып чыгып турду эле.
Мына ошондо Сарыбай
Кең дүнүйө тарыды,
Күңгүрөнүп күүлөндү,
Күрсүлдөп нечен түрлөндү,
Жарактарын жайланды,
Жаландаган кутургур
Алышар жагын камданды.
Каарданып камынды,
Кара болот байланып,
Каары бетине айланып,
Сакал-мурут бириндеп,
Ай-ааламды буй кылып,
Кутурчудай күрүлдөп,
Аны көрүп турган жан,
Азат бою дүркүрөп,
Эң кайраттуу чочконун,
Эсепсизден байкасам,
Эл жанынан түңүлүп,
Найза кармап чыңданып,
Күчүн жыйнап тыңданып,
Күр-күр этип бөлүнүп,
Күчү селдей көрүнүп,
Күркүрөдү кутургур.
Каман сындуу камынып,
Каарланды чамынып,
Кайраттанып камынып,
Арстандай көз жайнап,
Качыратып тиш чайнап,
Болжолу бар жолборстой,
Кармашкан аман болбостой.
Эң кайраты таш жарып,
Күркүрөшү баш жарып,
Токсон түрлүү түрлөнүп,
Тоодой болгон кутургур,
Ай-ааламды сүйкөнүп,
Эр Сарыбай атагын,
Ай-ааламдын баарына,
Азыр тиер чатагы.

«Кагыш кылдым кыйынча,
Кабылдым заман акырга,
Ай-ааламга зор кылдың,
Бир катынга жараткан
Мынча неге кор кылдың.
Улук элем, шер элем
Ай-ааламдын бардыгын
Айдап жүрүп түгөткөн
Канча жерде алптарды
Албан түрлүү калктарды,
Алыш менен жүдөткөн,
Кайратым арбын заарым күч,
Кармашканды кылган түз,
Жанчышканды чаалыткан,
Алышканды карыткан.
Тиктешкенди жоготкон,
Басташканды май кылган,
Кез болгонду жай кылган.
Кагыш кылган адамды,
Кара болот жадалган,
Кан Сарыбай мен элем,
Кордугума кол жетпес,
Атышканда ок жетпес,
Кыя жагын чалдырбас,
Добул келсе жел жетпес,
Доо дооласа мал бербес,
Эр Сарыбай шер элем,
Кара коргон чеп элем.
Кабылганды кайсаган,
Кайран көкжал эр элем.
Эс-акылдан танганбы,
Же эрдик менден качканбы?
Баатырлык балбан шерлик кыз,
Баарысы менден өткөнбү.
Кызыталак куу дүйнө,
Кыйындап алдап кеткенби» –
Деп, ошентип Сарыбай,
Сакал-мурут бөлүнүп,
Заары кырдай көрүнүп,
Каарланып күч толуп,

www.bizdin.kg

Чын кайраты бүт толуп,
Эки жагын каранып,
Ачууланып бадирек,
Эрди-мурдун жаланып,
Каарын төгүп калкына,
Кайрат кайнап, жан уруп,
Катуу кайрат баштады.
Кайран жанды өлүмгө,
Жөн эле байлап таштады.
Алдымдагы Тоокызыл
Аркасы бийик, соору бас,
Алдыга салса чарчабас.
Кең көкүрөк, тайкы жал,
Келишимдүү бууданды,
Кара жаак булдурсун,
Кармай калып имерип,
Тоокызылды токтотпой,
Томукка салып жиберип,
Мына ошондо Тоокызыл
Койдой саны бөлүнүп,
Коёндой жону түзөлүп,
Араандай оозу ачылып,
Катып кеткен туягы
Табактай болуп жазылып,
Тулпардыгы билинип,
Жебедей ыргып түйүлүп,
Жагалмай сындуу доңуздун
Жадабай оозун бурду эле.
Кан жыттанган көк найза,
Качырганда не пайда.
Каруусу толуп капыр кул,
Кан Сарыбай баатыр кул,
Музду бузуп тоону алган,
Чеп кыйратып жоону алган.
Башта баркын билишкен,
Ай-аалам менен тийишкен,
Аты угулган ааламга,
Арбагы чыккан далайга.
Катуу каардуу Сарыбай,
Аныктап Кудай урду эми.
Кан жыттанган көк найза,
Күркүрөтө сунду эле.
Кайран эрдин кашы – деп,
Алыс келсе тетири
Жүрөгүнүн башы – деп,
Көкжалдын кара көзү – деп,
Как өлөр жердин өзү – деп,
Алма сындуу ак эмчек,
Колкосунун тушу – деп,
Козголбостон найза урсун,
Кулап кетээр ушул – деп.
Ажалдын убак тушу – деп,
Сексен жаны болсо да,
Көк кенедей толсо да,
Алжаңдаган катынды,
Аңтара саяр чагым – деп,
Азыр келди табым – деп,
Тезегин берген тушу – деп,
Керилип найза чын урсам,
Кыңшылаган капырдын,
Кыялы тентек катындын,
Кулап кетээр кези – деп,
Токсон жаны болсо да,
Токтоосу жок учур – деп,
Токтоно албай Сарыбай,
Катуулап каарын төктү эми.
Бу дүнүйө берер – деп,
Булгап сактап сөктү эми,
Бу Сарыбай кутурду.
Ач арстандай кутурду,
Айласы болот, заары күч,
Ажалдан кимдер кутулган.
Далайды көргөн даңгыл ит,
Көп жаңжалды көргөн кул,
Чалгын салып жоо чалып,
Адис болуп ар ишке,
Ал мурунтан көнгөн кул.
Теги айланта санабай,
Тегерегин карабай,
Деги айланы кутургур,

www.bizdin.kg

Өлөмүн деп санабай.
Катуу кагыш башталды.
Кадыр алда берген жан,
Кылга байлап таштады.
Жээликкен экен кутургур,
Жердин жүзүн үрпөйтүп,
Жетик күлүк Тоокызыл
Желиктирип чуратып,
Жердин жүзүн уратып,
Кезегин берсе Куялы,
Шамдагайы ушундай.
Куялыга карата
Кулжуңдаган Сарыбай,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Айла кылса алты атып,
Жонунда милте мылтык бар,
Бат атар колдо далай бар.
Муну менен жүз атып,
Анын огу жеткиче,
Кабылан шерден кан чыгып,
Как төбөгө жеткиче
Айдалыга сыр жебе
Айта берсе аңгеме,
Аны менен жүз атып,
Жагалданган кутургур,
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Мөндүрдөй бөлөк ок атып,
Огу каптап турганда
Кайыпчалдын кайран кыз,
Уйгу-туйгу түшүнүп,
Оң-тетири кылганда
Кылган иште сонун бар,
Берендиги Каныкей,
Бет алсаң жоого кийгин – деп,
Ошо жоону караса
Кызыр ата кааласа
Жакасы алтын, жеңи жез
Кош бадана торгой көз
Табылгы жакса чок өтпөс,
Оногор атса, ок өтпөс,
Оодарышса кол өтпөйт,
Баданына келтирип,
Балбан тиктеп кайыган,
Алты миң найза бир сайса,
Ар жагына жолобой,
Туш-туш жакка кайыган,
Найза сайып өткөнү,
Усталардын далайын,
Билбейсиң деп сөктүргөн.
Болот эгеп жиберип,
Болжолдуу жерге төктүргөн.
Сарыбай жаңжал саларын,
Саат баштап каларын,
Былчылдашып калышып,
Бир мүшкүлдү саларын,
Биле келген эмеспи,
Атайылап арылап,
Наздап сурап бу тонду,
Кие келген эмеспи.
Аткан огу топулдап,
Ар бир жакка куюлуу.
Ал Сарыбай капырды,
Ачып көздү-жумгуча,
Чын кезегин алууга
Найза менен урууга,
Айткан кепти, сөздөрдү,
Кыдырата карабай,
Кыйкырыгы таш жарды.
Кылча жанын аябай,
Тегерете карабай,
Катуу мүшкүл болжобой,
Өлөрүн кылча санабай,
Өткүр да экен, шер да экен,
Өлөрман тууган эр да экен.
Кабылганды кайсаган,
Кан төгөрдүн бири экен.
Көөдөнүндө кеп арман,
Көптү көргөн көп арам,
Мунун издегени чоң жаңжал.

www.bizdin.kg

Каарын төгүп Сарыбай,
Катуулугу момундай.
Беттеп найза сунду эле,
Бенде чыдап тургусуз,
Каптап кетип калың кол
Кылча такат кылгысыз,
Каары катуу Сарыбай
Кармашканы момундай.
Чын сайылса бу найзам
Чыканактын тушу – деп,
Бул кутурган канчыктын,
Чын өлөр жери ушул – деп,
Ою менен күүлөнүп,
Одурандап жүргөнү.
Чымырканып найза урсам,
Чындап айзам тийбейби?
Канча баатыр болсо да,
Башы жерге кирбейби?
Ою менен ой ойлоп,
Көңүл менен жай бойлоп, –
Деп, ойлонуп Сарыбай
Көөдөнүндө бай болуп,
Тоокызыл оозун бурду эле,
Көпкөк болот найзасын,
Күркүрөтө сунду эле.
Өлөр жериң ушул – деп,
Көрсөң баатыр Сарыбай
Күп дедире урду эле,
Муштап келип турду эле.
Майышып айза чок болуп,
Кайыпчалдын кыз арстан
Балбандыгы көрүнүп,
Муштаганда көк айза
Быт-чыт болуп бөлүнүп,
Кайыпчалдын Куялы,
Кырк чилтени колдогон,
Кыйын найза тийгенде,
Кырк чилтендин баарысы
Этектеп алып басты эле.
Берен Манас арбагы,
Жөлөп-таяп турду эле.
Жону мыкты бейбакты,
Тон көтөрүп калды эми,
Тоодой Манас арбагы
Чоң көтөрүп калды эми.
Бакты-таалай ырысты,
Байлап көзүн салды эми,
Кымбаттуусу кырк чилтен,
Туш-туштан жөлөп калды эми.
Колдогону бир тогуз,
Колдоп келип турганда,
Кыз арстан балбан кыз,
Кыйла жерди чапкан кыз,
Кыйла киши жаккан кыз.
Кызыр атам жетелеп,
Кыйла жерге баккан кыз.
Кыйшаңдабай былк этпей,
Кылтылдабай былк этпей,
Казайылын сунганда,
Жаратканга жалынып,
Кылтылдабай кенебей,
Сарыбайдын сайганын,
Салмагын көр момундай.
Бучкагына теңебей,
Өөдө-ылдыйын карабай,
Ал балбан кыз турду эле.
Ал Сарыбай капырга
Ушу кепти кылды эле:
«Керилип найза сайдыңыз,
Кезегимди алдыңыз,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып, ок атып,
Жаман жаңжал салдыңыз.
Ашыгыраак ок атып,
Уят болду мунуңуз,
Убадага туруңуз.
Кыялыңдан кыңк этпей,
Кыя тартып кылк этпей,
Деген сөзгө көнүңүз.

www.bizdin.kg

Баатыр болсоң, эр болсоң,
Эр Сарыбай сен болсоң.
Кезет курап Куялы
Келип жетти Сарыбай,
Кериш жөнү момундай.
Сарыбайды Кудай урганы,
Одураңдап ороюп,
Сөзгө келбей турганы.
Оруп-жыйып алчудай,
Дүнүйөнүн түбүнө
Жалгыз өзү жетчүдөй,
Ай-ааламды талкалап,
Талкан кылып кетчүдөй.
Каарланды Сарыбай,
Кагыштын жолу момундай.
Он сегиз миң ааламды
Опот кылып койчудай.
Ай-ааламдын баарысын,
Опот кылып билчүдөй.
Айтканына көнбөстөн,
Эр кезегин бербестен,
Кара жаак айбалта
Кармап алып имерди.
Камынтпастан балбанды,
Карсылдатып жиберди.
Сарыбайдын жаңжалын
Ар качандан билүүчү,
Көпкөк темир туулгага
Көрсөң арстан балбандын
Көмөрүп башта кийүүчү,
Камбыл экен Куялы,
Кабыргада себели
Айдалы менен жүрөктү
Каптап коюп келүүчү,
Балбан экен Куялы,
Басып найза кирүүгө,
Бир жеринде тешик жок,
Куялыга катылган
Сарыбайда кешик жок.
Деген сөзгө көнбөстөн,
Эр кезегин бербестен,
Сарыбай чабыш кылган соң,
Шер атактуу балбан кыз
Куялы карап турбайбы.
Кармашканы Сарыбай,
Карап Кудай урабы.
Кудай бетин көрсөтпө,
Жаман жаңжал баштады.
Куялыдай баатырың
Жандан кечип таштады.
Маңдайлашып турушуп,
Былчылдашып урушуп,
Качырып найза салышып,
Каалаган жерге малышып,
Түп этектеп алышып,
Түгөнүшүп калышып,
Жер бузулуп, аң болуп,
Адам башы маң болуп.
Касабалап туу толуп,
Асман жарган чуу болуп,
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Бир элестүү чоң жаңжал,
Дабыш кылып турганда,
Карсылдашып кайран жан,
Чабыш кылып турганда,
Жер бузулуп аң болуп,
Адамдын башы маң болуп,
Жазайылдап тоо бузуп,
Кыйрап адам окко учуп
Кыйралышып турганда,
Кызык болду бул жаңжал,
Кыйын согуш кылганы,
Жасайыл кармап жаа тартып,
Жана канча көк батып,
Жаман уруш болушуп,
Эрен да экен, шер да экен,
Эр Сарыбай Куялы,
Бендеден чыккан эр экен,

www.bizdin.kg

Бир бирине карабай,
Кылча жанын аябай,
Балалуу жаңжал башташып,
Байкуш жанды экөө тең
Кылга байлап ташташып,
Кыйын жаңжал дуу болуп,
Толук канды жутушуп,
Тондун баарын тытышып.
Союлдашса солк этпей,
Балталашса былк этпей.
Камчылашса каңк этпей,
Кылычташса кыңк этпей,
Кыйын согуш салышты,
Кызык өмүр топтуу жан,
Кылга байлап ташташып,
Кызык өмүр, таттуу жан,
Кылга байлап таштаптыр.
Кызыл кыргын, куу сүргүн,
Кыраандарын баштаптыр.
Жакалашып чоюшуп,
Жакын келип калганын
Балта менен коюшуп,
Күнү-түнү эки күн
Күпүлдөшүп тынбады.
Күүлөнүшүп салышып,
Күрпүлдөшүп калышып,
Касаба кайнап туу болуп,
Айгайлаган чуу болуп,
Карасаң дүмөк дуу болуп,
Калың жаңжал болушту.
Арманы жок тытышып,
Суудай канды жутушуп,
Сунуп найза алышты,
Кайран жанын аябай,
Талкалашып салышты.
Мындан айла болгон жок,
Капкара чаңга бөлөнүп,
Кыялдуу мүшкүл кыр болуп,
Кыйын дүмөк чыр болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Айгайлаган дуу болуп,
Бир ишине мүшкүл дарт
Салыша албай турду эле.
Чын эсебин бир бири
Табыша албай турду эле.
Улуу мушкүл бир бирөө,
Салыша албай турушту.
Уйпалашып бир бирин,
Алыша албай турушту.
Жер бузулуп термелип,
Экөөнүн күчү тең келип,
Чапчышып чама жете албай,
Талкалашып салышып,
Бир бирине жете албай,
Улуу жаңжал, калың дуу,
Ушундай болуп ызы-чуу,
Адамдын баары үрөлүп,
Найза кыйрап түгөнүп.
Артык жаңжал бөлүнүп,
Чамалуусу чаксыздын,
Айдап жүрүп союшуп,
Артык жаңжал улуу дуу,
Калың айгай ызы-чуу.
Катуу мүшкүл болду эми,
Белгилүүдөн хан өлүп,
Беттешип жандын баары өлүп,
Бейпай согуш болушту.
Тирүү дебей бу жанды,
Тим эле таштап коюшту.
Кармаш кылган кан өлүп,
Катуу жаңжал салышып,
Калбай жүрүп эрендер,
Карсылдашып калышып,
Өлүм ажал балаага,
Жоого эле минтип барышып,
Чама чарчап ал кетип,
Эр Сарыбай чоң баатыр,
Адам көрүп эл билбес,
Дууга салып турду эми.
Айгайлаган бу жаңжал,

www.bizdin.kg

Чууга салып турду эле.
Чама чарчап, ал кетип,
Денебизден кан кетти,
Кең дүнүйө тар болду,
Шекерден таттуу шилекей,
Бир жутууга зар болду.
Баракелде Куялы,
Бали дебей не дейин,
Эрдигиң кубат, заарың күч,
Сарыбайды кылдым түз.
Кайран башка күч келди,
Акыр-такыр иш келди.
Мен Сарыбай кан элем,
Ар качандан бир качан,
Ар дайымдан бир дайым
Кагыш кылган адатым.
Канча колдун баарысын,
Кагыш кылып кыйратып
Бейпайга салдым баарысын.
Чамалууну чалчу элек,
Чабышкан дүмөк жоо келсе
Чалкасынан салчу элек,
Жолундууну жойчу элек,
Жойлоп жакын келгенди,
Кашайткан көзүн ойчу элек.
Кулжуңдаша кеткенде,
Күн айласын кетирип
Чалкасынан салчу элек.
Касам жетип өлбөдүм,
Качышы катуу, заары күч,
Кайраным сендей көрбөдүм.
Кечээ кабарчыдан кеп угуп,
Куялы келди деп угуп,
Чымын жаным чыркырап,
Дал сан сөөгүм быркырап,
Боконо сөөгүм болкулдап,
Болбой ичим солкулдап,
Калкка кабар билинген,
Кара тажаал келди – деп,
Кайран балбан Сарыбай,
Кайран жандан түңүлгөн.
Чымырканган бейтаалай,
Ар качандан бир качан,
Жапаа салып ушундай.
Жагданып жибек бөлүнбөй,
Жаман кылдың чыр салып,
Жан койчу түрүң көрүнбөй.
Аркардын жибек белиндей,
Ар айбатың карасам,
Ашуунун муздак желиндей.
Күү-күү этип күүлөнүп,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,
Күркүрөду Сарыбай:
«Мен Сарыбай болгону,
Сарыбай атка конгону,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулуна тең болуп,
Алтын таажы кийгеним,
Алтын такка мингеним,
Калк башкарып, журт күтүп,
Сарыбай болуп жүргөмүн.
Ордо тутуп, кан болуп,
Орунтуктуу бий болуп,
Калк чогултуп журт кармап,
Булут минип, муз бүркүп,
Күжүлдөгөн кезекте,
Укурук калбай, жан калбай,
Уюткусун быт кылып,
Мен тийбеген мал калбай,
Зулпукор, болот найзамды,
Күүлөп турган кезимде,
Асман-көктүн баарысын
Ээлеп турган кезимде,
Жая кесип жеп жүрдүм,
Жалаңкыч кайда деп жүрдүм.
Казы кесип жеп жүрдүм,
Балакет кайда деп жүрдүм.
Ой, оңбогон Куялы,
Теги сенден көп күйдүм.
Калмышында бул эрге,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Каруусу бийик капырга,
Өзөгүмөн өрт чыгып,
Өз ичимен жоо чыгып,
Чындан каза баланы
Көргөнү турган экемин,
Чын ажал кетип кайран жан,
Өлгөнү келген экемин.
Бекер дүйнө соодагер,
Бу дүнүйөгө кызыгып,
Нетейин деген экемин.
Кагышканым Куялы,
Жеримден чыккан жан эле,
Жети жолу сайышып,
Сага муну кылам деди эле.
Аты артык кыз балбан,
Мураасына жетиптир,
Тиктегени өлүптүр,
Тилегенин бериптир.
Кармашканы өлүптүр,
Кагышканы келиптир.
Кайыпчалдын балбан кыз,
Кара көөдөн дардаң кыз,
Калайыктан калган кыз.
Айылыңдын чети ак кыя,
Абийири кеткен шуркуя.
Сыдыр барган бели жок,
Сыйынбаган эри жок.
Бекзааданын берен кыз,
Эсеби жок дөө болуп,
Эр издеген оңобу.
Канзаададай жалгыз кыз,
Кармашка чыккан болорбу.
Эл кыдырып журт бузган,
Бейпай сендей болобу.
Эсил заттын жалгыз кыз,
Эр издеген оңорбу.
Бейпай сенче болобу,
Беттешпесең болобу.
Кылыч сууруп кындаймын,
Кызып эми чындаймын.

Уу таштадың күлүмө,
Сырыңды жатка билгизип,
Ушинтип жеттиң түбүмө.
Кармаш кылдың четтедиң,
Кайран жанды өрттөдүң.
Ишиңди каран түн кылдың
Көңүлүмдү кир кылдың.
Бир кылбадың миң кылдың,
Мынча неге чыр кылдың.
Байлап салдың багымды,
Баатыр элем шер элем,
Көп сындырдың шагымды.
Көп кетирдиң алымды,
Көп кашайттың жанымды,
Балаа баштап күнүгө,
Чогуу жеттиң түбүмө.
Каарым келип какайып,
Катылбай койбойм бириңе,
Баткалаштын чөлүндө,
Ит жүрбөстүн жээгинде,
Өлбөй араң калыштым.
Мадериндин кеги жок,
Мындай далай салыштың,
Чалкып чамаң келалбай
Карабет сенден кек албай,
Оодарып аттан түшүрүп
Ошондо сени мен албай,
Санга албай сөзүмдү,
Салбар кылдың өзүмдү.
Салбарлыкка сүйүпсүң,
Сары изиме чөп салып,
Сен саргара кууп жүрүпсүң.
Желпиништин оюнда,
Кабылганды кыргамын,
Айтпай кетип сөзүмдү,
Албай кетип өзүмдү.
Мында салбар кылгамын,
Жаралганга жалгансың,
Жаның күйгөн адамсың,
Күйүтүң өттү ушундай.

www.bizdin.kg

Таш майданда чабыштың,
Далай нечен кагыштың,
Сайсам найза кайрыдың,
Күйүтүң бар ой канчык,
Жал-куйруктун баары жок,
Санат кылып таштадың.
Сүзөөрүмө мүйүз жок,
Токол кылып таштадың,
Сүлдөрүм бар алым жок,
Копол кылып таштадың.
Опсуз жаңжал кылбасам,
Олжо катын кылбасам.
Мен Сарыбай баатырмын,
Койбой кегим албасам,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн.
Опсуз чындап урушуп,
Омуроолоп турушуп,
Опсуз согуш кылбасам,
Олжо катын кылбасам.
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн.
Мен Сарыбай баатырмын,
Тиктеп найза саяйын,
Чындап кегим алайын.
Бир түбүнө жетейин,
Барган жан келбес чын жайга,
Басып өзүм кетпесем.
Бардык жан барган белести,
Ашып өтүп кетпесем.
Өлбөй тирүү кыймылдап,
Тирүүмүн деп кымтынып,
Өлбөймүн деп жутунуп,
Мен мураска жетейин,
Олжодон алган катын – деп,
Олжо кыла кетейин.
Опсуз жанын күйгүзүп,
Ат үстүнө мингизип,
Минтип жанын күйгүзүп,
Сынчыларга каратып,
Балбандарга сабатып,
Бештен чачын өрдүрүп,
Колундагы мүлкүндү
Суук колго бүлдүрүп,
Койдой кордук салбасам,
Олжо катын кылбасам
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн!
Баатыр болуп нетейин
Бу дүйнөдөн кетейин.
Улуу жаңжал чуу салып,
Бир түбүнө жетейин,
Ишенгениң Семетей,
Төбөндү төмөн баспасам,
Төбөндөн тийген бейтаалай,
Төрт түлүгүң чачпасам,
Сарыбай болуп нетейин,
Зайыптан кордук көргүчө,
Бу дүйнөдөн кетейин.
Сурабай согуш салайын,
Сумсаңдаган шуркуя
Олжо кылып албасам» –
Деп, ошентип Сарыбай,
Арбын жаңжал улуу чуу
Түтөп кетип баратат,
Баштагыдан ансайын
Күчөп кетип баратат.
Ай-ааламды Сарыбай,
Басып кетип баратат.
Баштагыдай чатагы,
Жылчыгы жок дүнүйө,
Бүтөп кетип баратат.
Баштагыдай Сарыкең,
Күчөп кетип баратат.
Чагылгандай чакылдап,
Айбаттанып акылдап,
Ач айкырык дуу салып,
Айгайлаган чуу салып,
Күйгүзгөнү чочконун,

www.bizdin.kg

Сөксөөлдүн чогундай,
Айткан кеби арамдын
Жазайылдын огундай,
Жаның чыккан чочконун
Жаңжалдыгы момундай.
Сүйлөгөнү доңуздун
Сөөккө батып такалды.
Жин ургандай Куялы,
Башындагы суусар бөрк,
Эрдигин көрсөң кара көк.
Сарыбайдын заарына,
Салып жаткан каарына
Күйүп-жанып чок болуп,
Өлүп-өчүп жок болуп,
Жан зыркырап, тиш кайрап,
Жүрөк коркуп көз жайнап,
Көңүл муздап кыш болуп,
Көрсөң жүрөк муз болуп,
Кайрат толкуп, кан кайнап,
Күйүп-бышып жан кайнап,
Катуу каар баштады,
Кадыр алда берген жан
Өлсөм мени көмгүн – деп
Жерге ыргытып таштады,
Күйүп жанып чок болуп,
Күрөшкө чыкпай Куялы
Көрчү канчык токтолду.
Тегерегин карабай,
Теги жанын аябай,
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай,
Кара жаак булдурсун,
Кармай калып имерип,
Каң дедире Желжетпес
Камага тартып жиберип,
Беренден калган сыр найза
Беттеп кармап имерип,
Бадыша Кудай себепкер,
Балкылдашып көргүн – деп,
Баатырсынган доңузду
Байкап Кудай бергин – деп,
Мына ошондо Куялы,
Баабединди бат айтып,
Бир Кудайга жалынып,
Ат туякка ат айтып,
Коросонго кой айтып,
Баабедин деп бакырып,
Кайнатасы Манастын
Алп арбагын бат айтып,
Чоң майданда Сарыбай,
Опол-тоодой турду эле
Оройгон сөөк омуртка
Омуртканын бети – деп.
Жүрөктүн төмөн чети – деп,
Без дүлөйдүн бети – деп,
Белгилүүнүн өзү – деп,
Өрөпкүгөн доңуздун,
Өлө турган кези – деп.
«Ишти Кудай оңдосун,
Атам Манас колдосун.
Колдоп таяп, жөлөрүн
Шашып калдым ушул кез,
Шашып турган себебим
Оңбогур уулу оңбоду,
Катын деп жанды кордоду.
Орой-орой кеп салды,
Оруп мени жеп салды.
Кармаш кылып салышса,
Канчык атым калбады.
Улуу жаңжал дуу кылып,
Эр албаган эски – деп,
Эзелден берки кески – деп,
Мынча нече чуу кылды.
Шакардай ичти кайнатты,
Ботодой көздү жайнатты.
Ченебей чечти тонумду,
Чек көргөздү сонунду.
Ашык кылды арымды,
Көп күйгүздү жанымды.
Кармашты эрен саламбы,

www.bizdin.kg

Кажылдаган чочкого
Канчык атым калабы!
Кеби менен кемирди,
Кайнатып ийди канымды,
Түмөн кылды жанымды.
Түмөнсүз күйүп чок болдум,
Абийиримден арымдан,
Азыр күйдүм жок болдум.
Айда айтса канчык дедирип
Кагыштан кантип токтодум,
Каарлуу сөзгө чыдабай
Ушу бүгүн жок болдум.
Кеңири элем тарыдым,
Кең дайра элем соолудум.
Басташканым Сарыбай,
Таалайымды бас кылды,
Бул Сарыбай чочкону,
Каары канча көрөйүн,
Канчык, талпак дедиртип,
Тирүү жүрбөй өлөйүн!»
Эки көздөн чыккан от,
Кол ыштыктай буркурап,
Карчыгадай көз жайнап,
Карышкырдай тиш кайрап.
Бөрүдөй болуп көз жайнап,
Бөлөк түрү көрүнүп,
Арстандай чамынып –
Деп, ошентип Куялы
Ак жолборстой камынып,
Акыл эрдик чоң кайрат,
Ойлогондо табылып,
Жетик экен Куялы,
Жетик арстан кыз балбан,
Жетик башын тоо кылып,
Жер жайнаган чуу кылып,
Жетик тулпар Желжетпес,
Майданга оозун бурду эле,
Өзү болот учу курч,
Комокойлуу сыр найза,
Бура тартпай чочкону,
Күр дегизе урду эле.
Өлөр жерин туштады,
Кабырганын эти – деп,
Өпкө өлчөөнүн чети – деп,
Шамдагайы болжолсуз,
Шак дегизе муштады.
Өтө балбан Куялы
Өткөрө көкжал бу дагы
Көзү өрттөнүп чок болуп,
Ааламда мындай жок болуп,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Оозундагы көк жалын
Октос берип төгүлүп,
Кап-Тоосундай калдайып,
Кара кырдай барбайып,
Жүргөнүнөн чаң чыгып,
Кабарынан жан чыгып,
Ал немеден күн чыгып,
Эки беттин отунан,
Байпак болчу түк чыгып,
Ар мүчөлүү көрүнүп,
Абайлаган көргөн жан,
Алыш мындай болду – деп
Эрдинин баары саргайып,
Көргөн бенде таң калып,
Тамаша – деп, кызык – деп,
Балбанды карап жарданып,
Бардык калык таң калып,
Баш кесилип кан аккан,
Бузук мындан болду – деп,
Асман жарган чуу болгон
Катышкан кызык мындай
болду – деп,
Журт жарданып таң калып,
Сарыбай менен кыз арстан,
Салышына таң калып.
Калк чуркурап таң калып,
Жалпы карап турду эле,
Уңгусу болот, учу курч,
Оңтойлотуп кармаган,
Чын күркүрөп каарланып,

www.bizdin.kg

Мына ошондо Куялы
Эрдин кесе чайнаган,
Болжолу жок кайраты
Эрдиги эпсиз кармады,
Эки жакты карабай,
Эсил жанды аябай,
Кармаганы сыр айза,
Кабылары Сарыбай,
Катылган душман момундай.
Желиккенден желигип,
Каарланып ээлигип,
Көңүлү бөптөй бөлүнүп,
Көк аскадай көрүнүп.
Желжетпести бурду эле,
Атка аттанып урду эле:
«Атаңдын көрү Желжетпес,
Жабыраган жоо келди,
Жеткен башка доо келди,
Мунара күйгөн чок келди,
Бузулбай тийген ок келди.
Терең казган ор келди,
Тепчип кетээр шер келди.
Деги жанга зор келди,
Айбан да болсо антташып,
Кармаганы кабылды,
Айдаганы табылды.
Кенедейден кезиктим,
Керишке минсе кебелбес,
Чабышка минсе чарчабас,
Оорукка минсе оорубас,
Опсуз тулпар сен элең,
Эр Куялы мен элем.
Кармашканым Сарыбай,
Катуу душман момундай.
Айласы артык, заары күч
Ааламды бүтүн буй кылган
Артык мүшкүл бизге күч,
Жаныбарым Желжетпес,
Бугудай мойну буралган,
Бута бою ок келсе,
Буйталбастан чуркаган,
Буудан элең жаныбар,
Башында жерге сала гөр!
Кагышарым Сарыбай,
Катуу арыш ала гөр!
Айкырып найза малбасам,
Айгай тартып салбасам
Алда Таала мени урсун!
Кыйшалаңдап кылт койсоң,
Бек көтөргөн күч салба,
Бир жагына булт койсоң
Жаратканым сени урсун!» –
Деп, ошентип Куялы
Кеткени тулпар Желжетпес,
Желжетпеске ант кылып,
Оң жагына караса,
Оң такымга камчы уруп,
Дене-бойго күч кирип,
Баатырлык, эрдик чоң кайрат,
Жалынганы жараткан
Жол бергин деп жалынып,
Кан Манастын сыр найза
Ошону менен камынып,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Турган жерден кеп баштап
Кудай колдо деп баштап.
Кобулу болот сыр найза,
Жетип кармап имерип,
Ал аскар тоодой арамдын
Өпкөгө муштап жиберип,
Өткүр найза сунду эле,
Чама жетпес чочкону
Жан аябай урду эле.
Жана болот сыр найза,
Ок өтпөстүн оң топчу,
Оң бүчүсүн чечти эле,
Бетинен тийген сыр найза
Сыртына чыгып кетиптир.
Бейбак турган жер ошол
Сарыбайдан өч алып,

www.bizdin.kg

Жакшы тулпар Желжетпес,
Тартып оозун бурду эле,
Эр Сарыбай капырды,
Кулатып жерге урду эле.
Курган балбан Куялы
Кутурма жинди кутургур,
Ары балбан, ары шер,
Кыздан чыккан туйгунду,
Катуу жаңжал, катуу чыр,
Куласа болбой ал дөөнү,
Курган балбан кыз арстан,
Найза менен арамды,
Алган экен көтөрүп,
Кайран балбан кургурдун
Айзасын өйдө көтөрсө,
Арстандыгы билинип,
Найза учунда Сарыбай
Жем баштыктай илинип,
Карс боорунан жарылып,
Найза учуна илинип,
Шай колдогон кайран кыз
Арстандыгы билинип,
Чын балбан экен Сарыбай,
Кагыш кылып катуулап,
Боорун жара сайдырып,
Чабалдыгы билинип,
Найза учунда Сарыбай,
Чөмөлө чөптөй илинип.
Кызда мындай болбойт – деп,
Катуу балбан шер экен,
Катыла берген өлбөйт – деп,
Найза муштап көтөргөн.
Ааламда мындай болбойт – деп
Атаңдын көрү кыз арстан
Телегейи тең экен,
Шай колдогон шер экен.
Кабылганды кайсаган,
Кабылан көк жал шер экен.
Жесе канга тойбогон,
Кармашса жанды койбогон,
Балаа көрсө бет алды,
Опол-тоодой доңузду
Оро сайып таштады,
Найза менен капырды,
Көрсө көңүл бөлүндү,
Көп жерде турган Сарыбай
Найза учуна далдаңдап,
Бүркүт болуп көрүндү.
Жорудай болуп жоржуюп,
Кузгундай болуп кулжуюп,
Жаак башы жыбырап,
Жаны чыккан кутургур,
Найза учунда тыбырап.
Өлбөй-этпей типтирүү
Найза учунда кыймылдап,
Чагылгандай чыңылдап,
Чаман кеткен доңузуң,
Чакчыгайга жакындап,
Кыймалуу чапан чалдырып,
Кыйынсынган шер элең,
Кыз балбанга алдырып,
Өтөгөн жактан чалдырып,
Кулжуңдаган кутургур,
Кыз балбанга алдырып,
Найза учунда Сарыбай,
Боортоктоп жөлөнүп,
Боруму кетти доңуздун,
Кызыл канга бөлөнүп,
Көп мүшкүлгө чатылып,
Күркүрөгөн кур көөдөн
Куялынын найзага
Көк бөрү болуп тартылып,
Чартылдаган кутургур,
Чаркы жогу билинип,
Кыз балбандан найзага
Чарыктан бетер илинип,
Колу-буту жыбырап,
Кордук көргөн кутургур,
Тирүү турат кыймылдап.
Кайыпчалдын балбан кыз

www.bizdin.kg

Карасаң тирүү турганда,
Масаан-масаан кеп айтып,
Ар бир кебин карасаң
Сарыбайды жеп айтып:
«Каарланса Сарыбай,
Баатыр элең, шер элең,
Карасаң мүшкүл момундай.
Билеги жоон, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадирек,
Келген кезек тушунда,
Суу түгөнүп күн бүтсө,
Кабылган ажал ушундай.
Кызыл болот сыр найза
Күүлөчү белең Сарыбай,
Жети күндүн бири өлүм
Кагылыш жетсе момундай.
Кара болот зулпукор
Каалоочу белең, Сарыбай!?
Адам уулун ак чөптөн
Жасоочу белең, Сарыбай?!
Ай-ааламдын баарысын
Айдап жүрүп буй кылып
Ээлөөчү белең, Сарыбай?!
Кылмышы жок, кеби жок,
Далай момун адамды
Талоочу белең, Сарыбай?!
Маа балакет жоо кайда,
Дечү белең, Сарыбай?!
Адам этин чийкилей
Жечү белең, Сарыбай?!
Тирүүлүктө турганда,
Ажал кабар ортосу,
Жетүүчү болсо момундай.
Чоң балакет мүшкүлдү
Тапчу белең, Сарыбай.
Жесир менен жетимди,
Бакыр менен мискинди,
Баатыр менен балбанды,
Кутурма жиниң бек кайнап
Сайчу белең, Сарыбай?!
Беренсинип, бексинип
Турчу белең, Сарыбай?!
Билген чырды ааламга
Кылчу белең, Сарыбай?!
Кылмышсызды кыйратып
Кырчу белең, Сарыбай?!
Эң бир кыйык чоң ишти
Кылчу белең, Сарыбай?!
Азыр айтып табалар
Кезиң келди, Сарыбай,
Күйгүзүп күлүң сапырар
Кезим келди, доңуз ай?!
Талкалап тешип көзүңдү,
Жалынсаң укпайм сөзүңдү.
Кетирдимби мизиңди,
Каратып туруп кагайын,
Капкайдагы жиниңди.
Бир буздумбу чегиңди?!
Жалдыраган куу доңуз,
Жалынсаң укпайм кебиңди!
Бүктөйүнбү белиңди,
Чыгардымбы кегимди
Каарланган кутургур,
Абайладым сөзүңдү,
Өлтүрбөстөн кетирбей,
Найза учунда салаңдап,
Алдым далай кегимди,
Култуңдаган кутургур,
Зыңгырадың кенебей,
Ай-ааламдын баарысын
Бучкагына теңебей,
Угамбы сенин кебиңди.
Ушинтип бүктөп белиңди,
Найза учунда турасың,
Көңүлүңдө ылай бар,
Чоңдугуңа Кудай бар.
Зом темирге балка бар,
Чоңсунганга арбак бар,
Баатырсынган балбан бар,
Чалышкан темир торума,

www.bizdin.kg

Чалкалаган кутургур,
Түштүңбү менин торума.
Күйөсүң күчтүү чогума,
Канча кылым кагышып,
Бүгүн түштүң колума.
Карагайдай найзаңды
Элимди эркин кондурбай,
Эрки менен болтурбай,
Эчен жылы жооладың,
Караргандан түнөрүп,
Канча жаңжал баштадың.
Кан атаң өчү менде жок,
Алтымыш катын тул кылып,
Айылды каран таштадың.
Алты атадан кеги жок,
Мынча не жаңжал баштадың?
Кезиккен жоону бүт кырдың
Кейитип канча күч кылдың?
Дөбөчөнү түз кылдың,
Түгөнгөн жанга күч кылдың.
Кулжулуңдап кубанып
Кутуруп көр, Сарыбай?!
Кулжуңдаган кутургур,
Кутуруп көр, Сарыбай,
Калайыктын баарына
Жашы менен карыга
Заарың өттү, Сарыбай?!
Ай-ааламга тойбогон
Алкың гана, Сарыбай?!
Найза учунда турасың,
Кимге такаат кыласың,
Чаркың гана, Сарыбай?!
Деги өзөнгө бакырган
Малың барбы, Сарыбай.
Келжиредиң мынчалык,
Алың канча доңуз ай.
Кетирдиңби алыңды,
Суудай чачтың каныңды,
Чыркыратып кыямын,
Кутургур сенин жаныңды.

Жакшы ачыган кымыздай,
Суусаганча жутам каныңды,
Болжолуң келди момундай.
Кула минип турганда,
Ал Сарыбай оңбодуң,
Мүшкүл каарың койбодуң».
Найза учунча булкунуп,
Өлгөнү жатып булкунуп,
Антип турган себеби,
Тилин тартпай күүлөнүп,
Тилеги кабыл келбеди,
Тирүүсүндө сүйлөнүп.
Өкүлдөгөн кутургур,
Өлөрүндө бир дүмөк,
Ажалы тегиз жетсе да,
Айтып калды бир дүмөк,
Найза учунда Сарыбай,
Алек кылды күүлөнүп:
«Чама чарчап ал кетип,
Торуңда болуп турамын.
Дагдыр жетип күн бүтсө,
Колуңда болуп турамын.
Тийсе кесип чыгарбас,
Шоруңда болуп турамын.
Терең казган чуңкуруң,
Оруңда болуп турамын.
Чама чарчап турганда,
Кызыр тайды жечү элем.
Ай-ааламдын берени
Бой бербөөчү мен элем.
Болжоосуз башым кесилди,
Болот тийип боорума,
Курчоо түштү колума,
Айыкпаган шорума,
Найза учунда турамын,
Токсон өлүм болсом да,
Сендей канкор катындын,
Найза сайчу уздардын,
Аты катын кыздардын,
Бир турбагай миң өлсөм

www.bizdin.kg

Май болбогон кара жер
Сексен өлүп жүз кирсем,
Сен өңдөнгөн кыздардын,
Сексенин катын кылгамын.
Алтымыш кыз сендейге,
Найза учунда булкунуп,
Мен айгыр болуп тургамын.
Менин атым Сарыбай,
Найза учунда жаным бар,
Сендей кыздын сексенин
Аңдап согор алым бар.
Көтү жыртык катындын
Көбүн кылат, Сарыбай,
Карасаң сонун момундай.
Көөдөндө кашык каным бар,
Сендей кыздын миңине
Секире турган алым бар.
Тирүү турам айлам бар,
Сендей кыздын сексенин
Былкылдатып эритчү,
Такымда болот найзам бар.
Тозоку экен Сарыбай,
Кеп баштаса акым жок,
Капыр сөздү койгон жок,
Кеп сүйлөсө көп түрдүү
Көөнү өлсөм деп турду,
Тилин улап көп сүйлөп,
Тим эле катуу бек сүйлөп,
Жалынганда жан калбай,
Аты катын арамдан,
Соогатка кашык кан калбай,
Мүшкүл менен каарыды,
Кайра баштан кылбайбы,
Аңдоо салып өөдөлөп,
Тешиктен сайып өлчөсө,
Баатыр жоодон өлбөйбү,
Алда башка салганын
Чиркин бенде көрбөйбү.
Ажал жетсе окко учат,
Маңдайына жазылган
Баатыр шерлер көрбөйбү,
Бир кудайым кааласа,
Керек десе бул жалган,
Качан да болсо бербейби,
Найза сунуп турганда,
Найза учунан бошонуп,
Азыр сени катын кыламын,
Сарыбай деген ханым бар,
Сандаган сендей кыздарды,
Алдай турган алым бар».
Муну укканда кыз балбан,
Күйүп жанып чок болду,
Өлгөнү турган Сарыбай,
Өлсө азабын салбады,
Тууралганан кутургур,
Душмандыгы калбады.
Арбастан мурун арытты,
Айбаттанып тарытты.
Жаны башы күл болду,
Өрттөй көзү жайнады,
Канча баатыр болсо да,
Канчык аты калбады.
Каарланып балбан кыз,
Кан ичинен кармады.
Муну укканда балбан кыз:
«Каны аккан жаралуу,
Жоо алганы жаралуу,
Күймөлөдү жанымды,
Бу кутурган күйкү түн,
Күйгүздү менин жанымды.
Найза учунда адамды,
Өз убалың өзүңө,
Эмгегин кара төбөңө
Өзүңө өзүң кылдың – деп,
Оозуңду тыйбай кутургур,
Өлөрүңдө жутунуп,
Тажаалданып калдың – деп,
Тажаалданам деп жүрүп,
Өзүңө балаа салдыңбы,
Каарданам деп жүрүп,

www.bizdin.kg

Куптаныңа бардың – деп,
Өкүмдүгү урааны,
Сени өрт өчкөндөй кылайын,
Түп-тамырың таштабай,
Түбүң менен суурайын,
Көктөтпөстөн көмөйүн,
Калжырасаң кутургур,
Кабыргаңды сөгөйүн.
Былкылдасаң жөнү жок,
Каныңды суудай төгөйүн,
Ар бир убак болгуча,
Кайратыңды койбойсуң.
Кулжуңдаган кутургур,
Барбаңдаган ары жок,
Найза учунда жутунуп,
Каарланып какайдың,
Ажалыңды жеткизем,
Күйгөн жаның өчүрүп,
Бу дүйнөдөн кетирем,
Чатак менен кагайын,
Чакылдаган акмактын,
Чын эсебин берейин.
Ит көкжал Сарыбай,
Ит да сенден көп өөдө,
Ит да келет ме-меге,
Куш экенсиң Сарыбай,
Куш да сенден көп өөдө,
Куш да келет пе-пеге,
Айткан тилди албайсың,
Алыста жоого барбайсың.
Каарланып үрпөйүп,
Кайратыңды койбойсуң» –
Деп, ошентип Куялы,
Колундагы сыр найза,
Учундагы Сарыбай
Булкуп-силкип жиберди.
Өз убалың өзүңө,
Эмгегиң кара төбөңө.
Такыр колот сыр найза,
Такыр кармап калды эле,
Үстүндө турат Сарыбай
Ыргап-ыргап алды эми.
Муну менен Сарыбай,
Найзада эки бөлүндү,
Курган жандан түңүлдү.
Эр кайраттан түңүлдү,
Талкаланган ыргыды,
Бел сөөк эки бөлүндү,
Ар жагынан оркоюп,
Сыр найза учу көрүндү.
Камбыл экен Куялы,
Сыр найзаны камдады,
Кара боорун көп жарып,
Дал жүрөгүн как жарып,
Быштактай боору тилинип,
Кызыталак өлүм билинип.
Кайрат качып, ал кетти,
Сарыбайдан кан кетти.
Алга аралаш жан кетти,
Найза учуна сулатып,
Аңтарып жерге кулатып,
Кайра тартпас чын жайга,
Кеткен экен Сарыбай.
Кыз балбандын колунан
Чын ажалы доңуздун
Жеткен экен ушундай.
Өлгөн экен Сарыбай,
Өлгөн неме тирилип,
Кайра туруп калчудай.
Карсылдата салышты,
Кайра баштан салчудай.
Кеткен адам тирилип,
Кайра тура калчудай.
Сарыбай өлүп жатканда,
Кызыл канга батканда,
Кезек алып өөдөлөп,
Дүнүйөсүн олжолоп,
Алтын менен дүйнөсүн,
Талап көп журт алышып,
Кызыл алтын кымбат зер,

www.bizdin.kg

Муну талап кайран эл,
Мазар болуп калышты.
Өчү канбайт Куялы,
Өткөрө көкжал бу дагы.
Куялы кылды шумдукту,
Кылып турду буйрукту,
Астындагы миң балбан,
Муну жыйып алды эми.
Аркы-терки бастырып,
Чубатууга салды эми.
Сан балбандын бирөөнү
Шайлап алды, Куялы.
Миң балбандын бирөөнү
Айдап алды, Куялы.
Ар кайсыдан бир бирден
Шайлап алды, Куялы.
Санаты токсон болгондо,
Кеп ордуна кой эми,
Катылган турмуш болду – деп
Бука моюн буура сан,
Булкушса жанды куураткан.
Кээ бир балбан мындагы,
Туурасы көөдөн бою пас,
Кээ бир балбан ушундай,
Тула бою кара таш
Кээ бир балбан ушундай.
Типтик болгон муруту,
Айбалтанын сабындай.
Кээ бирөөсүн карасаң
Келишимдүү муруну,
Селебенин кабындай.
Кээ бирөөсүн карасаң,
Алдыңкы ээги шалпайып,
Калдагайдын кабындай.
Кээ бир баатыр балбандын,
Келишимдүү жаралган,
Деген сөзгө көнгүн – деп,
Кайран башын көтөргөн,
Кызмат кылып берчүдөй,
Байла десе таш бузуп,
Дарыяны бурчудай,
Баш көтөрбөй талкалап,
Ташты талкан кылчудай,
Балбандары дагы бар.
Бул дүйнөдө жаралган,
Балбан болуп келген – дейт.
Оор түлүк мүшкүл иш,
Далай эмгек көргөн – дейт.
Туу түбүнө тургузган,
Катуу түйүн кылчудай.
Керилип кетмен чапчудай,
Кең курсагын тойгузуп,
Кенен жанын бакчудай.
Токсон баштап балбанды,
Мыктыдан жыйып алды эле.
Ал Сарыбай капырды,
Чын эсебин таптырды.
Токсон кыйын балбанга,
Кыймалатып чаптырып,
Толгон кызык кылдырып,
Токойдон отун жыйдырып,
Чын эсебин таптырып,
Тоодой кылып жактырып,
Кыйма чатак Сарыбай,
Тажаалдыгын билдирип,
Отко салып күйгүзүп,
Сүйүнчүгө бакырып,
Өрттөп күлүн сапырып,
Сарыбайды жеңгенден
Кыз Куялы, Сейтек эр,
Эч бир арман кылган жок,
Өлгөн менен арман жок.
Тилеги тийип колуна,
Берени кирип жолуна,
Намыстуу шердин тукуму,
Баабединден бата алып,
Арстан ата жолуна
Ай туяк деп бата алып,
Калайыкты чакырып,
Кан Сарыбай капырдын

www.bizdin.kg

Кабылган заман өнөрдөн,
Күлүн көккө сапырып,
Чачылган отун өчүрүп,
Бу дүйнөдөн капырды
Тазалап такыр кетирип,
Чоң тилеги куп болуп,
Чоң куптусу ажалы,
Ааламга келип жакшылык,
Айыкпас оору кезигип,
Кабырган түмөн ок,
Мунусу айыгып басылып,
Таарынган кабак жазылып,
Жадаал күптү басылып,
Ай маңдайы ачылып,
Эл чуркурап той кылып,
Бузук чочко жоголду,
Журт ирети оңолду.
Кагыш кылып Сарыбай
Нечен айлар, нечен жыл,
Мүшкүл тартып тутулуп,
Ошо күнү калың эл
Кара тажаал мүшкүлдүн
Аркасы тийип Сейтектин,
Баатыры тийип Куялы
Сарыбайдан кутулуп,
Жатышты журту жай алып,
Жамбашына май алып,
Кенен көчүп, тоо жайлап,
Адырга чыга жайлашып,
Эрки менен болушуп,
Эриксе элик атышып,
Эрикпесе калың эл,
Эркин ойноп жатышып,
Кунан минип, куш салып,
Ордо чийип, доо сайып,
Артык абийир табышып,
Аңгемелүү улуу дуу
Ат-кунанын чабышып,
Кең Таласты жээктеп,
Ордо тигип коюшуп,
Күндүз кымыз, түнү кыз
Түндө оюн болушуп,
Жайлоо жайлар жер ошол,
Журт жыргаткан шер ошол.
Эл кабагы ачылып,
Эмгек тарткан чоң кордук,
Шору бардай тутулуп,
Арманы жок кайгырып,
Сарыбайдан кутулуп,
Жалпы журттун баарысы,
Улукмандуу карысы,
Даанышманы, чечени,
Иш билгени нечени,
Нур төгүлгөн ой кылып,
Куялы, Сейтек баатырдын,
Урматына той кылып,
Ал Сарыбай капырды,
Эркинче келин эңди – деп,
Эң ар жагын карасаң
Булут кетип жок болуп,
Түн жөнөлүп таң сүрүп,
Мээ деп берген үнү жок,
Сунуп берген колу жок.
Сарыбайды бердик – деп
Бу дүйнөдөн жоголуп,
Кааласа Кудай берди – деп
Кадыр түн каптап келиптир.
Алда Таала бир Кудай,
Азыр берип салыптыр.
Журт зорлоочу басылып,
Нур төгүлүп адамга,
Асман нурга чагылып,
Артык мүшкүл чоң жаңжал
Сарыбай өлүп басылып,
Бузук каар жоголуп,
Эл кенелип даңдаңдап,
Калк ирети оңолуп,
Жылгандынын оюңа,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кең Таластын боюна,
Төрт-Күлдүн төмөн жагына,
Төрө Манас көкжалдын
Мурда сайган багына,
Атасынан баласы
Минип турган тактысы,
Алтын экен ордосу.
Айчүрөктү көргөндө,
Ай-далаанын четинде,
Кайыпчынын кара үңкүр,
Алтын тактын алдына,
Курттай жайнап быкылдап,
Калк жыйылып келишти.
Курун селде чалынган,
Кудайым деп жалынган,
Тегерек бышкан даны бар,
Төрт түлүктүү малы бар,
Ала-була тон кийген,
Күрөшүп салып жүрбөгөн
Ар жагынан чектешип,
Көк кепичин тепсетип,
Ордодон малын көк жатыр,
Колго минип эл келип,
Албан түрлүү жан келип,
Элдин келген себеби
Сарыбай отко тутулуп,
Сары ооруган кайран журт,
Бүгүн чыкты кутулуп,
Айдай кабак ачылып,
Аптыккан жүрөк басылып,
Чын көңүлдү басты эле,
Чын кабагы ачылып,
Каткан, күткөн казына,
Калайыктын баарына
Каар Сарыбай өлдү – деп
Калтырбастан чачты эле.
Өчкөн оттор жагылып,
Өлүүчү адамдар тирилип,
Үзүлгөндөр уланып,
Чачылгандар жыйналып,
Күйгөн жүрөк басылып,
Тырышкан кабак жазылып,
Ооруган дарттар басылып,
Эл көңүлү ачылып,
Албан-албан жан келип,
Ар уруудан көп келип,
Ойдон чыкпас ой кылып
Ай-ааламды ашкандай,
Ошондогу чоң тою
Жердин жүзүн баскандай.
Кызыл чокту туталап,
Ордолуу журту арызданып,
Билген менен көргөндү
Узун кулак карыдан,
Ушунчалык баарыдан,
Эл куралып доо болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Асманга учуп топурак
Калк жыйналып топурап,
Эң кызыктуу той болуп,
Жетине албай кайран эл.
Сарыбай камап турганда,
Былкылдабай бир жерде
Алты-жети ай көрдүк,
Артык кана чоң көрдүк,
Сарыбайдан болдук – деп
Сарыбайдын заарынан
Кызыл куйрук нар өлдү,
Кызыл моюн эң кыраан
Табылбаган жан өлдү.
Бул Таласты талашты,
Нечен адам, нечен шер,
Элден безип айдашты.
Жанган отту өчүрдү,
Бир түндө олжо көчүрдү,
Ушинтип журтту бүтүрдү.
Кайгы кылган адамды,
Белдин баарын мекчейткен,
Кайран көздү чекчейткен.
Кайраттууну кажады,

www.bizdin.kg

Жанды койбой талады.
Олжо кылып кызыталак,
Ордолууну көчүрдү,
Жаңжал дүйнө чыр салып,
Жан күйгүзүп бүтүрдү.
Каш кактырса жанды алып,
Каман түрлүү Сарыбай,
Эр Куялы, Сейтекке
Эл ырыскы бак конду.
Сарыбайдын азабы
Сокко тамга даңк болду.
Отко күйгөн кутургур,
Элге салган бузугу,
Кесел оору дарт болгон,
Кыйла адамга түз болуп,
Кыйын мүшкүл иш болуп,
Эрендин баары жыйналган.
Баш жиндиси кээ бир жан,
Куучусу жок куу жан,
Башчысы жок тытылган.
Каяша такай кылгандар,
Намыстанып турганда,
Калбай булар кырылган.
Ал өксөгөн басылып,
Аймандаткан жеримди
А кудурет бергин – деп
Аябастан той кылып,
Зарп кылып барыңды,
Бакай уулу Байтайлак
Минтип журтка кеп баштап,
Акырын сүйлөп бек баштап,
Аты аталып баласы
Чечилбеген ой кылып,
Ченге батпас той кылып,
Уккун десе мунумду,
Кызыр чалган калың эл
Жуурат сындуу уюду.
Байтайлактын акылы,
Көрүнөө нуска акыл – деп,
Бу дегени макул – деп
Мал менен баштын баарысын,
Зарып кылып чачканда
Сөз кызыгын айтканда,
Бир моокумду жазбоого,
Эр эңишпей көк бөрү,
Бакандары майышып,
Баатыр эрлер сайышып,
Жыгылганын жыкканы,
Мазакташып калышып,
Жыгылган куру калышып
Жыккан мөөрөй алышып,
Чечилбеген ой болуп,
Эбегейсиз той болуп,
Эр Сейтектин тою – деп,
Эл Куялы ою – деп
Азаптан башты куткарган.
Арстанымдын тою – деп,
Азууларын аркайтып,
Алдыңкы эрдин шалпайтып,
Эки өркөчүн зоңкойтуп,
Өрдөктөй мойнун койкойтуп,
Чуудаларын чубалтып,
Калың элдин баарысын
Чуркуратып кубантып,
Кыпкызыл нар төө союп,
Казысы карыш бээ союп,
Төрт түлүктөн тең союп,
Дүнүйөнү тең коюп,
Төрт түлүктүү мал союп,
Ала-Тоодой ат кылып,
Жер үстүндө адамдын
Баарын жыйган бет кылып.
Көл толкуган чык кылып,
Калк жыйналып күч жыйнап
Калтырбай журтту бүт жыйнап,
Кер буркурап, май болуп,
Журт кубанып, эл толуп,
Кымбат Сейтек тою – деп,
Ала аскардай бели – деп,
Сарыбайды жеңди – деп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Ал Таластын боюнда,
Эр Сейтектин тоюнда,
Орус тоюн жеп кетти,
Аман болсо бул Сейтек
Он сегиз миң ааламга,
Айран болот деп кетти.
Кытай тоюн жеп кетти,
Аман болсо бул Сейтек,
Кыйшаңдаган бендеге
Кыргын салар деп кетти.
Тогуз күнү казына
Казына оозун ачтырып,
Жетим, жарды, тул катын,
Мал билбеген бакырга,
Зарп кылып чачтырып,
Жоомарттыгы көрүнүп,
Ачар менен мескини
Арык менен карыпка
Кылча көрбөй дүйнөнү
Камчыга ченеп бөлдүрүп,
Ошолорго бердирип,
Эл көңүлүн жай кылып,
Жетпестин баарын бай кылып,
Кушкун, дуркун ырдатып,
Минтип элди жыргатып,
Көңүл толкуп кубанып,
Жыргап жаткан элде көп.
Жалгыз жаны миң болуп,
Карааны кадыр түн болуп,
Ата, Сейтек, эр Сейтек,
Журт коргону болсун – деп
Бата берген элде көп.
Туура кыргын кесилип,
Туура көрдөн калдык – деп,
Ата күнү байкуштан
Каарынан алдык – деп,
Калк көңүлү камыккан.
Каран айтып жүрсүн – деп
Калк көңүлү камылган.
Кан Сейтекке жалынып,
Эми кызык көрчүдөй
А деп бата беришти,
Энчи бөлүп берчүдөй.
Көрүнөө сөзгө бедел жок,
Бата берген калкта
Асар бар да, нелер жок.
Бата берген адамда
Ак селдеси казандай,
Айкырса үнү азандай,
Отурганы очоктой,
Оозун көрсөң билектей,
Казылары кучактай,
Ордо ээлеген жандары,
Албан түрдүү кандары,
Алда деп колду көтөрүп,
Кыбыланды бет алып,
Ээликкен жаны буркурап,
Олуяттын эр бекен,
Ай жылдыздын болжошу,
Айкөл шердин жолдошу,
Туура кызмат кылчудай,
Тууну кайра тургузуп,
Бу дүйнөгө жаралып
Жалгыз өзү келгенсип,
Арстан Манас жетүүгө
Акыл таап берүүчү,
Шай колдогон жарыя,
Бар жабылган олуя,
Өөдө турбай кеткен кез.
Баатыр бекен карыя,
Көп жашаган бар бекен,
Кулагы укпай кер болгон,
Көзү көрбөй көр болгон,
Кайран Бакай абасы,
Кара жер менен тең болуп,
Сакал бүтүн ээгинде
Ошол жылы Бакайдын,
Сапар кетээр чагында,
Кайра тартпай дүнүйө,
Кете турган кезинде,

www.bizdin.kg

Кайран конок ажал жан
Өтө турган кезинде.
Көз жумулуп бүтөлүп,
Келе турган кезинде.
Караңгы көргө кайран баш,
Бара турган кезинде.
Эрен Бакай атаңдын
Өлөрүндө жомогу,
Алакан жайып буркурап,
Кол көтөрүп чуркурап,
Өлөрдө бата бергин – деп,
Атаң Бакай карыя,
Небересин көргүн – деп,
Алакан Бакай жайганда:
– Калайык ыйлап, жан ыйлап,
Калың журттун баары ыйлап,
Селдеси бардын баары ыйлап,
Кагаз билген молдо ыйлап,
Ак сакалдуу жан ыйлап,
Калбай журттун баары ыйлап,
Ыйлагандын баарысы
Кайгысынан көп ыйлап,
Ар бир көк жал эрендин,
Ар жаралган бенденин,
Артта калса тукуму
Адам өлбөйт деп ыйлап,
Өткөрө карып жан эле,
Көкжал абаң Бакайдын
Көп жашаган кези эле,
Өлөрүнө баш коюп
Эмгектеп калган кези эле.
Жаза көргөн чагы эле,
Кайран Бакай абаңдын
Карылыгы бар эле.
Кузгундай көзү кызарып,
Ээктен сакал агарып,
Өлө турган чагы эле!
Дүйнөгө эки кабылбайт
Бабаң Бакай карыя
Кайрылып эки табылбайт.
Улук эле, шер эле,
Телегейи тең эле,
Жан жаратып Бакайды
Жараткан бербейт дегеле.
Калк чуркурап, журт ойлоп,
Дууга кирип турду эле,
Чын адамга табылгыс
Чууга кирип турду эле.
Аргымак ат арыбай,
Адам чиркин карыбай,
Кең дүнүйө тарыбай,
Кейпи менен жүрсө – деп,
Кең Жараткан кудурет,
Жайы менен койсо – деп,
Эч арманым жок эле,
Так ошондой болсо – деп.
Байкап адам муну ойлоп,
Башын чайкап бой-бойлоп,
Бойлор бошоп түн болуп,
Өлөрүнө бет болуп,
Оңбой калган экен – деп,
Опосу жок шум жалган,
Ойрон Бакай атаңыз
Болбой калган экем – деп,
Оозундагы аш жечү
Тиши кеткен экен – деп,
Эки колдон от жанган
Күчү кеткен экен – деп,
Ылдый карай өкчөйтүп,
Алып кайран эр жүрөк
Бутуң кеткен экен – деп,
Каарлуу мүшкүл каргышы,
Бүтүн кеткен экен – деп,
Эрдик-шердик убагы
Оңуп кеткен момундай.
Карылык болуп калганда
Берен Бакай көк жалда
Эт жоголуп сөөгү бар,
Ээгинде кашык каны бар,
Жөргөлөгөн жаныбар.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Аман кезде суусар көрк,
Көпкөнүң барып кийчү элең,
Кара түн түшсө кыргызга
Кагышып кирип турчу элең.
Кармашканын буй кылып,
Канча калкты сүрчү элек.
Телегейи тең эле,
Шай колдогон шер эле,
Арбак, абийир барында
Адам өлбөйт дегеле.
Дүнүйөнү жыйнаган,
Ай-ааламдын баарына,
Ата конуш сураган
Арстан Бакай шер эле.
Көк сүлөөсүн күркөнүп,
Көк ала калкан кармаган,
Көздөгөндү көр кылып,
Ай-ааламды айдаган.
Чегине жоо келбеген,
Казынадан жебеген.
Кадырың оор, заарың күч,
Кайран Бакай бабабыз.
Бир күн жарык, бир күн түн,
Кызыталак куу дүйнө
Жалгандыгын карасаң,
Түгөйүнөн ажырап
Калгандыгын карасаң.
Сакалы куудай агарып,
Сапар күнү барында,
Замандашы Манастан
Айрылганын караңыз.
Түйшүк мүшкүл төбөгө
Салгандыгын карасаң,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Кызыталак дүйнө бок,
Жалгандыгын карасаң.
Минип турган алтын так,
Тайыганын караңыз.
Колундагы дөөлөттөн
Айрылганын караңыз.

Өлөмүн деп өлө албай,
Өз жанын өзү кыя албай,
Өлүм ажал жолуна
Өзү басып баралбай.
Жаратылган жакшы баш,
Тирүүлөй көргө салалбай.
Дөөлөтүнөн тагылып,
Курбусунан айрылып,
Куруп турган кезеги,
Бул сакалды талкалап,
Жулуп турган кезеги.
Чыга турган байгеге
Барбай турган кезеги.
Чын дүйнөгө каршыккан,
Камбай турган кезеги,
Жоргосунан ажырап,
Жорток болгон кезеги,
Бараанынан ажырап,
Байкуш болгон кезеги,
Суусар бөркү чоп болуп,
Мээнет ушак кеп болуп,
Оңбой турган кезеги.
Сексен болсо Бакайдын,
Кыла турган эби бар,
Кыяматка жолу бар,
Кызык айткан кеби бар:
Өлгөн менен өзү бар,
Өлчөп көрсөң Бакайдын
Баштакыдай сөзү бар.
Ай-ааламга угулган
Атам Бакай баркы бар.
Жаралганда дүйнөгө
Жалгыз келген калкыбар,
Көзү көрөт алыстан,
Көкүрөгү эң тунук
Көк жал Бакай даанышман.
Көп жыйындын ичинен
Жеке чыккан жарыштан.
Эл ылдыйлап эптеген,
Көңүл сандап бөлүнүп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Көрсөң Бакай карыя
Көңүлү чыйрак бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Кабылганын бет алып,
Алда деп колду көтөрүп:
«Ой, балам Сейтек, кабылан,
Ой, айнектей кара көзүндөн,
Ой, артта калган күкүгүм
Айланайын өзүндөн!
Белесте канкор бүркүтсүң,
Белгиге калган чунаксың,
Мурунтан аккан булаксың,
Мураага калган чунаксың,
Калк чуркурап, эл чуулап,
Ушинтип тоюн кылабыз,
Өмүрүңдү кулунум,
Кудайдан сурап турабыз!
Сенин кыймылдаган кирпигиң,
Балам Кудайдан сурап турабыз.
Көрүп койсо көңүл ток,
Караганда каран жок
Көлөкөлөп эл баккан
Какырга чыккан чынарым!
Кара кашка тынарым,
Томогосуз куу илген,
Толкуп жаным кубанган,
Мээлегенде шумкарым,
Суутпай чапса байге алган
Кермедеги тулпарым,
Куялы, Сейтек кулунум,
Куркулдаган кузгунду
Куп келтирип ордуна
Айдап келген туйгунум!
Менин кагылайын кургурум.
Кыз арстан, эр Сейтек
Эки түгөй чынарым,
Сакалым куудай агында,
Сапарым чукул барымда,
Экөөнү аман койсо – деп,
Кудуреттен сурап турамын!
Эки түгөй арстаным,
Эрикпей согуш салганың.
Армандуу журтту азаптан
Ажыратып алганың.
Маңдайдагы карааным,
Медер кылган карааным,
Карыштасам нукумум,
Каралды болуп олтурган
Кагылайын тукумум.
Ата, балдар, оомийин,
Алтын болсун көмүрүң,
Алыс болсун өмүрүң!
Мингениң алтын так болсун,
Оомийин, кудай оңдосун!
Маңдайыңа бак консун,
Балам Сейтек угуп ал,
Байкап турсаң шумум бар,
Улукмандын жанымын,
Улуу Бакай карымын,
Батакөйдүн өзүмүн,
Куураганды көгөрткөн,
Карыганды жашарткан,
Ак болгонду көгөрткөн,
Алакан жайса марыган,
Оомийин деп кол жайсам,
Ошо киши жарыган.
Алкышым ката кетпеген,
Азарланып койгонум,
Алты күндөн өтпөгөн.
Алтыны бар сөзүмдө,
Ар шумдук бар өзүмдө.
Айткан сөзү жарыя,
Пайгамбардан кем эмес,
Падыша Бакай карыя,
Олуяттын өзү ошол,
Билгичтин кара көзү ошол.
Оомийин деп кол жайып,
Ойрон Бакай бабабыз,
Оң батасын берди эле,
О дүйнөлүк булагы,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Ойрон абам кыраакы,
Чоң батасын берди эле,
Калайыкка бир куроо,
Кылчуу бата берди эле,
Кыяматка кылт этпей,
Турчу бата берди эле.
Кыргыйдай болуп камынып,
Хан Бакайдын оозуна,
Кайыптан акыл табылар,
Падыша Бакай ушундай,
Ысык жердин мөмөсү,
Маңдайында маанасы,
Падышалуу журттун калаасы.
Капкасы болдуң калаанын,
Баанайы болдуң адамдын,
Акырын сүйлөп бек таштап,
Асыл Бакай карыя,
Албан түрлүү кен баштап:
Кеби шекер, сөзү бар,
Кыйпычыктайт мындай жан.
Бата берип Бакайга,
Ордо күтүп хан болуп,
Олуязаада жан болуп,
Кара кылды как жарган,
Калысыраак жан болгон,
Душман жолу тар болсун,
Койгулашсаң душманга,
Атаң Манас арбагы
Силерге жолдош жар болсун!
Кырк чилтен жоонун жолдошу,
Кыйкырып Кыдыр даарысын.
Бак-баабедин каарысын,
Ынтымак, ырыс, касиет
Балам сени даарысын!
Ой, оомийин балам, оомийин!
Ийиген, сааган мүрөөнү,
Ирүүгө тийсең тилегиң,
Алышкан душман басылсын,
Кабагың гүлдөп ачылсын!
Сапар жүрсөң алыска,
Кармаш кылсаң кагышка,
Жол баабедин жолдосун!
Шыдыр кылып жолуңду,
Жол баабедин Шай атам
Балам сени колдосун!
Жолугушуп касташкан
Эгер жолу болбосун.
Душманыңдын жолуна
Тоо караташ үйүлсүн.
Атың чыгып ааламга
Балам арстандыгың билинсин!
Басып суук боор келбесин,
Басташып адам жеңбесин,
Кара кылды как жарган
Калыс болгун калкыма!
Калк түшпөсүн артыңа!
Куялы, Сейтек кулундар
Жаман болсоң көөнүңөр,
Жаман чыгат өөнүңөр,
Журтка мөмө болуңар,
Айткан сөздү угуңар,
Акыл болот мунуңуз.
Ордо күтүп кан болсоң,
Олуязаада жан болсоң,
Телегейиң тең болсоң,
Аты угулуп көргөнгө
Аалам бузган шер болгун!
Көк жал Сейтек сен болгун!
Башкы атаңыз хан болгон,
Кураалаган бай болгон,
Кармашкан душман жай болгон.
Ар бир жандан ар бир эр,
Кыркы кырк шер баласы,
Кетип калган Таласка
Мураа болуп жолуккан,
Бабабыз баатыр Манаска,
Ат семиртип ык болгон,
Жалгыз башы кырк болгон.
Жалгыз жүрүп миң өлгөн,
Атаңды тартып шер болгун!

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Бардык журттун баштыгы
Балам Сейтек сен болгун.
Үзүлгөндү улап бил,
Чачылган журтту жыйнап жүр.
Билбегенди билбести,
Айткан тилди албасты,
Айдаган жакка баспасты,
Жакын тууган экен – деп,
Жай билбеген арамды,
Тил билбеген жаманды,
Акыры жакын көрбөй жүр!
Өзү эчтеме билбеген,
Билгендин тилин албаган,
Эч кимге назар салбаган,
Төөдөн макоо урганды,
Тууган дебе, жан дебе,
Жай билбеген жаманды,
Карааныбыз бар дебе
Балам, калктан чыгат аңгеме!
Шери болбой эр болбойт,
Эри болбой жоо болбойт,
Дөбө болбой жер болбойт,
Дөөрүгү жок калк болбойт.
Балам, калысы жок кан болбойт,
Калың элге агарып
Кыдыр келген жан болбойт,
Колуңдагы букараң
Айдың көлдү сынаңыз,
Түбү, аман кыргыз Манастан
Казына мүлк мураапы,
Союп жесең бир күндүк,
Сабап ийсең бир күндүк,
Салмактап көр миң жылдык.
Темир короо таалайың,
Баатыр, журтуң сенин маанайың!
Балам, ордолуудан кан болуп,
Орунтуктуу жан болуп,
Кара кылды как жарган,
Касиеттүү жан болуп
Кан Сейтек деген дөө болгун!
Балам, кыдырдуу журтка ээ болгун!
Жердесең Талас жер ушул,
Күрдөөлдүү кыргыз эл ушул.
Балам, сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон,
Караңгыда айдаса
Кабыландай жойлогон.
Беттеп бенде келбеген,
Бет алып бенде жеңбеген,
Берип турган бир батам,
Берен кыргыз элиме,
Күтүп алсаң өз атаң,
Астыңа салсаң ак жолуң,
Айдап жүрсөң сан колуң,
Кыйшаңдаган кыраакы,
Байкап көрсөң мурапы,
Кунан сырың жобуртпа,
Эң каңына, эң бир мүлк,
Балам, журттун көөнүн оорутпа!» –
Деп батасын бергенде,
Караан да ушул, бел да ушул,
Баатыр Бакай карыя,
Дуба кылып олуя.
Бакай кандан бата алып,
Баатыр Сейтек эр болуп,
Шай колдогон шей болуп,
Он эки мүчө тең толуп,
Ордо күткөн шер болуп,
Арты толгон жан болуп,
Ай-ааламга кан болуп,
Үзүлгөндү улантып,
Журт күркүрөп кубанып,
Мына ошондо Сейтектин
Бабасы Бакай карыя,
Бул кайран энең Каныкей,
Касиеттүү олуя,
Манастын уулу Семетей,
Шай колдогон кайран шер,
Пери асырап беренди,
Он эки жылда табылган

126*

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Эр Семетей арстан шер.
Кулагы укпас ооруга,
Так ошондо кабылган.
Айдай катын Айчүрөк
Калкка кабар салды эми,
Мына ошондо Сейтекти
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Олуязаада жан кылып,
Ордолуу журтка кан кылып
Оомийин деп көк жалды
Олуязаада жан кылып,
Кан көтөрүп алды эле!
Муну менен эр Сейтек
Султан болуп калды эле.
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Калк башкарган жан болуп
Касташканы жай болуп,
Бала мындай болду эле.
Өлгөн менен арман жок,
Укурук кайрар калган жок
Эки тизгин, бир чылбыр,
Каалап колго беришип,
А дегенде көңүлүн
Көңүлү гүлдөп жай болуп,
Көкжал Сейтек кан болуп,
Эл мемиреп, журт жыргап,
Түргө келди кайран эл.
Караңгы жок шам жарык,
Күнгө келди кайран эл.
Баатыр Сейтек кан болуп,
Басташкан душман жай болуп,
Каарлуу душман жеңилип,
Кайран элге мамыр суу
Жыргал күнү себилип,
Ордо күтүп кан болуп,
Орунтуктуу жан болуп,
Ээлигип басып эл сурап,
Кара кылды как жарып
Калыс болду эр Сейтек,
Аскар алты сан болуп,
Улук журтка кан болуп,
Минтип Сейтек жүрдү эле.
Муну мындай таштайлы,
Кайыпчалдын Куялы,
Ошондон кабар баштайлы.
Кыз Куялы шер балбан
Акырын сүйлөп бек таштап,
Ордодогу Семетей
Көкжал эрге кеп баштап:
Кыяматка кеткенде
Жан жыргатар шеригим,
Кызына тозок күнөөлүү
Бир тартышар кезигип
«Кудай деген кеп кылдым,
Убадалуу шерт кылдым,
Кейиткенди кемирдим,
Душманыңды чектедим,
Касташканың Сарыбай
Өлтүрүп сөөгүн өрттөдүм.
Өлчөлөп жанын тиргиздим.
Күүлөнүп бакырдым,
Күлүн көккө сапырдым,
Тиктегенди көргөн соң,
Тилегеним берген соң,
Кечээ ак буудай унун чайнашкан,
Келеме жарып кармашкан,
Анык антта болуңуз!
Убадалык колуң бер,
Бел байлаган белимсиң,
Таңдуу машар күнүмдө
Каалап тийчү эримсиң,
Тилегеним ушундай.
Тиктеп турган кезегим,
Кыяматтан кир жолдо
Кол кармашар шеригим.
Көп казына баатырым,
Алма менен урушуп,
Ур баласы сен болуп,

www.bizdin.kg

Урдун кызы мен болуп,
Тамашага батарбыз,
Айтылган кеп чын болсо.
Бир бакырдан эт жешип,
Бир кызыкты чектешип,
Дарт кумарды чагышып,
Колтукташып басышып,
Коюндаша жатарбыз.
Улуу кызык, тамаша
Кызыгына батарбыз.
Желпиниште дайныбыз,
Ат арытып, жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Болот найза боо боолап,
Ары чети жоо жоолап,
Качырарым Сарыбай –
Кармашкан жоом ушундай...
Жараткан жана эс берип,
Көкжал, сага кез келип,
Мейман болуп конушуп,
Баатыр атын бөлүшүп,
Бу жалганда дүйнөнүн
Кызыгына батыштык,
Бир төшөккө жатыштык.
Дене чайкап, кан кошуп,
Моюн буруп, жан коштук,
Бир жаралган керигим,
Кыяматтык шеригим,
Эл сагынган пейлим бар,
Жаман деген элим бар.
Элим алтын тапчу эле,
Элимди пери чапчу эле,
Кайран журтум не болду?
Чалкып жатпай жер болбос,
Эл сагынбас эр болбос,
Элүү киши кем болбос.
Эки күндүк дүйнөгө
Көп кызыгып нетейин,
Кайран журтка жетейин.
Арманыңдан өтүңүз,
Акыңыздан кечиңиз», –
Деп, ошентип Куялы
Бармак тиштеп, баш чайкап,
Коштошуп кол кармашып,
Жердин жүзүн уратып,
Желпиниш көздөй чуратып.
Каалаганы табылып,
Каңкор эрге кабылып,
Кайыпчалдын Куялы
Балбан жолго түштү эми.
Семетей баштап беш ойрон –
«Сапарыбыз карыды,
Өлө турган кез болуп,
Бу дүнүйө тарыды,
Көбүрөөк туруп нетели,
Адам көрүп, журт билгис
Жерге кирип кетели» –
Дешип Бакай, Каныкей,
Күлчоро менен Семетей,
Айдай жеңең Айчүрөк
Бешөө кайып болушуп,
Кетмек болду сапарга
Кайып болду каныбыз,
Эми түк кезикпейт жаныбыз.
Эр Семетей баш болуп,
Бешөө сапар жол жүрдү.
Тигип койгон айлы жок,
Сапарынын дайны жок,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө чок!
Сапардын жайын укканда
Журт чуркурап, калк ыйлап,
Ак сакалдуу кары ыйлап,
Албан журттун баары ыйлап,
Белгилүүдөн айрылып,
Бек кийип журту кайгырып:
«Эр Семетей барында
Казы кесип жечү элек,
Балакет кайда дечү элек.
Жакасы алтын, жеңи жез,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кош бадана торгой көз
Ак олпок тонду кийчелек.
Кыжылдап кытай жоо чыкса,
Калк бүлдүрүп, эл бузган
Дозогу катуу доо чыкса,
Кажыбай жоого кирчү элек.
Курсак ачып баратса
Жаяны кесип жечү элек,
Жабылган милек жоо келсе,
Жалтанбай жоого кирчү элек,
Баатыр көкжал барында
Балакет кайда дечү элек.
Эми бел байлаган белим жок,
Бекип жаткан жерим жок,
Каз айланган зоом жок,
Каргылдуу кара тоом жок,
Эми кара болот зулпукор
Кайкалатпай ким аштайт.
Кадырман кыргыз кайран эл
Капа кылбай ким баштайт?
Жылгындуу Кең-Кол, чоң Талас
Жериң каран калабы?
Ак калпак кыргыз алтын журт,
Ой, ботом, элиң каран калабы?
Алдыңарда аркар бар
Кең Талас сендей бел кайда?
Алты дүйнө бир келсе,
Айкөл сендей эр кайда?
Эл коргоочу сен элең
Эр көкжал караа турганда,
Кайсы адамдан кем элек?
Баатырдын көзү барында,
Балакет келбес дээр элек.
Эриксек элик атчу элек,
Эрикпесек жатчу элек.
Эркин өскөн курган жан,
Эркибиз менен жатчу элек.
Оолукканда кайран жан,
Ааламга жаңжал салчу элек.
Бет алышкан душманды
Берен көкжал барында,
Мээсин ташка какчу элек.
Каалаганда бу башка
Кадыр түн өндүү түн кайда,
Караан кылып отурган,
Канкор өндүү шер кайда?
Амандашпай коштошпой
Кай жакка сапар баштадың?
Ак калпак кыргыз журтунду
Кайда каран таштадың.
Арстан аттап чыга алгыс,
Аркайган ашуу бел элең.
Аргымак аттап өтө алгыс,
Толкуган дайра көл элең.
Оң жагында орусту,
Кыр жагында кытайды,
Маңдайында бараңды,
Сактаган коргон чеп элең!»
Журт чуркурап кайгырып,
Белгилүү шерден айрылып,
Куйругу жок, жалы жок,
Сопол болгон экенбиз.
Мүйүздүү эрден айрылып,
Токол болгон экенбиз.
Күзгү чөптөй кубарып,
Оңбой калган экенбиз.
Калк жайлаган кан жайлоо,
Кастарлай көчүп бээ байлап,
Буга конбой калган экенбиз.
Суу жайылган тептегиз
Ойдой болгон экенбиз.
Койчусунан айрылган,
Койдой болгон экенбиз.
Ушу турган кайран эл
Айкөл шердин барында,
Ала-Тоо жердеп, мал айдап,
Конуп жаткан эл элек.
Күндүзү күлкү, түндө оюн,
Болуп жаткан эл элек.
Башындагы суусар бөрк,

www.bizdin.kg

Кимдер ыргап кийбеген.
Дөөлөт-бакты барында,
Ким күркүрөп жүрбөгөн.
Баатыр шерди көргөндө,
Аңдаган душман сүрдөгөн.
Үйрү-Марал, Күмүш-Так,
Журт күздөгөн бел кайда,
Үзүлгөнүн улаган,
Чачылганын жыйнаган.
Өчкөн отун тамызып,
Өлгөн жанды тиргизген,
Кара кыргыз элине
Нар экенин билгизген.
Ала аскардай бел эле,
Ааламдан ашкан шер эле.
Айкөл караа турганда,
Ала-Тоолук кыргызга
Азап кайда дээр эле.
Алыстап сапар баштайбы,
Арыстан сындуу кайран шер,
Аттана чыгып сапарга
Айылды каран таштайбы.
Кабак кагып, каш керип,
Андай-мындай дегиче
Бул журтту Кудай урбайбы?
Асыл шерден айрылып,
Өкүлдөгөн бул журтту
Өрт өчкөндөй кылбайбы?
Какандын эли калың журт –
Көптүгү толук кара курт,
Курутса Кудай урабы
Куп жаңжалды кылабы?
Кубаттуу шерден айрылып,
Курчап бизди кырабы,
Ушинтип Кудай урабы?
Качып кирер токой жок,
Караан болгон ногой жок,
Бекип жаткан бели жок,
Мээнет, азап-мүшкүлдөн
Ажыратып алуучу,
Белгилүү көкжал шерим жок,
Ушундай болот дүйнө бок!
Айкөл шерден айрылып,
Кара кийип кан жутуп,
Көз байлануу караңгы
Түндө калган экенбиз.
Акылдап адам баскысыз,
Адамзат чыдап баккысыз,
Чөлдө калган экенбиз.
Эшиги жок, төрү жок,
Көрдө калган экенбиз.
Эсеси жок кайран журт,
Түбү терең бойлогус,
Көлдө калган экенбиз.
Калк жааттанып эл конгон,
Айкөл шерден айрылып,
Айыл кандай конучу,
Айла кандай болучу.
Курулай көзүн кыскан көп,
Кулжуңдаган душман көп.
Калайман салчу менде көп,
Ата, кыргыз уулу – деп,
Бизге кекенип жүргөн эл да көп».
Калк чуркурап, эл чуулап,
Калайыктар күйүнүп,
Элдин баары буркурап,
Эмгек тартып чуркурап,
Эл чуркурап күйүнүп,
Эсил ойрон көкжалдын
Чын кетери билинип,
Эл жанынан түңүлүп.
Ала-Тоону жердеген,
Алышып адам жеңбеген,
Беттеп душман келбеген.
Төрт түлүктүү калың мал
Жери жайнап чачылган.
Малы-жанын көргөндө,
Душман деми басылган.
Беттеп адам келгенде,
Бет алып душман жеңбеген.

www.bizdin.kg

Берекелүү кайран эл,
Белеске кырка конушкан.
Эл жайлоого жайлашкан,
Карысы куйрук чайнашкан.
Көрө албаган жоо келсе,
Камгактай кууп айдаган.
Белеске чыгып жайлаган,
Туйлатып тулпар байлаган.
Бет алышкан көп душман,
Беттешсе шору кайнаган.
Каршы келген душманды
Кыраандар аман барында,
Жыргалдын аман чагында,
Канын суудай төкчү элек.
Кара-Буура Баткалда,
Калың кыргыз жатканда,
Курсагы ачса жая жеп,
Кутуруп кыргыз жатканда,
Качан кыргыз кайгырып,
Убара кайгы жечү элек.
Уруша чыга жоо келсе,
Тереңи чуңкур доо келсе,
Казып койгон ор болсо,
Кастарын тиккен доо болсо,
Ок өтпөгөн бадана
Кийишербиз дечү элек.
Кыр жагында кытайга,
Капталында Каңгайга,
Кара кытай, тыргоотко,
Солоон, шибе, манжуга,
Куйругун түйсө тулпар ат
Атым келет дечү эле.
Каарланса калдайга
Датым келет дечү эле.
Берен-шерлер барында,
Кез болгонду кемирип,
Беттешкенди жеңчү элек.
Кара найза зулпукор
Кара шерлер барында,
Көөлөшөрбүз дечү элек.

Ойрондор көзү барында,
Жая кесип жеп жүрдүк.
Ай-ааламдын баарысын,
Буй кылабыз деп жүрдүк.
Калың кыргыз элине
Кадыр түн өңдүү түн кайда,
Күндүзү күлкү, түнү оюн,
Бизге эми ачык, жарык күн
кайда?» –
Деп, ошентип калың эл,
Калайык ыйлап, калк чуулап,
Калың элдин баары ыйлап,
Ак сакалдуу чал ыйлап,
Ойноп жүргөн бала ыйлап,
Албан тоолуу жан ыйлап,
Өйүз-бүйүз тал ыйлап,
Өксөп жандын баары ыйлап.
Кайгыдан көңүл бөлүнүп,
Калайыктар, калың жаш
Күлбөй көңүлү бөлүнүп,
Опурактуу куу дүйнө
Жалгандыгы көрүнүп,
Улуу-кичүү, кары-жаш
Калбай көөнү бөлүнүп,
Кайран шер бизден кетер – деп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Журттун баары чуулады.
Элдин баары дуу болуп.
Ушул элге бир коргон
Эр Бакай менен Каныкей,
Толкуп жаткан бел эле.
Семетей менен Күлчоро,
Добул келсе, жел тийбес,
Доочу келсе мал бербес,
Тажаал келсе жан бербес,
Бузулбас Кап-Тоо бел эле.
Калың кыргыз коргону,
Калың кара чеп эле.
Эр көкжалдын барында,
Ааламга азап буй түшсө,

www.bizdin.kg

Балакет кайда дээр эле.
Эр султандын барында,
Эриксек элик атчу элек.
Эрикпесек курган жан,
Ордо, мөрөй, дуу кылып,
Оромпой ойноп, чуу кылып,
Ой, эр кыргыз дедиртип,
Кай душманга дуу кылып,
Жан аябас бел болуп,
Билген менен көргөнгө
Уккан менен туйганга,
Куру көзүн кысканга
Куру мүшкүл иш кылып,
Каптап кетчү душманга,
Жан-жаныбар өтө алгыс
Ала аскар чалкар бел элек.
Ай-ааламга бой бергис,
Баатыр кыргыз эл элек.
Кыргыздан султан, бел кетип,
Кылым журттан эр кетип,
Кызыр чалган шер кетип,
Айнектей көз чачырап,
Асыл шерден ажырап,
Эл чуркурап кайгырып,
Эсил шерден айрылып,
Шыйпанарга куйрук жок,
Кулан болуп турабыз.
Шилтеп басар бут да жок,
Жылан болуп турабыз.
Кулак кагып баспаган,
Көлүк болор бекенбиз?
Курчап душман келгенде
Качырып кайрат бере албай,
Өлүк болор бекенбиз.
Эл жайылган Кан-Жайлак,
Конбой калар бекенбиз.
Бирөөнүн тилин бирөө албай,
Бирөөнү бирөө көрө албай,
Болбой калар бекенбиз.
Айыкпаган бул үлкөн,
Дууга калар бекенбиз.
Азаптуу мүшкүл, чоң жаңжал,
Бир чууга калар бекенбиз.
Баатыр шерден айрылып,
Кокуй болгон экенбиз.
Көз тунарып кайсактап,
Сокур болгон экенбиз» –
Деп, ошентти журт чуулап,
Самандай болуп саргарып,
Уйпаланган дүйнөнүн
Бекерине таңгалып,
Жан-жаныбар макулук,
Кыймылдатып жаратып,
Билген-көргөн, туйганды,
Буйругу артык Жараткан
Бир чуңкурга каратты.
Он сегиз миң ааламды,
Буйрук кылып жасады.
Жаныбардан баарысы,
Ушу шум кара жер ашады.
Адыры алтын Ала-Тоо,
Кургалып кыргыз консочу.
Ушу курган төрө Семетей,
Куп тууганы Күлчоро,
Курган Бакай, Каныкей,
Айкөл зайыбы Айчүрөк,
Аттиң, дүйнө жалганчы,
Өлбөй турган ушулар,
Темир өзөк болсочу!»
Тегиз чуулап, журт ыйлап,
Чымын жанды чын кыйнап,
Чыдай албай зарланып,
Азаптуу артык дүйнөнү
Зили бекер экен – деп,
Быягына таң калып,
Козголбогон артык шер
Ата, кол үздүк го, кайран шер,
Козголбогон курган эр –
Беш берени биригип,
Келбеске сапар баштады.

www.bizdin.kg

Уялуу журт, калың эл,
Ушинтип каран таштады.
Баатырлар сапар кеткенде,
Кара жаак айбалта
Кажыгулбай ким аштайт.
Калдайган кыргыз журт калса,
Капа кылбай ким баштайт?
Кызыл айза зулпукор
Кыймылдатпай ким аштайт.
Кылым кыргыз эл калса,
Кылтылдатпай ким баштайт.
Асыл шер көзү жумулса,
Кыр жагында кытай бар,
Оң жагында орус бар,
Маңдайда толгон бараң бар,
Басташкан жоо далай бар.
Айыл кандай конуучу,
Азган-тозгон аз элдин
Айласы кандай болуучу?» –
Өксөп журту муну айтып,
Эрендин баары күйүнүп,
Эс билгендин баарысы
Эми шумдук болду – деп,
Эми жандан түңүлүп,
Эл саруулап турганда,
Кайраты тоодой кайран шер,
Капаланып курган эр,
Карчыгадай камынып,
Кайран шердин оозуна
Кайыптан акыл табылып,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көкжалдыгы көрүнүп,
Шум дүйнөнү башташып,
Калың эл менен коштошуп:
«Улуу-кичүү, кары-жаш,
Эже-жеңе, карындаш,
Баарың мында турасың.
Ак сакалдуу улукман,
Дагы мында турасың.
Билеги жоон жолборсум,
Бил мүчөлүү эреним,
Кара мылтык карс этсе,
Кажыбай жоого тиерим.
Чогоол мылтык чорт этсе,
Чочубай жоого тиерим.
Билеги жоон, таш жүрөк
Бил мүчөлүү эрендер.
Акылга дыйкан, заары күч
Айласы толук берендер.
Маңдайдагы барааным,
Баатыр кыргыз карааным,
Белим мында турасың.
Бабадан калган мураапым,
Түгөнбөй турган казына,
Элим мында турасың.
Эл жайлоочу Кара-Кыр,
Белим мында турасың.
Эрен Бакай, Семетей
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Беш берендин ичинен
Семетей баатыр кеп баштап:
«Кайран журтум, эсен бол,
Сапар чарчап түгөнүп,
Көңүл сайлап бөлүнүп,
Көргөнгө бекер шум дүйнө
Жетелей турган көрүнүп,
Белги кылган белимен,
Кол алышып коштошуп,
Кош, аман бол, – деп сүйлөп,
Сапар карып, көз жайнап,
Күнүмдүк кызык дүйнөдөн
Аттанмак болдук көз жайнап.
Шум өлүм түшүп бейлиме,
Кеткени кетип барабыз,
Барса-келбес жерине.
Көңүл сайлап бөлүндү,
Убагы тутам куу дүйнө
Жетелей турган көрүндү.
Сапарды сандай баштадык,

www.bizdin.kg

Ордолуу кайран калың журт,
Опосуз экен бу дүйнө,
Муну каран таштадык.
Журт жайлаган Кара-Кыр,
Жерди каран таштадык.
Уялуу коргон улук журт,
Элди каран таштадык.
Паашалуу коргон эл калып,
Бала-чака тең калып,
Куу өлүм түштү белиме.
Аттанып сапар жол тарттык,
Барса-келбес жериме.
Эми көз жоголуп жан кетет.
Курган журт сенден ал кетет,
Башындагы суусар бөрк,
Кимдер ыргап кийбеген.
Дөөлөт башта турганда,
Көргөн адам дуулаган.
Курманга бөлүп белимди,
Киндигим кесип, кирим жууп,
Ала-Тоо өңдүү жеримди,
Каарданган душмандан
Бактым кыргыз элимди.
Мингеним жорго тай кылып,
Күлдөтүп көөнүм жай кылып,
Кийгенин булум шай кылып,
Ар иримдин ар бир суу,
Жекелетип бай кылып,
Далай таптым эбиңди.
Курган журт сенин айыңдан,
Желп этип жел тийгизбей,
Жетеси жок душманды,
Жергеңе жакын киргизбей,
Туура келген душманга,
Ак маралын уй кылып,
Айдап жүрүп буй кылып,
Кайран журт сенин айыңдан,
Көк маралдан уй кылып,
Көздөгөн жерди буй кылып.
Оо, кыргыз, сенин айыңдан,
Очогорду октодум,
Беттегенди жок кылдым.
Маңдайлаша келгенде,
Баарын айдап жок кылып.
Беш берендин ичинен,
Семетей баатыр кеп баштап:
«Ала-Тоонун кыргызы,
Салып жүрүп там кылдым,
Сайып багып, бак кылдым.
Сандыгынын баарысын,
Сары алтын мүлккө толтурдум.
Санааң менен болтурдум,
Өрүшүңдү жай кылдым,
Өңдүрүңдү мал кылдым.
Азаматың мырзаңды,
Ар бириңди кан кылдым.
Канкор жан аман барында,
Кеңири кылдым жайыңды.
Каран төккөн душманга
Алдырганым жок эле,
Кысыр эмди тайыңды.
Ордо ээлеген кан болдум,
Сапар карып бул кезде,
Дүнүйөдөн жай болдум.
Өлүм түштү бейлиме,
Кетип барам, аман бол,
Барса-келбес жолуна.
Бериште беш кол сунуптур,
Жараткандын жазуусу
Жакшы буйрук кылыптыр.
Кудурет буйрук кылганда,
Ар бир бенде көнбөйбү.
Каалап койсо чын Кудай,
Жети күндүк аманат,
Кааласа жанга бербейби.
Буйрук кылган дагдырды,
Аманат бенде көрбөйбү.
Асты терең кара жер,
Ааламды тегиз көмбөйбү.
Жер сорбой жанды коёбу,

www.bizdin.kg

Ааламды жутса кара жер,
Үстүндө кара жер майы болбойбу.
Өңгө жалган, өлүм чын,
Шум өлүм түштү бейлиме,
Эми кайта барамын
Барса-кайтпас жериме.
Сапар жүрдүк беш адам,
Атам Манас эр-шердин
Үзүлгөнүн улаган,
Чачылганын жыйнаган,
Өчкөн отун тамызып,
Өлгөн жанын тиргизип,
Ээрчитип жүрүп эр кылган,
Эр уулу менен тең кылган.
Салмагын тоодой жан кылган,
Ай-ааламга кан кылган.
Билбегенди билгизип,
Билген жолго киргизип,
Туюк жерден сөз тапкан,
Караңгы түндө көз тапкан,
Капияда сөз тапкан.
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көк ала калкан ойногон,
Көп мүшкүл ишти ойлогон.
Жаман сөзгө жаңылбас,
Караңгыда карсактын
Изине салса жаңылбас.
Баатыр башы бадыша,
Көзү көргөн алыстан.
Көп жыйындын ичинде
Жеке чыккан жарыштан.
Баатырлыгы башкача,
Бадыша башы даанышман.
Жыргал менен тозокту,
Азап менен ажалды
Алты айдан мурун болжогон,
Арбын акыл ойлогон.
Тууган десе жайланган,
Душман чыкса кокустан
Болотту кыя байланган,
Акыл жакка шайланган.
Байгамбар Бакай карыя,
Он сегиз миң ааламды
Тамам кылган олуя.
Ай дегени ай күнөө,
Арстан Бакай олуя –
Атам Манас шер менен,
Ак болотту бапташкан.
Ак калпактуу кыргызды
Ата болуп сакташкан.
Жадаалын тиккен душмандын
Жаккан отун өчүргөн,
Жалпы баарын көчүргөн.
Бээжинди бузуп туу алган,
Беттешкен жоого чыр салган.
Бабам Бакай кыраакы,
Акылга дыйкан мураапы.
Атам Манас шер менен
Кою бирге короолош,
Ашы бирге жоролош,
Тапканы бирге жыйгандаш,
Өлүм орток ыймандаш,
Өлчөөсү бирге курбалдаш.
Сапар жүрсө чаң бирге,
Душманга кирсе жан бирге,
Туу көтөрсө закымдаш,
Жоого кирсе акылдаш.
Баатырга тутка сынаакы,
Бадыша атам Манаска
Башынан болгон мураапы.
Байгамбар баба карыя,
Картайганда кан Бакай
Карааны кымбат олуя,
Бабам жүрдү сапарга.
Бакай кетти бел кетти,
Опот болгон дүйнөдөн
Ушунчалык эр өттү.
Атабыз Адам тең өттү,
Беш күндүк экен шум жалган,
Беш беренден ал кетти.

www.bizdin.kg

Алмамбет уулу Күлчоро,
Тай-кунандай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен,
Бармактайда баш кошуп,
Биттей кезде бириккен.
Кандай күнгө кез келсе,
Эң кызыкка батышкан,
Бир төшөккө жатышкан.
Астыма салсам акжолтой,
Айдап жүрсөм сан колдой,
Карандай жанга сынакым.
Баатыр көкжал шеримден,
А дүйнө кеткен беренден,
Мураага калган Күлчоро
Бу да жүрдү сапарга.
Оолукмасы кармаса,
Ок жыландай октолгон,
Кайратынан канкордун,
Кара кытай, шибээ журт
Калбай чогуу токтолгон.
Жайнаган кызыл чок эле,
Шай колдогон Күлчоро
Душманга болот ок эле.
Кара болот бөрк эле,
Калың кыргыз көркү эле.
Катуулап мүшкүл жоо келсе,
Катуу кагып доо келсе,
Кара күйгөн өрт эле.
Кызыл болот бөрк эле,
Бу кыргыздын Чолпон көркү эле.
Бу кысып душман каптаса,
Бир кызарып күйгөн өрт эле.
Мунун да шум өлүм түшүп эсине,
Бу да кетип баратат,
Барса-келбес жерине.
Берен энем Каныкей
Беш аркар жылдыз баткыча,
Беш кайра жол эмизген.
Алты Чолпон баткыча,
Айланып тамак жегизген.
Таш эмчегин бошоткон,
Тар курсагын кеңиткен.
Азап тарткан мен үчүн
Таластан качкан тентиреп,
Таманы ташка мөлтүрөп,
Чоң Кең-Колду жээктеп,
Төрөмдөн калган жээн – деп,
Качып чыккан мен үчүн.
Атасы Караканды сөөк – деп,
Казгалдак учпас талаа – деп.
Каным төккөн бала – деп,
Каралуу башын туу кылып,
Кайран жанга сын кылып,
Качып тентип сыр кылып,
Жан турбаган талаа – деп,
Курман кылам куу жанды,
Каргадай жалгыз бала – деп,
Кайран энем Каныкей,
Кең көйнөктүн тазасы,
Ак жоолук аял башаасы.
Узун чачтын ыктуусу,
Зайыпзаттын мыктуусу,
Кара сурдун сулуусу,
Жаралган жандын улуусу.
Каардуу чөлдүн мөмөсү,
Мен Семетей энеси.
Ак байбиче нур мекем –
Атактуу Манас зайыбы,
Баана кылган энекем.
Жараткан Кудай буйругун,
Мекем энем көрүүгө,
Кетсе-келбес чын жайын
Кербен энем көрүүгө,
Башымдагы баанайым,
Энем Каныкей жүрдү сапарга.
Биттейинде бириккен,
Белгилеген жашымда,
Урааны жок, дайыны жок,
Омийин кылган молдо жок,
Бел куда болгон башында,

www.bizdin.kg

Белгиленген жашымда.
Ат баштаган алты миң,
Ай-аалам көөнүн бөлүнтүп,
Ай тийгендей боз атка,
Жолум үйдөй ак кебез,
Көкүлүндө көрүнтүп,
Кызыл куйрук миң нарды,
Кыбыланы бет кылып,
Кызыл алтын – зер жүктөп,
Кутпаны көздөп чөгөртүп,
Ар казына оозун
Акун канга ачтырып,
Арбын дүйнө сан кара,
Акун канга чачтырып,
Кырк жыл сууга таштаса,
Кылт этип чети оңбогон.
Сексен жыл сууга чыласа,
Серпилип чирип болбогон.
Кыйла мүшкүл зор келсе,
Кылайып чети оңбогон.
Кырк жылы каат көрсө да,
Кылайып кылоо оңбогон.
Алтын түрлүү килемди
Аземине кердирген.
Арбын дүйнө, сансыз мал,
Бел куда жакка бердирген.
Кулдук уруп май чайнап,
Арбын дүйнө, түмөн мал
Бел куда жакта кол жайнап,
Төрө атам Манас баш болуп,
Арбын дүйнө толуптур.
Кайнатабыз Акун кан,
Ушинтип куда болуптур.
Калк атасы карыя,
Кайран Кошой олуя,
А дүйнө менен бу дүйнө,
Ортого калыс болдум – деп,
Олуя Кошой туруптур.
«Омийин» – деп бата алып,
Бабабыз Бакай кыйыптыр.
Манас менен Акун кан,
Ушул экөө куда – деп,
Кудалыгы кур анын,
Ушунчалык элге жарык – деп,
Эрени бар, каны бар,
Эс билген журттун баары бар.
Кеп билүүчү ыктуу бар,
Жоо арыштын мыктысын билген
дагы бар.
Мурун угуп койдук – деп,
Айтылган кепке тойдук – деп,
Бу дүнүйө түгүл, а дүйнө
Таңдын машар күнүндө,
Манас кан менен Акун кан
Айрылбас куда болгонго,
Арбын дүйнө, түмөн мал
Ортого таштап койду – деп,
Ушу кылган кызматка,
Улуу, кичүү, карыя
Баарыбыз күбө болдук – деп,
Эстегенде чын сөздү.
Эки жол айтып койбойбуз.
Бардыгы чын Кудайга,
Улук-кичик карыя,
Чын шерменде болбойбуз.
Жетиштүү сөз баатыр – деп,
Муну танган кишинин
Эки бети көө болор,
Бурулуп кеткен адамдын
Айтышы менен чын болсо,
Адам айбан акыл билеби,
Арага турган капырбы,
Бултуңдатып бул кепти
Аалат түшүп мойнуна,
Кепини бөөдө күйбөйбү.
Акунга Манас күйөбү,
Келин болот Манаска,
Акундун айдай Чүрөгү.
Эрендердин кеби – деп,
Калк толкуган дуу болуп,

www.bizdin.kg

Акундун кызы Чүрөктүн
Элге берген тою – деп,
Улуусу Аккан тээкте
Карагайлуу кең Талас,
Калк куралган жээкте,
Үч-Капкактын оюнда,
Укуруктун боюнда,
Айгыр-Жалдын боюнда,
Калк атасы Көкөтөй –
Ал Көкөтөй баатырдын
Кайра-келбес тоюнда,
Калайыктын кашында,
Калк мыктысы дөөлөрү,
Канкор Манас, Эр Кошой
Баатыр Бакай башында,
Кысыр эмди тай союп,
Арак, бозо, кымбат аш
Дүнүйөнү тең коюп,
Элемандын эр Төштүк,
Эштектердин Жамгырчы,
Казактардын кан Көкчө,
Бузулган – Чамбыл, Музбурчак,
Буларды калыс алыптыр.
Кыяматтын төрүндө,
Убадалуу кылым – деп,
Ушул өңдүү улуктар
Күбөлүккө турсун – деп,
Улук-кичик уккан жан,
Артык орой душмандар,
Ушул сөздү уккун – деп,
Азууларын аркайтып,
Аттан семиз мал союп,
Арбын дүйнө, түшкөн мал
Ортосуна тең коюп.
Кысыр эмди тай, ак боз бээ
Батага коштоп алдырып,
Ушунчалык дүйнөнү
Сарп кылып салдырып,
Сары башыл ак ирик
Баабедин деп чалдырып,
Киши таппас ой кылып,
Калайыкка той кылып,
Төрт түлүктүү калың мал
Сарп кылып сойдуруп,
Жетпес мүшкүл ач-арык,
Ошо тойдо тоюнуп.
Көлдөй ак кар май кылып,
Тим эле турган адамдын
Тим эле көзүн жай кылып,
Кудайлашып май чайнап,
Курматына эл жыйнап,
Болжолу ушул Чүрөктүн,
Боруму башка дүмөктүн.
Эл кагышып, журт дүрбөп,
Эсеби жок дүмөктүн,
Акундун кызы катындын,
Кылым журтка дуу болгон,
Кылтылдаган капырдын,
Мемиреген дүмөктүн,
Бу беризаада Чүрөктүн
Кылымга даңкы байкалган.
Кара кытай Коңурбай,
Ушуга дайны угулуп,
Ал Коңурбай оолугуп,
Дүнүйөсү чайкалган.
Мал ортого жыйылып,
Башаалуу колу кырылып,
Мында дүмөк чыр салган.
Сулуулугу билинген,
Кулагы угуп, көз көргөн,
Элдин баары бүлүнгөн,
Ал капырай Айчүрөк
Биздин зайып болсо – деп,
Катыны адам, эркеги ит,
Тетиги итаалы журту күйүнгөн.
Бул капырай Чүрөктүн
Кызматы күчтүү, заары күч,
Бу кылтылдаган дүмөккө
Аалам жандан түңүлгөн.
Бул кыз сулуу экен – деп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кымбаттыгы бейбактын
Кылым журтка билинген.
Белгиси күлүк ар буудан,
Каратка минер ат болгон.
Бок дүйнөнүн заарынан,
Айчүрөктүн артынан,
Карткүрөң, Буурул бир буудан,
Огой, Шыгай бир тууган,
Огойдон орой эр Манас,
Шыгай кандан Чынкожо,
Айчүрөктүн зарпынан
Бир тууган бизден жат болгон.
Карагай айза боолашып,
Канча жолу жоолашып,
Өпкө жарып, өт төгүп,
Өпкөлөшүп баш кесип,
Каршы туруп жанчышып,
Кара суудай чачышып,
Кандын баарын төгүшүп,
Кабырганы сөгүшүп.
Айдай алтын артынан,
Айчүрөк катын дартынан,
Өйүз-бүйүз турушкан,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушкан.
Тондун баарын тытышып,
Эрендин баары жутунуп,
Эбегейсиз чыр болуп,
Эсеби жок урушуп,
Акыл бирдик, мураа шок
Майга мас болуп урушуп,
Айылдуу басып эл көрбөс
Бул өңдүү жаңжал кылышып,
Тууган болуп душманын
Ичинен айтып түк кетпейт,
Кыяматка мүшкүлүн
Бу каран калган Айчүрөк,
Атам кошуп журт кылган.
Каалап алган зайыбым
Сапарга кошо баратат.
Сапар чарчап түнөрүп,
Шум өлүм түштү бейлиме,
Сапар жүрүп күлбөсө,
Жерге кетип баратам.
Баргандан кайра тартпаган,
Кез болгон күнү кайтпаган.
Топурак буйруп жер бүткөн,
Жерге сапар баратам.
Катылса чыкпас кайран баш,
Көргө кетип баратам.
Азап менен тозокту
Көргөнү кетип баратам.
Азайып талак күнөөнүн,
Ал эсеби канчалык
Бергени кетип баратам.
Күн түгөнүп, ай бүтүп,
Аманатын Алдага,
Бергени кетип баратам.
Кез болгон тарткыс дүмөк жол,
Көргөнү кетип баратам.
Асыл жанды Алдага,
Бергени кетип баратам.
Улуу-кичүү, кары-жаш,
Курбу-курдаш, талапташ,
Ар түйүндү чечип кой,
Жаман-жакшы өткөн иш
Кайран журтум, кечип кой!
Барсак кайра тартпайбыз,
Жоголдук кайра кайтпайбыз.
Арстан көкжал мен элем,
Алты нура эл элең.
Түнөгүс султан кеп элең.
Сапар жүрөм жаман жол,
Зарландың, кош журт, аман бол!
Канаттуу куш жеткисиз,
Арага салган бел элең.
Сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон.
Караңгыда айдаса,
Кабылан сындуу жойлогон.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Каары катуу жоо келсе,
Катуу мүшкүл, доо келсе,
Ичсе канга тойбогон.
Каары катуу жоо келсе,
Ала-Тоону жердеген.
Алышып адам жеңбеген,
Намысын элге бербеген.
Берекеси көлдөгөн,
Намысын жанга бербеген.
Эшиги кенен, жолу ачык,
Этеги кенен, колу ачык,
Өндүр чөптө жайга өскөн,
Өз ырыскы майда өскөн.
Кийгени суусар кара бөрк,
Башка малдан агы көп,
Кара эгинден күрүч көп,
Калайынан күмүш көп,
Боз коёндон түлкү көп,
Босого жыйнаган мүлкү көп.
Кийгени түлкү киш болгон,
Жайдын күн эмес кыш болгон.
Комокойлуу айзасын,
Колойтуп өөдө аштаган.
Айгайлаган чуу келсе,
Коркуп колтук ачпаган.
Кордук салган сан колду
Коёндой жерге жанчтаган.
Тулпары турбай желиккен,
Азаматын карап көр,
Жоо кайда деп ээликкен.
Тууганына туу сайган,
Душманы келсе чуу салган.
Туу кармаган калың журт,
Бетегелүү мураа бел,
Берекелүү курган эл.
Жылтыркандуу ашуу бел,
Жылдырып малын айдаган,
Көргөнү казы чайнаган.
Жардысы жапа көрбөгөн,
Жамансың – деп, жакшы – деп,
Бирөөнү бирөө бөлбөгөн.
Келгендер келип байыган,
Тентиген келип жарыган.
Букарасы зор болгон,
Кара кытай, манжуга,
Кагыша чыккан душманга,
Темир чалып тор болгон.
Башынан Кыдыр даарыган,
Короо кармап, үй тиксе,
Карагай, кызыл тал бүткөн,
Түп атасы кан өткөн.
Ала-Тоону жер кылган,
Азаматын эр кылган,
Ак калпактуу артык журт
Ал кыргызым, эсен бол!
Биз кеткен менен сапарга,
Жүз көрүшүп коштоштум.
Чама чарчап, ал кетип,
Жүрөк сыздап моминтип,
Кайран журт менен коштошуп,
Сапарга кеттик жаман жол,
Зарланбай, кош журт, аман бол!
Керээзин айтса журт чуулап,
Кейип-кепчип калк ыйлап,
Асты калың жер да ыйлап,
Айыл каран калды – деп,
Ак калпак кыргыз калк ыйлап,
Улукман ыйлап, жан ыйлап,
Ушунча журттун баары ыйлап,
Журт чуркурап, чуу болуп,
Ар бир мүшкүл, чоң күйүт,
Азыр бизге болор – деп,
Айкөл чөлдөп көп ыйлап,
Айла кандай болор – деп,
Журт чуу туруп бөлүнүп,
Алдамчы экен шум дүйнө
Бүгүн көзгө көрүнүп.
Капаланып кайран журт,
Кабыргасы сөгүлүп,
Журт кубарып турганда.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Семетей уулу эр Сейтек –
Элге короо кумары,
Айтпай жүрсө күн өтпөс,
Айкырып калса үн жетпес,
Шамал келсе жел жетпес,
Мураага турган эр Сейтек
Шердин шер экени билинип,
Өлүмгө башы катылып,
Бабасы Бакай баш болуп,
Сапарга жүрдү ат токуп,
Беш арстан өлдү – деп,
Барса-келбес чын жайын
Байкасаң булар көрдү – деп,
Кол алышып коштошуп,
Козголуп жоого кирген соң,
Журт чуркурап, эл кейип,
Эл эңгиреп турганда,
Семетей уулу эр Сейтек
Ок өтпөгөн тон кийип,
Ок өтпөгөн Кайыпчур,
Зор казаттап ат минип,
Уңгусу болот айза алып,
Жалаң кылыч байланып,
Көргөндө көңүл семирип,
Көкжал эрдин Сейтеги
Көк аска тоодой көрүнүп.
Кирпиги күйүп, чок болуп,
Оозунан жалын октолуп,
Ойлосоң мындай жок болуп,
Адамзат бенденин,
Акылы айран болуптур.
Аскар тоодой көрүнүп,
Атасы көкжал баатырдан,
Артыгыраак туулган,
Беттегенди мерт кылган,
Кездешкенди кемирген.
Акжолтой огун сологон,
Беттешер душман болбогон.
Ишин Кудай оңдогон,
Айбат каары келгенде,
Беттеп душман оңдогон,
Түнөп өткөн жерине
Түптү чынар тал бүтүп,
Түбүнөн Кудай жар бүткөн.
Алган сайын өөрчүгөн,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн.
Кайран шердин тукуму,
Эл чуркурап чогулуп,
Ким бөксөрүп ким өлбөйт.
Жараткан Кудай буйругу
Төбөгө келсе ким көнбөйт.
Каалап койсо Жараткан,
Журттун дагдырына ким көнбөйт!
Карчыгадай камынып,
Мына ошондо эр Сейтек
Кайран шердин оозуна,
Кайыптан акыл табылып,
Элге карай муну айтып,
Журт ордосуз калбайт – деп.
Сейтектин шер экени билинип,
Эл чуркурап, журт чуулап,
Эсепсиз эл сүйүнүп,
Баана кылып турду эле.
Баатыр Сейтек эр көкжал
Жыйылган кыргыз тобуна,
Улуу, кичүү тобуна:
«Журт жыйнаган элимди,
Угуп ал, элим, кебимди!
Сапарына буюрдуң,
Эркек, катын эриңди,
Шерибиз кайра келбейт – деп,
Эңкейтпегин белиңди.
Эндиретпе көөнүңдү.
Жаш албагын көзүңө,
Бел байлагын, калың эл
Берен Сейтек шериңе!
Алыстан душман кол салса,
Айкырып айза сунуучу,
Беттеп мүшкүл жоо келсе,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Мандайлашып туруучу,
Жазасын колго берүүчү,
Тагдыр жетсе окко учуп,
Каарланса топ бузуп,
Кейишчү жерден кек алчу,
Кызыкса жоодон кек алчу.
Кылт эткенди жеп алчу.
Айза сунуп, топ бузчу,
Айласы тегиз, заары күч,
Айта турган сөзүм бар.
Ак калпак кыргыз уулуна
Арка болор Сейтек бар.
Далай журттун уулу бар,
Бабам Бакай тукуму –
Байтайлактын уулу бар.
Акылга дыйкан, заары күч,
Кабылса жоону кылчу түз,
Аркасы бийик, бели түз,
Айзага камбыл эң мыкты,
Айласы толук эң мыкты,
Ободон жылдыз козголгон.
Түп атабыз бирге – деп,
Түбүнөн бери дос болгон,
Кол кармашып коштошкон.
Ак буудай унун чайнашкан,
Ак болот мизин кайрашып,
Келеме шарып кармашып,
Кучакташып көрүшүп,
Ак келте огун өбүшүп,
Улуу дуулай башташып,
Тирүүлүктө жыйганды
Өлгөндө керек ыйманды,
Ортого коюп таштаган.
Он эки жолу козгогон,
Эр Куту менен эр Сейтек
Бөлүнбөгөн дос болгон.
Эл ичинде бул экөө,
Аркайган ала бел ошол.
Ар бир журттун тагдыры,
Күтүнсө чечүүчү эр ошол.

Ак калпактуу кыргызга,
Баана кылган шер ошол.
Алдыга салса акжолтой,
Аркасы бийик сан колдой,
Бул кыргыздын журтуна
Короолуу журттун чынары,
Бел байлап кармап турары.
Капатынан кайгырып,
Кара кийип, кан жутуп,
Семетей, Бакай, Күлчоро,
Каныкей менен Айчүрөк,
Сапарга кеткен бешөөнү
Кайгырып турган көп эли.
Улуу, кичүү, калың эл,
Кайгырса түпкө жетеби.
Өткөн менен кеткенге
Өкүнгөн адам оңобу?
Өлбөй, өчпөй тим жүргөн,
Туягы бүтүн, төшү аман,
Өксүбөс адам болобу.
Берендер кетсе Сейтек бар,
Бейпай болбо ар бир жан.
Үзүлүп кетсе улачу,
Чачылып кетсе жыйначу,
Берен Кутман өзү бар.
Насаат айтар кебим бар,
Баатыр Сейтек шерим бар,
Баатырдан балбан Куту бар.
Колуңузду жоорутпас,
Көңүлүңдү оорутпас,
Бел болуучу ушулар.
Керээз айтар кебим бар,
Болоттон кашаа чебим бар.
Ар берендин түшү бар,
Казылган чуңкур ор болсо,
Кайнаткан мүшкүл шор болсо,
Уруусу кырк кан деп угам.
Кырк кандын эли кытайлар,
Кыжылдаган жоо болсо,
Жолотуп жоону киргизбей,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Жоголуп кеткен бешөөнүн
Жоголгонун билгизбей,
Канаттууга кактырбай,
Камчылууга чаптырбай,
Журтка балаа тарттырбай,
Өрүшкө душман жолотпой,
Өкүмдү ичке киргизбей,
Жобо капа билгизбей,
Баш-көз болор Сейтек бар.
Күнөмдү тапчу уул ушул,
Аскар каптал бел ошол,
Ааламдан ашкан шер ошол.
Берен Кутман, эр Сейтек,
Аскери алты сан болгон,
Атадан калган жай болду.
Бабадан калган буларды,
Оң жагына Ооганды,
Кыр жагында Кытайды,
Маңдайдагы бараңды
Сапырык салып чыр кылчу,
Аңдыган душман далайды.
Буй кылуучу эр ошол,
Атан өлсө, тайлак бар,
Кому жерде калабы,
Көкжал өлсө Сейтек бар,
Бел байлаган белиң бар,
Бекип жаткан чагың бар,
Бейлеп кулак салыңар.
Угуп тургун кебимди,
Улуу, кичүү баарыңар.
Баатыр Сейтек мен болсом,
Балбан кыргыз эл болсоң,
Биригишсек бир жерге,
Бармактайдан баш кошсок,
Улуу менен карыбыз,
Ушундай болсок баарыбыз,
Бир жерде болсок каруубуз.
Тулпар оозун бурушсак,
Душман келсе мына – деп,
Бир жерде кызмат кылышсак,
Бармактуу киши батабы,
Суук боор душман тиеби,
Каптап колу киреби,
Канаттуу адам кагабы,
Каптап душман тиеби?
Кудай үчүн, эл үчүн,
Баашалуу базар сен үчүн,
Падыша кыргыз эл үчүн,
Түзү суук душманга,
Түз басып айза сунбаган.
Куп кутурган душманга,
Алакет болуп турбасаң,
Көңүлүңдү жай кылып,
Теги журт сени бай кылып,
Тушукканды кырамын.
Кайран журт сенин айыңдан,
Кызматыңды кыламын.
Кап-Тоосундай чеп болуп,
Караан болуп турамын.
Туурдугун май кылган,
Туш-туш жерге кан кылган.
Керегеңди май кылган,
Кезиккенди бай кылган.
Желп этип жел тийгизбейт,
Жетесизди киргизбейт.
Туура келген душмандын,
Уруусу кандай билинет.
Ай-аалам менен тийишип,
Кайран баш аман барында,
Кас кылганда чара жок,
Кас душманда чара жок,
Кайран журт соо болгон жок.
Эриксең элик аткыла,
Эрикпесең кайран журт,
Эркин ойноп жаткыла.
Кең Талас бойлоп конгула,
Күнүң кымыз, түн жыргал,
Кадимкидей болгула.
Эриксең элик атышып,
Эң бир кызык ушу дуу

www.bizdin.kg

Тамашага батышып,
Ошентип ойноп тургула» –
Деп ошентип эр Сейтек,
Берен мындай деген соң,
Эр ураасы дуу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Элдин ээси келди – деп.
Ак калпактуу кыргызга
Алда Таала бир Кудай,
Айдан ачык берди – деп.
Баабединди бат кылып,
Кол жетпеген кой союп,
Калың кыргыз чуу туруп,
Асман жарган дуу болуп,
Ай туякка бээ союп,
Айры өркөчтүү төө союп,
Киши чечпес ой кылып,
О дүйнө кеткен көкжалдын,
Ордуна Сейтек калды – деп.
Үзүлгөндөр уланды,
Чачылгандар жыйналды.
Калк чуркурап, дуу кылып,
Кайран кыргыз кубанды.
Алдуусу токсон бээ союп,
Ар дүйнөнү жай коюп,
Жаман-жакшы, кары жаш,
Катын-эркек аралаш,
Жетик артык ой кылып,
Жеткилең элге той кылып,
Жаманы бар, жакшы бар,
Калайыкка бет кылып,
Ала-Тоодой эт кылып,
Аска-көлдөй чык кылып,
Асемин журттан арттырып,
Кысыр эмди көк торпок,
Көк бөрүгө тарттырып,
Ар бир оюн, улуу дуу,
Бөлүнүп журттан арттырып,
Кунан минген боз балдар
Куу-куулашып жарышып,
Байгесине төө алып,
Төбөлүү таз, кырма таз
Өпкө менен чабышып,
Өткөрө оюн, чоң кызык
Ушундай кызык салышып,
Ырсаңдаган бир кызык
Дууга кирип алышып,
Басылбаган ызы-чуу
Дууга кирип алыптыр,
Баатырдан калган бараңды,
Алтын такка мингизип,
Көкжал Сейтек беренди
Кан көтөрүп алыптыр,
Журт чуркурап келишип,
Эки тизгин, бир чылбыр
Эр Сейтекке беришип,
Улуу-кичүү, кары-жаш
Адам өлгүс шерт кылып,
Убаданы бек кылып,
Чыбыктын баарын кыркышып,
Эл чуркурап, дуу кылып,
Убадага турсун – деп,
Эл эселек иш кылса,
Этек ачып жиберип,
Душманга сырды билгизип,
Туура сизди күйгүзсө,
Жараткан Алда бир Кудай,
Жалпы журтуң уксун – деп,
Айдап жүрсөң ак жолбуз,
Жоого айдасаң сан колбуз.
Ат байласаң казыкпыз,
Жаман-жакшы кылсаң да
Көкжал сизге азыкпыз.
Кан болот журттун мөмөсү,
Кара куйрук букара –
Калк башчынын энеси.
Караанымсың, белимсиң,
Балаа мүшкүл, азаптан,
Душман салчу казаттан,
Туура келген азаптан,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Казылган чуңкур орунан,
Кайнаткан жаман шорунан,
Мөңкүсө адам кутулгус,
Темир аркан торунан.
Ашык айгай салыңыз,
Азап, мүшкүл балаадан,
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Семетей уулу сен болсоң,
Ажыратып алыңыз!
Ар мүшкүлдүн огунан,
Тозоктун күйгөн чогунан,
Ажыратып алыңыз,
Темир аркан торунан.
Беттеп жооп бериңиз,
Убалыңбы сооңбу,
Ушу турган кыргызды,
Өзүңүз күтүп алыңыз.
Баатырдан калган сынаакым,
Көкжалдан калган мураапым,
Дегениңе көндүк биз,
Эки чылбыр, бир тизгин
Убалы, сообу болобу,
Журт милдетин бердик биз.
Журтка көзүң салыңыз,
Күтүп жеген казына,
Күрдөөлүү журттун баарысын,
Баана кылып алыңыз.
Көңүлгө кубат демиңиз,
Кетип жесе түгөнгүс,
Казына мураа элибиз,
Байкап көрдүк сөзүңдү,
Баатыр, салгын көзүңдү!
Бабам Манас барында,
Дөөлөтүң кенен чагында.
Урушарга жоо таппай,
Урунарга тоо таппай,
Булкунуп турган чагымда.
Аргын кыргыз аралаш
Көнүп турган кезимде,
Күндүзү кымыз, түн жыргал
Кечээ болуп турган кезимде,
Көк чөптөй жайнап ырыскы,
Толуп турган кезимде,
Дөөлөт толкуп иш жөнөп,
Жыргалдан аман чалганда,
Кетип жесе түгөнгүс,
Кеңири дөөлөт барында,
Сурап ичип түк тойбой,
Сугалактыкты түк койбой,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Тиштерине таш таппай,
Жулунарга баш таппай,
Ушундай үлкөн доо болуп,
Бет алган душман боо түшүп,
Өлө кыргын чуу болуп,
Адыр-күдүр жер алып,
Ай-ааламга чыр салып,
Кырып турган кезекте,
Өз билгенин ааламга
Кылып турган кезекте,
Бет алганды чуу кылып,
Кечээ кылып турган кезекте.
Бет алганды буй кылып,
Кырып турган кезекте.
Буттап алтын, көп дүйнө,
Казынаны толтуруп
Жыйып турган кезекте.
Арстан тегиз барында,
Дөөлөттүн алтын чагында,
Эригип элик атканда,
Баракту мөрөй ордо атып,
Бадана огу ушу – деп,
Кечээ баатыр кыргыз жатканда,
Ала-Тоо бузуп кыр салып,
Ай-ааламга чыр салып,
Болот найза боолаштык.
Чалыяр чаркы келбеген,
Чабышып бир жан жеңбеген,
Бээжин менен доолаштык.

www.bizdin.kg

Бээжинди бузуп узду алдык,
Кылтылдаган кызды алдык.
Алтынды таштай үбөдүк,
Баатырсынган балбанды,
Башаасынган дарданды,
Билеги жоон мыктысын,
Бээжиндин ээси менмин – деп,
Беттеп келген беренин,
Белинен кармап бүктөдүк.
Ортобузда дүйнөнү,
Кыжылдатып кытайды,
Кыйла дүйнө далай мал,
Кызыл нарга жүктөдүк.
Кыйындык салган дөөлөрүн
Белден кармап бүктөдүк.
Туусун бузуп кул кылдык,
Баатырсынган шерлерин,
Балбансынган эрлерин,
Жагылган отун өчүрүп,
Жабылта баарын көчүрүп,
Буурсунун бурдурбай,
Эбин таап оокат кылдырбай,
Эгин-тегин чачтырбай,
Элкин жакка бастырбай,
Жай-жарагын шайлатпай,
Жаз оокатын айдатпай,
Ээн калган кара калмакты
Элин төргө жайлатпай,
Эркин бээсин байлатпай,
Заманасын жыйганбыз,
Минтип жанын тыйганбыз.
Жердин жүзүн ачтырбай,
Жазгы уругун чачтырбай,
Тынч оокатын кылдырбай,
Байгамбар баспас Бээжинди
Жаңжал салдык тындырбай.
Жай, күз оокат кылдырбай,
Оромолун бүктөтпөй,
Оокаттарын жүктөтпөй,
Бейпай салып биз тарттык.
Кырк кан эли Бээжинди,
Берекенин барында,
Берен Манас барында
Бейпай салып биз тарттык.
Бээжинди бузуп кайтканда.
Ордо бузуп, уз алдык,
Оймок ооз, бото көз
Буту тейтей кең көйнөк,
Ушунча сулуу кызды алдык.
Аламандуу айлакер,
Алты миңдеп ат алдык,
Алалбаган эң жаман.
Алты жүздөй ат алып,
Калк атасы карыя
Кан Кошойдон бата алып,
Топон суу тийбес Бээжинге
Тополоң салып биз тарттык,
Бет карартып биз кайттык.
Кечээ көкжал барында
Түздү коюп, бел аштык,
Үйдөн безип адаштык,
Ай-аалам менен талаштык.
Жол басууга жол таппай,
Кечип өтөр көл таппай,
Урунарга таш таппай,
Жулкуп өтөр аш таппай,
Баатыр болуп оолугуп,
Ичип алса кетпеген.
Май мастык жолго жолугуп,
Чалып өтпөс жер калбай,
Салышарга эр калбай,
Барып кырдык Ооганды,
Ооганды бузуп ордо алдык,
Айбандан тулпар жорго алдык.
Селделери казандай,
Айкырса үнү азандай,
Кудай ишин жат билген,
Арапча чийип кат билген,
Селделүүдөн молдо алдык.
Ооганды бузуп, ордо алдык,

www.bizdin.kg

Он эки миң колду алдык,
Ордосу бүтүн, башы аман,
Ошенткен журттан ордо алдык.
Билге жүктөп, дилде алдык,
Кара көздөн миңди алдык.
Бейпай салып бир тарттык,
Бет карартып бир кайттык.
Кечээ жоого минтип айза алган,
Төбөңдөн тийчү кандай жан?
Эл баспаган такырдан,
Эл-Киндиктин чөлүндө,
Индистандын жеринде,
Инди чайын Айкожо
Кара асман ай деген,
Төрт түлүгү жай деген.
Ошолордун колунда,
Ар түлүгү бар деген.
Жаралган адам уулуна,
Кааласа деми бар деген.
Ошону чаап мал алдык,
Бачайы жибек, барча алдык,
Олжо кылып камчы алдык.
Дүнүйөсүн канча алдык,
Жез оймоктуу ыкты алдык,
Жеткилең ашык мыкты алдык.
Бейпай салып бир тарттык,
Бет карартып бир кайтып,
Ошо берен шерлер барында,
Береке толук чагында,
Бузулган-Чамбыл ар жагы
Букаранын тыягы,
Ак сакалы бир кучак,
Айды кандын Музбурчак,
Казанбактай калдайып,
Кийген бөркү бир кучак.
Элее деген сөзү бар,
Эң кайраттуу көзү бар.
Эндей жака боз көйнөк,
Чамбыл-Белди жердеген,
Чабышып адам жеңбеген.
Ысыкка була айдаган,
Тили чыкса эр уул
Белине канжар байлаган.
Бойро токуп үй кылган,
Суу башчысын бий кылган.
Эр экенин билгизген,
Катыны тең кийинген.
Атын айгыр сактаган,
Төшүн күнгө кактаган.
Атасы Түркмөн арстан,
Ордо бузуп, олжо алдык,
Ордолуу журтка кол салдык.
Туюкту бузуп, жол салып,
Ошол журтка кол салып,
Жез оймоктон уз алып,
Бейлешине дөөпөйүн, –
Деп сүйлөгөн кызды алып.
Бейпай салып бир тарттык,
Бет карартып бир качтык.
Сары канды жердеген,
Салышып адам жеңбеген.
Салмагы артык, заары күч,
Жакындап душман жеңбеген.
Өрнөгүн жанга бербеген,
Басып адам жеңбеген.
Ырысы кенен, колу ачык,
Сапар жүрсө жолу ачык,
Улук журттун уланы
Жараткан адам тынары,
Шер экени көрүнгөн,
Беттешкен душман бөлүнгөн.
Тоолуу жерди жайлаган,
Токой өлкө кыштаган,
Эгиз туулуп жан өскөн,
Эркин басып мал өскөн.
Таруусун таштай актаган,
Катынын кыздай мактаган.
Кирлүү сорпо, майлуу эт,
Жыргалдуу журттан ал экен.
Кеткен туяк кең соорулуу,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Тулпарлары балакет,
Оолукканда бакырган.
Кыялына жакканды,
Кысып боктоп чакырган.
Шылдыр кымыз көк курут,
Алабаб сөз, жел көөдөн,
Жайлоо гүлдөп оттогон,
Катыны кыздай онтогон.
Көк өтүктүн өкчөсү,
Казактардын мыктысы,
Айдаркандын Көкчөсү.
Казакты чаап бир тарттык,
Бет каратып бир кайттык.
Баатыр Манас барында,
Дөөлөттүн аман чагында,
Каратпаган эл калбай,
Кармашпаган жер калбай,
Толкубаган көл калбай,
Канды кечип катыктык,
Кайран кыргыз атыктык.
Тоо кулатып, жер кылдык,
Душмандарды буй кылдык,
Жашыктуу майлуу эт кылдык,
Душманды тууган бет кылдык.
Ай-аалам журтту бет кылдык,
Ала-Тоо күтүп жер кылдык.
Ак калпак уруу кыргызды
Аныктап артык эл кылдык.
Баатырдан чалган мураа – деп,
Убалыбы-сообубу,
Улуу-кичүү кыргызга
Баатырдан чалган бапа – деп,
Баатырдан калган бала – деп,
Улуктан калган укум – деп,
Кабак кагып, көз көрчү
Көкжалдан калган тукум – деп,
Айкөлдөн калган көлүк – деп,
Асылдан калган бир чырак.
Түптүү короо терек – деп,
Жетиктин чынар көзү – деп,
Жаралган айкөл чынардын,
Мураадан калган өзү – деп,
Өзү турмак шерлердин
Мурунку кеткен эрлердин,
Каракан кара көзү – деп,
Как көкжалдын өзү – деп
Мурунку кеткен мураанын
Караган кара көзү – деп,
Белгисиз жалган дүйнө – деп,
Берен өткөн шерлерден,
Белекке калган өзү – деп,
Белек кылып турабыз,
Өзүңдү мураа кылабыз.
Капталы тоого болор – деп,
Кайрандан калган көкжал – деп,
Мураа кылып турабыз.
Эсилден калган мураапым,
Эрен Сейтек чырагым,
Жаман кылсаң убалым.
Жыргал, тозок-мүшкүлдүн,
Баарын тосуп алар – деп,
Ак калпактуу кыргызды
Туу болуп жолго салар – деп,
Убал-сообу болсо да,
Милдетин Сейтек алар – деп,
Кыргызга келген балаадан,
Кымбаттан калган мураапым,
Карайып тозуп калар – деп,
Мураа кылып турабыз.
Бул кыргыздын эли – деп,
Убал-сообу болсо да,
Сейтек тозуп алар – деп,
Улуу-кичүү, кары-жаш
Жаман-жакшы аралаш,
Мунар кылып турабыз.
Добул келсе жел тийбес,
Доо дооласа мал өлбөс,
Белгилүү шердин өзү – деп,
Кайран кандын тукуму
Караган кара көзү – деп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Чөлгө бүткөн чынардай,
Бадана кылып турабыз.
Күзгө бүткөн бараңдай,
Караан кылып турабыз.
Бала жаным, шерим – деп,
Айкөл көлдүн тукуму,
Баары кыргыз көөнү ток,
Өзүңдөн башка жарык жок.
Бир өзүңдү эр Сейтек,
Караан кылып турабыз.
Көкжалдан сендей балага
Бир кашык кан кармаар жан,
Мунун баары садага.
Кыйын душман эң мүшкүл,
Сыйкыры кымбат, заары күч,
Кыйын мүшкүл, кыйын иш,
Кырк уруу кытай укпасын.
Каардуу кытай чын душман,
Калган кыргыз тукумун,
Чырпыгын талдын кыркпасын.
Ушакчыдан кеп угуп,
Улугуна беш мураа
Сапар кетти деп угуп,
Төбөбүздөн баспасын,
Калың заарын чачпасын!
Өзөнгө туусун жыйбасын,
Өзү бар солоон, көк шибээ
Өрт өчкөндөй кылбасын!
Кара калмак, монголдун
Капысынан кымтый калам – деп,
Катуу мүшкүл салбасын.
Кайран журтту кор кылып,
Душман талап албасын!
Төрөсүнөн айрылып,
Өлбөй-житпей кайгырып,
Өлчөмү кеткен кыргыздын
Балам, Сейтек, кебимди ук,
Төбөбүздөн баспасын.
Төрөдөн калган бул элдин,
Эс билбеген жаманын,
Чама келбес ааданын,
Төө кайтартып койбосун.
Кеп айласын билчүүнү,
Акыл билгич мыктууну,
Айла билгич ыктууну,
Тирүү койбой сойбосун.
Башы кара, буту айры,
Тил билбеген букара,
Мал кайтартып койбосун.
Жагылган отту өчүрүп,
Жан жабылта көчүрүп,
Жаккан отун өчүрүп,
Ойрон кылып салабы?
Ушу турган кыргызды,
Олжо кылып алабы?
Атасын тарткан шер болсо,
Телегейиң тең болуп,
Калың кыргыз кайран журт,
Мураа кылып алабыз.
Киндик кесип, кир жууган
Ала-Тоону жер кылып,
Ак калпактуу кыргызды
Асыл күтүп эл кылып,
Эки тизгин, бир чылбыр
Эми колго алыңыз!
Канаттууга кактырбай,
Кайраттууга чаптырбай,
Эл милдетин алыңыз,
Журтту жолго салыңыз.
Көкжалдан калган мураапы,
Кайрадан калган тынарым,
Астыга салса акжолтой,
Аркасы бийик сан колдой,
Бааналуу түптүү чынарым,
Калың кыргыз, казына эл,
Мураа кылып турабыз!
Көкжалдан калган эреним,
Журтка көзүң салыңыз.
Убал-сообу болобу,
Журт милдетин алыңыз!

www.bizdin.kg

Эл коргону мураапым,
Көкжалдан калган кыраакым.
Калың кыргыз капка журт –
Бабамдан калган мураапым.
Ала-Тоо эли-жерибиз,
Айкөл Манас, Семетей
Адамдан ашкан шерибиз.
Ошолордун барында,
Кең Таласты жердеген,
Кармашып душман жеңбеген.
Бетине бенде келбеген,
Белгилүү шерден айрылып,
Күрдөөлүү кыргыз күчтүү журт
Күйүттү тартып турабыз.
Ошондон калган белек – деп,
Сени туу кармап, журтум турабыз.
Журт абалын көрөр – деп,
Добул келсе жел жетпес,
Доочу келсе мал бербес,
Кап-Тоосундай бел болгун,
Калың өрт келсе өчүрүп,
Кара кулак шер болгун.
Кечээ бабаң Манас барында,
Оймолуу жагдан, көк кепич,
Ойротту барып бир чапкан,
Бек каратып бир кайткан.
Чамбыл-Белди жердеген,
Чалышып бенде жеңбеген.
Түзөңүн кечип жол салган,
Төмөнкү Түркия журтка кол салган.
Алман кылып белди алган,
Билге жүктөп дилде алган.
Кара көздөн миңди алган.
Бет каратып багынткан,
Берен Манас кабылан.
Иткелдүү сорпо, майлуу эт,
Сары-Арканы жердеген,
Салышып бенде жеңбеген.
Таруусун таштай актаган,
Катынын кыздай мактаган,
Ай-аалам калкы жараткан,
Тетиги казактын журтун караткан.
Жан баспаган белди ашкан,
Бусурман журтка нур чачкан.
Калайыкка туу болгон,
Каары чындап кармаса,
Тээ Какандын журту чуу болгон.
Шердиги журтка билинген,
Серпишкен жерден түңүлгөн.
Ата-бабаң шердиги,
Каканда кара кытайдын
Даңзасына чийилген.
Ошондон калган мураапы,
Телегейи тең болуп,
Ичи көлдөй кең болуп,
Шай колдогон шер болуп,
Арстандын күнүнөн
Алтын таажы кийиңиз.
Атаңдан калган арналып,
Алтын такка миниңиз!
Күчтүүгө күрөш салыңыз,
Күчөгөн мүшкүл жоо чыкса
Ошондон сууруп калыңыз.
Айкөлдөн калган мураапы,
Эми журт милдетин алыңыз!»
Эл чуркурап, чуу болуп,
Сандап жаткан бээ союп,
Ар кызыкты тең коюп,
Калайык сөзүн салды эми,
Кан көтөрүп алды эми.
Салылуу коргон там болуп,
Туйгундан калган чунагым
Санжыргалуу кан болуп,
Бетине бенде келе албай,
Беттешип душман жеңе албай,
Баанайы чынар тал болуп,
Ордо күткөн жан болуп,
Кармаган калкы бай болуп,
Кара кылды как жарып,
Калыс султан жан болуп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Алышкан душман кор болуп,
Атасын тарткан зор болуп.
Сейтек-Сейтек болгону,
Сейтек атка конгону,
Эрешен тарткан эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Касташкан кара жер болуп,
Калың кыргыз Таласка
Каргылуу тоодой дем болуп.
Бул Таластагы кайран журт
Эриксе элик атышып,
Эркин ойноп жатышып,
Жылгалуу Кең-Кол жер кылып,
Семетейдин Сейтегин
Шай колдогон шер кылып,
Кааласа Кадыр түн болуп,
Кармашкан душман күл болуп,
Оңуп калган кезеги.
Аргын, кыргыз аралаш,
Конуп жаткан кезеги.
Күндүзү күлкү, түнү кыз,
Болуп жаткан кезеги,
Шабиет ойноп, чаң салып,
Оромпой ойноп даң салып,
Жергелей тартып конушуп,
Желеси жибек болушуп,
Атадан калган чоң Кең-Кол,
Жер соорусу турбайбы,
Жердеген адам тунбайбы.
Бул жарыктык Кең-Колдун,
Чырпыктары чынардай,
Чымчыктары улардай.
Алда Таала Жараткан
Жасаган экен буларды.
Айта берсе сөз жетпейт,
Көз көрбөгөн кумарды.
Аралына мал толгон,
Өндүрүнө жан толгон.
Жердөөчү адам зар болгон
Ата, айланайын бул Кең-Кол,
Бөөт-бөөт сазы бар,
Бөлүнүп учкан казы бар.
Жылгасында кулан бар,
Аскасында улар бар.
Будурунда бугу бар,
Тектиринде теке бар.
Тоосунда кары бар,
Токоюнда чары бар.
Толуп жаткан дайрасы,
Ар сонундун баары бар.
Өндүр-өндүр тарама,
Өлчөп көрсөң Таласта
Толуп жаткан тамаша,
Бул жарыктык Таласта.
Ар жеринде алтын бар,
Күдүрүндө күмүш бар.
Болжоп көрсөң Кең-Колдо
Кара эгинден күрүч көп,
Калайынан күмүш көп,
Боз коёндон түлкү көп,
Болумдуу жыйган мүлкү көп.
Чоркогунан узу көп,
Келининен кызы көп,
Кара малдан бээси көп,
Калган малдан төөсү көп.
Урушу жок, күлкү көп,
Сан жетпеген мүлкү көп,
Өлөңүнөн сазы көп,
Өрдөгүнөн казы көп.
Жөн жылкыдан тулпар көп,
Алса колду талдырган,
Сайса моокум кандырган,
Болот текөөр шумкар көп.
Ар бир түрдүү айбан көп,
Жолукса жолборс куткарбас,
Тиштеген жерин бүлдүргөн,
Агыткан ээсин күлдүргөн,
Каргысы алтын тайган көп.
Ошонун баарын жердеген,
Касиеттүү кең Талас,

www.bizdin.kg

Жер соорусу турбайбы,
Жердеген кыргыз тунбайбы!
Жети атаң өткөн кайран жер,
Жеткилең мураа турбайбы!
Жерин көрүп эр Сейтек,
Жеткизе албай Кудайга
Жеткилең султан кан болуп,
Каарына чыдабай,
Кармашкан душман дан болуп,
Өлөңдүү жерге өрт коюп,
Кара сууга кан куюп,
Кабылан султан аталып,
Ай-ааламдын баарысын
Айбаты менен шаштырып,
Алдындагы Кулансур
Алчактата бастырып,
Каарына жан түтпөй,
Көргөн жанды шаштырып.
Кирпиги жалын, чок болуп,
Кишиде мындай жок болуп,
Аңдып жүргөн көп душман,
Астына даап келе албай,
Айдыңынан токтолуп.
Эл чуркурап, дуу кылып,
Асман жарган чуу кылып:
«Атасы Манас баатырдан
Бул бала баатыр болду – деп,
Ал Таласты жердеген.
Арстан Сейтек баланын,
Ааламга даңкы угулуп,
Ак калпактуу кыргызга
Кош колдоп Кудай берди – деп,
Арбагы колдоп Манастын
Тууруна туйгун конду – деп,
Кабылан Манас көкжалдын,
Как өзүндөй болду – деп,
Калың эл көөнү жайланып,
Кабыргасы май алып,
Жайланып жатып калыптыр.
Ошо күндө кыргызды
Ойдокудай болтуруп.
Жагданынын баарысын
Сары алтынга толтуруп.
Журт көңүлү жай болуп,
Кийгени жибек, шай болуп,
Жардысы калбай кыргыздын
Сан кара айдап бай болуп.
Ортосунда эр Сейтек
Опол-тоодой кан болуп.
Олуя сүйгөн жан болуп,
Оболдон Кудай жар болуп,
Кечээ кабылан Манас атаңдын
Алтайда туулуп турганда,
Кырк чилтен чалып кабылан,
Он эки жашка келгенде,
Мураа болуп Кутубий,
Кан Манаска табылган.
Уруусу кара калмактан
Мунун калмакча атын жоюптур,
Атын Мураа коюптур.
Муну менен Мураабий
Кабылан Манас баатырга
Өмүрлүк мураа болуптур.
Кечээ картайганда Кутубий,
Кайран киши өлүптүр.
Кадыр Алда Кудайдын
Кайрылып келбес чын жайын,
Кайран Куту көрүптүр.
Сапары бүтүп жөнөптүр,
Кайран Кутубийи – деп,
Акжолтойду төрөптүр,
Байбичеси Бактыгүл
Толготуп тоюн союптур.
Наалышты Кудай берди – деп,
Картайганда атасы
Зарыгып жүрүп көрүптүр,
Акжолтой атка коюптур.
Кутубийдин Акжолтой –
Мунун курулушу сан колдой,
Баатырдыгы башкача,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Балбандыгы бир канча.
Сапарга чыкса сан колдой,
Салмагы тоодой Акжолтой.
Эңчегей бойлуу, кең далы,
Бука моюн, буура сан,
Өзү булкушканды туураган,
Акжолтой жайы момундай.
Чалгынга жүрсө чаалыкпайт,
Оорукка калса оорунбайт,
Ыраакы ишти болжогон,
Бууданың Сейтек баатырдын
Бузулган ишин оңдогон.
Айта берсе санаты,
Айланып учар канаты,
Маңдайында бараны,
Бараандуу көкжал карааны.
Кымбаттуу ишти болжогон,
Кылт эткенди оңдогон,
Караңгыда көз тапкан,
Капияда сөз тапкан.
Жаман сөздү ойлобос,
Көк ала калкан ойногон.
Көп кымбатты байкаган,
Май менен оозун чайкаган.
Эң көрөгөч даанышман,
Эсен болсо Акжолтой,
Нечен чыгат жарыштан.
Жайсыз ишке таңылбас,
Айдын караңгысында
Карсактын баскан изинен,
Жаза басып жаңылбас.
Чалгын чалса түн жүргөн,
Жетимиш түрлүү тил билген,
Суркулун атын токуган,
Мисир менен Багдатта
Сындан беш жыл окуган.
Канча жерден кат алган,
Олуядан бата алган,
Баатырлыкка камынган,
Кайыптан мураа табылган.
Ат бороюн сыдырып,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айланта кыдырып,
Жан ашпаган бел көргөн,
Аялы адам, эркеги ит,
Момундай сонун эл көргөн.
Жан баспаган чөл көрүп,
Бир балаалуу мүшкүл эл көрүп,
Акжолтой көргөн чөл экен.
Жан-жаныбар макулук,
Кабылса өлгөн жер экен.
Өлө турган себеби,
Куму өрттөнүп кайнаган.
Жан-жаныбар макулук,
Кез болсо тирүү калбаган.
Кез болуп калган айбанат,
Өрт болуп көзү жайнаган.
Акылга дыйкан Акжолтой,
Көрүп туруп таң калган.
Карап туруп баласы:
«Бир мүшкүлдү карачы,
Жердеген адам тунбаган.
Кез болгондун баарысы,
Бирөө чыдап турбаган.
Куу учканда кулачы,
Кулан жүрсө туягы,
Күйүп кеткен чөл экен,
Чымчып жээр чөбү жок,
Чык эткен жерде суусу жок,
Какылдап учкан карга жок,
Курк этип учкан кузгун жок,
Жараткан Кудай аты улук,
Жасаган экен дүйнө бок» –
Деп, Акжолтой таң калып,
Жети күн чөлдө сандалып,
Кээси суулуу, кээси чөл,
Куу дүйнөгө таң калып,
Жараткан өзү эс берди,
Куу Медиян бул чөлдөн,

www.bizdin.kg

Бир чынарга кез келди.
Ал чынарды көргөндө,
Акылы айран бөлүнүп,
Асты булак, үстү жай,
Атасындай көрүнүп.
Ал чынардын кызыгы –
Самсаалап шагы ийилип,
Кумунун үстү чийилип.
Бул өңдүү жайды көргөндө,
Ар жабдыгын шайланып,
Ал кезде аты Коңурбоз –
Ээрин алып жайдактап,
Көлөкөлүү майданга
Аса байлап баймактап.
Ээрин башка жазданып,
Ач албарсты салынып,
Ак олпокту жамынып,
Чырым этип тынч алып,
Чыканактап уйку алып,
Жатып жамбаш талдырып,
Жакшылап уйку кандырып.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык киргенде,
Ободон жылдыз буркурап,
Кыбыла көздөй чуркурап,
Асмандан жылдыз бөлүнүп,
Таң шоокуму көрүнүп,
Таң астында муздак жел,
Бетин желпийт зырылдап,
Чынардын башы зыркырап,
Чымчыктын баары чуркурап,
Таң кашкайып бөлүнүп,
Жерге нуру төгүлүп.
Муну көрүп Акжолтой
Шашып атын токунуп,
Намаз шамын окунуп,
Кылычын кыя байланып,
Көз жетпеген талаадан
Оргуп-оргуп чаң чыгат.
Арстандай көз жайнап,
Темирдей болуп тиш кайрап,
Туталанып тура албай,
Чаңды көрүп шайланып,
Жарактарын байланып.
Жакшылыктуу чаң болсо,
Беттеп тозуп алайын.
Жамандыктуу чаң болсо,
Кармашты катуу салайын.
Жетсе тагдыр өлөйүн,
Кудуреттин буйругун
Ушул чөлдөн көрөйүн.
Чама жетсе чапчышып,
Ал жеткиче алышып,
Кезиксе жообун берейин.
Акжолтой боюн жыйганда,
Абайлап карап турганда,
Оргуган чаңдын мүнөзү –
Сыягы башка, заары күч.
Жакын келсе ал чаңдан
Өлдүм деп жандан күдөр үз!
Чаңдын алдын караса,
Чаңы чаңга бөлүнөт.
Чаң алдында бир кызык,
Кураалы деген жылкы экен,
Куйган темир туягы,
Кулан түрдүү, тайкы жал
Куюн сындуу сыягы.
Чымын жандан түңүлүп,
Качкан экен бу дагы.
Алты бута алдында,
Ашып чыгып келатат.
Чымын жаны чыркырап,
Качып чыгып келатат.
Чаңдын артын караса,
Койбос-Тойбос деген бар,
Бил менен керк айбанды
Кой ордуна жеген бар.
Куйругу кылыч, көзү чок –
Мына, Кутубий уулу кургуруң,
Ааламда мындай көргөн жок.

www.bizdin.kg

Астындагы Карабоз
Басарына жер таппай,
Кире качар көр таппай,
Чыдай албай чыркырап,
Кандай мүшкүл балаа – деп.
Аны көргөн Акжолтой:
«Артык берен өз атам,
Айкөл Манас кабылан,
Жалгызга көзүң салагөр!
Бадыша Кудай аты улук
Өзүң колдоп ала көр!
Басып чыгар тоо эмес,
Басташа кеткен жоо эмес,
Кубарып жүзүм оңобу?
Тил сүйлөбөс макулук,
Ушул айбандан өлүм болобу?
Кечээ кайран энем тууганда,
Тоюма токсон сойгондо,
Атымды Жолтой койгондо,
Энекем айткан кеп эле,
Өмүрүң узун, өткүр эр,
Шер болосуң деди эле.
Жан-жаныбар макулук,
Көз көргөндүн баарына
Шер болосуң деди эле.
Беттешерим чоң айбан,
Энемдин кеби эки эмес,
Эркек дуулдап, эл дүрбөп,
Эл таалайы болор – деп,
Мени төрөп турганда,
Аты Кызыр дубана
Бата берди деди эле.
Энекем кеби чын болсо,
Өрт кабылса күйбөсүн,
Айбан эмес, алдымдан
Алты түмөн жоо чыкса,
Кабак серпип билбесмин» –
Муну көрүп Акжолтой,
Айбаты мыкты сан колдой,
Кечээ Аргынкан уулу Ажыбай,
Арышка кирсең алгын – деп,
Азуулуу душман кез келсе,
Бир балакет салгын – деп,
Бет алып жоого шилтесе,
Кабыргасы сөгүлүп,
Каарланып шилтесе,
Каны суудай төгүлөт.
Кыяптап кындан суурса,
Мизи өрттөй кызарган,
Кыя тартып шилтесе,
Кырк кулачтай узарган.
Каарланып шилтесе,
Кан төкпөй куру жүрбөгөн.
Канга мыктап тойбосо,
Катса кынга кирбеген.
Шиберге тийсе өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен.
Кабылан Жолтой ошондо,
Кармай калып сабынан,
Тартып чыкты кабынан.
Берендигин ашырып,
Минип турган Коңурбоз
Ал чынарга ашырып,
Дене бою дүркүрөп,
Арстандай күркүрөп,
Эми жетип ал Койбос
Катуу заарын саларда,
Эми жетип Жолтойду
Капысынан жararда,
Кең дүнүйө тарылып,
Кырк чилтен, Кызыр Ниязга
Колдой көр деп жалынып,
Моюн түптүн жээги – деп,
Алыс тийсе ар жагы
Айбандын туура бели – деп,
Шамдагайы болжоосуз.
Жака кармап имерип,
Шак дедире Койбосту
Кыя шилтеп жиберип.
Койбосту чапкан себеби,

www.bizdin.kg

Ал Койбостун көзүнө,
Кырк чилтен, Кызыр Илияс
Кыйкырып өртту чачыптыр.
Муну менен ал Койбос
Акылынан шашыптыр.
Чапкан жерде Акжолтой,
Канын суудай чачыптыр.
Кайран башты кан кылып,
Ал Койбосту жайлаптыр.
Баатырлыгы көрүнүп,
Душманы эки бөлүнүп,
Каарлуу душман айбандын
Каны суудай төгүлүп.
Мына ошентип турганда,
Астындагы тулпары,
Ат жүрөгү айрылган.
Аяк серппей ал кеткен,
Тулпарынан жан кеткен.
Карап турган Акжолтой,
Кабыргасы сөгүлүп,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көрсөң чөлдө куу мүшкүл
Төбөсүндө көрүнүп.
Кең дүнүйө тар болуп,
Кейиштүү мүшкүл дарт болуп,
Жан деп Кудай жаратып,
Ардактуу эрдин уулу элем
Капа болуп кайгырып,
Бууданымдан айрылып,
Адам басып чыгалгыс
Чөлдө калган экенмин.
Азаптан жандар кутулгус,
Жерде калган экенмин.
Таңдай кургап такылдап,
Чөлдө өлмөк экенмин.
Бараан-караан табылбас,
Жерде өлмөк экенмин.
Чама чарчап ал кетип,
Чарк түгөнүп турду эле.
Тетиги көз жетпеген урчуктан,
Көмкөрүлгөн тумшуктан,
Адам көзү байланган,
Мээ кайнаган ысыктан,
Жан жүрбөгөн кысыктан.
Ак селдеси казандай,
Айкырса үнү азандай,
Качырганы камандай,
Жүрүп кетсе шамалдай,
Ээрчиткени жолборсу –
Нечен түркүн жолдошу.
Кең көкүрөк, чалкак төш,
Келберсиген барчын көз.
Мурутту кыя чайнаган,
Айбалта белде байланган.
Кайра жаачу булуттай,
Каары бетте айланган.
Канча жерден кат алган,
Кырк чилтен болуп жолдошу,
Олуя чал деп аталган.
Олуяттын өзү экен,
Караган кара көзү экен.
Аманатын берүүгө
Келип калган кези экен,
Өзү касиеттүү жан экен.
Билбегенди билгизип,
Билгизип жолго салууга
Туйбаганды туйгузуп,
Тууралап ишин көрүүгө,
Кулансур менен Кулунсур
Эки тулпар берүүгө,
Ошол келген кары чал,
Касиеттүү мыкты чал,
Эки тулпар ат алып,
Беринин кызы Бейтаалай
Бермет кандан кат алып,
Коштогону Кулунсур,
Оң жагында Кулансур,
Баатырлар жоого минсин – деп,
Басташа келген жоо болсо,
Баатырлар айза сунсун – деп:

www.bizdin.kg

«Ак жүзүңдү көрүүгө,
Ата, балам, Акжолтой,
Аманатты берүүгө,
Ат арытып, жер чалдым,
Ит агытып, куш салдым.
Ат бороюн сыдырып,
Ай-ааламды кыдырып,
Жан кашайып үрөлүп,
Жандагы азык түгөнүп,
Алып келдим Кулунсур
Сага ат болсун деп түбөлүк.
Кулунсур менен Кулансур,
Экөөнүн жайын сурасаң,
Бериден чыккан мал экен,
Мунун тулпарлыгы бар экен.
Сага бердим Кулунсур –
Бул байтал бээнин кулуну,
Кара жылкы тукуму.
Сейтекке берем Кулансур,
Бул тотудай куйрук чубаган,
Токсон күндүк жол болсо,
Токтобостон чураган,
Мунун буудандык түрү билинген.
Бута бою жан келсе,
Буйдалбастан түйүлгөн.
Чуу укканда шашпаган,
Айдын караңгысында
Бир изин жаза баспаган.
Бул кайып малы Кулансур,
Кулан менен куушкан,
Кулунсур менен туушкан.
Кең көкүрөк, жайык төш,
Казатка минсе камыкпас,
Керишке минсе кебелбейт,
Сапарга минсе арыкпайт.
Аман болсо бул экөө
Алтымыш асый болгуча,
Азуусун сөйкөп карыбайт.
Текештирип атканда,
Жебенин огу даарыбайт.
Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жетпейт,
Кыл куйруктуу жылкыдан,
Астына түшүп мал өтпөйт.
Желек кармап чуу койсо,
Жебегенине ок жетпейт.
Казатка дулдул мал ошол,
Мен Олуя чал ушул.
Акжолтой, Сейтек эрен – деп,
Аманатын берем – деп,
Жер ортосу Кап-Тоодо
Жети жыл мындан жол жүрдүм,
Атты аябай мол жүрдүм.
Каным калды бир кашык,
Этим калды көк жашык.
Көк жашык болгон себебим,
Кечээ, түп атасы Түгөл кан,
Түбүнөн Кыдыр даарыган.
Башкы атасы баары кан,
Башынан Кыдыр даарыган.
Баатыр чыккан Бөйөн кан
Бөйөн кандан Чаян кан,
Чаян кандан Жаян кан.
Ошондон кийин Ногой кан,
Ногой кандан Кара кан.
Кара кандан Бала кан,
Бала кандын кенжеси –
Кабарында бар чыгар,
Кара ниет Жакып кан,
Кабылан Манас шер тууган
Ошол Манас кабылан
Кан Жакыптын баласы.
Алакандай кыргыздын
Айкөл Манас барында,
Кылымга жеткен чамасы.
Кечээ Кытайдын малын чачканда,
Атайлап бери басканда,
Ала-Тоону шер кылып,
Ак калпактуу кыргызды
Аалам журтка эл кылып,

www.bizdin.kg

Жан жүрбөстүн керүүсү,
Үзгүлтүк тоонун сеңири,
Ободон жылдыз козголуп,
О дүйнөлүк дос болуп,
Колумдан кармап кеп айткан.
Укумунан тукумга,
Көзүңдү салгын деп айткан.
Артта калган балдарга
Аныктап көзүң сал деген.
Айткан сөзгө көнгүн – деп,
Айбандан чыккан тулпарды,
Алыска минсе арыбас,
Аныгын тандай бергин – деп,
Шамал гана жердеген,
Тулпар аттын киндиги,
Кап-Тоо деген жердеген.
Сопол куйрук, сом туяк,
Камыш кулак, капкан бел,
Каман өңдүү, марал баш,
Ошондой кайып мал берген.
Бере албасам ушуну,
Начарлыгым билер – деп,
Таңда машар күнүндө
Ант оодарып мойнуна,
Кара эшек кылып минер – деп,
Канкор Манас эриме
Ошондо кылган шертим бар.
Түгөнбөгөн кебим бар,
Кудайлашып макул – деп,
Убада кылган жерим бар.
Деген сөзгө көн деген,
Артык болот нар кескен,
Асмандан түшкөн курч эле.
Балам Сейтек уулума
Арнадым муну бер деген.
Береги гүлдүү бадам көк купу,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Жоо кездешсе ок өтпөс,
Кош бадана, торгой көз,
Кармашканда кол өтпөс,
Ичи макмал, сырты боз,
Арстан Манас кабылан
Арада добуш кылган далай сөз.
Береги, каалаганда чорт келте,
Жоого сунса ок жеткис,
Артык болот Алмабаш.
Алыстан огу тие албас,
Жандуу мылтык үнү ушул,
Жоого сунса атылган.
Ажалы болгон кай душман,
Ажалга өзү чалынган,
Артыктыгы ушундай.
Асынып чыкса жарыктык,
Ай далынын айнеги,
Айкырган эрдин болжошу,
Азаптуу башка күч келсе,
Эр адамдын жолдошу.
Бээлегин, балам, Акжолтой,
Белекке бердим көрүңүз.
Олуя атам берди – деп,
Эр Сейтекке бериңиз.
Ата, балам, Акжолтой,
Ай, жылдыздын болжошу,
Баатыр шердин жолдошу,
Баатыр Сейтек эр менен
Дүнүйө орток жыйгандаш,
Өлүмгө кетсең ыймандаш,
Конушуң бирге короолош,
Айылың бирге аралаш,
Ашың бирге жоролош,
Чабытка кирген чаң болуп,
Өлүм орток жан болуп,
Мурдатан айткан сөзүмө,
Семетей уулу көкжалым,
Мураа болуп өзүңө.
Сен акылга келген соң,
Кудай сени берген соң,
Туш-туш жакка кол салат,
Тушукса жоого кол салат,
Душманды бузуп олжо алат.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Караны жолдой бел болуп,
Ай-ааламга шер болот,
Беттеше келсе көп душман,
Кара жер менен тең болуп,
Ала-Тоого туу ошол,
Чоң-Бээжинге чуу ошол,
Ак калпактуу кыргызга
Аябаган туу ошол.
Чоң атасы Манасты,
Айныбай тарткан уул ошол.
Атасын тарткан себеби
Томкоруп тоону жол салар,
Тосмосу күчтүү Бээжинге,
Токтолбой кирип кол салар.
Медияндан кезигип,
Берен ашкан келди – деп,
Бейлин чечип, чын айтып,
Белекке бешөөн берди – деп,
Берен уулум, айтып бар.
Кеп укпасаң жаман ат,
Беш буюм бердим аманат.
Сыягын билем Сейтектин,
Телегейи тең деген,
Теминсе душман жеңбеген.
Абийирин, намысын,
Ай-аалам журтка бербеген,
Алышып адам жеңбеген.
Атасынан баласы,
Артыктыгын карачы.
Түнөп өткөн жерине
Түптүү чынар орногон,
Түбүнөн Кудай колдогон.
Конуп кетсе Өзгөнгө,
Кыроодой чынар тал коргон,
Көрүнөө Кудай жар кошкон.
Ата, балам, Акжолтой,
Жетип конуп Таласка,
Жетип кыял козголуп,
Жетим менен дос болгун.
Жетип айыл конгондо,
Күптүңдү жазар бир ошол,
Сени күтүп алчу шер ошол.
Булуңдан бугу атасың,
Эриксең элик атасың,
Сен эрикпей ойноп жатасың,
Кап-Тоосундай бел ошол.
Керме басып ашканы,
Баатыр Сейтек көкжалдын
Керебет болот жатканы.
Бараң болот атканы,
Баатыр Сейтек көкжалдын
Мамык болот жатканы.
Күрдөөнү табар шер ошол,
Мына күлүстөн Сейтек эр ошол.
Сейтекке айыл конгондо,
Туурдугуң туура май болот,
Ага жулкушкан душман жай болот.
Туйгундун башы кан болот,
Санатты сансыз болтурат,
Сандыгынын баарысын
Балам, сары алтын менен толтурат.
Сенин күлкүңдү аччу шер ошол,
Сени күтүп алчу эр ошол,
Белеси кымбат бел ошол,
Сени бет алган каччу жер ошол.
Бурулган булак дайра суу,
Сенин бууданың кармап сугарган.
Арстан көрсөң эр Сейтек,
Ааламга ашык чыгарып,
Короолошкон болсун дос,
Барып акылына акыл кош.
Сен колуна тийгени,
Ок өтпөс тонду кийишет.
Оогондон жалпы тийишет,
Ак болоттон кийишет,
Ааламдан жылкы тийишет.
Сен колуна тийгенде,
Беттешке суук боор келе албайт,
Беттешип душман жеңалбайт.
Сен Сейтекке барганда,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Ак марал айдап уй кылат.
Айыгышкан жоо келсе,
Айдап жүрүп буй кылат.
Сур марал айдап уй кылат,
Жулкунган жоосун буй кылат.
Үзүлүп жүрсөң көп улайт,
Чачылганың көп жыйнайт.
Өчкөн отуң тамызат,
Өлгөн жанды тиргизет,
Дос экениң билгизет.
Кызыккан жоого кол салат,
Кылымды бузуп олжо алат.
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Жообуңду угуп козголгун,
Ошол жолборсуң менен дос болгун.
Кыймалуу жагдан кырк килем,
Ошол кыргыздын жайын мен билем.
Оймолуу жагдан он килем,
Ал журттун жайын мен билем.
Бороилоп, карлап күн жааса,
Боз кереге там ошол.
Сенин болжолуң билчү кан ошол
Баатырлык шердик бир башка,
Байланып жаткан базардын
Багын аччу көйкашка,
Таалайы журттан бир башка.
Талыкпас чөлдө чоң күлүк,
Бул душман салса чоң бүлүк.
Акжолтой, балам, угуп ал,
Айтайын кыраан мунум бар.
Кечээ кабарында бар бекен,
Кап-Тоонун берки четинен,
Жан жүрбөстүн жээгинен,
Аркайган урчук сеңирден,
Бир ургаачыдан уз көрдүм.
Бели кындай, бети айдай,
Бир беризаада кыз көрдүм.
Беринин кызы Акбермет,
Бендеде болбойт бул келбет.
Картайган кезде сандалып,
Барааның көрүп жактырдым
Мен бадирекке таң калдым.
Бериден чыккан бек сулуу,
Мемиреген бек нурлуу.
Асманда Чолпон жылдыз бар,
Жылдызды көр, көзүн көр.
Аякка куйган шекер, бал,
Шекерди көр, сөзүн көр.
Маралча басып керилген,
Байкабай бенде эриген.
Буластап басып эринген,
Тим тиктесе, караса,
Тийген айдай көрүнгөн.
Өлгөн адам болбосо,
Өлчөөсүн карап көргөн жан,
Бенденин көөнү бөлүнгөн.
Буластап басып торолгон,
Бутуна чачы оролгон.
Мелтирей басып буралган,
Белине чачы оролгон.
Жаркылдай басып буралган,
Жаннаттын нуру көрүнгөн.
Жана жалтыраган бейбагың,
Жаагына чачы өрүлгөн.
Сыягын сырттан көргөн жан,
Сыздап көөнү бөлүнгөн.
Бул карасаат жыласың,
Кашаттан чыккан булагың.
Кашаттан чыга калганда,
Бул карасаат бейбагың
Муну каалаган адам арманда.
Жасалган нурдун кызы экен,
Жаратылбайт жалганда,
Муну албаса Сейтек арманда.
Кара жерге кар жааса,
Кардан аппак эти бар.
Ушу кар үстүнө кан тамса,
Ошону көр бетин көр,
Болжоп айткан сөзүн көр,
Мунун борумдуу келген өзүн көр.

www.bizdin.kg

Бурулуп туруп сүйлөсө,
Булбулдан таттуу үнү бар.
Токтоно албай көргөн жан,
Торгойдой добуш тили бар,
Ой тобо, жасалган экен мындай жан.
Дүйнөгө түшкөн баркы бар,
Жаралган экен каркыбар.
Жаандан ашкан баркы бар,
Жаралып болбойт мындай жан.
Сеңир тоонун оюнан,
Асты өндүр аккан суу,
Чук теректин боюнан,
Чылбырдан кармап чыркырап,
Жан аябай буркурап,
Көп табыш кылды аманат.
Эрдигиң бар, ноокум бас,
Акжолтой, балам, көзүңдү ач,
Акбермет айтты бир сөздү,
Беринин кызы бейтаалай
Бейлиме салды көп сөздү.
Көп салам айткан себеби
Чылбырдан кармап чыркырап,
Чындап ыйлап буркурап,
Атамдан артык карыям,
Алдыңкы жерге тура тур,
Айланайын олуя!
Булбулуң шаңшып сайрасын,
Булбулум атам угуп ал,
Мукамдуу кызык үнү бар.
Иштеги кымбат жүрөктү,
Ашыктык өртү жоюптур.
Алда Таала бендесине бергени,
Ашык кылып коюптур.
Муну менен ашыктык,
Бузулуп өңдү союптур.
Ошол буйруган жанга жете албай,
Муну менен бейбакты
Муңкандырып коюптур.
Муну менен пери атам,
Дагы зайып алыптыр.
Ай бөксөрүп, күн өтүп,
Арадан нечен жыл өтүп,
Энекем бейтаалайды алыптыр.
Акылы айран болуптур,
Кечээ картайып атам калганда,
Мен шордууну көрүптүр,
Тоюма толгон мал союп,
Атымды Бермет коюптур.
Мелтиреген бейбагың,
Перинин кызы болуптур.
Мойнума жакут тагыптыр,
Кандыгым кызым алар – деп,
Ордума балам калар – деп,
Эркелетип багыптыр.
Сан дүйнөсүн мен үчүн
Шордуу кан атам чачыптыр.
Кыз экеним биле албай,
Балам деп моокун басыптыр.
Бир жашардан эркелеп,
Секелек болуп ойнопмун.
Жети жаштан энекем,
Анан акыл ойлопмун.
Ал убакта шордуу жан,
Бала оюнга тойбопмун.
Периден жигит жыйыпмын,
Бет алганды кырыпмын.
Ак мамыкты жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Ушинтип уйку кылыпмын.
Уктап жаткан түшүмдө,
Бул дүмөк келди кишиге.
Мени жараткан кылган убара,
Чын түшүмө кириптир,
Ак сакал чал дубана.
Бир жан десем төрт адам,
Аты Кыдыр ал экен.
Кол тапшырып сөз айтып,
Даарып турган чагы экен.
Базар ачар бакмын – деп,
Жана бир киши бар экен.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Оң жагында ырыс бар,
Дөөлөт берчү ал экен.
Акыл-эси менмин – деп,
Карасам төрт жан бар экен.
Ошол кезде түшүмдө,
Уктап жатсам баарысы,
Даарып жаткан чал экен.
Аты Кыдыр дубана
Тим эле ал деп кол берген,
Байкаган экен бай атам,
Кийгиниң деп тон берди.
Өнөрдүн ээси акылман,
Уккунуң деп кеп берди.
Ырыстын ээси менмин – деп,
Берекени бек берди.
Аты Кыдыр дубана
Акырын сүйлөп, бек таштап,
А кан баласы кан Бермет,
Бир кызык сөз айтам билип ал,
Кымбатым, балам, тилимди ал.
Ушундай кызык жүрөктөн,
Көкжалдын уулу эр Сейтек,
Издептир сени күйөөм – деп,
Түгөнгүс кызык кебим бар.
Пери кандуу эр Сейтек,
Бейтаалай сенин шериң – деп,
Кадимки канкор эр Сейтек,
Каалап тиер күйөөң – деп,
Куран окуп купта айтып,
Убада сөздү кылды эле.
Кулансур өңдүү ат минген,
Куп сонун каухар тон кийген.
Жан-жабдыгын жайлаган,
Кыны жок болот байлаган.
Кайрылып жаачу булуттай,
Каары бетте айланган.
Өзү билеги темир, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадирек.
Бул карасаат баланын
Себилдүү аты сексен төрт,
Мунун серп салган жагы жаңжал өрт.
Кирпиги жалын, көзү чок,
Кишиде мындай шумдук жок,
Бул ааламдан кайдан табылат.
Катуулап кайрат кылганда,
Карасаат баланын
Кара чаар кабылан,
Туш-тушунан чамынган.
Мунун бет алдында сур жолборс,
Мендеде мындай жан болбос.
Кайыптан болгон жолдошу,
Муну кырк чилтен атам экөөлөйт.
Айгайлашып күүлөнсө,
Аты Кыдыр дубана,
Жолун баштап жетелейт.
Шай колдогон шер ушул,
Салтанаттуу беги ушул.
Аркы атасы Манасты
Ашыкпай тарткан эр ушул,
Сен тийүүчү шер ушул.
Темир өскөн кең билек,
Термелбеген кара көк,
Телегейи теңи ушул,
Бул жалгандын кызыгын
Текшерип көрчү эр ушул.
Бир кызыкка батышып,
Бир төшөккө жатышып,
Күлкүндү ачар эр ошол,
Сени күтүп алар шер ошол.
Айткан сөз ушул билип ал,
Чын күйөөң ушул билип ал.
Буйгаты болбойт паананын,
Буйругу Алда Тааланын,
Бурулуп айткан кебиме,
Издеп тий канкор шериңе.
Бул ургаачы эркек атама,
Кошулбайбы шериңе.
Ата балам Акбермет,
Ушундай сенин күйөөң – деп,
Таңдагы машар тар жолдо,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Сенин тамашаң ачар күйөөң – деп,
Дубана белги кылды эле,
Түшүмдө нике кыйды эле.
Тамаша таңга батышып,
Тар төшөккө жатышып,
Коюн-колтук алганбы,
Козголбой кызык салганбы?
Эриш-аркак биз болуп,
Кошулушуп калганбыз.
Кечээ таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык киргенде,
Менин оюма белги конуптур.
Аты турат өзү жок,
Менин койнумдагы жатканым.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок.
Көздөн кайым болуптур,
Чыдабай жаным чыркырап,
Боздодум ыйлап буркурап,
Уламадан уладым,
Билгичтерден сурадым.
Ашыктык оттун айынан,
Арманда болуп турамын.
Ал Сейтекти сынасам,
Эбедейим эзилип,
Эт тырмагым созулат.
Бул дүйнөнүн кумары,
Ашыктык кыйын көрүнөт.
Арстанымды ойлосом,
Акылым санга бөлүнөт.
Ал ашыктык деп жүрүп,
Ашыктык отту жеп жүрүп,
Кубарып каным суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Омуроомо куюлуп,
Чындап күйүп биздин жан,
Чымындай калбай кашык кан.
Эстеген тилек кеч болуп,
Эсил шерге жете албай,
Эки көзүм төрт болуп,
Эр Сейтектин айынан
Таза жаным оорудум.
Айкырып беттеп бой кылып,
Кетейин деп ой кылып,
Эр Сейтектин дартынан
Басып жүрсөм тынчым жок,
Түндө жатсам уйкум жок.
Жыргалдуу жылас күлкүм жок,
Ойнорго Сейтек шумкар жок,
Ичим жалын боорум чок.
Түшүмдө шерди көрө албай,
Ушундай окшойт дүйнө бок.
Уламадан кеп угуп,
Кабылан уулу көкжалды
Жаан кескен деп угуп,
Ат арытып, жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Ууга чыгат деп угуп,
Балдыркан койбос баласын,
Байкап көрүп баккамын.
Жер түгөнгөн жети чөл,
Жети айлана кыдырып,
Кураалы деген жылкыны
Какшыган чөлдөн тапты – деп,
Кураалыны куудуруп,
Арстанынан айрылып,
Анда калдым кайгырып.
Андан айла боло албай,
Амалымды таба албай,
Алек болуп чыдабай,
Эркектин кийимин кийинип,
Бар дүйнөмдү жайланып,
Жаным жарак байланып,
Балбандыгы башкача
Баатырдыгы өзгөчө,
Жаанын огу каптаса,
Жазганып башын тартпаган.
Жалаң күйгөн өрт чыкса,
Жалтанып кайра качпаган.
Жаа тартуучу эрендин,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Жазбай айткан мергендин,
Акылга дыйкан ыктуудан,
Айзага кымбат мыктуудан,
Атам кандын тагынан,
Перинин алтын шаарынан,
Өткөн иштин зарынан,
Көкжалымдын айынан,
Сандап жаткан көп балбан,
Сапыра жыйып алгамын,
Чубатууга салгамын.
Бир жаралып келген – деп,
Жазбай атар мергенден,
Жаа тартуучу ыктуудан,
Жазбай атар мыктуудан,
Тили чечен эренден,
Кез келгенин жай кылчу
Келишимдүү беренден,
Миң балбан жыйып алгамын.
Өксүгөн иштин жайынан,
Ошол Сейтек айынан,
Күлдүү бадам күлгүн тон,
Балбандарга кийгизип,
Булуттай учкан тулпардан,
Балбандарга мингизип,
Айланып баарын үйрөтүп,
Азыктын баарын түгөтүп,
Периге буйрук салгамын.
Дүркүрөтүп калкыман,
Тулпарды жыйып алгамын.
Балбанын жыйып чыр салып,
Ат бороюн сыдырып,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айланып кыдырып,
Каарын төккөн душманга,
Катуу жаңжал салганмын.
Каалаганым эр Сейтек
Беренди чаап алууга,
Ээрчиткеним миң балбан
Периге салып чоң жаңжал,
Ал күнү шаардан чыкканда,
Алты күн тынбай жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Токумдай болгон боо кечип,
Тоңкойгон ылдый коо кесип,
Токсон уруу суу кечип,
Чындап жүрүп аянып,
Чын Кап-Тоосун таянып,
Алты кырын ашканда,
Атам пери чек ара
Бери карай ашканда,
Сайылган өндүр кара кыр,
Айлап-жылдап жол жүрүп,
Татаалында күн жүрүп,
Талаасында түн жүрүп,
Өлбөй-житпей эзилип,
Бир оңбогон жолго кезигип,
Кара капчал бел экен,
Сыйкырчынын баарысы
Бекитип койгон жер экен.
Көз жетпеген кара жар
Кезиксе өлүм кылчу экен,
Асты мындай кара мар
Анын ары жагында,
Кезиккенди кемирген,
Кабылганды кайсаган,
Кылыч тумшук били бар,
Жан адам басып өтпөгөн,
Жалгыз аяк жолу бар.
Ажыдаардын чоңдугу
Ааламды жутчу зор экен.
Кыялга келбес иш болуп,
Кыйын мүшкүл тозокко
Кезигишкен кез болуп,
Ал айкырык салганда,
Бир оп тартып алганда,
Айбандын баары жыйылып,
Өт айрылып чыдабай,
Балбандын баары кырылып,
Тулпар учуп чыркырап,
Балбандын баары чуркурап,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Балбандар шорго тутулду,
Мындан байкуш жан араң кутулду.
Эрендин баарын сордуруп,
Балбандардын баарысын
Ажыдаарга сордуруп,
Чын эсепти таптырып,
Сан тулпардын баарысын
Жырткычтарга каптырып,
Шордуу ажалга тутулуп,
Шору жоктон алты адам
Мүшкүлдөн араң кутулуп,
Чама чарчап ал кетип,
Ажал тутуп күн бүтүп,
Мында бир жол кутулдум.
Ашыктыктын айынан.
Азапка мынча тутулдум.
Кечээ кызыл жээрен ат минип,
Кыл куйругун шарт түйүп,
Жерге баткыс доо экен,
Жерге-сууга ээ экен,
Келишимдүү жан экен,
Олуя чалдын өзү экен,
Карарган кара көзү экен,
Олуя чал ал атам
Ошол айткан бар сөздү,
Менин оюма салды кир сөздү.
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Буркурап ыйлап сабылып,
Атаке деп жалынып,
Артык мүшкүл, чоң жаңжал,
Көргөнүм айтып кеп кылдым.
Баягы сапарга чыккан балбандын,
Өлгөнүн айтып кеп кылдым.
Кашыкча кылдым канымды,
Ашык деп жүрүп күйгүздүң,
Табылган алтын жанымды.
Тийүүчү жарым ушул – деп,
Ашыкка койду бейлимди,
Айттырдым мынча элимди.
Ашык оттун айынан,
Толкуганым ташынып,
Тозогум баштан ашынып,
Сары оору болдум саргайып,
Уу ашыкка зарланып,
Көкжал Сейтек эренди
Көзүмдү ачып көрсөм – деп,
Көзүм көрүп өлсөм – деп,
Чын көрүшүп турсам – деп,
Чыркыратып жанымды
Сейтекке курман кылсам – деп,
Кезиккенде кеп сүйлөп,
Кең кызыгын көрсөм – деп,
Ашык оттун айынан
Мен кейип жүрөм өлсөм – деп,
Олуя чал кан ата,
Кулагыңды сал ата!
Муңдуу кебим тыңшачы,
Ата болуп асырап,
Эбим кетти, атаке,
Бизди эне болуп сактачы!
Билбегенди билгизчи,
Олуя чал, атаке,
Бизди бир ак жоолукка киргизчи.
Жаман да болсок Сейтекке,
Перизат деп мактачы.
Эстен кеттик абаке,
Бизди бир баба болуп сактачы!
Качырганым койбосун,
Карып жан биздей болбосун.
Бул жыргалым кырааным,
Жолборсумдан айрылып,
Атаке, жобо тартып турамын.
Ошол Сейтек эрен – деп,
Көзүмдү ачып турамын.
Ааламын башка тооруду,
Далай көөнүм ооруду.
Нечен дүмөк көп мүшкүл,
Эс кетирип тооруду.
Мен периде турганда,
Мингеним мунар алтын так,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Сейилге жүргөн чынар бак,
Мен ашыкка бурдум бейлимди,
Таштадым пери элимди.
Бир көкжалдын айынан,
Самандай зарлап саргардым,
Кайгы жокто кайгырдым,
Канчалык мүлктөн айрылдым.
Чын олуя баба чал,
Касиетиң билгиз сен,
Карып жанды тиргиз сен.
Өрттөнгөндү өчүрсөң,
Жалындап күйгөн куу жанды,
Бир жакшы жайга көчүрсөң» –
Деп, ошентип кыз айтып,
Чыркырап ыйлап турганда:
«Муң сөзүнө көнгөмүн.
Перизаада Берметке
Убадамды бергемин.
Каалаганың кан Сейтек
Ашыктыгың бар болсо,
Байлап айткан кебим бар,
Алты айда алып келем – деп,
Сенин каалаганың кан болсо
Айкөлдүн уулу чунакка
Ашыктыгың бар болсо,
Өчкөн отуң тамызам,
Өрттөнгөн дартың өчүрөм.
Себепкерин билгизем,
Өлчү жаның тиргизем.
Ата, перизаада бейтаалай,
Ал берендин уулу көкжалга,
Беттешериң бир далай.
Атасы баатыр туйгун шер,
Бузулган жаның өрт болсун,
Ал ааламдан чыккан баатыр эр,
Боору болот, сырты көк,
Ай-ааламды буй кылган,
Атасы Манас баатырды,
Айныбай тарткан кара көк,
Зың-зың этип кенебейт,
Он сегиз миң ааламды
Ашыгы сулуу сен түгүл,
Бучкагына теңебейт.
Анын энеси перизаттандыр,
Пери кандуу көкжалдын,
Берекесин айталы.
Адамдан башка арыстандыр,
Жети-Суунун жээгинде,
Жедигердин элинде,
Энеси Чүрөк тууганда
Көрүп турган көзү ушул,
Перизаада Бермет жан,
Сага айтар сөз ушул.
Төрөлгөндө курсактан,
Аягы менен тик түшкөн,
Бала бирди кылар – деп,
Багыштын уулу Кыяздын
Көңүлүнө жык түшкөн.
Алтымыш кемпир сыйкырчы,
Аңдып турган көп душман
Каарына чыдабай,
Эсинен танып бүк түшкөн.
Кылым чуулап жарланган,
Ал эмес Кызыр бабаң таң калган.
Таңыркаган себеби –
Күңгүрөнүп күүлөнгөн,
Ач арстан түрлөнгөн.
Аркадан жалы көрүнгөн,
Анык көкжал экен – деп,
Кечээ жедигер көөнү бөлүнгөн.
Айтууга жаңжал кеби бар,
Аты Кыдыр арстан шер,
Кыргыз турмак балаңыз,
Кылымдын шери болсун – деп,
Дуба кеткен жери бар.
Аты улуктун баарысы,
Арстан деп туштаган.
Энеси Чүрөк тууганда,
Кош колдоп канды уучтаган.
Оң колуна ошондо,

131*

www.bizdin.kg

Кара кан ууштап түшкөнү,
Кармашарга жоо болсо,
Кармашып жүрүп ошону,
Канын төгөм дегени.
Ойрон эрди тууганда,
Орустан келип он сынчы,
Ойлонуп тоюн жеп кеткен.
Оңой болбойт бул бала,
Ойротту бузат деп кеткен.
Кытайдан келген кырк тыңчы,
Кызыктуу тоюн жеп кеткен.
Аман болсо бул Жолтой,
Кытай эмес кылымга
Кыргын салар деп кеткен.
Кыйла жерде чыры бар,
Перизаада бейтаалай,
Бээлеп муну угуп ал» –
Деп, ошентип олуя,
«Арстан көкжал Сейтектин
Ашыгына кезигип,
Аныктап кайра тарткамын.
Перизаада бейбакка,
Бек убада кылгамын.
Адам өлөр ант кылып,
Убаданы бат кылып,
Күн эсебин алгамын.
Айтылган ант, кымбат кеп,
Артыкча жанга керек – деп,
Колунда каухар шакегин
Алып келдим белек – деп.
Ата, балам, Акжолтой,
Айтканым ушул билип ал,
Арстан балам тилимди ал.
Ушул жерден кайта бар,
Кайрандан калган мураапы
Эр Сейтекке айта бар.
Перизаада бейбакты
Бек какшатпай алсын де,
Бейлебесе кокустан,
Албай койсо окустан,
Билбестикти билгизчи,
Жети күндөн бери өзүм,
Айтылган ушак чын болсо,
Таңда машар күнүндө
Кара эшек болуп жүрүүчү,
Кадырды көкжал билүүчү.
Перизаада бейбакты
Бет алып алса ушуну,
Кабылса Кадыр түн ошол,
Касиеттин бири ошол.
Колуңа тийсе бейтаалай,
Үзүлгөнүн күндө улайт,
Чачылганын бек жыйнайт.
Көңүлү менен болтурат,
Казынаң мүлккө толтурат.
Күтүп алсын перини,
Кубаттап уксун кебимди» –
Олуя чал кеп айтты,
Ойлосо мындай деп айтты.
Олуя жазган кат менен,
Эки тулпар ат менен,
Мына ошондо Акжолтой
Чөлдөн чыгып жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Жазык жерди сыдырып,
Жаканын баарын кыдырып,
Жылгындынын оюна,
Кең Таластын боюна,
Кайнардын кара көзүнө,
Как чынардын өзүнө,
Төрт-Күлдүн төмөн жагына,
Кашкайган таң сүргөндө,
Төрө атасы көкжалдын
Төмөнкү тиккен багына,
Төрө султан Сейтектин
Минген алтын тагына.
Кашкайып таң сүргөндө,
Жер жарылып таң сүрүп,
Жел аркырап жүргөндө,
Көк ойдон элик бакырып,

www.bizdin.kg

Тоо-тоодон түшүп чакырып,
Обону күүлөр чалганда,
Булбулдар үнүн салганда,
Кандын чеби капкага,
Барган экен Акжолтой.
Бакырган кайрат кыйкырык,
Мына салган экен Акжолтой.
Шай колдогон кабылан,
Нардай күлүк ат менен,
Ааламды чалып кыдырдым.
Эрдикке салып оолугуп,
Эбегейсиз чоң жыргал,
Кадыр түнгө жолуктум.
Олуя деп аттанып,
Олуя чалдан бата алып,
Камынсак казат минүүгө,
Кажыбай жоого тийүүгө,
Шамдагайы куюндай,
Шар жүргөнү булуттай,
Куландай кулак жапырган,
Куюндай чөптү сапырган,
Тотудай куйрук чубаган.
Токсон күндүк чөл келсе,
Токтолбостон чураган.
Чылбыры тутам калбаса,
Чын мүшкүлгө чалдырбайт.
Үстүндөгү мингени,
Кырсыктын миңи урбаса,
Балаа курчап турбаса,
Кылайып жоого алдырбас.
Кетмен туяк, кең соору,
Кенен жердин жылкысы,
Кеп кылбай кериш кылсын – деп,
Эгиз тулпар ат алдым.
Кыяматтык жарыңан,
Перинин кызы теңиң – деп,
Сени издеген жарыңдан,
Каалаган кыздан кат алдым.
Кызыр чалган өзүңө,
Кыраандын баары туш келди.
Баабедин колдоп өзүңдү,
Кыраандар сага кез келди.
Шай колдогон кабылан,
Башкы атабыз Кутубий,
Мекен кылган Таласты,
Шер кылган айкөл Манасты.
Мурунку өткөн Манастан,
Мураа калган Кутудан,
Кутубийдин Акжолтой,
Мурун көргөн сөзүңө
Мураа болом өзүңө,
Уккун менин сөзүмдү.
Атадан калган балдарбыз,
Арстан аткан шерлердин,
Мураага калган балдарбыз,
Баатыр, бармактайда баш кошкон.
Биттейибизде бириктик,
Кенедейде кез болдук,
Кичинеден чоң болдук.
Кылымга татыр дөө болдук,
Баатыр, бүт кыргызга ээ болдук.
Көктөн жылдыз козголуп,
Ал жылкыдан боз болуп,
Акыреттик дос болуп,
Ак буудай данын чайнадык.
Ак болот мизин жаладык.
Сен он эки, мен он төрт,
Убактыга келгенде,
Жети-Сууну жердеген,
Жедигердин Кыясы,
Жерге тыгып жайладык.
Кыжырга тийген ал элдин,
Жаккан отун өчүрдүк,
Көчпөс журттан көчүрдүк.
Уугунун учун шиш кылдык,
Багыштын уулу Кыяска
Так унутулгус иш кылдык.
Кыйырына кыргын салганда,
Кыйындап өчүн алганда,
Атадан калган конуш – деп,

www.bizdin.kg

Чоң Таласты жер кылдык.
Касташканы душманды,
Кара жер менен тең кылдык.
Кылымдын баары козголуп,
Кыяматтык дос болуп,
Катаалдуу душман ал эле.
Сарыбайды жалмадык,
Көкжалсыган душманды
Көрүнөө көргө киргиздик,
Көкжалдыкты билгиздик.
Көп душмандын далайын,
Көрүнөө өрткө күйгүздүк.
Жолсуз жерге жол салдык.
Жоосунган душманга
Тополоң салдык, кол салдык.
Манастап ураан чакырдык,
Баатырсынган душмандын
Күлүн көккө сапырдык,
Супарасын качырдык.
Мураа кылдык Таласты,
Ата кылып Манасты,
Баатыр, кызыгып келген душманга
Кыргынды кызык салалык,
Таластагы кыргыздын
Убал-сообу болобу,
Бир милдетин алалы.
Береним сенин колуңа,
Баатыр келди, шер келди,
Береке, дөөлөт тең келди.
Белсенип кызмат кылуучу,
Акжолтой өңдүү эр келди.
Акжолтойдун кеби бул,
Акыры тынып калбадым,
Көп курутту алымды,
Таап келдим жаныңды.
Жоого кирсе кийсин – деп,
Жолотпой жоону урсун – деп,
Күлдүү бадам ок өтпөс,
Береним көкжал кийсин – деп,
Улуу дүмөк жоо чыкса,
Маңдайлашып урушса,
Ач арстандай жулушса,
Аябай жаңжал кылышса,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушса,
Ок жаңылса кокус – деп,
Эгерде болбойт окус – деп,
Күлдүү бадам ок өтпөс,
Олуя берди кийсин – деп,
Кырк уруу кара кытайды
Кыжылдата кирсин – деп.
Кызыгып келген душманды,
Түбүнө чейин сүрсүн – деп,
Олуят берген тон ушул,
Белекке берди кийиңиз.
Сабы болот, мизи албарс,
Зулпукор колго илиңиз.
Оң жагында орус бар,
Кыр жагында кытай бар,
Маңдайында бараң бар,
Сага басташкан душман далай бар.
Мен уламадан уладым,
Укмуштуудан сурадым.
Абийири артык кабылган,
Жолуңду Кудай жолдогон,
Жолборс атаң Манастын
Арбагы азыр колдогон.
Таалайың толкуп ташыган,
Кечээ перинин кызы Акбермет
Атагың угуп өзүңдүн,
Астына кызмат кылсам – деп,
Акбермет сулуу жашыган.
Калаалуу пери шаарына,
Каарман дүмөк баштаптыр.
Дүнүйөсүн кыл көрбөй,
Ал байкуш сенин айыңан
Талак кылып таштаптыр.
Тирүүлүктөн түңүлүп,
Саргара катып өлүптүр.
Санаага бизди салсын – деп,

www.bizdin.kg

Зайып деп колдоп койбосо
Санаасына алсын – деп.
Акжолтойдун айткан сөзү:
«Баатырдан туулган шер болсо,
Манасты тарткан эр болсо,
Телегейи тең болсо,
Ичи көлдөй кең болсо,
Оюна бизди алсын – деп,
Шакек берди белекке.
Белегин берген алыңыз,
Олуядан кеп уктум,
Перизаада бейбакты
Таэжеңиз деп уктум.
Энекеңиз Айчүрөк,
Бейлеген пери кызы экен,
Атаң көкжал шер экен.
Тукуму бирге кан бирге,
Ашык болгон жан экен.
Мубарек кылып алыңыз,
Баатырлыгың чын болсо,
Сөзгө кулак салыңыз.
Дүнүйөнүн кызыгын
Бир төшөктө көрүңүз.
Бу дүнүйө эң кызык,
Тамашага батыңыз.
Таалайыңа туш болду,
Таласта чардап жатыңыз.
Сенин баатырдыгың башкача,
Арстандыгың бир канча.
Таалайың жандан бир башка,
Кабылан Сейтек сен болдуң,
Чоң атаң Манас көкжалга
Даражаңыз тең болду.
Теңелип калган себебиң,
Кызыр чалган өзүңө,
Кымбаттын баары табылды.
Периден сулуу кыз келди,
Таалайыңа туш келди,
Белгилүү тулпар мал келди.
Бирөө, береке болчу санатың,
Бирөө, казатка минсең канатың,
Астыңа келген Акжолтой,
Атасынан бабасы,
Укумунан тукуму,
Көкжалым сенин жолдошуң.
Бууданды тартуу кылайын,
Кулансур сындуу малың ал.
Азайып кетсе азыгың,
Көөкөргө куюп канымды ал,
Менин табылгыс мурас өзүмдү ал.
Булкута келген жоо болсо,
Мен дагы бурулуп найза сунамын.
Алтын башым өткөнчө,
Бурулбай кызмат кылармын.
Карарып күйгөн чок болсо,
Ажалга жааган ок болсо,
Кыйшаңы жок кылт этпей,
Өзүмдөн качып былк этпей,
Мен дагы туу түбүндө турармын.
Өткөрө шердин тукуму,
Өлгөнчө сизге мураамын.
Бул башым сапар тарткыча,
Куу дүйнөдөн кайткыча,
Бел байласа былк эткис,
Болоттон мамык казыкмын.
Кесип жесе түгөнгүс,
Сага түгөнгүс күл азыкмын.
Астыңа салсаң ак жолмун,
Атышкан жоого сан колмун.
Туу түбүнө турамын,
Туурасынан чыгуучу
Мен бир кара кашка тынармын.
Көлөкөлөп отурсаң,
Түптүү терек чынармын.
Кылыч берип жоого сал,
Кырааным Сейтек, угуп ал.
Кылычыңды кармаармын» –
Деп, ошентип Акжолтой,
Кабар берип турганда,
Кабылан туулган эр Сейтек

www.bizdin.kg

Белекке берген бадана,
Бадана тонду жамынып,
Көрөсөндүү кабылан
Көк жолборстой чамынып,
Кайран шердин оюна,
Капыстан акыл табылып:
«Кагылсам болот Акжолтой,
Карааның сенин сан колдой.
Чөлгө минсе талыкпас,
Болот туяк тулпарым.
Тепкенин жерден учурбас,
Болот текөөр шумкарым.
Артык досум Акжолтой,
Алып келдиң Кулансур.
Темир туяк, жезбилек,
Тердебеген кара көк.
Казатка каалап минсин – деп,
Кажыбай жоого кирсин – деп,
Кам жебей казат минсин – деп,
Бекитип белин буусун – деп,
Каканда кара кытайдан
Кагышып кунун куусун – деп,
Айлансам болот кебиңе!
Казанат келген периден,
Периден тулпар ат келип,
Ок өтпөс олпок тон келип,
Алда Таала Жараткан
Аябай Кудай мол берип,
Караан кылган Акжолтой,
Көлөкөң ордо сан колдой,
Мени ээрчитип жүрүп эр кылган,
Эбегейсиз шер кылган.
Сайып жүрүп бак кылып,
Бет алганды мерт кылган,
Беттешкен жерге кан кылган.
Билбегенди билгизип,
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Манастан калган мураапым,
Туйгундан калган кыраакым,
Чачылганым жыйнарым,
Үзүлгөнүм уларым.
Казат кылсам душманга,
Туу түбүндө турарым.
Бабадан калган мураапым,
Көрүнгөн иштин жайынан,
Көп душмандын айынан,
Жети-Сууда тулуп,
Жериме Талас мен келдим.
Чеч-Төбөдө туулуп,
Таалайыма сен келдиң.
Келгениң жыргал күн болдуң,
Маңдайга бакты бир болдуң.
Баатыр көкжал шер болдуң,
Бабадан калган сен болдуң.
Эми абакем Акжолтой,
Кеткенимди келтирчи,
Кемтигимди толтурчу.
Эки тизгин, бир чылбыр,
Кайран колго илгизсең.
Бабадан калган баатырлык,
Баатырлык жолуң билгизсең.
Бул ак калпактуу кыргызга,
Күркүрөгөн жоо чыкса,
Күйүттүү мүшкүл доо чыкса,
Күлүктөн тандап минели.
Күрмөлбөй жоого тиели,
Каяшаяк бергенди,
Түбүнө чейин сүрөлү.
Баатырсынса кокустан,
Басташса эле кокустан,
Төбөсүнөн басалы,
Төрт түлүгүн чачалы.
Кыйкырып кыргын бузалы,
Кыйыкка тийип катылса,
Кайрадан канын чачалы,
Кыргыздын жолун ачалы.
Төрөсүнгөн дөө болсо,
Төбөсүнөн басабыз,
Төрт түлүгүн чачабыз.
Кыйырына кыргын салабыз,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кетирбей кекти алабыз.
Акжолтой, Сейтек аты уйкаш,
Айыл конуп дос болсок,
Ачуубуз келсе жоо чапсак,
Ала-Тоо жердеп эл баксак.
Жолу жок жерге жол салсак,
Жоосунган душманга
Тополоңун тос кылсак,
Торойто чаап кол салсак,
Бирдикти койсок бир жерге,
Бизди кызыгып душман жеңеби,
Кыйырга душман келеби.
Бизге баатырлар келип батабы,
Суук боор колун салабы.
Айтканым ушул билип ал,
Акжолтой, көкжал тилимди ал.
Азыгың Ала-Тоо мына,
Арстан Сейтек мен мына,
Бук болсоң муңуң жазуучу,
Бууданың кыргыз эл мына.
Ата, баатыр Акжолтой,
Байкап уккун кебимди.
Бек, кандардын кайран эр,
Менин кычышып жүргөн жеримди,
Кайдан таптың кабылан,
Перинин кызы теңимди.
Перизаада бейбактын,
Бел байлаган бели ким,
Жердеп жаткан жери ким?
Жетип күйөө болгонго,
Анын оюн салар эли ким?
Берен энем Айчүрөк,
Белгилеп айткан кеби эле.
Ала турган жарымды,
Перизаттын тазасы,
Зайыпзаттын башаасы,
Кереметтүү кең көйнөк,
Кейпи мындай деди эле.
Ай тийгендей нуру бар,
Ал адамдан башка деди эле.
Ал айтканы чын болсо,
Кереметтүү жан болсо,
Мелтиреген бейбактын
Перилиги бар болсо,
Чын перизат ал болсо,
Бек бекитип иш кылса,
Жаман-жакшы өңүмдү,
Жабыркатпай көңүлдү,
Капка кылса жайымды,
Кулак угуп, көз көргөн,
Элге жайса даңкымды,
Миңден кылса айлымды
Кайырбаса сөзүмдү,
Капа кылба өзүмдү.
Гүлдөтүп турса шаарымды,
Чыгарып турса дайнымды» –
Сейтек мындай деген соң,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Акжолтой баатыр сөз баштап,
Көзү көргөн алыстан,
Кыйланы көргөн даанышман:
«Кызырлуу сөздү билип ал,
Кымбатым көкжал, тилимди ал.
Перизаада бейбакты
Бейлин көргөн кумардыр.
Бир берендин уулу болбосо,
Ким алган экен мындайды.
Келин зайып болууга,
Кумар болгон жүзүңө,
Кусадар болгон өзүңө,
Өзүң турмак изиңе,
Темирден тиккен тон алып,
Периден миңдеп кол алып,
Өткөн иштин жайынан,
Берен көкжал айынан,
Бек таалайын сындырып,
Балбандарын кырдырып,
Байкуш жанын тындырып,
Такыялуу бейтаалай
Тебетей кылып сындырып,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Көлүктүн баарын жоорутуп,
Көңүлүн жаман оорутуп,
Пашаа башын күң кылып,
Жибек жанын жүн кылып,
Санаасын санга бөлүптүр.
Сүйгөн түрү көрүнүп,
Калаалуу журттан бөлүнүп,
Перизаттын шаарынан
Кымбат жаңжал баштаптыр.
Мелтиреген бейтаалай,
Бек арстан эр издеп,
Зайыптын жөнү ушундай,
Дүнүйөсүн таштаптыр.
Учуп Талас жерди издеп,
Уялбай Сейтек эрди издеп,
Кызыл өңүн саз кылып,
Бадыша башын паз кылып,
Көңүлү санга бөлүнүп,
Алып учуп ашык өрт
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Баатырлык түрдө аттанып,
Балалык жайга чатылып,
Түшүндө Сейтек эр көрүп,
Айбаты аалам өрттөгөн,
Кабылан көкжал шер көрүп,
Кыдыр чалдан кеп угуп,
Киндик кесип, кир жууган
Жери Талас деп угуп,
Ак өрдө тиккен жер ошол,
Ойносоң Сейтек эр ошол,
Бул кабарды угуптур.
Жол көрүүчү жолчусуң,
Арага жүрчү элчисин,
Муну жыйып бейтаалай,
Булут минип, муз бүркүп,
Жан баспаган Кап-Тоону,
Беттеп бери ашыптыр.
Тилизим менен сыйкырчы,
Желмогузга жолугуп,
Дүнүйөсүн чачыптыр.

Чунак Сейтек айыңдан,
Бу дүнүйө соодагер
Баарысын таштап шашыптыр.
Кабылан сенин айыңдан,
Ашыкка күйүү жайынан,
Каны калып бир кашык,
Эти калып көк жашык,
Баатыр Сейтек кабылан,
Билсеңиз сизге бек ашык.
Чымын жаны чыркырап,
Чыны менен буркурап,
Өткөрө сага жете албай,
Өлүп жүргөн кезеги.
Бу дүйнөнүн кордугун
Ушул күндө бейтаалай,
Көрүп жүргөн кезеги.
Андан көрө Сейтек сен,
Ат арытып жер чалып,
Алдынан тозо баралы,
Быйыл күйүккөнүн басалы,
Гүл базарын ачалы.
Перинин кызы Берметтин,
Бек капасын жазалы.
Тоюна токсон соёлу,
Атын Бермет коёлу.
Арбагы артык даңкы күч,
Абайлап көрсөң чоң ырыс,
Адамзаттан табылбайт,
Ал Берметтей сулуу кыз.
Кызыр чалган кырааным,
Кыйындын баары кабылды,
Кыйыктанбай тил алгын.
Ат арытып алыстан,
Перизаада бейбактын,
Бетине тозо баралы.
Берендигиң билинсин,
Периден зайып келди – деп,
Көралбай душман сүйүнсүн.
Баабединин бат айтып,
Атаң көкжал жолуна

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Ай туяктуу ат айтып,
Калк дүрбөгөн дуу болсун,
Калың журтка сын болсун.
Берен көкжал ат токуп,
Берди кудай кош колдоп» –
Деп, ошентип Акжолтой,
Дайынын айтып турганда.
Чын өмүрлүк кеп Кудай
Жарым айтып турганда.
Жанында он бир жолдошу,
Байтайлактын Баймырза
Он эки миң жолборсу,
Шамдагайы болжолсуз.
Жоо айласын тапчуусу,
Айлакери, жакшысы,
Кабыланды бакчуусу,
Чындап сырын билүүчү,
Сырты суук жоо келсе,
Кажыбай жоого тийгизчү,
Баймырза жайын сураба.
Эр көкжалдын жоросу,
Ажалга орток короосу,
Чалгынды чаап берүүчү,
Оорун колдон алуучу,
Бетинен душман кезиксе,
Ойронду жоого салуучу.
Он эки эрди сураба,
Күлчоронун шайыгы,
Сулуусу күндөй жарыгы,
Булардын жайын сураба.
Кара мылтык карс этсе,
Кажыбай жоого тийчүлөр,
Каптаган өрткө кирчүлөр,
Чогоол мылтык чорт этсе,
Чочубай жоону сүрчүлөр,
Ок өтпөс тонду кийчүлөр.
Ошолордун баарысы,
Ойрондой жоого тийчүлөр.
Жолго тикчү чатырлар.
Алты ай кыргын болсо да
Акылдан танбас баатырлар,
Баатырлар жайын сураба.
Айт дегенде ат койгон,
Кыйт дегенде шарт койгон.
Бөрк ал десе, баш кескен,
Кан төк десе, жин төккөн.
Суу ич десе, уу ичкен.
Туура жини кармаса,
Куланды кууп уй кылган.
Кутан жини кармаса,
Ай-ааламды буй кылган.
Тулаңдуу жерди тутантып,
Өлөңдүү жерди өрттөгөн,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн күчтүү күчөгөн.
Кара сууга кан куюп,
Кармашкан чоң чаң салып,
Оромпой тээп ордо атып,
Оюнга мындай чын батып,
Басканы Күдүр тоо болуп,
Аңдыганы жоо болуп,
Көкжал Сейтек кабылан,
Көркөмү бийик тоо болуп,
Ошол кезде Таласка,
Беттешип бенде келе албайт.
Опсуз жолун тороптур,
Кара кытай, көп манжу
Какан чыкпай колоптур,
Кайраттуу мынча болбоптур.
Эрендин баары жыйылып,
Душмандын жолу тыйылып,
Өрүшүн душман чалбаптыр,
Беттешкен душман калбаптыр.
Кечээ кең дүнүйө шарында,
Дөөлөтү эсен барында,
Болот капка ордодон,
Каныкейдин коргондо,
Бекемдеп салган беш сарай,
Берендиги ушундай.
Дүйнөгө калган далайы,

132*

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Нардай болгон Буурулга
Бөлөктөп салган сарайы.
Бул санжыргалуу сарайдын
Сыртынан көрсөң бир сарай.
Ичине кирсең миң сарай,
Мунун сөлөкөтү бир далай.
Уютуп удай сомдогон,
Каалгасы ак калай.
Ат баккан алты мураапы,
Баймурза менен Акжолтой,
Керек болсо Сейтекке,
Акыл тапчу кыраакы.
Акжолтой мындай деген соң,
Эрендин баары күүлөнүп,
Баатырдын баары түрдөнүп,
Чатыраш ойноп утушуп,
Сабадан кымыз жутушуп,
Кыз кабарын укканда,
Кымыз ичип кызышып,
Чекеден терди сызылтып,
Дуулдаша түшүшүп,
Каркыттан арак ичишип,
Дууга кирип алыптыр.
Анан калса арыстандар,
Айыкпаган тамаша,
Чууга кирип калыптыр.
Тилегиңди бир Кудай,
Тим эле бизге берди – деп,
Бу кызыр чалган Сейтекке
Периден сулуу келди – деп,
Күркүрөгөн дуу болуп,
Бу күн жарылган чуу болуп,
Буга сулуудан келди бөөдө – деп,
Бул Сейтектин таалайы
Атасы Семетейден өөдө – деп,
Өөдө болгон себеби,
Мунун атасы көкжал Семетей
Айчүрөктү алыптыр.
Азап көрүп жоо жоолап,
Эзелки душман катылып,
Ажалга башы чатылып,
Чынкожо, Толтой эки дөө,
Кыргын болуп калыптыр.
Мунун атасы Чүрөк алганда,
Азапка журтту салыптыр.
Бул таалайы артык Сейтекке,
Перинин кызы бейтаалай,
Көлүктүн бирин жоорутпай,
Көңүлүн жандын оорутпай,
Өзү келип алыптыр.
Кааласа Кудай бергени,
Бизге Кадыр түн келип калыптыр.
Журт кубанып, эл толкуп,
Баабединин бат айтып,
Айкөл Манас жолуна,
Ай туяк деп ат айтып,
Ар сонунду көп айтып,
Козголбогон кайран шер
Жыргалдуу оюн салдырып,
Алты жылы туу калган,
Ак боз бээни алдырып.
Бээни алып келгенде,
Кулагы менен көкүлүн,
Короздой болгон кайран эр,
Кошо кармай алды эле.
Бутун буубай ал бээни,
Башын кесип салды эле.
Чоң атасы Манастын
Арбагына чалды эле.
Бала бээни чалганда,
Жолборстон калган кайрандын,
Жоронун баары чуркурап,
Кабылан Манас кайран эр,
Арбагында колдо – деп,
Жолдоштун баары чуркурап,
Эбегейсиз бул иш – деп,
Эрендин баары ээлигип,
Жебелүү күлүк эр жигит,
Адамдын баары желигип,
Жаралган бенде уулуна

www.bizdin.kg

Жакшылык мендей келсе – деп,
Каалаганды бир Кудай,
Адамга мындай берсе – деп,
Жигитте арман калабы.
Таалайына адамдын,
Ушундай периден сулуу келсе – деп,
Журт чуркурап тыйылып,
Эл басылып тынч туруп,
Аңгыраган сарайга
Жигиттерден жүгүрүп,
Ат токууга бүлүнүп,
Кабылан Сейтек көкжалдын,
Шер экени билинип,
Шамдагайы болжолсуз,
Кызматкерлер бүлүнүп.
Күң жасаган ак нокто,
Кулансурга чак нокто,
Окоро түйгөн ак нокто,
Орошонго чак нокто,
Кулансурга каттырып,
Ок өтпөгөн суп жабуу
Онжоңдогон бууданга,
Үртүктөтүп жаптырып,
Болот така, күмүш мык
Аягына актырып.
Көргөн жанды чочутуп,
Көркөмдөтүп токутуп,
Булгары тердик, көк токум,
Бууданга арта салдырып,
Мурунку өткөн Алмамбет,
Мураага калган ак каңкы
Муну ордодон алдырды.
Кайрандан калган мураа – деп,
Калайык көөнүн кандырды.
Көңүлдүн канар себеби
Ал каңкыны сурасаң,
Кырк калча менен Бөлөкбай,
Кыйыгын койбой кынаган.
Кымындайдан кураган,
Кымбаттыгын билгенде
Кыйла кандар сураган.
Сураганга бербеген,
Бермек турсун каңкыны,
Бейдаарат бенде минбеген.
Мунун алдыңкы кашы ак алтын,
Арткы кашы сары алтын.
Айсызда жарык болсун – деп,
Мингендин көөнү толсун – деп,
Ар кайсы жерин каңкынын
Аземдетип ойдурган.
Алдыңкы, арткы кашына,
Жакут менен каухардан
Чөйчөктөй кылып койдурган.
Көркөмү башка ак каңкы,
Көргөндүн көөнүн тойдурган.
Канаттуу тулпар Кулансур,
Калктын баарын чочутуп,
Алтын ээр, ай мандай
Кулансурга токутуп,
Шамдагайы болжолсуз.
Шапа-шупа ат токуп,
Аюу көчүк, ак быштан,
Арта сала тарткызып,
Туура тартып жетелеп,
Алчактата бастырып,
Бирин бири жүр дешип,
Кабылан атка мингенде
Жоо келгендей дүрбөшүп,
Алтын тон кийип барбайып,
Ак аскар тоодой дардайып,
Көркөмү тоодой көрүнүп,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Ач арстандай чамынып,
Айкөл шер чыкты аттанып,
Жоо-жарагын шайланып,
Кыны жок албарс байланып,
Уңгусу болот, учу курч,
Учунда тутам айза алып,
Кандай оюн болот – деп,
Калайык журт жарданып,

www.bizdin.kg

Беришти көздөй бет алып,
Берендер чыкты тандалып.
Суу болбоско алдырган,
Жүктөгөнү ак чатыр,
Нарга арттырган көп баатыр,
Ат баккан алты мурааны,
Алтысы бирдей тең баатыр,
Кыраандын баары жол жүрүп,
Кызга кейип баратыр.
Жол баштаган Акжолтой,
Мингени күлүк из болуп,
Будур, адыр буйгатты,
Таштап кетип баратыр.
Бууругуп жүргөн Акжолтой,
Баштап кетип баратыр.
Кээ бир жерге келгенде,
Тулпарга ойноп алышып,
Туралбай эрлер жарышып,
Кээ бир жерге келгенде,
Түп этектен алышып,
Түгөнгүрдүн баарысы
Түгөнүшө кетчүдөй,
Туткагы кармай калышып.
Качырып айза сунушуп,
Камчы менен чабышып.
Нечен будур, нечен чөл,
Эрикпей жүрүп ташташып.
Кээ бир жерге келгенде,
Укмуштуу оюн башташып.
Тамашага батышып,
Куланды көрүп атышып,
Жейрен кууп жетишип,
Көк бөрү тартып кетишип,
Көңүлдө сырын чечишип.
Туу жанымдын дүйнөсүн,
Кызык менен өткөзүп,
Ар кызыкка батышып,
Кумардын баарын жазышып.
Келе жатып берендер,
Мелтиреген талаада
Жерден улак тартышып.
Сапар жүрсө жөн жүрбөй,
Ууга кирип алышып.
Айыкпаган чоң кызык,
Чууга кирип алышып.
Ат аябай жол жүрүп,
Аламан коюп жарышып,
Бедери жок бел көрүп,
Бенде көрбөс чөл көрүп,
Бука кийик, төө кийик
Мындай укмуш жан көрүп,
Кең талаада Кең-Өзөн
Кең-Өзөн жайга конду эле,
Кең-Өзөн конок болду эле.
А жаныбар Кең-Өзөн,
Телегейи тең өзөн.
Ал өзөн жайын сурасаң,
Алма бышып көң болгон,
Алда сүйгөн жер болгон.
Булагы кайнап ташыган,
Муңканып булбул таңшыган.
Булбулдун үнүн укканда,
Мундуу бенде жашыган.
Айбандан жырткыч жердеген,
Акыры бендеден бирөө келбеген.
Кайың басып, уй кылган,
Жолборсу эгиз төлдөгөн,
Бөрү, түлкү жердеген,
Адырдан аркар чубаган,
Ар макулук кубанган.
Арал-арал сазында,
Аңыр, казы аралаш,
Аңкылдашып чулаган.
Адам көрсө кубанган,
Кимдер көргөн мындай жан,
Көргөн жан таркайт кумардан.
Катуу маймыл, көпөлөк,
Токоюнда толуптур.
Ай жаныбар Кең-Өзөн,
Телегейи тең өзөн,

www.bizdin.kg

Жер соорусу турбайбы,
Жердесе адам тунбайбы.
Балтырканы билектей,
Маралы үркүп дыр койсо,
Мала кашка инектей.
Жалбырагы жаргактай,
Карагаты бармактай,
Кескелдирик жыландай,
Ур коёну куландай.
Кумурскасы тайгандай,
Кудай Таала жырткычты
Жараткан экен ар кандай.
Арстан, мышык, жолборс, куш,
Көкжалдардын күнү тууп,
Бугуп бугу атышып,
Бугуну атып союшуп,
Күл аралаш кандуу боор
Күлүстөндөр тоюшуп.
Анда жүргөн кызыгы,
Артык сөөлөт болушуп,
Аң кызыгы мамындай.
Алты күн анда болушуп,
Бука кийик, төө кийик,
Мунун баарын атышып,
Каман чыкса алдынан
Найза менен жанчышып,
Көп кызыкка батышып.
Өтүк чечип, бут сунуп,
Кебелбей уктап жатышып.
Зың-зың этип кенебей,
Аюу менен каманды
Азуулуу душман экен – деп,
Бучкагына теңебей.
Эрдик менен шердикти,
Алда Таала кудурет
Берген экен ченебей.
Шай колдогон кайран эр –
Телегейи тең ошол.
Темир капка чеп ошол,
Акылы дайра кең ошол.
Кураалы, Кутубийиңден,
Арта туулган эр ошол.
Таң шоокумдап турганда,
Таң атардын муздак жел
Зыркырап бетке урганда,
Мына ошондо Акжолтой
Таттуу уйкудан ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Уктабай көңүл бөлүнүп,
Ач арстандай комдонуп,
Уйкудан Жолтой ойгонуп,
Шашып намаз окунуп,
Кулан жалдуу Кулансур,
Кулансурду токунуп,
Көп сүйлөбөй, тил айтпай,
Жүрөгү толкуп сүйүнүп,
Перизаада бейбактын
Келгендиги билинип,
Эрте айтканы кеч болуп,
Перизаада бейбактын
Бет алып жүзүн көрмөккө,
Эки көзү төрт болуп.
Пендечилик курусун,
Чымындай жаны чыркырап,
Толкуп көңүл бөлүнүп,
Ашык оту элестеп,
Көзгө жакын көрүнүп,
Абаң кыраан Акжолтой –
Сапар чыкса сан колдой,
Акылга дыйкан дарыя,
Алыскы менен жакынды
Ашкере билген олуя.
Билбес ишке таңылбайт,
Айдын караңгысында
Изге салса жаңылбайт.
Көзү көрөт алыстан,
Көп чогулуп сүйлөсө
Жеке чыгат жарыштан.
Дүйүм тозок, мүшкүлдүн
Түйүнүн чечкен даанышман.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кара кылды как жарган,
Капылет жерден олжо алган.
Каардуу душман мүшкүлгө,
Кайра тартпай кол салган.
Бабадан калган мураапы,
Барааны тоодой сынаакы.
Көкжал Сейтек султандын
Жел тийбеген чынары,
Агытса жанды куткарбас,
Арстандай чунагы.
Ак кууну көлдөн учурбас,
Кара кашка тынары.
Кокустан каптап сел жүрсө,
Козголбостон былк этпей,
Жоодон коркуп кылт этпей,
Туу түбүндө тураары.
Балаалуу мүшкүл иш келсе,
Бир чуңкурда өлөрү.
Өлүшө турган себеби –
Убадалуу шерт кылган,
Ушунчалык бек кылган.
Ак буудай унун чайнашып,
Болоттун мизин жалашып,
Мына минтип шерт кылган,
Убаданы бек кылган.
Кыяматтык дос болгон,
Сейтек менен Акжолтой
Айылдаш бирге конду – деп,
Ал эмес, кытайдан канча козголгон.
Баатырдыгы, шердиги
Акжолтой, Сейтек аты уйкаш,
Эгиз арстан эки шер,
Кайдан болсун кемдиги.
Жоо беттесе кыраакы,
Жортулга жүрсө мураапы.
Ааламга татыр сынаакы.
Сапар жүрсө жан бирге,
Өрүүдө жүрсө мал бирге,
Казына, мүлкү жыйгандаш,
Өлүп кетсе ыймандаш.
Ашы бирге жоролош,
Айылы бирге короолош.
Эр Акжолтой мураапы,
Ашып-шашып кайран эр
Жоо-жарагын шайланып,
Жалантып кылыч байланып,
Берениң кайда аянып,
Сыр бараңды таянып,
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Нечен түрдүү түрдөнүп,
Байлануу турган Кулунсур
Аны чечип Акжолтой,
Ашып-шашып бүлүнүп,
Алтын таман үзөңгү
Теппей ыргып түйүлүп,
Кулунсурду минди эми.
Кутпа жакты бет алып,
Абаң Жолтой жүрдү эми.
Астындагы Кулунсур
Чапчыган жери быркырап,
Коё берсе кутургур,
Учуучудай дыркырап.
Куйругу кучак, жалы бар,
Куюндай учат жаныбар,
Жараганы сүмбөдөй,
Түйүлгөнү бүргөдөй.
Чоку сөөгү кумгандай,
Соорусунда үч кошкон
Алты карыш казанды
Асып койсо тургандай.
Акжолтойдун Кулунсур
Айбандан башка мамындай.
Эки колдун арасы,
Табылгылуу колоттой.
Маңдайында кашка тиш,
Таптап койгон болоттой.
Жан баспаган Кеңөзөн,
Өзөнү жайкын дарыя,
Жерден кеткен турбайбы,
Машаяк аттуу олуя.

www.bizdin.kg

Таркабайт көрсө кумары,
Асмандаган чынары,
Кайың, терек аралаш,
Толуп жаткан булары.
Өрүк, курма, алча бар,
Биз көрбөгөн канча бар,
Катын маймыл кетелек,
Төлдөп жатат канчалар.
Бука кийик, төө кийик,
Жан бүткөндүн баары бар.
Жер үстүндө айбанат,
Жаралган экен абыдан.
Бул жарыктык Кең-Өзөн.
Телегейи тең өзөн,
Жаңгагы бышып сай толгон,
Алмасы чирип көң болгон,
Ушундай бейиш жер болгон.
Жер сонуну турбайбы,
Жердегинин баары бар,
Жердеген адам тунбайбы.
Кызыгына жан тойбойт,
Ышкылуу адам кеткисиз.
Тамашасын кубалап,
Тирүү бенде жеткисиз.
Аңга ышкылуу азамат,
Башка жакка кеткисиз.
Жан көрбөгөн далай бар,
Чоңдугу аттын башындай,
Чаян деген арам бар.
Муну көрүп Акжолтой,
Кулунсур оозун бурду эми.
Адыр-будур белеске,
Аң-таң калып турду эми.
Чардоо чардап, жер чалып,
Нечен качкан аң көрүп,
Ар бир укмуш жан көрүп,
Карап турду саргарып,
Бул сонунга таң калып.
Айбан ашпас кара кыр,
Адам ашчу бел эмес.

Бул жарыктык Кең-Өзөн –
Мындан мурун бабалар,
Жети ата көргөн жер эмес.
Көрсө кумар таркабайт,
Кең-Өзөндүн булары
Өлгөнчөктү таркабайт,
Бул өзөндүн кумары
Жаркылдап тийип күн өтпөйт,
Карарган бойдон түн өтпөйт.
Опосу жок куу дүйнө,
Бул жалгандан ким өтпөйт.
Абыдан көрүп буларды,
Абдан кылды кумарды.
Көңүлү толкуп кубанып,
Көрүп турду өзөндө
Өмүрлүккө жер кылып,
Көчүрүп келсем өз элди.
Кызык оюн, тамаша
Батпай турган жер бекен.
Кымыз ичип, кызуулап,
Жатпай турган жер бекен.
Алмабаш бараң асынып,
Аюу менен жолборсун
Атпай турган жер бекен,
Айылда алтын эр жигит,
Таппай турган жер бекен.
Өйүз-бүйүз өзөнгө,
Конбой турган жер бекен.
Эр жигиттин көөнүнө,
Толбой турган жер бекен.
Тамашага боз балдар
Батпай турган жер бекен?
Бараңдатып бугусун
Атпай турган жер бекен?
Күлүктү байлап өзөнгө,
Чаппай турган жер бекен?
Күлдүү чучук мергенчи,
Жебей турган жер бекен?
Күндө бали, жигитке,
Дебей турган жер бекен?

www.bizdin.kg

Булуттай учкан тулпарды,
Минбей турган жер бекен?
Муң таркатып эр адам,
Жүрбөй турган жер бекен?
Көргөндүн көөнү бөлүнөт,
Бул жарыктык Кең-Өзөн
Бейишке катар көрүнөт.
Дүнүйөсү чачылат,
Бул жарыктык өзөндү
Көрүп көңүл ачылат.
Өзөндүн аяк ал жагы,
Көөнө-Турпан ар жагы,
Көчүк жагы чоң Барбар,
Көмкөрүлгөн Оп дайра.
Буюрбаган бул жерге,
Суктанганда не пайда!
Көркөмү сонун Кең-Өзөн –
Телегейи тең өзөн.
Ал өзөндүн боюнда
Акыл жетпес чынар бар.
Чынарына көз салса,
Чын кызыктуу булар бар.
Бир жагында чынардын
Бозала туйгун куш тууган.
Бир жагына чынардын,
Самсаалап учкан чар тууган.
Аралаша чынарга,
Ала карга ал тууган,
Ала моюн чар тууган,
Жан бүткөндүн баары тууган.
Азуулуудан арыстан,
Атпай турган жер бекен?
Ар сонундун баарына,
Батпай турган жер бекен» –
Деп, ошентип Акжолтой,
Айбаты бар сан колдой.
Тоюна токсон союлган,
Бет алган жерден жол болуп,
Берен болуп жүрсүн – деп,
Аты Акжолтой коюлган.

Ач болоттой тапталган,
Жортуп чыкса жол болуп,
Ажалдуу душман капталган.
Атыша чыккан жоо болсо,
Аягында тапталган.
Кезиккенди кемирген,
Кабыланды кайсаган.
Камбылдыгы бир башка,
Качырып сайган айзадан,
Кулунсурду байлаган.
Атыша чыгып жоо келсе,
Астына салып айдаган.
Азууга салып чайнаган,
Алеки саат жайлаган.
Айбаты жандан бир башка,
Ал арстандын жолун байлаган.
Мына ошондо Акжолтой,
Жерди көрүп желигип,
Жеткилең көкжал ээлигип,
Кең-Өзөндүн белинде,
Кара чоку сеңирге,
Жан баспаган талаага,
Адыр-күдүр салаага,
Түбүндө Кароол-Дөбөгө
Чыгып келди Акжолтой.
Ары жагын караса –
Кез жетпеген мунарык.
Быяк жагын караса –
Акыл жеткис тунарык.
Адамдын көзү жайнаган,
Кезиксе шору кайнаган.
Күңгүрөгөн Кара-Шор,
Топурак тоодой жыйылган.
Күндө баскан жаныбар,
Күндө ырысы кыйылган,
Күйрөк чөбү жыйылган.
Күндө басса макулук,
Күндө ырысы кыйылган,
Куланы ойноп кез болсо,
Сөөгү тоодой жыйылган.

www.bizdin.kg

Көз жетпеген Кара-Шор,
Кезиккен кайтпас жаман жол.
Жан-жаныбар айбанат,
Каттабай бири тыйылган.
Эрдемсинип барган жан,
Аманат жаны кыйылган.
Бул кызыкты караңар,
Ошол жерди жердеген,
Өнөгүн жанга бербеген.
Ар жандарды тим соргон,
Аттай, төөдөй кара мал
Бирөөнөн бирин зор кылып,
Бирөөнө бирин кор кылып,
Бул утуштуу караңар.
Төмөн жаккы четинде,
Кадимки Барбар шаары бар.
Ошол шаар ичинде
Алтын, күмүш барча бар,
Дүнүйөсү канча бар.
Жанга олжосун бербеген,
Жандар басып кирбеген,
Аны көрүп Акжолтой
Жерден сонун мына – деп,
Аң-таң калды куу Жолтой.
Турган жерин сурасаң,
Кашаты бийик кара кыр,
Жаратылган дүйнөдөн
Акжолтой көрдү мындай сыр.
Күн чыгышы бу мүшкүл,
Көз байлаган түн экен,
Белеси адыр бел экен.
Ажыдаардан кара Мар
Мекен кылган жер экен.
Муну көрдү Акжолтой,
Мадериси баспаган,
Жерди көрдү Акжолтой.
Дардайган өзөн жээгине,
Акылы сандап бөлүнүп,
Астындагы Кулунсур
Тартып оозун бурду эле.
Мурунку өткөн Манастан
Белекке калган чоң дүрбү
Боосун чечпей мойнунан,
Сууруп алып койнунан,
Баатырлыгын ашырып,
Эр экени билинип,
Караган муну макулук,
Качып жандан түңүлүп.
Кулунсурдун үстүнө
Кыйшая тартып отуруп,
Кыялына толтуруп,
Жоо бөрүсү кайран эр
Акылы кылт деп кенебей,
Азап менен ажалды
Акыры өлүм анык – деп,
Бучкагына теңебей.
Айкөлдөн калган дүрбүнүн
Чыгырыгын имерип,
Чындап көзгө жиберип,
Бурамасын имерип,
Буруп көзгө жиберип,
Кең-Өзөндүн керүүгө,
Пери ойногон жерине,
Кызыгы кыйын баткалга,
Айдай сулуу Акбермет
Перизаада бейтаалай
Селкинчек салып жатканга,
Керилип карап калды эле.
Кыярып түтүн бөлүнүп,
Кызыл чатыр, көк чатыр,
Кызыл-тазыл дүнүйө
Кыз буюму көрүнөт.
Асмандап түтүн бөлүнөт,
Ар кандай кызык көрүнөт.
Абайлап көргөн адамдын
Акылы айран бөлүнөт.
Албан түрдүү сонун бар,
Кыз буюму көрүнөт.
Сейилдикке тиктирген,
Кутпа жакта ак чатыр.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Ал чатырды байкаса,
Түркүгү алтын, боосу жез,
Дүнүйөгө келди кез.
Периден келген болбосо,
Бендеден болбойт мындай кез.
Ал чатырдын кеңдиги,
Аты чатыр, ак сарай –
Асемдеткен карандын
Аңгемеси бир далай.
Оозу жалгыз бир чатыр,
Ар жагы башка көрүнгөн,
Ичин көрсөң миң чатыр.
Бир бурчунда чатырдын
Көкжал Сейтек, Акжолтой
Ордо атышып жаткандай.
Бир жагында чатырдын,
Кыз издеген эр Сейтек
Кашында он үч жигити,
Ат-тону менен баткандай.
Бир бурчунда чатырдын
Перинин кызы Берметтин,
Жанында сексен кызы бар,
Баарысы кенен баткандай.
Аны көргөн Акжолтой,
Кантип турсун шаттанбай.
Чатырдын оозу жагында,
Карап турат бакмачы,
Бакмачыны сураба.
Берметтен буйрук алчусу,
Жандап ийген жагына,
Балакетти салчусу.
Чоюнбаш алып камынган,
Адамдын мурду, кулагын
Тумар кылып тагынган.
Сыягын сырттан көргөн жан,
Акылынан таанылган.
Перизаада бейтаалай
Албан түрлүү балбандан,
Асемдетип койдурган.
Мелтиреген бейтаалай,
Шай колдогон шер болсо,
Бабасын тарткан эр болсо,
Балбандарды аралап,
Сакчы жинин каксын – деп,
Атасын тартпас жан болсо
Өз дүйнөсүн чачсын – деп,
Өрөпкүп кайра качсын – деп,
Кара көкжал эр болсо,
Канкор султан эр болсо,
Каарын төгүп бүркөлүп,
Балбандарга кирер – деп,
Уйгу-туйгу чыр кылып,
Чөл түшүрүп иер – деп,
Кыргын кылып, чаң салып,
Кабыландай кол салып,
Капшытынан тиер – деп,
Эселек коркок жан болсо,
Акыл таппай шашар – деп,
Айылын көздөй качар – деп,
Балбандан сакчы эр коюп,
Ар балааны тең коюп,
Мелтиреген бейтаалай
Перизаада бейбагың,
Бек акылман ушундай.
Беренди сынап тийүүгө,
Эрдик, шердик болжолун
Ушинтип сынап билүүгө,
Жаман болсо Сейтекти
Тиймек турмак жолобой,
Бар дүйнөсүн чачууга,
Сыйкыр окуп кубулуп,
Перини көздөй качууга,
Акыл менен ойлонуп,
Ар немени көп ойлоп,
Берен болсо Сейтекке
Тамашага баталы.
Бир табактан эт жешип,
Кезигишип көрүүгө,
Көөнүнө толсо Сейтектин
Артынан жүрүп өлүүгө,

www.bizdin.kg

Сактап жүргөн боюнда,
Аманатын берүүгө.
Баатырдыгын шердигин,
Байкап Бермет билүүгө,
Көңүлүнө толтуруп,
Андан кийин тийүүгө.
Кошолонгон бейтаалай,
Тийген айдай дүнүйө.
Кереметтүү оңбогур,
Ат арытып, жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Эрдик сыны бар болсо,
Акыры издеп келер – деп,
Издеп келсе көрөр – деп,
Жүрөгү тайкы ал болсо,
Ажалдан мурун өлөр – деп,
Өлүп калса Акбермет
Ошондо бир күн көрөр – деп.
Балбандан жыйган башкача,
Баатырлары бир канча,
Андан ары байкаса,
Сыйкыр менен койдурган.
Жолборсу эгиз төлдөгөн,
Жолуккан тирүү келбеген.
Кабылан эгиз төлдөгөн,
Кабылган тирүү келбеген.
Арыстаны эгиз төлдөгөн,
Ага кезиккен тирүү келбеген.
Эзелде адам барбаган,
Эки аяктуу бендеден.
Андан ары да бузук,
Дагы турат бир кызык.
Кылыч тумшук били бар,
Тоону чапса ураткан,
Токойго кирсе сулаткан.
Каттап адам баргысыз,
Каражолтой жыласка
Кабылган тирүү калгысыз.
Муну билип Акжолтой,
Сыйкыр менен кондурган.
Шумун билип Акжолтой,
Туталанып кенебей
Пери турсун, дөө болсун,
Акыры дайра куу Жолтой,
Бучкагына теңебей,
Жан баспаган боз дөбө
Кулунсур оозун бурду эле.
Карааны тоодой көрүнүп,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Кыздарды карап турду эле.
Короздой болгон кайран эр,
Козголбогон кайран шер,
Перизаада бейбактын,
Мелтиреген кымбаттын,
Сапар жүрүп тоо өтүп,
Салмагы кыйын суу кечип,
Издеп келген экен – деп,
Таштаптыр пери базарын.
Эр Сейтектин айынан,
Издептир кумар жазарын.
Көкжал шерге жете албай,
Кең-Өзөн бойлоп конуптур.
Ашык өрттүн айынан
Нечен балбан түмөн кол,
Жолдо талкан болуптур.
Ушул издеп келген долуга
Жыргалдуу күнүн көрөр – деп,
Ушунтип жүргөн Берметке,
Эр Сейтек эмне кылып берер – деп,
Айзаны жерге жанчтады.
Алапайын таба албай
Каңгырыгы бек түтөп,
Кыбыланы баштанып,
Кулунсур оозун бурду эле.
Куу дүйнөгө таң калып,
Куу Жолтой карап турду эле.
Перизаада Акбермет –
Алты кыздын кенжеси,
Ак жибектен чатыры,
Аялдыгы болбосо

www.bizdin.kg

Ургаачынын батыры.
Он бир жашка келгенде
Атасы султан өлүптүр.
Он үчкө жашы келгенде
Жаан кечип, уу уулап,
Жаа тартып ойноп жүрүптүр.
Он төрткө жашы келгенде
Ай-ааламдын баарысын
Акыл менен билиптир.
Он бешке жашы келгенде
Периге султан кан болуп,
Атасынын алтын так
Ошондо Бермет миниптир.
Он сегиз жашка келгенде,
Пашаалык доор сүрүптүр.
Калың пери, көп журтун
Былкылдатпай билиптир.
Атасы султан бадыша
Асыл таштан салдырган.
Алтындан салган ак сарай,
Айнегине салдырган,
Көргөндүн көөнүн талдырган.
Каухардан төөдөй чөгөрүп,
Көсөөсүнө жандырган.
Уктаган кирип ичине,
Таң мезгили болгондо,
Ар нерсе кирип түшүнө,
Уйкуда болуп убара,
Кез болуптур түшүндө,
Жылаңайлак дубана.
Дубана туруп муну айтып,
Адам укпас шумду айтып.
Ук деп менин сөзүмдү:
«Нур перинин кызысың
Ургаачынын узусуң,
Айткан сөзүм билип ал,
Акбермет балам, тилимди ал
Алданын жазган буйругу,
Абайлап көргүн өзүмдү,
Абайлап уккун сөзүмдү.
Чындык кептин укуму,
Чын кыргыздын тукуму,
Түп атасы Түмөн кан,
Түбүнөн Кызыр даарыган,
Башкы атасы баары кан,
Баарысын Кызыр даарыган
Ырысы толкуп көл болгон,
Башынан көкжал шер болгон.
Алышып душман жоо чыкса,
Кара жер менен тең болгон.
Кара кытай, манжунун,
Жүрөгүндө айыкпас
Кесик оору чер болгон.
Атасынан бабасы
Ордо бузуп, олжо алган,
Аалам журтка кол салган.
Кармаса канын төгүшкөн,
Катыла чыккан душмандын
Жазасын колго беришкен.
Тоону уратып, түз кылган,
Тобокел деп иш кылган.
Тайчандарды бош кылган,
Тосо чыккан душмандын
Тополоңун тос кылган.
Сапарга жолду баштаган,
Жоболоңдун тукумун
Аты Кызыр олуя
Жолдош болуп коштогон.
Мунун бабасы Манас айкөл шер –
Алты шердин кенжеси.
Ааламдан чыкпайт андай эр.
Эрдигине оолуккан,
Касиеттүү чоң болуп,
Кадыр түндө жолуккан.
Кызыр даарып кез келип,
Кыраандын баары тез келип,
Кармашкандар кор болуп,
Кара жерге кагылган.
Касиеттүү Манаска
Кайыптан акыл табылган.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Каарына чыдабай,
Какандын журту багынган.
Ошо Манас тукуму,
Ойлонуп, кызым, ук муну.
Жолборс Манас тукуму,
Жорукту, кызым, ук муну.
Бул кабылан Манас тукуму,
Капа болбой ук муну.
Кыямат-доор болгончо,
Сайылып чынар тал өтпөйт,
Зарланган бойдон жан өтпөйт,
Арманда болуп ким кетпейт.
Жараткандын буйругу,
Ушундай сенин жүйөң – деп,
Кыяматтык күйөөң – деп,
Тар төшөккө жатышчу,
Тамашага батышчу,
Тириликте жан бирге,
Бой денеде кан бирге,
Бу дүнүйө эң кызык.
Оюн салсаң мураапың,
Сейтек сага тең ушул,
Сени алуучу эр ушул.
Олуянын кебидир,
Сени менен тукумдаш,
Өзү пери жээнидир.
Баатыр Сейтек эр көкжал,
Баркыңа жетчү шер ошол,
Бала жолборс эр ошол.
Ушундай сенин жүйөң – деп,
Кыяматтык күйөөң – деп,
Алтындаган керебет
Асемди сүрүп жаткын – деп,
Кыяматтык мураам – деп,
Кол кармашчу кыраан – деп,
Сен тийүүчү күйөө ушул
Бой келбетин сынар – деп,
Алып келип караса,
Толкуну дайра шарындай,
Эр кайраты момундай.
Көзүнөн чыккан ызгаары,
Көөрүктөгү жалындай.
Кең көкүрөк, чалкак төш,
Көркөмүн көрсөң момундай».
Кудай билет чын болсо:
«Оң жагына карасам,
Кара чаар кабылан.
Казыр жара тартчудай,
Анысы жатат комдонуп.
Сол жагына карасам,
Кара кулак арстан.
Октос берип чамынып,
Мунусу укмуш баарынан.
Маңдайынан карасам,
Алп кара куш түрү бар,
Бир өзүндө Сейтектин
Миң балбандын сүрү бар.
Бетинде чаар жолборсу,
Берен Сейтек кабылан
Бендеден мындай болбостур.
Кылычын кармап колуна,
Кыркасы менен какчайып,
Кырып ийчү эмедей,
Акырайып, чакчайып,
Жанында кырктай жолдошу.
Айзалуусу алтымыш,
Ай-ааламды күткүдөй.
Ачууланса буларды,
Адам турсун оп тартып,
Тим эле арстандын канын ичкидей.
Каарланса кара жер,
Калыңынан түткүдөй.
Каарын төксө ааламды,
Карап кылып кеткидей
Бөлүнүп турган санааны,
Түшүмдө көрдүм түйшүк иш,
Түгөнсүн көрдүм мындай күч.
Көзү күйгөн чок экен,
Ай-ааламда жок экен.
Бой келбетин көргөндө,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Чымындай жаным чыркырап,
Чымындай жанды үрөтүп,
Чын Кудайдан тиледим.
Жалындап күйдү ашыктык,
Этим тургай сөөгүмө,
Көркүн көрүп таң калып,
Көкжалым деп зарланып,
Көркүн көрүп отуруп,
Көрүп муну таң калып,
Караанын көрүп зарланып.
Эрте айтканым кеч болуп,
Эр Сейтекке жетүүгө
Эки көзүм төрт болгон.
Кең көкүрөк, нур жүздүү,
Келбети жандан бир башка,
Келген экен жаралып,
Адамдын түрү бир башка.
Өзү он сегиз жашында,
Баатырлык түрү башында.
Алтын кемер курчанган,
Айдай бетин нур чалган,
Күлкүсү жок сумсайган.
Көрсө көңүл бөлүнгөн,
Көзүмө мураа көрүнгөн,
Толкуп кетсе кокустан,
Тоо туруштук бергисиз.
Тобокел Алда өзү Асан,
Жанына бенде келгисиз.
Көрүп көңүл бөлүнүп,
Бирикчү теңим ушул» –
Деп жалынып Кудайга,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Санаа сандап биринде п.
Эт жүрөгүм зирилдеп,
Түшүмдө көрдүм мындай жан,
Кашыкча калды биздин кан.
Карып кетти биздин ал,
Жана түрүн байкасам.
Көңүл толкуп бөлүнүп,
Көркөмү жандан бөлүнүп,
Көк аскар тоодон көрүнүп.
Асман менен көгүндүн
Тирөөсүндөй көрүнүп.
Айың менен күнүндүн
Бир өзүндөй көрүнүп.
Бул аңырайган капчалдын,
Алкымынан бүткөндөй,
Айдап жүрүп ааламды,
Арка болуп күткөндөй.
Мунусун көрүп таң калып,
Кудайдан сурап зарланып,
Бек кылып Кудай бергин – деп,
Тилек кылып сабылып.
Уктап жаткан түшүмдө,
Ашык отко кабылып,
Аң-таң калып турганда,
Жаныма келди төрт адам.
Төртөөнүн жөнүн сурасам,
Бирөө Кыдыр, бирөө Бак.
Бирөө Ырыс, бирөө Акыл,
Бет алдыма турганы.
Периге пааша кыз элең.
Ушундай болот жүйө деп.
Кыяматтык кет Кудай,
Бакты ачар көкжал күйөөң – деп,
Кара көкжал Сейтекти,
Кокустан алып келди эми.
Кутпа тартып нике окуп,
Баланы колго берди эми.
Кадырлуу түнгө батам ак,
Жүрөк күйүп, кан кайнап,
Көңүл толкуп, көз жайнап,
Тар төшөккө жатыпмын.
Бул дүйнөнүн кызыгын,
Ошо түндө көргөмүн.
Ураан дайың кайда – деп,
Асыла сурап берипмин.
Сурап турсам муну айтып,
Албан-албан кеп салды:
«Бабам баатыр Манас – деп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кабылан атам Семетей,
Семетейдин Сейтеги –
Себилдүү тонум сексен төрт,
Серп алганым кызыл өрт.
Жердегеним кең Талас,
Чоң атам көкжал эр Манас».
«Ордо тиксең жер ошол,
Издеп тийсең эр ошол.
Таштап эски жериңди,
Изде Сейтек теңиңди,
Таап ал ушул жериңди.
Убара болуп жол тартсаң
Тилегиң берер Жараткан.
Мурадыңа жетерсиң,
Издебесең кокустан,
Чымындай жаның чыркырайт,
Сай-сөөгүң быркырайт.
Көп мүшкүлдү көрөсүң,
Ай, Сейтек деп, жан күйүп,
Кусадар болуп күйөсүң.
Барса-келбес чын жайды,
Бачымыраак көрөсүң».
Муну айтып төрт кыраан,
Көздөн кайым болгону,
Койнума нур толгону.
«Тамашага батышып,
Тар төшөккө жатышып,
Жыргалдуу түн болжошуп,
Жыргап жаттык ойношуп.
Чоң кызыкка батканда,
Сейтек менен экөөбүз
Бир төшөккө жатканда,
Ойногону курусун,
Чындыгы жок түш экен.
Кайыптан кайгы табылган
Жараткандын иши экен.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык киргенде,
Чыгыштан асман кашкайып,
Уйкудан кеттим ойгонуп,
Койнумда жаткан баатыр жок,
Ушундай экен дүйнө бок.
Кубулуп кетип калгандай,
Кудай Таала жандарды
Жаратат экен ар кандай.
Кайсалап жерден табалбай,
Кара жанды кыюуга
Кантейин дүйнө кол барбай,
Күйүп-жанып чок болдум,
Туталанып от болдум.
Өз жанымды кыя албай,
Өлүмгө жакын токтолдум.
Эстесем жүрөк чок болуп,
Ачып көздү-жумганча,
Койнумдагы шерим жок.
Күн астымда боз болуп,
Күлүстөн шерден айрылып,
Күйүтүм ичте козголуп,
Ай асманда боз болуп,
Арстан шерден айрылып,
Арманым ичте козголуп,
Дүйнөгө чыдап тура албай» –
Деп, ошентип чыркырап,
Жанында жөөкөр кызына,
Айтып турду буркурап.
Жан жолдошу Күлайым –
Түйүнүн чечер сырдашы,
Мелтиреген бейбактын
Өлүм орток курдашы,
Бирге басып, бир турган,
Тилеги бирге курдашы.
«Күндөй досум Күлайым,
Ырдап айтам ырымды,
Ымандай айтам сырымды.
Арстан Сейтек айынан
Ичим жалын чок болом.
Санаасын тартып Сейтектин,
Сары ооруп, жок болом.
Тирүүдө жаным кайгырдым,
Бадышалык тагымдан,

www.bizdin.kg

Ажырадым шаарымдан.
Күйдү өрттөнүп жүрөгүм,
Куурайдай болду билегим.
Кирпик кагып түш көрсөм,
Кумар жазып бир жатып,
Уктасам бирге жүрөмүн
Жанымда жок ойгонсом,
Бул мүшкүлгө күйөмүн,
Саргайып боздоп кайгырам.
Кабылан эске түшкөндө,
Түн уйкудан айрылып,
Күлайым дос, кебимди ук,
Түндө жатып түш көрсөм,
Түшүмдө сонун иш көрсөм,
Көргөн түштүн белгиси –
Ач арыстан кабылан,
Тегеректеп алыптыр.
Бул эмне болучу,
Бул түшүмдү жоручу?
Оң койнумдан ай чыгып,
Сол койнумдан күн чыгып,
Эки эмчекке ортого,
Жүрөгүмдүн толтого,
Айкалыша батыптыр.
Оң колума күн кармап,
Сол колума ай кармап,
Бу кызыкка батыпмын,
Коё бербей бек кармап.
Сапардан жаным кайтканча,
Маа керексиң деп кармап,
Алышып ойноп жатыпмын.
Бул эмне болучу,
Бул түшүмдү жоручу?
Жана көрдүм бир сонун,
Ойлосом кызык эң сонун.
Каймана жерден кабылды,
Он эки болот ач албарс,
Мураага булар табылды.
Ылайыктуу кайран курч,
Оң колума кабылды.
Кармай калып шилтесем,
Кара таш каршы жарылды.
Он эки болот бек болду,
Шилтеген жагы өрт болду.
Бул эмне болучу,
Бул түшүмдү жоручу?
Шилтеген жагы өрт болду,
Жана кызык мунум бар,
Жаным бирге угуп ал.
Кайманадан кабылды,
Колго конбос буудайык
Белиме боосу чалынды.
Ал буудайык кушумдун,
Арышы кенен барбаят,
Туш-туш жагы калжаят.
Кара болот текөөрү
Кармаган жерден кан жаят.
Колума муну кондуруп,
Кызыл жээрде ат минип,
Кымбат торко тон кийип,
Кырааңга чыгып жер чардап,
Томогосун алыпмын.
Толгон жаргыч азылуу,
Тополоңду салыпмын.
Арстан менен аюуну,
Алдырып кардын жарыпмын.
Азуулуунун баарысы,
Айласы кетип чыркырап,
Баарысы кетип жоголуп,
Быт-чыт болду быркырап.
Качырганын эзиптир,
Кармашканын жеңиптир.
Алдырбай качып жүргөнү,
Жүрөгү түшүп өлүптүр.
Табылбас кыраан ушул – деп,
Куттуу болсун кушуң – деп,
Аксакал эшен буркурап,
Калктын баары чуркурап,
Батасын мага бериптир.
Жан-жаныбар макулук,

www.bizdin.kg

Колго алып жүдөттүм.
Эр жагыма бек байлап,
Туурума түнөттүм.
Кызыктуу мындай иш көрдүм.
Ушундай кыраан куш көрдүм.
Бул эмне болучу,
Бул түшүмдү жоручу?» –
Мына ушинтип Акбермет,
Түшүн айтып түгөттү.
Ырастап чындап кеп баштап,
Ушул сөздү урду эле.
«Баатыр Сейтек эр үчүн,
Бадыша башым кор болду,
Балаалуу мүшкүл чоң болду.
Күндүз жүрсөм күлкүм жок,
Түндө жүрсөм уйкум жок.
Каным калды бир кашык,
Этим калды көк жашык.
Он сегиз миң ааламды
Бүтүн бойдон кыдырсам,
Көкжалды таап аламбы,
Көрө албай Сейтек баатырды
Көз ачык бойдон каламбы?
Түндө көргөн түшүмдө
Көңүлүм толкуп кан кайнап,
Көп кубанычтуу түш көрдүм.
Кабылан колго тиет – деп,
Каалаган өзү келет – деп,
Жан жолдошум Күлайым
Бек кубанып турамын».
Ошол кезде Күлайым
Бөлөкчө мундуу үн менен,
Жайнаган гүлдөй түр менен,
Акырын айтып бек таштап,
Коё бер деп сөз баштап:
«Перизаада бейтаалай
Мээнетти тарттык бир далай.
Акылдын баары үрөлүп,
Айланын баары түгөнүп,
Тынбай алты ай жол жүрүп,
Сапарың алыс жол жүрүп,
Дүйнөнүн кымбат жайынан,
Кара көкжал кабылан,
Кайран Сейтек айынан.
Көлүктүн баары жооруду,
Көңүлдүн баары ооруду.
Таалайга көргөн түшүңбү,
Оңдоптур Кудай ишинди.
Кез кылат экен кудурет,
Түшүндө көргөн кишинди.
Уктап көргөн түшүндө,
Ач албарс болот байлансаң,
Ал Кудайдын бергени.
Уламадан уласак,
Билгичтерден сурасаң,
Бабасы Манас көкжалдан,
Белекке келген мурааны,
Бек акылман кырааны,
Жаралган бенде уулунан,
Жалгыз чыккан сынаакы.
Коюлган аты Акжолтой,
Жеке башы сан колдой.
Кеңдиги чалкак колоттой,
Өткүрлүгү болоттой,
Тилегиң Кудай бериптир.
Арманыңдын абасы,
Кабарга Жолтой келиптир.
Байланса буудан мамыңа,
Миниптирсиң тагыңа.
Таш кесер болот ач албарс,
Кайнагаң Жолтой өзү экен,
Кабылан келген кези экен.
Кечүүнө кербек конуптур,
Сенин керектүү жолуң болуптур.
Багыңды Кудай ачыптыр,
Басташкан душман качыптыр.
Уйкудан эже, түш көрсөң,
Базардан багың ачылды.
Ырыскы, бакты-дөөлөтүң,
Жер жүзүнө чачылды.

www.bizdin.kg

Таалайыңа кез кылсын,
Кабылан Сейтек баатырды
Уктап жатып түшүндө,
Бейишке катар жай көрсөң,
Сол колуңа күн кармап,
Оң колуңдан ай көрсөң,
Тилегиңди бериптир,
Тиктегениң келиптир.
Базарлуу багың ачылып,
Бу кызыкка батканың,
Арстан Сейтек өзү экен,
Ай кучактап жатканың.
Сол колуңда күн болсо,
Ырыскы бактың жөнөптүр.
Отко салса күйбөгөн,
Кылыч чапса өтпөгөн,
Сууга салса батпаган,
Бендеге акыл бербеген,
Алышып адам жеңбеген,
Ак болоттун тукулу –
Кабылан Сейтек ал баатыр,
Болот экен эжеке,
Эркектин сенден тукуму.
Чын буудайык куш көрсөң,
Азуулууну алганы
Ааламга бүлүк салганы,
Арстан Сейтек өзү экен.
Кызыл жээрде ат минсең,
Кымбатың Сейтек буюму.
Тамашага батасың,
Таалайыңа туш келди,
Талыкпай ойноп жатарсың.
Салбурун чыгып куш салсаң,
Арстан, жолборс бүт алсаң,
Көрүнөө Кудай бергени,
Көкжалың Сейтек эмеспи
Азуулуунун баарысы,
Асылынан шашканы,
Ызгаарына чыдабай,
Ар тарапка качканы,
Болот экен эр Сейтек
Атасындай арыстаның.
Арбагы колдоп Манастын,
Душманынын баарысын,
Бала Сейтек кабылан
Таманына басканы.
Кара кытай, манжуга,
Каканга барып кол салат,
Бир кезде болот экен дастаны».
Перизаада Күлайым,
Түшүн жоруп турду эле.
Түшүңүз туш келсин – деп,
Айтып сөзүн жыйды эле.
Муну уккан соң Акбермет,
Баабединин бат айтып,
Арбагына Манастын
Ай туяк деп ат айтып,
Айры өркөчтөн төө союп,
Желини карыш бээ союп,
Алтын кулак жез казан
Эт бышырып кайнатып,
Ар дүйнөсүн жайнатып,
Жүрөгү толкуп, ич кайнап,
Ээлигип Бермет туралбай,
Кечээ пери шаарынан
Ала келген айылынан,
Өзү менен курбудан
Өткөрө жал-жал сулуудан,
Бирге басып бир ойноп,
Кеп билүүчү сырдаштан,
Ала келген эмеспи.
Сексен келин, сексен кыз,
Муң чечүүчү курдаштан.
Бели тутам бети айдай,
Мелтиреген сулуудан,
Бетинде меңсиз нурлуудан.
Көрсө көңүл бурулган,
Көркөмү башка курулган.
Теңи келин, теңи кыз,
Оймок ооз, бото көз,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Оозунан чыкпайт жаман сөз.
Ошолорду көргөн жан,
Акылдан танып болот нес.
Жан жаралган ар кандай,
Суусуну кумар кангандай.
Беттери шамдай бедер жок,
Перинин кызы Берметте
Нелер бар да, нелер жок.
Эркечтенген бейбактар,
Эмчеги чаян түйгөндөй,
Тирүү жан эмес тиктесе
Өлгөндүн жаны күйгөндөй.
Чачтары кундуз түрүндөй,
Таалайлуу адам сүйгөндөй.
Колу тийсе туш болуп,
Адамдын көөнү куш болуп,
Коопсуз ойноп күлгөндөй.
Бадыша Бермет бейтаалай,
Акылы артык бир далай.
Бурула карап уздарга,
Буйрук кылган кыздарга,
Бул кыздар карап турбастан,
Буйругун эки кылбастан,
Көргөндүн көөнүн кандырып,
Көз жетпеген чынарга,
Алты алтыдан тең кылып,
Селкинчекти салдырып,
Оюн-күлкү дуу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Ар кайсысы алтыдан
Катар басып жанаша,
Параткеси момундай,
Карасаң кызык тамаша.
Көргөнгө көңүл кандырып,
Көк ала тайпак белестен,
Бак килемин жаптырып,
Килемдин жайы момундай:
Жакут менен каухардан
Чекесине төктүргөн.
Жаткан төөдөй сары алтын,
Сүрөт кылып жолборстон,
Ортосуна чөктүргөн.
Кымбат баа, көп асыл,
Кымбаттатып салдырган.
Тиктеп турган кишини,
Тим эсинен тандырган.
Ошол өңдүү килемден,
Албан түргө салдырган.
Ал килемдин дал өзүн,
Кырк жылы сууга чылаган.
Кыярып чети оңбогон,
Сексен күн нымга таштаса,
Чекеси чирип койбогон.
Аюу, жолборс терисин,
Асемдеп талпак салдырган.
Бейлеп карап тургандын,
Мээр кумарын кандырган.
Мелтиреген бейбактын
Дүйнөсү көздү талдырган.
Боруму канча бөлүнгөн,
Талаага жайган дүнүйө
Нур бейиштей көрүнгөн.
Перинин кызы Берметтин
Дүнүйөсү төгүлгөн.
Калк каалаган төрөдөй,
Жайган экен дүйнөнү,
Мейман келчү немедей.
Баасы кымбат асылдан
Жыйган экен дөбөдөй.
Дүнүйөнү бейбакка,
Берген экен ченебей.
Сексен келин, сексен кыз
Оромпой оюн салышып,
Селкинчек тепкен ызы-чуу,
Болуп жатат дуу-дуу.
Мына ошондо эр Сейтек,
Короздой болгон кайран шер,
Козголбогон көкжал эр.
Колун алып аркага,
Чарчагансып үшкүрүп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Мурааларын чакырып,
Ат баккан алты берени,
Жоого балбан ыктуусу,
Жолдоштордун мыктуусу,
Каяшаяк бергенди
Кармап жерге ыктачу.
Айт дегенде кайт болгон,
Айзага камбыл жоо сайган,
Жасайылын байланган,
Уу дегенде чуу коюп,
Тегиз жоого камданган.
Канга тойбос эрендер,
Кабылан көкжал берендер.
Жаа тартуучу ыктуудан,
Жазбай атчу мыктуудан.
Арстандын түрү ар башка,
Ааламды бузчу көйгашка,
Көйгашкалык себеби:
Эркек карап, катын тууп,
Чын жаралып келгендер,
Тиктегенин буй кылып,
Жазасын колго бергендер.
Каптаганы камандай,
Жойлогону жолборстой.
Буйрук келсе Сейтектен,
Чаңды чаңга бурчулар.
Кара мылтык карс этсе,
Кажыбай уруш кылчулар.
Каптаган кандуу сел келсе,
Туу түбүндө турчулар.
Чогоол мылтык чорт этсе,
Чочубай уруш кылчулар.
Толкуган душман жоо келсе,
Бири миңди кырчулар.
Тоо каптаган сел болсо,
Тоскоол берип турчулар.
Торой чалып чалкалап,
Жолборсту жерге урчулар.
Көкжал Сейтек буюрса,
Суу ич десе уу ичкен,
Бөрк ал десе баш кескен,
Кан төк десе жин төккөн.
Кыраандар жоого тийчүдөй,
Кызырканса баарысы,
Кыйлага жетет каруусу.
Чоң чолпондой болжолу,
Таалайлуу Сейтек баатырдын
Баары баатыр жолдошу.
Жаратылган ыктуусу,
Жабыла жоого чыкчусу.
Жана жини кармаса,
Жаянды жерге тыкчусу.
Чымчык учпас кең сайдан,
Чымылдак тартып жез найдан,
Суу жүрбөгөн кең сайдан,
Сурнай тартып жез найдан.
Ошо кезде көкжал шер,
Шай кашканын баарысы
Жаадай учуп жүгүрүп,
Жаны калбай түңүлүп,
Жалпы көкжал берендер
Шамдагай түрү көрүнүп,
Баатырдан жардык келген соң,
Барса жол бүгүн болор – деп,
Ичке жолду төтөлөп,
Айбандын чоңу Кулансур,
Алып келди Сейтекке,
Алты балбан жетелеп.
Окоро түйгөн ак нокто,
Кулансурга чак нокто,
Көкүлүн сылап каттырып,
Ок жаңылып кетпеске,
Чопкут менен жаптырып,
Алыстап сапар жол жүрсө,
Туяктын курчу кетер – деп,
Болоттон така кактырып,
Кулансур жайы момундай.
Онжоңдогон карандын
Кебетеси ушундай.
Периден келген беренге,

www.bizdin.kg

Белгиленген көп жерге,
Көргөн адам таң калган.
Көркөмү башка айбандан,
Камыштын башын чалбаган.
Качырганда Кулансур,
Кайыпка жетпей калбаган.
Жекендин башын чалбаган,
Желиккенде союлгур,
Жейренге жетпей калбаган.
Куурайдын башын чалбаган,
Кубаласа союлгур,
Куланга жетпей калбаган,
Тотудай куйрук чубалган,
Токсон кулач аң келсе,
Токтолбостон чураган.
Болоттон така кыналган,
Боору жазы, мойну кез
Болумдуу күлүк ушу – деп,
Желкайып атам сынаган.
Кар жилигин карасаң,
Кагып койгон казыктай.
Май соорунун кеңдиги,
Жайлоонун башы жазыктай.
Чаткаягы колотой,
Жаагы куйма болоттой.
Тээп, тиштеп чунаңдап,
Жакындатып жанына
Жат кишини жолотпой,
Желип кетсе жээрендей,
Шайбыр басып ойноктоп,
Жүрүп кетсе түлкүдөй.
Куйругу санга таралган,
Таалайы артык көкжалдын
Бактысына жаралган.
Артык тулпар Кулансур,
Ат баккан алты мураапы,
Зыян болчу немедей.
Жакындабай чочунуп,
Ошенткен сайын Кулансур
Жолборстой кулак жапырып,
Конжоңдогон союлгур,
Жерди чапчып сапырып.
Балбандардан үч баатыр,
Суулугунан бек кармап,
Кутпага моюн бурду эми.
Бир баатыры белендеп,
Тердигин даяр кылды эми.
Булгаары тердик токумду
Буластатып баатырлар
Кулансурга токуду.
Алдыңкы кашы чылк алтын,
Арткы кашы чылк күмүш
Алтын каңкы, ай маңдай,
Кашына каухар чөгөргөн,
Көргөнгө панар жаккандай.
Куп жасалган ак каңкы
Кулансурга чак каңкы.
Төш олоңун бек тартып,
Чап олоңун бош тартып,
Эңкейишке жүрөр – деп,
Эңиш жерге кирер – деп,
Энтелеген баатырлар
Куюшканын кыскартып,
Шердин шер экени билинип,
Туура тарта бергенде,
Алтын таман үзөңгү
Тээп ыргып түйүлүп,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Көрөсөндүү кайран эр
Көк аскар тоодой көрүнүп.
Аттангыла бачым – деп,
Арстандарын шаштырып,
Аркардай болгон Кулансур
Алчактата бастырып.
Күңгүрөнүп, күүлөнүп,
Өзүнөн өзү сүйлөнүп,
Күүгүмдө туман көздөнүп,
Балаа жолборс төштөнүп.
Сынап айтып бек таштап,
Сырттандарга кеп баштап.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Маңдайга жазган мураалар,
Баарысы арстан кыраандар,
Мен көргөндү көрдүңбү,
Мен билгенди билдиңби?
Кечээ алдыга салсам акжолтой,
Атышкан жоого сан колдой.
Ат арытып, жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Чалгынга кеткен кан абам,
Кечүүнү чала конгон бейм.
Керектүү жолу болгон бейм,
Жортуулду жолго канган бейм.
Жолборстун жолу болгон бейм,
Эр эле абам оолугуп,
Эсепсиз жолу болгон бейм.
Кадыр түнгө жолугуп,
Каалаганы кабылып,
Касиеттүү абама
Кара көз сулуу табылып,
Тулпарлар оозун бурбайбы.
Касиеттүү абама,
Баатырлар жетпей тынбайбы» –
Ушинтип Сейтек кабылан,
Бүгүн айлык жерди басалы,
Ат кабагын ачалы.
Ардактап жүргөн тулпарлар
Коёндой жону булкулдап,
Аркардай бели түзөлсүн.
Чаң асманга бөлүнсүн,
Бүгүн тулпардыгы көрүнсүн.
Желиккен жүрөк басылсын,
Тулпарлар көзү ачылсын.
Туягы тийген кара таш,
Чакмактай болуп чачылсын.
Аягында даңканы,
Асманга октой атылсын.
Мен каарланам көр дегдеп,
Каалаганым Акбермет,
Тынчым кетет көп дегдеп,
Тилегеним Акбермет,
Жаштык жан жүрөк бөлүнөт,
Мага бир түнү миңдей көрүнөт.
Көрүнө турган себеби,
Бет алган дартка жолугуп,
Акбермет келет деп уктум.
Айланайын абакем,
Мен Акжолтойдон кеп уктум.
Сан дүйнөсүн сапырып,
Саат болгон периге
Таштап келди деп уктум.
Залалы кеткен дүйнөсүн,
Перилерден кол алып,
Баштап келет деп уктум.
Атаганат Сейтек – деп,
Арман кылып боздогон,
Сөзү калды деп уктум.
Балбанын өрткө күйгүзүп,
Өзү калды деп уктум.
Алтын менен каухарды,
Тиздеп чыкты деп уктум.
Арманын айтып Акбермет,
Наалыш кылып Кудайга
Аташканым Сейтек – деп,
Издеп чыкты деп уктум.
Бадыша башын бейтаалай,
Карып кылды деп уктум.
Кайран башын Сейтекке,
Зарып кылды деп уктум.
Сапар тартып жол жүрүп,
Арада нечен чөл жүрүп,
Тоңурайган тоону өтүп,
Тоңкойгон ылдый коо кечип,
Жаратканга зар этип,
Тирүүлөй көрдүк көрдү – дейт,
Менин тилегеним келди – дейт.
Ашыктык өрттөн өлөмүн,
Акылды санга бөлөмүн.
Мээнет тарткан бейбакка
Перинин кызы ынакка,
Айланайын арыстандар,

www.bizdin.kg

Мен эмне кылып беремин» –
Деп, ошентип күүлөнүп,
Куу дүйнөгө сүйлөнүп,
Ашыкка шашып кайран шер,
Анталаңдап курган шер
Акжолтой ашкан бел менен,
Дардайган өзөн жер менен.
Арстан Сейтек кабылан,
Атасын тарткан кайран эр,
Кулансур оозун бурбастан,
Ашыкка аңкап турбастан.
Кең-Өзөндү жакалап,
Кулунсур изин бакалап,
Астына баштап эр Сейтек
Адырга салып адуулап,
Астындагы тулпарды
Абайы менен жабуулап.
Санжыргалуу жол чалып,
Сапарга кеткен Жолтойдун
Сары изине чөп салып,
Кубангандан жол чалып,
Куп мураасы Жолтойдун
Куу изине чөп салып,
Өзөн бойлоп бакалап,
Сан буудандын баарысын
Болот менен такалап,
Кез келген жерде жарышып,
Булуттай учкан сан буудан
Оозу менен алышып,
Кээ бир жерде буудандар
Арышын керет ченебей.
Аманат жандан түңүлүп,
Аңгекке урчу немедей.
Кээ бир жерге келгенде,
Учкан куштай зыпылдап,
Туура тарткан кайыпка,
Кууп жетип жакындап,
Кээ бир жерге келгенде,
Куюндай чаңы бурулуп,
Табына келген буудандар,
Жаадай учуп зыркырап,
Ташка тийсе туягы
Таруудайдан быркырап,
Тулпарлык сыны көрүнүп,
Туягы тийген жерлери
Кемегедей бөлүнүп,
Эриккен эрлер жарышып,
Үзөңгүлөр кагышып,
Табына келген буудандар
Тарттырбай колу карышып,
Алдындагы Кулансур
Жаа тарткандай дыркырап,
Булуттай учуп буркурап,
Көрүнгөндө көрүнүп,
Көрүнбөсө түгөнгүр
Көк түтүн болуп бөлүнүп,
Араандай оозу ачылып,
Жерден топо чачылып,
Жан-жаныбар макулук
Даңканына басылып,
Аркардай арыш ачылып,
Үстүнө минген көкжалдын
Умачтай көзү ачылып,
Жеткен буудан экен – деп,
Дарт кумары жазылып,
Булуттай учса бууданы
Көкжалдын көөнү ачылып,
Көңүлү толкуп бой кетип,
Көңүлүнө баатырдын
Албан түрлүү ой кетип,
Бастырып жоодон өч алмак,
Бабамдан калган адатым.
Баракелде, Кулансур,
Бадыша Кудай жар болуп,
Периден келген канатым,
Алты айлап алыс жол жүрсөм,
Закымдап учуп кетерим.
Тилек кылсам ар ишке,
Мураадыма жетерим.
Чалгын чалса чарчабас,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Темир туяк бууданым.
Ойротту бузсам оюбас,
Кең көкүрөк, тайкы жал
Кебелбеген бууданым.
Кулансурга кубанып,
Эрдин эри кайран шер
Ыраазы болгон ошол жер.
Акберметтен кат алып,
Арстан чалдан бата алып,
Каалаганы Акжолтой
Из кубалап аттанып.
Эр жарышып, жол жүрүп,
Эбегейсиз эң кызык
Эсеби жок мол жүрүп,
Эриккен кумар жазылат,
Энтиккен жүрөк басылат,
Дарттын баары чачылат.
Асман жарган чуу болуп,
Айгайлаган дуу болуп,
Жарыш кылбай жөн койбой,
Кызыгына жан койбой,
Айгай салган дуу-дуу
Мына ошентип жол жүрүп,
Аябастан мол жүрүп,
Ат кабагы ачылып,
Эр кумары жазылып,
Астына Сейтек бөлүнүп,
Шердик түрү көрүнүп,
Чалгын чалып, жер чалган,
Козголбогон кайран шер,
Короздой болгон кайран эр.
Абасы Жолтой көкжалга
Кезиккен экен ошондо.
Мына ошондо Акжолтой,
Боз дөбөнүн сеңирге,
Кулунсурду жайдактап,
Аса байлап баймактап,
Ашпай-шашпай кайран эр,
Ак каңкыны жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Жаратканга жалынып,
Ок өтпөс тонду жамынып,
Уйку жакка камынып,
Чыканактап уйку алып.
Жанбаштап жанды тындырып,
Жатып уйку кандырып,
Артык көкжал Акжолтой,
Алп уйкуну салыптыр.
Көкжал Сейтек барганда,
Сунулган буту тартылып,
Коңуругу басылып,
Козголоң түшүп көкжалга
Умачтай көзү ачылып,
Ак жолборстой комдонуп,
Ал уйкудан ойгонуп,
Баабединдеп сүйүнүп,
Баатырдык жөнү билинип,
Бардык кийимин кийинип,
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көк ала калкан айза алып,
Көк аскар тоодой көрүнүп,
Ач арыстандай керилип,
Көргөнүн айтып, кеп салып,
Бала Сейтек кабылан
Баабединди бат айтып,
Ай туяк деп ат айткын.
Ат айта турган себебиң
Керүүгө келип конуптур,
Керектүү жолуң болуптур.
Жолоочу жолго конуптур,
Жортулдан жолуң болуптур,
Мен көргөндү көрдүңбү,
Мен билгенди билдиңби?
Таалайың артык кабылан,
Кебимди бейле абыдан.
Каалаган жолуң кабылан,
Кайыптан ырыс табылган.
Тилегиңди бериптир,
Мелтиреген Акбермет
Бет алып издеп келиптир.

www.bizdin.kg

Сенин түп атаңыз Түгөл кан,
Түбүнөн Кыдыр даарыган.
Башкы атаңыз баары кан,
Баарысын Кызыр даарыган.
Жортсо жолу оң болгон,
Жолдон Кызыр колдогон.
Ишин Кудай оңдогон,
Каяша айткан оңбогон,
Таалайы артык кабылан.
Кырдан түтүн бөлүнүп,
Кырга жайган килеми
Кызгалдактай көрүнүп,
Кызыл-тазыл кучмач ээр
Кыз сөөлөтү өңдөнүп,
Жайнаган жашыл гүлү бар,
Жайылган килем түрү бар.
Периден келип калбаса,
Бендеден башка жери бар,
Түгөнгүс айтса кеби бар.
Дүнүйө жайган себи бар.
Карасаат ал кыздар,
Кызгалдактай көрүнөт.
Карап көрсө туралбай,
Эрендин көөнү бөлүнөт.
Чындап колун кармашкан,
Чымын жанга күч келбей,
Ошондон кантип бөлүнөт.
Бели тутам, бети айдай,
Белгилүү сулуу момундай.
Жамалы жарык ай экен,
Чын таалайың бар экен.
Чындап жатып бир түнөп,
Эртеси өлгөн жигиттин,
Алда Таала Кудайга
Не арманы бар экен.
Кырмызы көйнөк, айча бел,
Кыз издесең ушу жер.
Маңдайлаша беттешип,
Баары тегиз бото көз,
Бал-шекердей айткан сөз.
Бак-таалайың ачылып,
Кадыр түнгө болдуң кез.
Туура болду көргөн түш,
Кыз бадыша сени издеп,
Кылымда болбойт мындай иш.
Базардай гүлдүү жагыңа
Сага беттешкен аман калабы,
Периден келди багыңа.
Тирүүсүндө эр жигит,
Алсам деп сулуу ойлогон.
Периден сулуу кыз келген,
Бендеде сендей болбогон.
Берен атаң Манастын
Чын арбагы колдогон.
Таалай-багың ачылсын,
Бет алдыңда берендин,
Кудайдын нуру чачылсын.
Ааламда мындай болбогон,
Аркы атаң Манас жетелеп,
Арбагы сени колдогон.
Казып алса түгөнбөйт,
Казына жыйган мүлк анда,
Ойносоң кумар жазылат,
Оюн менен күлкү анда,
Белгилүү сулуу уз анда.
Беттешсең мээриң кандырган,
Белгилүү Бермет кыз анда» –
Деп, ошентип Акжолтой
Албан түрлүү кеп айтып,
Артык кызык сөз айтып,
Акжолтой кебин айтканда,
Кулансур оозун бура албай,
Карап көкжал туралбай,
Атасынан бабасы,
Калыкка мураа канаты.
Ургаачыга жылбылуу,
Башынан берки адаты.
Шай колдогон кайран шер,
Бул кабарды укканда,
Албан түрлүү түрлөнүп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Арстан Сейтек күүлөнүп,
Эр Акжолтой абаңдын
Эрте айтканы кеч болуп,
Мелтиреген бейбакты
Бейлеп жүзүн көрүүгө,
Эки көзү төрт болуп.
Кымбат жаны чыркырап,
Жүрөгү ысып, бой балкып,
Тамашага батууга,
Тар төшөккө жатууга,
Бир бакырдан эт жешип,
Эзилишип беттешип,
Ойноп моокум басууга,
Берилип кумар жазууга,
Көңүл толкуп көз жайнап,
Жетишпей калчу немедей,
Ашып-шашып шор кайнап,
Жолтойду таштап кете албай,
Жоболоңдуу кургурдун,
Жолго таштап өтө албай,
Абийирдүү кайран шер
Ал аскар тоодой кайран эр,
Өрттөй көзү кызарып,
Ашып-шашып чунайып,
Арман кылып муңайып,
Ашыкка көөнү бөлүнүп,
Обочо келди бөлүнүп,
Шашканын Жолтой билди эми.
Абакеси Акжолтой,
Алтын таман үзөңгү
Аттап чурап минди эми.
Ээрчиткен жолдош Сейтегин,
Ээн жерде жарышып,
Кулансур менен Кулунсур
Үзөңгүсү кагышып,
Оп дайранын оюна,
Эбегейсиз чоң дайра,
Кең-Өзөндүн боюнда,
Келип жетти көкжалдар.
Сапар тартып жүргөндөр,
Жалындап жаны күйгөндөр.
Айласы толук, заары күч,
Барааны бөлөк башкалар,
Ай-ааламга бой бербес,
Арбагы күчтүү кашкалар
Кап-Тоосундай көргөндөр,
Кармашканын соргондор,
Көркөмү башка көкжалдар,
Чын арыстан баатырлар
Айбаты тоодой, заары күч,
Алышканы болгон түз.
Ат арыта жер чалып,
Албан түрлүү сурданып,
Кызды көрүп кызыгып,
Кыз көрбөгөн кыраандар
Кыялдары бузулуп,
Деңкеңдетип бастырып,
Тебелетип кетчүдөй,
Көргөн жанды шаштырып.
Карап турган адамдын
Акылы айран бөлүнүп,
Айбаты жолборс сүрүндөй,
Алуучудай көрүнүп.
Перизаада бейтаалай,
Кереметтүү кескиден,
Неченди көргөн эскиден,
Эң кыраакы ыктуудан
Дүнүйөнү сан бөлгөн,
Эң кыраакы кыз көргөн.
Акылга дыйкан ыктуудан,
Кепке чечен, тилге уста
Келишимдүү мыктыдан,
Белеске койгон сакчы бар.
Сыйкыр менен койдурган,
Капкасында бакчы бар.
Бадышалык бейтаалай,
Тегереги темир тор,
Каптап кирер жалгыз жол,
Дүнүйөсү мынча зор.
Айланасы чынар бак,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Тегерете чеп коргон.
Ортосунда алтын так,
Ырыс-дөөлөт багы бар,
Бакмачысы дагы бар.
Үйрөтүлгөн били бар,
Билден артык миңи бар,
Жазайылдуу келген бар,
Жардык келсе Берметтен,
Жазбай атар мерген бар.
Айт дегенде кыйт койгон,
Жаратылып келген бар.
Үйдөй чокмор колго алып,
Капкасында дөөсү бар.
Азыр турган алпы бар,
Албан түрдүү калкы бар.
Перизаада бейтаалай,
Бекитилген момундай.
Бекерге карап турбаган,
Периден балбан жыйнаган.
Балбан жыйган себеби
Баатыр болсо, шер болсо,
Ай-ааламды буй кылган.
Анык көкжал эр болсо,
Телегейи тең болсо,
Ичи көлдөй кең болсо,
Кебелбеген шер болсо,
Балбандардын баарысын,
Көмүрдөй тепсеп басар – деп,
Кайраты жок жан болсо,
Коркок жүрөк кем болсо.
Балбандарды көргөндө,
Батарына жер таппай,
Кирерине көр таппай,
Өз дүйнөсүн чачар – деп,
Өрөпкүп кайра качар – деп.
Эң кайраттуу шер болсо,
Зың-зың этип кенебей,
Балбан турсун ааламды
Бучкагына теңебей,
Туура басып кирер – деп,
Керээттүү Бермет бейтаалай
Акыл ойлоп, ой кылып,
Көп кызыкты салыптыр.
Перилердин шаарынан,
Балбан жыйнап, эр жыйнап,
Баатыр жыйнап, шер жыйнап,
Бекинген экен абыдан,
Бекерге карап турбаптыр.
Беттеше келчү Сейтектин,
Бул эрдигин сынаптыр.
Балбандарды көргөндө,
Тулпардын оозун буралбай,
Туткактанып туралбай,
Арстандай көз жайнап,
Каалгадай кашка тиш,
Качырата чайнаптыр.
Ак келтени октоптур,
Айбаттанса күркүрөп,
Төшү түктүү кара жер
Калыңынан токтоптур.
Алты мураа ат кошуп,
Акжолтой баштап бул алтоо
Эң алдында бошбоштоп.
Бул алтоону көргөндө
Балбандары, сакчысы,
Кароолдун жолун бакчусу,
Кайран жандан түңүлүп,
Шай колдогон кайран шер
Жадакөйдүн көзүнө,
Жан алгычтай көрүнүп,
Удургуп сакчы дыркырап,
Бет-бетинен быркырап,
Топтобой бирден бөлүнүп,
Кабылан Сейтек көкжалдын
Шер экени билинип,
Эшикте сакчы балбаны,
Бирөө миңдик экен – деп,
Аңтаң болуп калганы.
Балбандын баары жарданып,
Колун алып бооруна,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Эр Сейтекке таң калып,
Каарына чыдабай,
Кайратына жан турбай,
Беттеп сакчы келалбай,
Берен Сейтек көкжалдын
Бетине жакын бара албай,
Айбаты жанды шаштырып,
Эки тулпар ат менен
Сейтек менен Акжолтой
Асемге жайган килемин
Тебелете бастырып.
Ат баккан алты мураапы
Жанындагы жолдоштор
Бири миңдик жолборстор.
Жасалгасы келгенден,
Ай-ааламды буй кылчу
Тегиз кыраан эрендер.
Ар кайсысы айза алып,
Кээ бирлерин карасаң
Кынсыз кылыч байланып,
Тегеректеп жолборстор
Тегиз кыраан жолдоштор,
Кара мылтык карс этсе,
Качпай турган эрендер.
Каптап душман жоо келсе,
Шашпай турган эрендер.
Чогоол мылтык чорт этсе,
Чочубай кызмат кылчулар.
Башка мүшкүл иш келсе,
Чымындай жанга күч келсе,
Туу түбүндө турчулар.
Туура көкжал ыктуулар,
Айбаты катуу, заары күч
Алышканды койгон түз.
Айбатын сакчы көрүптүр,
Каарынан бир канча
Казасы жетип өлүптүр,
Көкжалдын түрүн көрүптүр.
Акылынан шашыптыр,
Кароолдо турган сакчылар
Эңтеленде жүгүрүп,
Эсил жандан түңүлүп,
Акылдан кетип алсырап,
Айбатынан түңүлүп,
Ашып-шашып жүгүрүп,
Добулбасын урду эми.
Перизаада бейбакка,
Акылдан танып антаңдап,
Кабар берип турду эми.
Өңкөй сонун жан көрдүм,
Боло албадым барып бет,
Баары балбан кызыл өрт.
Оолукса жанды оргудай,
Он сегиз миң ааламды
Оп тартса жутуп соргудай,
Болумдуу тууган шер көрдүм,
Болжоосуз баатыр мен көрдүм.
Айбатын көрүп түңүлдүм,
Сакчынын баары бүлүнүп,
Чын кайраты көрүнүп,
Чыдай албай кээ балбан
Чын ажал жетип өлүптүр.
Октой тулпар ат минип,
Өңкөй болот айза алган,
Казандай кара бөркү бар,
Жан алгыч сындуу көркү бар.
Бет алып бенде барбаган,
Ааламга азар салбаган.
Азар салган бендеси
Ажалдан тирүү калбаган.
Керээттүү кыз Күлайым –
Жанындагы элчиси,
Бирге жатып, бир туруп,
Акыл таап берчүсү.
Жанында жөкөр ыктуусу,
Акыл табар мыктуусу,
Бул кабарды уккан соң,
Эликтей ыргып түйүлүп,
Эптүүлүгү билинип,
Баары сулуу көк кашка

www.bizdin.kg

Жыргалдуу сөздөн урду эми.
Мелтиреген бейбакка,
Сүйүнчүлөп турду эми:
«Келбеттүү шериң келиптир,
Кеп кылба Кудай бериптир.
Барааны тоонун теңиндей,
Белиң келип калыптыр.
Айбаты башка адамдан
Шериң келип калыптыр.
Жолоочу жолдо жүрүптүр,
Жогуң колго тийиптир.
Береке келди тоюңа,
Берениң тийди колуңа.
Кыраанын торго чалынды,
Кымбаттуу шериң табылды.
Кылга байлап, эжеке,
Жүрүүчү элең жаныңды.
Аташканың келиптир,
Ачыптыр Кудай багыңды,
Куттуу кылсын жарыңды!
Кабарга келди бир балбан
Анталап сөздү баштады.
Алтындаган тагыңды,
Тебелеп кете таштады.
Айкөлдүн нак өзү экен,
Анык Сейтек көзү экен.
Карачы Кудай бериптир,
Каалаган шериң келиптир.
Эгиз тулпар ат минген,
Эрикпей мыктап жол жүргөн,
Терегиң тийди колуңа,
Кеп салгын эже жообума.
Ошо келген баатырлар,
Байкасам жөнү момундай.
Себил тоону сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт.
Айбаты артык, заары күч,
Бет алган жагын кылар түз.
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Артык экен сыягы.
Баатырдыгы башкача,
Барааны тоодой көрүндү.
Каарына чыдабай
Кароолчу, сакчы бөлүндү.
Карап адам туралбай,
Кара жандан түңүлдү.
Кайраты бийик сеңирдей,
Кагышкан жанды жегидей.
Боруму келген мунардай,
Бой келбети чынардай,
Алгырдыгы тынардай,
Айбатына жан чыдап,
Адамзат туралбайт,
Баатырдыгы момундай.
Окшош тулпар ат минген,
Ок өтпөс олпок тон кийген.
Кабылан бийик, заары күч,
Сыягына жан жетпейт,
Адамдан арстан жан келди.
Беттеп адам туралбай,
Каарынан көп балбан
Качмак болду чыдабай,
Касаба желек – туу алган,
Караанын көргөн кубанган,
Жабдыгы болот найза алган.
Ачууланып чамынса,
Ааламды чаап бүткүдөй,
Асты катуу кара жер
Калыңынан түткүдөй.
Басташып адам келе албайт,
Алышып адам жеңе албайт.
Арыстандыгы момундай,
Адамга мындай кабылбайт.
Бейпай тарткан бендеге,
Арстандан мындай табылбайт.
Көркөмү көкжал шер экен,
Көкжал менен эр экен.
Ашык оттун айынан,
Сени издеп жүргөн кези экен.

www.bizdin.kg

Каадаңды Кудай бериптир,
Каалаган кишиң келиптир.
Тилегиң Кудай бериптир,
Тиктеген кишиң келиптир» –
Деп, ошентип Күлайым,
Сүйүнчүлөп турду эле.
Ошондо Бермет эжекең,
Акырын айтып, бек таштап,
Албан түрлүү кеп баштап,
Ашып-шашып бүлүнүп,
Кызыл-жашыл кырмызы,
Кымбаты жандай кийинип,
Бой тумары чылк алтын
Омуроого салынып,
Жаратканга жалынып:
«Курбалдаш элең Күлайым!
Кадыр түндүн бири айым,
Өчкөн отту тамыздың,
Өлгөн жанды тиргиздиң,
Үзүлгөндү уладың.
Акжолтой тынбай жол басып,
Ашкере жаман куурадым.
Көлүктүн баарын жоорутуп,
Көңүлдү жаман оорутуп,
Бу дүйнөнүн тозогун
Жаман тартып куурадым.
Ушул кебиң чын болсо,
Күлайым бүгүн жыргадым.
Күйүккөн жүрөк басылды,
Толкуп көөнүм ачылды.
Сайылган чынар бак келди,
Ойносок жыргал чак келди.
Башка дөөлөт бир келди,
Ачык тийген күн келди.
Талыкпай ойноп күлүүгө,
Таалайга кара түн келди,
Табалбай турган кеп келди.
Талыкпаган сулуулар
Бирөөң калбай бүлүнгүн.
Мелтиреген бейбактар,
Перинин кийимин кийингин.
Жаныма баскан кургурлар,
Жанаттай болгон сулуулар,
Жалгандан издеп таппаган,
Жанымдан артык көргөндөр,
Кабылан Сейтек өзү окшойт,
Жалпыңар сөзүм угуп ал».
Муну укканда ал кыздар,
Кызыл көйнөк, айча бел,
Кылтылдаган кургурлар,
Берметтин кебин укканда,
Камынбай кыздар турабы.
Каадалуу буйрук кылганда,
Аянып кыздар турабы.
Кеби ширин сөздүүсү,
Келбеттүү бото көздүүсү,
Эң бир шыктуу-ыктуусу,
Күлайым баштап шыктуусу,
Дүрүйө көйнөк кийгени,
Каухардан топчу түймөлүү.
Адамдын сырын ой менен
Абайлап туруп билгени,
Келишими келгени,
Кайта жүрөк дегдетип,
Жараткан мындай бендени.
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Айтканы шекер, тили бал.
Кыздан мынча сулуу алып,
Кыялы жакшы курбу алып,
Камынган экен бейтаалай,
Кыйла кызык көргөндөн
Көргөндүн көөнүн бөлгөндөн,
Кылыгы жанды кубантып,
Кызмат кылып бергенден.
Сулуусу элге дайындан,
Тоту куштун куйругу
Дал ортонун үстүнө
Токсон түрдүү сайылган.
Карап турган адамдын
Таң калып көөнү бөлүнгөн.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Көрүп турган кишинин,
Жандырып кайра көрсөм – деп,
Көзүнүн жашы төгүлгөн.
Көркөмү башка сулуулар,
Баарысы катар сулуулар.
Ашык издей бергендер,
Насип айдап туз буйруп,
Перизаттан келгендер.
Мелтиреген кымбаттар,
Бадышалык кийимин кийинип
Баарысы бирдей бейбактар.
Катар басып сүйүнүп,
Кан жездесин көрүүгө
Келип кызмат кылууга,
Жаны-алы калбай бүлүнүп,
Жалаң жакут, алтындан
Тумарча сөйкө салынып
Перинин кызы Акбермет,
Жаратканга жалынып,
Жанындагы кыздардын
Астына басып бөлүнүп,
Белестен чыккан Айга окшоп,
Бетинен нуру төгүлүп.
Жутуп ийсе кара суу
Перинин кызы бейбактын,
Мелтиреген чунактын,
Тамагынан көрүнүп.
Аны көрүп Сейтектин
Акылы айран бөлүнүп.
Алкым эти булайып,
Аткан таңдай кылайып.
Эзелден мындай табылбас,
Эр жигитке ылайык.
Чыбыктай бели буралып,
Көргөндүн көзү тунарып,
Жамандардын баарысы
Жанына барбай уялып,
Жамалын көрүп эр Сейтек
Жүрөгү толкуп кубанып.
Экери бермет, каухар таш,
Көкүрөк төш жайык эт,
Ачылса жүзү балк этип,
Анан калса Акбермет,
Ай тийгендей жарк этип.
Кынама кийип кылактап,
Кызыл торгун шай көйнөк,
Этеги чыгып булактап,
Желим өтүк, жез така,
Кырым маасы зайфана,
Кырчылдатып шуркуя.
Адырга чыгат ак мыя,
Оң чекенин үстүндө
Алтындаган такыя
Акбермет жайы ушундай. –
Аялдан башка шуркуя
Карды көр да этин көр,
Канды көр да бетин көр.
Жынжууну көр, тигиш көр,
Жыпарды көр, жытын көр.
Кобулду көр, колун көр,
Коёнду көр, жонун көр,
Тотуну көр, жүнүн көр!
Комузду көр, үнүн көр!
Короз моюн, кой көздүү,
Копшогон Бермет түрүн көр!
Балдан ширин сөзүн көр,
Чолпонду көр, көзүн көр.
Маңдайы шамдай жаркырап,
Чоюлган бейбак өзүн көр!
Бели тутам, бети айдай,
Белгилүү сулуу шуркуя.
Көңүлгө толгон иш кылып,
Жолдошун сексен кыз кылып,
Кызгалдактай кылактап,
Кынама көйнөк булактап,
Кылыгы артык шуркуя
Кыргоолдой болуп чубактап,
Кыздардан башка боруму,
Түлкүдөй бели бурактап,
Тотудай түрү көрүнүп,

www.bizdin.kg

Токтолбостон кайран шер.
Толкуп жүрөк чыдабай,
Тобунан Сейтек бөлүнүп,
Бастырып жездең калганда,
Барааны тоодой көрүнүп.
Айбатына чыдабай,
Астыңкы катар көп кыздар
Алда нече бөлүнүп,
Астында тулпар Кулансур
Кыялданып кылтылдап,
Алтын така, күмүш мык
Туягында жалтылдап,
Куйругу кучак чубалып,
Курдашым ушул экен – деп
Мелтиреген бейтаалай,
Перинин кызы кубанып.
Кайран көкжал баатырга,
Каалаганы Акбермет,
Алда Таала кудурет
Берметке берген чоң келбет.
Кең дүнүйө тар болгон,
Перинин кызы Акбермет.
Кабылан Сейтек баатырды
Бир көрөргө зар болгон.
Эр Сейтекти көргөндө,
Эбедейи эзилип,
Эт тырмагы созулуп,
Кубанып кыздар чуркурап,
Баабединди бат айтып,
Арбагына Манастын
Аксарбашыл аташып.
Бири пери, бири адам,
Жаралган асыл жетишти.
Ич өрттөнүп көз жайнап,
Козголбогон эки ашык
Кошулушуп кетишти.
Кол кармашып турушуп,
Ааламда жок аңгеме
Ошол кезде эки ашык,
Ойдогудай курушуп, –
Кайгынын баары чачылып,
Күйүккөн жүрөк басылып,
Каалаганы кабылан
Керээттүү жары Акбермет,
Кабылан Сейтек көкжалга
Кең-Өзөндөн табылып,
Таалайы артык баатырга
Тамаша мындан табылып,
Акбермет менен Сейтектин
Абийири күлдөй жабылып,
Арстан Сейтек келер – деп,
Тилегимди берер – деп,
Акбермет жүргөн күтүнүп,
Арыстан Сейтек баатырды
Колтуктап аттан түшүрүп,
Колтукташып басышып,
Ичтеги кумар жазылып,
Түркүгү алтын чатырдын
Эшигин кыздар ачышып.
Жанында жөкөр кыздары
Шамдагайы болжолсуз,
Эриктей чурап түйүлүп,
Шапа-шупа ат алып,
Эптүүлүгү билинип.
Жолдоштору Сейтектин
Катар турат баарысы.
Кабыландын үстүнө,
Эшик ачып кийирип,
Эки колу боорунда,
Чыбыктай болуп ийилип,
Перинин кызы Күлайым
Мелтиреген күн айым,
Эки көзү Жолтойдо
Бендеден мындай болбойт – деп,
Бек кумарлуу бул Айым.
Шоодурап кыздар бөлүнүп,
Жүзүнөн нуру төгүлүп,
Амандык сурап, кол берип,
Акжолтой эри көрүнүп
Ордунан чыкты көргөн түш.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Эр Акжолтой ойлонуп,
Оңолгон экен биздин иш.
Акылы айран дал болуп,
Алда Таала кудурет
Аябай берген жан болуп,
Бергени эмей эмне.
Таалайына Жолтойдун,
Күлайым сулуу бар болуп
Ошол кезде Күлайым,
Маралдай болуп кыйгачтап,
Акырын айтып, бек таштап:
«Баатыр Жолтой сен болсоң,
Эр издей чыккан каранбыз,
Торуңузду кагабыз» –
Деп ошентип Жолтойго,
Күлайым сулуу кеп баштап,
Байкап турса бейбактын
Барааны бөлөк көрүнүп,
Алтын чырай, нур жүздүү
Жатык кыял, так сөздүү,
Байкап уккан кишиге
Балдай сөзү татыган.
Маңдайы шамдай жаркырап,
Көргөндун көөнү жашыган.
Кылчая карап күлгөнү,
Кымбат баалуу санаага
Таамай көргөн бендеге,
Таң сүргөндөй жамалы.
Абайлаган адамга,
Ай тийгендей кабагы.
Бурала басып толгонуп,
Буластаган бейбактын
Бутуна чачы оролуп,
Периден бери чыгарда,
Берендигин билгенбиз:
«Акжолтой, Сейтек аты уйкаш,
Алда Талаа Кудайдан
Арстандар келер бекен – деп,
Абыдан тилеп жүргөнбүз.
Сапар тартып эр издеп,
Дүнүйөнү чачканбыз.
Самандай өңдү саргайтып,
Бет алып издеп басканбыз.
Бейилге албай биздерди,
Бекип жаткан сиз кандай.
Мээнетти тартып саргайып,
Силерди күткөн биз кандай.
Толгонучтуу тоо көрдүк,
Тозоктуу жаман чаң көрдүк.
Толкундап учуп эр издеп,
Жапааны башка мол издеп,
Жортуулду жолго кондуруп,
Жолумду бууган балбанды,
Ажыдаарга сордурдук.
Ардакты коюп, ийди издеп,
Арстан Сейтек шерди издеп,
Чама чарчап, ал кетип,
Эки беттен кан кетип,
Каныбыз калды бир кашык,
Этибиз болду көк жашык.
Ашуу ашып, суу кечип,
Дабаан ашып, таш басып,
Тиледик арман Кудайдан.
Тилегине жеткен күн,
Бүгүн Акмермет, Сейтек эки ашык.
Уламадан уладык,
Укумчулдан сурадык.
Уламанын айтканы,
Эркек аял издейт – деп,
Же эмдикинин наркыбы?
Биз эмгекти тартып эр издеп,
Эр Сейтек, Жолтой сени издеп,
Биз эбегейсиз куурадык.
Көл-дайра элек чачылдык,
Биз тулпар элек басылдык,
Биз каадалуу элек карыдык,
Эми насип айдап, туз буйруп,
Силерге Кең-Өзөндөн кабылдык.
Күтүүчү эрге табылгыс,
Ырыскы Кадыр түндөйбүз.

136*

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кааладык Жолтой, Сейтекти,
Эми кандарды көрдүк не дейбиз.
Менин айткан сөзүмдү,
Оюңузга алыңыз» –
Күлайым турду мындай деп, –
«Кабылан Сейтек, Акжолтой
Көзүңүздү бизге салыңыз.
Кааласаңыз биздерди
Жайнаган такта гүлүбүз,
Каалаганга жете албай,
Карыптык тартып жүрөбүз.
Оор менен жеңилдин,
Салмагын чактап билиңиз.
Байкап айткан кебиме,
Баа берип кулак салыңыз.
Баатырдыгың чын болсо,
Баатыр Сейтек, Акжолтой
Бизди кет Кудай кылып алыңыз.
Баатырлык кылып окустан,
Теңгээрибей кокустан,
Албай кетсең күйөбүз,
Таңда машкар күнүндө,
Пайгамбар казы болгондо,
Таразасын курганда,
Сооп менен күнөөнүн
Арасын бөлүп турганда,
Баатыр Сейтек, Акжолтой,
Силерге жакалаша жүрөбүз.
Айтканым ушул билип ал,
Арстаным Чолпон тилимди ал.
Калкылдап тийип күн өтпөйт,
Карарган бойдон түн өтпөйт,
Алтын так минип кан өтпөйт,
Ааламдан өлбөй жан өтпөйт.
Асты калың кара жер,
Түбүбүзгө не жетпейт.
Биз өңдөнгөн жолоочу,
Байкушка көзүң салыңыз.
Кабылан Сейтек, Акжолтой
Никелеп бизди алыңыз.
Баш коёбуз алдыңа
Бадыша Сейтек каныбыз.
Улугум Сейтек сөзүмдү,
Ушу экен Сейтек алыбыз.
Туйгунум Сейтек таштасаң,
Тутамга келбейт жаныбыз,
Ааламды каптап кетүүчү,
Агыны катуу шарыбыз.
Ала-Тоодой жүк болсо,
Бели ийилбей көтөрчү,
Акжолтой, Сейтек нарыбыз.
Сексен келин, сексен кыз
Сейтек менен Берметтин
Урматында жүрөбүз.
Сейтек менен Акжолтой
Силерге садага болсун баарыбыз».
Күлайым мындай деген соң,
Кабылан көкжал Акжолтой –
Айдыңы кымбат сан колдой,
Акылга дыйкан даанышман
Абай кылып байкасаң,
Адамдын сырын алыстан
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбас сөздөн эң чечен.
Кара тилин кайраган,
Калк алдында сайраган.
Башы ачык акылдан,
Табылбай бирөө калбаган.
Түйүн кыркып, муун чечер.
Адамзат бендеден,
Акжолтойго ким жетер.
Акжолтой жайын сурасаң,
Акылга дыйкан кеменгер.
Аалам салар дүмөктөн,
Баатыр Сейтек эр менен
Акылы бирге тилектеш,
Балбандар менен билектеш.
Баатырлар менен маңдайлаш,
Чечендер менен таңдайлаш.
Көптү көргөн даанышман,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кара кылды как жарган,
Калыстык кылат алыстан.
Ошондо баатыр Акжолтой,
Күлайымды көргөндө,
Күйдү жаны куу Жолтой.
«Перизаада Күлайым
Мелтиреген теңимсиң.
Бадыша Кудай буюруп,
Таалайыма келипсиң.
Мен Акжолтой болгону,
Акжолтой атка конгону,
Периден тулпар ат минип,
Жердин үстүн сыдырдым,
Чексиз жерди кыдырдым.
Ат арытып, жер чалдым,
Муңканган пери кыз үчүн,
Албан түрдүү жер көрдүм.
Түрдүү жандар мен көрдүм.
Түйшүк тартып күн көрүп,
Түрлүү кызык иш көрүп,
Кечээ күүгүм кире күн бата,
Түн караңгы эл жата,
Касиеттүү чынарга,
Бийиги жүз кез мунарга,
Чыканактап тынч алып,
Чырым этип уйку алып,
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагыма толгонуп,
Шашкаландап чочунуп,
Шашып намаз окудум.
Күчүм кайнап токтонбой,
Кулунсурду токудум.
Туурудан душман чыкчудай,
Эт жүрөгүм эзилип,
Тоого-ташка тийчүдөй,
Калыптырмын желигип.
Ошо күнү бир кызык,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Аянбай ашар бел таппай,
Алышууга жоо таппай,
Желигип жүрүп токтобой,
Ачууланып айкырып,
Ач бүркүттөй талпынып,
Өзөлөнүп желигип,
Өпкө көөп ээлигип,
Жышанам кармап көз жайнап,
Туш-туш жагын байкасам,
Чачылгандай ок жайнап
Чексиз шумдук иш көрүп,
Аң-таң калып турганда,
Кудай кылды убара.
Бет алдымдан кезикти,
Аты Кызыр дубана.
Дубана сындуу түрү бар,
Бал-шекердей тили бар,
Аппак сакал нур жүздүү,
Күмүш жүздүү, күн көздүү.
Кол тапшырып, кол берип,
Кол куушуруп тургамын.
Кулунсур оозун бургамын,
Кол кайрымын кылгамын.
Баба аталап жалынып,
Мойнума курум салынып,
Кутпага мойнум бургамын.
Ал олуя муну айтты:
«Акжолтой, Сейтек аты уйкаш,
Белгилүү туулган эки арыстан,
Себилиң сексен төрт болсун,
Серп алган жагың өрт болсун.
Ишиңди Кудай оңдосун,
Бет алган душман оңбосун.
Акжолтой, Сейтек эгиз эр,
Телегейи тегиз эр.
Жаак ооруткан доо болсо,
Маңдайлашкан жоо болсо.
Ай караңгы түн болсо,
Адамга мүшкүл күн болсо.
Өзүм көзүм саламын,
Башыңарга күн тууса

www.bizdin.kg

Суулуктап коштоп аламын.
Өчүп кетсең тамызам,
Өлгөн жаның тиргизем.
Кысталып ашар тоо келсе,
Кыйкырыгы таш жарган.
Кыямат мүшкүл жоо келсе,
Өзөнгө бойлоп кономун.
Өткөрө тууган эки шер,
Өткөрө кыйын балаада
Өзүм жолдош боломун.
Аты Кызыр өзүмүн,
Өзү эмес кара көзүмүн.
Билбегениң билгизем,
Адашсаң жолго киргизем.
Туйбаганды туйгузам,
Тууралап жолго киргизем.
Колдоп жүргөн бириңмин,
Айтууга ырыс өзүмүн,
Азыр дуба мен берип,
Даарый турган кезиңмин.
Таалайы артык эки шер,
Кайыптан акыл табылат.
Сейтек менен Акжолтой,
Бактыңар толкуп, көл болот,
Басташкан душман жер болот.
Бак даарып, таалай бат келди,
Берендер минип жүрсүн – деп
Периден эгиз ат келди.
Белсенип сапар мингенде,
Силерге таалай чоң дөөлөт,
Табылбас кыздан уз келет,
Таалайыңа туш келет.
Бирөө Бермет, бирөө Айым
Сейтек менен Акжолтой,
Силерден периден эки кыз келет.
Ошондой Жолтой дайыныҥ,
Акылга дыйкан Күлайым,
Сенин ала турган зайыбыҥ,
Кумарыҥ жазар жар ошол.
Ойноп жатсаҥ жан биргеҥ,
Жүрөгүҥдө кан биргеҥ,
Каксаҥ билет кашыҥды,
Өөдө карап көп сүйлөп,
Көп оорутпайт башыҥды.
Эптеп турат эбиҥди,
Балам, Жолтой, угуп ал,
Эки кылбайт кебиҥди.
Алуучу болсоҥ Айымды,
Капка чынар шаарыҥды,
Күндө минсеҥ жарашат,
Каухардан алтын тагыҥды,
Жараткан ачат багыҥды.
Перизаада Күлайым
Дегдеп жүрөк басылган,
Сенин таалайыҥа жазылган.
Олуяндын кеби ошол,
Ушу турган куу дүйнө
Эҥ алдамчы арты бок,
Алып жатсаҥ Айымды,
Аялдан андай кызык жок.
Таалайыҥа туш кылган,
Тамашага батыҥыз,
Талыкпай ойноп жатыҥыз.
Бир табактан эт жешип,
Бир төшөккө беттешип,
Оромпой оюн салгыла,
Ушу жалган дүйнөнүн
Сейтек менен Акжолтой,
Кызыгына кангыла».
Кызырдын айткан кеби ушул,
Кызыгына жан тойбос
Перинин кызы бейтаалай,
Сен алуучу теҥ ушул» –
Дайынын айтып мындай – деп,
Аты Кызыр олуя
Дайындап кеткен мындай – деп:
«Колума тийдиҥ Күлайым,
Кааласам Кадыр түн Айым.
Ачылганда көзүсүҥ,
Айтып кеткен Кызырдын

www.bizdin.kg

Алаар жарым өзүңсүң.
Алты ай сапар жол жүрсөм,
Кулунсурду жоорутпай,
Алтын башым барында
Айымым, көөнүң оорутпайм.
Артылта камчы чаппасмын,
Артыңан күнү албасмын.
Жаңылып кетсем окустан
Пенделик кылсам кокустан,
Төбөсү бүтөө көк урсун,
Төшү бүтүн жер урсун.
Жаңылып кетсем башкача,
Жараткан өзү мени урсун,
Ак милтенин чогу урсун!
Ак келтенин огу урсун!
Арстан Манас көкжалдын
Арбагы дагы мени урсун!
Олуя чалдан укканда,
Мен Акжолтой берендин
Чыгар-чыкпас жан калган,
Чымчууга келбес жал калган.
Учуп кетчү немедей,
Чымындай болгон ал калган.
Айтсам сонун кебим бар,
Нар баштаган токсон мал,
Айтуяк айткан жерим бар.
Чын кабарын укканда,
Бир адамга билгизбей,
Эч адамга туйгузбай,
Күл талкан болуп күйгөнбүз.
Алда Таала Кудайдан
Бермет менен Күлайым,
Силерди тилеп жүргөнбүз.
Сапар тартып жол жүрүп,
Саргарып чөптөй оңгонбуз.
Эстегенде чок болуп,
Биз да силерден жаман болгонбуз.
Жыйып алган калың мүлк,
Талаага чачып таштадык.
Алты ай сапар жүрүүгө,
Акбермет, Айым дартыңдан
Төгөрөктүн бурчуна,
Издеп кабар берүүгө.
Азаматтан нар жыйнап,
Алты айга чыдап мал жыйнап,
Бу дүйнөдөн безүүгө,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Издеп жүрүп кетүүгө,
Адам өлөр шерт кылып,
Алтын баштын барында
Акбермет менен Күлайым,
Сен экөөнө жетүүгө,
Таба албасак дозокту,
Тирүүбүздө көрүүгө,
Силер үчүн аябай,
Тим эле жанды берүүгө.
Тилегибиз ушу эле,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана кыдырып,
Эки ашык сени көрүүгө,
Барааны катуу жоо чыкса,
Мандайлашкан доо чыкса,
Кылычты кыя чабууга,
Кыргынды мыкты салууга.
Кыямат кетсең жол тартып,
Кайда экен дайының билүүгө.
Бет алышып жоо чыкса,
Көйкапка чейин сүрүүгө.
Жылас кылып талкалап,
Жылкысын чаап тийүүгө.
Адам эмес периге,
Бет алып кыргын салууга.
Мейнет менен тозоктон
Бел байладык баш тартпай,
Асманга учуп кетсең да,
Акбермет менен Күлайым
Сен экөөндү табууга.
Канжарды белге байланып,
Каптын тоосун айланып,
Тулпарды жыйнап теңдөөгө,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Күлайым, Бермет экөөңдү
Туура чыктык издөөгө,
Оолугуп опсуз ат алып,
Олуя чалдан бата алып,
Ойнуңа келип жолуктук.
Каалаган жерлер табылып,
Жүрөктүн дарты ачылып,
Энеден жаңы туугандай,
Куугунун жакын куугандай,
Кубаныч батпай көөдөнгө,
Эт жүрөктөр жарылып,
Кайнаган капа жоголуп,
Жаңырдык кайра оңолуп,
Жакшылык кайып, тез болуп,
Каалаган силер кез болуп,
Көргөн мейнет күн кетип,
Көңүлүм толкуп турамын».
Антын берип Акжолтой
Издегени кезигип,
Күлайымдай сулууга
Эбегейсиз эзилип.
Каалаганга жолугуп,
Катын жандуу кайран эр,
Каны кызып оолугуп.
Күлайым менен Берметти,
Көргөн киши тим эле
Кантип турат соолугуп.
Жан чыдабай жалындап,
Баш ийгенсип кол сунуп,
Кабылан Жолтой канетсин,
Арстандай көз жайнап,
Асем менен кол кармап,
Чачыласын чачышып.
Түрдөп тиккен чатырда,
Колтукташып басышып.
Кызыл-тазыл чатырлар,
Ал чатырдын ичинде
Акжолтой, Сейтек баатырлар.
Чатырларда бедел жок,
Бул чатырдын ичинде
Нелер бар да, нелер жок.
Кызыгына жан тойбойт,
Ааламда мындай түк болбойт.
Ал чатырдын ичинде,
Жалаң торгун, кырмызы,
Кыргоолдой кулпурган
Кырка сулуу нур кызы.
Атилес менен жабылган,
Аюудан талпак салынган.
Туш-тушунда туш кийиз,
Жара тилип, кундуздан
Чекесине карматкан,
Жалаң торко, шайыдан.
Ал чатырдын ичине
Жакуттан жарык жандырган.
Тиктеп турса тим эле,
Адамдын көзүн талдырган.
От ордундай чайнектен,
Он чактысы коюлуп,
Оомийин деп кол жайып,
Арбагына Манастын
Ак боз бээден союлуп,
Куу тыбыттуу жаздыктан
Чыканакка коюлуп,
Акбермет, Айым кашында
Баатыр Сейтек, Акжолтой,
Ыңгыранып, кыйланып,
Төрөлөр жатат чоюлуп.
Ашмачы алты сулуу кыз
Анысын байкап угуңуз.
Аптамага чай коюп,
Ар тамагын жай коюп,
Алты чара миз табак,
Алып келип чайкатып,
Аракка кошуп, бал коюп,
Кертип-кертип нан коюп,
Жая кесип, жал коюп,
Тездетип чайын кайнатып,

www.bizdin.kg

Дасторкон салып жайнатып,
Кымыз менен кызытып,
Арак менен ысытып,
Акбермет менен Күлайым
Тилегин Кудай берген соң,
Тиктегени келген соң,
Тикесинен турушуп,
Кабылан Сейтек, Жолтойго
Ийилип кесе сунушуп,
Артык кызык караса,
Албан түрлүү тамаша,
Сулуулардын ичинде,
Нелер бар да, нелер жок.
Айгайлаган дуу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Алты кулак жез казан,
Алып келип астырып,
Таман чыккан казыдан
Ич этинен салдырып,
Дасторкондун үстүнө
Мейиз менен киш-миштен,
Аралаша чачтырып,
Кабылан Сейтек, Жолтойду
Аракка суусун кандырып.
Кандыра турган себеби
Перизаада бейтаалай
Белгилүү иши момундай.
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Ар дүйнөнү камдаган.
Келсе күтүп алууга,
Кереметтүү шуркуя,
Сарамжылап шай кылган.
Жарык жүздүү, жалжал көз,
Жалаң сулуу бото көз,
Айттырбай сырды билчүдөн,
Кезиккен жигит жүрөгү
Көргөндө дегдеп күйчүдөн,
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай
Кебелбей сылык жүрчүдөн,
Кез болсо буйруп таалайга,
Ичинде сырды билчүдөн,
Көргөнгө кызык улуу дуу,
Ала келген эмеспи.
Нурлары күндөй сулуудан,
Ала келген эмеспи.
Алыска сапар талыкпай,
Жүрө келген эмеспи.
Жоросу дуулап кетсин – деп,
Жоругу башка сулуудан,
Перинин кызы бейтаалай
Ала келген эмеспи.
Арак менен шараптан,
Он жагданга толтура
Сала келген эмеспи.
Тал-талдап чачын өргөндөн,
Далайды баштан өткөрүп,
Тамашага көнгөндөн,
Баарысы катар курбудан,
Маңдайы шамдай сулуудан,
Ала келген эмеспи.
Кеби ширин шекердей,
Кер маралдай даңкайган,
Келишимдүү маңкайган.
Чыбыктай бели ийилип,
Чынардай болуп кайкайган.
Чындап Кудай бергенден,
Эр жигитке ылайык,
Чын жаралып келгенден,
Күлө карап кыйгачтап,
Күйгүзө жанды кеп баштап,
Жоругу жанды кубанткан.
Балдай кеби татыган,
Баарын көрүп турган жан.
Кеткиси келбейт кашынан,
Мындан алып бир тогуз
Береним Сейтек келгенде,
Бет алып оюн салсын – деп,
Жан жолдошу Сейтектин
Беш күндүк жалган дүйнөдө,

www.bizdin.kg

Армансыз болуп калсын – деп,
Береним Сейтек аркасы,
Перинин кызы сулуудан,
Сүйүшкөнүн алсын – деп,
Сүйүшпөсө калсын – деп,
Кабылан Сейтек тоюнда,
Перинин кызы Берметтин
Каадасы мындай болду – деп,
Жерине айта барсын – деп,
Өлө турган чалдарга,
Өсө турган балдарга,
Өрнөк болуп калсын – деп,
Перизаада бейтаалай,
Билгичтиги ушундай.

СЕЙТЕК МЕНЕН АКЖОЛТОЙДУН ПЕРИНИН КЫЗДАРЫНА ҮЙЛӨНҮШҮ

Кара жерге кан тамса,
Кандан кызыл беттүүдөн,
Калемдей каны чийилген
Канттан ширин сөздүүдөн,
Илмектей бели ийилген
Ителгидей көздүүдөн,
Далайды көргөн ыктуудан,
Азамат менен сырдашып,
Адамдын баркын билүүчү
Адамдан башка мыктуудан,
Ат баккан алты мураапы,
Айзачан алты кыраакы
Кудай сүйүп, эс берип,
Пендеси издеп тапкысыз
Перизатка кез келип,
Көрбөгөн жыргал иш болуп,
Адамзат көрбөс түш болуп.
Мелтиреген тийген ай,
Перизатка туш болуп,
Оюнга опсуз канышып,
Ойдогу оюн салышып,
Желиккен эрлер туралбай,
Жетелешип алышып,
Каалаган иштер табылып,
Кең-Өзөндөн кайран шер,
Перизатка кабылып.
Тамаша-оюн басылып,
Умачтай көздөр ачылып,
Өткөрө оюн салышып,
Өлчөөсү жок тамаша
Өмүрлүк болуп алышып,
Сары алтын, күмүш, ак алтын
Аземдетип жыйдырып,
Перизада бейбакка
Белгилүү нике кыйдырып,
Эрендер көкжал оолугуп,
Эсеби жок чоң жыргал
Кадыр түнгө жолугуп,
Мендеден башка иш болуп,
Кошулуп ашык туш болуп,
Ар дүйнөнүн баарысын
Албан түрдүү бүктөтүп,
Кызыл куйрук көлүк ар
Аземдетип жүктөтүп,
Адамга батпас дуу кылып,
Жер жайнаган чуу кылып,
Кулак угуп, көз көргөн
Мендесине дуу кылып,
Каалашкан ашык кезигип,
Жыргалына жан жетпей
Коргошундай эзилип,
Таалайы артык шерлерге
Каймана иштер кабылып,
Периден бейбак табылып,

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

Кыдыр чалып, бак карап,
Кыйла кызык иш болуп,
Үзүлбөстөн уланып,
Ушинтип шерлер кубанып,
Таласты көздөй жол тартып,
Тамашага жамбы атып,
Багалак ойноп, даң салып,
Оюн жетик болтуруп,
Кең Таласка кондуруп,
Таласты күтүп жер кылып,
Дүнүйөнү тең кылып,
Ойнуна адам тоюнуп,
Адам угуп көз көргүс
Болжолу жок той кылып,
Таластагы көп кыргыз
Тамашага батышып,
Дууга кирип алды эми,
Адам күлөр көп оюн,
Тамашаны салды эми.
Кайыр айткан оңбойт – деп,
Жаралган менде уулунда
Тамаша мынча болбойт – деп,
Тамашасын сураба,
Балбан мөрөй табышып,
Баягы ылжыраган таз адам
Өпкө менен чабышып,
Жеңилгенин жер жутуп,
Уят болуп калышып,
Жеңип алган күжүрмөн
Таздын жайы ушундай
Тогуздан мал, нар, тайлак
Олжосуна алышып,
Көкжалдыгы билинип,
Көргөн кыргыз сүйүнүп,
Баабединин бат кылып,
Түлөөсүнүн сойгонун
Ак боз бээден ат кылып,
Айры өркөчтүү нар союп,
Албан түрлүү мал союп,
Бокчонун баарын аңтарып,
Болуп кыргыз той кылып,
Ак сакалдуу каргандар,
Узак жашап баргандар,
Жазы жаак, жалпак тил
Жаралган чечен ыктуулар,
Түйүн чеччү мыктуулар,
Эл ортолоп жүргөндөр,
Журт каалоосун билгендер,
Кызыл тилдүү ыктуулар,
Кылымга татыр мыктуулар,
Жалгыз тилдүү сөздүүлөр,
Күн чыгыш менен күн батыш
Келерди билчү кездүүлөр,
Акылга даңгыл ыктуулар,
Алысты көрчү мыктуулар,
Кыйла кызык көргөндөр,
Үзүлсө жанды улоочу,
Чачпай элди жыйноочу,
Келбети бар мыктуулар
Баабединди бат айтып,
Белгилеп такка мингизип,
Дегенине көнөлү,
Баатырдан калган көкжалдын
Бирдигин колго берели!
Калкка кабар салалык,
Баатырдан калган көкжалды
Ак калпак кыргыз уулуна
Кан көтөрүп алалы!
Кан көтөргөн себеби,
Ала-Тоону өрдөгөн,
Ал кыргыздын көчү бар.
Чамасы келсе чабышчу,
Өпкө жарып, өт төккөн,
Кармашар душман далай бар,
Мына, кайран журтту күтүп ал!
Эл чуркурап, чуу кылып,
Асман жарган дуу кылып,
Баабединди бат айтып,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Бар кызыкты башташты,
Чок дүйнөлүк калың мал,
Ортого салып ташташты.
Түп атаңыз Түгөл кан,
Түмөндүү шердин тукуму,
Түгөтпөй журтту күтүп ал!
Урааныңыз укумуң,
Өнүп-өнгөн тукумуң,
Ала-Тоо күтүп жер кылган,
Алам деп келген душманды
Кара жер менен тең кылган.
Туурдугун май кылган
Сандатып кыргыз тукумун
Сан малды күткөн бай кылган.
Сайыша кеткен душманын
Сары оору кылып жай кылган.
Ала-Тоонун кыргызын
Аңдып душман албаган.
Каарданып Каканчы,
Кагыша кетип эчен жол
Бирөө да тирүү калбаган.
Боору кара, сырты көк,
Болжолсуз көкжал жайлаган.
Шер экени билинген,
Кара кытай, манжунун
Илийине чийилген.
Ата конуш жериңиз,
Бабаңдан калган элиңиз,
Баштык болуп алыңыз,
Журтка көздү салыңыз.
Боройлоп бороон күн жааса,
Боз керешке там болгун,
Болжолу жок журтуңа
Алтын так минип кан болгун,
Болжоп душман келалгыс,
Татаал өзөн, бел болгун.
Каттап душман келгисиз,
Балам, атаңды тартып шер болгун!
Журт чуркурап, чуу кылып,
Кетилгеним толду – деп,
Кеткен шердин ордуна,
Көкжал Сейтек кабылан
Бизге коргон болду – деп.
Жерди туман чаң кылып,
Адамга артык даң кылып,
Кайнардын кара көзүнө,
Как чынардын өзүнө
Эр Сейтекти кан кылып,
Уялуу журтту билгизип,
Алтын такка мингизип,
Эл көңүлүн жай кылып,
Баатырдын уулу Сейтекти
Бу кыргызга кан кылып,
Журт конуш таап, эл жыргап,
Эми журтта арман жок,
Ал көкжалдын тушунда
Каяшаяк калган жок,
Каш кайтарар неме жок,
Укурук кайрар калган жок.
Журт жуураттай уюду,
Ою менен калың эл,
Көп дүйнөгө батышты.
Кырк тамандан ордону
Тамашага атышып,
Кыйла оюн-тамаша
Журт чуркурап батышты.

www.bizdin.kg

КЫТАЙ КАНЫ ЧОҢ КИТЕНИН ЖИБЕРҮҮСҮ МЕНЕН ЧОҢБИЛГИЧТИН КЫРГЫЗДАРДЫН ЖЫЛКЫСЫНА ТИЙГЕНИ

Эл жайынча жатканда,
Эки тизгин, бир чылбыр
Эптеп колго алды – деп,
Журт коргогон кан болуп,
Журт милдетин алган соң,
Кайнап аткан Каканчын
Башкы шаары Бакбурчун,
Улуңтуңга, Дыңшага,
Угулган экен мынчага.
Кербенчиден кеп чыгып,
Бабасы Манас ордуна
Баштык болуп эр Сейтек
Баатыр чыкты деп угуп,
Ала-Тоо күтүп жер кылып,
Ак калпактуу эл кылып,
Аңдып барса дөөлөрдү
Кара жер менен тең кылып,
Буланы булап алды – деп,
Бузукту Сейтек салды – деп,
Телегейден тең чыгып,
Термелбеген кара көк
Зорлугу Кап-Тоо теңиндей,
Кармалашкан адамды
Кайсап салды деп угуп,
Кербенчиден кеп угуп,
Көз болгонун кемирип,
Баатырдын уулу эр Сейтек
Шумдук чыкты деп угуп.
Кечээ алтымыш жайсаң кенжеси,
Алоокенин эркеси,
Белестин боолуу чатыры,
Бээжиндиктин баатыры,
Көк күбөнү жамынган,
Көк жолборстой чамынган,
Көк ала болот айза алган,
Каарданып бакырса,
Бээжиндин журту байланган.
Калдайдын уулу капырдан,
Кан Коңурбай баатырдан
Баласы экен Байкоңур,
Байкоңурдун өзүнөн,
Караган кара көзүнөн,
Кобур тилдүү такырдан,
Жетим калган Байкоңур,
Коңурбай сындуу баатырдан.
Бадыша экен Байкоңур,
Атасы калча көкжалдан,
Каруусу толук капырдан,
Кайраттуу шумдук баатырдан.
Сыягы суук эренден,
Сырттан көкжал беренден.
Атакесин Күлчоро
Арага жүрүп союптур,
Алты жашар Байкоңур,
Какандын каны болуптур.
Бир нече жыл болгондо,
Кайраттуусу кандыгы,
Кечээ кайнап жаткан Каканды
Айдап жүрүп соргондо,
Урунаарга тоо таппай,
Кечерге чалкар көл таппай,
Керишерге чыр таппай,
Бүт Бээжинди күтүп тур,
Айбатынан карандын
Кырк уруу кытай, көп манжу
Көптүгүнөн түтүптүр.
Кең Бээжинди четтептир,
Каяшаяк бергенди
Көпкөрүнөө өрттөптүр,
Башынан чатак кетпептир,

www.bizdin.kg

Кырк кандын эли кытайдын
Кылт этип бирөө астынан
Кыя басып өтпөптүр.
Өтпөй турган себеби,
Албай түрлүү калк экен,
Ай-ааламга бой бергис,
Байкоңур чочко алп экен.
Алп экендин белгиси,
Бээжинден чыгып беш балбан
Салган экен чоң жаңжал,
Беш балбан түгүл Бээжинди
Бейпай кылып таштаптыр,
Мээнетти артык баштаптыр.
Алпынын баарын аңтарып,
Айла тапкыч жан болуп,
Улук Бээжин, түптүү журт,
Көптүгү түмөн кара курт
Мына ошого кан болуп,
Басташа деп Баскүнчө
Чоң Бээжинден жай болуп,
Кап-Тоосун чалып кайрылып,
Кас санаймын дегендин
Кайнап аткан какандын,
Балбаны жандан айрылып.
Атасынын ордуна
Аалам күткөн кан болуп,
Сурак алып Бээжинден
Сурап турган кезинде,
Опосу тар дүйнөнү
Жыйнап турган кезинде.
Ич этинен ок өтпөс
Кийип турган кезинде,
Кайра айтар бир жан жок,
Кайшаңдатпай Бээжинди
Билип турган кезинде.
Каканчындын алтын так
Минип турган кезинде,
Беттешкени буй болуп
Кыйрап турган кезинде.
Кыйшаңдатпай кырк канды
Сурап турган кезинде.
Даңза жазып, дуу кылып,
Кырк уруу кытай, шибе журт
Ушунун баарын чуу кылып,
Сурап турган кезинде.
Буу жалганчы эң кызык
Дуулап турган кезинде.
Кайыра айткан кандарын
Камап турган кезинде,
Кас болгонун балактап,
Сабап турган кезинде.
Ажал жетип, күн бүтүп,
Ал Байкоңур өлүптүр.
Кырк тогузда Байкоңур,
Барса-келбес чын жайын
Кайран киши көрүптүр.
Бу түбүң түшкөн дүйнөдөн
Кимдер опа көрүптүр.
Ошо зор кан өлгөндө,
Жетим калып чоң Ките
Жетилген экен кезекте,
Кабарын уккан бүлүнүп,
Көпкөк темир кийинип,
Кабарын угуп көргөн жан
Кайран жандан түңүлүп,
Туюкту бузуп, жол кылып,
Баатырдыгын, эрдигин
Ай-ааламга тең кылып,
Ажыдаардай оп тартып,
Алышканды жутчу экен,
Айзалашып сайышса,
Далай жанды утчу экен.
Узун кулак, эң ыктуу,
Айла билгич акылман,
Артык кыйды көрөгөч,
Ажарын көргөн чочуган,
Атасынан артыкча
Ажайыптан окуган.
Жүрүмүнөн чаң чыккан,
Айбаттанып айкырса,

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

Каканчыдан жан чыккан,
Беттеп бир жан барбаган,
Кутуруп өлгөн какандан
Каяша айтар калбаган.
Алымын журтка ашырган,
Айбат, зордук, кордугун
Жайнап аткан кытайдын
Кабыргага батырган.
Айбаттуу, заардуу кан болгон,
Каяшаяк берем – деп,
Эчен балбан жай болгон.
Куйкаланган кутургур,
Кулжуңдаган өрттөнгүр,
Бир күн жатып чоң Ките
Каарданып камынып,
Кан ичерди сагынып,
Арстандай көз жайнап,
Ачууланып тиш кайрап,
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай,
Оолуккандан күркүрөп:
«Ките жинди болду» – деп,
Калың кытай, кайран журт
Кайран жандан түңүлүп,
Сыйкырчысы, балчысы,
Кандан кабар алчусу,
Жоо көргөндө жабылган,
Адамдын мурду, кулагын
Тумар кылып тагынган.
Сакчылары санча бар,
Темир короо капкасы
Чочуса жанды жай кылчу
Капкадагы бакмачы,
Баарына үркүн салыптыр.
Журт бузулуп, чуу болуп,
Кара кытай манжуну
Кудай уруп салыптыр.
Канга эмне болгон – деп,
Калың кытай бүлүнүп,
Кайран жандан түңүлүп,
Калк чуркурап эл дүрбөп,
Канга эмине болду – деп,
Каарданып кутурса,
Калың кытай манжуну
Ажыдаардай сорду – деп,
Тутанып өлгөн чочкого,
Кандай балаа болду – деп,
Эл элтеңдеп, журт шашып,
Кандын каары билинип,
Калтырап жандын баарысы
Кайран жандан түңүлүп,
Эл толкундап турганда
Кан алдында мунара,
Бузулуп кеткен чочконун
Мунарасын сураба.
Кырк өгүзгө сүйрөтүп,
Ал эшигин жаптырган.
Кокустан душман келер – деп,
Даңза көргөн кутургур,
Азуулуу менен жырткычка
Эшигин мындай бактырган.
Көргөн жанга кара Мар,
Көмүлгүрдү караңар,
Кымбат баалап бекиткен,
Кылыч тумшук пили бар.
Жер-жерге кабар берүүчү,
Кураалы деген аты бар,
Куюн сындуу сыягы,
Куйган темир туягы,
Дүнүйөнү кызыктан
Курган экен бу дагы.
Андан ары басканда,
А десе талап кетүүчү,
Жолборсу он беш төлдөптүр.
Жолу катуу чиркинге
Жолоп адам келбептир.
Тегерете багы бар,
Бак ортодо тагы бар,
Балакеттүү доңуздун,
Айтпаганы дагы бар.
Тактын быяк бетинде,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кутпа жаккы четинде,
Айтылып аткан мунара
Мунараны сураба.
Мунараны сурасаң,
Сан устасын сөктүргөн,
Алтын менен каухардан
Түбүнө мыктап төктүргөн.
Обого мойнун сундурган,
Опсуз кызык кылдырган.
Баспай бенде сандалган,
Бараанын көргөн таң калган.
Кызык кылган кайрадан,
Куйкаланган кутургур
Кыл таштабай жыйнаган,
Бул дүйнөлүк пайдадан.
Кендемеде Кеңтуңдан,
Кенде жайлап эл турган,
Кендемели мунара,
Мунарасын сураба.
Тозокко тууган чочконун
Тогуз миң кулач бийиги,
Үстүндөгү коңгуроо,
Коңгуроосун бир койсо,
Тогуз күндүк жерине
Ашпай-шашпай угулган.
Ырас экен угуму,
Кылган экен амалды,
Келип аткан кербенден
Уккан экен кабарды.
Ал кабарды укканда
Бар балааны баштаптыр.
Бардык кандык, дүнүйө
Талкаланган кутургур
Талак кылып таштаптыр.
Эл дүрбөтүп чыр кылып,
Куйкаланган кутургур
Эчен түрлүү сыр кылып,
Ээн калган Бээжинге
Эбегейсиз чыр кылып,
Каттоочудан кеп угуп,
Кара кыргыз уруудан
Сейтек чыкты деп угуп,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Четтеп чыкты деп угуп,
Кезиккенди буй кылып,
Өрттөп чыкты деп угуп,
Кечээ кармаш кылган душмандын
Канын суудай төктү – деп,
Кармаш кылган Сарыбай
Кармап жерге тыкты – деп,
Атасынан опсолоң
Арта тууган мыкты – деп,
Темирден короо салса да
Элден бүтүн койбойт – деп,
Теңдеше келсе жоготот,
Ичип канга тойбойт – деп,
Кез болгонду кемирип,
Кабылганды кайсаптыр.
Кармашканды утуптур,
Атаман калган орун – деп,
Ак калпак журтун күтүптүр.
Асты калың кара жер,
Тереңинен түтүптүр.
Бул кабарды укканда
Кыйкырык салып күйүнүп,
Кызыталак жандан түңүлүп,
Балакетти баштаптыр,
Кытайга турган кандыгын
Кылга байлап таштаптыр.
Кечээ, таң кашкайып сүргөндө
Жерге жарык тийгенде,
Коңгуроо бекем кагылып,
Капка бакан сыйкырчы,
Тегиз келди жабылып,
Калк жабылып келгенде,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Мына ошондо чоң Ките
Коё берди кеп баштап.
Кылыч булгап кыйкырып,
Кыйындарын чакырып,

www.bizdin.kg

«Солобоң кел, каның кел!
Соолгон кытай баарың кел,
Кайраттууң кел, эриң кел,
Бүгүн кайгылуу каран күн тууду,
Бу жыласты көрүңөр.
Булдур тилдүү буруттун,
Ошол бурут деген журуттун,
Бабасы Манас кан экен.
Каканды бузуп кан болгон,
Кайраты мынча бар экен.
Суурулбаган Бээжинден,
Сурак алып туруптур,
Манас сурак кылганда,
Калың кытай куруптур.
Көксөө болгон чалдарын,
Шылдың кылып бийлетип,
Күжүрмөндүү балбанга,
Чылгый тери ийлетип,
Үч үйлүүгө бир казан,
Алым кылып бактырып,
Атка минер мыктыны
Койбой башын чаптырып,
Өкүмдү минтип кылганда,
Өкүлдөп Манас турганда
Багы баштап кетиптир.
Бабам экен Коңурбай,
Ошондо ажал жетиптир.
Чабылган көкжал өлүптүр,
Кайра тартпас чын жолун
Кан атамдан көрүптүр.
Өпкө жарып, баш кесип,
Ошентишип келиптир.
Кечээ, ай бөксөрүп, күн өтүп,
Арадан нечен жыл өтүп,
Эл жаңырып, журт толуп,
Жер жаңырып, чөп болуп
Келип кеткен убакта,
Кара сакал ак болуп,
Картая турган чак болуп,
Кечээ, токсон бешке жаш толуп,
Толуп аткан кытайга
Тоодой бабам баш болуп.
Так ошентип келгенде
Беренден туулган Семетей
Белин бекем бууптур,
Манастын күнүн кууптур.
Өзөктөн кайнап өрт чыгып,
Өздөн душман жоо чыгып,
Атам Коңтөрөнү союптур.
Эскара менен атамдын,
Башын кесип салыптыр,
Бүлүктү минтип салыптыр.
Доор-кыямат болгуча,
Укум менен тукумга
Унутулбай калыптыр.
Бабаман туулуп Байкоңур
Каканды мынча сураптыр,
Опаасы жок дүйнөнүн
Сан түмөнүн жыйнаптыр.
Кырк тогузга толгондо,
Какандын алтын коргондо
Ал атакем өлүптүр.
Балам Китем калды – деп,
Аман болсо кулунум,
Бир кыргынды салар – деп,
Атанын кунун алар – деп,
Өтүп кеткен атамдын
Эң арманы бул экен» –
Деп, ошентип чоң Ките
Арманын айтып акырын,
Ойду-тоону сапырып,
Көк болотун салынып,
Көргөндө көөдөн бөлүнүп,
Бабасы канкор Калчадан,
Өз атасы Коңурдан
Өзгөчө мыкты көрүнүп,
Кылыч сууруп, эл ийрип,
Кылыгы журтка даң болуп,
Айткан сөзү заар болуп,
Мунардан өкүм баштады.

www.bizdin.kg

Буйругуна жан түтпөй,
Кароолдо жарым кандары
Бузулуп кете таштады.
Кан буйругу кыямат,
Эки дээр күн кайда,
Каарлуу иши чоң дозок,
Беттеп келер бет кайда,
Айбаттуу кандын өзүнө
Тик кароого көз кайда,
Тим тур деп айтар сөз кайда!
Калтаң туруп какан эл,
Кандай буйрук кылат – деп,
Калтырады кайран эл.
Шыбырашып сүйлөшүп,
Бир ууга кирди кайран эл.
Санаа санга бөлүнүп,
Адам буту жеталгыс,
Бир сууга кирди кайран эл.
Көңдемеде Кеңтуңду
Кендей жайлап эл турду,
Кыймылы жок, бырсы жок,
Кылт деп кеткен тырсы жок,
Жуурат болуп эл уюп,
Эл түктөнүп турду эле.
Алты тулпар ат менен,
Аземдеп жазган кат менен
Толгон жаңжал таптырды,
Дорголорун чаптырды.
Каканга бүлүк салдырып,
Узун кулак укумчул,
Артык билген адамдан
Сан кишиден бир киши
Койбой тандап алдырып,
Сакалдуудан, карыдан,
Ажайыптан окуган
Артык билгич баарынан,
Кожожаш уулу Чоңбилгич,
Атасын Манас союптур,
Ошо кезде Чоңбилгич
Сексенде жашы болуптур.
Атагын уккан чочуптур,
Барса-келбес окуудан,
Ажыдаардын алдынан,
Суук ашуунун төрүнөн,
Ниеткөл деген көлүнөн
Он эки жылы окуптур,
Сыйкырлыкты кылыптыр.
Асмандагы булутту,
Кыш булутту жай күнгө,
Жай булутту кыш күнгө
Аралаша буруптур.
Аны кошо алдырып,
Кечээ, Бээжинден чыккан Каракан,
Такка минген тазалар,
Сыйкырчылар, билгичтер,
Күрмө кийген күчтүүлөр
Таш сайынган тазалар,
Далайды билген камбылдар,
Ажыдаардай заардуулар,
Айбаты мыкты каардуулар,
Акылга дыйкан ыктуулар,
Таза болор багы – деп,
Кербезденип кержейип,
Келбей койсо дагы – деп,
Арпасын чийки оромун,
Калмак малын каптатып,
Аштыгына кономун.
Оокат-суусун бурамын,
Каптап буудай алдырбай,
Казынага жарым кыл
Кылдай неме салдырбай,
Өкүмдөрүн кырамын.
Манжуу кытай ушу – деп,
Мен жаңжалдаша турамын.
Муну укканда Чоңбилгич
Каканга чыдап туралбай,
Желжеткис жорго миниптир,
Жеткилең торко кийиптир.
Адыр кечип, жол жүрүп,
Албан түрдүү жол жүрүп,

www.bizdin.kg

Чоң Китеге келиптир.
Алышса жанды койбоптур,
Ичип ашка тойбоптур,
Кеңдеменин түбүнө
Келип жетип турду эле.
Бабасы Калча бадырек,
Байкаса салды чоң дүмөк.
Укум билген эрендер,
Узун кулак берендер,
Кап-Тоосундай зорлорум,
Кантип турам дүйнөгө,
Ушундай болду болжолум.
Айран калып канча жан,
Атамды бурут союптур.
Бабаларым талкалап,
Бурут малга тоюптур.
Атадан жетим төрөлүп,
Жөргөлөп жүрүп эр болдум,
Күрмө кийген кан болдум.
Кыргыз турмак кылымга
Чаркым жетер жан болдум.
Алсыз болсо бурутту,
Бузулуп кеткен журутту
Дүмөк салып добушун,
Кетмендейли конушун,
Кыйырлуусун кыралы,
Өкүмсүгөн өлгүрдү
Өрт өчкөндөй кылалы.
Кайнап аткан каканга
Келбегендей кылалы!
Улук-кичик, калың эл,
Бу дегеним эппи – деп,
Көк темирден калканы.
Оролду-Тоодой көрүнүп,
Оозунан чыккан кара заар
Октос берип бөлүнүп.
Алдыңкы ээрди албайып,
Үстүңкү ээрди далбайып,
Өзү эңчейген, көзү тик,
Көркөмү каар, сөзү тик,
Көрсөң түрү момундай
Канжа тартып, дуу кылып,
Калың элге чуу кылып,
Акылга толук заары күч,
Көркөмү бөлөк бир башка,
Көкжал Калча тукуму.
Кылымдын каны көйкашка,
Сайылган көркөм муруту,
Заманасы куурулуп,
Сары оору болду журуту.
Болуп келген балбандар,
Аң-таң калды кыйла жан,
Акыл айран мас болуп,
Каяшаяк берчү жан
Кайнаган журтта аз болуп,
Көркөм иште көкжалдын
Көрүнөө кебин уккан соң,
Көркү кетти көп жандын.
Ак сакалдуу карганын
Кара сакал карады,
Кара сакал кайшактап,
Боз балдарга барады.
Кайратынан капырдын
Боз балдардын баарысы
Качып-качып тарады.
Күмүрөй түшкөн Китеге
Күйүт түшүп калды эми,
Болот калкан колунда,
Болжолдоп кылган чоң күпү,
Ок өтпөс тону жонунда,
Обол баштан кан өлүп,
Кан өлгөндө калың журт
Калган экен дени өлүп.
Мына ошондо Чоңбилгич
Баш көтөрүп барбайып,
Баатыр экен каканга
Көрүнгөн экен дардайып,
Туу алдынан бөлүнүп,
Жадыгөйү көрүнүп,
Бул айтканың чын болсо,

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Баатыр болсоң шумдук кыл,
Кылтылдабай чындык кыл.
Баатырымсың, шеримсиң,
Добул урса жел тийбес,
Доочуларга мал бербес,
Улугумсуң, тушумсуң,
Мүнүшкөргө табылбас
Бозум түлөк кушумсуң!
Карарыма көзүмсүң,
Кабылганды кайсаган
Кара көкжал бөрүмсүң.
Караңгыда жапжарык
Караан кылган канымсың.
Кара кыргыз буруттун,
Бурут деген журуттун
Өзү булдур тилинде,
Кошулбас душман зилинде,
Буйрук кылсаң барабыз,
Чекилдеген буруттун
Баатыр, чекене жинин кагабыз.
Ажал каалап күн бүтсө,
Кеткен адам кайрылгыс,
Сапар жолун табабыз,
Кан буйругу эки эмес,
Баатыр, каалап турсаң барабыз.
Көп акылды кылдыңыз,
Көөдөндөгү бар сөздү
Көрүнөө козгоп турдуңуз.
Кан кааласа жаңжалды
Буйругуңа турубуз,
Күчтүүлөргө, балбанга
Буйругунду кылыңыз.
Ошо Сейтек баатырдын
Балганадан көргөмүн,
Көркөмү башка эр деген,
Көчүн жанга бербеген,
Кайнар сууну жердеген,
Кармашып киши жеңбеген,
Боору кара, сырты көк,
Болжолу жок кара көк,
Бендеден кайсар эр деген.
Кыраандыгы, шердиги,
Бабасы көкжал Манастын
Дал өзүндөй эр деген.
Желпиништен кол салып,
Желмогуз уулу жеңбеген,
Ал бир жетигирээк эр деген.
Барса сынга баралык,
Бардыгерин сынайлык,
Баатыр, жаман айтпай, жакшы жок,
Оорубаста бакшы жок!
Бардык жөнүн билелик,
Ала көөдөн кем болсо,
Төбөсүнөн басалык.
Атасындай шер болсо,
Кайрылгыча шашалык,
Кыраандуусун кырдайлык,
Каражолтой карандын
Кашкалары канча экен,
Кайгуулдан барып сынайлык.
Айтканым ушул билип ал,
Башаасың Ките, тилимди ал!
Кармашар жооң бир мүшкүл,
Оңтойлоп алчу эл эмес,
Ала-Тоо арзан жер эмес,
Айзага даңгыл эң балбан,
Кыргызың оңой эл эмес!
Дарыя суусун бойлогон,
Боо даарыган адам сойлогон,
Муну менен кагышкан кайра
тартпаган,
Кармаш кылып кан Калча
Биз эмес, бабаңыз кайра кайтпаган!
Жол бассаң зоңкок тоо ошол,
Кайыптан жандар жердеген,
Бу каражолтой бурутту
Кармашып бабаң жеңбеген.
Балаасы кымбат, заары күч,
Өзү барса-келбес эл деген,
Ордосу калың жери чың,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Аны менен ойноочу бурут эл эмес,
Оркоюп аткан ала кыр –
Аны оюнчук ашар бел эмес,
Баркылдап жаңжал салуучу,
Манжунун журту ал эмес,
Кайгуулга чыкчу жер эмес,
Буга камынбай барчу эл эмес!
Кырк уруу Кытай улуу журт,
Күрмө кийген канын жый,
Күлдү журтту кор кылбай,
Күчтүүсүнүн баарын жый,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Чуулгандуу чунагың
Чоңбилгич сүйлөп кеп таштап,
Кеп баштаган себеби
Балбан да экен, шер да экен,
Өзү жоонун айласын
Артыкча билген эр экен.
Эми Чоңбилгич мындай дээр экен:
«Күрмө кийген күчтүүң чык,
Таш сайынган тазадан
Журт коруучу эриң чык.
Кара мылтык карс этсе,
Качып жолго кирбеген,
Өлөм деп башка кирбеген,
Тобокелчил ыктууң чык.
Толуп аткан сан колго,
Токтолбой кирчү мыктың чык!
Журт кыжылдап турганда
Өрттөнгөн өрттөй бет алып,
Кыйкырып айза сунганда,
Намыска турган эриң чык,
Акылга дыйкан шериң чык.
Эңишсең кыргыз эр ошол,
Эренден тууган эр Сейтек,
Эзилишсең шер ошол,
Эңишсе моокум кандырган,
Эбегейсиз эр ошол.
Айза урса жүрөк талдырган,
Ак калпак кыргыз эл ошол.
Көкала калкан ойногон,
Жаңжал десе, жоо десе
Шимирсе канга тойбогон,
Этеги кенен, жолу ачык,
Эр кыргыз деген эл ошол.
Күүлөнүп күкүк чакырган,
Тоо-тоодон элик бакырган,
Өңдүрдөн суусу күүлөнгөн,
Өйүздөн булбул сүйлөнгөн,
Беттешкен жоосу болбогон,
Бу карасаат бурут журт,
Бир жерге эки конбогон,
Тоо салкындап токтогон.
Тоодой, нардай тулпары
Тоодой дөбө оттогон.
Чалсаңыз бийик тоо ошол,
Чабышсаң кыргыз эл ошол» –
Деп, ошентип Чоңбилгич
Атка оюнчу жөө күлүк,
Айзага даңгыл эң ыктуу,
Артыкча балбан эң мыкты,
Кытай бузуларда чыгуучу,
Чалгынга чыксса жол ачык,
Чабышка кирсе кол ачык.
Каарлуу жакка таңылбас,
Караңгыда жаа тартса,
Кылдан да чочко жаңылбас.
Тиктегенде мерген кул,
Атасынан бабага
Куба келген мерген кул.
Каарына калганда,
Кабылган жоону терген кул.
Бул топон суу жетпес Бээжиндин,
Ырысына келген кул,
Чоңбилгич мындай деген соң,
Чогулбас кытай эркиби,
Чоң улук минтип турган соң,
Чочубас элдин көркүбү.
Чоң Ките менен Билгичтин
Балбандыгы билинип,

www.bizdin.kg

Байкоостон түрүн көргөн жан,
Байкуш жандан түңүлүп,
Түңүлүп турган себеби
Оркойтуп улук айткан кеп,
Огеле мүшкүл иш болуп,
Ойлогон жандан түңүлүп,
Опаасы тар о дүйнө,
Жалгандыгы билинип,
Керээзин айтып келжиреп,
Кейип жүргөн менде көп.
Бир кежир ишке түштүк – деп,
Шашып жүргөн менде көп,
Кан жарлыгы келген соң,
Калың элдер чуу туруп,
Жолго койдой чубады.
Жолу каткан Чоңбилгич
Жолумдуусун сынады.
Артык даңгыл эрдиги
Аярларга билинди.
Сан кишиден бир адам,
Кечээ ушул жарайт – деп,
Каражолтой Билгичтин,
Даңзасына чийилди.
Барар жандан бир жүзчө,
Чекмегине илинип,
Бу карасаат Китенин
Кан экени билинип,
Табылгы жакса чок өткүс,
Тон мыктысын кийгизип,
Сапар жүрсө куш жеткис,
Ат күлүгүн мингизип,
Каяшаяк бергенин
Кармап алып жай кылып,
Аярларга бир киши,
Чоңбилгичти кан кылып,
Буркан кармап чуу кылып,
Кайнап аткан Бээжинге
Менде унуткус дуу кылып,
Бейли арам кытай жай болуп,
Кырк кандын эли кытайга,
Кымбат Ките кан болуп,
Эки тизгин, бир чылбыр
Эр экен Ките алыптыр,
Кан Эсенкан ордуна
Бадыша болуп калыптыр.
Өч алууга кол жыйнап,
Балбандарын мол жыйнап,
Күрмөсүн жаап жонуна,
Күйүп өлгөн кутургур
Жүз аяр берип жанына
Билгичти салды жолуна.
Кетмен туяк, кең соору,
Кенен жердин тулпары
Келишимдүү ат минип,
Кыл куйругун шарт түйүп,
Жай-жарагын шайланып,
Алты бакыр жанказан
Ар кимиси байланып,
Каспаңдын кара тоосун айланып,
Бөксөгө мөндүр жаадырып,
Түз талааны кара туман алдырып,
Тоо тоонун башынан
Аркалып туман бөлүнүп,
Артык шектүү жерлерге
Адам билип коёт – деп,
Асмандан алты сай мөңгү төгүлтүп,
Жадыгөйлүү чочконун
Жайчылыгы көрүнүп,
Жайнап тегиз силкинип,
Жердин чөбү бөлүнүп,
Мурун жарган жөө туман
Жерге жакын төгүлүп,
Туш-тушунан зыркырап
Муздак шамал бөлүнүп,
Адырдын баарын карасаң
Аңгилеп жүргөн суу алып,
Чөл, талаанын баарысын
Көз көрүнбөс буу алып,
Жадаалдыгы билинип,
Чоңбилгич булут бурганда,

www.bizdin.kg

Күндү жайлап турганда,
Жан-жаныбар, макулук
Ажалы бар тутулуп,
Ажалсыздын баарысы
Чээнге кирип кутулуп,
Аркайган тоонун баарысы
Ак кары чырмап тутулуп,
Оттоп жүргөн куландар
Чөлгө качып кутулуп,
Колу экен жүз киши,
Күлдү адам тулпарга
Күлазыктан жүктөтүп,
Жаадан копшоп ок алып,
Жаныҥ чыккан карасаат
Жан жолдошун чогуу алып,
Жол чалычу дагы бар,
Сынап алган балбандар,
Бирөө миҥ кишилик алы бар.
Кайраты күчтүү, заары күч,
Казаттын жөнү ушундай,
Кайран жанга келди күч,
Эрендер жүрүп балкылдап,
Көмкөрүлүү шуру таш
Төбөсүндө жаркылдап,
Кымбаттуу көздөр илинип,
Кытайлык түрү билинип,
Көзүндө айнек балкылдап,
Жаткан нардай кара чач
Ай далыда жаркылдап,
Узун чалбар кеҥ ыштан
Алтымыш теке терисин
Шым тиктирген кандагай,
Багалек башка көрүнүп,
Кулан кууп, теке атып,
Кутуруп өлгөн чочколор
Куп кызыкка чоҥ батып,
Кароол карап, жер чалып,
Кашатка чыкса даҥ салып,
Адамдан бөлөк баркы бар,
Кан төгүүгө атайы,
Камынган экен каркыбар.
Бээжинден чыгып келгендер,
Кайраты башка капырлар,
Бирөө миҥдик баатырлар.
Жоо дегенде бүлүнгөн,
Ажал десе сүйүнгөн,
Жаанам кезген эрендер,
Жай таппай турган берендер.
Капсаҥдын бою кара арча
Кара арча боюн сыдырып,
Карарган түмөн жан менен
Алтындын кенин кыдырып,
Чай алган тоону бакалап,
Каршандын боюп жакалап,
Доҥкойгон эчен тоо ашып,
Томурайган сай кечип,
Ат арытып, жер чалып,
Жер арбытып, даҥ салып,
Кулан кууп, теке атып,
Көп кызыкка эҥ батып,
Түп-Бээжиндин түмөн жол
Түндө жүрүп келатат,
Түнөрүҥкү Бээжинден
Күндө жүрүп келатат.
Каман баскан капчалдан
Кайгырбастан жол жүрүп,
Түлкү жүрбөс түзөҥдөн
Ат аябай мол жүрүп,
Ай бөксөрүп, күн өтүп,
Арадан эчен күн өтүп,
Ат желигип бук болуп,
Эрендин баары ык болуп,
Күндө тынып калбастан,
Күн тынымын албастан.
Карарып кашат көрүнүп
Эчки жүрбөс эшилме,
Эшилме ылдый бөлүнүп,
Адырдын бою Ат-Ойнок,
Ат-Ойнок чыга конду эми,
Ат-Ойноктун быягы,

139*

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Эчки-Өлбөстүн тыягы,
Тоңкойгон тоонун тумшугу,
Тогуз кырдын урчугу,
Ак-Урчукка келгенде,
Аңгемеси чоң мүшкүл,
Астын баштап Чоңбилгич
Аркырап туман салыптыр,
Турбай жини бек кармап,
Туткактанып кутургур
Күндү жайлап салыптыр.
Жер соорусу Боз-Талаа
Боз талаада калыптыр,
Ак капталдан шор экен,
Барса-келбес жол экен,
Жер капканы кең Кордой,
Адамзат шашпаган,
Төрт аяктуу айбандын
Бирөө каттап баспаган,
Мээнет-Талаа дээр экен.
Жан-жаныбар макулук
Кез болсом өлдүм дээр экен.
Топурак тоодой жыйылган,
Күндүз жүргөн кишинин
Күндө ырысы кыйылган,
Ат тизеден орногон,
Жаралган менде уулунан
Мүшкүл мындай болбогон.
Куму тоодой жыйылган,
Түндө жүргөн адамдын
Түндө ырысы кыйылган.
Боз-Талаасы дээр экен,
Жолугуп калган адамдар,
Өлүм камын жээр экен.
Бука кийик, төө кийик,
Койбос, тайбас жырткычтар,
Оюн салган куландар,
Заары кымбат жыландар,
Бөрсө деген дагы бар,
Кулак угуп, көз көргүс,
Угулбас жандын баары бар,
Керик пилди жеген бар,
Атын билген бир жан жок
Кылыч куйрук деген бар,
Кыстоо кирип жол жүрүп
Кыйын мүшкүл жол көрүп,
Кызыталак жол көрүп,
Бул талааны көргөндө,
Алыстан көргөн Чоңбилгич
Артык тууган Чоңбилгич,
Кадимки жайды салды эле,
Кең дүнүйө тар болуп,
Түзөң буткул жерлери,
Ат капталдан кар болуп,
Өлүмгө алтоо тутулуп,
Өлбөй тирүү токсон төрт,
Мүшкүлдүү жолдон кутулуп,
Жылдыз байкап, жолду оңдоп,
Арстандыгы билинип,
Аркайып аткан Ала-Тоо,
Ала-Тоого илинип.
Тоо башынан жол жүрүп,
Токтолбостон мол жүрүп,
Кароол койгон жер чардап,
Капчал чалып, тоо тандап,
Ала-Тоону жакалап,
Сай тулпарды такалап,
Кароолго чыгып келген жер.
Муну мындай таштайлы,
Кабылан уулу эр Сейтек,
Мындан кабар баштайлы.
Түпкүсүнүн баары кан,
Түбүнөн Кыдыр даарыган.
Бабасы балбан шер болгон,
Башкы атасы эр болгон.
Басташып келген көп душман,
Кайраты жанга көрүнгөн,
Бет алышкан душмандын
Каны суудай төгүлгөн.
Түнөп өткөн жерине
Дүпкүрлөп мазар орногон.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Түбүнөн Кудай колдогон.
Түгөнгөндө түтөгөн,
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Кетилген сайын кеңиген.
Кызырлуу шердин тукуму,
Ач болоттун тукулу,
Камсыкпаган кайран шер,
Кайгырбаган көкжал эр.
Өзөндү кесип май кылган,
Өткөрө жанга тийгенде
Өз жакынын жай кылган,
Өткөрө султан Семетей,
Семетейдин тукуму,
Жедигер барып чоңойгон.
Жерге күтүп зор болгон,
Каарына калганда
Капталдан кара кан болгон.
Кастарын тигип көй душман
Канча бири жай болгон.
Арстан тууган эр Сейтек,
Кабыландай камынган,
Периден бурак ат келип,
Кайран шердин Сейтеги
Камынса жоого минсин – деп,
Кар болбой жоого тийсин – деп,
Периден келген Кулунсур,
Желгенине желжеткис,
Басканына мал жеткис,
Кең көкүрөк, жайык төш,
Аркасы бөлөк зээри кыр,
Серпишке кирсе салат чыр.
Байлап салса турбаган,
Бута бою аң келсе,
Бура тартпай чураган.
Куйругу бөлөк, заары күч,
Кулун мүчө, бели түз,
Чаткаягы колоттой
Маңдайга бүткөн кашка тиш,
Уста соккон болоттой,
Каракушу кумгандай,
Үч кошкондун кошогу,
Алты карыш казанды
Асыл койсо тургандай.
Семиргени сүмбөдөй,
Секиргени бүргөдөй,
Балтыры бала белиндей,
Басканы сырттын желиндей.
Бура тарткан куланды,
Бурулса басып жегидей.
Канаттуу качып кутулбас,
Каранды мүшкүл болбосо,
Кармашкан жоого тутулбас.
Казанат түлүк Кулунсур,
Арпа берсе чайнаган,
Айбандан борум жаныбар,
Аркардай көзү жайнаган.
Буудайды жара чайнаган,
Куп жаралган Кулунсур,
Кулжадай көзү жайнаган.
Ал күнү Сейтек кайран шер,
Ээрин алып жайдактап,
Алтын тутка чоң чидер,
Аны салып баймактап,
Аса байлап алыптыр,
Этин тартып каранды,
Аса байлап салыптыр.
Боосу алтын болжоодо,
Борумдаган дилделеп,
Акберметтин ордодо
Кең кызыкка батыптыр.
Он күнү Сейтек былк этпей,
Мелтиреген бейтаалай,
Перизатта жатыптыр.
Беризаада Берметиң –
Кең көйнөктүн тазасы,
Кеп сүйлөсө сөз жетпейт,
Өзү ургаачынын башаасы.
Маңдайы жарык, сөзү алтын,
Тили шекер, эң булбул,
Тиктесең Чолпон эң кургур.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кичипейил ак маңдай,
Беризаада бейбакка,
Бенде өзү чак келбейт,
Жаратылган ар кандай.
Ошо түнү жатканда
Уктап кызык түш көргөн,
Ушундай мыкты иш көргөн.
Көргөн түшүн жай көргөн,
Толукшуган ай көргөн,
Оң жагынан күн көрүп,
Көп кызыкка батышкан.
Жана түшүн караса,
Ач арстан кабылан,
Ал Сейтекке табылган.
Кабылганын кайсаптыр,
Кезиккенин кетиптир,
Заарына жан турбай,
Жер өрттөнүп өтүптүр.
Каргыдан Сейтек алыптыр,
Жан-жаныбар макулук,
Батарына көр таппай,
Кирерине жер таппай,
Куйкаланып кум түйүп,
Качып-шашып бөрү улуп,
Макулук жандан түңүлгөн.
Кара бүркүт куш алып,
Каргылуу тайган из салып,
Каканга коргон куруптур,
Агытканын кырыптыр.
Ошо салган бүркүтү,
Көзү ачылган ороодой,
Тумшугу болот бороодой,
Тумшуктары барбаят,
Туяктары калжаят,
Кармаган жерден кан жаят.
Азуулуунун баарысы
Арстан, бөрү жуткучу,
Айла таппай күйүптүр,
Капчалга качып кириптир.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айлана кыдырып,
Салбуурундап аң уулап,
Бу кызыкка батыптыр.
Мединанын беш бурчун,
Беш айлана кыдырып,
Белгилүү жерден баарысын
Тамам кылып жатыптыр.
Баатыр Сейтек экен – деп,
Ай-аалам атын билиптир.
Кабыланга чыр салып,
Жолборско ушу кириптир.
Жолукканын буй кылып,
Ошол бүркүт илиптир.
Жоругуна жообунун,
Кызыгына кубанып,
Ат арытып, жер чалып,
Томого тартып, куш салып,
Барчу жерге барбаптыр,
Бу Сейтектин алдына
Каяша айтар калбаптыр.
Жана жатып түш көрсө
Берен Сейтек кабылан
Эки болот табылган,
Ал болоттун белгиси –
Шилтесе таштан тартпаптыр,
Кастарлап чапкан жеринен
Кан төкпөй куру кайтпаптыр.
Кабын сонун каптаган,
Өткүр болот экен – деп,
Уста атасы чоң Дөөтү,
Ошол көрүп мактаган.
Чалгын жүрүп оолугуп,
Чоңдугу Кап-Тоо тоосундай,
Ажыдаарга жолугуп,
Эки түгөй курч кылыч
Ажыдаарга ал жетпей,
Илебине от өтпөй,
Чабышып чама келе албай,
Күн чыгыштан күүлөнүп,
Күн чыгышка токтоду.

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Жердин жүзүп куйкалап,
Ал ажыдаар октоду.
Кармашып Сейтек кабылан
Дүнүйөдөн жок болду.
Каарлууга ал жетпей,
Каны калган бир кашык,
Эти калган көк жашык.
Кылыч кыйрап сабынан,
Жүрөк чыккан кабынан,
От жүрөк кургур козголгон,
Эл жердеген Ала-Тоо
Тополоңу тоз болгон.
Жаккан оту өчүлгөн,
Жардай кыргыз көп элди
Жалмаңдап соруп кутургур
Жан-жабыла көчүргөн.
Кабылганын кайсаган,
Кез болгонду кемирген,
Ээсиз жайлап бул калган
Эчен аял тул калган,
Кадуулап калкы конуптур.
Балаалуу шорго катылып,
Кылым журт кыргын болуптур,
Кылт эткендин баарысын
Күн чыгыштан соруптур.
Айдап койгон эгинди
Бышырбай чийки оруптур.
Каяшаяк бергенди,
Чыгымдай жутуп соруптур.
Ортодон кылыч үзүлүп,
Караса көзгө илинбей,
Карасаат жыластын,
Кайда экени билинбей,
Караны түнгө малыптыр,
Каяшаяк бергенди,
Кайрылгыс орго салыптыр.
Бул Ала-Тоонун кыргызы,
Мөңкүсө үзүп чыгалгыс,
Бир кымбаттуу тордо калыптыр.
Бул эмине болучу,
Деп, ошентип береки
Перизада бейтаалай,
Акылга дыйкан түгөт ай,
Албан түрлүү түш айтып,
Кереметин бүт айтып,
Перизада байбиче
Белгилүүсү ушундай.
Безилдеп ыйлап кеп салып,
Бейпай болуп сөз сүйлөп,
Кээси жыргал, кээ мүшкүл,
Бири тозок, бир бейиш,
Көргөн түшүн бүт айтып,
Ушу түштү уккан соң,
Берен Сейтек кабылан,
Уйкудан туруп козголуп,
Кайран журттан чочунуп,
Арты эмине болор – деп,
Кулансурду токунуп,
Оңжоңдогон карандын,
Жортсо жолу болор – деп
Кожогойлоп булкунса,
Кол жоорутуп коёр – деп,
Окоро түйгөн нак нокто,
Куп кетирген ушундай,
Кулансурга чак нокто.
Булгаары тердик, көк токум,
Аюу талпак ак быштан,
Азамат минсе чак быштан,
Алдыңкы кашы ак алтын,
Арт жак жагы чылк күмүш,
Эки каптал эн темир,
Ашагандан машаган,
Төрө атасы барында,
Төкөр уста Бөлөкбай,
Керээз кылып жасаган.
Өлүмдөн корккон оңобу,
Өлбөс-житпес дүйнөдөн,
Темир өзөк болобу?
Оюна алып эр Сейтек
Мураага калган каңкы – деп,

www.bizdin.kg

Токунуп баатыр минсин – деп,
Толуп аткан доо келсе,
Тоо омкоргон жоо келсе,
Кайра тартпай кирсин – деп,
Касташкан жанын чыгарып,
Качырып чогуу сүрсүн – деп,
Арка-башын жоорутпас,
Минген көөнүн оорутпас,
Алты ай сапар жол жүрсө,
Ат кейитип мол минсе,
Күндөп-түндөп жол жүрсө,
Атышка кирсе шашпа – деп,
Атайы кылган бул каңкы
Ат бөйрөгүн баспас – деп,
Эртеңки кеткен Бөлөкбай
Кылдаттыгын билер – деп,
Кысталышта эстесе,
Оюна бизди алар – деп,
Ойлоп кылган Ак каңкы
Кулансурга токунуп,
Короздой болгон кайран шер,
Козголбогон кайран эр.
Колун кармап аркалап,
Кобур кылды байбиче,
Мунун коңуту кандай болот – деп,
Козголбостон чалкалап,
Шердин шер экени билинген,
Сезип койбойт кара көк
Ажал десе сүйүнгөн.
Кутубийдин Акжолтой
Куп эрдиги сан колдой,
Маңдайында барааны,
Кадууга кирсе карааны,
Астыга салса ак жолу,
Айыгышкан жоо келсе,
Аманат жанга доо келсе,
Жеке башы сан колдой,
Кулансур сындуу ат минип,
Куралган темир тон кийип,
Жарак шайлап айза алып,
Жалаң кылыч байланып,
Эңчегер бойлуу, кең далы
Түпөк такпай айза алып,
Түрүн буруп шаштырып,
Эр Сейтектин ордого,
Перизаттын коргонго,
Көкжал Жолтой келди эми.
Акберметтин ордого,
Ордо алдында сыр мамы,
Ордо күткөн он балбан,
Ойлосо кызык көп адам,
Көзү кара нурлуудан,
Келенкер сору, кең чачпак,
Келишимдүү сулуудан,
Жайнаган бото көздүүдөн,
Шекерден таттуу сөздүүдөн,
Бели кындай, бети айдай,
Мелтиреген сулуудан.
Көргөндө жүрөк кубанган,
Мелтиреген нурлуудан.
Кайкалап үйгө кирчүдөн,
Эрендерге чын жолдош,
Ички сырды билчүдөн.
Аземге койгон кырк келин,
Акжолтойду көргөндө
Эликтей учуп түйүлүп,
Эң кымбаттуу бейбактын
Эптүүлүгү билинип,
Жаадай чубап жабылып,
Жолтой атын алды эми,
Жолу болчу беренди,
Албайтып аттан алды эми.
Кырк чоро түйгөн ак чылбыр,
Колдон сууруп Жолтойдун
Беш кырдалуу сыр мамы,
Каухар таштап көмөргөн,
Жан-жанына карандын
Чылк алтындан чөгөргөн.
Асты жагын карандын,
Чылка күмүш оронгон,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Бу мамыны сайганда,
Эрениңдин казына,
Эбегейсиз корогон.
Акберметтин кырк келин,
Шака-шука ат байлап,
Шамдагайы болжолсуз,
Шакылдата бат байлап,
Сөөлөтү жандан артты эле,
Буркурап жыпар жыттанып,
Күлбөй сүйлөп мелтиреп,
Күлүмсүрөп келиндер,
Көрө калган адамдын,
Аманат жаны эндиреп,
Шамдагайы болжоосуз,
Эшик тартып калды эми.
Ал Акжолтой кирген соң,
Шамдагайлуу кырк келин,
Жосун кылып жорголоп,
Эндей казы эт коюп,
Эби жок кара арактан,
Уй баш кара жанаяк,
Мелтирете куйду эле.
Кырка күлүп кырк келин
Кымбат Жолтой абаңа
Кылтылдап келип сунду эми.
Сары саамал кымыздан,
Кошумчалап сунду эле.
Муну ичкенде Жолтой эр
Карчыгадай камынат,
Кайран Жолтой оозунан
Кайыптан акыл табылат.
Көзү көрөт алыстан,
Көкжал Жолтой даанышман
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Ай, кулунум Акбермет,
Айтылуу мыш-мыш чын болсо,
Өтүрүк эмес, тың болсо,
Келгендерден кеп уктум,
Керилген көкжал беренге
Түш көргөн экен деп уктум.
Көрүп келдим ишиңди,
Балам, жоруйлук айткан түшүңдү.
Балам, кара бүркүт куш алса,
Каргылуу тайган ит алса,
Кара жерден из чалса,
Болжолу жок кыргызга
Болумдуу Сейтек көкжалың
Бороон жүрсө жел өтпөс
Боз кирешке там болду,
Балам, болжогон душман жай болду.
Ак калпак кыргыз уулуна
Балам, төрөң Сейтек кан болду.
Ордо күтүп, журт бийлеп,
Талаалуу боло тургандыр,
Балам, кара кыран куш алса,
Туягынан заар чыкса,
Кармагандан жан чыкса,
Казына бузуп, мал алып,
Төрөң саналуу болот экен го.
Өзүнөн өөдө кара көк,
Боору кара, сырты көк,
Кылым журтка чыр салган,
Тоону бузуп жол кылган,
Каяшаяк бергенди,
Айдап жүрүп кор кылган,
Болот айза көөлөгөн,
Ай-ааламды жөөлөгөн,
Балалуу болот экен го.
Тилге келген бусурман,
Тили менен багынткан,
Тил билбеген макоону,
Айдап жүрүп жалынткан.
Болоттон айза ойноткон,
Болжогонун сойлоткон,
Тулаң жерди тутанткан,
Өчмөнтөйду өрттөгөн,
Багы эшиктен кетпеген,
Балам, Бермет сен төрөп,
Баатырыңа байлануу
Жолборс келет турбайбы.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Арстандай эр Кенен
Бала төрөйт турбайбы.
Болот капка жоо бузгус,
Ай-аалам эли эр Кенен,
Балалуу болот экенсиз,
Секиге айлың конот ко,
Ата балам, Акбермет,
Шерге талгак болот ко...
Айбаты шердей чамынган,
Тоону бузуп жол кылган,
Ай-ааламды кор кылган,
Уулдуу болот экенсиз.
Тоюна токсон соёрбуз,
Балам атын Кенен коёрбуз,
Ал Кудайдын бериши,
Чын дөөлөттүн келиши,
Ала-Тоо күтүп жер кылса,
Ак өзөндөн жай алса,
Мекен кылган Ала-Тоо
Баана болот экен го.
Оң колуна ай алса,
Оолукканда күн алса,
Ай ордуна Күн салып,
Күн ордуна Ай салса,
Күлдү кара капырга,
Салыш кылат экенбиз.
Жаралган бенде уулуна,
Баатыр болуп эр Сейтек,
Чалыш кылат экенбиз.
Тең жарымдап Кытайдын,
Жерин алат экенбиз.
Өткөн ата-бабанын,
Ата балам, Акбермет,
Кегин алат экенбиз.
Чынмачынга чыр кылып,
Жандап чыгат экенбиз,
Жалпы душман жоо келсе,
Өпкөлөшкөн доо келсе,
Жаккан отун өчүрүп,
Жалпы баарын көчүрүп,
Каршы-терши калаган,
Кагышса бенде жадаган,
Ченебеген душмандын,
Чегин бузат экенбиз.
Балам, четтеп келген жоолордун,
Кебин бузат экенбиз.
Жорудум түшүң ушундай,
Түш келбесин туш келсин.
Ата балам, Акбермет,
Андан кийин түшүбүз,
Кыйын экен ишибиз.
Күн чыгышка токтосо,
Күлдү чөптөн түк койбой
Жердин жүзүн оттосо –
Бүгүн көргөн эртең жок,
Бул алдамчы дүйнө бок.
Түшүң оор керемет,
Эки кылыч курчалса,
Куралуу жерден таш жарса,
Таштан тайып кетпесе,
Кажап келген ажыдаар,
Ажыдаарды чапканда
Кылыч эки бөлүнсө,
Жер жүзүнө ажыдаар
Бала каары төгүлсө,
Балакет мүшкүл иш чыгып,
Бизди байкуш кылат турбайбы.
Ал бадирек чабылгыр,
Канат сынып кайгырган
Тайкы кылат турбайбы!» –
Деп, ошентип Акжолтой
Түш аягын боктоду,
Уу ичкендей токтоду.
Минтип Жолтой турганда
Кабарчысы Кадике,
Жылкычынын эрени.
Энтеленде дуу кылып,
Кабар айтып келгени.
Баатыр, Кичи-Чычкан, Чоң-Чычкан,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кең Таластын өзөнү,
Барааны тоодой жүз адам,
Сыягы бөлөк, заары күч
Биздин кыргыз эл эмес,
Кызыталак карандын,
Кылыктары жөн эмес,
Биздин элдин заты эмес,
Кетмен туяк кең соору,
Кенен жердин тулпары,
Биздин жердин аты эмес.
Кызыталак карандын,
Кылыктары жөн эмес,
Биздин элдин заты эмес,
Кетмен туяк, кең соору,
Кенен жердин тулпары,
Сыягы бөлөк зат эмес,
Биздин жердин аты эмес.
Бекер куйрук-жал эмес,
Ак калпак журттун малы эмес.
Белестен көрдүм беш балбан,
Бейлеп жандан түңүлдүм,
Бечелдиги курусун,
Бет алып жакын баралбай,
Беренди көздөй жүгүрдүм.
Кейиш түшүп бу жанга,
Кеттим деп жандан түңүлдүм.
Жан-жанынан байкасам,
Жабыркатар жер окшойт,
Кыргыз тийсе колуна,
Кыйшайбаган эл окшойт,
Жолум үйдүн түтүнү,
Жолго чыксам бөлүнбөйт,
Кыргыз тийсе колуна,
Кыжылдаган ал иттер,
Кылчаяр акмак көрүнбөйт.
Тоодо жылкы тобурчак,
Тос-тос болуп бөлүнбөйт.
Жакындап барсам жанына
Жан коёр түрү көрүнбөйт.
Айбаты күчтүү түрү бар,
Кымбат экен айласы,
Кыраңдан туруп байкасам,
Карагайдан айзасы.
Кадыр Алда кудурет,
Караан кылган эр Сейтек,
Сизден айла болбосо,
Кыргыздын кетет окшойт айласы.
Кербенчи болсо, эл болсо
Журтуна кабар салыңыз,
Кейишкен душман жоо болсо,
Кейитпей кыргыз журтуңду
Келген ажал жоо болсо,
Баатыр, ажыратып алыңыз.
Жылкычыдан кеп угуп,
Жылас жоо келди деп угуп,
Атасынан бабасы
Арстандыгын карачы.
Зың-зың этип кенебей
Топон суу толкуп келсе да
Атадан калган эр Сейтек
Бучкагына теңебей,
Балбандыгы башкача
Баатырың турган экен кенебей.
Арсаңдап күлүп сөз баштап,
Акжолтой эрин чакырды,
Аркалуу абам Акжолтой,
Аркаңыз бийик сан колдой.
Ажал жетип, күн бүтсө,
Катылган менде өлбөйбү,
Барса-келбес чын жайын,
Ар кимдер барып көрбөйбү,
Каалаганда эр башка
Кадыр түн өңдүү түн кайда,
Кара кытай манжунун,
Жайчысы келер күн кайда.
Аркалаш турган эл элек,
Кепке келсе кытайды,
Жамандашпай чырдашпай,
Жай-жайына салабыз.
Жамандашса кытайдын,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Бир эсебин табарбыз.
Баатырсынып, эрсинип,
Баарыбыздан шерсинип,
Чекчендесе кокустан,
Чекене жинин кагарбыз.
Өзү тийсе душмандын,
Бир эсебин табарбыз.
Жол жүрсөк жолду оңдосо,
Жолборсум бабам колдосо,
Астыма кызыр жар болсо,
А дүйнө кеткен шерлердин
Арбагы азыр бар болсо,
Жаланган тулпар минебиз,
Кымбаттуу мүшкүл доо болсо,
Кытайдан келген жоо болсо
Каканга чейин сүрөрбүз.
Душман бекен, эл бекен,
Беттешкен жерде билербиз.
Жоо кийимин кийинип,
Көкжалдыгы билинип,
Оолугуп чыдап жөн турбай
Ордодон чыгып аттанып,
Аттанып чыкса Акбермет
Алакан жайып буркурап,
Айласын таппай чыркырап,
Көңүлү санга бөлүнүп,
Дүнүйөдө ой күлүк
Көп мүшкүл көзгө көрүнүп.
Сарамжалдуу бейтаалай,
Ыраңы жашыл көк күпө,
Ал атандык эмес лөк күпө.
Мунун көтөргөнү көп балбан,
Душманга салсаң чоң жаңжал,
Бул керээтимде билгемин.
Бул керишке балбан кийсин – деп,
Кең күпө жасап жүргөмүн.
Топчулугу болоттон,
Жет эли тынбай кыйыдым,
Томурчагын бурдурдум,
Токсон кара балбанга,
Тогуз ай тынбай каранды
Токмок менен урдурдум.
Болоттон кылган шибеге,
Уз адамдар кайыган,
Тиктегенде тим эле,
Адамдын көзү тайыган.
Тешиги калып калат – деп,
Жез оймоктуу уз кемпир,
Ошо сындап кайыган.
Айза менен койгондо,
Түк өтпөй чуу тайыган.
Тегерегин тордоткон,
Торгой көздөп болоттон,
Ар кайсы жерге орноткон.
Атышса мылтык өтпөгөн,
Айзанын учу тешпеген,
Алышка кирчү тон ошол,
Арстаным Сейтек кийиңиз,
Качырган жакты сүрүңүз,
Ал, кызыккан кыйын жол келсе,
Кылымга айдап түрүңүз,
Перизатың бейбакты,
Эсиңе ала жүрүңүз.
Кармашарың кас душман,
Казатыңыз бир мүшкүл,
Кабылан аман болуңуз.
Атам бери кан эле,
Берен атам байкуштун,
Ар түлүгү бар эле.
Атамдан калган Ач албарс,
Таш чапса мизи тартпаган,
Ар төөнү байлап чапканда,
Такалып мизи кайтпаган.
Жетиктеп сабын оңдогон,
Периден чыккан беш уста,
Беш алты жылда сомдогон.
Көөрүгүнө чыдабай,
Көп букалар союлган,
Көмүрүнө чыдабай,
Көк чырпык токой орулган.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Уу тартып мизин кындаган,
Кара нар төөдөн чаптырып,
Кан ичээр жагын сындаган,
Жоругу бөлөк Ач албарс,
Муну жомокчулар ырдаган.
Чабышчу болсоң мүлк ошол,
Кызыгып жоо беттешсе,
Кызыгы мынча болжошум,
Кыя тартып суурсаң,
Бу кылыч кыяматтык жолдошуң.
Көркөмдөп жоону качырсаң,
Көк жалтаң мизи кызарган.
Каарланып шилтесең,
Карасаат жыласың,
Айза бою узарган.
Козголоң тартып шилтесең,
Колуңа кармайт мүлкүңдү,
Козголгон жоого шилтесең,
Кандырат сенин күлкүңдү.
Жоо кийими бир тогуз,
Жоо кийимин кийинип,
Жолу болгон берендин
Жолборстун түрү билинип.
Жоону көздөй аттанса,
Жолу болгон канкордун
Койбос, Тайбас эки алгыр
Асты менен сойлоктоп,
Алп кара куш Зумурук,
Колун салып барбайып,
Асман жакта ойноктоп,
Колдогону бир тогуз
Колдоп алган кези экен.
Ичке жолун төтөлөп,
Аты Кызыр дубана,
Алган экен баатырды
Жыл ооздуктап жетелеп.
Ордодон ойрон чыгаарда
Чын көрөгөч баш болуп,
Кытайдан чыккан алты аяр,
Кымбатты сынап келиптир.
Сыноого келген сынчылар,
Сыртынан карап турчулар,
Баатырдыгын, жөндүгүн
Бая эртең карап алчулар,
Чамасы канча жетерин,
Чаркы мынча экенин,
Калтырбай сөздүн жаңгызын,
Канына айтып барчулар.
Ал сыртынан карап турчулар,
Ал байкостон карап жүрчүлөр,
Ал жаңгыз айтар сөздүүлөр,
Ал жадыгөй эки көздүүлөр,
Ал Бээжинден чыккан бакшылар,
Ал кырк уруу кытай калың эл,
Бек ишенген жакшылар,
Сырттан карар көздүүлөр,
Шыптанган мыкты сөздүүлөр
Кайыгып көрөр тыңчылар,
Адамды көрчү сынчылар,
Аттанып Сейтек жатканда
Ар жабдыгын байланып,
Акбермет берип жатканда,
Карасаат Жолтойдун
Кабарын мыктап көрүптүр,
Дөкөрчү, Маңги дегени
Жосунун көрүп Сейтектин
Жоругун көрүп кайгырып,
Жолборстун өзү экен – деп,
Өлгөн экен бул экөө
Жүрөгү чогуу жарылып.
Тыңдаймын деген тыңчы өлүп,
Бу карасаат экен – деп,
Сынаймын деген сынчы өлүп,
Жоругун көрүп көкжалдын
Сырттан көрүп турчу өлүп,
Байкап туруп Жөөкүлүк –
Жөөкүлүк салып чоң бүлүк,
Ашып-шашып бүлүнүп,
Сыноого келген Жөөкүлүк,
Аманат жандан түңүлүп.

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

Сыноого келген тыңчыдан
Бешөө ажалга жутулуп.
Сырттаны окшойт Жөөкүлүк
Бул өлбөгөн экен кутулуп.
Акыл тайып, эс кетип,
Асыл жандан түңүлүп,
Тутанып жанып чок болуп,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Адам карап тургуча
Алты аскар, кырк чыбыр
Ашкан экен Жөөкүлүк.
Жаа тарткандай дыркырап,
Ашып-шашып анталап,
Калган экен Жөөкүлүк,
Ачып көздү-жумгуча
Адам карап тургучу,
Чоңбилгичке энтелеп,
Барган экен Жөөкүлүк,
Жөөкүлүк салды чоң бүлүк.
Чоң жаралган алпты айтып,
Албан түрлүү калпты айтып,
Антаң уруп апыртып,
Асыл жандан түңүлтүп,
Ал кайгыны баштады,
Аш кайнаткан жанказан,
Аны кытай таштады.
Күркүрөдү Чоңбилгич:
Эл билбесең жерге кир,
Баатыр деп чыксам капырсың,
Журт бүлдүргөн такырсың,
Журт бүлдүрүп жүрөсүң.
Бабасын көргөн көз ушул,
Бул кебимди караңыз,
Кызыталак кыргызды
Кырган биздин бабабыз.
Чалгынга барып эл бузуп,
Орой бузук сөз кусуп,
Сен салдың го жаңжалды.
Баатырсынып, эрсинип,
Айнытасың балбанды.
Не баштайсың мынчалык,
Эл бүлдүргөн жаңжалды.
Баатыр экен Чоңбилгич,
Ажалы жеткен өлбөйбү,
Тирүү күнүн көрбөйбү,
Тилиң менен качканда
Атасы артык Кожожаш
Өлгөндө көргөн уулу эле.
Карааны жок, кеби жок
Качып келди дебейби.
Өрөпкүп тентип дүйнөсүн
Чачып келди дебейби.
Акылы кетип алтоосу,
Өлгөн экен дебейби.
Апырт сүйлөп, кеп сырдап,
Келген экен дебейби.
Жөө күлүк болбой жерге кир,
Бу сөзүңдү ким уксун,
Көз байлаган түн уксун.
Баткактаган суу уксун,
Ач айкырык чуу уксун.
Айтканым ушул азыр бил,
Сөзүң менен жерге кир.
Бу сөзүңдүн өлчөөсүн,
Бөөдөгө үргөн ит уксун,
Бөө деген айбан куш уксун,
Ушундан бөлөк ким уксун.
Кечээ толготуп энең тууганда,
Эл чогулуп калк дүрбөп,
Эркек тууду дегендир,
Эчен кочкор канча мал
Сүйүнчүңө бергендир,
Намыс куучу эркек – деп,
Эл коргону дегендир.
Эл корубай куруп кал,
Эркек болбой өлүп кал,
Тутандыра кеп салдың,
Эй, туулбай туна чөгүп кал.
Эндиреттиң элимди,

www.bizdin.kg

Эңкейттиң менин белимди,
Амысы жок, ары жок,
Айныттың мынча көөнүмдү.
Кылыч жалап, мылтык өөп,
Какандан бери чыкканда
Какайган баатыр болом – деп,
Убадаңды бергенсиң.
Журт намысы улуу тоо
Ушун үчүн келгенсиң.
Баатырдык кыял, эр жүрөк,
Басайын деген экенсиң,
Бир бардоосун кытайдын
Ачайын деген экенсиң.
Элим бузуп түбүнө
Жетейин деген экенсиң» –
Деп, ошентип Чоңбилгич
Каарданып күпүлдөп,
Катуу тилдеп зүңкүлдөп,
Чоң эсебин тапты эми.
Карааны болбойт мындайдын
Калжыратып, дөөрүтпөй
Кармап башын чап деди.
Каны төрдөн бакырса,
Жанындагы балбандар,
Карап турар түр барбы.
Калк башчысы болгон соң
Эки дээрге эрк кайда.
Жарлык уккан желдеттер
Кылычын кындан суурунуп,
Кыйын билек түрүнүп,
Куланча чуркап жүгүрүп,
Бирөө колдон, бирөө бут
Чогуу кармай салды эле,
Чоголдук кылды доңуз – деп,
Журт бүлгүчтүн өзү – деп,
Тууган болбойт зили – деп,
Кылычтап башын алды эле.
Чынын айткан Күлүктү
Өкүм кылган Чоңбилгич,
Чымынча жанын кыйды эми.
Чынын айтып бул өлдү,
Биз да мындай болдук – деп,
Журт көңүлү ооруду.
Өз милдетин жок кылган
Карааны кимге тиер – деп,
Өз жакынын өлтүргөн,
Кимдерге опа кылар – деп,
Бээжинге кайра кайтканча
Кеп сүйлөгөн жандарга,
Жортуп келген балбанга,
Каарын төгүп какайып,
Кеп айтса бирди кылар – деп
Убадалуу кеп кылды.
Ырымы болду кытайдын
Төө көрдүңбү «мыёо» деп,
Убаданы бек кылды.
Көрбөдүм деген бир сөз – деп,
Укумунан тукуму,
Ураатынан журааты
Ошондон кийин кытай журт
Жаңжал сөзүн таштады,
Өрнөгүн минтип баштады.
Мына ошондо Чоңбилгич,
Жадыгөйлүү бал окуп,
Жада дуба жай окуп,
Ал бурут келсе мына – деп,
Эр акең кайдан чочунду.
Бээжинден чыккан чоң Керик,
Тулпар малды токунду.
Ок өтпөс опсуз тон кийип,
Ок жетпеген ат минип,
Карагайдай айза алып,
Жолум үйдөй чоюнбаш
Чочуган бурут качсын – деп,
Айбатымдан, каарыман,
Айкырыктуу заарыман
Айласын таппай ал бурут,
Жер алдына батсын – деп,
Жер майышып өтсүн – деп,
Караанымды көргөн жан

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кайран жандан түңүлүп,
Качып-шашып кетсин – деп,
Сымбаты сындуу көрүнүп,
Токсон төрттөн бөлүнүп,
Асман тиреп, тоо көчүп,
Каарланып минетип,
Канжа соруп, чуу кылып,
Жердин үстүн буу кылып,
Очогорго ок коюп,
Опосу жок кутургур
Орою бөлөк, заары күч
Канжасына чок коюп
Адис болгон союлгур,
Калканды башка бат коюп,
Доолбас уруп чуу кылып,
Айза сунуп чыр кылып,
Адам көргүс сын кылып,
Кутургурдун доолбасы
Үнүн уксаң оолак кач.
Чабарда чабат балбаны,
Анча-мынча жылкынын,
Жөн эле чыгат далдалы.
Аземи күчтүү ал кытай
Доолбасын сурасаң
Өзү билдин териси,
Жоондугу үч кулач,
Жөн эле кетет бузулуп,
Жер жүзүнүн керүүсү,
Доолбас катуу кагылып,
Өзөндөгү сан жылкы
Адырда тулпар ала баш,
Алөпкөлүү кутургур,
Аргымак, буудан аралаш.
Жер бузулуп дүркүрөп,
Кызыл буурул, тайкы жал,
Кымбатың Сейтек түгөл мал
Түгөл үркту күркүрөп.
Үрккөнүндө жылкысы,
Жүздөн артык жылкычы,
Кээ бирөөнүн аты бар,
Кээ бирөөсү бейкапар.
Кысырдын семиз тайын жеп,
Кыштыр-жайдыр жайын жеп,
Кутуруп аткан жылкычы
Канган эмес уйкусу.
Учадан Кудай ургандар,
Ыштан салды кылышып,
Тырайып уктап жаткандар
Жылкы үрккөндө дүрбөшүп,
Ыштан салды кылганы.
Ычкырына мүргүшүп,
Ушундай айткан сөз менен,
Уйкуда жумук көз менен
Ат кайдалап алышып,
Одурандап жылкычы
Укурук менен салышып,
Мына ошондо Чоңбилгич
Козголбогон эң илгич.
Телегейи тептегиз,
Кемтиги жок эң бүтүн,
Келишимдүү чоң баатыр
Заман акыр чыр салып,
Таластан жетип жылкы алып,
Каканчылап сүйлөнүп,
Айбаты бөлөк түрлөнүп,
Кезек жерде жылкыны
Кыргын кылып жинденип,
Кулан көрсө куткарбай,
Куугун кууса жаа тартып,
Кузгун учса куркулдап,
Каарын төгүп бакырып,
Жер бузулуп таш көчүп,
Какандап ураан чакырып,
Онго бөлүп жылкы айдап,
Калмагынча кайгайлап,
Кыраң бойлоп чоң чырын
Кылып кетип баратат.
Кыйшаңдаса жылкыны
Кыйма чаап боо түшүп,
Кырып кетип баратат.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Чоң жаңжалды кыргызга
Кылып кетип баратат.
Жылкыны алып дуу кылып,
Айбаттанып акырып,
Балбандарын чакырып.
Ожолоңдоп мактанып,
Кыргыздан кыйла ат алып,
Бек дүйнөгө бөлөнүп,
Суусамырдын тик өйдө
Тик өөдөгө жөлөнүп,
Аркы-терки жулдуруп,
Баспай калган кулун-тай,
Балбандарга кырдырып,
Түп көтөрө жылкыны
Түгөл айдап алды эми.
Дүңгүрөтүп каранды
Түз жолуна салды эми.
Муну мындай таштайлы,
Артык балбан Акжолтой,
Эпсиз көкжал эр Сейтек
Экөөнөн кабар баштайлы.
Өлгөнүнөн калганы
Жылкычыдан кеп угуп,
Жылкычынын мааниси
Көбү өлүмгө тутулган.
Эмилдин уулу Эребай
Өлгөндө качып кутулган.
Жети жол башын жардырып,
Жети жерден сайдырып,
Акыл талып, ал кетип,
Өлгөндө качып кутулган.
Талас ылдый бакырып,
Эрендерин чакырып,
Түпкө чогуу жетти – деп,
Түп көтөрө жылкыны
Түгөтө бузуп уйкуну,
Суудай чачып каныңды,
Жиптей кыйып жаныңды,
Адырдан тийип жылкыңды,
Артык бузуп мүлкүңдү,
Дүмөк кылып жээгиңди,
Түптүз чапты элиңди.
Чабылган чабуул туш экен,
Чарк эттирип бу калмак
Чабуул койгон кези экен.
Кара кытай манжунун,
Кайраты бар капырдын,
Кайра тартпас баатырдын
Караган кара көзү экен,
Кас душмандын өзү экен.
Кейпи кетип, жер чалып,
Келип кеткен кези экен.
Керик тулпар малы бар
Керишчү болсоң жоо ошол,
Бирөөнүн миң кишилик алы бар.
Кайгы салбай турарбы,
Кажылдаган капырдын
Каканчы экен урааны,
Баспай душман турабы,
Үрөйү суук арамдын
Бакбурчун экен урааны.
Энтек-тентек тили бар,
Эчтемени билбедим,
Эреним Сейтек, угуп ал.
Тоо жайлаган малды алды,
Толуп жаткан жанды алды,
Жылкы баккан эрди алды,
Кенен ачып жерди алды,
Келишкен эчен эрди алды.
Келип жеттим мына – деп,
Энтең уруп Эребай,
Эребай сенин кебиң – деп,
Келген экен Бээжин – деп,
Калк дүрбөткөн канаты,
Ар качандан Чоң-Бээжин
Чатак баштап, чыр кылган
Атадан калган адаты.
Издесе келбес ал душман
Чабуулга өзү келгени,
Жан кыйналбай кабылды,

www.bizdin.kg

Тилегениң табылды,
Жооң колго конуптур,
Жолборсум Сейтек эми аттан,
Жорткондо жолуң болуптур.
Жоголгон жооң келиптир,
Тилегениң ушу эле,
Тиктегениң бериптир» –
Деп, ошентип Акжолтой
Кулансур тулпар ат минип,
Кыл куйругун чарт түйүп,
Эр экени билинип,
Кабар угуп капырдан
Каткырып күлүп сүйүнүп,
Жоо кийимин кийинип,
Жоо бөрүсү кайран эр
Өлүм десе сүйүнүп,
Чыңоосун учпас кең сайдан,
Чымчык учпас кең сайдан,
Баатырлар чыңыроон тартып
жез найдан,
Чыны менен муну айтып,
Жолборс Жолтой бабабыз
Жолго кирди абабыз,
Каар салып бүлүнүп,
Көк темирден туулга,
Башы баргек чоктолуу,
Жаактыгы октолуу,
Баштан түшүп кетпеске
Баары эптелүү билинүү,
Айкаштырып бүчүсү,
Алкымында түйүлүү.
Оолуккан Жолтой абаңда,
Ок этпөс кийим кийилүү.
Кулансурун ойнотуп,
Кең Таласты бойлотуп,
Темингиси күлдүрлөп,
Алды катуу кара жер
Токтоо бербей дүңгүрлөп,
Толкуну дайра шарындай,
Кутубийдин Акжолтой
Ал Сейтектин мураасы,
Өзү кыраан тынары,
Кайран башка күн түшсө,
Кадырман кыргыз журтунун
Туу түбүндө турары.
Айкырык салып Акжолтой
Албан түрлүү көрүнүп,
Сан колго татыйт жеке өзү.
Кең Таластан бөлүнүп,
Сөлөкөтү-сөөлөтү,
Журттан башка көрүнүп,
Бою узун мунардай,
Жолукпай жоого туралбай,
Бул Акжолтой болгону
Каарын душман чача элек,
Калыңга кеткен Таласты
Каттап бирөө баса элек.
Бет алып бейлеп келе элек,
Бенде балаа дей элек.
Сураганы Таласты
Сумсайган мүшкүл жоо келип,
Суу укурук суна элек,
Акжолтой, Сейтек болгону
Бирге жоого кире элек,
Калмактан келген каракчы
Каттоосун бузуп кыркууга,
Карарып Жолтой жол тартты.
Күндүз жүрбөй түн катып,
Кыргыз журттан бөлүнүп,
Балбандыгы, эрдиги
Байкаса башка көрүнүп,
Намыстанып акырып,
Унутпай ураан чакырып,
Каарланып күүлөнүп,
Куюндай учкан мал эди,
Кулансурга сүйлөнүп:
– Мен Акжолтой болгону,
Акжолтой атка конгону,
Алыска сапар минбеген,
Айкырып жоого тийбеген,

www.bizdin.kg

Күрүч таштап жем берген,
Казаткы каалап минсин – деп,
Кайып жактан маа келген,
Коктуга колтук кере элек,
Катуу багыт жол жүрүп,
Канчалыкты биле элек,
Ай, жаныбар Кулансур,
Өлүм орток жолдошсуң,
Башты жерге саларсың,
Батына арыш аларсың,
Атка камчы бир жөлөк,
Эсил башка күн түшсө,
Эр кыялы бир бөлөк,
Эми түшөм далаага,
Мал башымдан садага,
Элдин четин чаптырып,
Ээлиге чыктым Кулансур,
Чын айбаным жолдош – деп,
Желиге чыктым Кулансур
Деп, ошентип Акжолтой,
Кыйкырына баштады,
Кыжыры кармап куу жанды,
Намыс үчүн, ар үчүн
Кылга байлап таштады.
Алыстан келген Чоңбилгич,
Койбой кордук баштады.
Чоңбилгичти көрүүгө
Чарчабай чабыш кылууга,
Чалкылдашып турууга
Э дегени кеч болду.
Каруусу толук баатырга
Жылкы тийип, журт бузган
Каракчы Билгич капырга
Атуу каарын салууга,
Айла тапса жылкыны
Ажыратып калууга,
Алалбаса Акжолтой
Кайрылбас жолду көрүүгө,
Тирүү болуп соо болбой
Тим эле жанды берүүгө,
Сан да болсо кол салып,
Салмакташып көрүүгө,
Адырды бойлоп, жол жүрүп,
Ачуусунан таш күйүп,
Толкушунан тоо урап,
Токтоо бербей тырышып,
Топтон жалгыз Акжолтой
Кулунсур менен урушуп,
Кара жаак булдурсун
Камчы жайы мына бул.
Алаканы айнектүү,
Бүлдүргөсү баргектүү,
Бышты оопастын терисин
Өзөгүнө кердирген.
Сары аяк эркеч терисин
Шыкап атып өрдүргөн.
Түшкүнгө көкжал ок койгон,
Өрмөчү шыкап оңдогон,
Алышар жоого болжогон.
Кара жаак булдурсун
Чапса кулак тундурган.
Кармай калып имерип,
Камчы тийбес Кулунсур
Такымга тартып жиберип,
Ошо кезде тулпардын
Ачыга камчы тийген соң,
Койдой эти бөлүнүп,
Коёнчо жону түзөлүп,
Аркырап оозу ачылып,
Арт жагынан чоң даңкан
Жолум үйдөй чачылып,
Алып учуп аркырап,
Аңтарылып кара жер
Арт жагында закымдап,
Жер майышкан Билгичке
Калмак болду жакындап.
Акжолтой чуусун көргөндө
Каарын төгүп бакырып,
Катынын кара баскансып,
Айбаттанып ал Билгич

www.bizdin.kg

Балбандарын чакырып,
Олжого алган жылкыны
Күндүз коюп, түндө айда,
Күдөр үзбөй жер чарда,
Азыгыңа тайдан сой,
Жер өлтүрүп, кароол кой.
Жан бекитип алалы,
Жалпы тийип жылкысын
Белгилүү кан Китеге
Бир макталып калалы.
Жайга келсе жаңжуңдун
Кандыгын сурап алалы.
Көңүлдүн баары басылсын,
Иштин баары ачылсын,
Ата кегин алдык – деп,
Бурутка кыргын салдык – деп
Улутуңда улуктун
Бичигине жазылсын.
Акжолтой өңдүү капыр жок,
Көөдөнсүздө акыл жок,
Майын бузба жылкынын
Жылкы айдап жүргүлө,
Алты күндөн жети күн,
Арасы болор кой байлоо,
Бул кебимди билгиле.
Бадышаңар Билгичти
Сегиз күн удаа күн өтсө,
Анан жайын билгиле.
Желдеттерге муну айтып,
Билсе мүшкүл шумду айтып,
Шимирсе канга тойбогон
Жандуусуна муну айтып,
Беттешкенин буй кылчу,
Кандуусуна муну айтып,
Чогоол мылтык чорт этсе
Чочубаган эренге,
Кара мылтык карс этсе
Азелде качпас беренге,
Алакан жайып арыштап,
Артында болчу дүмөктүн
Баарын койбой табыштап,
Кээ бирөөсүн кекетип,
Кээнин кебин бекитип,
Убаданы кылышып,
Улуу журт экен каканчын,
Ушундай деп турушуп,
Дүйнө коргоп кеп айтып,
Башы бүтүн куу дүйнө
Баарын чырмап бек айтып,
Билгич оозун жыйгыча,
Жылкы айда деп балбанга
Бул өңдүү кабар кылгыча,
Акылсызын зекитип,
Акылманды бекитип,
Айтып оозун жыйгыча,
Кутпа жагы бакырык.
Бакырыгын байкаса,
Ала-Тоону жердеген,
Алышса адам жеңбеген,
Өнөгүн жанга бербеген,
Бир жан чыкты көрүнүп,
Кудай бетин көргөзбө,
Кыргыздап ураан чакырып,
Айкырып сунган айзасы
Ашык болду айласы.
Ал кабарды көргөндө,
Баатырсынган Жолтойдун,
Маани-чаркын чын көрүп,
Эми кетти кызыталак,
Чоңбилгичтин айласы.
Кудай бетин көргөзбө,
Маани кандай болор – деп,
Сөлөкөтү, сөлбөтү,
Баатырдыгы келбети,
Байкашканды согор – деп,
Кара Мардай оп тартып,
Эчен жанды сорор – деп,
Көзү ачык экен Чоңбилгич.
Чоң билердин өзү экен,
Өлүп кетсе сөзү ачык,

www.bizdin.kg

Тирүүлүктө көзү ачык,
Адамга даңгыл эң Билгич,
Артык сынчы көрөгөч,
Абайлап турду Жолтойду,
Жолтой жолборс теңдигин,
Жолукканды буй кылчу
Билген экен эрдигин.
Бай-бай Жолтой эр экен,
Каарын чачып какайып,
Кастарын тиккен кези экен» –
Деп, ошентип, Чоңбилгич
Жөкөрүнө муну айтып,
Жылкы камын жеп айтып,
Кайран баш жерге киргиче
Амыз бербе деп айтып:
«Амыз жоктун ары жок,
Алышарың бурут журт,
Кыргыз көөнүн басууга
Какандан келдик тоорулуп,
Кытайдын жолун ачууга
Кыжың уруп кылт этпе,
Желдеттерим былк этпе».
Жолдошуна муну айтып,
Айбаттанган Жолтойго
Ажал жетсе өлүүгө,
Амыз үчүн, эл үчүн,
Жолтойго жооп берүүгө,
Каарданып качырып,
Кагыш кылган ошо жер,
Алышары Акжолтой,
Артык балбан Кап-Тоодой,
Ашып-шашып кенебей,
Билгич эмес, бүт Бээжин
Айкырып айза сунса да
Бучкагына теңебей.
Жолборс түрү билинип,
Чоңбилгичти көргөндө
Кызыгып күлүп сүйүнүп,
Саксаңдашпай Акжолтой
Салмак менен урушту,
Ким көргөн мындай жумушту.
Тоодой тулпар Кулунсур
Токтоп оозун бурду эле.
Тобунан келген Жолтоюң
Бетегелүү керүүгө,
Чаңдап чыккан топо жок,
Жер сүйлөнгөн жерине,
Тоодой тулпар Кулунсур
Тартып оозун бурду эми.
Жоо дегенде сүйүнгөн,
Чылка темир кийинген,
Болот тандап, айза алып,
Жалаң кылыч байланып,
Токсон торко тон кийип,
Тобокел деп эр Жолтой,
Тоодой экен эр Билгич
Бээжинден чыккан чеп экен,
Эбегейсиз эр экен.
Тоюна токсон союлган,
Алты айлык калып атадан
Аты Билгич коюлган.
Баш булгаган дөөнү алган,
Басып жүргөн жөөнү алган,
Эрдик шерин билгизген,
Бүт Бээжинде кырк кан журт
Бир көөдөнгө киргизген.
Каканчыга ээ болгон,
Ай-ааламга дөө болгон.
Айбаты бир жөн, заары күч,
Айкырганда карандан
Өлдүм деп жандан күдөрдү үз.
Бириндеген муруту,
Бир жерде чогуу көп журту,
Кайрат да ошол, шер да ошол,
Кармашары Акжолтой,
Билгич келген жер ошол.
Акжолтой эрди көргөндө
Катуу жаңжал баштады.
Каарданып күркүрөп,
Асман-жерди буй кылып,

www.bizdin.kg

Кабарын көргөн адамды
Жутуп ие таштады.
Айбаттанып акырып,
Бөлүнүш тоонун арстаны,
Арстандай бакырып,
Кан белгиси доолбас
Белгиге аны урду эле.
Чоң керикке камчы уруп,
Майданга чыга турду эле.
Кыргыздардан Акжолтой,
Тилиң чулдур тилинде,
Маа душмансың зилинде,
Чама чарчап ал кетсе
Каза таап, сенден өлөрмүн,
Чама жетип ал келсе,
Кыйырыңды миң сан бөлөрмүн.
Каарданып урушсам,
Абийириң күлдөй төгөрмүн,
Жана жиним кармаса,
Кабыргаңды сөгөрмүн.
Чама жетпей ал кетсе,
Дүнүйөдөн тартармын,
Бурутту бузуп келдим – деп,
Жалпы кара кыргыздын
Жазасын колго бердим – деп,
Жадыгөйгө айтармын,
Бурутту кыргын кылдым – деп,
Каканчыга тартармын,
Ээликме жиним кармаса,
Ээлигип жиним кармады,
Энеси талак куу бурут,
Эзелки жиниң кагармын.
Бирөөң коюп миниң кел,
Кыжылдаган кутургур,
Кыйын мыкты баарың кел,
Кыйшаңдасам оңомбу,
Түпкү атам чоң улук,
Алыстан келдим тоорулуп,
Жалтансам адам боломбу,
Чоң жадаалымды көрөрсүң,
Жаңгыз Жолтой сен эмес,
Жабыла бурут өлөрсүң!
Мал жайлаган белиңе,
Тукум чашчу жериңе
Бууданымды бурбасам,
Билгич болбой өлөйүн,
Сенин миниңди бирдей кырбасам.
Калкың союп кайтпасам,
Оройто бүктөп белиңди,
Олжолоп кыргыз элиңди,
Тулга отуртуп узуңду,
Туура олжолоп кызыңды.
Баткалга байлап зоруңду,
Кызыталак бурутум,
Кайнатайын шоруңду.
Зордуктап тартып кийбесем,
Үстүндөгү тонуңду.
Кетирейин баркыңды,
Түгөтөйүн чаркыңды.
Сары оорудай сандалтып,
Чуулатпасам калкыңды.
Каныңа кайран салбасам,
Кабылганың жок кылып,
Тындым кылып салбасам,
Тилегиңди кыйбасам,
Тим жортуучу жолуңа
Кызыталак куу кыргыз,
Ополдой ташты жыйбасам.
Чекене жиниң какпасам,
Бир айланды таппасам,
Кайрылып айлың чаппасам,
Билгич болбой өлөйүн,
Жаралбай туна чөгөйүн.
Азап тартып, жада окуп,
Алысты билген эр элем,
Кырк кан элдин беги элем.
Кайран эрдин өзү элем» –
Деп, ошентип Чоңбилгич
Каарынын баарын жыйнады,
Кармаш кылбай тынбады.

www.bizdin.kg

Сөлөкөтү бузулуп,
Көргөндүн жаны кысылып,
Көркөм түрү муштумдай,
Көмүлүп кеткен чочконун,
Эң кайраты ушундай.
Асты жагы ак кайкаң
Көз жетпеген чоң тайпаң,
А тайпаңдын өзүндө,
Караган кара көзүндө
Буурусун бузган чийин жок,
Суур чукуган ийин жок.
Сакадай салмак ташы жок,
Аңгек-дөңгөк тоскоол жок.
Дүңгүрөгөн боз талаа
Жараткан артын оңдосун,
Кытайдан келди зор балаа.
Каарлуудан кан калбайт,
Качырган иттен жан калбайт.
Тобокел алда медет – деп,
Токтоп берди Акжолтой.
Көөдөндө далай убайым,
Жаман доого кез болду,
Жалынганы Кудайым.
Өзүң көзүң салгын – деп,
Өкүлдөгөн каарлуудан,
Ажыдаардай заарлуудан,
Калк бүлдүргөн капырдан
Кара ниет бейли тар,
Каардуу билгич капырдан,
Жараткан өзүң колдо – деп,
Жалпы журтка жар бол – деп,
Кеткен бабам арбагы
Кош колдоп бизге бар бол – деп,
Козголбой Жолтой турду эле.
Астындагы Кулунсур
Кулунсур оозун бурду эми.
Ай, жаныбар Кулунсур
Кары жилик каккандай,
Туулган бели капкандай,
Куйругу бар, жалы бар,
Ошондой тулпар жаныбар.
Жоого туруш берүүгө,
Бир милдеттен кутулуп,
Айбан да болсо жаныбар
Жал-куйругу жайылып,
Төрт бут жерде сайылып,
Ооздугун кемирип,
Олуп жерди жемирип,
Болот ооздук каккылап,
Тал жибектей куйрукту
Каран калган союлгур
Чаткаякка чапкылап,
Кыйшаң уруп кылт этпей,
Турган жерден былк этпей,
Маралдай башты көтөрүп,
Кутпа жакты бет алып,
Турган экен Кулунсур.
Каарлуу жаңжал иш болсо,
Аманат жанга күч болсо,
Кагыштын жайы мына бул.
Мына ошентип Акжолтой,
Тулпар оозун бурганы,
Кезетин берип турганы,
Кежилдешип чырдашпай,
Кезектешип урушуп,
Жолун берип турганы:
«Кожожаш уулу Чоңбилгич,
Кезетиңди ал Билгич,
Керилип айза сал Билгич,
Баатыр болсоң, эр болсоң,
Кезек алып, кезек бер,
Келген сөздү өзүң бил,
Кан атаң болгон чоң улук,
Касташарым бурут – деп,
Кургурум, Какандан келдиң тоорулуп.
Бөөдө ажалың жетпесин,
Кезексиз өлүп калдым – деп,
Эр убайым кетпесин!» –
Абаң Жолтой муну айтып,

www.bizdin.kg

Күлүмсүрөп кашкайып,
Күлүп сүйлөп тастайып,
Жакшылык кыял аткан таң,
Э, чиркин жаратылган мындай жан.
Кезек берди баатырга,
Ээ, каарланган капырга,
Кан Чоңбилгич баатырга.
Ажалга чукул керүүгө,
Чымын жандар кырылып,
Чын мүшкүл туучу сеңирге.
Куп тулпары Кулунсур,
Турду Жолтой мына бул.
Кезегин Жолтой берген соң,
Ачууланып Чоңбилгич
Катуу каарды баштады.
Калтырбай жан карууну
Кызыталак бүлдүргүч
Кылга байлап таштады.
Мерген да экен, эр да экен,
Урунаарга тоо бойлоп,
Кармаш кылчу жоону ойлоп,
Бейлеп каар баштаптыр.
Бээжинден бери чыкканда,
Тажаалдыгы момундай,
Өлдүм деп жанды куу Билгич,
Кылга байлап таштаптыр.
Басканынан чаң чыгып,
Добушунан жан чыгып,
Ары мерген, ары шер,
Айла тапкыч эң бир эр,
Алыш кылып Жолтойго
Жекеге чыккан ошо жер.
Сыртын көрүп, сын кылып,
Сыягын көрүп, чыр кылып,
Бармагынан май чыгып,
Тырмагынан кан чыгып,
Араан ооз сыр жебе
Аны менен жүз атып,
Кезетин берген Жолтойду,
Эндиретти ошону,
Кылдырама кыйын ок,
Мергендиги сында жок,
Муну менен жүз атып,
Артык мылтык ок жебе.
Аркасы милте алты атаар,
Муну менен элүү атып,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй бөлөк ок атып,
Керик ат оозун буруптур.
Уңгусу бөлөк, учу курч
Буума болот айзаны,
Күркүрөтө сунуптур.
Жаа мылтыгы жеткенде,
Жан чыгарчу немедей
Жабыла мүшкүл өткөндө
Керик атка камчы уруп,
Каарын төгүп бакырып,
Кан ураанын чакырып,
Каарынан капырдын
Тоо солкулдап жар көчүп,
Токтобой айза сунган эр,
Өлчү жердин өлчөмүн,
Эчен эбак алган эр.
Капкандай бели мекчейип,
Кабырга сөөк чачырап,
Мардай көзү ажырап,
Каарданып күркүрөп,
Жолтой бою дүркүрөп,
Кайраттанып жетти эми.
Өлчөө жерге жетерде,
Өлөр жерди бет алып,
Эми муштап өтөрдө,
Муштаган жаккы айзасын,
Адис балбан Акжолтой
Ар чапса кайра тартпаган,
Колунда болот курч кылыч,
Аманат жандын болжошу,
Акжолтойдун жолдошу.
Чөлгө Жолтой келгенде
Жол тартып кургур убара,

www.bizdin.kg

Какылдаган карга жок,
Кукулдап учкан кузгун жок.
Жан жүрбөстүн ар жагы
Медиян мүшкүл чөлүнөн,
Кайып берген кара курч,
Кайран жандын жолдошу.
Ташты чапса тайгылгыс,
Жанды чапса бүтүргөн,
Чынарды чапса түшүргөн.
Эки жүздүү, төрт кырдуу
Эсеби жок болотту
Жолтой колго алды эле,
Аманат жанды Алдадан,
Артык сурап калды эле.
Күүлөнгөн айза жетерде,
Жай гүлүндөй кымбат жан
Жетип учуп кетерде,
Камчы бою жакындап,
Сунган айза калганда
Дене бойго тийгизбей,
Далайды көргөн Акжолтой
Өткөрө болот сан колдой,
Тапкан экен айласын,
Денеге айза жолотпой,
Чапты Жолтой айзасын.
Ойрон Жолтой чапканда
Айза белден бөлүндү,
Жолтой баатыр экен – деп,
Эр көзүнө көрүндү.
Ыраазы болуп Чоңбилгич
Жоо милдетин кыйгачтап,
Жолборс берен Жолтойго
Чоңбилгич баатыр кеп баштап:
«Куюн жүрсө жел тийгис,
Бел экенсиң Акжолтой.
Курган кыргыз бу журтта
Сен экенсиң Акжолтой.
Кара темир куйган курч,
Калк каптаса бузулгус,
Чеп экенсиң Акжолтой.
Таалайына жаралган,
Даңкы чыккан Сейтекке
Артык жолдош чын мураа
Сен экенсиң Акжолтой.
Топон суусун токтоткон,
Сен экенсиң Акжолтой.
Топтошкон сандап бөлүнгөн,
Сенин баатырдыгың көрүнгөн,
Кылайган жериң кем эмес,
Кызыл бурчук сеңирден.
Кылча жериң кем эмес.
Кызыл кан төкчү темирден.
Каарлуу жаңжал салыңыз,
Кайран эмем мынакей
Кезетиңди алыңыз»
Бетегелүү майданга,
Аңырайган чоң сайга,
Кашка булак дайрага,
Каңгыраган чоң сайга,
Керик оозун бурганы,
Кезетиңди алгын – деп,
Кең аскар тоодой Чоңбилгич
Кезек берип турганы.
Кезек берген себеби,
Улук да экен, кан да экен,
Балбан да экен, шер да экен,
Кара кылды как жарган
Калысман тууган кан экен.
Кырк кан эли кытайдан
Казынасын кайтарган,
Каттаган дөө жалтанган.
Бейпилсизди бекиткен,
Бек ушундай жан экен.
Убадалуу кеп билгич,
Ошо кезде Билгичтин,
Ысабы мынча бар экен,
Бир ооз кепке бу башты
Зарып кылган жан экен.
Билгич минтип турду эле,
Күн чыгышты бет алып,

www.bizdin.kg

Болот калкан көтөрүп,
Кытайынча сабылып,
Колу менен жасаган
Колодон кылган бурканга
Кобураган өрттөнгүр
Колдогун деп жалынып,
Айзадан тозо калгын – деп,
Чын бурканым сен болсоң
Чынмачын каныҥ кор кылбай,
Ал Акжолтой капырдын
Колундагы айзасын,
Үстөм кылып алгын – деп,
Кыйын жанга күч келип,
А да сурап Алдадан,
Кайран Билгич турду эле.
Астындагы Кулунсур
Желгенине жел жетпей,
Басканына мал жетпей,
Казык сындуу кайран бут
Кадоодой жерге сайылып,
Жал-куйругу биринде п,
Акжолтойго жайылып,
Канчырынан кан агып,
Кандуу көздү жаш басып,
Айза кармап иштенип,
Эринди кесе тиштенип,
Чакмактай көзү мунарып,
Кыл муруту чубалып,
Кылаҥкар көө коюлуп,
Жолтой элем, эр элем,
Ак калпактуу кыргызга
Ашка катык неме элем.
Эл четинде, жоо бети,
Боз кыраҥдуу чеп элем.
Сындырбагын белимди,
Чуулатпа кыргыз элимди» –
Деп, ошентип Акжолтой
Жебе аткандай жетти эле.
Чыканактын тушуна,
Өлчөп сайсаҥ ушу жер,
Өпкө, боору күл болуп,
Түшө калар кези – деп,
Дүнүйөдөн жоголуп,
Майдаланар кези – деп,
Дарман кыял бүт менен,
Жаратылган күч менен,
Боз мунарык чаҥ менен,
Болгон, бүткөн ал менен
Өлчөп ченин туштады,
Өлөөр жерге муштады.
Кыйын экен айласы,
Таш муштаган эмедей,
Талкан болду айзасы.
Ичи өрттөнүп чок болуп,
Айза сынып от болуп,
Ошончо сайса Чоҥбилгич,
Кашкаҥдады кенебей,
Сайдыҥ, койдуҥ такыр – деп,
Бучкагына теҥебей,
Кабак дебей, каш дебей,
Кайра тартып турушту.
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушту.
Балталашып салышып,
Өлүп кетер чекмекке,
Өткөрө кирип барышып,
Жан аябай эки эрен,
Жалжаҥдашып салышып,
Тондор тозуп, сүзүлүп,
Ат куйругу үзүлүп,
Бородой мурун чаҥ болуп,
Дененин баары кан болуп,
Кыраҥ тоону бойлошуп,
Кээ бир жерде эки арам
Оодарышмай ойношуп,
Жакалашып тартышып,
Жаман кордук жаҥжалга
Эки эрендер батышып,
Күнү алты, түнү алты
Айзалашып турушуп,

www.bizdin.kg

Жер арбытып жол баспай,
Тегеренип урушуп, –
Ким көргөн мындай жумушту.
Караса көзгө илинбей,
Жолу катуу Билгичтин
Жолдошу эле токсону,
Кайда экени билинбей.
Чама чарчап күүлөнүп,
Азыктын баары түгөнүп,
Айла кетип айрылып,
Карасаат Билгичтин
Асты тозок талаа бар,
Чоңбилгичтин денеде
Чолоосу жок жарадар.
Кызыл болот кынады,
Бир акыл таппай турабы,
Айласы кабат Жолтойдун
Чамасын көрүп сынады.
Бу карасаат Жолтойго,
Кара тажаал ургурга,
Куйкаланган бөрүгө
Чабышып адам жеңалбайт,
Теңиз да экен, тең да экен,
Термелбеген эр экен,
Көйкашканын өзү экен,
Бир мүшкүлдүн кара көзү экен.
Атым Билгич болгону,
Такка минип, журт бийлеп,
Каканга Билгич конгону,
Каяша берчү жан калбай,
Как ошондой шер элем.
Ай-ааламды өрттөгөн,
Арыштап адам жетпеген.
Арбайып мен турганда.
Астымдан кытай өтпөгөн,
Таманыман чаң чыккан,
Кайратыман жан чыккан,
Как ушундай шер элем.
Чама чарчап ал кетип,
Алган малдан ажырап,
Айла-амалым куурулуп,
Айнектей көзүм чачырап,
Оолугуп каламбы,
Оң акыл тапсам аламбы.
Теңдеш кылбай салышып,
Теңелишип нетемин,
Теңир урган чочконун
Бир түбүнө жетейин.
Качымыш болуп калайын,
Ат соорусун салайын,
Жолго түшүп чү десем,
Ат тизгинин бурбайбы,
Ал өлөрүн түк билбей
Чет-Бээжин чейин куубайбы.
Чет-Бээжиндин бир жагы,
Четки тоонун ар жагы,
Чөлгө сала качайын,
Ошо чөлгө барганда,
Бир акылын табайын.
Чекене жинин кагайын,
Жаңгыз Жолтой мунусун
Тындым кылып салайын.
Акыл да ушул, кеп да ушул»
Деп, ошентип Чоңбилгич
Акыл ийлеп, ой койлоп,
Жадыгөйү бек арбып,
Жадасын окуп алды эле.
Жаан жаадырчу жай ташын
Таңдайына салды эле.
Үч кыйкырып, үч күлүп,
Калмагынча калдырап,
Кытайларча балдырап,
Тегеренип үксөндөп,
Теңир урган доңузуң
Теги тозок салды эле.
Асман ачык, жер туман
Көздү байлап калды эми.
Жер бузулуп кыбырлап,
Канаты жок макулук
Карасаң жайдын күчүнөн,

www.bizdin.kg

Канатсыз калган тыбырлап.
Көз тунарып жол байлап,
Көрсө мындай дейт Билгич,
Жел тумандап урганда,
Көз байланып турганда,
Артыгырак Акжолтой
Амалына түк болбой,
Айды имерип жол торгоп,
Айбат менен жан коргоп,
Жолтой минтип турду эле.
Астыңкы аман жол менен
Айкырык салып Чоңбилгич
Ашып калган кези экен.
Арстан Жолтой абаңдын
Айбатына чыдабай
Качып калган кези экен.
Билгич качып алганда,
Ат соорусун сайганда,
Мына ошондо Акжолтой,
Артык эри сан колдой:
«Бейлиң кеткен кытайды,
Бээжинге чейин сүрөйүн,
Карысы толук калдайды,
Каканга айдап кирейин.
Куп өлтүрүп өлгүрдү,
Кектеп кегин алайын.
Качып калган калдайды
Каканга айдап барайын.
Бөксөгө салып чү коюп,
Желбегендей кылайын,
Мындан кийин кыргызга
Келбегендей кылайын.
Бээжин жолун бекитип,
Бейлиң кеткен доңузду
Бээжинге чейин сүрөйүн.
Ал-абалын көрөйүн,
Кармасам эки бөлөйүн», –
Деп, ошентип Акжолтой,
Астындагы Кулансур
Жаа тарткандай дыркырап,
Туякка тийген кара таш
Көмүр болуп быркырап,
Жер бузулуп закымдап,
Керик атын такымдап,
Чоңбилгичке жакындап,
Адам баскыс адырды
Алты айланта кубалап,
Жетик жүрбөс жетим коо
Жети кайрып ашырып,
Кең чабырды байлантып,
Эчки-Өлбөстүн кара кыр
Он эки жол айлантып,
Опсуз кууду көгөрө.
Акжолтой кууду зерикпей,
Чоңбилгич качып эрикпей,
Астындагы Керик ат,
Айбандан бөлөк карасаат,
Куйругу саяң, жалы аз,
Качкан жоого болгон маш.
Кулан кууса куткарбас,
Куп балакет өзү ошол,
Арышы кенен эң тулпар,
Алыска жарайт узарып,
Аны койбой такымдап,
Кырк артууга барганда
Белгилүү тулпар Кулунсур
Жетмек болду жакындап.
Чалкайган бийик керүүдө,
Өөдөлүктүн сеңирде,
Жылдыздаган кара суу
Жылма качып аянып,
Күн ысыктын чоң чалкак
Чоң чалкакты таянып,
Жолго түшүп баратат.
Көз байланган мунарга,
Өзөн толгон чынарга,
Ал чынарга барганда,
Жебе сындуу жетти эле.
Жетип жанды аябай,
Себилдин быяк бети – деп,

www.bizdin.kg

Как өпкөнүн чети – деп,
Колкосунун өзү – деп,
Темир кандуу Билгичти
Азыр муштар кезим – деп,
Кереленип чынданып,
Кайран бойду тынданып,
Денедеги кубат-күч,
Эки колго жыйналып,
Берендин жаны тынса – деп,
Ар качандан бир качан
Чатак-чыр салган Бээжиндин
Чогуу жаны тынса деп,
Кордук салган душмандын
Бели ушинтип сынса – деп,
Ала-Тоолук кыргыздын
Ашкере жаны тынса – деп,
Эстегени эп болуп,
Эр кайраты бек болуп,
Көз бузулуп, тиш кайрап,
Көмүрчө жанды аябай,
Көрсөң балбан Акжолтой,
Ай, жаныбар Кулунсур,
Айбан да болсо жаныбар
Амыз ойлоп дыркырап,
Басып өткөн кара жер
Кемер болуп быркырап,
Сүрдүгө тийсе туягы
Кемегедей оюлуп,
Арыш керип чоюлуп,
Анык тулпар союлгур,
Мурунунан буу чыгып,
Колтугунан суу чыгып,
Жал-куйругу биринде,
Жандап чуркап өтөөрдө,
Эң өлчөлүү Акжолтой
Эбегейсиз эр да ошол,
Артык ыкчыл дөө да ошол.
Кулаар жерге туштады,
Чоң кериктен Чоңбилгич,
Кулап кете таштады.

Ээринен арт кетип,
Үзөңгүдөн бут кетип,
Тизгин талып колунан,
Туулга кетип жонунан,
Эки көзү жайнады.
Куп амалы чын кетип,
Куюшканын кармады.
Балбандарын бакырып,
Карасаат бурутту
Каптап кет деп чакырды.
Каптабасаң балбандар,
Көөдөнүмдө арман бар.
Астымдагы чоң Керик
Ургаачы качыр кулуну
Айбанаттын дулдулу,
Каны калды бир кашык,
Үстүндөгү Билгичтин,
Эти калды көк жашык.
Жайнатмак болду көзүмдү,
Эңкейтмек болду өзүмдү.
Денем күйүп, чок болуп,
Кабыргам кыйрап чачырап,
Эр кубатым жок болуп,
Ээримден ажырап,
Эс алалбай турамын.
Кан жутарым кайда – деп,
Качан тиер пайдаң – деп,
Кең дүнүйө тар болуп,
Тирүүгө азык шилекей,
Бир жутууга зар болуп,
Чама чарчап, ал кетип,
Чарк түгөнүп кан кетип,
Айла таппай турамын.
Качпай айза салгыла,
Кызыталак Жолтойду
Тордоп байлап алгыла.
Канынын баарын жуткула,
Тозултуп тонун тыткыла,
Төрт жакка санын кергиле,
Жазасын колго бергиле.

www.bizdin.kg

Жаңгыз тажаал Жолтойго
Атышты арбын салгыла,
Улугуңар Билгичти
Кабылган мүшкүл тозоктон
Ажыратып калгыла!
Күркүрөп Билгич муну айтып,
Жазада турган балбанга
«Жабыл!» – деп сөзүн кылды эле.
Канынан кабар келген соң,
Катуу мүшкүл иш тарткан
Билгич эрди көргөн соң,
Жабылбай балбан тынабы,
Ал жарлыгын уккан соң,
Баатыр экен токсон төрт
Жан жабылбай тынарбы.
Тоо жоголуп түз чыккан,
Кең-Күнөс деген керүү ошол,
Кериштин жайы ушундай,
Кеңгиретип Жолтойду
Ортого алган жер ошол.
Буйрук алган балбандар,
Жадаалдуу жаңжал салгандар,
Чымын жанын ыргытып,
Чын жабылды балбандар.
Кыжы-кыйма чоң дүмөк
Көрүп балбан баштады.
Тоо бузулуп, таш күйүп
Балбандар согуш баштады.
Жаңгыз Жолтой эренге,
Жадаал төктү беренге,
Айза урганы айза уруп,
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Айгайды арбын салды эми,
Алдырпак болгон Билгичти,
Акжолтойдун колунан
Ажыратып алды эми.
Кудай артын бербесе,
Дүмөк мындай болобу.
Токсон төрт жан бир жандын
Сабаса тарпын коёбу.
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Айза сунуп, балта уруп,
Абыдан мүшкүл чыр салып,
Кенебес Жолтой абама
Кезети жок кол салып,
Көз мунарып таңылып,
Көрсөң мүшкүл ушул иш,
Көкжал кытай жабылып,
Астындагы Кулунсур,
Ай жаныбар чын буудан,
Айбан да болсо жаныбар
Абаңызга чын тууган,
Беттеп айза сунганда
Белес менен жылт коюп,
Жамгыр кылып жаа тартса,
Ийри-муйру кылт коюп,
Акжолтой абаң урушту,
Ким көргөн мындай жумушту.
Дене кыйрап нес болуп,
Балаалуу мүшкүл чоң жаңжал
Акжолтойго кез болуп,
Кандын баары жутулуп,
Тондун баары тытылып,
Темир аркан, торчондор
Жабыла торун салаарда,
Белгилүү тулпар Кулунсур
Ала качып Жолтойду
Кеңирсиген кең чапкы
Тулпар кайдан аянып,
Өөдөсүндө таш мойнок,
Жаңгыз аттын жолу экен.
Жолтой абаң таянып,
Курчоосуна тутулуп,
Дөбөгө чыгып кутулуп,
Айза сунуп боогалап,
Аманат жанды соогалап,
Чымындай жандан түңүлүп

www.bizdin.kg

Түңүлүп кеткен себеби,
Кайрат берчү эки кол
Кыймылдабай шал болуп,
Тирүүгө жетек кайран баш
Кызыл челек кан болуп,
Дене бойдун баарысы
Кыймылдабай дал болуп,
Ак калпак кыргыз кайран журт
Көрүүгө Жолтой зар болуп,
Каз айланбас зоосу жок,
Караан кылган тоосу жок.
Бет алуучу бели жок,
Амал кетип турганда
Карааны Сейтек эри жок,
«Жорткон кытай соёбу?
Капталым кажыр оёбу?
Амызга балбан Акжолтой
Ата, Кудай буйругу,
Капырдан өлүм болобу?
Кайрылгыс жол көрөбү?
Ааламдан кымбат алтын жан
Тутангырдан өлөбү?» –
Бармак тиштеп, баш чайкап,
Баары шумдук кепти айтып,
«Аттиң, арман кантейин,
Ай, жалгыздык!» – деп айтып,
«Жортуулчуга кезигип
Жондо ажалым жетеби?
Жолу болгон бу кытай,
Жонокко жайлап кетеби?
Акылдан танып кансырап,
Айла такыр кеткен соң
Тууган жок» – деп алсырап,
Жолтой минтип турганда,
Баатырдын уулу эр Сейтек
Кулансур оозун буралбай,
«Кудай, сактай көргүн эй,
Кубанчым Жолтой кайда? – деп,
Курусун көкжал туралбай,
Артык алтын тон кийип,
Суудай супсур ат минип,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат арытып жер чалып,
Каарын төгүп айза алып,
Очогорун оңтойлоп,
Ашуу көрүп, жер чардап
Ат бороюн сыдырып,
Акжолтой, Билгич эки дөө
Куушкан изин кыдырып,
Күңгүрөнүп, күүлөнүп,
Ач арстан түрлөнүп,
Айбаты ашып жинденип,
Каканга чейин барууга
Өлүүбү же тирүүбү,
Жолтойдон кабар алууга:
Кубалашкан куп жолду
Кургуру беттеп болжоду,
«Тиктегеним Акжолтой
Өлбөсө, тирүү болсо – деп,
Аркама таңуу чыр кылып
Бир атакка консом – деп,
Эрге ылайык эң баатыр,
Эбегейсиз туйгунуң
Жетик эле, эр эле,
Эрдик жайы эң мыкты,
Жан аябай кеткен бейм,
Кабара кууп Билгичти
Карасаат Акжолтой
Каканга чейин кеткен бейм.
Караанга тууган эр эле,
Кайгысы жок неме эле,
Бери, кайран журттун чеби эле.
Оңдон-солдон жоо чыкса,
Он курчаган доо чыкса,
Карчалышкан керүүдө,
Кан төгүлгөн жеринде,
Карааны тийчү неме эле.
Жан кылып Алдам жаратсаң,
Жолтойду Кудай сактай көр!
Жолтой таалай көзү эле,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Чын мураанын өзү эле,
Ырыскынын түбү эле,
Кайгырбаган эр эле,
Кара көкжал бири эле,
Жолтойду Кудай сактай көр!
Аманында көрбөсөм,
Караан болуп бербесем,
Семетей эрдин жаманы –
Бели бош, Сейтек бечел – деп,
Чамаасызым билет ко,
Караан жок капырга
Кармап мени бердиң – деп,
Өлүмүн милдет кылат ко.
Караан болбой, бел болбой,
Сейтекти Кудай урат ко!» –
Деп, ошентип, шер неме,
Кейип-кепчип эр неме,
Астындагы Кулансур,
Барган сайын көз жетпей,
Куландай кулак жапырып,
Куюндай жерди сапырып,
Кара болот ооздук
Көмөкөйгө каккылап,
Тал жибектей куйругун
Таамай чуркап жаныбар,
Бооруна чапкылап,
Айзадай ичке көрүнүп,
Үстү буйгат кара жер,
Аркырап учуп жаныбар,
Алган экен бөлүнүп.
Көкүлүн көккө зыргытып,
Туякты тапка мылгытып,
Турбай чуркап зыргытып,
Жолум үйдөй даңканды
Асмандата ыргытып,
Карчыт эти бөлүнүп,
Беризат берген тулпардын
Белгилүү сыны көрүнүп,
Кара жердин талаасын
Даңкандата бастырып,
Атасы көкжал кайран эр,
Ай-ааламды шаштырып,
Кубалашкан эки дөө
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп алыптыр.
Куу изине чөп салып,
Кубара кууп алыптыр.
Тоо жоголуп, түз болуп,
Тозогу мынча иш болуп,
Тээктин кырын жөлөнүп,
Тегиз жерде бүтүн жок,
Чоң баткакка бөлөнүп,
Ардай оозу ачылып,
Кан аралаш ак көбүк
Опсуз балбан Сейтектин
Омуроодо чачылып,
Адыр-күдүр бел болуп,
Аянбастан жол жүрүп,
Кулансур көөнүн басыптыр,
Ат кубатын ачыптыр.
Каарды катуу баштаптыр,
Кыраан жанды кымбат эр
Кылга байлап таштаптыр.
Кыйындап капа Жолтойго:
«Асылды кайдан табам – деп,
Асыл Жолтой жоголсо,
Казат баштап Каканды
Канча жылга чабам – деп,
Карагай айза боолашып,
Канча жылга жоолашып,
Өзөндө кан агызып,
Аманат жандан кечпесем,
Сейтек болбой өлөрмүн,
Туулбай туна чөгөрмүн.
Каканга чейин жол жүрүп,
Каарданып тартармын.
Өлүп калса өлүгүн
Жүктөп алып кайтармын.
Аман болсо Жолтойдун
Амандыгын көрөрмүн,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Асыл Жолтой эр үчүн
Аманат жанды берермин!
Капа болуп камсыгып,
Каарынан от күйүп,
Тутулуп күн бузулуп,
Турбай Сейтек кысылып,
Жай-жабдыгын жайланып,
Адыр, быткыл дөбөнү
Алтымыш жолу айланып,
Асты жагы Эчки-Өлбөс
Иленин башы Үч-Арал,
Үч бөлүнгөн өзөндүн
Четин кечип алды эле.
Күн түш убак болгондо
Ороюп чоку көрүнөт,
Чоку бою тунарык,
Жер жарылып, суу кулап,
Жер бузулган немедей,
Тегереги мунарык,
Көрдү Сейтек чунайып.
Жазайыл үнү дыркырап,
Очогор огу чыркырап,
Доолбастар күпүлдөп,
Алды ураан бакырык,
Бакырыкты байкаса,
Басып душман келгенсип,
Эми какандап ураан чакырып,
Токсон дөөсү жайнаптыр.
Арканы жок, жиби жок,
Каптап барар жолу жок,
Ыргытып салган тору жок,
Артык айгай салыптыр.
Ал Акжолтой абаңды
Жипсиз байлап алыптыр,
Көрүнөө шорго малыптыр,
Көз жеткис чырга салыптыр.
Кетсе тартпас чын жолду
Көрмөк болгон кези экен.
Өлүм чиркин жакындап
Келмек болгон кези экен.

Амал кетип Акжолтой
Айла кетип туруптур,
Каралдуу жай табалбай
Кайран абам куруптур.
Кулансур ат торгойдой,
Курган абам ыргайдай,
Сүлдөрү бар дарман жок,
Ушундай экен дүйнө бок.
Кабылган капыр огуна
Кезиккен экен абакем
Кадимки тозок чогуна.
Кабылган экен кайран эр
Каардуунун колуна.
Чалынган экен кыраан эр
Душмандын чыккыс торуна,
Төбөсү ылдый түшкөн бейм,
Кайнаган кытай оруна.
Муну көрүп эр Сейтек,
Кабылса ажал өлөйүн,
Өлүмдөн Кудай күн берсе,
Каары катуу колчонго,
Кабылган мүшкүл торчонго
Күч көргөзгөн эренге,
Көптүк кылган бул элге,
Бир жаңжалды салайын,
Айза имерип топ бузуп,
Күн түгөнсө окко учуп,
Жараткандын буйругу
Төбөгө түшсө көрөйүн.
Бабадан калган абама,
Баанайы тоодой карааанга,
Жолдош болуп берейин»,
Деп, ошентип эр Сейтек
Айкырыгы баш жарып,
Бакырыгы таш жарып,
Кирпик күйгөн чок болуп,
Ажыдаар сындуу октолуп,
Кырк чилтен, кыдыр Илияс
Кыйкырык салып ураандап,
Кыр-кырынан буркурап,

143*

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Качыр, Сейтек, качыр – деп
Колдон алган пирлери
Жан-жанынан чуркурап,
Катар айза сунуптур.
Кайыптан жолдош табылып,
Кайран шердин уулуна
Караандап кызмат кылыптыр.
Алды менен арстан
Азыр жара тартчудай,
Айбаттанып ойноктоп,
Чилтендин бирөө сур жолборс
Асты менен сойлоктоп,
Каруусу мыкты кабылан
Кара чаар төрө бар,
Миң адамдык сүрү бар.
Капталында чамынып
Карасаат Сейтекти
Ичкерээк кармап төтөлөп,
Темирден калкан тон кийген
Жана бирөө жетелеп,
Ишти кылсаң мындай кыл,
Душманды кырсаң мындай кыр.
Астында бирөө күүлөнүп,
Ал душманды карма – деп,
Туш-туш жагы дуу-дуу,
Колдогону сүйлөнүп,
Үстүндөгү баатырдын
Толкуп кеткен жерине
Тоо туруштук бергисиз,
Кыжырын төксө бир жерге
Кытай чаркы келгисиз.
Узун көөдөн, кең далы,
Устукандуу кайран шер,
Бет алган жоону буй кылган
Берендин уулу кайран эр,
Чытырман токой чоң чынар
Чогуу басып жол салып,
Камынган жоо токсон төрт,
Жолумдуусу Чоңбилгич
Чоңбилгичке кол салып
Токсон төртүн шаштырып,
Ал аскар тоодой сур атты.
Алчактата бастырып,
Дөңкөндөтө желдирип,
Кулансур тоодой көрүнүп,
Казат кылган балбанга
Кайраның кирди жаңжалга.
Кулансур санга бир салып,
Акжолтойлоп үн салып,
Сунулган айза, күйгөн чок
Жадаал кайнап, жан күйүп,
Жанды кылча көргөн жок,
Эр амыздан өлбөйбү,
Алда Таала жазганын
Аманат куу жан көрбөйбү.
Каалап койсо бу жанды
Качан да болсо бербейби.
Каалаганда бу башка
Кадыр түн өңдүү түн кайда?
Каалап келген капырга,
Кастарын тиккен баатырга,
Кагыш кылып көрөйүн.
Эр душманга көрүнсүн,
Киндик кескен жер үчүн,
Ашкере азык эл үчүн,
Эрендин каны төгүлсүн.
Телегейден тең жакшы,
Эр душмандан өлгөнү,
Артыкчасы эң жакшы.
Калың элдин дүйнөсүн
Олжо кылып чачтырып,
Киндик кесип, кир жууган,
Душманга жерди бастырып.
Амыз кетип бел сынып,
Эл талалып кеткиче,
Кутурганын көрөйүн.
Курган Жолтой абама
Бараан кылган караанга,
Көргөнүмдө көөнүм шок,
Караанын көрсө көңүл ток,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Токсон төрттүн кордугун
Ай-далаадан көрөйүн.
Алда буйруп жол берсе,
Азапты тарткан абама,
Барымды билген бабама,
Караан болуп берейин.
Илгеркинин кеби бар,
Сом темирге балка бар,
Сомсуйганга Кудай бар,
Көзү барга чөп болор,
Зордукчуну жер сорор.
Эркин жаткан элимди,
Эрикпей тийип жылкымды,
Энеси талак кызыталак,
Умачтай ачып уйкумду,
Адырга чачып мүлкүмдү,
Энтеңдетип элимди,
Саргарткан экен куу кытай
Абам Жолтой көлүмдү».
Айкырыгы баш жарып,
Аркы бетин караса
Акжолтойдун көзүнө
Карааны Сейтек көрүндү.
Эр Сейтекти көргөндө
Каны кайнап бөлүнүп,
Каралды көзгө көрүнүп,
Кубат кирип, тиш чайнап,
Кургур минтип туруптур:
«Карааным келди мейличи,
Айбаты күчтүү баатырдан
Азыр өлсөм көөнүмчү.
Береним көзгө көрүндү,
Азыр өлсөм арман жок,
Менде кенедей арман калган жок.
Өлүп кетсем окустан,
Жаздым болсом кокустан,
Белимден кармап бүктөөрүм,
Медер тутуп, бел кылып,
Ала-Тоого жүктөөрүм,
Айбанатка жегизбей,
Каардуунун колунан
Жолтой өлдү дегизбей,
Шумдук мүшкүл ой кылбай,
Бөрүгө бөксөм жулдурбай,
Айбанаттын азуулуу,
Акыры жанды кор кылбай.
Кетмендеп жерди оёр – деп,
Келди Сейтек, коёр» – деп,
Медет кылып балага,
Бек кутулуп санаадан,
Коркпой кытай балаадан
Көңүл жамдап, көөдөн ток,
Көрүнөө караан келди – деп,
Кетеримде дүйнөдөн
Каралдымды көрдүм – деп,
Көңүл жамдап бел байлап,
Көкжалды көрүп Акжолтой
Жаңгыз эрди сан көрүп,
Күйүккөнү басылып,
Үмүт кылып куу жандан
Капалуу жүрөк жазылып,
Карап Жолтой турду эле.
Караса көөдөн бөлүнгөн,
Чоң дайрада көпүрө
Журт коргондой көрүнгөн.
Эрен туулган туйгунуң
Атасынан бабасы
Душмандан тартпас кургуруң,
Кисени оңдоп курчанып,
Токсон төрткө кол салып,
Алды дуу-дуу бакырык,
Бадиректин эрдиги
Бабалап ураан чакырып,
Ушу болчу казатта
Өз атам баатыр колдо – деп,
Аркы атам Манас арстан
Азыркы жолум оңдо – деп,
Тоодой сурча ат менен,
Толкуган алтын тон менен
Каарын төгүп сумсайып,

www.bizdin.kg

Бабадан калган боз кисе
Баркырап белге курчанып,
Калк бийлеген төрөдөй
Балбанды көрсө сүйүнүп,
Кыз жары Бермет сулууну
Тойдон көргөн немедей,
Каалгадай кайран тиш
Бул оозунан көрүнүп,
Кол ыштыктай көк түтүн
Ууртунан бөлүнүп
Эңкейиштен эр сайып,
Кезиккен токсон төртүнүн,
Кыйындап чыккан кытайдан,
Бирөө миңдик өртүнөн,
Кара тажаал өзүнөн
Экиден катар тең сайып,
Илгерки кеткен бабадан,
Кайсы бирин кем сайып,
Кулансур атын ойнотуп,
Беттегенин сойлотуп,
Алышканын койбогон,
Балбандардын кээ бирөө
Аш кайнатса тойбогон,
Алышса жанды койбогон.
Балбандыгы башкадан,
Кан алдында кашкадан,
Заары күчтүү эренден,
Бурутту жеп жутам – деп,
Убадасын чың кылып,
Ар жабдыгын тың кылып,
Бээжинден келген беренден
Санаса он төрт дөө өлүп,
Кытай жолу кесилип,
Согуш минтип турганда
Айкырынып Чоңбилгич
Күркүрөп, ооп күүлөнүп,
Күн-Жаңжуңдун уулу экен,
Күпү балбан дээр экен,
Күрөшкөндө күчтүү экен,
Алыш кылган адамдын
Бурап мойнун үзчү экен,
Тоону келсе томкоргон,
Кабылганды омкоргон,
Качса адам кетпеген,
Ажалдууну беттеген,
Балбандыгы макталган
Ай-Жаңжуңдун уулу – деп,
Кандын алтын тагына
Бээжинден берен ушу – деп,
Даңзасына катталган.
Кырк уруунун зору – деп,
Кез болушар душмандын
Такыр кайнайт шору – деп,
Баатырдыгын билүүчү,
Бээжиндеги көзү ачык,
Сынчысы сынап жүрүүчү,
Муруну тоонун сеңирдей,
Ажыдаардай оп тартып,
Ай-ааламды жегидей,
Көзү көпкөк темирдей,
Мурунуна карасаң
Бай жайлаган сеңирдей.
Көз үстүндө кара каш
Короого үргөн даңгыттай,
Беттеп менде баргысыз,
Бейли бузук, алды каар,
Адам азар салгысыз,
Жөөгө балбан, артык зор,
Чын үйрөткөн темир кол,
Адам жүзүн көрүүчү,
Бет алгандан бир пенде
Ажалдан мурун өлүүчү,
Тогуз алпты тыткан эр,
Жангызкөз деген адам бар,
Алман алык бербейт – деп,
Айткан сөзгө көнбөйт – деп,
А журтту чаап талкалап,
Алышкан дөөсүн жуткан эр.
Тынбай жортуп жер чардап,
Чаң жыттанган эр эле,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Кан жыттанган неме эле
Баатырдыгы башкача,
Каарданган тозоктун
Балбандыгы бир канча,
Белге таңуу берени,
Ак калпак кыргыз журт эмес,
Ай-ааламды буй кылып,
Апат кылат дегени,
Улук ошол, эр ошол,
Уруш кылса каканга
Болот чокмор шер ошол.
Ай-Жаңжуң уулу капырга
Ал аскар тоодой эр Сейтек,
Айта-буйта дегиче,
Айтып кепти жыйгыча,
Бу таноону баскыча,
Жумган көздү ачкыча,
Комокойлуу Сырнайза
Таш муштаса тартпаган,
Илингенде эгерде,
Талкалабай кайтпаган.
Ай-Жаңжуң уулу баатырга
Капталынан жетти эле,
Чыканактын бети – деп,
Адамга тирүү өпкөнүн
Так колконун өзү – деп,
Абийир берсе жараткан
Аңтарылар кези – деп,
Өзү камбыл эр немең
Өлчөп жерин туштады,
Шамдагайы болжолсуз,
Кайран болот Сырнайза
Кабылган жерден муштады.
Муштаганда чатышып,
Темир кара тулпары
Эр Сейтектин Кулансур
Тизеден кумга батышып,
Айза сынып быркырап,
Жолум үйдөй ак була
Асманга учуп дыркырап,
Жаңжуң уулу балбандын
Таянган үзөңгү боолук
Үзүлүп такыр кеткени.
Көпкөк темир туулга
Учуп жерге жетти эле.
Уңгусу болот айбалта,
Ал Сейтектин колунда,
Сабына алтын чырмаган,
Козу боор курч болот,
Чогулуп уста кырдаган.
Тийген жери тим калбай
Кабылдап ырбап кетсин – деп,
Чийгенинин ажалы
Бээ саамында жетсин – деп,
Өтү айрылып, жан күйүп,
Дүнүйөдөн кетсин – деп,
Кайрап мизин чыгарган,
Ажыдаардын уусуна,
Ач албарстын буусуна
Алтымыш бөлүп сугарган,
Тийип кеткен бендесин
Тим эле жанын чыгарган,
Колунда бар ойкума.
Эң шамдагай ыктуу эрен,
Айла билгич акылман,
Жоо көкжалың мыкты эме,
Кармай калып сабынан,
Ойкума сууруп кабынан
Кыйындап кылыч имерип,
Ай-Жаңжуң уулу беренди
Башка салып жиберип,
Экиге башы бөлүнүп,
Эрендин каны төгүлүп,
Тоо ураган эмедей
Ал атынан кулады.
Балбан аттан кеткенде,
Кулап жерге жеткенде,
Кожожаш уулу Эр Билгич
Бендеден ашкан бүлдүргүч,
Жадыгөйлүү жаа тарткыч,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Жаңгыз эми калдым – деп,
Тоодой токсон кеп эле,
Токсонунун баары өлсүн
Жаңгыз Кайсар эр эле.
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсүнүн уулу эле,
Таш сайынган тунуктан,
Артык эле улуктан,
Кабылып жоодон жок болгон,
Бузулуптур биздин түш,
Чаба электе кан өлгөн,
Кылымда барбы мындай иш.
Белгилүүдөн айрылып,
Бейпай болду биздин күч.
Кайран Кайсар эрибиз,
Эми сынды белибиз.
Кыргыз жакты чалдырып,
Кызыталак бурутка
Чоң Кайсарды алдырып,
Уялбай кантип тартабыз.
Чоң башыбыз Китеге
Кандай жооп айтабыз?» –
Деп, ошентип, Чоңбилгич
Арман кылып күркүрөп,
Угуп турган менденин
Азат бою дүркүрөп,
Кубаргандан кумсарып,
Эң кутуруп сумсайып,
Каарын чачып калдайып,
Какандан чыккан эр чиркин
Ал аскар тоодой дардайып,
Жадыгөйлүү эр баатыр
Салды заман чын акыр,
Баатырдыгы билинип,
Бакырып кол салганда
Адам түгүл айбандан,
Каруусу кабат балбандан,
Кесири калың уткучтан,
Кезиккенди жуткучтан,
Уккан кулак бүлүнүп,
Эң айбатын көргөндө
Жан-жаныбар, макулук
Такыр жандан түңүлүп,
Кирпик күйүп кыбырлап,
Эрин башы шыбырлап,
Күүлөнсө сөзү бакылдап,
Эки жаакта курган тиш
Тегирмендей шакылдап,
Жабыла чаап Сейтекке
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Айза сунуп чуркурап,
Ортосунда эр Сейтек
Кулансур оозун бурду эле,
Кудайдан башка паана жок,
Кабак дебей, каш дебей,
Кургур карап турду эми.
Калкан уштап ок тозуп,
Айза кагып алышып,
Аркы-терки чабышып,
Кулансурун ойнотуп,
Кез болгонун сойлотуп,
Кенебей уруш салды эле.
Астындагы чоң Керик
Орой камчы салыптыр,
Каптал жактан качырып,
Билгич айза сайыптыр.
Артык болду айласы,
Ачуу тийди Сейтекке
Билгич эрдин айзасы.
Кудай бетин көргөзбө,
Мына ошондо Чоңбилгич,
Кайгы-капа жоголуп,
Демге калбай оңолуп,
Бир сайганда төрт сайып,
Кылтылдатпай төп сайып,
Баштакыдан чамасы,
Ирмеген сайын бек сайып,
Кылтылдатпай төп сайып,
Кылтылдатпай бек сайып,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Асман ачык, жер туман
Бараан көзгө илинбей,
Калың уруш аламан,
Кайсы экени билинбей,
Ортого алып эренди
Мына ошондо Чоңбилгич
Ар амалын ашырып,
Ар бир кылган жаңжалын
Кабыргага батырып,
Өлгөнүнөн калганы
Жарлык кылып балбанга,
Жар чакырып ааламга:
«Белгилүү экен, бел экен,
Буруттан чыккан эр экен.
Адам карап, зайып тууп,
Желмогуздун бири экен.
Карансыз келген капырды,
Айласы мыкты, заары күч
Бул өңдөнгөн баатырды,
Артык да экен, эр экен,
Мыктысынган уулу экен,
Ала-Тоолук кыргыздын
Күткөн ээси ушу экен,
Чамалуунун өзү экен,
Баатырдын кара көзү экен.
Жабылгыла балбандар,
Кармасак кайдан арман бар.
Тиктеп каптап урушуп,
Тирүү кармап алалы.
Улук Ките баатырга
Уясын бузуп келдик – деп,
Өткөрбөй суусун бурдук – деп,
Өзү чулдур кыргыздын
Түп-тамырын жулдук – деп,
Баатырга балаа салдык – деп,
Улугу экен кыргыздын
Төрөсүн байлап алдык – деп,
Калдай уулу баатырга
Каары күч заман акырга,
Өлгөн эрдин сөзүнө
Чоң Китенин өзүнө
Тартуу кыла салалы.
Кырк уруунун кандыгын
Бурулбай сурап баралы.
Тездик менен өлтүрбөй,
Кордук менен өлтүрүп,
Ээн жерде өлтүрбөй,
Зордук менен өлтүрүп,
Бээжиндин алтын тагында,
Кырка чынар багында,
Бактуу килем алдында,
Калкка дайын зуу кудук,
Курчап жаткан көп улук,
Зуу кудуктун жаны бар,
Кырк кез бийик аңы бар.
Оңолбогон Сейтекти
Ошол орго салалы.
Бир ата турмак доңуздан
Миң ата кегин алалы.
Сейтек кетсе бел кетет,
Кыргыздан кыраан шер кетет,
Касиет бирдик тең кетет.
Өзү баш болгон өлгүрдүн
Жаккан отун өчүрүп,
Жабылта чогуу көчүрүп,
Жалпы олжого салалы,
Жай кетирген доңуздан
Ушинтип кекти алалы.
Жабылып балбан калгыла,
Улук экен, кан экен,
Касиеттүү жан экен,
Саргартып орго салган соң
Саны калбас доңуздан
Тамчыларга кан калбайт,
Кайрат кылар жан калбайт.
Керишти кенен салгыла,
Өлтүрбөстөн житирбей,
Өкүм сөз ушул балбандар,
Керик-пилге арткыла,
Келди мына душман – деп,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Эр туткасы Эсенкан,
Эзелки кекти алдык – деп,
Туура келчү душманды
Тукумсуз кылып салдык – деп,
Үч ата түгүл алты ата,
Такыр өчүн алдык – деп,
Улукка айтып баргыла.
Алтын казчу кендерин,
Чай чыгуучу жерлерин,
Кан-Жайлактын кайкысын
Жылоого сурап алгыла,
Бурут жалгыз, сен далай,
Бурулбай согуш салгыла!» –
Деп, ошентип Чоңбилгич
Кайратсызын какайтып,
Кайрап кирди Чоңбилгич,
Кайра тартпас мыктысын
Шайлап кирди Чоңбилгич.
Эрендерин эсиркеп,
Айдап кирди Чоңбилгич.
Бийлик буйрук кылганда
Бурулуп карап турабы,
Улуктан жарлык келген соң,
Айт деген жакка чү койбой,
Балбандар карап турабы,
Балбан каптап кирди эми.
Ортосуна алган соң,
Сексен экен балбаны
Өлгөнүнөн калганы,
Серпилип согуш салган соң,
Аркасынан Чоңбилгич
Качырткылап жол салып,
Буйрук уккан балбаны
Тиктеп кирди Сейтекти,
Тирүү кармап алганы.
Чалма урганы жүгүрүп,
Айзакерлер бүлүнүп,
Темирден кармап тор тартчу
Тегеректеп жакындап,
Тегиз кирип жаа тарткан.
Жаанын огу бакылдап,
Ажал чукул келгенде
Артык коркпой сүйүнүп,
Артык Сейтек турду эми,
Туш-тушунан айзаны
Дүкүлдөтө урду эле.
Бабасы көкжал кайран шер
Кыймыл кылып кылт этпейт,
Кыйшалактап былк этпейт.
Зыңгырады кенебей,
Сексенинин урушун
Бучкагына теңебей,
Кез болгонун уратып,
Ажалдуусун сулатып,
Аябай жаңжал кылды эми,
Айкалышып турду эле.
Буйрук кылган Чоңбилгич
Бу да кирди чындады.
Аламан салып айкырып,
Жаңжал салбай турбады.
Каптал жаккы бетинен
Качырган экен кутургур,
Жер бузулуп көз байлап,
Жетик билгич айгайлап,
Кулансур минген Сейтекке,
Курган шерге жетерде...
Жапаа тарткан Акжолтой
Дөбөгө чыгып турганда,
Бабадан калган мураага,
Атадан калган балага,
Кургурундун киседе
Эсеп-себеп дары бар,
Дарысынын баары бар.
Тулпар атка чалдыртчу
Мээр чөбү дагы бар.
Мээр чөптөп чалдыртса,
Күн-түн минген Кулансур,
Демиккени басылып,
Дене кеңип жазылып,
Аркардай көз бөлүнүп,

www.bizdin.kg

Артык буудан чын жолдош,
Жолдоштук сыны көрүнүп,
Жаракаттуу Акжолтой
Эсеп-себеп дарыдан
Эки уй баш кара жанаяк,
Экини эзип ичкенде
Тирүүлүккө билинип,
Он эки мүчө, миң тамыр
Баарына дары жүгүрүп,
Оорубай жарат басылып,
Умачтай көздөр ачылып,
Кубаттанып күч толуп,
Дарман толкуп күч жайнап,
Баатыр Жолтой көкжалга
Маңдайына бак толуп,
Күндүзү оюн, түн жыргал
Ала-Тоодо жүргөндөй,
Кубат толкуп жан болуп,
Курсак тоюп, кан толуп,
Кургуруң карап тура албай,
Темир таман үзөңгү,
Теги буудан Кулунсур,
Теппей чурап миниптир.
Табылгы жакса чок өтпөс,
Очогор атса ок өтпөс,
Кармашканда кол өтпөс,
Беризаада Күлнаары
Бейбак ошол тиштеген.
Жоолашкан жоого киргенде
Ок жаңылып кетпес – деп,
Жылан боор бүктүргөн,
Беризаада Акбермет
Жез оймокко баш болуп,
Жымылдата тиктирген.
Жарабай калса сөктүргөн,
Болот эгеп жиберип,
Болжолдуу жерге төктүргөн.
Балбан шыкап кайыган,
Айзаны ыктап урганда,
Бөлөк жакка тайыган.
Бүчүлүгү тогуздан,
Эрендер кийген көк күпү,
Ок өтпөгөн бек күпү,
Алышка кирсе ал кургур
Аманат жандын койчусу,
Атышка кирсе ал кургур
Аманат жанды тосчусу.
Чалгайы болот тешик жок,
Чактап кылган көк күпү,
Силкпей Жолтой кийди эле.
Топчулугун жайланып,
Жак-жак ылдый бүчүсүн
Ашпай-шашпай байланып,
Каухар таштан жардырган,
Көрсө мээр кандырган.
Курчанганда каранды,
Кубанып жан бөлүнгөн,
Ай караңгы бүркөктө,
Ай тийгендей жапжарык,
Курчанса белде көрүнгөн.
Көк кисени курчанып,
Көк сырдаган айза алып,
Жээк жолду бойлотуп,
Жетик тулпар Кулунсур,
Кулунсур атты ойнотуп,
Берен Жолтой агаңыз
Берелентип белсенип,
Бери ургандай теңселип,
Барааны башка тоо болуп,
Бардык дене козголуп,
Маңдай жактан бакырып,
Карааным Сейтек кайда – деп,
Катуулап ураан чакырып,
Чатак, жаңжал чыр көрүп,
Токтобостон тон көрүп,
Тозокту Жолтой чоң көрүп,
Тиги токсон, берки экөө,
Туш-тушунан кол салып,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Элчиликке карабай,
Эсил жанды аябай,
Катуу жаңжал, чоң мүшкүл,
Айза кыйрап эр кулап,
Абыдан жаңжал болду эле.
Айзалашып урушуп,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Абыдан салып турушуп,
Сейтек жетип өтүп жүр,
Кокус кулап кеткенин
Акжолтой башын кесип жүр.
Жолтой сайып өтүп жүр,
Кулаганын соо кылбай,
Сейтек башын кесип жүр.
Дем өткөрүп урушуп,
Мүшкүл жаңжал кылышып,
Айза сынып жоголсо,
Айбалтаны алышып,
Кезенишкен кыраандар
Кезектешип салышып,
Маңдайлашып турушуп,
Кылча көрбөй куу жанды
Такыр кечип ташташып,
Намыс үчүн турушуп,
Айнышы жок урушуп,
Абыдан жаңжал болду эле.
Ачууланды зор Билгич:
«Биз токсон төрт, бул экөө
Чама чарчап, ал кетип,
Кеткен белем биздин ал,
Баарың каптап уруш сал!
Жазайылды мүшкүлдү
Төбөгө жазса көрүңөр,
Ажалдуу киши кайтабы,
Бел боосу бар азамат
Өлүмдөн кайра кайтабы?» –
Кайраттанып бакырып,
Кайра тажаал Чоңбилгич
Өлгөнүнөн калганын
Айдап кирди сапырып.
Майдан бузду тебелеп,
Балбандын баарын жемелеп,
Айзачанын шар кылып,
Күпүлдөдү кутургур
Кең дүйнөнү тар кылып,
Тозоктой жонун көргөзүп,
Тоодой кайрат чың кылып,
Киши билбес сыр кылып,
Акыл, айла, кубатын
Ааламдан ашкан тың кылып,
Күүгүмдөнтүп көз байлап,
Тоо уратып күн жайлап,
Тозокко катар чыр кылып,
Каардууга тутулуп,
Тарып заман бузулуп,
Жер тумандап чаң болуп,
Адыр, аска улуу тоо,
Таш көрүнбөс кар болуп,
Күн бузулуп кыш болуп,
Катуу жайды салды эле.
Чоңбилгичти сураба,
Атка оюнпоз, жөө күлүк,
Айзага камбыл эң ыктуу,
Айласын билген эң мыкты,
Атасы мерген Кожожаш,
Айласын көрүп отуруп,
Айла кетсе кайра кач.
Дүмөгү түптүү күч болуп,
Жаасынан жан турбай,
Сыягына, заарына
Макулук чыдап бара албай,
Жер карарып суу толкуп,
Жетик уруш болду эле.
Эгиз сурлап ат минген,
Эбегей мыкты тон кийген
Баатыр Сейтек, Акжолтой,
Колдомосу буларды
Кол көтөрүп баратат.
Ата-баба арбагы
Чоң көтөрүп баратат.

www.bizdin.kg

Кабак кагып кенебей,
Чоңбилгичтин ал каарын
Сорот деп көкжал кенебей,
Кезектешип урушуп,
Чоңбилгичтин каарына,
Аябай салган заарына,
Моюн бербей турушуп,
Болжолу жок Акжолтой
Кулунсурду токуган.
Адам билчү дубанын
Бирөөн койбой окуган.
Чоң сыйкырчы Чоңбилгич
Ызгаар шамал урганы,
Көкала кылып бөлүнтүп,
Тумандап баарын сөгүлтүп,
Берен экен Акжолтой
Алданып күнүн көрүнтүп,
Зыркар шамал тозогун,
Басып турат Акжолтой,
Алда күнүн жапжарык,
Ачып турат Акжолтой.
Каарданбай Чоңбилгич
Күнгө келип калыптыр.
Тозоктонбой ал Билгич
Тилге келип калыптыр.
Чоң Какандан чыкканда,
Акжолтой, Сейтек беренге
Кастарын тиккен Чоңбилгич.
Кулунсур олжо кылууга
Аркырата ат коюп,
Айза сунуп, дуу коюп,
Акжолтойго жетерде,
Артык шердин эр Сейтек:
«Абама жетсе капыр – деп,
Андан кийин бул башка
Кабылар заман акыр – деп,
Аянбай атты салайын,
Каарданган мүшкүлдүн
Астын тосуп калайын», –
Деп, ошентип эр Сейтек
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Опол-тоодой көрүнүп,
Алдыдагы Кулансур,
Айза кармап имерип,
Булуттай учкан тулпарды,
Борбуйга тартып жиберип,
Ал Кулансур тулпардын
Жоого мойнун буруптур.
Үңгусу жетик, учу курч
Мубакүлдүү Сыр найза,
Жараткан өзүң жол бер – деп,
Чоңбилгичти карата
Күркүрөтө сунуптур.
Көзү арстандай жайнады,
Кадалгандай кашка тиш,
Канга ылайык башка тиш,
Бөлө-бөлө чайнаптыр.
Кыжырды кыйын салыптыр,
Кымбат жанды кыл көрбөй
Кыжырлуу дүмөк баштаптыр,
Чын ыргытып таштаптыр.
Чымырканган доңузду
Чын жеткирбей Жолтойго
Чыканактын бети – деп,
Кезенген ажал чети – деп,
Өпкө менен жүрөктүн
Өлчөгөн ажал бети – деп,
Кабырганын теңи – деп,
Как ушерге сайсам жедим – деп,
Өлүүчү жерин туштады,
Кулансурга камчы уруп,
Бабасы балбан көйкашка
Жолтой эрге жеткизбей
Артык балбан Билгичти
Айза менен урду эле,
Акылдан танып алсырап,
Ошо кезде Чоңбилгич
Эстен кетип эндиреп,
Кайран Билгич канетет,
Тилегине жеталбай,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Тиктегени Акжолтой
Муну өлтүрүп кеталбай,
Арадан Сейтек айза уруп,
Сейтек айза урганда,
Ээринен арт кетип,
Үзөңгүдөн бут кетип,
Эки буту салактап,
Эми этектен алчудай
Эки көзү алактап,
Күүлөнгөн кайрат жоголуп,
Күбүлүп жини тыйылып,
Эр Сейтекке урунуп,
Качуусуна камынып,
Күркүрөгөн доңуздун
Капкайда жини кагылып,
Эренге эрен кез болсо,
Эки буттар тыбырайт,
Тил алдынан тил чыкса,
Жаак баштар кыбырайт.
Жаны чыкты Билгичтин,
Кызыталак дүйнөнүн
Жалгандыгы билинип,
Билгич жандан түңүлүп,
Эр Билгичтен ал кетип,
Капталынан кан кетип,
Катуу болду жарадар.
Тилегине жеталбай,
Тизгини чогуу кыйылып,
Кабылан эрге урунуп,
Келбеттүүгө кезигип,
Каардууга кабылып,
Аты күлүк өзү зор,
Канаты бар көк Керик
Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жетпейт,
Куйругуна кат койгон,
Кууган жанга жетер – деп,
Көк Керик деп ат койгон,
Керишке каалап көк Керик
Тоо башын токтоткон,
Тогуз жылы каранды
Илик салбай оттоткон.
Караңгы жерге бактырган,
Көзү ачык экен Ниянкер,
Ошо сынчы жактырган.
Ала качып Билгичти
Каканды көздөй салыптыр.
Адыр-адыр бел менен,
Аңкайган өзөн жер менен,
Имерчикти сыдырып,
Күркүлдөктүн боз талаа
Жана жол ылдый кыдырып,
Жаңгыз качып алыптыр.
Атасы көөдөк эр неме,
Аны билбейт эр Сейтек,
Бээжинде кыйла мүшкүл бар,
Дагы билбейт эр Сейтек.
Казылган эчен ору бар,
Кез болордун шору бар,
Куйкаланган доңуздун
Ченчиге койгон колу бар,
Канча жерде заары бар,
Коймодо тозок каары бар,
Аңтарылган Билгичтин
Амалынын баары бар.
Кароолу бар, чеги бар,
Чегине койгон эри бар,
Айта берсе сөз жетпейт,
Кызыталактын сөзү бар,
Ар балаанын баары бар,
А балаасын билбестен
Эндей этек, төшү ачык
Баатыр Сейтек көкжалдын
Аңкоолугу дагы бар.
Амалкөй качып кубалап,
Сырты кара, боору суук,
Бир сыйкырчыны кубалап,
Кулансур оозун бурбасам,
Бу кутуруп калган Билгичти
Так эле Бээжинге чейин куубасам!

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Талкалап тагын оёюн,
Бу дардайган кулду соёюн,
Желкесин жетик ойбосом,
Жетип жалмап сойбосом.
Туулбай туна чөгөйүн,
Качып берген жоону
Кара чачтын ыктуусу,
Ургаачынын мыктысы
Аял алат дечү эле.
Акыры канын төгөйүн,
Түп этектен алайын,
Көмүлгөн капыр Билгичти
Көк бөрү тартып салайын.
Журт чуркурап, дуу болуп,
Каардуу жандан түңүлсүн,
Кайрандан тууган экен – деп,
Тукумдугум билинсин,
Туура кытай кырк кан эл
Туюп жандан түңүлсүн» –
Деп, ошентип эр Сейтек
Катуу санаа баштаптыр,
Айза имерип жанчтаптыр.
Тиктегени Чоңбилгич
Сыдыра арттан түшүптүр,
Как жарылбай кара жер
Калыңынан түтүптүр.
Белестин баары оюлуп,
Туяктар туура тийген жер
Кемеге болуп союлуп,
Жаңжал, мүшкүл чыр болуп,
Жан чыдабай сыр болуп,
Эңкейишке киргенде
Эр Билгичтин чоң Керик
Эликтей колу сайылып,
Өргө чыгып барганда,
Куюндай таштап Кулансур,
Куушкан жери мына бул.
Түгөнгүс жаңжал кебине,
Жакын калган кез экен,
Коймо кылып орноткон
Черүүсү жаткан жерине
Жаралуу жан чыдабай,
Жана баатыр Акжолтой,
Кууган экен Сейтекти.
Ал Кулунсур тулпарга
Оңдоп-солдоп камчы уруп,
Оңдоп-солдоп теминип,
Каарданып бакырып,
Кан Сейтекти чакырып,
Жан жетпеген Кулансур
Жаадай учуп дыркырап,
Басып өтсө кара таш
Көмүр болуп быркырап,
Ай, жаныбар Кулансур
Булуттай учуп буркурап,
Куйрук санга бөлүнүп,
Тулпарлыгы көрүнүп,
Каспаңдын кара тоосунан,
Капка-Таштын оозунан,
Белеси Дыңша жеринен,
Бенде басып барбаган,
Бек бекиткен чебинен,
Жолтой абам жетиптир,
Кароол таштын белинен.
Бадананы чойгулап,
Башы-көзүн койгулап,
Эрдигиң бар, эсиң жок,
Эсер Сейтек экенсиң.
Тил албай жүрүп Жолтойду
Көргө салар бекенсиң.
Каттап адам баргысыз,
Чокко салар экенсиң.
Колу-бутун байлабай,
Отко салар бекенсиң,
Кокуй, Сейтек, оңбой кал,
Балам, эгерде эки болбой кал!
Айтпадым беле мен бая,
Кызыталак какандын
Кылдан ичке жолу бар,
Менде ашпаган бели бар.

www.bizdin.kg

Каар каттабай Бээжинге
Кара курттай эли бар.
Улуу журт кытай эли ушул,
Кагышка адам конгон жер,
Башкы бабаң баш болуп,
Кагышкан жанды соргон жер.
Арстандардан айрылып,
Башкы бабаң кайткан жер,
Белестей арзан жер эмес,
Билгич арзан эр эмес,
Мындан ары барганда
Темирден короо тору бар,
Терең казган ору бар.
Күн көрүнбөй карарган
Кутургурдун колу бар.
Түшкөн жан мөңкүп чыга алгыс,
Кежиси тозок тору бар,
Кеп билбеген мүшкүлдүн
Келишкен түмөн колу бар.
Кармашкан кайра тартпаптыр,
Нур төгүлгөн улук жер,
Чынмачын журту конгон жер.
Чымчышканды сойгон эр,
Жаңжал кайда деген эл.
Бирөө өлгөндө бирөөнү
Куурдак кылып жеген эл.
Калдай жини кармаса,
Карга көрсө кагып жейт,
Кулан көрсө курчап жейт.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнө түк жан жетпеген,
Канча жыл кыргын болсо да
Кесирети кетпеген,
Буга каардуу душман жетпеген.
Басташамын деп жүрүп,
Бая, атаң Манас кан өлгөн,
Балалуу мүшкүл эл ушул.
Эң сыйкырчы амалкөй,
Ат оюнчу жөө күлүк,
Бузулса кытай чыгуучу,
Так кайтарган чоң адис,
Кароол кандын ойчусу,
Аттап бөрү киргисиз,
Кең Бээжиндин койчусу,
Кожожаш уулу Чоңбилгич,
Атасынан көп билгич.
Телегейи тең билгич,
Теңдешкен жоого алдырбайт,
Өкүм сөзгө көнбөгөн,
Жайнап, каптап Мөңгүбө,
Баш тарткан дөөлөр жеңбеген,
Өлчөмүн жанга бербеген.
Алдап качып албайбы,
Балбандарга салбайбы,
Кабылса балбан кан төгөр,
Жадааланса миң бөлөр,
Курчуса балбан сойбойбу,
Сени өлүм кылып койбойбу?!
Ар кайсы жерден олжо алып,
Желмаянга арттырдың,
Ар качандан бир качан
Азабыңды, тарттырдың.
Эр бир октон өлбөйбү,
Эмгекти бу жан көрбөйбү,
Эселек адам экенсиң,
Ушинтип адам тил албай,
Абаң Жолтой беренди
Шорго малар бекенсиң».
Жолтой абаң муну айтып,
Кулунсур чуркап жетерде,
Ал Кулансур күлүктү
Чылбыр бою өтөрдө,
Ал Акжолтой абакең
Чап суулуктан алды эми.
Бакырыгы баш жарып,
Кыйкырыгы таш жарып,
Тулпар жетип тебелеп,
Эр Сейтекти жемелеп,
Билдирип түмөн кепти айтып,
Ажалсыз өлөр чекти айтып,

www.bizdin.kg

Кымбаттыгын билгизди.
Өкүлдөгөн Сейтектин
Өлчү жанын тиргизди.
Мураалыгын билгизип,
Бери карай тартканда
Ачууланып күүлөнүп:
«Ай, Акжолтой абам – деп,
Эр адам аңкоо болот ко,
Арак ичкен жаш кезде,
Акыл суюк, мас кезде,
Өлүмдөн адам тартабы,
Ажалдан киши кайтабы!
Баатыр адам, эр адам
Жер талашып, журт күтпөй,
Жерге кирсин тирүү жан,
Акыры бир жан өлбөйбү!
Коңулдан оттоп күн көрүп,
Макулуктун коркогу
Коён да күнүн көрбөйбү,
Коркуп жүрүп күн өтүп,
Камыштан коён өлбөйбү!
Намыс үчүн, ар үчүн
Эрен жигит өлбөйбү» –
Деп, ошентип эр Сейтек
Артык сүйлөп жай таштап,
Олжого тийип бил алып,
Мураасы экен Акжолтой,
Акжолтойго тил алып,
Ажыратып жылкы алып,
Кайра тартып жол болуп,
Келип конду Таласка.
Кунан минип, куш салып,
Адырды бойлоп, бугу атып,
Кылтылдабай жөн жатып,
Багалак ойноп, чаң салып,
Кең Таласты жайлады.
Каракчы белин сындырып,
Тууган көөнүн тындырып,
Талас күтүп жер кылып,
Таалайы артык шер болуп,
Жатып калган жери ошол.
Мунусун мындай таштайлы,
Быяктан кабар баштайлы:
– Чоң-Бээжиндин четинде,
Ажайып салган багында,
Чоң Китенин тагында,
Ките тагы момундай
Сейилге курган мунара,
Мунараны сураба,
Тегереги чынар бак,
Ортосунда алтын так,
Алтын тактын бетинде
Каухарлап салган дөбөдө,
Сейилге жатар секиде,
Түркүгү каухар ак чатыр
Ошондо жатат чоң Ките.
Көк болотун салынып,
Көк жака тонду жамынып,
Сунган буту тартылбай,
Жумган көзү ачылбай,
Эчен күнгө, эчен түн
Коңуругу басылбай,
Эрикпей такка конуптур,
Эрки менен болуптур.
Таң кашкайып сүргөндө,
Өзөндөн шамал жүргөндө,
Асмандан жылдыз чачылып,
Жер бүлбүлдөп ачылып,
Кабарга бир жан келер – деп,
Муну менен Китенин
Коңуругу басылып,
Уйкудан көзү ачылып,
Сунулган буту тартылып,
Жүрөк толкуп бүлүнүп,
Жоо кийимин кийинип,
Айбалтасын жайланып,
Очогорго камданып,
Туура тарткан кара кыр
Белге эмине болду – деп,
Белесте конуп жердеген,

www.bizdin.kg

Элге эмине болду – деп,
Элдин, журттун ээси эле,
Бул Бээжиндин дөөсү эле,
Уруу журттун каны эле,
Уяда тутка ал эле.
Ай бөксөрүп, жыл өтүп,
О, ботом, арадан нечен күн өттү.
Бир балбандын чамасы,
Сан балбанча бар эле.
Кырк уруунун каны эле,
Айзачандын алды эле.
Мергенчинин шери эле,
Мени менен Чоңбилгич
Куркулдап кузгун аш алгыч,
Кырк уруу кытай бул журттун
Агайындын уулу эле...
Ушинтип айтып токтоптур,
Тозокуну карасаң
Чоңбилгичти жоктоптур.
Ошо кезде Чоңбилгич,
Капкадан кирип калганы,
Керик аты каралуу,
Кайран Билгич жаралуу,
Бозоруп өңү суз болгон,
Капырай, сөлөкөтү, сөлбөтү,
Атка минчү келбети,
Баатырдыгы, барааны,
Баштакыдан эң жаман
Бузулган Билгич карааны.
Түрү качкан эндиреп,
Чамасы кетип үрөлгөн,
Чаркынын баары түгөнгөн,
Бириндеп мурут сербейип,
Бириндеп сакал эрбейген.
Көз чарадан оюлган,
Кеберсип эрин токтобой
Шилекейи коюлган.
Өлөр-өлбөс жан менен,
Өчүп кетпес ал менен
Чама чарчап, ал кеткен,
Эр Билгичти караса,
Денеден кара кан кеткен.
Кээде тилге келалса,
Кээде тилге келалбай,
Кээде көзү көралса,
Кээде көзү көралбай,
Астыңкы ээрди албайып,
Артык тозок тарткан го,
Үстүңкү ээрди калбайып,
Өлүк орток кайткан го.
Кыл муруту шыйпайып,
Кылаңгыр көзү алайып,
Онтоо тартып жөтөлүп,
О дүйнө кетчү немедей,
Кыйын дартман Чоңбилгич
Өпкө каккан добушу,
Бээжинде мыкты доңузу,
Бейли тарып, дарт күйүп,
Барган экен чоң Билгич,
Онтоосуна жан турбай,
Калган экен Чоңбилгич.
Билгич минтип турганда
Чоң эшикти жаптырып,
Сексен кара букачар
Садагага чаптырып,
Кызыл көйнөк, айча бел,
Кыйын сулуу тейтей бут
Ургаачы жеңил болор – деп,
Зайыптарга бактырып,
Кылдаткер деп бакырып,
Дарыгерлерин чакырып,
Кытайдагы дарыгерлер,
Тамыр кармап билчүлөр,
Эң дарыгер дүңчүлөр,
Кылдаттары кырк катар,
Чоң дарыгер карап калды эми.
Бай-бай, бурут жоо кыйын,
Кабыргадан канчасы
Каран болгон экен – деп,
Дем тартуучу чоң өпкө

www.bizdin.kg

Жаман болгон экен – деп,
Кылдат экен дарыгер,
Жарасына чоң тинткич
Чогуу соруп алганы.
Калаалуу журт кытайда
Эбеп-себеп дары бар,
Дарысынын баары бар.
Кырма кызыл дарыны
Ичтен берип калды эле.
Ооруган жарат басылып,
Жумулчу көз ачылып,
Күнгө келди Чоңбилгич,
Жети күнү болгондо
Тилге келди Чоңбилгич,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Бадышасы Китеге
Айткан экен сөз баштап:
«Аярдан болдук жүз балбан,
Туюгун бузуп, жол салдык,
Тутанган журтка кол салдык.
Ааламдан артык зор көрдүк,
Тозок мүшкүл чоң көрдүк.
Дүнүйөнү жыйдырдык,
Токсон тогуз жолдошту
Ачылуу орго кырдырдык.
Жаңгыз калып Чоңбилгич,
Асыл жандан түңүлдүм,
Балбандыктан өлбөдүм,
Балаадан мындай көрбөдүм.
Калдайым жок, элим жок,
Каралды кылган балбан жок,
Акжолтой, Сейтек эки дөө
Ортосунда тутулуп,
Күлүгүнөн кутулуп,
Бурутту бузуп кайрылып,
Баатырсынам деп барып,
Балбандардан айрылып,
Кабырга, белди талдырып,
Кайран башты жардырып,
Чыноосун тартып көбү өлүп,
Чылгый канга бөлөнүп,
Өлөр-өлбөс жан менен,
Өпкө каккан ал менен
Каканга келдим кутулуп,
Беттеп адам барабы,
Бейли тар кыргыз колунан
Өлбөй адам калабы.
Айтканым ошол билип ал,
Асылым, Китем, тилимди ал.
Көңүлдө нечен санаа бар,
Көкжалым сенин белиңде,
Аны кандай катын туур экен
Чыңтеңир деген бала бар.
Уламадан уладым,
Мен билгичтерден сурадым.
Инди-Кытай өзүндө,
Сизге ылайык катын бар экен.
Ошол чоң Керги деп ат койгон,
Ошол Индинин каны экен.
Ошол Индинин канында
Сизге ылайык деп угам,
Буралма чачтуу Бурул – деп,
Ошонун артык кызы бар экен.
Алуучу болсоң шер тубат,
Ошол катын эр тубат,
Алышып адамдын алы жеталбайт,
Андан жаңгыз жан басып өталбайт.
Ошо катын уул тууса,
Ой олкулдап, суу ташыйт,
Жылга көчүп, таш кулайт,
Жан-жаныбар чын туйлайт.
Каарданып кан уучтайт,
Айбаттанып бакырар,
Арстандыгы көрүнөр,
Туулганда туу салар,
Жашы он бешке келгенде,
Ал бурутка чуу салар,
Тоюна толук союлар,
Аты Теңир коюлар.
Чыңтеңир туулар өзүңөн,

www.bizdin.kg

Туулганда Чыңтеңир –
Арбайып тонун кийгенде,
Ат жалын тартып мингенде,
Кыжырына тийгенди
Кыргын кылар Чыңтеңир,
Жолдошу токсон эр болор,
Толкуша чыкса кыргызың
Кара жер менен тең болор».
Бул айтканың макул – деп,
Бу дегениң акыл – деп,
Муну укканда чоң Ките,
Кулак угуп, көз көргөн
Жерге кабар салды эми.
Уруусу кытай көп калкка
Элге кабар салды эми.
Кудай бетин көргөзбө,
Кан жарлыгы келди – деп,
Топурак учуп, тоз жайнап,
Буйрук кылып журтту айдап,
Калкты катуу жыйыптыр,
Ажалдууну кырыптыр.
Ажалы жок ургаачы,
Тирүүдө тозок көрүптүр,
Көлүктүн баарын байлатып,
Бүткүл журттун баарысын
Чоң-Бээжинге айдатып,
Минетип журтту жыйыптыр.
Инди кызы Бурулду
Алып нике кыйыптыр,
Ушинтип жаны тыныптыр.
Тилегени тийиптир,
Тиктегени келиптир,
Кайгырганы жазылып,
Кайран жүрөк басылып,
Айткан сөзү куп келип,
Бээжин чынар багына,
Бактуу килем өзүнө,
Карыкандын зуу кудук,
Зуу кудуктун түбүнө
Ырыскысы жөнөптүр.
Муну менен Китеден,
Чыңтеңирди төрөптүр.
Билгич менен Көргүчтүн,
Айткан сөзү келди – деп,
Артык Теңир берди – деп,
Тоюна сан мал союптур,
Чыңтеңир деп баланын,
Атын атап коюптур.
Чыңтеңирди тууганда
Куйкаланып кум күйүп,
Бир тозокту туштаптыр,
Оң колуна кара нан,
Сол колуна сары алтын
Кармап Теңир түшүптүр,
Ырымдуулар ырымдап,
Ырас көөнүн бөлүптүр.
Ылаңгыр дейт чоң сынчы
Ылаңгыр аке көрүптүр.
Мындай деген оңбойт – деп,
Бул өңдүү берен болбойт – деп,
Кыргыз тургай кылымды,
Ойрон кылат далайды,
Айдап жүрүп сойлотор
Он сегиз миң ааламды.
Буркум өзү берди – деп,
Бурку деген Кудайы,
Мындай бала төрөлүп,
Сүйүнбөй кытай турабы,
Сүйүнгөндөн ал кытай
Адам толкуп топурап,
Асманга учуп топурак.
Көргөн кызык бу болуп,
Көк жаңырткан дуу болуп,
Көп сан кызык бу болуп,
Чынмачынга кан болчу,
Чыңтеңирдин өзү – деп,
Журтка коргон чеби – деп,
Ааламга арпы жетүүчү,
Ашык көкжал келди – деп,
Кубангандан бүлүнүп,

www.bizdin.kg

Курмат кылып сүйүнүп,
Теңирден теги кем эмес,
Чыңтеңирдин өзү – деп,
Чындап бакчу чоң кандын
Караган кара көзү – деп,
Ар килемге салышып,
Алтымыш күн той кылып
Тоюна дүйнө чачылып,
Атыла турган күнөөлүү
Эрендин башы ачылып,
Киши кылбас ой кылып,
Бүт Бээжин журт чогулуп,
Калың кызык баштаптыр.
Кыймылдаган дүнүйө,
Кызыл алтын, ак күмүш
Казынадан чачыптыр.
Кармап качкан жаш балдар
Көчөгө чыга калышып,
Жаңгактарга сатыптыр.
Бала оюнга батышып,
Баатыр Чыңдын тою – деп,
Көчөдө жаңгак атышып,
Аземин журттун арттырып,
Башына бакты тарттырып,
Күрмөчөн көөнүн бастырып,
Бээжин ээси келди – деп,
Даңзасына жаздырып,
Улук-кичик, кары-жаш,
Ак жоолук, эркек аралаш,
Нур төгүлгөн Бээжинде
Толуп жаткан кызык бар,
Кара кандын тагында,
Сейилге чыкчу багында
Адам баскыс кысык бар.
Ажыдаары түбүндө
Зуу деген кудук бар,
Коштоп таңдай жырымы,
Толуп жаткан ырымы,
Аны алпарган зуу кудук
Ажыдаар бар түбүндө,
Артык душман зилинде.
Белги кудук ал экен,
Каары катуу дагы экен.
Ал кудуктун түбүндө
Алтымыш баштуу ажыдаар
Алты арыш жерден оп тартат,
Так алтымыш башы бар.
Зуу кудукта ажыдаар,
Ымыркай жашта баланы,
Түмөн кылган адамды,
Аярлар сынап калуучу,
Ошо Зууга алып баруучу.
Момундай кызык караңар,
Ал сууга ойногон кара Мар,
Эл болчуну бу кудук
Эсен-аман койчу экен,
Каканга душман болчусун
Уусун чачып сорчу экен.
Кудугуна салганда,
Шуру, отогот, маржан таш
Зуңтуңдар алып барыптыр.
Ажыдаардын жытынан
Сан адам талып калыптыр.
Өлбөй-житпей чоң Теңир
Мындан аман калыптыр.
Бирөө кастык кылар – деп,
Токсондоп каттап темир үй,
Желп этип жел тийгизбей,
Кеби бузук сөздүүдөн,
Көзү шумдук көздүүдөн,
Жаңгыз жанды жолотпой,
Жана минтип багыптыр.
Нур төгүлгөн бактыны,
Ырымдап ороп жааптыр,
Күн көрбөскө бактырып,
«Аман болсо болор – деп,
Ачууланса ааламды
Айдап жүрүп сорор – деп,
Чама тийбес каканга,
Чалкайган Кап-Тоо орноду.

www.bizdin.kg

Топон суу жетпес Бээжинге
Тобокел Чыңың чоң болду», –
Деп, ошентип, Чыңтеңир
Бичикке түшүп кат алып
Кырк уруу кытай көп журтка
Чыңтеңир деп аталып,
Жадаалына жан турбай,
Келбетине эл барбай,
Эч ким назар салбаптыр,
Ушак-айың чыр кылып,
Укурук кайрар калбаптыр.
Курч болоттой көк болуп,
Курчуп журтка бек болуп,
Кас санаган Каканды
Камап айдап кан болуп,
Каяшаяк бергени
Ошо жерде жай болуп,
Таажысын тактап кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Эки тизгин, бир чылбыр
Колуна берип Теңирди,
Какан журтун билгизип,
Жетисинде желигип,
Жерге журтка дөө болуп,
Сегиз жашка чыккыча,
Чыбык минип, жөө болуп,
Тогузга Теңир келгенде,
Балалык чагын уй кылып,
Бүт Бээжинди буй кылып.
Жашы он бирге келгенде
Атасы Ките өлүптүр,
Он экиге келгенде,
Өз атасын көмүптүр.
Ак маралын уй кылып,
Бүт Бээжинди буй кылып
Сары алтынга чаптатып,
Зардар менен каптатып,
Улуу тоого жай казып,
Ар кылыкты тең казып,
Ааламдан ашкан көр казып,
Сары алтынга чаптатып,
Зарбаларга мактатып,
Усталарга кындатып,
Үлкөн тоонун айланыш
Бүт таш менен курчатып,
Жан-жаныбар, макулук
Каттап бир жан барбайт – деп,
Бейкабарсыз барган жан
Бирөө тирүү калбайт – деп,
Сакчы коюп сактатып,
Кылыгын жандан оздуруп,
Айбан жандар барбаска,
Ырымы экен кытайдын,
Жан-жаныбар тебелеп,
Карып кылып салбаска,
Ачкан иштин катасын,
Колу билген Чыңтеңир
Күрмө кийген күчтүүгө,
Таш сайынган тазага,
Бадана кийген балбанга,
Башка кыйла жандарга,
Башаалыгы зор чочко
Бактырган экен атасын.
Чын эле Теңир экен – деп,
Кары-жаш чуулап таң калып,
Кызыр чалып күч алып,
Кытайдын журтун бүт алып,
Бир чуңкурга киргизип,
Бир ороого сийгизип,
Өлүп калса өлүгүн
Отко салып күйгүзүп,
Чоң өкүмүн жүргүзүп,
Калың кытай каканга,
Калмак, шибе көп калкка
Даты жеткен кан болуп,
Каяша берген союлуп,
Чыңтеңир атка коюлуп,
Журт багып Теңир калыптыр.
Муну мындай таштайлы,
Түп атасы Түгөл кан

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Түптүү жердин тукуму
Быяктан кабар баштайлы.
Эр Семетей өзүнөн
Мындан туулган эр Сейтек,
Аман жетип Таласка
Ажыратып малды алып,
Кармашып жүрүп канды алып,
Кайра келип Таласка.
Салмагы оор жан болуп,
Сандыргалуу кан болуп,
Аркасы кең Ала-Тоо
Эпке салып жер кылып,
Атадан калган мураа журт
Баарын күтүп, эл кылып,
Жашыктын баарын эт кылып,
Жайы жокту журт кылып,
Элдин баарын уз кылып,
Эриксе элик аттырып,
Элкин ойноп жаткырып,
Сейтек күтүп турганда,
Эл көңүлү жай болуп,
Эбегейсиз бай болуп,
Санаасы менен болтуруп,
Сандыгынын баарысын
Сары алтын мүлккө толтуруп,
Кийгени түлкү, киш болуп,
Кадыр түнгө туш болуп,
Калкы түмөн бай болуп,
Эл көңүлү жай болуп,
Калкты күтүп олтурган,
Кабылан Сейтек, Акжолтой
Экөө башчы кан болуп.
Калк түрү момундай
Каттап адам барбаптыр,
Катылган тирүү калбаптыр,
Кап-Тоосундай бел болуп,
Калкты күтөр шер болуп,
Кайраның минтип турептур.
Кечээ эл өөдөгө тартарда,
Ат кара тил мезгилде,
Чөп ыраңы толгондо,
Калк жайлоого бет алып,
Эл бөксөгө конгондо,
Журт серпилип конуптур,
Беризаада Бермет жан
Белгилүү Сейтек зайыбы
Жолборско талгак болуптур.
Жеригинен желигип,
Ичинде шумдук тукум бар,
Көтөрө албай ээлигип.
Аны билген Акжолтой
Алыстан аюу чалыптыр.
Алты күндөн жети күн,
Салбуурун кетип калыптыр.
Салбуурундап сарыгып,
Эрикпей жортуп эчен күн,
Кан бөксөрүп жер чалып,
Канча жерге чыр салып,
Асты жолборс кабылбай,
Издеген жогу табылбай,
Аң-таң калып аң уулап,
Ат бороюн сыдырып,
Алты арыш жер кыдырып,
Көз жетпеген зоо көрүп,
Көк аскардай тоо көрүп,
Аркар айдап кулан кууп,
Артык жортуп табалбай,
Алек болду Акжолтой.
Өткөн иштин жайынан,
Беризаада бейтаалай,
Белгилүүнүн айынан,
Жок табалбай тарыгып,
Жортуп жүрүп чаалыгып,
Аркайган тоо урчукка,
Аңдаса акыл жетпеген
Карагай таш тумшукка,
Минген аты Кулунсур
Беттеп Жолтой кетти эле,
Кара-Кыя, Капка-Таш
Карарып күн батты эми.

www.bizdin.kg

Көз байланып түн болуп,
Кара кырды жонду эми,
Барып Жолтой конду эле
Астындагы Кулунсур
Ээрин алып жайдактап,
Чидер уруп баймактап,
Алп уйкуну салды эле.
Ээр токумду жазданып,
Жасаганга жалынып,
Коңуругу таш жарып,
Эр илеби баш жарып,
Жууратай уюп тынч алып,
Чыңыроон тартып уйку алып,
Уйкудан чочуп ойгонсо,
Оң жагына толгонсо,
Чагарак куйрук чаар жолборс
Чактап тиктеп Жолтойду
Чалып калган кези экен,
Кулансур тулпар кан сийип,
Каарынан жолборстун
Талып калган кези экен.
А жолборстун артынан
Башы жолборс кара мар
Катар жакын калыптыр,
Казыр кайсап жетер – деп,
Тарпып алган адамы
Талкан болуп кетер – деп,
Бу жүргөнүм бекер – деп,
Жети күндүк мейман жан
Бекерге өлөр бекен – деп,
Самандай өңү саргарып,
Сан колго тете Акжолтой
Турган экен таң калып.
Чаркым кандай болор – деп,
Аркасында бир белги
Чагып жанды сорор – деп,
Бейлебесе менде өлөр,
Беттеп келсе жан өлөр,
Кайраттанып Акжолтой
Ач айбатын чыгарып,
Арстандай көзү кызарып,
Мергендикке тазасы,
Беленделүү машаасы,
Машаа тартып басарда
Түн бөксөрүп, күн болду,
Чагарак куйрук, чаар жолборс,
Чарктуу адам бул болду.
Чагылгандай чакылдап,
Албан түрдүү кеп баштап,
Айкырып сүйлөп бек таштап:
«Тарт мылтыгың, Акжолтой,
Талыкпай жүр куу Жолтой,
Ажыдаар, жолборс мен болуп,
Алдыңдан чыгып турамын.
Ары мыкты, ары шер
Абалы канча экен – деп,
Чаркыңызды сынадым.
Баш жолборс болуп кубулуп,
Баркың башаа эр элең,
Байкаган журттун баарына,
Бет алган берен сен элең,
Байкап өзүм турамын,
Эй, балам Жолтой, сынадым,
Кааласаң Кадыр түнүңмүн,
Колдоп таяп көп жүргөн,
Жөлөп жүргөн пириңмин,
Көрөгөчтүн көзүмүн,
Алты айчылык келерди
Билген эрдин өзүмүн,
Олуянын көзүмүн,
Душман сындуу карарбай
Мылтыгыңды тартыңыз,
Колду боорго алыңыз,
Тилек тилеп калыңыз,
Оройлук болор мунуңуз,
Ооз ачып тобо кылыңыз,
Тентектик болот мунуңуз,
Тепетең ойлоп туруңуз.
Айтканымды билип ал,
Акылман болсоң тилимди ал,

www.bizdin.kg

Көөдөнгө кирер акыл бар,
Жолборско талгак болуптур.
Бир перизаада катын бар,
Борумун каалап көрүңүз,
Жолборс эти ушу – деп,
Кол башындай боз жаңгак,
Бермет жанга бериңиз,
Жытын көрсө жаңгактын
Шер этинен анча өөдө,
Жолборсуңдан канча өөдө,
Кумары канат талгактын,
Медияндын чөлүнөн,
Ажыдаар өлгөн жеринен,
Уусун чачкан жеринен
Бир түп жаңгак өнүптүр.
Деген сөзгө көнсөңүз,
Аманат деп Берметке
Бу жаңгакты берсеңиз,
Желиккени басылат,
Көзү умачтай ачылат,
Кутурмасы жоголот,
Куптап иши оңолот,
Таалайы артык эл болот,
Талгагы канган мобуга
Кара көкжал кабылан
Кан ичер Кенен эр болот.
Аты Кенен алп ошол,
Кылымга короо дагы ошол,
Кыргыз элдин короосу,
Кылым жандын жоросу,
Тоюна токсон сойгула,
Атын Кенен койгула,
Ал Кенендин төрөсү,
Таманы менен тик түшөр,
Атын угуп билген жан
Мүшкүл тууган экен – деп,
Көралбаган душмандын.
Көөдөнүнө жик түшөр,
Беттегени бүк түшөр,
Кабылганы быркырар,
Дүмбөкүнүн тукуму
Эми келген экен – деп,
Көргөн душман чуркурар,
Кабылып кайсап кеткен жер,
Таш-талкан болуп быркырар,
Жүргөн жагы чок болор,
Душманга болот ок болор,
Алптын алпы эр болуп,
Аңдыган кара жер болор,
Ай-ааламдын көкжалы
Атагы Кенен эр болор.
Кененди төрөп турганда,
Жарыгы жанга билинер,
Бээжиндеги зор Айган
Кан-жанынан түңүлөр.
Кара кытай балчысы,
Чоң мергени Чоңбилгич,
Чочунуп жандап түңүлөр.
Боздон тоодак куткарбас.
Бозала туйгун ал ошол,
Тоодон бөрү куткарбас,
Боз калта бүркүт дагы ошол.
Күйүттүү башка күн түшсө,
Таң атпаган түн түшсө,
Байланып калган базардын
Багын ачар эр болор,
Чегеленген мундуунун,
Колун чеччү шер ошол.
Күрдөөнү тапчу эр ошол,
Бала берер бир Кудай,
Бар капаны жойгула,
Кең-кесири заманда
Келди балам мына – деп,
Атын Кенен койгула.
Аман жүрсө ал бала
Дайрага салса батабы,
Отко салса күйөбү,
Орою тентек душманга
Ойрондошпой жүрөбү
Далайга жетет дүмөгү,

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Билбей койсоң жаманат,
Ушу берген жаңгагым
Акбермет, Сейтек экөөнө
Белекке бердим аманат,
Береги турган Кертулпар
Кайыптан тууп басыптыр,
Казатка каалап минсин – деп,
Баатыр Кенен көкжалдын
Маңдайына жазыптыр,
Быйыл кунан, былтыр тай
Тулпарлыгы шайма-шай,
Кайыптан тууп, чөлдө өскөн,
Кара кырчоо белде өскөн,
Адам, айбан, макулук
Такыр көрбөс жерде өскөн,
Куланга сандап куушкан,
Илгери кеткен чоң калча
Коңурбайдын Алгара,
Орок кырдын Кылкара,
Бөрүкөздүн Кертелки,
Жаңжуң минген Жайдаксур,
Жалаң дөөнүн тулпары
Ошолор менен туушкан,
Кулан менен куушкан,
Кайманадан суу ичип,
Касиеттүү чөп жеген,
Барбар тоого бактырган
Сынчылардан жез кемпир,
Анык тулпар экен – деп,
Куюн сындуу кутургур,
Учуп кетер бекен – деп,
Ошондой сынчы жактырган,
Туягы сууга батпаган,
Көп атасы Көрөгөч
Билгич атам мактаган.
Түйүлсө арыш керилген,
Кудай буйруп кут колдоп,
Эр Кененге берилген.
Кертулпар жүрүп ат болот,
Муну сураган адам жат болот,
Бул калбар өпкө, жез билек,
Кулан соору, куу аяк,
Куп тулпардын өзү ушул.
Кечкил мурун, кер чоку
Керишке минсе кебелбес,
Кең көкүрөк, тайкы жал,
Жайдары жоого кысылбас,
Жапаа тартып чү десе,
Мындан жансыз качып кутулбас,
Жай айтпасаң жаманат,
Жаш төрөлчү Кененге
Сен берегөр, Жолтой, аманат!
Айтып турган ал адам
Көздөн кайым болду эми.
Аманат берген Кертулпар
Жайдак коштоп сабылып,
Жаратканга жалынып,
Артык билгич даанышман,
Ар жерди көргөн алыстан,
Кайран Жолтой бабаңыз
Бөлүнгөн бөксө жол менен
Кайра тартты караңыз.
Басып жолтой келди эми,
Короодон кой шыбырап
Жерге жарык төгүлүп,
Дүнүйө жарык көрүнүп,
Жер жарылып таң атып,
Тоо-тоону күн чалып,
Токойдо булбул үн салып,
Закым учуп бөлүнүп,
Белги суу, таш баарысы
Беш колдой даана көрүнүп
Так ошентип турганда,
Капкасы чың ордого,
Дарбазалуу коргонго
Берен Жолтой келди эми,
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай,
Ашып-шашып жүгүрүп,
Тоодой сур ат үстүнөн
Токтобой Жолтой жүгүрүп,

www.bizdin.kg

Баркы пашаа төрөдөй,
Басып кирди ордого
Абакеңиз Акжолтой,
Артык болжоп болжоду,
Оң жагына толгонуп
Бир кишиге билгизбей,
Бир адамга туйгузбай,
Кыйшая тартып отуруп,
Кылабына толтуруп,
Кисесине кол салып,
Кол башындай нерсе алып,
Туюнбай койсоң жаманат,
Тургун балам Акбермет,
Кол башындай боз жаңгак
Аты Кызыр дубанаң
Сизге берди аманат.
Муну жегин кулунум,
Кир баскан жүрөк ачылат,
Желиккениң басылат,
Балам, Бермет угуп ал,
Дабагериң мен болдум,
Журтка арстан шер тууган
Эл энеси сен болгун,
Аманатың ал балам,
Кең этектин тазасы,
Ак жоолуктун башаасы,
Жесең суусун кандырар,
Чоң батаңды бер, балам.
Абакем мураа болду – деп,
Бу кызматым көр, балам.
Муну укканда Акбермет,
Тим эле басып балкылдап,
Тийген айдай жаркылдап,
Тоту куштай кулпунуп,
Токсон уруу сыр чыгып,
Перизада бейбактын.
Касиети билинип,
Кайран Жолтой абаңа
Жаадай ыргып жүгүнүп,
Мойнуна бурчак салынып,
Болжолу жок жалынып,
«Абам Жолтой артык кан,
Үзүлгөндү улаган,
Ушунчаны жыйнаган,
Кетилгенди эптеген,
Келген ырыс багымсыз,
Караан кылган тагымсыз», –
Деп, ошентип Акбермет
Моюн ийип сабылып,
Абасына жалынып,
Эбедейи эзилип,
Эт тырмагы созулуп,
Чын кабарын айткан соң,
Чымындай жан чыркырап,
Чын жалынып буркурап,
Ал жаңгакты жеди эле,
Оолукканы басылып,
Ойлоп көөнү ачылып,
Кирдеген жүрөк басылып,
Кубат кирип ал толуп,
Куп кубанып сабылып,
Токсон жол тобо кылдым – деп
Кайран баш жерге киргиче.
Абаке Жолтой, аман бол,
Караан кылып турчу элем,
Тик кеп айтып сүзбөймүн,
Тим жалынган пиримсиз
Тилегим сизден үзбөймүн», –
Деп, ошентип Акбермет,
Белгилүү минтип турганда
Абасы жолтой көкжалга,
Айтып оозун жыйганда,
Карчыгадай камынып,
Кабылан Сейтек оозуна
Кайыптан акыл табылып,
Бабасы Манас баатырдан
Түшүндө жакшы иш көрүп,
Бабам Манас өзү экен,
Колдоп таяп жарыктык,
Келип жүргөн кези экен,

www.bizdin.kg

Бир кылыч берди колума,
Уруусу миңче көп айтып,
Байка балам деп айтып,
Жайдарымсың, түбүмсүң,
Мураага калган тукумсуң,
Өзү бекер жалганга
Өкүлдөп балам кызыкпа,
Эл көңүлүн муздатпа,
Жетпегенге зорсунуп,
Мискин, жетим, байкушту
Билгин, уулум, кор тутпа!
Бабам Манас муну айтып,
Береги турган Зулпукор,
Бердим, уулум, сен алгын
Зулпукордой курчтугу
Уул келер колуңа.
Бу кылычты колго алсаң,
Тиктешкениң мүрт болот,
Тик шилтесең өрт болот,
Качырган жак бүлүнөт,
Калк жанынан түңүлөт,
Түр салышкан душмандын
Түп коргонун түз кылат,
Тартсаң мизи кызарат,
Бердим уулум алыңыз,
Билекке мыктап чалыңыз,
Бет алган жакка агытпай,
Бекемдеп күтүп калыңыз,
Жаңгыздык жапаа экен – деп,
Өмүргө каршы убайдын
Баарын тегиз жоюңуз,
Уул табылар буюрса,
Атын Кенен коюңуз,
Аман болсо ошол уул,
Балам, мураапы болор өзүңө,
Кадимки тукум уул ошол,
Кастар чынар туу ошол,
Кайнар чалкар көз ошол,
Как көкжалдын өзү ошол,
Кымбаттап кынга салыңыз,
Кыр көрсөтүп чоңсунган,
Душман жакка барыңыз,
Агызып канын буруңуз,
Бет алып душман жоо келсе,
Беттешсе белин сындырып,
Кагышса көөнүн тындырып,
Кан агызып жер өрттөп.
Кармашты катуу салыңыз –
Деп, ошентип чоң атам,
Омийин деп кол жайса,
Сексен киши артында,
Сегиз адам алдында,
Бабам бата бергенде
Баары бата берди эле,
Ак сакалы чүштөдөй,
Агарган тиши мистедей,
Көзү көк ой буткулдай,
Көркөмү жанды жуткудай,
Аралаша баарысы,
Алмамбет, Чубак анысы,
Кошой, Бакай карысы,
Кол көтөрдү чуу туруп,
Кабылан атам Манастын
Жолдошунун баарысы.
Эрендерден бата алып,
Уйкудан чочуп ойгонсом,
Каалап көргөн түш экен,
Баба атам Манас баш болуп,
Бата берген күн экен,
Ажайып жакшы иш экен,
Чочуп көргөн түш экен,
Бу түшүм кандай болуучу,
Акжолтой абал жоручу!
Анда Жолтой абасы
Карчыгадай камынып,
А дүйнө кеткен баатырдын
Арбагына жалынып,
Түшүң балам, туш келсин,

www.bizdin.kg

Бабаң берсе Зулпукор
Бадыша Кудай баш болуп,
Бала берген турбайбы.
Баатыр тулуп, баланы
О, ботом, даана берген турбайбы.
Кошой бата бергени,
Кошо берген турбайбы,
Карандай баатыр кара көк,
Боору кара сырты көк,
Кыйбаттаса дагы бар,
Кыр аркада жалы бар,
Душманга каардуу колу ачык,
Сапарга чыкса жолу ачык,
Бет алганды буй кылган
Берендиги бир башка,
Артык кыраан көйкашка
Көкжал уулду болупсуз,
Атын Кенен коюпсуз,
Ошо көргөн уулуңуз,
Кыйшайбаган туу болуп,
Кызыккан жагы чуу болуп,
Тилин алган бендени
Тили менен багынтып,
Тил билбеген макоону
Тик кыргындап сапырып,
Акылсызды жалынтып,
Ачуулууну багынткан
Толкуну көлдүн шарындай,
Кайраты күйгөн жалындай,
Уулдуу болот экенсиң,
Бу түшүбүз туш келсин,
Чын касиет күч келсин,
Ырыскы-дөөлөт бүт келсин,
Кетип жесе түгөнгүс,
Калың элге кут келсин,
Жан багууга жер берсин,
Калкты багып алууга,
Зулпукордой курчтугу
Жолборс мүчө эр берсин,
Сүйлөгөн сөздөр эп болсун,
Жараткан колдоп тобокел,
Кенендин боосу бек болсун! –
Деп, ошентип Акжолтой
Таамай сүйлөп, түш жоруп,
Талыкпастан бүт жоруп,
Албан түрдүү кеп жоруп,
Артык таамай бек жоруп,
Түшүн жоруп салды эле,
Ат баштаган алтымыш,
Абам Жолтой мына – деп,
Мөөсүлдүккө алды эле.
Айры өркөчтүү төө алып,
Төрт түлүктү тең алып,
Кызыл алтын зер алып,
Аркагы жибек сарала
Булу оор карала,
Таңылчактуу пул алып,
Кызыл алтын дилде алып,
Олжого келген кызыл нар,
Жүк көтөргүч пилди алып,
Жолтой көөнү жай болуп,
Эбегейсиз бай болуп,
Сүйрүсүнө сүт толуп,
Кемтигине эт толуп,
Курсанттуу көңүл жай болуп,
Муну менен Акжолтой,
Сан кара күткөн бай болуп.

www.bizdin.kg

АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Абайы – 1) кылдан, жүндөн токулган одуракай кездеменин түрү; 2) саймаланып кооздолгон ат жабуу.

Адейи – атайы, өзгөчө.

Азар-түмөн кол – азар-иранча он миң; түмөн – түрк, монгол тилдеринде он миң; эпос боюнча сансыз, эсепсиз (аскер, кол) деген мааниде колдонула берет.

Ай туяк – курмандыкка союлчу жылкы.

Айчык – жарым ай сымал белги (көбүнчө туунун бетине түшүрүлгөн).

Ак каңкы – ээрдин бир түрү.

Ак куштан \\ ак быштан – ээрге салынган көрпөчөнүн үстүнөн бастырып коюучу тасма.

Аколпок \\ аголпок – Манастын сырттан кийген жоо кийиминин энчилүү аты, олпок-соот түрүндө, ок, найза өткүс кылып кебез, жүн, металл менен тор аралаштырып жасалат.

Акуш – ыр; акуш айтуу – ыр ырдоо.

Алмач өркөч – эки өркөч.

Аңгыл – зер акыл, ойчул, акылман.

Аса – катуу жыгачтын түрү.

Аса таяк – ошол катуу жыгачтан жасалган дубаналар алып жүрүүчү таяк.

Баабедин – адамдарды колдоо, кырсыктан сактап калуу күчүнө ээ деп эсептелген олуянын аты.

Баабедин өткөрүү – боло турган кырсыктан алдын-ала сактануу, кутулуу үчүн курмандык чалуу, садага-кайыр берүү. Баабедин көбүнчө жети же тогуз нан түрүндө өткөрүлөт.

Багалак – абалак, ордо оюнунда чүкөнү атуу үчүн колдонула турган мүйүздөн жасалуучу төрт чарчы келген жалпак буюм. Кээде жалпы эле ордо оюнун да багалак деп аташат.

Багылан – сүт эмүүнү али токтото элек, бирок союуга боло турган семиз козу.

Бадам – ачык түстөгү кубулуп турган кездеме жана ошондон жасалган чапан.

Бадана – ок өтпөс тон, баатырлар кийүүчү соот. Кээде кооздолгон сырт кийим маанисинде да айтылат.

Бадырек – кара ниет, бузук; кээде эр жүрөк, кайраттуу, жалтанбаган баатыр маанисинде да колдонула берет.

Баймак – жылкынын туягынын жогору, бакайынын төмөн жагындагы буттун ичке жери.

Баймактоо – атты казыкка бир колунан байлоо.

Баргек – 1) аялдардын чачына тагылуучу, же чекесине тартып кийүүчү алтын, күмүштөн ж.б. жасалган кооздук жасалга; 2) ишенээрим, медерим, чолпонум деген мааниде да баатырларга карата колдонулат.

Бача – бала, уул.

www.bizdin.kg

Бейлөө – байкоо, абайлоо, баамдоо.
Бейшаркыт – тартипсиз, иретсиз.
Береленүү – жасануу, көрктөнүү.
Бичик – монгол, калмактардын касиеттүү эсептелген дин китеби.
Боро – чоң, килейген, эбегейсиз.
Бөрсө – кенгуру деген мааниде.
Буйгат – бузукулук, арам ой чыккынчы.
Булгун – териси баалуу жаныбар.
Булдурсун – түшкүндүн учуна уютулган коргошун коюлуп өрүлгөн чоң камчы.
Бутпарач – буддага (колго жасаган кудайдын сүрөтүнө) сыйынуучулар.
Буулум – баалуу кездеменин аты.
Дагыра – доолбастын түрү.
Даңчыл – билгич, билерман.
Даңза – кытайлардын санжыра китеби, белгилүү адамдардын тизмеси жазылган китеп.
Дарс – сабак, окуу. Эпосто көбүнчө чоң окуу, күчтүү, сыйкырдуу дуба маанисинде.
Домпуш – кашаң (ат), же басыгы да, жоргосу да жок ат.
Дорго – чабарман, жасоол жигит.
Дүрүйө – кымбат кездеменин аты.
Жабыр (жабыр баян) – 1) укмуштуу эпикалык айбан; 2) күчтүү жолборс.
Жадаачы – бакшы, дубакер, кээде сыйкырчы же амалкөй, айлакер деген маанилерде да колдонула берет.
Жадыгей \\ жадыгөй – 1) сыйкырчы; 2) куу, айлакер, амалкөй.
Жазайыл (мылтык) – эски убактагы майда калибрдүү замбирек; чоң, оор мылтык.
Жактан \\ **жагдан** – темир каптаган кооз сандык.
Жарбыкчы – жардамчы, жандоочу.
Жаханам \\ **жааннам** – тигил дүйнө, тозок.
Жезек – 1) чалгын; 2) кароол, күзөт.
Жеке – кайыш кур, кээде кемер кур; согуштук курдун атайын түрү.
Жекейбоз – баатырлар кийүүчү баалуу тон.
Жолум үй – аскерлер же малчылар өздөрү менен ала жүрүүчү, оңой чечиптигүүгө ылайыкталган жеңил боз үй.
Жолумдуу – келишимдүү, келбеттүү.
Жонкырчка – беде.
Жөкөр – чоро, жолдош; аскер, жоокер маанисинде да колдонулат.
Жукуй – анткор, митаам, чубут, куйту.
Зайфана – кооз маасы.
Замзам – 1) Мекедеги ыйык кудук; 2) ошол ыйык кудуктун суусу.
Заңгел – зор, чоң, оор.
Зарбар – парчанын бир түрү.
Зоңкок – бийик чоку.
Зулпукор – 1) Азирет Аалынын кылычынын эпитети; 2) өтө курч кылыч.
Зумурук – куш.
Зээр – 1) алтын; 2) баалуу мүлк, буюм.
Идерлүү – кайраттуу, күжүрмөн.
Илек – сансыз, эсепсиз.

www.bizdin.kg

Инжүү \\ инжи – бермет.

Каалы – эпосто мааниси боюнча кадырлуу, баалуу, кымбаттуу.

Кадиктүү – күчтүү, кубаттуу. Кээде тектүү, белгилүү деген маанилерде да айтылат.

Кадыр түн – 1) диний ишеним боюнча орозо айынын 27-күнү өтүүчү касиеттүү түн, бул түнү адамдын тилеги орундалат деп эсептелет; 2) кээде касиеттүүлүк, жыргалга жетүү, каалаганын орундоо маанилеринде да айтыла берет.

Кажагайлоо – эпостун текстиндеги мааниси боюнча опузалоо, талап кылуу.

Казанат – күлүк аттын бир түрү; күлүк жылкынын тукумунун наамы. Эпосто мыкты күлүк деген мааниде колдонулат.

Калакай тон – эпос боюнча калмакча тигилген тондун түрү.

Калдай – калмак, монголдордогу административдик мансаптардын бири.

Камаа – тыш кийим тигиле турган кымбат кездеме.

Кандагай – 1) багыштын териси, ушул териден жасалган баатырлар кийүүчү атайы шым же жалпы эле бышык, калың тери шым. Кээде жоо кийими, соот маанисинде да колдонулат; 2) согуштук ат жабуунун бир түрү.

Капчал – аскалуу капчыгай, тоонун боору, жан жагы.

Каркыт – төөнүн же жылкынын терисинен кооздолуп жасалган көөкөр.

Карсак – түлкү; кээде бөрү, түлкү сыяктуу жойлоп жүрүүчү жырткыч айбандардын жалпы аты.

Кадик – уяң жүндүү кой.

Келеме шарип – куран, касиеттүү сөз.

Келеңкор – баалуу кездемеге асыл таштардан, алтын-күмүштөн бастырылып кооздолуп жасалган чачпак.

Керден – моюн.

Керет \\ **керээт** – алдын-ала туюуга, сезүүгө жөндөмдүүлүк.

Керим – мээрим, жумшак көңүл; укмуш, шумдук (жылкы жөнүндө) деген мааниде да айтылат.

Керик – бир мүйүздүү жапайы ири жаныбар; носорог.

Кете (тон) – баалуу кездеменин аты.

Кештелүү \\ **киштелүү** – саймалуу.

Килиттөө – куржундун оозун илмекче же сызма менен бекитүү.

Кисе – 1) ар түрдүү майда буюмдар тагылуучу кайыш кур; 2) оттук, милте салынуучу кайыш баштык.

Киш – териси баалуу жаныбар; ошол жаныбардын териси.

Кобут – жылга, колот.

Комокой – найзанын темир учун жыгачка аштап беките турган көзөнөк. Кээде комокой деп жалпы эле найзанын темир учу да айтыла берет.

Комут – өкүнүч, нааразылык, капалык, кайгы.

Көхар – асыл таштын түрү; каухар, көөр.

Көдөө – чөптүн аты (топ-топ болуп өскөн, анча узун эмес майда тоо чөбү).

Көк бөрү – улак тартуу (кыргыздын улуттук оюндарынын бири).

Көк жөкөр \\ **көкжөкө** – өтүктүн түрү.

Көкөмерен – чөптүн бир түрү.

Көнчөк – кулак калканынын астыңкы жумшак бөлүгү.

Кулук – дүлөй деген мааниде.

Кучмач ээр – кушбаш ээр, алдыңкы кашы эки ачакей жасалат.

www.bizdin.kg

Күбө – 1) ок өтпөс кийимдин бир түрү; 2) сооттун алдынан кийиле турган жумшак жана калың атайы кийим; 3) баалуу сырт кийим.

Күдөрү – өзгөчө жумшак кайыш. Күдөрүдөй – өтө жумшак.

Күдүрлүү – майда-майда дөбөчөлүү.

Күлдүбадым – кооз, түрдүү түстө кубулуп туруучу.

Күмүрөйүн күл кылуу – тыптыйпыл жок кылуу.

Кыбыла – 1) Меке шаары тарап (Меке шаарындагы мусулмандар ыйык туткан атайы жай; намаз окуганда ошол жайга карап окулат); 2) кыргыздар үчүн батыш тарап.

Кылоо – 1) жаш музоого карата иштелүүчү ырым-жырым ыры; 2) иши оңолуу.

Кымча – жибек, жибек кездеме.

Кынжы – кабанаак ит бирөөнү тиштеп албасын үчүн анын тумшугуна кийгизиле турган жыгачтан жасалган атайын кеп. Кээде темир чынжырды да кынжы деп атай берет.

Лөк – 1) жалгыз өркөчтүү эркек төө; 2) күчтүү, балбан деген мааниде да колдонулат.

Мадер – ата (мадериндин канын ич – атаңдын канын ич).

Мамыр – бейкут, тынч.

Мар – жылан.

Машайык – диний түшүнүк боюнча: ыйык, кудай сүйгөн олуя; кээде баарын билген, көзү ачык деген маанилерде да айтыла берет.

Мийзат – мөөнөт.

Мискин \\ мискил – бей-бечара, байкуш, карып.

Мөөсүл – жоодон түшкөн олжодон тийген үлүш.

Накер – баатырлар кийүүчү кооз өтүк.

Ойсул ата – төөнүн пири.

Окоро – ат жабдыктарына колдонулуучу түйүн, өрүм.

Ооз жарма – бир жаштагы тай; тайга жүгөн катканда ооздукту кемире берип ууртторынын жырылып кетиши.

Ор – ири, чоң, күдүрөкөй, саксагай.

Ордолуу шайы – Кокон шаарынын эпитеттеринин бири (мыкты шайы, кооз өтүк чыгарган чоң Кокон деген мааниде).

Очогор – байыркы мылтыктын түрү.

Өгөт – контексттеги мааниси боюнча согуш учурундагы же далыга тартына турган атайын сооттун түрү.

Өтүрүк – жалган.

Саадак – жаа; жебенин кабы.

Салбуурун – көп адам чогулуп узак жерге аңчылыкка чыгуу, аң уулоо.

Самырдай какшап – көп сүйлөп, баса сүйлөп, сөзүн жан талашып далилдөөгө аракеттенүү деген мааниде.

Санкуру – алгыр куштардын эки бутуна тагыла турган кыска боо.

Сан саат – көбүнчө эсепсиз көп, эң көп деген мааниде.

Сарап – көздү күн нурунан серепчелөө үчүн колдонулуучу калканч.

Сарпооштоо – адамдын колу-бутун байлап атка таңып алуу.

Сейил – 1) ок өтпөс кийим; 2) курал-жарак.

Сере – узундук өлчөм. Болжол менен 5–6 см.

Супа тон – ак төөнүн жүнүнөн жасалган сырт кийим, кээде баалуу ак жибек кездеме.

www.bizdin.kg

СЕЙТЕК

Сурайыл – суусар, киштерге жакын териси баалуу жырткыч айбан; кээде сулуу, сындуу, келишимдүү деген мааниде.

Суук дуба – бирөөгө жамандык кылуу үчүн айтылган дуба.

Сымпооч – боо, бекиткич (жип, сызма).

Талмыз – куурай сымал өсүмдүктүн аты.

Танап – боо, керилген жип.

Таңда макшар – 1) кыямат кайым учурунда адамдардын суракка чогулуучу жайы; 2) кыямат кайым. Таңды макшар күнүндө кыямат кайым болгондо адамдардын тирүүчүлүктө кетирген күнөөлөрү үчүн жооп берилүүчү күн.

Тилизим – сыйкыр, дуба.

Тинте – шамшар, канжар.

Торуктан – тартып алып деген мааниде.

Тумар – кагазга жазылып, үч бурчтук түрүндө сыртынан капталып тигилген, кырсыктан сактоочу касиети бар деп эсептелген дуба.

Туулга – согуш учурунда кийилүүчү металлдан жасалган баш кийим.

Түлкү мурут – чөптүн аты.

Түшкүн – өрмө камчынын учундагы түйүн.

Убара чаркөө – жез тумшук; киши кийик маанисинде да колдонула берет.

Удай – кандын, төрөнүн буйругун аткарып жүрүүчү жан-жөкөрү, кээде административдик мансап маанисинде да кезигет.

Умай эне – жаңы төрөлгөн балдардын колдоочусу.

Урмеке – касиеттүү энеке деген мааниде урматтап айтылган сөз.

Учмагы дүмөк – кереметтүү, укмуштуу, таң каларлык.

Үкү аяк – бакайы жүндүү күлүк.

Үртүк – кооздолуп жасалган ат жабуу.

Чатыраш – дойбу, шахмат сыяктуу оюндун түрү.

Чегээ – 1) майда, кооз мык; 2) таяныч, жөлөк, арка.

Чопкут – баатырлар согуш учурунда кийүүчү ок өтпөс тон, соот.

Чыңыроон – музыкалык аспаптын түрү.

Шабиет – эркек балдар ойноочу оюндун аты.

Шап – канжар, бычак деген мааниде.

Шай – баатырлардын көзгө көрүнбөй турган колдоочусу.

Ыжык – өлүктү сактай турган сере түрүндөгү салкын жай.

Элтең уруп – чочунуп, селт этип.

Эмил чокмор – өтө катуу жыгачтан (эмилден) жасалган чокмор; кээде душманга бел алдырбас айбаттуу баатыр маанисинде айтылат.

Эрешен тартуу – бой тартуу, өсүп жетилүү.

Якут \\ жакут – кызыл түстөгү асыл таштын бир түрү.

Аркарбек МАМЫТОВ,
Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун илимий кызматкери

www.bizdin.kg

МАЗМУНУ

Жайнакова А. Баш сөз 3
Сейтектин төрөлүшү 24
Кыяздын Сейтекке той бериши 45
Сейтекке ат коюлушу 58
Айчүрөктүн Сейтекти тарбиялашы 68
Кара дөө Сейтекке талаадан издеп келип кезигип,
ага ата тегин айтышы 71
Айчүрөк Сейтекти Күлчорого көргөзүп турган жери 108
Сейтектин Карагулду өлтүргөнү 130
Кыяз Айчүрөктү жана Тооторуну издеп, жылкыга келгендиги.
Күлчорого кабылып, Кыяздын өлгөндүгү 219
Айчүрөк менен Күлчоронун Акбала менен Каныкейге жолукканы 330
Сейтек менен Күлчорону элдин кабыл алышы 335
Күлчоро Канчорого кирип, насыйкат айтып турган жери 352
Сейтек менен Күлчоронун чыры 424
Кара дөө Тайбуурул минген Семетейди көрүшү 432
Кара дөөнүн өлүшү 474
Желмогуз уулу Сарыбайдын окуясы 512
Семетейдин Сарыбайга алы жетпей, арман кылганы.
Сарыбай күркүрөп, элди кырып турган жери 615
Сейтек менен Акжолтойдун перинин кыздарына үйлөнүшү 1090
Кытай каны чоң Китенин жиберүүсү менен Чоңбилгичтин
кыргыздардын жылкысына тийгени 1095
Мамытов А. Айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү 1166

www.bizdin.kg

Көркөм-адабий басылма

СЕЙТЕК

Баатырдык эпос

С.Каралаевдин варианты боюнча

Толукталып 2-басылышы

Теодор Герцендин сүрөттөрү пайдаланылды.

Түзгөндөр: ***Жайнакова Айнек,***
Мамытов Аркарбек

Бишкек, «Турар» басмасы

Кыргыз тилинде

Редактору *Жакин Теңирбергенова*
Корректору *Айгүл Сардарбекова*
Көркөм редактору *Рахим Төлөбеков*
Компьютердик калыпка салган *Гүлзат Ниязалиева*

Терүүгө 14.12.2011-ж. Басууга 01.08.2012-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 84x52 $^{1}/_{8}$. Офсет кагазы.
Көлөмү 146,5 б.т. Нускасы 2000 даана. Заказ № 911.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., Горький көчөсү, 1.